84(2=Ки)кыр
М 23

«МАНАС»



САГЫМБАЙ
ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

84(2=Ки)кыр
М 23

КЫРГЫЗ УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ
Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«Уялпоңду улаган,
Чачылганды жыйнаган»
«Манас»

«МАНАС»

САГЫМБАЙ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

999905
5286

«Бийиктик плюс»
БИШКЕК – 2015

М

«МАНАСТЫН» СЮЖЕТИ — «Манас» эпосунун мазмунундагы камтылган маалыматтар менен окуялардын атайын ык аркылуу баяндалган жалпы суммасы. Көп варианттуу (к. *«Манастын» варианттары),* татаал сюжеттүү, өтө көлөмдүү «Манастын» тексттериндеги окуялар менен маалыматтарды бүт камтыган вариант жок. Эпостун сюжети менен бир эле учурда кенен тааныштыруунун жалгыз жолу чыгарманын туруктуу салттык окуяларын толугураак камтыган жана окуяларды баштан аяк кенен баяндаган, жогорку көркөмдүктөгү бир вариантты негиз катарында пайдаланып, анда айтылбаган окуяларды башка варианттар менен толуктоо, варианттар арасындагы айырмачылыктарды белгилеп көрсөтүү. Ошондуктан, «Манастын» сюжети негиз катары алынган Сагымбай Орозбак уулунун варианты Саякбай Карала уулу айткан вариант жана В. В. Радлов жазган текст менен толукталуу аркылуу берилди. Эпостун башка негизги варианттары да зарылчылыгына ылайык салыштыруу түрүндө пайдаланылды.

«Манастын» сюжетин түзгөн окуялар өзгөчө зор көлөмдүү чыгарманын оозеки жашоосунан жана аткарылышынан пайда болгон зарылчылыкка ылайык чоң-чоң эпизоддорго бөлүнүп түзүлгөн. Мындай чоң эпизоддор көптөгөн майда окуялардан, маалыматтардан куралат. Ушуга ылайык композициялык курулушу жактан чоң эпизоддор өзүнчө чыгармага таандык белгилерге ээ, ар биринин аталыштары да бар. Мисалы, «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» жана башкалар.

Эпостун башталыш окуялары «Манастын туулушу жана балалык чагы» (кээде «Баатырдын туулушу жана балалык чагы»), — деп аталуучу чоң эпизодго топтоштурулган.

МАНАСТЫН ТУУЛУШУ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ — эпостун башталыш окуяларын камтып турган чоң эпизод, чыгармадагы туруктуу салттык окуялардын бири. Адатта баатырдын теги жөнүндөгү маалыматтардан башталып, Манас эр жеткенге чейинки окуяларды бүт баяндайт. Көптөгөн маалыматтардан, майда окуялардан турат. Аларды мазмунуна карай шарттуу түрдө ар бирин өзүнчө атоого болот. Мисалы, баатырдын теги, күчтүү жоодон жеңилген кыргыздардын чабылып-чачылышы, баласы жок Жакыптын зары, жана башкалар

Бөлүм «Манастын» белгилүү тексттеринин дээрлик бардыгында бар. Булар бир манасчыда түрдүүчө аталышы жана камтыган окуялары ар башка болушу мүмкүн: Радлов жазып алган вариантта «Манастын туулганы" — деп аталып, эпостун биринчи окуясы катары белгиленген. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча тема башка аталганы менен окуянын жалпы нугу жана мазмуну негизинен салттык түрдө берилген.

Баатырдын теги — жалпы эле баатырдык эпостор үчүн мүнөздүү салт, чыгармадагы киришүүнүн милдетин аткаруучу бөлүмчө. Мында Манастын ата-бабалары саналат жана айрымдарына кыскача мүнөздөмө берилет: Каракан, Угузкан, Аланча кан, Байгур, Бабыр, Түбөй, Көгөй, Ногой, Жакып. Ысымдардын аталыштары, саны туруктуу эмес, түрдүү варианттарда өзгөртүлүп, орун алмаштырылып, азайып, же көбөйүп берилиши мүмкүн. Саякбай Каралаевдин вариантында Бөйөн, Чаян, Ногой, Балакан, Каракан, Жакып аталса, Радлов жазып алган вариантта Бөйөнкан, Каракан, Жакып үчөө гана эскерилет жана башкалар.

Текти саноо тике тиешеси бар ата-бабаларынын аттарын гана атоо түрүндө да Радлов жазып алган вариантта кыргыздардын санжыра айтуу ыгы боюнча кимдин канча баласы болуп, анын кандай бутактанууларын кошо чечмелөө ыгы менен да айтылат (Сагымбай Орозбаковдун вариантында, Саякбай Каралаевдин вариантында), кээде андан да кеңири берилиши мүмкүн. ТМВда кыргыздардын

алты уругу, Манас кайсыл уруктан экени чечмеленип саналып, кадимки санжыралык үлгүдө баяндалат.
Чыгарманы баатырдын тегинен кабар берүүдөн баштоо — кыргыздардагы ар бир уул жети атасын билүү милдети, билбеген адам кул катары түшүнүү адатынын таасири.
Манастын ата-бабалары: «Түп атасы түгөл кан, башкы атасы баары кан» делип, Саякбай Каралаевдин вариантында тектүү, белгилүү адамдар экени баса белгиленет. Айрыкча Каракан менен Ногой кандын атак-даңкына, баатырдыгына басым жасалат.
Баш каарманды кан тукуму, же белгилүү адамдын урпагы катары баяндоо түрк элдеринин баатырдык эпосторунун басымдуу көпчүлүгүнө таандык белги. Бул салт жеке эле «Маната» гана эмес, кыргыздардын башка баатырдык эпосторунун дээрлик бардыгында сакталган. Манастын теги Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча жорго сөз, Саякбай Каралаевдин варианты менен Радлов жазып алган вариантта ыр түрүндө берилген.
Кыргыздардын чабылып-чачылышы — Ногойдун балдары Орозду, Үсөн, Бай, Жакыпты кытайлар (эпосто кытай, кара кытай, калмак, кара калмак аралаш айтыла берет жана алар көпчүлүк учурда бир этноним катары түшүнүлөт. Бул белги жеке эле Сагымбай Орозбаковдун вариантында гана эмес, манасчылардын бардыгына мүнөздүү) туш-тушка бөлүп кетет. Өлгөн аталаш агасы Чыйырдын Шакан аттуу катынын алган Жакып манжу калкына айдалып барып, Бөйөндүн уулу Чаян дегендин кызы Бакдөөлөттү токолдукка алат.
Баатырдын тегине удаа берилген кара сөз түрүндөгү бул кыска маалымат кийинки окуяларга байланыштуу, айрыкча калмактар менен алгачкы кармашында жер коруган калмактардан эр өлүп калганына кейиген атасынан тегин сураган Манаска берген Жакыптын жообунда, Бай менен Жакып жолугушкандагы эскерүү сөздөрдө алда канча кеңейтилет: Жакыптын атасы Ногой кан көп жерге бийлиги жетип, жоолорунун мизин кайтарып турат. Ногойдун көзү өткөн соң анын балдары «Эл кадырын биле албай Эндейиңки турганда» (Сагымбай Орозбаков, 1. 117), Эсенкандын элүү жүз миң колу келип кыргын салып, элди чаап, Ногойдун балдарын туш-тушка таратып, бөлүп жиберет. Алтайга айдалып келген Жакып Бөйөн, Чаян дегендерге малай жүрөт, кызматы жаккандыктан Чаян кызы Бакдөөлөттү ага токолдукка берет.
Кыргыздын күчтүү жоодон жеңилип, чабылып-чачылышы Саякбай Каралаевдин вариантында деталдаштырылган кеңири мүнөздөгү окуя түрүндө берилген: атагы алыска кеткен мыкты кан Каракандын көзү өткөндө кытайдын Молто, Алооке аттуу кандары көп кол менен келип кыргыздарды чаап алып, Каракандын балдарын чогуу туруусу кооптуу деп туш-тушка бөлүп жиберишет. Кырк үйлүү туугандары менен Жакып Алтайга айдалат. Сүрүлүп баргандар ар кимдерге жалданып, кен казып, эгин айдап жан багышат. Алтыны алты там болуп, малы эсепсиз көбөйүп Жакып бай болот. Радлов жазып алган вариантта кыргыздардын чабылышы жөнүндөгү маалыматтар берилбесе да бул эпизодду чыгарманын сюжетинде эпостун башкы темасы менен идеясына түздөн-түз тиешеси бар, өзгөчө орчундуу, мурдатан келе жаткан туруктуу деталдардын бири дешке негиз бар. Анткени, *«Мажму аттаварихте»* эле кыргыз калмак кармашы эскерилет. Айрыкча өткөн кылымда Ч. Валиханов, В. В. Радлов кагаз бетине түшүргөн материалдарда Манас туула электе кыргыздар эпикалык күчтүү душманы кытай-калмактардан жеңилип, кордук көргөндүгү жөнүндөгү кабар-маалыматтар көп кездешет.
Чыгарманын сюжеттик курулушунун талаптарына ылайык кыргыздардын чабылып-чачылыш окуялары баатыр баланын төрөлүшүн даярдоочу атайын белгилердин биринен. Эл башына кыйын күн түшкөндө элин оор абалдан куткара

турган баатырдын турмушка келиши түрдүү элдердин оозеки чыгармаларында, айрыкча баатырдык эпостордо кеңири учураган салттык белги. Баатырдын кысталыш учур, кыйын шартта төрөлүшү кыргыздардын «Манастан» башка эпосторунда да кеңири айтылат.



Кыргыздардын күчтүү жоодон жеңилип, Жакыптын Алтайга айдалып барышы эпостун дээрлик бардык варианттарында жолуккан туруктуу салттык окуя. Белгилүү манасчылардын ичинен Багыш Сазановдун варианты боюнча гана бул окуя башкача өнүгөт: Орозду кандын он уулунун улуусу Ормон, кичүүсү — Жакып. Жакып жарды болуп, агасы Байга жалданып иштеп жүрөт. Ал 21 жашка чыкканда Кызырга жолугуп, анын кеңеши боюнча эгин айдап, эгинин сатып эсепсиз байыйт. Аксак боз кемпирдин кызы Чыйырдыга, Айдаркандын кызы Акдөөлөткө үйлөнөт. Эл чогулуп, Жакыпты кан көтөрүшөт. Бул варианттагы кийинки окуялар салттык нукта өтөт, башкача айтканда өзү бай бирок баласыз Жакыптын зары баяндалат.

Эсенкандын Манас аттуу баланы издеткени — баатыр баланын төрөлө тургандыгы жөнүндө алдын ала кабар берүүчү белгилик милдетти аткарган салттык мотивдердин бири. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча буруттан Манас деген баатыр туулуп, ал кийин элиңди чаап алат деген аярларынын эскертүүсүнөн улам Эсенкан Манас аттуу баланы таап келгиле деп көп балбандарын жөнөтөт. Алар эл кыдырып сурамжылап издеп жүрүшүп, Самаркандык Чоң эшендин Жарманас аттуу 17 жаштагы уулун кармап келишет. Жарманасты орго салып, коркунучтуу душманыбыздан кутулдук дешип кытайлар чоң той берип, бейкапар жатып калышат.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында жана Радлов жазып алган вариантта мындай окуя жок, Өзүнчө окуя түрүндө башка белгилүү манасчыларда да учурабайт. Бирок, эпизодду жалгыз гана Саякбай Каралаевдин вариантына таандык көрүнүш катары эсептөөгө болбойт, көптөгөн белгилер боюнча бул эпостогу белгилүү жана салттык туруктуу окуя. Анткени, баатыр туула электе эле анын душмандары өзүлөрү үчүн коркунучтуу жоонун турмушка келерин билип, алдын ала сактануунун аракетин көрүү жөө жомоктордо, эпостордо көп жолугуучу, кеңири иштелип чыккан сюжеттерден. Бул мотив кээде болочок баатырды али күч-кубатка толо элек жаш кезинде жоготууга аракеттенүү түрүндө да жолугат. Мындай кеңири белгилүү мотивдин «Манаста» да орун алышы табигый көрүнүш. Окуя деталдаштырылып кеңири берилбегени менен айрым манасчылардын варианттарында эскерилет: ТМВда Жакып Алтайга сүрүлүп келгенге чейинки окуя катары айтылат: Манас төрөлөрдөн элүү жыл мурун эле кытай билгичтери кура ачып, Манас аттуу өзүлөрүнө коркунучтуу бала тууларын билишип, көп кол курап келип, кыргыздарды чаап алышып, элди бүт каатка салып тыңдарын биринде тип бөлүп, алымды катуу алып, бооз катындардын ичин жарып баласын өлтүрүп, элди өзгөчө катуу эзип турушат. Ушул алааматта Жакып

70 үйлүү адамы менен Алтайга айдалат. Эпизод Сагымбай Орозбаковдун вариантында да белгилүү дешке негиз бар. Анткени, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манас өзү үчүн жапа чеккен Жарманаска карындашы Карлыгачты алып бериши айтылат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында да Манастын карындашы Карлыгачтын күйөөсү Жарманас делет. Буга караганда да бул эпизод белгилүү. Жарманас Карадөө уулу делип, ашка чакырылган белгилүү кандардын арасында Радлов жазып алган вариантта эскерилет. Демек, Жарманас эпостогу мурдатан келе жаткан образдардын бири.

Жакыптын зары — бардык варианттарда учураган сюжеттик маанилүү детал. Салтанаты адамдан артып, эсепсиз байып, жашы элүүгө келген Жакып эки аялынан бир да бала көрбөйт. Дүнүйөсү көп, ага ээ болор эркек туягынын жоктугуна бушайман болгон Жакып балалууларды көргөндө басынып арданып, катуу капада жүрөт. Кудайга зар айтып, мойнуна куржун салынып, мазар тайып, малына ээ болор, көзү өтсө атакелеп жоктор бала тилейт. Күндөрдүн биринде жер жайнаган эсепсиз көп малын кыдырып жүрүп: көзүм өтсө бул малдарга ким ээ болот — деп зээни кейип, арманын айтып ыйлап, үйүнө кайтат. Айылга жакын жерден ага Акымбек дегендин Меңдибай аттуу баласы жолугуп, капалыгынын жөнүн сурайт. Жакып ага жооп бербей, катуу ыйлаган бойдон үйүнө түшүп, атын да байлабай ичке кирет. Эмне болдуң деген байбичеси Чыйырдыга катыны туубас, өзү куубаш экенине арданганын айтып, нааразылыгын билдирип, төргө жатып алат. Ызаланып ыйлап, байбиче да жүк алдына бүгүлүп жатып, көзү илинет.

Эпизод дээрлик бардык варианттарда учурайт. Болочок баатырдын ата-энеси узак убакыт карыганча баласыз жүрүү, мындай абалына катуу кайгырып, жапа чегүү түрдүү элдердин фольклорунда кеңири кезиккен сюжет. Түрк элдеринде айрыкча ата-энесинин байлыгы, «эркек балам болбосо дүнүйөм кимге калат?” — деп бушайман болуу, кудайдан бала тилеп садага-кайыр берүү, жер-суу, мазар тайып, сыйынуу иштери кеңири айтылат.

Сюжеттин өнүгүшүндөгү орду жактан эпизод — өзгөчө баатыр болчу баланын төрөлөрүн шарттай турган деталдардын бири. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча сюжет Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын, башкача айтканда малы, дүнүйөсү көп, баласы жок Жакып жапа чегип, кайгырып жүрөт. Жакыптын байлыгы, бирок баласыз болуп, зар кылып бала тилеп жүрүшү Радлов жазып алган вариантта эскерилет.

Жакыптын жана аялдарынын түш көрүшү — баатырдын төрөлүшүн даярдоочу эпикалык мотивдердин өзгөчө туруктуусу, баатыр жакында жарыкка келерин белгилеп турган сюжеттеги маанилүү деталь — ыза болгон Чыйырды ыйлап жатып көзү илинип, уктап кетет. Түшүндө ак селдечен ак сакалдуу адам жанына келип, жашын көрүп боору ооруп, аяктай ак алма берет, кызыл алма кыз деп дагы бир алма карматат. Алтымыш кулач ажыдаарга ат ордуна мин дейт. Алма жеген Чыйырдынын ичинен ажыдаар чыгып, ай-ааламды сорот, байбиченин бою бир жүз отуз кез болуп узарат. Чочуп ойгонгон Чыйырды Жакыптын катуу уктап жатканын көрүп, күйөөсүн ойготпой эле коёюн деп ойлойт.

www.bizdin.kg



Кечинде малдан капаланып келген Жакып атын байлабай үйүнө кирип кеткенде чылбырын сүйрөп бош бараткан Туучунакты көрүп, атты кармамак болуп коңшунун баласы Меңдибай артынан кеткен. Ошол бойдон үйүнө келбей калыптыр. Меңдибайдын энеси Канымжан байдыкына келип уктап жаткан Жакыпты көрүп Чыйырдыга: эриңди ойгот, атын кубалап кетип балам эмдигиче жок, түн ортосу болду, балам мерт болсо дүнүйө-малыңды анын чыпалагына да албайм деп, заар сөздөрдү айтып бейжайланат. Канымжандын «Алжыган как баш» деген сөзүн угуп ызаланган байбиче: жоошурак ат минбейсиңби, качкан атыңды кууп баласы жоголуптур. Канымжандын айткан сөздөрүнөн өлүп кетпей араң эле калдым, туруп жоголгон баланы таап бер деп Жакыпка катуу тиет. Жаткан ордунан баш көтөрүп, Жакып кайгырба кемпирим, Кадыр алда буюрса белги болор түш көрдүм дейт. Түшүндө Жакып кукулуктап үн чыкса куштан башка үнү бар, куйрук-башы жаркылдап куудан аппак жүнү бар, айбат менен караса алпкаракуш сүрү бар, саңооорлору сары алтын, таканак жүнү баары алтын, текөөрү болот, серпкенин өлтүрүүчү тунжур куш кармап алып, ага алтымыш кулач жибек боо тагып, бапестеп багып алат. Ал куштун кыраандыгынан жана сүрүнөн ааламдагы канаттуу уча албайт, жерде жүргөн аяктуу кача албайт.

Чыйырды Жакыптын түшүн жакшылыкка жоруп, өзү да жакшы түш көргөнүн айтып, кырк-элүү мал союп той берели дейт. Эчтекеден дайын жок, той берели деген байбичесинин сөзүнө ачууланган Жакып сыртка чыкса сары жылдыз чыгып, таң атып калыптыр. Бакдөөлөттүн үйүн көздөй баскан Жакыптын кулагына «Атаке, мал үчүн кайгырып, алганыңды неге капа кылдың?!» деген сырлуу добуш угулат. Эки жагын караса эч ким көрүнбөйт. Кемпири эсине түшүп, кеткеним болбойт экен деп кайра кайрылган Жакыптын артынан Бакдөөлөт жете келип сонун түш көргөнүн айтат: үйүнө боз ала туйгун эки куш байлаптыр. Байбиченин үйүндө балдагы алтын туурда турна моюн, жез канат, тумшугу болот туй-талпынып турганын көрүптүр. Жакып токолунун көргөн түшүнө да кубанат. Байбиче кырк бээ союп, түш жорутуп, той берели дегенин Жакыптан уккан Бакдөөлөт: «кырк эмес, сексенди союп, эл чакырып, баш майла, жашың элүүгө келгенин билбейсиңби, ээсиз малды аяп не кыласың? » — дейт. Ага да ачууланып кайра баскан Жакыптын алдынан Канымжан чыгып атыңды кууп кеткен бойдон жоголгон баламды таап бер, эмдигиче издебей, баланын баркын билбеген куу баштыгың билинди деп катуу-катуу сөздөр айтат. Бул байкуштуку да эп болду деп ойлогон Жакып койчунун коңур күрөңүн токунуп минип, баланы издеп жүрүп Ак-Өтөк деген жерден үстүнө ак жолборстун териси жабылып турган атын көрөт. Баланы жолборс алган го деп чочулап бушайман болуп турган Жакыпка токойдон Меңдибай чыгып келип салам айтат. Туучунактын артынан келип, кырк балага жолукканын, алар менен түнү бою ойногонун, ал балдар биз Жакыптын балдарыбыз дешкенин токойдон чыга калып качырган ак жолборсту балдардын бири күрсү менен чаап өлтүрүп, союп терисин Туучунакка жаап койгонун Меңдибайдан уккан Жакып атты алып, баланы ээрчитип айылга келет. Баланын

сөзүн уккандардын баары таң калышат. Кечээтен берки белгилер тегин эместигин оюна алган Жакып той бермек болот.
Узак убакыт баласыз жүргөн ата-эненин жакында балалуу болорунун жышааны катары жакшы түш көрүү оозеки чыгармалардагы кеңири белгилүү сюжет. Адатта түштө болочок баланын эркек, же кыз болору, негизги сапаттары, ал гана турмак тагдыры жөнүндө кабарлаган символикалык же каймана маалыматтар берилет. Кереметтүү түш көрүү Радлов жазып алган вариантта жок. Кийин жазылып алынган варианттардын бардыгында бул эпизод сюжеттеги маанилүү деталдардан. Саякбай Каралаевдин вариантында түштү Жакып гана көрөт: көзүнө көрүнгөндүн баарын алган өзгөчө кыраан ала барчын бүркүт кармап алат, жолсуз зоодон колунда пайда болгон курч кылыч менен таш кесип жол салып түшөт, бүтүн дүйнөгө көлөкөсүн тийгизген чатырга кирип, ай менен күндү чакмак алып ойнойт.
Эпизоддун сюжетиндеги негизги түйүн түш көрүү, сюжет кеңейтилип, бир эле эмес, бир нече адам түш көргөн түрдө, башка кереметтүү жышаналар менен кошо (Сагымбай Орозбаковдун вариантында үч кишинин түшү, Жакыпка угулган сырдуу үн, Меңдибайга жолуккан кырк бала) же кыска түрдө айтылышы мүмкүн. Сюжеттин бул түрдөгү өзгөчөлүктөрү эпостун варианттык белгилеринен.
Жакып жана анын аялдарынын түшүн жоруу — түш көрүүнүн жыйынтык бөлүгү. Жакып айылындагы жакындарын чакырып кеңешип, көп мал союп, канатташ жашаган кыргыз, калмак, казактарга кабар айттырып, ат чаптырып, чоң той берет. Келген эл тараганда Жакып кыргыз, казактардын ата уулу аксакалдарын алып калып, кыргыздардан Байжигитти, кыпчактардан Тазчеченди, нойгуттардан Акбалтаны, ногойлордон Эштекти, Түрктүн уулу Дамбылданы, Түмөнбайдын Абдылданы өз үйүнө киргизип, эр башына бирден кым кап, бир ичик жаап жолдугун жасагандан кийин аларга өзү жана аялдары көргөн түштөрүн айтып, жоруп беришин өтүнөт. Байжигит: «Жакыптын куш кармаганы эркек балалуу болору, ал баласы ай тийген жердин баарын алып, күн тийген жердин баарын күтөт экен. Алтымыш кулач жибек боо такканың ал балаң алтымыш жашка чыкканча аким болуп, журт сурайт экен.



Байбиче ажыдаарды ат кылып мингени ошол баланын ажыдаардай айбаттуу, арстандай кайраттуу болору. Шумкар кармоо кыздуу болуунун белгиси» — деп жоруйт. Бакдөөлөт көргөн түштү Дамбылда: «токолуң да эки эркек бала тууйт экен» — деп, жоруйт. Чогулгандар бата берип тарап кетишет.
Жышаналуу түштү атайлап салтанат менен жорутуу кеңири белгилүү сюжет. Саякбай Каралаевдин вариантында Жакыптын түшүн Акбалта «баатыр балалуу болот экенсиң, ал бала калмактардан өч алып, элди азаптан куткарат экен», — деп жоруйт.
Манастын туулганы — эпостун варианттарынын бардыгында кездешүүчү туруктуу эпизоддордон. Чыгарманын сюжеттик курулушунда негизги окуялардын башталыш түйүнүнүн милдетин аткарат. Атайын тема коюлуп, өзүнчө бөлүм катары айтылышы (Сагымбай Орозбаковдун варианты), же жалпы тема менен эле берилиши да мүмкүн (Саякбай Каралаевдин варианты, Радлов

жазып алган вариант). Башка майда окуялар менен катар бир чоң темага бириктирилип айтылышы көбүрөөк мүнөздүү. Сагымбай Орозбаковдун вариантынан жазылган текстте бул окуянын темасы башка сыя менен кол жазманын четине жазылган. Буга караганда тема окуяны айтуу процессинин өзүндө эмес, тактоо иретинде текстти жазган катчы тарабынан кийин киргизилиши да мүмкүн. Жалпы эпос үчүн окуяларды майда темаларга бөлүү мүнөздүү эмес, текстти оозеки аткарган учурда чоң-чоң окуялар гана белгилүү чек катары пайдаланылган. Манастын туулушу сюжеттин өнүгүшүнө ылайык бир нече майда окуяны бириктирип турат: баланын бойго бүтүшү, толгоо, төрөлүү, ат коюу. Варианттарда бул окуялардын айрым айтылбашы да мүмкүн.

Түш жорулгандан эки жылдан кийин Чыйырдынын кош бой болгонуна үч ай толот. Жакып чал кубаттанып, балам аман-эсен туулса экен деп назырга канча мал айтып, тилек тилеп жүрдү. Байбиченин жериги күчөп, жолборстун жүрөгүн самап, башка тамакка табити тартпай катуу забыркайт. Каңгайдын Карамергени жолборс атканын угуп, Бадалбай аттуу жылкычыны акысына кара кулак чоң жамбы берип жолборстун жүрөгүн алып келгенге жиберет. Жолборстун жүрөгүн жеп, байбиченин талгагы канат.

Боюнда бар кезинде энеси эмнени күсөсө төрөлүүчү бала ошол нерсеге кандайдыр окшош болот деп түшүнүү кеңири белгилүү элдик ишеним. Ушуга ылайык баатыр төрөлөрдө энесинин жолборстун этине, айрыкча жүрөгүнө, бүркүт жана башкалар кыраан, жалтанбас жүрөктүү эсептелген жырткыч жаныбарлардын этине, жүрөгүнө, көзүнө талгак болуу эпикалык салттык сюжет. Ошол нерсенин табылышынын татаалдыгы, демек, баалуулугу да чоң мааниге ээ. Мындай жышаналуу талгак болууну адатта көпчүлүккө жарыялабай, жашыруун сактоо салт.

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Чыйырды боюна бүткөнгө уч ай болгондо шердин этине талгак болуп, ал табылбай көп убара тартышат. Акыры Кочку аттуу калмак аткан шерди 90 төөнүн буудайына сатып келишет. Чыйырдынын шердин этине талгак болгонун эч кимге билгизбегиле деп Жакып туугандарынан суранат. Радлов жазып алган вариантта Манастын энесинин талгак болуусу эскерилбейт.

Башка белгилүү манасчылардан Шапак Рысмендеевдин варианты, ТМВ, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Чыйырдынын жолборстун жүрөгүнө талгак болушу Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын. Багыш Сазановдун вариантында эскерилбейт.

Бала боюна бүткөнү тогуз ай, тогуз күнгө толуп, бейшембинин түнүндө Чыйырдынын толгоосу башталат. Толгоо жети күнгө созулуп, айыл-ападагылар бүт чарчашат. Сегиз күнгө толуп, тогуз күнгө караганда толгоосу толду, эми тууй турган күнү болду дешет аялдар. Аны уккан Жакып: «Бала үчүн катуу зарладым эле, эркек деп бирөө жүгүрсө жүрөгүм жарылып кетер, андан көрө жыгылсам да, талсам да элге шылдың болбогондой ээн жерге барып кабар угайын деп, сүйүнчүгө баруучулар минсин деп кермеге 40 быштy, 7 кур ат байлаттырып, кыз туулса унчукпай тим болгула, эркек болсо сүйүнчүлөп баргыла» — деп аттанып кетет. Адырды көздөй малына


(бет алган Жакыптын алдынан Жорго боз үйүрү жолугат. Байкап караса жылкынын арасында каражалдуу кула бээ жатып-туруп, толготуп, чабалактап калыптыр. Кула бээ азыр тууйт экен, кулуну эркек болсо балама энчилейм. Катыным эркек тууса Жоргобуз атын жоюп, мындан кийин айгырын ыйык көтөрүп, атын Камбарбоз деп коёюн, үйрүнүн ургаачысын дайым ак түлөөмө соёюн, эркектеринин баарысын эр азамат мингенге согуш үчүн коёюн деп ойлогон Жакып ошол жерге токтоп, жылкысына көз салып туруп калат.

Толгоонун өтө катуу болуп, узакка созулушу (адатта 7 же 9 күн) төрөлүүчү баланын кадыресе эле бала эместиги орчундуу жана өзгөчө кеңири жайылган

www.bizdin.kg
белгилеринин бири. Дүйнө элдеринин эпосторунан да, жөө жомокторунан да кеңири жолугат. Ошондой эле бала төрөлөөрдө атасынын үйдөн атайын кетип калышы, же кандайдыр себептер менен үйдө болбошу да кеңири белгилүү сюжеттерден.

Радлов жазып алган вариантта бул эпизод эскерилбейт. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Чыйырдынын ай-күнү жетип, толгоосу башталганда сүйүнүп кетип жүрөгүм жарылбасын, жылкыга барайын, эркек төрөлсө мага сүйүнчүгө баргыла, кыз болсо тим эле койгула деп Жакып аттанып кетет. Жылкыга барган Жакып Камбар ата кара айгырды союп, этине тоюп, уктап калат.

Толук тогуз күн толготкон Чыйырдынын ичиндеги баласын Умай эне убактың келди, сыртка — жарык дүйнөгө чык деп кууса, ырыскым кайда деп бала болбойт. Ырыскың ошол жакта деп Умай эне баланы катуулап айдайт. Умай эне, анын баланы төрөлөрдө энесинин ичинен сыртка кубалашы элдеги эски түшүнүктөрдүн биринен. Сюжеттеги бул деталь Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында жана башка варианттардын көбүндө жок.



Бала жерге түшүп, эркек экендиги көрүнөт. Энесинин ичинен эки колун толтура кан чеңгелдеп чыгыптыр. Эркек бала төрөлгөнүн угуп сүйүнгөндөн Чыйырды эси ооп, аны көргөн аялдар байбичени мартуу басты дешип чочулашат. Мартуу баспаптыр, бир аздан соң байбиче эсин жыйып, башын көтөрөт. Колуна оромол алып Канымжан аттуу аял баланы оромок болсо, анын тарбаңдаган колу-бутуна алы жетпейт. Бакдөөлөт баланы жерден ала койсо салмагы он бештеги баладай экен. Оозантканда үч карын сары майды жеп коёт. Энеси эмизмек болуп эмчегин салса бир соргондо сүт, экинчисинде суу, үчүнчү соргондо кан чыгат. Чыдабай байбиченин жаны чыгып кете жаздайт. Сегиз бээ, көп мал, союлуп, аялдарга жентек берилет. Кермедеги аттарды минишип, айылдагы эркек аттуу сүйүнчү алмак үчүн Жакыпты издеп кетишет. Сен деле барсаң боло деген аялы Сулайканын жемесине чыдабай Көкчолок менен аттанган Акбалта айылга жакын эле колоттогу кара суунун боюнда кара жалдуу кула бээ тууган аксур эркек кулунду телчитип жалгыз турган Жакыпты көрүп: Байбичең эркек тууду.

Баландын бакырган добушу тай чабым жерден угулду, үндүн сүрүнөн аны укканда жүрөгүм опколжуп оозума тыгылды. Балак эки колуна толтура кан чеңгелдеп түшүптүр деп сүйүнчүлөйт. Жакып Акбалтага камдап жүргөн бир калта алтынын сүйүнчүгө берип, көп мал айтат. Айылга келип, бешик боосу бек болсун, кундагың боосу кут болсун! деген тилегин айтып, Жакып үйүнө кирип, баласын колуна алып караса, маңдайы жазы, башы кууш бар боюнда турат тууш, кочкор тумшук, кош кирпик, көркү калча, көзү тик, жалаяк ооз, жар кабак, жаагы жазы, ээги узун, эрди калың, көзү үңкүр — эр мүнөзү көрүнөт; алакан жазык, колу ачык, аттанып чыкса жолчу ачык — алп мүнөзү көрүнөт; жолборс моюн, жоон билек, жоруну калың, таш жүрөк, жылма кабак, жылдыз көз — бөлөкчө түрү бар экен. Баласынын баатырдык сынына көңүлү толгон Жакып: Өткөндөн алар өчүмдү, өч алганын көрөрмүн, өлтүрбөсө болду өзүмдү, — деп бетинен өбөт.

Баатыр болуучу бала туулганда колуна кан чеңгелдеп түшүшү анын өзгөчө сапаттарынын ошол замат эле көрүнүшү (үнүнөн адамдардын коркушу, салмагынын оорлугу, оозантканда өтө эле көп май жеши, эмчек эмгенде энесинин чыдабай кетиши, дароо сүйлөшү жана башкалар, баатырдын жоого минчү аты ал төрөлгөн учурда кошо туулушу, атасы сүйүнчүгө көп дүнүйө бериши, баланын өзгөчө көрүнүшү сыяктуу жышаналуу белгилер) оозеки чыгармаларда кеңири жолугуучу сюжеттерден. Бул сюжет манасчылар тарабынан ар түрдүүчө пайдаланылышы мүмкүн. Мисалы, Радлов жазып алган вариантта Жакып «Аппак эти чүштөдөй, устукан сөөгү мистедей» (Радлов жазып алган вариант, 234) балалуу болду деген гана кыскачы кабар берилет. Ошондой эле Манастын төрөлгөнү деталдаштырылып берилбегендиктен көп эпикалык мотивдер эскерилбейт, бирок Манастын төрөлгөндө колуна кан чеңгелдеп түшүшү: «Кой боорундай кара кан Оң колуна уштаган» (Радлов жазып алган вариант, 234) делип, эпостун башка окуясында эскерилет. Саякбай Каралаевдин вариантында уктап калган Жакыптын түшүнө думана кирип, мен Кыдыралеки саламмын. Эркек балалуу болосуң, атын Манас кой, калмактарга Чоңжинди деп угуз, балаң чоң баатыр болот. Бүгүн кула бээң тулпар тууйт, Манастын согушка минер аты ошол — дейт. Жакып ойгонот. Аңгыча кула бээ торучаар кулун тууйт. Кулунду телчитип өзгөчө сынын көрүп турганда Акбалта келип эркек балалуу болгонун, ал бала бир колуна кара кан, бир колуна сары алтын кармап түшкөнүн, жүрөгү түшүп тогуз кемпир өлүп кеткенин, баланын чекеси жерге тийгенде жер титирегенин айтып Жакыпка сүйүнчүлөйт. Эсенкан Манас аттуу баланы издетип, Жарманасты карматып кетип орго салыптыр деп уктум, баланын атын Чоңжинди деп атап коёлу, жашы он экиге келгенде дайнын билгизели, баландын кубанычына чоң той бер дейт. Жакып сүйүнчүгө көп мал берет. Бала туулганда бир думана келип, Манас алты шердин кенжеси, теңдешсиз баатыр болорун айтат да, оозанткыла деп болот ок берип, кийин окту кийиминин жакасына тигип койгула деп көздөн кайым болот.

Бала төрөлөрдө анын келечекки тагдырын, аты ким болорун билгизип аян берген түш көрүү, төрөлгөндө баланын колуна согуштун белгиси болгон кан эле эмес, бийликтин, дүнүйөнүн символу болгон алтын кармап түшүшү, ал төрөлөр замат сырдуу күчтүн ээси кийин башына кыйын күн түшкөндө кереги тиер касиеттүү белекти бериши түрдүү элдердин фольклордук чыгармаларында да кеңири жолугуучу жана сюжеттин өнүгүшүндө өзгөчө баланын төрөлүшүн даярдоочу белгилүү мотивдерден.

Ат коюу — сюжеттин белгилүү варианттардын бардыгында жолугуучу маанилүү деталы.

Балалуу болгондон кийин пейили оңолгон Жакып зарлап күткөн тилегим кабыл болду деп баарда чоң той бермек болуп, көп жерден түрдүү эл чакырат. Тойдо ат чабылып, балбан күрөш жана башкалар тамашалар болуп, келгендер Жакыптын

салтанатына, байлыгына таң калышат. Ою бузуку калмак, манжулар бул туулган бала тегин бала эмес, той соо той эмес! — деп күбүр-шыбыр кылышат. Той тарап, келген эл жай-жайына кайтат. Бай Жакып казак, кыргыз, катаган, кыпчактын билермандарын, акылман карыларын алып калып, кымкаптан сарпай кийгизип, жолдугун жасагандан кийин баласын этегине салып, элдин алдына келип отургандарга ат коюп беришин суранат. Ат асмандан дечү эле, балама жакшы ат коёр бекен деп тынчсызданып Чыйырды ат койгон адамдарга берер белегин камдап кошо келет. Отургандар балага ылайыктуу ат таба албай, бири-бирин карап туруп калышат. Аңгыча колунда асасы бар, ак күлөлүү думана пайда болуп, отургандардан уруксат алып, баланын аты Манас болсун, ар балаадан калас болсун — деп ат коюп кол жайганда ал жердегилер бүт бата кылышат. Кай кеткени белгисиз думана көздөн кайым болот.

Туулганда баатырга арнап чоң той берүү, анын жөн той эместигинен душмандарынын шекшинүүсү, балага ылайыктуу ысым ыйгара албай чогулгандардын кыйналышы жана балага атты касиеттүү карынын коюшу белгилүү сюжеттерден. Ат таба албай ак сакалдуу көгала сакалды карады, көгала сакал кара сакалды карады, кара сакал боз балдарды карады, боз балдар алды алдынан тарады деген үлгүдөгү сүрөттөмө жөө жомоктордон тартып, эпосторго чейин кеңири жолугат.

Радлов жазып алган вариантта балага төрт пайгамбар-кожо Манас деп ат койгону эскерилет. Саякбай Каралаевдин вариантында да Жакып кубанып көп эл чакырып, чоң той берет. Анын сөөлөтүнө, байлыгына таң калган калмактар чочулашып, Эсенканга киши жиберип кабар кылышат. Балалуу болсо бардык эле адам той берет, анын эмнесин мага кабарлайсыңар деп ал көңүл бурбай коёт. Сюжеттин маанилүү деталы болгон балага ысымдын кандайча коюлганы айтылбаганы менен баланын аты Манас болору, калмактарга Чоңжинди деп угузуулары бир нече жолу (Жакып көргөн түштө, сүйүнчүлөп барган Акбалтанын сөзүндө) эскерилет.

Балага чыныгы жана жардамчы эки ысымдын берилиши байыртан эле кеңири жайылган салттардан. Эркек бала эрезеге жетип, өз алдынча эрдик иш иштөөгө жараганда (кан төгүп, баш кескенде) иштеген иштерине жараша чыныгы ысымын ыйгаруу адаты менен узак убакыт баласыз жүргөн, же баласы токтобогон ата-эненин баланы ар кандай кырсыктардан сактоо үчүн чыныгы атын айтпай, башка угууга комсоо, кулакка жагымсыз ат менен (Бокмурун, Чоң Жинди) атоо ырымдары белгилүү сюжеттерден.

Манастын балалык чагы — сюжеттеги болочок баатырдын өзгөчө сапаттарын алдын ала кабарлап турган маанилүү бөлүгү. Бул бөлүмчөдө баатырдын балалык чагынын алгачкы учуру жана турмушту таануунун башталышы сүрөттөлөт.

Манас ар мүчөсү адамдан башка жотолуу, күчү денесине сыйбаган балбан, жандуудан жазганбаган баатыр, айтканынан кайтпаган бек бала болуп чоңоёт. Күч-кубаты боюна сыйбаган Манас жанда жок тентек чыгат: бала көрүнсө тегерегине жыят, мазарды көрсө ыйык дебей кыят. Думана көрсө уруп, асасын тартып алып азапка салат, кожону көрсө коркутат, бир сабада кымызды колуна берсе бир жутат, доргону көрсө токмоктойт, жамбы тийсе колуна чака пулча токтотпойт. Бай Жакыптын бул уулу бир балакет кылат дешип айылдаштары ушак-айың кеп кылышат.

Болочок баатыр өзгөчө сапаттарга ээ болушу, өтө бат чоңоюп жанда жок тентек чыгышы кеңири белгилүү эпикалык салттык көрүнүш. Бул белгилүү варианттардын бардыгында бар. Радлов жазып алган вариантта Манас бешикте жатканда эле сүйлөп, жортуулга чыгам — дейт (болочок баатырдын бешикте, ал түгүл жаңы төрөлгөндө эле сүйлөшү да фольклордо кеңири жолугуучу сюжет). Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манас бешке чыкканча баспай бечел

www.bizdin.kg
калат, жетиге жашы жеткенде ашынган тентек чыгат. Сегиз жашында жанына кырк баланы жыйып алып талаада ойноп жүрүшсө, сексен калмак бала келип, жалынса болбой кырк баланы токмоктойт. Койгула деген Манаска да кол салышат. Ачуусу келген Манас он эки калмак баланы жыга чаап өлтүрөт. Качкандарын кубалап бара жатканда Жакып жолугуп калып, түбүмө жетет экенсиң деп ачууланып үйүнө алып кетет.

Бечел калуу да тентектик сыяктуу эле баланын өзгөчө сапатка ээ экендигинин белгиси катары жөө жомок, эпостордо белгилүү сюжеттерден.

Манасты малайлыкка берүү — баатырдын бала чагынын акыркы баскычы, эрезеге жетип, алгачкы эрдиктерди көрсөтүүгө өтүүдөгү өткөөл мезгил.

Баласынын кылык-жоругуна, элдин кебине капа болгон Жакып «эркелетип тим койбой койчуга малай берип катыктыралы», — деп байбичесине кеңешет. Чыйырды да бул акылды туура табат. Малай жүрүп, акыңа мал алып, мени бак деп Манасты өз койчусу Ошпурга жеткирип берет да, баласына угузбай балам катыксын, козу кайтарт, кээде ач, кээде ток болсун, кеби тийсе, тил албаса какыс-кукус кылып кой деп тапшырат. Ошол айылдагы Кадообай дегендин уулу Чегебай менен Манас козу кайтарат. Бир күнү экөө кайтарган козуларга карышкыр тийип, бир козуну баса калып куйругун жулуп алып, жеп жиберет. Кыйкырып жакындаган Чегеге карышкыр ыркырап айбат кылса, ал кайра качат. Коркок турбайсыңбы, муну мен кулактап көрөйүн! — деп бөрүгө карата чуркаган Манас жеп жаткан козуну көтөрүп качып берген бөрүнүн артынан кууп, козудан аккан кандын изи менен тоо арасындагы чоң үңкүргө кирип, анда отурган кырк адамды көрөт. Козусу байланууу, аман-эсен, жараты да жок, маарап турат. Таң калып, жөнүн сураган балага отурган адамдар: бөрү болгон биз, кырк чилтен деген болобуз, башыңа кыйынчылык иш түшкөндө бизди эсиңе алсаң келип сага жардам беребиз, жаныңдагы баланын аты Кутубий болсун, сага кутман болот — дешет да көздөн кайым болушат. Козусун жетелеп кайра келген эки бала тегин эмес адамдардын колу тийген жышаналуу козуну союп жемек болушат. Козуну союп алып, этин бышыралы десе от жок. Аңгыча беш таначар айдаган Баянчор аттуу калмак келип: кандай ээнбаш балдарсыңар, козуну эмнеге сойдуңар, ата-энеңерге айтам деп экөөнү жемелеп, жөнөй бергенде анын курундагы оттугун көрүп: от күйгүзүп алалы, оттугуңузду бере туруңузчу? — деп Манас өтүнсө калмак оттугун бербей, кайра экөөнү ачууланып тилдейт. Ачуусу келген Манас чалды аттан оодара тартса, белиндеги оттук, бычак бекиткен куру үзүлүп, колуна келет. Чал коркконунан үндөбөй аттанып кетет. Эт бышырып жаткан экөөнүн жанына козу жайып жүргөн төрт бала келип, экөөнү урмакчы болушат. Саламаттын уулу Айнакул (к. *Кыргылчал)* Чегени жыгып төшүнө минип калат. Бул эмнең? Кой, тур мындай — деп тарткан Манасты тура калып Айнакул башка муштайт. Манас муштаганда Айнакулдун эси ооп жыгылат. Ага болушабыз деген берки үчөө да Манастан таяк жейт. Төрт баланы кошуп алып, козунун этин жеп, ойноп, ошол жерге бардыгы түнөп калышат. Дагы эки козу союп жешет. Кечтен бери козу издеп, убара болушкан эки айылдын адамдары эртең менен Алмалуунун жылгасында алты бөрү козуларды талап жүргөнүн алыстан көрүшүп, шашып келишсе балдар менен козулардан башка эч ким жок. Эмне болгонун сурашса төрт бала Ошпурдун малайы коркутуп, кетирбей койгонун, үч козу союп жегендигин айтат. Козуларды санаса баары түгөл. Балдар калп айткан тура дешип, айылдарына тарап кетишет.

Баянчор Ошпурга келип малайың оттук, бычак, курумду тартып алды, алып бер, бузуктукту сүйсөң мен да жөн калбайм — деп, опузалайт. Ошпур Манасты чакырып, алган болсоң кайра бер десе, олжону да кайра берчү беле, кечээ эле балдарга бөлүп берип койгонмун дейт. Манаска батына албай, атасына барып жайын айтып, баладан кутулайын деп Ошпур Жакыптыкына жөнөйт.

www.bizdin.kg
Болочок баатырдын тентектигин койдуруу үчүн турмушту көрүп кагылсын, катыксын деп «жумушка чегүү» түрдүү вариацияда кеңири жолугат. Анын ичинде малайлыкка берүү көбүрөөк кездешет. Баатыр өзү сарп кылган, жоготуп жиберген, башкаларга берген буюм, дүйнө, сырдуу түрдө түгөл калышы сюжеттик туруктуу деталдардан.

Баатырдын балалык учурунун аякташынын белгиси катары аны колдой турган касиеттүү күчкө (түрк элдеринин фольклорунда адатта кырк чилтен же Кыдыр алекисалам) жолугушу да белгилүү сюжеттерден.

Манасты малайлыкка берүү да, кырк чилтенге жолугушу да Радлов жазып алган вариантта эскерилбейт. Күлүшө баштаганда эле бешикте жаткан Манас: «Бусурман жолун ачамын, Каапырдын малын чачамын» (Радлов жазып алган вариант, 237) дегенин уккан Жакып байдын уулу Бакайды чакырып алып, Манас жортуулга чыгам дейт, жанына жолдош болуп бер, билбегенин билгизип, үйрөт деп тапшырганы, Манас чоңоюп ат жалын тартып мингенден баштап аны менен бирге болууга Бакай убада бергени кыскача гана эскертилген (жаш баатырдын жанында акылчы карынын болушу, ал баланын ата-энесинин, же касиеттүү күчтүн өтүнүчүн аткарып, баатыр менен ар дайым бирге жүрүү фольклордо белгилүү салттык сюжеттерден).

Саякбай Каралаевдин вариантында он эки калмак баланы жыга чапкан баласына ачууланып, балаңдын тентектигин койдур, антпесе түбүмө жетет, — деп Жакып Чыйырдыга арызданып жатканда үйүнө Ошпур койчу келип калат. Манасты козу кайтарсын деп Ошпурга беришет. Тентектигин Ошпурда козу кайтарып жүргөндө да койбогон Манас талаага кой союп, балдарга той берип, балдарды чогултуп мени төрө дегиле деп талап кылып, төрө дебегендеринин минген торпокторун союп, жылкычы, койчуларга бой бербей жүрөт. Кырк бала чогулуп, талаада ордо атып, козу союп ойноп жатса калмактардын жылкычы башчысы Канжаркол келип, төрт баланы өлтүрүп, бышып жаткан этти тартып жейт. Уктап жаткан Манас ойгонуп, Канжарколду өлтүрүп салат. Дагы козу союп эт бышыралы десе оту өчүп калыптыр. Козу издеп келген Жырынта аттуу калмак чалдын оттугун сураса, бербей коёт. Оттугун Манаска тарттырып, чал качып кутулат. Ошпур арызданып Жакыпка жөнөйт. Бул жерде сюжеттин өнүгүшү Сагымбай Орозбаковдун варианты менен Саякбай Каралаевдин варианты бири-бирине жакын, бирок Саякбайда кырк чилтенге жолугушу башка окуяда баяндалат.

Баатырдын алгачкы эрдиктери — сюжеттин өнүгүшүндөгү окуялардын чиелениши, бутактанып өнүгүүсүн шарттаган баскыч.

Жакыптыкына барган Ошпур Манастын баш бербегендигин айтып, балаңарды алгыла деп өтүнөт. Зарлап жүрүп көргөн жалгыз баламды калмактардын калың жерине таштап койбой алып кел, тентек өскөн немеден санаам тынбады деп Чыйырды да наалыш кылгандыктан, Жакып Ошпурдукуна барып, уулун ээрчитип кайра тартат. Жолдо жылкылары жатчу Ак-Өтөктөн уюлгуган чаңды көрүп, карап калган Жакыптын жанына жылкычы башчысы Ыйманкул келип жер коруган калмактар жылкыларды кубалап жүргөнүн айтат.



www.bizdin.kg
Жакыпты көрүп жетип келген калмактар тегеректеп алып, ага кол салышат. Ыймандын колундагы укуругун ала коюп, Манас калмактардын башчысы Кортукту чокуга чапканда, башы жарылып, ал жан берет. Дагы бир нече калмакты аттан түшүрө чаап, качкандарын кууп жөнөгөндө Манас калмактардын айлына кирип барбасын деп чочулаган Жакып артынан жетип, баласын токтотот. Айланайын каралдым, алды-артыңды кара, бул жерде сенин кызырлуу кыргыз элиң жок, булар көп, сен азсың, балтыр этиң толуп, баралыңа келгенде өчүбүздү аларсың, азыр ээликпе, башчысын сойдуң, башкаларына катылба. Өлгөн калмактын кунун берип кутулабыз деген атасына уулу: жөн эле корко бербечи, кун дегениң эмне? — дейт. Кун деп санап мал алат, ал салган малына көнбөсөң бул жердеги аз кыргыз чабылат. Акыры өзүңдү өлтүрүп тынат — деп түшүндүрөт атасы. Жаш баланын ачуусу келет: өзүлөрү кол салбадыбы, кун бербеймин, бирөөдөн коркуп, корголоп жүрүп жан сактабай эле койдум. Деги сенин түбүң ким? Бала атасынан тегин сурады. Жакып уругу кыргыз экенин, чоң атасы Ногой көп жерди башкарып турганын, анын көзү өткөндө Эсенкан жиберген көп кол элди чаап, Ногойдун балдарын туш-тушка айдаганын айтып: туугандарың чачылган, элиң алыста араң жүргөндө минтип сен эр өлтүрүп карыган кезимде курубадымбы — деп, кейийт. Манас байкабай жаман иш кылган экемин деп өкүнүп, не кыларын билбей шашып, оюна баягы кыйынчылыкта жардам беребиз деген кырк кишини алат. Көрүнөр бекен деп эки жагын элеңдеп карап турганда нарытан кызыл байрак көтөргөн кырк киши чыга келет. Аларды көрүп кубанып кеткен Манас каткырып күлүп, тигилерди утурлай жүрөт. Эмнеге күлгөнүн сураган атасына жооп бербей, алаксып, тиги келген кишилерге учурашып, мурда сүйлөшүп тааныш калганы менен сүйлөшкөнгө кирет. Кырк чилтен Жакыптын көзүнө көрүнбөгөндүктөн, ага баласы өзү менен өзү сүйлөшүп жаткан сыяктуу сезилет. Чилтендерге Манас калмактар өзүлөрү катылганын, чаап жиберсе бирөө өлүп калганын, атасы кайгырып жатканын баяндайт. Алар өлгөн калмактын уулу өзүңө жолдош болот, кайгырбагын, көзүңдү жум дешет. Манас көзүн жумса көп аскер көрүнөт. Чилтендерден бул аскерлер кимдики экенин сураса алар сеники дейт. Аскерлердин алдында турган адамдын аты Бакай, ага эң жакын киши экенин айтат. Манас көзүн ачса атасы жок, ал коркуп качып кетиптир. Манас Ыйманды чакырып, жылкыларды калмактардын корук жерине жайдырып жиберет. Өзү менен өзү сүйлөшүп эле жинди болуп калды деп баласынан түңүлүп, үйүнө барган Жакыптын сөзүнө кайгырып санаасы тынбаган байбиче жол караса эч нерсе көрүнбөйт. Жакыпка нааразы болгон Чыйырды баласын издеп жөнөйт. Жайылган жылкынын четинен Манасты көрөт. Баласы энесинен жай сурайт. Ал жер коруган калмактан бир канчасы өлдү, балам сөзүмдү укпай жинди болуп калды деп апкаарып, атаң үйгө барды, ошон үчүн шашып келдим, ай-талаада эмне бар, үйгө кетели дейт. Калмактар келип калса өз жаныңарды сактагыла, жылкыны ала беришсин тим койгула деп жылкычыларды калтырып, энесин ээрчитип, Манас үйүнө жөнөйт. Бая өлгөн Кортуктун сөөгүн алганы төө жетелеп келген жети калмак алардын жолунан чыгат. Тарбын дегени баланы тааныш, Кортукту өлтүргөн бала ушул экенин жолдошторуна айтат. Калмактар баласы менен энесин кармап кетмек болушуп, экөөнү ортого алат, Чыйырдынын чылбырына кол сунуп, Манастын колуңду тарт, катылба дегенине болбой энесинин атын чылбырдан алып жетелемек болгон калмакты далыдан кармап көтөрүп туруп бири-бири менен урганда анысы Тарбынга катуу тийип жан берет. Катыла албай качып жөнөгөн калмактар бурут бала дагы бирди өлтүрүп салганын айтып айлына барышты. Баласын ээрчитип үйүнө келген байбиче Жакыпка көргөн-билгенин баян этти. Кызыталак калмактар, мага кызыккан экен! Кыргыз дагы кыйла журт, кырылышып көрөйүн, кырк миң жылкым бар экен, кызматына бөлөйүн — деп, бай Жакып ачууланып кайратына келди. Айлыбыздан эр өлдү, кун

www.bizdin.kg
алууга жардамдашкыла — деп манжулуктар канатташ жашаган алтайлык калмактарга кабар бергенин, кырк үйлүү кыргызды чаап алганы жатканын Саламаттын иниси Сарбан Жакыпка айтып келет. Жакып да бөөдө өлүп калбайлы, камданышсын деп көңүлү жакындарына, айлына, алакалашып турган казак, найман, коңурат урууларына кабар айттырат. Кабар уккандар Жакып кадырлуу бай эле, талатып ийип тим жатып алганыбыз болбос — дешип, беш жүз жигит жардамга аттанышат.

Кун алмакка чогулган үч жүз манжулукка алтайлык калмактардан келген төрт жүзү кошулуп, эртеси таң менен аттанып, Жакыптын айлын бет алып келе жатышып, Кайыңдуунун өзөнүндөгү көп жылкыга кабылышты. Алтайлык калмактар бу да Жакыптын малы, баарын бизге буюрган экен дешип көп жылкыны көңтөрө тийип жөнөштү. Манжулуктун айыл башчысы Атакул алтайлыктардын ээнбаштыгына теригип, эби менен алалы, кундун да ээси болот деп жүйө сөз айтса, олжого кызыккан беркилер айып алгандыкы, кун куугандыкы, баарын жеп кетебиз — деп мойноп болушпайт. Арадан чатак чыгып, алтайлык менен манжулук эки жаат болуп кармашып калышат. Кабар угуп, кун алабыз деп Алтайдан келген дагы эки жүз киши кошулуп, алтайлыктар көбөйүп кетип, манжулуктарды сүрүп, малын талай баштайт. Айылына коргологон манжулуктун катын-балдары колдоруна канжар, бакан, бычак алып коргонуп шайы кетишти. Өлгөн Кортуктун уулу Шакум «өз кордугун көргөнчө жат кордугун көрөйүн, бакылга башым бийлетпей, акылдуу менен өлөйүн” — деп жардам сураш үчүн Жакыптын айылын көздөй жөнөйт. Айлынан чогулган алтымыш адамы менен таң ата аттанган Жакып Бадалдуунун оюна келип, алыстан көп кошундун караанын көрүп токтоп калган эле. Аңгыча алардын жанына келген Шакум бала: алтайлыктардан көп кол келип, айлымды талап жатат, жылкыңды бүт айдаганын ченеп ал десем Жакыпка болушасың деп өзүмө кол салды, ажыратып ал, айылдаш конуп, эл болоюн дейт. Жакыпка жардамга аттангандар да жете келишип, Жакыптын колу жети жүз сексен адамга толду. Чогулгандарга Жакып Шакум баланын өтүнүчүн айтып, манжулуктарды куткарып алууну бардыгы кубатташты. Урушсак го ушуну алабыз, бирок, урааңды ким деп салабыз? — деп көпчүлүк токтой калганда «Манас!», «Манас!» деп ураан салып, кула атына камчы уруп Манас бала элден бөлүнүп калмактарга ат коюп жөнөдү. Эл «Манастап» ураан чакырып, анын артынан жапырт агылды. Манас жоого аралашып, жеткен эле жерде алтайлыктардын башчысы Домабыл баатырды ыргыта коюп жайлады эле, айбатына такат кыла албай калгандары ат соорусун салып качып калышты. Куугундун эң алдында жеткенин жайлап жаш Манас барат. Куугандар жеткендеринин көбүн кыйратышты — алтайлыктардан төрт жүз он үч киши өлүм болду. Жоону түштүк жерге сүрүштү. Баласынан чочулаган Жакып Манасты токтотуу үчүн артынан кууп, асый эмес бышты, астына элдин түштү, чарчабаган бул доңуз, кандай жылкы күчтүү — деп баласы минген кула атты тилдеп, Артыштын сары кайкаңдан баласына жетип, аны токтотту.



www.bizdin.kg
Манас токтоп калган соң, алтайлыктарды андан ары кубалаган адам болбоду. Кол кайра тартып, манжулуктардын айлына чогулушту. Согушта өлгөндөрдүн жакындарына кайрат айтышып, Жакып жылкысынан айдатып келип, мурда өлгөн эки адам менен кийинки өлгөндөрдүн тууган-уруктарына бөлдүрүп берди. Силерге журт бололу, тууган кылып алгыла — дешкен манжулуктардын өтүнүчүн кабыл алып, мурда жоолашкандар жарашып, бир журт болушту, жаңы туугандарга атасы өлгөн Шакум баланы бий көтөрүштү. Кийинкилерге анын ургу каратоко, өз аты Мажик аталып калды. Жардамга келгендерди Жакып айлына ээрчитип барып, конок кылып, эртеси аксакалдарына ат мингизип, аягына тон кийгизип, узатты.

Баатыр өмүрүндөгү негизги иши делген чоң эрдикти жасоодон мурда балалык курагы менен өспүрүм кезинин аралыгында майда согуштарга катышып, алгачкы эрдик иши менен көзгө көрүнүшү баатырдык эпостордун сюжетиндеги туруктуу окуялардан. Чыгарманын көлөмүнө, мазмунуна ылайык алгачкы эрдиктердин мүнөзү да түрдүүчө болушу мүмкүн. «Манас» эпосунда бул белгилер бир канча майда окуялар менен чакан согуштардан турат: алтайлык калмактар менен болгон согуш; Эсенкан жиберген соодагер тыңчыларды жайлоо, Нескара менен болгон согуш: он бир дуу-дуунун балбандарынын келиши жана башкалар Сюжеттин өнүгүшүндө татаалданышында гана эмес, чыгарманын башкы идеялык багытынын калыптанышы менен ачылышында баатырдын алгачкы эрдиктери сүрөттөлгөн окуялар менен согуштардын маани чоң. Майда уруулар менен элдердин биримдешүүсүнүн бир чоң согуштук союзга биригүүсүнүн белгилүү бир баскычы катары кызмат кылат.

Баатырдын балалык, өспүрүмдүк учурунун качан бүтөрү жөнүндө так чек жок. Салт боюнча баатыр эрезеге жеткен курак катары он эки жаш эсептелет. Айрыкча кан шайланышы күч-кубат гана эмес, акыл-эси боюнча да эл башында турууга жарактуу болгон учур катары эсептелет. Баатыр кан шайлаганга чейинки окуяларды бүт шарттуу түрдү балалык өспүрүм куралтарда иштелген алгачкы эрдиктер катары карооо болот.

Радлов жазып алган вариантта бул темага арналган системалуу окуя жок. Айрым маалыматтар гана берилет. Манас он жашында ок атып, он төртүнө чыкканда ордо чайкап кан болгону айтылат. Ошондой эле:

Алтымыш айгыр, жүз кунан
Айдап жеди Кокондон,
Сексен байтал, миң кымкап
Жеткизип алды Букардан.
Кашкардагы Кытайды
Турпан айдап чыгарды,
Турпандагы кытайды
Аксы айдап түшүрдү (Радлов жазып алган вариант, 157) делет. Бул саптардагы Кокон, Турпан, Аксыда Манастын согуштары, алым алганы жөнүндөгү маалымат баатыр алгачкы эрдиктерин көрсөткөн окуялардан кабарлап турат деп эсептөөгө болот. Бирок Манас он төртүндө кан болгону мурда айтылып, Кокон менен Букардан салык алып, Кашкар менен Турпандагы кытайларга каршы согушканы кийин келтирилгендиктен, кан шайлангандан кийинки иштелген иштер болушу да ыктымал. Эпикалык салттардын талаптары сюжеттин мындай түрдө өнүгүшүн да жокко чыгарбайт. Буга «Манастын» негизги вариантарынын айрымдарындагы сюжеттик өзгөчөлүктөр да далил.

Эпостун алгачкы окуяларындагы, айрыкча негизинен «даяр» сюжеттик курулмалар кеңири пайдаланылган баатырдын төрөлүшүн шарттап, өзгөчө сапаттарын алдын ала кабарлап турган белгилер сүрөттөлгөн бөлүмдөр Сагымбай Орозбаковдун варианты менен Саякбай Каралаевдин варианты бири-

www.bizdin.kg
бирине көп учурларда жакын болгону жана сюжеттин өнүгүш этаптары жалпысынан туура келгени менен Манас иштеген конкреттүү иштер сүрөттөлгөн окуялар эки манасчыда бири-бирине төп келбейт, баатырга ар бири өзүнчө иш иштетет, окуяларды өз алдынча өнүктүрүшөт. Сюжеттин системасына кирген окуялардын маанисн, көлөмү ар вариантта ар түрдүү болушу жана аларды темага бөлүүдө бири-бирине толук туура келе бербеши ыктымал. Сөз болуп жаткан эки негизги варианттын окуяларынын темаларга бөлүнүшү белгилүү деңгээлде шарттуу. Негиз катары алынган Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы сюжеттин өнүгүшүнө ылайык берилген темалар кээде Саякбай Каралаевдин вариантындагы сюжеттин өнүгүшүнө туура келбей, кээде биринде бар окуя экинчисинде жок, же башка темада берилген жана башкалар Буга баатырдын алгачкы эрдиктеринин сүрөттөлүшү да далил. Бирок сюжеттин жалпы кабыл алынган башкы нугу жана ушуга ылайык чоң-чоң эпикалык темаларга бириктирилген салттык туруктуу өзөк окуялар эки вариантта тең сакталат.

Саякбай Каралаевдин вариантында баатырдын алгачкы эрдиктери төмөнкүчө айтылат: Ошпур Жакыпка келип баласын алып кетишин өтүнөт. Жакып Ошпурдукуна барып Манастан койду эмне үчүн көп кырдың десе, баласы ээсиз малды көп жыйып эмне кыласыз дейт. Жакыптын көп малы корук жерди жеп койду деп угуп калмактын балбаны Кочку жети жүз колу менен келип калат. Балаң Манасты бер, Эсенканга айдап кетем деп Жакыпты опузалап Кочку жылкы тиет. Манас кырк бала жолдошу болуп калмактарды бүт кырып салат. Тагылык аттуу калмак гана качып кутулуп, аны Манас көрбөй калат.

Шапак Рысмендеевдин варианты, Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, ТМВда бул окуялар Сагымбай Орозбаковдун вариантында жакын планда берилет. Багыш Сазановдун вариантында айтылбайт.

Манас Эсенкандын соодагер тыңчыларын жайлаганы — эпостогу окуялардын өнүгүш системасында Манастын алгачкы эрдиктеринин катарына кирген сюжеттин орчундуу бутагы.

Манастан жеңилип качкан алтайлык калмактар бул жактан Манас аттуу бир ажыдаар чыкты, Эсенканга неткен, эмдигиче соо коюп эси кайда кеткен?! Муну эмитеден жоготпосо болбойт! дешип падышасы Эсенканга арызданышты. Эсенкандын аярлары да аскер жиберип, жаш кезинде жайлоо керектигин айтышат. Дайынсыз жаш балага каршы кол жиберүүдөн намыстанган Эсенкан аныгын билип, колуңардан келсе байлап келгиле деп 40—50 төөгө көп дүнүйө жүктөп, соодагер



кылып балбандарын жөнөтөт. Беш ай жол жүргөн кербендер Алтайдагы Аземил суунун боюнда ордо атып жатышкан Манастарга туш келет. Манас тооруп ичке түшүп, чүкө черткени жаткан болот. Жол бетине курулган ордону кечип тепсетип келе жатышкан кербендерди төөңдү сыртка тарт дешсе болушпайт. Манас черткен чүкө тийип бир төөнүн шыйрагы, алдыдагы кербенчинин эшегинин буту сынып кетет. Буту сынып төө калды, бу жолдошум жөө калды деп кербен башы

www.bizdin.kg
кытай ачууланып, байлап алмак болуп Манаска кол салат. Кербенчи-тыңчы кытайлар бүт өлүм табышат. Жан кыйба?!— деп өтүнүшкөн кызматчы сарттарды аман калтырышат. Төөлөргө артылган жүк алтын, күмүш, зер, торгун, тубар, дүрүйө, чүчтө, буулум сыяктуу толгон кымбат дүнүйөлөр экен. Дүнүйөлөрдү бөлүп алышсын деп Манас элге кабар бердирет. Калк чогулуп келет. Кербенчи сарттардан соодагерлердин жайын уккан Жакып Эсенкандын өзүнө тиешелүү мүлк экен, арты кандай болот, паашага катылып алып балакетке кабылбайлы деп убайым тартат. Мурда соо белек, баягы эле каршылаша жүргөн калмак-кытайлар эмеспи — деп аны Акбалта жемеге алат. Чогулгандар болору болуптур, эми сабыркоодон пайда чыкпайт дешип, кырк беш төөдөгү дүнүйөнү бөлүп алышат. Кербенге малай болуп келген сарттарды жай-жайына коё беришет.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта жок, Саякбай Каралаевдин вариантында бир канча кеңири берилип, башка майда окуяларды да камтып турат. Кочку менен болгон согушта качып кутулган Тагылык Эсенканга барып Манастын жайын айтып, азыр тороло элек кезинде кармап албасаң, түбүндө өзүңдү соо кылбайт дейт, Эсенкан Манасты кармап келдик деп мурда мени алдаган турбайсыңарбы деп билгичтери менен балбандарын каарып, Дөңгө дөө менен Жолойду баш кылып Манасты байлап келүүгө он миң кол аттантат. Алар Алтайга жетип тыныгууга токтоп, Жолойдун акылы боюнча кырк нарга пул артып, соодагер болуп айлына барып, жалаа жаап шылтоолоп Манасты кармап келгиле деп Чоң Дөөдүрдү баш кылып эки жүз балбанды жөнөтүшөт. Алар Манас жолдоштору менен ордо атып жаткан жерге келишет. Манас черткен чүкө кербендин алдыңкы төөсүнүн бутуна тийип, жилигин сындырып кеткенде чатак чыгып, балбандар Манастан кыргын таап, Дөөдүр качып кутулат. Дөөдүрдөн Манастын кабарын уккан кытай колу каптап келип кыргындуу согуш башталат. Жалгыз көздүү Дөңгү Манастын колунан ажал табат. Жекеге чыккан Жолой Манасты миң төөдөгү чайымды алгансың (эпизод Саякбай Каралаевдин вариантында атайын окуя катары айтылбайт; Сагымбай Орозбаковдун вариантында бар) деп күнөөлөйт. Кармашып алы жетпешин билгенден кийин качкан Жолой Манас жетеринде күндү жайлап, туман түшүрүп кутулуп кетет. Манастын жоону жеңген урматына кырк үйлүү кыргыз той берет. Манас кырк жолдошу менен талаадан жолуккан карышкырды кубалап барышып, кырк чилтенге кезигет. Манасты издеп жигит пири Шай да келген болот. Алар Манасты колдой турганын айтышып, мусулман динине киргизишет.

Баатырдын алгачкы эрдиктери катары эсептелген согуштарда эле эпикалык негизги душман катары Жолойдун катышы «Манас» эпосунда уютку болгон эң эски окуялардан. Муну «Мажму ат-таварих» деги маалыматтар да айгинелейт. Радлов жазып алган вариантта да Манастын негизги душманы катары Жолой көбүрөөк эскерилип, Коңурбайдын аты алда канча аз учурайт. Башка белгилүү манасчылардан Шапак Рысмендеевдин варианты, Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, ТМВда бул окуя негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат. Багыш Сазановдун вариантында башкача айтылат. Манас жети жашка толгондо Эсенканга акылчы аярлары Талас деген жерде кыргыз деген элде Манас аттуу бала туулду. Ал кытайга ок атчу шердин шери экендигин эскертишет. Эсенкан 200 нарга пул жүктөтүп, 2000 черүүнү жөнөтүп, Манасты ак үйлүү берсин, бербесе зордук менен байлап келгиле деп тапшырат. Кытай колу Таласка келип, Манасты ак үйлүү сурайт. Аргын, ногой кеңешип, бермек болушат. Манас кырк чоро курап калган кези экен. Манастар ордо атып жатканда кытай колу үстүнөн чыгат. Манас черткен томпой кербендердин төөсүнүн бутун сындырып, чатак чыгып, кармашта Манас жолдоштору болуп 2000 кытайды бүт кырып салышат, жүктөп жүргөн пулдарын олжо кылып, эки төрөсүнүн кулак-мурдун кесип, даттанып бар деп айдап жиберет. Муну уккан аргын, ногойдун билермандары

www.bizdin.kg
кытайдан калың кол келсе кайда качып кутулабыз? Андан көрө бир бала экен, Манасты байлап, башына шири кийгизип, кытайларга берип кутулалы деген бүтүмгө келишет. Кырк чоросу менен качып чыккан Манас Шаймерденге барат, окуп сабаты ачылып келет. Кулак мурду кесилип барган төрөлөрүн көргөн Эсенкан көп кол аттантмак болгондо, аярлары азыр Манасты жеңе албайбыз, ал акыры Бээжинге өзү казатка келет, алтымыш бир жашында ажалы айбалтадан деп, токтотуп коюшат. Эсенкан болоттон айбалта жасатып, аны ажыдаардын уусуна жаткырып камданат.

Болочок баатырды өзүн колдой турган кереметтүү күч ээлери жолугуп (кырк чилтен, Кыдыр жана башкалар) алардан бата алышы, керек учурда жардам берерин билдиргени, кээде белгилүү адамдар баатырга жолугуп, динге киргизүү түрк элдеринин эпосторунда көп учуроочу белгилүү сюжеттерден. «Маната» мындай сюжет Манас менен Алмамбетке байланыштуу окуяларда жолугат. Манасты Саякбай Каралаевдин вариантында кырк чилтен мусулман динине киргизсе, Сагымбай Орозбаковдун вариантында кырк чилтен жана атайын Мекеден келген касиеттүү кары Абунасыр мусулман кылат. Алмамбетке мусулманчылыктын жөнүн түшүндүргөн адам эки вариантта тең — Көкчө.

Жакыптын агасы байдын баяны — Манастын өспүрүм-жигиттик курагында өзүнө жолдош жана тууган издешине байланыштуу окуялардын бири. Сюжеттик өнүгүүдө окуялардын андан ары чиеленишин шарттоочу деталдардан.

Ногойдун балдары туш-тушка сүрүлгөндө Орозду менен Бай Кашкар тарапка айдалат. Ороздунун он уулу болуп, ыркы жоктугунан чатак менен чырдан баштары арылбайт. Атасынын да, эки баласы менен Байдын мазесин алышат. Байдын улуу баласы Бакай, кичүүсү Тайлак. Экөө тең эстүү-баштуу. Өзгөчө Бакай токтоо, нускалуу сөздү көңүлүнө түйгөн акылмандыгы менен айырмаланат. Ороздунун балдары тынчтык бербей койгондо алар башка жерге көчүп кетүүгө аргасыз болот. Туугандары эсине түшкөн Бай уулу Бакай менен кеңешип иниси Жакыпты издеп чыгат. Алтай тарапка бет алган Бай көп жер басып, арага эки конуп, үчүнчү күнү түш ченде жапан чөлдөн арык казып жаткан адамдарга кез келет. Арыктын ээси Нескара, арык казган алты миң мандикердин башчысы Басаңкул аттуу сарт экен. Нары-бери каттаган адамдарды кармап алып, атын союп, өзүнө арык каздырып, өлгөндөрдү арыктын кырына таштап, көөмп салышат экен. Байды кармап алышып, атын союп, колуна кетмен берип, арык каздырып коюшту. Чарчадым десе болбой, чап бачым деп шаштырып турат. Эки жарым күн арык казгандан кийин чаалыккан чалдын шайы кетип, эси ооп жыгылып калат. Арыкчылар чал өлдү дешип, Байды арыктын кырына сүйрөп таштап, көөмп салышат. Нескаранын элүү жин колдоочусу бар экен. Ошол колдоочулары Чабдар аты болуп Нескарага Алтайды жердеген Жакып дегендин көп жылкысы бар, ошону барып тийип ал, артынан Манас аттуу баласы куугунга келет, быйыл он үч жашта, балтыр эти толо электе жайлап сал, антпесең акыры өзүңдү соо койбойт — деп кеңеш берет. Нескара каздырып жаткан арыгын таштап, алты миң мандикерин аскер кылып айдап алып Алтайды беттеп жүрүп калды. Кол алты күн жол жүрүп Жакып бай жашаган жердин чегине жетет. Жылкыга барып баламды көрүп келем деп үйүнөн аттанган Жакып жолдон көп караан көрүп, шекшинип, жашынып калат да, колду өткөрүп жиберет. Жалгыз-жарым жүргөн жан болсо бул көп кошундун жөнүн билсем деп акмалап турган Жакып алыстан келаткан элес-булас бир карааңды көрөт.

Өлдү деп арыктын кырына сүйрөп көмгөндө Байдын көкүрөгү кырчындын көңдөйүндө калган экен. Ээси Нескарага Чабдар аты айткан сөздөрдү көмүлүп жаткан Бай угат. Арыкчылар аттанып кеткен соң эптеп кумдан суурулуп чыгып, качып кутулууну ойлойт. Колотто жүргөн аты качыр, беш эшекти көрүп, качырлардын бирөөнү кармап алат. Арыкчылардан калган көбү бала, азыраагы

www.bizdin.kg
чал кырк — элүү адам аны көрүп ууру экен деп ойлоп кармамак болушат. Кыраңга чыга качкан Бай кайра кете турган жолу тосулуп калгандыктан эл карааны көрүнгөндө бурулуп кетермин — деп ойлоп, Нескаранын колунун артынан акмалап жүрүп отурат. Жакыпка көрүнгөн караан Бай экен. Күтүп турган Жакып утурлай барып, мөндү — деп учурашат (ал кезде биздин эл салам айтууну билчү эмес). Бай амансыңбы?, — деп жооп берет. Жакып буурул сакал, тигил адам ак сакал экен. Көрүшпөгөнү көп болгон экөө бири-бирин тааныбай калган экен, жай сурашып бир тууган экенин билишкенде, аттан ооп түшүп, ыйлап көрүшүштү. Байдан Нескаранын көп колу Манас аттуу баланы жайламак болуп келатканын угуп, шаштысы кеткен Жакып айылына барып туш-тушка жакындарына жаңы туугандары — манжулук калмактарга, Акбалтаны жиберип казактарга, Күнөс балбанга, Айдарканга кабар айттырды.

Байдын окуясы жогорудагы сюжеттик мындай өнүгүштө Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында гана эмес, Сагымбай менен бир айтуучулук мектепке кирген, негизинен Тыныбек манасчыдан таалим алган манасчылар тобундагы Тоголок Молдо, Шапак Рысменде уулу өңдүү айтуучулардын варианттарында да учурабайт. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында гана ушул окуяга үндөшүп турган эпизод бар. Бирок андагы каарман Бай эмес. Алты шаардын Аксы деген жерин жердеп турган кытай баатыры Нескара ары-бери өткөн жолоочуну кармап алып, арык казганга салчу экен. Кашкарга мал сатканы кеткен Жакып кечиккенде аны издеп чыккан Байжигит Нескарага кабылып калат. Атын союп, өзүн арыкка салат. Байжигиттин Манаска жакын адам экенин угуп, Нескара аны алдырып келип, жайын сурайт. Манастын жөнүн укkан Нескара алты миң кол алып, Манасты кармап келмекке жөнөйт. Байжигит колдон калган качырды кармап минип жөнөп, жолдон Жакыпты да таап алып, Нескарадан мурда келип Манаска кабар айтат. Манас Айдаркан менен Көкчөгө киши жиберип, өзү камданат.

Сюжеттин өнүгүшүндөгү орду боюнча да Молдобасан Мусулманкуловдун вариантындагы бул окуя Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын. Манас Эсенкан жиберген соодагер тыңчыларды жайлап, дүнүйөсүн элге тараткандан кийин дароо башталат жана аягы Нескара менен Манастын согушуна такалат, бирок Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы башкы максат Бай менен Бакайды сюжеттик нукка киргизүү, окуяларга аралаштыруу болсо, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Жакыптын жакын адамдарынын бири, уруу аксакалдарынын көрүнүктүүлөрүнөн делген Байжигит жөнүндө сөз болот. Ошондой болсо да эки вариантта тең окшоштук жана окуянын сюжеттеги туруктуу орду бул эпизоддун белгилүү салттык окуялардын бири экендигин айгинелейт.

Нескаранын Манастан жеңилгени — Манастын алгачкы эрдиктери темасына кирген белгилүү окуялардын бири.

Адашып Жакып жашаган Кең-Аралдын аягы менен өтүп кеткен Нескаранын колу эки күн жол жүрүп Маңгулдуктардын Жайсаңбай деген байынын жайыттагы он миң жылкысына туш келип, Жакыптын жылкысы деп ойлоп түп көтөрө тийип алат. Улуу черүүгө батына албаган маңгулдуктар аркасынан чапкылап, алыстан туруп жоолаганы ким экенин сурашат. Басанкул бай Жакыптын уулу Манасты издеген кол экенин айтат. Жакып Манасы менен азыр Кулан-Жайлоо, Куу-Тезде, силер келген жакта, алар үчүн бизди азапка салбагыла, жылкыбызды албагыла — дейт, Жайсаңбай. Бул Жакыптын өзү го, бизди алдап жатса керек деп ойлогон Нескара алдап кармап алмак болуп, Басаңкулду жөнөтөт. Жайсаңбайды сөзгө алаксытып жакындап барып, кармамак болуп кууп жөнөгөндө Таноо деген калмак жаа менен атып, Басанкулга колок тийип өлөт. Нескаранын колу жапырт ат койгондо маңгудуктар туруштук бере албай айылынан чыга качып, тоо

www.bizdin.kg
жамынышат. Баскынчылар айылга кирип, четинен талап, олжого туйтунушту. Эртеси жүз отуз кыз, эки жүз келинди баш кылып, олжологон дүнүйө малды айдап, Нескаранын колу жолуна түшөт. Түн бою келип Манас алты жүздөй адамы менен Ак-Кыянын белесинен Нескаранын колунун астын тосуп калган экен, тигилер жакындап келгенде жазайылды жаткырып, күлдүр мамай мылтыкты күркүрөтө аттырып алдын кайра жапырды. Кол курап жардамга келген Айдаркан уулу Көкчө менен Үйшүн, Үмөт, сегиз миң адамы менен Күнөс балбан аркасынан кууй келген маңгулдар Нескаранын колунун туш тарабынан курчап калышты. Жекеге чыккан Күнөс балбанга каршы калмактардын Даңдан дегени келип, атынан жулуп алып жерге чаап өлтүрөт. Аны көөдөнгө найза сайып Айдаркан жайлап, бирок кытайдын Күдөң балбанына туруштук бере албай, колун көздөй качып жөнөдү. Жекеге намыстанган Манас чыгып, Күдөңдү баш кылып, улам жекеге чыккан бир нече балбанды жайлады. Арданган Нескара жекеге өзү чыгып, Манаска беттеше келгенде алп кара куш үстүндө, ажыдаар астында, кара чаар жолборс капталында кошо качырып келе жаткандай көрүнгөн жаш баатырдын сүрүнө дит багып чыдап тура албай Чабдар атка камчы салып качып жөнөйт. «Кабылан жолго жатарбы, катыларга катылбай кадемим мындай катарбы” — деп арман кылып, колду айлана качкан Нескарага жетип, айдалынын бетине, алтын кемер четине Манас найза салат. Талкаланды белим, аман болгун элим, — деп, колун таштай качкан Нескаранын Чабдар атынын канаты бар экен, булуттуу көктүн асты, буралган чөптүн үстү менен закымдап учуп, Аккулага жеткирбей кутулуп кетет. Жан соогалап багынган Нескаранын колуна эркиндик берип таратып жиберип, Нескара туткундаган адамдарды бошотуп, талоонго кеткен мүлктөрүн ээлерине кайтарып бериштиди. Үйшүн, Үмөт, Жайсаң баш болгон маңгулдуктар ачсаң алаканыңда, жутсаң жумуруңдабыз, бизди эл кылып алгыла дешип, эл болгондун белгиси катары Күлдүрдүн уулу Чаганбайды Манаска жолдош кылып беришти. Кабарлашып канатташ жашайлы деп убадалашып, жай-жайына тарашты.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында да Сагымбай менен бир мектепке кирген манасчылардын баарында бар. Бирок, көбүндө Байдын окуясы менен байланыштырылбастан өзүнчө айтылат. Кытай баатыры Нескара Манастын кабарын угуп аны жашында жайлаш үчүн алты миң (айрымдарында алты сан) кол менен аттанат. Калган окуялардын сюжеттик өнүгүшү негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына окшош.

Нескара менен согуш эпостун жалпы сюжеттик өнүгүшүндө маанилүү окуялардын бири. Нескара эпостогу эпикалык душман лагеринде Коңурбайдан кийинки Жолой менен катарлаш турган, чыгарманын аягына, атүгүл Семетей бөлүмүнө чейин көптөгөн окуяларга активдүү катышкан көрүнүктүү каарман. Мындай каармандын башкы оң каарман менен чыгарманын сюжеттик өнүгүшүнүн алгачкы учурларынан тартып кезигишип, каршылашышы сюжеттин курулушу үчүн керек адаттагы көрүнүш эле эмес, өтө зарыл талап кылына турган деталдардын бири.

Манастын курал-жаракка ээ болушу, он бир дуу-дуунун жиберген балбандарынын жазаланышы — эпостун сюжеттик өнүгүшүндөгү маанилүү түйүн, туруктуу мүнөздөгү кеңири белгилүү сюжеттерден, эки окуянын бириктирилип берилген үлгүсү.

www.bizdin.kg
Манас он төрткө чыгат. Жанына жети жолдош алып, Манас Үч-Аралга ууга барат. Кийик карап, аң издеп жолдоштору биринден туш-тушка кетишет. Эсилдин башы Боз-Дөбөгө чыгып, туш тарапка көз чаптырып турган Манас төмөндөгү өзөн суунун боюнан бир топ адамды көрөт. Көрүнүшү биздин элден эмес окшойт, кайдан келген немелер болду экен деп ойлоп, карап турса алиги адамдар сууга буту-колун жуунуп, анан күн батышты карап жүгүнүп, чекесин жерге тийгизип, түшүнүксүз иштерди иштеп жатышканына таң калган Манас атайын барып ал адамдардан жөн-жай сурайт. Алардын башчысы Абунасир (Айкожо) аттуу өтө көп жашаган касиеттүү кары экен. Ал атайы Манасты издеп келгенин айтып пайгамбардын белеги деп Аккелте мылтык менен Ачалбарс кылычты берет. Мусулманчылыктын жолун айтып, Манасты динге киргин дейт. Тиги дүйнө, тозок, бейиш дегендериң эмне, эмне үчүн мен сенин тилиңди алып, мусулман болушум керек? — деген суроосуна жооп кылып Абунасир Манасты уктатып, тозок менен бейишти көргөзөт. Бир нече күн жатып ойгонгон Манас мусулман болуп, Абунасир менен коштошот. Куш салганы кетип, он бир күн дайны билинбеген баласынан санаасы тынбаган Жакып үйүнөн аттанып чыгып, жол карап бир топ жүрүп калат. Жолдон кезиккен кийгендери көпкөк темир, курал-жаракчан, көрүнүшү коркунучтуу он бир адам Жакыпты ортого алып, атың ким, бай Жакыпты анын баласы Манасты билесиңби? — деп демитет. Жакып тигилердин суроосуна түз жооп бербей, алардын аты-жөнүн, кайсыл жерден келаткандарын, Жакыпты кайдан билерин, эмне кыларын сурайт. Жакыптын суроосун этибарга албай, мырдар атыңды тез айт — деп катуулап демиткенде корккон Жакып атын жашырып, Жакып менен кас Бердике деген менмин, деги, жөнүңөрдү айткылачы? — деп дагы сурайт. Бирөө Кумулдан, экинчиси Камбыдан, дагы бири Мар шаарынан, Котон, Жеркен, Доңшу жана башкалар кытай шаарларынан экен. Ошол шаарлардын он бир дуу-дуусу аларды Манасты кармап келгенге жибериптир. Жакыптын айылы тетиги башы чыгып турган чоң тоодо, мал карап жүрдүм эле, жумушумдан калбайын — деп он бир балбанды тетири жолго салып коюп, убайым тарткан Жакып айылына келип, агасы Байды баш кылып Акбалта, Бердике жана башкалар аксакалдарды чакырып, көргөнүн баяндап, не кыларын билбей, мал алуучу адам болсо бир баланы баалап сатып алып, Манас ушу деп кармап берип тынсакпы? — деп акыл салат. Эл туура, же туура эмес дей албай отуруп калганда, Бай: баласын сага малга сатып, анан сенин балаңдын күнүн көрчү ким бар дейсиң?! Кыйратам деп камап келген жоо барбы? Алты миң колу менен келген Нескара дөөнү деле Манас жеңбеди беле. Өзүңчө эле убайым жей берет экенсиң, — деп инисин кагып коёт.

Манас жолдошторун эстеп, кайда жүрүшөт болду, — деп айланага көз салып, алардын Талды-Суудан келе жатканын көрөт. Манас турган жер Курбу-Кум деп аталып, аркар, кулжа жайнаган кайыптын кени экен. Жолдошторун утурлап бармак болуп Манас бастырайын десе Аккула артка кетенчиктеп, баспайт. Бул эмнеден үркүп жатат? — деп, ойлогон Манас алды жагына. көз салса куйругу чагарактаган, төшү жагжайган, көзү чыныдай, жүнү кызыл сур, башы чоң казандай, көкүрөк жүнү самсаалаган, көчүк жагы тарбайып жылаңач, бычактай курч азуу тиши бир карыш, мойну менен шилисинде кере кулач жалы бар, чоңдугу өгүздөй, басканы адамдай, капталында канаты бар, куйругу кылыч, башында найзадай мүйүзү бар бир укмуш жандыкты көрөт. Баягы жандык дөбөгө басып чыгып кыйкырса үнү беш күндүк жерге угулуп, үндүн ачуулугунан айланадагы жети жүз он төрт кулжа кырылып калат. Кулжалардын өлгөнүн көргөн Манас залим экен, муну атайын деп алыскы-жакын айныбас, ыраакы-жакын ылгабас, ортосу болот, оозу албарс, түтүнү туман, түбү Ыспан, кароолу дажаал, огу ажал Аккелте мылтыгын алып өпкө тушуна кармай бергенде алиги айбан асманга алты аркан бою көтөрүлүп барып, кайра жерге түшүп сулап калды.

www.bizdin.kg
Манас басып келип Айкожо берген Ачалбарс кылыч менен белинен бөлө чаап салды. Ачуу айкырыкты, анын артынан атылган мылтыктын үнүн угушкан жолдоштору шашылып келип калышты. Кырылып калган кулжалардын этин бөлүп алышсын деп Манас элге алты жигит кабарга чаптырды. Айланадан эки миң адам келип, кулжалардын эттерин жүктөп кетишти. Ошол күндөн ошол жер Кулжа аталып калыптыр. Эл дүрбөп жүргөндө кытайлардын он бир балбаны «Манас», «Манас» деген сөздү кулактары чалып, издеп келип, Манасты таптык, эми айдап кетебиз деп көңүлү жайланган немелер: Атаң ким? Чын эле Манассыңбы? деп баатырга тийиштик кылышты. Атайын мени издеп келсеңер үйгө жүргүлө, атамды көргөзөйүн деп, Манас аларды айылына ээрчитип барат. Жакыпты көрүп, бизди алдап тескери жолго саласың, кандарга ичиң бузук экен, азыр байлап кетебиз деп, Жакыптын жалынганына карабай ортого алышты. Күнөөсү жок, кары адамга катылбагыла деген Манасты да кошо байламакчы болуп, ага жабылышты. Жаалы келген Манас жабылгандардын төртөөн катар кармап -көйнөктөй желпип жерге уруп, калгандарын бири менен бирин урунуштуруп, жеке өзү он бир балбанды байлап, кулак-мурунун, колу-бутун кесип, баарын бир-бир мүчөсүнөн айырып, аттарынын куйрук-жалын кыркып таштап, кандарыңарга барып айтып, колуңардан келген жамандыгыңарды жасап алгыла — деп коё берди. Он бир балбан асты алтымыш күндө, арты алты айда өз кандарына барып, көргөндөрүн айтып арызданышты.

Сагымбай Орозбак уулу эпостун кеңири белгилүү эки окуясын кошуп бир окуя катары берген. Көпчүлүк варианаттарда өз-өзүнчө айтылат. Айрыкча баатырдын курал-жаракка ээ болушу баатырдык эпостордо кеңири жолугуучу туруктуу сюжеттердин бири. Ошондой эле өчөшкөн жоосунун үшүн алуу үчүн кулак-мурдун кесип жазалоо да көп элдердин жөө жомокторунан баштап эпосторуна чейин кеңири тараган сюжеттерден (Мисалы, нарт эпостору жана башкалар).

Радлов жазып алган вариантта Манастын Айкожо менен жолугушканы жок, бирок Айкожо касиеттүү адам катары эскерилет. «Сейтек» бөлүмүндө Сейтектин атын асмандан түшүп келген Айкожо коёт. Буга караганда касиеттүү адам, же сырдуу күчтүн ээси, баатырларды колдоочулардын бири катары эпосто эски катмар экендиги шексиз. Саякбай Каралаевдин вариантында алты курч жана боз кисе асмандан түшөт, аларды баатырга Кызыр тапшырат. Аккелтени Бөлөкбай жасап, Манаска Бакай берет. ТМВда да Аккелте менен Ачалбарсты Манаска Айкожо берет. Молдобасанда Ачалбарсты Айкожо пайгамбардын белеги экенин айтып Мекеге барган Ажыбайдан Манаска берип жиберет. Башка манасчыларда Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын. Абдылданын Мекеге Айкожого барганы, ошондон тартып ажы болуп келип, Ажыбай аталышы Сагымбай Орозбаковдун вариантында да бар, бирок анда курал алып келгени эскерилбейт.

Экинчи окуя Радлов жазып алган вариантта да, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакыныраак мүнөздө ТМВда бар. Багыш Сазановдун вариантында ушуга жакын сюжет бар. Бирок Манас душмандарынын кулак-мурдун кесип жазалап коё бериши Эсенкан Манасты байлап келгенге жиберген соодагер тыңчыларына байланыштуу эскерилет.

Салбырын — көчмөн элдердин байыртадан келе жаткан экономикалык, коомдук-саясий тарбиялык чоң мааниге ээ салттык жөрөлгөлөрүнүн биринен. Орчундуу көп маселелер салбырын учурунда чечилүү көчмөн элдердин көбүнө мүнөздүү белги.

www.bizdin.kg



Сюжеттин өнүгүшүндө Манастын кан шайланышын даярдаган милдетти аткарат. Баатырдын салбырынга чыгышын баяндоо жөө жомоктордо да, эпостордо да кеңири учурайт.

Жакып канатташ жашаган аргын Каракожо, алчын Бообек, манжулук Бөгөн, найман Көгөн, кыргыздан Саламат, кыпчак Ошпур болуп Мамырдын кара сазында өзөн бойлой конушуп бейкут жатканда өңчөй жаштар Коңко тоосуна салбырынга чыгышат. Сексен төрт киши Чаркастандын оюна барып, чатыр тигип, ит агытып, куш салып, талаага алты конушат. Салбырында жүргөндөрдүн алды жыйырма беште, эң арты он беште экен. Алар чогулуп отуруп сексен төртүбүз бирөөнү төрө деп, анын сөзүн угуп, айтканын аткаралы. Ким атын союп берсе, ошону кан көтөрөлү дешти. Жашы улуусунан баштап катары менен сураса эч кимиси атын сойгонго макул болбойт. Көбү бийликти Манаска берип койгонмун дейт. Акырында элдин эң кичүүсү он беш жаштагы Манаска кезек жеткенде, ал атын союп кан болуш элде жок кеп, антип кан болбой эле койдум, бирок атын аяп жатат деп ойлобогула, эт жегиңер келсе Аккуланы соё бергиле дейт. Анда Чегебай: Аккула арык, мен минген боз быштy Манастыкы, Жакып байдын жылкысынан жаңы кармалган, абыдан семиз, Манас макул болсо ошону сойгула дейт. Бул сөзгө макул болуп боз быштыны союп жеп, качса болбой Манасты кармап алышып, ак тердикке салып кан көтөрүштү. Кан нөкөрү бизбиз деп каткырып күлүп калышты.

Салбырын Радлов жазып алган вариантта да, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын ТМВда берилген. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Манас жолдоштору менен ууда жүргөн жеринде Нуукерге кабылганы гана эскерилет.

Манастын Нуукер дөөнү жеңгени — эпостун сюжетиндеги баатырдын алгачкы эрдиктеринин бири. Эпизод жаңы шайланган кан кандайдыр бир чоң иш иштөө, башкача айтканда эрдик көрсөтүү менен кандыгын белгилөө салтынын көрүнүшүн баяндайт.

Кан шайланган Манас эртесинде качсам болбой кан көтөрдүңөр, эми мен бийлеген кеп болсо Алтай тоонун Аңыртысын ашып, Уркун дайранын Марал-Кечүүсүнө чейин баралы, жол чардап, чалгын чалып, каршылашар жоо же ууру-каракчы жокпу байкайлы деп жанындагыларга буйрук берет. Арага конуп, Уркун дайрага жетишет. Чынар, терек, талы аралаш чер токой ичинде жандуунун баары бар, шиберин белден буралган, ажайып кооз жер экен. Беш-алты күнү аялдамакчы болуп жатып калышты. Соодагер кылып жиберген адамдары ың-жыңсыз

www.bizdin.kg
жоголгон Эсенкан Нуукер аттуу дөөгө тогуз жүз адам кошуп берип, дайынын билүүгө жөнөткөн экен. Нуукер Марал-Кечүүнүн маңдайына келип, суунун наркы өйүзүндөгү адамдарды көрүп, айдап келгиле, дайнын сурап билейин — деп жүз адамын жөнөтөт. Башынан мөңгү бузулуп, Уркундун суусу кирип жаткан маалы экен. Суунун түрүн көрүп, жакындай албай кайра келишкен адамдарын каарданып кайра жөнөтөт. Сууга кирген жүз кишинин жыйырмасы агып өлүп, сексени аман чыгып, салбырында жүргөндөргө бет алышты.



Кароолдо тургандар Манаска келаткандардын кабарын айтып, ушундай сууну кечкен жай жүргөн адамдар эмес дешип, кармашка даяр турушту. Суудан кечкен сексен адам балдарга келип өкүм сүйлөп, ким экендиктерин сурашты. Мергенчилеп жүргөндөрүн айтып, өзүңөр кимсиңер деген суроосуна жөн жооп беришпей, Нуукер дөө силерди айдап келгиле деди, бол бастыргыла! деп шаштырып киришти. Нуукериң ким, ага эмнеге барабыз деген Манастын сөзүнө ачууланып, бала туруп тыңын көр, өлө элегиңде бат бастыр деп, демитип киришкенде каары келген Манас айдап барчу сенсиңби? деп, башчысынын башын алып салат. Манас жолдоштору менен келгендерди бүт тындым кылып салышып, орундарында жатып калышты. Жүз кишисинен кабар болбой тынчы кеткен Нуукер дөө дайранын бир өйүзүндө, сексен төрт бала бир өйүзүндө жатып таң атырышты. Таң кылайганда барабан кактырып, калган сегиз жүз адамын айдап Нуукер сууга кирип, жүздөн ашуун адамы агып өлүп, Нуукер дөө баштаган жети жүздөн ашуун адам туш-тушунан чыгып жээктеги балдарды тегеректеп калышты. Чаң-чаң деген кытайдын силер кимсиңер деген суроосуна Манас түп атасы Түбөйдөн баштап, чоң атасы Ногой, атасы Жакып, өзү Манас экенин айтат. Эки тарап согушка камынышты. Кытайдан Кымкар аттуу балбан жекеге чыкты. Кийик атып эле жөн айылга кетпей эки арада киши өлтүрүп, балакетке калмак болдук окшойт, ушунун баары Манас сенин кылганың деп нааразы болгон Көкчөгө: көп экенинен коркпо, жүрөгү курч жалтанбанган жаш балдарбыз, кейигениң эмне? деп жооп берип, Манас Кымкарга каршы жекеге чыгууга камданды. Кан болгон соң тынч тур, азыр сен чыкпайсың деп аны Айнакул тыйып койду. Ыза боло түшкөн Көкчө майданга чыгып, жеткен жерде Кымкарды көмө коюп кетти. Эми Болжоң деген баатыры Көкчөгө каршы келип, атууга беленденип жатканын көрүп, найзалашууга жеткирбей жайлап таштар бекен деп ойлогон Манас Аккелте менен атып, Болжоңду жайлады. Каарданган Нуукер өзү майданга Көкчөнү бет алып жөнөп калды эле, утурлап Манас чыкты. Манасты көргөн Көкчөнүн майданда мен турсам сен эмне келдиң? деген суроосуна жекеге Нуукердин чыкканын, анын мыкты баатыр экенин айтканча аларга Нуукер дөө жетип келип, эки балага жаалы менен карап, жакындап кирип барган Көкчөнү атынан жулуп алып, ташка урууга хамданды. Аны көрүп Манас атына камчы салып, айкырып жетип, найза сайбай, кылыч чаппай, Нуукерди айдалыдан чапчып, атынан жулуп алып, колундагы Көкчө менен кошо көтөрүп, кайра тартып жолдошторуна келип, Нуукер дөөнүн башын жулуп салды. Манастын жолдоштору жооно жапырт ат коюп, аламан согуш башталды. Туруштук бере албай башчысы өлгөн кытайлар

www.bizdin.kg
качып, Уркундун суусуна кириштн. Аты мыктырактары кутулуп, чабал аттуулары сууга кетип, кээси суу бойлон качып, көбү кыргын болушту. Сексен төрт бала көн олжо алып, Манасты канкор атка кондуруп, айылга кайтышты.

Бул эпизод Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын мүнөздө ТМВда берилген. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында бир кыйла айырмачылыктарга ээ: Манастын он бир дуу-дуну жеңгенин угуп, Эсенкан кабар жиберген сегиз жүз адамы бар Нуукер ачык бара албай сыртынан багып тоодо жүргөндө жүз мергени менен ууга барган Манас Нуукерге кабылып калат. Согуш чыгып кытайлар жеңилет, Нуукерди Манас өлтүрөт.

Манастын кан шайланышы — эпостун бардык белгилүү варианттарында бар туруктуу сюжеттердин бири, салт боюнча баатырдын балалык, өспүрүм курагынын бүткөн чеги катары эсептелет, сюжеттин орчундуу түйүнү.

Жакыпка канатташ жашап, ынтымагы бир жамаатташ болгон Алтай тоосунун арасындагы казак, кыргыз, алчын, үйшүн, найман, аргын, маңгыл урууларынын белдүү, белгилүү адамдары Жайсаң, Күлдүр, Калдар, бала Мажик, Дөгөн кары, Айдаркан, кыпчактардын Таз чечен, нойгут Акбалта, тотудан Токтобай, лөкүштөрдүн Өмүрзагы чогулуп жыйын курушту. Жакып жыйынга: түбүнөн жоолаша жүргөн Эсенкан баш болуп, жообуз көбөйүп кетти.



Беймарал жатып, бир күнү каптап келген жоодон кыргын таап, кырылып калбагандай бололу. Зордукчу келсе каяша кылып, каршы турганга ылайыктуу бирөөнү кан көтөрүп алалы. «Башчысы болбой марыбайт, баш-аламан жарыбайт» деген оюн айтты. Чогулгандар Жакыптын сөзүн кубатташты. «Кана, чыгым тозор жандан, калп айтпаган чындан, казатка чыгар тыңдан, өткүр чечен тилдүүдөн, өкүмөт жөнүн билчүүдөн бириң кан болууга чыккыла дешсе, кан боломун калкка, кандай да болсо чыдаймын калк башкарган наркка», — деп бел байлап чыккан адам болбойт, журт тунжурап калат. Аңгыча баягы салбырынга барган балдар: камалышыңар кандай, силерди билбейбиз, биздин каныбыз бар. Чеге минген боз быштыны талаада союп, Манас деген баланы кан көтөрүп алганбыз. Биз көтөргөн

www.bizdin.kg
кан силерге туура келеби дешет. Айтса, айтпаса төгүнбү, Манастын кан болору жөн деп, көпчүлүк дүңгүрөп кубаттап кетишти. Кимдин өкүнүчү болсо, же ким аны кан кылбайт элек дечүлөр ушул көпчүлүктүн алдында азыр айткыла. Бүгүн кандыкка атап коюп, арманы ичте калып, эртең калба салчулар чыкпасын деп, Акбалта журтка кайрылды. Мен нааразымын деген адам болбоду. Талаада бир ат сойдум эле деп өз напсиме тартпайын, токонаалатка калгым келбейт. Бул жерде казак, кыргыз, калмак, маңгул, каңгай, тыргоот мыктылары турасыңар ылайыктуу адамдардан бел байлаганы болсо ошону шайлагыла, мени жөн койгула деп Манас элге кайрылды. Тургандар өзүң эле ылайыксың деп чуулдашты. Алты кулач ак кийизге отургузуп, жыйынды жети айлантып Манасты кан көтөрүштү. Кан өкүмүн колуна берип, башына жыгалуу бөрк кийгизишти. Кандуу журт болдук дешип чогулгандар каниет алышты. Жакын токсон бээ союп, тогуз күнү той берди.

Радлов жазып алган вариантта Манас он төрт жашка чыкканда ордо чайкап кан болгону кыскача эскерилет. Саякбай Каралаевдин вариантында кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенден кийин Алоокени жеңген Манас кан шайланат. Шапак Рысмендеевдин варианты, ТМВ, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында бул окуя Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын сюжеттик нукта айтылып, Манас Алтайда эле кан болот.

Манастын Жолойду жеңип, чайын олжологону — варианттардын көбүндө бар туруктуу окуя. Эпикалык душмандын белгилүү балбан, баатырларынын бири Жолойду башкы каармандын ишине аралаштыруучу түйүндүн милдетин аткарат. Балбандары Манастан кордук көрүп кайра келгенден кийин он бир дуу-дуу камданып, жүз он миң кол топтоп, Манасты чаап келүүгө Алтайга жөнөшөт. Ошол учурда Манастын туш-тушка койгон кароолдорунун бири Жолой Манжуриядан тогуз жүз төөгө чай жүктөп чыкканын билдирет. Манас тосо барып урущуп, жекеде Жолойду жарадар кылып качырып, чайын олжолоп алып, элге таратат. Атынын күлүктүгүнөн качып кутулган Жолой Дагалак шаарынын каны Кырмус шаага арызданып барат. Көп аскер Манасты чапканы кеткенин айтып, Кырмус Жолойду жубатат.

Жазуу учурунда кеткен кемчиликпи, же башка себеби барбы, эпизоддо бүтпөгөндүк байкалат. Жолойдун кайда, эмнеге барганы, чайды кайда алпаратканы белгисиз. Окуянын толук иштелген түрдөгү үлгүсү Шапак Рысмендеевдин варианты менен Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында берилген. Молдобасан Мусулманкуловдун варианты боюнча Манастан тынчсызданган Эсенкан калмактан өзгөчө балбан Жолой чыкты деп угуп, кашына чакыртып алып, алың келсе Манасты кармап, чамаң жетпесе жакшылап чендеп-байкап кел деп тогуз жүз төөгө чай жүктөп, жүз балбан кошуп берип жөнөтөт. Аларды Манастын кароолчулары көрүп, кабар беришет. Окуянын андан наркы өнүгүшү Сагымбай Орозбаковдун вариантына, Шапак Рысмендеевдин вариантында Молдобасан Мусулманкуловдун вариантына жакын айтылат. Радлов жазып алган вариантта Көкөтөйдүн ашында Коңурбай Мааникерди сурап зордук кылып чыр чыгарганда Манас жолойду токсон төөгө жүктөлгөн чайын тартып алганын эскерет.

Саякбай Каралаевдин вариантында атайын окуя катары айтылбаганы менен Манас менен Жолой беттешкен учурлар да Манас Жолойдун чайын тартып алганын, же Жолой чайын Манаска тарттырганы эскерилет.

КОШОЙ ОКУЯЛАРЫ — эпостун сюжеттик өнүгүшүндөгү Кошойго байланыштуу катмар.

Нескаранын Билерикти туткундаганы — варианттардын көбүндө бар, сюжеттин Манаска эмес, негизги каармандардын бири *Кошойго* байланыштуу бутактарынан.

www.bizdin.kg
Ыйса пайгамбардан бата алган, сегиз жүз элүү жашка чыккан, жер кезип жүрө турган Жаангер кожо аттуу касиеттүү адамды жер чалып жүргөн Нескара кармап алып, Кырмус шаага алып барып берет. Кырмус кожону аялы менен коё берип, эгер мусулмандар душмандык кылса өлтүрөм деп анын он бир жаштагы баласы Билерикти барымтага алып калып, орго салдырып коёт. Аргасы түгөнгөн Жаангер бир чөлгө барып кудайга зар айтып, кудук таап соопчулукка чөлдөгөн көгүчкөндөрдү багып туруп калат. Зары кудайга жеткен кожонун түшүнө Кызыр кирип, Кошойго барсаң жардам берет дейт. Кожо Кошойду таап, арманын айтат. Кошой жардам берүүгө убада кылат.

Радлов жазып алган вариант боюнча Көкөтөйдүн ашында Манаска кайрылган сөзүндө Кошой Билерик, аны туткундан бошотуу жөнүндө эскерет. Буга караганда эпизод «Манастын» сюжеттик системасында мурдатан белгилүү. Саякбай Каралаевдин вариантында Манас менен биринчи жолуккандагы сөзүндө Кошой элчиге баратып колго түшүп, ордо жаткан Билерикти бошотууга барарын айтат. Ага чейин Саякбай Каралаевдин вариантында сюжеттик нук жогоруда токтогон жерден тартып ушул Билерик эскерилгенге чейин бул түрдө өнүгөт. Манас кырк жолдошу менен кырк чилтен, Шайга жолугуп, айлына келгенден кийин бир күнү Акбалта Манаска кыргыздын жайын айтып, бөлүнүп-чачылганын билдирип, ордолуу журт кытайга катылып, жоолашып калдык, бир күнү каптап келсе айлабыз кетер, чачылган элден кабар алып, башыбызды чогулталы дейт да, ага таяныч болучу адам Чеч-Дөбөдөгү катагандын кан Кошой экендигин айтып, Кошойго жолугууга кеңеш берет. Манас кырк жолдошун ээрчитип Кошойду издеп жөнөйт. Кыргыз жерине келип, Текес, Каркыра, Ысык-Көлдүн сулуулугуна, байлыгына көңүлү толуп, Чеч-Дөбөгө бет алат. Кошой түш көрүп, өткүр кылыч алып, алгыр бүркүт кармап алган түшүн жорутат. Кошойдун курдашы Кудайназар Манас келет экен деп жоруйт. Кошойдун жигити куу байталчан Кутунай шашып келип, сүрү укмуштай коркунучтуу адам көрүп качып келгенин айтат. Келе жаткан Манас экенин билген Кошой кубанып тосуп чыгып: «Калың журтуң издебей, Калмакка жүрөр жөн барбы, Эми каран күн көк жал эл кайда?!” — деп Манас менен элдин чачылганына арман кыла учурашат. Сансыз душманга каршы жалгыз кармашып, көп кордук көрүп, Манастын келерин күтүп жүргөнүн айтат. Манас кытайлар менен каршылашып, көп колун кыйратканын баян этет. Кытайлар көптүк кылып басып калбасын, тез барып кырк үйлүү кыргызды көчүрүп кел, алты айдан кийин утурлап алдыңдан өзүм тосуп барам. Ага чейин элчиге барып, урушта колго түшүп, азыр Эсенкандын орунда жаткан Билерикти, сенин ордуңа кармалып кетип, ошондон бери ордо жаткан *Жарманасты* бошотомун. Жарманас аман бошонсо карындашыңды бер, сен үчүн азап чекти, кыяматта доосу болбосун дейт. Манас Кошой менен кош айтышып, Алтайга кайра бет алат.

Башкы баатыр эрезеге жеткенде элин, жерин издөө эпостордо кеңири кездешүүчү белгилүү сюжет; Манастын Кошойду издеши, кыргыз жерик көрүп, кубанышы баатырдын эл-жерин издешинин бир көрүнүшү. Сагымбай Орозбаковдун вариантында бул темага көп көңүл бурулуп, чоң-чоң эпизоддор катары берилет. Бул тема «Семетей» менен «Сейтекте» өзгөчө кеңири иштелип чыккан.

Кошой баатырдын Билерикти куткарганы — варианттардын дээрлик бардыгында бар сюжет, жалпы окуялардын өнүгүшүндөгү өзүнчө бутак. Алтымыш миң кол менен чыккан Кошой аскерин Кашкарга таштайт да, аялы Аруукенин акылы боюнча көп сака, чүкө, тарамыш камдап алып, кытай думанасынын кебин кийип өзү жалгыз жол тартат. Жолдо жылаңач бала болуп алып өткөндөрдөн чүкө сурап, сыйкырдуу сакасы менен атып өлтүрүүчү дөөнү жеңип өлтүрөт, андан нары кумган көтөрүп алып төө кайтарып, өткөн-кеткендерден тарамыш сурап, кумганындагы сууга чөгөрүп өлтүрүүчү он беш

www.bizdin.kg
жаштагы сыйкырчы кыз, Ороңгунун сиңдиси Кубангерди жеңип, ага үйлөнөт. Көбөк чалдын сыйкырдуу атын өлтүрүп, сыйкырчы чалдын өзүн да жайлайт. Кырмустун тууганы Мунардын шаарына кирип, ордогу Билерикти бошотот, Кырмустун шаарына барып, аңдып туруп, үйүнөн аны өлтүрүп, кебин кийип, тагына отурат. Такта отурган Кошой экенин эч ким билбейт. Билерикти Кашкарда калган колду алып келүүгө жөнөтөт. Кабар алган кол Кырмустун шаарын бет алат. Колдун ичинде Бакай да болот.

Билериктин туткунга түшүшү, аны ордон Кошойдун бошотушу белгилүү варианттардын көбүндө бар. Радлов жазып алган вариантта, айрым варианттарда бул эпизод өзүнчө бөлүм катары айтылбаганы менен эскерилет. Демек, сюжет «Маната» мурдатан келе жаткан туруктуу деталь. Бирок, Сагымбай Орозбаковдун вариантында бул окуя мазмуну, мүнөзү, баяндалышы жагынан көп варианттардан айырмаланып турат.

Эпизод укмуштуу-кереметтүү жөө жомокторго жакын туруп, негизинен сыйкыр, кубулуп башка түргө, кебетеге өтүү, учуп жүрүү өңдүү кереметтер сүрөттөлүп, сыйкырдуу күчкө ээ көптөгөн каармандар катышат. Окуянын баяндалуу ыгы да баатырдык эпостордон башкачараак. Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын планда бул эпизод Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында берилген. Башка варианттарда жөө жомоктук белгилер анча сезилбейт.

Жөө жомоктук, уламыштык, мифтик жана башкалар ар кандай материалдар эпоско кошулуп, сюжет кеңип, мазмуну байып отурушу кеңири белгилүү ыктардан. Бул айрыкча эпостордун жаралуу, калыптануу учурларына мүнөздүү. «Манас” — калыптануу учуру негизинен бүткөн, окуялары композициялык бүтүндүккө ээ, сюжеттик өнүгүшү такталган, ар бир салттык окуяларынын туруктуу орду бар чыгарма. Анын курамына качандыр кирген жөө жомок, уламыш, мифтер алгачкы маанилерин, белгилерин жоготуп, өзгөртүп, эпостук мүнөзгө, духка ээ болуп, чыгарманын жанрдык таламдарына ылайык кайра иштелип чыккан. Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы Кошойдун окуяларын жөө жомоктук материалдарды эпоско кошуу процессинин толук бүтө элек көрүнүшү катары кароого болот. Бул вариантта мындай мүнөздөгү окуялар бир топ. Мисалы, Чүйгө келаткан жолдогу капчыгайда аярлардын урушу жана башкалар

Радлов жазып алган вариантта Билерикти бошотуу Кошойдун сөзү аркылуу гана эскерилип, окуяларынын өнүгүшү кеңири берилбейт. Саякбай Каралаевдин вариантында Манас Кошой менен коштошуп үйүнө Алтайга жөнөгөндөн кийинки сюжеттин нугу бул түрдө: Качып кутулган Жолой менен Дөөдүр Эсенканга барып Манасты алалбай койгондугун айтат. Эсенкан Жолойду тилдеп, көп кол менен же өлүп кел, же Манасты байлап кел деп, чоң мерген Каражойду кошуп аттантат. Жолой Алтайга келаткан жолдо көчтүн изин көрөт. Манас эли менен качкан экен деп из кууп жөнөйт. Көрсө Манас Кошойго кеткенден кийин кытайлардан кооптонгон кырк үйлүү кыргыз Акбалтанын акылы боюнча көчүп, Ала-Тоого бет алып жөнөгөн экен. Калган элге бел бол деп Манас таштап кеткен Кутубий (Чеге) көчтүн артында кароол карап жүрүп каптап келаткан эсепсиз колду көрөт да, көчкө кабар берет. Жакып көчпөй эле койбой, Манасты көкүтүп жатып ушунун баарын сен кылдың деп Акбалтага наалыйт. Акбалта келген ажал болсо ким качып кутулмак эле деп, көчтү ылдамдап илгерилей бергиле деп жөнөтүп коюп, Кутубий экөө жоонун алдын тосуп урушка кирет. Калың кол менен тозоттоп көпкө урушуп, экөө тең жара жеп, шайы кетет. Колго түшө турган болгондо Кутубий өзү жүрө албай калган Акбалтаны коштой качып кыргындан аман алып чыгып, Ат-Мазарга жетип конушат. Эртең менен жоо жете келгенин көрүшөт. Ошол кезде качып бараткан көчкө кырк бала жолдоштору менен Манас келип жолугуп, Кутубий менен Акбалтанын жок экенин көрөт. Жакып тынч жашап

www.bizdin.kg
жаткан жерге тим койбой ордолуу журтка катыласың, Эсенкан эсепсиз көп кол жиберген экен, Балта менен Кутубий алардын алдын тоскону калган, экөөнү жоо алып койду го деп наалыйт. Экөөнүн кунун кууймун деп аттанган Манас жолдон Акбалта менен Кутубийге жолугуп, урушпай эле качып кете берели деген Акбалтанын сөзүнө көнбөй, урушка камданат. Жакындап келген кытайдын колунун ичиндеги Нескара дөө сынчы экен, алыстан көрүп Манасты сынайт, согушкан менен алыбыз жетпейт, мындан да көп кол жыйнап анан келели дейт. Эсенкандын каары катуу, эми качып барсак баарыбызды соо кылбайт деп, Жолой көнбөй колун каптатат. Катуу согушта Манастын кырк жолдошу бүт курман болот. Манас каарданып, катуулап урушуп, Кутубий экөө кытайдын колун кайра сүрөт. Нескара Манаска келип үч күн тыным алууга уруксат сурайт. Манас макул болот. Кытай баатырлары качып калган колун токтотуп, баш-аягын жыйып, кайра качпаска катуу убадалашып, согушка камданышат.

Манасты кайра узаткандан кийин Кошой он эки миң кол алып, Билерик менен Жарманасты бошотуп алуу үчүн Бээжинге аттанат. Кытайдын аскери Алтайга кеткендиктен Кошой туткундагыларды оңой эле бошотуп, көп олжо алып, кайра тартат. Жолдон Манаска берген убадасы боюнча Кошой Алтайга карай бет алат.

Үч күн мөөнөт бүтүп, кытайлар кайра уруш баштап, катуу кыргынга учураган кытай колу кайра качууга бет алат. Ушунча адам бир адамга тең болбойбузбу деп намыстанган Жолой ачууланып, качкандарды жыйнап, кайра каптатат. Казыналык чоң балбан Оргону жайлап, Жолойду качырган Манастын аты Торучаарды кыядан тосуп Каражой мерген атып өлтүрөт. Жөө калган Манасты кармап алабыз деп кубанган жоо курчап кетет. Ушул учурда Кошой колу менен келип калат. Колдун ичинде Айкожо, Айдаркан, Музбурчак, Буудайык жана башкалар бар. Кошой Манаска алып келген Айбанбоз атты берет. Атты минип Манас согушка кайра кирет. Манас баш болгон Кошойдун колунун кысымына чыдабай качып кытайлардын көбү кыргын табат. Жолой, Нескара, Каражой качып кутулуп Манаска алдары жетпей турганын Эсенканга айтып барышат. Катуу капаланган Эсенкан Карыканга кеңешип, сынчыдан сынчыга сынатып, Коңурбайды жактырып, Манастын жолун тостуруп Бээжиндин чегине коёт, Куу кулжа, Куу түлкү, Куу өрдөктөрдү кароол каратып, Манас акыры Бээжинге келет деген ой менен жатып калышат. Кошойдун кеңеши боюнча Манас көчүп барып Таластан жай алат.

Баяндалган окуяларда Кошойдун Билерикти бошотконунан башка да Ата Мекенди табуу темасы улантылган. Ал эми эпикалык душмандардын баатырдын бул аракетине каршы туруп, Эсенкандын кол жөнөтүшү Жолой, Нескаралар менен согуш аркылуу ата журтту табуудагы кыйынчылыктарды жеңүү, кыйынчылыкка учураган баатырды куткарып алуу окуянын өз алдынча чечмелениши болуп саналат.

Башка манасчылардын ичинен мекенди табуу Шапак Рысменде уулунун вариантында Саякбай Каралаевдин вариантына жакын планда сүрөттөлөт. Билерикти бошотууга көп кол курап аттанган Кошой Кашкарды басып өтүп, Аксыдагы Нескараны камап, аны качырып, Билерикти бошотуп алат да, кайра келе жатып Манаска учураша кетмек болуп Алтайга барат. Ата-бабаңдын жерин тап деген Кошойдун кеңеши боюнча Манас көчүп чыгып, эки айда Таласка жетип конот.

МАНАСТЫН ОН БИР ДУУ-ДУГА КАРШЫ СОГУШУ — эпостогу чоң бөлүм, өз алдынча чыгарма сыяктуу мазмунга ээ эпизоддордун бири, эпостун жалпы сюжеттик өнүгүүсүндө өзүнчө бутак. Көптөгөн майда окуялардан турат. Белгилүү манасчылардын көбүнүн варианттарында кеңири иштелип чыкпаган. Шапак Рысмендеевдин варианты менен Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында

www.bizdin.kg
өзүнчө окуя түрүндө учурайт. Айрыкча Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын планда айтылат.

Манас он бир Дуу-дунун көп колун жеңгени — бөлүмдүн идеялык багытын айкындап, сюжеттик андан нары өнүгүшүн шарттап турган бөлүмчө.

Манасты чапмак болуп аттанган он бир дуу-дунун жүз он миң колу Алтайды беттеп келе жатып эки миң үйлүү эли бар Калдарбектин Эштегинин айылына туш келип, кол салат. Эштек эли менен Канардын тоосун таянып, жолу татаал тар капчыгайды тосуп алып токсон төрт күн урушуп, кытайларды өткөрбөй коёт. Кол ачка болуп, аттарын союп жеп жүдөйт. Ушул убакта таякелерим экен, сары ногой элине барып таанышып, тууган болом деп аз киши менен келе жаткан Манас капчыгайдын оозундагы өтө көп адамдарды көрүп токтоп, алыстан байкап, калмактар экенин таанып, элге кабарчы жиберип, өзү жол тосуп ошол жерде калат. Сегиз күндө кыргыздан көп кол келип, капчыгайдын оозун тосуп, жоонун кетер жолун бөгөп калды. Эки жагы тосулуп, ачкадан жүдөгөн душман колго түшүп кор болгончо деп жайылдык кылып кийимдерин өрттөп, өзүлөрүн жарып, согушсуз эле кырылып жок болушту. Кароол карап жүрүп калмактардын нары жагына келип жаткан көп колду көрүп чочулап, дайынын билмекке келген Эштектин уулу Жамгырчы Көкчөгө жолугуп калып, таякежээн экен, экөө бирин-бири таанып учурашат. Андан мурдарак ал жерден түшчүлүк жайгашкан Манас коктунун оозундагы көп колдун тынч алып калганына таң калып, чалгын чалып кабар алмакка бийиктеп, тоо аралап баратып, жайылып жаткан көп жылкыга кез келет. Калмактардын жылкысы деп ойлоп айдап жөнөйт. Артынан жете келип, жылкыны кайда айдаганын, өзүнүн ким экенин сураган чалга оң жооп бербейт. Келген чал жылкынын ээси Эштек экен. Эштек Чыйырдынын атасы, Манастын таятасы. Экөө беттеше кетип, бирин-бири жеңе албайт. Чалга алы жетпегенине намыстана түшкөн Манас «Манас!” — деп ураан чакырып, катуулап качырганда Эштек: «Коё турчу, сен кайсы Манассың? Менин жээним Манас болуп жүрбө?” — дейт. Экөө таанышып, учурашат. Калмактардын кабарын билгени барып, кырылып калган көп колду көрөт. Эштек Манастын колуна союшка жылкы тараттырат.

Мындай сюжет Радлов жазып алган вариантта жок, бирок «Көзкаман» окуясында Манас өз таякеси Жамгырчынын жылкысын тийип алганы эскерилет. Буга караганда Манас таятасынын жылкысын тийиши мурдатан келе жаткан белгилүү сюжет. Окуя Саякбай Каралаевдин вариантында жок. Кийинки белгилүү манасчылардан Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында гана бар: Он бир дуудунун көп колу Эштектин элин камап жатканын угуп, жардам бергени кырк миң адамы менен аттанып чыккан Манас калмактардын жолун бууп калат. Курчоодо калган кытайлар өздөрүн өздөрү өрттөп өлүшөт.

Манастын Кырмуска каршы аттанганы — эпостун бир катар окуяларына активдүү катышкан, терс каарман Кырмуска каршы согуш он бир дуу-дуга каршы күрөш бөлүмүндөгү чечүүчү маанеге ээ түйүн — бөлүмдөгү окуялардын өнүгүү жолунун жогорку чеги.

Жардамга келип, камап жаткан калың жоодон куткаргандыгына ыраазы болгон Эштектин сыйын көрүп жаткан өз колуна кайрылып Манас: мынча чогулуп келген соң жөн эле кайра кете бербей, ушуну менен үч жолу келип кол салып, тынчтык бербеген он бир дуу-дуга, анын башчысы Кырмуска баса барып, же ажал таап, биротоло келгис кылып келели — деген сунушун айтат. Эл бул акылды туура таап, Манаска колу менен Жамгырчы да кошулуп, Кырмус шаага каршы аттанышат. Билериктен укkан кабар боюнча Кашкардан чыгып, Кырмустун шаарын бет алып бара жаткан Кошойдун колуна жолугуп, эки кол кошулат. Кошойдун колунун ичинде жүргөн Бакай Манас баштаган кол менен келген атасы Байды таап, көрүшөт. Манаска Кыдыр жолугуп, Бакай сенин эң жакын адамың

www.bizdin.kg
болот деп эскертет. Байдын ажалы жетип өлүп, колдогу эл урмат менен жайына коюшат. Кошун Кырмустун шаарына жетип, камап согуш ачат. Кырмустун ордунда анын кебин кийип, такта отурган Кошой Манасты сынамак үчүн калмактын белдүү баатырларын жекеге чыгарат. Алардын баарын Манас жеңген соң Кырмус-Кошой элине кайрылып: жекеге өзүм чыгайын, эгер жеңилип калсам бекер кыргын болбой багынып бергиле дейт да, Манас менен беттешүүгө аттанат. Адегенде Манасты байкап сайышып көрүп, сынына толтуруп, анан ага бет алганда алыстан эле өзүнүн ким экенин айтып качырып, жоо билбесин, мени менен беттеш деп эскертет. Манас экөө калп эле катуу кармашкан болуп, Кошой качып элине кирет. Аттын тепсөөрүндө калып көп кытай өлөт, көргөндөр таң калышат, каныбыз аман болгой эле деп чурулдап тилек кылышат. Манас да качымыш болуп өз колунун арасына киргенде артынан кууй барган Кошойдун атын жылоодон алып коюңуз баатыр, болду эми деп, Акбай аттуу адам аны жетелеп келет. Кошой мен колго түшүп багындым, силер да бөөдө зыян болуп кыргын таппай багынып бергиле деп Кырмустун элине кат жазат. Алар урушсуз багынат. Кырмустун аялын Кошой алат, жыйган дүнүйөлөрүн колго таратып беришет. Манастын кошунуна тийген он төрт төөнүн алтынын Ороздунун он уулу эч кимге бербей жеке ээлеп алат.

Сюжет Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Ошондой эле ТМВда жана Багыш Сазановдун вариантында да эскерилбейт. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында окуя негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын берилген.

Манастын Кайып даңды жеңип, кызы Карабөрктү алганы — бөлүмдөгү корутунду окуя, эпосто кеңири жолуккан туруктуу сюжеттердин бири.

Манастын сунушу боюнча он бир дуу-дунун дагы бири Даңгу шаарынын улугу Кайып даңга каршы аттанган кол жолдо ээн жерге тыныгууга токтоп, төрт жүз мерген ууга чыгат. Алар кезигип калган кула чабдар ат минген жалгыз көздүү Адамдүк дөө баарын койчо имерип айдап, өзү жашаган үңкүрүнө алып барат. Дөөнүн аялы айдалып баргандарды четинен кармап, онун бир көтөрүп үңкүргө киргизип, орго сала баштайт. Кутубий дөөнү маңдайындагы жалгыз көзгө атып өлтүрүп, аялын да атып, үңкүрдөгү темир көгөнгө байланган көп адамды бошотушат. Бошонгондордун ичинен Жайнак аттуу киши башынан кечирген укмуш окуяларды, жер кезип жүрүп ургаачысы кадимки киши, эркеги ит итаалы аталган элге туш келип, анда бир канча жыл туруп, кантип качып кутулганын, келаткан жолдо Адамдүккө кабылып туткундалганын айтат. Мергендер дөөнүн үңкүрдө жыйылган дүнүйөлөрүн олжолоп кошо кайтышат. Манас менен Кошойдун колдору Даңгу шаарын камаганда жекеге чыккан Догонду дөөгө кыргыздардан эч ким даап каршы баралбаганда Манас чыгып жеңет. Аламан согушта Даңгунун улугу Кайып даң колго түшөт, эли качат. Кайып даңдын Карабөрк аттуу сулуу, баатыр, мерген кызы бар экен. Ошол кыз жанына мергендерин алып качкан элдин артын кайтарып, жол тосуп урушуп, катуу каршылык көрсөтөт. Карабөрк аткан жаанын огунан Бакай жарадар болот. Жол буулуп, кол токтоп калганын арттан келип угуп, ачууланган Манас өзү качырып кирип Карабөрктү кармап, курал-жарагын тартып алат. Кыздын сулуулугуна таң калып, келбетине кызыккан Манас аны аялдыкка алууну ойлойт. Бирок, Карабөрк атамды өлтүргөн душманымсың, сага тийбейм, эгер зордук менен алсаң акыры өзүңдү өлтүрөм дейт. Карабөрктү кылыч менен чаап салмак болгон Манасты кызга кылыч чабууга болбойт деп Бакай токтотот. Агасы келип кызга атасынын колго тушкөнүн айтат. Карабөрк өзү деле Манасты жактырып турса да намыстанып, атамды колго түшүрүп алып өлтүрүпсүң, колго түшкөн адамды өлтүргөн баатырлардын салтына жатпайт. Сен менин теңим эмессиң, мен төрө тукумунанмын дейт. Колго түшкөн Кайып даңдын аялы да ошол жерде экен. Ал

www.bizdin.kg
кызына колго түшүп калган соң жеңгендин эркине моюн сунууга тийиштигин, аны кармаган Манастын өзү экендигин айтса да көнбөй, Манасты баатырдык жолду билбеген тексиз деп туруп алат. Аңгыча эл чогулган жерге келип калган Чалыбай ортодогу кыздын сулуулугуна таң калып, кимдин кызы экендигин сурайт. Бакай өлгөн Кайып даңдын кызы десе, Чалыбай колго түшкөндөрдөн бир да адам өлбөй, Кайып да аман-эсен багылып жатканын, байлоодо эмес бош экенин айтат. Карабөрк атынан түшүп, Манастан кечирим сурап, атасын көрсөтүүнү өтүнөт. Согуш токтоп, Бакай элге тийбегиле деп буйрук бердирип, Союштан артык сойбоңор Бүгүн душман, эртең эл, Бүлүндүрүп койбоңор деп жар чакыртат. Кайып даңды алдырып келип, ал үй-бүлөсү менен көрүшөт, эки эл жарашып, Манас Карабөркке үйлөнөт. Кайып дан чоң той берип, кызына сеп камдайт. Кайыптын кызына арнаган үйүнүн жасалгасын Жайсаң деген ырчысы жарым күнү ырдайт. Карабөрк кайнагасы болуп калган Бакайды атып жарадар кылганын эстеп уялып, андан жүзүн буруп качып, таазим кылып жүгүнөт. Ызаатына ыраазы болгон Бакай алкайт. Бул ызаат элге жагып калгандыктан, келин кайнагадан качуу салтка айланат. Кол жай-жайына тарап, Манас Алтайга үйүнө кайтат. Жакып той берип, келинин отко кийирет.

Бул окуялардын тутумундагы жалгыз көздүү дөө, итаалы жөнүндөгү окуялар Сагымбай Орозбаковдун вариантына жеке мүнөздүү эпизоддор. Бири-бирине байланышы жок бул эки сюжет өз-өзүнчө түрдүү элдердин жөө жомокторунан тартып эпосторуна чейин көп кездешет жана мазмуну кенен иштелип чыккандыктан көп белгилери окшош. Эпостон орун алып калышы манасчынын окуяны кеңейтүү далалатынан туулган жекече демилгенин жемиши. Башка варианттардын эч биринде айтылбайт, ал турмак эскерилбейт.

Манастын Карабөркке үйлөнүүсү атайын деталдаштырылган окуя катары Радлов жазып алган вариантта жана Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Бирок, Радлов жазып алган вариантта Манас Каныкейге үйлөнөрүндө атасы Жакыпка кайрылып, аял алып бер деген сөздөрүндө: «Кайыптын кызы Карабөрк Кармап алдым талаадан, Шооруктун кызы Акылай Олжолоп алдым коргондон» деген саптар кезигет. Буга караганда Карабөркту Манас согуш майданында жеңип аялдыкка алышы эпостогу мурдатан келе жаткан белгилүү салттык окуя. Жогорудагы төрт сап ыр эпикалык клише катары эпостун варианттарынын көбүндө дээрлик өзгөрүүсүз кезигет. Манастын биринчи аялы Кайыптын кызы Карабөрк экени Саякбай Каралаевдин вариантынан тартып белгилүү варианттардын бардыгында кезигет.

Тема деталдаштырылган окуя түрүндө Шапак Рысмендеевдин вариантында жана Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында орун алган. Сюжет дал келбегени менен жалпы нук жана мазмундун негизи бир. Шапак Рысмендеевдин вариантында элге тынчтык бербеген Алты-Шаар, Кумулдагы кытай-калмак кандарына баса барып уруш салып, ошолордун бири Кайып кандын Карабөрк аттуу сулуу кызын аялдыкка алуу үчүн Манас көп кол менен аттанып Кумулга келип, Кайыптын шаарын камайт. Кайып коркуп элчи жиберет. Карабөркту баш кылып миң кыз тартуу алып, эки эл жарашат. Манас Карабөркке үйлөнүп, Кайып көп дүнүйө сеп менен кызын узатат. Манас Алтайга кайтып, Жакып келинин отко кийирип той берет. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Кырмустун шаарын караткандан кийин Манас менен Кошой биргелешип Каңгай тоосундагы Кайып канга аттанышат. Мурда камданып тосо чыккан Кайыптын колуна кез келип уруш башталат, жекеге чыккан Кайыпты Кошой жеңип, байлап алат. Кайыптын кызы Карабөрк жекеге чыгып, бир канча баатырды аттан түшүрө саят, Карабөрк тынымсыз аткан жаанын огу тийип, Бакай колунан жарадар болот. Карабөркке каршы Манас өзү чыгып, баатыр кызды аты менен кошо көмөлөтө саят. Жыгылган кызды кырк чоро байлап алышат. Карабөркту көргөн Кошой

www.bizdin.kg
менен Бакай жактырып, Манаска алып берип, келин кылып алсакпы деп кеңешишет. Кыз атасы тирүү болсо Манаска тийүүгө макулдугун берет. Кызыңды Манаска бер деген Бакайдын сунушуна Кайып кубанып макул болот, уруш токтоп, эки эл жарашат. Кайып чоң той берип, кызын узатат. Кол Алтайга кайтып, Жакып келинине той берет.

АТА ЖУРТТУ ДУШМАНДАРДАН БОШОТУУ — эпостун башкы темасы менен байланышкан чоң бөлүмдөрдүн бири, ата журтун издөө, аны душмандардан бошотуу, чачылган элди бириктирүү өңдүү темаларга байланыштуу окуяларды камтыйт. Элди, жерди баскынчылардан бошотуу менен элди бириктирүү дайым ажырагыс биримдикте каралуучу жана бири-бирине байланыштуу чечилүүчү темалардан. Түрдүү элдердин фольклордук чыгармаларында кеңири кезигүүчү мындай сюжеттер баатырдык эпостордун мазмунуна киргизилгенде конкреттүү элдин тарыхый жолундагы - өрүнүктүү окуялар, урунттуу учурлар менен байланыштырылып, чыгармада ошол мезгилдин изи катарындагы мүнөзгө ээ болуп берилет. «Манас» эпосунун ушул бөлүмүндөгү сюжеттерге негиз болгон окуялар элибиздин өткөн дооорлордогу уйгурлар, калмактар, кара кытайлар, жунгарлар менен болгон мамиле, алакалары, согуш-күрөштөрүнүн изи дешке толук негиз бар.

Жакыптын кеңеши — бөлүмдүн киришүү жана жалпы сюжеттик нуктагы өзүнчө чоң бутактануунун башталыш түйүнү.

Жакып калкына кабар салып акылман кары, эл билермандарын жыйып алып, ажыдаардын куйругун басып Эсенкан менен жоо болуп калдык.



Каптап келсе калың жооого чаркыбыз келбейт! Калмактын арасына, кытайдын кыйырына жатып албай, жан аргасы кылып башка жакка көчүп кетели, макул көрсөңөр Анжыян тарапка оойлу деп кеңеш курат. Бердике, кытайга тийип койдук деп жыйгантергенди бүт чачып, кайда дүрбөйбүз? Алтай малга жайлуу, жакшы жер, андан ажырап болбойт деп көчкүсү келбейт. Байжигит Жакыптын айтканын макул көрөт, сактын саны бүтүн, кытайдын кыйырына жатып алып, кыргын таап калбайлык дегендин эмнеси жаман?! Бирок, кайда барганыбыз оң. Эдил, Нура сууларынын боюна, Орол тоосу тарапка барсак кандай, — дейт. Айдаркан баатыр: «Кандай эле баарың кайратты таштап качууну каалап калдыңар?! Силерди кырам деп Кытайдан кеп келдиби? Колунан келсе кытай эмдигиче бизди соо коймок эмес. «Туулмак бар, өлмөк бар, башка келгенди көрөрбүз», — деп кайрат айтты. Эл бир чечимге келе албай, акыры Манастын «Колунан келсе Эсенкандын бизди аяп коёр ою жок, андан коркуп элди дарбытып, башка жакка качуунун жөнү барбы?! Туура көрсөңөр намыстын жолун кууп, ата-бабадан калган жерибизди кытайлардан бошотолу да, анан ага качпай эле көчүп баралы» деген кебине эч ким каршы чыкпады. Он жети менен жетимиштин ортосундагы эр бүлө беш күндөн калбай бүт чогулмак болуп эл тарады. Болжогон күнү Алтайдын ара талаасы адамга жык толуп кол чогулду.

www.bizdin.kg
Сегиз жүз миң адамдын ичинен кебе курсак чалдарды, күчкө толбогон балдарды, оору сыркоо, майыбы болуп эки жүз миң адамды үй-үйүнө таратып, калган алты жүз миң кол менен жолго аттанышты.

Мындай сюжет Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында жок. Башка манасчылардан Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында өзүнчө окуя катары Сагымбай Орозбаковдун вариантындагыдай эле Манас Карабөрктү алып Алтайга кайткандан кийин берилет: Жакып эл чогултуп кеңеш куруп, ата-бабанын жерине көчүп кетели деген чечимге келишет. Бирок, Манас адегенде барып жер чалып, байкап келмек болуп кырк миң кол алып аттанат.

Манастын Текес канды жеңгени — мекенди бошотуу темасына кирген окуялардын башталышы.



Мурда Кошой менен Манастан качкан калмактын Култаң аяры Терс-Маёдогу Текес канга барып, Манас деген чыгып, биздин элди кыйратып жатат, аз күндө бул жерге да келет деген кабар жеткирет. Корккон Текес бутканасына кирип, касиеттүү бутуна кеңешсе анысы жоо келсе талкала, сени эч ким жеңе албайт деп көңүлүн жубатып коёт. Кайраттанган Текес айдоодо жүргөн Алтайдагы аз кыргыздан чыккан ал кандай баатыр экен, андай болсо мен да камданайын деп айланасына кабар берет. Куяс аттуу аярына дорго чаптырып, жоо көрүнсө кабарлагыла деп тандамал кырк-элүү жигитин Эчки-Өлбөстүн бийик чатына кароолго жөнөттү. Шашып келген Куяс аярга Текес Манастын жөнүн айтып, айла тап дейт. Алтайды жердеген алтымыш үйлүү аз буруттан да киши чочуйбу. Ажал айдап, каны тартып келе жаткандыр деп Текестин көңүлүн жайлап, аттанып чыгып, түн бою зээр окуп дубалап, бир өрөөндөгү куурай, чөп, чий, камыш, терек, тал, карагай, кайыңга чейин адам кебетесине келтирип, Манастардын келер жолуна куралдуу кошун кылып койду. Тереги дөө, карагайкайыңы айбаттуу баатыр, чий, куурайлар жоокер болуп, көп кошун өзөнгө сыйбай туруп калды. Таң ата Куяс Текести алпарып аскерди көргөзүп, тентиреген буруттарды да жоо дешке болобу, бул жерге келишсе сазайын колуна берейин деп опурулуп мактанды. Текес караса жогору жагы муз баскан зоо, орто жери өрт күйгөн кызыл сел, өйүз-бүйүзү курал-жаракчан жайнаган кол болуптур. Жоктон бар болгон көп кошунга баргандын баары таң калышты. Сынамак үчүн Текестин Шуңгур деген баатыры качырып барып зээр колдун четиндегини найза менен сайса, былк этип да койбоду, кайра Шуңгурду туурап найза сайды эле шалак этип жыгылып түштү. Куяс дуба окуп Шуңгурду өлтүрбөй аман алып калды. Анын өнөрүнө баары таң калышты. Ыраазы болуп көңүлү жайланган Текес Куясым барда мага ким даайт?!, — деп кесир сүйлөп, эч жакка кабар бербей, кенебей жатып алды. Үч күн өтүп, төртүнчү күнү азар түмөн колу менен Манас ал жерге келди. Жолду тосуп калган кайнаган кошунду көрүп токтоп, колго шайланган кан Айдаркан экен, аны баштатып мыктылар эмне кылабыз? — дешип Манаска барышат. Алар Темирдиктин өрөөнүн аякбашы күнчүлүк аскер басып калганын мынча аскерге алдары жете турган эместигин айтып, катылбай эле кайра тартсакпы дешип

www.bizdin.kg
Манаска акыл салышты. Ачууланган Манас качканда ушунча кол артыңдан кууса кайда кирип кутуласың деп, байкап келүүгө өзү жөнөдү эле, Бакай кошо аттанды. Манаска сен артта калып көмүскөдө тур, мен алдыга барып, душманга көрүнүп коюп качкан болоюн, мени кууса тосуп, урушуп ажыратып аларсың деп, Бакай Моюлду деген бел менен көрүнөө бастырып чыгып, алиги кошунга жарым бутадай жакын барса көп кол былк этпейт. Карап туруп унчукпаган колго таң калган Бакай арып менен жасап койгон жумуш болбосун деп шекшип, байкамак үчүн найзасын сундурса алиги кол жапырт найза сундурду, бул эмнеңер? — деп кыйкырды эле Бакай айткан сөздү жапырт айтып кыйкырышты.



Бул иштин амал экенин билген Бакай арсаң-арсаң күлдү эле, көп аскер да күлүп калды. Бакай Манаска барып жөнүн айтты. Билгичтердин акылы боюнча зээр колду өрт коюп жоготуп, калың кол каптап ордосуна кирип барганда каарданган Текес кан адегенде жанындагы Куясты жара тартып, анан өзүнө өзү бычак салып өлүп тынды. Камсыз жаткан Текестин эли эч каршылык көрсөтпөй багынып берди. Олжого кызыккан айрым тентектер калмактарды талап киргенин көргөн Манас калмактардын жырык ийнесин да албагыла деп аскерине жар чакыртып, тентектерди теске салды. Текеске караган тыргоот, маңгул калмактарын чогултуп, Манас каныңар Текес өзүн-өзү өлтүрдү, өзүңөр араңардан кан шайлап алгыла дейт. Ар кимисин кан болгун дешсе мойноп болушпайт. Токсон миң үйлүү эли бар, сексендеги Карача элдин айтканын туура көрүп кан болууга көңүлдөнсө, кызы Сайкал өкүмдөн жутадың беле, өлгөн Текестин тонун тоноп алгансыганың жакшы эмес деп тыйып коёт. Карача айнып, эли катаалдык кылдың деп, ошондон Карача Каткалаң аталып кетет. Баарың качып болбосоң Текестин иниси Тейиш кан болсун деген Карачанын сөзү менен Тейишти кан көтөрүшөт.

Окуя Радлов жазып алган вариантта да, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Башка манасчылардан Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын, бирок андан айырмаланып, Мекенди бошотуу темасына байланыштуу окуялардын биринчиси эмес, эң акыркысы катары берилген: Илени бойлоп Терс-Сууга келген Манастын колу Текести басып, Текес жекеде өлөт. Аламан уруш болордо Текестин иниси Тейиш Манаска элди кыргын кылбашын суранып, баш ийип берет. Уруш токтоп, эки эл жарашат, Тейиш кан көтөрүлүп, чоң той берет.

Тейиш кандын тою, Манастын кыз Сайкал менен беттешкени — бөлүмдөгү белгилүү окуялардын бири, сюжеттин курулушунда бир бөлүмдүн өз ич ара бутактанып, кеңейүүсүнүн белгилеринен.

Бир чети Манас баатырды колу менен конок кылып тосконум, бир чети кан болгондогу элге берген даамым деп, Тейиш кан той баштайт. Чабылуучу аттар айдалып кеткенден кийин казак, калмак бир тарап, кыргыз, уйгур бир тарап болуп алышып, тойдун тамашасы башталат. Балбан күрөшкө казактан Байкап деген чыгып, ага каршы кыргыздын окчу уруусунан Көкжору барып, Байкапты так көтөрүп, башынан үч айлантып туруп жерге уруп, жеңип алды. Сайышка кайраттуусунан кармагыла, балбаныбыз барар замат жыгылып, ызага чыдабай

www.bizdin.kg
араң турабыз дешип чуулдаган казак, калмак тараптан сайышууга сары буурул ат минип он жети жаштагы кыз Сайкал чыкты. Сайкалды билгендер Текестин журтунда ага тең келип кармашкан адам болбогонун, балбандыгы менен баатырдыгы жандан башка экенин айтып макташты. Кыргыз менен уйгурлар тараптан кыздын айбатынан ага даап сайышка адам чыкпай, Сайкал майданда жалгыз туруп калат. Шашкеде келген Сайкал түш оогончо туруп, Бердике менен Акбалта» Катындан качкан не жорук, намысты алдырдыңар!” — деп, тургандарга нааразы болушту. Казак менен калмактар жеңдик дешип эр сайыштын байгесин алып кете турган болгондо сайышка Манас өзү чыкты. Аны көргөн кыз Сайкал кыргыздардын кыйыны ушул дешти эле, оюнда кокус кылып Манасын өлтүрүп, калган колун анан кырайын деп ойлоду. Экөө бирин-бири качырышып келгенде Манас Сайкалдын өзгөчө сулуу кыз экенин көрүп, өзүм алчу кыз экен, катуу сайсам бекерге өлүп кетер деп ойлоп оң далынын мүрүсүн мелжеп, аярлап, коомай найза салды. Анын найзасын кагып жиберип, Сайкал жүрөктүн башына өлөр жери ушу деп күч менен найза урду. Найза катуу тийип, баатырдын көзүнөн от чагылып, атынан түшүп кала жаздап ооп барып, ат жалдап араң оңолду. Чарайнадан тайыган найза Манастын оң колтугун жарып, аркасынан чыгып кетиптир, тепчилип калган найза колтугунда сороңдоп чыгып жүрөт. Жанаша түшкөн Манасты далыдан алып, Сайкал оодарып кетмекке ат күчүнө салып тартты эле Манастын ээрден арты кылтайып, үзөңгүдөн бут тайып, аттан оой баштады. Муну көргөн Акбалтанын Чубагы атын октой чуратып ортого жетип, бул эңиш эмес сайыш, жанчышкыла деп, Сайкалдын атын башка кагып жиберип, Манасты жөлөп калды. Жалт берип аты артка үркүп, өксүгөн Сайкалдын колунан Манас бошонуп, оңолуп кетти. Кайра беттешкенде эти ачынып, ызаланып калган Манас чындап найза салганда төшкө тийген анын найзасынын күчүнөн Сайкалдын эси эңгирей түшүп, ээрден ажырап атынын соорусуна кетти. Аккуланы ат чабышка кошуп жиберген Манас эр сайышка башка ат минип чыккан экен, атынын шайы жогунан Сайкалды аттан түшүрө албашы. Сайкал атынын башын буруп элин карай качып жөнөдү. Эти ооруп калган неме кайра сайышка чыкпай койду. Майданга келсин, же жыксын, же жыгылсын деп, талап кылган Манаска Сайкалдын атын тартуу тартышты. Ал атты Карачанын өзүнө кайра белек деп берди, Кечке жуук чабылган аттар келип, биринчи чыгып келген Аккуланын баш байгесин бүт элге бөлүштү. Той тарап, алты күн кол тыныгып, жетинчи күнү аттанып Каркыра, Төтө аркылуу Кер-Көлгө бет алды.

Эпизоддо Тейиш кандын тою жана Манастын кыз Сайкал менен беттешкени — деген белгилүү эки сюжет бириктириле берилген.

Тейиш кан, анын тою сөз арасында эскертилгени менен деталдаштырылып иштелип чыккан окуя катары көпчүлүк варианттарда орун алган эмес. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында гана Текестин окуясынын аягында Тейиштин кан шайланып, чоң той бергени кыска түрдө баяндалат, бирок ал тойдо Сайкал катышып, аны менен Манастын беттешүүсү эскерилбейт. Сайкал, анын Манас менен беттешүүсү, Манастын ал кармашта жеңилип кала жаздаганы эпостогу кеңири белгилүү сюжеттердин биринен. Варианттардын көбүндө өз алдынча вариациялары менен кездешет.

Окуя Радлов жазып алган вариантта жок. Саякбай Каралаевдин вариантында Манастын өлүмүнө байланыштуу окуяларда бир нече жолу, айрыкча Тайбуурулду Семетейге арнап Сайкал Манаска белекке бергендиги көп жолу кайталанат. «Каныкейдин жомогунда» («Семетей») окуя айрым деталдар менен баяндалат: Кыргылчалдын ушагынан улам Манас Каныкейди салбар кылып, аялым начар чыкты, Лоп дарыянын боюн жердеген, нойгуттун каны Карачанын баатыр кызы Сайкалды аялдыкка алам деп оолугуп, кырк чоросу менен аттанат. Сайкал кайгуулда жүрүп, кароол болуп турган Серекке жолугуп беттешет, кырк жигитти

www.bizdin.kg
(Алмамбеттен бөлөгүн) бүт аттан түшүрө сайып алек кылат. Манас Сайкал менен беттешип, экөө бирин-бири жеңе алышпайт. Манас семирип алган экен, ал эңкейе албай коёт да, ошондон пайдаланган Сайкал аны ат үстүнөн эңип коё жаздайт. Ээрден көтөрүп ала коюп, бирок кыргыздын туткасы экен, элдин шагы сынат го, аялдан жеңилгенин душмандары укса кыргыздарды талап кетишер деп ойлоп, кайра атына мингизип коёт. Ошол учурда тууradан чыга калган Алмамбет Сайкалды качырып, Манасты куткарып калат. Айылга кайткан Манасты Канықей таптап багып, кийин кайра барып беттешкенде Манас Сайкалды жеңет. Аялдыкка алам десе, Канықей аялдын сырттаны экен, ага күнү барбаймын деп Сайкал көнбөй коёт. Экөө тиги дүйнөдө кошулмак болуп кыяматтык нике кыйдырышат. Сайкал балалуу болсоң балаң минсин деп буурул тайды (Тайбуурул) берет.

Манас менен Сайкалдын беттешүүсү башка манасчылардан Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында «Көзкамандар окуясынан» кийин берилип, мазмуну негизинен Саякбай Каралаевдин вариантына жакын.

Манастын Орго кан менен согушу — мекенди бошотуу темасындагы орчундуу окуялардын бири, ушул бөлүмдөгү күрөштүн курчуп, жетилүү чегине жакындаган учуру.

Текес кандын согушта өлгөнүн көргөн Култаң аяр качып Былчакай менен Төтөнү ашып, үч күндө Кер-Көлдөгү Орго канга келип алтайлык кыргыз Манас деген чыгып, ага-иниңди бүт кыйратып келе жатат! Жасооңду мыктап жамдап, жарагың болсо камда деп кабар берди. Орго кан айланасындагыларга эле эмес, Чуудагы чоң пааша Акунбешимге чейин киши жиберип кабар айттырып, дүрбөп, камданып, кошуну жети жүз миң киши болуп, жонго туу тигип, күтүп жатканда Манас ал жерге жетип, эки кол маңдай-тескей токтоп, урушка камынышты. Калмактар Атан деген балбанын жекеге каалашты. Ал кыргыз деген ким? Мен анын бирин койбой кыйратам деп мактанып алачык үйдөй чоюнбашын колуна алып майданга бет алды. Эл жарылып, Атандын жолун ача бергенде алдынан бир жүдөө чал чыкты. Кач, өлөсүң деп, элдин кыйкырганына болбой бүжүрөгөн чал жол бошотподу. Атан чалга жетип, жонунан чапчып ыргытып жибермек болуп, аттан эңкейди эле, чал бурулуп Атанды аттан оодара тартып, көөдөнүнөн басып туруп башын жулуп алды. Ал кыргыздардын ары балбан, ары аяр Көйүш баатыры экен. Түрүн өзгөртүп алып, жоонун сырын билгени мурда эле калмактардын арасына келиптир. Көйүш аярдын өнөрүн көргөн калмактар жинби же адамбы деп катуу таң калышты. Орго кан бирден барып өлбөй, жалпы качырып аламан согуш салгыла деп буйрук кылып, калмак колу жапырт ат койду. Эки кол аралашып, катуу согуш шашкеден түш оогончо созулду. Аламанда Манаска кезиккен Орго кан өлүм тапты, Жамгырчы менен беттешип Көймен шаа өлдү, Илебин канды Бакай атып өлтүрдү.



Күн батарга жакындаганда туусу жыгылып, каны өлүп, кайрат кылар адамы калбаган калмактар туш-тушка бет алып жалпы качып калышты. Кеч кирип, көз байланып, уруш токтоду. Эртеси калмактардан дайын жок. Баш болор киши жок кошун бет-бетинен тарап кетиптир. Оргонун аялы Санамкүл эки баласын ээрчитип, казак Ыраман аттуу увазирин, ырчы баласы Каратай менен кошо

www.bizdin.kg
жанына алып, көп тартуу менен Манаска келип тынчтык сурады. Өтүнүчү кабыл алынып, Манас Каратайды жанына калтырып, калганын жайына кайтарды. Каратай кырк чоронун бири болуп, кийин Ырамандын Ырчыуул аталды.
Манас эли менен кеңешип, Чүйдөгү кытай каны Акунбешимге каршы аттанууга бүтүмгө келишти.
Бул эпизод Радлов жазып алган вариантта, ошондой эле Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Бирок, Орго кытайлардын түпкү канынын казыналык чоң балбаны катары Саякбай Каралаевдин вариантында да эскерилет. Ал кырк үйлүү кыргыз Алтайдан качып Ала-Тоого бараткан жолдогу согуштардын биринде Манас колдуу өлгөнү айтылат. Башка манасчылардан Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында кыска түрдө орун алган.
Манастын Акунбешимди жеңгени — мекенди бошотуу темасына бириккен окуялардын орчундуусу, бөлүмдөгү күрөштүн кульминациялык чеги.
Баатырдын колу бир нече топко бөлүнүп, Көкчө Алматы аркылуу Илени бет алып, Үрбү бел ашып Кеминге түшүп, Кайып кан Эки-Башыга бурулуп, Мунар көлдүн тескейин көздөп, баатыр өзү Кызыл-Омполду бет алып Акунбешим шаага каршы жолго чыгышты. Акунбешим шаа мурда Орго канга жардамга жөнөткөн көп кошундан аман калып качып кеткендери улугуна болгон ишти айтышты. Акунбешим туш-тушка шашылыш кабар берип, дүрбөп, Шамыңшаа деген баатырына Бооң аярыи кошуп он сегиз миң кишини кароол карап, жоонун алдын тосконго аттантты. Кызыл-Омполго келип, кароол карап жаткан Шамың шаа Кер-Көлдү бойлой жер жайнап келе жаткан көп колду көрүп, сүрүнө чыдабай кошуну менен кайра качып кетет. Бооң аяр азырак адамы менен тар капчыгайдан жол тосуп калды. Баатырдын колу Көтмалдыга жетип тыным алып, Манас жанына алты жолдош алып Кызыл-Омполдун дөбөсүнө чыгып, жатып кеткен азырак колдун изин көрөт, Капчыгай ылдый жөнөгөндө тоосу бийик, эки жагы кууш жер экен, жоонун тосоту болуп, таш кулатып кырып салбасын деп, өрдөп тоо башын алып, артуу жол менен теңи жөнөп, калганы капчыгайга түшмөк болду. Жүз элүү миң адам менен Манас артуу бел аркылуу түз күн батышка бет алды. Калган жүз он миң адамды баштаган Бакай ажыдаар болуп тар капчыгайды бөгөп жаткан Бооң аярды жеңип, аман-эсен жайыкка чыгышты. Манастын колу бел ашып Абаңдын сары талаасындагы Булагасын шаарынын күн жүрүш жак капталынан чыгып, жол тоскон Тагылык баатырдын жүз миң колун кыйратып, көбүн качырып, ээн калган шаарга кирди.



Качкан калмактар Манастын келе жатканын каны Акунбешимге айтып келишти. Баңдулусун урдуруп, туш-тушуна кабар берип, Акунбешим шаа беленденип, катуу кармашка даяр турду.
Кер-Көлдөн Алматыга ашып түшкөн Айдаркан менен Көкчөнүн колу Иле боюндагы Орго канга жардамга барып согушта өлгөн Илебин кандын элине барышты. Каны жаңы өлгөн, өзүлөрү согуштан качып барган калмактар каршылык көрсөтө албай, Илебиндин агасы Чыңша байдын кызы Буудайбекти баш кылып тартуу тартып эки эл жарашты, Буудайбекти Көкчө алды. Эми Көкчөнүн колу Акунбешимдин шаарын бет алды. Үрбүнүн колу Кеминге келгенде

www.bizdin.kg
Оргого жардамга барып согушта өлгөн Кеймен шаанын кызы Ойсалкын тосо чыгып, Үрбүдөн Эки-Кеминдин элин сурап алат да, өзү Үрбүгө тиет. Кеминге келген Көкчөнүн колу Үрбүгө кошулуп, Чүйгө бет алышат. Кайып кан баштаган кол ЭчкиБашыдагы (Ат-Башы) калмактарды таратып, Кулутка дуу-дуну жеңип, Мунар экөөлөп Кочкордогу Арсы калдайды, Жумгалдагы Кубан калдайды чабышат. Туш-тушка кеткен колдору чогулуп келип, Чуудагы (Чүй) Акунбешим шааны камап калышты. Кармаш башталып, жекеге чыккан Абдылда (Ажыбай) калмактардын Кегети жайсаңына каршы барып, экөө найза менен сайышып жеңише албай, кылыч менен чабышып, андан да айла болбой, айбалта, күрсү менен салышып, мындан да жеңише албай, жаа менен элүүдөн атышып, ага болбогондо жүз жолудан мылтык менен атышып, алыша албай күн батып жай-жайына тарашты. Эртеси заардан майданга чыккан калмактардын Тугалы аттуу мыкты баатырына Көкчө каршы барып, найза сайышып бирин-бири алыша албай, акыры Тугалы атынын башын буруп колун көздөй качып берди. Кубалай барып Көкчө артынан сайып жарадар кылып, Тугалык колуна кире качып, Көкчө кайра тартты. Тугалыкты жемелеп майданга чыккан Жамыра жайсаң найзалашууга жеткирбей Көкчөнү жаа менен атып, жебенин огу жети кабат калканды жарып барып, соотту тешип өтүп, оң кабырганын сыртына эки эли кирип токтоду. Эти ачынган Көкчө жаңы ок атууга үлгүртпөй калмакка жетип төшкө найза салды эле, найзанын учу аркасынан эки карыш төрт эли чыга түштү. Жамыранын атын олжолоп колуна барган Көкчө ооруксунуп кайра майданга чыкпады. Мөңдү-Чебең балбанга каршы барган Мажик башы-көзү жарылып кайра качып келди. Аны жемелеген Үрбү баатыр кыйкырган бойдон майданга чыгып Мөңдү-Чебеңди бөлө чапты. Кеч кирип, кол жай-жайына тарашты. Эртеси таң атканда майданга өлөмүн деген жан келгин деп күүлөнүп чыккан Тулуска каршы Манас барды. Манас ач албарс менен оң ийинден колун үзө чаап Тулусту жайлап, атын олжолоду. Аны көрүп калмактан отуз балбан жекелөөгө ат койду. Каптагын деген Бакайдын айгайы менен баатырдын колу жапырт ат коюп, эки кол аралашып, аламан чоң согуш болду. Эки күн, эки түн тынымсыз кыргындуу кармаш болуп азууларын аркайтып ат жыгылып сулады, муруттарын сербейтип эр жыгылып кулады. Айыгышкан кармашта Манас өз туусунун түбүндө турган Акунбешимди беттеп, туш келгенди кыйратып кирип барганда такат кыла алай качып берген Акун шааны Манас кууп жетип аттан ыргыта сайды эле, артынан жеткен Айнакул Акунбешимдин башын алып салды. Туусу жыгылып, каны өлүп кайраттуусу калбаган калмак-кытайлар туруштук бере албай качып беришти.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Башка белгилүү манасчылардын көбүнүн варианттарында да эскерилбейт. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Илебин канды жеңип, кызы Буудайбекти Көкчөнүн, Кейменди өлтүрүп, кызы Ойсалкынды Үрбүнүн алганы жана Таластын каны Тулус менен согуш бар. Тулус Сагымбай Орозбаковдун вариантында Акунбешимдин баатырларынын бири катары гана согушка катышат.

Панусту жеңүү, Көкөтөйдүн Ташкенге кан шайланышы — мекенди душмандардан бошотуу темасына кирген окуялардын жыйынтык бөлүмү. Ташкенди бийлеген Панус кан Акунбешимдин жеңилгенин угуп кол курап Манаска каршы аттанат. Акунбешимдин качкан колун кубалай барган Манастын кошуну жол тосуп чыккан Панустун колуна кез келип, согуш болот. Калмак-кытайлар туруштук бере албай Ташкенди көздөй качышат. Бирок, алардын артынан келген Көкөтөй баш болгон жергиликтүү кыргыз, казак, өзбектер жолун тосуп калып, Панустун колу туш-тушка качып кутулушат. Манас бош калган Ташкенге кирет.

www.bizdin.kg
Манас анча көп эмес адамы менен ууда жүрүп Алооке чалгынга жиберген Кыйтууча деген баатырдын колуна кезигип, аны качырат. Акунбешимдин, Панустун качкан-бозгон аскерлери Арагент шаарына чогулуп, Ташкенге аттанганы жатканын уккан Манас утурлай барып согушуп, жеңилген калмак-кытайларды туш-тушка таратат. Арагенттин чоңу Ашарсуу тартуу тартып, жарашып, туугандашат. Тартууга келген кырк бир кыздын бирин Көкөтөй алат. Көкөтөй кары адам экен, кыздын атасын ыраазы кылыш үчүн көп мал берет. Ушундан тартып кыз алса калыңга мал берүү салты калат. Ташкенге Көкөтөйдү кан көтөрүп, Алоокеден коркпогула, кайра келем деп Манас Алтайга кайтат.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында кыска түрдө орун алган: согушпай эле Панус өзү баш иет, Кыйтууча менен, Арагентке чогулган көп кол менен согуш да эскерилбейт.


Манастын сунушу боюнча кыргыздардын өз жерине көчүп келгени — эпостогу салттык туруктуу окуялардын бири. Чыгармадагы башкы темалардын биринен болгон ата-бабанын өскөн жери — мекенди табуу идеясынын ачылышы үчүн кызмат кылат.

Алтайга кайткандан кийин жыл маалы болгондо Манас туш-тушка кабар айттырып, ата уулу аксакалдарды, билерман мыктыларды чогултуп, ата-бабадан калган жер Анжыян менен Алайга көчөрүн айтып кошо көч деп эч кимди зордобоймун, каалагандар көчсүн, каалабагандар калсын.



Тил алсаңар ата конушка барып жайланып, кытай-калмактардын кишенинен колу-бутуңарды бошоткула дейт. Манасты Үрбү менен Көкчө да колдоп, баары көчүүгө макул экендиктерин билдирип, бир бүтүмгө келишет. Келген элди Манас абдан сыйлап коноктоп алдына ат мингизип, артына тон кийгизип, ажыраш аягым ушул деп узатат. Ошондон тартып көчүп кетүүчү адам ажыраш аяк берүү салты калат.

Айдаркан баштаган казактар Каркыра аркылуу Жылдызга карап Сары-Аркага көчүштү. Үрбү башкарган кыпчактар Бар-Көл, Кер-Көлдү басып өтүп, Чүйдүн башы Кеминге келип токтошту.



Манастын көчү Муз-Белди ашып, Марал-Башы, Долондон өтүп, Жай-Көлдү көздөй барып, Какшаалдын тоосун таянып сегиз ай тыныкты. Алооке менен серпишүүгө убакыт жетти деп көчүп чыгып Артыштан ашып өтүп, Анжыян жактагы Алоокеге

www.bizdin.kg
караган элдин четине жетип, Отуз-Адырдын боюна айылын кондуруп, Манас жанына алтымыш жигит алып, ууга кетет.

Радлов жазып алган вариантта мындай эпизод жок. Манастын эли менен Алтайдан көчүп Ала-Тоого келиши Саякбай Каралаевдин вариантында Сагымбай Орозбаковдун вариантына караганда башкараак планда. Бир катар катуу согуштардан кийин көчүп келген Манас Кошойдун кеңеши боюнча дароо эле Таласка барып конот. Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү башка белгилүү манасчылардын варианттарынын көпчүлүгүндө бар (Шапак Рысмендеевдин варианты, Багыш Сазановдун варианты, Молдобасан Мусулманкуловдун варианты жана башкалар).

Алооке кандын Манаска багынганы — эпостогу туруктуу салттык окуялардын бири, көпчүлүк варианттарда өзүнчө эпизод катары айтылат.

Анжыян аймагын бийлеп, кыргыз, казакты катуу эзип турган Алооке кан көчө келген Манастан чочулап, эсепсиз кол курап алып, Тизелик аттуу баатырын Манаска жиберип, мага алышып алы келбейт, жөн багынсын, Манастын өзүн ак үйлүүгө алам, же жеримди булгабай кетсин деп айттырды. Тизелик Жакыптын айылына келип кандын талабын билдирди. Айылга душман келди деп, Жакып ууда жүргөн Манаска кабарга алты киши чаптырып, келгендерди коноктоп калат. Чабармандардын айтканына көңүл бурбай уунун кызыгына баткан баатыр качкан бугуну кубалап кетип калат. Манасты үч күн күтүп калган Тизелик кыйратып чаап алам деп Жакыпты опузалап аттанып кетет. Жакып өзү барып, уулун издеп таап Алоокенин айткандарын угузат. Манас жолдошторун кол жыйнап келгенге таратып, өзү атасын ээрчитип үйүнө барат.

Үч күндө төрт жүз миң аскер курап, төрткө бөлүп, жоо жарагын шайланып, Алоокеге карата аттанып чыгышты. Алооке даярдаган көп кошунга Улуу-Суунун боюнда кез келишти. Эч кимисине катылбай, алардын сүрүн көрүп жарыла берип жол ачкан душмандын колун аралап өтүп, Алоокенин сарайына барышты. Ээрчиткен колун кандын жер-жемиши жайнаган бакчасына калтырып, Манас кырк чоросу менен сексен төрт киши болуп Алоокенин ордосуна кирди. Алооке аяр адам экен Манасты алыстан көргөндө эле алы жетпесин билет. Айла болор бекен деп ажайыпканасында бактырган ажыдаар, жолборс, тайбас сыяктуу азуулуу жырткычтарына киргизсе алардын бири да Манаска каршылык көрсөтпөдү. Муну көргөн Алооке кутулуунун аргасын кылып Манастан тынччылык сурады. Манас Алоокенин өтүнүчүн кабыл алып, улуу баласы Боокени, агасынын уулу Кошабышты ак үйлүүгө беришин талап кылды. Алооке сураган экөөнү баатырга кошуп берди. Манас Алоокени согушсуз багынтып, кайра тартты.

Радлов жазып алган вариантта бул окуя тууралуу атайын эпизод жок. «Бокмурун» деген тема менен берилген Көкөтөйдүн ашында Манастын эскерүүсү катары гана айтылат. Алоокенин багынып алык-салык төлөсүн, Манасты ак үйлүүгө алам, же жеримди боктобой көчүп кетсин деп элчиси келгенде корккон Жакып Ит-Ичпестин Ала-Көлдө ууда жүргөн Манаска кабар берет. Ачуусу келген баатыр Алоокени чаап алат.



Айрым деталдарынын Радлов жазып алган вариант менен Сагымбай Орозбаковдун вариантында туура келгенине караганда бул — эпостогу илгертеден иштелип чыккан, калыптанган окуялардын бири.

www.bizdin.kg
Саякбай Каралаевдин вариантында атайын чоң окуя катары айтылат да, бир канча майда окуяларды камтыйт. Алтайдан көчкөн кырк үйлүү кыргыз көп азаптардан кийин Ала-Тоого жетип, Кошойдун кеңеши боюнча Таласты жердеп калат. Манас баатырдын атагы артып, айланасына эл топтоло баштайт. Манастын конок күтүп, бирөөнүн мүдөөсүн угуп, бирөөгө жардамын тийгизип жатканы башынан сараң Жакыпка жакпай, малымды түгөтмөк болдуң деп ачууланат. Атасына тарынган Манас өзүнө тең жолдош издемек болуп түн катып аттанып кетет. Анжыяндын Боз-Талаасына барганда ак сакалчан думана жолугуп, Манасты күтүп жүргөнүн айтып, ушул жерге экөөбүз орток болуп эгин айдайлы дейт. Манас макул болот. Касиеттүү думана Манаска экөө айдаган эгинге жоого минер ат сатып алгын деп кеңеш берет. Уктап калган Манас ойгонгончо эгин бышып, орулуп, басылып, кызылы жыйылып калыптыр. Манас менен орток эгин айдаган адам Баба-Дыйкандын өзү экен. Кургакчылыкта эгини күйүп кетип эли ачка калган нойгуттун каны Карача буудай издеп, жер кыдырып келе жатып Манаска туш келет, Манас Баба-Дыйкандын кеңеши боюнча эгинин бүт Карачага берип, Аккуланы алат. Аккуланы минип аттанып чыккан Манаска касиеттүү думана — Кызыр жолугуп атайын сага арналып асмандан түштү эле деп алты курч кылыч берет. Кылычтарды алып Манас үйүнө келет.

Бул окуяда дүйнөлүк фольклордо кеңири белгилүү бир нече сюжет бириктирилип берилген: баатырдын өзүнө тете, ылайыктуу жолдош издеши, кереметтүү күчтүн жардамы менен өзүнө ылайык тулпар табышы.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта, Сагымбай Орозбаковдун вариантында да жок. Сырдуу, касиеттүү күчтүн жардамы менен куралга ээ болушунун өзүнчө дагы бир вариациясы Сагымбай Орозбаковдун вариантында бар (Аккелте менен Ачалбарсты Манаска Абунасирдин (Айкожо алып келип бериши).

Манас эми эл менен коштошуп, туугандарын издеп чыгат (тууган издөө да жолдош издөө темасынын бир көрүнүшү). Олуя-Атага келгенде бир адамга жолугат. Ал адамдын сыпатына көзү тоюп, ыраазы болгон Манас ушул азамат жолдошум болсо деп ойлоп, жөн сурашса Байдын уулу Бакай экен. Жетим калган Бакайды Олуя чал жердин түбү Желпинишке алып кетип багып чоңойтот. Бакай он жети жашка келгенде касиеттүү думана жолугуп Манасты таап алууга кеңеш берет. Анын сөзү менен Бакай Желпиништи жети жылы, Мединаны алты жылы кыдырып, Бээжинге үч жолу барып, Манасты издейт. Азыр да жер кезип, Манасты издеп жүргөн болот. Экөө достошуп, дайым бирге болууга антташат. Бакай Манаска берүү үчүн жандуу мылтык Аккелтени катып жүргөн экен, каткан жеринен жер ченчи орус төрөлөрү таап алып кетишиптир, алардан Аккелтени кайра тартып алып. талаадан жолугушкан Ажыбай, Шууту, Ырчы уулду жолдош кылып кошуп алып, бешөө элге кайтышат. Ал жерден келип Манастын кырк чоросу куралат.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта, Сагымбай Орозбаковдун вариантында да жок. Бирок, баатырдын кырк чоросу кырк жерден келген, түрдүү элдердин, уруулардын өкүлү деп баяндалуу эпостун бардык варианттары үчүн мүнөздүү белги (к. *Кырк чоро).* Башка манасчылардан Багыш Сазановдун вариантында Манас Аккелтени Алайдын Сары-Талаасында алтымыш төрө жер ченчиден тартып алганы айтылат. Буга караганда жандуу мылтык Аккелтенин тарыхы жер ченчи төрөлөр менен байланыштырылышы эпостогу белгилүү сюжеттердин биринен (к. *Аккелте).*

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча ушул эпизод менен баатырдын жолдош, тууган издеши, тулпарга, курал-жаракка ээ болушу жыйынтыкталып, Алооке менен кармашуу окуясы башталат. Бул окуя Саякбай Каралаевдин вариантында, башка манасчыларда да Алтайдагы кыргыздар Ала-Тоого көчүп келгенден кийин, Шооруктун окуясынан мурда айтылат.

www.bizdin.kg
Анжыяндык Айкожо Манаска келип, Алооке элге кордук көргөзүп жатканын айтып, куткарып алышын суранат. Манас кырк жигити менен Алоокеге каршы аттанат. Аярларынан Манастын келе жатканын укkан Алооке акылчыларынын кеңеши боюнча кытайга качат. Артынан кууй барган Манас Аксынын жанындагы Кум-Арык дарыясынын боюнда Алоокеге жетип, кыргынга учуратат. Аскерин таштай качкан Алоокени кууп жетип колго түшүрөт. Мени өлтүрбө, Коңурбайды жолдош кылып берейин, өзүм мусулман болоюн деген Алоокенин сөзүн алдоо деп эсептеп, кыргыздардын чачылышына себепкер чоң душман катары Алоокени жайлайт да, ал алып кетип бараткан дүнүйөнү бөлүп алышсын деп элге кабар айттырат. Кошой баш болгон көп эл келип душмандан түшкөн олжону бөлүп алат. Кошойдун сунушу боюнча ал жердеги жыйылган эл Манасты кан көтөрүшөт.

Алооке жөнүндөгү окуя белгилүү манасчылардын дээрлик баарында айтылып, көпчүлүгүндө сюжеттик түзүлүшү жактан Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын.



Манас Шоорук канды жеңип, кызы Акылайды тартууга алганы — эпостогу салттык туруктуу окуялардын бири, белгилүү варианттардын басымдуу көпчүлүгүндө өзүнчө эпизод катары баяндалат.

Алайдын түштүк жагындагы Кундуз; Талкан, Кара-Тегинди жердеген теги маймундардан чыккан калча деген элдин улугу Кезектин уулу Шоорук кан Манастын көчүп келген кабарын угуп жеримди тарытып жибермек болушту, Алтайдан качып келген кыргыздарды чаап алып, чегимен алыс кубалап жиберейин деп оолугуп кол жыят. Кызы Акылайдын жаман түш көрдүм, барба дегенине болбой аттанып, Алайга ашып түшүп, ал өрөөндөгү нойгут, окчу урууларына кол салып, айылдарын талап кирет. Жоо басып калган айылдардагы эр азаматтардын көбү кыргын таап, катын-бала, кыз-кыркын тоо-ташка качат, эл үркөт. Күлүшаа тоосунда аң уулап жүргөн Манаска Акбалта өзү барып кабар айтат. Кол келсин деп элге киши чаптырып, өзү адамдары менен шашылыш аттанган Манас калчалар Алайдагы элди талап чаап, жайыттагы малын айдап кайра тарткан кезинде жетип, куугунчу келсе токтоткула деп тосотко жиберген адамдарын кыйратып өтүп, Шооруктун өзү баштаган негизги күчүнө жетип кол салганда арттан кыргыздын кошуну келип урушка аралашат. Катуу согуш болуп, Шооруктун үч жүз миңдей колунун көбү кырылып, өзү түн ката качып жөнөйт. Манаска алы жетпесине көзү жеткен Шоорук кууй барган Манаска арачы салып, кечирим сурап, кызы Акылайды баш кылып отуз бир кыз тартуу тартат. Эки эл жарашып, өз каалоосу менен Акылай Манаска тиет. Кырк күн той берилип, эл тарап, Манас Акылайды алып Анжыянга кайтат.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта жок, бирок Манас Каныкейге үйлөнөрдөгү атасына айткан сөзүндө талаадан кармалган Кайып кан кызы Карабөрк менен катар коргондон олжолоп алынган Шооруктун кызы Акылай да эскерилет. Саякбай Каралаевдин вариантында: Бакайдын кеңеши боюнча мурда нойгуттарды көп жолу чаап алып кордук көргөзгөн жети талаа Жаркенди жердеген калчанын каны Шоорукка каршы Манас кырк жигити менен аттанып, анын төө минген аскерлерин талкалайт. Шоорук коркуп, кызы Акылайды баш

www.bizdin.kg
кылып сексен кыз тартуу тартат. Шооруктан кайра келе жатканда Жанаалы, Карач менен кызы Көрпаянды Бакайга мурда бербей койгондугу үчүн урушмак болушат. Бирок, Манастарга кезигип калган Жанаалы элдешүүнү өтүнүп, Көрпаянды Бакайга бермек болот. Манас Таласка кайтат (Бакайдын Көрпаянга үйлөнүшү жөнүндөгү окуя Радлов жазып алган вариантта, ошондой эле Сагымбай Орозбаковдун вариантында да жок. Башка манасчылардын варианттарында да эскерилбейт).

Шооруктун окуясы Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын мүнөздө Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында жана башка манасчыларда бар.

Алоокенин Анжыяндан качканы Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Алооке жөнүндөгү окуянын корутунду бөлүмү, эпостогу белгилүү сюжеттердин бири.

Манас баштаган эр бүлө Шорукка каршы казатка кеткенде Алооке өзүнө таандык кытайкалмактан неме калтырбай түп көтөрө ээрчитип, кытайга карай качып жөнөйт. Алтымыш уулунун кенжеси Бээжинде окуп жаткан Коңурбай алдынан чыгып, кыргыздан да качып болобу, мен Манас менен өлбөгөн жерде калышам десе, кексе Алооке демиңди баса тур, акыры Манас Бээжиниңе да келет, күчүңдү ошондо көрөбүз деп уулун тыйып коёт. Манас Шоорукту жеңип келгенде Анжыяндагы Алооке баш болгон кытай-калмактан эч ким калбай качып кеткен болот. Баатыр качса барсын деп кенебей артынан куугун салбай жатып калат.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта жок, бирок Көкөтөйдүн ашында Коңурбай менен сайышка чыгардагы сөзүндө Манас Алоокеге каршы барганын, ошондо Сары өзөн Чүйдүн башында Коңурбай менен беттешкенин айтып, анда алы жетпеген, эми алы жетмек беле дейт. Буга караганда качып бара жаткан атасына жолугуп, Манас менен кармашам деген Коңурбайдын сөздөрү балким мурда, эпосто айтылган эки чоң баатырдын беттешүүсү менен байланыштуу окуя болушу да мүмкүн.

Саякбай Каралаевдин вариантында Алоокенин Анжыяндан качуусу Сагымбай Орозбаковдун вариантында башкача планда айтылып, окуя кытайлык кандын өлүмү менен аяктайт. Коңурбай атасы Алоокени Манас өлтүргөнүн угуп, Карыкандан атамдын өчүн алам деп кол сураганы, Карыкан азыр алың жетпейт, алты жылда Манас өзү мында келет, эрдигиңди ошондо көрөбүз деп тыйып койгону окуянын андан наркы уландысы.

Башка манасчылардан Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында окуя Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын планда айтылат.

АЛМАМБЕТТИН БАЯНЫ — эпостогу салттык туруктуу чоң окуялардын бири. Алмамбет эпосто Манаска тете деңгээлде коюлуп сыпатталган каарман жана ага байланыштуу окуялар да баатырдын өмүр жолун кууп, кеңири планда баяндалат.

Алмамбеттин туулушу жана балалык чагы — чыгарманын башкы каармана мүнөздүү ыктар менен иштелип чыккан маанилүү бөлүм. Окуяда баатырдын өзгөчө төрөлүшүнө, бала чагына, эрдиктерине тиешелүү эпикалык салттык мотивдердин дээрлик бардык белгилери топтолгон: баатырдын теги, ата-энесинин узак баласыз жүрүшү, туяксыз атанын зары, тилеги, баланын укмуштуу төрөлүшү, өзгөчө белгилери, жашынан эле башкалардан айырмалануу, өзгөчөлөнүп турушу жана башкалар.

Туңша журтун бийлеген Чылаба деген кан болуп, Чылабадан Солобо, Солободон Соорондүк. Ал элүү төрт жашка чыкканча эркек бала көрбөй, арман кылып, баласыздыгына кайгырып жүрдү. Соорондүк элүү бешке караганда аялынын боюна бүтөт. Бала төрөлгөн жайдын күнү бир ай бою кар жаап, күн ачылбай жаткан. Бала жерге түшкөндө улуу шамал жүрүп, жер силкинип, бир күн, бир түн

www.bizdin.kg
алаамат болуп, мал чуулап, ит үрүп, тоок чакырып, журтка доорук түшөт. Катуу толгоо көпкө созулуп, бала төрөлгөндө энесинин эси ооп, ошол бойдон ооруп калып, эмчеги байып кетип, баласын эмизбей калат. Бала Салор аттуу дуңгандын аялы Изаттын эмчегин ээмп чоңоёт. Соорондүк эң көп эл чогултуп, балалуу болгонуна чоң той берет. Баласына ат коюп беришин сурап чогулган элге кайрылса, ат коёр адам табылбай аш бышымга токтолуп калышат. Ушунча көп журттун оозуна бир ат келбейби деп Соорондүк ачууланып турганда кайдандыр пайда болгон кытай думана баланын атын «Алмамбет» коёт. Соорондүк ичинде баламдын аты башкача болуп калды деп ойлонот. Жолдугун деп берген алты дилде, он күмүштү албай, көздөн кайым болгон думана Кызыр экен. Алмамбет алты жашка чыкканда эле өзгөчө зээндүүлүгү билинип, кашына көп балдарды жыйып ойноп, окуткан таалимчилерине алардын акыл-билими жетпеген суроолор берип, акылы менен көргөндөрдү таң калтырат. Уулу он төрт жашка чыкканда Соорондүк анын акылынын жетиктигине көзү жетип, өз ордун — тагы менен кызматын баласына өткөрүп берет. Алмамбет кара кылды как жарган калыс башкаруучу болгондуктан жеке эле өз эли эмес, башка кандардын эли да арыз-муңун айтып ага келгендиктен кытайдын башка кандары, билермандары нааразы боло башташат. Атасынын ордуна аскер башы катары ал эл кыдырып жүрүп кытайлардын улуктун урматына адамды курмандык чалуу салтын көрүп, ага нааразы болуп, токтотууга өкүм кылат. Жаш бала менен кыздын боорунан жашартуучу дары жасоо адатына да тыюу салат. Анын мындай иштерине кытай кандары таң калып, күңкү сөз чыгарышат. Аскерлердин абалын текшерип жүргөн Алмамбет Эсенкан турган шаарга келгенде анын аярлары бул бала түбү бизге эл болбойт, заар берип, көзүн тазалоо оң деп кеңеш айтышат. Жөндөн жөн эле баласын өлтүрүп койсок соо калышабы деп Соорондүктөн чочулаган Эсенкан акылчыларынын айтканына көнбөйт.

Радлов жазып алган вариантта Алмамбеттин окуясы «Алмамбет мусулман болуп, Көкчөдөн чыгып, Манаска кирет» деген тема менен «Манастын Туулганы» аттуу биринчи темадан кийин берилген. Бул вариантта сюжеттик өнүгүүдөгү окуянын так орду белгисиз. Анткени, бир нече айтуучудан жазылып алынган материалдарды жарыялаганда окумуштуу эпизоддорду ошол жазылып алынган тартипте эмес, окуялардын ордун өзүнүн белгилөөсү боюнча берген. Жер жер болгондо, суу суу болгондо Алты атанын уулу капыр бар экен, Үч атанын уулу мусулман бар экен (Радлов жазып алган вариант) деп башталган бөлүмдө төрт арыштуу ойроттон алтын айдар, чок белбоо Каракандын, оп олуянын тобосунан, бар олуянын батасынан бүткөн Алмамбет аттуу бала туулганы баяндалат. Алмамбет туулганда Ала-Тоо коркконунан бас болот, агын суу коркконунан сай болот, үч ата уулу мусулман суунун башын көздөй качат.

Демек, Манас сыяктуу эле Алмамбетке да эпосто мурдатадан эле орчундуу орун берилип, ага тиешелүү окуялар эпикалык салттык мотивдердин талабына ылайык баяндалып келген.

Саякбай Каралаевдин вариантында Алмамбеттин окуясы, Чоң казат учурунда өз сөзү аркылуу баяндалат. Атасы Азизкан. Азизкан, Карыкан, Эсенкан, Алооке төртөө бир тууган. Азизкан жетимишке чыкканча бала көрбөй, алтымыш аял алат. Алоокенин Коңурбайы тың чыгып, Азизкандын Кан-Жайлак аттуу жайлоосун тартып алат. Ыза болгон Азизкан Карыканга арызданып, Коңурбайдан да баатыр бала туып берүүчү аял алып беришин талап кылат. Кытайдын кыздарын бүт сынчыларына сынатып Соорондүктүн кызы Алтынайды Азизканга алып беришет. Алмамбет нурдан бүткөн бала, энеси Соорондүккө келгенде анын үч айлык боюнда болот. Бала жышааналуу — сүннөткө отургузулуп төрөлүп, бала жерге түшкөндө күн күркүрөп, жер титиреп кетет. Кытайлар душман болчу бала тууларын билип, андай баланы издеп жүрүшүптүр. Ар бир төрөлгөн баланы

www.bizdin.kg
касиеттүү кудукка салып сынап, эгер бала душман болсо күйүп өлүп, өз болсо аман калуучу экен. Алмамбетти кудукка салганда периште тосуп баланы сууга жеткирбей кармап калат. Аман калган баланы кытайлар биздин өз адамыбыз экен деп түшүнүшөт. Балага атты Алмамбет деп думана коёт. Алмамбет өзгөчө зээндүү бала болуп, ал алты жашка келгенде атасы ажыдаардын окуусуна жиберет. Ажыдаардан үч жыл Кожожаш менен бирге окуйт. Он экисинде Коңурбайдан атасынын жерин доолап барып беттешип, аны ыргыта саят. Коңурбай качып Эсенканга барып даттанат. Артынан кубалай барган Алмамбет Эсенкандан кырк кан кытайдын бир кандыгын сураса жашсың деп шылтоолоп бербей коёт. Тарынган Алмамбет Эсенканды өлтүрмөк болуп аңдып жүрүп, анын кызы Бурулчаны көрүп, экөө бирин бири жактырып калат. Бурулча өзү мусулман экен, Алмамбетти мусулман бол дейт. Ачууланган Алмамбет аны кубалап, кыз кире качкан Эсенкандын ордосунун дарбазасын талкалайт. Өз жанынан чочулап Эсенкан Карыканга качып барып, ага Алмамбетти жамандайт. Карыкан буйрук менен Алмамбетти айдатып барып, сага кандык эле керек болсо менин ордума олтур деп амал менен өз кандыгын берет.

Алмамбеттин балалык чагы белгилүү манасчыларга таандык варианттардан Шапак Рысмендеевдин вариантында, Багыш Сазановдун вариантында жок, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында өзүнчө өзгөчөлүктөрү менен башкача айтылат. Алмамбеттин насили кытай, түп атасы Айтууган, андан Күнтууган, анын баласы Айдаркан, Айдаркандан Соорондүк, Соорондүктүн уулу —Асылкан. Асылкан эр ортонуна барганча баласыз жүрүп, түш көрөт. Түшүн курачылар эркек балалуу болот экенсиң, балаң Бээжинге чуу салат деп жорушат. Курачылардын айтканын угуп, алардын кеңеши боюнча Эсенкан Асылкан балалуу болсо өлтүргүлө деп буйрук берет. Асылкандын аялынын боюна бүтүп, ал төрөрдө Эсенкан баланы өлтүрткөнү эки балбан жөнөтөт. Аны билип калган Асылкан баласын өлтүртпөй сактап калат да, дайыма сакчыларга кайтартып өстүрөт. Алмамбет сегиз жашка чыкканда окууга берилип, Кожожаш экөө бир окуйт. Асылкан баласын үйлөнтмөк болуп, дуу-дунун кызы Турнага куда түшөт. Күйөөлөп барган Алмамбеттин түшүнө Азиретаалынын балдары Асан, Үсөн кирип, сага бизди пайгамбар бабабыз жиберди, мусулман болуп келмеге тилиңди келтир дешет. Алмамбет дароо үйүнө кайтып, токтоно албай кырк жолдошу менен ууга аттанат.

Алмамбет Көкчөгө жолугуп, экөө достошкону — Алмамбеттин тагдырындагы бурулуш учур, сюжеттик өнүгүүдөгү бөлүмдүн окуяларынын бутактанып татаалданышы.

Алмамбет он алты жаш курагында элүү бала кошчу алып аң уулап сейилге чыгат. Камыш аралап бараткан Алмамбеттин алдынан кыл кыйма кара каман чыгып аны качырганда куралына кам урбай, жакын кирип келген каманды колундагы камыш таяк — саңга менен жыга чаап салат. Токойдон чыгып кол салган жолборстун дөбөтүн да ошол таягы менен уруп өлтүрүп, элик көрүп, аны тирүү кармап алууну ойлоп кубалаган Алмамбет токой арасынан атчан жоон топ адамга кезигет. Алиги качкан элик тигил адамдарга жетип, бир силкинип адам болуп тура келет. Таң калган Алмамбет адамдарга барып собол сураса атчандар кудайдын буйругу менен сага ак бирдигин айтканы келдик дешет да өзүлөрү көгүчкөнгө айланып учуп кетишет. Көбүрөк сүйлөшүп кебине канбай же бирөөн кармап калбай деп өкүнгөн Алмамбет жолдоштору эсине түшүп жонго чыгып туш тарапка дүрбү салса алыстагы көрүнгөн тоонун учунан көп адамдын караанын көрөт. Ал ууда жүргөн Көкчө болот. Алардын жөнүн билмекке барып, токой четинде жалгыз турган түрү башкача атчан адамды көрүп, жашын сыйлап «коома» деп учурашса тигил атчан үндөбөйт. Биздин тилди билбеген адамго, түрүнө караганда чантуу өңдөнөт деп ойлоп салам айтса Көкчө өзүң капыр туруп салам айтасың деп уруша

www.bizdin.kg
кетет. Алмамбет капырың эмнең, мусулманың ким деп жөнүн сурайт. Көкчө Алмамбетке мусулманчылыктын жөнүн түшүндүрүп, анын айтканы көңүлүнө ынаган Алмамбет мусулман динин кабыл алат да экөө достошот. Ата-энеме, элиме барып, тил алса аларды да мусулман кылып, болбосо милдетимден кутулуп кайра келем деп Алмамбет Көкчө менен коштошуп элине кетет. Көкчө ошол жерде Алмамбетти күтүп калат.

Радлов жазып алган вариантта айрым деталдык айырмачылыктар болбосо (Алмамбет менен Көкчөнүн кезигишкен жери Ысык-Көлдүн жээги делет жана башкалар) Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын планда берилген.

Саякбай Каралаевдин вариантында Алмамбеттин мусулман болушу башкача айтылат: кытайлар сени соо кылбайт, тез кел деген энесинин катын алып, Алмамбет өзү отурган тактынын алдына казылган терең орду көрүп, качып чыгып үйүнө келет да, энесинин айтуусу боюнча мусулман динине кирет.

Шапак Рысмендеевдин варианты, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында айрым вариациялары менен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Алмамбеттин Бээжинден качып чыгышы — эпостогу кеңири белгилүү сюжеттердин бири, варианттардын көбүндө негизинен бирдей айтылат.

Шаша үйүнө келген Алмамбет энеси Экзерге мусулман болууну сунуш кылса, жанына жуутпай коёт. Атасы да мусулманчылыктан баш тартат.



Соорондүктүн буйругу боюнча кармамакчы болуп өзүнө жабылгандардан кутулуп чыгып, даяр турган атына минип Алмамбет качып чыгат. Артынан кууган куугунга, жолдон тоскон тоскоолдорго бой бербей калың аскер менен жалгыз кармашып, сепилден аман чыгып, болжогон күнү өзүн күтүп жаткан Көкчөгө келип көрүшөт.

Радлов жазып алган вариантта Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын берилген.

Саякбай Каралаевдин вариантында мусулманчылыкты кабыл албай койгондугу үчүн атасын өлтүрүп, Алмамбет энеси, Мажик, кырк жигити болуп качып чыгат. Кытайдын Алмамбетти кармамак болгон Коңурбай баштаган калың аскери менен согушта энеси, кырк жигити өлүп, Алмамбет Мажик экөө качып кутулат. Шапак Рысмендеевдин варианты, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын, Багыш Сазановдун вариантында Алмамбет Саякбай Каралаевдин вариантындай атасын өлтүрүп качат.

www.bizdin.kg


Алмамбеттин Көкчөгө келгени, казак билермандарынын кастыгы бардык варианттарда негизинен бир планда айтылуучу кеңири белгилүү сюжеттердин бири. Алмамбет менен кубанып көрүшкөн Көкчө аны ээрчитип элине кайтат. Көкчөнүн эстүү аялы Акеркеч Алмамбеттин көңүлүн көтөрүү үчүн ага өзгөчө урмат көрсөтүп тосуп алат. Көкчө мен турсам Алмамбеттин атын алат, чыныны ага биринчи сунат деп күнүлөп ичи тарыйт. Алмамбет элге бат алынып, өзүнүн калыстыгы, адилдиги менен атагы чыгып, кадыр-баркы көтөрүлөт. Арыз-муңу барлар бүт ага кайрылышат. Муну көрө алышпаган казак билермандары Акеркеч менен Алмамбеттин көңүлү жакын деп ушак таратышат, атайылап мас кылып, ала көөдөн Көкчөнү көкүтүп, ага Алмамбетти жамандашат. Мастык менен Көкчө Алмамбетти кеткин деп катуу сөз айтып, көңүлүн калтырат. Ыза болгон Алмамбет элсиздигине, жалгыздыгына арман кылып, аттанып чыгып, бет алган жагына жол тартат.

Радлов жазып алган вариантта көптөгөн майда деталдарына чейин Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча турарына жай, тутунарга баркын билер өзү теңдүү эр издеп, жер кезип жүргөн Алмамбет Көкчөгө учурап, аны менен достошуп, алты жыл кызматын кылат. Ушакка ишенген Көкчөдөн көңүлү калган Алмамбет аттанып кетет.

Манастын тушу — окуянын маанилүү бутактарынын бири, сюжеттин эпикалык салттарга ылайык татаалданышынын мүнөздүү көрүнүшү.

Азиреттин тоосунда турган маалда Манас ырың жетилген жаз күнүндө үйүндө уктап жатып түш көрөт: уйдай ташты боордой кескен курч кылыч таап алат, кылычы жолборско айланып, дөбөдө туруп күркүрөп айбат көрсөтсө төрт аяктуунун баары кашына келип баш ийишет. Жолборсу карчыга болуп асманга талпынып үн салса канаттуудан калбай Манаска таазим кылат. Карчыга кушту оң колуна кондуруп турган Манас ойгонуп кетип, бул тегин түш эмес экенин түшүнүп, кыргыз, казак, кыпчакты бүт чакырып той өткөрөт.



Тойдун салтанаты бүтүп, эл тарайт, баатыр өз элиндеги калк бийлеген мыктыларды, билерман карыларды, кырк чорону бүт Карабөрктүн ордосуна киргизип, колуна жалаң кылыч алып, босогого жөлөнүп жүйүртө басып олтуруп, түшүн айтып, жоруп беришин өтүнөт. Жакып уулунун түшүн балалуу болот экенсиң деп жорумак болуп Кайып кан кызы Карабөрк эркек уул... деп келатканда

www.bizdin.kg
Манас каарына келип атасын жаман көзү менен карап жүзүнөн заары чыгат. Баласынын жактырбаган түрүн көрүп корккон Жакып оозунан сөзү түшүп, олтуруп калат. Муну баамдаган Ажыбай Манастын каалаганы эмнеде экенин дароо түшүнүп, какандан чыккан эпсиз баатыр Алмамбет келип өзүңө жолдош болот экен деп жоруйт. Ажыбайга ыраазы болгон Манас улуктуктун белгиси болгон кымбат баа чапан жаап урмат көрсөтөт.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта көп деталдарына чейин Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын баяндалат.

Саякбай Каралаевдин вариантында жок. Шапак Рысмендеевдин вариантында, Багыш Сазановдун вариантында жана башка манасчыларда да Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Манасууда жүрүп, Алмамбетке жолукканы — Алмамбетке байланыштуу окуялардын чечүүчү мааниге ээ бөлүмү.

Манас түшүн жоруткандан кийин бир нече ай убакыт өтүп, күзгө таяганда баатыр кырк чоросун ээрчитип кийик уулап Таластагы Бото-Мойнокко чейин келет. Эртең кетебиз деген күнү Манас атчан белге чыгып, туш тарапка дүрбү салып Чүй өрөөнү тараптагы койдой жайнаган жейрендерди көрүп, таң калып карап калат.

Көкчөнүн масы тараганда артымдан киши жиберер деп Алмамбет узап кетпей адырдан ышкын, балтыркан терип жеп үч күн күттү. Үч күн өткөн соң Көкчөдөн үмүтүн үзүп, кайда барарын билбей туш келди кете берди.

Бото-Мойноктун белинде көп жейренге таң калып турган Манас Ак-Эрмендин боюнда өзү тарапка келе жаткан ат-тону бөлөк, алп мүчөлүү, сүрдүү, жөн адамга окшобогон жолоочуну көрүп, Алмамбет го деп болжоп, шаша келип кырк чорого кабарлап, дүрбөп камданып калышат. Сынамакка тосуп чыгып капыстан кол салып көргүлө деп Ажыбайды баш кылып беш чорону жөнөтөт. Алмамбет жолдон тоскон беш баатырды карап да койбой Манастын үстүнө келип түшөт. Манас аты Аккуланы баш кылып бир нече тулпарды, өзүнүн жоо кийимдерин, куралына чейин тартууга берип, кан тартуусун кылып, ат чаап, байгесине кырк чоронун жаштарын сайып, Алмамбетти зор урмат менен тосот. Элге сүйүнчүлөп кабарчы жиберишет. Тосо келген Жакып, Чыйырды Алмамбет менен учурашып, Манас менен Алмамбет Чыйырдынын эмчегин ээмп эмчектеш тууган болушат.

Радлов жазып алган вариантта Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын берилген. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Көкчөгө тарынып аттанган Алмамбет Манаска бар деген Акеркечтин кеңешине карабай Мекеге кетип калат. Анда барганда жолго калтырып кеткен аты Сарала түшүнө кирип, кайра келет. Бактырып койгон думанадан атын алып Букарга кирет. Ошол кезде Букарда жүргөн Бакай Алмамбетке кезигип Каныкейдин сарайына алып барат. Каныкей Алмамбетти урматтап тосуп, сиңдиси Агынай кызы Аруукени алып берет. Алмамбеттин Кытайдан кетиш себептерин угуп, Каныкей аларды Манаска айтпагын деп андан ант алат.

Башка белгилүү манасчылардын көбүнүн варианттарында негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Манас Алмамбеттин келгенине той бергени — Алмамбетке арналган бөлүмдүн жыйынтык окуясы.

Алмамбеттин келгенине арнап баш куттуктаганым деп Манас сегиз уруу эл чакырып чоң той берет. Тойдо түркүн таң-тамашасы болуп, ат чабышта Көкөтөйдүн Мааникери чыгып келет. Акыл-эстүү кыз болсо Алмамбетке алып берсем деп ойлогон Манас алыстан келип конуп калган элди кыдырып, Алмамбетке ылайыктуу кыз сураштырып кеткенде, аны издеп Жакыптыкына эки барып, Алмамбет Манасты таппайт. Карабөрктүн ордосуна барып баатырды сураса Карабөрк кайда жүрмөк эле, канышынын үйүндө жаткандыр дейт. Анын какшыгын түшүнбөй калган Алмамбет канышы ким? — деп кайра сураса,

www.bizdin.kg
Карабөрк аны шылдыңдап Акылай деген жеңеңди биле элек белең, ошонун үйүнөн кара дейт. Анын орой, адепсиздигине иренжип нааразы болгон Алмамбет Акылайдыкына келип Манасты сураса ал баатырың байбичесинен чыга албай жаткандыр дейт. Манастын аялдарынын жоругун көргөн Алмамбет Манас баатыр азырынча бойдок экен го — деп, бушайман болот. Алмамбет Жакыптыкына барганда Манас да келип, кайда жүргөнүн сураган атасына Алмамбетке ылайыктуу кыз сураштырып жүргөнүн айтат. Аны укkан Алмамбет жылмая күлүп Баатыр ойлоп иш кыл, эки катыным бар дегениң менен өзүң да бойдок экенсиң дейт. Алмамбеттин бул сөзү ырас — деп Манас тетири бастырып кетти.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта жок, бирок Алмамбет келгенде Жакыпка кабар берилип, ал тойго камынганы эскерилет. Буга караганда Алмамбеттин келгенине арнап той берүү эпостогу мурдатадан белгилүү окуялардын бири.

Саякбай Каралаевдин вариантында той эскерилбейт. Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында, Багыш Сазановдун вариантында жана башка манасчылардын варианттарында бул эпизод негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

МАНАСТЫН КАНЫКЕЙДИ АЛГАНЫ — эпостун варианттарынын дээрлик бардыгында бар туруктуу салттык чоң эпизод. Баатырдын салтка ылайык үйлөнүүсү, айрыкча баатырдык үйлөнүү эпостордогу кеңири белгилүү, терең иштелип чыккан салттык сюжеттерден. Эпосто Канykей Манастын өзүнөн кем эмес, айрым учурда жогору бааланган образдардын бири болгондуктан чыгарманын идеялык мазмунунун ачылышында, окуялардын өнүгүшүндө бул эпизоддун маанiси зор.

Жакыптын кыз издеши — чоң эпизоддун кириш бөлүмү, эпикалык кеңири белгилүү сюжет, баатырдык үйлөнүү темасынын маанилүү деталдык белгилеринин бири.

Малыңды аяп жүрүп кайындап катын алып бербедиң, Кайыпдаңдын кызы Карабөрктү согушта колго түшүрүп алдым. Шооруктун кызы Акылайды атасынын айыбы үчүн тартууга алдым, жашым отузга жетти — катын алып берип аталык милдетиңден кутулгун — деп Манас атасы Жакыпка таарыныч айтат. Баласынын жөндүү сөзүн эп көргөн Жакып жанына жолдош алып, уулуна ылайыктуу кыз издеп, көп эл-жер кыдырып, акыры Кейип шаарына барып Кыйбанын каны Атемирдин кызы Санирабиганы жактырат. Кыздын атасына кайрылып, уулума кызыңы бер дейт. Атемир (Каракан) кызын бергиси келбейт, бирок Манастан чочулап Жакыпты качырыш үчүн атайылап оор салык — калың сурайт. Куда түшүп, ырымын кылып, кудасы берген кийитин алып Жакып элине кайтат. Ууда жүргөн Манас түш көрөт: чекеси кетик толгон ай койнунда жатыптыр. Ошондой эле түштү Алмамбет да көрөт. Кырк чоро бүт түшүндө толгон ай койнунда жатканын көрүшүптүр. Түштү Бакай жоруп акылы жетик аял ала турганын айтат. Чети кетик ай менин колумда туруп жетилди дейт Манас. Аны Бакай эркек балалуу болот экенсиң деп жоруйт. Уудан кайткан Манастарды үйүнө чакырып, Жакып кыз таап, кудалашып келгенин айтат. Калың үчүн сураган малы өңдөш айтылгандыктан табуу кыйын го дейт. Манас аял алса мал аямак белек деп эл Атемир талап кылгандай өңдөгү малдарды жыйнап келет. Ушундан тартып аял алганда калыңга жакындары менен туугандары кошумча кошуу адаты калат. Айтылган малдан канча эсе көп мал чогулуп, кызды алып келүүгө камынышат.

Баатырдын өзү, же атасы, кээде досу ага ылайыктуу жар издеп анын кыйынчылык менен табылышы, кызды алуу өтө оор тоскоолдуктарды жеңүү аркылуу ишке ашышы фольклордук чыгармалардагы кеңири белгилүү сюжеттерден. Эпизод Радлов жазып алган вариантта негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын баяндалат.

www.bizdin.kg
Саякбай Каралаевдин вариантында Жакыптын кыз издегени жок. Бирок, Манастын Каныкейди алышы белгилүү окуялардын бири катары айтылат. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Шооруктун окуясына улай келген өзүнчө бөлүм Чубак жөнүндөгү баян. Акбалта баласыз зарлап жүрүп талаадан бала таап алат. Чоң той берип, балага эч ким ылайыктуу ат таба албай турганда Кыдыр Алекисалам баланын атын Чубак деп коёт. Чубак алты жашка чыкканда Мекке, Мединага окууга барып, алты жыл окуйт. Түшүнө Манас кирип, ага жолдош болууну самап, атасына келип, өзү мингидей ылайыктуу ат сурайт. Акбалтанын жылкысынан ага ылайык ат табылбай, Олуя чал Көгала тулпарды берет. Эрдигине чиренген Чубак Анжыян, Кашкарды чаап алып, Букарды камайт. Жекеге чыккан Каныкейге туруштук бере албай качып берет. Ууда жүргөн Манас түш көрүп, анын түшүн Бакай сага Чубак келет, Каныкейди аласың деп жоруйт. Каныкейден качкан Чубак Манастарга кезигет, артынан кууп келе жаткан Каныкей кайра тартат. Манас Кум-Булактын белинен Кумайык таап алат. Аны бага турган ылайыктуу ургаачы жалгыз Каныкей болгондуктан Каныкейге куда түшсүн деп Ажыбайды Жакыпка жиберет. Жакып болбой коюп, Бакай өзү барып кудалашат.

Фольклордук чыгармаларда кеңири жолугуучу эки сюжет — баатырдын өзүнө тете жолдош жана ылайыктуу жар табышы байланыштырылып бир берилген. Окуянын схемасы ушул темадагы сюжеттерге жакын түзүлгөн. Ошондой эле жолдош табарда, аял аларда түш көрүү өңдүү айрым деталдар мында да учурайт. Чубакка тиешелүү окуялар эпикалык оозеки чыгарманын талаптарына ылайык даяр сюжеттик деталдарды кеңири пайдалануу аркылуу ишке ашырылган.

Жакыптын кыз издеши Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында жана башка манасчыларда бар жана негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын берилген.

Манастын күйөөлөп барганы — бөлүмдөгү окуялардын бутактанып андан нары өнүгүш деталы.

Камылгасын алты күндө камдап бүтүп, куда-кудагый жанына көп киши алып, күйөө жолдоштору менен аттанып, Атемир айткан мал-мүлкүн алда канча ашыра алып, Кейип шаарына барып түшүшөт. Элди конокко алып жайгаштырганда дүрбөлөң менен унутулуп кошто калган Манас бир күн өтүп экинчи күнү кечинде Ажыбайды ээрчитип колуктусун көрүү үчүн барат. Түн ортосунда уруксатсыз үстүнө кирген жоругуна нааразы болгон кыз менен күйөөнүн ортосунда чыр чыгып, Манастын билегине канжардын учу тийип, жарадар болот. Унутулуп кошто калып, ала турган колуктусунан кагуу жеп, билегине канжар тийип ызаланган Манастын буйругу менен атка минип, шаарды каптоого бет алган колдун алдынан Бакай, Көкөтай баш болгон карылар чыгып, токтотуп калышат. Атемир конокко албаган күнөөсү үчүн кечирим сурап, кудаларын конокко бөлүп, Манасты кырк чоросу менен ордосуна алып барып, кырк жигитти өзүнчө жайгаштырып, Манасты аземделген атайын үйгө жалгыз киргизишет. Атемир баш болгон эр бүлө кыздын себинин, тойдун камылгасы менен алаксып, кызмат кылган келин-кыздар баатырдын үстүнө даап кире албай эки күн, эки түн тамак ичпей жалгыз олтуруп калган Манас катуу ызаланат. Манастын кандайча конок болуп жатканын көргөнү келген кырк чорого ачууланып, атын алдырып, Атемирдин шаарын чапкыла деп чоролоруна буйрук берет. Бакайдын айтуусу боюнча чоролор калп эле дарбаан салып, сез көргөзүшөт. Күйөөнүн чыр чыгарган себебин билишкен кайындары Манасты кантип токтоторун билбей катуу бушайманда калганда, Санирабига күйөөнүн алдына өзү келип кечирим сурап токтотот. Кырк бир өргөө тигилип, Каныкей баш болуп анын нөкөр кыздарынын ар бири бирден үйгө кирип, Манастын чоролору да бирден кызга үйлөнмөк болот. Ат жарыштырып, көз таңып коюп карматып, жар тандоо расмисин жасап, Манас

www.bizdin.kg
Канықейди, Алмамбет Аруукени алат. Кырк күн той болуп, Шакан байбиче кырк бир келин ээрчитип, кудалар элине кайтышат.

Баатырдын күйөөлөп барышы, колуктусунун, анын атасынын оор тапшырмаларын аткарышы, кыз-күйөөнүн ортосундагы чатак өңдүү көрүнүштөр жөө жомоктук, эпикалык даяр сюжеттерден. Бул сюжеттердин теги баатырдык үйлөнүү темасы менен байланышып, улам кийинки дооорлорго ылайык өзгөрүүгө дуушар болгон. Эпизод Радлов жазып алган вариантта Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын мүнөздө берилген.



Саякбай Каралаевдин вариантында Манас күйөөлөп барып, Кумайыкты Канықейге берип жакшы бак деп тапшырат. Канықей аны көп азап менен багып чоңойтот. Бирок, өзгөчө ойноок чыккан Кумайык алтын каргысын жара тиштеп бошонуп кетип, Канықей кармай калгыча коломтодогу табылгынын чогуна куйругун чаап алат. Колуктусун алып кеткени келген Манас Кумайыктын куйругунун учу эки эли күйүп калганын көрүп Канықейди кабыргасын сындыра тээп, албай кетет. Окуянын аягы «Семетейде» Канықейдин жомогунда берилген. Сюжетте эки ачалык бар. Канықей эскерүү баянында Манас күйөөлөп келгенде керегенин башында турган канжар кынынан суурулуп кетип Манастын билегин чийип өтөт. Муну шылтоо кылган Манас Чубактын өчүн алуу үчүн Букарды алты жолу чаап алып, Канықейди салбар кылып таштап кетет. Канықей артынан көчө барып, Манастын айлын баса конуп, акылы, эптүүлүгү менен алынып, баатырга аял болуп калат.

Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын берилген, бирок Шапак Рысмендеевдин вариантында Манас Сарыбайдын жылкысын тийип келип берип, кайнатасынын батасын алганын баяндаган эпизод да бар.

МАНАСТЫН ТҮНДҮККӨ ЖОРТУУЛУ — эпостун сюжетиндеги киринди окуя, башка варианттарда айтылбайт, эпизодду Сагымбай Орозбак уулу Манастын арбагын жогорулатуу, төрт тарапка чабуул жасап, баарын жеңди деген ойду берүү үчүн атайылап кошкон. Жортуул Алмамбеттин сунушу боюнча башталат. Манаска кез келип согушкан жана жеңилген мифтик-жомоктук, ошондой эле реалдуу жашаган элдердин ичинде орустар да аталат. Бөлүмчөнүн мазмуну чыгарманын негизги темасы, элдик идеясы менен анча коошпойт.

www.bizdin.kg

КӨЗКАМАНДАР ОКУЯСЫ — эпостогу орчундуу өзөк окуялардын бири, туруктуу салттык окуялардын катарына кирген чоң бөлүм. Кыскача мазмуну Көзкамандар окуясына жакын окуя «Мажму ат-таварихте» да бар. Баатырга жакын тууганы, кээде жолдошу, аялы жана башкалар кастык кылып уулантып, андан укмуштуу түрдө аман калуу (кээде өлүп кайра тирилүү) жөө жомоктордо, эпостордо кеңири белгилүү сюжет.

Композициялык бүтүндүккө ээ бөлүм катары айтылуучу көпчүлүк башка туруктуу салттык окуялардан айырмаланып Сагымбай Орозбаковдун вариантында, башка көп манасчыларда да «Көзкамандар окуясы» эпостун туруктуу салттык окуяларына жата турган башка орчундуу окуялар менен аралаш берилген. Сюжетти татаалдаштыруунун мындай ыгы көлөмдүү эпосторго мүнөздүү белгилерден.

Үсөндүн элин издеп чыгышы — «Көзкамандар окуясындагы» киришүүнүн милдетин аткарган бөлүмчө, негизинен Үсөн жөнүндөгү жалпы маалыматтар баяндалат. Кыргыздарды кытайлар басып алып Ногой кандын балдарын туш-тушка бөлгөндө Жууша деген жердеги дөңгө деген элге айдалып барган жыйырма төрт жаштагы Үсөндүн аялы төрөттөн өлүп, ымыркай баласы колунда калат. Ага Көкчөкөз деп ат коюп, койнуна салып көтөрүп, багып чоңойтот. Буудай айдап жан багып жүрөт. Калмактан Субай аттуу аял алып, ал алты' уул төрөйт: Чагалдай, Арбалдай, Дөрбөлдөй, Агалдай, Бегалдай, Тоголдой. Үсөндүн өз аты унутулуп Көзкаман атыгып кетет. Көзкаман жетимиш төрт жашка чыкканда ииниси Жакыптын уулу Манас мыкты чыгып, душмандарын жеңип, ата конушуна көчүп барганын угуп, элине барууну чечет да, балдарын көндүрүп, көчүп чыгат. Алтайды басып өтүп, Илеге түшүп жөө жалаңдап жол жүрүп отурат.

Радлов жазып алган вариантта «Көзкаман» деген атайын тема менен эпостун бешинчи бөлүмү катары берилген. Мында да Көзкамандарга гана тиешелүү окуялар баяндалбастан «Айган окуясы» жана башкалар эпизоддор да кошо баяндалат. Ал түгүл Манас Көзкамандардын көчүнө жолугуусу Айганга бараткан жортуул учурунда болот. Эпизоддун башталышы негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын.

Саякбай Каралаевдин вариантында «Көзкамандар окуясы» «Маната» айтылбайт. Эпостун «Семетей» бөлүмүнүн «Канықейдин жомогунда» берилет. Кытайдын түпкү каны Карыкан айдалып кетип ошол боюнча дили да, дини да калмак болуп калган Манастын туугандары Көзкаман, Көкчөкөздү Манасты өлтүрүп келүүгө жиберет. Окуянын ушул мүнөздө башталышы «Мажму ат-таварихтеги» эпизоддорго жакын. Анда Жолой түпкү аталары Манас менен бир уруулаш тууган болгон Тубайды Манасты өлтүрүп келүүгө жумшайт.

Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Манастын Көкчөгө барганы — эпосто мурдатан бар өзүнчө салттык окуя, Сагымбай Орозбаковдун вариантында өзгөртүлүп, кыскартылган түрдө Көзкамандарга байланыштуу окуялардын арасында баяндалат.

Манас Канықейди алып келгенден кийин калмактар менен казактар жер талашып чыр чыгып, Көкчө жардам сурап Манаска киши жиберет. Манас кол курап камынып жатканда чыр бүтүп, эки эл жарашып калышат. Аны укkан Манас жыйган колун таратып, кырк чоросу менен Көкчөгө аттанат. Анткени Алмамбет кеткени Көкчө экөө көрүшө элек экен. Экөөнү көрүштүрүп, Алмамбеттин көңүлүндөгү мүдөөсүн айттырып, бугун чыгарып келмек болгон Манасты Көкчө кубанып кабыл алып, Алмамбетти көрүп көзүн жаштап өкүнүччүн билдирет.

Радлов жазып алган вариантта бул окуя башка окуялар менен бирге үчүнчү бөлүм. катары «Манас менен Көкчөнүн согушканы. Канықейди алганы, Манас өлгөндөн соң кайра тирилгени” — деген темада берилген. Окуяда Манас Көкчөнү

www.bizdin.kg
чаап алмак болуп жылкысын тийгени, ок тийип жарадар болгону айтылат. Ушуга жакын сюжет Шапак Рысмендеевдин вариантында да бар: Алмамбет Манаска келип, анын урматына берилген той тарагандан кийин, Алмамбеттин кадырын билбей капа кылгандыгы үчүн Көкчөгө нааразы болгон Манас анын жазасы деп жылкысын тиет. Жылкы тийүүгө Алмамбет барбайт. Көкчө каршылык көрсөтө албайт. Акеркеч жылкысынын артынан келип, Көкчөнүн Көгаласын жана бир аз жылкы сурап кетет. Алмамбеттин ызасы үчүн Манастын Көкчө менен согушканы Багыш Сазановдун вариантында да бар. Буга караганда Манастын Көкчөгө каршы барышы эпостогу мурдатан келе жаткан сюжеттердин бири. Сагымбай Орозбаковдун вариантында бул окуя өзгөртүлүп, согуш аралаштырылбай баяндалган дешке негиз бар. Эпизод Саякбай Каралаевдин вариантында эскерилбейт.

Манастын Көзкамандардын көчүнө жолукканы — «Көзкамандар окуясына» тиешелүү сюжеттин башталыш түйүн эпизоду.

Көкчөнүкүнөн аттанып чыгып, Манас кырк чоросу менен аң уулап тамаша кыла кетмек болуп Тарбагатай тоосунда бугу, марал атып жүрүшүп, көбү жөө, азыраагы аттуу көчкө жолугат. Арасындагы аксакал адамдан жай сураша келип тууган экенин билишип кубанып көрүшүшөт. Көчтү Кара-Талдын оюна кондуруп, Көкчөгө, айланадагы казак, калмактарга кабар айттырып, кадыр салып суратып, үч Жүз жылкы чогултуп жаңы туугандарына берип, элге сүйүнчүлөп киши чаптырат. Абасы Үсөнгө эми өзүңөр жай келе бергиле деп, жол көрсөтүүгө бир нече жигит калтырып, Манас аттанып кетет. Кабарчылардын кабары аркылуу Үсөндүн келе жатканы элге дайын болот.

Радлов жазып алган вариантта да Көзкамандардын көчү, аларга Манастын талаадан жолугушу, элге кабар берүү айтылат.

Саякбай Каралаевдин вариантында жок. Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында айрым өзгөчөлүктөр менен баяндалат, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Сагымбай Орозбаковдун вариантына алда канча жакын айтылат.

Манастын Түлкү баатыр менен согушу, Акунканга бел куда болушу — эпостогу кеңири белгилүү окуялардын бири, айрым белгилери боюнча (Акункан менен Манастын бел куда болушу) туруктуу салттык сюжеттердин катарына кошууга да болот.

Оогандын каны Түлкү баатыр катаган менен тейиттерди камап, көп кордуктар көргөзөт. Кошой үйүндө жокто элин чаап, баласы Алкени өлтүрүп кеткенин угуп Манас шашылыш Ооганга каршы аттанат. Кетип жатып Каныкейди Көзкамандарды жакшылап тос — деп тапшырат. Ооганга жакындаганда ал элдин Көгөш аттуу аяры ат болуп кубулуп келип, Бокмурунду уурдап кетет. Кыргыздын аярлары кубулуп барып Акунканды баш кылып, Түлкүнүн алты бегин уурдап келишет. Түлкү колу менен келип согуш башталат. Бирок, туткундагы Акункандын сунушу боюнча уруш токтоп, эки эл жарашат. Түлкү кандыгын иниси Акунканга берет. Манас менен Акункан достошуп, балалуу болсок үйлөнтөлү дешип бел куда болушат. Бокмурун туткунда жатканда Түлкүнүн кызы Канышайды көрүп, экөө бирин бири жактырып калган экен. Кол кайтмак болгондо он үчтөгү Бокмурундун кыжалат болгонун байкаган Манас себебин сурап билет да, Бокмурунга жактырган кызын алып бермек болот. Жуучуга барган Бакай менен Ажыбайга Түлкү кызым жаш, азыр убадалашып коёлу, кийин келип алсын дейт. Кайтмак болуп жаткан кол токтоп, калыңга төрт миң ат айдап, куда түшүшөт. Түлкү той берет. Ала турган кыздын атын билбей, айып тартышат, ошондон кудалардан колуктунун атын суроо салты калат. Той тарап, эл жай-жайына кайтат.

www.bizdin.kg
Радлов жазып алган вариантта бул эпизод жок. Саякбай Каралаевдин вариантында Түлкү менен болгон согуш жок, бирок Манас менен Акункандын «Көкөтөйдүн ашы» учурунда бел куда болгондугу айтылат.
Оогандар менен болгон согуш башка манасчылардан Шапак Рысмендеевдин вариантында негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын берилет.
Манас Көзкамандарды сыйлаганы — Көзкамандар окуясынын башталышы, жалпы бөлүмдөгү орчундуу түйүн.
Көзкамандардын көчү келет. Манастын кадыры үчүн баатырдын туугандары келе жатышыптыр дешип эл дүрбөп, көчтүн алдын тосо барып Үсөнгө учурашып, сый көрсөтүшөт. Каныкей өрүлүктөй барам деп жүз мал союш алып, көчтү тосо чыгат, аттан түшүп жол боюнда туруп күтүп алып, урмат көрсөтөт. Көзкамандын балдары бизге жүгүнбөдү, текебер экен дешип күпүр кылышат. Карабөрк менен Акылай да келип жүк түшүрүшүп, үй тигишип кызмат кылышат. Кийген кийимин, жүргөн-турганын жактырбай, балит жашаганын жактырбаган Акылайды «көнгөн салты да, андай дебе — деп, Каныкей тыят. Калмакча сүйлөп, аларды тууган катары эсептеген Карабөрк гана Көзкамандарга жагат. Оогандан кайткан Манас жаңы туугандарынын көңүлүн көтөрүп, ыраазы кылуу үчүн алардын келген урматына той берип, үй-жай, буюм-терим, кийим-кечесине чейин жаңылап, эскилерин бүт өрттөтөт. Көзкамандар буга катуу нааразы болушуп, Манаска кекенип калышат да, анын көзүн тазалап, ордун ээлөөгө убадалашышат. Каныкей Манаска жаңы туугандарыңдын түрү бузук, түбү сага эл болбойт, кордук көрүп каласың, азыртадан бөлүп, ар кимисин ар кайсы жакка таратып жибер десе, тил албай коёт. Жаман оюн ишке ашыруу үчүн Көкчөкөз инилери менен кеңешип, байкап келмекке Манастыкына барат. Манастын тууганым деп үзүлүп-түшүп, урматтап кабыл алганын Көкчөкөз корккonунан кошамат кылып жатат деп түшүнөт. Көкчөкөз Манаска ысыкка көнбөгөндүк кылып кыйналып жатышкандыктан салкын, малга жайлуу жер сурап келгенин айтат. Манас сакалдуулар менен эл билген билермандарды чакырып кеңешип, Көзкамандар Ат-Башыга жашасын деп чечишет. Кашкарга жакын, четирээк барып камданып алып, Манасты анан жайлайын деп ичинен кымылдаган Көкчөкөз үйүнө келет. Көзкамандар Ат-Башыга көчүп, баатырдын туугандары менен кошо барабыз дешип, Меңдибай баш болгон айрым адамдар кошо көчүп барат.
Эпизод айрым өзгөчөлүктөрү менен Радлов жазып алган вариантта да берилген. Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын, ал түгүл бир-бирине дал келген деталдар да бар.
Саякбай Каралаевдин вариантында мындай эпизод жок. Башка манасчылардан Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын бирок айрым өзгөчөлүктөрү менен айтылат.
Батышка жортуул — эпоско киргизилген кошумча эпизод. Бекер жатып эриктик деп кырк чоро Манаска айтпай уу кылып, жер чалып, ыгы келсе душман менен беттешип олжо алып келели деп аны үйгө таштап аз эле адам менен аттанып, батыш тарапка бет алышат. Каныкей кырк чорону сарамжал кам менен узатып, анын сарамжалдуулугуна эл ыраазы болот. Кырк чоронун кеткенин кийин билген Манас көп кол алып артынан барат. Аары деген эл менен уруш болуп, аларды жеңип олжо алып кайтышат.
Эпизод Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында, башка манасчыларда да кезикпейт. Демек буга караганда Сагымбайдын эпоско жекече кошумчасы катары кароо керек.
Манастын Таласка көчкөнү — Көзкамандар окуясынын ичине кирип, Манаска туугандарынын дагы бир кастыгын баяндаган сюжеттеги өзүнчө бутак.

www.bizdin.kg
Манас элин чогултуп алып кыргыздын жер ортосу Таласка көчсөм кандай дейсиңер? — деп кеңеш салат, чогулгандар анын Таласка көчүшүн туура табышат. Байжигит элге кайрылып Алтайга кайра көчүп кетүүгө уруксат сурап, ошондой эле анын өтүнүчү да канаттандырылат. Манас Таласка көчүүгө камдана баштайт. Байжигит элден бата алуу үчүн ажыраш аяк той бермек болуп акылдашканы Манаска келе жатса алдынан Шыгайдын уулу Жапак чыгып, тойго кытайларды да чакырышын талап кылып, Алтайдан келген кыргыздар мени тоготпой, Манасты улук көрөсүңөр деп опурулат. Жапак Манас менен эки ата өткөн тууган (Шыгай Ногойдун иниси), ал Коңурбай менен бирге өсүптүр. Кытайды тойго чакырса Коңурбай келип Манасты өлтүрүп, бийликти мага алып берсе деген үмүтү бар экен. Байжигиттин Манас элди эл кылып бириктирди, экөөбүзгө тең тууган деген жүйөөлүү сөзүнө болбой, Жапак тоюңа кытайларды чакырбасаң айлыңды чаап алам деп кекетет. Ачуусу келген Байжигит колуңдан келгенин аяба дейт, бирок, Манаска барып арызданды деп күпүр кеп кылар деп намыстанып, кайра тартып айлына кетип калат. Тоюна калмак-кытайларды да чакырмай болгон Байжигит Жапакка өчөшүп кытайларга кабар айтпай, айланасындагы элди гана тойго чакырат. Жапак Алымбеке дегенин камданып келсин, мен жардам берем, Манасты жайлайбыз деп айттырып, Коңурбайга жиберет, кабарчы барганда Коңурбай үйүндө жок экен. Алымбекенин айткандарын уккан Алооке Жапакты шылдыңдап күлөт да, азыр Манаска ал жетпейт, андан көрө Жапак Манасты кытайларды чаап алалы деп азгырып чыксын, эли-жеринен узап, кытай жерине барганда Жапак ичинен чыкса, Коңурбай сыртынан беттесе экөөлөп балким жеңер дейт. Байжигиттин тою башталып, көп эл чогулат. Алоокеге нааразы болгон Жапак ал коркуп келбесе, өзүм эле жараймын — деп күүлөнүп өз алдынча камдана баштайт. Элин бөлөк кондуруп, жигиттерин, туугандарын шайлантып коёт да, элдин көзүнчө Манаска бой бербей койсом эл мени билип калбайбы да, кийин Манасты өлтүрсөм мен кан болбогондо ким болмок эле деп ойлойт. Чыр чыгаруу үчүн тойго келген элдин сакалдуу-көкүлдүүлөрүн, мыктыларын бүт сөгүп тилдеп чыгат. Алоокенин ордун басымыш болгон сенсиңби? — деп Көкөтөйдү камайт. Атасына тил тийгизгени үчүн Бокмурун камчы менен эсин оодара чапканына да болбойт. Тойго чакырып алып, Манас тууганына сөктүргөнү эмнеси деген элдин нааразылыгы Манаска да жетет. Ал Жапактын бул эмнеси мен барып билип, чоң атам Шыгайга кол берип келейин деп аттанат. Камсыз начар ат менен бара жаткан Манасты Каныкей токтотуп, сууту канбай жатат, чабыла турган Аккула тердесин ошону минип, жүгү жеңил болуп калбасын курал-жарагыңды алып, жоо кийимдериңди кийип ал — деп алдап мурда Жапактан шекшиген Каныкей камдантып аттандырат. Шекшинген Бакай да Манас менен кошо жөнөйт. Шыгайдын айылына жакындаганда Жапак туугандары, жигиттери менен ат коюп, Манаска жабылышат. Тууганына кол кайырбаган Манасты коргоп, Бакай алар менен чабыша кетет. Кокустан келип уруштун үстүнөн чыккан Көкчөкөз Манаска болушуп Жапакты өлтүрөт. Кабар жетип Шыгайдын айлына ат койгон кырк жигитти Бакай токтотуп калат. Сакалдуулардан калыстар чогулуп келип, Манас өлгөн туугандарын урмат менен көмөт. Той улантылып, түрдүү тамашалар, ат чабыш болуп, Аккула чыгып келет. Той тарап, Байжигит Алтайга, Манас Таласка көчөт. Таласка келип жайланып, кыргыздардын туш тарабы менен кабарлашып тынч жатып калат.

Бул окуялар Радлов жазып алган вариантта жок. Саякбай Каралаевдин вариантында да айтылбайт. Башка манасчылардан Шапак Рысмендеевдин вариантында Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Жапактын өлүмү бар, бирок чыр Көзкамандарга арналган той учурунда Айгандан алган олжону талаштан чыгат.

www.bizdin.kg
Манастын Айган менен согушу — эпосто өзүнчө окуя катары айтылып мурдатадан келе жаткан туруктуу салттык сюжеттердин бири.
Таласка көчүп келгенден кийин Алмамбеттин кеңеши боюнча Кенжуттун башкаруучусу Айган канга каршы аттанышат. Айгандын элине жакындаганда жоодон кабар алууга кайгуулга барган Алмамбет кенжуттуктардын Мардуба аттуу аярына жолугуп, аны өлтүрүп, кебин кийип Мардуба болуп алып шаарга кирет. Кандын ордосуна барып, кыз оюндун үстүнөн чыккан Алмамбет оюнга катышып, табышмак айтат. Алмамбет Айган кандын кызы Алтынайга токмок салат. Жар көрүшүүдө Алмамбеттин өпкөнүнөн Алтынайдын бети канап кетет. Шекшинген Алтынай кармаганга буйрук кылат. Тополоңдон пайдаланып Алмамбет качып кутулат. Манас Айганды жеңип, олжо бөлгөндө өзү жактырып калган Алтынайды мен алайын деп Алмамбет суратат. Меңдибай бузуктук кылып Манас менен Алмамбеттин ортосуна чагым салып, Алтынайды Манас алат. Таарынган Алмамбет качат. Манас катуу өкүнүп, Алмамбеттин артынан кууп издешип, аны Сыргак табат. Манас Алмамбеттен кечирим сурайт.
Эпизод Радлов жазып алган вариантта «Көзкамандар окуясына» тыгыз байланыштуу берилген. Көзкамандар жөнүндөгү баян Айганга каршы аттанып бараткан жолдо башталып, Манасты Көзкамандардын уулантуусу да Айгандан түшкөн олжону бөлүүдөгү чырдын натыйжасы катары айтылат. Окуя негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын, көп майда деталдары, ыр саптары бирдей айтылат (Алмамбеттин табышмагы, жар көрүшүү жана башкалар). Алтынайды Алмамбет алат.
Саякбай Каралаевдин вариантында Айган кан окуясы жок. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.
Көзкамандардын Манасты кырк чоросу менен уулантканы — «Көзкамандар окуясынын» негизги бөлүмү — күрөштүн курчушунун өсүп жеткен чеги.
Ат-Башыга көчүп барып элдин чети, ээн жерге жайланышкан Көзкамандар Манасты жок кылуу үчүн даярдык көрүп, Кашкардан чачама дары, көбүрмө дары деген ууларды алдырып, бозо салдырып, арак тарттырып коюп камданып эшик-төрүбүздү көрүп, даам татып кеткиле — деп Манасты кырк чоросу менен конокко чакырышат. Ак көңүл, алакөөдөн Манас барбактап, мактаныч кылып, алыстан келген жаңы тууган чакырып келсе барбай койгонубуз болбос — деп жөнөөгө камынат. Бир балакет кылар бекен деп ойлогон Алмамбет барбайлык деп туруп, бирок Манасты тууганынан бузган сыяктанып калбайын, кол сала койбос, кол салган күндө да Көзкамандардын кимге алы жетмек эле деп тим болот. Манас кырк чоросу менен Ат-Башыга барып, Чеч-Дөбөнүн оюндагы Көкчөкөз атайын даярдаткан үйлөргө түшүп, ал күнү жай конок болушту. Эртеси Көкчөкөз келип менин өз үйүмөн даам ооз тийгиле — деп өтүндү. Тоодон бугу көргөн Серек менен Сыргак таң эрте ууга чыгып кетет. Оттогу аттарга бараткан Баймат менен Бозуулга Меңдибай жолугуп, Көкчөкөздүн аш-тамагын татпагыла — деп күбүрөп өтүп кетет. Көкчөкөз өзү баштап баатырды чоролору менен айылына алып барып, даярдаган үйгө түшүрүп, уу кошуп белендеп койгон тамактарды жакшылап сыйламыш болуп аябай бере бергиле деп инилерине тапшырды. Меңдибайдын сөзү эсинде калган Бозуул кымыздан бир аз ичип, аттардын жанына барып, мас болумуш болуп жатып калды. Калгандар Манас баштап бүт ууланышат. Манас бүгүн өлөт деген күбүр-шыбыр сөздөрдү уккан Бозуул үйдү шыкааласа кырк чоро бүт сулк жатат. Көзү тунарган Манас боюн токтото албай, улам бир жагына оор араң олтурат. Колдорунда кылыч, канжарлары белен Көзкамандар баатырды тегеректеп, ыкыс берип, жалт караса жалтанып артка кетенчиктеп турушат. Туугандарынын жаман оюна көзү жеткен Манас арманын айтып наалыш кылып, Бакайды жоктоп, анан Карабөрк, Акылай, Каныкейди атап, жанымда болсо

www.bizdin.kg
жардамы тиет эле дегенде угуп турган Бозуул жалаң катындарын эстейт — деп нааразы болду. Алмамбетти баш кылып кырк чоронун ар биринин атын атай баштаганда тыңшап турган Бозуул Мени атаар бекен? Атаса өлбөгөн жерде калып жардам берейин, эскербесе мага да жан керек, өлбөс оокатымды кылайын деп ойлоду. Манас кырк жигитин бүт атап, туяксыз өтүп бара жатканына, жалгыздыгына арман кылып, эч болбосо жанымда күйүшөр жакын тууганым өткүрүм Бозуул турсачы! — дегенде Бозуул Манаска Көзкамандар да тууган, менин да туугандыгым ырас. Ушундай учурда баатырды өлүмгө таштап баса берсем Көзкамандардан айырмам жок болуп калбайбы! — деп кайратына келип, бирок, жалгыз өзү кантип жардам берерин айласын таппай турду. Аңгыча буга капкайдагы сөздөрдү айттырып коюп угуп тура бербей чаппайсыңарбы кылыч менен деп Чагалдай кайраттанды эле, Дөрбөлдөй: Манаста атаңдын куну бар беле? Өлөрүнө көзү жеткенде өкүнүп арманын айтып жатпайбы. Айтканы жалганбы, анын эмнесине теригесиң — дейт. Манаска болушканы жүргөн го, кармагыла Дөрбөлдөйдү деген Көкчөкөздүн буйругу боюнча Дөрбөлдөйгө жабылышты. Токолдой менен Арбалдай Дөрбөлдөйгө болушуп, Көзкамандар эки жаат болуп, жакалашып, бири бирин сүйрөп сыртка чыгып, Манастар олтурган үй бош калды. Шыкаалап турган Бозуул үйгө кирип, Манасты жөлөп сыртка алып чыгып, Аккулага мингизип, качырып жиберди. Манас жөнөй бергенде көрүп калган Көкчөкөз, Аккелтени ала коюп артынан кууп жөнөдү. Кыбыланы көздөй качкан Манас Арпанын талаасын басып өтүп, Сөөктү өрдөп, тар кыя жол менен өйдө чыгып баратканда Көкчөкөз артынан жетип, ойдон туруп Манасты Аккелте менен атты. Манаска ок жаңылып, күүлөнгөн боюнча аты менен бийик зоодон кулап кетти. Көкчөкөз канкорду жайладым деп көңүлү тынып, кайра тартты. Манас качып кеткенден кийин кырк чилтен дуба менен кырк чорону Тогуз-Тородогу Көңдүк тоосунун этегине Дөдөмөлгө учуруп барып таштады. Үйүнө кайткан Көкчөкөз элин дүрбөтүп, Таласка көчүүгө камдана баштады. Эртең менен аң уулап кетишкен Сыргак менен Серек кайра келишип, дүрбөгөн элди көрүп, бир баладан сурап Көзкамандар кырк чорону бүт өлтүрүп, Манасты качырып, Көкчөкөз артынан кууп барыптыр дегенди угушуп, айылга бурулбай шашылыш жүрүп Аккуланын изин кууп келип кулаган жерден Манасты таап, суу жуткуруп, эс алдырышып, жарасын таңып, дары беришет.

Канык ей түш көрсө Манасты кочкор сүзүп, жамбашы кокустап баса албай калат, ага жардам берейин десе алдынан бир адам чыгып азыр барууга болбойт, баатыр менен көрүшөрүңө жети... деп бара жатканда ойгонуп кетет. Бир кырсык болорун сезип, жети күнбү, айбы, жылбы? — деп бушайманда калат да, мурдатан даярдап жүргөн жашырын үңкүрүнө дүнүйөлөрүн катат. Бакайдын ичинде калганын байкабай, үңкүрдүн оозун бекитип салат.

Көкчөкөз Таласка көчүп келип, элди чогултуп, Манас өлдү деп Мазаке дегенине жар чакыртат. Эл ишенбей Мазакени шылдыңдап күлүп, тарап кетишет. Ошондон «Мазаке кылбачы» деген ылакап кеп айтылып калат.

Окуядагы арак ичип ууланuу, Манастын качышы, ок тийип, зоодон кулоо Радлов жазып алган вариантта Сагымбай Орозбаковдун вариантына окшош берилген. Саякбай Каралаевдин вариантында Көзкаман, Көкчөкөздүн келатканын угуп Канык ей алар түбү душмандык кылат, жолдон тосуп тындым кылып сал десе Манас ачууланып, аны урушуп коёт. Көзкамандарга арналган тойдо эл тамашага алаксып жаткан тополоңдон пайдаланып Көзкаман Манасты жалгыз чакырып үйүнө алып барып аракка уу кошуп берет. Ууланып шайы кеткен Манасты өлтүрүү үчүн тегеректеп турган Көзкамандар даай албай турганда Манас жакын адамдарын эскерип наалыш кылат. Сырттан тыңшап турган Акаяр атын атаганын угуп, үйгө кирип, калмактарды сүрүп, Манасты көтөрүп сыртка чыкканда Манастан чочулаган Канык ей Аккуланы минип Көзкамандардыкына келе жаткан

www.bizdin.kg
болот. Алып кач деп Акаяр Манасты Каныкейге өңөртүп, өзү Көзкамандардын жолун тосуп урушат. Көзкамандар аткан ок Каныкейдин эмчегин жарып кетет. Каныкей Манасты Бек-Жайлоодогу үңкүргө жеткирип, дарылоого кирет.

Саякбай Каралаевдин вариантындагы окуянын курулушу «Мажму аттаварихтеги» Манастын ууланышына жакын Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында жана башка манасчыларда негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Манастын кырк чоросу менен элге кайтканы — «Көзкамандар окуясынын» жыйынтык бөлүмчөсү — күрөштүн чечилиши.

Манас өлдү дегенде эл ишенбегени менен Көзкамандарга каршы турар адам жок, Көкчөкөз тең тууганмын деп, Манастын мал-мүлкүнө кол салып, кой деген атасы Үсөндүн тилин албай, кайра аны тилдеп, өз билгенин кыла баштайт. Каныкей мага тийсин деп Мазакени жиберет. Каныкей түшүндө көргөн аян белги жетини көңүлүнө тутуп, жети күн десем бери болуп калар бекен, жети жылга Көкчөкөз акмак көнө койбос, ортосун айтайын деп ойлоп, жети ай аза күтөйүн, андан кийин алам десе макулмун — деп, алдап арачыны жолго салат. Ошол убакта талаадагы жарадар Манаска жолборс келип жолдош болду, жот деген дары чөп берди, илбирс ини болду, искеме деген дары чөп берди, аюу ага болду, ак дары деген тамырды казып берди. Баатыр кадимкидей соо болуп айыгып кетти. Сыргак менен Серекти ээрчитип, баары бүт бойдон кырылып калган эместир, кырк чоронун аман калганы болсо таап, анан элге баралы деген Манас Ат-Башы, Нарынды түрө кыдырып, кырк чорону издеп жөнөдү. Көкчөкөз Манастын ордун батыраак ээлөөнү эңсеп чыдамы кетип, жети ай деп маалкатпай тие турган болсо азыр тийсин — деп Мазакени Каныкейге дагы жиберди. Эми алдаганга көнбөсүн түшүнгөн Каныкей Көкчөкөзгө тийбей турганын айтып, арачысын кубалап жиберет. Көкчөкөз жигиттери менен барып Каныкейдин ордосун талап, ичер тамак, киер кийиминен өйдө тартып алып, күндүз кой, түнүндө короо кайтартып койду. Манастын энесин баш кылып жакындарын кордукка салып, жардам берген адам менен өлбөгөн жерде калышам деп жар чакыртты. Жакып тоого чыга качып кутулду.

Манас эки чоросу менен кырк чорону таап, алардын бетине суу чачышса эс алышты. Өлүү-тирүүнүн ортосунда эс-учун билбей жети күн, кээси жети ай, айрымдары жети жыл жаткан дешет. Баары аман-эсен көрүшүп, өзүлөрү келген аттарын минип, кубаныч менен элге баралы деп жүрүп калышат.

Көзкамандын балдары Жети-Төрдүн оюндагы Талды-Суунун боюна Манастын аялдары менен Аруукенин үйлөрүн катар тиктирип, өзүлөрү атасынын үйүнө чогулуп алып канкордун дүнүйө-мүлкүн, аялдарын бөлүп алмак болушуп кеңешип жатышканда Манастар келип калышты. Сыртта туруп аларды көргөн Бегалдай үйгө кирип туугандарына Манас келгенин айтса, Көкчөкөз бул мени шылдыңдап коркуткусу келет деп инисин чаап салды. Чагалдай Бегалдайга болушуп, Көзкамандын балдары бычакташып, бирин-бири өлтүрүп тынышты. Ушундан ыркы жоктук жөнүндө «Көзкамандарча бычакташкыла» деген ылакап сөз айтылып калды. Эл чогулуп, баатырдын аман-эсен элине кайтканын куттукташты.

Баатырды «өлтүрүп», же өлдү деп эсептеп аялын зордук менен алуу үчүн тойго камданып, же той берип жатканда баатырдын келип калышы фольклордук чыгармалардагы, анын ичинде кыргыз эпосторундагы кеңири белгилүү сюжеттерден.

Радлов жазып алган вариантта Манасты дарылап айыктыруу, кырк чоронун өлүп тирилиши, элге кайтуу негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын планда, бирок айырмалары да бар: Мекеден келген Канкожонун жардамы менен

www.bizdin.kg
Манасты Каныкей өзү дарылайт. Манас Мекеге баргандан кийин тилеги кабыл болуп кырк чоро тирилет жана башкалар.
Саякбай Каралаевдин вариантында Көзкамандар Манасты өлтүрдүк дешип Каныкейдин ордосун талап, Акаярды байлап орго салып, кытайга жөнөшөт. Кароолго чыккан Кыргыл Каныкейдин ордосунун талкаланганын көрүп, ордого келип, Акаярды бошотуп, андан болгон окуяңы угуп, бейкапар жаткан кырк чорого кабар берет. Кырк чоро Көзкамандардын артынан түшүп, алар Манасты жайладык, кыргыздардан кутулдук дешип капарсыз тынығып жатканда үстүнөн басып, кыргын кылып кайтат. Үңкүрдө Каныкей дарылап жаткан Манас кырк бир күндө айыгып, элге кошулат.
Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.
КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ — эпостогу салттык туруктуу окуялардын өзгөчө кеңири белгилүүсү. Эпизод эл арасында кеңири тарагандыктан ар түрдүү вариациясы көп жолугат. Чыгарманын окуяларынын өнүгүш нугунда манасчылардын ою боюнча бул бөлүм өзгөчө маанилүү чоң окуянын — «Чоң казаттын» башталышына себеп болгон түйүн. Ошон үчүн «Көкөтөйдүн ашы — көп чырдын башы» делет.
Бөлүмдүн мазмуну кыргыз элиндеги адам өлүмүнө, аны коюу, эскерүүгө байланышкан салттык расмилерди ирети менен баштан-аяк баяндоого арналган.
Эпостун сюжеттик жалпы өнүгүшүнө бөлүмдүн логикалык орду «Манаста», болгондо да «Чоң казаттын» алдында. Эпостун белгилүү варианттарынын баарында дээрлик «Чоң казаттын» негизги себеби катары «Көкөтөйдүн ашындагы» окуялар көрсөтүлөт. Бирок жалпы кабыл алынган салт боюнча бул чоң бөлүм адатта «Семетейде» айтылат. Сагымбай Орозбаковдун вариантынан эпосту жазуу учурунда манасчы эпизодду анын логикалык ордуна алып келип жаздырган. Манасчы бул бөлүмдү мурда башка айтуучулар сыяктуу эле «Семетейде» айтканы күмөнсүз. Буга эпизоддун башталышында «Семетейге» тиешелүү маалыматтар берилгенинен, «Манаста» али туула элек каармандардын аттары окуяга катышкан адам катары эскертилгендигинен да көрүүгө болот. Мындай корутундуга келүүгө манасчылардын көбү (Саякбай, Шапак, Тоголок Молдо, Молдобасан, Багыш) эпосту эл алдында айтканда Көкөтөйдүн ашын аткарбай эле «Чоң казаттын» башталышын ашка түздөн-түз байланыштырып айтышы да түрткү болот. Радлов жазып алган вариантта «Көкөтөйдүн ашы» «Бокмурун» деген ат менен эпостогу төртүнчү окуя катары берилет. Бирок, ал чыгарманы китеп катары жарыялаганда окуяларды уккан жана жазып алган иретте эмес, өзү туура деп эсептеген түрдө жайгаштырган. Ал жөнүндө окумуштуу кириш сөздө атайын эскертет. Демек, 1885-ж. жарык көргөн тексттердин иретин эпостун кабыл алынган салттык нугу дешке болбойт.
1968-ж. Саякбайдан эпосту магнит тасмасына жаздырганда манасчы «Көкөтөйдүн ашын» мурдагы салт боюнча «Семетейде» айтпастан, аны окуялардын өнүгүшүнүн логикалык ордуна, «Чоң казаттын» алдында айткан. Буга караганда «Манас» эпосунун сюжеттик курулушу али такталып бүтө электигин, айтуучулар өзгөчө зарыл учурда ага айрым тактоолор киргизиши мүмкүн экендигин көрүүгө болот.
Көкөтөйдүн керээзи — бөлүмдүн киришүү окуясы, мазмундун ачылышы үчүн чоң мааниге ээ түйүндүн да милдетин аткарат. Ташкендин каны Көкөтөй кабыргасынан кагынып, катуу ооруп, өлөрүнө көзү жеткенде Байдын уулу Баймырза деген тууганын чакыртып алып кайнына кеткен уулум Бокмурунга айтып кой деп керээзин айтат: Артымда жер жайнаган малым, канча казына толтура өлүү дүнүйөм калды, Мен өлгөндө уулум аш берем деп оолугуп көп эл чогултуп, дүнүйөмдү чачпасын, келиндин оюнундай, кемпирдин тоюндай кылып эптеп көөмп койсун дейт да, атанын тапкан, жыйган дүнүйөсү балага опа

www.bizdin.kg
болбосун, ар кимдин өз тапканы, өз ырыскысы бар экенин балам эсинен чыгарбасын, не күндө да Манаска кабар берип, аны менен кеңешип иш кылсын — деп эки ача маанидеги сөз айтат. Керээзин айтып, эли менен коштошуп Көкөтөй бай көз жумду. Ал элге кайрымдуу, калыс жакшы адам экен, тургандар чур этип үн чыгара кейип, өлгөнүнө өкүнүштү. Ушундан тартып кыргыздарда өлүккө өкүрүү адаты калды. Атасын жайына алып койгондо уулу Бокмурун келди. Атасын көзү тирүүсүндө көрүп калбаганына катуу өкүндү. Жаңы келген келин Канышай кайнатасынын кайтыш болгонуна кейиш кылды. «Койчунун таягынан, келиндин аягынан» деген ылакап кеп ушундан калды. Элдин өкүрүгү басылганда Баймырза Бокмурунду четке чакырып чыгып, атасынын керээзин угузду. Бокмурун эмне кылалы? — деп Баймырзадан акыл сураса, анча-мынча мал союп эле көмөлү дейт. Баймырзага нааразы болгон Бокмурун: кой, атам өзү тапшырган экен Манаска барайын! — деп Мааникерди минип аттанып Манаска келип акыл сурады. Атаңды чоң салтанат менен жакшылап кой, дүнүйө аяба, керек болсо табабыз, атам Көкөтөй өлдү, келип топурак салгыла, келбесеңер чаап алам — деп, катуу-катуу сөз айтып, туш-тушка кабар бер! — деп, Манас баланын көөнүн жайлап, кайра жөнөттү.

Адам өлөр алдында артында калгандарга керээз айтуу кыргыз элиндеги белгилүү салттардын бири. Бул салт жөө жомоктордо, эпостордо да көп учурайт. Керээздерде чыныгы оюн каймана мааниде, кээде табышмактатып айтуу адаттагы көрүнүш.

Радлов жазып алган вариантта Көкөтөйдүн керээзи атайын окуя катары берилген эмес. Буга карап ошол вариант кагаз бетине түшүрүлгөн учурда эпосто бул окуя айтылган эмес деген корутундуга келүүгө болбойт. Анткени, В. Радловдон мурдараак кыргыздар арасында болуп, Ч. Валиханов жазып алган үзүндүдө Көкөтөйдүн керээзи бар, болгондо да Сагымбай Орозбаковдун вариантына караганда мазмуну жана берген маалыматы бир топ кенен. Өлөрүнө көзү жеткен Көкөтөй элин чогултуп алып, дөбөдөй эт кылып, көлдөй чык кылып, керээз ашын берип туруп анан керээзин айтат. Валиханов жазып алган эпизод менен Сагымбай Орозбаковдун вариантынын тексттеринде бири-бирине сөзмө сөз дал келген ыр саптары да аз эмес. Мисалы,

Менин көзүм өткөн соң
Кылыч менен кырдырып,
Кымыз менен жуудуруп,
Чарайна менен чаптатып
Булгаары менен каптатып (Валиханов жазып алган эпизод, 55— 59-саптары) жана башкалар сөзмө сөз Сагымбай Орозбаковдун вариантында кезигет.

Саякбай Каралаевдин вариантында керээз эскерилбейт, башка белгилүү манасчыларда дээрлик «Көкөтөйдүн ашын» «Манаста» айтышпайт.

Көкөтөйдү койгону — бөлүмдөгү негизги окуянын башталышы, сюжеттин иреттүү өнүгүшүндөгү алгачкы кадам.

Манастын кеп-кеңешин угуп, үйүнө кайткан Бокмурун башы Жызак менен Жөлөк, аягы Ысар менен Көлөпкө чейин атама топурак салсын деп кабар айттырып, өтө көп эл жыйып, келгендерди урматтап тосуп, бей-бечара, жакырларга Көкөтөйдүн эсепсиз малынан мүчө берип, сөөктү кырк күн сактатып коюп, кемеге ашына ат чаптырып, чоң салтанат менен көмөт. Ага удаа кырк ашын берди. Ашты Кошой башкарды. Келгендер кеткенден кийин өз элине Бокмурун эки жыл өтүп, үчүнчү жылы атама чоң ашын берем, ошого чейин баарың камдангыла, керектүүнөрдү Көкөтөйдүн казынасынан алып, малыңарды сарп кылбай, төлдөтүп көбөйткүлө — деди. Жалгыз улак мал сатпай, жарым табак дан сатпай бүт эли камданып, айткан убактысы бүттү.

www.bizdin.kg
Сюжет иреттүү айтылган окуя катары Радлов жазып алган вариантта жок, кары Көкөтөй кан түкүрүп, катуу ооруганда элин, уулун чакырганы, алар чогулуп келгенде өлгөнү кыскача эскерилет да, сөз ашка эл чакырууга өтөт. Валиханов жазып алган эпизоддо Көкөтөй айткандай кылып азем менен коюу, ары болсо алты, бери болсо беш миңдей кунан чабылганы, кырк ашын бериши бир топ деталдаштырылып берилген.

Саякбай Каралаевдин вариантында да көп мал, пул сарп кылып Көкөтөйдү азем менен коюшат. Он экидеги дөөлөт мас көпкөлөң Бокмурун Манаска кабар айтпайт, Көкөтөйдүн кара ашына Манас келбей, өлүккө топурак салбай калат. Намыстанган Манас Бокмурунду чаап алам деп күүлөнүп жөнөмөк болгондо балага катылганың уят иш болот деп Бакай тыйып токтотуп коёт.

Чоң ашты берүүгө камылга — окуялардын нугунун салттык эрежелердин талабына ылайык фабулалык ык менен өнүгүшү, бөлүмдүн маанилүү бутактануularынын бири.

Үч жыл өтүп, көргөн камылгасы карк болгон Бокмурун атайы үй тиктирип, туу көтөртүп, Кошойду баш кылып, эл билермандарын жыйып алып, атам өлөрүндө аш берсин деп керээзин айткан экен, карызымдан кутулайын деп ар түрдүү дүйнө чуктадым. Кыямат кайым болгуча кылым журт айтып жүргүдөй аш берсем деген оюм бар, кандай дейсиңер? — деп, сурады. Кошой Бокмурунга ыраазы болуп, чогулгандар да Бокмурундун оюн кубатташты. Аш берүүгө ылайыктуу жер деп Каркыраны жактырышты. Кеңешке келгендерди узатып, Бокмурун казак — кыргыздан үч жүз миң үй чогултуп, Каркыраны көздөй элин көчүрүп, Үч-Каркыранын боюна, Үч-Булактын оюна жетип үй тигишти. Каркыранын талаасы ээн, чөбү үзөңгүдөн экен. Токсон миң жигит тоодон отунга арча, четин, карагай кыркып ашка камылга көрө башташты. Бокмурун кимдерди чакыралы деп кеңеш салса Баймырза казак менен кыргызга, калмактардын азыраагына айтып, ашты өткөрүп, милдеттен кутулалы — дейт. Нааразы болгон Бокмурун аны кагып таштап, алтымыш уруу тил билген, акылдуу бала жаш Айдарды чакырып алып, Мааникерди мингизип, күндүн чыкканы менен батканындагы аралыкта жашаган элдерге бүт кабар бер деп жөнөтөт. Бадакшан, Балыктагы Маамытсултан канды, Мысыр менен Көпөнүн чоңу Сейиттин уулу Кемелди, даңгыттардын чоңу Чоюн алпты, бараң элинин улугу Балтаматты, Сыймун аралындагы жапандарды башкарган Көтөрүштү, калмактардын дөөлөрү Жолой менен Ушаңды, Кырмустун уулу Мурадылды, кызыл чоктуу Нескараны, Алоокени уулу Коңурбай менен, кара жалдуу Бороончу менен каңгайлардын Ороңгуну, Күбө деген жердеги дугул деген элдин Киеңкес, Кишидаш аттуу дөөлөрүн, тогуз уруу бараңдын Чатанайыш канын, дөбөттүн беги Дөмүлдү, Акун кан, Кошой карыны, Төштүк, Жамгырчы, Үрбү, Жүгөрү, Чегиш, Манас, Багышты чабар атын байлап, элин шайлап келсин деп ашка чакыртат. Манастан башкаларынын баарына келбесе чаап ала турганын да айттырат. Кабар жетип, келүүчүлөр камданып, жолун кошо эсептегенде баш-аягы бир жылга айланып, коноктордун келер учуру болду деп күтүп турушканда элдин алды болуп Толтой аттуу баласын ээрчитип жедигердин Багышы төрт миң адамы менен келип түшөт. Анын артынан жүз миң колу менен Коңурбай, ага удаа Мурадыл, Нескара, Ушаң жана башка чакырылган элдер, баатырлар — кандар өз колдору менен ашка келишет. «Сыпаанын жолу башка, барбай болбойт ашка» деп жер үстүнө чыкканга жети эле күн болгон төрө Төштүк да келет. Коноктор келип бүтүп, Манас баатыр гана кечигип жатты. Элди ашка чакырып жүргөн жаш Айдар Бокмурундун бар деген жерине барып, айт деген сөзүн айтып ирети менен аягында Манаска кабар айтканы Таласка кайрылат. Айдар барганда Манас ууга кетип ордосунда жок экен. Сыргак, Серек, Чубак үчөөнө жолуккан Айдар Бокмурундун Манаска опуза айтпа дегени эсинен чыгып кетип, тигил үчөөнө да келбесең чаап аламын дейт.

www.bizdin.kg



Серек чылбырдан кармай калып токтотуп, оозуна келген кепти айтып опурулган тың немени алы канча болду экен көрөлүчү?!— деп аттан оодара тартып, өлтүрмөк үчүн Айдардын киймин чечип кирди. Абийиримди ачпа, андан көрө башымды чаап ташта — деп Айдар чыркырап жатканда Манас келип калат. Иштин жөнүн укkан Манас каткырып күлүп, буга өкүм сөздү айттырган мен өзүм деп түшүндүрүп, Айдарга чапан жаап, ат мингизип, аз күндө барарын айтып аткарып ийди. Манас элине кабарлап керектүү камын бүтүрүп, кырк чоросун ээрчитип ашка келип түшөт. Бокмурун Манасты урмат менен тосуп чыгып, Арчатору тулпарын тартып, алдына дилде чачтырды. Кошой баш болгон Көкчө, Төштүк, Жамгырчы, Багыш, Агыш, Үрбү, Жүгөрү да тосо чыгып учурашты. Мынча неге кечиктиң? Бир айдан бери күтүп, келген коноктор талап жеп жатып элдин шайы кетти — деген Кошойдун сөзүнө Манас намыс үчүн ойлогон ою бар экенин айтып, дүнүйө-мал үчүн кайгырба деп камырабады. Манастын артынан Канykей көчө келди. Манас менен Бокмурун кеңешип, аштын бийлигин Кошойго ыйгарышты.



Окуя кыскача, өзүнчө вариациялары менен Радлов жазып алган вариантта бар. Ч. Валиханов жазып алган үзүндүдө алда канча кенен берилип, көп жагынан Сагымбайдыкына жакын болгон менен окуянын өнүгүшүндө орчундуу айырмачылыктар да бар.

Саякбай Каралаевдин вариантында Көкөтөйдүн көр байгесин өткөргөн соң Бокмурун Кошойду баш кылып калайыкты жыйып алып, капыр менен мусулманды бүт жыйып атасына аш бере турганын билдирет. Кошой анча көп эл чогулса каш кайтарар адам жок кордук көрүп калбайлы, Манаска кабар айтып, кеңеш сал деди эле, Бокмурун моюн толгоп, Манасыңа барбаймын, ага кеңеш салбаймын, андан көрө өзүң аш башкарып бер, аш берер жердин жайын айт — деп коёт. Кошойдун кеңеши боюнча аш берүүгө ылайыктуу жер деп Үч-Каркыра тандалат. Бокмурун ташкендеги өз элин азем менен көчүрүп, Каркырага жетип үй тигет. Ашка Кошой, Төштүк, Урумкандын Көкбөрү келет. Бокмурун ашка адам уулу болгондун баарын чакырып, келбегендерди чаап аламын — деди. Кас-дос бүт келсе, аш берген киши айыпкер дейт, талоонго түшүп калбайлы, чактап эле чакыр деген Баймырзаны жемелеш Бокмурун жаш Айдарга Мааникерди мингизип, нойгут Карачаны, Котондун каны Жүгөрүнү, Жеркендеги кан Жортуулчуну, Оогандын каны Акунду, Чамбыл-Белдеги Жанаалы, Карачты,

www.bizdin.kg
Урумкандын Көкбөрүнү, Кокон каны Козубек менен Маргалаңдын Малабегин, Букардын каны Темирканды, жедигердин Багышы, Кара-Чөлдөгү Агышты, Буудайык кандын Музбурчагын, Эйбит таздын Үрбүсүн, Текечи кан, Шыгай канды, эштектердин Жамгырчыны, Иледеги Эдигей, Тейишти, Айдаркандын Көкчөсүн, калмактардын Жолоюн, солондордун улугу Ороккырды, манжу каны Нескараны, тыргооттун каны Канышайды, кытайлардын Коңурбайды, Дөөдүралыпты, Түкүбай балбанды ашка келсин деп айттырды, келбей калса чаап алам деп эскертти. Аты аталгандар, аталбагандар жүздөгөн кошундары менен ашка келишти. Келгендердин баарын жайгаштырып, союшун камдап күтүп алышты.



Ар бир белгилүү баатырга Бокмурун тартуу тартты.

Жолойдун эт уурдаганы, Коңурбайдын күч менен Мааникерди сураганы — сюжеттин татаалданып өнүгүүсү — окуядагы жаңы бутак.

Жолой конокко тарткан этке алымсынбай кемеге башына келип, казанда кайнап жаткан этке кол салып, жей баштайт. Эт бышырып жаткан Сукумбек аттуу баланын чакыруусу менен атчан өтүп бараткан Бокмурун кайрылып, Жолойго жолуң болгур, ушул сен кыла турган ишпи — деп ачууланат. Эки казан этти жеп одурайып карап турган Жолой дөө Бокмурундун кебине көңүл бурбай, минген аты Мааникерге көзү түшөт. Алакандай бурутта ушундай мыкты тулпар турганы кандай, эмдигиче тартып албай биздин калдайлар эмне болушкан? — деп ойлойт да Коңурбайга жөнөйт. Мааникерди ыгын таап тартып алуу керек деп Коңурбайды көкүтөт. Жолойдун акылын туура көрүп, ашты шылтоолоп Мааникерди тартып алмакчы болгон Коңурбай жигиттерин жиберип Бокмурунду чакыртып алат. Манасты менден жогору көрүп ал келгенде ат тартасың, мени тоготпойсуң. Ашыма чыр салбасын десең Мааникерди бер — деп, опузалайт. Бокмурун Кошойго келип акыл салса берүү керек го, бирок Манаска бир ооз айтып коёлу деп, бир канча адам Манаска келишет. Кошойдун сөзүн угуп, ачууланган Манас бүгүн Мааникерди сурап алса, эртең Аккуланы, бүрсүгүнү Чалкуйрукту бер дебейби. Коңурбай мага тийиштик кылгысы келген экен го — деп, өз колуна аттанууга буйрук берди. Мурдатан мыкты камылга менен келип, даяр турган Манастын кошуну кытайларга ат коюп, камсыз жаткан немелерди четинен кыйратып кириштн. Коңурбай камдангыча кыргын кылып кетер, ат албасам жок, Кылгараны тартуу тартып, Манасты токтоткула! — деп сабылды. Кыйды неме сактанып, Алгараны минип жалгыз колдон чыгып качып кетти. Алооке кары баш болгон кытайлар Кылкараны тартып алдынан чыгып, Манасты токтотушту. Жаңжал басылып, эл кош — кошуна тарады.

Радлов жазып алган вариантта Жолойдун кемегеден эт тартып жегени жок, Мааникерди бер деп күч көрсөтүү жана аны бербей коюу да Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат, бирок уруш жок.


Валиханов жазып алган эпизоддо Жолойдун зордуктап эт жегени жок, бирок калмак-солондор эттин бышыгын бышылуу, чийкисин чийки — талоон кылганы, аларды Манас кемеге башынан кубалап тыйганы айтылат. Ошондой эле Мааникерди алууга аракет да бар, бирок, аны Коңурбай эмес, Нескара Кошойго

www.bizdin.kg
кайрылып, Мааникерди Жолойго тартууга беришин талап кылат. Кошой бермек болгондо Манастын каршы чыгышы, күч менен калмактарды токтотушу жана башкалар окуялар Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Саякбай Каралаевдин вариантында ашка келген коноктордун ичинен кытай-калмак улуктары кыргыздарга кыр көрсөтүп, басмырлоого аракет кылышат. Нескара Коңурбай менен Жолойго кеңешип, буруттардын эсебин алып, алптарын сынайын, арасында бизге каяша берер адамы жок болсо чыр чыгарып, талап алалы деген бүтүмгө келишет. Манжунун каны Нескара Кошойду баш кылып кыргыз баатырларын бирден сынайт да, Манастын жоктугунан пайдаланып үстүнө алтын артып, Мааникерди тартуу тарт деп Бокмурундан талап кылат. Эси чыккан Бокмурун Кошойго барып акыл сурайт. Кошой өзү кат жазып, Мааникерди мингизип түнү менен жаш Айдарды Манаска кабарга жөнөтөт. Элдин башына кыйынчылык түшкөнүн укkан Манас калмак-кытайлар кемегени талап, кыргыздар качып калган учурдун үстүнөн чыгат. Кошой калмактардын көптүгүн айтып, Мааникерди берип кутулалы дейт. Манас Кошойго нааразы болуп, ачууланып, кырк чоросу менен манжурларга кол салып, четинен кыйратып кирет. Коңурбай, Нескаралар кечирим сурайт. Кошой, Бакай арага түшүп, чыр басылат.

Аштын шаан-шөкөттөрү — бөлүмдүн негизги окуясы, өнүгүүнүн жеткен чеги. Көкөтөйдүн көк туусун дөбөгө тигип, элди чогултуп, аштын аземин баштамак болуп, чабылуучу аттарды чубатууга салып, байгесин угузат. Атты айдоонун алдында чабылган аттар кайсыл жерден кайра тартарын сурап Манастан жооп күтүшөт. Ал жооп бергиче Үрбү эки күндүк жерден коё бергиле! — дейт. Манастын каары келип: кызыталак кул, мындагы кишини көзүңө ил! — деп, камчы менен Үрбүнү оройго тартып жиберет. Камчынын учу артыла тийип Үрбүнүн жаагы айрылат. Манаска бул эмне кылганың? — деп Кошой ачууланса, Кошой болушканга эрдене түшкөн Үрбү «Самарканда сарт Манас, сары кулак ит Манас, мен сага дарт болормун, ажалың менден” — деп опурулат. Үрбүнүн орой сөзүн укkан Кошой Манастын ачуусунан чочулап, «Үнүңдү бас, түпкө жетесиң” — деп аны коштоп топтон чыга качат. Ачууга уукkан Манас Кошойду кыя албай, бир топ буулугуп туруп, өзүн-өзү араң тыйып, күтүп тургандарга аттарды алты күнү нары айдап, анан коё бергиле деп тапшырды. Алтымыш адам ат айдап, алты миң адам жолго туруп, чабылган аттар адашпас үчүн жол көрсөтмөк болду. Ат айдалып кеткен соң, элге аштын тамагы тартылды: кызматкер балдар колго суу куюп, дасторкон жайылып ошончо элге бир дасторкон жетти. Кошой өзү табак жасап, Манас атчан элди аралап иреттеп жүрдү. Киши башына экиден табак тартылып, кулак угуп, көз көргөн даам бүт берилди. Эки күн, эки түн Бокмурундун сыйын көрүп эл тамакка тоюнду, ислам журту куран окуп, бата кылды. Чабылган аттар келгиче эл зерикпесин үчүн аштын башка тамашалары башталды. Алты жүз узун устунду бири-бирине улап, орнотуп, башына туура жыгач аштап, ага кырк эки танап менен алтын жамбы илип ат менен чаап баратып атып алышсын деп жар чакыртты. Ошончо эл адегенде атчан, анан түбүнө туруп алып аткылап, эч ким жамбыны түшүрө албады. Элдин ок-дарысы түгөнгөндө Манас баш болгон кырк чоро алды менен согуш өнөрүнө маштыгын көрсөтүп, акырында чоролордун ар бири атып жамбынын бирден танабын кыйып, жалгыз танапка илинип калган жамбыны акырында Манас атып түшүрүп, олжосун Кошойго тартуу тартты. Балбан күрөшкө чыккан Жолой дөөгө каршы барар киши чыкпай, белгилүү баатыр, балбандар баш тартканда Манастын өтүнүчү боюнча Кошой өзү чыкмак болот. Ага кийүүгө ылайыктуу кандагай табылбай, Канықей атайлап даярдаган шымды кийген Кошой эркек балалуу бол! — деп, бата берди. Аны менен кошо ал жердеги чогулган эл бүт чуркурап бата кылды, жер дүңгүрөп калды (Семетей ошол батадан бүткөн бала делет). Эки балбандын узакка созулган күрөшү Кошойдун жеңиши менен аяктап, ал алган

www.bizdin.kg
байгесин элге таратты. Таз сүзүшмөйгө кытайлардын Мардыкелең деген тазы майданга келип, ага каршы таз чыкпаган соң байгени алып кайтты. Төө чечмейге каңгайлардын Ороңгусу, эркектен Мардыкелең чыгып, тийиштүү байгесин алышты. Эр сайышка Коңурбай чыгып, ага каршы барган Манас сайып аттан түшүрүп, байгесин элге бөлүштүрдү. Эр эңиште күн батыш элдеринен чыккан Чыноончүк аттуу балбан кытайлардын Шаңдөөгөр дөөсүн оодара тартып кетти.



Ж. Кадыралиев. «Көкөтөйдүн ашы». Манастын музейин жасалгалоого эскиз.

Болжогон бир апта — жети күн бүтүп чабылган аттар келер убак болду деп жалпы журт атка минип камынды. Байгенин көбүн алдырып, өзү да жеңилип калып ыза болгон Коңурбай чыр чыгарып, буруттарды кыйрата чаап кетели, аты чыгып келсе алдын тороп жыгып салгыла — деп, элине жардык айтты. Коңурбай өзү баш болуп ат тандап минишип, чабылган аттардын алдын утурлай барып жол тосуп калышты. Келер аттарды утурлап Чабдардын белине чыгып, жол караганда Манаска Суук-Дөбөнүн оюнан чаң чыгып, күлүктөрдүн алды көрүндү. Эң алдында Жолойдун Ачбууданы, анын артынан Төштүктүн Чалкуйругу келе жатыптыр. Эми кызыган Аккула алардын артынан жетип калган экен. Коңурбай баш болгон кырк төрт кытай жабылып, аттуу эки жайсаңын жолго туурасынан коюп Аккуланы жыгууга аракет кылып калышты. Кызып чуркап алган Аккула жолду тоскон эки атчандын үстүнөн аттап өтүп кетти. Коңурбай Алгарага камчы уруп аттын омуроосу менен урдуруп кетмек болуп Аккуланы туурасынан качырды. Муну көргөн Манас Арчаторуга камчы салып чаңга аралаша Аккулага жакындап калган Коңурбайга жетип, атымда, калча, эмнең бар?!— деп камчы менен оройго салып өттү. Эси эңгирей түшкөн Коңурбай атынын жалын кучактап токтоп калганда Аккула узап кетти. Атка карасанаган андай эмес, мындай! — деп Алмамбет алдыда бара жаткан Ачбууданды качырып жетип камчы менен чокуга чаап өттү эле, ал мүргүп барып жыгылып, араң турду. Ачбуудан оңолуп кайра жолго киргиче Чалкуйрук узап, дагы үч ат өтүп кетти.



Бул эмне кылганың? — деп Жолой үтүрөндөп Алмамбетке барды эле, Аккуланы жыгууга Коңтөрөң мурда аракет кылбадыбы — деп бастырып кетти. Алмамбетти атмак болуп жаасын белендеген Жолойду көргөн Чубак жете келип айбалта менен оройго салып өттү.

www.bizdin.kg



Эси эңгиреп жаасы колунан түшкөн Жолой кол салганы камданып калган кырк чорону көрүп калмактардын арасына кире качты. Байгеге кирген аттарды бирден санап, алтымыш атты өткөрүп, Манас, Кошой даекчилерди тескеп, баш байге кыргыздыкы деп көңүлдөрү жай байге таратып жүрүштү.

Чоң ашты берүү, анын тамашалары айрым өзгөчөлүктөрү менен Радлов жазып алган вариантта да негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын, көп деталдары окшош айтылат. Ошондой эле Валиханов жазып алган эпизоддо да сөз болгон окуялар негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына көп жактан окшош, айрым өзгөчөлүктөрү да бар.

Керээз, өлгөндү коюу, аш даярдыгы, аны өткөрүү өңдүү салттык жөрөлгөлөр, анын ичинде ат чабуу, эр сайыш, балбан күрөш, жамбы атуудан баштап, төө чечмейге чейин эл арасында кеңири белгилүү каада-салттар болгондуктан эпостогу бул окуяларды даяр сюжет катары кароого болот.



Т. Курманов. «Жеңиш» («Манас» календарынан»).

www.bizdin.kg
Саякбай Каралаевдин вариантында Манас келгенде чатак басылып, эл жарашып, аштын тамашалары башталат. Балбан күрөшкө чыккан Жолойго каршы барууга киши жок, Манастын өтүнүчү боюнча Кошой чыгат. Канықей атайы Кошойго арнап жасаган кандагайды кийип, Кошойдон эркек балалуу бол деген бата алат. Кошой бата бергенде мусулмандарга кошулуп ырымы ушундай экен деп капырлар да бата берет. Күрөштө Жолойду жыгып, Кошой намыс алат. Экинчи жолку күрөштө кытайлардын түктүү таман Түкүбайын чыканактай эр Агыш жыгат. Манас менен Акункан бел куда болушат. Төө чечмейге Ороңгу чыгат. Жар чакырылып чабыла турган аттар айдалат. Эр сайышта Манас менен Коңурбай беттешип, Манас жеңет.

Жамбы атышта да кырк чоро бирден танабын үзүп, акыркы танапты Манас кыя атып, мерөй алат. Чабылган аттар келер учурда Бакайдын акылы боюнча калмак, кытайлардан сактануу үчүн Алмамбетти кытайча кийинтип, ат сүрөөгө жиберишет. Ал кытайча, калмакча ураан чакырып Аккуланы сүрөп, кытай, калмактардын арасынан аман алып өтөт. Аккула чыгып келет.

Калмак-кытайлардын байгеге зордук кылганы — бөлүмдөгү жыйынтык окуя.

Чыккан аттардын байгесин таратып Манас кошко кечигип келсе Коңурбай баш болгон калмак, кытайлар үчүнчү болуп барган Ачбуудандын байгесине биринчи келген Аккуланын, экинчи келген Чалкуйруктун байгесин кошуп айдап кетишиптир. Атынын байгесин алдырган Төштүк ыза болуп, алардын артынан кууй кетиптир. Алардын артынан Бокмурун да аттаныптыр. Байгеге сайылган малды кайтарган адамдардын кытайлардан аман калгандарынан иштин жайын укkан Манас баатыр каарданып, куугунга жөнөдү.

Байгени талап алып Төтөнү көздөй жөнөгөндө Жолой Чанактагы айылым тоодон түшүп, жол боюна конуп, Коңурбай баатырды тосуп алууга мыктылап даярдансын деп кабарчы жиберген экен. Жолойдун айылы Кулжанын маңдайындагы Курдум суунун боюна конуп, тойго камданып жатышты. Олжо малды айдаган кытай-калмактар Кулжага жакындаганда элге жеттик, эми малды кыйнабай жай айдап келе бергиле! — деп Жолой алдыга кетти. Жайбаракат бара жатышканда артынан куугун жетип, каптап келгендерге туруштук бере албай кытай-калмактар туш-тушка качып калышты. Коңурбай, Мурадыл, Нескара, Ороңгу төртөө кырылгандан калган колун жыйып, урушууга бел байлашты. Чылабалап ураан чакырып жекеге чыккан Коңурбайга каршы барууга Манас камданып жатканда Бокмурун Кошойдон бата алып майданга чыгып кетти. Аты күлүк неме Коңурбай камдангыча жетип барып найза салды. Анын найзасынан ээрдин артына кетип жыгылбай калган Коңурбай ээрине кайра минмекчи болуп обдулганда бурулуп келген Бокмурун калчаны ачык жери көчүккө найза менен сайып жарадар кылды. Шаштысы кеткен Коң төрө намысты коюп элин карай качып берди. Бокмурун артынан жетип оңдоп найза саларда Нескара чыгып, найзасын кагып жиберип, Коңурбайды куткарып кетти. Муну көргөн Манас кырк чоросу менен ат коюп, артынан бүт колу каптап кирди. Кытайлар туруштук бере албай качып жөнөштү, азы кутулду, көбү кыргын тапты. Качкан калмактарды кубалап айлына бармак болгон куугунчуларды койгула, балдар, аралаш жүргөн тууган элбиз деп Кошой тыйды. Көпчүлүк ага болбой Жолойдун айылын бет алышты. Манас Жолойдун айылына барып, үйүнүн сыртында тыңшап турса, кыргыздарды кыргын кылдым, бүт талкалап чаап келе жатабыз! — деп, мактанып олтуруптур. Жолойдун аялы Айганыш эстүү адам экен, түгөнгүр, түпкө жеткен экенсиң! — деп кайгырды. Аялына ачууланган Жолой урмак болуп кубалап, качкан катындын артынан сыртка чыкканда Манас баатыр айбалта менен көк желкеге чаап жыгып, аңдып турган колуна каптагыла! — деп, белги берди.

www.bizdin.kg



Өлтүрбөгүлө, башына зыян кылбагыла! — деп Кошой кошунду тыйып, Манастан соогат! — деп Жолойдун жанын сурап алып калды. Куугунчулар Жолойдун айылын чаап алып, аман-эсен кайра тартышты.

Байгеге зордук, ага байланыштуу согуш Радлов жазып алган вариантта да бар. Бирок, окуялар системалуу берилбеген, сюжетте карама-каршылыктар да учурайт.

Валиханов жазып алган эпизод боюнча Жолой Аккулага тиешелүү баш байгени, Бокмурундун агар алтын, ак күмүшүн талап алып, Манасты тоготпой кетип калат. Манас, Кошой, Төштүк, Көкчөдөн жана башкалар жардам сураса алар жооткотуп болбой коюшат. Манас таарынып жер ортосу Боз-Дөбөгө чыгып жатып алат. Жыйырма чоросун Каныкейге азык алып келүүгө, төкөр уста Дарканга ак болот жасап берсин деп жиберип, жаз болгондо жортом деп камданат.

Саякбай Каралаевдин вариантында Жолой баш болгон калмак-кытайлар чыгып келген Аккуланын баш байгесин талап кетишет. Көп жоого Манас жеке кол салып, калмактарды аралап барып камчы менен Жолойдун жаагын айра чабат. Манаска кошулуп баатырлар бүт кол салып, качкан жоону кубалап, байгеден алда канча көп ат олжолоп калышат.

ЧОҢ КАЗАТ — эпостогу негизги өзөк окуялардын бири. Кеңири белгилүү салттык туруктуу чоң эпизод, эпостун окуяларынын жалпы өнүгүшүндөгү кульминациялык чек. Сагымбай Орозбаковдун вариантында «Чоң чабуул» деген ат менен айтылат, бирок манасчылардын көпчүлүгүндө «Чоң казат» делет. Эпостогу элге өзгөчө кеңири белгилүү эпизод болгондуктан бөлүмдүн өз алдынча айтылган варианттары да арбын. Айрыкча жети кандын чатагы, Алмамбет менен Чубактын жол талашканы, жылкы тийүү сыяктуу окуяларды өзүнчө аткаруу учурлар көп кездешет.

Бөлүм туруктуу салттык окуялардын ичиндеги эң көлөмдүүсү болгондуктан, көптөгөн окуя — эпизоддордон турат. Айрым окуялар курулушу, тематикасы жактан өзүнчө чыгарма катары айтылат. Мисалы, жети кандын чатагы, Макел дөө жана башкалар

Өткөн кылымдын орто чендеринде кыргыз жергесинде болуп, «Манасты» кагаз бетине түшүргөн орус окумуштууларынын эпос жөнүндөгү маалыматтарында «Чоң казат» өзүнчө чоң бөлүм катары эскерилбейт, бирок Валиханов жазып алган эпизоддо да, Радлов жазып алган вариантта «Көкөтөйдүн ашына» улай айтылган чоң согуш эскерилет. Айрыкча Валиханов жазып алган эпизоддо аш учурунда байгесин тарттырып, ыза болгон Манас камданып алып жортуулга барып, Жолойдун жылкысын тийгени, согушта Жолой, Коңурбай Манас колдуу өлгөнү айтылат. Ушул эле үзүндүдө Тал-Чоку, ага чыгып дүрбү салуу сыяктуу «Чоң казаттагы» кеңири белгилүү деталдык белгилер да бар. Бул окуяларды «Чоң казаттын» кыскартылган үлгүсү катары кароого болот.

Жети кандын чатагы — «Чоң казат» бөлүмүнүн киришүүсү катары милдетти аткарган окуя. Өзүнчө чыгармалык белгилерге ээ. Эпостогу белгилүү эпизоддордун бири.

www.bizdin.kg
Көкөтөйдүн ашында Манастан кагуу жеп, тил уккан тең ата кандар чыр баштамак болгондо Кошой орчун жыйын үстүндө ыркыбыз кетип, уят болбойлу, азыр ашты Манас бийлеп өткөрө берсин.



Аш бүтүп, эл тарагандан кийин өзүм баш болуп барып Манасты алдыңарга жыгып берем — деп тыйып койгон экен. Аш тарагандан жыл маалына айланганда он үч кан чогулуп алып, баягы убадаңыз кана? — дешип Кошойго барышат. Кошой камырабай: колуңардан келсе барып Манасты чаап ала бергиле, келбесе тим болгула, карыган кишини эрмектеп тамаша кылбагыла, менин тилимди алсаңар жөн жүргүлө — деп коёт.



Жетөө Кошойдун тилин алып үй-үйүнө кетип, калган жетөө (эпосто адатта жети кан делет, бирок чынында алтоонун гана аты аталат) ыргылжың болуп турушуп, Төштүктүн жер алдынан чыкканына арнап берген тоюнда олтуруп кеңешишет. Үрбүнүн акылы боюнча конокко кел, же конокко барабыз — деп, кабар берип, эгер конокко келип калса экиден-бирден бөлүп алып, жалгыздатып барып ыза көрсөтүп, эгер акылынан шашып конокко келгиле десе эсепсиз көп эл менен барып жүдөтүп, күтө албадың деп доомат айтып, көрүнөө зордук кылып, өч алмак болгон бүтүмгө келишет. Ар бири бирден тандамал жигит чыгарып, кат жазып берип, Манаска чогоол — чогоол сөз айтып сүйлөшкүлө, чочоңдоп чоң болгусу келсе бузукташып кайткыла, коркпогула, биз барбыз! - деп, элчилерди жөнөтүшөт. Манас барган элчилерди айбат менен тосуп алып, өтө көп кол алып, тез келгиле, келбесеңер таарынбагыла! — деп кат жазып, келген элчилерди кайра жөнөтөт. Өз жигиттеринен Манастын салтанатын, күчүн уккан жети кандын шаштысы кетип, алапайын таппай калышат. Төштүк кандарды тилдеп, үйлөрүңөргө кайтып, кол жыйып, Манастын каарына калбай айткан мөөнөтүндө баргыла! — деп тоюн таратат.

Болжогон күнү Манас санаа тартып, эрте туруп, айбатына келип, кандардын келер жолун күтүп калат. Биринчи жети жүз миң колун баштап Жамгырчы келди. Жыйган колуң аз экен, көп эл менен келер деп сенден үмүттөндүм эле — деп, Манас Жамгырчыны кекээрледи. Жамгырчы атынан түшүп Манас менен учурашты. Келген колду бүт Бакай конокко алды. Экинчи болуп келген Төштүк Манас менен атчан учурашты. Төштүктүн колун Алмамбет конокко алды. Үчүнчү келген Үрбүнүн колун бирин койбой Серек ээрчитип кетти. Көкчөнүн колун

www.bizdin.kg
Сыргак, Санжыбектин кошуунун Ажыбай, Чалыбай, Кутунай үчөө бөлүп алышты. Алты кандын арты болуп Музбурчак келип, анын колун Чубак, Кыргыл баш болгон чоролор четинен бөлүп кетип, он эки чорого конок жетпей калып, кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болмой болдук, мындай аз келерин билгенде мурдатан озунуп конок бөлүп кетсек болмок экен дешип, даттанып Манаска барышты. Ал өзүнө да конок жетпей калганын айтып, аларды ээрчитип алып конок күтүп жаткандарды кыдырып: отуз-кыркка көнүп бер, эч болбосо ончактылап бөлүп бер — деп кадыр салып жүрүп куру калгандарга бир нече жүздөн конок үлөштүрүп берди. Муну көргөн алты кандын адамдары ушул Манаска теңелебиз дешкен биздин кандарда акыл жок дешип күпүр кеп кылышты. Ушунча көп колду Манас кантип күтүп жатат экен? — дешип айрымдар конок болуп жаткандарды кыдырып көрсө кайсы кошто болсо да дасторкондо күрөлүп төгүлгөн жемиш, кулак угуп, көз көргөн дүйүм тамак толтура, аттарына күрүчтөн жем илинип, ойдо жок сыйды көрүп, магдырап жаткан эл.

Алты кандын чатагы Валиханов жазып алган эпизоддо да, ошондой эле Радлов жазып алган вариантта да окуя катары айтылбайт. Бирок, Валиханов жазып алган эпизоддо Көкөтөйдүн ашындагы чырдан улам Жолойго каршы бармак болгон Манастын белгилүү кан-бектерден жардам сурашы алар шылтоо айтып баш тартышы белгилүү даражада алты кандын кастыгын эске салат.

Саякбай Каралаевдин вариантында Төштүктүн тоюна чогулган он эки кан оолугушуп, Кошойдун кой дегенине көнбөй, Манасты чаап алмак болуп көп кол менен Таласка келишет. Бакай каптап келген калың колдун дайынын билип келгенге Ажыбайды жиберет. Кандар Манасты чаап алганы келгенин айтышат. Кырк чоро согушка камданып, келгендерге ат коёрдо эл зыян болбосун — деп чочулаган Бакай калың журтта не жазык, кандары акмак да, элге тийбей, кандарын кармап, Манастын алдына айдап баргыла — деп кеңеш берип, чоролорду тыят.

Эпизод Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында, ТМВда негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат. Багыш Сазановдун вариантында да жалпысынан окшош болгону менен айрым деталдык белгилеринде бир топ айырмачылыктар бар. Мисалы, Манаска каршылык көрсөтмөк болгон жети кандын башында Алооке турат жана башкалар

Бээжинге аттанууга даярдык — бөлүмдөгү негизги окуянын башталышы.

Конок болгон элди кандарын баш кылып чакыртып келип, Манас алардын келген жөнүн сураса кара эл түгүл кандардын бири чыгып мындай жумуш менен келдик дебеди. Кандардан жооп болбогон соң Манас мынча кошуун даярданып келиптир, жөн эле кайра тарап кетпей мурдатан берки өчмөндүү жообуз Коңурбайга казат кылалы, буга кандай дейсиңер? — деди эле корккон кандар барбайбыз деп айта албай макулдугун билдиришти. Манастын сунушу менен Бакай колго кан шайланды. Бээжинди билген, жолун көргөн башка киши жок болгондуктан жол бийлиги Алмамбетке берилди. Элди жай-жайына таратып, Манас ордосуна кайтып, Ажыбай менен Чалыбайга Бээжинге баргысы келбегендер үйүнө кайтууга уруксат деп жар чакыртты. Жарчылардан кабар уккан эл ирип, үйлөрүнө кайтмак болуп камдана башташты. Кошуун түп көтөрө кайтканы жатканын уккан Манас жоо кийимин кийинип, кырк чоросун ээрчитип, элди аралады. Анын баатырдык айбат, сүрүн, келбетин көргөн эл бул Манас доол келсе жел тийбес Чытырман токой, жазайыл атса ок тешпес жасалуу чеп турбайбы, аркасында жүрүп аңгемесин көрөлү! — дешип бел байлап, кайда баштаса кошо бармак болушуп, кетпей калышты. Бээжинге аттанмак болгон элдин эсебин алса отуз жүз миң адам экен. Манас өз жылкысынан эр башына бирден кошок ат, кош тартууга ар кошко бирден айгыр алсын, кошко бирден байтал жетелей келип союп, бүгүнкү түнкү коногу өз мойнунда болсун деп дагы жар чакыртты. Манасты алкап, айтканындай

www.bizdin.kg
кылып ат, айгырын кармап алышты. Эртеси таң менен Бакай баштаган кол аттанып жолго чыгышты.



Жортуулга даярдык, барууну каалабагандарга кайра үйүнө кете берүүгө жол коюу, эсептен өткөн кошунга мингич, же кошок ат катары жылкы таратуу жеке эле кыргыздардагы салттык көрүнүштөр болбостон, башка элдердин баатырдык эпосторунда да жолугуучу даяр сюжеттердин, эл турмушунан орун алган салттык жөрөлгөлөрдүн биринен.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта да, Валиханов жазып алган эпизоддо да жок, бирок жортуулга аттануудагы даярдык экөөндө тең эскерилип, Валиханов жазып алган эпизоддогу текстте кененирээк берилген.

Сюжеттин өнүгүшү Саякбай Каралаевдин вариантында башкача: Бакайдын акылы менен алдына айдалып барган кандар Манастын силерге эмне кылдым эле деген суроосуна жүйөөлүү жооп таба алышпайт.



Камалган кандардан сөз чыкпасын көргөн эштектердин Жамгырчы: «Биз сизди чапканы келбестен, арстан Манас барында атактуу Бээжин жер менен атышалы деп келдик эле», — дейт. Манас кубанып, үйлөрүндө жаткан Кошой, Төштүк баш болгон башка кандарга да келсин, кытайга казатка аттанабыз деген кабар менен Желмаянды мингизип, үзүктөй калпак Шуутуну жөнөтөт. Он эки кан мусулман бүт чогулат. Кырк чоро кошуунду конокко алып, Ырчыуул менен Байчорого конок жетпей калат. Ал экөө таарынычын Бакайга айтып, ал ар кимден жүздөн киши. салык салып конок чогултуп берет. Казатка баруучу аскерлерге Каныкей курал-жарак, кийим-кече, күлазык таратат. Колдун эсеби он эки сан адамга толуп, колго

www.bizdin.kg
Алмамбет кан шайланат. Манас жолго азык деп киши башына экиден жылкы берет. Каалабагандар үйүнө кете берсин деп уруксат берет.
Башка белгилүү манасчылардын варианттарында да бул окуялар негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына, Саякбай Каралаевдин вариантына жакын айтылат.
Колдун аттанганы, Каныкейдин сарамжалы — бөлүмдүн сюжетиндеги маанилүү деталдардан, эпостогу туруктуу салттык окуялардын бири. Колдун артынан Акылайдын үйүнөн аттанган Манас Бөкөйдүн белиндеги Каныкейдин ордосуна бурула турган айрылыш жолго жакындаганда өзүнөн өзү туталанып, ачуусу келип, себебин айтпай бүркөлгөнүн байкаган Алмамбет: баатыр, макул десең Каныкей жеңеге кайрыла кетели — дейт. Өзү айта албай келе жаткан Манастын кабагы ачылып, дароо макул болуп, Каныкейдикине бурулушат. Келе кетер деп камдуу турган Каныкей сыйлап, аш-тамагын берип бүткөн соң отуз-кырк балбанга чоң куржун көтөртүп келип, ортого койдуруп, Алмамбетке кайрылат: «Аяшым тыңда. Мынабу куржундун ичинде узак сапарда жүргөн, катуу согушка катыша турган адамга эмне керек болсо ошонун баары бар” — деп жайкы ысыкта киер калпактан, суукта киер тумактан тартып, жооо киер чопкут, милте, ок-дары, бир нече сыйра ич кийим, чылгоо, жылуу байпакка чейин бар экенин, кырк чоронун ар бирине ылайыкталып жасалганын терип-тепчип айтып чыгат. Угуп олтургандардын көбү анын айткандарына ишенишкен жок. Баатырлар аттанмак болуп сыртка чыгышса ар бирине жанына доол байлатып, алтын соот күрөөкүнү бөктөртүп, токулгалуу бедөө аттарды даярдатып коюптур. Каныкейдин кылганына кырк баатыр айран калышты. Аттанып жөнөй берген баатырлардын артынан ээрчий баскан Каныкей: аяш, токтой тур! — деп, Алмамбетке кайрылып, көзүнө жаш алып туруп, өзүнүн баласыздыгын, Манастын күйөрү жок жалгыздыгын айтып, кысталыш күн болсо баатырга көзүңдү сала жүр деп суранды. Анын сөзүн угуп туруп Алмамбет Манасты жалгыз дейсиң калың кыргыз эли бар, Абыке, Көбөш туугандары бар, эли да, күйөрү да жок анык жалгыз мен эмесминби! — деп, өз арманын айтканда, чын айтат дешип укандар бүт жашыды.



В. Жумабаев. Коштошуу.

Алмамбеттин аялы Арууке ыйлап туруп узак жолдо жанына медер болсун деп Алмамбетке кайрылып, боюнда күмөн бала бар экенин айтты. Качан келерин сураган Каныкейдин суроосуна Алмамбет бир жарым жылда келип каларын айтып баатырлар жөнөп кетишти.
Октябрь революциясына чейин жазылып алынган тексттерде эпизод толук түрүндө жок, бирок, «Чоң казат» деп аталбаганы менен Көкөтөйдүн ашынан кийинки Манастын жортуулу Валиханов жазып алган эпизоддо да, Радлов жазып алган вариантта да эскерилет. Манас жортуулга барам деп төкөр устага ач албарс

www.bizdin.kg
соктурушу, Канықей күл азык даярдасын деп тапшырышы өңдүү окуялар экөөндө тең орун алган. Андан башка да венгер окумуштуусу Д. Алмаши жазып алып, 1911ж. жарыялаган үзүндүдө Манас казатка аттанып жатканда уулу Семетей менен коштошкону берилип, окумуштуунун түшүндүрмөсүндө «Чоң казат» эскерилет. Буга караганда «Чоң казат» жана ага тиешелүү окуялар эпосто мурдатан эле бар окуя дешке болот.

Баатырдын жакын жардамчысы болгон аялы иштүү жана сарамжалдуу болуп, күйөөсүнүн жоо кийимдерин белендеп бериши белгилүү эпостордун көбүндө бар даяр сюжеттердин бири. Баатырдын жарынын сарамжалдуулук касиетине көчмөн турмушта жашаган түрк элдеринин эпосторунда өзгөчө маани берилет.



А. М. Торопов. Чоң казат.

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча сюжеттин өнүгүшү: болжогон күнү казатка аттанып, кол баштаган Кошой Канықейге кайрылып, баатырдын батадан бүткөн баласын алып кел, көрөлү деп өтүнөт. Канықей ымыркай Семетейди алып келип Кошойго берип, суп чепкен жаап, бата сурайт. Кошой Семетейге батасын берет. Кошой кол баштап, кошундун артын сүрүп Бакай жүрөт. Бээжинге барсаң соо келериң күмөн, колуман даам ооз тийип кет деген Канықейдин өтүнүчү боюнча Манас чоролору менен конок болуп, түштөнүп, даяр болгон Аколпокту алып колдун артынан жете барат.

Сагымбай Орозбаковдун варианты менен Саякбай Каралаевдин вариантында бул окуя бири-бирине жакын айтылган сыяктуу эле, башка белгилүү манасчыларда да сюжет жакын баяндалат. Орчундуу айырма катары Саякбай Каралаевдин варианты менен Шапак Рысмендеевдин вариантында Семетейдин төрөлүп калгандыгын, Сагымбай Орозбаковдун варианты, Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Багыш Сазановдун варианты, ТМВда али төрөлө электигин көргөзүүгө болот. Окуянын ички майда деталдары Шапак Рысмендеевдин варианты менен Саякбай Каралаевдин вариантында бири-бирине жакын болсо, калган варианттарда Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Алмамбеттин колго кан шайланышы — сюжеттин өнүгүшүндөгү чиеленишүүгө жата турган өзүнчө бутак белгилерден, салттык туруктуу детал көрүнүштөргө жатат.

www.bizdin.kg
Манас кырк чоро менен арттан жете келгенде кол Чөмүчтүн кара сеңирине жетип, өргүп аттарды коё берип, бири чапан-көйнөгүн көлөкө кылып алып уктап жатса, бири сууга түшүп ойноп, кээси ууга кетип, ар ким өз билгенин кылып, ээн жаткан болот. Элдин мындай түрүн көргөн Алмамбет: «Бээжин алыс жол, кытай коркунучтуу душман, кошунуңдун кебетеси ушул болсо убара болбой кайта кеткен оң. Минтип жүрсөк жоого качан жетин, кантип уруш салабыз?!«— деп Манаска нааразылыгын билдирет. Алмамбеттин жүйөөлүү сөзүн туура көргөн Манас колду ээн койгон абасы Бакайга нааразы болуп, кандыгын Алмамбетке берсин деп сурап келүүгө Ажыбай менен Серекти жиберди. Алмамбет кошунга кан болушун Бакай да кубанып кубаттады. Жар чакырылып, бийлик Алмамбетке өткөнү элге кабарланды. Алмамбет колду чогултуп, тактап эсебин алып, онго, жүзгө, миңге, түмөнгө бөлүп, он кишиге бирден кишини улук кылып он башы, жүз башы, миң башы, түмөн башы бек шайлап, ар бир он башыга карамагындагы он киши үчүн жооп берерин, кийин эл эсептен өткөндө он адамдын эсебин туура бере албаса башы алынарын эскертти. Жар чакыртып, мындан нары кандын уруксатысыз токтоо, эс алуу болбой турганын билдирип, өзү колду баштап Алмамбет жөнөйт.

Сюжет Валиханов жазып алган эпизоддо да, Радлов жазып алган вариантта да жок. Саякбай Каралаевдин вариантында өзүнчө окуя түрүндө эмес, казатка аттанардагы окуялардын арасында гана кыскача Алмамбеттин кан шайланганы жана жүзгө, миңге бөлгөнү эскерилет. Башка манасчылардын баарында бул эпизод бар жана Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат.

Жол азабы — окуянын өнүгүшүндөгү өзүнчө бүрчөк, бөлүмдөгү туруктуу мүнөзгө ээ деталдык көрүнүштөрдүн бири.

Чөмүчтөн аттанган кол кырк күн, кырк түн тынымсыз жол жүрүп Алтай тоосун айланып өттү. Күн эсеби кырк бирге айланганда Кыргыл атка жүрө албай шайы кетет. Өзүнүн он башысы Бозуулга кыйналганын айтса кыялы чатак, өзү орой Бозуул катуу сөздөр айтып ак сакал адамды тилдеп коёт. Бозуулга таарынган Кыргыл колдун алды жагында жалгыз бараткан Манаска жетип, ага даттанат.



www.bizdin.kg
Манас анын сөзүн элес албай, чырды коюп, он башы улугуңа бар — деп, бастырып кетет. Дагы кыйла жерге баргандан кийин Манас бир кырга чыгып турнабай менен арттагы колду караса жетелөөдөн кош кетип, кош ат колдон бош кетип, ооган жакка баш кетип, адамдардын шайы бошоп калыптыр. Атка жүрө албай калгандарды атка таңып, кээсин жүктөп тыңдары артынан колду айдап алышканын көрөт. Муну көргөн Манас кол кырылып кетер, тыныгуу бербесек болбос деп шаша жөнөп, Алмамбетке артынан жете келип, элдин шайы кеткенин, Кыргыл арызданып келгенин айтып, элге тыныгуу берсек кантет? — деди эле, Алмамбет Кыргылга шылтоолоп өзүңдүн шайың кеткен го, колдун каны ким, мени кан шайлаганың жалган болсо өкүмүңдү өзүң ал! — деп кагып коюп, бастырып кетет. Манас Алмамбетке ыраазы болуп, өзүнүн ойлонбой иш кылып, кандык укугуна кийлигишкенине өкүнүп калды. Алмамбет дагы күндүк жол жүрүп, Шараптын кырына чыгып, дүрбү салып, колду караса элдин көбү жүрбөй, асты айдалып, арты байланып келет. Колдун чамасы чак экен, эми жүргөндө кырылып кетер деп ойлогон Алмамбет Кобулдунун өзөнүнө колду тыныгууга уруксат берди. Өзү Уркундун улуу дарыясын кечип өтүп, кытайдын кароолчу Куу өрдөгү жатчу көлгө, Ак кулжа жатчу белге, Мурадыл кароол кароочу чокуга чейин барып, чалгын чалып, Куу өрдөктүн, Ак кулжанын жоонун караанын көрүп кабарга кеткенин көрүп, эч кимди таппай Алмамбет кайра колго келди.

Коркунучтуу жоого каршы аттанган баатырдын татаал жолду басып, көп кыйынчылыктар тартышы фольклордогу кеңири тараган белгилүү сюжеттерден. Сюжет Радлов жазып алган вариантта да, ошондой эле Валиханов жазып алган эпизоддо да жок. Бирок, Валиханов жазып алган эпизоддогу текстте Манас Жолойдун жылкысын тийгени бара жаткан жолдо Сары-Белдин жонунан кырчактын кызыл түлкүсү жолукканы эскерилет. Ал түлкү Жолойдун кубулган сулуу кызы, кароолчу экени айтылат. Бул ушул эпизоддогу кароолчу жандыктар (түлкү, өрдөк, кулжа) жөнүндөгү маалыматтарга үндөшүп турат.

Саякбай Каралаевдин вариантында кырк күн, кырк түн жол жүрүп, кол Алтайдын тоосун таянат. Колдун жүдөп шайы кеткенин көргөн Бакай Алмамбетке кошунду токтотуп, тыныктырууну сунуш кылат. Алмамбет колго тыныгууга уруксат берет. Саякбай Каралаевдин вариантында Сагымбай Орозбаковдун вариантындагыдай атайын окуя түрүндө кенен берилбестен, кыскача гана маалымдалган.

Башка белгилүү манасчылардын варианттарында окуя негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын, көп деталдык белгилери окшош айтылат.

Уркундан кечип өтүү, колдун эсебин алуу — сюжеттин өнүгүшүндөгү зарыл түйүндөр.

Кайгуулдан келип он алты күнү катары менен уктап ойгонгон Алмамбет азыркы чоң жоом Уркундун дарыясы, колду суудан аман өткөрүүнүн камын кылайын деп ойлонуп, арбын отун түшүрүп, азык-түлүк бышырып, аттарды чөбү калың жерге отко айдагыла деп жар чакыртып, элге жарыялады. Кошун камданып бүткөн соң жай ташын сууга байлап,. калмакча кара дуба окуп күн жайлады. Жаканын баары жамгырлап, бөксөнүн баары мөндүрлөп, борошо уруп, муз тоңуп жай чилдеде кыш түштү. Толук бир жумадан кийин Алмамбет жай ташын суудан алып, күндү ачты. Тез аттанган кол суусу тартылып калган Уркундан аман-эсен өтүштү. Дагы жол жүрүп чөбү калың, суусу кенен, чер токойлуу, аңга бай, жайлуу жерге жетишкенде Алмамбет колду токтоого буйрук берип, ушул жерге кыштап чыгарын угузду. Элди чогултуп, Алмамбет колдун эсебин сураса кошун түгөл чыгып, Манастын өз кошундагы он башы Тазбаймат тогуз адамын алдына салып, өзү онунчу болуп чубатуудан өттү. Онунчу кишиң кайда? — десе, Баймат Кадоонун боюндагы элди эсептегенде ушул тогузу колума тийген, ошондон бери өзүм менен он экенмин деп келе жатам, башканы билбейм — дейт. Отуз жүз миң орчун кол бүтүн аман-эсен чыкканда Манастын кошунан бир адамдын жоголгону

www.bizdin.kg
жакшы эмес, башкалардан кем чыкса кан жардыгы деп башын алат элек, өзүбүздөн жоголгондо унчукпай тим калсак калыстык болбос, эл эмне дейт?!— деген Алмамбет Байматтын башын алганга буйрук берди. Байматты желдеттер сүйрөп жөнөгөндө Серек ордунан тура калып, токтой тургулачы, Манастын он башчысы ким экен, тизмени карап көргүлөчү — дейт. Текшерип көрүшсө Тазбаймат жоготуп таппай жаткан анын онунчу кишиси Манас экен. Өлүмдөн калган Баймат барбалаңдап сүйүнүп, байкабай кара басып, баатыр сен үчүн өлө жаздадым десе Манас: «Уруп кеткен Тазбаймат, улук кишим сен болсоң, унуткан кишиң мен болсом. Серекти токтото туруп, сени өлтүргөндөн кийин тизме каратканда болмок экен” — деп солкулдап күлөт. Ал жерде турган жамагат бүт каткырышты.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Башка манасчылардан Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында, Багыш Сазановдун вариантында, ТМВда Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын түрдө айтылат.

Чалгын — сюжеттеги окуянын андан нары татаалдануу түйүндөрүнүн бири, өзгөчө кеңири белгилүү салттык деталдардан.

Манас кырк чоросу жана белгилүү баатырлар менен чогуу олтурганда Алмамбет келип: Эл тыныгып, кытайдан чалгын чалуучу убакыт болгонун билдирип, баатырларыңдын кимиси чалгынга барат? — деп кеңеш салса, мен чалгынга барам деген адам болбоду. Элдин түрүн байкаган Манас жолун да, тилин да, сырын да билесиң, чалгынга өзүң бар, колдон тандап жаныңа жолдош, жорукка минер кошок ат ал деп Алмамбеттен өтүндү. Манастын сөзүн кайтарбай Алмамбет чалгынга барууга бел байлап, жолдоштукка Сыргакты, кошок атка Ажыбайдын Карткүрөңүн каалады. Алмамбет менен Сыргак чалгынга аттанат.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта жок. Саякбай Каралаевдин вариантында Бакай кырк жигитке кайрылып Бээжинди көргөнүң барбы? — деп сурайт. Алмамбет мен көргөмүн, чалгынга бар десеңер барайын дейт. Манас кубанып, ыраазы болуп, Карткүрөңдү мин, жаныңа тандап жолдош ал дейт.



Алмамбет өз атын эле минерин айтып, жолдоштукка Сыргакты жактырат. Карткүрөңдү коштоп, экөө аттанып кетет.

Белгилүү манасчылардын дээрлик бардыгында бул эпизод негизинен бири-бирине жакын планда айтылат.

Чубактын чыры — сюжеттеги жаңы багыт, татаалдануу түйүнү. Эпостогу өзгөчө кеңири тараган жана салттык окуялардын бири.

Алмамбет менен Сыргак чалгынга аттанып кеткенден кийин кырк чоро эки бөлүнүп, бир жагына Ажыбай, экинчи жагына Кыргыл баш болуп, байгесине төрт байтал сайып ордо атууга киришет. Ордодон чыр чыгып, Бозуулдун сөзүнө териккен Ырчыуул кошунда жаткан Чубакка барып сен экөөбүздү Бозуул кордоду, сен Алмамбеттен кемсиң, ал колго кан болду, чалгынды да ал чалганы кетти, кеп-кеңешке кирбей бул жерде калдың деп чагым салат. Алакөөдөн, оолукма кыял

www.bizdin.kg
Чубак Алмамбет кулду соём! — деп күүлөнүп аттанып, нойгуттарды баштап, чалгынга кеткендердин артынан жөнөп калды. Кароол карап туш-тушту байкап дөңдө олтурган Бакай аламандап жөнөп калгандарды көрүп, кол бузулганын билип, шашылыш келип Манаска кабар айтты. Манас ат минбесем жок, Аккуланы Чубакка тартуу тартып, колду токтот, аба! — деп Бакайдын өзүн жумшады. Ат жетелеп алдынан чыккан Бакайды, көргөн Чубак андан өтүнө албай токтоп калды. Артынан ээрчиген колун кылычтын сырты менен сабап кайра кубалап, Бакай Чубакка «бөлүнсөң бөрү жейт, жарылсаң ууру алат, Алмамбет билсең сен үчүн кызмат кылып жүрөт» — деп акылын айтты. Бакайдын жүйөөлүү сөздөрүнө муюп, жоошуп калган Чубак келип калган Манасты көрүп эрээркеп, кайра оолугуп, ага таарынычын айтты. Арманың эле чалгын чалуу болсо жүрү! — деп Манас Чубакты ээрчитип, аны Алмамбет менен Сыргакка кошуп берип келмек болуп жөнөп, чалгынчылардын артынан жете келишти. Чубак атаандашып чыр чыгарганын туйган Алмамбет баргандар сөз айта электе эле таарыныч кылып, өзүнүн элинен азган арманын айтты. Алмамбет канчалык ачуу сөздөр айтса да Чубак ага сөз кайырбады.

Күнөөсүн мойнуна алган Чубакка Алмамбет ичинен ыраазы болуп, Манаска таарынычын айтты эле, ал терикмек турмак кайра каткырып күлүп, кытайга алып барам деп жердин түбүнө алып келген окшойсуң, кечээ кечинде элим эсиме түшүп эшикке чыгып карасам жетигенди желкеден, үркөрдү кутпа жактан көрдүм. Кайда келип калгамын деп элимден үмүт үздүм. Бээжиниң бөлөкчө жер экен го. Анын жайын айтчы? — деп өтүндү. Кытайдын жайын айтып болуп, Алмамбет тарынычы жазылбай, чалгынды Чубак чалсын, мен кайра кетем — деп ордунан турду эле, Чубак аттант пай кармай көр! — деп астыртан Манаска шыбырады. Манас кармаган Алмамбет ыйбаа кылып токтоп калды. Алмамбеттин атың начар, кайра кет дегенине болбой Манас оолугуп, мен да силер менен кошо барып кытайды көрүп келем деп чалгынчылар менен аттанды. Эки күн жол жүрүп, Саястын кара сеңирине чыгып, дүрбү салып кытайдын жерин көрүштү. Алмамбет үч баатырга кытайдын эли-жери жөнүндө баяндап, киндик каны тамган жерин көрүп көзүнө жаш алды. Андан Бээжинди бет алган жолдо Алмамбет Манаска кытайлардын арасында Макел деген дөөсү бар, ошондон кооптоном, башкаларын ала жүргөм деп сыр айтты. Керегетиге кечинде жетип, өргүп калышты.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта жок. Валиханов жазып алган эпизоддо да айтылбайт, бирок Тал-Чокуда туруп туш тарапка байкоо жүргүзгөнү эскерилет.

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Алмамбет менен Сыргак чалгынга кеткенден кийин Алмамбет чалгын чалды, сен тең болбой оорукта калдың деген Кыргылдын көкүткөнүнөн арданган Чубак Алмамбетти жайламак болуп анын артынан жөнөйт. Алмамбетти кууп жетип, жүйө сөзгө карабай, тилдеп кирет. Экөө кылыч кезешип калган маалда Чубактын кабарын Бакайдан угуп артынан шаша жеткен Манас экөөнү арачалайт. Өчөгүшүп калган немелер бой бербей бири-бирине жулунушканда Манас экөөнө таарынат. Экөө жарашып, Манастын алдына түшүшөт. Баатырлар Тал-Чокуга чыгып, Манас дүрбү менен Таласты карап, Абыке, Көбөш чатак чыгарганын, аны Каныкей басканын көрөт. Манас Каныкейдин Ороздунун он уулунан куткарып калганын, Көзкамандар уулантып өлтүрөрдө аман алып калганын эскерет. Дүрбү менен кытай жерин, элин көрүп таң калган Манас Алмамбеттен кытайдын жайын сурайт. Алмамбет түшүндүрөт. Мурда бир нече жолу сурасам жолун билбеймин деп карганып койдуң эле, эми баарын айтасың деп Манас таарыныч кылат. Алмамбет өз жомогун — тарыхын айтат. Кытайдын жолун билем десең элди казатка аттантып азапка салар, айтпа деп касам алган Каныкейдин суроосу боюнча мурда айтпаган элем деп сөзүн бүтүрүп, Алмамбет кытайдан качып келе жатканда ушул Тал-Чокуга токтоп, кие

www.bizdin.kg
чыккан атасынын жарым кандык чен тонун катып кеткен жерин көрсөтөт. Чубак менен Манас ошол жерде калып, Алмамбет менен Сыргак андан нары жөнөшөт.
Башка манасчылардын варианттары да айрым айырмачылыктары менен негизги эки варианттын нугунда эле айтылат. Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Багыш Сазановдун варианты, ТМВда Алмамбеттин тарыхы ушул Тал-Чокуда айтылып, айрым деталдык белгилерди эсепке кошпогондо салттык нукта баяндалат.
Макел дөө — бөлүмдүн сюжетиндеги өзүнчө бутак, окуялардын өнүгүшүнүн татаалданышындагы түйүндөрдүн бири.
Эртеси тогуз жолдун тоому Көтөлөктүн Сары-Белге барып тил кармап, кабар угуу үчүн Чубакты ээрчитип аттанган Алмамбет айткан жерине жетип, атын Чубакка таштап, өзү жөө белге чыгып, боюн жашырып кырдан караса жол байланып, адам каттабай калыптыр. Жоо туюнуп калганын Алмамбет түшүндү.
Аккулжа менен Куу өрдөктөн кабар алган Эсенкан акылчылары менен улуктарын жыйып, Манас Бээжинге көп кол алып келатыптыр, эмне кылабыз деп кеңешип, Маңгүбаны жердеген сазаншаң элинин улугу жанда жок чоң дөө Макелди чакыртат. Жалгыз көздүү Макел дөө Коңурбайды баш кылып кытай чоңдорун бүт коркутуп, чантууну жалгыз эле кыйратам деп жөнөп, Алмамбет жаткан белди бет алат. Жолун тосуп калган таш сеңирди колундагы күрсүсү менен талкалап өтүп, Алмамбет менен Чубакка жакындап калат. Белестен жол карап жаткан Алмамбет каршы алдынан бир тоо жылып келе жатканын көрүп, кытайлардын жыла турган тоосу бар беле деп таң калып, дүрбү салып караса жалгыз көздүү дөө экен. Алмамбет келе жаткан тоо Макел экенин билип, антаңдап шашып Чубакка жетип дөөнүн кабарын айтып, алыбыз жетпейт, бөөдө өлүм болбой Манаска барып айталы дейт. Чубактын өлсөк да качпай кармашып өлөлү дегенине ыраазы болгон Алмамбет Макел дөө менен кармашууга бел байлайт. Белге чыгып, дөөнү мээлеп жалгыз көзгө атып сокур кылып, экөөлөп эптеп өлтүрүп, башын кесип, дөөнүн минген керигинин бир жагына таш теңдеп бир жагына дөөнүн башын артып алып, Манас менен Сыргакка барышты. Өлчөөсүз чоң башты көргөн Сыргактын чындап эси чыгып, кытайдын баары ушундай болсо кантебиз деп шаштысы кетти. Алмамбет ага Макелдин жөнүн айтып, дүйнөдө ушул гана адам экенин түшүндүрүп, көңүлүн тындырды.
Эпизод Радлов жазып алган вариантта жок, Саякбай Каралаевдин вариантында да айтылбайт. Башка манасчылардан Шапак Рысмендеевдин вариантында, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында, Багыш Сазановдун вариантында, ТМВда негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылат. Саякбай Каралаевдин вариантында Манас менен Чубакты Тал-Чокуда калтырып, андан нары жөнөгөн Алмамбет менен Сыргак кароолчу түлкүнү, кулжаны өлтүрүп, кырк кечил менен Малгун дөөнү жайлайт. Аял дөө Канышайдын ордосуна суу көтөргүч болуп кубулуп барган Алмамбет уу берип аскерлерин бүт кырып, качып жөнөгөн Канышайды да өлтүрүшөт.
Алмамбет менен Сыргактын Бээжинге киргени — окуянын өнүгүшүндөгү кезектеги баскыч, жаңы түйүн.
Төрт баатыр аттанып, бир кезде Алмамбет өзү сыйкыр менен жоонун жолун тосоттогон жерлерден өтүп, шаарга жакын жерге Манас менен Чубакты калтырып, Алмамбет менен Сыргак калаага бет алышат. Экөө Туңша шаарына жакындаганда жоо келатканын билип калган Эсенкан улуктарын чогултуп, кеңеш куруп жатканда үч жүз элүү жашаган Көөдөң Манаска алыңар жетпейт, тартуу тартып багынып бергиле дейт. Чабала аттуу балбаны Манасты жеңип келе коймок болуп жөнөп, Алмамбет менен Сыргактан өлүм болот. Алмамбет жортуулга дайым ала жүрүүчү чебадаңды чечип андан мурда кытайдан кеткендеги кийимдерин кийип, Сыргакка Чабаланын кийимин кийгизип, эми

www.bizdin.kg
үнүңдү чыгарып сүйлөбө деп эскертет, каш карайган маалда кытайлардын колуна кезигип, чантуулардын Макел өлтүргөндөн калганы качып кетиптир, алдын тосуп барсын деген буйрук келди — деп аларды алдап Кентундун жолуна салат да, шаардын сепилине жетип, дарбаза алдындагы кайтаруучуларды да кытайча сүйлөп Кентунга жөнөтүп жиберип, капкачы балбандарды кыйратып ичке кирип, дарбазаны ачык таштап, Туңшага бет алышат. Туңшаны Алмамбеттин аркы атасы салдырган шаар экен, шаарга кирип, туулуп-өскөн жерин көргөндө такаты турбай боюна, өз колу менен тиккен чынарды кучактап, көз жашын токтото албай, Алмамбет күйүтүн айтып, арман кылды. Кайрат кылып эс жыйып баатырлар шаардан чыгат, кытайдан кетердеги согушта Алмамбет колунан түшүрүп жиберген канжаны таап алышып, Каспаңдын кара тоосуна карап бет алышат.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта жок, Шапак Рысмендеевдин варианты,Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Багыш Сазановдун варианты, ТМВда эпизоддун сюжети негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын.

Саякбай Каралаевдин вариантында Алмамбеттин туулуп-өскөн жерине жетип, өзү тиккен чынар теректин куурап калганын көргөн Алмамбет Бээжинден соо кетпеймин деп чочулайт. Кетип баратып бу кытайдан кетердеги согушта Алмамбет түшүрүп жиберген канжаны таап алышат. Алмамбет Эсенкан кызы Бурулчанын күтүп жүргөнүн айтып, учураша кетмек болушат. Алмамбет атасынын жарым кандык чен тонун кийип, Сыргакка да кытайча кийим кийгизип, Күрпүлдөктүн суусунан кечип өтөт. Нескара, Жолойдун көп колуна кезигип, аларды алдап алыс Суук-Төргө жөнөтүп жиберип, Бурулчага барып учурашышат. Бурулчанын Манаска белегин алып, аны менен коштошот да, жылкы тиймек болуп жөнөп кетишет.

Жылкы тийүү — сюжеттеги маанилүү бутак, эпостогу кеңири белгилүү, салттык окуялардан.

Кечүүдөн өтүп Каспаңдын Кара-Суусунун өйүзүнө чыккан эки баатыр кытайлардын жылкычы башчысы Карагулга кезигип калышат. Алардан шекшиген Карагул алыстан туруп жайын сурайт. Алмамбет алдамак болуп өзү кандын уулу экенин айтып, кабарга баратканын билдирсе да жандан аяр, сынчы Карагул ишенбей, жанындагы Сыргакты, коштоодогу Карткүрөңдү сынап, эки баатырды жакындатпай, Кентунга карап жүрүп кетет. Аяр кулду кудай урду, кууган менен буга жетпейбиз, кабарга кетти, тез жылкы тийүү керек — деп, Алмамбет доол кагып, Каспаңдын боюнда жаткан калың жылкыны үркүтүп, Карткүрөңдү жылкыга кошуп жиберип, Сыргак экөө жылкычыларга кол салып, кыйратып, көп малды сапырылтып айдап жөнөштү. Карткүрөң жылкыны баштап, Каспаңдын суусунан Шыта кечүүдөн кечип өтүп, көп жылкы капканы көздөй бет алат. Кентунга бараткан Карагул капканы кайтарган балбандар өлүп жатышканын көрүп, бая өзүнө кезиккен адам Алмамбет экенин түшүнүп, Коңурбайга кабар айтууга артын көздөй жөнөдү эле жылкылары каптап алдынан чыкты. Тосууга аракет кылды эле өрөпкүп калган жылкылар тосуу бербеди. Капканын дарбазасын жабууга аракеттенсе жалгыз күчү келбеди. Айласы түгөнгөн Карагул Коңурбайга тез жетмек болуп кечүүнү көздөй баратканда Алмамбет кабылып, капталынан качырып найза салып, бирок Торуайгырга аты жетпеди. Карагул кечүү издебей сууга кирип кетип, Алмамбеттин Сараласы жээкте токтоп калды. Торуайгыр суудан сүзүп өтүп жээкке чыкканда жаралуу Карагул шыпырылып сууда калды да, Торуайгырдын бош кеткенин караңгыда байкабай Алмамбет кул кутулуп кетти деп өкүнүп кайра тартты.

Эпизод «Чоң казаттын» окуясы катары айтылбаганы менен жылкы тийүү (Жолойдун жылкысын), ага Манас менен Алмамбет катышканы Валиханов жазып алган эпизоддогу текстте да, Радлов жазып алган вариантта да эскерилет.

www.bizdin.kg
Саякбай Каралаевдин вариантында эки баатыр кытайлардын көп жылкысын тийип жөнөшөт. Артынан кууган жылкычы башчы Жаңыбайды, кырк жылкычыны кыргын кылышат. Күүлөнүп келген Карагулду тосуп турган Сыргак найза салып, жарадар Карагул кайра качып, чоң суудан өтө качып кутулат.

Жылкы тийүү айрым вариациялары менен белгилүү манасчылардын баарында айтылат.

Куугун — «Чоң казатка» таандык согуштук эпизоддордун башталышы, окуялардын тереңдеп, татаалданышы.

Арттан куугун келгенче Манас менен Чубакка аман жетип алсак болот эле — деп эки баатыр көп жылкыны айдап катуу жөнөштү. Үстүндө ээси жок Торуайгыр Коңурбай жаткан чатырдын тушуна барып окуранып, жер чапчыйт. Сыртка чыгып чамбыл ала чаң болгон, ээси жок айгырды көрүп, Коңурбай жоо малды алганын билди. Кентке келип коңгуроо уруп, колуна кабар берип, токсон миң кол алып, калганың арттан келе бергиле деп, Коңурбай аламандап куугунга жөнөдү.

Базаң тоонун оюндагы Маралды-Суунун боюнда калган Манас менен Чубак Бээжинге кирмек болгон эки баатырды эки күн, эки түн күтүп зарыгышты. Сен тетиги көрүнгөн жончого барып жолду кара, жоо көрүнсө кабар бер, мен биртке чырм этип алайын деп Чубакты жөнөтүп жиберип, Манас кырчынды кыйрай жазданып уйкуга кирет.

Көп колу менен жылкынын сүрдөөнүнө салып катуу келаткан Коңурбайдын карааны көрүнгөндө Сыргакты алдыга жиберип өзү камыштын арасына кирип аңдып калган Алмамбет Коңурбай так тушуна келгенде качырып чыгып найза салганда, тиги кайра качат. Аны жарадар кылып, кууп бараткан Алмамбетке Мурадыл бет келип, Коңурбайды коё берген Алмамбет Мурадылды аттан сайып түшүрдү. Көп колдун жакын кирип келгенин көргөн Алмамбет ит урушун салып, жылкынын артынан жөнөдү. Алмамбетти кууп бараткан Ушаңды жол карап жүргөн Чубак туурасынан качырып чыгып көмө коюп кетти. Улам бири качымыш болуп, экинчиси буйгат жерден тосуп туруп тушуна келген душманды көмө коюп отуруп баатырлар Боз-Сеңирге чейин барышты. Алмамбет менен Сыргак Боз-Сеңирдин кыясынан тосуп келген жоону мылтыктын огуна алып, куугунду бууп токтотуп калышты. Манаска кабар бермек болуп Чубак ашып-шашып келип, уктап жаткан Манасты ойготсо, ал такыр ойгонбойт, тикесинен тургузуп туруп, коё берсе шалак этип жыгылат, өлүп калган го десе коңуругу баш жарып уктап жатат. Айласы кеткен Чубак Аколпоктун этегин түрүп коюп, атына минип качырып келип Манасты найза менен жоон санга сайды. Найза кирген жерин чапчып алып, ошондо араң ойгонгон Манас кулжуңдаган чунак, бул эмнең? — дейт Чубакка. Шашкан Чубак эсепсиз көп жоо каптап келе жатканын айтса, «...Жоо болсо нетербиз, Жолуң болгур, ыйлаба, Уруша-уруша чыгып кетербиз», — урушпай жүргөн жоо барбы, ага эмне мынчалык алаптайсың! — деп Манас кебелбейт. Манастын эрдигине чексиз ыраазы болгон Чубак өзү да кайраттанат. Манас согушка кирип, каптаган калың жоонун алдын кайра жапырды. Алмамбет тез жетип колго кабар бер деп Сыргакты жөнөттү.

Манастар жылкы тийгенде артынан келип, согушта Коңурбай менен Жолойдун өлгөнү Валиханов жазып алган эпизоддогу жазылган текстте кыска эскерилет. Радлов жазып алган вариантта жылкысын тийгенде артынан кууп келген Жолойду тосуп туруп, Манас менен Алмамбет өлтүрөт.

Саякбай Каралаевдин вариантында Карагулдан кабар уккан Коңурбай көп кол менен куугунга келет. Тосуп турган Алмамбет Коңурбайга кол салып, эми жетип жайлаарда ал кумга сала качып, шайы кеткен Сарала жетпей калат. Сыргак менен Алмамбет ит урушун салып, жылкыны айдап жүрүп олтурушат. Уктап жаткан Манас чочуп ойгонуп, баатырлар кыйын абалда калган окшойт, жардам берели деп Чубак экөө шашылыш жөнөйт. Көп жылкыны баштап келе жаткан Карткүрөң

www.bizdin.kg
мени минсең Алгарага үч жолу жетип берейин деп Манаска барат. Манас болбойт, таарынган Карткүрөң Ажыбайга качып кетет. Төрт баатыр кошулушуп, көп жоону кыйратып, кайра сүрүшөт. Манас келди, жеңилмек болдук, көп кол берсин! — деп Коңурбай Карыканга кабар жиберет. Карыкан көп кол жиберип, күчтөнүп кытайлар төрт баатырды кайра каптайт. Согуш катуулап, Айбанбоз баспай жөө калган Манас Тал-Чокуну пааналайт, үч баатыр аны коргоп, курчап алган жоо менен кармашып турушат. Манас Сыргакка колго кабар бер деп тапшырат. Кууган жоодон качып кутулуп, Сыргак колго жөнөйт.

Жылкынын артынан куугун келип, төрт баатырдын кытайлар менен согушу белгилүү манасчылардын баарында бар, бирок, алар бири биринен да, ошондой эле Сагымбай Орозбаковдун вариантында да, Саякбай Каралаевдин вариантында да айырмаланган өзгөчөлүктөрү менен айтылат. Айырмачылыктар майда деталдык көрүнүштөр боюнча эле эмес, окуянын жүрүшү, мазмун жактан да бар.

Сыргактын кошунга кабар бергени — сюжеттин өнүгүшүндөгү маанилүү бутактардын бири, окуялардын татаалданышындагы орчундуу түйүн.

Чалгынга кеткен баатырлардан кабар кечиккенге кабатыр болуп, кароол карап жүргөн Бакай катуу келаткан Сыргакты алыстан эле көрүп, алдынан тосуп турса байкабай өтүп баратат. Кыйкырса укпайт. «Бул мынча эмнени көргөн» деп ачууланган Бакай Бозжоргого камчы уруп, Сыргакты кууп жетип найзанын түпөгүнөн кармап, түбү менен капталга коюп калат. Аттан учуп кете жаздаган Сыргак ат жалдап араң токтолуп, кайдан жеткен жоо болуп кетти деген ой менен найзаны улай кылчайып караса, абасы Бакай. Шашкан Сыргактын оозуна «аба, аба!» — дегенден башка сөз кирбей алактайт. Ачуусу ого бетер келген Бакай эс-акылың кайда, сенин?! Абадан башка сөзүң жокпу? — деп оройдон ары камчы менен салып калды. Экөө ал жерге токтоп, эсине келген Сыргактан үч баатырдын кызыл өрттүн ичинде калганын укkан Бакай: Баатырлар жоонун курчоосунда калды деп алаңдап жетип барсаң, араң турган алты кан көңтөрүлө кайра жөнөбөйбү? Андан көрө кытайдын көп жылкысын тийип алдык, куугун келбеди, келип олжосун бөлүп алсын деп силерге кабарга келдим — деп айтып бар деп үйрөтүп, Сыргактын үстү-башын күбүнтүп, жуунтуп-тазалантып алып, шашпаган болуп, жай бастырып кошунга келишти. Олжо алсын дегенди укkан кол жапырт аттанып, жөнөп калышат.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта айтылбайт. Саякбай Каралаевдин вариантында: Бакай уйкудан чочуп ойгонуп, Манастын аты баспай калды го деп бушайман жеп, Чөл-Өлүүнүн белинен туш тарапты карап туруп алыстан келе жаткан карааңды көрөт, утурлап барып Сыргакка жолугат. Ал мени тоспо, коё бер, жарадармын, шайым жок — деп наалыш кылат. Ачуусу келген Бакай камчы менен Сыргакты аттан түшүрө чаап, тилдеп, жоону алдык, олжону бөлүшкөнгө чакырып келдим деп айтып баргын деп, кат жазып колуна берип, ээрчитип барат. Ажыбай Аккуланы жетелеп шаша жөнөйт.

Эпизод Шапак Рысмендеевдин варианты,Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Багыш Сазановдун варианты, ТМВда негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына, Саякбай Каралаевдин вариантына жакын айтылат.

Көл-Кечүүдөгү кармаш — сюжеттин татаалданышындагы өзүнчө бутак.

Кытайдын колун тосуп урушуп жүргөн Манас Коңурбайды көрүп, көздөгөнүм табылды деп кубанып, атына камчы салып качырып калды. Коңурбай да Манасты беттеп, найза сунуп, экөө кез келгенде Манастан төшкө найза жеген Коңурбай аттан кулап түштү. Кайра тартып анын башын кесүүгө кылыч суурган Манаска Бороончу кол салып, Коңурбайды таштап Бороончуну да ыргыта сайды.

www.bizdin.kg



Бороончунун башын кесүүгө буямасын келтирбей калың жоо туш-туштан каптап, ураан салып тегеректеп кеткенде жамгырдай, мөндүрдөй жааган октун астында эсепсиз душмандын арасында жалгыз калган Манас сестенип, бет алдын сүзө качырып, жарып өтүп, бөлүнүп чыга берди. Манас Иткечпестин Кара-Суудагы Көл-Кечүүгө киргенде артынан көп жоо жете келип, жабылып кол салып, бучкактап алга жылдырбай алек кылды. Манасты акмалап келген Алмамбет менен Чубак калың жоого бой уруп, согушуп, Манас суудан өтүп кеткенче улам каптаганынын алдын тосуп, токтотуп турушту. Манас тиги жээкке аман чыкканын көргөн Алмамбет менен Чубак сууга киргенде кармап калмакчы болгон душман өмөлүп каптап сууга кошо кирди. Муну көргөн Манас эки баатырды куткарам деген ой менен сууга кайра кирди, аны көрүп Алмамбет катыгүн төрө кайра тарт! — деп кыйкырды. Ага болбой жоого аралашкан Манас Көл-Кечүүнү кан кылып, жоонун көбүн кырып, Алмамбет менен Чубакты ажыратып чыкты. Мурда тердеп, катуу кыйналып калган Айбанбоз муздак сууга кайра киргенде эти жашып, ичи көөп, шайы кетип, суунун шарына туруштук бере албай агып жөнөдү. Аны байкаган Коңурбай артынан акмалап барып, суунун кууш жеринен тосуп, жакын келгенде бет маңдайынын эки көздүн ортосун далдап найза шилтеди. Көз айырбай карап турган Манас бет маңдай келген найзаны шап түпөктөн кармап токтотуп калды. Найзанын учу Манастын колунда, сабы Коңурбайда, ал нары түртсө Манас аты менен калкып нары кетет, бери тартса жээкке жакындайт. Манастын сууга акканын көргөн Алмамбет берки өйүзгө кайра өтүп, Коңурбайды качырып кол салды. Анын жакындап кирип келгенин көргөн Коңурбай найзасын таштай качып, колуна кирди. Эки найза өңөрүп, бул кыргыз кырылганбы?! — деп Манас суунун жээгине жаңы чыкканда кошундун алды келип, согушка аралашты. Аккуланы жетелеп келип Бакай Манаска тартты.

Эпизод Радлов жазып алган вариантта да, Саякбай Каралаевдин вариантында да жок. Башка белгилүү манасчылардан Шапак Рысмендеевдин вариантында гана Манастын сууда агып, Коңурбайдын найзасын кармап калганы кыска баяндалат. «Чоң казаттын» окуясы катары аталбаганы менен эпостун Валиханов жазып алган эпизоддун текстинде жылкыны кууп келген Коңурбайдын чоң суунун кечмелигинде Манас менен кезиккени, экөө кезек беришип беттешип, ошол беттешүүдө Коңурбайдын Манастан өлгөнү кыска баяндалат.

Чоң согуш — «Чоң казат» бөлүмүндөгү кульминациялык чекит, күрөштүн чечүүчү учуру.

Кырк чоро баш болгон калың кошун аламандап ат коюп, аткычылдар жаа чоюп, мылтыктын үнү тарсылдап, доол согуп карсылдап, албарс кылыч жаркылдап, саадактын огу шартылдап согушка кириштн. Аккулага минип, жоо жарагы толук колуна тийген Манастын кадимки баатырдык шаңы келип, душманга сүрү артып, аралап жоого киргенде оң көзүнөн ок чыгып, сол көзүнөн чок чыгып, астына каршы келгендин алыскысын найзалап, жакыныраагын Ачалбарс менен кайсалап кыйратып кирди. Эки кошуун беттешип, кандуу чоң согуш болду. Айыгышкан согушта азууларын аркайтып, ат жыгылып сулады, муруттарын сербейтип, эр

www.bizdin.kg
жыгылып кулады. Туу түбүндө турушуп, туубуз качпай турат деп кубат кылып урушушту. Кыргын ичинде Коңурбайды көргөн Манас аны беттеди. Коңур такаат кылбай, калаасын көздөй качып берди. Көшөрө кууган Манас узатпай жетип, артынан найза салды. Ээрден көчүгү кыйшайып эми аттан түшө турган болгондо шаардын сепилине жетип, жашынан машыктырып көндүм болгон Алгара чептен секирип өтүп Коңурбай кутулуп кетти. Өкүнгөн Манас кайра тартты. Туусу жыгылып, бел байлаган баатыры качып, кытай колунун өлгөнүнөн калганы шаарын көздөй качты. Көбү колго түшүп, азы капкасына кирип кутулду.


Жарадар болгон Коңурбай эки жарым күн эс-учун билбей тилсиз жатып, үчүнчү күндө араң эсине келди.

Жылкы тийгенде артынан куугун келип, согуш болуп, ал согушта Жолойдун жана анын эки баласынын өлүшү Радлов жазып алган вариантта эскерилет.



С. Чокморов. «Жоокердин өлүмү».

Белгилүү манасчылардын варианттарынын ичинен эки кол беттешкен чечүүчү согуш Шапак Рысмендеевдин варианты менен Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында негизинен Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын айтылса, ТМВда окуянын нугу бир болгону менен бир катар орчундуу өзгөчөлүктөрү бар.



Г. Петров. Мадакан дөө.

www.bizdin.kg
Ошондой эле Багыш Сазановдун вариантында өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ. Саякбай Каралаевдин вариантында: Тал-Чокудагы Манаска Ажыбай Аккуланы жеткирет. Аккулага минген Манас кырк чорону баштап, он эки кандын колу да согушка кирди. Көп жоонун орто жерин Манас оюп, тегерегин кырк чоро союп, бир капталын Бакай сүрүп, солон жагын Төштүк беттеп, калың кошун ат коюп киргенде туруштук бере албай кытайлар качып калышты. Коңурбай жардам сурап Түп Бээжинге кабар берип, көк букачан Мадыкан дөө баштаган эсепсиз көп кол келип, согуш кайра күч алды. Жалгыз мүйүздүү көк букасын! минген Мадыкан дөө согушка кирип эле Музбурчак менен Кошойду катары менен ыргыта сайды. Колго түшүп, байлоодо калган Кошой менен Музбурчакты Сыргак бошотуп чыкты. Манас баш болгон кыргыз баатырлары көптөп жатып Мадыканды араң жеңип, башын кесишет.

Качкан кытайларды артынан сүрүп баратып, алдынан жолуккан Коңурбайды көрүп Манас бет алды эле, ал беттешпестен качып жөнөдү. Көшөрө кууп баратып Манас шаардын эми дарбазасынан Коңурбайдын артынан кирип кетерде Алмамбет жетип, чылбырдан алып токтотуп калды. Нааразы болгон Манаска Алмамбет Коңурбай шаарга киргизиш үчүн амалданып качканын түшүндүрдү.

Кытайлар жеңилип, эки эл жарашканы — «Чоң казат» бөлүмүнүн жыйынтык окуясы, сюжеттеги күрөштүн чечилиши.

Коңурбай эсин жыйгандан кийин кытайдын улуктары чогулуп, кеңеш куруп, тартуу тартып жарашуудан башка арга жок деген бүтүмгө келишти. Кармашып, чабышкан менен чаркыбыз жете турган эмес, урушсак кыргын таба турганбыз, азыр шаарыбыз камоодо, жарашсак дейбиз — деп кат жазып, тугалык делчү атайын үйрөтүлгөн куштун бутуна байлап, Эсенканга жөнөтүштү. Кабар алган Эсенкан да жарашууну туура көрүп, көп тартуу тартып, эки эл жарашты. Казатка келген кошун жай-жайына тарады. Белдүү жоону жеңип, ич ара чатактарын токтотуп, кыргыз бектери Манасты бел тутуп, тынч жатып калышты.

Манас Жолойдун элин чаап, көп олжо алып кайткандыгы Радлов жазып алган вариантта айтылат. Ал эми Валиханов жазып алган эпизоддогу текстте Коңурбайды жайлап, көп олжо алып элине кайтып, көп жерлерге сурагы жетип, Манас баатыр тынчтык алып жатып калды делет.

Саякбай Каралаевдин вариантында: белеске туу орнотуп, кошунду чогултуп, эсебин алышса Музбурчак, Көкчөнүн элинен көбү өлүптүр, ок жаңылып Шыгай менен Бокмурун каза табышыптыр, Кошой менен Үрбүнүн колунун жарымы жок. Элемандын Төштүк жок, кырк чородон Чубак жок. Чубак менен Төштүктүн жоктугуна Манас катуу кайгырат. Кеч кирип, эл ал жерде түнөп калышты. Таң ата Айкожо азан айтып, эл жапырт багымдат намазын окуп жатканда өзү жалгыз Нескараны баш кылып кытайлардын кырк төрөсүн туткундап алган Чубак келди. Аны көргөн Манас намазын бузуп, ордунан тура чуркап, кубанып тосуп алды. Нескара Манаска кайрылып мени өлтүрбө, Эсенкан кызы Бурулча менен Айжаңжуң кызы Бирмыскалды баш кылып, көп тартуу тартайын, Чет-Бээжиндин кандыгын берейин, Эсенканга кабар бер, ал менин айткандарымды бүт аткарат — деп, сабылды. Бакай, Кошой баш болуп кеңеш куруп, кытайларга элчи жиберүүнү туура табышты. Суук-Төр деген жерде миң балбан менен беттешип, баарын жеңип, сегиз жүз ат олжо алып, аман-эсен Төштүк келди. Анын аман келишине элдин баары кубанды. Нескаранын кырк төрөсүнүн бирин жанына ээрчитип, элчи болуп Ажыбай менен Үрбү Эсенкандын ордосуна барышты. Нескара айткандай Эсенкан жарашууга макул болуп, Бурулча менен Бирмыскалды баш кылып миң кыз, көп дүнүйө тартуу тартып, Манастын алдына келди.

Кытайлардын тартуусун кабыл алышты. Бурулчаны Алмамбетке, Бирмыскалды Чубакка алып берип, ике кыйышты. Эсенкан Манаска Чет-Бээжиндин кандыгын берип, алтымыш күнү той болду.

www.bizdin.kg
Согушта Манас баштаган кыргыздардын жеңишке ээ болушу жана кармаш кытайлардын тартуу тартышы, эки элдин жарашышы менен аякташы белгилүү варианттардын баарында бар. Бирок, окуялардын ички курулушу, өнүгүшү орчундуу айырмачылыктарга ээ. Эпостогу окуялардын көпчүлүгүн бири-бирине жакын планда айтышкан, айтуучулук мектептин өкүлдөрү болгон Сагымбай Орозбак уулу, Шапак Рысменде уулу, Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкул уулу да чыгармадагы ушул окуяны ар бири бири-биринен, ошондой эле Саякбай Карала уулунун вариантынан да айырмалуу айтышат.

Шапак Рысмендеевдин вариантында эки кол беттешкен чоң согушта кытайлар жеңилип качат. Алардын шаарын камап алып, Бакай менен Кыргыл аким болот. Үйүнө кетем дегендерге уруксат берилет. Канык ей жаман түш көрүп, кат жазып, Тайбуурулду коштотуп, Кошабышты Манаска жөнөтөт. Манас жети кан менен кеңешип, же келип урушсун же багынып берсин деп Бээжинге качып кеткен Коңурбайга элчи жиберишет. Ал Эсенканга кабар салып, акыл сураса Эсенкан тартуу тартып жарашкын дейт. Эсенкандын Бурулча, Канышай деген кыздарын тартуу тартып жарашат, бир шаарды Манастын атына коюшат. Манас элди кетирип, кытайда кырк күнү турмак болуп чоролору менен Бээжинде калат.

Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында эки кол беттешкен чечүүчү согушта качкан кытайлар сепилине бекинишет. Манас капканы курчап камап калат. Эсенкан менен Алооке жарашууну суранышып, көп тартуу менен келишет. Асылкан уулу Алмамбет менен көрүшөт. Манас колу менен алты ай Бээжинде туруп, көп олжо менен элине кайтат.

ТМВ боюнча эки кол беттешип, алты күнү тынымсыз согуш болот. Кытайлар качып, Коңурбай сепилдин ичине кирип бекинет. Камап жатып алмак болушуп тегерете курчап беш ай жатышат. Манас кетпесине көзү жеткен Коңурбай билермандары, мыктылары менен кеңешет. Урушууга бүтүм кылышып, кытайлар чептен чыгышат. Кыргыздар даярдап койгон төрт жүз замбирек менен атып, жоонун колу көп зыян тартат. Эки кол беттешип, катуу согуш болот. Манас менен Коңурбай жекеде сайышат. Эки күн, эки түн кармашып, акыры Манас жеңет. Алмамбет Коңурбайды өлтүрмөк болгондо, Манас чексиз баатыр экен, мусулман кылалы дейт. Мусулман болбойт, өлтүрүп тынган оң, тирүү калса алдап кетет деген Алмамбеттин сөзүнө көнбөй Манас туткундагы Коңурбайды алдырып келип, мусулман бол десе ал макул болот. Эки эл жарашып, өлгөндөрдүн эсебин алып, өлүктөрдү көмүшөт. Коңурбай Манасты Чоң-Бээжинге конокко чакырат. Манас колду таратып, алты канды ээрчитип Коңурбайга конокко барат. Ал мыктылап тосот. Алмамбет Бакайды ээрчитип атасына барып, ата-энесин, элин мусулман кылат. Манас Эсенкандын тагына минип, үч күн олтурган соң кандыгын Алмамбетке берет. Ал кан шайланат, Бирмыскалга үйлөнүп, үч ай той берет. Элден аттанып чыкканы эки жылга толгондо Алмамбет кандыгын инисине берип, көп олжо менен кошун жай-жайына тарайт. Манас аман-эсен Таласка келип түшөт.

Багыш Сазановдун вариантында Сыргактан кабар алган кол согуш майданына келип, Манас Аккулага мингенде Коңурбай чочулап, эки жактан эки баатыр чыгып беттешсин, жеңилген тарап багынып берсин деп сунуш кылат. Кытайлардын Кыртыш дөөсүнө каршы барган Ажыбай жеңип кытайлар качууга бет алышат. Артынан кууп сайып, көбүн кыргын кылышат. Баатырлар тийип келген жылкы менен жоодон түшкөн аттарды жети кандын колу олжо кылып бөлүшөт. Капкага кирип бекинген кытайлар улам чыгып согушуп турушат. Жекеге чыккан Коңурбайды Чубак жеңип алып, аны дарга асып өлтүрүшөт. Кытайлар тарап багынат. Алмамбет Бирмыскалга, кырк чоро анын жолдош кыздарына үйлөнөт. Көп олжо менен кол жерге кайтышат.

www.bizdin.kg

КИЧИ КАЗАТ — эпостун корутунду бөлүмү, салттык туруктуу окуялардын бири. Бөлүм Манастын жакын жолдоштору ажал таап, өзү жарадар болуп элине келип, өлгөнүн баяндаган окуяларды камтыйт.

Бөлүм белгилүү манасчылардын көпчүлүгүндө «Кичи казат» делет, элде да ушундай ат менен белгилүү. Айрым манасчылардын вариантарында башкача аталган учурлар да бар. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында «Кичи чабуул» делсе, ТМВда «Кан казат» деп аталат.

Семетейдин төрөлүшү — «Кичи чабуулда» («Кичи казатта») кириш бөлүмдүн милдетин аткарган окуя.

Кытайларды жеңип, көп олжо менен жер-жерине кайтышкандан кийин Манастын зоболосу дагы да жогору көтөрүлүп, ага каршы чыгып, каяша айтар жан калбай, ич ара чыр-чатактар басылып, эл тынч жатып калат. Манас алтымыш жашка чыгат. Баласыздыгына арман кылып, кыргыздын мыктыларын чогултуп Мекеге барып, кудайдан бала сурап зыярат кылып келмек болуп кеңеш салат. Эл Манасты опурталдуу алыс жолго кыйбай мыктылар кылчакташат. Бакай душманыбыз көп, баатыр Мекеге кетип калса чатак чыгып, эл бузулар — деп ойлоп, Манасты барба дейт. Кыргылчал бузукулук кылып, Манастын Мекеге барышын кубаттайт. Ага Бакай, Төштүк каршы чыгып, кеңешке катышып отургандар да Кыргылдын оюн жактырышпайт. Багыш карыянын акылы боюнча Манастын аялдарын чакырып сурайлы, эгер бирөөнүн боюнда бар болсо Манасты Мекеге жибербейли деген бүтүмгө келишет. Акылай Каныкейдин беш айлык боюнда бар экенин билдирет. Манас Мекеге барбай калат. Каныкей эркек төрөйт, көп эл чакырып, чоң той берилет. Төрөлгөн балага Семетей деп ат коюлат.

«Семетейдин туулганы» Радлов жазып алган вариантта эпостун жетинчи окуясы катары берилген. Сагымбай Орозбаковдун варианты менен Радлов жазып алган вариантынын мазмунунда окуялардын өнүгүшүндө олуттуу айырмачылыктар бар. Радлов жазып алган вариантта Каныкейдин жети айлык боюнда бар кезде Аккула арып, Манас кан карып өлөт. Каныкей төрөгөндө Акылай баланы өлтүрмөк болот. Бирок, баланы чоң энеси Бакдөөлөт аман алып калат.

Саякбай Каралаевдин вариантында Семетей эл «Чоң казатка» аттанганда балтыр бешик бала экени гана айтылып, төрөлүшү атайын окуя катары берилбейт.

Шапак Рысмендеевдин вариантында Манас «Чоң казаттан» кайтканда Семетей эки жашар бала экени эскерилип, баланын туулушун баяндаган атайын окуя жок. Молдобасан Мусулманкуловдун варианты боюнча «Манаста» Семетейдин ысымы эч жерде учурабайт. Багыш Сазановдун вариантында Семетей жөнүндө «Кичи казатта» эскерилет. Аккулага ок тийип, Манас жөө калганда ага Тайбуурулду жетелетип жөнөткөндө жазган катында Каныкей согушту токтотуп үйгө кайт, Семетейди көр дейт. ТМВда Семетей Манас тирүү кезинде төрөлгөн болот. Өлөрүндө уулу Семетейдин жаш калганын эскерип, аны Бакайга тапшырат, баланын төрөлүшүн баяндаган атайын окуя жок.

Коңурбайдын бузукулугу — «Кичи чабуулдун» («Кичи казат») башталышына себеп болгон окуя.

Семетейдин туулганына арналып берилген тойдо шылтоо таап чыр чыгарып, кыргыздарды чаап алалы деп Коңурбай элине кеңеш курат. Аны угуп калган Алмамбет Бакайга айтат, Алы жетмек беле, чыр чыкпасын, унчукпа деп Бакай Алмамбетти тыйып коёт. Коңурбай чаап алам деп опуза айтканын уккан Манас аттанмак болуп элине буйрук бергенде, үйүңө келген мейманыңа кол салганың туура болбойт деп аны Кошой тыят. Кытайлар Коңурбайдын чогоол сөздөрү жана арам ой аракети үчүн кечирим сурашып, кыздан тартуу тарталы, чыр чыкпасын деп суранышат. Төштүктүн сунушу боюнча тартууга Алмамбет жактырган Эсенкандын кызы Мыскалды сурашат. Кытайларды ыраазы кылыш үчүн кыздын калыңына көп дүнүйө, мал беришет. Той тынч тарап, эки элдин арасы тынчыйт.

www.bizdin.kg
Радлов жазып алган вариантта мындай окуя жок. Саякбай Каралаевдин вариантында Чет-Бээжинге Манас кан болгондон кийин Коңурбай Түп-Бээжиндеги Карыканга качып барат. Карыкан Манастын Бээжинге алты ай кан болору даңзага эчак жазылганын, кыргыздын баатырынын ажалы айбалтадан экенин айтып, атайы айбалта жасатат. Айбалтаны алып, ыгын таап Манасты жайлаш үчүн Коңурбай Чет-Бээжинге жашырын кайтат.
Кытайлардын жеңилип, Манастын Чет-Бээжинге кан болгонун сүйүнчүлөп барган Шуутудан угуп Канықей: тез кайт, кытайда турсаң баатырдын баарын алдырасың, өзүң да соо болбойсуң! — деп кат жазып, Шуутуну кайра жөнөтөт. Ал Бээжинге жете берерде аңдып жүргөн Коңурбайга кабылып, чоң сууну минип келаткан Тайбуурул менен аттатып өткөндө Канықейдин каты сууга түшүп калат.
Шуутунун тез келсин деди — деген сөзүнө Манас анча маани бербейт. Жети кандын элин чогултуп, кайтууга уруксат берет. Кайткан эл менен кошо Бакай да Бурулча менен Бирмыскалды Таласка көчүрүп кетет. Кошой, Төштүк баш болуп казатка келген кошундун көбү кайтат. Мусулман болумуш болуп алдап Манаска ашпозчу болуп жүргөн Шуйкучу деген кытай Манастын жаткан-турганын, эмне кылганын бүт катка салып жүрүп, кыргыздардын башкы баатырын эртең менен ич кийимчен, чепкенин желбегей жамынып, даарат алып, мунарга чыгып асан чакырган учурда гана өлтүрүүгө боло турганын Коңурбайга билдирет. Коңурбай аңдып жүрүп жоо кийимсиз, бейкапар асан чакырууга камданып жаткан Манасты аркасынан келип атайы жасалган айбалта менен шилиге чабат. Манастын эси ооп жыгылат. Ошол күнү кароолдо туруп көзү илинип кеткен Ажыбай ойгонуп, качып бара жаткан Коңурбайды кууп жетип, найза сайып жарадар кылат. Ууга сугарылган балтанын уусу денесине тарап, жарасы кабылдап, катуу ооруган Манасты Алмамбет өзү дарылап, денедеги ууну тараттырып, кадимкидей айыктырып, жанына нече миң кол кошуп, Таласка барып, балаңды көр — деп аттантат. Бир нече күн жол жүрүп Бээжинден узагандан кийин Манас башына балта тийгенде коркуп качып кетти деген сөзгө калбайын деп намыс кылып, жанындагыларга токтоого буйрук берет. Таштан тегерете чеп кармап, туш-тушка кароол коюп, ошол жерге жатып калышат.
Белгилүү манасчылардын варианттарындагы «Кичи казаттын» башталыш окуялары бири-биринен да, ошондой эле Сагымбай Орозбаковдун варианты менен Саякбай Каралаевдин вариантынан айырмаланып айтылат. Шапак Рысмендеевдин вариантында «Чоң казат» кыргыздардын жеңиши менен бүткөндөн кийин элди жер-жерине таратып жиберип, кырк чоросу менен кырк күн туруу үчүн кытайда калган Манаска Коңурбай келип, элиңе кайтар болжолуң болду, аттанып чыгып тамаша кылып келели дейт. Манас макул болуп, жоо кийимин кийбей, бейкапар Коңурбай менен бастырып кетет. Жаман белгилери кармап, чочулаган Бакай Ажыбайды Манастын артынан чаптырат. Коңурбай аңдып туруп байкатпай Манасты катып келген айбалтасы менен башка чабат. Ошондо келип калган Ажыбай кылыч алып Коңурбайды качырат, бирок, кылычы мүчүп Коңурбайга эмес, Алгаранын соорусуна тиет. Алгара очорулуп, жөө калган Коңурбайдын башын алууга умтулган Ажыбайдын жолун Коңурбайдын аңдып турган жигиттери тосуп калат. Жарадар Манастан чочулаган Ажыбай кайра тартып, Аккуланы чылбырдан алып качып чыгып, Бакайдын чатырына келет.
Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында: Манас элине кайтып кеткенден бир топ убакыттан кийин Коңурбай өч алмак болуп эсепсиз көп кол менен аттанып чыгып, уйгурларга кез келип, аларды чабат. Кабар алган Манас кол курап келип, катуу согуш болот. Ал согушта Нескараны Алмамбет, Бороончуну Төштүк өлтүрөт. Кытайларды шаарына камап жатып жеңип, Манас Бээжинге дагы алты ай кан болуп турат. Манас менен кошо келген кол туш-тушка тарап, кытайдан аял алып, ар бири өз бетинче кетет. Кетер убакыт болуп, тарап кеткендерди чогулта албай

www.bizdin.kg
Манас өлдү деп жарыялашат. Эл чогулуп, кетүүгө камына башташат. Кытайдын Дуңша аттуу акылман кары адамы Коңурбайга: өзүн өзү өлдү деп Манастын башынан сыймыгы учту, аны эми жеңесиң — дейт. Коңурбай аңдып келип, эртең менен даарат алып жаткан Манасты кара кушка айбалта менен чаап жарадар кылат.

Багыш Сазановдун вариантында кытайларды жеңип, олжо менен жержерине тараганда бир жылдан кийин кайра келип Бээжиндеги Эсенканды чаап алмак болгон убада боюнча Манас колун жыйып Бээжинге аттанат. Буга чейин Кыргылдын ушагына ишенген Манаска Чубактын элине кетип калышы, аны уккан Коңурбайдын кыргыздарды чаап алганы аттанганы, Манас Чубак менен жарашканы кеткенде кытайлардын Таласты камашы, Манас келип кытайларды кууп чыгышы өндүү Саякбай Каралаевдин вариантындагы өзүнчө чоң окуя катары айтылган эпизодго жакын мүнөздөгү окуялар айтылат. Тосо чыккан Коңурбайдын колу менен катуу согуш болуп, кытайлар чебине бекинишет, чепти камап согушуп жатканда Аккулага ок тийип, Ырчыуул Таластан Тайбуурулду алып келет. Согушту койсун, кайтсын деген Каныкейдин катына болбой, Манас согушту улантат. Капарсыз келе жаткан Манастын артынан келип Коңурбай айбалта менен башка чаап жарадар кылат.

ТМВда мусулман болдум деп алдап, кантип эбин келтирсем деп кекенип жүргөн Коңурбай Эсенкандын алдында кеңеш куруп, Манастан кек алыш үчүн аны конокко чакырып, аз адам менен келсе жайламак болот. Конок болуп кет — деген кат алып атайын кабарчы келгенде Бакай менен Алмамбет баш болушуп кырк чоронун көбү барбайлы дешет. Чакырганга барбайт деген эмне? — деп Кыргыл Манасты көкүтөт. Амал менен чакырышы мүмкүн, көп кол алып, камданып баралы деген Алмамбеттин сөзүнө болбой, Манас азыраак эле адам менен аттанат. Барба, жаман түш көрдүм деген Каныкейдин сөзүнө да көнбөйт. Коңурбай Манасты урмат менен тосуп, конок кылабыз деп шылтоолоп жанындагы адамдарды бөлүп-бөлүп кетишет да, беш күн конок болгон соң Манастын үстүнө кирип, атайын жасалган айбалта менен чабат. Манас кагып жибергенде балта даана тийбей, бир жак каракушка тиет. Манас балтаны колунан жулуп алганда Коңурбай качып чыгат.

Коңурбайдын атайын жасалган айбалта менен чаап Манасты жарадар кылышы бардык манасчыларда айтылганы менен окуянын өнүгүшү ар башка берилген.

Манастын Мекеге барышы — окуялардын чиеленишиндеги баскыч.

Арадан үч жыл өткөндө Манас Алтайга көчмөк болуп, элине кабар берип, кеңеш курат Чогулган элге той берип, баласын олтургузат. Барам деп койдум эле, Мекеге барууга уруксат бергиле — деп өтүнөт. Акун канга баласыз кезде бел куда болдук эле, эми мен эркек, сен кыздуу болдуң, айнымасаң кызыңды уулума бер деп көп калың берет. Манас Мекеге барса аман кайра келбейт го деп эл кайгырат. Манас элинен ыраазылык сурап, Алмамбет, Сыргак, Токотойду ээрчитип Мекеге жөнөйт. Манастар узак жол басып, укмуштуу жандарга жолугат, он тогуз күн деңизде, тогуз күн чөлдө жүрүп, акыры Мекеге жетет. Аларды Абуназир тосуп алып, Мединага алып барып, Мукамбет пайгамбардын кабырын көргөзүп, кайра элине кетүүчү жолду айтып берип жөнөтөт.

Окуя Радлов жазып алган вариантта, Саякбай Каралаевдин вариантында, ошондой эле башка белгилүү манасчылардын варианттарында да кездешпейт.

Коңурбайдын кыргыздарга кол салышы — «Кичи чабуул» («Кичи казат») бөлүмүндөгү окуялардын чечүүчү учуру.

Манастын Мекеге кеткенин уккан Коңурбай кыргыздарды чаап алмак болуп аттанат. Мыскалдан кат алган Бакай кытайлардын душмандык оюн билип, жакын көчүп келип алдык (эл Манас Мекеге кетерден мурда эле Алтайга көчүп келген), бейкапар жатып алдырып койбойлу деп кырк жигитке келип кеңешип, кол

www.bizdin.kg
жыйып камданышат. Кытайлардын кабарын уккан эл үркөт. Мекеден кайра келе жаткан Манас үрккөн элдин алдынан чыгат. Абыке баштаган кыргыздын колу аздык кылып, такат бере албай качканы турганда Манас келип, согушка аралашат. Катуу согуш болуп, кытайдан өтө көп адам кыргынга учурайт. Мыскал адам жиберип, Алмамбетти чакыртып, атасынан үч ай согушту токтото турууну суранат. Согуш токтоп, Мыскал Алмамбетке жолугат.

Окуя Радлов жазып алган вариантта эскерилбейт. Саякбай Каралаевдин вариантында Ажыбай сайган найзадан жарадар болуп, кырк күн жатып айыгып, элине кошулган Коңурбай Манасты жайлап салдым деп туш-тушка кабар берип, кол жыйып, Чет-Бээжинди курчап калат. Кытайлар кол саларын билип күн мурун даярданып белен турган кыргыз кошуну каршы чыгып, согуш башталат. Кандуу согуш болуп, кытайлар кырылганына карабай улам өмөлүп каптап, көптүгүнө салып Алмамбет, Чубак, Сыргак баш болуп урушуп жүргөн кыргыз баатырларынын шайын кетиришет. Баатырлар кеңеш куруп эл бекер кырылбасын деп кошунга элге кетүүгө уруксат берип, өзүлөрү артта калып, жоонун жолун бууп, тос-тос кылып урушуп жүрүштү. Эл узап кеткенде ит урушун салып, баатырлар өзүлөрү да кошундун артынан жөнөштү. Күн-түн жок тынымсыз согушуп жүрүп олтуруп, мурда Манас келип токтоп жаткан жайга жетишти. Кийин келген кошунду да ошол жерге токтотуп, Манас баатырларды күтүп жаткан экен. Үч баатыр баш болгон кырк чоро Манас баатырга келип кошулуп, аман-эсен учурашышты.

Манас жарадар болгондон кийин кытайлар каптап кирип, катуу согуш болушу, кыргыз колу жерине бет алып, артынан келген душман менен урушуп жүрүп отурушу көпчүлүк белгилүү манасчылардын вариантарында бар. Айрым өзгөчөлүктөрү менен окуя Саякбай Каралаевдин вариантына жакын айтылат.

Баатырлардын курман болуп, Аккуланын окко учушу — бөлүмдөгү окуялардын жана жалпы эле эпостун сюжетинин чечилүүгө бет алышы.

Үч ай мөөнөт бүтүп, согуш кайра башталат. Кандуу кармашта Алмамбет, Сыргак, Чубак окко учат. Аккулага замбиректин огу тийип, Манас жөө калат. Жөө калган Манасты аңдоостон келип Коңурбай айбалта менен шилиге чабат. Токтук деген кытай мергени Манасты атканы жатканын көрүп Жолой токтотууга аракет кылат. Андан жазганган мерген жаза атып, жаанын огу оң чекесине тиет. Кыргыздарга жан тарткан Жолой Манас жарадар болгонун көрүп, кара калмак манжуларын алып, согушту таштап кетет. Согушта кытай менен кыргыздар гана калып, кармаш басаңдайт. Жарадар Манасты элге алып келишет.

Окуя Радлов жазып алган вариантта жок. Саякбай Каралаевдин вариантында: Коңурбай баштаган кытай колу арттан жете келип, эки кол беттешет. Качкан жоону артынан кууп, он эки күндүк жолго сүрүп барышканда эми такыр жеңилерине көзү жеткен Коңурбай акыл ойлоп, амалданып жети күнгө урушту токтото туралы, элим менен кеңешейин, элим макул деп туура көрсө өзүңдү Түп-Бээжинге кан көтөрөлү — деп, Манаска элчи жиберет. Манас анын амал менен алдап жатканын билбей согушту токтотууга макул болот. Кытай жети күн тынықса баш-аягын жыйып, жаңы жардам алып, күчөп кетерин айтып Алмамбет нааразылыгын билдирет. Манас кенебей, Алмамбеттин айткандарын көңүлгө албайт. Тынымдан пайдаланып кытайлар качканын токтотуп, жардамга жаңы күч кошулуп кайра согушка киришет. Жардамга келгендердин ичинде ажайыптан Алмамбет менен бирге окуган казыналык чоң мерген Кожожаш келет. Ал оору болуп мурдагы согуштарга катышкан эмес экен. Ажыдаардан менден алты ай ашык окуду эле, өнөрү өзгөчө деп андан Алмамбет да чочулайт. Кожожаш мерген Көкчө менен Музбурчакты, аларга удаа Сыргакты атып өлтүрөт. Кожожаш аткан ок бооруна тийген Чубак оор жарадар болуп, коркок ооруга кезигип, дайынсыз кетет. Кырк чоронун белдүүлөрүнүн көбү өлүмгө учурап, жоого жалгыз такат

www.bizdin.kg
кылып жүргөн Алмамбет Кожожаштын огунан шейит болот. Баатырлардан айрылып, катуу кайгы тарткан Манас жоого каршы өзү аттанмак болуп камынып жатканда аңдып келген Кожожаш өзүн атайын десе ок өтпөйт, атын атып, Аккула окко учат. Аккула окко учуруп, Алмамбет шейит кечирип мен эми кантип тирүү жүрөмүн! — деп Манас кейип арман кылат. Жөө калган Манас белеске чыгып, дүрбү салып, Кожожаш, Коңурбай баш болгон кытай баатырлары эми кыргыздарды кырып, Манасын тирүү кармап алабыз! — деп тойлоп жатканын көрөт. Манас туулганда касиеттүү думана берген Аколпоктун жакасына тигилүү болот ок менен Аккелтени октоп, кароолуна дүрбүсүн таңып, шашпай мээлеп атканда, Кожожаш менен катар отурган сегизинин башын ок жулуп кетет. Аярлыгы жанда жок четирээк олтурган Коңурбай аман калып, шаарына кире качат.

Каныкей жаман түш көрүп, Манас атынан ажыраганын сезип, Тайбуурулду коштотуп Бакайды жөнөтөт. Бакай келип, Тайбуурулга минген Манас катуу каарданып колунун өлгөнүнөн калганын баштап кайра согушка кирет.

Кыргын болгон кытайлар Манастын каарына чыдабай качып, чебине кире качкандары гана аман кутулушат. Баатырлардын өчүн албай, Коңурбайды жайлабай кантип кайра кетем! — деп каарданган Манас сепилдин дарбазасын бузамын — деп айбалта менен койгулап турганда асмандан «Бээжинге алың жетпейт, кайткын!» деген добуш үн угулат. Алданын буйругу экен — деп Манас колун баштап, кайра тартат. Баткактуу кара суунун боюна токтоп, колдун эсебин алып, өргүү болушуп, эртеси эртең менен Манас намаз окуп жатканда аңдып келген Коңурбай найза менен кыр аркага сайып, жарадар кылат.




Кароолдо туруп уктап калган Ажыбай Коңурбайды качканда көрүп, артынан жетип, найза сайып жарадар кылат бирок аты күлүк Коңурбай жеткирбей кутулуп кетет. Манаска сайылган найзаны Ажыбай түз тарта албай, болоттун учу сынып, аркада калып калат.

Сыргакты баш кылып өлгөн баатырлардын сөөгүн Көк-Булуңга коюп, Алмамбеттин сөөгүн кытайлардан тартып алып, элге жеткирсин деп Саралага жүктөп коё берет. Оорусу катуулап атка жүрө албай калган Манасты арча табытка салып атка жүктөп, катуу жүрүп элге жетишет.

Окуя айрым өзгөчөлүктөр менен белгилүү манасчылардын көбүндө Саякбай Каралаевдин вариантына жакын айтылат.

Манастын өлүмү, күмбөз салдыруу — эпостун жыйынтык окуясы.

www.bizdin.kg
Манас эли, баатырлар менен коштошот. Баласынын жаш калганына арман кылат. Манас өлүп Канықей кошок айтат. Үрүмчү шаарына жакын Баяндынын талаасындагы Кум-Арык деген жерге Манастын сөөгүн коюп күмбөз салышат.
Жалпы эле Кичи чабуул (Кичи казат), айрыкча эпостун корутунду мүнөздөгү окуялары Сагымбай Орозбаковдун вариантында кыска, үстүрт гана айтылган.
Радлов жазып алган вариантта Манастын өлүмү «Семетейдин туулганы» деген тема менен берилген бөлүмдүн киришүүсү катары баяндалат. Мында Манастын согушта жарадар болгону эскерилбейт, тескерисинче «Аккула арыган экен, Манас кан карыган экен» делип баатыр карылыгы жеткенде өз ажалынан өлгөнү берилет. Каныкейдин жети айлык боюнда бар кезде ооруп жаткан Манас чоролорун чакырып, көзүм өтүп бара жатат, артымда кала турган бала жаш, жардам бере жүргүлө — деп керээзин айтып, дүйнөдөн өтөт. Манастын сөөгүн Таластын боюндагы Сулпукорго койгон делет. Күмбөз салдыруу эскерилбейт.
Саякбай Каралаевдин вариантында Каныкей Муздактын башы Муз-Жайлоого көчүп салкынга конуп, Шуутуну жиберип Мысыр менен Багдаттан үпү, апы деген дарыларды алдырып, Манастын шилисиндеги жарасына жаап, кырма кызыл дарыны ичинен берип дарылайт. Манас кадамкисиндей болуп айыгып, кайра келип, Таласка конуп, эл башкарып турат. Алмамбеттин сөөгү жүктөлгөн Сарала келип, сөөктү Ат-Башыдагы Чеч-Дөбөгө алып барып коюшат. Ошондон кайра келип, катуу капаланып Алмамбеттин үйүнө өкүрүп түшкөн Манас мээ аралаш сары зил кусуп, эси ооп жыгылат. Коңурбайдын найзасы тийген белиндеги жарасынын оозу бүтүп калгандыктан элес албай Каныкейге айткан эмес экен. Баатырдын белиндеги жарасын билбей калганына катуу кайгырган Каныкей тинте менен жаранын оозун ачып көрсө оозу жымыйып бүткөн менен нары жагы зилдеп, кыр арканын жүлүнүн чиритип жибериптир. Манастын оңолуп өөдө болбосун түшүнгөн Каныкей баатырга керээзиңди айт? — деп өтүндү. Мен өлсөм атаң Темиркандыкына качып барып, Семетейди бир тууганың Ысмайылга бактыр, он экиге чыкканда элдин кабарын угуз, Бакайга кеңешип сөөгүмдү эч кимге билгизбей жашырын кой, Кошой, Төштүк Сайкал, Көкбөрүлөргө кабар бер — деп Манас керээзин айтат. Каныкей Тайбуурулду мингизип Ажыбайды кабарга жөнөттү. Ажыбай жолдон Манастыкына келаткан Урумкан уулу
Көкбөрүгө жолугат. Аяш атама өзүм кызмат кылам деп анын уулу он эки жаштагы Коёнаалы да келет. Ажыбайдын чакырыгына келбей койгон Сайкалды Коёнаалы өзү барып алып келет. Эл менен, келген баатырлар, кырк чоросу менен коштошуп Манас көз жумат. Каныкей мурдатадан эле күмбөз салдырып, сөөгүн коюу үчүн Эчкиликтин кара зоого жашырын жай даярдатат. Манастын сөөгүн ошол жашырын жайга коюп, күмбөзгө теректен чабылган кепти көмүшөт. Кошой, Төштүк баш болуп эмдиги жылы келип Манаска аш берели деп убадалашып, эл тарайт.
Белгилүү манасчылардын варианттарында бул окуя Саякбай Каралаевдин вариантына жакын айтылат. Багыш Сазановдун варианты менен ТМВда Манаска аш берилгени айтылып, Багышта аш Манас ооруп жатканда эле берилет.

С. Мусаев

МАНАСТЫН ТОКМОК ТАШЫ — Ош облусунун Токтогул районундагы Куйбышев атындагы колхоздун талаасында 2 түп кара жыгачтын жанында алачыктай таш жатат. Элдик уламыш боюнча аны менен Манас желесинин казыктарын жерге каккан имиш.
«МАНАСТЫН» ТОПОНИМИЯСЫ негизинен эки топко бөлүнөт: 1) эпостун өзүндө кезигүүчү географиялык аттар, 2) эпостун башкы каармандарынын ысымдарына байланыштуу онимдер. Үчилтиктин топонимиясы толук топтолуп, тийиштүү деңгээлде изилдене элек. Андагы жер-суу аттары, алардын түзүлүшү, лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү, этимологиясы, жаралган мезгили, топонимикалык

www.bizdin.kg
системасы иреттелип, терең иликтөөгө муктаж. Жарыяланган варианттарга караганда эпос топонимдерге бай. Э. Абдылдаевдин байкоосу боюнча («Манас» эпосунун историзми, Фр., 1987, 84-б.) топонимдердин көптүгү жагынан «Манаска» бир да эпикалык чыгарма тең келбейт.

Эпостун Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча жарыяланган китептеринде 532 топоним жолугат, кайталангандары менен кошо эсептегенде бул сан алда канча көбөйөт. Мисалы, Алтай, Анжыян, Бээжин, Какан (Каканчын), Каспаң, Кашкар, Каркыра, Талас жана башкалар 20—30 мертебе кезигет. Кеп санда, жер-суу аттарынын көпчүлүгүндө гана эмес, алардын эпостогу ордунда, алардын эпостун жалпы мазмуну менен айкалышында, анын тактыгына, маалымдуулугуна болгон таасиринде.

Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы топонимия өзүнүн ар түрдүүлүгү, географиялык диапазону табигый жана тарыхый реалияны эпикалык мүнөздө болсо да таамай чагылдырганы, жер-суу, шаар-кыштакты белгилүү аймакка бекем «байлаганы» менен айырмаланат. Эпосто аталган топонимдерден окуялардын багыты, жүрүшү, алардын айрым реалдуу регион менен айкалышы (мисалы, сүрүлгөн кыргыздардын Алтайды көздөй жөнөгөн же кайра кайткан жолунун багыты, өзгөчө Бокмурундун кошунунун Каркырага чейин басып өткөн жерлери) даана байкалат.

Эпостун топонимиясы өтө эле кеңири аймакка тараган. Ага Орто Азия, Казакстандан тышкары Кытай, Моңголия, Ооганстан кирет. Булар менен бирге региондон өтө алыс жайгашкан Түш. жана Батыш Азия, Европа өлкөлөрүндө, ал түгүл Африка (Мысыр, Магриб), эпикалык Батыштагы (Желпиниш, Жеткайт сыяктуу) айрым аймактын аттары да эскерилет. Баарынан көп топоним, арийне, окуялардын чордонун түзгөн Кыргызстан (89), Казакстан (89), Кытай (152) жана Алтай (47) аймактарынан учурайт. Эпосто Алтайдын алып турган орду так эмес. Аны азыркы Тоолуу Алтайдын аймагы деп түшүнүүгө эпостун топонимиясы, географиясы да жетиштүү негиз бербейт. Кыязы эпикалык Алтайга Жогорку Эртиш менен Моңгол-Алтайынын аймагы жана аларга коңшу жаткан түштүк тарап туура келиши ыктымал. Атайын изилдөөсүз бул тарыхый-географиялык табышмактын чечилиши кыйын. Ошондой эле көп сандаган жер-суу аттарын (Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы топонимдердин 49%) «таануу», алардын ордун табуу оңойлукка турбайт. Орто Азия аймагына тийиштүү жер-суу аттары эпостун топонимиясынын 40%ин түзөт. Белгилүү жер, өлкө, жайлоо ысымдарына жалпы топонимиянын 49% туура келет, гидронимияга 20%, калгандары тоо-таш, ашуу, кыя, ойдуң, шаар, кыштак атоолорун чагылдырат. Эпос кеңири хронологиялык диапазондогу географиялык аттарды кучагына алат. Алардын ичинде эски, илгерки жана кийинки кылымдарга белгилүү болгон онимдер да бар. Аксы, Алай, Андакен (Анжыян), Арбанты, Булагасын (Баласагун), Мачын, Орчун, Кокон жана башкалар о. кылымдарда тарыхый топонимикалык стратиграфиялык катмарга кирет. Ошондой болсо да эпикалык топонимия жетиштүү тарыхый дарек ролун аткара албайт. «Маната» ойдон чыгарылган, манасчылардын фантазиясынан жаралган географиялык аттар арбын дегендей пикирлер айтылып жүрөт. Эпикалык чыгармада ансыз болбойт. Мындай ысымдар Сагымбай Орозбаковдун вариантында жолугат. Бирок, алар эпостогу жалпы, көпчүлүк реалияга үндөш географиялык аттарга доо келтире албайт. Эпостун башатынан бери көп замандар өттү. Нечен элдер жоголуп, аты өчтү, мезгил өзгөрдү. Мунун баары жергиликтүү топонимияга таасирин тийгизбей койгон жок. Көп ысымдар унутта калды, далайы тилдик өзгөрүүлөргө дуушар болду. Мезгил, замана канчалык таасирин тийгизсе да «Манас» топонимиясы жоголбой, бөксөрбөй, өзүнүн тарыхый миссиясын толугу менен аткарууда. Эски жана жаңы топографиялык карталардан изилдөөчү алардын көбүн табат. Эпостун

www.bizdin.kg
топонимиясында түрк тилдеринен кирген энчилүү аттар да белгилүү орунду ээлейт. Структурасы, лексика-грамматикалык өзгөчөлүктөрү жагынан эпикалык топонимия азыркы топонимия системасына окшош. Ал бир, эки, үч компоненттерден (мисалы, Арал, Ак-Отөк, Чын-Мачын, Азиреттин Кара-Тоо жана башкалар) турат. Алардын негизин элдик географиялык терминдер түзөт. Эпостун көп сандаган нукура терминдери жаратылыш, чарбачылык, коомдук турмуштагы көрүнүштөрдү таамай чагылдырат. «Манас» топонимиясы, элдик географиялык терминологиясы унутта калып, кебелбей жаткан чоң улуттук кенч, ал эпостун маанилүү, күчтүү жактарынын бири. Аларды ар тараптан изилдөө учурдагы милдет.

Манас жана эпостун башка каармандарынын атынан курулган антропоним-топонимияга келсек анын эпостун «өз» топонимиясынан алда канча аз экенин көрөбүз. Бул топтогу энчилүү аттар бүт дээрлик жеке Манастын ысымына байланыштуу сыяктуу. Топонимиялык «Манасиана» 50 ысымдан ашат. Бирок, бул Евроазиянын чар тарабына тараган онимдер баары тең эпостун каарманына байланыштуу, анча-мынчасынын ага тиешеси жок деген бүтүмгө келүү али эрте. Эгер жалаң Кыргызстандын аймагындагы географиялык номенклатурага кирген, карталарга түшкөн, илгертен маалим топонимдерди алсак (алар 20дан ашык), алар жеке Манастын ысымына байланыштуу экенине шек келтирүүгө болбойт. Таластагы Манас-Ата тоосу, Манас-Чоку, Алай кыркаларына чектеш Кырк-Манас, Сары-Жаз чөлкөмүндөгү Манас-Таш, Соң-көлдөгү Манастын Таш-Тулгасы жана башкалар Айрым топонимдер мындай табигый, элдик, стихиялык ыкма менен эмес жасалма, декреттөө жолу менен пайда болгон (Мисалы, Манас району, Манас айлы, Манас аэропорту жана башкалар).



«Манастын уулу Семетей» драмасынан көрүнүш.

Кыргызстандан тышкары Казакстандагы айрым топонимдер Манастын духуна карата жаралгандай сезилет. Бизди өзгөчө Дагстандагы «Манасиана» кызыктырбай койбойт. Ленин районунун аймагында дагстандык илимпоз Г. М. Оразаевдин маалыматы боюнча (1991) Манас атында 7 топоним (Манас, Манаскент, Манас-Өзөн, Манасмахи жана башкалар) бар. Далилдүү даректерге караганда бул жерлерди илгери ногойлор ээлеп турган (Оразаев, 1989). Мындан топонимдердин ногойлордун тарыхына, кандайдыр бир өлчөмдө Манаска да байланыштуу болушу мүмкүн деп божомолдоого болот.

С. Өмүрзаков

www.bizdin.kg
«МАНАСТЫН УУЛУ СЕМЕТЕЙ» — эпостун «Семетей» бөлүмүнүн негизинде жазылган эки бөлүмдүү эпикалык-баатырдык драма. Кыргыз драма театры даярдаган. Драманы Ж. Садыков жазып, Ж. Абдыкадыров сахнага койгон. Сүрөтчүсү М. Сыдыкбаев. Музыкасы композитор К. Молдобасановдуку.

Драманын окуясы Семетей баатырдын тегерегинде өтөт. Драма эл-жер үчүн ички, сырткы душмандар менен күрөшүү, лирикалык сүйүү темаларын ичине камтыйт. Семетей өз эли, жери жөнүндө кабарды Каныкейден уккандан кийин Таласка эртерээк жетүүгө умтулат. Ата конушунун керемет кооздугу Семетейдин көзүнө элестейт. Абыке, Көбөш сыяктуу өзүмчүл, кара өзгөй бийлөөчүлөрүнүн кол астында турган эл Семетейди бел кылып эсирген душмандарын жеңет. «Семетей» драмасында кыргыз элинин үрп-адаты, улуттук салты, этнографиялык өзгөчөлүктөрү кеңири көрсөтүлүп, драманын идеялык мазмунун толуктап, улуттук мүнөз берип турат.

Семетейдин образын ачууда артисттер М. Токтобаев, З. Сооронбаев көп эмгектенген. Семетейдин ой-тилеги кандай болсо да өз элине кошулуу, муңуна муңдаш, тилегине тилектеш, жамандык-жакшылыгына ортоктош болуу. Артисттер Семетейдин образындагы эки ажырым сапатын: салгылашкан мезгилде ал «билеги жоон таш жүрөк» каарданса арстандай күркүрөп, «көзүнөн оту чагылган» алп, жөнөкөй жайчылыктык кезде элпек, сыпайы, адилет азаматтыгын ача алышкан. «Семетей» драмасында (Семетейден тышкары) негизги каармандарды: Каныкей — Б. Кыдыкеева, Ж. Сейдакматова, М. Далбаева; Чыйырды — Д. Күйүкова, Г. Дулатова; Бакай — С. Жаманов; Жакып — С. Далбаев; Бакдөөлөт — С. Балкыбекова, Н. Исмаилова; Абыке — Н. Турсунбаев, Э. Бекболиев; Көбөш — И. Эшимбеков, Т. Дулатов; Сарытаз — К. Досумбаев, А. Жолдошев; Кыргылчал — А. Өмүралиев; Тазбаймат — Н. Кытаев жана башка артисттер ойношот.

«Манастын уулу Семетей» спектаклин жаратуучулардын бир тобу 1986-ж. Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгын татыктуу болушкан.

Ж. Сагынов

«МАНАСТЫН УУЛУ СЕМЕТЕЙ» («Семетей сын Манаса») — тартылып бүтпөй калган көркөм фильм. Кыргызстан КПБКнын бюросунун 1939-ж. 27-ноябрдагы Улуттук искусствону өнүктүрүү жөнүндөгү токтомуна ылайык 1940—42-ж. толук метраждуу үч кинофильм, анын ичинде эң алгачкы кыргыз көркөм фильми — «М. у. С». тартылууга тийиш болгон. Болочокку фильмдин сценарийин «Семетей» эпосунун негизинде ленинграддык кинодрамадург К. Исаев менен бирдикте Ж. Бөкөмбаев жазган. Сценарийде Семетейдин атасынын улуу ишин улантып, Манас өлгөндөн кийин бытыранды болуп, эзүүнүн астында калган кыргыз урууларын бириктирүү үчүн жүргүзгөн күрөшү баяндалган. Г. М. Раппопорт режиссёру, Я. С. Кулиш оператору, Дубровский-Эшке башкы сүрөтчүсү болуп бекитилген. Ролдорду аткарууга белгилүү профессионал кыргыз артисттери: С. Кийизбаева, М. Рыскулов, А. Боталиев, К. Эшимбеков жана башкалар чакырылган. Фильмдин баш каарманы Семетейдин ролун жогорку партиялык курстун угуучусу Урманбек Абдыгулов, Айчүрөктү белгилүү балерина Б. Бейшеналиева ойномок. Кыргызстанда киностудиянын жоктугуна байланыштуу «М. у. С-ди» тартуу Алматыдагы киностудиянын базасында ишке ашырылууга тийиш болгон. 1945-ж. 27-октябрда кинотоп Кемин районунун тоолорунда «М. у. С.» көркөм фильмин тарта баштагандыгы жөнүндө «Труд» газетасында билдирүү жарыяланган. Фильм кеңири масштабдагы баатырдык эпопея катары пландаштырылган. Материалдык базасы чектелүү болгондуктан киностудия жасалга, кийим-кече, курал-жарак, аппаратура жана башкалар кино тартууга керектүү нерселерди камсыз кылып бере албагандыктан фильмди тартуу токтотулган. Кинотоп 600 *м*ге жакын тасманы гана тартууга үлгүргөн.

www.bizdin.kg

МАНАСТЫН ЧАКМАК ТАШЫ — Нарын чөлкөмүнүн Солтон-Сары жайлоосундагы аска Манас баатыр чоролору менен чакмак таш (топ таш) ойноп жатып, бирөөнү түшүрүп жиберип таппай калган экен. Ошол чакмак таш ушул аска деген уламыш элде айтылат.

МАНАСТЫН ЧЫМЫ — Текес суусундагы арал. Уламыш боюнча тоо этегине суу чыгарып, эгин эгүү үчүн Манас Текестин боюнан кетмен менен чым чаап сууну бөгөй баштаганда жоо келип, Манас жоого каршы аттанып кеткен, суу бөгөлгөн чымды эки жагынан айланып өтүп отуруп, аралчаны пайда кылган имиш. Азыр бул аралда жыландардын уюгу бар. Текес суусундагы ушул арал турган туштан жергиликтүү кыргыздар алтын чайкашат.

МАНАС-ҮҢКҮР — топоним. Кыргызстандын (Жалал-Абад облусунун, Ленин району) аймагындагы үңкүр. Фергана кырка тоосунун түштүк-батыш капталында. Бул чоң таш үңкүргө 50 адам батат. Элдик уламышка караганда катуу жаан, бороон-чапкында Манас Аккуласын ушул үңкүргө корголоткон имиш.

МАНАС-ЧОКУ — топоним. Иле Ала-Тоосунун ортолук бөлүгүндөгү Талгар тоосунан башка өзүнчө турган тоо, чоку. Казакстандын Алматы облусунун аймагында. 1855-ж. топограф капитан Е. П. Ворониндин өлчөөсү боюнча М.-Ч-нун бийиктиги 10667 фут (3251,2 *м).* Кийинки маалыматтар белгисиз. Топоним Манас баатырдын ысмына байланыштуу.

МАНАС-ЧОКУ — топоним. Казакстан менен Кыргызстандын чек арасындагы, Кыргыз Ала-Тоонун күн батыш жак кырындагы тоо. Нылды (Талас суусунун оң куймасы) суусунун башында. Бийиктиги 3820 *м.* Талас шаарынан 25 *км* түндүктө. Манас, Семетей жердеген Кең-кол өрөөнүнүн башы ушул Манас-Чоку тоосуна барып такалат.

«МАНАСЧЫ» — *Саякбай* Карала уулунун чыгармачылыгына арналган илимий-популярдык фильм. 1965-ж. «Кыргызфильм» киностудиясында тартылган. Эки бөлүктөн турат. Режиссёру Б. Т. Шамшиев, илимий жетекчиси А. Салиев, оператору А. Петров менен Н. Борбиев, музыкасы композитор М. Марутаевдики. Көлөмү анча чоң эмес эпикалык масштабдагы бул тасмада кыргыз элинин турмушуна байланыштырылып, «Манас» эпосуна тиешелүү залкар ойлор камтылган. «М.» фильми көркөмдүк таасири боюнча толук метраждуу көркөм тасмага тете. Фильмдин сюжети манасчы Саякбай Карала уулунун айтуусунда «Манастан» алынган бир нече үзүндүнүн негизинде түзүлгөн. Эпосту аткаруудагы чыгармачылык процессте манасчы башынан кечирген окуяларын, жеке турмушундагы айрым фактыларды орундуу пайдалангандыгы кинорежиссёр тарабынан билгичтик менен көрсөтүлгөн. Мисалы, Саякбай Манастын тыштан келген басып алуучуларга каршы күрөшү жөнүндөгү эпизодду айтып жатканда режиссёр экрандан С. Каралаевдин 1916-жылдагы оор турмушун монтаждап көрсөтөт. Саякбай Манастын согуштук жортуулдарын, салгылаштарды, казаттарды ырдаганда диктордук текстте манасчынын граждандык согушка катышканы, басмачыларга каршы күрөшкөнү баяндалат. Фильмдин тутумунда мындай көрүнүштөр жуурулушуп көрсөтүлгөн. Чыгармачылык жактан кынтыксыз ширетилген режиссёрдук ыкма менен ой фильмдин окуясын улам алга жетелешинин натыйжасында Саякбайдын эпикалык таланты экранда образдуу жана ишенимдүү чагылдырылган. Саякбай буркан-шаркан түшүп, «Манас» айтып жатса, экрандын экинчи планында кеңири планда тартылган тоолор, мемиреп тынч жаткан жерлердин пейзажы көрсөтүлөт. Көлдүн түрмөктөлүп келип, жээкке чабылып көбүктөнгөн толкундары, асманда көчүп бараткан булуттар, жамгырдын угуучулардын беттерине, колдоруна тийген чоң-чоң тамчылары жана ушул өңдүү башка көптөгөн көркөм деталдар фильмдин мазмунун, контекстин байытып, анын философиялык маңызын тереңдетет.

www.bizdin.kg
Саякбайдын орду менен пайдаланылган чоңойтулган пландагы портреттик көрүнүштөрү: улам жүткүнүп, мурутун чыйратып, жеңин чыканагына чейин түрө калып, өзү айтып жаткан эпостун кейипкерлери менен аралаша жүрүп, анын окуясын тубаса актёрдук чеберчилигин образдуу баяндап, чыгармачылыктын экстазына берилип «Манас» айтып жатышынын экранда көрсөтүлүшү фильмди жараткандардын чыгармачылык ийгилиги. Ал эми ошол ырлардын мазмунуна жараша жасалган кыймыл-аракеттер, бай мимика, эпоско мүнөздүү музыка миң кубулган доошунун сырдуу ыргагы менен угуучуларды бирде кайгыртып, бирде кубантып жогорку чеберчиликте көркөм, уккулуктуу аткарылыштын өзү манасчыны ашкан тажрыйбалуу профессионал артистке теңейт. Фильмдин артыкчылыгы — анда улуу манасчынын поэттикалык көркөм образынын эпикалык масштабда жаратылгандыгында. «М.» фильми Оберхаузендеги кыска метраждуу даректүү фильмдердин бүткүл дүйнөлүк кинофестивалында (1965), Москвадагы Бүткүл дүйнөлүк кинофестивалда (1966) башкы байгеге арзыган.

К. Ашымов

МАНАСЧЫ — «*Манас*» *эпосун* аткаруучу, айтуучу адам. М. адабияттык термин маанисине ээ болуп, түпкү маниси бүгүнкү фольклористикадагы түшүнүккө караганда алда канча кеңири. Улуу эпос «Манасты» жараткан, укумдан-тукумга өткөрүп, оозеки сактаган, мазмунун байытып, аны азыркы көлөмгө, көркөмдүк деңгээлге жеткирген көркөм сөз чеберлеринин өзүнчө тобун билдирет.

«Манасты» билген, аны эл алдында аткарган адамдар жөнүндөгү алгачкы маалымат илимге 19-кылымдын экинчи жарымынын баш ченинен белгилүү. 1856-ж. кыргыз жергесинде болгон казак окумуштуусу Ч. Валиханов май айынын 26сы күнү ага кыргыздардын ырчысы келип жолукканын, ал ырчы «Манасты» билерин эскерет.

«Ырчы» кыргыздарга кеңири маалым түшүнүк. Бул наам менен ыр түрүндөгү чыгармалар жараткан көркөм сөз чеберлери жалпы аталат да, термин синкретизмдик (көп маанилүүлүк) мүнөзгө ээ болуп, ырдын текстин жараткан авторду да, текстке обон-күү чыгарган музыкантты да, ырды обону менен эл алдында аткарган адамды (артист) да билдирет. Ч. Валиханов кыргыз жергесине келген мезгилде «ырчы» деген сөз көлөмдүү чоң чыгармаларды аткаруучу адамды (сказитель) да билдиргени шексиз. Ч. Валиханов «ырчы» деген — ырдоочу, айтуучу («собственно ырчы — певец, сказитель»), — дейт.



www.bizdin.kg
Ошол кездерде ырчылар менен эпосторду айтуучулар бир наам менен аталганына Ч. Валихановдун «кыргыздар арасында ырчылар — талаа рапсодалары бар» дегени да далил болот. Ч. Валихановго удаа келип, «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн жазып алган орус окумуштуусу В. В. Радловдун өзүнө информатор болгон адамдарды «ырчы» (певец) деп атагандыгы ошол учурда эпосту айтуучуларды да ырчы дешкендигин дагы бир жолу айгинелейт. В. В. Радловдун маалыматтарында эпикалык ырлардын ырчысы (певец эпических песен) деген түшүнүк да жолугат. Бул терминдин кыргызча аталышын, кандай маанини туюнтарын окумуштуу эскербейт. В. В. Радлов «ырчыдан» башка «акын» деген сөздү да колдонуп, бул эки терминди синонимдик мааниде түшүнгөн, экөөнү тең кашаага алынган «певец» деген сөз менен чечмелеген: «Бул адамдарды ардактуу наам менен «акын» (певец) деп аташат».

Мурда бир наам менен аталганы менен «ырчыны» азыр «манасчы» дешке болбойт. Ырчынын жеке каалоосунан башка да табигый шыктын — эпикалык чыгарма жаратуу жөндөмүнүн болушу чечүүчү мааниге ээ. Ч. Валиханов, В. В. Радлов кыргыз жергесинде болгон мезгилде деле «ырчы» аталгандардын баары эле эпос айтпаган. Ч. Валиханов бекеринен «Манас» айткан адамга карата айтуучу же байыркы гректерде өзү ыр чыгарбаган, башкалар жараткан чыгармаларды гана аткарган адамдарга карата колдонулуучу «рапсод» деген терминди, ал эми В. В. Радлов эпикалык ырлардын аткаруучусу деген түшүнүктү колдонушпайт. Орус саякатчысы М. П. Венюков ушул ойду дагы тагыраак берет: «1860-ж. биздин отрядда сарбагыштардын акыны (поэт) же тагыраак айтканда рапсоду болду».

Эл арасында айтылып келген маалыматтарга караганда өзү чыгарма жараткан жана «Манас» айтууну да кесип кылган адамдар болгон. Алардын 19-кылымдагы белгилүү өкүлүнүн бири — *Балык* (Бекмурат Кумар уулу) ырчы. Балык өз учурунда манасчы катары өзгөчө атагы чыккан экен, ал турмак эпосту кырк күндөн ашыра айта алган жана «Чоң казатты» бүгүнкү деңгээлине жеткирген ушул адам деген пикирлер да бар. Бирок, өнөрпоздордун элден алган наамы — «ырчы». Балыкка чамалаш жашаган, чыгармачылыгынын мүнөзү да жакын дагы бир зор талант Тыныбек Жапый уулу калк оозунда көбүнчө «жомокчу» делип аталат. Буга караганда балким 19-кылымдын аягына жакын «Манас» айтуучуларга карата «ырчы» менен катар «жомокчу» деген наам да колдонулган. Мисалы, Балык ырчы, Тыныбек жомокчу жана башкалар

19-кылымдын аяк чени 20-кылымдын башында «Манас» айткан адамдарды «жомокчу» деген наам менен аташкандыктарын ошол мезгилди өз көзү менен көргөн адамдар, ошондой эле Саякбай Карала уулу, Дуңкана Кочуке уулу сыяктуу белгилүү манасчылардын айткандары далилдейт. Муну академик К. К. Юдахин да ырастайт: «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» «манасчы» — «Манас» эпосун аткаруучу (бул термин революциядан кийин пайда болгон, мурда «Манас» айтуучуларды жалпы баатырдык эпостордун айтуучулары сыяктуу эле жомокчу деп аташкан) — деп жазат. «Манас» айтуучулардын эски муундагы өкүлдөрүнүн дээрлик баары өзүлөрүн жомокчулардын катарына кошушат (ошону менен эле бирге М. экендиктерин да жокко чыгарышпайт). Буга 1920-жылдын баш чендеринде кагаз бетине түшүрүлгөн Сагымбай Орозбак уулунун вариантынын текстинен жолуккан айрым саптар да далил: «Жомокчулар койбосо, Уйкаштырып ырды айтып...» же «Келиштирип койбосо Жомокчулар калп айтып...».

«Жомокчу» негизинен жомок — эпос айтуучуларды билдирген жалпылык мүнөздөгү термин, бирок «ырчыга» караганда алда канча дифференциацияланган мүнөзгө ээ болуп, маңызы боюнча «манасчыга» жакыныраак турат.

«Жомокчу» терминин «Манас» айтуучуларга карата колдонгон алгачкы жазма маалымат 1925-ж. араб тамгасы менен Москвадан китеп болуп чыккан

www.bizdin.kg
«Семетейдин» чакан үзүндүсүнүн титулдук барагында. Анда китептин тексти Тыныбек жомокчунун айтуусу боюнча экендиги көрсөтүлгөн.

Фольклористика илиминде «манасчы» — эпосту айтуучуларды башка көркөм сөз чеберлеринен айырмалап, чыгармачылыгынын өзгөчөлүгүн мүнөздөөчү адабий термин. Термин катары М. эл арасында 19-кылымдын 30-жылдарынын башынан колдонула баштаган салыштырмалуу жаңы сөз. 1930-ж. 27-майда Х. Карасаев «Кызыл Кыргызстан» газетасына жарыяланган «Манас» аттуу макаласында Сагымбайга карата «ырчы», «акын» деген түшүнүктөр менен катар «манасчы» деген терминди да пайдаланган. «Манасчы» терминининн пайда болушун кыргыз элинин турмушунда, түшүнүктөрүндө пайда болгон өзгөрүүлөр, айрыкча эпосту айтууну кесип кылган адамдардын саны арбыгандыгы менен түшүндүрүүгө мүмкүн. Сагымбай «Манас» айтуудан башка да ырчыларга тиешелүү милдеттерди аткарган: аш-тойлордо жар чакырган, өлгөн адамдардын жакындарына өзү чыгарган кошокторун үйрөткөн, ошондуктан ырчы, акын делип аталышы да мүмкүн (эпостун текстиндеги «лирикалык чегинүү» түрүндөгү ыр саптарында манасчы өзүн «акын Сагымбай» деп атайт). М-чылык өнөрү революциядан кийин өнүккөн Саякбай эл алдында жалаң эпосту айтуучу катары гана таанылган, демек аны «манасчы» деген наамдан башка ат менен атоого да болбойт эле.

«Манасчы» терминининн лексикалык маанисин К. К. Юдахин «Манас» эпосун аткаруучу деп түшүндүрөт. Л. И. Тимофеев, С. В. Тураев «Адабият терминдеринин сөздүгүндө» адабий термин катары «Манасчы — кыргыздардын айрым версиялары ондогон жана жүздөгөн миң сап ырдан турган эң эски жана өзгөчө көлөмдүү баатырдык эпосун айтуучулар» деген аныктама берет. М-лардын чыгармачылыгынын өзгөчө мүнөзүнө караганда эпостун аткаруучулары дегенге караганда, айтуучулар (сказитель) деш туурарак жана тагыраак. Анткени, «аткаруучу» деген сөз эпосту айткан адамды, үйрөнүп алганын же билгенин жөн гана кайталап берген адам дегенди туюнтат. Ал эми чыныгы М-лар жомоктун мазмунун зарылчылыгына ылайык толуктап, молуктуруп, кеңейтип, зарыл болсо тактоолор киргизип, өнүктүрүүчүлөр, өстүрүүчүлөр болушат.



Манасчы Мамбеталы Ашымпай уулу.

www.bizdin.kg



Манасчы Саякбай Карала уулу. 2. Семетейчи Сейдене. 3. Манасчы Шаабай Азиз уулу. 4. Манасчы Каба Атабек уулу. 5. Манасчы Уркаш Мамбеталы уулу.

«Манас» эпосунун эбегейсиз зор көлөмү, өтө жогорку көркөмдүк деңгээли, ошондой эле ондогон варианттарынын бар экендиги мунун ачык далили (к. *«Манастын варианттары).*

Эл ичинде эпостун айтуучуларын эки топко бөлүп, аларга карата «манасчылар» жана «семетейчилер» деген терминдер колдонулат. «Манасчы» деген наам, адатта, чыгарманын биринчи бөлүмү «Манасты» же жомоктун негизги үч бөлүмүн тең («Манас», «Семетей», «Сейтек») айткан адамдарга ыйгарылат. Эпостун экинчи бөлүгү «Семетейди», кээде «Сейтекти» да кошо аткарган адамдар «семетейчи» делет. Мындай бөлүү айтуучунун кесибинин мүнөзү, эпостун кайсы бөлүмүн мыкты билгендиги, эл алдында көбүрөөк аткаргандыгы менен шартталган.

www.bizdin.kg
Айтуучулардын басымдуу көпчүлүгү негизинен биринчи бөлүмдү же экинчисин, кээде экөөнү тең аткарышат, үч бөлүмдү бирдей деңгээлде толук айтуучулар сейрек көрүнүш.

Семетейчи да — Октябрь революциясынан кийин атайын термин маанисине ээ болгон сөз. «Манас» изилдөөчү К. Рахматуллин айтуучулардын мындай бөлүнүшүн алардын милдетинин майдаланышынын белгиси катары эсептейт. Чынында «семетейчилик» айтуучулук өнөрдүн дагы такталышына, «манасчы» терминин дифференциациясына ылайык эпос тун экинчи, үчүнчү бөлүмдөрүн гана айтууну кесип кылган айтуучулардын пайда болушунан келип чыккан. Бул эки түшүнүк бир учурда же удаалаш пайда болуп, колдонула баштаган. Анткени, эпосту жазып алуу иши өзгөчө активдүү жүргүзүлгөн 30-жылдардын орто чендеринде информаторлорго карата ал чыгарманын кайсы бөлүгүн айтып жаздырганына (негизги кесиби кайсы экендигине) ылайык М., семетейчи аталганына сакталып турган кол жазмалар күбө. Манас-таанууда бул эки термин тең бирдей эле колдонулууда.

Түрдүү элдердеги эпос айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү — фольклористика илиминдеги терең иштелип чыга элек темалардан. Ошондой эле манас-таанууда да манасчылардын өнөрканасынын ички сыры жана мүнөзү толук изилдене элек проблемалуу маселелерден.

«Манасты» изилдеген окумуштуулардын ичинен К. Рахматуллин М-ды кадимки эле акындар, анын ичинде чыгармачылыгынын негизи эпосту сактоо, өнүктүрүү жана эл алдында аткаруу деп түшүнөт. М-лыкты атайын кесип кылганга чейин эле айтуучулардын башка жанрдагы чыгармаларды жаратышы, айрымдарынын М. катары белгилүү болгондон кийин да мурдагы өнөрүн кошо ала жүргөнүнөн улам окумуштуу ушундай корутундуга келген. Чынында акын-ырчы жана М. эки башка мааниге ээ терминдер. Акын менен М-ны жакындаштырып турган негизги белги — экөөнүн тең ыр жаратуу шыгына ээ экендиги. Айырмачылык ошол шыктын негизги мүнөзүнүн эки башкалыгында. Акын-ырчылар негизинен майда ырлар жаратса, М-лар зор масштабдуу окуяларды камтыган, көптөгөн кааралдандар катышкан, татаал сюжеттик өнүгүшкө ээ чоң көлөмдүү эпикалык чыгарманы түзүп, өнүктүрүп, сакташат. Эпиктик сапат чоң-чоң чыгарма түзүү жөндөмү менен шартталат. М-лык өнөрдүн ички маңызы ушунда. М-лык өнөргө ээ болуу процессинде ар бир талапкер М. жаңы чыгарма жаратууга милдеттүү эмес, даяр сюжеттин үстүндө иштеп, салттык материалды бузбай, так сактоого 'тийиш. Ал турмак анын өнөр ээси катары кадыр-баркы, талантынын күчү ошол салттык белгилерди канчалык деңгээлде өздөштүрө алгандыгына байланыштуу болот. Ал салттык белгилерди канчалык көп билсе, ыгы менен туура пайдаланса жана аларды өз табылгалары менен байытып, өнүктүрө алса гана М. атка коно алат. Бул чыгармачыл узак процесс. Ырчы болууда тубаса шык чечүүчү мааниге ээ болсо, М-дан табигый жөндөмдөн башка да узак жана талыкпай эмгектенүү менен эпосту өздөштүрүү талап кылынат. Мына ушундан М-лык өнөрдүн экинчи негизги белгиси — үйрөнүү, таалим алуу зарылчылыгы келип чыгат. Устаттан таалим алуу, кесиптин ички сырын өздөштүрүү жеке эле М-ларга гана эмес, акын-ырчылардын чыгармачылыгына деле мүнөздүү көрүнүш. Негизинен, ыр түзүүнүн техникасын, тема тандоонун ыгын өздөштүргөн ырчылардан айырмаланып, болочок М. устатынан эң алды менен эпостун мазмунун, окуяларынын өнүгүш тартибин, курулуш ыгын үйрөнөт. Ушул процесстин өзүнөн эле М-лык өнөрдөгү эпиктик мүнөздүн өзгөчө ролун даана байкоого болот.

М-лык эпостун салттык өзөк окуяларын, алардын өнүгүү жолун, анын көркөм ык, каражаттарын терең өздөштүрүү менен аларды кеңири пайдаланууну талап кылат. Ар бир М-нын чыгармасы — ал жараткан вариант салттык көрүнүштөрдөн жана анын жеке табылгаларынан турат. Алардын биринен экиңчисин бөлүп же

www.bizdin.kg
арасына чек коюп карооо болбойт. Эпостун салттык белгилери эң алды М-нын чыгармачыл кудуретине, жөндөмүнө ылайык анын жеке табылгалары менен жуурулушуп келип, ошол М-га гана таандык ыкмада баяндалат. Ушундай чыгармачыл процесстин натыйжасында бир эле чыгарманын түрдүү вариантары — бир мазмундагы, бир эле темага арналып, бир идеяны баяндаган, бирок даана көрүнүп турган айырмачылыктарга ээ чыгармалар жаралат. Ар бир М-нын кадыр-баркы анын салттык белгилерди канчалык деңгээлде так аткаргандыгына жана орду менен колдоно алгандыгына жараша баалангандыгы М-лык өнөрдөгү салттуулуктун ролунун күбөсү.

Ар бир талапкер М. болуп чыкканга чейин атайын даярдыктан өтүшү — алардын ар биринин өмүр жолунан даана көрүнүп турган жалпыга белгилүү факт. Эл арасында талапкерлердин ушундай учурун мүнөздөөчү үйрөнчүк «манасчы» деген атайын термин да бар. Үйрөнчүк учурдун классикалык үлгүсү — жаш талапкердин белгилүү устаттын жанында кошо жүрүп, андан таалим алышы, айткан вариантын үйрөнүшү. Белгилүү М-нын айткандарынан айрым эпизоддорду, үзүндүлөрдү жаттап алуу менен башталган үйрөнчүк учур качан ал билгендерин өз алдынча айтууга кудурети жеткенде гана бүтүп, андан нары өз вариантын түзүү иши башталат. Ал мурда жаттап алып айтып жүргөн текстке аз-аздан өз редакциясын киргизип, чакан окуяларды өз бетинче айтып, чыгармачылык дараметине ылайык кошумчалап, салымын кошо баштайт. Вариантын калыптануусу, адатта, ар бир М-нын өмүрүнүн акырына чейин улантылат.

М-лык кесипте үйрөнүүнүн, таалим алуунун зор мааниге ээ экендигине карабастан, адатта, М-лар башкалардан үйрөнгөндөрүн эскеришпейт, эпосту айтып калууну арбак колдоп, касиеттүү күч дааруунун натыйжасы катары түшүндүрүшөт. Болочок өнөр ээсин «тандап алуунун» белгиси катары көпчүлүк учурда кереметтүү түш көрүү жышааны көрсөтүлөт. Элге кеңири белгилүү М-лардан тартып, чыгармачыл чөйрөсү бир айылдын чегинен чыкпаган айтуучуларга чейин дээрлик бардыгы эпосту түш көргөндөн кийин гана айтып калганын эскеришет. Айрымдары түштү бир нече жолу көргөнүн, ал гана тургай кээлери чыгарманын негизги оң каармандарын өңүндө эле жолуктурганын да айтышат. Адатта, чоң жана кичине М-лар көргөн түштөрдүн көпчүлүгүнүн мазмуну бири-бирине жакын, негизинен окшош болот. Болочок М-нын түшүнө Манас же эпостогу негизги баатырлардын бири, кээде бир канчасы чогуу кирип, Манас баатырдын эрдик иштерин унутпай айтууну тапшырат. Түш көргөндөрдүн басымдуу көпчүлүгү «Манасты» билбегенин айтып, тапшырманы аткаруудан баш тартат. Бирок, арбактар «билесиң, айт», — деп кыстайт жана мурда эпосту эч качан айтпаса да алар өзүнөн өзү эле чыгарманы айта баштаган болушат. Түш көргөндөрдүн дээрлик бардыгы бир гана максатты М. болууга татыктуу экендигин белгилөөнү көздөшөт. Башкалардан айырмаланып, өзгөчө касиетке, кадыр-барктуу ишке татыктуу болуу ишеними — илимде кеңири белгилүү көрүнүш жана ал баёо адамдардын байыртадан келаткан, чектелген түшүнүктөрүнө, ишенимдерине байланышкан. М-лар ошол байыркы түшүнүктөрдү шартка ылайык арбак колдоо, дааруу катары баяндашат.

Арбак даарыганда гана чыныгы М. болушуна ишенген болочок айтуучунун талантынын ойгонушу, эргиши, ошонун натыйжасында эпосту айтуу жөндөмүнө ээ болушуна түш көрүүнүн белгилүү даражада себепчи болушу да мүмкүн. Мындан башка да арбак дааруунун эпостун жашоосунда жана анын негизги нугунун, салттык өзөк окуяларынын өзгөрбөй сакталышында ролу зор. М-ларда кеңири тараган салт боюнча арбакты сыйлоо эпостун арбактар «тапшырган» окуяларын бузбай, мурда кандай айтылса ошол нукта же алар кандай айт деп тапшырса ошондой айтуу керек деп эсептелген. Бул эрежени бузуу М-га кырсык

www.bizdin.kg
алып келет (баатырлардын арбагынан чет болуу, арбактардын катарына калып, ооруга чалдыгуу, зыян тартуу, шыктан ажыроо жана башкалар) деген ишеним болгон. Ошондуктан, М-лар адатта бул эрежени бузбай, так сактоого дайым аракет кылышкан. Ал түгүл ушул салт-ишенимди М-лар чыгарманы бурмалоого, өзгөртүүгө аракеттенгендерге каршы пайдаланган учурлар да болгон. Татыктуулук түшүнүгүнүн түрдүү көрүнүштөрү жалпы эле кыргыз өнөрпоздорунун арасында бир топ кеңири жолугат. Мисалы, түшүндө касиеттүү же сыйлуу адамдар (карылар, эл ыйык туткан мифтик кейипкерлер, көзү өткөн. белгилүү ырчы жана башкалар) берген тарууну (кээде кум) жеп акындык, ырчылык кудуретке түшүнө комуз кирип комузчулук өнөргө ээ болушканын айтышат. Адатта, ырчылар менен комузчулардын бардыгы эмес, айрымдары, болгондо да, талант жактан өзгөчөлөнүп турган мыкты өнөрпоздор гана түш көргөндөрүн эскеришет. Тескерисинче, чоң-кичине дебей М-лардын баардыгы дээрлик чыгармачылык шыгынын пайда болуу сырын түшүндө аян берүү, арбак дааруу менен түшүндүрүшү — жалпы кабыл алынган салт. Түш көргөнүн айткан М-нын сөзүнө шек келтирүүгө да болбойт. Алардын көпчүлүгүнүн, айрыкча М-лыкты кесип кылган чыныгы М-лардын түш көрүшү — кадиксиз факт. Муну жалаң гана элдик салттын таасири менен түшүндүрүү жетишсиз. М-лардын түш көрүү аркылуу гана кесипке ээ болушу алардын талант-шыгынын мүнөзүнө, ишенимден пайда болгон психикасынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу болушу толук ыктымал. Чыгармачылыгы М-ларга жакын турган башка элдердин эпос айтуучуларында да өз өнөрүн кереметтүү түш көрүүгө байланыштыруу салты кеңири учурайт. Мисалы, ойроттордун эпос айтуучулары — тульчилери жөнүндө Б. Я. Владимирцов келтирген маалыматтар алардын түш көрүшү менен өтө үндөш (эпос айтууну каалоосун же каалабоосун суроо; билбейм, айта албаймын дегенине болбой күчтөө; мурда эпосту айтпай эле жүргөн адам түш көргөндөн тартып анда дароо шык пайда болуп, чыгарманы аткара башташы жана башкалар). Мындай фактылар ошол элдердин тарыхый өсүш жолунун, жашоо шартынын жакындыгынын натыйжасында алардын түшүнүк, көз караштарындагы. ишенимдериндеги окшош белгилерди ганм көрсөтпөстөн, айтуучулук өнөрдүн мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн да айгинелеп турат. М-лар, ошондой эле тульчилер, башка элдердеги эпос айтуучулардын табигый шыгынын ички касиети да жакын, башка өнөр ээлөринин өзгөчөлөнүп турат. М-ларды шарттуу түрдө төрт топко бөлсө болот: үйрөнчүк М., чала М., чыныгы М., чоң М. (чоң жомокчу).

М-лык өнөрдү өздөштүрүүнүн биринчи кадамы — үйрөнчүк учур. Адатта, манасчылык өнөргө ык коюп, аны өздөштүрүүгө аракеттенген адамдарды үйрөнчүк М. дешкен. Үйрөнчүк М. көбүнчө көзү тирүү белгилүү манасчылардын биринин жанында жүрүп, андан таалим алат. Кээде болочок чоң М. эпосту дурус билген, бирок, М-лык деңгээлге көтөрүлбөгөн адамдардан деле алгачкы таалим алган учурлар бар. Мисалы, Саякбайдын талантын козгоп, манасчылык өнөргө шыгын арттырып, «Манас» жөнүндө маалымат берип, анын сюжети менен алгач тааныштырган адам чоң энеси Дакиш болгон. Талапкердин шык-жөндөмүнө жараша үйрөнчүк мезгил бир жыл айланасынан 4 — 5 жылга чейин созулушу мүмкүн. Талапкер өзү эл алдында «Манас» айтууга жарадым деп эсептеген учурда үйрөнчүк мезгил аяктайт. Устаты шакиртине ак жол каалап, батасын берип, өнөрүн элге тартуулоого татыктуу болгонун билдирген учурлар да кездешет. Бул баскычта өнөр үйрөнүүгө далалаттанган адам устатынан М-лык кесиптин сырын үйрөнөт, эпостун окуялары менен кеңири таанышып, чыгарманын мазмунун өздөштүрөт. Айрыкча эпостун салттык белгилерине, чыгарманы айтуунун ыгына басым жасалат. Үйрөнчүк М-нын келечеги үчүн анын эпосту алгач кимден үйрөнүп, кандай устаттан таалим алгандыгынын мааниси чоң. Анткени, ушул алгачкы учурда эле болочокто ошол үйрөнчүк М. жарата турган варианттын

www.bizdin.kg
негизи түзүлө баштайт. Көпчүлүк учурда ар бир кийинки М-нын варианты ал алгач уккан «Манастын» ченине, көлөмүнө, ал түгүл белгилүү даражада (башка М-лардан да таалим албаган болсо) идеялык, көркөмдүк деңгээлине жараша болот. Мисалы, билген адамдардын айткандарына караганда Саякбай менен анын устаты Чоюкенин варианттары сюжети, окуялары, ошондой эле образдар системасы, көркөмдүк касиеттери боюнча бири-бирине жакын. Чоюкенин варианттарында Саякбайдыкындай эле өзгөчө таасирдүү, күчтүү айтылган эпизод «Каныкейдин Тайторуну чапканы» болгон экен. Болочок М-нын устаты бирөө гана болушу керек экен деген корутунду чыгарууга болбойт, ар бир М. чыгармачылык жолунда көпчүлүк устаттардан таалим алат. Такшалган М. болгондо да үйрөнүү, башка М-лардын варианттарындагы мыкты табылгалар менен өз вариантын байытуу, аны өркүндөтүү улантыла берет. Мисалы, Саякбайдан эпосту экинчи жолу толук жазганда (1968) айрым окуялардын курулушу жана кээ бир элестүү ыр саптары Сагымбай Орозбак уулунун вариантына жакын түзүлгөн.

Үйрөнчүк учурга мүнөздүү белги — М-нын өз варианты түзүлө элек, устаты айткан варианттын айрыкча таасирдүү жана көп аткарылып, терең иштелип чыккан, тексти туруктуу эпизодун жаттап алып, эл алдында аткарышы. Ар бир айтуучунун өзү сүйгөн, көңүлдөнүп, зор эргүү менен эл алдына көп аткарган окуясы болушу — М-лардын чыгармачылыгында да кеңири учурай турган көрүнүш. Үйрөнчүк жаттаган эпизоддордун саны да устаттын чыгармачылык деңгээлине, жогорку көркөмдүктөгү даяр материалдардын санына жараша болот.

М-лык кесиптин экинчи баскычы — чала М-лык учур. Чала М-лар айтуучулар ичиндеги сан жагынан арбын топ. Бул топко эпостун кеңири белгилүү айрым эпизоддорун же алардын үзүндүлөрүн өздөштүрүп, негизинен жаттап, алып, анча-мынча кошумча же өзгөртүүлөр менен аткарган адамдар кирет. «Чала манасчы» терминин эки мааниси бар. Кесипке ээ болуу жолундагы баскычтан өтүп жаткан талапкерди, ошондой эле айтуучулардын атайын тобун да туюнтат. Биринчи маанисинде чыныгы М-лык деңгээлге жете элек такшалуу жолундагы айтуучуга карата айтылса, экинчи маанисинде — үзүндүлөрдү жаттап айтуу менен чектелген, вариант жаратууга дарамети жетпеген айтуучуну билдирет. Манастаанууда атайын термин маанисинде эпостун айрым эпизоддорун, үзүндүлөрүн жаттап алып аткарган М-ларды аныктоо үчүн колдонулат. Бул топтогу М-лар өз варианттары жок болгондуктан башка белгилүү М-нын калыптанып бүткөн вариантын пайдаланып, айрым эпизоддорун жаттап алып, ошол үлгүнү негизинен өзгөрүүсүз эл алдында аткарышат. Бирок, булар айткан материалдар кандайдыр бир даражада варианттык белгилерге ээ болушу мүмкүн.

Оозеки айтылган, зор көлөмдүү чыгарманы эсте тутуу жана өз калыбында кайра аткарып берүү да — өзгөчө татаал иш. Ошон үчүн чала М-лар эпостун окуяларын баштан аяк толук аткарышпайт. Адатта, өзү үчүн нускалык милдетти аткарган варианттын айрым эпизоддорун өздөштүрүп алып, эл алдына айтуу менен чектелишет. Айтуучунун чала М. экендигин аныктоодогу негизги чени — талапкердин чыгармадагы окуяларды салттык нук менен баштан аяк толук айтуу кудуретине ээ боло албагандыгы. Ушунун натыйжасында чала М-ларды чоң таланттуу М-лардан төмөн турган топ катары кароо менен мамиле кылуу салт болуп калган. Чынында эпосту пропагандалоо, анын мыкты үлгүлөрүн эл арасына кеңири жайылтууда жалпы эле М-лардын ичинен чала М-лардын ролу, эмгеги зор дагы, маанилүү дагы. Анткени, жалпы кесип ээлеринин ичинен саны жагынан арбын бул топ башкаларга караганда элге жакын турган жана алда канча кеңири аудиторияны тейлеген. Алар аткарган материалдардын идеялык, көркөмдүк деңгээли да төмөн болгон эмес. Себеби, чала М-лар өзүлөрү эпоско орчундуу

www.bizdin.kg
салым кошпогону менен эл алдында негизинен чоң М-лардын вариантарындагы көпчүлүккө жаккан, мыкты делген эпизоддорду, үзүндүлөрдү аткарышкан.
Чала М-лардын чыгармачылыгы үлгү вариантты жаттап алып, аны кайталап айтуу менен гана чектелет деп мүнөздөө туура эмес. Анткени, кандай такталган жана жеткире иштелген вариант болбосун аны жаратуучунун өзү да бүт чыгарманы айтууну эч өзгөртүүсүз сөзмө сөз жүзөгө ашыра албайт. Аткаруу процессинде текст улам жаңыланып, өзгөрүп турат. Ошондуктан, шакирт устат айткан үлгүнү (бир эпизодбу, бир нечеби) деп өзүндөй жаттап алышы мүмкүн эмес. Чала М. да жаттаган текстти белгилүү даражада иштеп чыгышы, айрым ыр саптарын өзгөртүшү, балким кошумчалашы табигый нерсе.
Вариантты толук жаттап, эч өзгөртүүсүз айтуу үлгүнүн канондук тексти болгон учурда гана мүмкүн. Бул үчүн М-нын варианты кагаз бетине түшүрүлүп, китеп түрүндө басылып чыгышы керек. Азыр эпостун үзүндүлөрүн кол жазмалардан, алардын котормосунан, китептен жаттап алып аткаруу муну далилдеп турат. Чала М-лык баскычты басып өтүү — зарыл шартисти Көпчүлүк талапкерлер М-лык өнөрдүн кийинки жогорку баскычына өтпөй, ушул деңгээл менен чектелип кала берет да, чала М-лар тобуна кошулушат.
Чала М-лар чыгармачылыгынын мүнөзү боюнча гректердин рапсодаларына (rapto — иреттөө, бириктирүү, кошуу, ade — ыр) жакын, окшош топ дешке болот. Рапсодалар да өздөрү төл чыгарма жаратпастан, башкалардын чыгармаларын топтоп, курап, аткарган адамдарды түшүндүргөн. Ошондуктан, рапсодаларды кээде ыр түзүүчүлөр, куруучулар деп да аташкан. Чала М-лар өзүнчө вариант жаратпаганы менен даяр, өзү үчүн үлгү варианттардагы айрым эпизоддорду, үзүндүлөрдү өздөштүрүп алып, өзүнүн аздыр-көптүр салымы, алымча-кошумчасы менен, айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү менен аткарышкан. Чыгармачылыктагы мындай «рапсодалык ык» чала М-ларга гана эмес, тегинде чоң жана кичине М-лардын баарына таандык. Ар бир М. чыгармачылык дараметине, деңгээлине карабастан жаңы чыгарма жаратпайт, мурунтадан келе жаткан сюжеттик нукту, салттык өзөк окуяларды, ал түгүл туруктуу ыр саптарын кеңири пайдаланат.
Чыныгы М-лык — кесиптин үчүнчү этабы. Бул топко эпостун өзүнчө вариантын түзгөн, башкача айтканда чыгарманын өзөк окуяларын мыкты өздөштүргөн жана аларды баштан аяк толук айтып бере алган айтуучулар кирет. Буларды эл арасында М. деп эле аташат. «Чыныгы манасчы» термини аларды чала М-лардан айырмалоо, чыгармачылык деңгээли жогору, эпоско кошкон салымы орчундуу экенин белгилөө зарыл болгон учурларда колдонулат. «Манас» эпосун сактап, укумдан-тукумга өткөрүп, жаңы шарт-учурлардын талабына ылайык толуктап, молуктуруп, өстүрүп-өнүктүрүүдө чечүүчү активдүү роль ушул чыныгы М-га таандык. Саны жактан чала М-лардан азырак болсо да, алар М-лык өнөрдүн уюткусу, негизги тобу. Чыныгы М-лардын көпчүлүгүнүн өмүрүндөгү негизги кесиби — «Манас» айтуу.
Башка айтуучулар сыяктуу эле алар үйрөнчүктүк учурду сөзсүз басып өтүшөт жана белгилүү бир М-дан таалим алышат. Бирок, чыныгы М-нын устаты катары ага алгачкы таалим берген адамды гана атоо туура болбойт. Чыныгы М. чыгармачыл, таланттуу инсан болгондуктан өз вариантын түзүүдө бир эле үлгүгө таянып калбашы мүмкүн. Ар бир чыныгы М. эпостун салттык белгилерин, өзөк окуяларын өздөштүрүүдө көптөгөн белгилүү устаттардын табылгаларын кеңири пайдаланган учурлар көп. Ошондой эле өзү көргөн, таалимин алган устаттары гана эмес, салттык көрүнүшкө айланып кеткен мыкты табылгаларды кимге таандык экендигине карабай кеңири колдонууга аракеттенүү да мүнөздүү.
Чыныгы М-лар үйрөнчүк кезинен эле эпосту бүт өздөштүрүүгө дит коюшкандыктан бул же тигил эпизодду так эске тутуп калууга эмес, негизги окуяларды, алардын ордун, өнүгүш нугун, башкы каармандардын

www.bizdin.kg
мүнөздөмөлөрүн, элестүү сүрөттөөлөрдү, жекеге чыгуу, согуш майданы жана башкалар мүнөздөгү көп кайталануучу көрүнүштөрдү баяндоонун ыгын, эпос үчүн мүнөздүү белгилерди өздөштүрүүгө аракеттенишет. Эпосту негизинен өздөштүрүп бүтүп, анын бардык окуяларын, өзү кабылдаган материалдарды кеңири пайдаланып, чыгарманы өз сөзү менен толук айта баштаган учурдан тартып жаңы варианттын нугу жаралат. Чыныгы М-лар белгилүү өнөр ээси катары, адатта, журтчулукка кеңири белгилүү болушат. Бул топко Шапак, Тоголок Молдо, Молдобасан, Багыш, Мамбет жана башкалар атактуу М-лар кирет.

М-чылык өнөрдүн эң жогорку чеги чоң М. же чоң жомокчу болуу. Мындай наам айтуучулардын чанда бирөөнө гана ыйгарылат. Зор таланттуу, эпостун өсүп-өнүгүшүнө орчундуу салым кошкон, жогорку көркөмдүктөгү вариант жараткан, чыгарманын бардык окуяларын баштан-аяк ирети менен толук жана кеңири планда айткан, өз өнөрүнүн күчү менен эл арасында өзгөчө кадыр-баркка ээ болгон М-лар гана «чоң манасчы» деген атайын урмат көрсөтүүнү билдирген наам менен аталышат. Чоң М-лар айтуучулар ичинде сан жагынан эң аз топ. Бирок, «Манас» эпосу түзүлө баштагандан бүгүнкү күндөгү деңгээлине жеткенге чейинки өнүгүш жолунда, анын варианттарынын жаралышында чоң М-лардын ойногон ролу, тийгизген таасири бөтөнчө зор. Эпостун негизин түзгөн да жана анын өсүп-өнүгүшүнүн багытын белгилеген да чын-чынында ушулар. Чоң М-лар түзгөн вариант, адатта көптөгөн М-лар үчүн үлгү болуп кызмат кылат, башкача айтканда ар бир чыныгы М. түзгөн жаңы вариантка бул же тигил чоң М. жараткан вариант негиз болуп берет. Мындай үлгү вариантты жараткан чоң М-лар М-лык өнөрдүн өзүнчө мектебин (школасын) түзгөн айтуучу катары саналат. Бирок, ар бир чоң М. сөзсүз эле өзүнчө мектептин түзүүчүсү болууга тийиш деп түшүнүү да жарабайт. Айтуучулук мектеп түзүү — чоң М-лык деңгээлден да жогору турган сейрек белги. М-лык кесиптеги атайын мектептер жөнүндөгү маселе манас-таануу илиминин орчундуу проблемаларынын бири. Жеке эле М-лык өнөр, анын өзгөчө белгилери гана эмес, эпостун варианттары, алардын мүнөзү, айырмачылыктары, эпоско байланыштуу бир катар маанилүү маселелер М-лар мектептерине байланыштуу чечилет (к. *Манасчылар мектеби).*

Чоң М-лар менен чыныгы М-лардын чыгармачылыгында принципиалдуу чоң айырмачылыктар жок. Тескерисинче, бири-бирине жакын, окшош. Бул эки топтун өкүлдөрүнүн айырмачылыгы айтуучулардын жеке сапатына — талантынын деңгээлине, табигый жөндөм-шыгына байланышкан. Чоң М-лардын варианттары башка топтогу М-лардыкынан окуяларынын кенендиги, мазмунунун байлыгы, көркөмдүк деңгээлинин өзгөчө жогорулугу менен айырмаланат. Эпостун Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу түзгөн варианттары мунун ачык күбөсү.

Чоң М-лардын варианттары башка айтуучулар үчүн өз варианттарын түзүүдө негиз болуп, эл ичинде бөлөк өнөр ээлерине баа берүүдө үлгү, эталон катары кызмат этет.

Ушул кезге чейин жашап өткөн көптөгөн өнөрпоздордон элдин эсинде адатта чоң жомокчулардын гана аттары сакталып калган. Мисалы, болжол менен 18-кылымда жашаган Нооруз, 19-кылымда жашаган Келдибек, Тыныбек, Балык жана башкалар

Чоң М-лардын талант күчүнө, айтуучулук кудуретине тен берүү катары алар айткан «Манастын» окуяларынын бүтпөстүгү, айтып аягына чыга албоо жөнүндө элде көптөгөн аңыз сөздөр айтылат. Чоюке «Манасты» тынбай үч ай айткан соң, «качан бүтөсүң?» деген суроого М.: «Баланча күндө бүтөм деп жалганчы боло албаймын, баатырдын туулганынан баштап азыр Чоң казатка араң жеттик. Андан наркысын өзүңөр биле бергиле» деген экен. Сагымбайдан «Манасты» канча убакыт айта аларын сурагандарга «өмүр бою айтып келем; бир да жолу аягына

www.bizdin.kg
чыга айта элекмин» — деп жооп бериптир дешет. Балык Чоң казатты кырк күн тынбай айтып, ошондо да аягына чыкпаган экен делет жана башкалар. Мындай маалыматтар биринчиден, жомокчунун кадыр-баркын, ага элдин мамилесин көрсөтүп турса, экинчиден, жалпы эле «Манас эпосуна берилген жогорку баа, аны ыйык тутуп, кастарлоонун бир көрүнүшү дешке болот.

Бул бир нече топко бөлүнгөн өнөр ээлерин бириктирип, М. деген бир наамга алар өз өнөр-шыгын ушул чыгарманы айтууга арнагандыгы менен ээ болушат. М-лардын чыгармачылыгына жалпы мүнөздүү негизги белгилер: 1) М-лар жалпы эле көркөм сөз чеберлеринин арасындагы өзүнчө топ; 2) ар бири эпосту улам жаңы тарыхый шартка ылайыктап өстүрүп-өнүктүрүп, молуктуруп турган чыгармачыл инсан; 3) манасчылардын чыгармачылыгында жеке белгилер менен салттык көрүнүштөр айкаша келет, болгондо да салттуулук өзгөчө күчтүү, чечүүчү мааниге ээ, ар бир М. жаңы чыгарма түзгөнү үчүн эмес, мурдатан кеңири белгилүү чыгарманы салттык негизде, көптөгөн таланттардын табылгасын кеңири пайдалануу аркылуу аткарганда чеберчилиги көрүнөт жана жогору бааланат; 4) жаңы варианттын жаралышында, ар бир өнөр ээсинин чыгармачылыгынын калыптанышында угуучулардын таасири чоң. Эпостун мазмунунун жаңы шартка ылайыкталышы, жаңыланып өсүп-өнүгүшү, байышы', ошону менен бирге эле мурдатан келаткан салттык белгилердин так аткарылып, сакталышы да көпчүлүк учурда айтуучу менен угуучу аудиториянын байланышы, угуучунун айтуучуга таасири, каалоо-талабына ылайык жүзөгө ашырылат. Ушуну эске алганда «Манастын» угуучулары чыгарманын сакталышына жана жашоосуна активдүү катышышат.

М-лык кесип качантан бери келе жатканын так айтуу кыйын. Эң биринчи М. жөнүндө да илимде такталган маалымат жок. Кыргыздарда кеңири таралган уламыш боюнча «Манасты» биринчи баштап айткан адам кырк чоронун бири — Ырчыуул. Анын чоролор арасындагы өнөрү да — ырчылык. Манас баатыр өлгөндө анын тирүүсүндө иштеген эрдиктерин Ырчыуул кошок кылып кошкон экен. Ошол кошок түрүндө айтылып жүргөн ырларды кийин Токтогул ырчы бириктирип бир чыгарма — «Манасты» жараткан экен делет. Белгилүү адамдын көзү өткөндө анын тирүүсүндө иштеген иштери кошоктордо чагылышы мурдатан келаткан салттык көрүнүш экендиги жана кошок түрүндөгү майда ырларды таланттуу ырчы бир сюжеттик линияга баш ийдирип, өзүнчө чыгармага айлантышы турмушта көп жолугарын эске алганда, биринчи М. жана эпостун жаралышы жөнүндөгү уламыштын негизинде турмуш чындыгы жатат дешке болот. Бирок, мындан «Манас» сөзсүз ушундайча пайда болгон деген корутунду чыкпайт. Анткени, уламыштын маалыматы такталган илимий факт эмес, жалпылаштырылган, көркөм ой толгоонун негизинде жаралган божомол гана.

«Манас» алгач жаралганда эле азыркы көлөмүндөгү, сюжеттик түзүлүшүндөгү чыгарма болгон эмес. Улам кийинки муундагы айтуучулар толуктап, мазмунун кеңейтип, байытып, сюжети татаалдашып олтуруп, бүгүнкү күндөгү деңгээлге келген. Бул эпостун өткөн кылымда жазылып алынган жана кийин жазылган тексттерин салыштыруудан да көрүнөт. Эпостун В. В. Радлов жазып алып, 1885-ж. жарыялаган тексттиндеги ар бир эпизод бүгүн бизге белгилүү М-лар айткан варианттардагы ошол эле темадагы эпизоддордон көлөм жагынан алда канча кичине. Эң негизгиси В. В. Радлов кыргыз жергесине келгенде эл арасында өзүнчө эпос катары айтылган айрым чыгармалар 20-кылымдын 1-жарымындагы М-лардын варианттарына эпизод катары кирип кеткен (мисалы, «Жолой кан»). Мындай фактылар эпос улам кийинки муундун айтуучуларынын редакциясында кеңейип, толукталып, башка көптөгөн чыгармаларды өз мазмунуна сиңирип олтурганын айгинелейт.

www.bizdin.kg
М-лардын ичинен элдин эсинде сакталып калгандары — өткөн кылымдан бери жашагандар. Ошолордун арасынан өзгөчө даңктуусу жана белгилүүсү жашы жагынан улуусу да — Келдибек Карбоз уулу (к. *Келдибек).* Ага удаалаш Балык, анын уулу Найманбай, Тыныбек, Чоюке жана башкалар Булардан кийин көбү советтик доордо жашаган М-лардын тобу түзөт. Кийинки М-ларды варианты жазылып алынган жана жазылбай калгандар деп эки топко бөлүүгө болот. Варианты жазылбай калган М-лардын арасында Келдибек, Балык, Акылбек, Чоңбаш (Нармантай) сыяктуу негизинен өткөн кылымда жашаган М-лар эле эмес, Тыныбек, Чоюке сыяктуу 20-к-ды көргөн адамдар да бар. Ырас, Тыныбектен жазылып алынган «Семетейден» чакан үзүндү белгилүү. Ал 1925-ж. араб ариби менен кыргыз тилинде Москвада жарыяланган. Бирок, анын түп нускасы али табыла элек, М-дан жазылып алынган ошол жарык көргөн үзүндү элеби же башка дагы болгонбу деген суроого бүгүн да манас-таануу илиминде жооп жок.

«Кыргыз рухунун туу чокусу» — «Манас» эпосун (Ч. Айтматов) М-лардын көптөгөн муундары жаратып жана ушул деңгээлге жеткирген. Бул зор маанилүү иште ар бир М-нын өзүнчө салымы бар.

С. Мусаев

«МАНАСЧЫЛАР» — кыргыздын биринчи фольклор изилдөөчүсү К. Рахматуллиндин эмгеги (Фр., 1942). Кыргыз тил, адабият жана тарых илим изилдөө институту даярдаган Кыргыз тилинде. Китеп «Манасчылардын чыгармачылык эмгеги» деген бөлүм менен башталып, мында манасчыларды эл акындарынын өзгөчө бир түркүмү катары карайт жана аны Тыныбек Жапый уулу, Сагымбай Орозбак уулу, Акмат Рысменде уулу, Жаңыбай Кожек уулу өңдүү манасчылардын чыгармачылыгынын үлгүсүндө көрсөтөт. Манасчылар эч качан «Манасты» жаттоо аркылуу эмес, алар үйрөнүү жолу менен манасчы болуп чыгышат, деген ойду айтат жана бардык манасчыларда сюжет негизинен бир багытта өнүгөрүн белгилейт. Эмгекте манасчылар айткан сюжеттердин айырмачылыктары каралат. Биринчиден, идея жана сюжет жагынан бири-бирине карама-каршы турган вариант жок экенин, бардык варианттардын башкы идеясы кыргыз элинин боштондук үчүн күрөшү экендигин көрсөтөт. Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулунун варианттарынын сюжеттериндеги кээ бир айырмачылыктарды салыштырып карайт. Ошондой эле манасчылар арасындагы стилдик жактан айырмачылыктарды эпостогу бир эле эпизодду бир нече манасчылар айткан үзүндүлөрдү келтирип салыштырат да алардын стилдик окшоштуктары жана айырмачылыктары белгиленет. Манасчылардын чыгармачылык ролу боюнча «Манасты» толук айтуучулар жана үзүндүлөрүн гана айтуучулар деп экиге бөлөт. Эмгекте манасчылардын кереметтүү түш көрүү маселесине токтолуп, түш көрүү манасчылардын «Манас» айтып калуусундагы башкы фактор катары карабайт, манасчылардын түш көрүүсүн жокко чыгарбайт, ал «Манас» айтууга болгон ынтызарлыктын натыйжасы деп эсептейт. «Манасты жазып алуу тарыхы» деген бөлүктө өткөн кылымда Ч. Валиханов, В. В. Радловдун эпосту кагазга жазып алуу тарыхына кыскача токтолот жана Октябрь революциясынан кийин эпосту жазып алуу ишинин жүрүшү тууралуу маалымат берет. Китепте Келдибек Кумар уулу, Балык Карбоз уулу, Тыныбек Жапый уулу, Чоюке Өмүр уулу, Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай
Карала уулу, Тоголок Молдо, Шапак Рысменде уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Акмат Рысменде уулу өңдүү кыргыз элинин белгилүү М-нын өмүрү, манасчылык өнөрү тууралуу баяндама берилет.

А. Авилов

МАНАСЧЫЛАРДЫН ТҮШҮ — айтуучулардын арасында түш көргөндө, касиеттүү күч даарыгандан кийин «Манас» айтып калуу салты. Элге атагы чыккан улуу манасчыбы же атагы алыска тарабаган, бир айылдын аймагында гана элине

www.bizdin.kg
эрмек болуп айтып жүргөн манасчыбы, эч кимиси үйрөнүп таалим алган устаты тууралуу, анын зор маанисин түшүнүп турса да, эч бир эскеришпейт жана айтышпайт. Манасчылардын түшүндүрүүсү боюнча манасчылык кесип арбак колдоп, сырткы касиеттүү күч таасир бергенден башталып, ага чыгармачылык шык кирет. Түшүнө «Манас» айтасың деп Манас же анын кырк чоросу кирет да, алардын баатырдык жүрүштөрүн айтып жүрүүнү тапшырат. Мына ушул учурдан баштап, мурда эч кандай ырга шыгы жок адамдын оозунан ыр төгүлүп, талант пайда болуп, «Манас» айта баштайт. Манасчы болот. Түш көрүү процесси — айрым гана белгилүү манасчылардын чыгармачылык өнөрканасына таандык болбостон, дээрлик манасчылардын бардыгына мүнөздүү көрүнүш. Айрым манасчылар бир гана жолу эмес, бир нече жолу кайталап түш көргөндүгүн айтат. Түш көрүүнү кыргыз манасчыларына гана таандык көрүнүш катары эсептөөгө болбойт. Түрк-моңгол элдеринин эпос айтуучуларынын айрымдарынын түш көргөндөрү жөнүндөгү маалыматтар эпос изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде бар. Көпчүлүгү түш көргөндөн кийин да «Манас» айтуудан баш тартып, колунан келбей турган иш экенин айтканына болбой, экинчи жолу да түшүндө келип, көндүрүүгө аракеттенишет, болбосо опузалап коркутуп, аны «Манас» айтууга мажбурлайт. Манасчылардын түш көрүүсү жана алардын түштөрүнүн мазмундук мааниси бири-бирине өтө жакын келет. Манасчы болуу үчүн түш көрүү негиз болгон жана эл арасында түш көргөндөн кийин гана ошол адам чыныгы манасчы болот деген түшүнүк, ишеним кеңири тараган.

«Манас» айтуу кесибине ээ болуу процессин башынан кечирип жаткан адамдардын түш көрүшү ыктымал жана бул анда манасчы болууга ишеним туудурбай койбойт. «Манас» айтууга ынтызар адам ар дайым чыгармачылыктын түйшүгүн тартып, бушайманданып, «Манас» басса-турса оюнда болуп, жан дүйнөсү менен ага берилип, аны ар дайым ойлоп, эстеп турат. Манасчылар жөнүндөгү бар маалыматтарга караганда алардын басымдуу көпчүлүгү түш көргөнгө чейин эле өздөрү көрүп билген манасчыларды ээрчип жүрүп «Манасын» уккандыгы жана таалим алгандыгы ачык айтылган. Бирок, «Манас» айтуучулардын көпчүлүгү таалим алуу мектебине эмес, түш көрүү процессине басымды көбүрөөк коюшат. Манасчылардын кереметтүү түш көрүүсү жөнүндөгү мындай салттык баян эпостун каармандарынын баркын көтөрүү, «Манас» өндүү элдик улуу мурасты улам кийинки урпактарга кереметтүү кылып көрсөтүү аракеттеринен келип чыгышы ыктымал.

К. Кырбашев

МАНАСЧЫЛАР МЕКТЕБИ. Белгилүү бир эпикалык чыгарманы айтуучулардын бири-бирине чыгармачылык таасиринин, устаттан шакирттеринин таалим алуусунун, үйрөнүүсүнүн натыйжасында варианттары өз ара жакын, окшош келип, башкалардын варианттарынан бир кыйла өзгөчөлүккө ээ болгон айтуучулардын тобу фольклористикада айтуучулар мектеби деп аталат. Айтуучулар мектеби эпикалык чыгармачылыгы күчтүү өнүккөн элдердин көбүнө мүнөздүү келип, уруулук түзүлүш күчтүү сакталган жерлерде мындай мектептер уруу ыңгайына карата, ал эми отурукташкан элдерде аймактар боюнча түзүлөт. Мисалы, 19-кылым—20-кылымдын башында Самарканд облусунда өзбек дастанчыларынын булунгурлук жана нураталык деген эки чоң мектеби болгон. Ал мектептердин өкүлдөрү өз жеринен чыккан дастанчылардын таасиринде болушуп, эпикалык чыгарманын ошол аймакта айтылыш салтын улантышкан. Ал эми уруу боюнча бөлүнүшү Борбор Азиядагы айрым түрк-моңгол элдеринде байкалат.

Учурунда М. Ауэзов манасчылардын Нарын жана Каракол мектептерин белгилеген. Чындыгында «Манас» эпосунун варианттарын салыштыра келгенде «Манас» айтуучулардын бир нече мектеби болгонун байкоого болот. Сагымбай

www.bizdin.kg
Орозбак уулунун вариантына Шапак, Багыш, Тоголок Молдо, Молдобасандын, Саякбай Карала уулунун вариантына Мамбет, Дуңкана, Шаабай, Кааба жана башкалар манасчылардын варианттары жакын. Бирок, манасчыны тигил же бул мектепке таандык кылууда этият болуу керек. Анткени, айрым манасчылардын варианты тигил мектепке да, бул мектепке да мүнөздүү көрүнүштөргө ээ. Мисалы, Дуңкана Кочукеевдин варианты сюжети жагынан негизинен Саякбай Карала уулу таандык мектепке кирген варианттарга жакын болгону менен андан кескин өзгөчөлөнгөн, Сагымбай Орозбак уулу башында турган мектептин варианттарына жакын айырмачылыктарга ээ. Бул манасчы эки мектептин өкүлдөрүнүн тең таасирин алгандыгынан болуу керек (жаштык курагы Тянь-Шань аймагы менен көл кылаасында алмак-салмак өткөн). Молдобасан Мусулманкул уулу менен Шапак Рысменде уулунун варианттарынын аяккы бөлүгү «Кичи казат» Сагымбай Орозбаковдун вариантынан таптакыр өзгөчөлөнүп, Саякбай Каралаевдин вариантына өтө жакын. Буга караганда эки мектептин өкүлдөрү дайыма чыгармачылык байланышта болуп, тигил же бул мектептин көрүнүктүү өкүлү репертуарындагы эң кызыктуу эпизоддору менен башка мектептин өкүлдөрүнө такай таасир тийгизип турган. Чоң манасчылардын баянына таянганда алардын айтуучу катары такшалуучу жана өз вариантын улам толуктап, өркүндөтүп отурушу белгилүү чөйрөнүн чеги же мектептин таасири менен гана чектелген эмес. Мисалы, Тыныбек ар кайсы аймактарда жашаган өз учурунун чоң манасчылары Нармантай, Келдибек, Акылбек, Балыктардан таалим алган. Кантип манасчы болгонун сурагандарга «Бул «Манасты» көп кишилерден сурап жана көп улама адамдардан угуу менен толуктап айттым», — дечү экен. Балык өмүрүн ар кайсы жерлерде (Таласта, Чүйдө, Кочкордо) жашап өтсө, Чоюке «Манасын» толуктоо, өркүндөтүү үчүн Ысык-Көлдөн тышкары, Таластан Текеске чейинки кыргыз жерин атайылап кыдырып чыккан. Сагымбай өз доорундагы чоң манасчылардын дээрлик баарына жолугуп, үлгү алуу менен бирге, кыргыз жашаган бардык аймактарда болуп, барган жерлериндеги элдин сынынан өтүп, алардын каалоолорун, алымча-кошумчаларын талдап, жергиликтүү манасчылар менен таанышып, алардын айткандарынын алгылыктуулары менен өз вариантын толуктай жүргөн. «Манас» айтуу жана манасчынын чыгармачылык таасири белгилүү географиялык аймак же уруулук белги менен чектелбейт. Азыркы мезгилде Нарын, Каракол, Түштүк мектептерине бөлүштүрүү шарттуу аталыш. Манасчылык өнөрдөгү мектептик белги өзгөчө таланттуу айтуучунун ысымына байланыштуу. Анткени, эпостун негизин түзгөн да жана анын идеялык, көркөмдүк-эстетикалык өсүп-өнүгүшүнүн багытын белгилегендер да — ошол чоң манасчылар. Алар түзгөн варианттар элге өзгөчө терең таасир тийгизип, көптөгөн башка манасчылар үчүн үлгүлүк милдет аткаргандыктан, ошол үлгүнүн таасиринде ага жакын айткан талапкерлер пайда болуп, манасчылардын өзүнчө мектеби түзүлгөн. Манас-таануучу С. Мусаевдин пикири боюнча Сагымбай менен Тоголок Молдо атактуу манасчы Тыныбек негиздөөчүсү (же өтө көрүнүктүү өкүлү) болгон мектепке таандык. Ал экөө Тыныбектен көп нерсени кабыл алышкан, алардын варианттарынын окшош жактары да көп. Ал эми Сагымбайдан көп кичүү, ошону менен бирге андан көп нерсени үйрөнүп, кабыл алышкан Молдобасан, Ыбырайым, Багыш жана башкалар айтуучуларды ушул мектептин улантуучулары деп айтууга негиз бар, анын үстүнө алар манасчы катары түздөн-түз Сагымбайдын таасирин алган (С. Мусаев, Эпос «Манас», Фр,, 1979, 82-б.). Буга караганда көптөгөн шакирттери болсо да Сагымбайды манасчылардын Нарын мектебинин негиздөөчүсү деп айтышка негиз жок, мектептин эң көрүнүктүү өкүлү катары аны өнүктүрүүчү. Анын устаты Тыныбек жөнүндө да ушуну айтууга болот. Өткөн кылымда В. В. Радлов жазып алган вариант кыскартылган, үзүндү-үзүндү түрүндө экенине карабастан анын сюжети, ал турсун айрым майда

www.bizdin.kg
деталдары Нарын мектебине кирген варианттарга окшош. Буга «Манас» эпосунун узак мезгилдер бою өсүп-өнүп келгендигин, М. м. да узак мезгилдер бою түптөнүп, калыптанып, муундан-муунга өтүп, чыгарманын алгачкы жаратуучулары бизге белгисиз калган манасчылар экенин көрсөтөт. Каракол мектеби жөнүндө деле ушуну айтууга болот. Бар вариантты салыштырып келгенде Мамбет Чокмор уулу менен Саякбайдын варианттары жакын, бирок кимиси бири-бирине таасир эткени жөнүндө эскеришпейт. Устаттары катары өздөрүнөн мурунку манасчыларды (Мамбет Доңузбайды, Саякбай Чоюкени) эсептейт. Чоюке, Доңузбай бир мезгилде чыккан манасчылар болгондуктан алардын устаттары алардан мурунку муундун өкүлдөрү экендиги мыйзам ченемдүү көрүнүш. Каракол мектеби да эчактан түзүлүп, узак мезгилдер калыптанып келгенин Ч. Валиханов жазып алган эпизоддордун бул мектептин өкүлдөрүнүн варианттары менен көп жагынан жакындыгы далилдейт.

С. Бегалиев, Р. Сарыпбеков

«МАНАС» ЭПОСУ — кыргыз элинин кеңири белгилүү өзгөчө зор көлөмдүү баатырдык эпосу. Кыргыздардын көптөгөн кылымдар бою өз билгендери менен табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн жолу менен башынан кечирген окуялар жөнүндөгү маалыматтардын орчундууларын дээрлик бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарып, элдин ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап, улам толуктап келе жаткан улуу мурасы, эл турмушунда мааниси, орду боюнча улуттук сыймыгы катары бааланууучу чыгарма.

Кыргыздар «Манасты» жомоктордун катарына кошушат. «Жомок» (к. *Жомок)* жалпылык маанидеги термин. Мааниси жана негизги белгилери боюнча жомок оозеки көркөм чыгармачылык жөнүндөгү дүйнөлүк илимде кабыл алынган *эпос* түшүнүгүнө туура келет. Жомоктор тобундагы чыгармаларды мазмундук, формалык белгилери боюнча бөлүштүрүү — түркүмдөргө ажыратуу кыргыздар арасында мурда болбогондуктан жомокту атайын термин катары пайдалануу, анын тутумуна кирген чыгармаларды өзгөчөлүктөрүнө карай бөлүштүрүү кыйынчылык туудурат. Ошон үчүн «Манасты» жалпы дүйнөлүк илимде кабыл алынган салтка ылайык эпос деп атоо жана ага таандык өзгөчөлүктөрдү «эпос» илимий терминин мыйзамдык талаптарына ылайык кароо ыңгайлуу.

Жанрдык белгилери боюнча «Манас» — баатырдык эпос (к. *Баатырдык эпос).* Көп кылымдар бою кыргыздардын эл катары атын сактап, тукум улоо, биримдигин жоготпоо үчүн жүргүзүп келген тынымсыз жана оор кармашын баяндоого арналган бул чыгармадагы башкы тема — элдин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөш, сырттан басып кирген душмандарга каршы салгылаштарда көрсөтүлгөн эрдиктерди даңазалоо, ынтымакка, биримдикке чакыруу. Ушуга ылайык эпостун мазмунунда түрдүү мүнөздүү чоң жана чакан ар кандай окуяларды баяндоого орчундуу орун берилген. Эпостогу эл турмушунун көпчүлүк бөлүгү согуштарда өтөт; ал согуштардын түрлөрү көп: баскынчыларга каршы күрөш (сырттан келген душмандар — кытай кандары Алооке, Молто жана башкалар менен салгылашуу); жайыт үчүн, жер үчүн коңшу уруулар арасындагы чырдашуулар (манжу, алтай калмактары менен согуш-тартыштар); жортуулчуларга каршы туруу (Нескара дөөгө каршы согуш); зомбулук көрсөтүүлөргө, басмырлоого каршылык көрсөтүү (Нуукер дөө менен согуш, он бир Дуу-дуну жазалоо жана башкалар); ата-бабалардын туулуп өскөн жерин — ата журтту баскынчылардан бошотуу аракеттери (Ала-Тоону басып алган калмак-кытайлардан бошотуу үчүн Текес кан, Орго кан, Акунбешим шаа жана башкалар менен согуш); өзү катылган жоонун мизин кайтарып, сокку берүү (Шоорук кан, Алооке менен кармаштар); өчмөндүү жоодон өч алуу — коркунучтуу жоонун алдын алып, мизин кайтаруу (уйгур кандары менен согуш, Чоң казат); душмандын талоонуна учурап, кордук көрүп, жабыр тарткан уруулаш же кандаш

www.bizdin.kg
туугандарына жардам берүү (Кошойдун элин чаап кеткен оогандыктарга каршы аттануу), олжо алуу, жылкы тийүү үчүн жортуулдарга чыгуу жана башкалар өңдүү согуштар. Акыры «Көзкамандар окуясы», «Алмамбеттин элинен кетиши» жана башкалар сыяктуу туугандар арасындагы чыр-чатак, өз ара мамилелер да эки жактан көптөгөн адамдар катышкан кандуу кармаш болбосо да, баш кесилип, кан төгүлгөн согуштук эпизоддорго жакын мүнөздөгү окуялар түрүндө берилет (к. *«Манастын» сюжети).* Чыгармадагы каарман, кейипкерлердин образдарын түзүүдө негизги сапат катары эрдик, баатырдыкка өзгөчө көңүл бурулат. Зарылчылык туулганда согушка катышуу, эрдик көрсөтүү жеке эле айрым баатырлар гана эмес, жалпы эл, эр бүлөгө бирдей милдет. Ал түгүл көптөгөн аял каармандарга баатырдык сапат мүнөздүү. Эпосто аялдын башкы милдети үй оокатын жүргүзүү, эне болуп бала тарбиялоо, баатырга — үй ээсине кызмат кылып, жардамчысы болуу деп түшүнүлсө да, аялдар зарыл учурда олоңдой чачты төбөгө кынай түйүп, жоо кийимин кийип, душманды беттейт. Бирок, «Манастын» мазмунунда камтылган окуялардын чеги жана алардагы маалыматтардын жыйындысы элдик героиканы — согуштарды, ага байланыштуу иш-аракеттерди, көрүнүштөрдү гана сүрөттөөдөн алда канча кеңири. Чыгарма элдин жашоо шартына байланышкан жай турмуш көрүнүштөрүнө да бай.

Жай турмушка байланышкан маалыматтар согуштук окуялар арасында айтылган чакан кабарлардан гана эмес, элдин абалы, жашоо шарты, үрп-адаты, көз карашы кеңири баяндалган көлөмдүү эпизоддордон, эпостун окуяларынын өнүгүшүндө зор мааниге ээ чоң-чоң бөлүмдөрдөн да арбын жолугат. Чыгарманын бул мүнөздөгү бөлүмдөрүнүн ар бири калк турмушунун белгилүү бир жагын — бир бүрчөк үзүмүн чагылдырууга арналып, ошол көрүнүшкө тиешелүү ар тараптуу жана терең деталдаштырылган эң бай маалыматтарды ичине камтыйт. Мисалы, баласыз улгайган адамдын зарынан тартып, балалуу болуу, ага байланыштуу элдик ырым-жырымдар, расмилер, жаш баланы турмуш менен тааныштырып, тарбия берүүгө байланыштуу материалдар негизинен «Манастын туулушу жана балалык чагы» бөлүмүндө берилсе, эл башкаруу, уюмдашуу, элди бириктирүү, атайын башкарылган топко биригүү жөнүндөгү аракеттер, түшүнүктөр «Манастын кан шайланышында» чечмеленет. Куда түшүү, баласын үйлөөгө байланыштуу каада-салттар «Манастын Каныкейди алганында» чагылдырылса, адам өлүмү, сөөк коюу үрп-адаттары «Көкөтөйдүн ашы», «Манастын өлүмү жана ага күмбөз салдыруу» бөлүмдөрүндө баяндалган. Элдик турмуштун көрүнүштөрүнүн аталган бөлүмдөрдүн чегине сыйбаган, алардын сюжеттик нугунан сыртта калган көптөгөн белгилери, салттык, үрп-адаттык расмилер, түшүнүктөр эпостун көптөгөн башка эпизод, бөлүмдөрүндө, ал түгүл жай турмуш элестери кээде жалаң согуштук окуялар арасында да кыстарылып баяндалган учурлар аз эмес. Мисалы, он бир дуу-дуга каршы согуш учурунда Манастын Карабөркkө үйлөнүшү, Ала-Тоону бошотуу үчүн согуштар учурунда Текес кан жеңилгенден кийинки Тейиш кандын тою, Түлкү менен болгон согуштан кийин Түлкүнүн кызы Канышайга куда түшүү жана башкалар *(к. Манастын сюжети).*

«Манас» эпосунун эл турмушунун бардык тармактарын камтыган, фактыга өзгөчө бай мазмуну кыргыздардын каада-салттарынан тартып, эл тагдырында чоң мааниге ээ орчундуу окуяларга чейин, башынан өткөргөн ар кыл мезгилдеги эл тирлигинин көрүнүштөрү, жашоо, жаратылыш, коом, жакшылык-жамандык, пайда-зыян жөнүндөгү түшүнүктөрү, ишенимдери, жүрүш-туруш нормалары, медициналык, географиялык жана башкалар билимдери, ошондой эле эл аралык, соода-сатык мамилелери жана башкалар жөнүндө бай, баалуу маалыматтар берет. Ошондуктан, кыргыз элинин миң жылдан ашуун мезгилди ичине камтыган тарыхый жолунун көркөм чагылдырылышы болгон «Манас» эпосу — аны жараткан элдин тарыхын, философиясын, этнографиясын, тилин, көркөм өнөрүн,

www.bizdin.kg
психологиясын, географиясын, медицинасын жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун ар кыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак. Чыгарманын бул өзгөчөлүгү Ч. Валиханов, В. В. Радлов жана башкалар изилдөөчүлөргө эпосту кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы катары баалоого негиз болгон.

«Манастын» терең мазмунун, андагы окуялардын көп жактуулугун жана турмуш көрүнүштөрүн баяндоодогу өзгөчөлүгүн, ыктарын эске алганда эпосту жеке чыгарма эмес, өзүнчө эле бүткөн оозеки адабият дешке да болот. Эпосто кыргыз фольклорунун көптөгөн жанрлары синтездештирилген, бири-бирине жуурулушуп, эпостун мазмунуна сиңиштирилген. Кошоктордон, керээз, арман ырларынан тартып санат-насыяттарга, макал-лакаптарга, жөө жомоктордун түрлөрүнөн тартып уламыш, мифтерге чейин эпостон табууга болот. Бирок, «Манас» ар түркүн жанрдагы чыгармалардын жыйнагы, көптөгөн маалыматтардын жөнөкөй топтолушу эмес. Мазмунунун өзгөчө кеңдигине карабастан «Манас” — жогорку көркөмдүккө ээ чыгарма, анын окуялары композициялык бир бүтүндүккө баш ийип турат. Бардык окуяларды бириктирип, байланыштырып турган кызыл сызык — Манас баатырдын өмүр жолу жана баатырдык иштери.

Илгертен эле «Манас» кыргыздар арасында өтө жогору бааланган. Диндик түрдүү ишенимдердин, культтук көрүнүштөрдүн арасында өзгөчө баскычты ээлегени илимде кеңири белгилүү. Оорулууну дарылоодо, төрөт учурунда, жалпы эле жакшы тилек, ийгилик үчүн «Манас» айттыруу эл турмушунда кеңири жолуккан ырымдардын болгондугун күбөлөгөн фактылар көп. Кыргыздарда жер-жердеги өзгөчө көрүнүш, белгилердин баарын Манастын ысмы, анын иштери менен байланыштыруу жалпы кабыл алынган салт. Буга ар бир аймакта, өрөөндө Манаска байланыштырылган жер-суу, тоо-таштардын аталыштары, табигый же жасалма көптөгөн белги, эстеликтердин кезигиши күбө (Манастын күмбөзүнөн Кошой Коргонго, Аккуланын акырынан Каркырадагы Көкөтөйдүн ашында казылган кемегеочоктордун ордуна, Манастын ордо аткан жайынан таш тулгасына, кырк чоронун күмбөзүнөн Жолойдун бешигине чейинки жана башкалар аталыштар). «Манаска» элдин мамилесинин, бул чыгарманын эл арасындагы кадыр-баркынын деңгээлин, күчүн жакынга чейин эле бир да кыргыз баласына «Манас» деп ысым койбогондугунан да көрүүгө болот.

Эл ишениминде «Манас» деген оор ысымды бала көтөрө албайт, эгер ошол атка татыктуу болбосо наристе жаш курагында эле чарчап калат делген. «Манастын» негизги окуялары, сюжеттик линиялары менен элдин басымдуу көпчүлүгү тааныш болушу, чыгармадан бир нече сап ырды жатка билбеген кыргызды табуу кыйын экендиги эпостун эл арасында кеңири белгилүү экендигинин далили. «Манаста» баяндалган маалыматтарды, окуяларды кыргыздар кылымдар бою көркөм чыгарма катары эмес, болгон чындык, тарыхый факты катары кабылдашкан. Эл таламын талашкан, элди жоодон коргогон эр азаматтар Манастын аты менен жоого киришкен. Чыгармадагы оң каармандардан жаштар таалим-тарбия алышкан, адамдар ортосундагы мамилелеринде, оң-терс көрүнүштөрдү баалоодо, чыр-чатак, доо жана башкалар сыяктуу күндөлүк турмушта жолугуучу иш-аракеттерди чечүүдө эпос үлгү болгон. «Манаска» болгон элдин ушундай өзгөчө мамилесинин натыйжасында дүйнөдө теңдешсиз зор көлөмдүү көркөм чыгарма түзүлгөн; өзү сыяктуулардын ичинде көлөмү боюнча дүйнөдө «Манаска» теңдеш эпос жок. Манасчы Саякбай Карала уулунан жазылып алынган эпостун үч бөлүмүнүн жалпы көлөмү 500553 сап ыр. Бул көлөм гректердин «Илиадасы» (15693 сап) менен «Одиссеясын» (12110 сап) бирге кошкондогу (27803 сап ыр) көлөмүнөн 20 эседей көп. «Манастын» ошол бир эле варианты илимде узак убакыт эң көлөмдүү эпос деп эсептелип келген инди

www.bizdin.kg
элдеринин «Махабхаратасынан» (200000 сап ырдын айланасында) эки жарым эсе чоң. Бүгүн илимге «Манас» эпосунун түрдүү көлөмдөгү жетимишке жакын варианты белгилүү. Чыгарманын илимге белгисиз тексттерин эл арасынан иликтеп таап, жазып алуу иштери улантылууда.

«Манастын» өзгөчө кеңири мазмунуна формасы бап келип, бирин-бири толуктап турат. Чыгармага эл зор маани бергендиктен жана элдин күндөлүк турмушунда өзгөчө орун алгандыктан ал көп аткарылган, окуялары такталып, ыр саптары кынапталган, көптөгөн таланттардын чыгармачылык эмгегинин натыйжасында кол жеткис бийик көркөмдүк чекке жетип, сөз өнөр ээлери үчүн өз алдынча эталон үлгүгө айланган.

«Манасты» жаратып, сактап, өнүктүрүп келген манасчылар элдик таланттардын өзгөчө тобун түзөт. Чыгарманы алгач жараткан адам ким экендиги белгисиз. Эл оозунда айтылып калган уламыш боюнча Манас баатырдын көзү өткөндө анын иштеген иштерин, эрдиктерин өзү менен бирге жүрүп, көзү менен көргөн кырк чоронун бири Ырчыуул кошок түрүндө айткан экен. Эл арасында тарап, айтылып жүргөн ошол кошокторду кийинчерээк Токтогул ырчы (Жаныбек кан, Жээренче чечен жана башкалар менен доорлош болгон делет) үзүлдү-кесилди ырларды курап, Манас баатырдын элдик иштерин ирети менен баштан аяк баяндаган бир бүтүн чыгарма жараткан экен *(к. Манасчы).* Уламышка караганда эпостун окуялары болгон учур менен чыгарманын жаралуу, калыптануу мезгилинин арасында бир топ айырма бар. Кыргыздардын «Манас» гана эмес, башка элдерде да эпосторду биринчи жараткан адамдын ким экендиги белгисиз болуп, жогорку көркөмдүктөгү, өзгөчө баага эгедер, кеңири белгилүү чыгармалардын алгачкы айтуучулары жөнүндө уламыштар сакталган (гректердин Гомери, орустардын Баяны жана башкалар). Алардагы мүнөздүү белги — эпостун негизин түзгөн ырчынын чыгарманын башкы каарманы, анын жардамчылары менен бирге жүрүп, чыгармадагы окуяларга күбө болгон адам экендиги. Мындай салттын «Манас» эпосунун жаралыш жагдайына байланыштуу да сакталып калгандыгына Ырчыуул жөнүндөгү уламыш күбө.

«Мвнастын» качан, кандай тарыхый шартта, кайсы окуяларга байланыштуу чыккан чыгарма экендиги да илимде али тактала элек. «Манастын» текстинде да пайда болгон мезгили, доору жөнүндө даректүү, ишенерлик далилдер келтирилген маалымат да жок. Сагымбай Орозбаковдун вариантында гана «Бир миң кырк жыл болуптур Андан бери карата», (Кол жазмалар фондусу, 578-инв., *2-б.)* делген ыр саптары кезигет. Бирок, бул эмне далилге негизделгендиги айтылбайт, манасчы бул маалыматты келтирүүнүн себептерин чечмелебейт. Изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгүнүн божомолдору боюнча «Манас» миң жылдан ашуун мезгилди басып өткөн чыгарма. Айрым тарыхчылар, фольклорчулар жомоктун жаралуу мезгилин кыргыздардын басып өткөн тарыхый жолунун урунттуу учурлары менен байланыштырып карашат. М. Ауэзов менен А. Н. Бернштам эпоско уютку болгон анын өзөк окуяларын 7—9-кылымдагы кыргыздар менен уйгурлардын арасындагы мамилелерге байланыштырат. Уйгурлардын басмырлоосу, аларга каршы күрөш айрым варианттарда, мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантына кеңири берилип, бир канча окуяны бириктирген Манастын он бир Дуу-дуга каршы аракеттерин баяндаган чоң эпизод катары айтылат. Кошойдун Билерикти туткундан бошотуусу жөнүндөгү өзүнчө эпизод да уйгурларга байланыштуу. Б. Юнусалиев эпостун негизги окуяларын, чыгарманын жаралуу учурун кыргыздардын 9—11-кылымдар аралыгындагы кара кытайлар менен болгон согуштарына байланыштырса, В. Жирмунский эпостун окуяларында элдин байыркы түшүнүктөрү менен байланышкан, пайда болуу доору жактан эң эски материалдардын да орун алгандыгын белгилеп келип, чыгармадагы чыныгы тарыхый фон 15 — 18-

www.bizdin.kg
кылымдар аралыгына туура келет деп эсептейт. Башка көптөгөн изилдөөчүлөр айрым алымча-кошумчалар түрүндө өз пикирлерин айтканы менен, негизинен ушул үч жоромолдун бирине барып кошулат.

«Манасты» изилдөөнүн азыркы учурдагы деңгээлинде бул үч жоромолдун бирин чындык катары кабыл алып, калгандарын жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Ал турмак ушул жоромолдордун бирине да кошулбай турган башкача көз караштын болуу мүмкүнчүлүгүн да эсепке алуу керек. «Манаска» уютку болгон түпкү негизди эл тарыхындагы белгилүү окуяларга байланыштуу караганда калктын басып өткөн жолунда чоң мааниге ээ болгон доорго, тарыхый шартка таандыкташтыруу алда канча жөндүү, жүйөлүү болушу мүмкүн. Эпостун бизге белгилүү негизги тексттерине караганда чыгарманын алгачкы сюжеттик өзөгүн түзгөн негизи уруу түзүлүшүнүн алгачкы этаптарында эле түптөлгөн дешке толук негиз бар. Үй-бүлөнүн, уруунун кызыкчылыгы үчүн күрөш ошол уютку сюжеттеги негизги тема болгон. Баласыздыгы үчүн кайгы жеген Жакыптын зары, балалуу болушу, жаш баатырдын өз уруусунун таламы үчүн жайыт талашып, баскынчы жат уруу өкүлүнүн мизин кайтарып, ата уулдарынын башын кошкон чоң бирикме түзүп, анын башында турушу — кан шайланышы мунун далили (к. *«Манастын» сюжетиндеги* «Манас баатырдын туулушу жана балалык чагы»). Эпостун ошол негизине эл тарыхынын улам кийинки дооруларындагы ар кандай урунттуу окуялар, ар кыл түшүнүктөр, кабарлар таасир этип, изин калтырып, сюжетти байытып, чыгарманын түзүлүшүн татаалдантып олтуруп, баатырдык эпостордун классикалык үлгүсү болгон «Манас» түзүлгөн.

«Манастын» мазмунунда уруу түзүлүшүнүн түрдүү баскычтарына таандык маалыматтар өзгөчө көп. Элдин урууларга бөлүнүшү жана ошого ылайык ымалалаш жашашы, уруулар согуштук уруу союзу аркылуу бир эл мүнөзүнө келтирилиши, тап жана алардын карама-каршылыгы, күрөшү жөнүндө али сөз болбошу, жогорку бийликтин куралданган элдин жалпы чогулушуна таандык экендиги, урууларды жайчылыкта уруу ак сакалдары, ал эми согуш учурунда согуштук жетекчи — кол башчынын башкарышы, уруу мүчөлөрү тең ата — укукташ болуп, тууган катары бири-бирине жардамдашууга милдеткерлиги, мамлекет жана башкаруунун атайын аппаратынын жоктугу, туруктуу армия болбой, жоого куралданган эр бүлө бүт каршы турушу, атайын бекитилген мыйзамдын жоктугу, эл башкаруу, адамдар, уруулар арасындагы мамилелер адат-салт эрежелерине ылайык жүргүзүлүшү, жерди уруу мүчөлөрүнүн чогуу пайдаланышы, элдин туруктуу алык-салыкты билбеши, негизги курал темир болуп, акча ордуна мал колдонуу өңдүү көптөгөн белгилер чыгарманын мазмунунда уруу түзүлүшүнүн жогорку баскычы болгон аскердик демократия мезгилинин издери арбын экенин айгинелейт. «Манаста» башка тарыхый дооролордун издери да аз эмес. Бөтөнчө эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүндө феодалдык коом мезгилдерине мүнөздүү көрүнүштөр өтө арбын. Уруу түзүлүшүнүн өнүгүш жолунун алгачкы шарттарында эле турмуш талабына, зарылчылыгына ылайык жаралган эпостун алгачкы уюткусу чыгарманын өсүп-өнүгүш, калыптаныш процессинде көптөгөн маалыматтарды, материалдарды өзүнө сиңирип алган. Айтуучулар улам кийинки шарттардын таламына ылайык анын мазмунун толуктоо, идеялык багытын кеңейтүү максатында жаңы көрүнүш, окуяларды да, түшүнүк көз караштарды да, ошондой эле эл арасында өзүнчө жашап келген жөө жомоктук, мифтик, уламыштык маалыматтарды, чыгармаларды да, ал турмак айрым эпосторду да «Манасты» толуктоочу материал катары пайдаланышкан. Мунун 7-кылымдан берки мезгилдерге таандык тарыхый белгилүү окуялардын, ар башка учурларга, шарттарга таандык маалыматтардын, көптөгөн жөө жомоктордун издери өзгөрүүлөр, алымча-кошумча менен эпостун сюжеттик линиясына киргизилгенинен көрүүгө болот.

www.bizdin.kg
Башкалар турмак «Манастан» мурда жаралып, эл арасында кара сөз, ыр түрүндө кеңири айтылган «Төштүк» сыяктуу өзүнчө чоң эпосту да кийинки манасчылар өз вариантына кошуп айтышкан (Саякбай). «Манастын» дүйнөдө теңдеши болбогон бүгүнкү зор көлөмүнүн жаралыш сыры ушунда. Адегендеги чакан эле чыгарманы улам кийинки муундар кеңейтип отуруп, алты ай айтса түгөнгүс жомокко айланган. Эпостун мазмуну менен кеңири таанышып, андагы баяндалган маалыматтарды талдоодо «Манастын» мазмунун түзгөн окуялар көптөгөн катмарлардан туруп, чыгарма узак убакыт калыптанганын көрүүгө болот. Ошон үчүн эпостун генезиси жөнүндө сөз болгондо алардагы байыркы доорлорго таандык катмарлардан тартып, кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолундагы ар бир урунттуу учурдун, чоң мааниге ээ окуялардын издерин, көптөгөн маалыматтарды өзүлөрүнчө алып карап, ар бирин так ажыратуу зарыл. Эпостун өзөк окуяларын же ага негиз болгон уюткуну бир гана конкреттүү тарыхый окуянын чеги менен чектеп коюу туура корутундуга алып келбейт.

«Манастын» мазмунун эл турмушу түзөт. Мүнөзүнө жараша ал турмушту негизинен эки топко бөлүүгө мүмкүн: согуш, ага байланышкан көрүнүштөр жана жай турмуш картиналары. Жомок чагылдырган доордун мүнөзү менен шартталган эпостун каармандары үчүн согуш да, тынч жашоо да ошол учурдун мүнөздүү белгилери, тиричиликтеги кадыресе көрүнүштөр. Эпосто согуштун элдерге кайгы-муң, оор азаптар алып келе тургандыгы баса көрсөтүлгөнү менен кармаш, күрөш элдин тиричилигинин негизин түзгөн, элдин кесиби болгон көрүнүштөрдүн бири. Ошон үчүн эпосто жай турмушка караганда согуш окуяларына' көбүрөөк көңүл бурулуп, кеңири орун берилет.

Чыгармадагы түркүн маалыматтарды, көрүнүштөрдү бири-бири менен байланыштырып, жалпы эпостун окуяларынын композициялык бүтүндүгүн жүзөгө ашырып турган нук — баатыр Манастын өмүр жолу, иш-аракеттери. Эпостогу ар бир чоң жана кичине окуя, ал түгүл Манас өзү түздөн-түз катышпаса да баатырдын иш-аракеттерине байланышып, эпостогу башкы теманын ачылышы үчүн кызмат кылат.

Эпостогу окуялар бири-бири менен жалпы нук аркылуу байланышкан чоң-чоң эпизоддор түрүндө түзүлүп, ар бир чоң эпизод өзүнчө бүткөн чыгарма мүнөзүнө келтирилип иштелип чыккан (Манастын туулушу жана балалык чагы, Ала-Тоону душмандардан бошотуу, Алмамбеттин жомогу, Манастын Каныкейди алышы, Көкөтөйдүн ашы, Чоң казат жана башкалар). Эпосту эл алдында аткарууда көпчүлүк учурда чыгарманын окуялары баштан аяк ирети менен толук айтылбастан (узак убакытты жана туруктуу аудиторияны — ошол убакыт ичинде «Манасты» угуп олтурууга мүмкүнчүлүгү бар адамдардын тобун талап кылган мындай жагдай турмушта сейрек кездешкен), эпизод-эпизод түрүндө айтылган. Ошондуктан, чоң эпизоддордун өзүнчө бүткөн чыгарма түрүндө курулушу (эпостун жалпы нугунун негизиндеги ага кирген) өзгөчө зор көлөмдөгү жомокту бөлүп-бөлүп айтууга ылайыктоо зарылчылыгынан чыккан ык дешке мүмкүн. Эпостун сюжетине улам кийинки урпактар киргизген айрым орчундуу кошумчалар да чоң эпизод катары киргизилиши ыктымал. Айрыкча, өз алдынча чыгармалар эпоско кошулганда ушул ык пайдаланылган. Саякбай Карала уулунун «Эр Төштүк» эпосун «Манаска» кошуп айтышы мунун ачык далили.

Эпостун окуяларын толук айткан манасчылардын варианттарындагы туруктуу салттык окуялар да негизинен ушул чоң-чоң эпизоддордон турат. Туруктуу салттык окуялар «Манастын» бардык варианттарына таандык мазмундун бүгүнкү деңгээлиндеги — көлөмүндөгү уюткулук негиз, окуялардын өзөк нугу.

«Манас” — көп варианттуу чыгарма. Оозеки айтылып, оозеки жашаган өзгөчө зор көлөмдүү чыгарма болгондуктан «Манастын» туруктуу тексти жок. Андагы ыр саптары турмак, окуялары да дайым өзгөрүп турат. Ырас, профессионал

www.bizdin.kg
манасчылар эл арасында өзгөчө көп аткарган айрым кеңири белгилүү эпизоддор улам кайталануунун натыйжасында белгилүү даражада туруктуу мүнөзгө ээ болушу мүмкүн. Бирок, мындай учурда эч өзгөрүүсүз, сөзмө-сөз кайталана турган канондук үлгү жөнүндө сөз кылууга болбойт. Ар бир манасчы, адатта кандайдыр бир эпизодду кайталап аткарганда сюжетти деталдык белгилерине чейин сактап айтканы менен тексттеги ыр саптарын эч өзгөрүүсүз кайталай албайт. Буга Саякбай Карала уулунан бир нече жолу кайталанып жазылган тексттер далил. Бир эле манасчыдан бир нече жолу кайталанып жазылган тексттер, ошондой эле түрдүү айтуучуларга таандык материалдарды салыштырып талдоо эпостун ыр саптарынын туруктуу мүнөздөгү үлгүлөрү да аз эмес экендигин көрсөтөт. Айрыкча, чоң манасчылардагы негизинен туруктуу, көп аткарылып, ийне-жибине чейин иштелип чыккан эпизоддор дээрлик жат айтылган мүнөздө болот. Сагымбай Орозбак уулунан жомокту жазуу учурунда ал катуу ооруп, унутчаак болуп кеткенде да «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң чабуул» сыяктуу мурда өзү көп аткарып жүргөн окуяларды көркөмдүк деңгээлин төмөндөтүп жибербей айтып берген. Ыбырайым Абдыракман уулунун эскергенине караганда муну манасчы белгилүү эпизоддорду эл алдында көп айткандыктан тексттери жат болуп калгандыгы менен түшүндүргөн экен. Анын үстүнө манасчылар, адатта өз вариантында мурдагы айтуучулардын мыкты табылгаларын жалпыга орток кенч катары кеңири пайдаланышат. Эпосто дээрлик өзгөрбөй айтыла турган элестүү ыр саптары көп учурайт. Буга өткөн кылымда Ч. Валиханов, В. В. Радлов жазып алган тексттердеги айрым ыр түрмөктөрүнүн эч өзгөрбөй сөзмө-сөз кайталанып эпостун кийин жазылып алынган варианттарында кеңири жолугушу буга күбө.

Бир айтуучудан экинчи айтуучуга, устаттан шакиртке, улам кийинкилерге өтүп, айрым гана тактоо, маанисин тереңдетүү же көркөмдүк таасирин жогорулатуу максатында анча-мынча өзгөртүүлөр менен колдонула турган ыр саптарынын (каармандардын портреттик клишелери, согуш майданын, жекеге чыгып кармашууларын, аял-кыз келбетин, жаратылыш көрүнүштөрүн жана башкалар сүрөттөөлөр, мүнөздөмөлөр, туруктуу эпитеттер жана ушундай сыяктуу) ичинде ар бир манасчы кеңири пайдаланган, аткарган милдети боюнча өзгөчө абалда турган ыр саптары да бар. Алар адатта чыгарманын окуяларын бири-бири менен байланыштыруучу атайын көркөм ыктын милдетин аткарат жана мындай ык «Манас» эпосуна гана мүнөздүү. «Муну мындай таштайлы, быягынан баштайлы» дегенге жакын, кандай окуя, кайсы каарман жөнүндө сөз боло тургандыгына карата ыр саптарындагы айрым сөздөрдү гана өзгөртүп колдонула турган эки, кээде үч-төрт саптан турган салттык туруктуу ыр тобу эпостун мазмунун кеңейтүүдө, ага жаңы материалдарды кошууда, окуяларды байланыштырууда эпостогу жөнөкөй жана ыңгайлуу байыркы ыкмалардан экени шексиз.

«Манас” — жалаң ырдан турган чыгарма. Бирок, кээде ыр саптарынын арасында ыргактуу кара сөз түрүндөгү тексттер да кездешет (к. *Жорго сөз).* Жорго сөздү манасчылар, адатта, эпосту же белгилүү бир эпизодду баштоодо, же кандайдыр бир окуядан үзүндү аткарууга туура келгенде мурдагы окуялардан кабар берүү, айтылуучу окуянын чыгарманын жалпы нугундагы ордун белгилөө, эпостун сюжетинин композициялык бүтүндүгүнө жетишүү, аткарылуучу үзүндүнүн угуучуларга таасирдүүлүгүн арттыруу максатында пайдаланышат. Өзгөчө көлөмдүү чыгарманы оозеки аткаруу процессинде окуялардын байланышын камсыз кылуу аракети менен мурдагы окуялар жөнүндө кыскача маалымат берип, эске салып олтуруу оозеки көркөм чыгармачылыкта кеңири белгилүү ыкма. Манасчынын эпосту аткарууга киришерде берүүчү түшүндүрмөсүн «Манаска» гана таандык көрүнүш катары кароого болот.

«Манас» — *генеологиялык циклдештирүү* принцибинде түзүлгөн чыгарма. Анын мазмунун баатырлардын бир канча муунунун — Манастын, анын уулу

www.bizdin.kg
Семетейдин, небереси Сейтектин каармандык иштери түзөт. Айрым манасчылар эпостун негизги үч бөлүгүн андан ары бутактантып, баатырлардын Сейтектен кийинки дагы бир канча муундары жөнүндө сөз кылышат. Бирок, эпостун элге кеңири белгилүү үлгүлөрү «Манас», «Семетей», «Сейтек» жана үчөөнүн ичинен башкысы, өзгөчө баалуусу жана маанилүүсү, айрыкча кеңири жана дыкат иштелип чыкканы — «Манас».

«Манас» баатырдык эпостордун классикалык үлгүсүнө жата турган чыгарма болгондуктан ага таандык белгилердин айрымдары түрдүү элдердин ушул типтеги эпосторунун мазмунунан, тема, идея, образ системаларынан кезигери табигый көрүнүш. Бул белги ошол чыгармалардын түпкү тегинин бирдейлигинен же ошол элдер бири-биринен үйрөнүп алгандыктан эмес, ар бир эл, алардын жашоо шарты, тарыхый өсүш жолунда коомдун өнүгүшүнүн негизги этаптарын басып өтүп, көз караштары, түшүнүктөрү, дүнүйөнү кабылдоосу, айлана-чөйрөгө мамилесинин көп жактары жакын болгондугу менен шартталган. Бул көрүнүш фольклористика илиминде типологиялык жакындык деген термин аркылуу туюнтулат.

«М.» э-нун образдар системасы чыгарма аркалаган идеяны берүүдө, тарбиялык маанисин ишке ашырууда зор мааниге ээ. Жалпы эле бардык эпосторго мүнөздүү салт боюнча «Манастагы» каармандарды да негизинен оң каарман, терс каарман деген эки чоң топко бөлүп карoого болот. Оң каармандар адатта элдин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн баатырлар, терең акылы, чебер өнөрү, даанышмандыгы менен белгилүү болуп, эл керегине жараган адамдар жана алардын көпчүлүгү чыгарманы жараткан элдин өкүлү болушу эпостор үчүн мүнөздүү көрүнүш. Терс каармандар адатта, эпикалык душман өкүлдөрү болушат. Бирок, «Манастагы» каармандар жалаң оң же терс сапаттарга гана ээ адам катары сүрөттөлбөйт. Чыгармадагы каармандардын чоң тобун оң да, терс да сапаттарга ээ кейипкерлер (Жакып, Бакдөөлөт, Кыргылчал жана башкалар) түзүшөт. Чыгарманын каармандарынын мындай берилиши турмуш чындыгына алда канча жакын жана реалдуулукка негизделген дешке болот. Чынында «Манастагы» ар бир каармандын образы реалдуулуктун чегине жакын берилген. Анткени, андагы катардагы эле кейипкерлер түгүл идеал образдар да жалаң эле оң же терс мүнөзгө ээ эмес. Эпостун башкы каарманы, оң идеал элестин үлгүсү болгон Манастын өзүнүн образы буга далил. Анын керт башына таандык көптөгөн оң сапаттары менен бирге эле кенебестик, аңкоолук өңдүү айрым «мүчүлүштүктөрү» кээде чоң жаңылыштыктарга да алып келет (к. *Манас).* Ошондой эле эпикалык душмандардын негизги өкүлү Коңурбайга терс сапаттар менен катар эле баатырдык, балбандык, намыскөйлүк, өз элине кызмат кылуу сыяктуу бир катар орчундуу оң сапаттар да мүнөздүү (к. *Коңурбай).*

Адам коомунун өнүгүшүнүн алгачкы учурларында жаралган искусствонун жөнөкөй үлгүлөрүнөн болуп, оозеки түзүлүп, оозеки жашаган эпосторго сырткы көрүнүштөргө көбүрөөк көңүл буруу мүнөздүү. Ошондуктан, «Манаста» да каармандардын ички дүйнөсүнө караганда көзгө көрүнүп туруучу сырткы формасын сүрөттөө басымдуулук кылат. Эпостогу ар бир кейипкердин эркеги баатыр, балбан, ургаачысы сулуу, акылдуу болуп, алардын кийгени көз тайгылткан кооз, мингендери тулпар экендиги жалпы кабыл алынган салт. Бирок, каармандары бир өңдөгү, бир мүнөздөгү, бири-бирине окшош адамдар эмес. Ар бир негизги каарман гана турмак катардагы, көптүн бири кейипкерлердин да көбүнүн өз өңү, өзгөчөлүгү, өзүнө мүнөздүү белгилери бар, алар — жандуу, реалдуу адамдар. Айрыкча, Манас баштаган белгилүү каармандардын ар биринин сырткы белгилери (кийими, курал-жарагы, минген аты жана башкалар) жактан гана эмес, кулк-мүнөзү, кыял-жоругу, акыл-эси

www.bizdin.kg
жагынан да бири менен экинчисин чаташтырууга болбойт (к. *Кошой, Алмамбет, Бакай, Чубак, Сыргак* жана башкалар).
Кыргыз элинин көркөм чыгармаларынын ичинен эң биринчи жазылып алынганы да, башка элдердин тилине которулганы да — «М.» э. Кыргыз фольклористикасынын орчундуу тармактарынын бири катары *манас-таануу* илими түзүлүп, анын эпосту жыйноо, кыргыз жана ошондой эле башка тилдерде бастырып чыгарып, эпосту дүйнө элдерине таратуу, таанытуу жана чыгарманын илимий проблемаларын иликтөө тармактары өсүп-өнүгүп жатат (к. *«Манасты» изилдөө, «Манасты» жыйноо, «Манас» эпосунун басылышы, «Манасты» которуу).*
Узак убакыттар кыргыз элинин жашоосунда көркөм-эстетикалык гана эмес, идеялык-саясий, тарбиялык, вазийпаны аткарып, коомду, жаратылышты, айлана-чөйрөнү таанып билишинде, кабылдоосунда да чоң роль ойноп келген «М.» э. бүгүн да өз маанисин жогото элек.
«М». э-нун кыргыз искусствосу менен көркөм адабиятындагы алган орду өзгөчө; мааниси зор. Кыргыз профессионал адабиятынын, көркөм сүрөт өнөрүнүн, музыкасынын, театрынын өнүгүшүндө, калыптанышында «Манас» маанилүү булак катары таасирин тийгизип келген жана таасирин улантып жатат (к. *Кино жана «Манас», Театр жана «Манас». Музыка жана «Манас», Көркөм сүрөт өнөрү жана «Манас»),*

С. Мусаев

«МАНАС» ЭПОСУ БОЮНЧА БҮТКҮЛ СОЮЗДУК СИМПОЗИУМ — Бүткүл Союздук түркология конференциясынын чегинде өткөрүлгөн илимий жыйын, к. *Симпозиум (1989).*

МАНАС ЭПОСУНДАГЫ АДАМ АТТАРЫ, к. *Антропонимдер.*

«МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ БААТЫРДЫК МОТИВДЕРДИН ЭВОЛЮЦИЯСЫ — Р. Сарыпбековдун монографиясы (Фр., 1987). Китеп кириш сөз жана «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшү», «Эпикалык каармандарды идеализациялоочу мотивдердин эволюциясы» деген эки бөлүмдөн турат. Эмгекте баатырдык мотивдердин эволюциясын ачуу аркылуу «Манас» эпосунун алгачкы баатырдык жомоктордон монументалдуу тарыхый эпоско айланышы көрсөтүлгөн. Эпостун тарыхый өнүгүшү каралып, анын эпикалык борборун түзүүгө түрткү болгон тарыхый мезгил кеңири иликтөөгө алынган, башкы каармандардын ысымына этимологиялык талдоо берилет. Иш түрк-моңгол, дүйнөнүн жана башкалар элдеринин фольклордук, лингвистикалык, этнографиялык көптөгөн материалдарынын негизинде тарыхый салыштырма планда жазылган.

«МАНАС» ЭПОСУН ИЗИЛДӨӨГӨ АРНАЛГАН ИЛИМИЙ КОНФЕРЕНЦИЯ (1952), к. *Конференция (1952).*

«МАНАС» ЭПОСУН ИЗИЛДӨӨНҮН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ — фольклорчу окумуштуулар З. Мамытбеков менен Э. Абдылдаевдин эмгеги (Фр., 1966). Эмгек эки бөлүмдөн турат.
З. Мамытбеков жазган «Октябрь революциясына чейин «Манас» эпосун жыйноонун жана изилдөөнүн тарыхы» деген бөлүмдө «Мажму ат-таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») аттуу жыйнактын «Манас» эпосуна тиешелүү болгон материалдарына, ошондой эле 19-кылымдын орто ченинде
Ч. Валиханов менен В. В. Радлов тарабынан жазылып алынган «Манас» эпосунун үзүндүлөрүнө тарыхый-этнографиялык жана адабияттык жактан талдоо жүргүзүлгөн. Автор изилдөө процессинде чыгарманын тарыхый-этнографиялык жагын талдоого көбүрөөк көңүл бурган.
З. Абдылдаев жазган «Манас» эпосу менен алтайлыктардын баатырдык поэмаларынын эпикалык катышы» деген бөлүмдө негизинен «Манас» эпосунун байыркы катмарлары алтайлыктардын баатырдык эпостору менен тарыхый типологиялык салыштыруу жолу аркылуу белгиленет, анын эволюциялык өнүгүү

www.bizdin.kg
процесстери көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге кыргыздар менен алтайлыктардын тарыхый байланышы жана эпикалык чыгармаларды аткаруучулар жөнүндөгү маселелер илимий талдоого алынат.

М. Мукасов

«МАНАС» ЭПОСУН КОМПЛЕКСТҮҮ ИЗИЛДӨӨ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА БҮТКҮЛ СОЮЗДУК СИМПОЗИУМ (1990), к. *Симпозиум (1990).*

«МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУ — жаңычыл мугалим *Б. Исаковдун* усулдук китеби (Фр., 1989). Автордун иш-тажрыйбаларынын негизинде кыргыз адабияты мугалимдери үчүн жазылган. Үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм «Манас» эпосун окутуу» деп аталып, эпосту мектепте окутуунун жалпы маселелерине арналган. Бул бөлүмдө эпосту окутуунун мааниси, максаты, өзгөчөлүктөрү, сабактардын бул багытта илимий-усулдук жактан жабдылышы, учурдун талабына ылайык мугалим колдонуучу окутуунун жолдору, формалары жана ыкмалары баяндалат. Экинчи бөлүм «Лекция-конспектилер» деп аталып, анда эпостун «Манас» бөлүмүнүн окуяларынын кыска баяндамасы жазылган жана окуучулар өздөштүрүүгө ыңгайлаштырылган отуз лекция-конспект сунуш кылынган, алардын ар бири өтүлгөн материалдарды сабакта бышыктоо үчүн суроо-тапшырмалар менен жабдылган. «Сөз берметтеринин галереясы» деп аталган үчүнчү бөлүмдө эпостогу айрым каармандардын портреттерин, мүнөздөрүн, окуяларын, көрүнүштөрдү, жагдайларды образдуу сыпаттоо үчүн колдонулган асыл сөз берметтери, куюлушкан кеп казынасы сунуш кылынат жана алар сабакта окуучуларга таркатып берүүгө ылайыкташтырылган. Мындагы үч жүздөн артык мисал «Манастын» тилдик каражаттарына, көркөм дүйнөсүнө, андагы элдик түшүнүктөргө, нукура улуттук поэтикага балдардын сүңгүп кирүүсүнө жардам берет жана мына ушундай мисалдарды табууга мугалимдин убактысын үнөмдөп, анын ишин жеңилдетүүгө көмөктөшөт.

Б. Кыдырбаева, А. Муратов

«МАНАС» ЭПОСУНУН АЛФАВИТТҮҮ ЖИГИ СӨЗДҮГҮ — профессор *К. Дыйкановдун* эки китептен турган эмгеги (КМУ, Фр., 1988). Эмгек «Манас» эпосунун мисалы менен фольклордун поэтикалык стилин сыпаттап, сан менен аныктоо максатын койгон. Бул сөздүк эки бөлүктөн турат: 1) Алфавиттүү жиги сөздүк (№ 1 таблица); 2) Жиги алфавиттүү сөздүк (№ 2 таблица). Сөздүктүн биринчи китебинде орус жана кыргыз тилдеринде киришүү жазылып, бул түрдөгү сөздүктүн жалпы маанисине токтолгон. Жалпысынан алганда бул сөздүк эпостун басмадан жарык көргөн курама вариантынын (1958) 1-томунун лексикалык жана морфологиялык составы жөнүндөгү статистикалык маалыматты чагылдырат.

«МАНАС» ЭПОСУНУН ЖАРАЛЫШЫ ЖАНА АНЫН ДООРУ. Көрүнүктүү изилдөөчүлөр С. Е. Малов, М. О. Ауэзов, А. Н. Бернштам, В. М. Жирмунский, Б. М. Юнусалиев, К. А. Рахматуллин жана башкалардын пикири боюнча «Манас» эпосунда Эне-Сай кыргыздарынын 9 — 10-кылымдарда саясий жактан жогорулап турган мезгилден тартып айрым тарыхый окуялар чагылдырылган. Бул жыйынтыкка кошулуп «Манас» эпосунун жаралышы жана анын доору жөнүндө дагы башка пикирлерди айтууга болот.

Эне-Сай кыргыздары 9—10-кылымдарда чыгышта Манжуриядан батышта Иртыш дарыясына, түндүктө Красноярдан Түштүк-чыгыш Түркстанга чейинки аймакты ээлеген ири мамлекетти түзүшкөн. Алар бул мезгилден мурун да, кийин да мындай саясий ийгиликке жетишкен эмес. Ошондуктан, «Манас» эпосунун алгачкы түптөлүшүндөгү кыска варианты же анын башкы каарманы жөнүндөгү дастандар 9-кылымдын орто чендеринде айтылып калышы ыктымал. Ушул пикирге байланыштуу Эне-сай кыргыздарынын 840-жылдардагы согуш ийгиликтерине токтолуп кетүү зарыл.

www.bizdin.kg
6—9-кылымдарда Ортоңку Эне-Сай өрөөнүн мекендеген кыргыздар Борбор Азияда биринин артынан экинчиси үстөмдүк кылып келген Түрк, Карлук жана Уйгур кагандыктарына көз каранды болбос үчүн тынымсыз күрөш жүргүзүп келишкен. Ал окуялар жөнүндө кытай китептеринде жана Орхон-Эне-Сай жазуу эстеликтеринде жазылган.

820-жылдан тартып Эне-Сай кыргыздарынын кагандыгынын ортосундагы карама-каршылык өтө курчуган. 839-ж. уйгур өкмөтүнүн биринчи министри Гюйло Фу сарай төңкөрүшүн уюштуруп, Ху Дэле кагандын ордуна, анын жөндөмсүз уулу Кэси Дэлэни такка отургузат да мамлекетти өзү башкара баштайт. 840-ж. узурпатор Гюйло Фуга каршы аскер башчысы Гюйлу Мохэ көтөрүлүш жасап, кыргыз канын жардамга чакырган. Бул абалдан пайдаланып, кыргыз ажосу 100 миң аскер менен Моңголияга карай жортуулга чыгып, Орхон суусунун боюндагы уйгур кагандыгынын борбору Орду-Балыкты курчаган. Бир канча күндөн кийин шаар алынып, кыйратылган. Тарыхый маалыматтар боюнча кыргыз ажосу уйгур канынын сарайын талоо, өрттөөгө өзү катышкан. Каган Кэси Дэлэ өлтүрүлгөн, узурпатор Гюйло Фу дарга асылган. Орду-Балыкты кыргыздар ээлеп, өрттөгөндүгүн, анын калдыгынан (азыркы Эрдэни-Цзу калаасынан 50 *км* түндүгүндө Орхон дарыясынын сол жээгинде) табылган археологиялык буюмдар да ырастады.

Эне-Сайлык кыргыздар 840-жылдардан кийин Түш. Сибирди жана Борбор Азияда көп областтарды каратып алышкан. Алар түн. тарапта Красноярскиге чейин барышкан. Кыргыздарга тиешелүү көрүстөндөр ушул шаардын жанынан табылган. Уйгурлардын Кечжили тегин башчылык кылган бир бөлүгү азыркы Якутия — Байкал тарапты көздөй качып кетишкен. Алардын артынан кыргыздардын баргандыгын археологиялык табылгалар айгинелейт. Моңголиянын чыгыш райондорунун биринде‌ги Суджи дөңсөөсүнөн кыргыз акимине (же аскер башчысына) арналган эстелик биздин заманга чейин келип жетти. Анда мындай жазуу бар: «Уйгур жерине Иаглакар кан ата келдим. Кыргыз уулумун. Мен Бойла, даражалуу сотмун. Куттуу Бага таркандын буйрук берүүчүсүмүн Атак-даңкым (кабарым) күн чыгышка, батышка тийди (жетти)» (Орхон-енисей тексттери, Фр., 1982, 191-б.). Бул мүрзөнүн үстүндөгү ташка ыр түрүндө чегилген тексттин чоң мааниси бар. Убагында М. Ауэзов, А. Бернштам андагы Яглакар канды эпикалык баатыр Манастын прототиби дешкен эле. Аларды сындагандар да болгон. Кийинчерээк «Йаглакар» аттуу уйгур кагандыгын башкарган уруу этноними болгондугу далилденди. Бирок, Суджи эстелигиндеги Яглакар кан ата уйгур жерине келген кыргыз акими, Куттуу Бага таркандын буйрук берүүчүсү экендиги талашсыз. Анын аты менен уйгурлардын йаглакар уруусунун этноними кокусунан төп келип калышы ыктымал. Суджи дөңсөөсүнө көмүлгөн атагы «батышка, чыгышка» тараган адам жөнүндөгү уламыштар, дастандар жаралып, кыргыздардын ичине кеңири тарап, узак убакыт жашагандай сезилет. Балким, М. Ауэзов ойлогондой Суджи эстелиги тургузулган мезгилде кыргыз элинин ажосунун жетекчилиги менен жетишкен жеңиштери тууралуу «Манас» эпосунун биринчи ырлары жаралган чыгар («Киргизский героический эпос «Манас» М., 1961, 61-б.).

Кыргыздар Орду-Балыкты алгандан кийин уйгурлардын Уцзе тегин, андан кийин Эньянь башчылык кылган ири тобу Чоң Хинган жана анын түштүк-батыш тарабында жашаган шивэй урууларына көчүп барууга аргасыз болушкан. Кыргыз каганы аларга каршы 848-ж. жортуул уюштурган. Анын биринчи министри Або башчылык кылган 70 миң жоокери Гоби чөлү аркылуу өтүп, шивэйлерди жеңип, уйгурларды туткундап кайтып келишкен. Моңголиянын Чыгыш Гоби аймагындагы Барун Бичигт жергесинде аскага чегилген атчан жоокердин сүрөтү тартылган. Анын чегерүү ыкмасы, аттын жабдыктары Эне-Сай кыргыздарынын

www.bizdin.kg
эстеликтерине өтө окшош экен. Б. В. Волков Гобидеги бул сүрөттү кыргыздардын уйгурлар менен күрөшүнө байланыштырат. Балким Барун Бичигттеги аскага чегерилген атчан жоокер Або башчылык кылган кыргыз отряды Гоби чөлүнөн өтүп бара жатканда тартылгандыр. Эне-Сай кыргыздарынын 848-ж. Манжурияда жашаган шивэй урууларына жасаган жортуулу «Манас» эпосунда чагылдырылып калышы ыктымал. Бул ойду аныктоо үчүн 16-кылымдын башталышында Сейф-ад-Дин Аксыкенти жазган «Мажму ат-таварих» аттуу эмгектен айрым маалыматтарды келтирелик. Анда Манас баатыр менен Жолойдун согуштары баяндалган. Алардын биринде калмактар жеңилип артка чегинишет. Бирок, Жолой жаңы күч менен Ат-Башы аркылуу Кара-Кыштакка чабуул жасайт. Ага он миң солон, шивейлер жардамга келет. Буга карабастан Жолой жеңилип, Манастын найзасынан каза болот (Кол жазмалар фондусу, «Мажму ат-таварих», 5154-инв., 71—73-б.).

Бул окуялардан солон менен шивэйлер жөнүндөгү кабарга токтололук. «Мажму ат-таварихтеги» тарыхый каармандарды жана жазылган окуя ларды негизинен 14—15-кылымдарда болгондугун аныктоого болот. Аларга Чыгыш Тянь-Шанда жашаган кыргыздар да катышкан. Ал окуялар «Мажму ат-таварихте» чагылдырылган. Бирок, ойроттордун 15-кылымдагы Моголистан менен согуштарына, алардын Орто Азияга жасаган жортуулдарына солон, шивеэйлер катышкан эмес. Ал жөнүндө тарыхый маалыматтар жок. Тогон, Эсен кандардын (15-кылым) доорунда Ойрот мамлекети менен чыгыш Моңголия күч менен убактысынча гана бириктирилген. Ал эми Манжурияда жашаган солон, шивэй урууларын ойрот кандары каратып алган эмес. Ырас, солон, шивэйлердин бир бөлүгү 1760-ж. Синьцзян аймагына көчүрүлүп, андагы элдер менен аралаш жашап калышкан. Ал эми 848жылдан тартып «Мажму ат-таварих« жазылганга чейин (16-кылым) алар менен кыргыздардын ортосунда эч кандай байланыш болгон эмес. Ошондуктан 19-кылымдын орто чениндеги Або жетекчилик кылган кыргыз жоокерлеринин шивейлерге жасаган жортуулу «Манас» эпосунда чагылдырылып калган байыркы тарыхый окуя деп атоого негиз бар. Айтмакчы солондор Ички Моңголияда, Чоң Хингандын чыгыш этектеринде шивэйлер менен коңшу жашашкан. Алар шивэйлерге жардам берип, Абонун жоокерлерине каршы согушка катышып калышы мүмкүн. Мына ошондуктан «Мажму ат-таварихте» солон менен шивэйлер калмактардын Манаска каршы союздашы катарында сүрөттөлүп калса керек.

«Манас» эпосунда анын башкы каарманы ар тарапка, алыскы жерлерге жортуулга баргандыгы айтылат. Бул Эне-Сай кыргыздарынын 840-жылдардан кийин саясий жактан жогорулап турган доорду элестетет. 9-кылымдын экинчи жарымында Эне-Сай кыргыздары түндүк-батышта азыркы Новосибирск, Томскиге чейин барышкан. Аны Кемерево жана Новосибирск облустарында табылган кыргыз вазалары, көрүстөндөрү айгинелейт. Ушул эле мезгилде алар Тоолуу Алтай аймагына кирип барышкан. Ага Усть-Кан районундагы МөндүрСоккон кыштагынан Торпок аттуу даңктуу кыргызга арналган руникалык жазуу далил боло алат. Эне-Сай кыргыздары батыш тарапта Иртыш дарыясына чейин барышкан. Археолог Ф. Х. Арсланова бул суунун боюндагы Бобров кыштагынан өрттөлүп көмүлгөн (бул Эне-Сай кыргыздарынын адаттары) көрүстөндөрдү изилдеген. Ушундай мүрзөлөр Чыгыш Казакстандын Шемонайхинск районунан табылган. Ошентип Эне-Сай кыргыздарынын мамлекетине батыштагы Иртыш дарыясына чейинки жерлер кошулган. Бул ири дастандарды жарата турган окуя. «Манас» эпосунда 9—10к-да болуп өткөн тарыхый окуялардан сүрөттөлүп калган экинчи фактыны (шивэй, солондордон кийинки) Эне-Сай кыргыздарынын ушул мезгилде саясий жактан жогорулап турган жалпы доору менен байланыштырса болот. Алардын Борбор Азияда ири мамлекетти түзүү учурундагы согуш

www.bizdin.kg
ийгиликтери «Манас» эпосунун алгачкы вариантына негиз болушу ыктымал. Бул жөнүндө атактуу түрколог С. Е. Малов мындай деп жазган: «Эпос негизинен кыргыздардын тарыхында орчундуу окуялар өтүп жаткан мезгилде, атап айтканда биздин замандын 9-кылымда пайда болгондугу талашсыз» (Изв. Отд. лит. и языка АН СССР, т. VI, вып. —1947, 171-б.). Бирок «Манас» эпосунда ошол доордогу чагылдырылган окуялар бара-бара өзгөрүлүп, Эне-Сай кыргыздарынын 9 — 10-кылымдардагы согуш ийгиликтеринин жалпы фону, элеси гана сүрөттөлүп калгандыгы сезилип турат. Алардын ордуна Чыгыш Тянь-Шань, Жунгария, Жети-Суу жана Орто Азияда болуп өткөн тарыхый окуялардын сюжеттери кирген.

Мындан тышкары «Манас» эпосундагы үчүнчү тарыхый фактыны «Кенжут» деген жердин аты менен байланыштырса болот. Рашид ад-Дин (13-кылым). жана башкалар авторлордун китебинде Жогорку Эне-Сай Кемжиют деп аталат. 9—12-кылымда анын аймагында Эне-Сай кыргыздарынын бир бөлүгү жашаган жер, дарыянын аты Кемжиют бара-бара («Манас» эпосунда) Кенжут болуп аталып калышы мүмкүн. Бул жөнүндөгү М. Ауэзовдун пикирине кошулса болот. Эми «Манас» эпосунда Тянь-Шань аймагында болуп өткөн тарыхый окуялардын чагылдырылышына токтолобуз. Биздин оюбузча бул эпостун жаралышы Эне-Сай кыргыздарынын Чыгыш Тянь-Шань жана Жети-Сууга көчүп келиши менен тыгыз байланышы бар. Чыгыш авторлорунун маалыматтары Эне-Сай кыргыздары Пан-тегин башчылык кылган уйгурлардын тобун кууп Тянь-Шань жана Жети-Сууга чейин келишкен. 843-ж. алардын Кытай өлкөсүнүн борборуна келген элчиси Табу мындай кабарды айткан: (кыргыздар) Аньси (Куча), Бэйтин (Бешбалык), дада (Татар) жана беш аймакты (урууну) баш ийдирип алышты». Бул маалымат 840-жылдары кытай имераторунун биринчи министри болуп иштеген Ли Дэ Юйдун өмүр баянында да жазылып калган. 843-ж. ажонун ордосуна барып келген императордун элчиси Чжао Фан да кыргыздардын Куча жана Бешбалыкка чабуул коюп жаткандыгын кабарлаган.

1913-ж. окумуштуу Альберт Ле Кок Чыгыш Түркстандын (Кучанын батыш тарабындагы Кум-Тур кыштагынан) эки живописти фрагментин тапкан. Ю. С. Худяков анын экинчисиндеги соот кийинген жоокерлердин ак кийинген адамга кол салып жаткан сүрөтүн изилдеп, алардын тартылышы Миң-Суу (Минусин) жана Тувада табылган эстеликтер менен окшош экендигин аныктаган. Ю. Худяковдун пикири боюнча Кум-Турдагы сүрөт Эне-Сай кыргыздарынын 840-жылдардагы согуш аракеттеринин убагында тартылышы ыктымал.

10-кылымдын аягында жазылган «Дүйнөнүн чек арасы» аттуу перс тилиндеги эмгектен төмөнкүдөй мазмундагы маалыматты окуйбуз: «Пенчул (азыркы Үч-Турфан) карлук өлкөсүндө жайгашкан, аны мурун тогузгуздар (уйгурлар) ээлеп турушкан, азыр кыргыздар басып алышты». Ушул эле китепте кыргыздардын Жети-Суу өрөөнүндө, Чыгыш Түрк стандын аймагында жашап тургандыгы жазылган.

Эне-Сай кыргыздарынын бир бөлүгү 19-кылымдарда Тянь-Шань тоолоруна келгендигин археологиялык табылгалар да далилдейт. 1961-ж. Жунгар Ала-Тоосунун жанындагы Текели шаарынан алыс эмес жерден 76 темир жана коло буюмдары табылган. Алар 8—10-кылымдарда жасалыптыр. Бул буюмдар менен Чыгыш Казакстандагы Зевакино жана Бобровдогу кыргыздардын көрүстөндөрүнөн казылып алынган табылгалар менен өтө окшош экен. Край таануучу А. М. Фетисов 1891-ж. Кочкор өрөөнүндө археологиялык изилдөөлөр жүргүзгөн. Анын тапкан буюмдары азыр мамлекеттик Эрмитажда сакталып турат. А. Н. Бернштам бул буюмдарды 8—9-кылымдарда жасалып, алар Миң-Суу ойдуңундагы Копён Чаатастан казылып алынган ушундай археологиялык табылгаларга окшош экендигин далилдеди. Мындан тышкары А. Н. Бернштам

www.bizdin.kg
Нарын дарыясынын боюнан табылган № 102 Аламышык көрүстөнү менен Эне-Сай өрөөнүндөгү 8—9-кылымдарга тиешелүү мүрзөлөрдүн көмүү адаттары окшош экендигин да аныктады. Анын пикири боюнча бул окшоштук Эне-Сай кыргыздарынын 10-кылымда Тянь-Шанга көчүп келгендигин айгинелейт. Жогорудагы келтирилген маалыматтардын ичинен Беш-балык шаары жөнүндөгү кабарга бурабыз. Биздин пикирибиз боюнча «Манас» эпосундагы Орду-Балыкка байланыштуу алгачкы сюжеттер бара-бара Эне-Сай кыргыздарынын Бешбалыкка карай жортуулундагы окуялар менен алмаштырылып калса керек.

Бешбалык — Чыгыш Тянь-Шандын түн. этегинде орун алган байыркы ири шаар. Ал Кытай булактарында Бэйтин, мусулман китептеринде Беш-балык деп аталат. Анын урандысы азыркы Үрүмчү шаарынын жанындагы 9-кылымдын биринчи жарымында Чыгыш Түркстан өз алдынча майда саясий бөлүкчөлөр, шаар мамлекетчелерге бөлүнгөн. 840-ж. канзаада Пан-тегин башчылык кылган уйгурлардын ири бөлүгү Батыш-Түш. Моңголия аркылуу Тарбагатай тоолорунда жашаган кыргыздарга качып келишкен. Кыргыз жоокерлери аларды тынымсыз куугунтуктоого алышкан. Ошондуктан, Пан-тегин кол алдындагылары менен Тянь-Шань тоолорун карай качып барып, Куча, Бешбалык, Карашаарды ээлеген. Бирок, жогорудагы тарыхый маалыматтарга караганда кыргыз жоокерлери алардын артынан Тянь-Шань тоолоруна келип, уйгурларды Бешбалыктан тартып Үч-Турфанга чейинки жерлерден сүрүп чыгарышкан. Пан-тегин башчылык кылган уйгурлар болсо Турфан ойдуңуна орношуп кыргыздар менен болгон согушту улантышкан. Алар 860-жылдары Бешбалык шаарын кайтадан ээлешкен. Ошентип, Чыгыш Тянь-Шандагы кыргыздар менен уйгурлардын ортосундагы согуш узакка созулган. Бул кармашуулар элдердин эсинде узакка сактала турган санжыра, дастандарды жарата турган окуя болуп саналат. Айтмакчы 840-жылдары уйгурлардын артынан Тянь-Шань тоолоруна келген Эне-Сай кыргыздардын бир бөлүгү Бешбалыктын түндүк-батышынан тартып Аксу, Үч-Турфан шаарларына чейинки жерлерде биротоло жайгашып калышкан. Аны чыгыш изилдөөчүлөрүнүн маалыматтары далилдейт. Тянь-Шань тоолоруна келген кыргыздардын негизги бөлүгү Манас ойдуңунан тартып жунгар тоолоруна чейинки аймакта көчүп жүрүшү ыктымал. Ал эми Манас дарыясы 10-кылымга чейин «Ли-и-дэ-цзянь» деген ат менен белгилүү болгон. 1223-ж. жазылган кытай автору Сю Сундун китебинде ал дарыя «Манас» деп аталып калган. Атактуу Елюй Чуцайдын уулу Елюй Си-лян бул дарыянын боюна 1261-ж. келген экен. Демек, Манас дарыясынын аты 10—13-кылымдардын аралыгында пайда болгон. Бирок ушундай эле географиялык ат Индияда, Түндүк Кавказда да кездешет. Ушул себептен айрым окумуштуулар «Манас» эпосу менен Чыгыш Тянь-Шандагы «Манас» деген географиялык аттын ортосунда кандайдыр бир байланыш болуп калышын төгүнгө чыгарышат. Бирок, 840-жылдардан баштап кыргыздардын бир бөлүгү Манас өрөөнүндө жашап тургандыгы белгилүү. Балким алар Манас дарыясы куйган көлгө Манастын атын берген чыгар. Ал дарыянын боюндагы шаарга Манастын ысымынын берилиши да бекеринен болбосо керек. Манас шаары жөнүндө алгачкы маалымат «Мажму ат-таварихте» кездешет. Андагы кабар боюнча 14-кылымдын акыркы чейрегинде Батыш Казакстан жана Волга боюндагы Алтын ордо мамлекетин башкарган Токтомуш кан Манас баатырга Манасия шаарын куруп берет. Чындыгында эле Токтомуш — кан Тимур менен көп жолу согушуп, Орто Азияга бир канча жолу жортуул жасаган. Ушул мезгилдерде Чыгыш Түркстан, Жети-Суу жана Жунгарияны бийлеген Моголстан кандары анын союздаштары болушкан. Бул тарыхый окуялар «Мажму ат-таварихте» анча-мынча чагылдырылган. Бирок Манас шаарынын Токтомуш тарабынан негизделишине ишенүүгө болбойт. Анткени, ал Моголстан мамлекетинин аймагында болгон да эмес жана башкарган да эмес. Манас шаарынын ким тарабынан курулганына

www.bizdin.kg
карабастан анын 14-кылымга чейин эле бар экендигин тануу болбойт. «Мажму ат-таварихтеги» ар кандай легендарлык маалыматтарга карабастан Манас шаарынын Манас баатырга арналып негизделишинде кандайдыр бир али тарыхый данек бардай сезилет. Ч. Валихановдун жазып алган маалыматы боюнча кыргыздар Манас шаарын жана жогорку Иртыштагы Манас жайлоосун Манас баатырдын ысмы менен байланыштырышат. Мында да чындыктын үлүшү болушу мүмкүн. «Манас» эпосунун биринчи варианты Чыгыш Тянь-Шанда, атап айтканда Манас өрөөнүндө жашаган кыргыздардын арасында жаралса керек. Манас дарыясы агып чыккан тоолордун бир жак капталында байыркы Бэйтин — Бешбалык орун алган. Айрым манастаануучулар «Манас» эпосундагы Бээжинди Пекин менен айкалыштырышат. Бул пикирдин негизи жок. Анткени Пекин
Кытайдын «Түндүк борбору» катарында 1425жылдан бери гана белгилүү. Ошол мезгилден тартып 18-кылымдын экинчи жарымына чейин кытай менен кыргыздардын ортосунда эч кандай карым-катнаш болгон Эмес. Ал эми 840жылдардан баштап Чыгыш Тянь-Шанда, айрыкча, Бэйтин-Бешбалык тарапта уйгур менен кыргыздардын ортосунда ири кагылыштар болуп тургандыгы маалым. Ошондой эле кыргыздар Тянь-Шань тоолоруна келгенден кийин ислам, уйгурлар болсо будда динин кабыл алышкан. Бул окуя алардын ортосундагы күрөштү ого бетер курчуткан.
Жогорудагы айтылгандардын негизинде «Манас» эпосундагы Бээжинди Бэйтин-Бешбалык менен окшоштурууга болот. «Манас» эпосундагы Чыгыш Тянь-Шань жана Жети-Суу аймагында болуп өткөн тарыхый окуялардан чагылдырылып калган экинчи фактыны Бешбалыктан кийинки Каракара деген ат менен байланыштын бар экени *Каркыра* деген макалада айтылган.
«Манас» эпосунда Чыгыш Тянь-Шань жана Жети-Суу аймагында чагылдырылып калган үчүнчү тарыхый фактыны Караханийлер доору менен байланыштырса болот. 10-кылымдын орто ченинде чигил уруусунан чыккан Сатук Абд ал-Керим Карахан Ат-Башы — Кашгар айланасында Караханийлер мамлекетин негиздеген. Ал жана аны жактагандар Бухарадан качып келген Саманийлик канзаада Абу Насрдын жардамы менен мусулман динин кабыл алышкан. Алар каапырларга каршы күрөш урааны менен Кашгария, Борбордук Тянь-Шань жана Жети-Сууну каратып алышкан. Сатуктун мурасчылары 10-кылымдын аягында батышта Аму-Дарыяга чейинки жерлерди жеңип алышкан. 1020жылдары Караханий Жусуп Кыдыр кан Газневий султан Махмуд менен жолугушуп, ошол мезгилдеги О. жана Кичи Азиядагы эң ири мамлекеттик башкаруучулары өз ара милдеттенмелерди кабыл алышкан. Алардын ортосундагы сүйлөшүүлөр Манастын АмуДарыянын боюндагы Акун кан менен жолугушкандагы милдеттенмелер менен өтө окшош. «Манас» эпосунда Караханийлер мамлекетинин борбору Баласагун (азыркы Токмоктун түштүк тарабындагы Буранада) жана Саманид Абу Насрдын ысымдары да кездешет. Бул эпостогу алардын аттары китептердеги маалыматтар аркылуу кошулуп калган болбосо, анда Баласагун жана Абу Наср Караханийлер доорунан чагылдырылып калган тарыхый факт болуп эсептелет. Кандай болсо да «Мажму ат-таварихтеги» Манас баатырдын диний насаатчысы Айкожону Саманид Абу Наср менен окшоштурууга болот.
Караханийлер доорунда Чыгыш Тянь-Шань жана Жети-Сууда жашаган кыргыздар мусулман динин кабыл алышкан. Аны 11 — 12-кылымдардын аралыгында жашаган ал-Марвазинин маалыматы далилдейт. Жогоруда Эне-Сай кыргыздары каза болгондорун өрттөп көмгөндүгү жөнүндө археологиялык фактылары келтирилди. Ал-Марвази, бул алардын мурунку салты болгон, ал эми кыргыздар мусулмандардын кошунасы болгондон баштап өлгөндөрүн көмүү адатына өттү деп жазган. Чындыгында эле ислам Караханийлер кагандыгынын мамлекеттик дини болуп 11-кылымда чыгыш тарапта Черчен, Куча, Ала-Көлгө чейин тараган.

www.bizdin.kg
Демек, ошол мезгилде Чыгыш Тянь-Шанда жашаган кыргыздар мусулмандардын кошунасы болгондуктан алардын таасири астында каза болгондорун көмүү салтына өтүшкөн. Ошентип, «Манас» эпосуна ислам дини үчүн күрөш урааны 9-кылымда кирген деген туура болот. Ырас, тарыхый маалыматтар боюнча кыргыздар 16-кылымда да мусулман болушкан эмес. Алар менен бирге Моголстан мамлекетинде жашаган көп элдер да башка диндерге сыйынышкан. Бул өзгөрүштү Караханийлер доорунда мусулман динин кабыл алган көп уруулар ар кандай себептер менен башка диндерге өтүп кетиши менен түшүндүрсө болот. Алардын ичинде тяньшандык кыргыздар да 13-кылымдан кийин ислам динин калдыктарын сактоо менен бирге мурунку көп кудайга сыйынуу адаттарына өтүшсө керек.

«Манас» эпосунун жаралыш доору биздин оюбузча эпостун алгачкы сюжеттери 840-жылдан кийин түзүлө баштаган. Аларда ошол мезгилдеги Эне-Сай кыргыздарынын саясий жактан жогорулап турган доорундагы согуш окуялары баяндалышы мүмкүн. Манас баатыр Орду-Балыкты ээлеген кыргыз каны, аскер башчысынын прототиби болушу ыктымал. Болжол менен Манас» эпосунун биринчи варианты Караханийлердин саясий жактан күчөп турган доорунда, башкача айтканда 11-кылымдын биринчи жарымында түзүлүп бүткөн. Андагы мурунку сюжеттер бара-бара Тянь-Шань аймагында болуп өткөн тарыхый окуялар менен толукталган. «Манас» эпосу Манас өрөөнү жана анын батыш тарабында жашаган кыргыздардын арасында жаралган. Алар менен уйгурлардын ортосундагы карама-каршылыктардын натыйжасында «Манас» эпосундагы Орду-Балык жөнүндөгү ырлар Бешбалык-Бэйтинге байланыштуу окуялар менен алмаштырылып кетиши мүмкүн.

Перс автору Джувейнинин (13-кылым) маалыматы боюнча кара кытайлардын гурханы ЕлюйДаши 1120-жылдары чыгыштан уйгур Турфан княздыгы аркылуу келе жатып кыргыздарга жолуккан, алар катуу каршылык көрсөткөндүктөн Жунгариядагы Эмиль өрөөнүнө келип токтогон. Андан бир аз убакыт өткөндөн кийин гурхан Караханийлердин борбору Баласагунду, Кашкарды жана Хотанды каратып алып, кыргыздарга каршы жоокерлерин жиберген. Алар кыргыздарды жана Бешбалыкты жеңип кайтып келишкен. Бул окуя «Мажму ат-таварихте» чагылдырылып калган. Андагы легенда боюнча имам Ибрахим гурханга каршы күрөшкө Тянь-Шань жана Ферганада кыргыздардын оң жана сол бөлүгүн уюштурган. Имам өзү 1136-ж. дүйнөдөн кайткан. 13-кылымда Алмалык шаарында (Или өрөөнүндө) жашаган Жамал Каршинин маалыматы боюнча Чыгыш Караханийлердин каганы Ибрахим ибн Ахмед да кара кытайларга каршы согушта шейит болгон. Бул эки Ибрахим тарыхый бир киши деп атоого болот. Ал башчылык кылган кыргыз менен Караханийлердин 1120-жылдардагы гурханга каршы күрөшү «Мажму ат-таварихте» сүрөттөлүп калган. Бул эмгектеги калмактардын Жолоюн (Иолюй) гурхан Елюй менен окшоштурса болот. 1137-ж. Елюй Даши Хоженттин жанында Караханид Махмуд менен Сельджардын бириккен күчүн талкалаган. Анын бул жеңиши Багдадга чейинки мусулман мамлекетине чоң дүрбөлөң салган. Ал эми Елюйдун Бешбалыктын жанында көчүп жүргөн кыргыздарга жасаган жортуулу да оозеки чыгармаларда айтыла турган ири окуя болуп эсептелет. Бул «Манас» эпосунда сүрөттөлүп келген кыргыз менен кытайлардын кагылышууларына гурхандын 1120-жылдары Тянь-Шань аймагында жашаган мусулмандарга каршы жасаган жортуулдары негиз болуп калган. Кара кытайлардын Орто Азия элдеринин айрыкча кыргыздардын арасына сиңип кетиши да бекеринен эмес. Орто Азиялык автор Абд ар-Раззак Самаркандинин эмгегинде Тимурдун небереси Искендердин 14—15-кдардын аралыгында Моголстанга жасаган жортуулу жөнүндө баяндалган. Андагы маалымат боюнча Искендер Хотандын жана Или өрөөнүндөгү Алмалыктан

www.bizdin.kg
ондогон сулуу айымдарды, кыргыздар менен Бешбалыктан сүйкүмдүү кыздарды чоң атасына тартууга жиберген. Бул тарыхый факт «Мажму ат-таварих» жазылардан жүз эле жыл мурун кыргыздардын Бешбалык шаарына чектеш жашап турушканын далилдейт. Демек, Эне-Сайдан ТяньШань тоолоруна 840-жылдары көчүп келген кыргыздардын негизги массасы Бешбалыктын түн.-батыш тарабын, тактап айтканда Манас өрөөнүн мекендеп калышкан.

«Мажму ат-таварих» менен «Манас» эпосунун варианттарында моңгол доорунан кийинки тарыхый окуялар, айрыкча кыргыз жана башкалар Орто Азия элдеринин калмактарга каршы күрөшү көбүрөөк чагылдырылып, алар мурунку сүрөттөлгөн сюжеттерди сүрүп чыгарышкан. Бирок, «Мажму ат-таварих» менен «Манас» эпосунун мазмунунда чоң айырма бар. Маселен, биринчи аталган эмгектеги тарыхый каармандар имам Ибрахим Токтомуш, Энгетөрө, Ахмед кан, Камар ад-Дин «Манас» эпосунун 19—20-кылымдардагы варианттарында учурабайт. «Мажму ат-таварихте» Манас чыныгы баатыр катарында чагылдырылганы менен анын иш-аракетинде эпикалык сюжеттер жокко эсе. Ал эми «Манас» эпосунун азыркы варианттарында Манас негизинен эпикалык каарман катарында жогорку көркөмдүктө сүрөттөлөт. Мындан «Манас» эпосунун мазмуну улам жаңыланып, толукталып тургандыгын, анын башкы каарманы Манас биздин доорго жакындаган сайын чыныгы тарыхый баатырдын эпикалык каарманга айланып кеткендиги байкалып турат.

Жыйынтыктап айтканда «Манас» эпосунун биринчи варианты болжол менен 840-ж. 11-кылымдын аралыгында жаралган. Анын алгачкы сюжеттери тарыхый окуяларга негизделген.

Бирок, алардын мазмуну бара-бара кыргыз менен уйгурлардын, кара кытайлардын ТяньШань аймагында болгон кагылышуулардагы фактылар менен алмаштырылган. «Манас» эпосу Манас орөөнү жана анын батыш тарабында жашаган кыргыздардын арасында жаралган. Андагы Бээжинди Бешбалык шаары менен окшоштурууга тарыхый негиз бар. Кыргыздардын караханийлердин таасири менен мусулман динине өтүшү «Манас» эпосунун мазмунуна ири өзгөрүштөрдү кийирген. 13-кылымдан кийин Орто Азия моңгол, айрыкча ойрот калмактардын чабуулуна байланыштуу «Манас» эпосунда Эне-Сай кыргыздарынын, караханийлердин жана кара кытайлардын доорундагы сюжеттердин дээрлик бардыгы алмаштырылган. Жогорудагы тарыхый фактылардын негизинде «Манас» эпосун мындан миң жыл мурун жаралган деп айтууга болот.

Ө. Караев

«МАНАС» ЭПОСУНУН ИСТОРИЗМИ — *Э. Абдылдаевдин* монографиясы (Фр., 1987). Төрт баптан (главадан) турат. «Манас» эпосунун географиялык таралышы жөнүндө» деген бапта «Манас» эпосу кыргыздар жашаган чет өлкөлөрдө (Кытай, Ооганстан), ошондой эле коңшулаш союздук республикаларда (Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан) айтылып келгендигин тиешелүү маалыматтардын негизинде далилдейт. Эпостун фактыларын салыштыруунун натыйжасында кыргыздар тараган бардык жердеги айтылып келген «Манас» эпосу бир тарыхый негизден жаралып, ар башка чөлкөмдө, ар кандай деңгээлде, ошол жердин тарыхый-социалдык шарттарына жараша өнүгүп жана сакталып келгендигин илимий жактан ишенимдүү белгилейт. «Манас» эпосунун сюжеттик системасындагы эпикалык окуялардын историзми жөнүндө» аттуу бапта эпостун эпикалык окуяларына илимий талдоо жүргүзүлөт. Алардын композициялык түзүлүшүнө жана ар башка мезгилдерде жаралып, эпикалык циклдештирүү принцибинде бир каармандын айланасына бириктирилгендигин белгилейт. Эпикалык окуялардан улам катмарлануу менен конкреттештирилип жана кеңейтилип баяндалгандыгын илимий негизде далилдүү көрсөтөт. «Манас»

www.bizdin.kg
эпосундагы географиялык аттар жөнүндө» деп аталган бапта эпостогу эпикалык топонимдердин тарыхый реалдуу георафиялык аттар менен байланышы жөнүндөгү маселе каралып, топонимдердин эпикалык функциясы боюнча талдоо жүргүзүлөт. Ошондой эле айрым топонимдердин эпосто катмарланып чагылуу этаптарын (талаш-тартыш туудургандары боюнча) илимий негизде чечмеленет. Эпостун чыгышы жөнүндөгү маселе менен байланыштуу болгон топонимдер (Бээжин, Алтай, Талас, Эне-Сай жана башкалар) боюнча иликтөө жүргүзүлөт. «Манас» эпосундагы тарыхый терминдердин поэтикалык функциясы» аттуу акыркы бапта изилдөөчү эпостун эпикалык текстине мүнөздүү бир катар терминдердин маанисине тарыхый жактан илимий талдоо жүргүзүлөт. Бул бапта эпостун поэтикалык системасында салттык түрдө сакталып келген, ошондой эле өздөрүнүн варианттарын жаздырып калтырган жана башкалар кийинки манасчылардын (Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу) жекече чыгармачылык мамилелерине ылайык пайдаланылган тарыхый терминдерди эпостун өнүгүшүнүн этаптарына байланыштуу иликтеп көрсөтөт.

М. Мукасов

«МАНАС» ЭПОСУНУН ПОЭТИКАСЫ, к. Поэтика.

«МАНАС» ЭПОСУНУН СТИЛИ, к. *Стиль.*

«МАНАС» ЭПОСУНУН СТИЛИ» К. *Кырбашевдин* монографиясы (Фр., 1983). Эмгек Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулунун варианттарын салыштырып иликтөө аркылуу «Манас» эпосунун стилин ачып берүү маселесине арналган. Киришүү жана «Окуяларды куруунун көркөм ыктары», «Эпикалык каармандарды сүрөттөө каражаттары», «Манастын» ыр түзүлүшү» деген үч баптан турат.

Киришүүдө автор жалпы кыргыз адабий таануу илиминдеги стиль маселеси, ошондой эле оозеки чыгарманын, өзгөчө «Манастын» стилин ачып берүүдө эпикалык сюжеттин композициялык курулушуна, образдардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө, көркөм поэтикалык каражаттарына жана ыр түзүлүшүнө көңүл буруу зарылдыгы эскерилет. Эмгектин 1-бабында сюжеттин өзөгүн курган окуялар негизинен баяндоо ыкмасында берилет да, андан монолог, диалог, пейзаждык сүрөттөөлөр сыяктуу көркөм ыкмалардын эпоско мүнөздүүсү алынган. Мында Манастын төрөлүшүнөн тартып, алгачкы айкаштары, чоң чабуул жана өлүмүнө чейинки окуялар бүтүндөй камтылып, варианттардын ар биринен өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү жана окшоштуктары жөнүндө сөз козголгон.

«Эпикалык каармандарды сүрөттөө каражаттары» бабында чыгарманын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү менен пафосун ачууда негизги ролду анын каармандары ойной тургандыгын баса белгилейт. Анткени, сюжет курууда каармандардын социалдык, адеп-ахлактык, турмуштук жана тарыхый өсүшүнүн эволюциясы эске алынуу менен алардын эпостогу жүргүзгөн баатырдык жүрүштөрү, кыймыл-аракеттери, аткарган иштери жана башкалар күрөштөрүн сүрөттөөдө көркөм каражаттар менен көркөм ыкмалардын маанисине көңүл бурган. Эпостун табиятына мүнөздүү делинген көркөм каражаттардан болгон салыштыруу, эпитет, метафора, гипербола көп учурай турган көркөм каражаттардан. Эпостун спецификалык бөтөнчөлүгүнө кайрылсак мында көркөм поэтикалык каражаттар эпостун идеялык мазмунунун, каармандардын образдарын кененирээк ачат да алардын баатырдык мүнөздөмөсү менен элдин каарманга карата болгон мамилесин, көз карашын, чыгарманын стилдик көркөм табиятын көрсөтүп турат.

Башкы жана негизги эпикалык каармандардын ар бири мүнөздүк өзгөчөлүгүнө жараша өз алдынчалык, өзүнчөлүк образдарга ээ. Буларды мүнөздөөдө көркөм каражаттардын жана композициянын ролу зор экендиги баса белгиленет. Эпосто композициянын компоненттери болгон эпикалык баяндоо, монолог, диалог,

www.bizdin.kg
портрет, сүрөттөмөлөр, пейзаждык көрүнүштөр каармандын мүнөзүн, адеп-ахлактык сапатын ачууга өбөлгө түзөт. Каармандардын ички дүйнөсүн сүрөттөөдө драмалык коллизиялар, монолог менен диалог психологиялык аспектиде бериле тургандыгы ачык далилдер менен көрсөтүлгөн.
Акыркы бапта «Манас» эпосунун түзүлүш структурасына, анын поэтикалык өзгөчөлүгүнө кеңири талдоо жүргүзүлгөн. Эпостун сюжеттик композициясын түзгөн окуялардын курулушу, образ системасы, чагылдыруу ыгы, образ түзүү жолдору менен бирдей эле даражада чыгарманын стилдик өзгөчөлүгүн көрсөтүүдө ыр жолдорунун курулушу, строфалык бөлүкчөлөрдүн жабдылышы, уйкаштыктын колдонуу ыкмалары, ошондой эле ыр системасынын ойногон ролу негизги факторлордон болот. «Манастын» түзүлүшүн ачып берүүдө түрк элдеринин эпикалык чыгармалары жана кыргыз оозеки поэзиясынын материалдары кеңири камтылып салыштырууга алынган.

222

«МАНАС» ЭПОСУНУН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮШҮНҮН НЕГИЗГИ ЭТАПТАРЫ — *Э. Абдылдаевдин* эмгеги (Фр„ 1981). Эмгек эпостун чыгышы менен тарыхый өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүгүн аныктоону алдыга коёт. Эпостун жаралышы жана анын тарыхый өнүгүшүнүн абалы тууралуу илимий түшүнүк алуу үчүн адегенде түрк-моңгол элдеринин эпикалык салттарынын өнүгүшүнүн алгачкы этабындагы баатырлык эпостордун көөнө формалары кандай мүнөздө болгондугу жөнүндө, алардын тематикасы, сюжеттери, эпикалык образдары жаралган доордун мүнөзү, тарыхый-эпикалык, экономикалык, маданий карым-катышта жашап келишкен чарбалык-маданий тиричилиги илимий талдоого алынат. Автор түрк-моңгол элдеринин эпикалык чыгармаларынын алгачкы формалары «Манас» эпосунда сакталганбы деген суроолорго илимий негизде жооп берүүгө аракеттенген. «Манас» эпосунун эпикалык циклдештирүүнүн тарыхый шартына жана кыргыз элинин этникалык тарыхы менен байланыштуулугу жөнүндөгү маселелерге токтолгон, ошондой эле Манастын тарыхы жөнүндөгү полемикалуу маселелерге «Манас» эпосундагы эпикалык доорго кыскача мүнөздөмө берген. Китептеги маселелердин бири — эпикалык душман проблемасы. Эпостогу эпикалык душмандар: кытай, манжу, калмак, кара кытай, солон, шибээ жана башкалар элдердин аттары (айрыкча кытай, кара кытай) жөнүндө изилдөөчүлөрдүн ар кандай көз караштарына илимий жактан баа берип, өзүнүн көз карашын айтат. Изилдөөдө кыргыз эли менен жалпы маданий карым-катышта жашап келген элдердин (өзбек, тажик, уйгур, казак, каракалпак жана башкалар) ортосундагы жалпылыктарды салыштырып караган. Эпостогу эпикалык окуялардын ар түрдүү мотивдерде өзгөрүп-өнүгүүсү, жаңы эпизоддор менен толукталышын иликтөө менен кайсы мезгилдерде пайда болуп циклдештирүүнү аныктоого аракеттенип, «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн этаптарын төмөндөгүдөй белгилейт: 1) Караханийлер доору (10—12-кылым) эпостун алгачкы тарыхый негизинин жаралышы; 2) Моңгол доору (12 — 15-кылым); 3) Ойрот-Жунгар Доору (15 — 18-кылымдын 1-жарымы); 4) Цин империясынын доору (18-кылымдын 2-жарымы —19-кылым); 5) Кыргыздардын Россиянын составына киргенден Манастын негизги варианттары жазылган мезгилдерге чейин (19—20-кылымдын 1-жарымы). Эпос тарыхый жактан узак дооорлорду башынан өткөрүп көп катмарлануунун натыйжасында татаал сюжеттүү, терең мазмундагы монументалдуу классикалык баатырдык эпостун деңгээлине жеткендигин далилдейт.

Т. Ашырбаев

www.bizdin.kg

«МАНАС» ЭПОСУНУН ТИЛИ. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларынын туу чокусу болгон «Манас» эпосунда кыргыздардын көп кылымдык тарыхы, көз караштары, ой-максаттары, келечекке умтулуусу жана башкалар чагылдырылган. Албетте, көп кылымдык өнүгүү жолунда «Манас» эпосунун тили белгилүү бир деңгээлде нормага салынган, туруктуу сөз айкаштары, клишелер, архаизмдер, историзмдер, көркөм троптун түрлөрү түзүлгөн, ошондой эле эпостун тилин, бир жагынан, кадимки тилден, экинчи жагынан, тилдин диалектилеринен айырмалаган эпостун өзүнө гана мүнөздүү айрым грамматикалык жана фонетикалык өзгөчөлүктөр пайда болгон. Ошондуктан «Манас» эпосунун тили диалектилерди, негизги тилдин өзүн жалпы камтыгандыктан ал элдин улут болуп калыптанган учурундагы тилинин диалектисине да, күнүмдүк тиричиликте колдонулуучу тилге да, адабий-жазма тилге да окшобогон, кыргыздардын улут болгонго чейинки оозеки адабий тили болуп эсептелет. Эпостун тилинин жалпы диалектилерди камтыгандыгы анын лексикасынан, фонетикасынан, морфологиясынан жана синтаксисинен көрүнүп турат. «Манастын» тилинин жалпы диалектилерди камтыгандыгынын башкы белгилеринин бири — бул анын көркөм иштелип чыккандыгы. Ал баарыдан мурда туруктуу формулаларда, салттык үлгүлөрдө берилет. Иштелип бүткөн көркөм формулалар эпосто бир окуя менен экинчи окуяны байланыштырып, мурунку окуядан жыйынтык чыгарылып, башталуучу жаңы окуяга угуучулардын көңүлүн буруп, кызыгуусун күчөтүүдө колдонулат: «Муну мындай таштайлы Эми Манастан кабар баштайлы»; «Аны ошо жерге таштаңыз, Айдаркан уулу Көкчөнүн Аңгемесин баштаңыз»; «Бул сөздү таштап салалы Кара кандын Каныкей Кайрылып кабар алалы». Ар кандай окуяларды сыпаттоодо пайдалануучу формулалар да көп учурайт.

Балтыр этиң толо элек
Балбан кезиң боло элек.
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип.

Бул өңдүү көп колдонулуучу үлгүлөрдү манасчылар эпостун мазмунуна, жаңы кырдаалга карай өркүндөтүп колдоно беришет.

Даяр формулаларды чыгарманын ар кайсы каармандарынын кебете-кешпирин, мүнөзүн (мисалы, өңүн, башынын түзүлүшүн, турпатын, кийимин, чыдамкайлыгын, эрдигин, кайраттуулугун, айкөлдүгүн, күчүн жана башкалар), жоого минген атын жана курал-жарагын, согуштарды жана баатырлардын жекеме-жеке кармаштарын, душмандарды салгылаш болгон жерлерди, душмандарды (мисалы, душмандын турпатын, анын күчүн, шамдагайлыгын, куулугун, жоого минүүчү атынын жабдыктарын жана курал-жарагын сыпаттоодо), табият кубулуштарын, буюм-тайымдарды жана абстракттуу түшүнүктөрдү сүрөттөөдө колдонушкан. Ар бир окуяга тийиштүү туруктуу атайын формулалар болот. Бул айрыкча эпостун башкы жана негизги каармандарына жана алардын аттарына, жоо-жарактарына тиешелүү:

Манас:

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,

www.bizdin.kg

Алды калың кара жер
Манаска жердигинен түткөндөй.

Манастын Аккелтеси:

Алыска-жуук айныбас,
Ыраакы-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс
Түтүнү туман, түбү Ыспан
Кароолу дажал, огу ажал.

Төштүк:

Тогуз уулдун кенжеси,
Элемандын эркеси.

Жолой:

Атасы бар, бата жок.
Айтканы бар, ката жок,
Энеси бар нике жок.
Элде мындай бөкө жок.

же:

Алты батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой.
Алтымыш алпты өлтүрүп,
Кан жыттанган чоң Жолой.

Коңурбай:

Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай.

Чубак:

Алышса адамдын күчү жетпеген,
Арстандын тиши өтпөгөн,
Акбалтанын Чубагы
Арстандын бири бу дагы.

Ырчыуул:

Бирөө Ырамандын Ырчы уул
Ычкыры түпөк, кырк муундуу
Тебетейи чоктуу кул,
Айтарга сөзү шоктуу кул.

Мындай даяр формулалар «Манаста» өтө көп жана лексикалык тутуму, синтаксистик курулушу боюнча ар түрдүү. Алардын тутумунда көөнө бирдиктерди камтыган өзүнчө сөз топтомдору болуп, эпостун тилин өзгөчө стилге салып турат. Кээде жалаң архаизмдерден турган формулалар да кездешет. Алардын маанисин контексттен бөлүп кароого болбойт, бирок алар көп учурда контекстте да анчалык түшүнүктүү эмес, ал эми кай бирлеринин мааниси таптакыр эле түшүнүксүз бойдон калат. Мындай туруктуу формулаларга өзгөрбөстүк, көтөрүңкү стиль, эмоциялуу таасирдүүлүк, образдуулук, метафоралуулук, обондун биримдиги мүнөздүү жана алар көп учурда кадимки сүйлөм формасына сыйбаган синтаксистик бир бүтүндүктү түзөт. Мындай өзгөчөлүктөр диалектиге, кадимки тилге мүнөздүү эмес жана эпостун тилинин иштелип чыккандыгын, жалпы диалектилерге мүнөздүү экендигин көрсөтөт. «Манас» эпосунун тили абдан формулалуу келгени менен эпосту бүтүн бойдон эпикалык туруктуу формулалардан турат деп айтууга болбойт. «Манастын» тилиндеги туруктуу формулалардын көптүгү анын жакшы иштелип чыккандыгын, көөнөлүгүн гана көрсөтөт. Бир эле формуланын пайда болушу үчүн узак убакыт керек жана ал көптөгөн манасчылардын элегинен өтүүгө

www.bizdin.kg
тийиш. «Манаста» мындай формулалардын көптүгү — эпостун тили көп кылымдар бою жакшыртылып, калыптанып келгендигинин күбөсү.
«Манастын» тилинин поэтикалык формасы да анын иштелип чыккандыгын, жакшыртылгандыгын кандайдыр бир деңгээлде белгилейт. Анын лексикасындагы мындай иштелип чыгуу метафора, эпитет, салыштыруу, образдуу көркөм сөз айкаштары сыяктуу эпикалык баяндоонун салтанаттуу жана жалпыланган стилине таандык таасирдүү, эмоциялуу, экспрессиялуу каражаттарды ылгап алуу жолу менен жүзөгө ашырылган. Мисалы, эпостун тилиндеги эпитеттер: айкөл, канкор, баатыр (Манас жөнүндө); калча, аяр, куу (Коңурбай жөнүндө); арстан, жолборс, кабылан, сырттан жана башкалар; мүнөздөмө эпитеттер: алышса адамдын күчү жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн (Чубак); атка жеңил, тайга чак, уйкусу жок, жолго сак (Сыргак); кырктын башы Кыргылчал, кылымды бузган даңгыл чал (Кыргылчал); салыштыруу улар: «балтыры өгүз белиндей, ачыккан көк жал бөрүдөй, күзгү кирген жолборстой, кышкы кирген буурадай жана башкалар; метафоралар: кырк жолборс түпкө жетти деп; барбана болду башына; көздөн жалын шыркырап; жолборс жүрөк, таш билек; тула бою ок болуп, толкуну кызыл чок болуп; балапан жүнү бата элек, балтыр эти ката элек жана башкалар; гиперболалар: мурду тоонун сеңирдей, булчуңу бука белиндей; жан казандай башы бар, жаткан иттей кашы бар; каалгадай кашка тиш; чечекейи челектей жана башкалар Булардын баары «Манастын» тилинде зор роль ойноп, аны байытып, таасирдүү, ийкемдүү жана уккулуктуу кылып, эпостун тилин оозеки тилден, диалектилерден, адабий жазма тилден айырмалап турат. Эпостогу өтө көп мындай туруктуу формулалар узак мезгил бою көптөгөн таланттуу манасчылардын аракети менен түзүлүп, салт катары укумдан тукумга өтүп келген. «Манас» эпосунун тили диалект эмес, жалпы элдик тил экендиги анын лексикасындагы архаизмдер менен историзмдерден, ошондой эле моңгол, араб, иран, кытай тилдеринен өздөштүрүлгөн сөздөрдөн байкалат; мисалы, көңкү, көй, атпай (эл жөнүндө), бөкө, бичик (эпосто), даңза (бичиктин синоними), мырдар, апсана, бакар, абыгый (улуу кишиге карата кайрылуу), алаткак (эпосто), жайсаң, жаң-жуң, зардал, дуу-дуу, чый-тай, тый-тай, суң-дуң, жесет, иеп, какай, кыяк, кете, селебе, карыпчы (ийинге кийгизилет), шыгай, себил, чаркөө, чыңыроон, мар, тууш, сурайыл, лаанат-манат жана башкалар.
Бул сөздөрдүн көпчүлүгү «Манас» эпосунда гана бар, кээ бир сөздөр айрым диалектилерде сакталып калган. Жогорку сөздөрдүн бардыгы кыргыздын оозеки тилинде колдонулбайт же өтө сейрек айтылат. Булар «Манастын» тилине оозеки тилдин диалектилерине да, адабий жазма тилге да окшобогон өзүнчө бир көөнө түр берет.
Ар бир манасчы эпосту өзүнүн диалектисинде айткандыгы белгилүү, ошондуктан «Манастын» тилинде аны аймактык диалектилерге жакындаткан белгилер да бар. Бирок, мындан эпостун тили диалектикалык тил менен катар турат деп айтууга болбойт. «Манас» эпосунун тили кандайдыр бир диалекти менен чектелип калбайт; ал кыргыз тилинин бардык диалектилеринин, түрдүү тилдик белгилеринин жыйындысы болуп эсептелет. Бул эки багытта ишке ашкан; 1) чакан аймактын, диалектинин фонетикалык, морфологиялык жана лексикалык белгилерин колдонбоо; бул көп учурда ар кандай аймактардын диалектилик белгилеринин биригишине алып келген, 2) эпостун жанрдык өзгөчөлүгү менен шартталган функциялык-стилдик обочолонуунун натыйжасында эпостун тилинде ар түрдүү диалектилердин белгилерин тандап колдонуу. Ошентип, «Манас» эпосунун тили төмөнкүдөй диалектилик белгилерди камтыйт.
Фонетикада. Сөз башында жумшак эринчил «б» тыбышынын ордуна каткалаң эринчил «п» тыбышынын же тескерисинче «п» тыбышынын ордуна «б» тыбышынын колдонулушу:

www.bizdin.kg

1) Пастады биздин арбак деп.
2) Паашасы айткан буйругун.
3) Алтымыш кабат пактада.
4) Дүкөндөн өрттөп пулдарын.
5) Жанчышып пенде жеңбеген.
6) Адил бааша тагы үчүн.
7) Пар жастык коюп башына.
8) Бастан келген төрт бурут.
9) Банар алып келишти.
10) Өзүңдөн бөлөк баана жок.

Сөз башында каткалаң эринчил «п» тыбышынын колдонулушу тилдин түш. говорлоруна мүнөздүү. Ал эми түн. говорлорго каткалаң эринчил «п» тыбышынын ордуна жумшак «б» тыбышы колдонулат. Сөз башында «п», «б» тыбыштарынын ордуна эринчил-мурунчул «м» тыбышынын колдонулушу ысык-көл говоруна мүнөздүү:

1) Мааналарга итим жок.
2) Бешөө деди мерзентим.

Өздөштүрүлгөн сөздөрдөгү эрин-тишчил «в» «ф» тыбыштарынын ордуна жумшак эринчил «б» тыбышынын айтылышы түндүк говорлорго мүнөздүү диалектилик белги болуп эсептелет:

1) Барганадан кыз таппай.
2) Олтурду Кошой борумдуу.
3) Баш убазир жакыны.

Каткалаң уччул «с» жана «з» фонемаларынын колдонулушунда диалектилик белгилердин аралашып кеткенин байкоого болот.

1) Тас карды кетти жарылып.
2) Кесенип көзүн салыптыр.
3) Азирейил түзү бар.
4) Азелкан деп атаган.

«С» жана «з» фонемалары кыргыз диалектилеринде ар түрдүүчө колдонулат. Бир жерде (Ысык-Көлдө) «с» тыбышынын ордуна «з», башка бир жерде (Чүйдө) тескерисинче айтылат. Б. М. Юнусалиев «з» фонемасынын колдонулуш белгилерине карата кыргыз говорлорун төрт топко бөлгөн. Анын пикири боюнча «с» жана «з» фонемалары түштүк-чыгыш (түндүк-батыш говорлорунан тышкары) жана түштүк-батыш диалектилеринде гана туура колдонулат. «Манастын» тилинде «с» жана «з» фонемаларынын ар кандай орун алмашылып айтылышы менен катар эле алардын туура колдонулушу да кезигет.

Түштүк-батыш диалектиге жана түндүк диалектинин талас говоруна эринчил дифтонгдор мүнөздүү. «Манастын» тилинде дифтонгдордун бар экендигин Б. М. Юнусалиев да белгилеген:

1) Бектеринен бешөөнү.
2) Энеден не үчүн тувамын,

Эрлердин жолун кувамын.
Эс алып кантип сувамын.

Кээде түндүк диалектиге мүнөздүү эмес түпчүл үндүү «а» фонемасы колдонулган учурлар сейрек болсо да кездешет:

1) Бастан келген төрт бурут,
2) Катта черүү кол болуп.
3) Аста-аста эр Бакай Ар бир сөздү сүйлөдү.
4) Катта-кичик карыңар.

www.bizdin.kg
Морфологияда: Барыш жөндөмөсүндөгү «сага», «мага», «ага» өздүк ат атоочторунун «даа», «маа», «аа» түрүндө кыскартылып колдонулган учурлары бар:

1) Эгер келбей койбойт саа деди.
2) Жолдош кошуп берсең маа.
3) Кашында жүрөт аа кошо.

Өздүк ат атоочтордун кыскартылып айтылышы түндүк говорлорго мүнөздүү болсо, ал эми манасчылар көп пайдаланган «ол», «олор», «саган» өздүк ат атоочтору түштүк говорлорго мүнөздүү.

1) Келсин деди олорду.
2) Ол жамбыдан түңүлүп.
3) Мен да жардам саган деп.

Кыязы, бул ат атоочтор байыркы убакта кыргыз тилинин бардык говорлорунда колдонулса керек. «Ошол», «ушул», «ушу», «ошондо», «ушунда» жана ушундай сыяктуу шилтеме ат атоочтор түштүк говорлордо башындагы үндүү тыбыштары түшүп айтылат. Түндүк диалектиде жана адабий тилде алар тескерисинче, сөз башында үндүү тыбыш менен айтылат. «Манас» эпосунун тилинде ушул эки түрү тең учурайт:

1) Байжигит шондо көп айтат.
2) Көрөр күнүң шол болот.
3) Арзысаң Жакып баргын шоо.
4) Ошондо баатыр Манасың.

Түштүк диалектиге таандык «энди» деген тактооч да диалектилик өзгөчүлүккө ээ:

1) Энди үйүңө кет деди.
2) Энди Ошпурга кеп айтат.

Эпостун тилинде «жат» жана «бар» жардамчы этиштерине уланган сөз өзгөртүүчү -ыр мүчөсүнүн жардамы менен түзүлгөн этиштин учур чагы сейрек болсо да кезигет:

1) Жабыла качып баратыр.
2) Билгенин кылып жатыр деп.
3) Өлтүргөнү жатыр бизди деп.

Мындай өзгөчөлүк түндүктө талас жана теңиртоо (тянь-шань) ал эми түштүктө ала-бука, жаңы-жол, чаткал говорлоруна мүнөздүү.

Синтаксисте. Эпостун тилинин синтаксиси да оозеки тилдин, диалектилик синтаксисинен олуттуу түзүлүш белгилери боюнча айырмаланат. «Манас» эпосунун өзгөчө жашоо формасы сүйлөмдүн түзүлүшүнүн синтаксистик өзгөчө принциптерин талап кылган. Эпостун тилинде кыска сүйлөмдөр менен катар эле абдан кеңири синтаксистик түзүлүштөр да бар. Мындай синтаксистик түзүлүштөр синтаксистик жактан бир бүтүндүктү — грамматикалык жактан жалпы ыргактагы бүткөн же бүтпөгөн бир нече сүйлөмдү бириктирген өзгөчө моделди түзүп турат. Мисалы,

Аккула менен болкоюп,
Найзасы колдо койкоюп,
Наакери бутта чойкоюп,
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Найзасы колдо зыңгырап
Аккелте жондо жаркылдап,
Ак асаба, сур желек,
Найзасында жалпылдап
Ак шумкар куштай баркылдап

www.bizdin.kg
Майданга баатыр барганы.
Мындай синтаксистик түзүлүштөр кээде жыйырмадан ашуун ыр саптарын бириктирет. Мындан тышкары, эпостун тилинин синтаксисине ар кандай анафоралуу жана эпифоралуу сүйлөмдөр, синтаксистик параллелизмдер, лексика-морфологиялык жана синтаксистик кайталоолор, атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн, киринди сүйлөмдөрдүн тизмеги, айрым учурда адаттан тыш айкалыштан турган туруктуу сөз түрмөктөрү мүнөздүү. Мындай көрүнүштөр оозеки речте, тилдик диалектилерде учурабайт. Ошентип, «Манас» эпосунун тили кыргыздардын бардык диалектилерин камтыган эски оозеки адабий тили болуп эсептелет. Ал белгилүү бир калыпка түшүп, иштелип чыккан жана жакшыртылган. Бул анын лексикасында, морфологиясында, синтаксисинде түрдүү диалектилик белгилерди бириктирип, аймактык жактан чектелбегендигинен, ошондой эле анын колдонулушунан байкалат. Ал бардык диалектилерди бириктирип, оозеки адабий тил катары кыргыздардын сөз маданиятында маанилүү роль ойноп, ар түрдүү диалектилик айырмачылыктарды жакындатып, жалпы элдик тилдин негизинде грамматикалык жалпы бир норманы иштеп чыгып улуттук жазма адабий тилдин калыптанышына негиз түзгөн.

А. Боронов

«МАНАС» ЭПОСУ ОКУУ КУРАЛДАРЫНДА. Кыргыз адабиятынын алгачкы окуу китептери, хрестоматиялары түзүлө баштагандан тартып «Манас» эпосунун материалдары кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бийик үлгүсү, жаш муунга билим жана тарбия берүүнү кылымдар бою сыналган натыйжалуу каражаты катары пайдаланылып келатат. Улуттук окуу китептеринде биринчи жолу эпостон үзүндү 1939-ж. түзүлгөн 6-класс үчүн хрестоматияда (19-кылымдын адабияты хрестоматиясы. Толук эмес орто мектептер үчүн, 1-бөлүк, Фр„— Казан, 1939) берилип, «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунан аш берүү үчүн элдин Каркырага көчүшү, аштын өткөрүлүшү, андагы ат чабыш баяндалган үзүндүлөр эле.

К. Орозалиев менен У. Абдукаимов түзгөн 7-класс үчүн биринчи хрестоматияда (Адабият хрестоматиясы: толук эмес орто жана орто мектептердин 7-классы үчүн, Фр., 1939) «Манаска Тад-Чокунун көрүнүшү», «Жылкы тийүү» эпизоддору айрым кыскартуулар менен берилген. Эки хрестоматияда тең эпоско байланыштуу кошумча материалдар берилген эмес, үзүндүлөр суроо-тапшырмалар менен жабдылбаган.

Эпосту элдик оозеки чыгармачылыктагы жанр катары атайы караган З. Бектенов, Т. Байжиев түзгөн фольклор боюнча алгачкы окуу китеп — хрестоматия (Фр., 1949). Кыргыз элинин турмушунда өзгөчө орунга ээ теңдешсиз чыгармага авторлор китептин басымдуу бөлүгүн арнашкан. Анда эпостун мааниси, аны жыйноо, изилдөө, жомокчулар, алардын түш көрүүсү жөнүндө сөз болот. Чыгарманы жаратууда, анын көлөмү жана мазмуну кемибей толукталып, муундан муунга өтүп сакталышында зор роль ойногон манасчылардын чыгармачылыгы аларды жомокчу жана жамакчы ырчыларга бөлүп, ар бирине мүнөздөмө берүү менен түшүндүрүлөт. Дээрлик бардык манасчылардын түшүндө чыгарманын каармандарын көргөндөн кийин гана ушул сейрек кесипти аркалап калышкандыктары жөнүндө айткандарын эске алып, авторлор бул көрүнүштүн себептерине кайрылышып, аны кадыр-баркын көтөрүү жана психологиялык жагдайдын натыйжасы катары карашкан. Эл арасында кеңири белгилүү өткөн кылымдарда жашаган жана үстүбүздөгү кылымдарда жашап өткөн улуу манасчылар Келдибек, Балык, Тыныбек, Чоюке, Сагымбай, Шапак, Саякбайлардын өмүрү жана манасчылык өнөрү, кесиптик чеберчилиги, талантынын өзгөчөлүктөрү, эл чыгармачылыгынын башка жанрларына кайрылган фактылары жөнүндө сөз болот.

www.bizdin.kg
Үчилтиктин биринчи бөлүгүнүн образдар системасы кеңири иликтөөгө алынат. Авторлор образдарды талдоодо туура жолду тандай алышкан, башкача айтканда образдардын чыгарманын жанры менен шартташкан өзгөчөлүктөрүнө таянышкан. Мисалы, башкы каарман Манаска мүнөздөмө берүүдө авторлор анын баатыр болуп чыга тургандыгын алдын-ала билдирген белгилерди баяндашкандан кийин гана ага мүнөздүү сапаттарды айтууга өтүшөт. Чексиз баатырдыгы, ашкан айбаты, каармандын тышкы көрүнүшү поэтикалык саптар аркылуу сүрөттөлгөнү туюндурулат. Манас карандай күчтүн гана ээси эмес, акылы, адилеттиги, калыстыгы жана адамдарга болгон сүйүүсү ошого тете экендиги чыгарманын туруктуу, элге кеңири белгилүү эпизоддорунан алынган мисалдар менен бекемделет. Чыгарманын жанрдык өзгөчөлүктөрү менен шартташкан эпикалык . каармандардын образынын жалпыланып берилиши, баатырлардын күлүк атсыз, ок өтпөгөн, найза тешпеген жоо кийимсиз, өзүнө ылайык курал-жараксыз сүрөттөлбөй тургандыгы эске алынат. «Манас» бөлүгүнүн калган каармандары Алмамбет, Чубак, Каныкей, Кошой, Бакай, Коңурбай, Жолойлордун образдарын талдоодо авторлор эпикалык каармандарга жалпы тиешелүү белгилер менен бирге жекече өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурушкан. Окуу китебинде эпостун бөлүмдөрүнөн айрым үзүндүлөр да берилүү менен чыгармадагы гуманизм, патриотизм идеялары туурасында да сөз болот.

Китептин жакшы жагы окуу материалдарынын окуучулардын кабыл алуусуна ылайыкталгандыгы, окуучулардан алыс дооролор, тааныш эмес чөйрө сүрөттөлүп, түшүнүүгө оордук келтире турган сөздөр арбын кезиккендиктен, мүмкүн болушунча алардын бардыгына түшүндүрмө берилгендиги. Окуучулардын курагына байланыштуу турмуштук жана окурмандык тажрыйбасынын аздыгы эске алынып, окуу китеби жөнөкөй, түшүнүктүү, жатык тил менен жазылган.

Өкмөттүк атайын тапшырма менен жазылып, окуучулардын бир нече муунун окутуп тарбиялоого мүмкүнчүлүк бергендей мазмуну кеңири, илимий-методикалык деңгээли жогору бул окуу китеби тилекке каршы авторунун жалган жалаа менен камалып кетишине байланыштуу окутуудан алынып ташталып, окуучулар «Манас» эпосу менен таанышууга Ж. Таштемиров жана С. Мусаев түзгөн 8—9-класстар үчүн хрестоматиянын 1-китеби аркылуу гана мүмкүнчүлүк алышкан (Фр., 1952). Анда үчилтиктин бөлүктөрүнөн үзүндүлөр, чыгарма жөнүндө айрым маалыматтар берилген.

Ушул эле авторлор түзгөн орто мектептин 8-классы үчүн кыргыз адабиятынан окуу китебине (Фр., 1954) «Манаска» байланыштуу материалдар киргизилбеген. Буга анын 1954-ж. «зыяндуу» чыгарма катары кыргыз адабиятынын программасынан алынып ташталгандыгы себеп болгон. Ошондон баштап 1961—62-окуу жылында гана программага киргизилип, окуу китебинен 1972-ж. гана өз ордун ээледи.

С. Мусаев, Ж. Таштемиров түзгөн 8-класс үчүн «Кыргыз адабияты» (Фр., 1972) жыйырма жылга жакын убакыттан бери колдонулуп келе жаткан туруктуу окуу китеби болуп калды. Китептин орчундуу бөлүгү «Манас» эпосуна жана анын бөлүмдөрүнө арналган (124—240-б.). Авторлор окуучуларды чыгарманын мазмуну менен тааныштыруу максатында эпостун өзөк окуяларынын кара сөз түрүндө баяндамасын беришет. Чыгарманын темасы, идеясы, образдар системасы жана поэтикалык бөтөнчөлүктөрү терең танлоого алынат. Манасчылар, эпосту жыйноо жана изилдөө иштери, чыгармадагы доордун мүнөзү, адабият теориясына байланыштуу сюжеттин элементтери жөнүндө кеңири маалымат берилет. Окуу китеби ондон ашык жолу кайра басылып, кыргыз адабиятынын программасындагы өзгөрүүлөргө жараша кошумчалар, толуктоолор киргизилди.

Окуу китебине кошумча курал катары А. Мамбеталиев, Т. Саманчин (Фр., 1979) түзгөн орто мектептин 8-классы үчүн хрестоматия колдонулуп жүрөт. Анда

www.bizdin.kg
алгачкы хрестоматияга салыштырмалуу эпоско көбүрөөк орун берилген. Чыгарманын үч бөлүгүнөн тең үзүндүлөр берилип, алар түшүндүрмө сөздүк менен жабдылган. Кара сөз түрүндөгү текст кеңири колдонулуп, ал көбүнчө окуянын урунттуу эмес жерлерин баяндоодо пайдаланылган. Эпостун орто мектептин 8-классынын (реформадан кийинки 8-класс) «Кыргыз адабияты» окуу китептеринде, хрестоматияларында берилиши ушундай.

«Кыргыз тилинин жана адабиятынын программасына» (5—11-класстар үчүн. Фр., 1989) ылайык кийинки мезгилде «Манастын бала чагы» эпизоду 5-класста өтүлө баштады. Ошондуктан, К. Артыкбаев, Б. Исаков тарабынан түзүлгөн 5-класс үчүн окуу китебинде («Биздин адабият», Фр., 1990) кыргыздардын Ала-Тоодон Алтайга сүрүлүшү, Акбалтанын акылы менен алтындын кенин казып, эгин айдап байышы, Манастын төрөлүшү, ага ат коюу өңдүү окуялар кара сөз түрүндө кыскача баяндалат да, Курама вариантан үзүндү берилет. Окуучунун кабыл алуу деңгээли эске алынып, түшүнүүгө кыйын айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Үзүндүдөн кийин келтирилген суроолор жана тапшырмалар көп түрдүүлүгү, окуучуларды ойлонтууга, өз алдынча чыгармачылык менен иштөөгө багыт бергендиги менен айырмаланат. Окуучуларга эске тутуу үчүн көркөмдүгү жогору үзүндүлөрү сунуш кылынат. Адабият теориясынан салыштыруу жөнүндө түшүнүк берилип, үзүндүдөгү ушул көркөм сөз каражатынын мисалында түшүндүрүлөт.

Окуу китебинин материалдары окуучунун көркөм сөздүн кудуретин, сулуулугун сезе билүүсүнө, түрдүү жанрдагы чыгармаларды туура кабыл алышына, аларда турмуштук активдүү позициянын калыптанышына өбөлгө түзүүгө ылайыкталган. Окутуунун билим, тарбия берүүчүлүк жана өнүктүрүүчүлүк багыттары бирдей даражада эсепке алынган. Чыгармалардан үзүндүлөр, кошумча тексттер, суроо-тапшырмалар жүктөлгөн милдетине карай жайгаштырылган.

Жогоруда каралган окуу китептеринин бардыгы кыргыз адабиятынын программасына ылайык милдеттүү түрдө өтүлүүчү материалдарды камтыйт. Мындан тышкары факультативдик сабактар боюнча окуу куралы А. Садыков тарабынан жазылып (Фр., 1990), анда кыргыз акындары, орус классикалык адабиятынын жана боордош элдердин, совет жана кыргыз совет адабиятынын өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы менен бирге «Манас» эпосуна да орун берилген. Китептин материалдары негизинен илимий мүнөздө болуп, адабиятка кызыккан окуучуларга кошумча маалымат берүүгө арналган. Ошол себептүү эпостун темасы, элдин турмушунда алган орду, энциклопедиялык мазмуну, жыйноо жана изилдөө иштери, башкы каармандар жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдетилет. Ошондой эле төмөнкү маселелерге байланыштуу кошумча материалдар берилет. Карл Маркстын эпостун жаралуу доору, адамзат үчүн мааниси жөнүндөгү айткандары келтирилет. Окумуштуулар В. В. Радлов менен Ч. Валихановдун чыгарманы орус жана чет элдерге чейин таанытуудагы ролун эске алып, автор алардын эпосту эл арасынан жыйноо жана изилдөө тарыхына, эпоско байланыштуу пикирлерине токтолот. Китептин дагы бир жакшы жагы түзүүчүнүн илимпоздордун азыркы учурга чейин баалуулугун жогото элек жоболору менен бирге, алардын чыгарманын толук мазмуну менен тааныш болбогондугунан Ч. Валиханов жолуккан манасчынын өтө күчтүү эместигинен келип чыккан айрым калпыс ойлорун да белгилегендигинде. Бул окуучуларга окугандарына сын көз менен кароого багыт берет. Ошондой эле М. Ауэзовдун чыгарманы изилдөөгө кошкон зор салымы айтылып, эпостун сүрөт, кино, театр өңдүү искусствонун түрлөрүнө таасири конкреттүү мисалдар менен бекемделет. 1952-ж. 6—10-июнда Фрунзе шаарында өткөн «Манас» эпосун изилдөөгө арналган конференциянын чыгарманы элдик катары сактап калуудагы ролу эске алынып, программасы берилип, жыйындын кандай шартта өткөндүгү, эмне жыйынтыкка келгендиги жөнүндө сөз болот. Адабият теориясы боюнча

www.bizdin.kg
материалдар кыргыз эпосунун поэтикасын жана ыр курулушун мүнөздөөгө арналат. Аллитерация, анафора, туруктуу сүрөттөөлөр, эпитеттер, сөз айкаштары, эпостун саптарынын муун курулушу, андагы уйкаштыктардын түрлөрү, сюжет, анын элементтери өңдүү түшүнүктөр келтирилген мисалдар аркылуу чечмеленет, к. *Жалпы билим берүүчү мектеп жана «Манас».*

Д. Саалиева

МАНЖУРИЯ — топоним. Эпос боюнча эпикалык душман элдердин биринин өлкөсү. М-нын эпоско киришинин тарыхый негизи бар. М. азыркы Кытайдын түндүк-чыгышында пайда болгон феодалдык мамлекеттин тарыхый аты. Ал мамлекеттин алгачкы аты анын негизги элинин атынан Манчжу (кыргызча Манжу) болгон. М. мамлекети 17-кылымдан баштап жанындагы кошуна элдерди каратып алган. Алар Кытайды басып алгандан кийин кыргыздарга да кол салуу аракетинде болушкан, эпосто бул тарыхый кырдаал чагылдырылган.

МАНЖУ, Манжуу алп — эпизоддук кейипкер. Маңдайы темир алп, дөө. Жолой менен Дөңгөнү баш кылып Манасты кармап келүүгө он миң кол атказган Эсенкан Жолойдун балбандыгын айтып, ал багындырган беш дөөнүн бири М. алп экенин эскерет (Саякбай Каралаев,1. 80). Манжу этниминен эпоско кирип, эпикалык кейипкердин ысымына айланган, к. *Китен алп.*

МАНЖЫ — Сагымбай Орозбаковдун вариантында эки мааниде: жердин (топоним) жана элдин (этноним) аты катары берилген:

Кыдырттым кыйла шаарды, —
Анжы менен Манжыдан,
Кара-Шаар, Камбылдан,
Чын-Мачындан, Кумулдан... (Сагымбай Орозбаков, 4.92).

М. эпосто бардык учурларда Анжы менен бирге айтылып эпикалык топоним катары да берилет. М. менен манжу бир эле этноним болушу мүмкүн. Манжулар Кытайдан чыкканы белгилүү. «Маната» да М. тили кытай тили менен катар эскерилет.

МАНЖЫБЕК, Мажик — Сагымбай Орозбаковдун вариантында кырк чоронун бири Мажиктин ылакап ысымынын бирөө, Манжулук болгондуктан М. аталган, к. *Мажик.*

МАНУЙЛОВА Ольга Максимилиановна (1893, Нижний Новгород —1984, Фрунзе) — скульптор, Кыргыз Республикасынын эл сүрөтчүсү (1954). Москвадагы живопись, ийчилик жана зодчийлик окуу жайынын скульптура бөлүмүн бүтүргөн (1916). М. көптөгөн эстеликтердин, миниатюралардын, жанрдык композициялардын автору. Ал «Манас» эпосуна кайрылып, гипстен жана металлдан жасалган тоголок барельефтердин «иллюстрациялар» сериясын түзгөн: «Манас ажыдаарды багындырууда» (1943), «Бала Манас салбырында» (1944), «Сыргак менен Чынкожо» (1952), «Ажыдаарлар» (1957) жана башкалар.



М. «Манас» операсынын сахна жасалгасына «Атчан чоролор» (1945) деген топторду иштеп чыккан. «Манас» темасын улантып Ю. Карих менен бирдикте

www.bizdin.kg
демократ-акын жана манасчы Тоголок Молдонун Бишкек шаарындагы эстелигин жараткан (1964).

МАҢГҮБӨ, Мангуба — топоним. Эпосто дөө-перилердин мекени Көйкап менен чектеш, сазаңшан деген ит жээр, бит жээр жомоктук эл жашаган кытайдан нары дагы төрт айлык алыс жолдогу жер. Чоң казатта Алмамбет жалгыз көзүнө атып өлтүргөн дөө Макел-Малгун ушул жердин башкаруучусу делет (Сагымбай Орозбаков, 4. 216—249). Кээде эпосто: Түбү кытай, мангуба делип, Нескара да ушул жерлик болуп көрсөтүлөт (Сагымбай Орозбаков,1.207). Боюнда жашаган жергиликтүү элдердин тилдеринде Амур дарыясы, Мангу; ал эми Амур, Уссури, Сунгари дарыяларынын өрөөнү Маңгу-буани деп аталат. Ошол эле тилдерде Малгын — макоо, акылсыз, олдоксон деген мааниге ээ (Макел-Малгун дөөнүн ысымы дал ушундай мааниде колдонулуп, кейипкерди мүнөздөп турат). Демек, бул фактылар көрсөткөндөй жомоктук М. географиялык реалияда ушул чөйрөгө туура келет да кыргыздар ал жердик элдердин тили, оозеки чыгармалары (Макел-Малгундун образынан, атынан байкалгандай) менен качандыр бир кезде кабардар болгон. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Нескаранын мекени катары көрсөтүлгөн М. географиялык реалияда жогоруда аталган жерге туура келерин Саякбай Каралаевдин варианты да ырастайт. Бул вариантта Нескара манжунун каны деп ачык көрсөтүлөт. Географиялык реалияда Кытайдын түндүк-чыгышынан орун алган ал жердин бир жак чети географиялык реалиядагы Мангу менен дал келет.

Р. Сарыпбеков

МАҢГҮБӨ — этноним. Кытай урууларынын бири. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча:

Ошончо колдун башы экен,
Ошо кезде Нескара
Он тогузда жашы экен.
Түбү кытай маңгүбө
Түрк уулуна кас экен (Сагымбай Орозбаков, 4.207).

Тарыхта М. деп аталган этнонимдин болгону белгисиз. Кытайдагы уруулардын кытайча аты өзгөрүлгөн (кыргызчаланган) формада эпостун саптарынан орун алып калган М. эпикалык этноним болушу ыктымал. «Маната» «Маңгуба» формасында айтылган топоним (к. *Маңгуба)* да бар. Бул жердин аты да эпос боюнча көбүнчө Кытайга жакын жайгашкан топонимдер менен бирге эскерилип кетет.

МАҢГЫТ — этноним. «Манас» эпосунда жана «Мажму ат-таварихтеги» Манаска байланыштуу эпизоддордо кездешкен элдин аталышы. Эпосто М. Манас менен Шооруктун согушун сүрөттөгөн эпизоддордо эскерилет. «Башкы журту Шооруктун Тарса, Калча, Маңгыты Барган жерден дарбытты» (Курама вариант, 1. 164), — деп Шооруктун эли катары берилген. «Мажму ат-таварихте» да М-тар Манаска каршы тургандар тарабында көрсөтүлөт. Мында М-тар Фулад деген адамды кан көтөрүп алышат. Фулад, Жамгырчы жана Койкубад мырза менен биригип, Токтомуш кан, Манас жана Темиркожого кол салууну чечишет. Бул кабар Манаска жетет да, ал кулан өлбөс (к. *Кулан Өлбөс)* жана түн жетеге (к. *Жете)* өзүнүн адамдарын жиберет. Аңгыча Фулад бир топ кол менен Манасия шаарын (к. *Манасия)* камап калат. Манас шаардын чебин чыңап калууга үлгүрөт. Бирок, ошол убакта Манаска Жолой 7 түмөн кол менен жетеге кол салыптыр деген кабар келет. Манас катуу кайгыга батат. Темир кожо менен кеңешип туруп, Түн Жетеге Темиркожонун баласы Каракожону бир топ кол менен жиберишет («Мажму ат-таварих», Кол жазмалар фондусу, 5154инв., 47-49-б.).

Жогоруда айтылган «Мажму ат-таварихтеги» окуялар 13—15-кылымда «Алтын-Ордо», «Ногой-Ордо» жана башкалар мамлекеттик уюмдарда болгон тарыхый

www.bizdin.kg
турмуштардан алынган. Анткени, мында айтылган Токтомуш, Темир жана башкалар тарыхый адамдар 14-кылымдын экинчи жарымында «Алтын-Ордону» башкаруучулардан болгон. Ал эми буга Манастын канчалык тиешеси бар экендиги азыркыга чейин аныктала элек. Ушул жагдайдан алганда «Манастын» М. тууралуу маалыматы тарыхый булак болуп саналат.

Тарыхта М-тар Чыңгызкандын тушуна чейин моңгол элдеринин бири катары саналып келген. Кийинчерек М-тар түрк элдеринин жана түрктөшүп кеткен элдердин курамында уруу катары кездеше баштаган. Мисалы, Алтын-Ордо мамлекетинин убагында М-тар басымдуу көпчүлүктү түзгөн. Мисалы, Темир менен Токтомушка каршы турган Эдигей баатыр М-тардан болгону белгилүү. Түн. Кавказды жердеген азыркы Ногой элинин басымдуу көпчүлүгү М. болгон. Орто Азияда М-тардын Букара кандарынын сулалеси (1753—1920) болгону тарыхта белгилүү, өзбек элинин курамында М-тар коңураттар менен катар мааниси зор уруулардан болуп саналат. Майда уруунун аты катары М. якут (соха) элинин курамында да кездешет.

М. аттуу этноним кыргыз элинин ичинде да бар. Кыргыз санжырасы боюнча М. моңолдор жана жоокесек менен бирге Наалы эжеден тараган уруктар деп айтылат. Мунун бир топ чындыкка жакындыгы бар. Себеби, Наалы эженин да, моңолдорду да кай бир кыргыз санжырачылары моңголдор менен байланыштырат. Демек, «Манас» эпосу М-тардын моңголдордон чыкканын бышыктагансып турат. Ошондой эле эпос боюнча М-тар кыргыз элинин курамына кире элек мезгил деп да түшүнүүгө болот. М-тар «Семетей» эпосунун кол жазма вариантынан да кездешет.

И. Молдобаев

МАҢКАН — топоним. Тейиш кандын тоюнда ат чаптырардын алдында:

Маңкан менен Кордойду
Басып өтүп барсын деп,
Эчки-Өлбөстүн тушунан
Коё берип салсын деп (Сагымбай Орозбаков, 2.50)

айтылат. Географиялык реалияда түш.-чыгыш Казакстандан агып өтүүчү Сары-Суу дарыясынын сол куймасы жана анын боюндагы өрөөн.

МАҢКҮШ АЛП — эпизоддук каарман. «Маната» «Маңдайы темир Маңкүш алп» деген туруктуу сөз айкашы менен айтылып, эбегейсиз күчкө ээ, бирок калмак-кытайлардын эс-акылы кем баатыры катары сүрөттөлөт да, Манаска каршы күрөшкөн эпикалык душмандардын тобунда ысымы аталат. М. а. эпониминин биринчи компоненти моңгол тилинен кирген. Образдын өзү да моңгол тилинде сүйлөгөн элдердин фольклорунда кеңири учуроочу мифологиялык жандык Мангустун «Манас» эпосундагы көрүнүшү. Мифологиялык жандык Мангус моңголдор менен көп убакыт тарыхый карым-катнашта болгон айрым элдердин (якут, алтай, тува жана башкалар) фольклорунда да кездешет.

МАҢКҮШТӨ АЛП — эпизоддук кейипкер. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Эсенкан Жолой менен Дөңгөнү баш кылып Манасты кармап келүүгө он миң кол атказганы» окуяда М. а. Дөөдүр жана башкалар алп баатырлар менен бирге Манасты байлап кетүү үчүн келип, урушта өлөт (Саякбай Каралаев, 1.79).

МАР — топоним. Эпосто Манасты байлап кетмекке келген каканчын канынын жигиттеринин бири М. шаарынан экени эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 1. 219).

МАРАЛ-БАШЫ — топоним. Манас баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө басып өткөн жер (Сагымбай Орозбаков, 2.161). Географиялык реалияда М.-Б.— Кашкар менен Ак-Суунун ортосундагы, Кашкар суусунун жээгиндеги шаар. Илгери, азыр да кыргыздар мекендеген жердин бири.

www.bizdin.kg
МАРАЛДЫ-СУУ — топоним. Манас менен Чубак чалгынга кеткен Алмамбет, Сыргакты күткөн жер (Сагымбай Орозбаков, 4.294). Географиялык реалияда Жунгар тоолорундагы капчыгай жана андан агып өткөн дарыя.

МАРАЛТОРУ — Манас баатыр Алмамбеттин келишине арнап элге тартууга берген тогуз тулпардын бири (Сагымбай Орозбаков, 2.318).

МАРГАЛАҢ — топоним. Эпосто кыргыздарга чектеш жашаган элдин шаары катары көп эскерилет. Тарыхый жагынан алганда Фергана өрөөнүндөгү орто кылымдардан бери соодачылыкта чоң мааниге ээ болгон шаар. 7—2247

МАРГУЛАН Алкей Хакан уулу (1904, Павлодар облусунун, Баянайыл району, 2-айыл) — казак совет илимпозу. Бүткүл Союздук География коомунун аныкмүчөсү (1933), филология илимдеринин доктору (1946), Казак ССР Илимдер академиясынын академиги (1958), профессор (1960). М.—тарых, археология, этнография, адабият жана маданият тарыхы боюнча 300дөн ашык илимий эмгектердин, макалалардын автору, 1957— 67-ж. Ч. Ч. Валихановдун адабий-илимий мурастарын, анын ичинде «Манаска» тиешелүү эмгектерин да жыйнаштырып, 6 томдук чыгармалар жыйнагын чыгарууга башчылык кылган. М-дын «Манас» эпосуна айрыкча сиңирген эмгеги Ч. Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашын» архивден таап жарыялашы болуп саналат. Ал «Шокан жана Манас» (Алматы, 1972) деген белгилүү монографиянын автору, ошондой эле «Көкөтөйдүн ашын» казак тилине которуп өзүнчө китеп кылып чыгарган (Алматы, 1973).

МАРКАТАЙ — эпизоддук кейипкер, *Акбалтанын* байбичеси. Кайып кандын кызы, ургачынын узу. Карыганча балалуу болбой жүргөн Акбалта Ойсул атанын (инген) өркөчүнөн бала (Чубакты) таап алып, байбичеси М-га алып келет: «Куу баштыктан кутулдук, Мойнуна тумар тага көр, Алдейлеп жакшы бага көр» (Саякбай Каралаев, 1.222). М. эпосто Чубакты багып өстүргөн эне катары сүрөттөлөт.

МАРТУУ (арабча коркуп калтыроо) — эски диний ишеним; төрөп жаткан аялдын эси ооп калганда (эстен тануу, эсин жоготуу) кара (же албарсты) басты деп түшүнүү. Сагымбай Орозбаковдун вариантында жаңыдан эркек бала төрөгөн Чыйырдынын (Манастын энеси) көңүлү караңгылаганда бала төрөткөн аялдар көндүм ишеним боюнча: «Байбичеге нетти деп, Мартуу басып кетти деп» (Сагымбай Орозбаков, 1.59) баары чочулайт.

МАТИСАК Акбай уулу (1877, Ноокат району, Жар-Коргон айылы — өлгөн жылы белгисиз) — манасчы. Манастын айтуусу боюнча жазылып алынган «Манас» варианты Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат (КФ.387, 176-инв.). Жыйноочу Мифтаков Каюм. Жазылып алынган текст ыр жана кара сөз аралаш айтылган. Манастын «Манасы» төмөнкүдөй окуялардан турат: Манастын балалык чагы, Манастын Көкчө менен урушу жана Каныкейге үйлөнүшү. Эпостун окуясы Жакып төрөнүн аштамагы көп болуп «уча менен куйрук берип, Чыйырчык байбичесин багып жүрөт», — деп башталат. Бирок, баласы жок болот. Күндөрдүн биринде калмактын зору Жолой алп той берип, Жакып да чакырылат. Балалууга уча менен куйрук, баласызга калла тартылат. Жакып төрөгө куу калла тиет. Тойдо катуу кордолуп, шылдыңга алынган Жакып карыганча балалуу болбой жүргөн өз тагдырына наалып, муң-зарга батат. Мындай мотив байыркы огуздардын: «Бабам Коркуддун китеби» аттуу чыгармасында орун алган. Эпосто Боюндур кан Дерсе канды тойго чакырып баласы жоктугу үчүн кемсинтип, үйдүн эшигине кара желек тактырып, кара кийиз салдырып, кара койдун этин берет.

Огуз элинин орто кылымдагы жарым көчмөндүү патриархалдык турмушунда бул жеткен кордоо болгон. Ошондо Дерсе кан тойдо эт жебей, үйүнө ыйлап келип түшөт. Бул мотив Манастын вариантынын да сюжетинин өнүгүшүнө шарт түзгөн.

www.bizdin.kg
Карыганча баласы жоктугунан кемсинген Жакып менен Чыйырдынын кудайдан бала тилеп, зарлаганы өтө кыска айтылат. Мында келечекте эли, жерин тышкы баскынчы душмандардан коргой ала турган бала тиленет. Бул жеке эле бир бүлөнүн арман кылып зарлаган тилеги эмес, жалпы кыргыз элинин тилеги болуп саналат жана ушул тилек аркылуу элдин келечектен күткөн үмүтү, ою берилет. Мында кыргыздардын ислам динин кабыл алганга чейин шамандык түшүнүк, ишенимдерди сактап калгандыгын көрсөткөн мотивдер орун алган. Бул төрөбөгөн аялдын кереметтүү боюна бүтүшүнөн жана бала төрөшүнөн айкын көрүнөт. Окуя боюнча Жакып менен Чыйырды мазарга барып сыйынгандан кийин гана Чыйырды түш көрүп, боюна бүтөт. Демек, кемпир, чалдын мазарга, жер-сууга табынуусу жердин, суунун ээси бар деген шамандык түшүнүктү көрсөтөт жана Жакып менен Чыйырды келечекте ашкан баатыр балалуу болорун символдойт. Түшүндө Чыйырды бир кызыл, бир ак алма жейт. Дүйнө элдеринин фольклорунда кереметтүү бойго бүтүү мотивинин байыркы үлгүлөрүндө, түшүндө алган алмадан, жыттаган гүлдөн же ичкен суудан аялдын боюна бүтсө, бул белги Манастын айтуусунда да сакталган. Бирок, Чыйырды түшүндө жеген кызыл, ак алманын ким тарабынан берилгени ачык айтылбагандыгына караганда карыянын образы айтуучу тарабынан унутулуп калгандыгы байкалат. Ал эми «Манас» эпосунун негизги варианттарынын биринде (Сагымбай Орозбаковдун варианты) Чыйырдынын түшүнө ак селделүү карыя кирип «мени парвардигер кудай жиберди» деп аяктай болгон ак алма берет. Түшкө кирген ыйык чал жана анын батасы боюнча баатырдын бойго бүтүп, укмуштуу төрөлүшү байыркы убактарда (уруулук тотем же уруунун ыйык баштагычы катарында) баатыр баланын атасы болсо керек деген пикирин академик В. М. Жирмунский түрк элдеринин жөө жомоктору жана уруулардын чыгышы жөнүндөгү легендаларды салыштырып иликтөө аркылуу далилдеп көрсөткөн.

Манастын укмуштуу төрөлүшү келечекте эр жүрөк, баатыр болорун билгизет. Ал кереметтүү белгилер менен төрөлөт. Манастын образындагы фантастикалык белгилер ал төрөлөрдө эле ачык байкалат. Ал энесинин курсагында жатып эле:

Табылгы кармап туба (тууй) көр,
Табылгыдай нурлуу эрден болоюн.
Ыргай кармап туба көр
Ыргайдай катуу эрден болоюн.
Жер түбүндө жекенде
Жекенде кармап туба көр.
Чапса кылыч, ок өтпөс,
Катуу эрден болоюн

(МАВ, Кол жазмалар фондусу, 387, 176-инв., 10-б.), — деп сүйлөйт. Чыйырды бир уул, бир кыз төрөйт. Бала саат сайын, күн сайын өсөт, туулганына үч күн болгондо табылгыдан жаа жасап, чийден ок кылып ууга жөнөйт. Баланын мындай укмуштуудай, абдан тез чоңоюшу, кылыч кеспес, ок өтпөс магиялык касиеттерге ээ болушу элдик жөө жомоктордогу фантастикалык түшүнүктөр менен байланышкан. Түрк элдеринин түшүнүгү боюнча балага ат коюу чоң мааниге ээ болот жана коюлган ат адамдын келечек тагдыры үчүн магиялык таасир тийгизет. Салттык ушул мотив Манастын айтуусунда да сакталган. Төрөлгөндөн үч күн өткөнчө аты (ысмы) коюлбай жүрүп «Итибай», «Күчүбай» аталып бараткан баланын — эпикалык башкы каармандын «атымды коюп бер» деген талабы аткарылат. Тойго келген эл балага ылайыктуу ат таап коё албай турушканда ак боз атчан, ак селдечен карыя адам пайда болуп: «уулуңдун аты жаш Манас, көп Ногойго баш Манас, карындашы Карлыгач» деп ат коюп, көздөн кайым болот. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча асасы бар колунда ак селдечен дубана: «Аты Манас болсун деп» (Сагымбай Орозбаков, 1.105) ат коёт. Эр жеткен Манас

www.bizdin.kg
көп жылкынын ичинен кубулуп турган кара тайды тандап алат. Айтуучу ал тайды: «Жүгөн салганда кунан болду, ээр-токум салганда бышты болду, токуп болгондо асый болуп, рас өзүнө келип Каккула ат болду», — деп мүнөздөйт да, Каккуланы өзүнүн тагдырлаш жана идеялаш ээси Манаска ар дайым жардам берген, адамча сүйлөгөн, канаттуу тулпар катарында сүрөттөлөт. Андан соң Манастын Шооруктун кызы Накылайга үйлөнгөнү өтө кыскача берилет. Бул вариантта Манастын атасы Жакып кыз издебей, энеси Чыйырды уулуна кыз издеп, көп жерди кыдырат. Шоорук менен кудалашат (Шооруктун кайсы элден экени конкреттүү көрсөтүлбөйт). Күйөөлөп барган Манасты руксаатсыз шоктук кылганы үчүн Накылай Актинте менен билекке саят. Ачуусу келген Манас согуш ачат дагы Накылайды зордоп алат. Кырк жигити кырк кызга үйлөнөт. Бирок, кырк жигиттин бири Кыргылчалга кыз жетпей, кыркка чыккан келин алганына ызаланып: «Накылай канжар менен сайган билегиңдин тагы кете элек. Көкчөнүн жылкысын тийип алып, мен сага уруудан тандап кыз алып беремин», — деп Манасты көкүтөт. Накылай Манастын бул жортуулуна каршы чыгат, барбоону өтүнөт. Салт боюнча эпикалык баатырлар айтканынан кайтпайт, бет алган жагынан кайра тартышпайт. Бул жалпы эле баатырдык эпостордогу борбордук каармандардын мүнөзүндөгү негизги белгилердин бири болуп саналат. Эпосто Манастын Көкчөгө каршы урушу эки себепке байланыштуу берилет: биринчиден, Көкчөнү жеңип, кыздарын олжолоп, өзүнө ылайыктуу жар тандап алууну ойлойт. Экинчиден, уруу-феодалдык доорунда мал тийип алуу көчмөн калктарга мүнөздүү көрүнүштөрдүн бири болгондуктан Манас Көкчөнүн жылкысын тийип алууга камынат. Мына ушундай максатты көздөгөн Манас баатырга тагдырлаш
Каккула аты кеңешин айтып, алдыда турган иштерди эскертет. Эпос бул жерде Каккула менен Көкчөнүн Көкчологу канаттуу тулпарлар экенин кабарлайт. Ошого ылайык ал канаттуу тулпарлардын эпикалык биографиясы, сын-сыпаты, энчилүү ысмы өзүлөрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү да көрсөтүлөт. Айтуучу Каккуланын сөзү аркылуу: «Көкчөнүн Көкчологунун кырк канаты бар. Менин бир эле канатым бар. Экөөбүз бир тууганбыз, экөөбүздү Кула бээ тууган» канаттуу тулпарлар катарында сыпаттайт. Канаттуу тулпар минген Манас баатыр Көкчөнүн жылкысын тиет. Каршылык көрсөткөн жылкычы башы Токтосартты өлтүрөт. Бирок, аны жылкыларга жетпей артта келе жаткан жаман көк тай тирилтет. Ал Көкчөнүн кубула алуучу канаттуу Көкчолок тулпары болучу. Жылкычы башчысынын «Бир жерди убада кыл, Көкчө келсин, экөөң кармаш. Күчү жетсе алып калсын, күчү жетпесе карап калсын», — деп суранууусу боюнча Манас үч күн мөөнөт берет. Бул мезгилде Көкчө келип, канаттуу Көкчологун минип, асмандап учуп Манас менен согушат. Көкчөнү өлтүрүп, башын кесип таштайт. Манас өзү катуу жарадар болот. Ошондо Көкчолок тулпар асмандап учуп келип ээси Көкчөнүн башын жутуп жиберет. Көкчөнү кайра кусуп тирилтет. Көкчө эми ок өтпөс эр болуп туулат. Мындай сюжет дүйнөлүк эпостордо кеңири кезиккен эпикалык каармандын убактылуу «өлүп-тирилүү» сюжетинин жумшартылган түрдө «Маната» чагылдырылышы болуп эсептелет.
Чыгармадагы симпатиялуу кейипкерлердин дагы бири — баатырдын карындашы Карлыгач. Канаттуу кабарчы Күкүктөн кат-кабар алган Карлыгач Манастын кырк жигитине кайрылса: «Качанкы өлгөн агаңа барып жүрөбүзбү» деп алар болбой коюшат. Өзүнүн эстүүлүгү менен өлүм коркунучунда турган агасын үйүнө алып келет, табыптарга көрсөтөт, молдолорго окутат, дарылайт, бирок айыктыра алышпайт. Акыры Накылайды алып келишет. Ал Манасты кырк кулач аркан менен көлгө салды. Кытайдын кырма кызыл дарысын, кашкардын кара дарысын куйду... Манас энеден туулгандай таза сакайды», — деп элдик тилек, идеал ишке ашырылат.

www.bizdin.kg
«Манас» эпосунун сюжеттик сызыгында үйлөнүү салты көрүнүктүү орунду ээлейт. «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» эпизоду баатырдык үйлөнүү салтынын (биринчи тибинде эпикалык баатырлар ар кандай мифологиялык кейипкерлердин кыздарына үйлөнүшсө, экинчи биринде талапкер баатыр кыздын өзү менен жекеме-жеке кармашып жеңип үйлөнгөн. Же кайын атасынын татаал тапшырмаларын аткарып үйлөнгөн) стадиялык өнүгүшүнүн кийинки тибине тиешелүү эпикалык башкы баатырдын куда түшүү жолу менен калың берип үйлөнүү, каада-салтынын көрүнүшү кыскача чагылдырылган. Мында Жакып менен Каракан кудалар Каныкейдин калыңын сүйлөшүп, макулдашып бир бүтүмгө келе алышпайт. «Өз калыңыңды өзүң быч», — деп Каракан Каныкейге кайрылат: «Менин калыңымды ата-энем быча албаса өзүм бычамын. Тогуздап мал жана кайберенден берсин» деген калыңдыкты коёт. Төрт түлүк малдан, кайберенден тогуздап калың төлөнөт. Демек, Манастын Каракан кызы Каныкейге үйлөнүшү кийинки салт боюнча конкреттештирилип берилген. Отуз күн той берип, кырк күнү оюн кылып, молдого никесин кыйдырып жөнөтөт. Бул болсо айрым эпикалык мотивдердин байыркы белгилери учураганы менен негизинен кыргыздардын кийинки дооорлордогу бүлөлүк салттарына байланышкан ислам динининн таасири менен шартталгандыгын көрсөтөт. Манастын жары болгондон тартып Каныкей анын жоого чыкса жолдошу, үйдө болсо кеңешчиси, элин күтүп алчу билерманы, кезегинде эр жүрөк, баатыр курбалы болуп калат. Ал сапат Көкчө миң жигит менен, Кошой алп миң жигит жана Жолой алп миң киши жол тосуп Манасты өлтүрүп, Каныкейди олжолоп алмак болгон окуядан айкын көрүнөт. Манастын жоо кийимин кийип, курал-жарагын алып, душманга каршы кирип, «алганын алып чыгат, сайганын сайып жыгат». Жолдон тоскон жоону талкалап Жакыптын айлына келиши менен Манастын Каныкейге үйлөнгөндүгү жөнүндөгү кыскача эпизоду бүтөт.

С. Алиев

МАХМУТОВА Мариям (1920, Фрунзе, Төкөлдөш айылы —1989, Фрунзе) — опера ырчысы (меццо-сопрано), Кыргыз ССРинин эл артисти (1946). Чыгармачылыгын 1938-ж. республикалык 1-олимпиадага катышуудан баштаган.



М. Махмутова — Чачыкей. («Айчүрөк» операсы, 1939)

1939-ж. Кыргыз искусствосунун Москвадагы декадасына катышкан. 1940-жылдан Кыргыз опера жана балет театрынын солисти. М. диапазону кенен, кооз тембрлүү үнү менен айырмаланат. «Айчүрөк» (1939) операсынан Чачыкейдин, «Манас» (1946) операсынан Ороңгунун партияларын жогорку чеберчиликте аткарган. М. Ленин ордени, башка ордендер жана медалдар менен сыйланган.

www.bizdin.kg

МАША Кыдыр уулу (1900, Куршаб орөонүндөгү Жалпак-Таш айылы — өлгөн жылы белгисиз) — семетейчи. Адигинеден тараган таздар уруусунан. 14 жашынан «Семетей» айта баштаган. «Семетейди» Кыдыраалы деген жомокчудан үйрөнгөн. М-дан ыр түрүндө «Семетейден» чакан эпизод жазылып алынган. Бул эпизоддо Айчүрөктүн ак куу кебин кийип учуп баатырларды сынаганы, Чачыкейге жолукканы, шумкарын качырып жиберген Семетейдин Айчүрөктү издеп чыгып, ага кошулганы баяндалат. Эпизод кара сөз менен башталат. Манастын уулу Семетей менен Акункандын кызы Айчүрөк бир маалда туулат. Экөөнүн аталары кудалашып коюшат. Манас өлүп, Семетей жетим калат. Айчүрөк бойго жеткенде Жедигердин эр Толтой Акунканга кызын мага берсин деп жуучу жиберет. Келген жуучуга Акун Манас менен кудалашып, Семетейге берем деп убада берип койгом дейт. Толтой экинчи жолу Акунканга элчи жиберип, кызын мага бербей жетимге берсе, кол курап барып элин чаап, кызын зордук менен аламын деп каарданат. Муну уккан Айчүрөк эгер Толтой аскер камдап келип ала турган болсо, анда мен баатыр издеп аккуу болуп учайын, тандаган эриме тиейин дейт. Атасы сен кеткен бойдон кайрылып келбей калсаң бизди Толтой чаап, элибизди тукум курут кылат, ошондуктан, кайрылып келериңди бышыктап убада берип кет дейт. Айчүрөк алты күндү болжойт. Алты күндөн калсам өзүң билгин дейт. Үзүндүдө Айчүрөк менен Семетейге байланыштуу айтылган салттык окуя негизинен сакталган.

К. Кырбашев

МЕДЕР — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Чүй жерин Акунбешим паашадан бошотуу үчүн уруу башчы-аксакалдары менен бирге Манастын согуштук жол башчы кеңешине катышкан дөөлөс уруусунун султаны.

МЕДЕТ — эпосто дарынын бир түрү. Жараты кабылдап кеткен ооруга колдонулганы айтылат:

Муну айтып Алмамбет
Медет деген дарыны
Береңдин башына
Беш которуп салды эле,
Себеп деген дарыны
Сээп туруп салды эле.
Дарыны мынча салган соң,
Ичинде уусун алган соң,
Көк жал Манас султандын
Ооруган жери басылды,
Умачтай көзү ачылды (Саякбай Каралаев, 2.173).

М. ууга сугарылган куралдан алган жаратты дарылоо үчүн колдонулган дары болушу да мүмкүн. М. арабча жардам, жөлөк маанилерин билдирген да сөз.

МЕДЕТБЕКОВ Асылбек (1939, Ленинполь району, Кең-Арал айылы) — сынчы, акын, философ, «Манасты» изилдөөчү. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн (1962). 1967—69-ж. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын философия жана укук таануу институтунда илимий кызматкер болуп иштеген. «Манас» эпосундагы асылдык (прекрасное) проблемасына карата» деген темада кандидаттык диссертация (1971) жактаган. 1978-ж. «Манас» эпосуна байланыштуу «*Асылдык проблемасы»* аттуу китеби жарык көргөн. «Манастын» эстетикасына арналган көптөгөн илимий макалалардын автору.

МЕДИНА, Медийна — топоним. Негизги варианттарда ыйык жерлердин бири катары эскерилет. Географиялык реалия катары М.— Сауд Арабстандагы шаар. Зыяратка келгендерди тейлейт. Байыркы убакта Якриб (Ятриб) деп аталган. Мухаммеддин М-дагы күмбөзү мусулмандардын Мекедеги Кааба ибадатканасынан кийинки зыярат кылуучу экинчи жайы.

www.bizdin.kg

МЕЙКИН ЖАНА МЕЗГИЛ — дүйнөнү кабылдап-түшүнүүнүн жана сүрөттөп туюнтуунун жалпы түшүнүктөрү, дүйнө элесинин негизги элементтери. «Манас» эпосунда болмуштун мейкин-мезгилдик мүнөздөмөлөрү ар кыл мазмунга жана түркүн мааниге ээ. М. ж. м. кадимки маанисинде да («отуз экен бир айың», «жыл маалы болуп, ай он экиге толуп»), эпикалык ой-түшүнүктөрдүн мыйзам ченемине жараша да колдонулат. М. ж. м-дин биримдиги, туташтыгы баамдалат, хронотоп мүнөздө берилет: маселен, «кылым» түшүнүгү «жүз жыл» дегенди туюнтат, бирок көбүнчө эл-жердин бир аймагын, дубанды («жети кылым эл жыйып») туюнтат (к. *Жети кылым).* Эпосто «ат чабым», «тай чабым» түшүнүктөрү да экөөнүн бүтүндүгүн, өтмө катар байланышын көрсөтөт.

Эпосто дүйнөнүн төрт тарабы — чыгыш, батыш, «күн тарап», «түн тарап» белгиленет, ошондой эле алты багыты да айтылат (байыркы Индияда да мейкинди алты мүчөгө ажыратышкан). Дүйнө үч кабатка жиктелет: Манасты жандаган алп кара куш — үстүңкү, көк бөрү — ортоңку, ажыдаар — төмөнкү катмардын өкүлдөрү. Жер демейде жети кабат мүнөздөлөт. Жердин тоголок, тегерек туруму элестелет («Жердин өзү дөңгөлөк», «Толгонуп дүйнө жүзүнө Тогуз айда жетиптир»). Бул илгерки кыргыздардын өнүп-өскөн маданияттан кабардар экенин, белгилүү астрономиялык, географиялык билим-түшүнүккө эгедер экендигин күбөлөйт. Манас дайыма «Асман менен жериңдин Тирөөсүнөн бүткөндөй» делип мүнөздөлөт. Демек, көк менен жерди туташтырып, арасын бүтүндөй ээлеп тургандай элестелет (Раввин адабиятында Адам ата да ушу түспөлдө сүрөттөлөт).

Эпосто мейкин бош, көңдөй, жай, абстракт түшүнүк эмес. Ал белгилүү ыраатка ээ, окуя, зат, буюмдардын орун абалын, жайгашышын туюнтат, көп катмарга жиктелет. Курчаган чөйрө оңго-солго, жөнгө — касиеттүүгө, демейкиге — мифологиялык түргө ажыратылат. Тоо жана түз, көк жана суу, жоо тарап жана өз тарап даана бөлүнөт. Мейкинди жиктеп-ажыратууда «орто» өзгөчө мааниге ээ болот: «Манжу кыргыз ортосу Жер очогун ойдурам» (Саякбай Каралаев, 2.9); «Кара калмак, кыргыздын Орто жерин чек кылып» (Саякбай Каралаев, 2.12) жана башкалар

Орто мейкинди эки бет гана бөлбөстөн, анын уюгун, ордосун да туюнтат. Ошондуктан, душманга «төрүңө кудук казбасам» деп кекенишет, башкача айтканда очогуңду бузам, ордоңду тартам дегени.

Аралык ар кандай туюнтулат, ошо кездеги турмуш мүнөзүнө жана дүйнө түшүнүккө ылайык ченелет. Манас Каныкейге күйөөлөп баратканда, жолдо он эки түнөп жетишет. Бул чындыкка жакын. Ошол эле учурда өзгөчө тулпар Мааникер жөнүндө кеп болгондо:

Алтымыш күндүк дайрадан
Аттап өтөр жан эле.
Токсон күндүк тоолордон
Басып өтөр мал эле (Сагымбай Орозбаков, 3.87), —

деп айтылат.

Бул, албетте, аралыктын эпикалык элеси. Эпикалык сюжет зор географиялык чөйрөдө өтөт. Анын мейкиндик мүнөздөмөсү бирде кеңип, бирде тарып, бирде кең-кесири сүрөттөлүп, бирде таптакыр эле «унут» калат. Сюжеттик мейкиндер бирде жанашып-тогошсо, бирде алардын арасында эч кандай байланыш жоктой сезилет. Окуяга жараша өзгөртүлүп айтыла берүүчү «Муну мындай таштайлы, Эми мындан баштайлы» сөз айкашы — сюжеттик мейкин-мезгилди жалгаштыруунун бир ыкмасы.

Эпосто мезгил, убакыт көп катмарлуу, ар кыл чендүү. Окуяга тээ дүйнө жаралган убактын катышы бардай, «жер жер болгондо, суу суу болгондо», — деп айтылат.

www.bizdin.kg
Убакыт зор өзгөрүштөрдү кучагына алат: «Тоо түгөнүп, уч болду, Жол түгөндү, түз болду, Суу түгөндү, чөл болду» (Сагымбай Орозбаков, 4. 63).

0. эле окуя-заттын мезгилдик чен-өлчөмү таамай тартылат. Жыл маалы, ай арасы, күн чактары ажыратылат. Окуянын убакыт-маалы «эт бышым», «ат жыгылып тургуча» «андаймындай дегиче, ачып көздү жумгуча» сыяктуу түшүнүктөр аркылуу туюнтулат. Кээде мезгил так белгиленет: «Үч ай он төрт күн болуп Уруштун камын жегени» (Сагымбай Орозбаков, 2. 129). Кээде окуянын качан болгонун, канчага созулганын аныкташ мүмкүн эмес, эпикалык сюжеттин өнүгүшүндө мезгилдин жылышына анча басым жасалбайт. Ал токтоп калгандай же эч тиешеси жоктой. Эпос башталганда эле отуз бештеги Бакай менен Кыргыл «кары», «чал» деп мүнөздөлөт. Ошо бойдон эпостун соңку бөлүктөрүнө чейин Бакайдын жаш курагында эч өзгөрүү болбойт, ал мезгил агымынан тышта тургандай. Ошол эле учурда эпостон мезгилдин социалдык, маданий, психологиялык жана башкалар өзгөчөлүктөрүн тапса болот.

Ж. Бөкөшов

МЕКЕ — топоним. Радлов жазып алган вариант боюнча Көкчөкөз Манасты атып кеткенде Канықей аны дарылайт. М-ден кан Кожо деген келип он эки күн, он эки түн болгондо Манасты айыктың деп кетет. Манас туруп караса кырк чоросу өлүп калган болот. Ошондо Манас:

Атка минип кетти дейт,
Мекеге барып жетти дейт,
Мекедеги жети эшик
Жети эшикке сиңди,
Төгөрөктүн төрт бурчун
Төрт айлана кыдырды (Радлов жазып алган вариант, 277).

Сагымбай Орозбаковдун вариантында Көкөтөйдүн керээзинде:

Медине, Меке жерине,
Беш дүркүм арап элине,
Байгамдардын оолаты,
Мазабыл кары өз аты,
Төрөсүнө барбасын,
Көкөтөй деген бай өттү
Урматын көргүн жүрү деп
Айтып кабар бербесин,
Андан өтүп келбесин (Сагымбай Орозбаков, 3. 23),

— деп айтылат.

М. аттуу мусулман дининин борбору болгон жердин аты эпоско Орто Азия чөйрөсүндө, кыргыздар мусулман дини менен жаңыдан таанышып жаткан мезгилдерде манасчылар тарабынан киргизилген.

И. Молдобаев

МЕКЕН (Ата мекен, Ата журт) жөнүндөгү түшүнүк эпосто жалпы эле кыргыз жери, Талас, Ала-Тоо аркылуу берилет. «Мекен» түшүнүгү аталардын жери, «киндик кан тамган жер» катары айтылып, элдин аң-сезиминде биротоло калыптанганга чейин көптөгөн мезгил талап кылынып, терминдин маниси да эволюциялык өнүгүүдө болгон. Байыркы түрктөрдө «аталардын жер-суусу» деген түшүнүк болуп, ата-бабалары кайсы жерде жашап, кайсы жердин суусун ичсе, алар ошол жерди ата журт катары эсептешкен. Азыр деле хакастарда «ата жер-суу» («ада чир-суу») туулган жер, М., деген маанини туюнтат. Эпосто «жер-суу» М-ди туюнткан метафора катары айтылып калган. Жер-суу жөнүндөгү маалымат байыркы түрктөрдүн рунн жазма эстеликтеринде көп учурайт. Алар Көкө Теңир, Умай эне менен катар «ыйык жерге жана сууга» («ыдык йер суб») да сыйыныша

www.bizdin.kg
тургандыктары эскерилет. Мезгил өткөн сайын туулган жерге таазим кылуу салты улам тереңдеп, улам жаңы маани менен толукталып турган.

«Мекен» түшүнүгүнүн калыптанышына ыйык даректарга сыйынуу да бир кыйла роль ойногон. Сибирдеги бардык түрк тилдүү элдердин, ошондой эле кыргыздардын фольклорунда да дарак балдарды жаратуучу, аларды асырап, багуучу, ошондой эле жашоонун символу жана уруу мүчөлөрүнүн, үй бүлөнүн аманчылыгынын, бакыбат турмушунун өбөлгөсү катары берилет. «Манас» эпосунда Канык ей менен Чыйырды Семетейди алып Букарга (Темирканга) качып баратканда Байтеректин түбүнө келип эс алып, ал берген сүттү ичип, кубаттанышат, өлүмдөн аман калышат. Ыйык дарак — бутактары жердин үстүндөгү дүйнө Теңир менен тамырлары жер астындагы дүйнө Эрлик менен байланыштырып турган «өз жер». Ал бара-бара «Ата мекен» деген түшүнүктүн өнүгүп, белгилүү бир тарыхый географиялык аймакты туюнткан мааниге жетишине негиз болгон кичинекей нокот, адамдын кичи ааламы болуп саналат.

«Мекен» деген түшүнүк эпосто элдин жашаган турагы, айылы, уруктардын, уруулардын көчүп-конуп жүргөн жерлери менен байланышкан. Мезгилдин агымы менен М-дин мейкиндик туюнтулушу да улам кеңейип, конкреттүү боло баштаган. М. эми улус, аймак гана эмес, «Манас» эпосунда белгилегендей ал бардык кыргыздар жашап жаткан белгилүү географиялык мейкиндиктеги белгилүү жер. Тагыраак айтканда, бул туулган жерден аргасыз алыста жүрүп, акырында Манастын жол башчылыгы астында кыргыздардын кайрылып келген жери — Талас, Ала-Тоо:

Азган, тозгон кайран эл,
Чогулушуп калды эми.
Медер кылып Манасты,
Мекен кылды Таласты» (Саякбай Каралаев, 1. 183)
Башынан кары кетпеген,
Ала-Тоо биздин жерибиз,
Жайы, кышы эт жеген,
Кызырдуу кыргыз элибиз (Саякбай Каралаев, 1. 180).

Эпосто кыргыздардын Ала-Тоо аймагын биротоло мекендеп, орун-очок алып калгандыгы таасын, көтөрүңкү маанайда, эмоциялуу чагылдырылган. Мында М. түшүнүгү жаңыланган түрүндө социалдык мазмунда берилген.

О. Исмаилов

МЕЛЕТИНСКИЙ Елиазар Моисеевич (1918, Харьков) — орус совет адабиятчысы, фольклорчусу. Москвадагы философия, адабият жана тарых институтун бүтүргөн (1940). «Происхождение героического эпоса. Ранние формы и архаические памятники» деген темада докторлук диссертация коргогон. Дүйнө элдеринин мифологиясы, жомокторун жана баатырдык эпосторун тарыхый салыштырма усулда изилдеген. Эмгектеринде түрк элдеринин эпостору, анын ичинде «Манас» да кеңири талдоого алынган. М. «Манаста» чагылдырылган окуялардын тарыхый негизин кыргыздар менен кара кытайлардын (кидандардын) ортосундагы кагылышуу түзөт деген бүтүмдү советтик фольклористикада алгач ирет айткандардын бири. «Манастын» жанрдык стадиалдык өзгөчөлүлүгү, түрк-моңгол эпикалык чыгармачылыгындагы тарыхый орду «Киргизский эпос о Манасе» (История всемирной литературы, т. 3. М., 1985) аттуу эмгегинде да каралган.

МЕҢДИБАЙ — эпизоддук кейипкер, *Акымбектин* уулу. Жакыптын качып кеткен аты Туучунакты издеп жүрүп, кырк чилтенге жолугуп, ал жөнүндө Жакыпка айтып берет. Кийин Жакып менен бирге Манаска колукту издешет. Көзкамандар

www.bizdin.kg
Манаска уу берерин туюп калган М. сак болуусун эскертет (Сагымбай Орозбаков, 1.1,18,23; Сагымбай Орозбаков, 2.372,349,440).

МЕҢДИГУЛ — эпизоддук кейипкер. Казак каны Айдаркандын коңшусу. Алмамбет Кытайдан качып келгенде М-дун үйүндө жашап калат (Сагымбай Орозбаков,2. 236).

МЕРКЕШ — эпизоддук кейипкер. Акунбешим пааша жеңилгенде качкан калмактардын башчысы Мерки, Шамың шаа Олуя-Атага келишип, М., дабагы болуп биригишет да, жергиликтүү кыргыздарды кырмак болуп, бүтүм чыгарышат. Бул элге билинип калып эл үркөт. М. жана калмак баатырлары кол курай башташат (Сагымбай Орозбаков, 2.145).

МЕРКИ — эпизоддук кейипкер, калмак жайсаңы. Акунбешим пааша жеңилгенден кийин калмактар туш-тушка качат. Качкан колдун арасында М. жайсаң да болот. Алар Олуя-Атага барышып Меркеш, Шамың шаа, Дабагы болуп биригишип жергиликтүү элди тукум курут кылуу жөнүндө бүтүм чыгарышат. Бул элге билинип калып эл үркөт. М. жана калмак УРУУ башчы баатырлары кол курай башташат (Сагымбай Орозбаков, 2. 49, 145).

МЕРКИ, Мерке, Бирки — топоним. Кыргыздар жана ага жамаатташ элдер мекендеген жерлердин бири катары эпостун бир катар эпизоддорунда эскерилет. «Кандардын Манаска барып жолугушканы» окуясында «Кумулдан берки кол менен, Куюндуу Мерки кол менен» (Сагымбай Орозбаков, 4.49), — деп Таздын уулу Үрбү М. аркылуу келип Манаска жолукканы айтылат. Географиялык реалияда Казакстандагы Мерке шаары жайгашкан чөлкөм. Ал шаар 9—10-кылымдагы араб авторлорунун эмгектеринде эскерилет. Анын калдыгы (чалдыбары) Мерке темир жол станциясынан 14 *км* түштүк тарапта сакталган.

МЕТАФОРА (грекче metaphora — ооштуруу, орун алмаштыруу) — троптун нерселерди, кубулуш тарды башка окшош нерсеге, кубулушка өтмө мааниде салыштырып, көрсөтүүчү түрү. Салыштырууга окшоп кетет (к. *Салыштыруу).* М-да салыштырылган нерсенин экинчи нерсеге өткөн белгиси, касиети гана калат. М. речтин экспрессиялуулугун арттырып, мазмундун терең ачылышына, чыгарманын көркөмдүгүн арттырууга жардам берет.

М. карапайым лексикадан өзгөчөлөнүп, айырмаланып, эки жактуу материалдык жана эстетикалык мазмунду камтыган семантикалык-стилистикалык көрүнүш. Мисалы, «Арстандар чогулуп, Акыл сөздөн куруптур» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 585-инв., 173-б.).

«Арстандар» биринчиден, кандайдыр бир адамдын тобун туюнтту. Бул материалдык жагы. Экинчиден, ал баатыр, кайраттуу адамдар экенин билдирип турат. Бул эстетикалык жагы. Ар бир элдин оозеки чыгармалары ошол элдин тарыхынын жашоо чөйрөсүнүн көркөм формада берилиши экенин эске алсак «Манас» эпосундагы М-лар белгилүү даражада эпос жаралган жана басып өткөн коом турмушун, саясий-социалдык абалын, элдин дүйнөгө болгон көз карашын, үрп-адатын, өнөр-кесибин да чагылдырып турат. Эпостогу (заттык маанидеги) М-ларды төмөнкүдөй лексикалык топторго бөлүштүрүүгө болот. 1) адам баласына байланыштуу М-лар; эпосто көп учурап, адам турмушунда улам кийин пайда болгон түшүнүктөрдү, көрүнүш төрдү билдирүүгө, аны образдуу, элестүү чагылдырууда эпосто активдүү колдонулат. Мисалы, «баш» адамдын эң негизги органы, бул сөз эпосто «жетекчи», «бийлик ээси» деген маанини туюндуруу үчүн пайдаланылат: «Айыл башын өлтүрүп, Айдап жылкы алууну» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571-инв., 140-б.). «Мал» деген сөз менен байланышта келип, анын ээси дегенди билдирет: «Башы жок мал курусун Баштатан маза кылды деп» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571-инв., 120-б.). «Көз» эпосто «кылым» (күн маанисинде), «ай» сөздөрү менен байланышта келип, алардын түрдүү абалдарын билдирет: «Кылымдын көзү жаш

www.bizdin.kg
болуп, Кыраанын Манас мас болуп» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 585-инв., 233-б.). «Бел» — күч, таяныч, кайрат маанилеринде колдонулат. «Беттешкен жоого белдүүдөн» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 584-инв., 25-б.). «Кол» — аскер маанисин билдирет: «Чынжырга салган жол менен Камбардын уулу Айдаркан Как алты жүз кол менен» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571-инв., 160-б.) жана башкалар. Эпосто «жүрөк», «тил», «боор», «киндик» жана башкалар мүчөнүн бөлүктөрү да ар түрдүүчө М-ланат.

Эпосто ошондой эле жаныбарлар дүйнөсүнө байланыштуу М-лар өтө кеңири жолугат. Эпосто мал чарбачылыгына байланыштуу М-дын негизгилери «кулун», «бото», «туяк», «бала», «перзент» мурасчы дегенди, теке — эркекке карата жек көрүү маанисинде, атан — күч, чоң жана башкалар маанилеринде колдонулат. Жапайы айбанаттарга байланыштуу М-лардын ичинен эпосто арстан, жолборс, шер, көк жал, кабылан, бөрү, ажыдаар деген сыяктуу жырткыч айбандарды туюнткан сөздөр каармандардын баатырдыгын, эр жүрөктүгүн, кайраттуулугун билгизүү үчүн кызмат кылат. Мисалы, Манас баатыр жөнүндө:

Көк жалдыгы эп экен,
Тоо жердеген бурутка
Тоодою Манас чеп экен,
Келберсиген эр экен,
Ушу турган бурутка
Бир жаралган шер экен (Саякбай Каралаев, 2. 35).

«Чочко», «ит» каармандардын адамкерчиликсиз экендигин, ага болгон жек көрүү сезимин көрсөтөт. Кошойдун Жолой жөнүндөгү кебинде:

Күчтүүсүнгөн ит менен
Күрпөңдөшө кеткенде,
Каарданган ал чочко
Кармаса шымым бөлүнөт (Саякбай Каралаев, 2. 41).

Эпосто куштардын аталышына байланыштуу М-лардын ичинен «туйгун», «кыраан» — жоого ыктуу, эр жүрөк, элдик баатыр дегенди туюнтат. «Асылым туйгун жалгызга» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 31.). Демек, жаныбарлар М-сы да кыргыз тилинде адамга тиешелүү белгилүү бир касиеттин символу катары кеңири колдонулган М-лардын эң эски түрлөрүнүн бири. Эпостогу М-лардын дагы бир түрү географиялык М-лар, жер-сууга, кен байлыктарга, өсүмдүктөргө байланышкан. «Манас» эпосунда «суу», «дарыя», «көл» сөздөрү өздөрүнүн негизги касиеттери боюнча, башкача айтканда эпикалык оң каармандарга карата суудай таза, дайрадай чалкар, көлдөй терең, токтоо, акылман, маанилерде М-лаштырылат. Эпосто алтын, күмүш, жез, чоюн, темир, болот, коло сыяктуу металлдар да М. катары кездешет. Эпостун тилиндеги фактылардан улам не бир сонун курал-жарактарды, ат жабдыктарын, түрдүү буюмдарды жасоодо колдонулган металлдардын жөн-жайын, касиет-сапаттарын терең өздөштүргөнү, алардын ар кандай көрүнүштөргө нерселерге карата ыктуу баалап келгени байкалат. Мисалы, «алтын» адамдагы эң мыкты сапаттарды билдирүү үчүн колдонулат. Адамдын тегине карата: «Тамыры алтын бай терек» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 579-инв., 485-б.). Иштүү аял жөнүндө: «Сөөмөйү алтын уз экен» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 583-инв., 162-б.). Ал эми «темир» бекем, бышык деген мааниде М-ланса, «болот» — курчтуктун символу. «Жез» — жеңил болгондуктан көбүнчө мыкты күлүк аттардын айрым мүчөлөрүнө карата айтылат: «Калбыр өпкө жез канат, камыш кулак жез билек» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 583-инв., 141-б.).

Эпосто ошондой эле өсүмдүктөрдүн атына байланыштуу М-лар да көп жолугат. Мисалы, чынар, терек, байтерек адамдын акылынын, күч-кубатынын толуп

www.bizdin.kg
турган мезгилин көрсөтүүгө кызмат кылса, чырпык кырчын тал жаш адам, өспүрүм маанисинде кезигет.
Эпостогу сын атоочтук М-ларда жансыз нерселердеги сапаттык белгилер жандууларга көбүрөөк ыйгарылган. Мисалы, түз маанисинде сууга колдонулуучу, терең, тунук деген түшүнүк М-ланганда адамга карата акылдуу, баамчыл маанилеринде колдонулган: «Ою терең карылар (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 585-инв., 165-б.); «Көкүрөк тунук чечени» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571инв., 37-б.).
Оң-түстү билдирүүчү сын атооч М-лар колдонулушу боюнча М-нын башка түрүнөн кескин айырмачылык алардын өтмө маанилери туруктуу болуп, символдук мүнөзгө ээ экендигинде. Мисалы, «кара» эпосто муң-зардын, кайгынын, айрылуунун символу катары колдонулат: Катынды кара кылбайлы (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 579-инв., 108-б.); Башыма түшүп кара түн (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 579-инв., 675-б.). Мындан сырткары «каранын» эпосто омонимдик варианттары да учурайт. Жалгыз, жеке маанисинде: кара жамынса курман (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 579-инв., 125-б.). Кара башым калкалап (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571-инв.). Бала маанисинде: Кутула албай жүрсүңбү, көргөн жалгыз караңдан (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571-инв., 117-б.). Карапайым, жөнөкөй маанисинде: Кара түгүл кан кирбес (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 585-инв., 261-б.); Карасын тамам кыралык (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 584-инв., 19-б.). «Ак» сөзү эпосто М. катары да учураганы менен түрдүү мааниде кеңири колдонулат. «Ала» сөзү ынтымаксыз, ыркы келишпеген деген маанини туюнткан М. катары кездешет. Көзкамандын жети уулу, Ала болбой көк болуп (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 579-инв., 578-б.).
Этиш сөздүн М-ланышы бир категориядагы кыймыл-аракеттин экинчи бир категориядагы кыймыл-аракет аркылуу берилиши менен шартталат. Адамга тиешелүү кыймыл-аракет жаратылыштын көрүнүштөрүнө, нерселердин тигил же бул абалын сүрөттөө үчүн колдонулат. Күүгүм жетти, күн кетти (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 583-инв., 426-б.); Көкөтөйдүн ашында камчы ойноду башына (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 584-инв., 113-б.). Ошондой эле жансыз нерселердин ар кыл абалдары адамдын кыймыл-аракеттерин, кандайдыр бир абалын көрсөтүү үчүн да колдонулат. Казак, кыргыз кара журт Сапырылып калыптыр (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571-инв., 142-б.); Кырда мал багып, кылган ишибиз агып (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 584-инв., 7-б.).
Ал эми айбанатка тиешелүү кыймыл-аракет адамга, адамга тиешелүү кыймыл-аракет айбанатка карата колдонулган М-лар да арбын учурайт: Түрмөктүү булбул сүйлөгөн (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 584-инв., 456-б.). М.—өтмө жана түз маанилердин ассоциациялык байланышынан турган тилдик кубулуш. Мындай байланыштар бир эле сөздүн чегинде эмес, көп сөздөрдүн чегинде болушу мүмкүн. Ошондуктан, бир эле маани ассоциациялык байланыштагы бир нечелеген сөз аркылуу берилиши мүмкүн. Мисалы, эпосто «өл» (өлүү) түрдүү сөздөр жана сөз тизмектери аркылуу туюндурулат: жутуу, жалмоо; топурак болуу; кара ташты жазданuу; дүйнө жөнөө, о дүйнө кетүү; көмүлүү, тынуу; өчүп калуу; эңкейип кетүү; түз болуу; тамырын кыркуу; канын ичүү; канын төгүү жана башкалар.
Эпосто колдонулган кан кечүү, тили байлануу, башына эмгек түшүү, пейил таруу, кеп уруу, санаасы бузулуу, баш булгоо, шору кайноо, тил кармоо деген сыяктуу көптөгөн сөз байланыштары өтмө маанисин шарттуу түрдө чечмелегени менен алар составдык жана маанилик жактан эбак калыптанып, М-лык маанисинин изи

www.bizdin.kg
анча байкалбай, лексиканын жай түрү катары кабылданып, фразеологиялык сөз тизмегине айланып калган. Жалпысынан алганда көркөм сөз каражаты катары М-лар эпосто өтө арбын кезигет жана чыгарманын көркөмдүгүн арттырууга өз үлүшүн кошуп турат.

А. Сапарбаев

МЕТОНИМИЯ (грекче metonymia — башкача атоо, өзгөртүп айтуу) — троптун бир түрү, реалдуу түшүнүктүн же байланыштын негизинде бир сөздүн башка бир сөз менен өзгөрүп айтылышы.

Көркөм чыгармадагы сүрөттөлгөн окуянын, түшүнүктүн аты башка бир предметтин, түшүнүктүн аты менен аталып, ал түшүнүк же сөз өтмө мааниге ээ болот. Мисалы, «Ал бадирек канкордун Айлы бизден арбынбы?!» Мындагы «бадирек» — Манасты туюндурса, «айлы» — колу, аскери, эли маанисинде колдонулган. М-да кубулуш башка бир сөз же түшүнүк аркылуу да берилет. «Манас» эпосунда душмандын көрсөткөн запкысына чыдабай эл, жеринен айрылган Ногойдун балдары туш тарапка айдалып, Жакып Алтайга барат. Жашы келип калса да Жакып бала көрбөйт.

Жез түркүктүү чатырга,
Каяша берген адам жок
Бу кара калмак баатырга.
Долоно саптуу айбалта
Муну толгонтуп ийбей ким аштайт,
Бу тосуп жүргөн көп журтту
Томсортпой муну ким баштайт?!
Кара жаак айбалта
Муну кайкалатпай ким аштайт,
Камоодо жүргөн калың журт
Муну капа кылбай ким баштайт?! (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 536-инв., 74-б.). Кары адамдын бала жөнүндөгү тилеги аркылуу элди баштоочу, жерди коргоп, душмандардан бошотуп берүүчү баатырды тилөөдө каймана жолу менен түшүндүрүп жатат. М-да түшүнүк жөнүндө экинчи маанидеги же катардагы нерселердин жардамы менен берилет да чыгарманын поэтикалык көркөмдүгүн күчөтөт. Ал «Манас» эпосунда Манастын дүйнөгө келиши, келечек баатыр бала жөнүндө манасчылар алдын ала Жакыптын түшүнө топтоштурушат да Манаска таандык белгилерди:

Түндө жатып түш көрсөм
Ала-Тоо башын жайладым,
Мен, бир бала барчын бүркүт кармадым.
Салбурун чыксам салууга
Канаттын күүсү угулду,
Каарына карап тура албай
Муну качырган жандар жыгылды (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 536-инв., 105—106-б.), — деп түш аркылуу берет. Мындай көрүнүш бир гана вариантта болбостон бардык варианттарга мүнөздүү. Манасты түздөн-түз айтпаса да анын каармандык кайратын көрсөткөн жакын нерселерге ылайыкташтырып жакындаштыруу аркылуу сүрөттөйт:

Алиги жеген ак алма
Курсагыма толуптур.
Артымдан чыкты ышкырып,
Ажыдаар болуптур.
Ачууланып оп тартса
Ай-ааламды соруптур (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571инв., 9-б.).

www.bizdin.kg
Негизги варианттарда Чыйырды — ажыдаар, Жакып — акшумкар, Бакдөөлөт — туйгун жана эки куш көрөт. Мунун баары каймана түрүндө баатыр боло турган баланын элесинен кабар берип жатат.

Манасчылар негизги каармандардын психологиялык абалын берүүдө алардын өзүнө таандык курал-жарактары, буюм-теримдери аркылуу сезим кубулушун берет:

Алыска сапар мингендей,
Аккула жаман жарыптыр.
Жүк үстүндө Аккүбө
Кылыч тийип кыркылып,
Кыйла жерге ок тийип,
Кырк үч жери жыртылып,
Кынынан чыгып алыптыр,
Учунан кызыл кан агып,
Жерге таамп калыптыр
Окчонтойдо миң огу,
Араң калып бир огу.
Кутусу куурап дары жок,
Шалдайып Манас бул ишине

Шайманынын бары жок (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 586 инв., 635—636-б.). «Манас» эпосунан троптун түрү болгон М. жөнүндө «Семетей», «Сейтек» эпосторунан да көптөгөн мисалдарды алууга болот. *К. Кырбашев*

МЕХМЕТ ИСА АРАЛ Мамат Иса (1950, Ооганстан, Баглан ш.) — түркиялык манас изилдөөчү, кыргыз. Түркиянын Конийа шаарынан гимназияны бүтүрүп, журналисттик ишке багыт алган. 1979-жылдан Германиянын Мүнхен шаарында «Азаттык» үналгысында иштейт М. И. А. түрк тилинде чыгуучу гезит, журналдарга «Манас» эпосу, анын жарыяланышы жана башкалар маселелердин айланасында жүргөн талаш-тартыштар тууралуу жазылган көп макалалардын автору А. и. «Түрк күлтүрү» («Түрк маданияты») журналына жарыяланган «Советтер Бирлигинде «Манас» дастанынын 1000 жылдыгын майрамдоо маселеси тууралуу», «Октябрь революциясынан кийин Советтер Бирлигинде «Манас» дастанына каршы айтылган ойлор» деген омоктуу ойлорду камтыган макалалары бар. «Советтер Бирлигинде «Манас» дастанынын 1000 жылдыгын майрамдоо маселеси тууралуу» аттуу макаласы кыргыз тилине которулуп басылган. («Кыргыз маданияты», 1990, 3-май). М. И. А-дын «Манас» эпосуна арналган макалалары «Азаттык» үн алгысы аркылуу кыргыз тилинде берилип турат.

МИҢБАЙ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү *Акчабактын* атасы экендиги гана айтылат.

МИҢ БАШЫ — аскердик титул; миң адамдан түзүлгөн аскер бөлүгүн башкарган киши. М. б-га он башы, элүү башы, жүз башылар баш иет. Алмамбетке аскерди башкаруу милдети тапшырылганда ал он башы, элүү башы, М. б. шайлагандыгы айтылат. «Миңин санап алганы, Миң кишиге бир киши Миң башы коюп салганы (Сагымбай Орозбаков, 4.125); «Элүү башы, жүз башы, Миң башыны көргөндө» (Саякбай Каралаев, 1.84) деген саптар аскердик тартипти чыңдоодо М. б-нын ролу зор экенин айгинелейт.

МИҢ-БУГУ — топоним. Манас Алоокеге каршы аттанаардын алдында салбырында жүргөндө Арпа жайлоосу тараптагы бугусу өтө көп жер. Эпос боюнча ошол жер ошондон бери М.-Б. аталып калыптыр.

МИҢЖЫЛКЫЕВ Болот Абдуллаевич (1940, Фрунзе) — опера ырчысы, профессор. СССР эл артисти (1977). СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы, Ленин комсомолу атындагы сыйлык лауреаты,

www.bizdin.kg
1991-жылдан, Санкт-Петербургдагы Мария театрында солист. 1966-ж. Ташкен мамлекеттик консерваториясын бүтүргөндөн кийин Кыргыз опера жана балет театрында 1968-ж. Миландагы (Италия) Ла-Скала театрынын устаттары Барра жана Мерлиниден таалим алган. 1971-ж. Тулузада (Франция), 1973-ж. Софияда (Болгария) өткөн вокалисттердин эл аралык конкурстарында баш байгени жана биринчи орунду жеңип алган. 1975-ж. СССРдин Чоң театрынын группасына кошулуп, АКШга гастролго барган. «Манас» операсынан Коңурбайдын, «Айчүрөк» операсынан Семетейдин партиясын аткарган. Айрыкча, 1986-ж. кайра коюлган «Айчүрөк» операсында Семетейдин образын ары келбеттүү, ары кайраттуу, ары ойчул кылып таасын ачып берүүгө жетишти.



Бул ролду аткарууда анын үнүнөн кайраттуулуктун, баатырдыктын белгиси менен катар элине, жерине, Айчүрөктөй селкисине болгон назик сезимдин, жылуулуктун илеби сезилип турат. Ырчы кыргыз театрынын сахнасында 20дан ашык көрүнүктүү партияларды аткарган, ошондой эле устат окутуучу катары Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтунда жаш ырчыларды тарбиялаган.

Т. Саламатов

МИРБАДАЛЕВА Адельма Сабировна (1932, Москва) — түрк тилдүү элдердин фольклорун изилдөөчү. Ломоносов атындагы МГУнун чыгыш бөлүмүн бүтүргөн (1956). Филология илимдеринин кандидаты (1961). 1961-жылдан Горький атындагы дүйнөлүк адабият институтунда жетектөөчү редактор. Түрк тилдүү элдердин фольклорун изилдөөгө арналган көптөгөн илимий эмгектердин автору. М. «СССР элдеринин эпостору» сериясында түрк тилдүү элдердин эпикалык эстеликтерди басууга даярдоодо орчундуу салым кошкон жана анын редколлегиясынын мүчөсү болгон. Ал Москвадагы «Наука» басмасынан ушул сериядан «Манас» эпосунун эки (кыргыз жана орус) тилде даярдалган төрт томдугун жарыкка чыгаруу боюнча чоң жумуштун катышуучусу. М. 1984— 90-ж. жарыкка чыккан эпостун үч томунун котормочуларынын, сөздүктөрүнүн, комментарийлеринин авторлорунун бири жана жооптуу редактору. Бул томдордо биринчи жолу Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча эпостун илимий котормосу жүзөгө ашырылган (Манастын төрөлгөнүнөн баштап өлгөнүнө чейин). Китептерде тарыхый, этнографиялык, географиялык, фольклордук мүнөздөгү кеңири илимий комментарийлерге орун берилген. Комментарийлерде китептин негизги тексттерине кирбей калган сюжеттер айтылып, анын натыйжасында бул ири варианттын сюжети толугураак камтууга жетишилген. Ошондой эле «Манас» эпосунун Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын Кол жазма фондусунда сакталып турган бардык варианттарына баяндама берилген.

Томдордо биринчи жолу бул улуу эстеликтин ар түрдүү варианттарынын сюжеттеринин тизмеси берилип, Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала

www.bizdin.kg
уулунун варианттарына салыштырма баяндама жасалган. Бул иштердин баарына М. түздөн-түз катышкан.

А. Абилов

МИРТЕМИР (толук аты-жөнү Миртемир Умарбекович Турсунов; 1910, Икан айылы, азыркы Түркстан району, Чымкен облусунун, Казак ССРи — 1978, Ташкен) — өзбек совет акыны, котормочу. Өзбек ССР эл акыны (1971). 1968жылдан КПСС мүчөсү. 1932-ж. Самаркан педагогика академиясын бүтүргөн. Чыгармачылыгы 1962-жылдан башталган. Китептеринде мекен, достук, инсандык идеялар берилген. Ал көптөгөн чет элдик, СССР элдеринин адабияттарын өзбек тилине которгон. Анын котормолорунун ичинде кыргыз элинин «Манас» эпосу да бар. «Манас» эпосунун курама вариантынын 1-китеби (1964), 2-китеби (1973) М-дин котормосунда айрым окуялар кыскартылып, кара сөз түрүндө берилген. М. бир нече орден жана медалдар менен сыйланган.

МИФ (байыркы гректердин уламыш, болумуш деген сөзүнөн) — табиятта кездешпеген жана ойдон чыгарылган сырдуу, табышмактуу жандыктар, укмуштуу көрүнүштөр, кубулуштар, окуялар жөнүндөгү уламыштар, жомоктор. Айлана-чөйрөдөгү дүйнө жөнүндө адамдардын эң жөнөкөй фантастикалык көз караштары чагылдырылган элдик оозеки чыгармачылыгынын өзгөчө түрү болуп эсептелет. Мифтик окуялар бардык дүйнө элдеринин оозеки чыгармачылыгында кеңири кездешет. «Манас» эпосунда табияттагы ар кыл өзгөрүүлөргө, кубулуштарга, адамдарга, жаныбарлар дүйнөсүнө байланыштуу көптөгөн мифтик окуялар кезигет. Ошондой мифтерде негизги каармандардын бири Алмамбет баатыр дуба окуу менен күндү жайлап жамгыр, кар жаадырат. Мындан тышкары ар түрдүү сыйкыр жолдору менен өсүмдүктөрдү, карагай-черди ж. б-ды жаныбарларга жана адамдарга айландырышкан, алар ошондой эле бир жаныбардын кейпинен экинчи бир жаныбардын кейпине же бир табият кубулушунан экинчи бир табият кубулушуна өтө турган касиеттерге ээ. Мисалы, ажыдаар, арстан, булут, караңгы түн, от жана башкалар аярлар жөнүндө эпизоддор берилет. Эпостогу чыныгы турмушта болбогон мифтик элдердин бири болгон аялдары адам кейпинде, ал эми эркектери ит кейпинде же денелери адамдардыкындай, баштары ит түспөл итаалылар: «Эргежээли, итаалы Катыны адам, эркеги ит, Кабарын уктум мен аны» (Сагымбай Орозбаков, 2.14), — деп сүрөттөлөт. Дагы бир мифтик элдер жөнүндө:

Жетимурук журту бар,
Желмогуздай ушулар:
Бир кулагы жамынчы,
Жоо дегенде камынчу,
Бир кулагы төшөнчү
Айбаты бар ошончо
Маңдайда бар көздөрү
Басып жүргөн айбандай
Макоодон жаман өздөрү
Байкап адам түшүнгүс
Балдыраган сөздөрү,
Адам десең айбандай
Ар бирөөнүн мүйүзү
Найзадан мурун сайгандай (Сагымбай Орозбаков, 3.12), — деп баяндалат.

Адамзаттан өзгөчөлөнгөн мифтик жандыктар жин, перилер, Айчүрөктүн периден туулушу, анын ак куу кебин кийип учушу жана башкалар сыяктуу эпизоддор аркылуу берилет. Байыркы бардык элдердин мифтик чыгармаларында кездешүүчү жалгыз көздүү, мүйүздүү жана башкалар өзгөчөлүктөрү бар дөөлөр да

www.bizdin.kg
эпосто өтө көп кездешет. «Манас» эпосундагы негизги каармандар дал ушундай дөөлөр менен беттешип, согушат. Макел, Мадыкан, Карадөө, Сарыбай жана башкалар ушундай сыяктуу дөөлөр эпостогу окуяларга мифтик каармандар катары катышат. Ушундай мифтик жандыктардын жашаган жерлери да укмуштуу, сырдуу жерлер катары сүрөттөлөт. Эпосто дагы бир кеңири кездешүүчү мифтик сюжет аян берүү болуп саналат. Мында келечекте боло турган окуя адамдын түшүндө же өңүндө кандайдыр бир белгисиз сыр, күч аркылуу ошол адамга берилет же эскерилет. Манас баатырдын төрөлүшү анын энеси Чыйырдынын, Бакдөөлөттүн, атасы Жакыптын түштөрүнө кирет, ошондой эле Алмамбет баатырдын келишин Манас Алмамбет келгенге чейин эле түш көрүп билет. Мифтик аян берүү адамдардын түшүндө гана эмес, өңүндө баатыр бала төрөлгөндө колуна кан уучтап түшүшү, баатыр төрөлөрүндө энесинин жолборстун жүрөгүнө талгак болушу жана башкалар ушундай сыяктуу да берилет. Эпосто диний мифтик окуялар да бар. Аларга Манасты бала кезинен бери колдоп жүрүүчүлөр катары кырк чилтен жөнүндөгү эпизоддор кирет. Манас бала кезинде козу кайтарып жүрсө, бир козусун карышкыр көтөрө качат. Карышкырды кууп отуруп, Манас бир жерге келсе ал жерде кырк киши (кырк чилтен) отурат. Манас алардан козу көтөргөн бөрү көрдүңөрбү десе, алар «бөрү болгон биз деди, бөлөкчө жансыз сиз деди» (Сагымбай Орозбаков, 1.95), — деп Манасты колдоп жүргөндүгүн айтышат. Ушундай мифтерге жаш балдардын колдоочусу Умай эне жөнүндөгү аңыз, Манастын согушка киргенде жанында колдоп жүрүүчүлөрү чолок куйрук кабылан, арстан, алп кара куш жана башкалар кирет. Эпостогу мындай колдоочулар адамдарда, баатырларда гана болбостон, айбандардын (жаныбарлар) колдоочулары (Манас баатырдын «желмаян» деген төөсүн төөлөрдүн пири — Ойсул-Ата колдогон) болгон. Эпостогу чарбачылыкка байланыштуу мифтерге жер иштетүүнү, түшүмдүн мол болушун камсыз кылган каарман Баба-Дыйкандын, кол өнөрчүлүк боюнча укмуштуу куралжарак жасоочу Бөлөкбай устанын окуялары кирет. Бөлөкбай уста жасаган Манастын согушка колдонуучу курал-жарактары — сырнайза, булдурсун жана башкалар-дын ар бири өзүнчө мифтик касиеттерге ээ. Мындан тышкары «Манас» эпосунда жаныбарлар дүйнөсү менен байланышкан көптөгөн мифтер бар. Ушундай мифтик жаныбарлардыи бирине Алп кара куш кирет. Эпосто кездешүүчү бул куш отө зор болуп, баатырларга кыйынчылык келгенде колдойт. Алп кара куш жалаң гана «Манас» эпосунда эмес кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы өтө кеңири кездеше турган мифтик куш. Эпосто бул куш Манастын айбатын, күчүн көрсөтүү максатында көбүрөк колдонулат. Кээде бир эпизод бир гана мифтик жаныбар эмес, бир нече мифтик жаныбарларды сүрөттөп өткөн учурлар да кездешет:

Кылыч куйрук баяс бар,
Кызыл аюу, саяс бар,
Маймыл дарек деген бар,
Жабыр баян бир жандар
Пил, керикти жеген бар (Сагымбай Орозбаков, 2.133).

Мындан тышкары эпостогу каармандардын минип жүргөн аттары, үй жаныбарлары да мифтик касиетке ээ. Манастын ити Кумайыктын табылышы, мифтик окуялар менен тыгыз байланышат. Адатта, Кумайыкты жорунун жумурткасынан чыгат деп, аны иттин төрөсү дешет. Манастын Кумайыгы жолборс, кабыландарга чейин кол салат. Мына ушундай эле касиеттерге Манастын Ак шумкары, Чынкожонун учуп жүрүүчү аты, Кыяздын адамча сүйлөй турган аты да ээ. Мифтик жаныбарлардын катарына Коңурбайдын кароолго койгон куу өрдөгү, куу кулжасы, куу түлкүсү кирет. Алар кароолдо турушуп, өздөрү көргөн окуяларды адамча айтып бере алышат. Ушулар сыяктуу ар түрдүү

www.bizdin.kg
мифтер эпосто арбын кездешип, алар эпостун негизги окуялары менен камыр-жумур жуурулушуп, эпостун көркөмдүк деңгээлин ого бетер күчөтүшөт.

Р. Жолдошев

МИФОЛОГИЯ (байыркы грекче «миф» уламыш, болумуш жана «логос» — сөз, аңгеме, илим) — мифтерди чогултуп жана аларды изилдөөчү илим. Алгачкы коомдогу адамдардын өздөрүн курчап турган дүйнөгө болгон эң жөнөкөй фантастикалуу түшүнүктөрү: М. бардык элдердин өнүгүүсүнүн эң алгачкы мезгилдеринде пайда болгон. Өндүргүч күчтөрүнүн эң төмөнкү деңгээлинде адамдар жаратылыштын ар түрдүү табигый күчтөрүнүн алдында алсыз болушкан, ошондуктан алгачкы адамдар табияттагы ар кандай түшүнүксүз көрүнүш, кубулуштарды эң жөнөкөй формада түшүндүрүүгө аракет кылышкан. М. ар түрдүү диний окуялардын элементтеринин бири. Илимдин өнүгүшү менен табияттагы ар кандай кубулуштардын чыныгы пайда болуу себептерин адам баласы түшүнө баштайт, ошону менен М-нын жаралышын токтотууга алып келет. М. таза ойдон чыгарылган жомоктордон, ар кандай деңгээлде реалдуу чындык катары кабыл алынгандыгы менен (маданияты артта калган кээ бир элдерде азыр да чындык катары кабыл алышат) айырмаланат. М. эң байыркы дүйнөдө жаралат. Анын негизги материалы болуп реалдуу чындыктын адамдардын аң-сезиминде фантастикалык чагылышы, табият кубулуштары, коомдук мамилелери жана башкалар ушундай сыяктуу М-нын чыгышына адамдардын эң алгачкы диндик түшүнүктөрү: фетишизм, анимизм, тотемизм, магия жана башкалар чоң таасирин тийгизген. Мифтик сюжеттер өтө ар кыл. Адамдар ар кыл табият кубулуштарын түшүндүрүүгө дүйнөнүн жаралышы, күн, жылдыз, ай, адам, деңиз, суу, арал, жаныбар, өсүмдүк, жаратылыштагы кырсыктар жана башкалар жөнүндө көп сандаган мифтерди чыгарышкан. Кээ бир мифологиялык мотивдер элдердин жашоосунда болуп өткөн тарыхый окуяларга да байланыштуу. Көп сандаган дүйнө элдеринин бири катары ар түрдүү мифологиялык чыгармалар кыргыз элинде да бар. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында, анын ичинде «Манас» эпосунда да мифтик окуялар, түшүнүктөр кеңири чагылдырылат. Эпостогу М-лык сюжеттер өтө ар түрдүү жана көп кырдуу. Кыргыз мифологиясы негизинен үч топко бөлүнөт: биринчиси дүйнөнүн, ааламдын жаралышы, анын абалынын ар түрдүүлүгү жана андагы ар кыл өзгөрүүлөр, экинчиси жаныбарлар дүйнөсүнүн келип чыгышы, үчүнчүсү жаратылыш объектилери менен жаныбарлардын колдоосу (ээси) жөнүндөгү мифтер. «Манас» эпосунда жогоруда көрсөтүлгөн бардык топторго тиешелүү мифтик түшүнүктөр, окуялар бар. Ошондой болсо да эпосто жаныбарлар дүйнөсү менен байланышкан мифологиялык сюжеттер өтө кеңири кездешет (к. *Миф).*

Р. Жолдошев

МИФОНИМ — мифологиялык ысым, элдик оозеки чыгармачылыкта мифологиялык каармандардын, жалпы эле мифтик түшүнүктөрдүн адам аты катары аталышы. Манастын атынын өзү — М. Манаска ат коюуда көптөгөн эл чогулуп ал баланын сөөлөтүнө, баатырдыгына, айкөлдүгүнө тете, төп келген ат таба албай кыйналышат. «Ат асмандан дечи эле, жакшы ат коюлар бекен», — деп Жакып жалдырап элдин оозун карап турганда бир «ак күлөлүү дубана, асасы колдо шалдырап» жок жерден пайда болот да, балага ат коёт:

Баш жагына «мем» келсин,
Байгамбардын сөөлөтү.
Ортосуна «нун» келсин,
Олуянын поруму.
Аягына «син» келсин,
Арыстандын келбети.
Окуп билди «Манас» деп,

www.bizdin.kg

Алда таала сактасын
Аты болду Манас деп
Ар балаадан калас деп (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 572-инв.).

Мындан көрүнүп тургандай Манас М-инин пайда болушу тууралуу эпостун Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча текстинде ушундайча маалымат берилет. Колдогу маалымат «Манас» М-инин этимологиясын талдоодогу эң эле көп айтымдардын бири жана анын баалуулугу — эпостун текстинин өзүндө даана айтылган факт экендигинде. Мында «мем» тамгасынын арабча жазылуу графикасын да эсепке алуу керек. «Мем» Мухаммед пайгамбардын атынын алгачкы тамгасынан алынган. Ал эми «нун» деле ошол Нук, Ной пайгамбардын атынын баш тамгасы. «Син» болсо жазылышы жагынан арстандын куйругу сыяктанып, текстте да ошого байланыштыра айтылып турат. Андан башка да «нун» (же мум) М-деринин окшоштугун эске алуу керек. «Нун» арабдардын байыртан келаткан мифологиясындагы жер каймактай электеги суу хаосун түшүндүргөн кудай катары белгилүү. Кийин Нил дарыясы киргенде да аны ошол «Нун» кудайдын амири менен байланыштырышкан. Үчүнчү «Син» болсо Месопотамиядагы йеменге чейин тараган ай кудайы; аккад элинин мифологиясында (шумерлерде нанне) ай — кудайынын ысымын тергөөдөн келип чыккан аты (Мифы народов мира.— М., 1982, т. 2. 437-б.).

Ошондуктан, жогорудагы эпостун өз маалыматы боюнча Манас М-инин чечмелениши жалаң гана араб алфавитинин үч тамгасы менен эле чектелбестен андан ары (мем, нун, син) миф түшүнүк, пайгамбар, ай кудайы, ааламдык кудай жана башкаларга чейин тамырланган. Мифологиялык каармандардын үчөөнүн жыйындысынан кураштырылган деген божомол айтууга болот.

К. Ботояров

МИФТАКОВ Каюм (1882, Уфа губерниясы, Злата. ст уезди, азыркы Башкырт АССРи, Салават району, Нисибаш айылы —1949, Фрунзе)— педагог, фольклорчу, элдик оозеки чыгармаларды жыйноочу.



Башкыртстандагы «Расулия» диний мектебинен окуган. 1911 —19жылдарда Кустанай, Семей, Торгой, Жети-Суу өрөөндөрүндө мугалим болуп иштеген. Ал оозеки мурастын маанисин терең түшүнүп, башкырт, татар, казак элдеринин оозеки чыгармачылыгын жыйноодо бир топ тажрыйба топтогон. Кыргыз фольклорун жыйноо, изилдөө, аларды мазмуну, тематикасы жана жанрдык бөтөнчөлүктөрү боюнча белгилүү бир тартипке келтирүү жумуштары жагынан да М. өтө көп эмгектенген. 1920-жылдардан баштап өмүрүнүн аягына чейин М. Кыргызстандын бардык айыл-кыштактарын кыдырып чыгуу менен жүздөгөн басма табак көлөмүндөгү оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн жыйнаган. Ал кыргыз фольклорун 1916жылдан жыйнай баштаган. 1920-ж. Таластын Грозный районунда мектеп инспектору болуп иштеп жүрүп, ал аймактагы акын, жомокчулардан ар түрдүү ыр-санжыраларды, Манастын күмбөзү жөнүндөгү маалыматтарды кагаз бетине түшүргөн. 1921-ж. М. өз демилгеси менен кыргыз элинин оозеки чыгармаларын жыйноо боюнча ийримдерди уюштурган. Андан

www.bizdin.kg
Сапарбай Сооронбай уулу, Чаки Каптагай уулу, Смат Кемпир уулу, Насирдин Бото уулу сыяктуу инсандар үлгү алып, фольклор жыйноо ишине жардам беришкен. М. биринчи иретте жыйноочу, кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында анын колу тийбеген, идеялык-көркөмдүк жагынан жеткилең үлгүлөрү жазып алынбаган бир да жанр жок. «Манас» эпосунун варианттарынан тартып макал, лакап, ар түрдүү ырлар, элдик поэмалар, калк башынан кечирген тарыхый окуяларды баян эткен санжыра сөздөргө чейин калк арасынан кагазга кастарлап түшүргөн. Ал гана эмес, фондунун негизин түзгөн материалдардын эл оозунан жазылып алынышы М-дун, анын шакирттеринин ысмы менен тыгыз байланыштуу. Кыргыз оозеки сөз өнөрүн ырааттуу түрдө, белгилүү бир илимий инструкциянын негизинде жыйноо, иреттөө жана жарыялоо ишинин башталышы да М-дун ысмы менен байланыштуу. Ал кыргыз фольклорун жанрдык жактан классификациялоону да биринчилерден болуп колго алган. М-дун өмүрү менен иш-аракетинин кыргыз фольклористикасындагы өтө маанилүү учурунун бири — Нарын аймагына оозеки чыгармаларды жыйноо экспедициясын уюштуруп, «Манас» эпосун Сагымбай манасчыдан жазып алуу ишин башташы болуп эсептелет. Ыбырайым Абдыракман уулун «Манас» эпосун жыйноого тарткан да М. болгон. М. Ат-Башы, Орто-Сырт, Ак-Сай, Арпа жайлоолорунда, Тогуз-Торо, Кочкор өрөөндөрүндөгү айыл-кыштактарда болуп, Сагымбай Орозбак уулу, Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкул уулу сыяктуу кыргыз элине кеңири белгилүү манасчы-акындардын чыгармаларын жыйнаган, Тоголок Молдодон «Семетей» эпосунан Семетейдин Айчүрөккө барганын, Молдобасан Мусулманкул уулунан «Жаныш-Байыш», «Эр Курманбек» эпосторун биринчилерден болуп жазып алган. Таластан М. жеке өзүнүн демилгеси менен 1923-ж. төрт ай бою оозеки чыгармачылыктын ар кыл темалары менен жанрларын жазып алууга үлгүргөн. Бердибай уулу Эркебайдан «Алмамбеттин Сарала», «Алмамбеттин көрүнүшү», «Сыргактын көрүнүшү», «Канықей Манастын зайыбы», «Манастын Аккуласы», Конокбаев Сулаймандан «Манастын кийимдери», Рыскулбеков Сулаймандан «Манастын күмбөзү», «Таласты мактоо» жана башкалар эпизоддорду жазып алган.

М. 1936—41-ж. Жаңыбай Кожек уулунан «Семетей» эпосун кагаз бетине түшүргөн Андан 50 миңге жакын сап ыр жазып алган. М. 1947-ж. Ош облусунун Ноокат, Алай, Гүлчө райондорунан санат, макал, ар түрдүү ыр жана поэмалар менен катар Т. Бекмуратов, М. Кабыловдон «Эр Кошой», А. Ташев, Ч. Садыковдон «Манас», Жумагулов менен Т. Мамытовдон «Семетей» эпосунан айрым эпизоддорду жазып алган.

А. Токомбаева

МИХАЛЕВ Андрей Николаевич (1910, Нижний Новгород ш. —1981, Фрунзе) — Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү (1975). 1939-ж. Москвадагы сүрөт өнөр институтун бүтүргөндөн кийин Кыргызстанга иштөөгө жиберилген. 1939— 41, 1947—52-ж. Фрунзедеги сүрөт окуу жайынын окутуучусу жана Кыргыз ССР эл чарба жетишкендиктери көргөзмөсүнүн башкы сүрөтчүсү, 1952 — 53-ж. Кыргызстан сүрөтчүлөр союзунун башкармасынын төрагасы, 1965—68-ж. Кыргызстан маданият министрлигинин сүрөт-эксперт коллегиясынын башкы редактору болуп иштеген.

www.bizdin.kg





А. Н. Михалев. Манастын элчилери Бакайда.

М. Кыргызстанда сүрөт өнөрүнүн графика жанрын негиздөөчү. М. «Манас» эпосуна байланыштуу литографияларды жараткан. Литографиялардын циклине «Каныкейдин өргөөсүндө», «Манастын Бакайга келген элчилери», «Чалгында», «Манастын аскерлери өргүүдө» автолитографиялары, «Манас» (кагаз, тушь, ак боёк), «Каныкей» (кагаз, карандаш, ак боёк), «Каныкейдин курбулары» (кагаз, карандаш) жана башкалар эскиздери кирет. М. мындан тышкары «Манасчы» (1967), «Манас» (1974), «Бакай» (1974) жана башкалар сүрөттөрдү жараткан.

С. Карагулов

МОГОЛДОР, могулдар — «Мажму ат-таварихте» Манас тарабында калмактарга каршы согуштарга активдүү катышат. М. Моголстан мамлекетинде (14-кылымдын ортосу —17-кылым) жашаган элдердин аты. Адегенде бул этноним моңгол урууларына гана тиешелүү болгон. Кийинчерээк жергиликтүү түрк жана түрктөшүп кеткен моңгол урууларынын жалпы аты болуп калган.

МОЙНОК — топоним. Көкчөдөн кеткен Алмамбет баатыр Манаска келе жатканда басып өткөн бел (Сагымбай Орозбаков,2.308).

МОЛДОБАЕВ Имель Бакиевич (1942, Пржевальск) — тарыхчы. Тарых илимдеринин кандидаты (1979). Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин бүтүргөн (1972). 1972-жылдан Кыргыз ССР Илимдер академиясынын тарых институтунда кенже илимий кызматкер, 1981-жылдан улук илимий кызматкер, 1986-жылдан жетектөөчү илимий кызматкер, 1988-

www.bizdin.kg
жылдан этнография бөлүмүн башкарат. М. эпоско арналган жүзгө жакын илимий жана илимий-популярдык макалалардын, эки монографиянын: («Отражение этнических связей киргизов в эпосе «Манас» 1985; «Эпос «Манас» как источник изучения духовной культуры киргизского народа» (1989) автору. Ал «Манас» эпосун тарыхый-этнографиялык жактан изилдөөчүлөрдүн бири. Эмгектери түрк, алтай, якут тилдеринде да чыккан.

МОЛДОБАСАН Мусулманкул уулу (1883, Нарын уезди, Куртка болушу, Терек айылы — 1961, Фрунзе) — акын, манасчы, комузчу жана кыякчы. СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү, Кыргыз ССР эл артисти (1935). «Манас» айтканга чейин эле элдик чыгарманы эң жакшы аткара билген ырчы, комузчу, кыякчы жана акын болгон. М-дын эл алдында адегенде лирик акын катары көрүнүшү аны башка манасчылардан көп айырмалап турат. Башка манасчылардын репертуарын негизинен «Манас» түзсө (мисалы, Саякбайдын), ал 50 жаш курагында (1933-ж.) Кыргызстан мамлекеттик театрына артист болуп киргенден баштап «Манас» менен бирге элдик лирикаларды аткарган чебер комузчу катары да таанылган. Манасчылардын ичинен музыкалык аспаптарда ойной билген элдик музыкант жалгыз ушул М. болгон.

«Манас» эпосу М-дан 1935-ж. жана 1944— 45-ж. жазылып алынган. «Манас» үчилтигинин биринчи, экинчи бөлүгүн («Манас», «Семетейди») негизинен бүт бойдон толук айткан. Бардыгы 203 миңге жакын сап ырдан турат. Улуу манасчылар Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулуна салыштырганда көлөмү кичирээк болгону менен Кыргыз илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда «Манастын» сакталып турган 42 вариантынын эң ирдүүлөрүнүн бири.



М-дын варианты негизги варианттардан Сагымбай Орозбаковдун вариантына жакын турат. Сагымбай Орозбак уулу жана башкалар манасчыларда: «Манас Ополдун тоосун түптөгөн, Олуя чалды бүктөгөн» деген эки сап эскерүү менен бүткөн окуяны өзүнчө кызыктуу чоң окуя кылып берген орчундуу өзгөчөлүктөрдү айтпаганда да М. өзүнүн устатынын вариантына өтө жакын айткан эпизоддорунда аны сөзмө-сөз кайталап калбастан, анын сюжеттик өзөгүн сактап өзүнө таандык ырлар менен берет. Мисалы, Эсенкан Манасты кармап кел деп жиберген ордо атып жаткан Манаска жолугушундагы чакан эпизод М-да:

Эл чогултуп эр Манас,
Эрмекке ордо атканы,
Эл чогултуп жатканы.
Коңгуроо үнү калдырап,
Сүйлөгөн тили балдырап,
Кербенчи келип каңгырап,
Коңгуроосу заңгырап,
Келе жатат энтелеп,
Төөлөрүн чиркеп жетелеп,
Ордо атышып жатканда,
Баягы издеп чыккандар,


www.bizdin.kg

Келатышат темселеп.
Аты болгон ыргайдай,
Арыкташып торгойдой.
Чогулган элди көргөндө,
Тура калды корголоп.
Ары тарт десе болбостон
Ордону кетти аралап,
Манас чүкө чертти эми.
Манас аткан чүкөсү.
Ортоңку төөгө жетти эми.
Омурулуп шыйрагы,
Оңкосунан кетти эми (Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Кол жазмалар фондусу, 595инв., 112-б.) — деп берилсе, Сагымбай Орозбаковдун вариантында:

Алтай тоонун оюнда,
Аземил суунун боюнда.
Ойноп күлүп жатышып,
Ордолорун атышып,
Ортого оюн салыптыр,
Бая ойрон болгон кербендер,
Эсенкандын алдынан
Эл кесмекке келгендер.
Ордосу жолдун бетинде,
Атып жаткан ордону,
Алар жан деп кайдан ойлонду,
Атып-атып чүкөгө
Ичке түшүп имерип
Томпой менен жиберип,
Чертүүгө Манас барганы.
Төөңдү тышка тарткын деп,

Черткилер айтып салганы (Сагымбай Орозбаков, 1.158), — деп эпизоддун жалпы мазмуну сакталган. Эки вариантта тең Эсенкан жиберген тыңчы кербендердин ордо атып жаткан Манаска жолугушу, алардын ордону тебелеп өтүшү, ачуусу келген жаш баатыр Манас аткан томпой алдыңкы төөнүн бутун талкалап кеткени айтылат. Бирок, бул жердеги деталдарында кыйла айырмачылыктар жатканы байкалат. Сагымбай боюнча Манас менен кербендердин беттешүүсүн кандайдыр бир өз ара ички менменсинүү бир-бирине кыр көрсөтүү мүнөзүндө: Манастар келген кербендерди теңине албай ордо атып ойноп, күлүп жатышса, кербендер да ошого жараша «атып жаткан ордону, алар жан деп кайдан ойлоду» делип сүрөттөлөт. Ал эми М. ушул деталдын экинчи жагына кербендердин Манаска туш болгон кездеги тышкы кебетелерине, түрүнө кеңири түрдө токтолот. Алардын алыстан жол жүрүп келгенине, кебете-кешпирлерине толук мүнөздөмө берет. Бирок, бул салттык сюжеттен четтөөгө алып келбестен, кайра аны сактоо менен айрым моменттерди, деталдарды өз алдынча кеңитип же кыскартуу аркылуу варианталган.

www.bizdin.kg



Молдобасан Мусулманкул уулу «Манас» эпосу дарек фильминде.

М-дын вариантынын Сагымбай Орозбаковдун вариантына айрым жерлеринде сөзмө-сөз окшоштугу, каармандын сырткы көрүнүшү, сын-сыпаты, каармандын монологдору жана башкалар илгертен бери салт катары сакталып келе жаткан элдин көкүрөгүнө жат ыр саптарынан болуп эсептелет. Ошондо да ал окшоштук механикалык түрдө аягына чейин сакталбайт. Мисалы, Манасты сыпаттаган кеңири белгилүү ыр түрмөгү Сагымбай Орозбак уулунда:

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй.
Арадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй.

Молдобасанда:

Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Жети кабат кара жер
Салмагынан бүткөндөй,
Жети дайра деңиздин
Жаркынынан бүткөндөй,
Аңырайган капчыгай
Алкымынан бүткөндөй,
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Дайрадагы жаяндын
Каарынан бүткөндөй,
Ажыдаар, жыландын
Заарынан бүткөндөй.
Кышкы чилде сууктун
Каарынан бүткөндөй,
Бейиштеги мөмөнүн

www.bizdin.kg
Чынарынан бүткөндөй (Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Кол жазмалар фондусу, 65 (886)-инв,, 100-101-б.).
Мында М. Манасты сыпаттоодо салттык ыкмаларды колдонуу менен бирге анын портретине кошумча мүнөз берген. Эки манасчыда тең Манас' «ай, күндүн нуруна асман-жердин тирөөсүнө, алтын-күмүштүн ширөөсүнө» жана башкалар теңештирилүү менен Сагымбайдан андан ары улантып, М. Манастын кебетесине кошумча салыштырууларды келтирет, баштатан келе жаткан салтты өз алдынча улантууга, тереңдетүүгө аракет кылат. Ал турсун Манаска салттык ыр жолунда жолукпаган кошумча мүнөз, түс берүүгө далалаттанат.
М-дын аткаруучулук чеберчилиги жөнүндө В. Виноградов: «Маанилүү, ары улуксаана, кичине кербезирээк Молдобасан отургучка олтуруп, жеңин түрдү да угуучуларды олуттуу түрдө айланта карап алып, адаттан сырткары музыкалык баяндамасын айтып кирди. Созулуңку обон адегенде сөз менен башталып, жээкке урунган толкун сыңары бирде тегиз, бирде күчөп, бирде пастап, ырдын сабын санагандай жүрүп олтурду. Биз өз сөзүбүздүн башында манасчылардын айтуу манерасын, речитациясын төрт түргө бөлүп өткөрөбүз. Молдобасан ошол бөлүштүрүүнүн төртүнчү түрүндөгү речитация менен айтып жатты. Анан ал бир топко жаңылмач айтып жаткансып жобурата сүйлөдү да кайрадан баатырдык интонацияны улап ырдап кирди. Көз карашы, келбети, кыймыл-аракети, ымдоо-жамдоо аркылуу манасчы өз каадасын, баркын, кадырын билдиргенсип турду. Ал колу менен камырабай гана кыймыл жасап абага кандайдыр бир сыйкырдуу сүрөттү тарткансыды да, анан чоң ишеним менен эпостун бир маанилүү жерин баса белгиледи. Молдобасан биз мүнөздөгөн речитациялардын биринчилерден башкасынын каражаттарын билгичтик менен пайдаланат. Ал эми экзальтациялык абалга жеткен речитацияны Саякбайдан гана байкадым. Молдобасандын айтуу манерасында чектен чыгуу деген жокко эсе. Ал айтып жатканда көркөмдүк сезимин жоготпой туруп, салтты пайдалана билет. Интонациясы так, ладдык негизи айкын болуу менен бирге анын речитациясы дайыма музыкалуу эле. Ал обондуу жаңылмач сыяктантып айтууну көп колдончу. Анын айтканы айкын келип, адамды да өзүнө тартып, таасирдүү эле. Молдобасан эпостун музыкалык жагын мыкты келтирүү менен бирге текстти кашкайтып даана бере билүүчү.
М-дун тубаса артистизми бар эле. Анын бул касиети айтуу манерасынан көркөм каражаттарды ылгап алып, чебер пайдалана билгенинен, көркөм баяндоо жөндөмүнөн байкалчу. Ал «Манас» айтып жатканда көркөм кудуретине сары эсеп салып, ал тургай өзүнүн режиссёрлук трактовкасы бардай сезилип кетчү. Кайгы, азап, баатырдык эргүү, шайдоот, сейил, карыянын токтоо мүнөзү, душмандардын бечаралыгы, амалкөйлүгү сыяктуу далай-далай ар түркүн мүнөздөрдүн манасчынын мимикасынан эле байкаса болот» (В. Виноградов. Молдобасан Мусулманкулов, «КМ», 31-март, 1971. № 13). М. Эмгек Кызыл Туу, эки «Ардак Белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган.

Р. Сарыпбеков

МОЛДОБАСАНОВ Калый (1929, Ак-Талаа району, Терек айылы) — кыргыз совет композитору жана дирижёру, профессор. СССР эл артисти (1979). СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1976). Манасчы Молдобасандын уулу. М. Күрөңкеев атындагы музыкалык-хореографиялык окуу жайын (1946), П. И. Чайковский атындагы Москва консерваториясынын улут бөлүмүн (1954), Кыргыз мамлекеттик искусство институтун (1973) бүтүргөн. Кыргыз опера жана балет театрынын жаңы имаратынын салтанаттуу ачылышына (1955) карата коюлган «Айчүрөк» операсына, ошондой эле анын кайрадан иштелип чыккан жаңы редакциясына (1986) жана «Манас» операсына (1966) дирижёрлук кылган. Ж.

www.bizdin.kg
Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1983), «Сейтек» (1987), «Айкөл Манас» (1989) деген драмаларынын музыкасын жазган.



Көркөм образдардын урунт туулугу жана оркестрдин өзгөчөлүгүн эң сонун билиши М-дун симфониялык чыгармаларынан да көрүндү. Кийинки жылдардагы чыгармалардын ичинен «Манастын кошууну» аттуу симфониялык чыгармасы өзгөчө кызыгууну туудурду. Бул чыгарманын эпикалык масштабдуулугу, күргүштөгөн күчү, өз алдынча архаикалык колорити кыргыз баатырларынын согуш жүрүштөрүн жана жеңиштерин өзгөчө күч менен сүрөттөп бергендигинен көрүнөт. Ал СССР эл депутаты (1989), Кыргыз ССР Жогорку Советинин (9—11-шайл.) депутаты. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган.

С. Осмонов

МОЛДОКУЛОВА Эсенбүбү (1941, Талас району, Кең-Арал айылы) — кыргыз опера ырчысы, лирикалык-драмалык сопрано. Кыргыз ССРинин эл артисти (1986). Фрунзе медиңина окуу Молдокулова Э. — Канықей. «Манас» операсы, 1966.
жайын (1958), П. И. Чайковский атындагы Москва консерваториясынын алдындагы музыка окуу жайын (1962), Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун (1972) бүтүргөн. 1962-жылдан А. Малдыбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик академиялык опера жана балет театрында солист.



Кооз тембрлүү, диапазону кеңири, коңур үндүү. М. кыргыз, орус жана дүйнөлүк классикалык опералардан негизги партияларды ырдаган. «Айчүрөк» операсынан Айчүрөктүн, «Манас» операсынан Каныкейдин (1966-жылдан негизги солист) партиясын аткарып келет.
МОЛДОСАН — эпизоддук кейипкер. Букарлык катчы бала. Семетей Букарга кан болгондогу тойдо Каныкейдин буйругу боюнча ат чабышка чабылчу күлүктөрдү

www.bizdin.kg
эсепке алып, каттаганы айтылат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2.87).
МОЛДОТОРГОЙ — топоним. Валиханов жазып алган эпизоддо Бокмурун атасынын ашын өткөрүү үчүн жер тандаганда «Кандын тоосун ашамын, Молдоторгой басамын» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 75б.), — деп айтылат.
МОЛТО, Молтокан — эпизоддук кейипкер, кара кытай каны. Каракан өлгөндө Алооке менен М. кыргыздарды чаап алып, көп кордук көргөзүп, алык-салыкты ченеми жок алып турган. Каршылык көрсөтө баштаган Каракандын сегиз уулун туш-тушка таратып, Акбалта менен Жакыпты Алтайга айдаган (Саякбай Каралаев, 1. 27—35).
МОМУНЖАН — эпизоддук каарман, ЫАВда Кыястын жылкычыларынын бири. Кордукта жүргөн Күлчорого жан тартып жүрөт. Сейтектин аман-эсен төрөлүп, бой жетип келатканын Күлчорого алгач кабарлайт. Сейтек, Күлчоро баатырлар Кыястан өч алгандан кийин М-ды жедигер элине кан көтөрүп, Кыястын кызы Бурулканга үйлөндүрөт.
МОМУНЖАН, к. *Кызылсарт.*
МОМУШ Шапак уулу (1910, Кочкор району, Кара-Суу айлы —1985, ошол эле жер) — манасчы. Белгилүү манасчы *Шапактын* уулу. М. атасы Шапактай үчилтикти толук айтып, «чоң манасчы» деген бийик баага жетпесе да, айыл ичинде анын бөлүмдөрүнөн айрым үзүндүлөрдү бир кыйла түзүк айткан. 1981-ж. андан «Манас» (9251 сап ыр), 1985-ж. «Семетей» бөлүмүнөн (1600 сап ыр) жана башкалар айрым эпизоддор жазылып алынган (Кол жазмалар фондусу, 280—288инв.). М-тун варианты атасы Шапак Рысменде уулу менен Саякбай Карала уулунун варианттары менен үндөшүп турат. Ал көбүнчө «Чоң казатты» көркөмдүк деңгээлин төмөндөтпөй, чебер айткан. «Семетей» бөлүмүнөн Семетейдин Букардан чыгышы, жолдон Коңурбайга жолугуп, аны менен беттешип жеңиши, Таласка жол жүрүшү, Семетейдин Үргөнчтү кечиши сыяктуу эл арасына кеңири белгилүү салттык эпизоддорду айткан.
МОНОГРАФИЯ (грекче monos — бир, жалгыз, grapho — жазамын) белгилүү бир теманы же маселени кеңири изилдөөгө арналган илимий эмгек. М-да изилденген маселе боюнча адабияттар жалпылаштырып, талданып, илимдин өнүгүшүн шарттаган жаңы божомол (гипотеза) чыгарылат. М-га библиографиялык тизме жана башкалар кошумча материалдар тиркелет.
«Манас» эпосун илимий жактан аңдап билүү 19-кылымдын 2-жарымында В. В. *Радлов* жана *Ч. Валиханов* тарабынан башталган. «Манас» эпосуна М. *Ауэзов* кеңири илимий талдоо жүргүзгөн. Изилдөөлөрү «Кыргыздын элдик баатырдык поэмасы «Манас» деген ат менен «Ар жылкы ойлор» (Алматы, 1959) жыйнагына басылган. «Манас» изилдөө К. Рахматуллин, А. Н. Бернштам, В. И. Жирмунский («Введение в изучение эпоса «Манас») өз салымдарын кошкон. Тил жана адабият институтунда «Манас» секторунун ачылышы менен «Манас» эпосун фундаменталдуу изилдөөлөр жүргүзүлө баштаган, эпостун түйүндүү маселелерине арналган көптөгөн М. жазылган: Б. Керимжанова «Семетей» жана «Сейтек» (Фр., 1961), М. Мамыров «Семетей» эпосу «Манас» үчилтигинин экинчи бөлүгү (Фр., 1963), Орус окумуштуулары «Манас» эпосу жөнүндө (Фр., 1967), З. Мамытбеков, Э. Абдылдаев «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери (Фр., 1966), Э. Абдылдаев «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары (Фр., 1987), «Манас» эпосунун историзми (Фр., 1987), «Манас» эпосунун эпикалык формулалары (Фр., 1991), Р. З. Кыдырбаева «Манас» эпосундагы традициялык жана индивидуалдык маселелерине карата (Фр., 1967), Манасчынын айтуучулук чеберчилиги (Фр., 1984), «Манас» эпосунун генезиси (Фр., 1980) , С. Бегалиев «Манас» эпосунун поэтикасы жөнүндө (Фр., 1968), А. Маргулан Шокан жана «Манас» (Алматы, 1971), Р. Сарыпбеков Алмамбеттин образынын эволюциялык

www.bizdin.kg
өнүгүшү (Фр., 1977), «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы (Фр., 1987), А. Жайнакова «Семетей» эпосунун тарыхый-генеологиялык негизи (Фр., 1982), «Сейтек» — «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүмү (Фр., 1984), А. Медетбеков Асылдык проблемасы (Фр., 1978), И. Молдобаев «Манас» эпосу кыргыз элинин маданий байлыгын үйрөнүүнүн булагы (1989), О. Сооронов «Манас» трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү (Фр., 1981), А. Сыдыков «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдер (Фр., 1982), К. Ибраимов Ыбырайым Абдрахманов (Фр., 1987).

Ж. Сагынов

МОНОЛОГ (грекче monos — бир жана logos — сөз речь) — каармандын өзүнө өзү айткан сөзү, кээде андай кеп башка бирөөгө карата да айтылат, бирок угуучудан, көрүүчүдөн же башка каармандардан жооп талап кылынбайт. Сүйлөп жаткан кишинин сөзүнө берки каармандар кийлигишпейт, ал каарман өзүнүн ички көйгөйү тууралуу, мурунку, азыркы же кийинки тагдыры, бул же тигил окуяга, көрүнүшкө мамилеси жөнүндө айтат да өзүнүн образын ачат, өзгөлөргө баа берет. Эпосто М. же М.-речь (кеп) көбүнчө каармандардын жеке трагедиясына, башынан кечирген окуяларын баяндоодогу негизги ыкма катары манасчылар тарабынан кеңири пайдаланылат. Мисалы, эпосто М.-речтин классикалык үлгүсүнө Жакыптын баласы жоктугуна арманы жатат. Элүүдөн 8—2247 ашып, эки катындан балалуу болбой, эсепсиз бай аттанып, салтанат-дөөлөтү адамдан артык Жакып бу дүйнөдөн туяксыз өтүп кетерин арман кылып, ыйлап төмөнкү М-ун айтат:

Зарлап жүрүп бала үчүн
Зар болдум жакшы күлүүгө.
Оболоп учкан ак шумкар
Таптап салаар кишим жок.
Жаш күнүмдөн мал жыйдым
Бала менен ишим жок.
Жүргөнүм менин чала экен,
Дүнүйө ээси бала экен
Артында бала жок болсо,
Дүнүйөсү курусун,
Бузулуп калган калаа экен (Сагымбай Орозбаков, 1.18).

Каармандардын баштан өткөргөн ачуу-таттуу турмушун, ички түйшөлүүлөрүн ичине камтыган Алмамбеттин арманы (өзүнүн өткөндөгү өмүрүн баяндаган Алмамбеттин арман-монологу), Каныкейдин жомогу сыяктуу белгилүү чоң эпизоддор да М. түрүндө баяндалган, ал жалпы эле «Манас» эпосунун масштабдуулугу менен шартталган. М. каармандары оор трагедияларга көп туш болгон эпостун экинчи-үчүнчү бөлүмдөрүндө да арбын жолугат.

Б. Кыдырбаева, А. Муратов

МОНОЛОГ-РЕЧЬ, монолог-кеп, к. *Монолог.*

МОНОСПЕКТАКЛЬ (грекче monos — бир, жалгыз). «Манас» жана башкалар эпостор бир гана аткаруучу тарабынан аткарылып, анын окуялары, образдары да айтуучу аркылуу гана көрсөтүлгөндүктөн, аны камералык М. деп аныктоого болот. «Манас» — эпикалык, башкача айтканда баяндоочу театр. Бир гана аткаруучу, манасчы тарабынан баяндалат. «Манас» айтуу камералык спектакль катары биринчи иретте көрүүчү-угуучуларынын саны аркылуу мүнөздөлөт. Акустиканын мыйзамдарына ылайык «Манас» камералык чөйрөдө он-он беш, жыйырма-отуз, ашып кетсе кырк-элүү кишиге гана аткарылган. Анткени, андан ашык көрүүчү-угуучуларга аткаруу мүмкүн эмес. Манас айтуу үчүн атайын имарат же аянт талап кылынган эмес. Манасчы эл чогулган жерде — боз үйдүн ичинде,

www.bizdin.kg
сыртта деле «Манас» айта берген. Эгерде боз үйдө аткарылса манасчы төргө отуруп, эл анын эки тарабына кыркаар тарта үй мүйүз болуп жайгашкан. Боз үйгө батпай калган эл боз үйдүн үзүк-туурдугун сыйрып жиберип, тегерете курчап отуруп, кулак төшөшкөн. Мындай учурда боз үйдүн керегелери манасчы үчүн декорациянын милдетин өтөгөн. Манасчы эч качан атайлап кийим алмаштырып кийген эмес. Кийип жүргөн кийими менен эле Манасты айта берген. Ал эми сыртта аткарган учурда манасчы дөңчөдөн же айдөш, көрүнө жерден орун алып, эл аны эки тарабынан курчай олтурган. Ордодо үй мүйүздөнгөн ачык аянт калган. Манасчынын тамагы каткан учурда ага жигиттер, бала-бакыра, келин-кыздар кымыз же башка суусундук сунуп турушкан, к. *Айтуучу, Манасчы, Семетейчи.*

Ж. Кулмамбетов

www.bizdin.kg

МОҢГОЛ — этноним. Эпосто маңгул деп аталып, душман уруу катары берилет. «Маңгулга тийип койдук деп, Бет алып кайда качабыз» (Сагымбай Орозбаков, 2.14), «Кайнаган маңгул, калмактар Кайраттуусу калбаптыр» (Сагымбай Орозбаков, 2.144). М. этнонимі 12-кылымдын аягында 13-кылымдын башталышында белгилүү болуп Чыңгызкан убагында жалпы аталыш катарында М. бирикмесине кирген урууларга таандык болуп калат. М. эски жана жаңы Тан (618—908-ж.) сулалеси убагында шивэй урууларынын арасында «мэнгу», «мэньу» же «мэнва» деген аталышта белгилүү болгон. Окумуштуу Доржи Банзаровдун пикири боюнча «мэнва» бул дарыянын аталышы болсо керек жана ал ат кийин дарыянын жээгинде жашаган урууларга ыйгарылып калган. Кытай жазма дарегинде «мэнва» уруусу Цзюйлунь (Хулунь — Нор азыркы Кытай Элдик Республикасынын түндүгүндө жайгашкан) дарыясынын түштүгүндө жайгашкандыгы маалымдалат. Ошентип, «мэнгу», «мэньу» же «мэнва» аталган байыркы М. окумуштууларынын далилдөөлөрү боюнча Амур дарыясынын ортоңку агымынын түштүгүндө Кичи Хинган менен Сунгаринин төмөнкү агымында жашашкан.

Жогоруда аталган «мэнгу», «мэньу», «мэнва» этниминин кытай иероглифтик жазуусунан синолог окумуштуулар тарабынан чечмелениши сөздүн (үчөөнүн) биринчи мууну «мунг», «манг», «мон» катары окулат. Ал эми сөздүн экинчи мууну «нгот», «гот», «го» деп окулуп, «мэньу», «мэнва» иероглифтик жазуунун жаңыча окулушунда байыркы моңголдук — моңгол, маңгол аталышы келип чыгат. Окумуштуулардын пикири боюнча «маңг» же «моңг» мууну — күчтүү, туруктуу, катаал, ал эми «гол» мууну — дарыя деген түшүнүктү туюндуруп, негизинен «манг — гол» аталышын «шар аккан, азоо дарыя» деп которууга болот. Ал эми мусулман авторлору моңголдорго болгон терс көз карашын билгизүү үчүн аларды «муңгол» — «күчсүз, алсыз» деп аташкан.

М-дордун азыркы мекенине Амурдан көчүп келиши боюнча уламыштар жана окумуштуулар арасында ар кандай түшүнүктөр бар. Алардын чыгыштан батыш тарапка жер которушуна согушчан коңшулары кидандардын кысымынын астында жүрсө керек жана алардын Моңголияга келишин 10-кылымдын экинчи жарымы 12-кылымдын башталышы деп кароого болот. М-дордун жер которушу, алардын чарбасындагы өзгөрүүлөргө алып келген. Мурда аңчылык жана жөнөкөй жерди иштетүү чарбачылыгы, жер которуунун натыйжасында көчмөн — мал чарбачылыгына ыңгайлаштырылган. 9-кылымдын аягындагы Кытай жазма дарегинде эскерилген М. мамлекетинде көчмөн турмуш жана мал чарбачылыгы жөнүндө баяндалат. Ошентип, моңголдор байыркы түрк элдеринин жерин ээлеген убакта көчмөн жана согушчан эл катары маалым болгон.

Эпосто эскерилген М. этнонимі, кыязы, кыргыз элинин моңгол-татар баскынчылык согушуна каршы күрөшүнүн тарыхый элеси катары эпостогу «Маңгулга тууган татар бар» (Сагымбай Орозбаков, 3.14), — деп М. татар этнонимине кошо айтылышы моңгол-татарларга карата берилиши мүмкүн.

М. Кожобеков

МОТИВ (лат. moveo — кыймылдатам, жылдырам) — баяндоонун кичинекей мазмундуу компоненти, көркөм чыгарманын сюжетинин составдык жөнөкөй бөлүгү. «Мотив» термини музыкалык маданиятка байланыштуу пайда болгон. Адабий термин катары алгач И. В. Гёте тарабынан колдонулган («Эпикалык жана драмалык поэзия жөнүндө»). 20-кылымдан баштап адабий категория катары изилдене баштаган (А. Н. Веселов, В. Я. Пропп). М. эпикалык сюжет системасына кызмат өтөйт, бул жерде конкреттүү мазмуну ачылат. Эпикалык сюжетте окуялар дээрлик өнүгүүдө болуп, сюжет мезгил жана мейкиндик боюнча алга жылат. Бул алга жылуу М-дер аркылуу жүзөгө ашырылат. Демек, М-ди сюжеттин өнүгүшүн уюштуруучу башкы элемент катары кароого болот. Эпикалык сюжеттин экинчи

www.bizdin.kg
бир өзгөчөлүгү — ички өзгөрүүгө жөндөмдүүлүгү. Ички өзгөрүү негизинен эки түрдө өтөт: 1) сюжет негизинен өзгөрбөйт, жаңы вариант, редакция, версиялар гана пайда болот; 2) жаңы сюжет, жаңы чыгарма өнүгүп чыгат. Мындай ички кайра түзүүлөрдө да М-дер эң маанилүү роль ойнойт. Анткени М-дин трансформациялана, өзгөрө, алмашыла алышы жана жаңыча карым-катнаш жасай алышы эпикалык сюжеттин жаңы абалга, түргө өтүшүнө шарт түзөт. Эпикалык М-дин эң бир өзгөчөлүгү, анын эпостун көркөм көрүнүш катары спецификасы менен байланышкан типтүүлүк, формулалык мүнөзү. Мазмуну боюнча типтүү эпикалык М-дер М.-ситуация, М.-эпизод, М.-сөз, М.-сыпаттоо, М.-мүнөздөмө делип ажырымдалат.

Р. Сарыпбеков

МОЮЛДУ — топоним. «Манас баатыр Текес канды жеңгени» окуясында: «Моюлду деген бел менен, Боз талаа кубаң жер менен» (Сагымбай Орозбаков, 2.41) келген Бакай Куяс аяр чөп-чар, дарак аттуулардын баарын сыйкырлап жоокерге айланткан жерге туш болот.

МӨҢДҮ-ЧЕБЕҢ — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Акунбешим менен болгон согушта Көкчөнү жарадар кылып, өзү Үрбүнүн колунан өлөт (Сагымбай Орозбаков, 2.136 —137). Бул ысым байыркы түрк тилиндеги «түбөлүк», «түбөлүктүүлүк», «чексиз», «чексиздик» деген маанилерди туюнткан «меңгү», «мөңгү», «бөңгү», «бөңү» сөзүнөн жана моңголдорго тибет тилинен кирген «цевен», «чебен» сөзүнүн айкалышынан түзүлгөн.

МӨӨР — бетине оюп түшүрүлгөн тамгалары бар, көбүнчө айрым-айрым кишилердин аты жазылган печать. Эпосто «Катчыга катын жаздырды Кандык мөөрүн бастырды» (Сагымбай Орозбаков, 2.78), — деп айтылат. Муну ар бир уруу башчы-кандардын өз М-ү болгонун чоң казатка аттанардын астында Манаска каршы уюмдашкан кандар жыгалуу М. басып, Манаска кат жибергени далилдейт. Фольклордук жана этнографиялык айрым материалдар кыргыздарда М. болгонун айгинелейт.

МӨӨСҮЛ — эпос боюнча олжого түшкөн мал, буюмдан тие турган энчи, соогат:

Кууп жылкы алыптыр,
Үлгүртүп айдап жүрө албай,
Үч баатыр анда калыптыр;
Мөөсүлүн бөлүп алсын деп,
Сыргактан кабар салыптыр (Сагымбай Орозбаков, 4.326).

«Ошолордон көп алтын Мөөсүлдүккө алгыдай» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1.121) жана башкалар

МУЖООСУ (арабча мажуси; иранча маг. — сотко табынуу) — Сагымбай Орозбаковдун вариантында гана Алмамбеттин айтканы боюнча Манас Кенжут шаарындагы Айган канга казат кылган окуяда эскерилет, алар «Мужоосу динде калышкан» эл (Кол жазмалар фондусу, Сагымбай Орозбаков, 1794-инв., 2-б.) катары айтылат. Мажуси (мужоосу) Орто Азия менен Иранда ислам дини тараганга чейинки отко сыйынган (отпарас) дин. Сагымбай Орозбак уулу бул түшүнүктү чыгыш адабияттарынын таасири боюнча кабыл алып, айткан болуш керек.

МУЗ-БЕЛ — топоним. Манас баштаган кыргыздар «Азыраагы ашып Жылдызды, Арбыны ашып Куу-Тезди, Бурбай ашып Муз-Белди» (Сагымбай Орозбаков, 2. 161) Алтайдан Аала-Тоого көчүп келе жатып өткөн ашуу. Географиялык реалияда Улуу-Тоо тоомунун (Борбордук Тянь-Шань) күн-чыгыш кыркасы Муз-Тоодогу ашуу. Географиялык адабияттарда такай Музарт ашуусу деп аталып келүүдө.

МУЗБУРЧАК — каарман, Саякбай Каралаевдин вариантында Бузулган Чамбылды жердеген кыргыз уруу кандарынын бири. Манас Таласка көчүп келгенде атайы

www.bizdin.kg
келип, манаска чоро болот делет. Сагымбай Орозбаковдун вариантында «Тажиктен чыккан Музбурчак» (Сагымбай Орозбаков, 185-инв. 382-б.) делип, кан, баатыр катары аталат. «Жоо жарагы бир кучак, Буудайык кандын Музбурчак» деген туруктуу эпитет менен айтылып, эпостогу белгилүү баатырлардын бири катары сүрөттөлөт. Чоң казатта окко учат.

МУЗКИНДИК — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Буруттан (кыргыздан) Манас аттуу баатыр баланы таап келүү үчүн Эсенкан жөнөткөн көп балбан-баатырлардын бири. (Саякбай Каралаев, 1.42).

МУЗ-ТОО — топоним. Урум кандан качкан ак Сайкал эри Жолой менен барган тоо. Эпосто «Жолойду жетелеп, Муз-Тоого чыга качып» (Радлов жазып алган вариант, 425) барганы айтылат. Географиялык реалияда Улуу-Тоо тоомунун (Борбордук Тянь-Шань) күн-чыгыш бөлүгү.

МУЗЫКА ЖАНА «МАНАС». Кыргыз элинин улуу эпосунун өзгөчөлүктөрүнүн бири-анын жалпы турпатында поэтикалык жана музыкалык башаттардын айкалышып турганында. «Манас" — баатырдык-музыкалык эпос. Анын ыр курулушу, ырлардын ыргагы кенже эпостордукунан айырмаланат. «Манастын» ырлары көпчүлүк варианттарда 7—8 муундан түзүлгөн ыр тизмектеринен турат. Ошондой болсо да «Манасты» башка эпостордон айырмалап турган өзгөчөлүк — ырды үн созуп айтууга караганда зор күч, ички сезим, мимиканы кеңири пайдаланып аткарууга ылайыкташкандыгы. Андыктан, эпосту аткарган манасчылар — төкмө акын, ойчул философ гана эмес, обондун кыраатын келтире аткарган музыканттар да. Эпостун музыкасынын көркөмдүк маңызы чексиз кырааттарга (интонацияларга) бай речитатив кылкасында. Эпостун поэтикалык тексти, андагы ой, сезим толкундары музыка, обон-ыргактар менен коштолуп, толукталып, көркөмдүүлүгү, таасирдүүлүгү күчөтүлүп турат. Бул болсо оозеки жашап келген эпостун, жалпы эле кыргыз элинин көркөм өнөрүнүн чыгармачылык шартында бирден-бир маанилүү жагдай болгон. Эпостун мазмунун угуучуларга тез жетишине, көпчүлүктүн эсинде бекем сакталып калышына, аткаруучунун эргип, анын эсиндеги окуя-образдардын, ыр саптарынын тизмектелип, өзүнөн өзү «оозго келип» турушуна эпостогу мына ушул музыкалык башат зор таяныч болуп берет.

Эпоско таандык бул өнөрдүн көркөмдүк таасири манасчынын аткаруучулук жөндөмүнө, музыкалык талантына, анын добушунун ыргактуулугуна түздөн-түз байланыштуу десек жаңылыштык болбойт. Бизге жеткен маалыматтар боюнча белгилүү манасчылардан Сагымбайдын аткаруу манерасы, речитативди келтирген кырааты салмактуу келип, эмоциялык толкундарды бир кылка кармап, угуучуларга күчтүү таасир калтырчу экен. Молдобасан болсо негизинен «Семетей» менен «Сейтекти» көп аткарып, анын речитативин мукам кайрыктар менен боёктоп, обондуу ырга жакындатып аткаруучу экен. Кийинки манасчылардан музыкалык байлыкты төгүп бергени, ар бир сөздү абдан кырааттап, айтылып жаткан окуяга жараша, андагы каармандын эмоциялык абалына жараша обон созгондугу, речитативинин сезимдик ыргактарга байлыгы жагынан Саякбай өзгөчө орунда турат. Азыркы манасчылардан Каба Атабек уулу менен Шаабай Азиз уулу «Манас» айтканда аткарган музыкалык кыраатынын өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Бири ыргакты кенен алып, ритмди керип таштап айтса, экинчиси ыргактагы айрым үндөргө, өзгөчө акыркы муунга басым (акцент) коюп, улам барган сайын добушту бийиктете чайкап айтат. Жаш аткаруучулардын арасынан музыкалык кыраатка атайылап көңүл бургандары анча байкалбайт. Тек гана «Боз-Салкын» элдик ыр-бий ансамблинин «Манастан» үзүндүнү негизинен илгерки урма аспаптарды колдонуп, музыкалык коштоо менен көркөмдөп аткарган көңүлдү бурат.

www.bizdin.kg
Музыка өнөрүнүн башка тармактары үчүн «Манас» эпосу адабияттык, музыкалык жана идеялык-көркөмдүк башат, ошондой эле улуттук көркөм ойдун жана образдардын түгөнбөс булагы болуп келе жатат. Эпосту адабияттык башат кылып алып, «Семетей» бөлүгүнүн сюжетинин негизинде Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөмбаев, К. Маликов «Айчүрөк» операсынын либреттосун, «Манас» бөлүгүнүн негизинде А. Токомбаев, К. Маликов «Манас» операсынын либреттосун, ал эми композиторлор *В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере* бул эки операнын музыкасын жазышкан. 1939-ж. кыргыз музыка маданиятында алгачкы улуттук опера «Айчүрөк», 1946-ж. «Манас» операсы (экинчи редакциясы 1966-ж.). пайда болду. Эпостун негизинде жаралган жана Кыргыз мамлекеттик драма театрынын сахнасында коюлган Ж. Садыковдун баатырдык үч драмасына композитор *К. Молдобасанов* атайын музыка жазган, алар төмөнкүлөр: «Манастын уулу Семетей» жана анын музыкасынан топтолгон сюита» (1983), «Сейтек» жана анын музыкасынан топтолгон сюита» (1987), «Айкөл Манас» (1990). Ошондой эле «Манас менен Алмамбет» спектаклине (1944) жазган М. Раухвергердин (А. Куттубаев менен бирге), «Улуу эпос» дарек фильмине жазган Т. Эрматовдун музыкасы жана *М. Бегалиевдин* Ош өзбек музыкалык драма театрында коюлган «Манастын уулу Семетей» (либреттосу Ж. Садыков) музыкалык драмасы (1986) да бар.

Кыргыз музыкасында «Манас» эпосунун речитативи обон-ыргактык булак катары пайдаланылган чыгармалар да бир топ. Эпостун обон-ыргактары алардын кай бирлеринде идеялык-көркөмдүк символ катары да колдонулган. Кыргыз үналгысынын музыкалык фондусуна жазылып алынган «Манас» күүлөр (« Алмамбеттин арманы», « Алмамбеттин жомогу», «Семетей күү», «Каныкейдин арманы», «Жол талаш» жана башкалар) буга далил. Ошондой эле В. Власовдун «Кыргыз увертюрасы» (1936), В. Ференин «Кыргызстан» аттуу симфониясы (1946), Э. Жумабаевдин «Эпикалык симфониясы» (1974), М. Бегалиевдин «Бала кез кайрыктар» симфониялык сүрөттөмөсү (1985), «Майрам шаңы» увертюрасы (1985), А. Жээнбаевдин «Чоң кербез» аттуу фортепианолук күүсү (1970) жана башкалар чыгармаларда да эпостун обон-ыргактары кеңири пайдаланылган.

«Манас» эпосу идеялык-көркөмдүк башат катары жана андагы обон-кайрыктарды же накта үзүндүлөрдү партитурасына камтыган чыгармалар да бар: К. Молдобасановдун «*Манастын ордосунда»* аттуу симфониялык сүрөттөмөсү (1978), М. Бегалиевдин «Манас» симфониясы (1990), Б. Н. *Глуховдун «Бабам Манас жөнүндө баллада»* аттуу хор үчүн поэмасы (1974) жана башкалар «Манас» эпосу жана анын обону улуттук музыка маданияты үчүн соолбос булак болуп калды.

Т. Саламатов

МУКАМБЕТ Токтобай уулу (1947, Жети-Өгүз району, Барскоон айылы) — кыргыз совет артисти. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1986). 1967 — 72-ж. Москвадагы Луначарский атындагы мамлекеттик театр искусство институтунда окуган. 1972—77-ж. Ош кыргыз драма театрында, 1977—90-ж. Фрунзедеги Кыргыз мамл. академиялык драма театрында иштеген. 1990-жылдан «Туңгуч» театр студиясында эмгектенүүдө. Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1982) спектаклинде Семетейдин ролун аткарган.

МУМИЯ — биологиялык табигый продукт. Бальзам сымал жыты бар, кызыл, ак, көгүш, каралжын күрөң түстөгү түрлөрү белгилүү. Курамында органикалык жана органикалык эмес заттар, гипнур жана бензой кислотасы, аминокислота, чайыр, мом, өсүмдүк калдыктары бар. Элдик дарыгерчиликте, башкача айтканда сыныкка, бронха астмасы, учук, тамак сиңирүү органдарынын өнөкөт оорулары жана башкалар кеңири колдонулат. Көптөгөн өлкөлөрдө кезигет. Эпосто «момия», «мумия», «мобуя» делип сыныкты бат бүтүрүүчү дары катары байыртадан эле

www.bizdin.kg
колдонулганы айтылат: «Буту колу сынганга Момия дары издешип» (Сагымбай Орозбаков,2.91).

МУНАРА, мунар (арабча мэначэ) — атайын салынган бийик курулуш, башына чыга турган тепкичтери сыртына же ичине салынат. «Манас» эпосунда эки мааниде колдонулат. Жоокердик доорлордо коргонуу, кароол максатында курулган. Эпосто ушул мааниде көп жолугат. Мисалы, «Тал түбүндө мунара Мунарага жүгүрүп, Чыга калып караса» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 141). Ал эми Эсенкандын Бээжинге курдурган М-сы төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Эсенкандын алдында
Кароолго чыкчу мунара,
Мунара жайын сураба.
Токсон миң кулач бийиги (Саякбай Каралаев, 1.40).

Башка бир учурда мечиттин азан чакырыла турган бийик жайы да М. деп аталат:
Өзү чыгып мунарга Күн батышты бет алып Алда деп колун көтөрүп Азан айтып турганда (Саякбай Каралаев, 2.169).

Ы. Кадыров

МУНАРБИЙ — эпизоддук кейипкер. Катаган уруусунун билерманы. Манаска ат коюуга катышып, кырк алтын-дилде сарпай кийгени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1.86).

МУНАРКАН — эпизоддук кейипкер. Кошойдун кайын атасы. Манас менен согушуп жеңилген эпикалык душман кандарынын бири. «Алтымыш миң кол менен, Мунаркан келди буркурап, Мурун душман, азыр эл, Жаа алдалап чуркурап» (Сагымбай Орозбаков, 2.30). Аскер башчысы катары Манас менен казаттарга катышат. Ошондой эле эпосто М. дайыма Манас кеңешке чакырган каарман катары айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2.40, 63,143).

МУНУСКАН — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү, букарлыктын кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап кыз тандоо салтында *Жоорунчуга* туш болуп, ага турмушка чыгат (Сагымбай Орозбаков, 2.418—425).

МУҢГУШ — этноним. Кыргыздын белгилүү урууларынын бири. Курама вариант боюнча Чубак Бакайга минтип кайрылат: «Канды, тейит, муңгушту, Катарыңдан таштабай Карайлаттың байкушту!» (Курама вариант, «Манас», 2.140). Бул саптарда М-тар канды жана тейит деген ичкилик тобуна кирген кыргыз урууларынын катарында эскертилген. Ал эми М. уруусу кыргыздын санжырасында оң канатка кирет. Адигине, Тагай, Муңгуш деген үч бөлүктүн бирөөнү түзөт. М-тар азыр негизинен Түш. Кыргызстанда турушат. Башка түрк-моңгол элдердин этникалык курамында да кезигет. Мисалы, М. Мангуш формасында тува элинин бир уруусу болуп саналат. Кай бир маалыматтар боюнча кыргыздын санжырасында деле М. моңгуш деп да кезигет. Тувалардын тутумундагы М. уруусу, алардын санжырасындагы кыргыз уруусу менен катар ири урууларга кирет.

МУРАДЫЛ — каарман, кытай баатыры. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Кырмустун уулу делсе, Саякбай Каралаевдин вариантында Кырымдын уулу делет. Эки вариантта тең М. кытайдын чегинде турган баатыр экендиги айтылат. Кийин Семетей атасынын кунун кууп Кытайга барганында да М-га кез болот. Адегенде М. Күлчоро менен Канчорону жөө таштап, аттарын айдап кетет. Кытайдан жылкы тийип келгенден кийинки согушта Семетей менен Күлчоронун колунан өлөт.

МУРАТ Калбай уулу (1870, Ноокат району, Кеңеш айылы — өлгөн жылы белгисиз) — манасчы, түштүктөгү белгилүү манасчы Чоодандын (1835 —1900) шакирти. М-тан 1947-ж. Манастын балалык чагы, Накылайга үйлөнүшү, Бакай, Каныкейге байланыштуу сюжеттер жана Семетейге тиешелүү чакан эпизоддор жазылып алынган (Кол жазмалар фондусу, 612-инв.).

www.bizdin.kg
МУРАТАЙ — эпизоддук кейипкер. Кайып чал кызы Куялынын кырк балбаны менен кошо жүргөн баатыр карыя (Курама вариант, «Сейтек, 230, 240).
МУРГАП (иранча мург — куш, ап — суу; куш суу деген мааниде) — топоним. Кыргыздар жашаган жерлердин бири. Манас баатыр өзү катылган Шоорук канды жеңип, анын кызы Акылайды тартууга алганда: «Мургапты көздөй бет алып Каны Шоорук салыптыр» (Сагымбай Орозбаков, 2.215), — деп айтылат. Географиялык реалия катары М. Тажикстандын Памир тоосундагы жердин аты.
МУРДАР, Мырдар (арабча) — өлүксүз, какмар, тарп маанисиндеги кемсинтип тилдөөнү билдирген сөз. Кээде арам, булганч, ыплас маанисинде да колдонулат. «Бөрк ал десе баш кескен, Мырдарлар атка мингени» (Сагымбай Орозбаков, 4.57), «Мурдар, атыңды бат айт деп, Булар көчүп сурады» (Сагымбай Орозбаков, 1.218). Ал эми төмөнкү саптардан М-ды билимсиз, маанисиз, наадан деген маанисин баамдоого болот. «Мырдар экен Бокмурун» (Сагымбай Орозбаков, 3.127). «Мырдар Жолой майданга, Мурун келип олтурду» (Сагымбай Орозбаков, 3.196).
МУСАЕВ Самар (1927, Ат-Башы району, азыркы Пограничник к-зунун аймагы) — «Манас» изилдөөчү, адабиятчы. 1949-ж. Фрунзедеги педагогикалык институттун кыргыз тили жана адабияты факультетин бүткөн. 1949-жылдан ушул ин-тта окутуучу болуп иштеген. 1950-ж. эң алгач уюшулган кыргыз адабияты кафедрасынын башчысы болгон. 1965—88-ж.. Кыргыз Илимдер академиясынын ТАИдеги «Манас» секторунун башчысы болуп эмгектенген. 1988-жылдан жетектөөчү илимий кызматкер. М. «Каныкейдин образы» (Манастын элдүүлүк проблемасына карата) деген темада диссертация (1962) коргогон. Бул эмгекте Каныкейдин образынын негизинде «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасын ачкан. Ошондой эле эпостун жаралуу доору, эпос чагылдырган доор, тарыхый шарт жөнүндөгү маселелер козголгон. М. көптөгөн окумуштуулардын эпоско арналган илимий макалаларынын кол жазмаларын чогултуп, иретке келтирип, «Манас» героический эпос киргизского народа» (Фр., 1968) деген китепти орус тилинде басмага даярдаган, анын түзүүчүсү жана редактору болгон. Редактордон деген кириш сөздө китепке кирген ар бир эмгекке мүнөздөмөдө берген «Фольклор, Издание эпоса» (М., 1977) деген жыйнакка кирген «Проблемы научной публикации текстов «Манаса» деген көлөмдүү илимий макаласы «Манас» эпосунун тексттерин басмага даярдап чыгаруу маселелерине арналган. «Манас» эпосуна жалпы мүнөздөмө берген «Эпос Манас» (Фр., 1979) деген монографиясы орус тилинде жарык көргөн. Ушул эле эмгек 1984-ж., 1985-ж. орус, немец, англис тилдеринде бир китеп болуп жарык көргөн (Фр., 1984, 1985). «Манас» эпосунун биринчи бөлүмүнүн кара сөз түрүндөгү баяндамасын жазып жарыкка чыгарган (Фр., 1986). Китеп Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулунун айтуусунун негизинде жазылган. М. 1968-ж. Саякбайдан «Манас», «Семетей» эпосторун магнитофонго көчүрүп алууга катышкан.

А. Абилов

МУСТАЕВА Майнур Ибрагимовна (1912, Казак ССРи, Петропавловск шаары) — Кыргыз совет опера ырчысы (сопрано), Кыргыз ССР эл артисти (1947). Фрунзедеги муз. окуу жайда ырдоо жана скрипка боюнча (1930—35) жана Москвадагы Луначарский атындагы искусство институтунда (1935— 38) окуган. 1938—65-ж. Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын солисти. Ырчылык өнөрүн драма актёрлугу менен айкалыштыра билген. М. «Айчүрөк», «Манас» операларынан Айчүрөк, Каныкей, Канайымдын партияларын мыкты аткарган ырчы катары таанылган. «Ардак Белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган.
МУСУЛМАН, Бусурман (арабча жеке санда муслим, көптүк санда муслимун; иранча мосалман (Аллага табынууга) — моюн сунган (адам)) — ислам динин туткан киши. Эпосто М. термини Манастын тарапкерлеринин идеологиялык-

www.bizdin.kg
саясий жалпылама аты. Көп кылымдар ичинде мусулман элдеринин тарыхый-маданий алакаларынын кыртышында синтезделген чыгыш мифологиясынын мотивдери эпоско органикалык түрдө жуурулушкан. Бул бир жагынан элдик жол башчы Манастын М. эсептелиши менен ишке ашкан. Мухаммед пайгамбар минип Мекеден Иерусалимге анан асмандап көтөрүлгөн жомоктогу жаныбар Бурак эми эпосто Манастын аргымагынын, желмаян төөсүнүн (Саякбай Каралаев, 1.233) эпитетине айланып, ал түгүл оң каармандарды сыпаттоодо (Сагымбай Орозбаков, 1.185; 4.323) пайдаланылат. М-дардын орто кылымдардагы поэзиянын атрибуту Зулпукор (Зу-л-фикар) кылычы Манастын шыбагасындагы мубарек буюмга (Саякбай Каралаев, 1.182) айланса, ал эми мусулмандаштырылган Кыдыр (Хизр) менен кырк чилтен (Саякбай Каралаев, 1.105) Манастын жана анын чоролорунун тагдырындагы бурулуш учурларга ырааттуу катышып турат. М-дык мотивдер исламга чейинки дүйнөгө болгон көз карашынан, үрп-адат, чарбалык турмуш жагдайынан кабар берген эпикалык даректерге кылдат жуурулган. Маселен, бир маалда ак буудай унун чайнап, ак куран (келем-и шарып) кармап ант берилсе (Саякбай Каралаев, 1.170), ал эми кырк чилтен жөнүндөгү түшүнүк байыркы түркий тотемдик ишенимдин учугун улаган «кыргыздан чыккан кырк бөрү» (кырк чоро, Сагымбай Орозбаков, 4.327) сыяктуу туруктуу эпитеттин кылаасында өз алдынча өнүктүрүлгөн.

М-дык Манас үчүн идеологиялык өбөлгө, ошондуктан, Алмамбеттин кыргыздар тарабына өтүшү анын М. болууну купуя көксөөсү (Сагымбай Орозбаков, 4.204) менен шайкеш келтирилген эпосто тарыхый калаймандардын айынан Борбор жана Орто Азияга чачыраган байыркы элдин тагдырындагы азаптуу учурларды баса белгилөө үчүн «Кытайдан качып кыйла жан... Багдатты көздөй барганы» (Сагымбай Орозбаков, 1.118) жөнүндө кабар же айрым кыргыз топторунун алыскы бир чыгышка айдалып М. дининен четтеп, кайырдинге айланууга мажбур болгондугу тууралуу эпизод (Үсөн — Көзкаман: Саякбай Каралаев, 1.108) жана башкалар киргизилген. Бүгүнкү күнгө чейин Ыраакы Чыгышта (Түндүк-Чыгыш Кытайда) фуюй кыргыздары сакталган, алар да Эне-Сай кыргыздарынын борбордук азиялык бир бутагы катары 14—18-кылым чыгышка сүрүлгөн эле. «Көзкамандар окуясы» эпизодунун М-дык чүмбөтүн сыйырсак, эпосто белгилүү ар бир тарыхый кырдаалдардын ретроспективдүү чагылдырылышы орун алган деп сөз кылууга болот.

Эпосто М. элдеринин айрым кандары деле Манаска (кыргыздарга) каршы согуша берет. Бул да орто кылымдардагы тарыхый окуялардын «Манаста» чындыктан жазбай сүрөттөлүшү болуп эсептелет. М-дын негизги беш парзын 1) «Алладан башка кудай жок, Мухаммед анын элчиси» деп күбөлөндүрүп айтуу; 2) беш убак намаз; 3) орозо кармоо; 4) Мекеге ажылык кылуу; 5) зекет салыгын төлөп, кайыр-садага берүү (Саякбай Каралаев, 1.106, 126, 134; Сагымбай Орозбаков, 4.118) аткаруу жагдайы эпосто атайын көңүлгө алынбаган жана айрым бир парздары үстүртөн чагылдырылган. Аш-тойдо, жортуулда, олжо бөлүштүрүүдө Манастын тарапкерлери М. эсептелингени менен алар казатка («ыйык согушка») киргенде адаттагыдай « Алло акбар!» деп диний ураан таштабастан салгылашышат (Короглы. М., 1983. 397-б.), «Манас! Манас!» деп, же «Кыргыз! Кыргыз!» деген жалпы ураанды жана айрым бир ата уулдук ураандарын (Сагымбай Орозбаков, 1.147, 232, 258; Саякбай Каралаев, 1.60, 159, 180) чакырышат. Мындан патриоттук пафос М-дык сезимге баш ийдирилбегенин айгинелейт. Ал эми «Алда (Алла) деп атка миништи» (Сагымбай Орозбаков, 4.218), «Жалынганы Шаймерден...» (Сагымбай Орозбаков, 4.263), «Жети олуя кол берип, Арстан Манас ошондо Даарып калган чени ошол» (Саякбай Каралаев, 1.233) сыяктуу саптар М-дык мүнөздөмөлөрдүн боёгун коюулантуу үчүн эпостун кийинки өнүгүү этаптарында гана киргизилген көмөкчү жагдайлардан болуп саналат.

www.bizdin.kg

Т. Чороев

МУУНЧУЛ ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ, Силлабикалык ыр түзүлүшү — муун өлчөмүнө негизделген ыр түзүлүшү. «Манас» эпосу дүйнөлүк ыр-таануу илимине белгилүү болгон төрт системанын (метрикалык, силлабикалык — муунчул, тоникалык — басымчыл, силлабикалык-тоникалык — муунчул-басымчыл) ичинен силлабикалык (муунчул, муунга негизделген) түзүлүштө айтылган. Мында ыргак (ритм) түзүүнүн каражаты — ыр жолдорундагы муун сандарынын бирдейлиги, башкача айтканда эпостун саптарындагы ыргак муундардын бирдей өлчөмдө келиши менен түзүлөт. Кыргыз ырларында муундардын катышы чоң роль ойнойт. Эпостун ыр түзүлүшү негизинен 2 — 3 ритмдик бөлүккө ажыраган 6—8 муундан турат, к. *Ыр түзүлүшү*

МУХАММЕД, Мукамбет (570-ж. чен —632)— исламды негиздөөчү. 630—631-ж. алгачкы теократиялык мусулман мамлекетинин негиздөөчүсү (Арабстанда). М. мусулмандардын түшүнүгүндө кудайдын жердеги элчиси, пайгамбар делип ардакталат. Чыгыш мусулман элдеринде белгилүү окуялардын же көрүнүктүү адамдардын доорун М. пайгамбардын мезгилин чек кылып, андан мурун же кийин болгондугун белгилөө орун алган. Мисалы, «Үрүстөм баатыр Мухамбет пайгамбардан мурун жашаганбы же кийин жашаганбы?» (Жирмунский В. М., Зарифов Х. Т. Узбекский народный героический эпос.— М., 1947, 34-б.) деген суроону чечмелөөнү болжолдошот. Мына ушундай эле элдик түшүнүк боюнча манасчы Сагымбай Орозбак уулу Манас тууралуу мындай түшүндүрөт: «...Азирети Мухамбет Мустафадан кийин, 475-жылдан кийин түрк элинен, Түркстан жеринен Манас чыгат» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571-инв., 1-б.). Манасчынын тарыхый М. пайгамбардын жашаган мезгилин чек кылып белгилегени боюнча Манас баатыр жөнүндөгү жомок 11-кылымга таандык болот.

К. Мукашева

МУХТАРОВ Хусейин (1938, Чүй району, Кең-Булуң айылы) — кыргыз совет опера ырчысы(бас), СССР эл артисти (1984).



Х. Мухтаров — Коңурбай. «Манас». операсы, 1966.

П. И. Чайковский атындагы Москва консерваториясын бүтүргөн (1964). Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында солист. Актёрдун аткарган образдарынын ичинде ар кыл жанрдык ролдордон тартып, эпостук чыгармалардын негизинде жазылган драмалык образдарга чейин бар. М. «Манас» операсынан Манас менен Коңурбайдын партияларын аткарган. Медалдар менен сыйланган.

МУХИТ — топоним. М. океан, деңиз дегенди туюндурган араб сөзү. Эпосто көлдүн аты катары айтылат: «Ар жагы Мухит көл деген, Аты угулат бу жерге Аны

www.bizdin.kg
Алтайдын журту көрбөгөн» (Сагымбай Орозбаков, 1. 214). Термин эпоско араб-иран кол жазма булактарынын таасири менен кирген.

МҮНӨЗ — көркөм адабияттагы каармандардын конкреттүү тарыхый шартта өзүнүн жеке жүрүш-турушу, иш-аракеттери жана рухий дүйнөсү менен белгиленүүчү өзгөчөлүгү, башкача айтканда «образдын чордону». Ал — адамдын жеке жүрүм-турумунан, өзүнө, башка адамдарга, ар кандай көрүнүштөргө карата мамилесинен байкалуучу жалпы чөйрөдөгү стили. Көркөм чыгармадагы ар бир эле каарманда М. боло бербейт, ал үчүн ошол кейипкер өзүн толук, ачыгыраак көрсөтүшү керек. Чыгармада каарман көп болушу мүмкүн, бирок баары эле М. деңгээлине жете бербейт. «Манас» эпосунда башкы каармандан баштап, ысмы бир гана жолу аталган эпизоддук кейипкерлерге чейин жүздөгөн каармандардын М. деңгээлине көтөрүлүп жеткендери да, жетпегендери да бар. Каармандардын мүнөзүнө жалпы белгилер менен катар жекече өзгөчөлүктөр да таандык. Манасчылар каармандардын сырткы жана ички белгилерин (кебете-кешпирин, психологиясын, речин) баяндап, сыпаттап берүү, сюжеттин өнүгүшүндө алардын ордун жана кызматын көрсөтүү аркылуу М-дөрүн ачып берет. Эпосто М-дүн аныкталышынын эки түрү бар: биринчиси сюжеттин жүрүшүнөн улам адам эркинин көрүнүшү, аракеттениши, бир инсандын чөйрөгө жана чөйрөнүн инсанга мамилесинен пайда болот; экинчиси жүрүш-турушу, кулк-мүнөздү белгилей турган жекече белгилер: баатырдык же коркоктук, марттык же сараңдык, эмгекчилдик же жалкоолук, ак ниеттик же кара санатайлык жана башкалар Мындай психологиялык белгилерсиз М-дү аныктап билүүгө болбойт. Манастын жеке мүнөзүндө жалпы эл коргогон баатырларга тиешелүү орток белгилер бар, алар коркпостук, тайманбастык, эр жүрөктүүлүк, күчтүүлүк, ошондой эле мүнөздүк жеке белгилерге ээ, алар Манастын айкөлдүгү, кенебестиги, барк албастыгы, «эрдиги бар, эси жоктугу». Манасты, Семетейди, Сейтекти, Каныкейди, Айчүрөктү, Бакай менен Кошойду, Чубак менен Сыргакты, Коңурбай менен Жолойду жана башкалар каармандарды башкалардан айырмалап турган негизги белгилер — алардын М-дөрүнүн өзгөчөлүгүндө. Манасчылар өздөрүнүн дүйнөгө көз карашын, түшүнүктөрүн М-дөрдүн айланасында топтойт.

А. Муратов, Б. Кыдырбаева

МҮҢКҮР — буту-колунан ажыраган, оор, кыйын абалда калган, азап тарткан деген маанидеги сөз. Эпосто «Бөлөкбай баштап кырк калча, Манастын үңкүрүн баккан мүңкүрү» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1.238), — деп казына кайтаруучу адамдар катары сүрөттөлөт. Бөлөкбай Таласка келип, Манаска чоро болгондо, Манас аны казына жыйган үңкүрүн кайтарууга ээлик кылууга дайындап, кырк калчага башчы кылат. Манас өлгөндөн кийин казыналык үңкүрдү «алты арам» талаганда кырк калчаны ээрчитип качып, тентип, Бөлөкбай чоң зоодо жан багат.

МҮРӨКТҮН СУУСУ —1) тирилтип жандандыруучу, жашартып күч-кубат берүүчү, ичкен киши аябай узак жашай турган суу жана ошондой булактан чыккан суу; 2) өлбөстүн суусу, өлбөстүн дарысы. Байыркы-элдин түшүнүгү өзүнүн жөнөкөйлүгүнө карабастан, фантазиялуулугу жана ар түрдүүлүгү менен айырмаланган. Өз кучагына коом, жаратылыш, жаныбарлар дүйнөсүнөн башка да, өмүр, өлүм философиясын камтууга аракеттенүүлөр болгон. Анткени, өмүрдүн кыскалыгы, өлүм трагедиясы байыртан эле адам баласын тынчсыздандырбай койгон эмес. Илим, медицина жөнүндөгү түшүнүгү чектелүү байыркы адамдар «мүрөктүн суусунун» касиеттүүлүгүнө толук ишенишкен. Элдин түшүнүгү боюнча М. с-н ичкен киши өлбөйт имиш. Байыркы замандан бери эле чыгыш жомогу аркылуу кыргыз арасына гректин жангери Искендер Зулкарнайдын (Александр Македонский) жомогу кеңири тараган. Ал жомокто Искендер өлбөстүн суусун издеген. Жанына жолдош (жол көрсөтүүчү) кылып Кызыр (Кыдыр) пайгамбарды алган. Кызыр М. с-н таап, өзү ичип, Искендерге келип кабар бергиче ал суу жок

www.bizdin.kg
болуп кеткен экен. Ошентип, Искендерге М. с. насип болбой калып Кызыр ичкендиктен кыямат кайымга чейин тирүү калыптыр. «Маната» да М. с.— өлбөстүн суусу, өлбөстүн дарысы, өмүрдү узарткыч маанилеринде сүрөттөлөт. Мисалы, «Картайганда мен Бакай, Өзгөчө дууга түштүмбү, же мүрөктүн суусун ичтимби?" — деп арман кылган. Бакайдын үчилтиктин жыйынтыктоочу бөлүгү — «Сейтек» эпосунда мифтик каармандын деңгээлине чейин көтөрүлүшү, анын коомдогу ролу, мааниси, аткарган милдети, турмуштук бай тажрыйбасы, эң көп жана татаал маселелерди туура чечүүдө көптү билген, көптү көргөн, узак жашаган, түбөлүк «өлбөс» образга айлантып даңазалаган элдин фантазиялуу учкул кыялы менен элестүү баяндалган.

Э. Абдылдаев

МЫЙЗАМ ГҮЛҮ — күзгө жуук жел менен кошо учкан ак түстөгү желе сыяктуу үлпүлдөк нерсе. Эпосто көбүнчө күз маалы деген мааниде жолугат. «Былкылдак куурай бышкыча, Мыйзам гүлү учкуча» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1.124) деген сап күз келгиче деген маанини туюндурат.

МЫЛТЫК — сайлуу жана жылма найлуу ок атма курал. Манастын согуштук курал катары кеңири колдонулгандыгы эпосто учурайт.

Мисалы, «Мылтык менен атышып, Саадакты сая тартышып» (Саякбай Каралаев, 2. 151), «Найза менен жетпесе Мылтык менен атышып» (Саякбай Каралаев, 1.90), «Мылтыкка дүрмөт салышып, Мылтыктарын октошуп, Милтелерин чоктошуп» (Сагымбай Орозбаков, 2.132), «Мылтыкка андис мыкты бар» (Сагымбай Орозбаков, 3.164), «Мылтыктан түтүн булады» (Сагымбай Орозбаков, 3. 167) жана башкалар Орто Азия элдеринин эпосторунда Манастын кеңири пайдаланылганы жана эпикалык каармандардын негизги жоо куралдарынын бири экендиги тууралуу кеңири кабар берилет. М. өзү дагы эпосто эпикалык мүнөзгө ээ. Эпосто М-тардын аккелте, жазайыл алмабаш, койчагыр, чотала, жазайыл, сыр бараң, очогор, замбирек (топ), үркөрбоо, төө мылтык, күлдүр мамай мылтык жана башкалар атылма жоо куралдары көбүнчө энчилүү ат менен аталат.

Ы. Кадыров

МЫРЗА — эпизоддук кейипкер. Бокмурун Көкөтөйгө аш берүү жөнүндөгү кеңешке чакырган мыктылардын бири (Сагымбай Орозбаков, 3. 81,382).

МЫРЗАБАЕВ Артык [1930, Кызыл-Аскер кыштагы (азыркы Бишкек шаарынын аймагында)] — кыргыз совет опера ырчысы (баритон), СССР эл артисти (1967). 1954-ж. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайын (В. В. Корнеевдин классы боюнча) бүтүргөн. Кыргыз мамлекеттик филармониясында, ошол эле жылдан Кыргыз мамл. опера жана балет театрында солист. М.— кооз тембирлүү үнү бар, вокалдык техникага бай артист. Ал «Айчүрөк» операсынан Семетейдин партиясын аткарган. Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.

МЫРШАП, Муршап, Миршап (иранча миршэб, мир — буйрук, шэб — түн) — түнкү кароолдун башчысы, эпосто көбүнчө жигит, жасоол, желдет маанисинде колдонулат: «Жети мыршап астында Жерин ачып бош-боштоп (Сагымбай Орозбаков, 3.113), «Бу сөздү айтып эр Манас, Мыршаптан буйруп ийгени» (Саякбай Каралаев, 4.57).

МЫСЫР — топоним. Көкөтөйдүн ашына чакырылган Сейиттин уулу Кемел мекендеген жер (Сагымбай Орозбаков, 3.91).

МЭЭНЕТКӨК — *Санжыбектин* байгеге чапкан күлүгү, Көкөтөйдүн сөөгүн коюу учурунда өткөрүлгөн ат чабышта бешинчи болуп келет (Сагымбай Орозбаков, 3.58).

МЭЭР ЧӨП — сейрек жолугуучу дары өсүмдүк. Көбүнчө Кытайдын түндүк-чыгыш бөлүгүндө, Түн. Кореяда, Россиянын чыгышында кездешет. Эпостун мүнөздөөсүнө караганда согуштун жүрүшү көпкө созулган кыйын кыстоо учурларда «атчан

www.bizdin.kg
тамак ичишкен» элдик баатырлардын күл азыгы сыяктуу эле М. ч. да каармандардын минген тулпарларынын азыктоюту болгондугу байкалат.

Ала жүрсөң күл азык,
Атка берээр мээр чөп,
Каран күн башка түшкөндө
Кереги мунун тиет деп
Кудус менен Мысырдан
Муну койбой чалдырган,
Эр Шуутуну жиберип,
Беш кожого кат берип,
Белек кылып алдырган.
Бармактайын чайнаса
Адамдын мээрин кандырган,
Беш талын катып чайнаса
Тулпардын суусун кандырган (Саякбай Каралаев, 2.175).

Н

НААМАН — топоним. Эпос боюнча Түркстандагы эпикалык өлкө, кыргыз жана башкалар түрк урууларынын көөнө ата-журту, Манастын ата-бабаларынын мекени. Сагымбай Орозбаковдун вариантында ата-журтун душмандан бошотууга келген Манастын колунан коркуп, Анжыяндан кытайга көчүүгө камынган Алооке кан:

Буруттун жери Нааманды,
Мурунку атаң алганы
Бул сөздүн жок жалганы.
Атамдын жерин бергин деп
Алтайлык келип калганы (Сагымбай Орозбаков, 2.226—227),

аргасыздан кетип жатам деп, жемелеген уулу Коңурбайдын алдында актанат. «Наамандын жери Түркстан, Айныдым мында жүрүштөн» (Сагымбай Орозбаков, 2.193, 227), «Анжыянды, Нааманды» (Сагымбай Орозбаков, 2.224) дегенге караганда, эпикалык Н. кеңири да (Тоолу Орто Азия — Ала-Тоо, Памир-Алай, чакан да (Фергана чөлкөмү) аймак деп кароого болот.

НААРКҮЛ — эпизоддук кейипкер. Манас күйөөлөп барганда Каныкейдин эшигин тосуп турган жети нөкөрдүн бири. Н. Ажыбайдан алган жамбыны босогодогу эки калча кызга берип, Манасты Каныкейдин үйүнө кийирип жиберет. Тойдогу ат чаап жар тандоодо Н. тагдырына буюрган Бакайга турмушка чыгат (Сагымбай Орозбаков, 2. 398).

НАБАТ, наабат, абаат — этноним. Н-тар «Манас» эпосунда кыргыздар Алтайдан Анжыянга көчүп келердеги окуяларга байланыштуу айтылат:

Анжыянга барууга
Бизге уруксат бериңер!
Калганыңар калыңар
Каалаганың барыңар,
Катаган, дөөлөс, набаттан
Калың кыргыз баары бар,
Окчу менен думара,
Найман, Шаңгай дагы бар (Сагымбай Орозбаков, 2. 152).

www.bizdin.kg
Кыргыздын ичкиликтер бөлүгүнүн белгилүү урууларынын бири. Айрым санжыра боюнча жоо кесек уруусуна кирет.

НАЗАР Болот уулу (1828, Ысык-Көл өрөөнү —1893, ошол жер) — манасчы. Бугу уруусунун Арык тукумунан. Н-дын айткан «Манасы» жазылып калбаган. Анын чыгармачылыгынан кабар берген айрым эскерүүлөрдөн башка эч маалымат жок. Эски акындардын, манасчылардын өмүрүн жана чыгармаларын жакшы билген манасчы Саякбай Карала уулу 1961-ж. «Манас» изилдөөчү З. Мамытбеков менен болгон аңгемесинде: «Валиханов Көкөтөйдүн ашын Ысык-Көлдөгү чоң манасчы Назар Болотовдон Токсоба Олжобаевдин айлында жазып алган» деп көрсөтөт (З. Мамытбеков. Ч. Ч. Валихановдун «Манастан» жазып алган эпизоду. — Китепте: «Манас» эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери». Фр., 1966, 28-б.).

Ч. Валихановдун жазган материалындагы дагы бир маанилүү нерсе: «Менин кыргыздын тарыхый санжыралары жана эл оозеки адабияты менен кызыкканым Боронбай жана башкаларга орус өкмөтүнүн тапшыруусу менен жүргүзүлүп жаткандай көрүндү, ошондуктан алар бардык жардамын көрсөтүштү» (Ч. Валиханов. Соч. в 5 томах, т. 1. Алма-Ата, 1961, 263-б.), — дейт. Ушул маалыматка караганда Бугу уруусунун башчылары Ч. Валихановго кыргыз элинин көркөм өнөрүн көрсөтүш үчүн атактуу манасчы Назар Болотовду чакыртып келип «Манасты» айттырышы мүмкүн. Н. арык тукумунан болгондуктан урууну бийлеген Токсоба Олжобаевдин үйүндө болуп «Манасты» Ч. Валихановго айтып берүүсү ыктымал.


Н-ды угуп, көрүп билгендер анын жомокчулугу жөнүндө «Назар чоң жомокчу болуп, үнү бийик эле, эпостун бөлүктөрүн толук айтат эле, эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүн айткан жомокчу болгон. Назардын болжолу адистиги күчтүү болуу керек, «Манасты» айтып кызыган учурда топусу шилисине, бирде чекесине келип-кетип турчу экен» деген өңдүү сөздөрдү гана айтышат. Манасчы Мамбеталы Ашымбай уулунун «Каныкейдин Тайторуну чапканын Назар манасчы да айтчу экен» (Кол жазмалар фондусу, 233-инв., 6-б.) деген учкай кабары жана семетейчи Алмабек Тойчубек уулунун «Ал «Манасты» Кыдыр акени, Чыныбайды ээрчип айткан. Назар Кыдырдын жомокчусу болгон» (Кол жазмалар фондусу, 233-инв., 51-б.) деген маалыматы жана башкалар элдин айтуусу боюнча Н. чоң манасчы болсо дагы анын чыгармачылыгы жөнүндө кеңири ой айтууга мүмкүн эмес, анткени анын манасчы Тыныбек менен айтышынан башка так маалымат жок. Учурунда көлдүн атактуу манабы Чыныбай Н. менен Тыныбекти айтыштырып көргөн. Манасчыларга Манастын өлгөнүнөн ага күмбөз салдырууга чейинки эпизодду айтуу тапшырылат. Адегенде Н. айтып бир жарым күндө бүтөт. Анын айтуусу боюнча Манастын күмбөзү Надыр деген устага салдырганы баяндалат. Кыскасы, Н-дын өз учурунун атактуу манасчысы Тыныбек менен айтышы жогоруда айтылган Назар «Манас» үчилтигин толук билген чоң жомокчу болгон деген эскерүүлөрдү ырастайт. Н. жарды киши болуп: «Жээрде аттан башка малым жок, Манастан башка жаным жок» — деп ырдоочу экен. Ошол атактуу Н. манасчыдан Саякбай Карала уулунун устаттары Акылбек, Чоюке сыяктуу манасчылар «Манасты» үйрөнгөн дешет.

С. Алиев

НАЗАРБЕК — эпизоддук кейипкер, Ошпурдун уулу. Манас жолдоштору менен салбырынга барганда Н. да болот (Сагымбай Орозбаков, 1. 255).

НАЙЗА — сайышууга ылайыкталган согуштук курал. Эпосто душман менен согушканда, же «келишүүдө», эки тараптан «жекеге» чыкканда жана «эр сайыш» оюнунда, аңчылык учурунда колдонулат. Н.— узун жумуру жыгач сапталган учтуу темир өзөктөн турат.

www.bizdin.kg



Өзөктүн жан жагынан сайганда кесип кетүүгө ылайыкталган темир миздүү «канатчалар»
чыгарылат. Майданда жана жортуулда таанымал болуш үчүн ар бир топтун, же бөлүктүн өздөрүнө жараша ар кандай түстөгү түпөктүү, же желектүү, мүбакүлдүү найзалары болгон (ал жыгач менен темирдин ашталган жерине бекитилген). Чабуул жана коргонуу учурунда Н-лар жоокерлерге багыт берүүчү белгинин милдетин да аткарган, к. *Сырнайза.*

НАЙМАН — эпизоддук кейипкер, казак уруу башчыларынын бири. Алмамбет менен Көкчөнү араздаштыргандардан (Сагымбай Орозбаков, 2. 243).

НАЙМАН — этноним. Эпосто кыргыздар менен коңшулаш жашаган («Катарлаш болуп Кошойго, Кара-тейит, найманга», Сагымбай Орозбаков, 2. 94) эл катары сүрөттөлөт. Алар Манастын душмандарына каршы («Наймандан Чоро баатырга айт, Шашкеге калбай ылдам айт», Сагымбай Орозбаков, 1. 123) согуштарга катышат. Тарыхый маалыматтар боюнча Н. 13-кылымга чейин Моңголиянын аймагында Ыртыш дарыясынын боюна качып келишкен. Бирок, бул жерде 1208-ж. Чынгызкандын жоокерлеринен жеңилгенден кийин канзаада Кучлук башчылык кылган негизги бөлүгү Жети-Сууга көчүп келишкен. Адегенде, Кучлук кара-кытайлардын гурханына кызмат өтөгөн. Бара-бара өзүнүн тегерегине ири күч топтоп, гурхандын бийлигин тартып алган. Н-дардын көпчүлүгү Жети-Сууга жана азыркы Түндүк Кыргызстан аймагына таралган. Кийинчерээк башка элдердин, алардын ичинде кыргыздардын курамына да «найман» деген этноним кошулган.

НАЙМАНБАЙ Балык уулу (1853—1911) — манасчы. 16 жаш курагында атасы белгилүү манасчы Балык Чүй өрөөнүндөгү Байтик манаптыкында жашап жүргөндөн баштап «Манас» айта баштаган.
Н-дын айткан вариантынын айрым эпизоддук үзүндүлөрү бизге чейин жеткен: «Таласты мактоо», «Манастын кээ бир кийимдери», «Манастын күмбөзү». 1923-ж. К. Мифтаков бул үзүндүлөрдү Талас, Кең-Кол, Улуу Төрдөн Н-дын айткандарын эстеп айтып жүргөн Ырыскулбеков Сулаймандан жазып алган.



Т. Садыков, Найманбай Балык уулу. (Манас архитектуралык-скульптуралык композициясынан, 1981).

19-кылымдагы чоң манасчылардын бири катары Н-дын бюсту Бишкек шаарындагы «Манас» архитектуралык-скульптуралык ансамблден орун алган.

НАКЫЛАН — Манастын аялы Акылайдын ысымынын эпостун айрым варианттарында аталышы, к. *Акылай.*

www.bizdin.kg

НАМУТ — топоним. Манаска каршы кутум уюштурган кандардын жиберген элчилери «Намуттун чөлүн сыдырып, Кытмырдын боюн кыдырып» (Сагымбай Орозбаков, 4. 18) өткөн жер.

НАРБУУДАН — Семетейдин тулпары. Саякбай Каралаевдин вариантында гана айтылат, к. *Тайбуурул.*

НАРКАРА — Манас туулгандагы тойдо байгеге чабылган Алтайлыктардын күлүгү (Сагымбай Орозбаков, I. 82).

НАРКЕСКЕН — кылычтын энчилүү аты. Н. Саякбай Каралаевдин вариантында Манастын кылычы экендиги төмөнкүчө айтылат:

Мына ошондо зор Манас,
Жоо жарагын шайланып,
Кыргын салчу наркескен
Кылычын ичинен байланып,
Арстандай чамынып,
Айкөл Манас артык шер
Казатка чыкты камынып (Саякбай Каралаев, 1. 88).

НАРКЫЗЫЛ — Түмөндүн байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап, жар тандоодо Н. жыйырма алтынчы келип, Түмөн тагдырына буюрган Чынаятканга үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 425).

НАРКЫЗЫЛ — Серектин байгеге чапкан жана жоого минген тулпар аты. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо Н. жыйырма үчүнчү келип, Серек тагдырына буюрган Талапбүбүгө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 425).

НАРЫН — бышкан этти майда туурап, чык куйган тамак. Ага кесме кошулбайт. Н. үчүн эт кырылып күл майдаланып, бөртүлүп же куш тил, бөрү тил, жапырак, уй тил сымал тууралат. Н. кыргыз, казак, өзбек, моңгол жана башкалар элдердин илгертен эле сый тамагы болгон. Эпостогу Н. жөнүндөгү маалыматтар анын байыркы тамактардан экендигин айгинелейт: «Туу байталдан сойдуруп, Туурап нарын койдуруп» (Сагымбай Орозбаков, 4. 50). «Ак боз бээ сойдуруп, Ашап алып кетсин деп, Нарын тартып койдуруп» (Сагымбай Орозбаков, 4. 87). Н-дын кесме кошулганы азыр бешбармак аталып жүрөт.

НАРЫН, Нарин, Нарынгол — топоним. Эпостун негизги варианттарында кыргыздар эзелтен мекендеп келген жерлердин бири катары айтылат. Тарыхта түрдүү ат менен белгилүү. Н-га байланыштуу атоолор Моңголия, Казакстан, Орто Азия, жана башкалар жерлерде кезигет. Географиялык реалияда Кыргызстандагы эң ири дарыя, өрөөн, Ала-Тоонун ичкери жагында Н. дарыясын бойлоп созулуп жаткан кырка тоо.

НАСИР Искендер уулу (1933, Кетмен-Төбө өрөөнү, Кызыл-Өзгөрүш айылы) — манасчы. Жалал-Абад зооветеринария техникумун бүтүргөн. 12 жашында чөмөлө үйүп жүрүп талмасы кармап жыгылгандан 3 күндөн кийин бир атчан келип: «Тетиги үч атчандын бири Манас, таанышып салам бер», — деп кеткенден тартып «Манас» айта баштаган экен. Андан «Манас» эпосунун: «Алооке кан», «Манастын туулушу, бала чагы», «Кыргыздардын Анжыянга көчүүгө камынганы», «Элдин Ала-Тоого көчкөнү», «Манас Алооке канды жеңгени», «Шоорук кандын кыргыздарга кол салышы, ар элдин башкаруучуларынын дайындалышы», «Алмамбет, Алмаметтин кандардан жол талашканы», «Манастын Нескараны жеңиши», «Алмамбеттин келиши» эпизоддору жазылып алынган. Окуя Анжыянды жердеп жаткан кыргыз элин калмак каны Эсенкан чаап, кыргыздардын туштушка сүрүлүшү менен башталат. Эсенкан Анжыян, Арка, Самарканга Алоокени кан кылып дайындап кетет. Ал элди кырк жыл бою каалашынча эзип келген. Алоокенин алтымыш уулу, алардын эң кенжеси Коңурбай болот. Алтайга айдалып кеткен Жакып кан өмүрүндө бала көрбөй 73 жашка келгенде аялы Чыйырдынын боюна бүтүп, 12 ай көтөрүп, жай мезгилинде

www.bizdin.kg
төрөйт. Манас тентек өсүп 4 жашка келгенде Жакып аны Чоңмурун деген койчуманга берип, кой кайтартат. Чоң жолдун боюнда кой кайтарып жүрүп тескери качкан козуга ыргыткан таягы кербен менен өтүп бараткан калмактардын нарынын тизесине тиет. Кербенчилер таяктан өлгөн нарды төлөп бер деп коркутушат. Манас уруша кетип кербендерди кырат, эси ооп калган бирөө калмактарга качып барып болгон окуяны айтып берет. Калмактар жети жыл камданып, кыргыздарга кол салат. Манас баш болгон кыргыздар аларды талкалап, сүрүп ташташат. Урушта:

Тайманбастан качырып,
Жаза сайды шашылып,
Арманда болду эр Манас
Коңурбайды качырып (Кол жазмалар фондусу, 274-инв., 66-б.).

Элин эркиндикке чыгарыш үчүн Манас баатыр кол жыйнап, Коңурбайга каршы аттанат. Эки тарап беттешип, катуу кагылыш болот. Манас менен Коңурбай таң атканча кармашып, жанынан түңүлгөн Коңурбай жойпуланып «туугандашып жүрөлү, бектин кызы Бегимжанды алып берейин» дейт. Бегимжанды Манаска берип: «Кылыч чапсам өтпөдү, Мылтык огу жетпеди, Найзанын учу тешпеди» (Кол жазмалар фондусу, 274-инв., 80-б.), — деп ушунун сырын билип берүүнү тапшырат. Эки ай өткөндөн кийин Манас ууга кеткен маалда Коңурбай келип, Бегимжандан Манаска «таң агарып атканда, ай жарыгы батканда чапкан кылыч өтөрүн билип алат. Үч айдан кийин Манас Бегимжанды калтырып, элине кайтат. Таластан Манас Кокон каны Ысмайылдын кызы Каныкейди алат. Жакып кан калмак каны Эсенкандын көрсөткөн кордугун баласы Манаска айтып, чачылган элди жыйнагын дейт. Эсенкан Акбалтаны баш кылып көп кыргыздарды алып кеткен болот. Чубак ошол калмактардын жеринде төрөлөт. Манас баатыр Эсенканга каршы аттанып, аны жеңет, ал жерге кедей кызы Орунду кан көтөрөт. Кыргыздарды кайра элине алып келет. Ошондон тартып Чубак Манастын чоросу болуп калат. Эсенкандын иниси Соорентик балалуу болбой жүрүп, алтымышка чыкканда Калдай кызы Экзерди алат. Андан сол колуна уюган кан, оң колуна кара таш кармап түшкөн Алмамбет туулат. Ал 9 жашка чыкканда ата-энеси Түп-Бээжиндеги ар өнөрдү үйрөткөн чоң окууга жиберишет. Алмамбет жети жыл окуп келет. 18 жашка келген Алмамбет атасынын Коңурбай тартып алган Кан-Жайлак деген жайлоону кайра алуу үчүн Коңурбайга барып аны менен урушат. Коңурбай качып, Эсенканга даттанып барат. Алмамбет Эсенканга келип, өзүнө бир кандыкты берүүсүн талап кылат. Алмамбет Коңурбай менен касташып, Манаска качып баратып, жолдо Сараң байга жолугуп, ага жылкычы болуп калат. Сараң бай: «Калмакты Манас чапканда бүт жылкысын жапырып, Бөкөйдү көздөй ашырып» (Кол жазмалар фондусу, 274-инв., 99-б.) кеткен экен. Алмамбет жылкы кайтарып жүргөндө жылкы арасынан Чоң тору бээ сарала кулун тууйт. Аны Алмамбет Сараң байга көрсөтпөй багып жүрөт. Сарала кунан болгондо минип алып, Манасты издеп жөнөйт. Жолдон казак каны Көкчөгө жолугат. Көкчөдө 2 жыл жүрөт. Ушактын айынан Көкчөнү таштап, Манасты издеп жол тартат. Манас анын келерин түшүндө көрүп, алдынан тосуп чыгат. Манас, Чубак, Кошой, Бакай, Төштүк бешөө Алмамбеттин кайратын сынап көрүшөт. Алмамбет Манастан алда канча артыгыраак болуп чыгат. Манас Алмамбетти кан болгун дейт, бирок Алмамбет чоро болуу үчүн келгендигин айтат. Манас аны кол баштап чоро кылып дайындайт.

Алтайда жүргөн кезинде ата-журту Анжыянды Алооке кан бийлеп турганын угуп, элди чакырып жерине көчүү жөнүндө кеңешет. Эл аны колдоп, көчүүгө камына башташат. Манастын эли Алайга келип жайланышат. Манастын Алайга келгенин угуп Алооке кол жыйнап, кыргызды чапмакчы болот. Бирок, тилеги ишке ашпай

www.bizdin.kg
Манаска багынып берет. Алайдагы кыргыздарды чаап малын олжолоп алуу үчүн Каратегинден Шоорук кан кол курап келип, катылып Манастан жеңилип качат. Кызы Акылайды тартууга берип, Манастын алдына түшөт. Манас баатыр Шоорук кандын элинде жатканда Алооке кан элин жыйнап качып жөнөйт. Чоң-Бээжинден окууну бүтүрүп келаткан эң кенже уулу Коңурбай жолунан чыгып, атасына кол жыйнап бер Манасты барып чабайын дегенде: — «Шашпай тур аның акыры Эсенканды чапканы келет, ошондо көрөбүз», — дейт. Манас баатыр төрт айдан кийин Акылайды алып элине кайтат. Кыргыздар Алооке кан менен Шоорук канды чапканын уккан Ооган каны Акун булардын күчүн көрөйүн деп кол курап келип, бейкут жаткан элди чаап, жылкысын тийип кетет. Ачуусу келген Манас колун алып, анын артынан барып, Акун кандын колун талкалайт. Акун кан кечирим сурайт, Манас Акун кан менен кудалашып кайтат. Кыргыз эли үчүн Алай ылайыксыз жер экен деп Манас аны таштап Самаркандын Кара-Тоосуна көчүп барат. Ал жерден Манас эл башчыларын дайындайт да, өзү эгин эгип, оокат кылып жатып калат.

С. Карагулов

НАЧАРБҮБҮ — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап, жар тандоодо аты отуз төртүнчү келген Тазбайматка турмушка чыгат (Сагымбай Орозбаков, 2. 419, 426).

НЕМИС — этноним. Эпосто Көкөтөйдүн ашына келген элдердин катарында айтылат: «Орус да бар, немис бар, Ойроттун баары тегиз бар» (Сагымбай Орозбаков, 3. 147).

НЕСКАРА — каарман, эпикалык душман баатыры. Белгилүү варианттардын дээрлик бардыгында кездешүүчү салттык образ. Эпостун варианттарында бирде манжуунун, бирде кытайдын каны делет. Жолой, Коңурбайлар менен тең катар баатыр. Анын негизги максаты да — баскынчыл жортуул аркылуу башка элдерди талап-тоноп, олжо табуу, алык-салык алуу. Сагымбай Орозбаковдун варианты жана Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Н-нын алгачкы согушу Алтай жериндеги кыргыздарга жана бала Манаска каршы жортуулу («Кызыл чоктуу Нескара кол салып кирди топ жара»). Жолой менен бирге Манаска каршы экинчи келишинде жетимиш жеринен жарадар болгончо салгылашкан Н. качып кутулат. Манас төрөлө электе Эсенкан Манас аттуу баланы издетип жиберип, Самаркандагы чоң Эшендин уулу Жарманасты байлап алып кеткен балбан-баатырларынын бири, Айкожонун (Жаангер кожонун) баласы Билерикти барымтага кармап, орго салдырган да Н. болот. Н-нын жана башкалар эпикалык душман баатырларынын Манаска каршы алгачкы «майда казаттарынын» натыйжасыз болгондугу кийин Көкөтөйдүн ашындагы жаңжалга жана Чоң казаттын чыгышына себеп болот. Эпосто эпикалык душмандардын көрүнүктүү өкүлү катары Н-га да калыс баа берилет, анын эрдиги менен катар амалкөйлүгү, сынчылыгы, сөзгө чечендиги дайыма баса айтылат. Көкөтөйдүн ашына чакырылган Н. Мааникер тулпарды сынап жактырат. «Дегениме көн бурут,
Мааникерди бер бурут» — деп, зордоп тартып алмак болгон кытай-калмактарды Манас күч менен токтотот. Валиханов жазып алган эпизоддо ашка келген кытайкалмактардын зордук-зомбулугунан, кысымынан улам уруш чыгат. Аш тараганда ат чабыштын байгесин алдырып жиберген Манас атайын даярданып барып Жолой менен согушуп, өлтүрөт. Коңурбай да жекеме-жеке урушта Манастан өлөт. Манасты моңгол каны Наз-Кара (Н.) өлтүрөт.

«Манас» эпосунун көркөм образдар системасындагы терс каармандар эрдиги жагынан оң каармандарга тең келе албаса, айлаамалы, митайымдыгы менен артыкчылык кылат. Мындай өзгөчөлүк Н-нын образына да мүнөздүү. Саякбай Каралаевдин вариантында кыргыздар, Манас үчүн Бакай кандай мааниге ээ болсо Н. кытайлар, Эсенкан кан үчүн Бакайга тете каарман катары сүрөттөлөт:

www.bizdin.kg

Манжунун баатыр каны ушул,
Кырк кан эли кытайдын
Карыкандан кийинки
Баш ийүүчү жан ушул.
Эзелден Бээжин шаарына
Эсепсиз артык дагы ушул.
Акыл таап берүүчү
Айгайлаган кытайдын

Бакай өңдүү эри ушул (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 541-инв., 2151-б.). Терс каармандардын ичинен Н-нын акыл, айла менен согуштук тактиканы айкалыштыра билгендиги Чоң казатта айкын көрүнөт. Чоң казат учурунда Эсенкан баш болгон кытай-калмак кандары, кол башчы баатырлары кеңешип, кыргыздарды алаксытып, өздөрүнүн согуштук күчүн күчөтүү максатында тыныгуу алуу үчүн «кара тилдүү чечен кул» Н-ны элчиге жиберишет. «Эрендердин баарысы атчан тамак ичишип, аябай уруш кылышып» турган курч кырдаалда айлакер Н-нын Манастын кенебестигинен туура пайдаланып, жети күн бурсат алышы эпикалык душмандын кошумча кол жыйнап, күчтөнүшүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Н-нын бул аракетинин натыйжасы «достум Манас, эми биз бул жерден Таласка тирүү барбайбыз» деген Алмамбеттин катуу өкүнүчү аркылуу берилген. Н. «Манас» эпосунда эмне милдет аткарып, кандай роль ойносо «Семетейде» (Саякбай Каралаевдин варианты) анын образы жаңы тарыхый шарт, кырдаалга ылайык эволюциялык өнүгүштө көрүнөт. Бирок бул образдын сапаттык жаңыланышы Н-нын мурдагы сапат-касиеттерин жокко чыгарбайт, тескерисинче, толуктап, тереңдетет. Н. «Семетейде» да акылман, айлакер, баскынчы баатыр катары сүрөттөлөт. Коңурбайдын Таласка жасаган чабуулунда Коңурбай менен бирге Н-нын да баскынчыл жортуулунун жыйынтыгы чыгарылып, Коңурбайдын Таласка жасаган чабуулунда Н. Күлчоронун колунан ажал табат.

С. Алиев

НИКЕ — эки адамдын бүлө болушканын элдик салт боюнча бекемдеп, мыйзамдаштырган жөрөлгөсү. «Маната» Н. төмөнкүчө айтылат:

Карысы Кошой, Эр Бакай,
Акыл кеңеш кылды эми.
Ай-жаң-жуң кызы Бирмыскал
Алтындан чатыр тиктирип,
Чубакка ника кыйды эми,
Музбурчак, Көкчө калыска
Мунун баарын жыйды эми,
Эсенкан кызы Бурулча
Алтын Айдар чок белбоо
Азизкандын Алмамбет
Буга ника кыйды эми (Саякбай Каралаев, 2. 162).

«Манастын» каармандарына Н-ни «Кожо, молдо жыйганда, Тал түштө ника кыйганда» — деп ислам дини боюнча, же болбосо төмөндөгү саптар айтып тургандай будда дини менен кыйдырат:

Кытай эми ошондо
Ыламасын жыйыптыр
Калмагынча калдырап,
Кытайынча кыжылдап,
Алтынайдай энемди
Азизге ника кыйыптыр (Саякбай Каралаев, 2. 105).

Кай бирде Н-ни шаманизм дини менен кыйдырганы баяндалат:

www.bizdin.kg

Нурдун кызы ушул деп,
Ошол келген дубана
Нурдун уулу ушул деп,
Түнүндө ника кыйыптыр... (Саякбай Каралаев, 2. 104).

И. Молдобаев

НОГОЙ — эпизоддук кейипкер. Манастын чоң атасы. Н. кан «Манас» эпосунун бардык варианттарында (кээде ногой, сары-ногой эли) туруктуу түрдө айтылат. Ч. Валиханов жазып алган эпостун үзүндүсүнө Көкөтөй Н. элинин аксакалы болуп баяндалат. Айрым варианттарда (Сагымбай Орозбаковдун варианты): «Ордосу Талас, башы Чүй, Ногойдун жүз миң үй болгон» (Сагымбай Орозбаков, 1. 178, 117), — деп сүрөттөлөт. Н. ордосу жөнүндө кабарлаган бул эскерүү түрк тилинде сүйлөгөн көчмөн уруулардан түзүлгөн жана Орто Азия менен Казакстандын элдеринин оозеки поэтикалык чыгармаларында олуттуу роль ойногон Н. ордосунун доорундагы (15—16-кылым) тарыхый адамдардын айрымдарынын ысымы «Манас» эпосунун өнүгүү процессине ылайык кейипкердик милдет аткарат. Эпосто Н. кан Манас баатырдын чоң атасы аталат да, өз мезгилинин баатыр адамы жана уруу аксакалы катары сүрөттөлөт.

НОГОЙЛОР — этноним. 13-кылымдын экинчи жарымындагы Алтын Ордонун аскер башчысы Ногойдун бийлиги алдындагы моңгол-түрк урууларынын жамдама аты. 14-кылымдын аягында Алтын Ордонун кулашына байланыштуу Ногой ордосу түзүлгөн. Анын аймагы Волгадан тартып Эртиш дарыясына чейин, түштүгү Каспий, Арал деңиздерине чейин созулган. Моңгол уруусу — мангыттар да Чыгыш Европада Н. деген этноним менен белгилүү. Кыпчак талааларынын (Дешт-и Кыпчак) чыгыш бөлүгүндө көчүп жүрүшкөн. Н-дун Сыр-Дарыянын боюнда Сыгнак, Дженд жана башкалар шаарлары болгон. 14-кылымдын аягында Ак Ордо кулагандан кийин мангыттар Н. улусунун негизги уюткусун түзүшкөн. Алардын эмири Едигей 14—15-кылымдардын аралыгында Алтын Ордону бийлеген. Н. Кыпчак талааларынын чыгыш бөлүгүндө, Сыр-Дарыянын боюнда, Тянь-Шанда жашаган элдер менен тыгыз экономикалык жана этникалык байланышта болгон. С. М. Абрамзон этнографиялык материалдардын негизинде кыргыз элинин 15 — 18-кылымдын үчүнчү катмарын түзүүдө ногой-казак тобу көрүнүктүү орунду ээлегендигин далилдеген. Азыр Түндүк Кавказда жашаган Н. менен кыргыздардын ичинде онго жакын окшош этнонимдердин (найман, кыпчак, кытай жана башкалар) кездешиши бекеринен эмес. Сейф-ад Дин Ахсыкентинин «Мажму ат-таварихинде» мангыттар калмактар тарабында Манаска душман катарында сүрөттөлөт. Ал эми «Манас» эпосунун кийинки варианттарында Н. Манасты колдогон эл. Манаска ынтымакташ кандардын бири кара ногой Жамгырчы, ал Манастын көп жортуулдарына (анын ичинде Чоң казатка) катышат. Айрым варианттарда анын атасы Эштек Манастын таятасы деп айтылат. Жамгырчы казак-ногой эпосторунда ногой мырзасы катары кеңири белгилүү. Тарыхый адам Жамгырчы Ногой ордосунун эмири Эдигенин чебереси. Айрым варианттарда Агыш, Кенжанбай жана башкалар ногой элинен. Кээ бир варианттарда Ногой Манастын чоң атасы катары айтылса, айрымдарында уруусу катары сүрөттөлөт. Ногой ордосунун 13—16-кылымдарда (айрыкча 15—16-кылым) күч алып, Орто Азия, Түштүк-Батыш Сибирдеги көчмөн түрк элдеринин тарыхында саясий зор роль ойногону бул жердеги элдердин эпикалык чыгармаларынан кеңири орун алышына себепчи болгон.

Ө. Караев, И. Молдобаев

НОЙГУТ — этноним. «Манас» эпосунда төмөнкүчө айтылат:

Айлы бирге, акыр деп,
Анда бар кыйла акыл кеп,

www.bizdin.kg

Айтууга кепке макул деп,
Акбалта бийди чакыр деп,
Уругу кыргыз нойгуттан,
Нуска билген жакшы жан (Сагымбай Орозбаков, 1. 41).

Контекстте Н-тар кыргыз уруусу деп даана айтылса, төмөндөгү саптарда Н. менен кыргыз ажыратылып айтылган:

Кыргыздардан Байжигит,
Кыпчактардан Тазчечен,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойлордон Эр Эштек... (Сагымбай Орозбаков, 1. 441).

Эпостун дагы бир саптарында Н-тар биримдеш, максатташ эл катары берилген:

Антип-минтип чогулуп,
Жети жүз сексен кол болду
Ошо колдун ичинде
Ортоктош болгон нойгут бар,
Кызыр чалган Жакыптын
Кызматын көргөн кыргыз бар (Сагымбай Орозбаков, 1. 145). Н-тар тууралуу «Манаста» кездешкен маалыматтарда кыргыз уруусу же кыргызга жамаатташ уруу катары көрсөтүлөт. Кыргыз этносунун курамына Н-тар же ойгуттар (Рашид аддин боюнча онгут) 12 — 14-кылымда кошула баштаган деген божомол бар. Бул убакыт кара кытайлар менен моңголдордун түрк элдерине жасаган жортуулдарына туура келет. Кара кытайлар менен моңголдордун айрым калдыктары кийинчерээк кыргыз элинин курамына сиңип кеткен. Ошолордун бири Н-тар болуп саналат. Ушул жагдайды эске алганда «Манастын» маалыматтары кыргыз этнонимдерин жана кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө маанилүү булак болуп саналат.

И. Молдобаев

НӨКӨР — Манас баатырдын согуштук иштерине бирге катышып, жөлөк, таяныч болгон кырк чоронун синоними. Н. деген сөздүн түбү моңгол тилинен чыккан деген божомол бар. Мааниси боюнча арабдын «везир» («увазир»), кыргыздын жөкөр, чоро деген терминдери менен бирдей милдет аткарат. Ошондуктан алар «Манас» эпосунда синонимдик мааниде колдонулган учурлар да кездешет. Мисалы, «Жанында нөкөр-вазири, Жаан кезген көй баатыр» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 1787-инв., 130-б.). Байыркы мезгилде Н. деген сөз кыргыз эпосундагыдай эле жоокерчилик турмушта жөлөк боло турган дос, чоро, малай деген маанилерде колдонулуп келгени түрк тилиндеги жазма даректерден белгилүү. «Манастын» текстинде Н. тууралуу мындай делет:

Кырк нөкөрү кашында,
Оён Манас баатырың
Отуз эки жашында
Дөөлөт кушу башында
Тура турсун аң уулап
Таң-Шаң тоонун кашында (Сагымбай Орозбаков, 2. 170).

Тарыхый жагынан алганда Н. деген термин моңголдордо вассалдык уруу башчыларына колдонулгандыгын Б. Я. Владимирцов туура аныктап көрсөткөн. Анткени моңголдор менен түрк тилинде сүйлөгөн элдер көчмөн мал чарбачылыкта жашаган жана аларда патриархалдык-уруулук уклад күчтүү сакталган коом болгондуктан бул тарыхый терминдердин «нөкөр» (чоро)

www.bizdin.kg
мааниси да бирдей болгон деп эсептөөгө толук мүмкүн. Башка бир учурда Н-дүн малайлардан чыгышын да көрөбүз:

Өз жеринде жүргөндө
Өкүмөт күткүн бир далай,
Өзүнчө келип Көкчөгө
Нөкөр болгон бир малай (Сагымбай Орозбаков, 2. 297).

Бул саптар илгерки түрк жазма даректериндеги Н-лөр малай деген түшүнүктү билдирет дегенге жакын. Дагы бир мааниси — кандын аялын же кызын жандап жүргөн кыз-келиндер да Н. деп аталган. Жалпысынан алганда Н. жөкөр (к. *Жөкөр)* деген сөз бирдей эле мааниде колдонулат.

И. Молдобаев

НУРА — топоним. Жакып элди чогултуп, Алтайдан Анжыянга көчөрдө: «Эдил, Нура суусу бар, Эсен-аман ушу бар» (Сагымбай Орозбаков, 2. 16), — деп эскерилет. Н.— Борбордук Казакстандагы суу.

НУРДАН ТӨРӨЛҮҮ — керемет менен бойго бүтүүнүн бир түрү. Келечектеги каармандын керемет менен бойго бүтүшү жана төрөлүшү миф, жөө жомок, эпостордо кеңири таралган. Өтө байыркы формаларында энелик уруунун барып такалуучу партеногенез (башкача айтканда кыз бойдон туруп бойго бүтүү) жөнүндөгү байыркы көз караш менен байланышкан: каарман энеси жеген сыйкырдуу алмадан (көбүнчө жөө жомокто), энеси ичкен укмуштуу суудан же гүлдүн жытынан, күндүн нурунан, жамгырдан, шамалдан жана башкалар бойго бүтөт (В. Жирмунский). Эпостордогу бул салттык мотив «Маната» да кеңири орун алган. Башкы каармандар энеси жеген касиеттүү алмадан (Манас), батадан (Семетей) бойго бүтөт. Саякбай, Шаабайлардын айтуусунда Алмамбет нурдан, Мамбетте нурдан же нур-периден жашыруун бойго бүтөт. Саякбай Каралаевдин вариантында Алмамбеттин энеси Алтынай кыз кезинде жашыруун мусулман динин кабыл алат. Бутпарас дининдеги күйөөсү Азизканга турмушка чыкканга чейин эле кереметтүү нурдан анын боюна бүтүп Алмамбетти төрөйт. Бул жөнүндө Алмамбет кийин өзү Манаска мындайча баяндайт:

Ошондо кирген түшүнө,
Аксакал чал дубана
Чыбыктай чырпык балдардан
Кыдырата жыйыптыр.
Нурдун кызы ушул деп,
Ошол келген дубана
Нурдун уулу ушул деп,
Түнүндө нике кыйыптыр.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Төшөктөн энем турганда,
Кусул сууну кылганда,
Койнундагы жаш бала
Көздөн кайып болуптур.
Кайып болгон баланы
Кайра дагы көрсөм деп,
Качан болсо оюнда,
Талгак болуп калыптыр
Үч айлык бала боюнда (Саякбай Каралаев, 2. 104).

Түрк-моңгол элдеринин байыркы ишенимдеринде аялдын жаш жигит болуп кубулуп келген нурдан төрөшү жөнүндөгү көз караш кеңири орун алган. Мисалы, Чынгызкандын түпкү теги жөнүндөгү моңголдордун легендасында анын түпкү

www.bizdin.kg
энеси Алан-Гоа күйөөсү өлгөндөн бир канча мезгил өткөндөн кийин бир күнү уктап жатса, боз үйдүн түндүгү аркылуу жарыктын « шооласы түшүп, андан чыккан көк көз, сары чачтуу жигит койнуна келип жатат. Алан-Гоанын боюна бүтүп, Чынгызкандын түпкү бабасы туулат (Рашид ад-дин. Сборник летописей, М., 1952, т. 1. кн. 2, с. 12). Бул легенданын Алмамбеттин нурдан төрөлүшү жөнүндөгү мотивге окшоштугун, экөө тең адепки байланышын байыркы матриархаттык доордогу мифтик легендадан алганын байкоо кыйын эмес. Тигинде да, мында да нур болуп кубулуп келген жигит бойго бүтүрүүчү болуп эсептелет. Ырас, моңголдордун легендасы орто кылымдагы тарыхый эстеликте жазылып калгандыктан байыркы формасын көп бузбастан сактаган. Жигиттин нурдан кубулуп
түндүктөн түшкөнү, өңү-түсү жана башкалар майда деталдарына чейин толук сүрөттөлөт. «Маната» нурдун жигит болуп кубулушу ачык сакталган эмес. Эпикалык салттын инерциясы менен муундан муунга өтүп келе берип, бирок анын алгачкы табияты, аткарган кызматы улам кийинки муундар үчүн бүдөмүк болуп, көп атрибуттарын жоготкон. Ошондуктан, кийинки манасчылар өзүнө анча түшүнүктүү эмес байыркы мотивдерди жаңыча, өз доорунун идеологиясына ылайык түшүндүрүүгө аракет кылганы, нурду ага үндөш хур (бейиш адамы) менен чаташтырып баяндаган учурлары кездешет. Жаш жигит болуп кубулуп аялдардын боюна бүтүргөн нур жөнүндөгү түшүнүк түрк-моңгол элдеринин шамандык ишениминдеги айдын культуна байланыштуу чыккан. Кийинки кездерге чейин шамандык ишенимдерин сактап келген түрк-моңгол элдеринин фактылары муну ачык далилдейт: «Күн сыяктуу эле айды эркек жыныстагы жандык деп болжоого болот, анткени, буряттардын мифтик уламыштарында ай, күн экөө тең аялдарды уурдашат, ал турсун ай сулуу баланын кебетесинде аялдардын боюна бүтүшүнө себепчи болот» (Религия и мифология народов Восточной и Южной Азии. М., 1970, 3-б.).

Р. Сарыпбеков.

НУРЖЕМИЛ — эпосто дарынын бир түрү катары айтылат. Оржемил менен синоним сөз, к. *Оржемил,*

НУРКАБЫЛ — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйгө аш берерде Бокмурун кеңешке чакырган мыктылардан (Сагымбай Орозбаков, 3. 79, 83).

НУУКЕР, Нукер дөө — эпизоддук кейипкер, Кент шаарынан чыккан кытай баатыры.



Т. Герцен. Нуукер дөө менен Манастын согушу.

Эсенкан кырк беш төөдөгү жүгү менен ың-жыңсыз жоголгон «соодагерлеринин» дайынын билип жана Манасты таап, кармап келүү үчүн тогуз жүз балбанга башчы кылып Н-ди жөнөтөт. Жолдоштору менен салбырында жүргөн Манас Оркун дайранын боюнда Н-ге кез келип, согушта Н. Манастын колунан өлөт.

БГУ

НУРТАЗИН Аманбек (1939, Казак ССРи, Жамбыл облусунун, Курдай району, Кенес айылы) — опера ырчысы. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1987). 1956-

www.bizdin.kg
ж. Кыргыз мамлекеттик Ленин ордендүү академиялык опера жана балет театрынын опералык студиясына кабыл алынат.



А. Нуртазин — Сыргак. «Манас» операсы, 1966.

Жаштардын жана студенттердин бүткүл дүйнөлүк 6-фестивалына катышып, лауреат болгон (1957). Москвадагы мамлекеттик Ленин ордендүү П. И. Чайковский атындагы консерваторияны бүтүргөн (1957). Кыргыз опера жана балет театрынын жетектөөчү солисти болуп иштеген. Азыр театр ишмерлеринин бирикмесинин алдындагы Актёрлор үйүндө улук нускоочу. Н. «Айчүрөк» операсында Күлчоро менен Акун кандын, «Манас» операсында Сыргактын ролун аткарган.

О

ОБО ЭНЕ (исламда — Хавва, Ева) — диний түшүнүк боюнча кудай жараткан эң алгачкы аял, адамзаттын түпкү энеси. Куранда Алла таала тараткан дүйнөдөгү биринчи киши Адамдын аялы катары айтылат. Иблис деген шайтандын азгырыгы менен Адам ата бейиштин алмасын үзүп жеп койгондугу үчүн О. э. экөө асмандан жерге куулат. Араб уламышында Адам ата менен О. э. Мекеге жакын жерде жолугушкан экен. Алла тааланын буйругу боюнча Адам ата ошол жерге Каабаны салдырган имиш.

О. э. Адам ата тууралуу жаралган бардык мусулман уламыштарынын башаты Инжилге жана Талмуддук санжыраларга жана уламыштарга алып барат. Ал эми арабдардан Орто Азияга ислам дининин келиши менен «Манас» эпосунда учурайт. Манас буудай эгип, түшүмүнө Аккуланы сатып алган эпизоддо:


Мындан ары бастырсак,
Баабедин деген мазар бар,
Билгич айтат, эр да айтат
Баабедин атам бели деп,

Адам ата, Обо эне Кошулушуп ушунда Оюн салган жери деп (Саякбай Каралаев, 1. 173), — деп айтылып кетет.

И. Молдобаев

ОБРАЗЦЫ НАРОДНОЙ ЛИТЕРАТУРЫ СЕВЕРНЫХ ТЮРКСКИХ ПЛЕМЕН [(Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү) собраны В. В. Радловым часть 5, наречие дикокаменных киргизов. Санкт-Петербург, 1885, (26+600 б.)] — академик В. В. Радловдун он китептен турган эмгегинин 5-тому, Он томдук окумуштуунун 1860—70-ж. аралыгында Алтай, Сибирь, Орто Азия, Казакстан аймактарына жасаган илимий экспедицияларынын учурунда түрк элдеринин арасынан чогултулган оозеки көркөм чыгармаларынын үлгүлөрү болгондуктан ар бир элге арналган китептер бөлүк делип аталган. 5-бөлүккө (томго) кыргыздарга таандык материалдар киргизилген. Китеп транскрипцияланган орус алфавити менен кыргыз тилинде чыккан.

www.bizdin.kg
Китеп орус тилинде берилген В. В. Радловдун кириш сөзүнөн (Предисловие, 1—26), «Манас» (1 — 368 б.), «Жолой кан» (369— 525-б.), «Эр Төштүк» (526-529-б.), кошоктор (590-599-б.) деген төрт бөлүмдөн турат.
Көлөм жагынан да, кириш сөздө окумуштуу өзгөчө көңүл бурган мааниси жактан да китептеги башкы бөлүм — «Манас».


ОБРАЗЦЫ
НАРОДНОЙ ЛИТЕРАТУРЫ
СѢВЕРНЫХЪ ТЮРКСКИХЪ ПЛЕМЕНЪ.
СОБРАНЫ
В. В. Радловымъ.
ЧАСТЬ V.
НАРѢЧІЕ ДИКОКАМЕННЫХЪ КИРГИЗОВЪ.
PROBEN
DER VOLKSLITTERATUR
DER
NÖRDLICHEN TÜRKISCHEN STÄMME
GESAMMELT UND ÜBERSETZT
VON
Dr. W. Radloff.
V Theil.
DIALECT DER KARA-KIRGISEN.
САНКТПЕТЕРБУРГЪ, 1885.
ПРОДАЕТСЯ У КОМИСІОНЕРОВЪ ИМПЕРАТОРСКОЙ АКАДЕМІИ НАУКЪ:
И. Глазунова, въ С. П. Б. Эггерса и Комп., въ С. П. Б.
И. Киммеля, въ Ригѣ.
Цѣна 2 р. 40 к.
7

Кириш сөз — томдогу фактылык материалдарды түзүүчү оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнөн бөлүү максатында өзүнчө рим цифрасы менен бет коюлуп берилген.
Кириш сөз бастырылып жаткан тексттер түрк элдеринин арасындагы бүгүнкү күнгө чейин «Кыргыз» деген наамды сактап келген элдин арасынан жазылып алынгандыгын эскертүүдөн башталып, аталган эл жашаган географиялык жайдын орду белгиленет, оң, сол деп экиге бөлүнгөн кыргыздардын урууларынын аттары саналат. Элдин болжолдуу саны үч жүз миң адамдын айланасында экендиги эскерилет.
Окумуштуу китепке кийирген материалдар 1862-ж. Текес суусунун боюнда бугу уруусунун жана 1869-ж. Ысык-Көлдүн батышында сары багыш, Токмок шаарынын чыгыш тарабы менен түштүгүндө солто уруларынын арасынан жазылып алынганын айткан. Бирок, кайсыл текст, кайсыл жерден, ким деген адамдын оозунан жазылып алынганын так көрсөтпөйт. Жалгыз гана «Манастын туулушу» деп аталган эпостун биринчи окуясын Токмок шаарынан алыс эмес жерде сары багыш уруусунун өкүлүнүн айтуусунан кагаз бетине түшүрүлгөнү эскерилет (236.), бирок мында да информатордун ысмы, ошондой эле текст жазылган так дата айтылган эмес.
Окумуштуунун 1862-жылкы саякат учурундагы иштери тууралуу 1863-ж. 20-августта Петербург академиясында жасаган билдирүүсүнө караганда «Манастын» ошол биринчи келгенде жазылган көлөмү 80 бет, бирок ал материалдын ыр саптык өлчөмү, кайсыл эпизоддор кимден жазылып алынганы так ачык берилген эмес.
Кириш сөздө окумуштуунун айткан маалыматтарына караганда китептеги «Манас» жана башкалар материалдар бир эле адамдан эмес, бир канча адамдардын айтуусу боюнча жазылып алынганы көрүнүп турат. Буга тексттер

www.bizdin.kg
эки башка учурда, бөлөк-бөлөк жерден жазылгандыгы эле эмес, изилдөөчүнүн өзү жазган эпизоддордун айрымдарын китепте Манастын өмүр жолунун жүрүшүнө ылайык тартипте бербегендигин (XIII бет) эскертүүсү, башкача айтканда окуяларды айтуучудан уккан үлгүсүндө эмес, өзү туура деп эсептеген тартип-нукта жайгаштырганын айтуусу да күбө өтөт. Ушундан улам В. В. Радлов эпостун окуяларын бир эле айтуучудан баштан аяк ирээти менен укпаса керек деген жыйынтыкка келүүгө болот. «Манас» айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүгү кириш сөздүн орчундуу бөлүгүн ээлеген, окумуштуунун маанилүү байкоолорун, илимий корутундуларын баяндаган маалыматтардан.

Кириш сөздө китепке киргизилген материалдардын ар биринин кыскача мазмуну баяндалып, айрым түшүндүрмөлөр берилет, акырында автор өзү жазып алган майда ырлардын айрымдарын бул бастырууга киргизбегенин да эскертет. Кириш сөз 1885-ж. октябрь айында Петербургда жазылган.

«Манастын» үч бөлүмүнө тиешелүү материалдар китепте 7 темага бөлүнүп берилген: 1) Манастын туулганы; 2) Алмамбет мусулман болуп, Көкчөдөн чыгып, Манаска кирет; 3) Манас менен Көкчөнүн согушканы, Каныкейди алганы, Манас өлгөндөн соң тирилгени; 4)Бокмурун; 5) Көзкаман; 6) Семетейдин туулганы; 7) Семетей. Өзү жети темага бөлгөн окуяларды окумуштуу «эпизод» деген термин менен белгилеген. Чынында алардын эпизод экендиги жана ушул илимий термин ' менен белгилениши талашсыз, бирок, «Семетей», «Сейтек» кийинки илимге белгилүү маалыматтар боюнча «Манаска» байланыштуу, анын уландылары катары айтылганы менен ошол бир чыгарманын көптөгөн эпизоддорунун биринен эмес, курулушу, темасы, окуялары боюнча ар бири өзүлөрүнчө чыгармалар. В. В. Радловдон мурдараак кыргыз жергесинде болгон Ч. Валихановдун «Илиадага» «Манасты», «Семетейди» «Одиссеяга» салыштыруусу жана эпостун бул эки бөлүгүн атайын эки башка атап, көлөмдөрүнүн зорлугу жөнүндөгү эл айткан уламышты атайылап эскерүүсү «Семетей» да, балким «Сейтек» да ошол учурда эле өзүлөрүнчө чыгарма экендигин айгинелейт.

В. В. Радлов «Манастын» өзү жазып алган окуяларын беш топко бөлүп беришин эпостун айтуучуларынан укканына негизделип иштелген дешке болот. Анткени, андай эпизоддор айрым өзгөрүүлөр менен илимге белгилүү кийинки варианттарда да жолугат.

В. В. Радлов жарыялаган «Манастын» материалдарынын баарына мүнөздүү болгон белгинин бири ар бир окуя — эпизоддордун көлөмүнүн кыскалыгына байланыштуу. Эпостун үч бөлүмүнүн жалпы көлөмү 9449 сап ыр. Бул фактыга карап ошол тарыхый шарт учурунда «Манас» кийинки илимге белгилүү болгон көлөмдөн эң эле аз өлчөмдө айтылган экен деген корутундуга келүүгө болбойт. Анткени, эпостун көлөмү, адатта, чыгарманы айтуучу инсандын жеке даремет-шык деңгээлине байланышкан белги. Демек, мурдатан эле жомокту кеңири планда айткан зор таланттуу адамдар, ошондой эле кыска түрдө аткаруучулар да болгону шексиз. В. В. Радлов жазган тексттер мыйзам ченемдүүлүккө негизделүүчү жоболук белги эместигине Валиханов жазып алган эпизоддогу «Көкөтөй кандын ашы» арасындагы бир нече жердеги окуяны кыскача баяндап берген кара сөз түрүндөгү тексттерди эсепке кошпогондо 3320 сап ыр, ал эми Радлов жазып алган вариантта «Бокмурун» деген ат менен берилген бул эпизод 2195 сап ыр, анын үстүнө арасында кара сөз да жок, жалаң ырдан турат. Бул факты аты аталган эки окумуштуу кыргыз жергесинде болгон шарттарда да эпостун эпизоддору ар түрдүү көлөмдө айтылганын айгинелейт.

1) Манастын тууганы (туулганы) (1—6 бет, 164 сап ыр). Окуя эпостогу кеңири белгилүү болгон салттык белги — баатырдын тегин чечмелеп саноодон башталат:

Жети-Төрдүн башында

www.bizdin.kg

Жеткилең тууган Бөйөн кан,
Бөйөн кандын баласы
Кайраттуу тууган Кара кан,
Кара кандын баласы
Кайраттуу тууган Жакып кан (Радлов жазып алган вариант, 5. 1.).

Манастын атасы Жакып экени бардык варианттар үчүн бирдей таандык көрүнүш. Чоң атасынан тартып көпчүлүк учурда жети атасына чейин саналуучу башка баба-жотолорунун аттары туруктуу эмес, түрдүү варианттарда түрдүүчө аталып, анын ичинде Каракан, Бөйөн, Чаян көбүрөөк эскерилет.

Жакыптын жердеп турган жери Чуңкур Уянын үстү, Алматынын оозу. Эпостун көпчүлүк варианттары үчүн мүнөздүү болгон күчтүү жоодон кыргыздардын чабылышы, туш-тушка сүрүлүшү бул текстте эскерилбейт. Жакып Айдаркандын кызы Чыйырдыны алат, 14 жыл бала көрбөйт, эпостук салтка ылайык мазар тайып, тилек тилеп жүрүп, балалуу болот.

Манасты тууган энеси Чыйырды экени белгилүү варианттардын баарына таандык белги, бирок, Чыйырдынын атасы ким экени туруктуу мүнөзгө ээ эмес, түрдүүчө айтылат, Эштектин кызы деп көбүрөөк учурайт.

Жакыптын узак убак бала көрбөй, тилек тилеп жүрүп перзенттүү болушу да кеңири белгилүү варианттардан орун алган салттык мотив. Жаңы туулган баланын «аппак эти чүчтөдөй, устукан сөөгү мистедей». Акбоз бээ сойдуруп, Жакып баласына 4 пайгамбар, кожого ат койдурат. Балага Манас деген ат берилет. 4 пайгамбар, жеркенден келген жети элчи, кытайдан келген 40 элчи, ногойдон келген он элчи жентек жеп, Манасты сынап, туулган баланын келечекте мыкты чыгарын айтып кетишет. Капыр менен мусулманга Манастын кабары катуу угулат. Күлүшө баштаганда эле бешикте жаткан Манас: «Аксакал атаке Жакып кан Бусурман жолун ачамын, Капырдын малын чачамын...» (Радлов жазып алган вариант, 5. 32) — деп сүйлөйт. Муну укkан Жакып «алабаш жорго чаар атты алып келип токутуп, жакасы алтын, жеңи жез, ак күрөөкө торгой көз, алтындын зээрин жаптырган, күмүштүн дээрин төктүргөн» (Радлов жазып алган вариант, 5. 33) бадананы кийгизип, Байдын уулу Бакай канды чакырып: Манас аттанып, жортом, «алыска сапар барам, Мединаны сыдырып, Чоң Букарды кыдырып, Ит-Кечүүдөн кечем дейт, Бээжиндеги Коңурбай барып уруш салам дейт...» (86—93-саптар), көрбөгөнүн көргөзүп, билбегенин билгизип жанына жолдош бол — деп суранат. Бакай макул болот. Манас он жашында ок атып, он төрткө чыкканда ордо чайкап кан болот. Кашкардагы кытайды Турпанга айдап чыгарат, Турпандагы кытайды Аксыга айдап түшүрөт.

Китептин кириш сөзүндө эскертилген окумуштуунун пикири боюнча Манастын туулушу жөнүндөгү бул кыска эпизод ага берилген сурооого жооп кылып гана айтуучу тарабынан кокусунан дароо ойдон чыгарылган окуя (XIII б.). Окумуштуу атайын белгилегендей бул эпизоддун мазмуну өтө эле жарды экендиги ырас. Бирок, көрүнүштөрдү үстүртөн, өтө кыска, деталдаштырбай берүү окуянын мурда эпостун курамында жоктугунун далили эмес.

Балким бул эпизодду мурда кенен айтпаган адам болгондуктан, же кандайдыр башка себептер менен айтуучу эл арасында мурдатан белгилүү чыгарманын туруктуу салттык окуяларынын бирин өзүнө берилген сурооого так жооп катары ушул түрдө кыска баяндоосу да ыктымал. Чынында «Манастын туулушу» деген темага ылайык келүүчү бүгүн илимге кеңири белгилүү болгон сюжеттик нук баатырдын теги, Жакып менен Чыйырдынын узак убакыт баласыз болуп жүрүшү, туулган баланын жашынан эле өзгөчө жышааналуу экендиги аталган эпизоддо негизинен толук сакталып берилген. Жеке эле бул эмес Манастын жооо аттанам дегенде Жакып даярдаган минер аты алабаш жорго чаар ат Саякбай Каралаевдин

www.bizdin.kg
вариантында Манас туулганда дүйнөгө келген минер аты тору чаар менен үндөшүп турушу, айрыкча «аппак эти чүчтөдөй, устукан эти мистедей» же «жакасы алтын, жеңи жез, ак күрөөкө торгой көз», же «он жашында ок атты, он төртүнө келгенде ордо чайкап, кан болду» жана башкалар туруктуу ыр саптарынын өзгөрүүсүз ушул түрдө кенен орун алышы, эпостун сюжеттик нугунда мурдатан эле орун алганынан кабар берип турат.

2) Алмамбет мусулман (бусурман) болуп, Көкчөдөн чыгып, Манаска кирет (6—61-беттер, 1862 сап ыр) — жер жер болгондо, суу суу болгондо алты атанын уулу капыр, үч атанын уулу мусулман бар экен (1—4 саптар). Төрт арыштуу ойроттогу алтын айдар, чок белбоо Каракандан Алмамбет туулат. Ал топ олуянын тобосунан, бир олуянын батасынан, арчалуу мазар азиреттин алдасынан бүткөн бала. Алмамбет туулду дегенде Ала-Тоо корккonунан бас болот, агын суу корккonунан сай болот. Үч атанын уулу мусулман суунун башын көздөп качат, кара ногой Жамгырчы Иленин башына түшөт, сары ногой эр Манас өркөчү бийик өр кула, өктөм тууган Аккуланы минип суунун аягын көздөп көчөт. Аркы атасы Камбаркан, берки атасы Айдар кан эр Көкчө үч мусулман элдин ортосуна туруп калат. Көкчө элин жыйып камданып, кызыл чоктуу ойроттун элинин четине барып, тил кармап, кабар алалы — деп аттанып, куш салып, каз, соно алдырып жүрүп олтуруп Ысык-Көлдүн жээгине кирип барат. Ар жагындагы адырдан калдайган кара бөркү башында Алмамбет алдынан чыгат. Көкчөдөн мусулманчылыктын жолун угуп, динге кирип, экөө достошот. Элине барып, тил алса мусулман кылам деп Алмамбет кетет да, элин, атасын, энесин мусулман болууга чакырат. Эли, ата-энеси тилин албайт. Алмамбет Кылжээрен атын минип, качып чыгып, жолдон тоскон кыр жагындагы кытайдын кырк сан колун, ой жагындагы орустун он сан колун жарып өтүп, Көкчөгө келет. Көкчө үйүнө кабарга жигит чаптырып, досун ээрчитип үйүнө келет. Акеркеч Алмамбетти сыйлап тосот. Тебише кетип таскарды жарылган бээни союп. Көкчө той берип, Алмамбеттин башын куттуктайт. Алмамбет ойротко жортуп барып, Көкчөнүн элин байытат. Көкчөнүн кырк чоросу ичтери күйүп Алмамбет менен Акеркечтин көңүлү жакын деп ушак айтышат. Буудайбек да алардын сөзүн кубаттайт. Көкчө Алмамбетти чакыртып алып, калмак кет! — деп, жана башкалар көңүл калар катуу сөздөрдү айтат. Таарынган Алмамбет аттанып кетип баратканда Акеркеч алдынан чыгып токтотуп, Көкчөгө келип жүйөлүү сөз айтат. Көкчө Көгаланы тартып, Көккүбөнү жаап Алмамбетти токтоткула деп жигиттерин жиберсе, алар Алмамбет аракты көп ичип алып, карагайдын көлөкөсүнө жатып уктап калыптыр деп, ушактап келишет. Акеркеч ишенбей сыртка чыгып караса көпкө күткөн Алмамбет кетип калыптыр.

Ошол түнү Манас түш көрүп, эртеси катуу даярдык менен жорутат. Түшү: Актайган жетелеп, Акшумкар колуна кондуруп сапарга жүрүптүр. Тайганын агытса дүйнөдөгү төрт аяктуу бүт алдына келип кырылат, шумкарын салса Көктөгү бүт канаттуу алдына келип кырылат. Түштү Ажыбай: «батасы менен батаң тең, атасы менен атаң тең кандын баласы келип, өзүңө жолдош болот экен!” — деп, жоруйт. Манас Алмамбет келе жаткан турбайбы деп камданып, атактуу аттардан жетелетип алып, колу менен аттанып, Таласты бойлоп жүрүп, Желгектин сары талаасына келип конот да, эртең менен жер чалып келмек болуп аттанып, Ашмаранын Кум-Белинен кароол туруп Ашмаранын асты жагындагы Ак-Эрменден түрү бөлөк адамдын келе жатканын көрүп, кырк чорого айтканы кайра жөнөйт.

Кыраңдан элес-булас караан көргөн Алмамбет белге чаап чыгып караса адамдын изи жатат. Ченесе өз изинен бир эли артык экен, аттын изин көрүп, атынын изине теңештирсе мурдагы из бир элиге чоң экен. Бул киши ким болсо да менден эки эличе артык эр экен! — деп ойлойт.

www.bizdin.kg
Манас жигиттерине барып, бир адам келе жатат, алтооң барып колдун четинен жөөлөтүп ээрчитип келгиле! — деп буйрук берет. Жигиттердин өтүнүчүнө болбой Алмамбет эшик алдына чейин атчан келет. Үйгө кирген Алмамбеттен Манас жай сурайт. Ал жөнүн айтат. Манас Аккула, Сараланы баш кылып тогуз күлүк тарттырып, Аколпокту баш кылып курал-жарагын бүт тартуу тарттырат, бара турган жерине ала кетсин дейт. Манас Жакыпка кабар айттырып, камдансын ат чабам дейт. Жакып камданат. Жарышып алдыда барган Манас менен Алмамбеттин алдынан Шакан байбиче чыгат. Анын ийиген эмчегин Манас менен Алмамбет эмип, экөө тууган болушат.

«Алмамбеттин окуясы», «Алмамбеттин арманы», «Алмамбеттин жомогу» жана башкалар темалар менен аталган бул эпизод белгилүү варианттардын дээрлик бардыгында орун алган жана сюжеттик нугу негизинен бир түрдө, бири бирине жакын үлгүдө айтылган эпостогу салттык туруктуу окуялардын биринен. Бул китепте жарык көргөн текст салыштырмалуу алып караганда көлөмү чакан, сюжет кыскартылган түрдө баяндалганы менен кийинки манасчылардын арасынан Сагымбай Орозбак уулунун жана ал кирген мектепке жата турган айтуучулардын варианттарына жакын үлгүдө берилген. В. В. Радлов жазган текст менен Сагымбай Орозбаковдун вариантынын текст окуяларынын жалпы өнүгүш нугу жактан эле эмес, көптөгөн майда деталдык белгилерине, ал турмак кээ бир ыр саптарына чейин бири бирине туура келет. Бул көрүнүш эпостун туруктуу салттык окуяларынын жалпы нугу гана эмес, басымдуу көпчүлүк учурларда деталдык белгилерине чейин иштелип чыгып, айтуучулардын бир муунунан экинчи муунуна туруктуу мүнөзгө жакын өтө тургандыгын айгинелейт.

3) Манас менен Көкчөнүн согушканы, Каныкейди алганы, Манас өлгөндөн соң тирилгени (61 —140-б., 2685 сап ыр) — Манастын атакдаңкы алыска тарап, айлана-чөйрөсүндөгүлөрдүн баарын каратып, ак падышага гана баш коюп турат.

Көкчөнү чаап, жылкысын тийип, каркыралуу кыздарын олжолоп Алмамбет чоромо соогат берем — деп аттанган Манас барып жылкы тиет. Көкчө кубалай келип, жүйөлүү сөз айтса болбойт. Экөө беттешип, Көкчө аткан октон Манас жарадар болот. Дарылайын, токто деп Аккуланы чылбырдан кармаган Көкчөнүн минген атын Манас кылыч менен бөлө чаап салып, таштап кетет. Көкчөнүн жылкыларын кырк чоро кууп айдап кеткен экен. Ак падыша менен учурашып келейин, ошонун айтканы менен болоюн деп Манас жөнөйт.

Ак падышага барып айланасындагыларды бүт каратканын айтат. Падыша сага кол кайрып каршылык кылгандар болсо кыйрата бер, менин элиме гана тийбе, экөөбүздөн улук эч ким болбосун, мен барда сага эч ким кол кайра албайт — дейт. Манас үйүнө келип дүйүм алптан коркпоймун, баягыдай жортпоймун, Кайыптын кызы Карабөрк кармап алдым талаадан, Шооруктун кызы Акылай олжолоп алдым коргондон, кыз издеп, мага жакшы катын алып бер — дейт атасы Жакыпка. Жакып уулуна ылайыктуу кыз издеп чыгып, талаадан жолуккан койчу таздын кеңеши боюнча Темиркандын кызы Каныкейди көргөнү барат. Жуучуга келдим деген Жакыптын сөзүнө Темиркан уулуң көрүнгөн менен жоолашып кармаша берет экен, кызым Каныкей жалгыз, Манас бирөөдөн мерт тапса кызым каралуу калар, балаң жортуулчусун койсун, болбосо кызымды бербейм — дейт. Жакып ага опуза сөзүн айтат. Темиркан элине кеңешет, билермандары көп мал сурайлы, тапса келер, табалбаса ошондон нары жоголор дешет. Бул акылды туура табышып, Жакыпка кудалыктын шартын айтышат. Жакып үйүнө кайтып, кудалардын жайын түшүндүрөт. Манас кырк чоросунун ар биринен жүздөн жылкы чогултуп, жоо-жарагын камдашып, жөнгө келип, кызын жөн берсе аны көрөбүз, бербесе тартып алабыз деп жөнөшөт. Силер бара бергиле, мен ак падышага барып акыл сурай кетейин — деп Манас ак падышага барып, үйлөнгөнү аттанганын айтат. Ал кубанып, жеңкетайга бергиниң деп көп алтын, күмүш, акча

www.bizdin.kg
берет. Манас мурда кеткендердин артынан жете барып, Темиркандын шаарына келишет.
Көгала сакал Меңдибайдын бузукулугу менен Манасты жалгыз ээн талаага таштап, кырк чорону бөлүп кетип коноктошот. Күн ысыганда талаада жалгыз калган Манас суусап кыйналып, жалгыздыгына, күйөр адамынын жоктугуна арман кылат. Кырк чоронун ичиндеги Манастын досу Каратоко сыртка чыгып, Манастын жалгыз калганын көрүп, чоролорго кабар кылат. Алар шашылыш аттанып, Манаска келип кечирим сурашат. Манас кечирет. Алтымыш танап ак чатырды тигип, жатып калышат. Күндүз коркуп келе албаган балдыздар менен жеңелер кечинде келишет. Манастын тапшыруусу боюнча Ажыбай аларга ак падыша атайын берген көп пулду жеңкетайга берет. Эки жакын жеңеси Манасты ал түндө кел, Каныкейдин койнуна жаткызабыз деп, кетишет. Манас барат. Канykей сен кимсиң? — десе, көп калың берип сени ала турган Манасмын — дейт. Төөчү, уйчу, жылкычы кулдарымдын аты бүт Манас, сени билбейм, кет десе Манас болбойт. Каныкей канжар менен саят, бычактын учу билегин чийип кетет. Манас чыр чыгарып, кырк жигитин жиберип Темиркан кан менен Жакыптын жылкысын айдатып келип, колуна кол салат. Аны көргөн Каныкей жанына кырк кыз ээрчитип, кырк үй тиктирип, жыгылыштуу болуп алдына келет. Манас аны атка учкаштырып алып, өйдө-төмөн чапкылайт. Каныкей «Көгүчкөн учса жүнүн кес, Кара бет көп сүйлөсө тилин кес» — деп жалынат. Манас кечирип чоролор даяр үйлөргө түшүшөт. Алмамбет түшкөн үйдө кейпи суук кара кыз олтуруптур. Каныкей Алтынайга барып сенин атаң Айыпкан менен менин атам Темиркан бир тууган, кубулбай өз өңүңө кел, Алмамбет Манасты бийлеген, андан кем эмес баатыр — десе, Алтынай экөөбүз тең атанын кыздарыбыз, эгер мен Алмамбетке тийсем сен мени бээ саадырып, элге кымыз сундуруп жумшап аласың — дейт. Сени кем тутсам төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун деп Каныкей касам ичет. Алтынай чыныгы кебетесине келет. Айыпкан менен Темиркан атаандашып, кыздарын көп дүнүйө берип узатышат.
Калмактардын бери жагында мусулмандардын ары жагында Көкчөгөз менен Каманкөздүн ууру үйү бар экен. Көгала сакал Меңдибай аракка бал куюп, уу кошуп чайкагыла, Манаска берели деп кабар салат. Үч-Капкактын оюнда, Үкүрчүнүн боюнда ак чатыр тигип Манастар жатышат. Серек менен Сыргак кийин калган экен. Уу экенин билбей (берген тамактардан жеп, ичип) уктап калышат. Манас башын көтөрө албай, наалыш кылып, Ажыбай, Алмамбет жана башкалар Тазбайматка чейин аттарын атап, баары өлүптүр, баарынан жаманы Сыргак менен Серек кантип тирүү калган дейт. Манастын көкүрөгүнөн жаны кетелегинде кырк чоро: жан сактар жерди айтып кет, кимге барып баш калкалайбыз? — дешет. Манас башкаларга зордугум өткөн, оруска барсаң батарың — дейт. Манас өлөт, анын сөөгүн коюп, үйгө келип, Жакыпка көңүл айтышат. Жакыптын кеңеши боюнча бийликти Бакайга, кеңешчиликти Ажыбайга, жоого каршы турууну Алмамбетке беришип, ар кимиси өз бетинче жатып калышат.
Жакыптын Манас таап берген мал, дүнүйөсү түгөнүп, сарттын орогун оруп, жакырчылык башына түшөт. Манастын энеси Бакдөөлөт машак терип, карындашы Карлыгач суу алып, от жагып жүдөшөт. Каныкей бадачыга жалданып, Жакып менен Бакдөөлөттү багып жүрөт.
Манастын аты Аккула, кушу Акшумкар, тайганы Актайган аза күтүп, зар какшашат. Алардын зарын угуп кудай жиберген периште Манасты тирилтет. Атын минип, кушун кондуруп, тайганын ээрчитет. Бирок, мурда эмне болгону эсинен чыгып, уу уулап жүрө берет.
Каныкей түш көрөт: асманда ай, күн тууптур, коломтосунан зор терек өсүп чыгып, анын көлөкөсүнө өзү, Жакып, Бакдөөлөт пааналашыптыр. Жакып: Манас тирилип

www.bizdin.kg
келет экен, кырк чорого кабар сал дейт. Манастын аты, кушу, тайганы жоголуп кетти, бул эмне сыр? — дешип таң калышат.
Жакып кырк чоронун Ажыбай, Алмамбет баштаган бир топторуна кабар айтса, алар сөз тыңшабайт. Акыры Бакдөөлөттүн кеңеши менен Бакай, Серек, Сыргак, Манастын кыяматтык досу Каратоко төртөөнө кабар берип, аларды ээрчитип келип, Манастын мүрзөсүнө барып куран окумак болушат. Аккула, Акшумкар, Актайгандын дареги барбы, биле келчи деп, Серекти жиберишет. Ал мүрзөгө барса, Манастын бейити жок, анын ордунда үй турат. Шыкаалап караса салынган төшөктө Манас жатат, Манастын башын жөлөп бир сулуу кыз олтурат. Сүйүнгөн Серек жаткан Манаска кайрылып атаң Жакып, энең Бакдөөлөт, кырк чороң келди, тур десе, ата-эне, кырк чоро деген эмне? — деп билбейт. Качан кыяматтык досу Каратоконун атын атаганда гана эсине келип, мен өлүп тирилген турбаймынбы, элге кабар бергиле, эне-атамды алып келгиле, учурашайын дейт. Элге барып учурашып, жайланып жатып калышат. Ак падышадан акыл сураса, ар кимдер менен урушпа деп кеңеш берет.
Удаа келген, бири-бирине байланыштуу окуялар катары бир темага бириктирилип берилгени менен бул бөлүм мазмуну, окуяларынын курулушу, чыгарманын жалпы структурасындагы орду боюнча чынында үч, ар бири өзүнчө турган жана кийинки манасчылардын вариантарында өз-өзүнчө айтылуучу окуялардан турат. Эмне себептен бул үч окуя ушул тартипте бирге бириктирилип берилип калганы белгисиз, окумуштуу ага айтуучу ушул түрдө айтып бергенин, же өзү жалпы нуктун ыңгайына карап атайын бир топко чогултуп койгонун эч жерде эскербейт. Кириш сөздө окумуштуу буларды бир эпизод деп ишенимдүү айтканына (13 б.), ошондой эле Манас менен Көкчө эмне үчүн согушканына бүдөмүктөнүп, кыясы Алмамбеттин Манаска өткөнүнө байланыштуу болсо керек дегенине, же Манас белгисиз себептер менен мерт табарын айтканына (ошол эле бет) караганда изилдөөчүгө бул окуяларды бир адам чогуу айтып берген. Бул ойду үч окуянын башынан аягына чейин көп жерлеринде Манас менен Ак падышанын эң жакын мамилеси улам-улам атайын басым жасалып, ыгы болсо да, болбосо да айтылуусу да бекемдейт. Мындай ой эпостун китепке киргизилген башка бөлүмдөрүндө орун алган эмес. Үч окуя бир адам тарабынан айтылганына үч бөлүктө тең Манасты тууган энеси катары Бакдөөлөт эскерилгени (бул бөлүмдөн мурда келген Алмамбеттин окуясында Манастын тууган энеси Чыйырды — Шакан делет) да күбө.
Китепте биринчи жайгаштырылып, жалпы тизмектин башталышы катары берилген «Манас менен Көкчөнүн согушканы» — деген окуя тексттеги маалыматтарга караганда Көкчөдөн Алмамбеттин тарынчысы үчүн өч алуу максатында иштелген иш. Буга Манастын өзүнүн ак падышага «Алмамбет үчүн жүрдүм мен, Эр Көкчөнүн жылкысын алдым мен» (74-б., 456—457-саптар) деген сөздөрү айкын күбө. Бирок, бул кыска окуянын чыгармадагы жалпы нуктун так ушул жеринде келип айтылышы күмөн туудурат. Анткени Көкчөгө аттанардын алды жагында «Көр жастанып мал таптым Канықей жыргал көрсүн деп» (64-б., 121 — 122-саптар) айтылат. Буга караганда Көкчөгө каршы аттануу Манас Канықейди алгандан кийинки окуялардын бири. Кийинки варианттары кагаз бетине түшүрүлгөн манасчылардын басымдуу көпчүлүгүнүн айтуусунда Алмамбеттин окуясынан кийинки келүүчү окуя Манастын Канықейди алганы.
Манас менен Көкчөнүн согушканы ушул бөлүмдө берилген планда илимге белгилүү варианттарда жок, бирок, Алмамбет менен Көкчөнү жараштыруу максатын көздөгөн, башкача айтканда ушул темага жакын мүнөздө курулган окуялар — айрым тексттерден орун алган. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Манас Канықейди алгандан кийин Алмамбет менен Көкчөнү беттештирип, тарынчысын айттырып, бугун чыгарып, жараштыруу үчүн Көкчөгө

www.bizdin.kg
барганы айтылат. Көкчөдөн кайра келе жаткан Манастар Көзкамандардын көчүнө жолугушат.

Бөлүмдөгү экинчи окуя — Манастын Каныкейди алганы эпостогу туруктуу салттык окуялардын бири. Бул бөлүмдөгү окуялар илимге белгилүү варианттардын басымдуу көпчүлүгүндө берилүүчү салттык нукка жакын планда айтылган.

Үчүнчү окуя бөлүмдөгү экинчи окуянын терс каарманы Меңдибайдын Көкчөкөз, Көзкаманга кабар берүүсү эскертилүү аркылуу ошол окуяга уланды катары көрсөтүлгөнү менен чынында өзүнчө турган, «Көзкамандар» окуясы деген тема менен берилген салттык туруктуу окуянын-сюжетинин кыскартылган баяндамасы. Китепке 5-бөлүм катары «Көзкаман» деген ат менен киргизилген сюжет буга далил. Мазмунунда айрым өзгөчөлүктөр бар экенине карап бул бөлүмдө берилген окуяны «Көзкамандар окуясынын» өз алдынча варианты дешке болор эле.

4) Бокмурун (140-205-6., 2197 сап ыр) Көкөтөй ооруп, кан түкүрөт. Уулу Бокмурунду, эли-журтун чакырат. Эли-журту жыйылып келгенде Көкөтөй үзүлөт. Бокмурун аш берүүгө камданып, ашка эл чакырууга чабарман жиберет: «бекип калган бейиштин эшигин ачкан, байланып калган базардын жолун жазган Эр Кошойго бар, Көкөтөй кандын ашы болот, башкы аттын байгеси сан төө, сан сарала бээ, сан сары башыл кой, байгенин аягы миң ала баш кунаажын, беш жүз токсон беш атка байге бар, атын байлап, өкүнүчү болбос үчүн камданып келсин, бул ашыма келбесе көрүнбөсүн көзүмө, таарынбасын өзүмө» (48—50-саптар), «айчыгы алтын кызыл туу менен барып, Төтөгөлүү боз үйүн төшкө сүрөй салбасам, төрдө олтурган сулуусун ач билектен албасам, ат соңуна салбасам, артык олжо кылбасам» (55 — 56-саптар), — деп коркутуп чакыртат. Кошойдон өтүп Манаска, эр Агышка, Элеман байдын эр Төштүккө, эгиз кара ат байлаган Үрбүгө, Көккоёнго, Жедигердин Багышка, Карадөө уулу Жарманаска, эргежээл, итаалы элдерине чейин, Айдаркандын Көкчөгө, орустун каны чоң Жолойго, капырдын каны Нескарага, кыр мурундуу, кызыл көз кытайлардын Коңурбайга, өгүз кан элине, Оогандын каны Музбурчакка, Ороңгуга кабар бер дейт. Кабарчыны жөнөтүп коюп, чоролоруна акыл салып аштын камын көрө баштайт.

Ашка эл чогулуп, Кошойдун акылы боюнча ашты Манас бийлейт. Ат чубатылып, сынчылар чабыла турган аттарды сынашат. Ат айдалып кетип, тойдун тамашасы башталат. Жөө жарышта Төштүк жер алдынан ээрчите келген Жээрен секиртпес жеңет. Жөө балбанга Жолой чыгат. Манас ага каршы барсыңбы? — деген суроо менен Кошойдон баштап белгилүү баатырлардын баарына кайрылса, ар кимиси өз шылтоосун айтып, баш тартышат. Манас өзү чыкмак болуп аттан түшүп жөнөгөндө намыс кылып Кошой түшөт балбанга. Каныкей тиккен чалбардын мыктылыгын көрүп, күрөштөн аман келсем менден талашпа деп сурап алат. Кошой Жолойду жыгып, мөрөй алат. Сайышка чыккан Коңурбайга каршы Манас барып, ыргыта коюп, мактанып келет. Төө чечүүгө Ороңгу чыгып мөрөй алат. Аштын тамагы тартылып, чабылган аттар келет. Манас Аккуланы сүрөп, алдыда келе жаткан Ачбуудандан өткөрөт да, орус да болсо кан эле Жолойдун аты Ачбууданды да жолго салып коёлук деп аны сүйрөгөндө ат жыгылып калат. Жолойдун ат сүрөөгө келген балдары Өкүмболот менен Төрөбек атты өчтүк менен жыкты деп келип Манастын чоролорун чабат, күнү-түнү он төрт күн катуу согуш болот. Агар алтын ак күмүш, Жолой талап кылат. Жарадар Алмамбет Манастын алдынан чыгып көй кашканын көбү келет, көбү жок деп кабар айтат. Манас Коңуроолу байдын Кошыбышын Таласка жиберип, атакемдин айлындагы Төкөр устага бар, беш айдын жүзү болду ачалбарс сынып калганын бердим эле, «кылды бекен кылычты, сокту бекен соотту», аларды бүтүрбөсө устаны өлтүрүп салгыла дейт. Көкчөдөн Көгаласын сурап кел, атын бербесе андан башка жоом

www.bizdin.kg
жок, Жамгырчы Мердиянды, сүт болотту берсин, аларды бербесе Жамгырчыдан башка жоом жок. Андан нары барып журт карысы эле эл четиндеги Кошойдон бата ала кел — деп Ажыбайды жөнөтөт.
Кошыбыш кош ат минип жүрүп Таласка барса, уста айткандарын дайын кылып бүтүрүп коюптур. Уста аттанып, Манаска келип, буюмдарын берет.
Манас Жолойдун жылкысы кайсы отто экен чалып кел — деп Алмамбетти жумшайт. Меркенин жээгинде жаткан Жолойдун жылкысын көрүп Алмамбет кайра келет.
Манас кырк кулундуу бээ берип, Каныкейге айта бар, Аколпок деген тонум бар, ошондон бери сага жапсын, саламат барып, сак кайтсам Жолойдун кызын Уулбийкени өзүңө токол кылып алып берем, кичи кызы Кишмишти уулуңа алып берем — деп устаны узатат да жылкы тийүүгө аттанат.
Манас жылкыбызды тийип алыптыр деп жаман түш көрүп чочулаган Жолойдун зайыбы Аңгичал кызы Аксайкал Жолойго айтса, ал менин жылкымды ким алат? — деп кенебей коёт. Сайкал Манастын артынан кубалабагыла — деп балдарын жумшайт. Төрөбек менен Өкүмболот Жолойго келип Ачбууданды бер, Манастын артынан кууп баралы дешсе, атасы намыстанып өзү аттанмак болуп, мыктыларын чогултуп камданат. Таргыл таз дегени далы көрүп, жолуң туюк, жыл өткөрүп, эч курбаса ай жаңыртып аттан десе көнбөй, Жолой аттанып кетет.
Жылкыны Айгыр жалы боз дөңдү ашырып коюп, куугун качан келет? — деп, Манас күтүп жаткан экен. Жер майышкан көп кол келе жатканын көрүп, Сыргакка жаныңа он беш жолдош алып, жылкыны катуу кууп жөнө, анын чаңын көргөндө ошол тарапка жөнөөр, мен аңдып жатып кый сүбөдөн саяйын дейт. Тосуп туруп Жолой өтө берерде Манас качырып чыгып, Алмамбет экөөлөп аны аттан сайып түшүрүп, башын кесет. Атасынын өлгөнүн угуп согушка кирген Жолойдун балдарын Алмамбет өлтүрүп, Манаска кабар берет. Жолойдун элин чаап, кыздарын олжолоп, намысымды алдым — деп Манас үйүнө келип, убадасы боюнча Төкөр уста менен баласына кыздарды, алтымыш жылкы олжого берет.
Окуялардын мазмунуна, мүнөзүнө караганда бөлүм бири бирине байланыштуу өзүнчө өнүгүшкө, натыйжага ээ эки бөлүк — эпизоддон турат: Көкөтөйдүн ашы; Жолойго каршы жортуул.
Бөлүм «Бокмурун» деген жалпы тема менен аталган. Окуяга мындай тема ким тарабынан берилгени — текстти айткан информатор ушинтип атаганы, же окумуштуу шарттуу түрдө койгон темабы белгисиз. Бөлүмдөгү биринчи окуянын сюжети Көкөтөй канга уулу
Бокмурун берген аш жөнүндө баяндалат. Көкөтөйдүн оорусу, өлүмү менен башталган бул эпизоддун логикалык жыйынтыгы Жолойдун чабылган аттардын байгесин зордуктап талап кетиши, аштын тарашы менен аяктайт. Ушул эле окуя Радлов жазып алган варианттан азыраак мурда кагаз бетине түшүрүлгөн Валиханов жазып алган эпизоддо «Көкөтөй кандын ашы», — деп аталат. Эпостогу кеңири белгилүү, туруктуу салттык бул окуя илимде фиксацияланган тексттердин дээрлик бардыгында ушул түрдө, же ушуга жакын мүнөздө аталат. Буга караганда бөлүмдөгү биринчи окуянын «Көкөтөйдүн ашы» деген аталышы туурараак болор эле.
Радлов жазып алган вариантынын тексти анча чоң эмес айрым өзгөчөлүктөрү менен, кыскартылып айтылган мүнөздө эл арасында кеңири белгилүү болгон сюжеттик нукка негизинен туура келет. Көптөгөн деталдык белгилери боюнча айрыкча Сагымбай Орозбак уулу көрүнүктүү өкүлү болгон мектептин манасчылары айткан тексттерине жакын.
Бөлүмдөгү экинчи окуя Манастын Жолойго каршы аттанышын баяндайт. Сюжет аштын түздөн-түз уландысы катарында нукка ээ экендигине карабастан, андан кийинки болгон окуялар жөнүндө бара жатканын айгинелейт. Мисалы, Көкчөгө

www.bizdin.kg
ат, Жамгырчыга сүт болотту суратып, Кошойго бата берсин деп киши жиберүү жана башкалар
Жарыяланган окуядай эпизод башка манасчыларда айтылары илимге белгисиз, бирок, атайын даярдык көрүп камданып алып аттануу, чалгын чалуу, жылкы тийүү, кыргындуу согуш жана башкалар белгилери боюнча сөз болуп жаткан окуя эпостогу кеңири белгилүү «Чоң казатты» эске салат.
5) Көзкаман (205 — 280-б., 2540 сап ыр) — Бай Жакып келиндери Карабөрк, Акылай, Каныкейди отко кийирип, сынайт. Каныкейди жактырат. Аны уккан Манас барып кызматын көрөлү деп кырк чоросун ээрчитип аттанып, Каныкейдикине келет. Ал урматтап тосуп, жакшылап конок кылып, кырк чорого сооттон сарпай, чүчтөдөн көйнөк-дамбал, жөкө өтүк кийгизет. Алар кубанып, Каныкейди мактап кетишет.
Ат семирип, түз болот, боз кыроо түшүп, күз болот, эрендер жатып бук болушат да жортмок болушат. Аттанган Манасты Каныкей токтотуп, быйыл 25 жаш мүчөлүң, аттанбагын деп өтүнөт. Манастын ачуусу келип, булдурсун менен чабат. Каныкей ачууңду кой деп күлүп туруп, жолуң ачылсын деп тилегин айтат. Кечээ келген Каныкей кармап жатса деп Акылай аны туурап, ал да Манасты кармайт. Манас аны да чабат. Акылай кайра келбей кал! деп каргайт. Кайрылып Акылайдын көөнүн жайлап алсын, каргышы жаман эле деп Каныкей Манастын артынан адам чаптырса, Манас намыстанып болбой коёт.
Талаада Манас уктап калат. Төрт жолдошу менен чалгынга барган Алмамбет алыстан бир караан көрүп, Манаска келип айтат. Дайнын билип келүүгө Кыргылды жиберишет. Токойлуу жерден тосуп турган Кыргыл келе жаткан баланы кармап алат. Бала мен төрөлүү журттан келе жатам, төрөңө алып бар дейт. Жолдон Алмамбет чыгып жай сурайт. Бала өз жайын айтат. Жакып алты жашта экенде калмактардын Айкан, Күнкан деген кандары келип кыргызды чапканда иниси Көзкаман калмактарга түшүп кеткен экен. Ошол Көзкаман көчүп келатыптыр. Көзкамандын Көкчөкөз, Бөрбөлжүн, Чагалдай, Агалдай аттуу беш уулу бар экен. Алмамбет Манаска келип баланын сөзүн айтат. Манас атам мурда андай тууганы жөнүндө эч качан айткан жок эле, чын-төгүнүн билип кел деп, Алмамбетти жөнөтөт. Андан кабарын уккан Жакып уулумдун алды-артында жөлөк-таянычы жок эле, ырас болгон турбайбы деп кубанат. Байбичеси калмактан келген немелер сага эл болмок беле, жалгызым Манаска кыйын болгон тура, беш бөрү бирөөнү таласа соо калабы деп кайгырат. Жакып акылың тайкы, кубанбайсыңбы деп, карс-карс күлүп тим болот.
Кайра тарткан Алмамбет Каныкейге айтсамбы, айтпасамбы деп, ыргылжың болуп келе жатканда ал кереметинен билип, алдынан чыгып жай сурайт. Алмамбеттен жаңы туугандардын кабарын угуп, корком, алар бизге эл болбосо мерт таап калбасын, сак болсун! — дейт.
Алмамбеттен Көзкаман чын эле тууганы экенин уккан Манас куу байтал минген баланы туугандарымды баштап кел — деп жөнөтөт да, жаңы тууганды өрүлүктөп туруп, анан жортмок болуп, үйүнө кайтат.
Көзкамандардын көчү келет. Манас кырк чоросу менен барып өрүлүктөп, алты үй-өргөө тиктирип берет, түлөө өткөрүп, туугандарынын колдорун алалдайт, чоң той өткөрүп, ат чабат.
Ыраазы болгон Көзкаман балдарына камданып Манасты конокко чакыргыла, ат мингизип узаткыла дейт. Алар камданып, Манас менен чоролорун чакырып келүүгө Чагалдайды жиберишет. Ал даап Манаска айта албай, кырк чородон угар деп аларга гана айтып кетет. Конокко келе жатканда Серек Манас жок кантип барабыз, Алмамбет сен барып чакырып келбейсиңби дейт. Чакырганы барган Алмамбетке Каныкей аракка мас болгондо чатак чыгар, тууган адамдардын арасына киришпейли деп кырк чоро кетип калар, көптөп жалгызымды мерт

www.bizdin.kg
таптырып коюшпасын, Манас барбай эле койсун дейт. Анын сөзүн туура тапкан Алмамбет кырк чорого кайра барып: Манас мас экен, уктап калыптыр, өзүбүз эле барып, сыйын көрүп келели десе, Серек көнбөй кайра жөнөп, Манасты ээрчитип келет. Конокто мастыктан чыр чыгып, чок болот менен кагып жиберсе учу Манастын жазы маңдайына тиет. Манас жалгыздыгына арман кылат. Көзкаман ортого түшүп, арачалап коёт, Манас үйүнө барат.

Манас чоролорун чакырып калмактарга жортуп баралы — деп кеңешет. Аттанып чыгып Каржаабастын боюна барып жатат. Алардын кеткенин үч күндөн кийин билген Көкчөкөз күндөп-түндөп жүрүп, ат урунду кылып артынан жете барат. Билген жолуң деп Көкчөкөздү чалгынга жиберишет. Ал калмактарды аралап барса Айгандын жанында турган Жайзаң көрүп тааныйт да, Айганга айтат. Ал карматып алып, сырын сураса Көкчөкөз мен жүз киши, Манас кырк киши менен келдик. Манасты жайлайлы, элди мен бийлейин дейт. Айкан кол курап камданат. Көкчөкөз кайра келип, Манаска жооп айтпай, чатырына түшүп жатып алат. Манас Көкчөкөздөн жай сурап кел деп Алмамбетти жиберет. Алмамбет жоонун жайын сураса Көкчөкөз калмактар эч капарсыз, жай жатышыптыр дейт. Алмамбет кайра келе жатса жолдон Көзкаман чыгып: чалгын чалгыла, Манас сак болсун, түндөтөн күбүр-шыбыр көбөйдү, мени бөлүп ташташты, коркуп турам, — деп эскертет.

Алмамбет Манаска келип, кандай эл экенин ким билет, баласы бирди айтса, атасы башка сөз айтат деп укканларын баяндайт. Манас менен Алмамбет аттанып чалгынга жөнөшөт. Жолдон жолуккан калмак чалдан Айкандын кол жыйып, камданып атканын угуп, аныгын билиш үчүн түрүн өзгөртүп алган Алмамбет, жоону аралап кирип, кандын кызы Алтынайдын үйүндө өтүп жаткан кыз оюнга барат. Алтынайды жактырат. Кайра Манаска келип, көргөнүн айтып Алтынай акылы жактан Каныкейге тең адам экен, мага олжого бер дейт. Манас Каныкейге тең экени чын болсо мен өзүм алам десе, Алмамбет «жер дебеймин Таласты, эр дебеймин Манасты», мен кетем деп таарынат. Манас ойноп айттым, Алтынайды сен ал деп убада кылып, кырк чорого барышат. Эртеси калмактарга каршы аттанышып, катуу согуш болуп, калмактарды жеңишет.

Олжодон куру калышкан Көзкамандын балдары чыр чыгарышып, олжолорду кайра бөлүшүп, аларга да беришет.

Элге кайтып келе жатышып жолдо турган бир үйгө түшүп тамактанышканда Көкчөкөз аракка уу кошуп берип, Манас кырк чоросу менен ууланып жатып калышат. Аккуланы мине калган Манасты Көкчөкөз Аккелте менен атат. Ок анын дал ортосуна тийип, капчыгай ылдый кулайт.

Кереметинде билген Каныкей кантемир деген дары алып, Манасты издеп келип таап, кайнатма кара дары, сүртмө кызыл дары менен дарылайт. Мекедеги Канкожо да келет. Манас он эки күндө айыгат. Кырк чоронун өлгөнүн көрүп, жалгыз кантип жүрөм деп Манас тилек тилеп Мекеге кетет, жер жүзүн кыдырат. Анын тилеги кабыл болуп, кырк чоро тирилет да, Манасты издеп Мекеге барышат.

Каныкей түш көрүп, анын түшүн Алтынай кырк чоро менен Манас келет экен, боюңа бүтүптүр, эркек баатыр балалуу болот экенсиң, ал балаң атасынан да ашкан баатыр болот экен деп жоруйт.

Манас келет, Көзкамандын балдарын өлтүрөт.

Бул бөлүм да эки окуяны — «Көзкамандар окуясын» жана «Айган кан» аталган эпизодду камтыйт. Биринчи окуя дээрлик бардык варианттарда кезиккен туруктуу салттык окуялардын бири. Радлов жазып алган варианттагы тексттер бул окуянын көпчүлүккө маалым нугуна жакын. Экинчи окуя «Айган кан» деген аты менен кийинки манасчылардын айрымдары айткан варианттарда кездешет (к. *«Манастын сюжети»),* тексттер негизинен окшош.

www.bizdin.kg
Семетейдин туулганы (280-312-6., 1079 сап ыр) — Аккула арып, Манас карыйт. Каныкейди алганына 32 жыл толот. Чоролорун чакырып: Каныкейдин боюнда 7 айлык бала бар, артымда жаш калмак болду, көзүңөрдү салгыла, кыз болуп калса жайын таап бергиле, мен өлөм, камдангыла — дейт. Манас өлөт, сөөгүн Таластын боюндагы Сулпукорго коюшат. 9 ай өткөндө Жакып: Абыке менен Көбөштүн бирине тийсин деп Меңдибайды Каныкейге жиберет. Муну укканда ал капа болуп, 9 айлык боюнда бар, кыз туусам тием, эркек туусам тийбейм дейт.

Каныкей эркек тууйт, кайын энеси Бакдөөлөт экөө баланы алмак-салмак уйку көрбөй кайтарып багышат.

Жакып, Абыке, Көбөш жаңы туулган баланы өлтүрмөк болуп, кол курап аттанышат. Алардын каптап келе жатканын көргөн Каныкей баласын койнуна салып, алтымыш жашар кайненеси Бакдөөлөттү жетелеп Алтыбайдын аралга кире качат.

Абыке, Көбөштөр Каныкей менен баласын таппай, үй-мүлкүн талкалап, талап кетишет.

Айласы куруган эки аял кайда барарын билишпей, Каныкейдин кеңеши менен анын өкүл атасы Карынбайга келишсе, ал Манастан көөнүм калган деп кабыл албай коёт.

Бакайга барышат. Ал Манастан калган баланы көрүп кубанат, ат-тонун, азыгын камдап, өз атаң Караканга бар деп жолду көрсөтүп, узатып коёт.

Жолдо азыгы түгөнүп ачка болуп, кыйналып, акыры Каракандын шаарына келишет. Каракан Каныкейге ак өргөө тиктирип берип, баланы өзү багып алат. Чоң той берип, балага ат койдурмак болот. Ак боз ат минген, колунда аса таягы бар адам балага «Семетей» деп ат коюп көздөн кайым болот.

Семетей Каракандын баласы болуп чоңоёт. Каракан чоң той берет. Той тарарда Семетей ат минем дейт. Сур жоргого айырмач токуп, ага мингизип, жанына чөйчөктөй көздүү Сары тазды кошуп берет. Семетей өз баласы болсом Каракан мени өзү менен кошо ала жүрөт эле, ал атам эмес экен деп атты жетелеп турган Сары таздан чылбырды жулуп алып, үйүнө кетип калат: Таздан кабар уккан Каракан, анын байбичеси, кыздары, уулу Солтонкул кой десе Семетей болбойт. Каныкей келип кой десе, ага менин атам Манас элимди сагындым, атаңдын Ак олпогу менен Актулпарын сурап бер дейт. Али жашсың деген энесинин жүйөө сөзүнө көнбөй койгондо Каныкей атасына барып, Семетей жалгызым эли-журтун билип алыптыр деп аты менен тонун сурайт. Айткандарын алып берип, Бакайга жолугуп, ошонун тили менен бол деп тапшырып, Каныкей уулун узатат.

Семетей жол жүрүп Таласка келип, Үч-Кошойду эңкейип кирип, Сулпукордун башынан төө кайтарып жүргөн Бакайга жолугуп, өзүнүн дайнын айтып, энеси берген белекти тапшырат. Кубанган Бакай төө энеси куу ингенди кудайыга чалып, Семетейди ошол жерде калтырып, өзү сүйүнчүгө кетет. Жакыпка Семетейдин келгенин айтса, ал баланы алып кел дейт. Сыртка чыгып тура калган Бакай Жакыптын балдарына Семетейге уу берели деп жатканын угат.

Семетейге келип, берген тамагын ичпе деп тапшырып, аны Жакыптыкына ээрчитип барат. Семетей Жакыптын уу кошуп берген арагын ичпей, итке берсе, ит өлөт.

Семетей андан аттанып, Абыке, Көбөштөргө барып, алардын үйүндөгү атасынын курал-жарагын тартып алып, Тайбуурулду минип, кайра таятасыныкына кайтат.

Элиме көчөм деген Семетейди Каракан көп дүнүйө-мүлк берип узатат. Семетей Таласка келип, атасынын ордо тиккен жерине конот.

Чоң атасы, агалары көп колу менен каптап келип, урушта Семетей жеңет. Колго түшкөн Жакыпты Шакан, Абыке, Көбөштү Каныкей өлтүрөт.

www.bizdin.kg
Бөлүмдө «Семетейдин» кеңири белгилүү салттык нугу кыска түрдө берилген, тексттердеги көптөгөн деталдык белгилер, чакан эпизоддук көрүнүштөр, айрыкча, Саякбай Каралаевдин вариантына жакын.
Көзгө урунган бир көрүнүш: тексттерде адатта бир адам айткан вариантта белгилеп кете турган карама-каршылык бар: окуялардын баш жагындагы Канукей төрөгөн жердеги Манастын энесинин аты Бакдөөлөт (287-6., 231 сап ыр) делсе, кийин Шакан (291-6., 368 сап ыр) — делет. Шакан — Чыйырды делип аталуу көп учуроочу белги, ал эми Бакдөөлөт дайым бөлөк каарман. Буга караганда бир нече адамдан жазылган тексттер окумуштуу тарабынан куралып берилген болсо керек дешке негиз бар. Бул китепте жарыяланган тексттин башка кийин жазылган варианттардын басымдуу көпчүлүгүнөн айырмаланган белги окуянын салт боюнча «Манастан» айтылуучу баатырдын өлүмү, аны коюу, Семетейдин туулушу сыяктуу көрүнүштөр ушул бөлүмдө айтылуусу. Бирок, мындай берилүү варианттык белгилердин бирине жатышы да мүмкүн.
7) **Семетей** (312-368-6., 1927 сап ыр) — Семетей он үчүндө ок атып, он бешинде жоо сайып, кырк чорого баш болуп, атасынын ордун басып жатат.
Эриккен Семетей кырк чорого жортолу дейт. Алар макул болушат, бирок өзүлөрүнчө кеңешип, алтымыш жашка келгенче Манастын атын токудук эле, эми жетимишке келгиче Семетейдин атын токудук, алдыбыз жетимишке, аркабыз алтымышка чыгыптырбыз. Семетей карыганда айдап жүрүп ар кайсы жерде өлтүрөт го, андан көрө качып кетели деген бүтүм чыгарышып, качышат. Кабар алган Семетей кууп жетип, алдына чыгып, жөө туруп, атын тартуу тартып, үч жолу кечирим сурап, өтүнсө да токтобой коюшат. Ачуусу келген Семетей кырк чорону бүт кырып, үйүнө кайтат. Айылга келсе Ажыбайдын катыны менен Алмамбеттин катыны экөө эки эркек бала тууйт. Сүйүнгөн Семетей экөөнө Канукейдин эки эмчегин эмизип, тууган кылып алат. Балдардын атын Күлчоро, Канчоро коёт. Экөө чоңоюп, доо доолап, жоо жоолап, баатыр болушат.
Бир күнү Семетей үйдө ойлуу олтурганын көрүшүп эки чоросу эмне билгениң бар? — деп сурашат. Семетей өлгөн жанды тиргизген, өчкөн отту тамызган Айчүрөктүн кабарын укканын айтып, эртең аттанып Акунканга баралы, Айчүрөктү же колум менен, же жоолашып алам дейт. Айчүрөктү ала турган күйөөсү Көкчөнүн уулу Үмөтөй экен. Аттанып чыгып Акундун элине барышып, оюн куруп жаткан Айчүрөккө Күлчорону жиберет. Семетейдин келгенин угуп чыгып келген Айчүрөктү ала качып кетишет.
Үмөтөй көп кол менен келип жылкы тиет. Күлчоро Канчорону кабарга жиберип, өзү куугунга кетет. Кабар уккан Семетей келип, согуш болуп, Үмөтөйдүн колу жеңилип, өзү туткунга түшөт. Семетей Үмөтөйдү жакшылап кабыл алып, Күлчоро аркылуу кааласа ала качып келген катынды алсын, макул десе ат минип, тон кийип сыйымды көрсүн, өчөгүшсөк экөөбүздүн бирибиз өлүп тынабыз — деп жүйө сөз айтат. Ал алган катынды мен эмне кылмак элем, эл бололу — деп Үмөтөй ыкка көнөт. Ага Тайбуурулду мингизип, Манастан калган ак күрөөкө соотту кийгизип узатат.
Бир күнү Семетей жаман түш көрүп, чочулап атасынын бейитин тайып келем деп ак боз бээ коштоп жөнөйт. Айчүрөк да жаман түш көргөнүн айтып, барба десе болбойт. Анын кабарын уккан Канукей аттанып чыгып, артынан жете барып кайт десе көнбөйт. Канукей акыл-жышаана айтып, жаман белги көрсөңөр дароо кайта келгиле деп кайгырып калат.
Мүрзөгө барып, бээ союп, эт бышырып, Канукей айткан жаман белгини — кайнаган казандан кара кочкул кан чыкканын көрүп, аттанып, тегерегин карашса көп кол келип тегеректеп калыптыр. Согуш болот, Семетей минген ат баспай калгандыктан Күлчоро ага өз атын берип үйгө кетиңиз дейт. Семетей мен жалгыз кантип кетем деп болбой, экөө учкашып качышат. Жедигердин Кыясы көп колу

www.bizdin.kg
менен алардын артынан кууйт. Көкчебич жүрө албай калып, учкашкан экөө аттан түшүп турушат. Куугун жетип, экөөнү курчап калат. Күлчоро Көкчебичти минип, жоону аралай качып кутулат. Жалгыз калып, жатып алган Семетейге эч ким даап жакын бара албайт.

Канчоро Кыяска келип, Семетейди кармап берсем мага эмне кызмат көрсөтөсүң? — дейт. Кыяс Күлчоронун аялы Чачыкейге нике кыяйын, Таласка кан көтөрөйүн деп убада кылат. Канчоро артынан барып, Семетейди кармап берет, Кыяс аны айбалта менен чаап өлтүрөт. Канчоронун акылы менен Кыяс Семетейдин сөөгүн өрттөп, күлүн сапырып жиберет. Муну алыстан көргөн Күлчоро айылга барып, Айчүрөккө кабар айтып, кууп барган жоо менен жалгыз согушат. Жетинчи күнү аты баспай калып, колго түшөт, анын оң далысынын кечирин кесип, май кайнатып куюп, токмоктоп өлтүргүлө деп жылкычыларга кул кылып берет. Канчорого Чачыкейди алып берип, кан көтөрөт, Айчүрөктү үйүнө алып барып, Кыяс өзүнө нике кыйдырат.

Айчүрөктүн алты айлык боюнда бар экен, Кыяска баргандан кийин эркек төрөйт. Баланы Кыяс өлтүрмөк болгондо Айчүрөк атама барып, кол жыйып келип, өч алам — деп опузалайт. Корккон Кыяс балага тийбей эл чакырып, той берет. Эч ким ат коё албай баланын атын асмандан түшүп келген Айкожо Семетейдин уулу «Сейтек» деп коюп, көздөн кайым болот.

Сейтек чоңоёт. Аны көргөнү келген Күлчорого баласын кошуп берүү үчүн Айчүрөк Сейтекти Кыяска барып Тооторуну берсин сура деп жиберет. Ойноок бала унутуп калып, кайра кетип бара жаткан Күлчорону көргөндө энесинин сөзү эсине түшүп, дөңдө отурган Кыяска Тооторуну минип, жылкыга барам деп ыйлап жиберет. Кыяс Күлчорону чакырып ээрчитип барып, үч күндө кайра алып кел — деп буюрат.

Күлчорону тосуп туруп токмоктоп кирген жылкычыларды Сейтек жыга чаап салып, туу бээ союп, аны майга бөлөйт. Күлчоро айыгып, кадимки күч-кубатына келет.

Күлчоро менен Сейтек аттанып, Кыяска келип анын башын Күлчоро чаап салат.

Күлчоро менен Сейтек Каныкейди издеп аттанышат. Анын колуна таяк берип, Канчоро кой кайтартып койгон экен. Канчоро билермандарын чогултуп алып: Семетей атамды өлтүргөн, ошон үчүн өчүмдү алдым — деп мактанып жатканда барган Күлчоро анын сөзүнө чыдабай аттан ыргып түшүп кармап, босогого таңып салат. Кайтарган коюн таштап жүгүрүп келген Каныкей Канчорону жара тартып таштайт.

Сейтек энелерин алып Таласка көчүп келип, Кең-Колдун боюндагы Манас үй тиккен жерге конуп, Үч-Кошой менен Таласты, Ташкенди бийлеп калат.

Бөлүм «Семетей» деп аталганы менен чынында анда баяндалган окуялардын мазмуну боюнча «Семетейден» 6-бөлүмдө берилген эпизоддорго улай чыгарманын аягы жана «Сейтекке» таандык окуялар негизинен дээрлик бүт камтылат. Көпчүлүк "варианттарга мүнөздүү болгон салттык белгини эске алганда китептин 354-бетине чейинки окуялар, башкача айтканда Кыяс жеңишке жетишип, Күлчорону кул кылып, Айчүрөктү олжолоп кетип өзүнө нике кыйган жерге чейин «Семетейге» таандык, ошол жерден тартып бөлүмдүн аягына чейин «Сейтектин» окуялары. Ушул белгиге караганда

Радлов жазып алган варианттагы материалдардын эки бөлүмдө берилген «Семетейге» тиешелүүлөрүнүн жалпы көлөмү 1421 сап ыр, ал эми «Сейтек» 506 сап ырдан турат.

В. В. Радловдун эмне себептен эпостун «Сейтек» бөлүмүн өзүнчө белгилеп, атын атап көрсөтпөгөнү белгисиз. Окумуштуу андай бөлүмдү атабагандыгына карап ошол тарыхый шартта эпостун «Сейтек» бөлүмү өзүнчө аталбаган болсо керек дешке мүмкүн эмес. Анткени, манасчылардын, элдин арасындагы айтылган

www.bizdin.kg
маалыматтарга караганда өткөн кылым ичинде эле «Манастын» үч негизги бөлүмдөрү гана турмак баатырлардын алардан кийинки муундары жөнүндө айтылуу кеңири белгилүү, талашсыз фактылардан. Мисалы, өмүрүнүн басымдуу көпчүлүгүн өткөн кылым ичинде жашаган белгилүү чоң манасчы Чоюке Сейтектен кийинки бир нече муундун окуяларын айтканы аны билген көптөгөн адамдар тарабынан эскерилет.

«Семетейдин» бул бөлүмдөгү окуялары да көпчүлүк айтуучуларга таандык салттык нукка жакын берилген. Майда деталдык белгилери жактан Саякбай Каралаевдин вариантына толук дээрлик туура келген жерлер арбын.

«Сейтекке» таандык окуялар да салттык нуктун айланасында бирок, көпчүлүк варианттарда орун алган Семетейдин тирилиши жана белгилүү каармандардын кайып болуп кетүүсү бул жердеги тексттерде жок. Ошого карабастан Сейтектин бабаларынын ордун ээлеп калганын белгилеген корутунду чыгарылып, жомоктун окуялары логикалык жактан бүткөн таризге келтирилген.

Радлов жазып алган варианттагы тексттер менен кийинки манасчылардан жазылган материалдарды салыштыруу аркылуу эпостун көптөгөн туруктуу окуяларынын уютку негизи, сюжеттик өнүгүш — курулушу негизинен бири бирине жакындыгын көрүүгө болот. Бул абал жомоктун мазмундук, формалык белгилеринин мурдатадан келе жаткан туруктуулук мүнөзүн айгинелейт. Окуялардын жалпы нугу гана эмес, көптөгөн деталдык майда көрүнүштөрдүн да мындан жүз жыл мурда жазылган тексттер менен кечээ жакында кагаз бетине түшүрүлгөн материалдардын окшош болушу, бири бирине толук туура келген жерлердин арбын учурашы манасчылардын чыгармачылыгындагы салттык көрүнүштөрдүн зор маанисин, чечүүчү ролго ээ экендигин далилдейт. Бул багытка айрыкча:

Кара жерге кар жааса,
Кар үстүнө кан тамса,
Карды көр да, этин көр,
Канды көр да, бетин көр...
«Жакасы алтын, жеңи жез,
Ак күрөөкө торгой көз»...
Көөрүгүнө чыдабай
Көп букалар союлду,
Көмүрүнө чыдабай
Көп токойлор жоюлду...
Бекип жаткан бейиштин
Эшигин ачкан эр Кошой,
Байланып калган базардын
Жолун жазган эр Кошой...
Кайыптын кызы Карабөрк
Кармап алдым талаадан,
Шооруктун кызы Акылай
Олжолоп алдым коргондой жана башкалар сыяктуу

В. В. Радлов жазып алган көптөгөн элестүү ыр саптарынын кийинки манасчылардын варианттары дал келишип, өзгөрүүсүз айтылышы сыяктуу фактылар таасирдүү, ишенимдүү далилдерден боло алат.

Бул китепке жарыяланган «Манастын» үч бөлүмүнүн жалпы көлөмү 12454 сап ыр. Китептеги «Жолой кан» деп аталган (369— 525-б., 5322 сап ыр) экинчи бөлүм-өзүнчө, бир топ көлөмдүү чыгарма. Мындай наамдагы жана мазмундагы эпос эл арасында сакталып калган эмес. Көкөтөйдүн ашында Жолой балбанга түшүп, окуялар арасында аты эскерилип, Манас менен согушу баяндалган фактыларга таянып, окумуштуу бул бөлүмдө берилген тексттерди «Манастын» бөлүмү же

www.bizdin.kg
окуялардын бири деп эсептейт. Бирок, «Жолой канда» баяндалган окуялар Манас менен байланышпайт. Ал эми мындагы башка каармандардын аты «Манастын» окуяларынын арасында эскерилиши боло бере турган көрүнүш. Мисалы, Төштүк да «Маната» активдүү каармандардын бири, бирок бул абал ушул эле ат менен аталган өзүнчө эпостун болушуна жана жашашына тоскоолдук кылбайт.

«Эр Төштүк» (526-589-б., 2146 сап ыр) — кыргыз элинин кеңири белгилүү, кара сөз, ыр менен айтылуучу чыгармаларынын бири.

Кошоктор: 1) Жантай өлгөндө (132 сап ыр), 2) Чокчолой чечектен өлгөндө кызы кошок айтканы (94 сап ыр), 3) Кыстардын кошогу (22 сап ыр), 4) Кулмырза (кыскача кара сөз жана 26 сап ыр).

С. Мусаев

ОЙРОК — эпизоддук кейипкер. Акун бешим паашанын жайсаңы. Манас Орго канды талкалап келе жатат деген кабарды укkан Акун пааша О-ко да кол курап камынып турсун үчүн кабар жиберет (Сагымбай Орозбаков, 2. 100).

ОЙРОТ — этноним. Ойрот мамлекеттик бирикмеси жөнүндө В. В. Бартольд мындайча жазат: Вейс-кандын тушунда Моголстанга чыгыштан бутпарас дининдеги моңголдор, анын ичинде 14-кылымдын аягында атагы чыга баштаган чорос, хошот, торгут жана хойт уруулар союзу (төрт УРУУ) кол сала баштаган (В. В. Бартольд, Соч., т. 2. 86-б.). Кыргыздардын бир бөлүгү Алтай аймагында жашап, ойрот-калмактар менен өтө тыкыс карым-катышта болгондуктан алар жөнүндөгү реалдуу маалыматтарды туура кабылдап, аны «Манас» эпосунда да чагылдырып, сактап келген фактыларды учуратабыз. Мисалы, 14-кылымдын аягында түзүлгөн ойрот мамлекеттик бирикмеси тарыхта жана оозеки санжыраларда «Дөрбөн ойрот» (төрт ойрот) деген ат менен белгилүү болгон. «Манас» эпосунун Радлов жазып алган варианттагы ыр саптарында:

Төрт арыштуу ойроттун,
Төрөсүнүн баласы,
Кыл жакалуу ойроттун
Кымбатынын баласы,
Алты арыштуу ойроттун
Азиз кандын баласы,
Алтын Айдар чок белбоо
Каракандын ботосу (Радлов жазып алган вариант, 83), — деп Алмамбетке мүнөздомө берилет. Мында «Төрт арыштуу ойрот» деген туюнтма «төрт уруулардын союзу», «төрт уруудан түзүлгөн ойрот эли же мамлекеттик бирикмеси» деген түшүнүктү берет. Бул түшүнүк В. В. Бартольд жогоруда көрсөткөн: чорос, хошот, хойт жана тыргоот деген төрт уруунун бирикмеси «ойрот» (дөрбөн ойрот) деп аталгандыгын туюндуруп, тарыхый фактыны туура маалымдап турат. Ал эми алты арыштуу ойрот деген түшүнүк «алты уруунун бирикмеси» катары кийинки мезгилдердеги ойрот-калмактардын мамлекеттик бирикмесин туюндурат. Изилдөөчү И. Я. Златкин бул жөнүндө төмөндөгүдөй түшүнүк берет: «Ошентип, ушул кытай даректериндеги маалыматтар боюнча ойроттор союзунун курамында 14-кылымдын аягынан 17-кылымдын башына чейин хошоттор, жунгарлар, дербенттер, 17-кылымдын башынан Жунгар кандыгы кулаганга чейин хошоттор, жунгарлар, дербенттер жана хойттор болгон, ал эми 17-кылымдын аягында Волга боюнан Синьцзянга (мурунку Жунгар кандыгынын аймагы) торгуттар, ойроттор келгенден баштап бул союздун курамы алты уруудан (хошот, хойт, чорос, дербент, торгут, элоит) турган»

(И. Я. Златкин, История Джунгарского ханства). Ойроттун бул алты уруунун бирикмеси жөнүндөгү түшүнүгү кийинки варианттарда да сакталган. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында «Алтай деген эл бар деп, Алты зубун

www.bizdin.kg
калмактын Жердеп турган жер бар деп» (Сагымбай Орозбаков, 1. 183). Жогорудагы келтирилген «Манас» эпосунун тексттериндеги фактылар «Ойрот-жунгар мамлекеттик бирикмелери» же «урууларынын бирикмелери» жөнүндө тарыхый жактан так түшүнүк берүү менен бирге алардын карым-катыштары өз ара мамилелери тыкыс болгондугун да билдирет. Ошондой эле ойрот-жунгар мамлекеттик бирикмеси, ойрот-калмак эли менен кыргыздардын өз ара байланыштары (тынчтык жана согуштук мамилелери) бир нече кылымдык убакытты (14 — 18-кылым) ичине алгандыгын ар башка мезгилдеги тарыхый фактылардын эпосто чагылдырылышынан ачык көрүнөт. Ойрот деген сөз айрым учурда «жалпы эл», «бардык эл» маанисинде да айтылат. Мисалы, «Ойроттун баары каптады» жана башкалар.

М. Мукасов

ОЙСАЛКЫН — эпизоддук кейипкер. Үрбүнүн аялы. Манас баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүп, көлгө (Ысык-Көл) жеткенде үчкө бөлүнгөн элдин үчүнчү тобун башкарган Үрбү баатырдын колу Кеминдеги Кеймен шаанын турган жерине келет. Кеймендин кызы О. өзү келип Үрбүдөн Эки-Кеминдин элин сурап алат да, Үрбүгө турмушка чыгат (Сагымбай Орозбаков, 2. 127).

ОЙСУЛ-АТА (арабча Вайс ал-Карани) — төөнүн пири, колдоочу ээси. Орто Азия элдеринин, ошондой эле кыргыздардын фольклорунда кездешкен диний же мифологиялык түшүнүк. «Манас» эпосунда ушул мааниде чагылдырылган. Мисалы, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Акбалтага өркөчүндөгү куржунунда бала салынган О.-А. жолугат:

Мунарык болуп бурчтанган,
Булунгур болуп учтанган
Чоң талаанын бетинен
Медияндын чөлүнөн,
Акбалтанын алдынан
Ойсул-Ата куу каймал,
Акбалтанын төл малы
Каршы чыга калганы (Саякбай Каралаев, 1. 22).

ОК (моңголчо кымыздан тартылган күчтүү арак, спирт) — элдик медицинада колдонулган дарынын бир түрү. Эпосто жарадар адамдарга аны жуткуруп, кайра кустуруу аркылуу ичке толгон кандан тазалангандыгы төмөнкүчө берилет:

Жарадардын баарысын
Жастык коюп башына,
Ок жуткуруп окшутуп,
Тинтүүр менен түрткүлөп
Бекиткен окту копшутуп (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 576-инв., 824-б.).

www.bizdin.kg

ОК АТТОО — элдик эски түшүнүк. Элде ок тийип жарадар болгондо адамды күнөөсү жок аял аттаса денедеги ок өзү түшүп, жара айыгат деген ишеним болгон.



Мындай ишеним «Семетейде» да бар. Семетей Коңурбайдан оор жарадар болгондо Айчүрөк ак куу кебин кийип учуп барып, биринчи, экинчи жолу аттаганда ок түшпөйт. Канчоро менен Күлчоро Айчүрөктүн тазалыгынан шекшинип. дүмөктү салганы даяр турушат. Айчүрөк ошондо:

Эч жазыгым жок эле,
Ак этектен түшпөгөн,
Арманга бүткөн мына бул
Алда кандай ок эле! («Семетей», 265), — деп озондоп ыйлап, солкулдап үчүнчү жолу аттайт.

Семетейдин үстүнөн Акырын аттап жылжыды, Аяктай болгон коргошун Эр Семеңдин ичинен Кулаткан таштай ыргыды! Буга караганда Айчүрөктүн перилиги, ак никеден жаңылбагандыгы менен үч аттагандыгы өзүнчө күчкө ээ. Анткени, үч байыртадан эле кереметтүү, сыйкырдуу сан катары эсептелген. Үч баштуу кудайлардын үч бир тууган экендиги, үч дүйнө (асман, жер, жер алды) жана башкалар Демек, үч саны жөнөкөй сандардан эмес экендигин айгинелейт. О. а. сыяктуу мындай байыркы магиялык түшүнүктөр башка түрк элдеринин эпостору менен жомокторунда да көп жолуккан салт. Алтайлыктардын баатырдык жомогунда Ак-Буркан кызы Ак-Тажди чыккынчы тарабынан өлтүрүлгөн Алтай-Буучайдын сөөгүн аттаганда ал тирилет. Ошентип, О. а. элдин мифтик түшүнүктөрүнүн элдик чыгармаларда чагылдырылышы болуп эсептелет.

Ы. Кадыров

ОКТОРУ — *Кербендин* байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо О. отузунчу келип, Кербен тагдырына буюрган Серсабакка үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 426).

ОКСЮМОРОН (грекче oxymoron, сөзмө сөз — таамай жана акылсыз айтылган сөз) — көркөм троптун бир түрү, маниси карама-каршы сөздөрдүн айкалышынан түзүлүп натыйжада жаңы түшүнүктү пайда кылат (тирүү өлүк, иттей жакшы). Сүрөттөлүп жаткан нерсени, кубулушту даана, так, элестүү берүүдө О-дордун ролу зор, О-до карама-каршы нерселер биригип, окшошпогон нерсеге окшошуп, сүрөттөлүп жаткан нерсе адаттан тыш жаңы көрүнүшкө, курч мааниге ээ болот. Манас эпосунан көптөгөн О-дорду табууга болот:

Түгөнгөн сайын түтөгөн
Тиги, Дүмбөкүнүн тукуму,

www.bizdin.kg

Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өрттөнгүрдүн тукуму (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 245).

Ал сөздү айтып Алооке
Калкынын көөнүн басыптыр,
Тирүү өлүк болбойм деп,
Түн киргенде качыптыр.

О-дорду түзүүдө антонимдер кеңири пайдаланылат.

ОКЧУ — этноним. Манастын Шоорук кан менен болгон урушун сүрөттөөдө Шоорук кандын иш-аракети жөнүндө төмөнкүдөй айтылат:

Кара-Тегин жол салып,
Алайда жаткан кыргызга
Кошуну келип кол салып,
Нойгутка ойрон салыптыр,
Ошпурдун айлын оңдурбай,
Окчуну чаап алыптыр.
Окчу кыргыз уругу,
Ойбой салып куруду (Сагымбай Орозбаков, 2. 205).

О. эпосто кыргыз уруусу деп берилет, көбүнчө думара менен катарлаш айтылат.

Катаган, дөлөс, набаттан
Калың кыргыз баары бар,
Окчу менен думара
Найман, шаңгай дагы бар (Сагымбай Орозбаков, 2. 152).

«Манас» эпосунда салттык түрдө О. сары уйсун, думара, кыдырша жана башкалар кыргыздын байыркы урууларынын аттары «ичкиликтер» бөлүгүндө этноним катарында учурайт. «Орчун кыргыз уругу, окчу Каракесек бар» (Сагымбай Орозбаков, 2. 68). Ошондой эле ичкилик кыргыздарда О. аттуу майда уруу сакталып калган. Ал кызыл аяк деген уруунун ичиндеги кыргызкыпчак уруусуна кирет.

Окчу кыргыз уругу,
Ыспаранын улугу,
Көкжору чыкты бу жактан,
Баскан бойдон байпактап
Байкап келди тыяктан (Сагымбай Орозбаков, 2. 51).

Демек, ичкиликтердин курамындагы эски урууларлардын бири.

И.Молдобаев

ОЛЖО — табылга; согушта, жоолашууда жеңүүчүнүн колуна түшкөн душмандын мал-мүлкү, курал-жарагы, байлык жана башкалар Байыркы заманда кыргызда, башка элдердей эле согушта колго түшкөн туткун кыз-келин да О-нун эсебинде жүргөн. Ага эпостогу: «Ойротту бузуп олжо алган, Ортосун бузуп жол салган Ойрон Манас шер келди» (Саякбай Каралаев, 2. 159), «Кыздарды олжо кылды эми» (Саякбай Каралаев, 1. 31), «Олжо кылды малымды» (Саякбай Каралаев, 1. 32) деген саптар күбө болот. Манастын аялдарынын бири Акылай О-го келгендиги көпчүлүк варианттарда айтылат: «Шооруктун кызы Накылай олжолоп алды коргондон» (Радлов жазып алган вариант, 84).

ОЛПОК — ичине кебез, жүн салынып шырылган ок өтпөс сырт кийим. Баатырлар аны негизинен жоого кийишкен. Мисалы, «Ок өтпөс олпок күбөңү» (Сагымбай Орозбаков, 3. 89); «Ок өтпөгөн олпокту Кийишермин дечү элем» (Саякбай Каралаев, 2. 95). О. көбүнчө соот менен кошо кийилген. Кээде О-тун өзү эле соот

www.bizdin.kg
түрүндө, башкача айтканда ичине металл тор же темирдин күкүмү ширетилип жасалган, к. *Ак олпок.*

ОЛУЯ (арабча валий — кудайга жакын адам деген түшүнүк) — кең маанисинде келечекте боло турган окуяларды алдын ала даана билип, күн мурунтан болжоп айтып бере турган адам. Адам баласын ар түрдүү жаңылыштыктан, мүшкүл, шордон, азаптан сактап кала турган көзү ачык, даанышман, пайгамбардын катарында турат. Ислам дининде кудайдын элчиси, эл менен кудайдын ортосундагы, кудайга жакын адам деп эсептелинет. Пенденин багы тайган учурунда колдоп, ошол балээден куткаруучу, ошондой эле оору-сыркоодон, кеселден да айыктыруучу керемет сыйкыры бар адам катары сүрөттөлөт. О-га сыйынуу исламдан башка да иудаизм, христиан жана башкалар диндерде кеңири тараган. Ислам дининин негизги жоболорунда кудайдан башка эч кимге сыйынууга болбойт делингени менен башка диндердин ишенимдеринде да О-нын өзүлөрүнө жана алардын аты аталган ыйык жерлерди мазар тутуп, ыйык эсептеп сыйынуу турмушта кеңири практикаланган. Ошол жерлерге (мазарларга) кайыр-садага, курмандык кылуу ислам дининде кенен колдонулат. «Манас» эпосунда мына ушул диний түшүнүк фантастикалык образ катары колдонулат. Мифтик ыйык каарман катары эшен, кожо, молдо, бүбү, бакшылардан жогору коюлат. Эпосто, элдик оозеки чыгармачылыкта О. айрым бир акылман, эл башкарган калыс жана аксакал каармандардын эпитети катары да кеңири колдонулат:

Топ олуя биригип
Тобосунан бүткөн дейт
Бар олуя биригип
Батасынан бүткөн дейт (Радлов жазып алган вариант).

К. Ботояров

ОЛУЯ-АТА — топоним. Кыргыз жана ага жамаатташ элдер мекендеген жерлердин бири катары эпосто кеңири кезигет. «Каныкейдин жомогунда»: «Боз мунарык керүү ошол, Чалкайыңкы кең өзөн, Олуя-Ата жери ошол» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 146), — деп Каныкей Семетейге О.-А-нын жайын түшүндүрөт. Географиялык реалия катары О.-А. (азыркы Жамбыл) — Казакстандагы шаар.

ОЛУЯТ ЧАЛ — эпизоддук кейипкер. Саякбай Каралаевдин вариантында бир жашында жетим калган Бакайды О. ч. жердин түбү Желпинишке алып кетип, багып чоңойткону айтылат. Ошондуктан, «Байдын уулу эр Бакай» же «Олуят чалдын эр Бакай» делип айтыла берет.

ОЛУЯТ ЧАЛ — кейипкер. Бир катар варианттарда Манас ачуусуна тийген О. ч-ды чапкандыгы эскерилет. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында «Манастын Олуят чалды бүктөгөнү» деген тема бар. Анда терс кейипкер катары сүрөттөлүп, жолдон ары-бери өткөндөрдү тосуп, батамды берем деп, элди алдап же күчтөп малын тартып алып байыган О. ч-ды Манас өлтүрүп, малын элге таратып бергени баяндалат.

ОЛУЯ ЧАЛ — кейипкер. Саякбай Карала уулунун айтуусу боюнча «Кененде» жер кезип жүргөн Акжолтойго жолугуп, О. ч. Сейтек менен Акжолтойго эгиз сур ат — Кулансур менен Кулунсурду атайылап арнап алып келип берет. Акберметтин дайынын айтып анын көөхар шакегин Сейтекке Акжолтойдон берип жиберет.

ОН БАШЫ — аскердик титул; он адамдан турган аскер бөлүгүн башкарган киши. Эпосто: «Он кишиге бир киши, Он башы коюп кетиптир» (Сагымбай Орозбаков, 4. 124), — деп сүрөттөлгөн. «Он башысы ороктоп» деген саптар эпосто жыш жолугат. Аскердик тартипти чыңдоодо чоң мааниге ээ жана жоопкерчиликтүү болгондугу эпостогу Тазбаймат он башы болуп, ондун бири катары анан карамагына калктын катары менен Манас өзү киргени жөнүндөгү окуядан ачык көрүнөт.

www.bizdin.kg

ОНГОН (моң. таза, ыйык, эң алгачкы, наристе актык) — моңгол элдеринин бакшылык мифологиясында көзү өтүп кеткен ата-бабанын арбагы ушундай аталат да анын жыгачтан же таштан жасалган тулкусу (андан башка кийиз, тери, жүн, мата же металлдан деле жасала берет) да О. аталат. О. уруунун, урук-тукумдун, жеке бүлөнүн, кээде жашоо ыңгайына карата дыйкандын, устанын жана башкалар ата-бабасынан келаткан расмилерине ыйык тутулат да тотемдик милдет аткарат. Мазарларга, ыйык, ээси бар аталган жерлерде да О. орнотулган. О. Валиханов жазып алган эпизод боюнча Көкөтөйдүн ашына келген Нескара элди сынап аттарды жана баатырларды тегиз сыпаттап жатканда:

Үзөнгүсүн үзө чиреген,
Найзасын көккө тиренген,
Дөбөдөй даңкан боз минип
Төрөдөй болуп турган ким?
Киш кара тон кийген ким?
Кара ичиктүү онгон ким?
Тиги эле калмак жакта болгон ким? (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 9, 83-б.), — деп Едиге баатырды О-го теңейт.

К. Ботояров

ОНОМАСТИКА (грекче onomastikos — атоого байланыштуу, опота — ысым) —1) тил илиминде энчилүү аттарды, алардын тарыхын, тилде колдонулушун изилдейт. 2). Ономия — ар түрдүү энчилүү аттарга (антропонимика, топонимика, этнонимика жана башкалар) бөлүнүп кетет. О. элдердин мурдагы жайгашкан жерлерин, миграциясын, тилдик жана маданий байланыштарын, тилдердин байыркы абалын билүүгө жардам берет. Элдик оозеки чыгармаларда айрыкча эпостордо калктын эңсөө-тилектери, каалоо-максаттары, кылган кесиби, айлана-чөйрөгө болгон көз карашы жанаша (кээде аралаш) жашаган элдерге жасаган мамилелери жана башкалар аракеттери кеңири чагылдырылган. Элдик оозеки чыгармаларда, анын ичинде «Манас» эпосундагы онимдер өзүнчө бир баалуу маданий-тарыхый эстелик болуп саналат.

«Манастын» эпос болуп жаралышына нечен кылым өтсө да чыгарманын алгачкы өзөгү айрым окумуштуулардын пикирине караганда элдин башынан өткөн ар кандай реалдуу окуяларга көптөгөн элдер (уруулар, уруктар, калктар) катышып, ал кеңири аймакта өткөндүктөн эпос О-га (энчилүү атоолорго) бай. Эпостун ономастиконунда байыркы жана андан кийинки мезгилдерде жаралган, ошондой эле бүгүнкү күндөрдө колдонулуп жүргөн энчилүү аттарды, алардын системасын, моделдерин жана башкалар типтерин жолуктурууга болот. Эпостун эпос болуп калыптанышында улам кийинки манасчылар элдин турмушундагы болгон соңку окуяларды эпикалык мүнөзгө айландырып иштеп чыгып, байытып, аны андан нары дагы көркөмдөткөн жана жалпылаштырган. Натыйжада, «Манастын» О-сы элдик чыгармалардын салты менен көркөм принциптерине багынып, эстетика-этикалык багыттарына баш ийип (элдик этимологиянын нугуна салынып) өзгөртүлүп, О-лык аймак жана мезгилдик жактан өзгөртүлүп, чыгарманы элге жеткирүүдө көркөм каражаттардын милдетин өтөгөн. Эпос — географиялык же тарыхый чыгарма эмес, ал эпикалык жомок. Ошондуктан, «Манастын» О-сын негизинен эпикалык (же көркөм поэтикалык) энчилүү атоолор деп кароого болот. «Манас» үчилтигинин О-сынан кыргыз энчилүү атоолорунун бардык тарамдары менен тармактарына байланыштуу маалыматтарды жолуктурууга болот. Чыгарманын энчилүү аттары жалпысынан төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт: топонимдер (жер-суу аттары: Алты-Өзөн, Жет-Кайт, Кайнар-Кашат, Кабакарт, Оро-Төбө, Теңиз-Ноор), антропонимдер (адам аттары: Акбалта, Басаңкул, Даңдаң, Ошпур, Тоботой, Токотай, Үн-дүчак, Ушаң), этнонимдер (эл-журт аттары: алчын,

www.bizdin.kg
катаган, ойрот, таргын, тыргоот, үйшүн, шыйту, эзет), зоонимдер (жан-жаныбар аттары: Айбанбоз, Аккула, Желтаман, Карасур, Куучабдар — тулпар менен күлүктөр), мифонимдер, айрыкча мифоантропонимдер (пир, пайгамбар, жин-пери, дөө, периштелердин дагы ушундай сыяктуу аттары: Азирейил, Умай эне, Кызыр, Кызыр Ильяс), хрематонимдер (курал-жарактардын аттары: Аккелте, Актинте, Ачалбарс, Очогор; жоо кийимдери: Аколпок, Көккүбө; космонимдер (жылдыздардын аттары: Чолпон, Жетиген, Үркөр жана башкалар).

Кыргыз эли мурда көчмөн турмушта жашап, негизинен мал чарбачылыгын кесип кылгандыктан дайыма конуш, жайыт жаңыртып тургандыгына байланыштуу «Манаста» топонимдер көп берилген, алар Борбордук, Чыгыш жана Орто Азия жер-суу аттары менен тыгыз байланышта: Алтай, Алты-Шаар, Губи-Шаму, Жаркен, Кангай, Кара-Шаар, Көкө-Ноор, Манжу, Оркун, Сары-Арка, Эдил жана башкалар «Манас» эпосундагы ар бир энчилүү ат — элдин дүйнөнү таанып кабылдоосунун, сезип-туюунун натыйжасы. Эпостогу онимдер кыргыз О-сынын баа жеткис бай казынасы, андагы ар бир энчилүү ат — элдик маданий эстеликтин өзгөчө бир баалуу түрү. «Манастын» О-сы түркологиялык багытта (контекстте) да, жалпы О-нын фонунда да бөтөнчө орунду ээлейт.

Ш. Жапаров

ООГАН — топоним, эпосто кыргыздарга жакын жайгашкан мамлекет, өлкө жана андагы жашаган эл катары кеңири учурайт. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында Бокмурун атасы Көкөтөй өлгөн учурда жанында болбой О-да жүргөн болот. Муну Бокмурун Манаска салган кеңешинде айтат:

Үч айлык жолго мен барып,
Ооганга кетип мен калып,
Алган жаңы колуктум,
Айлыма келген кезимде
Армандуу күнгө жолуктум,
Ооганда жүрүп сенделдим,
Оо дүйнө атам кеткенде (Сагымбай Орозбаков, 3. 37).

О-дар деп азыркы Афганистандын, же кыргызча Ооган өлкөсү менен анын эли аталат. Эпостун көп окуяларында кеңири баяндалат.

ООДАРЫШ — кыргыз элинин ат үстүндө күч сынашуу максатында ойнолуучу эң байыркы оюндарынын бири. Эпосто: «Оодарышмай ойнойм деп, Оңбогон бала сүйүнүп» (Саякбай Каралаев, 1. 65, — деп айтылат, к. *Эр эңиш.*

ООЗАНДЫРУУ — кыргыз элинин салтында жаңы төрөлгөн балага аткарылуучу ырымдардын бири. Жаңыдан төрөлгөн балага төрөткөн аялдардын бири сары май менен баланы оозандырган. Мына ушул ырым О. деп аталган. Элдик түшүнүк боюнча эгерде наристени сары май менен оозандырса анда ал эс тарткандан кийин, ата-энесине, эл-журтуна кайрымдуу, оокат-жайлуу, мал жандуу адам болуп, оозунан жакшы сөз, жакшы тилектер гана чыгып турат. Эпосто Чыйырды аман-эсен көз жарганда баланы үч карын май менен оозандырат.

ООЗЕКИ ДРАМАТУРГИЯ — «Манас» эпосунун көпчүлүк бөлүгү каармандардын диалогдорунан жана монологдорунан түзүлгөн. Лирикалык чегинүүнүн, баяндоонун үлүшү азыраак Эпостун башкы түзүүчү күчү манасчынын баяны эмес, андагы каармандардын иш-аракети, алардын монолог, диалогдору болуп саналат (к. *Монолог, Диалог).* Себеби эпостогу диалогдордун өнүгүшү конфликтке негизделген да, окуялардын өнүгүшү да конфликт аркылуу көрсөтүлөт. Кейипкерлердин образдары да алардын иш-аракеттери аркылуу ачылат. «Манас» жалпысынан аягына чейин бир сюжеттен туруп, ал эпостун ичиндеги өз алдынча көптөгөн майда сюжеттерден түзүлөт. Ар бир сюжеттин башталышы, экспозициясы, чиелениши, окуясынын курч өнүгүшү, окуянын өнүгүп жеткен

www.bizdin.kg
чеги жана аякташы бар. Бул окуянын аякташы экинчи окуянын башталышы болуп эсептелет. Ар бир эпизоддун сюжети *драматургиянын* закондоруна ылайык өнүгөт. «Манастагы» баяндоолор оозеки ремарканын милдетин аткарат. Ал түгүл оозеки стенографиянын милдети жүктөлгөн баяндоолор да бар. «Манас» пайда болгон күндөн тартып жазма негизге ээ болбой эл ичинде оозеки өнүгүп, жашап келгендиктен аны оозеки драма деп мүнөздөөгө болот.


Ж. Кулмамбетов

ОПОЛ, ОПОЛ-ТОО — топоним. Эпосто адегенде Манастын бабасы Ногойдун ордосу турган, андан кийин Ороздунун он уулу мекендеген жер катары сүрөттөлөт.

Чоң атаң аты Ногой деп,
Каратып турду Кашкарды,
Кара-Шаарга жеткенче
Кан атаң Ногой башкарды.
Санатын алган Сары-Колду,
Ага самаган душман сап болду.
Ордо кылган Ополду,
Дан-Дүн тоонун оюна
Далай журтун которду (Сагымбай Орозбаков, 1.117).

Орозду кандын он уулу
Опол-Тоо калган жерине,
Ойрон калган бай Жакып
Ногойдун келбей жерине (Сагымбай Орозбаков, 1.50).

Опол-Тоо деп илгеркилер Сарыкол менен Жаркендин ортосундагы бүткүл Түркстан аймагындагы эң бийик тоо кыркаларын атаган болуу керек. Анын азыркы наамы — Мустагата.




Манастын желеси аталган жер (Талас өрөөнү).

ОРГО — каарман. Чүйдү бийлеп турган кытай кандарынын бири. Манастын ата журтун бошоткону келатканын уккан О. кан туштушка кабар жиберип, кол курайт. Согушта ага жардамга келген Илебин, Кеймен шаа жана башкалар кандар өлүп, О. кан өзү Манастын колунан набыт болот (Сагымбай Орозбаков, 2. 70—88).

ОРДО — эки топко бөлүнүп ойнолуучу байыркы элдик оюн. Оюндун негизги жүрүшү төмөнкүдөй: тегизделген жерге чийилген чоң айлананын так ортосуна «кан» тигилип, анын тегерегине тизилип көп чүкөлөрдү чийиндин сыртынан туруп, абалак же томпой менен атып, уруп же чертип чийиндин сыртына чыгаруу болуп эсептелет. Оюндун ушул көрүнүшү таптык коом учурунда белгилүү бир жерди ээлеген (оюндун жалпы чийини) эл башкаруучуну (оюндагы «кан») анын

www.bizdin.kg
жан-жөкөрлөрү менен кошо (оюндагы чүкөлөр) кантип жок кылуу максатына негизделген.



Ушинтип, эл ортосуна, борборго бекинген «канды» жок кылууга багытталган. О. оюнунун аталышы: «орто», «ортолук», «ортонуң» (элдин) деген сөздөн пайда болгондугу жүйөлүү. Ал эми оюндун алгачкы жаралуу этабы байыркы мергенчилердин жерге сүрөт тартып, аны айланта чийин чийип ошол жерде жасаган кыймыл-аракеттери, ишенимдери менен үндөшкөндөй болот. Кийин жоокерчилик доордо жерге чийилген айлана чийин менен душмандын ээлеген орду белгиленип, ушул аймакта аларды кандай амал, ык менен жеңүү жолдору үйрөтүлгөн. Ушул «шарттуу аймактан» жоонун өңүтүн кантип алып, каяктан чабуулга өтүү жолдору, алардын алдын «тооруп» жок кылуу ыкмалары жана «кынкый атуу», «тике атуу», «ичке түшмөй» жана башкалар элементтер кайталанып, алдыда боло турган беттешүүнүн башкы машыгуусу жүргүзүлүп, планы иштелип чыккан. Маселени ушул жагдайда караганда «Манас» эпосундагы чоң казатта чоролордун О. оюнун ойногону бекеринен эмес. Эпосто Манастын өзү да О. оюнуна катышкан эпизод учурайт. Манас кырк чоросу менен О. ойноп жатканда Эсенкандын кербенчилери О-нун сызыгын бастырып кирип келгенде ачуусу келген Эр Манас колундагы чүкөсүн атканда Эсенкандын эки нарынын жилигин талкан кылып быркыратып кетет. Ушул жердеги чатакта Манас Эсенкандын эки жүз балбанын талкалайт, керик минген Дөөдүр деген балбаны качып кутулат (Саякбай Каралаев, 1. 85).

К. Айдаркулов

ОРДОБАЙ — эпизоддук кейипкер. Ороздунун ыркы жок он уулунун кенжеси (Сагымбай Орозбаков, 1. 172).

ОРДОЛУУ ШАЙЫК, КӨК ЖӨКӨР эпосто негизинен Кокон жана Маргалаң шаарларына карата колдонулат. Эпосто: «Ордо шаар, көк жөкөр», «Ордолуу шайык, көкө жөкөр» деп да айтылат. «Ордолуу шайык, көк жөкөр, Орчун Кокон, Маргалаң» (Саякбай Каралаев, 1. 197). «Бу Алты-Шаар, Маргалаң, Аяк жагы Кокон кан, Ордолуу шайык, көк жөкөр» (Саякбай Каралаев, 1. 31). Мусулман элдеринде Ордону (өлкөнү) шайыктар башкарган. Кокон кандыгында да шайыктар бийлик жүргүзгөн. Бул кандыктын ордодо кызмат кылган аскерлери (нөкөр-жөкөр) бир түрдө көк түстөгү кийим кийишкен. Ошондуктан, бул татаал туюнтма: шайыктар башкарган Ордонун көк кийимчен аскери (нөкөр), ошол ордонун эң башкысы, орчуну Кокон, Маргалаң болуп эсептелет деген түшүнүктү берет.

ОРЖЕМИЛ, Улжемил — элдик медицинада колдонулган дарынын бир түрү. Эпосто согушта жарадар болгон баатырлар О. жутуп денесинен агып жаткан канды токтотушканы көп эскерилет:

Оржемил деген дарысын,
Жутуп алды баарысын.
Аккан каны басылып,
Айнектей көзү ачылып,
Каары бойдон чачылып... (Сагымбай Орозбаков, 2. 60).

www.bizdin.kg

ОРКОЙ — топоним. Эсенкандын буйругу боюнча кытай-калмактардын Жолой, Дөңгө баш болгон балбан-баатырлары көп кол менен Манасты кармап кетүү үчүн келишет. Жоокердик салтка ылайык жекеге чыгып, ат үстүнөн найзалашып сайышуунун биринчи кезеги Жолойго берилип, аны коркута айткан Манас баатырдын диалогу О. деген жер жөнүндө төмөнкүчө эскерилет:

Алтай, Оркой жериңди,
Айланып баарын баспасам,
Манас болбой өлөйүн,
Сенин ордоңду бузуп чачпасам (Саякбай Каралаев, 1.96).

ОРКУ КУЛА БЭЭ — *Ороңгунун* жоого минген аты жана байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта байгеге чабылып, алтымышынчы болуп келген (Сагымбай Орозбаков, 3. 268). Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Оргу-шаргы Кула бээ» (Саякбай Каралаев, 2. 55) Көкөтөйдүн ашында Көкбөрүнүн Куу-Казыгынан кийин марага келет. Валиханов жазып алган эпизоддо «Орку кула бээси бар, Ороңгу катын ээси бар» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 77-б.), — деп Ороңгунун аты экендиги айтылат, к. *Кула бээ.*

ОРКУН — топоним. Эпосто күн чыгыш тараптагы чоң дарыя. Орго кан менен урушуу үчүн Манас баатыр О. дайрасынын боюн жердеген элден да кол курап алып келе жатканын Оргого Култаң аяр кабарлайт.

Алтайдагы кыргыздар
Аты Манас бирөө бар,
Оркундун улуу суусунан
Улуу черүү алыптыр,
Токтоктун Кара-Тоосунан
Толгон аскер алыптыр (Сагымбай Орозбаков, 2. 74).

Алтайга сүрүлүп барган кыргыздар атабабасы туулуп өскөн жери Ала-Тоого көчкөн учурда казактардын Айдаркан уулу Көкчөнүн эли «Улуу-Тоонун оюнан Оркун дарыя боюнан» (Сагымбай Орозбаков, 2. 159) көчүп чыгышат. Географиялык реалияда О. мурунку Жунгариянын Тарбагатай тоосунан башталган Орху (Оркун) өзөнүнө туура келет. Ошондуктан, «Оркун, Эртыш — эки суу, Калмактын жайы мына бу» деп, Калмактын мурунку мекени Жунгарияны туюндуруп жатат.

ОРКЫЗЫЛ — *Жүгөрүнүн* байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта онунчу болуп келет (Сагымбай Орозбаков, 3. 58).

ОРКЫЗЫЛ — Ошпурдун күлүгү. Тейиш кандын тоюндагы ат чабышта байге алган кырк аттын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 66).

ОРМОМБЕК, Ормонбек — эпизоддук кейипкер. Саякбай Каралаевдин вариантында бирде кырк чоронун бири, бирде кан делип айтылат. Манас Көзкамандарды тосуп келүүгө үч канды (О., Жамгырчы, Шыгай) жиберет (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 191). Чубак Манаска тарынып кетип калгандагы Коңурбайдын Таласка кол салышында, О. кандын башына бийөнгө тийип өлгөнү айтылат. Ал эми Көзкамандар уу бергенде: Манас чоролорунун катарында О-ти да атайт: «Ормонбек, Бозуул түгөйлөш, Теңизим карап турсачы» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 199). Жакып Каныкейди Бакай Текеченин О-ке бермек болуптур деп, Абыке, Көбөштү тукурат.

ОРОЗБАЕВ Олжобай (1919, Ысык-Көл району, Темировка айылы) — кыргыз совет котормочусу. Фрунзедеги кыргыз педагогикалык техникумун бүткөн (1937). Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Эмгек жолун мугалим болуп баштап, кийин ар кыл кызматтарда эмгектенген. О. окурмандарга көбүнчө көркөм адабияттарды кыргызча которуу менен белгилүү. Кыргызчадан орусчага да которот. Ал

www.bizdin.kg
Москвадан 1984-жылдан «СССР элдеринин эпостору» сериясынан кыргыз жана орус тилинде жарык көрүп жаткан «Манас» эпосунун төрт томдугунун биринчи томун дээрлик жана «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казаттын» бөлүктөрүн орусчага сапма-сап которгон.

ОРОЗБАКОВ Сагымбай, к. *Сагымбай Орозбак уулу.*

ОРОЗДУ — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Ногойдун Орозду, Үсөн, Бай, Жакып деген төрт уулу болгон. Кытай мамлекети буларды туш-тушка сүргөндө О. иниси Бай менен Ополду жердешет (Сагымбай Орозбаков, 1. 33, 93). О-нун он уулу ээнбаш, ынтымаксыз болуп О-ну гана беймаза кылышпастан, Байдын балдары Бакай менен Тайлакты убарага салып, малын тартып алышат. Биринин башын бири жарып кан алдына барышат да, Байдын балдарынын малын айдап берип чууну басышат (Сагымбай Орозбаков, 1. 91). О. балдарынын убайымын тартып:

Балдарынын согушунан
Орозду карып каң болгон
Бат урушкан дартынан
Кайгыга каркап толгону
Бек эле бейпай болгону,
Балдарынын дартынан
Мээнетке каркап толгону,
Орозду жүрөт ой-бай деп,
Ойроттун калың чагында
Ошондо өлүп койбой деп (Сагымбай Орозбаков, 1.206) жүргөнүн Бай өз баянында агасы Жакыпка айтып берет (Сагымбай Орозбаков, 1. 190—193).

ОРОЗОН — эпизоддук кейипкер. Саякбай Каралаевдин вариантында Манастын жакын туугандарынын бири. Каракан өлүп Алооке кыргыздарды чаап алганда колго түшүп кетип, ошол боюнча дили, дини калмак болуп калган жана кийин Манастын көзүн тазаламакка келишкен Көзкамандардын бири — О. Манасты ууландырып өлдү деп ойлоп, качып баратышканда аркасынан кууп жеткен Бакай баштаган Манастын кырк чоросунун колунан өлөт (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 189, 210.).

ОРОКБАШ — эпизоддук кейипкер, кытай баатыры. «Чоң казатта» өлгөн атасы Шыпшайдардын өчүн алуу үчүн Коңурбай менен кошо Таласка келет. О. жекеге чыгып, Күлчоро экөө алты күн тынбай салгылашып, өлүм болот (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 217—218).

ОРОК-КЫР — топоним. Алтай жеринде Манастын кытайлар менен болгон экинчи урушунда душмандар кыйла кыргынга учурап, калгандары качып жөнөшөт. Кол башчы Жолой качкан аскерлерди О.К-дан кууп жетип, кайрадан урушка айдап кирет. Кытайдын Орго баатыры ушул жерде салгылашта өлөт (Саякбай Каралаев, 1. 152).

ОРОККЫР — эпизоддук кейипкер. Кытайлардын солон, шибээ элинин каны жана кол башчы баатыры. Буруттан (кыргызда) Манас деген баатыр чыгып, сени жеңет деген сыйкырчыларынын сөзү менен Эсенкан Манас аттуу баланы таап келүүгө көп балбан-баатырларын жөнөтөт. Алар көп жерди кыдырып чыгып, акыры Самаркандан Чоң Эшендин уулу Жарманасты байлап кеткендердин ичинде О. да болот (Саякбай Каралаев, 1. 41). Көкөтөйдүн ашында О. өз аскерлерин баштап келет (Саякбай Каралаев, 2. 26). Чоң казатта О-ды Манас сайып өлтүрөт (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 185).

ОРОЛ — топоним. Эпосто: «Элибиз жатыр Эриште, Аягы Орол тоосунда» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 575-инв., 26-б.), «Оролдун узун тоосу бар, Ошого жакын барсак деп, Бир кыйла элдин оозу бар» (Сагымбай

www.bizdin.kg
Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 575-инв., 28-б.), — деп казак менен кыргыздарды бир эл катары эсептеп, Жакып Алтайдан Анжыянга көчөлү деп уруу аксакалдары менен кеңеш курган окуяда эскерилет. Географиялык реалияда азыркы Орол (Урал) тоосу.

ОРОМПОЙ — сыңар аяктап (бир буттап) секирип ойнолчу балдар оюну. Бул оюн түрдүүчө ойнолот. Анда балдар эки жаатка бөлүнөт. Ортого айлана чийилет. Бир жаат айланага кирип бир буттап турушат. Экинчи жаат сыртта калып ичтегилерди алаканы менен чабууга аракеттенишет. Ошол учурда ичтеги оюнчулар бүгүлгөн буттары менен аларды тебет. Көбүрөөк тептирген же көбүрөөк чаптырган жаат утулат. Дагы бир түрү: Эки бала корозчо соксоңдошуп акырын жөөлөшөт. Кимиси жыгылса же эки буттап туруп калса ошонусу утулат. Бир буттап жарышып, марага келген түрү да жолугат. Эпосто бул оюндун ойнолгондугу айтылат:

Оромпой оюн чоң салып,
Кырк баланын баарысы
Тегеректеп Манасты
Ойноп оюн чоң салып (Сагымбай Орозбаков, 1. 66),

«Шабиет оюн, оромпой, Болуп жаткан кезинде» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 195).

ОРОҢГУ — кейипкер. Каңгай канышасы, баатыр аял. «Манас» эпосунун көпчүлүк варианттарында бар. Эпосто Орто Бээжиндин чегин кайтарган алп аял Канышай сыяктуу каармандык эрдиктерди жасаганы сүрөттөлбөгөнү менен, согуш жортуулдарына эпикалык душмандын кол башчы баатырлары менен катар аты аталат.



М. Махмутова — Ороңгу, «Манас» операсы, 1966 ж.

Өзүнө тийиштүү Кула бээ тулпары бар «Оюктун боюн жердеген Ойроттон киши жеңбеген» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 583-инв., 36-б.) белгилүү баатыр делет. Цаймандык моңголдордо «Ороңгу» деген өзүнчө уруу. Алар түнкүсүн каракчылык кылып цаймандыктардын малын, данын жана башкалар мүлкүн тартып алып турушкан. Ошондуктан алар жаман көргөн нерсесин «орангын» дешкен, ал түгүл балдарды «орангын» келе жатат деп коркутушат. Моңголчо: ора — жапайы, «күн — киши, адам». Демек, «жапайы адам», «наадан» каракчы деген өтмө мааниде айтылып жатат. Ушул сөз эпоско кейипкер катары кирип калган болуу керек..

Кандайдыр бир этникалык топтун аталышын эпосто кейипкерлердин ысымы катары колдонуу дүйнөлүк фольклордо кеңири кезигет. Алтайлыктарда **ОЙРОТКАН** — ойротторду жалпылаштырган ысым. «Манас» эпосундагы О. этнонимди да эпикалык өнүгүүгө ылайык калыптануусу ыктымал. Эпосто:

Ороңгу деген катындыр

www.bizdin.kg

Орою суук капырдыр.
Он эки таман бети бар,
Карт кокодой эти бар, (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 583-инв., 36-б.) же: «Ороңгу келет ороңдоп Арасынан чапчынын отуз-кырк чычкан сороңдоп" — деп, элеси, ырайы суук, коркунучтуу типти элестетет. О-нун образында юмор менен сүрөттөлгөн сатиралуулук бар. О-нун Көкөтөйдүн ашында «төө чечмейге» чыгышы менен анын образындагы сатиралуулук дагы тереңдетилет.

С. Алиев

ОРО-ТӨБӨ — топоним. Кыргызга жамаатташ элдер жашаган шаар. Манастын төрөлүшүнө байланыштуу берилген тойго кабар жиберерде айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 75). Жакып Манаска кыз издеп жүрүп басып өткөн жер (Сагымбай Орозбаков, 2. 350). Көкөтөйдүн ашынан кийин кандар чогулуп Манаска каршы кутум уюштурганда «Орчун, Кокон, Маргалаң, Оро-Төбө, Самаркан, Анжыян элин айдаган» (Сагымбай Орозбаков, 4. 52), — деп Санжыбек кандын жери катары айтылат. Географиялык реалияда өткөн замандарда Орто Азиянын маданий борборунун бири, азыркы учурда Тажикстандагы шаар.

ОРТО АЗИЯ — топоним. Эпосто кыргыздардын жана аларга жамаатташ элдердин мекени. Сагымбай жана башкалар илимий чөйрө менен тааныш манасчылардын варианттарында гана жолугат. Анткени бул аталыш Европалык окумуштуулардын эмгектеринде 19-кылымдын 1-жарымынан тартып гана колдонула баштаган. Мисалы, «Орто Азия жерибиз Орчун кыргыз элибиз» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 575-инв., 26-б.).

Географиялык реалияда О. А. Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркменстандын бүт аймагын, Казакстандын түштүк, түштүк-чыгыш жана ортолук (Арал-Эргиш суу бөлгүчүнө чейин) бөлүктөрүн камтыган табигый аймак. О. А. түштүгү жана чыгышы Иран, Ооган жана Кытай мамлекеттери, батышы Каспий жээктери, Үстүрт жана Мүгалжар тоолору менен чектелет. Саясий-административдик жактан О. А. аталган 4 республика гана кирет, Казакстан кирбейт. Орто Азия 1924 — 25-ж. чейин Түркстан деп аталган.

ОРТО ЖҮЗ — казак элинин негизги үч чоң бөлүгүнүн бири. Эпосто бир катар кейипкерлердин уруусу катары айтылат. Мисалы, «Орто жүздүн Жанышы» (Сагымбай Орозбаков, 2.243), к. *Казактар.*

ОРТОК-ТОО, Кара-Тоо— топоним. Манас кытай-калмактар башта басып алган ата журту Ала-Тоону бошотқондо, анын колунун Мунаркан баш болгон бөлүгү Тарлаң жайсаң баштаган душман менен О.-Т-до беттешип, аны жеңген (Сагымбай Орозбаков, КФ. 576-инв., 530-б.). Бул окуянын өткөн жерин Кочкор өрөөнүнүн түндүгүндөгү О.-Т. менен байланыштырууга болот.

ОРТО-ЧАТКАЛ — топоним. Эпосто кыргыздарга ынтымакташ элдер жашаган аймактардын бири катары баяндалат. Көкөтөйдүн ашында эпостогу белгилүү кандардын бири Музбурчактын мекени катары сүрөттөлөт.

Эң бери чети элиңдин
Эсебин уккун кебимдин,
Букарай шарып ары жагы,
Бузулган Чамбыл бери жагы
Орто-Чаткал жердеген,
Ойротко тизгин бербеген,
Жарагы болот бир кучак
Буудайык уулу Музбурчак (Сагымбай Орозбаков, 3. 88).

ОРУЗБАЕВА Бүбүйна Өмүрзаковна (1924, Түп району, Чолпон айылы) — кыргыз тилчиси. Филология илиминин доктору (1964), профессор (1967). Кыргыз

www.bizdin.kg
республикасы Илимдер академиясынын академиги (1979), Түрк тил коомунун корреспондент мүчөсү (Түркия, 1988). 1945-ж. Фрунзедеги КМПИни бүткөн. 1954—76-ж. Кыргыз республикасы Илимдер академиясында иштеген. 1976— 86-ж. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редактору. 1986-жылдан бери Кыргыз республика Илимдер академиясынын президиумунун мүчөсү, советтик түркологдор комитетинин президиумунун мүчөсү.
150дөн ашуун илимий эмгектин автору.



Алардын ичинде 14 көлөмдүү монографиясы бар. 1968-ж. Японияда Токио-Киото шаарында Антропология жана этнография боюнча өткөн эл аралык 8-конгрессте «Манас» эпосундагы этнонимдер менен кыргызча уруу-урук аттарындагы окшоштуктар» деген темада илимий доклад (1970ж.) жасаган. Ал Конгресстин материалдарынын 2-томуна немис тилинде жарыяланган. О. «Манас» эпосунун материалдарынын негизинде жазылып корголгон диссертацияларга илимий жетекчи (Жумакунова Г., «Манас» эпосундагы турмуштук лексика», 1988; М. Юсупова, «Кыргыздын элдик материалдык маданий терминдери», 1988).

ОРУС — этноним. Эпосто Көкөтөйдүн ашында чакырылган эл катары эскерилет: «Орус да бар, немис бар, Ойроттун баары тегиз бар» (Сагымбай Орозбаков, 3. 147). Сагымбай Орозбаковдун вариантында гана кездешүүчү «Түндүккө чабуул» аттуу окуяда Манас орус элинин эпосторунун башкы каарманы Айламор (Илья Муромец) менен согушуп, аны жеңгени айтылат, к *Айламор.* Радлов жазып алган вариантта да Манастын О. эли жана анын падышасы «Ак падыша» (Николай) менен сый мамилеси көрсөтүлөт.

«ОРУС ОКУМУШТУУЛАРЫ «МАНАС» ЭПОСУ ЖӨНҮНДӨ» — манас-таануучу Муңдук Мамыровдун эмгеги (Фр., 1964). 42 бет. Китеп «Манас» эпосун биринчи жыйноочулар жана изилдөөчүлөр, «Манас» эпосунун советтик мезгилде изилдениши деген эки бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм эпосту эң алгач изилдеген окумуштуулар Ч. Валиханов, В. В. Радловдун «Манас» жөнүндөгү жазгандарына арналган.

«Манас» эпосунун советтик мезгилде изилдениши деген экинчи бөлүм түрколог П. А. Фалевдин 1922-ж. «Наука и просвещение» журналына жарыяланган «Кара кыргыздардын жомоктору кандай түзүлөт» деген макаласы жөнүндө учкай сөз кылуу менен башталат да, бул бөлүмдүн басымдуу бөлүгү М. О. Ауэзовдун «Манас» жөнүндөгү изилдөөлөрүнө арналган.

Китептин соңунда С. М. Абрамзон, В. М. Жирмунский, А. Бернштам, Б. М. Юнусалиев, П. Н. Берковдун «Манас» эпосун окуп үйрөнүүгө арналган эмгектерине аннотациялык маанайдагы мүнөздөмөлөр берилет.

Садык Алахан

ОРЧУН — топоним. Эпосто калмактар турган шаар катары сүрөттөлөт. Манас калмактарды О. шаарынан сүрүп чыгарып бошоткон учурда эскерилет:

Кыргын салып жапырып,
Ойду көздөй түрүптүр,
Орчун шаар калмагын,

Ойбойлотуп сүрүптүр (Сагымбай Орозбаков, 2. 124).

ОСМОНОВ Асанкул (1933, Тянь-Шань району, Миң-Булак айылы) — кыргыз артисти. Кыргыз Республикасынын эл артисти (1991). Караколдогу айыл чарба техникумун бүтүргөндөн кийин эмгек жолун колхоздо бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. 1958жылдан Кыргыз драма театрында. «Айкөл Манаста» Кошойдун, «Манастын уулу Семетейде» Бакайдын, Ысмайылдын, «Сейтекте» Семетейдин ролдорун жогорку чеберчиликте аткарып, жогорку көркөмдүктөгү образдарды түзө алган.

ОТ МАЙ — башка бирөөнүн жайытына малын оттотуп, бакканы үчүн акы төлөө. «Манаста» Алтайга сүрүлүп барып кен казып, эгин эгип, ченде жок байыган Жакып малын калмактарга таандык жерге жайганы үчүн отуз байтал, беш аттан О. м. төлөп турганы айтылат, Манас эң алгачкы эрдигин ушул О. м-га шылтоолоп, Жакыптын жылкысына тийип, өзүнө кол салган калмактын жер корукчуларына каршы чыгып көрсөтөт. Багыш Сазан уулунун вариантында Алтайдан Ала-Тоого көчүп келген Жакыптан Алооке О. м. талап кылат. Жакып «Токсон шумкар жагоолоп, токсон тулпар жабуулап» — андан кутулмак болот. Муну билип калган Манас атасын жолдон кайра кайтарып, өзү Алоокеге каршы аттанып, жеңип чыгат.

ОТОГО, отогот (моңг. отго — канат) — кытай-калмак башчыларынын баш кийимине тагылуучу мансаптык белги, титулдук наам. Мансаптык белгилер негизинен ар түрдүү асыл таштардан жана куштун канат-куйругунан даражасына ылайык тагылган. Алгачкы уруулук түзүлүш менен феодалдык мамилелердин ар бир баскычтарында ар кандай элдин башкаруу чөйрөлөрүнүн титулдук наамдары болгондугу тарыхта белгилүү. Титулдук наам, ошол элдин эпикалык чыгармаларынын (айрыкча баатырдык эпосторунда) башкы каармандарына титулдук эпитет катарында колдонула тургандыгын конкреттүү фактылар көрсөтүп турат. Мисалы, О. «Манас» эпосунун негизги варианттарында айтылып, жоокерчилик доорлордун шарттарындагы мансаптык даражаны туюндурган терминдердин бири. «Отого» деген термин түрк-моңгол элдеринде байыркы мезгилдерде эле болсо керек. Чагатай тилинде «Одога» деген сөз — султандар баш кийимине же селдеге тагынган куштун бир тутам канаты. Атайы адабияттарда «Отогат» — кытай төбөлдөрүнүн баш кийимдерине сайылган тоостун канаты деген түшүндүрмө берилген. Ал эми моңголдордун 17-кылымдагы «Алтын топчу» аттуу эстелигинде «Отогат» — 14—15-кылымда башкаруучулар баш кийиминин арт жагына тагып жүрүүчү куштун узун канаты» деп көрсөтүлгөн. Албетте, ар элде өздөрүнө ыйык деп эсептелген куштардын канат-куйругун тагынуу мүнөздүү болгондугу байкалат. «Манас» эпосунун тексттеринде бул мансаптык белги калмак-кытай башкаруучулары менен баатырларына карата гана колдонулат. Мисалы, Саякбай Каралаевдин вариантында: «Кытайча кийип таажыны Ал таажынын үстүндө Шуру-отогот — маржан таш» (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 553-инв., 371-б.) же «Шуру таштын башына Тоту куштун куйругун Токсон түрдөп сайынган» (Багыш Сазановдун варианты, Кол жазмалар фондусу, 1090-инв., 323-б.). Сагымбай Орозбаковдун вариантында:

Ак отогот, көк диңсе
Дал ортодо жаркылдап,
Тоту куштун куйругу
Аркасын жаап жалпылдап (Сагымбай Орозбаков, 4. 298—
299).

www.bizdin.kg
Кытай баатыры Коңурбайдын сырткы көрүнүшү ушундай сүрөттөлөт. Айрым учурларда «таш сайынган кытай» же «таш сайынган манжу» деп да айтылат. Жогорудагы эпикалык тексттердин мааниси боюнча Цин сулалесинин мезгилиндеги мансаптуу адамдар даражасына карата баш кийимдеринин төбөсүнө ар түрдүү түстөгү асыл таштардан (рубин, маржан, инжу, лаал жана башкалар) чоң мончокторду (шарикче) тагынып, тоос же тоту куштун кооз канат-куйругунан сайынып жүрүүчү салты эреже болгондугу реалдуу этнографиялык факт болуп эсептелет. Манжу-кытайлар баш кийимге тагынып жүргөн мансаптык белгилерди жалпысынан «диңсе» деп аташат. Ошондуктан «Манас» эпосунун тексттеринде бул термин «Отого» деген термин менен синонимдик мааниде да кош сөз формасында («ак отого, көк диңсе, айбаты бар көрүнсө, көк отого, ак диңсе, көркү кыйын көрүнсө») деп айтылат. Валиханов жазып алган эпизод боюнча Бокмурун кыргыз элинин эзелден душманы Жолойдун жерине көчүп барып, аны менен дос болуп, калмактан «көз отого чен алып, көрүнөө төрө боломун» дейт. Эпосто «көз отогону» калмактар менен кытайлардын бийлөөчүлөрү жана баатырлары тагынган. Эзелтен салттык душмандар Жолой, Коңурбай, Алооке жана башкалар Цин өкмөтүнүн мезгилиндеги титулдук наамдарды (калдай, жаң-жуң жана башкалар) алышып, мансаптык белгилерин баш кийимине тагынып жүргөн башкаруучулар экенин белгилөө менен бирге алар эпикалык душман катарында согуштук окуяларга катышкан каармандар болуп эсептелгендигин да айтууга болот.

Э. Абдылдаев

ОТОР — эпизоддук кейипкер. Жакыптын малчысы. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда, калыңга берилчү төөлөрдү айдап барат (Сагымбай Орозбаков, 2. 395).

ОТОР БАШЫ — койду, айрыкча жылкыны кышында жылуу, оттуу жерге айдап барып баккан малчылардын башчысы. Малды мындай багуу адатта оторлотуу делет. Кээде бир короо кой, үйүр жылкы да отор деп аталат. Эпосто да ушул маанилерде жолугат. Мисалы, «Отор башы Чабагы Ал сөздү айтып салганы» (Курама вариант, «Манас», 1. 103).

ОТОР БИЙ — эпизоддук кейипкер. Тажик бийи Каныкейдин нөкөр кызы Сейилкандын атасы. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 2. 418).

www.bizdin.kg
«ОТРАЖЕНИЕ ЭТНИЧЕСКИХ СВЯЗЕЙ КИРГИЗОВ В ЭПОСЕ «МАНАС» («Манас» эпосунда кыргыздардын этникалык байланыштарынын чагылдырылышы» — *И. Молдобаевдин* китеби (Фр., 1985). Эмгекте «Манас» эпосундагы казак, өзбек, башкырт, тува, алтай өңдүү түрк элдери менен болгон этникалык байланыштардын болушуна өбөлгө түзгөн карым-катнаш мамилелери каралат. Бул этникалык байланыштарды автор «Маната» чагылдырылган эпостордун аттары менен Орто Азия жана Саян-Алтай аймактарында жашаган элдердин этнонимиясынын, тамгаларынын жана башкалар этнографиялык маалыматтарынын окшоштугуна таянып далилдейт. Монографияда ошондой эле кыргыздардын этникалык байланыштарына көмөкчү болгон эпосто чагылдырылган жол катнаштары да изилдене кеткен. Негизги булак катары «Манас» эпосунун революцияга чейинки, ошондой эле Совет доорунда жазылып, басмадан жарык көргөн варианттары жана үзүндүлөрү пайдаланылган.

ОТУЗ-АДЫР — топоним. Ала-Тоону душмандан бошотуп, Алтайдан көчүп келгенде кан Жакып айлын кондурган жер (Сагымбай Орозбаков, 2. 163). Өзгөн менен Кара-Суунун ортосундагы бул чыбыр, адырмак аймак азыр да өзүнүн илгерки аты менен белгилүү.

ОТУЗ-СУУ — топоним. Манас баатыр Алтайдан Ала-Тоого көчөр алдында жолдогу кытай, калмак кандыктары ээлеп алган жерлерди бошотуп келе жатканын угуп, Чүй боорун бийлеп турган Акунбешим шаа кол курап камынуу үчүн «Аяк жагы элинин Орол тоонун ичинде, Отуз-Суунун тушунда» (Сагымбай Орозбаков, 2. 129) жашаган кытайларга чейин кабар жиберип, кеңешкен учурда О.С-дагы билермандарын да чакыртат.

ОЮМКАН — эпизоддук кейипкер. Чоң казатта окко учкан атасы Көкчөнүн өчүн алуу үчүн Үмөтөй Семетейге каршылашып келген учурда Каныкей уулуна О. Темиркандын он эки кызынын бири, Ормонбектин зайыбы, өзүнүн эжеси экендигин айтат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 274).

ОЮРМАЛУУ — топоним. Кытайлар менен Манастын экинчи жолку урушунда жекеге чакырган калмак баатыры Жолой менен беттешкен белес катары эскерилет (Саякбай Каралаев, 1. 156).

Ө

ӨГҮЗКАН (Угузкан) — эпизоддук кейипкер. Эпостун айрым варианттарында Манастын бабаларынын бири. Ө-дын образы «Манас» эпосуна түрк элдерине белгилүү уламыш, санжыралардан өткөн сыяктанат. Түрк элдерине бирдей таандык «Огуз намэ», Кашкарлык Махмуддун «Диван лугат ат-түрк» («Түрк сөздөрүнүн жыйнагы») жана Абулгазы кандын «Шаджара и турк» өңдүү жазма эстеликтери да белгилүү роль ойногон болуу керек.

ӨГҮЗ КЕЧҮҮ — топоним. Чоң казатка барарда Манас элге: «Алыскы кыйын жолдо жаткан Бээжинге кимиң колду баштап бара аласың?» — деп сурап, ага баруучу жолдогу жерлерди санаганда «Өгүз-Кечүү, Калкандан өткөн журтум барсыңбы» (Сагымбай Орозбаков, 4. 63), — деп Ө.-К-нү да эскерет. Географиялык реалияда Иле дарыясынын боюндагы жерлердин бири.

ӨГҮЗ-ӨТМӨК — топоним. Кыргыз колу Бээжинге бараткан жолдо жүрө албай кыйналган Кыргылчалга карата:

Өгүз-Өтмөк, Тай-Өтмөк
Өрдөшүнө барганда,
Колду санга салганда,
Эсебин элдин алганда,
Өлдү Кыргыл доңуз деп

www.bizdin.kg

Эсебиңди эсен беремин (Сагымбай Орозбаков, 4. 133), — деп он башысы Бозуулдун айткан сөзүндө эскерилет.

ӨЗӨНДҮ-БУЛАК — топоним. Кыястын өлүмү окуясында «Өзөндү-Булак, Кууган-Төр, Өрдөтө салар мал да жок» (Курама вариант, «Сейтек», *125),* — деп Кыяс Ө-Б-ка жайылар малы жоктугун айтат. Ө.-Б. сыяктуу жер-суу аттары Кыргызстандын топонимдеринде кезигет.

ӨЗҮБЕК — эпизоддук кейипкер. Кашкардын каны. Семетейди Букарга кан көтөргөндөгү тойго ат чабам деп келгени айтылат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 77).

ӨЗҮБЕК — эпизоддук кейипкер. Манас кан шайланганда Абдылданын атасы экени эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 1. 267).

ӨКҮМКАН — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү, Түлөбийдин кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чабышта аты отуз сегизинчи келген Алакенге турмушка чыгат (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 427).

ӨПКӨ ЧАБЫШУУ — улуттук оюндардын байыркыдан калган түрү. Ал аш-тойлордо ойнолгон. Оюндун тартиби төмөнкүдөй: Эки тараптан эки таз кишиге мыкты аттарды мингизип, бөктөрүнчөк байлап, жылаңбаштанып, камчы ордуна ашка же тойго союлган жылкылардын өпкөсүн кекиртеги менен колдоруна берип, коштоочулар коштоп келип, беттештирет. Таздар эки үч жолу чабышкандан кийин эле жумшак өпкө үзүлүп түшүп колдорунда кекиртеги калат. Бүтүн кекиртек да камчыдан катуу жана чыдамдуу болот. Тегерене өмгөктөтүп, кекиртек менен чапкылаганга чейин чыдай албай башын калкалап, аттан түшө качкан таз жеңилип, мөрөй шамдагай, өжөр, эр жүрөк жана минген аты мыктыныкы болот. Эпосто бул оюн Көкөтөйдүн ашында ойнолот.

ӨРМӨ-ӨТӨК — топоним. Чоң казатта Алмамбеттин чалгынга келе жатканын сезип калган Ак кулжа Өрмө-Өтөктөн качып кетет (Сагымбай Орозбаков, 4. 153).

ӨРТГӨН — топоним. Манастын Текес кан менен урушунда кездешкен жерлердин бири.

Камыш, чийи, куурайы
Жалынга тактоо кылабы,
Жалпы күйдү бу дагы.
Кайың, талы, тереги
Түк болбоду кереги,
Өрттөп аны салганы,
Ошо күндөн ушу күн
Ошо жердин атагы
Өрттөн атка калганы (Сагымбай Орозбаков, 2. 43),

—

деп манасчы өзү Ө. аттуу жердин аты, өрт чыккан жерге коюлуп калган семантикалык маанисин чечмелеп берет.

ӨСКӨНБАЙ — эпизоддук кейипкер. Жакыптын жылкычысы. Атка шайдоот жүргөн шамдагай адам. Жакып эл чогултуп Алтайдан Анжыянга көчүү жөнүндөгү кеңешинде элди меймандоо үчүн мал алып келүүгө Ө. менен Найманды жибергени эскерилет.

ӨСӨР Жолдош уулу (Базар-Коргон району, Коммунизм айылы) — семетейчи. Мундуздун дүрбөл уруусунан, 7 класс билими бар. «Семетейди» китептен окуп үйрөнгөн. Ө-дөн «Семетейдин Айчүрөккө жөнөшү» деген эпизод жазылып алынган. «Кемпир чал», «Кыраан каракчы», «Каргалдай» сыяктуу элдик жөө жомокторду да айткан.

ӨСҮМДҮКТӨР ДҮЙНӨСҮ (флора) — «Манас» эпосунда кыргыздардын ар түрдүү түшүнүктөрү менен катар табият менен карым-катышы, жаратылыш тууралуу билимдери да орун алган. Анын ичинде элдин Ө. д-нө болгон мамилеси жана

www.bizdin.kg
өсүмдүктөр жөнүндөгү билимдерине да кеңири орун берилген. «Манастын» түрдүү варианттарында Ө. д. жөнүндөгү маалыматтар өтө бай жана ар түркүн. Эпостун манасчы Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча жарык көргөн төрт томдугунда (1978 — 82) өсүмдүктөрдүн 70ке жакын атоолору кезигип, алар түрлөрүнө, өзгөчөлүктөрүнө жараша так берилет. Алардын ичинде токой, чер бак, гүл бак, сабак, бакча, гүл, жыгач, дарак, бадал, чырпык, жалбырак, дүмүр, чөп, куурай, жемиш жана башкалар жалпы маанидеги атоолор бар. Эпосто өсүмдүктөрдүн төмөнкүдөй ар кандай түрлөрү жөнүндө айтылат. Дарак жана бадалдар басымдуу айтылат: карагай терек, байтерек, чынар, тал, кара жыгач, кайың, четин, сары жыгач, ит мурун, ыргай жана башкалар; жемиш жыгачтары: алма, алмурут, өрүк, жаңгак, алча, бадам, мисте, жүзүм, карагат жана башкалар; чөп өсүмдүктөрү: бетеге, тулаң, чымылдык, ышкын, көк шибер, чий, камыш, жекен, көк тикен, кымыздык, балтыркан, жантак, ат кулак, чалкан жана башкалар; эгиндер: буудай, күрүч, арпа жана башкалар; бакча өсүмдүктөрү: коон, дарбыз.

Ошондой эле элге анча белгилүү болбогон бадалдардын (тоорак), чөптөрдүн (кыткыл чөп), башка тилдердеги кокок, сагаса (өзбекче чекенди), жаңгел токой деген өңдүү аталыштар да учурайт.

Эпосто көбүнесе токой тууралуу айтылат. Бул илгерки заманда жердин көбүн токой ээлегенин көрсөтөт. Биология илими да муну ырастайт. Токойдогу даректар жөнүндө кеп болгондо артыкча тал, андан кийин кайың, карагай, терек, чынар, алма, алча, жаңгак, камыш, жекен жана башкалар айтылат. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында: Бири терек, бири тал, жыгачынын түркү ушу (СО 1.243), — деп баяндалат. Өсүмдүк түрлөрү да ажыратылып берилет. Мисалы, жөнөкөй тал, кырчын тал жана башкалар Өсүмдүктөр таралышына жараша да көрсөтүлүп, какырдын бадалдары, нымдуу жерди ээлеген жазы жалбыраktуу, ийне жалбыраktуу токойлор, суу бойлоп өскөн жекендүү, камыштуу аймак делип өз-өзүнчө сыпатталат. «Манас» эпосунун окуялары көптөгөн аймактарда өтүп, ар бир жердин Ө. д. өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү менен сүрөттөлөт. Мисалы, Манас туулуп өскөн Алтайдын токойго, түркүн өсүмдүктөргө бай кооз жер экендиги, «бугу оттогон жерлери, булуңдуу токой черлери» жөнүндө айтылат. Ошол жерде өскөн токойдун аянты, калыңдыгы «бери жагында кырк күндүк, караңгы токой чер бар дейт» деген саптар менен берилип, токой арасындагы «көк ала майдан шиберди аралап», жайылып жүргөн мал тууралуу да көп айтылат. Ал эми Алтайдан Анжыянга көчүп келген эл жер жайнаган жемиш токойлорун көрүп, Талас жеринин «алчасы чирип дөң болгон, алмасы жатып көң болгон» Ө. д-нө суктанышат. Эпостун окуялары «жаткан, жаңгак сууда бар, алма, бадам жуда бар, алча жүзүм бу да бар» күнөстүү тажик жергесинде да өтөт. Көкөтөйдүн ашын өткөрүү үчүн «үзөнгүдөн чөп экен, бетеге белден бураган» айтылуу Каркырага көчүп барышат.

Жүрөктү титиреткен кармашууларга, жеңүү-жеңилүүгө жык толгон Чоң казат «текчеден гүлү ачылган, жемиши жерге чачылган» кооз, көркөм, өсүмдүктөргө бай кытай жеринде жүрөт. Адеп кытай жерине келгенде кол «дөгө-деген жалбырак, төрт канат үйдүн үзүктөй» экенин, маша деген өсүмдүктү, беченди, күчала деген чөптөрүн, жан-жаныбарларын көрүп таң калышат. Эпосто жапайы өсүмдүктөр менен катар чарбактар, андагы өсүмдүктөр жөнүндө да айтылат. Мисалы, айтылуу Көкөтөй бай өлөөрүндө «жети таш жерге тигилген, жетимиш уруу тал калды» деп арман кылат. Ошол кезде эле элдин өсүмдүктөрдүн өз ара жамаатташтыгы, башкача айтканда экологиялык байланышы жөнүндө түшүнүктөрү да бар экенин төмөнкү саптардан байкоого болот: «Алмурут чыккан жерлерге ит мурун чыгат дечү эле». Чынында эле алмурут менен ит мурун аймакташып каксоо жерлерде өсөт. Ө. д. табияттын кооздугун, байлыгын гана көрсөтүү үчүн эмес, ар андай поэтикалык ыкмаларды түзүүдө материал катары да

www.bizdin.kg
пайдаланылат. Өсүмдүктөр метафораларда, айрыкча кыздардын, аялдардын сулуулугун көрсөтүү үчүн пайдаланылган. Мисалы, Аруукенин элеси: «карагат көздүү, кан жүздүү кашы кара ай түстүү». Өсүмдүктөр айрыкча салыштырууларда да өтө көп колдонулат.

«Манас» эпосунда өсүмдүктөрдүн көптөгөн түрлөрү жөнүндө айтылып, эпостун окуяларын баяндоодо ыгы менен, өз өлчөмү менен берилип, анын көркөмдүгүн арттырып турат.

К. Акматов

ӨТКӨРМӨЛҮҮ — топоним. Чоң казатка аттанган кол басып өткөн көп жерлердин бири (Сагымбай Орозбаков, 4. 63, 130).

П

ПАДЫША, бадыша, пааша, шаа — «Манас» эпосунда бийлик титулу жана ушундай титулу бар каармандарга карата айтылган эпитет. Бул термин кыргыздар Орто Азияга келгенден кийин гана коңшу элдерден кабыл алынып «кан» деген титулга синоним катарында колдонула баштаган. П. титулу «Манас» эпосуна кирип, Манаска титулдук эпитет маанисинде көркөм каражат милдетин аткарып калган. Бирок, тарыхый болгон феодалдык П-лардын коомдук абалы менен эпостордун башкы каармандарынын ушул аракеттерин салыштырып караганда алардын ортосунда идеялык жалпылык болбогондугу айкын көрүнөт. Ал эми «Манас» эпосунда «кан» деген титулдук эпитет кандай мааниде колдонулуп, кандай эпикалык милдет аткарып турса П. «султан», «төрө» деген титулдук наамдарды да ошол эле мааниде кабыл алып, алар аркылуу Манас баатырдын мамлекет тибине биригип, баш кошкон кыргыз элинин улугу, эң жогорку башкаруучу абалы атайын белгиленет. Бирок, эпосто идеалдаштырылган анын бөтөнчө, артыкчылык абалы башкача айтканда падышалык титул жалаң Манаска таандык деген түшүнүк берилбейт. П. титулу мүнөздөмө эпитет маанисинде Манастан башка негизги оң, терс каармандарга карата сейрек болсо да колдонулат. Мисалы, кытай кандарынын башкы каны — Эсенкан «Падышадан үч кайта Келген киши жоголду» (Сагымбай Орозбаков, 2. 13), «Кетте пааша Алооке» (Сагымбай Орозбаков, 2. 170), — деп эпостун поэтикалык стилине ылайык бадыша, пааша, шаа формасында айтылган бул титулдук эпитеттин мааниси каармандардын индивидуалдуулук, типтик өзгөчөлүк, образдагы орчундуу белгини так ачып берүү мүмкүнчүлүгү менен байланышкан. Демек, «Манас» эпосунун башкы жана негизги оң, терс каармандарына карата колдонулган П. эпитети ал каармандардын өзгөчө бир белгисин тактоо аркылуу алардын образынын таамай мүнөздөлүшү үчүн шарт түзүү өзгөчөлүгүнө ээ титулдук эпитеттин бири.

С. Алиев

ПАМИР — топоним. Эпосто кыргыз, ооган элдери жашаган белгилүү чоң тоолордун бири катары айтылат. П. иран тилинде «күндүн кудайы Митранын этеги» деп түшүндүрүлөт. Географиялык реалияда П. Орто Азиянын түштүк-чыгышындагы бийик тоо системасы, негизинен тоолуу Бадахшан АОнун аймагында. Бул жерде байыртан кыргыздар тажиктер менен жанаша жашап келишкен.

ПАНУС — кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Ташкенди бийлеп турган калмак каны. Акунбешим кандын Манастын колунан өлгөнүн угуп, өч алуу үчүн кол курап, Манаска каршы аттанат. Бул кабарды уккан кыргыз мыктылары Асылбек баатыр баш болуп, көптү билген Көкөтөй карыдан Манастын жайын сурашат. Көкөтөйдүн Манаска кошулалы деген сунушуна эл макул болуп, жергиликтүү кыргыздар П-тун артынан жөнөшөт. Булардын жардамы менен

www.bizdin.kg
Манас жеңишке ээ болуп, Ташкенге П. кандын ордуна Көкөтөй кан көтөрүлөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 145, 146; Сагымбай Орозбаков, 3. 35).

ПАҢ — эпизоддук кейипкер, Коңурбайдын түпкү атасы. Учурунда касташкан жоосуна алдырбаган баатыр болгону Манас менен Коңурбайдын сайышында эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 3. 247).

ПАРАЛЛЕЛИЗМ — көркөм чыгармада эки түрдүү окуяны салыштырып сүрөттөө аркылуу поэтикалык образ түзүү ыкмасы. Бул ык менен окуялардын окшоштугу же айырмачылыгы көрсөтүлөт:

Жармы төгүн, жармы чын,
Жарандардын көөнү үчүн,
Жабыратып айтабыз
Жолборс Манас жөнү үчүн.
Көбү төгүн, көбү чын,
Көпчүлүктүн көөнү үчүн,
Күпүлдөтүп айтабыз
Көк жал эрдин жөнү үчүн (Курама вариант, 1. 1.). П. кыргыз оозеки поэзиясында, айрыкча «Манас» эпосунда басымдуу учурап, көбүнчө жаратылыш кубулуштары адам турмушу, тагдыры менен салыштырылат:

Тутунарга туяк жок,
Тууганымдан айрылган
Журтта мендей чунак жок.
Карманарга туяк жок
Канатынан айрылган
Калкта мендей чунак жок (Сагымбай Орозбаков, 1. 17). Эпикалык ыр түзүлүшүндө ритмикалыккомпозициялык курулуштун формасына кирген параллелдүүлүк сөздөрдүн же фразалардын, ыр жолдорунун, ыр топторунун өз ара маани жактан окшошуп, бир эле мазмунду эки ирет кайталоо менен угуучуга жеткирет. Аны «Манас» эпосунун ыр түзүлүшүнөн көп учуратабыз:

Жамгырды көр, чокту көр,
Жабыла тийген окту көр,
Камышты көр, селди көр,
Какайлап ураан чакырып
Каптап калган колду көр.
Мунарык күйгөн чокту көр,
Бузулбай тийген окту көр,
Казылган чуңкур орду көр,
Кажылдап, каптап чуркурап
Каптап калган колду көр (Саякбай Каралаев, 1. 89). Эпостогу окуяга катышкан каармандардын мүнөзүн, алар менен болгон карым-катышын, жаратылышка жасаган мамилесин, портрет-элесин сүрөттөйт:

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй
Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй.

www.bizdin.kg
П. эпикалык чыгармада абстракттуу көрүнүштөр аркылуу берилбестен, көпчүлүк учурда коңкреттүү сүрөттөлүп жаткан каармандын образына ылайык келүүчү предметтер менен салыштырылат:

Билдин жүгүн кийгендер,
Бири миңге тийгендер.
Жарагын темир кийгендер,
Жалгызы санга тийгендер.
Салтанаттуу сай кашка,
Сөөлөтү журттан бир башка.
Кызыл байрак, кырк кашка,
Кылганы журттан бир башка.

Ушул ыр формасы менен эпостун негизги каармандарына таандык болгон баатырдык, каармандык, айбаттуулук бөтөнчөлүктөрү сүрөттөлөт:

Жүздөн жүзүн бурбас деп,
Жүз миң адам курчаса
Жүдөп карап турбас деп.
Миңден бетин бурбас деп,
Миңдеген адам камаса,
Бир жалтанып турбас деп.
Кармагандан кан чыккан,
Карагандан жан чыккан,
Жаш да болсо Алмаңдын
Жайын билди Эсенкан.

Бул эпикалык окуяга түздөн-түз байланышып, катышып жаткан каармандардын бири-бири менен болгон мамилесин, карым-катышын, ички кагылышууларын, табият кубулушу менен адамдардын мүнөздөрүнүн ортосундагы салыштырууну жеткирүүдө күчөтүү жана апыртуу жолу менен көркөм образга жандуу элес берет.

К. Кырбашев

ПАРГАНА, к. *Фергана.*

ПАРТЕНОГЕНЕЗ, к. *Нурдан төрөлүү.*

ПАТРИОТГУУЛУК (грекче patris — ата журт) — туулган жерди, ата журтту астейдил сүйгөндүк, ага каны-жаны менен берилгендик, бүткүл иш-аракети, ишмердиги менен аны коргоо, мартабасын көтөрүү, байытуу үчүн жан аябай кызмат кылуу. Эпосто П. адамдардын мүнөздөрүндө кеңири чагылдырылган адеп-ахлактык мыкты сапаттардын бири. Бул асыресе чыгарманын каармандарынын өз элинин, өз жеринин эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн жан аябаган күрөштөрүндөгү, кыйын кезеңдердеги кажыбас кайратынан, майтарылбас эркинен, күжүрмөндүүлүгүнөн, жалтанбастыгынан, эрдикти көрсөтүүлөрүнөн таасын байкалат.

П. муундан муунга уланып, улам жаңы мазмун менен байып, турмуштун, жашоонун ар түрдүү чөйрөлөрүндө орун алып келген. «Маната» бул адамдардын турмуш-тиричилигинде, каада-салттарында, башка элдер менен ынтымакта болуу аракеттеринде жана башкалар жактарда да чагылдырылган. Эпосто П., каармандык эли-жерин сүйгөн баатырлардын күчтүү сезимдери, иш-аракеттери, эркиндик, көз карандысыздык үчүн күрөштө айрыкча көрүнөт жана чыгармадагы негизги идеялык мазмундун өзөгүн түзөт. Патриоттук сезим эпостун негизги каармандарына өтө мүнөздүү көрүнүш. Кубаттуу мамлекетти башкарып турган Каракан дүйнөдөн өткөндө, анын эли-журту, мал-мүлкү, душман тарабынан катуу талоонго алынып, сегиз баласы ар тарапка куулат. Ошондо Жакып, Акбалта баштаган кырк үйлүү кыргыз алыскы Алтайга айдалып келишет. Берекелүү Алтай жеринде эл тез эле тыныгып, эгин эгип, алтын казат, байыйт. Бирок, жергиликтүү

www.bizdin.kg
калмак, манжуу төбөлдөрүнүн алык-салык салып, «келгин», «тентимиш» деп кодулап турушу ар дайым алардын намысына тийип, ылаажы болсо өз мекенине кетүүнү дайыма эңсешет. Манастын туулушу менен акыры эл көксөгөн улуу тилек, илгери үмүт ишке ашат.

«Тууган жердин топурагы», «ата журттун асылдыгы» деген ыйык сезим, түшүнүктөр Манаста өтө эрте ойгонот. Ал он эки жашка толуп, эрезеге жеткенден баштап элдин көз карандысыздыгы, өз мекени — Ала-Тоого кайтуу үчүн күрөшкө баш коёт. Буга анын Алтай жеринде көрсөткөн эрдик иштери айкын күбө. «Чөптөй көп кытайдан» жүрөгү өлүп калган Акбалта менен Жакып Жолойдун зордугуна чыдап, кыздарды, малды тартууга берип, аман-соо калалык дешкенде Манас душманга багынгандан көрө согушууну, керек болсо өлүүнү артык көрөт:

Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин,
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн,
Курман болуп кетейин (Саякбай Каралаев, 1. 88).

Каардanган Манас Дөңгө менен Жолойго катуу, эстен чыккыс кыргын согуш кылат. Бул жолку душмандын үстүнөн болгон жеңиш кырк үйлүү кыргызды да, Манасты да рухий-ыймандык жактан абдан чыңдайт, бекемдейт:

Күйүттүн баары ачылып,
Күптүүнүн баары жазылып
Ачылган жери жабылып,
Абийирдин баары табылып (Саякбай Каралаев, 1. 104).

Мына ушундан баштап Манас-Манас болуп, Манас атка конуп, «күйүттүү кыргыз кырк үйлүү, күтүп алар шер болуп», элинин чыныгы тирегине айланат.

Манастын патриоттук сезимдеринин ойгонушуна, бөтөн жерде өткөн кор турмуш менен катар, ага алгач таалим-тарбия берген акылман Акбалтанын Манаска эли-жерин туюнткан сандыргалуу накыл сөздөрү ага күчтүү таасир берет. Сезимин курчутат. Чечкиндүүлүгүн, жоодон кайра тартпаган жалтанбастыгын өркүндөтөт. Уюткулуу накыл кептерди Манас Кошойдон, Бакайдан, башка көптөгөн нускалуу карыялардан да угат. Өзүнүн көйгөйүндөгү оюн, түпкү ниетин, келечек максатын ачык айтат, кыйноого салган кытайдын кишенинен кутулууга, бул үчүн «арбын аскер куруп», «аманат жандан кечип», «кырылышып» болсо да бабалардан калган жерди кайтарып алууга элди үндөйт, катуу чакырык таштайт.

Ар бир эл мекенинде жашагандыгы жана анын гүлдөшү, келечеги үчүн эмгектенгендиги менен күчтүү жана бактылуу. Манас да чачылган, азган, тозгон элин ата журтуна кайра ээ кылгандыгы менен айрыкча патриот. Албетте, элге мындан артык жыргал, эл уулуна мындан ашкан сыймык жок! Ушул жерде эки нерсени белгилеп кетүү зарыл. Биринчиден, Манас «кыйын султан кандыкка» күч менен же атадан калган мурас катары эмес, элинин алдында сиңирген зор эмгеги, элдин мүдөөсүн орундатып, колдоосуна ээ болгондугу менен жетише алды. Экинчиден, «кан» дегенде дээрлик бүт өмүрү ат үстүндө өтүп, каны-жанын элдин кызыкчылыгына багыштаган, анын эркиндиги, көз каранды эместиги үчүн күрөшкө башын сайып, бөтөнчө каармандык, баатырлык сапаттары менен айырмаланган чыныгы партиот көз алдыга тартылат. Элдин түшүнүгүндө, аң-сезиминде Манас — алты уруу элдин эле каны эмес, жалпы кыргыз калкынын медери, таянар тоосу, душмандардан сактаган чеби. Манастын ысмы менен эл сыймыктанып, душмандары сестенип турушат. Көкөтөйдүн ашында Манас келгенче кытайлар кыргыздарды түгөл кыйратып, олжолоп кете жаздайт:

Кулакты кесип култуйтуп,
Калың казып орлорду,
Кайнатып такыр шорлорду,

www.bizdin.kg

Төргө кудук казарда,
Төрт түлүктү чачарда,
Аябаган дүмөктү
Салып салган эмеспи,
Алакандай бурутту,
Ал кытайга кырдырбай
Алып калган эмеспи (Саякбай Каралаев, 2. 71).

Манастын П-у эли-жерин терең сүйгөндүгүндө, бүт өмүрүн элдин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө арнагандыгында гана эмес, анын башка элдерге, ал түгүл каршылашкан өлчөмдүү душмандарына жасаган мамилесинен да ачык сезилет. Анын өз эли, өз жери үчүн тынчтык, бейкутчулук, кандай маанилүү болсо, башка элдер үчүн да ошондой эле маанилүү. Деги эле адам баласын урматтоо, тең көрүү, өз элинин кызыкчылыгын башкалардын кызыкчылыгы менен бирдей кароо Манастын патриотизмин жалпы адамдык мазмун менен байытып, бөтөнчө таасирлүү кылып турат. Анын акыйкаттыгына, адилеттигине душмандары да тен берет. Анжияндын каны Алоокенин элди аёосуз эзип, «заарынан баары журт качып сандалып», «азабына жан түтпөй» калганда, Алоокеден куткарып алышын суранып, Манаска арман-азирет менен кайрылышканда Манас Алоокеге каршы аттанат. Өзү келип катылып, Манастан катуу талкаланган Шоорук кан Манаска бекер катылганына кейийт:

Кытайдан качкан качак деп,
Маңгулдан качкан байкуш деп,
Байкабай барып кол салдым.
Кол салбай куруп калсамчы,
Балакетке чоң калдым! (Сагымбай Орозбаков, 2. 216).

Манастын иш-аракети негизинен жоокердик, согуштук окуяларда көрүнөт. Ал баарыдан мурда баатыр, көптөгөн согуштук аракеттердин башчысы, демилгечиси. Чоң казатта кытайдын баскынчылыгынан элди куткарууну максат кылып, аны ишке ашырат. Бул жортуул эч качан басып алуучулук болгон эмес. Ошол жоокерчилик мезгилдин талабына, жашоонун, турмуштук логикасына карата алганда, бул өзүн-өзү коргоо болгон. Башкача айтканда элге тынчтык бербей, дайыма коркунуч туудуруп, мүмкүнчүлүк боло калса ыдык көрсөтүүгө даяр турган душмандын кол салуусун токтотууга, жоонун алдын алууга жасаган аракет, ошондой эле Манастын эли-жеринин келечеги үчүн жасаган патриоттук озуйпасы болгон. Ошондуктан, Чоң казатка бара жаткан жолдо: «жерди айтып бир кейип», «элди санап бир кейип» калкынын келечектеги тагдырын ойлоп бушаймданат:

Кокустан өлүп кетсем Бээжинде
Биринин тилин бири албай,
Баш аламан кокуй эл
Бирөөн-бирөө көрө албай,
Ала болуп кетет бейм,
Аңдып жүргөн көп душман
Алакандай элимди
Түбүнө түгөл жетет бейм (Саякбай Каралаев, 2. 98).

Чыныгы жаран, чыныгы патриот гана Манасча элдин, мекендин кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору коёт. Манастын П-унун бөтөнчө күчтүү жагы — анын адамдык эң мыкты сапаттары менен айкалышып тургандыгында. Мында анын айкөлдүгүн бөтөнчө белгилеп өтүү өтө орундуу. Манастын накта баатырлык менен айкөлдүктүн ширөөсүнөн бүткөн өзгөчө терең П-у анын бардык элдерге сүймөнчүктүү, жалпы адамдык бийик образын түзгөн.

www.bizdin.kg
Эпосто П. башка каармандарга да мүнөздүү. Чыгармада П. жөнүндө сөз болгондо Манастын кырк чоросун, асыресе Бакайды, Алмамбетти, Чубакты, Сыргакты, Каныкейди, Кошойду экинчи жана үчүнчү бөлүктүн Семетей, Айчүрөк, Күлчоро, Сейтек сыяктуу каармандарын айрыкча эске алуу зарыл. Манасты Манас кылган баатырлыгы, акылмандыгы менен элине чоң пайда келтирген, «караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан», даанышман Бакай менен кайгысын тарткан эл-журттун, «үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган, ордо күтүп жан кылган, Айкөл Манас султанды ай-ааламга кан кылган» да ушул «калк энеси Каныкей». Каныкейдин патриоттук турпаты асыресе кырк чорого жоо кийим, жол азык даярдоодо, Семетейди аман алып калып, ага ата-тегин билгизип, эли-жерине ээ кылууда да Каныкей чоң роль ойнойт. Бүткүл өмүрүн, бардык ишмердүүлүгүн элдин, мекендин кызыкчылыгына жумшоо менен чыныгы П-тун бийик үлгүсүн көрсөтөт.

Ал эми Алмамбеттин образы П-тун өзүнчө бир көрүнүшүн чагылдырат. Ал — тагдырдын буйругу менен өз мекенинен, элинен алыста калган адам. Адилеттик үчүн күрөшүп, бийлик талашууда жеңилүүгө учурап, эли-жерин түбөлүк таштоого аргасыз болот. Акыры келип Манастан баана таап, ага ак кызмат кылат. Чоң казатта кыргыздын колун Бээжинге баштап барат. Бул анын өз элине чыккынчылык катары көрүнүшү мүмкүн. Чындыгында андай эмес. Ал элин-жерин чексиз сүйөт. Анын бир гана көксөгөн тилеги — кордук көрсөтүп, куугунтуктагандардан кегин, өчүн алуу. Тал-Чокуда Манаска дүрбү менен Бээжинди көрсөтүп, ичи эзилип, каңырыгы түтөп, чоң арман кылат. Жерин көрүп толкунданат, сүйүнөт, башынан өткөргөндөрүн ойлоп кейийт, күйүнөт, муңканат. Ал кыргыз, кытай элдеринин жакшылыгын эч унутпайт, эки элди бирдей сүйөт.

Эпосто Семетей, Айчүрөк, Күлчоро, Сейтек жана башкалар көптөгөн каармандар жерин терең сүйүп, урматтаган адамдар катары сүрөттөлөт. Элинин биримдиги, бейпил турмушу үчүн ички жана тышкы душмандар менен жан аябай күрөшөт. Атасынан жаш калган Семетей өз жеринен кетип, таятасы Темиркандын колунда чоңоюп, ата-тегин билгенден кийин өз элине, өз жерине ээ болууда зор чечкиндүүлүгүн көрсөтөт. Атасы Манастын кунун кууп, Таласты камап чабуул койгон Коңурбайды өлтүрөт. Эпосто баатырдык, патриоттук иш-аракеттеринде Манас, Семетей, Сейтек жалгыз эмес, аларды колдогон, аларга ак кызмат кылган көптөгөн каармандар бар. Ошол каармандардын колдоосу, жардамы аркылуу гана эпостун башкы каармандары өзүлөрүнүн патриоттук иш-аракеттерин жүзөгө ашыра алышат. Мисалы, Төкөр уста Бөлөкбай жасаган не бир укмуш куралдардын жардамы менен элдик баатырлар касташкан жоосун жеңет, элин душмандан коргоп калышат.

О. Исмаилов

ПЕЙЗАЖ «Манас» эпосунда. Элдик оозеки чыгармаларда П. жаратылыштын өзүнчө мааниге ээ болгон түрдүү кубулуштарынын жана көрүнүштөрүнүн тигил же бул көркөм эстетикалык идеяга жана максатка баш ийдирилген көркөм чагылышы болуп эсептелет. Ал фольклордук жанрлардын поэтикасындагы эң маанилүү элементтердин бири болуу менен бирге көркөм-эстетикалык ар кыл милдет аткарат. «Манас» эпосунда чыгарманын идеялык-тематикалык багытынын көп түрдүүлүгүн, көркөм-эстетикалык кайталангыстыгын, образдар системасынын молдугун, поэтикасынын ажайыптыгын арттырып турган көркөм каражаттардын бири П. болуп саналат. Сюжеттик окуялардын ырааттуулугуна, эпосто башкы жана көмөкчү идеялардын, мотивдердин, айкын көрсөтүлүшүнө белгилүү деңгээлде көмөктөшүп тургандыгы менен баалуу. Эпосто окуялардын өнүгүшүнө, образдардын ачылышына өзгөчө зарыл фон берүү менен каармандар мекендеген же алар көргөн жерлер баарыдан мурда алардын психологиялык ал-абалына, мүнөзүнө, иш-аракетине жараша сүрөттөлөт. П-дын чагылышы түрдүү

www.bizdin.kg
көркөм ыкмалар, каражаттар аркылуу, образдык ассоциациялар, салыштыруулар, туруктуу кайталоолор, жаратылыш көрүнүштөрүн элестүү, көркөм сүрөттөөнүн негизги принциптери катары жүзөгө ашырылат. Ала-Тоо, Ысык-Көл, Чүй, Талас жана башкалар жерлердин табиятын сүрөттөө, тууган жердин, мекендин артыкчылыгын, ажайып көркөмдүгүн, мол байлыгын, кайталангыс кооздугун көрсөтүүгө багытталган.

Элдик идеалдагы каармандар жердеген, жашаган жерлердин жаратылышын поэтикалык түркүн боёктор менен көркөмдөп берүү чыгармада ата журттун образын жаратуу, ага болгон сүйүү өңдүү башкы идея менен табигый түрдө айкалышат. «Манас» эпосунда П. эки түрдүү реалисттик жана эпикалык оозеки чыгармачылыктын мыйзам-ченемине ылайык апыртуу, фантастикалык салыштыруу, фетиштик предметтердин керемети менен чагылдырылган. Мисалы, кыргыздар Алтайга жаңыдан келгендеги ал жердин ажайып көркү, жан-жаныбарлардын молдугу, малчылыкка ыңгайлуулугу элестүү сүрөттөлөт (Сагымбай Орозбаковдун варианты). Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында айдалып барган кырк үйлүү кыргыз жердеген Алтайдын башы, Ак-Талаанын таң алдындагы көрүнүшү өзгөчө боёктор, түркүн салыштыруулар, образдар менен сүрөттөлүп, жаратылыш кубулуштары, жеринин байлыгы өзгөчө сыпатталат (Саякбай Каралаев, 1. 36). Алтай жергесинин кооздугун, рельефинин түрдүү көрүнүштөрүн айтуучулар өз алдынчалыгын сактоо менен жогорку көркөмдүктө берүүгө жетишкен. Жаратылыш көрүнүштөрүн жана табият кубулуштарын жандуу элестер менен нукура чеберчиликте чагылдыруу жагынан Сагымбайдын варианты башка варианттардан кыйла айырмаланып турат. Мисалы, Уркун дарыясынын көрүнүшү:

Уркундун суусу кириптир:
Башынан мөңгү бузулуп,
Жандосунан караса
Жайсаңдын суусу кошулуп,
Капкара болуп көрүнөт
Кан жыттанып кошулуп.
Токою бийик доолдоп,
Тоосу бийик зоолдоп,
Тереги шамдай сайылып,
Деңизден чыккан толкуну
Кайың, талдын түбүнө
Как тизеден жайылып.
Жаткан экен күркүрөп,
Жакын келген адамдын
Таман бою дүркүрөп (Сагымбай Орозбаков, 1.264).

Айтуучунун поэтикалык чабытынын кеңдигин, манасчынын жогорку чеберчилигин айгинелеген сапаттардын бири жаратылыштын мурда сүрөттөлгөн көрүнүшүнө, кубулушуна кийинки окуяларда кайра кайрылышы, андагы белгилерди, көркөм көрүнүштөрдү кылдат баамдап, элестүү тарта билиши, реалисттик баяндоо улам кеңип, тереңдеп жүрүп отургандыгында. Чоң казатта кол баштаган Алмамбет баатыр баргандагы Уркун дарыясынын көрүнүшү:

Башынан мөңгү бузулуп,
Аз болгондо ар туштан
Алтымыш дайра кошулуп,
Капкара болуп ыраңы,
Кан жыттанып жошулуп
Карагайы, тал агып,
Кайың менен сал агып,

www.bizdin.kg

Караргандын баары агып,
Үстү жагы көбүктөп
Үйөр жүрүп алыптыр,
Үзүктөй таштар үстүндө
Күлдүрттөп агып калыптыр,
Ак көбүгү бурулуп,
Аркы-терки урунуп,
Агыны катуу улуу суу
Чамгарактап калыптыр,
Ошол Уркун суусуна,
Суунун тийген буусуна —
Жээгинде жекен желпилдеп,
Камыштын баары калкылдап,
Аттай кара балыктар,
Ар жеринен карасаң,
Атылып түшүп жаркылдап (Сагымбай Орозбаков, 4. 151). Уркун дарыянын көрүнүшү алгач Манас салбырында жүргөн мезгилде сыпатталып, жөн-жай тиричиликтин деми, бейкут жашоонун илеби келип турса, Манастын колу Чоң казатка бараткандагы дарыянын сүрөттөлүшү кандайдыр бир чыңалуу, идеялык бекемдик, окуянын жүрүшүндөгү темп, кейипкерлердин маанайындагы уйгу-туйгулук, оош-кыйыштар менен үндөшүп кетет. Окуялардын өнүгүшүнө ылайык дарыялардын көрүнүшүн ушундай мотивде чагылдыруу «Семетейде» да жолугат. Семетейди алып Букарга бараткан Чыйырды менен Каныкейдин Сыр-Дарыяны, Семетейдин эки чоросу менен Үргөнчтүн суусун кечиши сүрөттөлгөн эпизоддор буга мисал. Кайталоолор, сүрөттөөнүн жакындыгы, суунун агымынын көрүнүшүн баяндоо ыгындагы окшоштук эпикалык мүнөзгө ээ.

Ата журттун образын жаратууда, анын кайталангыс П-ын тартууда Саякбай ар бир жердин (Текес, Үч-Каркыра, Кызыл-Кыя жана башкалар) өздөрүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, кооздуктарын башкалар менен алмаштырбай бере билет. Ал эми Ысык-Көл менен Таластын сүрөттөлүшү көркөмдүк-эстетикалуулугу, элестүүлүгү, образдуулугу, поэтикалык таасирдүүлүгү жагынан оозеки чыгармачылыктын бийик үлгүсү болуу менен чоң акындык ышкы, бийик эмоция менен сүрөттөлөт. Ошол эле учурда көркөм көл кылаасы жоокерчилик замандагы турмуш ыңгайына туура келбестиги эскерилет да, Кошойдун сунушу менен Манас Таласты жердеп калат. Семетей Букардан, Сейтек Жети-Өзөндөн Таласка келгендеги Таластын көрүнүшүн, жаратылыш байлыгын баяндоодо айрым кайталоолор болгону менен каармандардын эңсеген жерине жеткендеги алгачкы таасирлерин, алардын ошол учурдагы психологиялык ал-абалын түшүндүрүүгө кызмат кылат. «Сейтек» бөлүмүндө Таластын П-ы өзгөчө ынтаа менен жогорку көркөмдүктө сүрөттөлөт. Эпикалык чыгармачылыктын ички мыйзам ченемине ылайык П-ды сүрөттөө айрым учурда апыртуу, ашкере салыштыруу, фантастикалык шөкөттөр менен да түзүлүп, эпикалык чыгармачылыктагы кыялый катмарлар, окуялардын өнүгүшү органикалык түрдө байланышат. Мисалы, Манастын колу Уркунду кечип өткөндөн кийин «Чымыны чымчыктай, чычканы күчүктөй, дөгөчү деген жалбырагы төрт канат үйдүн үзүгүндөй, камышы кере кулач челектей, короолусу короздой, корозу көнөктөй, балтырканы билектей, алмасы аяктай, кымыздыгы таяктай, чочкосу койдой жайнаган» өрөөндүн П-на туш болушат (Сагымбай Орозбаков, 4. 162—163). Мына ушундай гиперболалык ыкма менен түзүлгөн жаратылыш көрүнүштөрү Саякбай Каралаевдин вариантында да учурайт (Алтайдын көрүнүшү). Эпосто П. окуянын өнүгүшүнө, каармандардын психологиялык абалына, мүнөзүнө ылайык

www.bizdin.kg
сыпатталуу менен чыгарманын тутумунда өзүнчө көркөм милдетке ээ. Чыгармада П. ошол чыгарманын башкы жана көмөкчү идеяларына тике жана кыйыр баш ийдирилет. Реалисттик жана гиперболалык, фантастикалык ыкмада чагылдырылган жаратылыш көрүнүштөрү негизинен бейкут жашоону, байкерчилик турмушту көрсөтүүгө кызмат кылса, ал эми айрым көрүнүштөр согуштук кырдаалды (Ит-Өлбөстүн сүрөттөлүшү), каармандардын ошол учурдагы абалын берүүгө көмөктөшөт (Тал-Чокуда Бээжиндин көрүнүшү).

Табият көрүнүшү элдик идеалга жараша эпосто эки башка планда оң жана терс мааниде баяндалганы чыгарманын башкы өзгөчөлүктөрүнө жатат. Эгерде оң каармандар жердеген жер өзүнүн байлыгы, көркөмдүүлүгү, жашоого ыңгайлуулугу менен артыкчылыкка ээ болсо, эпикалык терс каармандар турук алган жерлерди сүрөттөөдө образдык айырмачылыктарды көрсөтүүгө багытталган П-дык сүрөттөөлөр да бар. П-ды берүүнүн мындай ыкмасы «Семетей» бөлүмүнөн да орун алган. Букарга качып бараткан Каныкейлер басып өткөн жолдо Казы-Курт тоосу, Ак-Чий сыяктуу жерлердин жаратылышы анын катаалдыгын жана татаалдыгын баяндаган окуялардан ачык көрүнөт. Эпостон мифологиялык ыкма жана каражаттар аркылуу түзүлгөн. П. да кеңири орун алган. Бул биринчиден, байыркы адамдардын аң-сезминин эпикалык чыгармачылыктагы өмүр сүрүп жатканын көрсөтсө, экинчиден, фетиштик ой-пикирлер жаратылыш көрүнүштөрүн, кубулуштарын жандуу жана элестүү чагылтууга көмөктөшкөн көркөм ыкма таризде да милдет аткарат. Мисалы, Алмамбет, Жолой, Нескара, Бооң жана башкалар каармандардын жайчылык менен аба ырайын өзгөртүшү. Фетиштик заттардын, магиянын күчү, жаратылыш көрүнүштөрүн, кубулуштарын жандуу жана элестүү көрүнүштөрүн өзгөртүү мотивине ишенүү салтынан келип чыккан П-дарды сүрөттөө элестүүлүгү, образдуулугу жана поэтикалуулугу менен айырмаланат.

Фетиштик кереметтин күчүнө ишенүү жана ал аркылуу П. түзүү салты «Семетей» бөлүмүндө да бар. Мисалы, Семетейди күтүп Үргөнчтүн боюнда жаткан Айчүрөк күндү жайлап, дайранын суусун ташытат; Семетейдин келгенин билип, Кырымдын уулу Мурадыл күндү жайлап, жаратылыш мезгилин өзгөртөт. Баатырдык эпосто жаратылыш көрүнүштөрүн, кубулуштарын сыпаттап берүү айтуучунун жеке даярдыгына, көркөм табитине, сөз маданиятына, элестүү ой жүгүртүүсүнө, жалпы чеберчилигине, акындык дараметине байланыштуу. Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулунун варианттары көркөмдүк-эстетикалык сапаттары, мазмундуулугу, идеялуулугу менен башкалардан кескин айырмаланып, пейзаждык лириканын туу чокусуна, классикалык бийиктигине жете көтөрүлгөндүгү менен баалуу.

К. Байжигитов

ПЕНЬКОВСКИЙ Лев Минаевич (1894, Кременчуг —1971, Москва) — акын, котормочу. Орус тилдүү окурмандарды Орто Азия элдеринин эпостору менен тааныштыруу үчүн котормо жаатында көп эмгектенген. «Манас» эпосунан Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда «Алмамбет менен Чубак чатагы», Саякбай Карала уулунун айтуусунда «Алмамбеттин жомогу» сыяктуу бөлүмдөрдү орусчага которгон. Ал М. Тарловский, С. Липкиндин котормолору менен кошо китеп болуп, Москвадан (1946) жарык көргөн.

ПЕРИ (иранча) — мифтик кейипкер. Кыргыз тилинде эки мааниде колдонулат: 1) мифтик жан (фея), көбүнчө аял келбетиндеги сулуу, азгыргыч жан. Эркек түрүндө да кездешет: 2) акылдуу, ашкан сулуу. «Манаста» эки мааниде тең кездешет. Айчүрөк, Көкмончок П-нин кыздары катары айтылса, Чубак, Бокмурун, П-нин же кайыптын кыздары төрөгөн балдар катары эскерилет.

ПЕРИШТЕ, Бериште — кудайдын элчиси (ангел). «Манаста» кездешүүчү мифтик түшүнүк. Кыргыз тилинде бериште деген формада да айтылат. Эпосто ушул

www.bizdin.kg
мааниде колдонулат. Мисалы, «Умай эне — бериште, Урду келип баланы» («Манас», 1. М., 1984, 45), — деп эскерилет. П. сөзү кыргыздарга иран тилинен Орто Азия чөйрөсүндө кирген.

ПЕТРОСЯН Арфо Аветисовна (1909, Азербайжан ССРи, Шуша ш. —1985, Москва) — адабиятчы, фольклорчу. Бүткүл союздук журналистика институтун (1936), Кызыл профессура институтун (1938) бүтүргөн.



КПСС БКнын алдындагы Коомдук Илимдер академиясынын аспирантурасында окуган (1948—52). 1983-ж. «Элдин тарыхы жана анын эпосу» деген темада доктордук диссертация коргогон. П. ВКП(б) БКнын Басма бөлүмүнүн инспектору, Үгүт башкармасынын кызматкери (1941—46), СССР Министрлер Советинин алдындагы искусство иштери боюнча комитетинин башчысынын орун басары (1946—48), ИМЛИнин улук илимий кызматкери (1952—55) жана директорунун орун басары (1955 — 70), «СССР элдеринин эпостору» аттуу академиялык сериянын башкы редактору (1970—85). П-дын илимий иштери СССР элдеринин адабиятын жана фольклорун изилдөөгө арналган. Ал 1952-жылкы «Манас» боюнча өткөрүлгөн конференциянын уюштуруучуларынын жана анын элдүүлүгүн коргоп баяндама жасагандардын бири. П-дын «К вопросу о народности эпоса «Манас» (1961), «Споры о наследстве» (1961), «Сокровище художественной культуры народов Советского Союза» (1973), «Героический эпос народов СССР» (1975), «История народа и его эпос» деген эмгектеринин илимий-методологиялык мааниси зор. «СССР элдеринин эпостору» аттуу академиялык сериядан жарык көргөн «Манас» эпосуна баш сөз жазган. Анын аталган эмгектеринде «Манастын» элдүүлүгү, идеялык мазмуну, тарыхыйлыгы жана поэтикасы тууралуу сөз болот.

Х. Короглы

ПИЛ (иранча фил.) — «Манас» эпосунда чагылдырылган алп дөө тибиндеги терс кейипкерлер минген согуштук унаа. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манасты кармап кетебиз деп келген эпикалык душман элинин мыктысы Дүбүрөкан жана анын он бир Дуу-дусу (балбаны) П. минип Манаска каршы согушканы баяндалат. «Манастан» башка да Орто Азияда жашаган мусулман элдеринин оозеки чыгармачылыгында зооморфтук типтеги П-дин жомоктук-фантастикалык образы түзүлгөн. Мисалы, өзбектердин жомоктук-романтикалык эпосунун циклин түзгөн «Макатил-Аяр» дастанында Макатил дөө П. минип согушат. Анткени, П. көптөгөн элдердин түшүнүгүндө өзгөчө кара күчтүн ээси. Анын түпкү теги байыркы адамдардын ишениминде кеңири орун алган жерди көтөрүп турган Көк-Бука же жерди көтөрүп балыктын үстүндө турган П-дер менен байланышкан.

ПИР (иранча эски, кары, билерман кары) — түрк тилдүү элдердин мифологиясында ар кандай иштин колдоочусу. Түрк мифологиясында кеңири өнүккөн. Ислам дининин пайда болушу менен мусулман мифологиясында көптөгөн П-лер келип чыккан. Мисалы, иттин П-н — Кумайык, суунун П-и — Сулайман, Койдун П-и — Чолпон-Ата, жигиттин П-и — Шаймерден, уста нын П-и — Дөөтү, чечектики — Коросон Ата, табыптын П-и — Улукман жана башкалар.

www.bizdin.kg
Элдер ошол П-лердин атына сыйынган, алар колдойт деп ишенишкен. Эпосто П. өзгөчө касиетке ээ, баатыр, акылман адамды жылоолоп жүргөн, кыйын-кыстоо жерде аны колдогон. П. кээде колдоочу адамынын көзүнө көрүнгөн. Манас бала кезинде Ошпурдукунда козу кайтарып жүргөндө кырк чилтенге жолукканы (Сагымбай Орозбаков, 1. 94—98) анын тегин киши эместигинен кабар берет. Ошондуктан, эпосто Манас жоого каршы баратканда андан дайыма арстандын сүрү көрүнүп, капталында жолборс чамынып, көсөө куйрук көк бөрү коштоп жүргөнү айтылат. Таласка келаткан Семетейди «Кан Манастын пирлери кошо колдоп калышынан» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 217) Манастын П-лери анын укум-тукумун да колдоп жүрөөрү көрүнөт. Диний ишенимде П. арбак сыяктуу эле касиеттүү ыйык делип эсептелет. Ага: «Атасы эле, ээй, атаңдын Арбак үчүн, ээй, пир үчүн, Мен, амандаша калайын» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 241) деген саптар күбө. Каныкей менен Чыйырды Манас өлгөндөн кийин алты айлык Семетейди алып, Букарга качып бараткан жолдо байтеректин түбүнө уктап калышат. Каныкей чочуп ойгонсо Семетей жок. Кундагынан суурулуп чыгып кеткен баланы 12 айры ак бугу эмизип турган болот. «Атасынын баласын Колдоп эле жүргөн пири экен», Он эки айры бугунун эмчегин ээмп турган Семетейден ажыдаардын түрү, алтымыш эрдин сүрү көрүнөт (Саякбай Каралаев, «Семетей, 1. 50). Демек, ак бугу Семетейди төрөлгөндөн эле колдоп жүргөн П-и катары айтылат.

Кээде зоболосу бийик, ашкере акылман, көсөм карыя, бирөөлөр ыйык туткан адамы да П. деп эсептелет. Аны эпостогу «Аман жүр Манас пирибиз» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 196) деген өңдүү саптар да далилдейт. «Пир туткан пириң болом деп, Билимдүү Кошой колуң бер!» (Курама вариант, «Манас», 1. 78), — деп Манас Кошойду ага жолуккан күндөн баштап пирим деп тааныйт. Ал эми эпосто жолуккан «Он эки пирге кол берип» (Саякбай Каралаев, 1. 27), — деген саптардан улам эпостогу он эки айры ак бугуну, он эки пирге кол берүүнү сандык ишенимдер (ырым-жырымдар) менен байланыштырса болот. Он эки саны байыртадан эле сандын ишеним боюнча кемтиксиздиктин жана жыргалдын, берекенин саны катары эсептелген. Христиан дининде 12 апостол болгон, жыл 12 айга бөлүнгөн жана башкалар Ошондуктан, адамды колдоочу П-лер көп болсо да, анын он экисине кол берүү, он экисинин колдоосуна ээ болуу эпосто да диний ырым катары кабыл алынган. П-ге сыйынуу, анын атын ыйык тутуу эпосто кеңири орун алган. Ага эпосто көп жолугуучу: «Айкөл Манас кабылан, Шай колдогон эр эле» (мында «шай» деп жигиттин П-и Шаймерден жөнүндө сөз болуп жатат) же «Коросонго кой айтып, Баабединге бата айтып», — деген саптар күбө.

Ы. Кадыров

ПОЛИВАНОВ Евгений Дмитриевич (1891, Смоленск —1938, Ташкен) — советтик чыгыш тилдерин изилдөөчү жана адабиятчы. Ленинград университетин жана чыгыш практикалык академиясын бир мезгилде бүткөн (1912). 1918-ж. Петроград, кийин (1926-жылга дейре) Орто Азия университетинин (Ташкен), 1929-жылдан Өзбек мамлекеттик илимдер изилдөө институтунун, 1934-жылдан Кыргыз маданий курулуш институтунун (Фрунзе) профессору. П. Евразия элдеринин 20дан ашуун тилин билген. Негизги эмгектеринде япон, кытай, өзбек, дуңган тилдерин, жалпы тил илиминин маселелерин изилдеген. «Манас» эпосун которуу маселесине кайрылган жана үзүндүлөрүн которгон. 1936-ж. «Манас» эпосунун орусча котормосунун принциптери тууралуу аттуу докладдын тезистерин жазган. Бул тезистерде «Манас» эпосун орус тилине которуудагы баалуу көрсөтмөлөр айтылган. Бирок, эмгек толук бүтпөй калган.

«ПОЭЗИЯ КИРГИЗСКОГО НАРОДА» («Кыргыз элинин поэзиясы») — М. *Богдановнын* «Кыргыз поэзиясынын антологиясына» (« Антология киргизской поэзии», М., 1957, 7 — 18-б.) жазган баш сөзү. Макалада кыргыз элинин оозеки

www.bizdin.kg
чыгармачылыгында «Манас» эпосунун өзгөчө орду белгиленген. Анын кагазга түшүрүлүшү тууралуу азын оолак маалымат берилип, кыргыз уламыштарына караганда Токтогул акын, Балык, Келдибек, Тыныбек, Найманбайлардын да «Манас» айткандыгы көрсөтүлөт. Манасчы С. Каралаев тууралуу кеңири сөз болуп, анын вариантынын негизги идеясы сырткы душмандардан элин, жерин коргоо экендиги белгиленген. Сагымбай Орозбак уулунун вариантында жогорудагы аталган негизги идеядан башка да феодалдык басып алуучулук, исламчыл, түркчүл (пантүркизм) мотивдер да орун алган деген пикир айткан. Бул пикир — «Манасты» реакциялык чыгарма деп бурмалагандардын авторго тийгизген таасиринин натыйжасы.

ПОЭТИКА — чыгарманын көркөм каражаттары жана анын түзүлүш мыйзам ченемдери. «Манас» классикалык эпопеянын мыкты үлгүсү болгон монументалдуу баатырдык эпос болгондуктан көп кылымдар бою өнүгүп, өсүп келген. Анын көркөм формасы бар.

«Манас» генеалогиялык циклдештирүү принциби боюнча калыптанып, өнүккөн эпос. Манас баатырдын каармандык иштерин ал өлгөндөн кийин, уулу Семетей, небереси Сейтек улантат. Чыгарманын ар бир бөлүгүндө («Манас», «Семетей», «Сейтек») окуялар өмүр баяндык принцип боюнча өнүгөт. Башкы баатырдын өмүрүнө эрдик иш-аракеттерине байланыштуу окуялар өзүнчө эпикалык борборду түзөт да, калган окуялар борборго баш ийип турат. Мисалы, Манастын төрөлүшү, балалык чагы, алгачкы эрдиктери, Каныкейге үйлөнүшү, Чоң казат, Манастын өлүмү өңдүү салттык окуялар эпостун өзөгүн түзөт. Калган окуялар эпостун мазмунун байытып, көркөмдүгүн арттырууга кызмат этет.

«Манас» эпосунан эпикалык чыгармаларга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү бүт жолуктурууга болот. Окуяларга бай, кеңири сюжеттүү, активдүү баяндоосу бар эпостун мыйзам ченемдүү окуялары бекем бир сызык менен өнүгөт. Эпос «байыркынын жомогу», «атаңардын жомогу, айтпай койсок болобу» деген өңдүү туруктуу салттык ыр саптары менен башталат (к. *Жомок башы).* «Манас» эпосунда композициянын бардык элементтери бар: *монолог, диалог,* лирикалык чегинүү, пейзаждык, портреттик сүрөттөөлөр жана башкалар

«Манас» баарынан мурда көркөм чыгарма болгондуктан, анда күчтүү көркөм жалпылоо бар, образдар типтүү мүнөздөргө ээ (к. *Тип, Типтүүлүк).* Ырас, «Манас» эпосу элдик оозеки поэтикалык чыгарма болгондуктан көркөм каражаттары ошол планда бааланууга тийиш.

Эпосто кеңири учураган түрдүү көп сандаган көркөм каражаттар аны менен бирге узун татаал жолду басып, өнүгүп, өзгөрүп келген. Поэтикалык *салыштыруу, эпитет, гипербола, литота, метафора, метонимия* сыяктуу көркөм сүрөттөөлөр «Манас» эпосунда жыш учурап, салттык мүнөзгө ээ.

«Маната» өтө кеңири жолугуучу көркөм каражаттын бири — *эпитет* ар түрдүү мүнөздө жана мазмунда кеңири колдонулат. Мисалы, эр шер, кабылан, баатыр, бөрү, кан, падыша, султан, төрө жана башкалар Мындай эпитеттер элдин коомдук турмушунун өзгөрүшү менен кошо өзгөрүп отурган. Эпитеттерде элдин мифтик көркөм ойлонуусунан тартып, кийинки эле тарыхый дооpлордун реалдуу белгилери көркөм чагылдырылган. Мисалы, «кан», «падыша» өңдүү эпитеттер башкы каарманды эпикалык идеалдаштырууда колдонулат. «Түп атасы түгөл кан, Башкы атасы бары кан, Башынан кызыр даарыган» жана башкалар Манас баатырдын кереметтүү төрөлүшүндө көптөгөн жомоктук-фантастикалык сюжеттик мотивдер бар. Баласыздык, түш көрүү, кереметтүү бойго бүтүү жана башкалар өңдүү мотивдер эпикалык идеалдаштыруу милдетин аткарат. «Манас» эпосунда 3, 6, 7, 40, 60, 70 өңдүү сандар да өзүнчө көркөм каражаттын милдетин аткарат. Бул ӨҢДҮҮ эпикалык сандардан реалдуу мазмунду издөө туура эмес.

www.bizdin.kg
Мисалы, «Алты миң бала бир барып, алты эле бала бир калдык», — дейт Алмамбет укмуштуу ажыдаардан окугандыгы жөнүндө баянында.
«Манас» эпосунда поэтикалык салыштыруунун да толгон түрлөрү бар. Мисалы, салыштыруунун гипербола, литота аркылуу берилиши:

Тоодой болгон Манасты
Томуктай кылып көтөрүп,
Коргошундай Манасты
Корголдой кылып көтөрүп
Учуп барат Аккула.

«Манас» эпосунда ар кыл метафоралык сүрөттөөлөр да жыш учурайт. Мисалы, метафоралык бир сүрөттөө:

Шамалдарга бакырып,
Булуттарды чакырып,
Алмамбет жайлап турган соң
Кырдан кызыл шамал кырданып
Асмандан булут сурданып...

«Манас» эпосундагы өтө жыш учураган ар кыл поэтикалык көркөм каражаттар чыгарманын көркөмдүгүн арттырып, идеясын, темасын, тереңдигин, образдарды ачып берүүгө кызмат кылат.
Эпосто ошондой эле салттык мүнөзгө ээ поэтикалык ыкмалар да кеңири учурайт. Элдин тынч турмушун, согуштук эпизоддорду сүрөттөөдө манасчылар туруктуу салттык поэтикалык ыкмаларга кеңири кайрылышат. Мисалы, бир окуядан экинчи окуяга өтөрдө «муну мындай таштайлы, Манастан кабар баштайлы» деген өңдүү ыр саптары колдонулса, кыргыз жергесинин байлыгын, кооздугун сүрөттөөдө:

Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай
Салтанаты ушундай,
Алтын, күмүш кени бар
Агарган сайдын ташындай, — деген өңдүү ыр саптары көп учурайт. Бул өңдүү поэтикалык ыкмалар образ жаратууда, эпостун көркөмдүгүн арттырууда, окуяларды элестүү сүрөттөөдө маанилүү роль ойнойт жана эпосто көп колдонулуп, салттык мүнөзгө ээ.

С. Бегалиев

ПРОТОТИП (грекче prototypon — прообраз, үлгү) — көркөм образды жаратууга негиз болгон реалдуу тарыхый инсан. Эпикалык каарман менен П-тин байланышы, өз ара катнашы көп кырдуу жана ар кыл, көп баскычтуу. Тарыхый инсандан каарманга айлануу эпостордо өтө сейрек учурайт, тескерисинче, мурда жаралган каармандын образынын П-ке жакындашуусу, ага көздөй жылуусу мүнөздүү көрүнүштөрдөн. Түпкү башаты мифология менен байланышкан эпикалык чыгармачылык акырындап турмуш чындыгына реалдуу тарыхый мамиле жасай баштайт. Натыйжада, эпикалык көркөм ойдун чегинде мурда эле жаралган образ ыңтайына жараша реалдуу тарыхый инсандын айрым сапаттарын, белгилерин, ал катышкан тарыхый окуяларды өзүнө сиңирет, анын тарыхый ысмын, айрым атрибуттарын өзүнө «энчилеп» алат. Эпикалык каарман реалдуу тарыхка жакындаштырылат, тарыхый инсанга окшоштурулат. Типтүү мисал катары Төштүктү көрсөтсө болот. Ал бир катар түрк элдеринин баатырдык жомогунун (айрымдарында жөө жомоктун) каарманы, анын теги белгилүү тарыхый эл, чөлкөм менен байланыштырылбайт. Ал эми кыргыздын тарыхый-баатырдык эпосу «Манаста» анын образы реалдуу тарыхый түскө ээ боло баштаган. Анын эли кыргыздын кыпчак уруусу, жердеген жери Кашкар менен Алайдын арасы делип, өзү Манаска баш ийген белгилүү жети кандын бири

www.bizdin.kg
катары, реалдуу жашап өткөн П-и бар каармандар (аты тарыхта белгилүү инсандар Жамгырчы, Көкчө жана башкалар) менен катар эскерилет. Айрым учурда мурдатан калыптанып келе жаткан эпикалык каармандын образы реалдуу тарыхый инсандын атын гана П. кылып алып, мындан тышкары аны менен эч бир байланышы болбошу мүмкүн. Мисалы, бир катар изилдөөлөр Каныкейдин ысымын Алтын Ордонун каны Токтомуштун кызынын аты менен байланыштырышат. Эпос менен тарыхый фактыларды салыштыра келгенде Каныкейдин образынын аталган инсан менен ысмынан башка эч байланышы жок экени ачык болот. Б. а. Каныкейдин образы дүйнөлүк эпостордо кеңири жолугуучу салттык образ, баатырдын сүйүктүү жары, анын негизги камкор жардамчысы катары тарыхый адам — Токтомуш кандын кызына чейин эле «Манас» эпосунан орун алып келген. Бул жерде мурдатан калыптанган эпикалык каармандын аты өз мезгилинде кеңири белгилүү болгон тарыхый адамдын ысымы менен гана алмаштырылган. Өз учурунда өтө белгилүү болгон тарыхый инсандын атын гана пайдаланып, чыгарманын идеялык-көркөмдүк багытына ылайык жаңы образ түзүү эпикалык чыгармачылыкка мүнөздүү көрүнүштөрдөн. Мындай учурда П. болгон инсандын реалдуу тарыхта аткарган иштери менен эпостогу ролунун ортосунда чоң ажырым болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ногой Ордосунун белгилүү инсандары Ногой, Жамгырчы, Агыш (15—16-кылым) жөнүндөгү уламыштар казак элинин эпикалык салттарына негиз болуп, кыргыз эпопеясынын өнүгүү процессине ылайык кейипкердик роль аткаргандыгын, бул учурдагы тарыхый жана эпикалык ысымдар эпостун негизги идеясы болгон тышкы душмандарга бирдикте күрөшүү тенденциясына ылайык биригүү идеясын конкреттештирүү максатына карата пайдаланылганын белгилеп, «Манас» изилдөөчү Э. Абдылдаев эпостогу аталган образдардын тарыхый маалыматтардагы фактылар менен да, казактын эпикалык салттык образдары менен да эч кандай жалпылыгы жок экенин көрсөтөт («Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. 160-б.). Дүйнөлүк эпикалык чыгармаларды изилдөөлөр ишенимдүү далилдегендей циклдешүүгө ээ монументалдуу тарыхый баатырдык эпостордун эпикалык борбору болгон эпикалык монархтардын дээрлик бардыгынын П-и бар. Тарыхый инсандар Гильгамеш (биздин заманга чейин 2800—2760-жылдарда Урук шаарынын жреци жана падышасы) байыркы аккаддардын эпосунда, Этцил (тарыхый Аттила 5-кылымдагы гунндардын падышасы) немецтердин «Нибелунгдар жөнүндөгү ырында», Улуу Карл (8—9-кылымдагы француз императору) француздардын бретон циклиндеги эпосунда, Владимир (10-кылымдагы Киев мамлекетинин улуу князы) орустардын Киев циклиндеги былиналарында, Гесер (Тибеттеги Лин мамлекетинин өкүмдары, 11-кылым) тибет-моңгол элдеринин эпосунда эпикалык монарх болуп саналышат. Эпостордун бардык каармандары ушул монархтардын айланасында баш кошуп, эпикалык негизги окуялар ошол монархтардын айланасында өтөт. Эпикалык мындай циклдешүүнүн пайда болушун окумуштуулар уруулардын биригишип, өздөрүнүн алгачкы мамлекетин түзө башташы менен байланыштырышат. Анткени, ар кандай көркөм чыгармалардай эле элдик эпикалык чыгармалар да өз доорунун идеологиясы менен түз карым-катнашта өсүп-өнүгөт. Башта өз алдынча турган уруулар борбордошкон бир мамлекетке биригүү идеясын жактап чыгышына ылайык «бул баскычта өзүнчө бөлөк поэмалардын ар башка көп сандаган каармандарынын ордуна бардык сюжеттер менен салттык кейипкерлерди өзүнүн айланасына акырындап бириктире баштаган бир гана башкы образ бөлүнүп чыгат. Бул каарман реалдуу канга же мамлекеттик биригүүнүн өкүмдарына туура келет да калган көмөкчү кейипкерлер феодалдык системага ылайык анын тегерегине жайгаштырылат» (Окладников А. П. История Якутии. Якутск, 1949, 1-т., 296-б.). Окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү

www.bizdin.kg
«Манас» эпосунун эпикалык борборун түзүүгө шарт түзгөн мындай тарыхый доор катары кыргыздардын 6—12-кылымдагы ЭнеСай боюндагы мамлекетин эсептешет (айрыкча, В. В. Бартольд 9—10-кылымдагы мезгилин «кыргыздардын улуу державасы» атаган). А. Н. Бернштам менен М. О. Ауэзов эпостун борбордук негизги эпизоддорунун бири Чоң казатты кыргыздардын 840-жылдардагы уйгурлардын үстүнөн болгон жеңишинин чагылдырылышы катары карашкан. Ошону менен бирге бул тарыхый окуяда башкы ролду ойногон кыргыз каганы Манастын, кыргыздарга өтүп келген уйгур кол башчысы Күлү Баганы Алмамбеттин П-и деп эсептешкен. Бул божомолдор кийинки изилдөөчүлөр тарабынан сын көз менен каралган. Айрыкча, Сужи өрөөнүнөн табылган ташка жазылган жазуудагы «Яглакарканата» деген сөздү Манастын П-и болгон инсандын аты катары талкуулаган Бернштамдын көз карашы негизсиз экенин түрколог С. Е. Малов лингвистикалык жактан туура белгилеген. Кийинки тарыхый изилдөөлөр көрсөткөндөй Яглакар уйгур кагандыгынын бийлик башында турган сулалесинин уруулук аталышы болгон. Малов Бернштамдын «Манас» эпосунун тарыхый уюткусу 9-кылымда түзүлгөн деген негизги концепциясын четке каккан эмес. В. М. Жирмунский эпостун П-тери ждөгү көз караштарында Ауэзов менен Бернштам «тарыхый мектептин» өкүлдөрүнүн жаңылыш көз караштарына ыкташып кеткендиктерин сындап келип, өзү алардын негизги концепциясына кыйыр түрдө кошулган: «Кытайлар, уйгурлар жана башкалар коңшу түрк уруулары менен тынымсыз согуштук кагылышуулар коштогон 9 — 10-кылымда кыргыз урууларынын мамлекеттик биригүүсүнүн алгачкы гүлдөөсү жана баатырдык жогорулоосу эпикалык ырларда чагылдырылып, ал көп кырдуу кайрадан курулуу түрүндө «поэзиянын мухити» кыргыз эпопеясына кирген деп болжоого бардык негиз бар» (В. М. Жирмунский. Тюркский героический эпос, 71-б.). Е. М. Мелетинский жана башкалар белгилүү окумуштуулар да эң соңку эмгектеринде ушуга жакын пикирлерин айтышкан. Ырасында эле кыргыздардын 9—10-кылымдагы улуу державалык деңгээлге жеткен кези «Манас» эпосунун эпикалык борбору катары чагылдырылган деп айтууга толук негиз бар. Элдин саясий жактан биригишине аң-сезими ойгонгон кезде түзүлгөн алгачкы мамлекеттин тарыхый мааниси чоң. Ал баарыдан мурда элди сырттан басып кирүүчү душманга каршы турууга жөндөмдүү кылат, ошону менен эле бирге элдин тынч эмгектенип, бакыбат жашашына, маданий, материалдык байлыктарынын дүркүрөп өсүшүнө шарт түзөт. Демек, мындай мамлекеттин бирдигин сактоо, коргоо жалпы элдин кызыкчылыгын коргоо болуп саналган да, анын түзүлүшүндө тарыхый көрүнүктүү роль ойногон инсандарды элдин даңазалашы, айрыкча баатырдык доордун көркөм туундусу тарыхый баатырдык эпосторунда чагылдырылышы мыйзам ченемдүү болгон. Ушуга ылайык 840-жылдары уйгурлардын үстүнөн ири жеңишке жетишип, кыргыздарды Борбор Азиядагы бирден бир башкы саясий күч — улуу державалык даражага жеткирген инсан «Манас» эпосунун башкы каарманынын П-и болгон деп айтууга толук негиз бар. Анын өз аты тарыхый булактарда сакталып калбаган. Бирок, айрым кыйыр маалыматтарга караганда анын аты Манас болгон. 843-ж. Тан империясы аны кыргыздардын каны деп таанып, ага өздөрүнүн салты боюнча «Цзунин-сюн-у-чэнмин хан» деген титул тартуулаган. Чындыгында бул Тан императорунун ойлоп тапканы эмес, кыргыз башчысынын өз элинде колдонулган атынын кытайча котормосу экенин анын мазмуну «Манас» деген сөздүн түпкү мааниси менен шайкеш келиши көрсөтүп турат (бул сөздү кыргыздар инди-европа тилдеринин биринен алып өз каганына титул ат катары колдонушкан, к. *Манас).* Аталган титул кытайчадан төмөнкүчө которулат; «Цзун-ин» — элдин сыймыгы, «сину» — эр жүрөк, баатыр, «чэн» — ак пейил, айкөл, «мин” — даанышман, «хан» — кан, башкача айтканда элдин сыймыгы,

www.bizdin.kg
баатыр, айкөл, даанышман кан. «Манас» эпосунун борбордук башкы каарманынын П-и катары аталган инсан гана кызмат кылган деген жыйынтык да бир жактуулук кылат. Фольклористика илиминде П-тин төмөнкү чеги жана жогорку чеги деген түшүнүк бар. Элдик оозеки чыгармачылыктын өсүп-өнүгүү салтына ылайык ар кандай эпикалык чыгарма абалкы абалында өзгөрүүсүз калбайт. Ал жаңы мазмун, идеялар менен байыйт, ар андай жаңы толуктоолорго ээ болот. Ушуга ылайык көркөм чыгарманын алгачкы П-ине типтеш же ага аты уйкаш кийинки көрүнүктүү инсандардын тарыхый мааниси бар иш-аракеттери катмарланып кошулат. Натыйжада бир эле образдан П. катары тарыхый бир нече инсандын издерин табууга болот. Муну орус фольклорчулары басма булактарга таянып, Киев циклиндеги былиналардын каарманы эпикалык монарх Владимирдин мисалында далилдешкен. Анын образынын калыптанышына Киев мамлекетинин улуу князы Владимир Святославичтен тартып, Москва борбору болгон орус мамлекети түзүлгөнгө чейинки (10—15-кылым) орус княздары жана кырктан ашуун Владимир аттуу көрүнүктүү тарыхый инсандар кызмат кылган. Мындай процесс Манастын образынын калыптанышында да жүргөнү шексиз (бул жерде Манас кара кытайлардын доорунан кечеки күндөргө чейинки тарыхый окуяларды чагылдырган чыгарманын башкы каарманы экенин эстен чыгарбоо керек). Анын образына кыргыздын көптөгөн алдыңкы инсандары П. катары кызмат өтөгөнү шексиз. Ошондой эле Манас аттуу көрүнүктүү инсандар жөнүндөгү аңыз сөздөр же дастандар да кошулган болуу керек. Буга «Манас» эпосунун текстинде Жакыптын жаш уулу Манастан башка дагы Карадөңдүн карт Манас, Чоң Эшендин Жар Манас, Самарканддык сарт Манас жана башкалар делип Манас деген ысымдын ар түрдүүчө айтылышы кепил боло алат. Мындан башка да казак элинде Карабас уулу Манас, Карамандын Манасы жөнүндө да санжыра-уламыштар бар. Булар да кайсы бир деңгээлде Манастын образынын кеңейтилишине, кайсы бир тарыхый деталдарды өзүнө камтышына шарт түзгөн.

Р. Сарыпбеков

ПРОФЕССИОНАЛ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ ЖАНА «МАНАС». Профессионал кыргыз адабиятынын калыптанышында, өнүгүшүндө, ушул баралына жетишине фольклордун, анын ичинде «Манас» эпосунун да ролу чоң. Мында биринчи кезекте эпостун жазма адабиятка маанилүү көркөм булактардын бири катары кызмат кылышы, жазуучуларга тийгизген таасири, эпостун салттарынын сакталышы жана өнүктүрүлүшү, аны көркөм өздөштүрүү маселелери жатат. Бул жагдайлар профессионал адабиятта ар түрдүү мезгилдерде ар башкача өттү. 20-жылдарда кыргыз жазуучулары эпосту жыйноо, анын айрым окуяларын өзүнчө бастырып чыгаруу иштерин гана жүргүзүшкөн. «Манасты» көркөм өздөштүрүү 1930-жылдары башталган. К. *Тыныстанов* «Академиялык кечелер» (1932) пьесалар циклинде эпостун айрым окуяларын, мотивдерин пайдаланган. Акындар Ж. *Бөкөнбаев* менен *К. Маликов* «Айчүрөк» операсынын либреттосун жазган мезгилден жазма адабиятка эпостун драматургиялык булак катары таасири башталат. Буга чейин кыргыз адабиятынын тажрыйбасында мындай жанрда жазылган чыгарма болгон эмес. Авторлор эпостун «Семетей» бөлүмүндөгү Семетей менен Айчүрөккө байланыштуу окуяларды тандап алып, операнын музыкалык өзгөчөлүгүнө ылайыкталган текст жаратышкан. Мындагы эпизоддор асресе күчтүү драматизми, каармандардын ачык-айкын мүнөздөрү, патриоттук, сүйүү, достук сезимдеринин күчтүү чагылышы менен айырмаланган. «Манас» эпосу барыдан мурда өзүнүн каармандык, баатырдык, көз каранды эместик идеяларды алып жүргөндүгү менен баалуу. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында жазуучулардын эпоско кайрылуусу да ушул жагдай менен байланышкан. Согуш мезгилинде республиканын жана башка театрларда *Т. Сыдыкбеков* менен К. *Рахматуллиндин «Манас жана Алмамбет»,* К. Маликовдун

www.bizdin.kg
«Сейтек» пьесалары коюлган. Айрым мүчүлүштүктөрүнө карабастан бул чыгармалар кыргыз драматургиясында уруннтуу жаңылык болуп калган. Авторлор эпостун сюжетине кайрылып, анын кызыктуу жерин эле албастан, асыресе эпостун текстиндеги драма үчүн материал боло турган окуяларды кылдат тандап алышкан. Бирок, эпостун айланасында түзүлгөн кырдаалга байланыштуу бул чыгармалар театрлардын репертуарынан алынып салынган. Согуш жылдарында А. *Токомбаев* «Манастын» обонуна салып, «28 баатыр» аттуу көлөмдүү ырын жазган. А. Токомбаев менен К. Маликов биргелешип жазган *«Манас»* операсынын либреттосу (1946) кыргыз драматургиясында дагы жакшы саамалык болгон. Операнын экинчи редакциясында, бир топ жакшыртылып, мүчүлүштүктөрү четтетилген, натыйжада улуттук дагы бир жакшы баатырдык опера пайда болду.

«Манас» эпосу — мезгилдин чыгармасы. Убакыт улам арылаган сайын аны көркөм өздөштүрүүнүн улам жаңы жактары ачыла берет. Азыркы адабий процессте буга Ж. *Садыковдун* көркөм тажрыйбасы айкын күбө. Ал улуу эпостун сюжетинде *«Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек»* драмаларын жаратты. Бул бир жагынан эпоско болгон кызыгуусунун чексиздигин айгинелесе, экинчи жагынан кыргыз адабиятынын арымынын кеңдигин ырастайт. «Манас» эпосу профессионал жазуучулар үчүн жеке эле драматургия жаатында гана эмес, прозада, поэзияда көркөм булак болуп келүүдө. Прозада биринчи кезекте Ч. *Айтматовдун* эстетикалык ишмердүүлүгү өзгөчөлөнүп турат. Атактуу жазуучу улуу эпосту изилдеп, пропагандалап гана тим болбостон, анын сюжетин, идеяларын, көркөм каражаттарын чыгармаларында өтө билгичтик, чеберчилик менен пайдаланды. Ушул жагдайда «Кылым карытар бир күн» романындагы маңкурттун образын белгилеп көрсөтүү керек. «Манас» эпосунда кытай, калмактар кыргыздарды чаап, талап, тентитип гана турбастан, айрыкча жаш балдардын башына шири кийгизип, кул кылгандыгы айтылат. Ушул кичинекей эпизоддон Ч. Айтотатов маңкурт жөнүндө дүйнөгө тараган легенда жаратты. Мында жазуучу адамды айбандан бөлүп турган, акыл-эстен, аң-сезиминен ажыратып, мал катары пайдалануу антигуманизмдин эң жеткен чеги экендигин гана көрсөтпөстөн, азыркы карама-каршылыкка жык толгон доордо маңкуртчулуктан сак болууга чакырат, анын адамзат үчүн коркунуч экендигин белгилеп, «коңгуроо кагат».

«Манас» Ч. Айтматовдун «көркөм акыл-зээнинде кандайдыр бир айрым үзүндүлөрү, кээ бир белгилери менен эмес, барыдан мурда синкреттик искусствонун улуу туундусу катары, өзүнчө бир бүткөн система катары жашайт» (К. Асаналиев).

Кыргыз совет адабиятынын өнүгүүсү ырастап олтургандай, улуу чыгармага кызыгуу улам арбууда. Азыркы кезде бул багытта жазуучулар А. Жакыпбековдун, К. Жусуповдун, О. Айтымбетовдун тажрыйбалары бир топ алгылыктуу. Булар эпостун материалдарына таянуу менен көптөгөн көркөм изилдөөлөрдү жана жалпылоолорду жүргүзүп, өздөрүнүн оригиналдуу чыгармаларды жаратышкан. «Манас" — акын-жазуучулар үчүн соолбос берекелүү булак. Бирок, аны өздөштүрүү чоң чеберчиликти, зиректикти талап кылат. Эпостун сюжеттерин, образдарын, идеяларын, мотивдерин, көркөм каражаттарын, жалпы эле эпостун зор дүйнөсүн көркөм өздөштүрүү боюнча алдыда али зор милдеттер жатат. Профессионал адабият канчалык жетилбесин, кандай бийикке көтөрүлбөсүн, фольклор анын көркөм булактарынын бири болуп, өзүнүн жаңы «сырларын» улам ача бере тургандыгы айкын.

О. Ысмаилов

ПСИХОЛОГИЯ (грекче psyche — жан жана гр. logos — сөз, окуу) — адамдын ишмердигинде, жаныбарлардын жүрүм-турум процессинде чындыктын

www.bizdin.kg
психикалык чагылышы жөнүндөгү окуу. Кыргыз эпосторун, анын ичинде «Манас» П. боюнча аябагандай көп жана бай материалдарды камтый тургандыгы эчактан эле белгилүү. Эпосторду П-лык изилдөөлөр төрт багытта жүргүзүлүүдө. 1) көптөгөн ар түрдүү кейипкерлердин П-сы адамдар арасындагы өз ара мамилелерди кеңири баяндап бере алат, бул айрыкча тарыхый П. үчүн өтө маанилүү. Исландиялыктардын сагасы, байыркы гректердин эпикалык баяндары сыяктуу эле «Манас» эпосу да инсандардын П-сынын кандайча калыптангандыгын көргөзүүчү маалымат, даректердин булагы болуп эсептелет. «Манас» эпосу инсандын түзүлүшүнүн башкы өзгөчөлүгү тарыхый шартталгандыгын көрсөтүп турат. Ошону менен бирге өткөн замандардын адамдары бизге замандаштарыбыз сыяктуу эле бизге жакын жана түшүнүктүү. Муну эпосту аңдап билүү, түшүнүү П-сынан көрүүгө болот. 2) «Манас» эпосунда баяндалган окуялар жана каармандар элдин П-сында адамдардын жекече касиеттеринин үлгүлөрү жүрүм-турум эталону жөнүндө түшүнүк бере алат. Жүрүш-туруштун кайсынысы туура, кайсынысы туура эмес, идеал жол башчы кандай болуу керек, акылмандуулук деген эмне, бүлө мамилелеринин П-сы кандай болуу керек, адамдын сүйүүсү, кайраттуулугу, эрдиги жана башкалар жекече үлгү болуучу касиеттери кандай болгондугун билүүгө мүмкүндүк берет. Эпосто конкреттүү турмуштук көрүнүштөр адамдардын жүрүм-туруму менен байланыштуу баяндалат. Намыскөйлүк, айкөлдүк, туруктуулук, айтканынан кайтпоо, берилгендик, кайраттуулук, боорукерлик, коркоктукту, жүүнү боштукту жана чыккынчылыкты жек көрүү, акылман карыяларды урматтоо идеал катары көрсөтүлөт. Эпостор муундан-муунга өткөн сайын улам жаңы маанилүү окуялар менен кошумчаланып олтурган. Ал акырындык менен кыргыз элинин турмушунун жана башынан кечирген тарыхынын өзүнчө бир энциклопедиясына айланган. Байыркы мезгилдерде эле жазуусу болгон элде ушундай маалыматтардын энциклопедиялык булагынын пайда болушуна муктаждык келип чыгышы толук мүмкүн. Эпостун П-лык өзгөчөлүгү кыргыздардын ой жүгүртүү (менталитет) тамыры тереңде, эл башынан кечирген тарыхка барып такалат деген пикирдин келип чыгышына алып келет. 4) «Манас» эпосун жаратуучулар жана айтуучулар катары манасчылар П-лык жактан кызыгууну туудурат. Эпостор өзүнүн зор көлөмдүүлүгү менен айырмаланат жана ушундан улам адамдын эске тутуу жөндөмдүүлүгү кандай экендигинен тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Манасчылык өнөргө эгедер болуу П-лык өзгөчө мүнөздөмөгө ээ: адатта манасчылар кереметтүү түш көргөндөрү, түшүндө эпостун каармандарына кезиккенден кийин «Манас» айтуу жөндөмүнө ээ болуп калгандыктарын айтышат. «Манас» айтуу чыгармачылык өнөр болгондуктан эпостун атактуу манасчылар жараткан варианттарында чыгармачылык П-ны изилдөө үчүн эбегейсиз көп материалдар бар.

Д. Брудный

Р

РАДЛОВ Василий Васильевич (Фридрих Вильгельм; 1837, Берлин —1918, Петроград) — орустун Чыгышты изилдөөчү илимпозу, илим дүйнөсүнө кеңири таанымал түрколог, этнограф, археолог. Улуту немис. Берлин университетин бүтүргөн (1858). 1884-жылдан Петербург Илимдер академиясынын академиги. Алтайда, Сибирде, Орто Азияда бир нече жолу экспедицияда болуп, түрк элдеринин тили, оозеки чыгармачылыгы, этнографиясы боюнча материал жыйнаган. Анын 1862-ж. Текесте, 1869-ж. Ысык-Көлдүн батыш тараптарында жана Чүй өрөөнүндө жашаган кыргыз урууларынын арасынан жазып алган фольклордук материалдары «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын

www.bizdin.kg
үлгүлөрү» аттуу он томдон турган эмгегинин 5-томунда транскрипцияланган орус алфавитинин жардамы менен кыргыз тилинде Санкт-Петербургда 1885-ж. басылып чыккан. Бул томдун котормосу немис тилинде 1885-ж. Лейпцигде жарык көргөн. Р. жазып алып жарыялаган материалдардын негизин жана көбүн «Манас» эпосу түзөт. Анда эпостун үч бөлүмү — «Манас», «Семетей», «Сейтек» камтылган, ар бир бөлүмдүн негизги окуялары бүгүнкү күндө белгилүү болгон нукка жакын үлгүдө берилген. Китептин кириш сөзүндө кыргыз эпосу, анын өзгөчөлүктөрү, айтуучулардын чыгармачылыгы жана башкалар жөнүндө окумуштуунун илимий байкоолору, ой-пикирлери баяндалган. Р. эң алгач кыргыздардын улуу мурасы «Манас» эпосунун салттык негизги окуяларын ирети менен баштан аяк толук жазып алган, аны кыргыз тилинде китеп түрүндө жарыкка чыгарган, эпостун тексттерин башка элдин тилине которуп жарыялаган жана бул чыгарманы сактап жана өнүктүрүп келген айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндө кеңири пландагы илимий пикирлерди айткан. Учурунда кыргыз элинин маданиятына, көркөм өнөрүнө жогору баа берген. Орхон-Эне-Сай жазууларын биринчилерден болуп окуган жана бул жазуулар кыргыздарга таандык болуш керек деген жоромолду айткан. «Манастын» тилинин тактыгын, ыр саптарынын көркөмдүгүн, таасирдүүлүгүн, кыргыздардын көркөм сөз — ыр жаратууга жөндөмдүүлүгүн жогору баалаган. Ал кыргыздардан чогулткан материалдары жалаң эпикалык ырлардан турганын белгилеп, алардын мазмуну жана көркөмдүк касиети аны немис тилине ыр түрүндө которууга түрткү болгонун жана ошол себептен 1876-ж. эле даяр болгон материалдар кечигип жарык көргөнүн эскерет. Өзү кыргыз жергесине келген учурду кыргыздардын көркөм сөз өнөрүнүн «чыныгы эпикалык шарты» катары баалаган. Окумуштуу мындай учур Троян согушу жөнүндөгү байыркы гректердин эпикалык ырлары али кагаз бетине түшүрүлбөй, эл арасында оозеки айтылып жүргөн шартка окшош экендигин, нукура таза абалында илимге дээрлик белгисиз, изилдөө жүргүзүлбөгөн ошол өзгөчө учурдун маанисине кенен токтолуп аны мүнөздөөгө аракеттенген. Мындай өзгөчө абалдын себептерин элдин көркөм сөзгө терең маани берип, ырды искусствонун эң жогорку чеги катары эсептөө жана тарыхый шарттын өзгөчөлүгүнө (көркөм турмушта жашоо, сырттан келген баскынчыларга каршы көз каранды болбостук үчүн дайыма күрөшүүгө жана ушул күрөш аркылуу элдин биримдигин сактоого умтулуу) ылайык баатырдык салтты баалоо, аны акыркы учурларга чейин сактап келүү, элдик биримдүүлүктүн өсүшү сыяктуу белгилерден көргөн. Түрдүү мүнөздөгү поэтикалык көркөм өзгөчөлүктөрүнө карабастан грек эпосу сыяктуу эле кыргыз эпостору да эл турмушун, жашоо шартын болгондой чагылдырарын жана баатырдык салттык көрүнүштөрүн көркөм бейнесинде камтый алгандыгы боюнча гректердин Ахиллеси менен кыргыздардын Манасынын жакындыгын чыгарманын мазмунунда жек көрүү менен сүйүү, кубаныч менен кайгы, өчөштүк менен достук сыяктуу түшүнүктөр орчундуу мааниге ээ экендигин белгилөө аркылуу изилдөөчү эки элдик көркөм өнөрдүн бирдей деңгээл шартында жашоосу жөнүндөгү оюн жыйынтыктаган. Окумуштуунун пикири боюнча «Манас» — реалдуулукка негизделген чыгарма. Анткени, «кыргыз өз ырларында кандайдыр укмуштуу жана коркунучтуу, жөө жомоктук дүйнөнү баалабайт, тескерисинче, ал өзүнүн турмушун, өзүнүн сезимдерин жана умтулууларын, коомдун ар бир жеке мүчөсүнүн өзүндө жашаган идеалдарын даңазалап ырдайт» (Образцы..., «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрүнүн» 5-томунун баш сөзүндө «Манас» айтуучуларды «ырчы» (певец) деп атаган жана бул өнөр ээлеринин чыгармачылык өзгөчөлүгү жөнүндөгү ойлорунда манасчыларды эле эмес деги эле ыр түрүндөгү чыгарма жараткан адамдарды жалпы мүнөздөөчү белгилер да бардыгына карабастан, эпостун жаралышына, сакталышына байланыштуу маселелер жөнүндө кыраакы

www.bizdin.kg
байкоолору, бүгүн да өз маанисин жоготпогон баалуу корутундулары бар. Мисалы, окумуштуунун эпикалык ырлардын ырчысы өз репертуарында даяр ыр саптарын пайдаланарын айтып, андай даяр саптар каармандардын туулушу, өсүшү, курал-жарагын сүрөттөө, кармашка даярдык, беттешүүнүн берилиши, каармандардын кармашуу алдындагы сөздөрү, кейипкерлерди, алардын минген аттарын сыпаттоо, белгилүү баатырларга мүнөздүү
сапаттарды, колуктунун сулуулугун көрсөтүү, үй-жай, боз үй көрүнүштөрүн сүрөттөө, той, баатырдын өлүмү, өлгөнгө арналган кошоктор, жаратылыш көрүнүштөрүн, таңдын атышын, күндүн батышын сүрөттөө өңдүү үзүндүлөрдө болорун айткан. Көптөгөн манасчылардын варианттарын салыштыруунун натыйжасында Р-дун бул пикири толук далилденип, жалпы кабыл алынган теориялык жобого айланды. Изилдөөчүнүн көрүнүштөрдүн даяр бөлүкчөлөрүнүн саны жана аларды бириктире алуунун чеберчилиги ырчынын деңгээлинин чен өлчөмү катары кызмат аткарат» («Образцы...», 16-б.) — деген корутунду ою да бүгүн талаш туудурбас чындык болуп калды.

Р. ырчы менен аны угуп жаткан аудиториянын бири-бирине таасири, ырчынын өз репертуарын угуучулардын каалоосуна, кимдигине карата атайын ылайыктай тургандыгы жөнүндөгү ойлорун өзү күбө болгон фактыга таянып, «Манастын» мисалы менен көрсөткөн. Анткени, бул ой эпостун ар бир тарыхый шартка ылайыкташуу, жаңылануу касиетин белгилөөдөгү орчундуу таяныч катары милдет аткара алат. «Эпос элдин бардык турмушунун жана бардык умтулууларынын көркөм чагылышы. («Образцы...», 12-б.), — деген аныктамасын Р. жалпы мааниде бардык эле эпосторго тиешелүү ой катары айтса да, контексттик маңызы боюнча «Манаска» тике байланышкан жобо катары кабыл алынат.



Р-дун эмгектеринин ичинен окумуштуу өткөн кылымдын экинчи жарымында жазып алган жана оригиналдын өз нускасында илимий принциптерге ылайык жарыкка чыгарган «Манас» эпосунун негизги үч бөлүмүнүн эпостогу кеңири белгилүү салттык туруктуу окуялары дээрлик бүт камтылып, системалуу түрдө ырааты менен берилген тексттер баа жеткис мааниге ээ. Анткени, кыргыз эпосун изилдеп үйрөнүүдө, баа берүүдө, ага таандык өзгөчө белгилерди тактоодо көптөгөн ири илимий проблемалар ушу тексттер, анын мазмуну жана чыгарманын формалык белгилери менен тыгыз байланышта чечилет. Бул алгачкы тексттер болбогондо манас-таануу илиминин көптөгөн чоң-чоң маселелери бүгүн жоопсуз калмак же аларды так чечүү, коюлган суроолорго ишенимдүү фактылар менен бышыкталган так жооп алуу алда канча татаал болмок. Алсак, кыргыз эпосунун башкы темасын, негизги идеясын, окуяларынын өнүгүш жолун, чыгарманын түрдүү варианттарынын бирдигин айкындап турган уюткуну белгилөөдөгү орчундуу таяныч жомоктун мурдатан муундан-муунга өтүп келе жаткан салттык туруктуу окуялары болуп саналат. Бүгүн колдо болгон кеңири мүнөздөгү көптөгөн варианттарда камтылган маалыматтардын ичинен кайсыл окуялар, көркөм каражаттар менен ыктар, элестүү ыр саптары менен ыр түрмөктөр, үзүндүлөр эпосто мурдатан келе жаткан салттык туруктуу белгилерге

www.bizdin.kg
жатарын айкындоодо изилдөөчүлөр үчүн эң негизги жана талаш туудурбай турган негиздүү фактылар ошол тексттерден табылат. Мындан башка да кыргыздардын улуу эстелигинин турпаты, маңызы мындан жүз жыл ашуун мурда кандай үлгүдө, мазмунда болгондугун билүүнүн өзү да — илимде зор кызыкчылык туудуруучу маселелердин бири. Р. илим дүйнөсүнө аты кеңири белгилүү болгон көрүнүктүү окумуштуу, түрк элдерди таануу илиминин улуу өкүлү катары бааланат. Буга белгилүү орус окумуштуусу, академик С. Ф. Ольденбургдун «Адамдар өтөт, бирок алардын жараткандары калат, ал эми өзүнүн узак өмүрүндө В. В Радлов иштегендер ушунча көп жана маанилүү, ошон үчүн анын аты — эстелиги шексиз ыйык сакталат» — деген баасы да күбө.

Р-дун «Манас» эпосуна берген баасы, чыгарманын мазмуну, көркөмдүк касиеттери, жомокту айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү байкоолору, жоромолдору, илимий корутундулары маанисинин тереңдиги, тактыгы менен айырмаланып, бүгүн да өз күчүн жоготпойт.

С. Мусаев

РАУХВЕРГЕР Михаил Рафаилович (1916, Одесса —1989, Фрунзе) — композитор, пианист. Кыргыз ССРинин эл артисти (1961). РСФСРдин искусствого эмгек сиңирген ишмери (1974). 1927-ж. П. И. Чайковский атындагы Москва мамлекеттик консерваториясын Ф. Блаумденделдден фортепиано классы боюнча бүтүргөн. 1928—34-ж. Москва консерваториясында ассистент, доцент, профессор жана фортепиано кафедрасына башчы. Чыгармачылыгын консерваторияда окуп жүргөндө баштап, балдар үчүн ыр, хорлорду жазган. 1940-ж. Кыргызстанга келип «Ой тобо», «Ак кептер» өңдүү элдик ырларды үн жана фортепиано, хор үчүн иштеп чыккан. Музыкалык спектаклдердин, кинофильмдер үчүн музыканын автору. Кыргыз элинин баатырдык эпосу «Манаска» кайрылып А. *Куттубаев* менен бирдикте «Манас менен Алмамбет» (1944) драмасына музыка жазган. Ордендер жана медалдар менен сыйланган.

РАХМАТУЛЛИН Калим Ахмедович (1903, Токмок —1946, Фрунзе) — кыргыз совет адабиятчысы, коомдук ишмер.



САКУнун экономика факультетин бүткөн (1931). 1925—27-ж. ВКП(б) БКнын Орто Азия бюросунда, 1931—35-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасында, 1935-жылдан Кыргызстан мамлекеттик басмасында, Кыргыз педагогика институтунда иштеген.

Адабий чыгармачылыгын сынчы катары 1927-ж. баштаган. Ал «Манас» эпосу, манасчылар, кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармачылык жолу жөнүндө макалалар жана публицистикалык эмгектер жазган. *«Улуу патриот — укмуштуу Манас»* (1943) китебинин, *«Манас менен Алмамбет»* баатырдык драмасынын (Т. Сыдыкбеков менен бирге жазган) автору. Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

РЕДИФ (арабча артынан келүүчү) — ыр сабындагы уйкаштан кийин кайталанып келүүчү сөз (кыска Р.) же сөз айкашы (жайылма Р.). Бул көркөм ыкма көбүнчө араб-фарсы, жалпы эле чыгыш адабиятына мүнөздүү көрүнүш. Р. кыргыз поэзиясында, анын ичинде «Манас» эпосунда да көп жолугат. Р. ырдын

www.bizdin.kg
эмоциялык таасирин күчөтүп, экспрессиялуулугун арттырат. Мисалы, Көзкамандардын жеңилгенин Манаска кабарлап келген Шууту менен Манастын диалогу Р-түү ыр саптары менен берилген;

Күйгөн бир жериң басылды Манас,
Күптүүнүн баары ачылды, Манас,
Кечүүгө качкын конуптур, Манас,
Сенин көксөгөн чагың болуптур, Манас!
...Калмактан келген тууганың, Манас,
Кырк чоро кырып коюптур, Манас.
...Антип бир кабак ачылса, Шуутум,
Өрттөнгөн жүрөк басылса, Шуутум,
Дүйнөмдү кылча карабайм, Шуутум,
Теги эчтемени аябайм, Шуутум.
Ушул бир кебиң чын болсо, Шуутум,
Өчкөн бир отту тамыздың, Шуутум,
Өлгөн бир жанды тиргиздиң, Шуутум (Курама вариант, 1. 293).

С. Төлөгөнова

РЕМИ ДОР (1946)— франциялык көрүнүктүү түрколог. Париждеги Түркологиялык изилдөөлөр институтунун директору, филология илимдеринин, этнография илимдеринин доктору. Анын илимий изилдөөлөрүнүн негизги багыты — оогандык кыргыздардын жана өзбектердин чыгармачылыгын ар тараптан иликтөө. Ушул тармактар боюнча көптөгөн макала, онго жакын китеп чыгарган. Алардын ичинен «Ооганстандын Памириндеги кыргыздар» (1975), «Ооганстандын памириндеги кыргыздардын диалектиси» (1981), «Ооганстандын памирлик кыргыздарынын макал жана ылакаптары» (1982), «Ооганстандагы памирлик кыргыздардын табышмактары» (1982), «Манастын» Памирдеги үзүндүсү» (1982) жана башкалар Кытай окумуштуусу Ху Чженхуа менен бирге «Шиңжан кыргыздарынын «Манасы» аттуу очерк жарыялаган. Р. Д. Ооганстандагы Памирлик кыргыздардан — Ашым Афес деген манасчыдан үзүндү жазып алган. Ал чогултkан бай материалдарынын ичинен оогандык кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрүн латын арибинде кыргызча жарыялап, француз тилине которуп, комментарий, түшүндүрмөлөр менен жабдып, изилдөөлөрү менен кошо китепке чыгарган. Мисалы, «Дүйнө кылчокусунун ырлары» (1982), «Кыргыз эл жомоктору» жана башкалар.

К. Ботояров

РЕСПУБЛИКАЛЫК БАЛДАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН БИРИНЧИ КОНКУРСУ — «МАНАС» ЭПОСУНА ИЛЛЮСТРАЦИЯЛАР (1991). Конкурстун максаты балдарды эпостун каармандарына жана темаларына тартып, ал аркылуу жакшылык жана жамандык идеяларын ажырата билүүгө үйрөтүү болгон.




Алымбеков «Баатыр Манас» 14 жаш, 1990.

www.bizdin.kg



М. Крупинина. «Семетей менен айчүрөк, 11 жаш, 1990.



Г. Илатжанов. А. Каримов. «Эр Сайыш», 13 жаш, 1990.

www.bizdin.kg



1. А. Кузьмин. «Манас» менен ажыдаар», 10 жаш, 1990. **2.** Ж. Димитречков. «Ажыдаар менен кармашуу», 13 жаш, 1990 **3.** Л. Жукова «Кыз Сайкал», 14 жаш, 1990. **4.** Н. Алымбеков. «Ойго чөмүлгөн Манас», 13 жаш, 1990. **5.** А. Касымбеков. «Той», 14 жаш, 1990. **6.** К. Аманкожоев. «Жекеме жеке», 11 жаш, 1990. **7.** Ш. Кыдыргычов. «Семетейди күтүп турган Айчүрөк», 14 жаш, 1990. Конкурска окуучулардын эстетикалык борборлорунун 5 жаштан 16 жашка чейинки 100дөй тарбиялануучусу катышкан. Кыргыз Республикасынын булуң-бурчтарынан жиберилген 300гө жакын сүрөт балдардын эпоско болгон кызыгуусунун өтө жогору экендигин ырастап турат. Гуашь, пастель, акварель, карандаш, гравюра, туш техникасында аткарылган балдар чыгармалары живописти жазуусунун таасындыгы, композициясынын курчтугу жана көркөмдүгү, техникалык жактан жаңычылдыгы менен айырмаланат. Вова Мержицкий (5 жаш), Адыл Каримов (15 жаш), Алтынбек Жандавлетов (14 жаш), Назира Сатарова (12 жаш) жана башкалардын сүрөттөрү мыкты делип табылган.

www.bizdin.kg
Конкурска келген мыкты иштер 1991-ж. Республикалык эстетикалык тарбия берүү борборунун көргөзмө залына коюлган.

РЕТЕРДАЦИЯ (латынча reterdatio — кармалуу, чегинүү) — эпикалык баяндоонун жүрүшүндө ага кошумча каармандарды кийирүү, лирикалык чегинүү жасоо, табиятты, үй жасалгасын, адат-салт расмисин сүрөттөө жана башкалар аркылуу окуянын өнүгүшүн акырындатуу. «Манас» эпосунда бул көркөм ыкма көп түрдүү жана кеңири колдонулат. Айрыкча Каныкейдин түшүнө, арманына байланышкан окуяларда мурдагы айтылып өткөн окуялар кайрадан кайталанып эскерилет да, ошол бойдон келки-келкиси менен айтылып же бир айрым урунттуу маанилүү сюжеттик бирдиктер кайра бир жолу баяндалуу жолу менен Р. түзүлө берет.

РЕЧИТАТИВ (латынча recitare, италянча recitatio — үн чыгарып окуу, кырааты менен айтуу) — музыка өнөрүндөгү аваздык жанрларда колдонулуучу көркөм окууга жакын турган, эркин же так ритмдеги сабатмалуу речти обондоштуруу ыкмасынын бир түрү. «Музыкалаштырылган кеп» деген түшүнүк менен да мүнөздөлүп жүрөт. Р-дин эң негизги мааниси — сүйлөнгөн сөздүн маңызын, андагы эмоцияны, сезимди үндүн кубулушу менен ачып бере алгандыгы. Ошондуктан Р-ди «кырааттын искусствосу» («искусство интонаций») деп да коёт.

Дүйнөнүн көп элдеринин музыкалык фольклорунда Р. илгертен эле кеңири колдонулган. Айрыкча музыкалык эпосторду, балладаларды, былиналарды аткарууда Р. эң негизги көркөм каражат. Кийин профессионал музыкада «кантата», «оратория», «опера» жанрлары пайда болгондон Р. алардын да таасирдүү музыкалык каражаттарынын бири болуп калды.

Кыргыздын элдик көркөм өнөрүнүн чордонун музыкалык-поэтикалык синкреттик өнөр түзүп келгендиктен, Р. эң маанилүү жана кеңири колдонулуучу каражат, көркөм ыкманын бири болгон. «Кырааттуу сөз» — кыргыздын сөз өнөрүнүн (речь) өзгөчөлүгүн түзүп турган феномен. Бекеринен 19-кылымда келип, кыргыздардын куюлуштура сүйлөгөнүн биринчи жолу укkан европалык окумуштуулар алардын «сөздөрүнүн ырааттуулугуна» таң калышкан эмес. Улуттук маданиятта Р. акындардын чыгармачылыгында, «Манас» баш болгон эпостордо эң бийик жана көп түрдүү өнүгүүгө жетишкен. Поэтикалык сөз негизинин, ритмикалык агымынын тактыгы, дааналыгы, өзгөчө обондуулугу, ыргактуулугу кыргыз Р-инин өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Р-дин обондук турпаты ага өзөк болгон сөз тизмегине, чыгарманын мазмунуна гана эмес, көбүнесе манасчынын (акындын) талантына, аткаруучулук дареметине байланыштуу. Маселен, улуу манасчы Саякбай Карала уулунун аткаруусунда эпостон Р-дин «миң түркүн» кубулушун кезиктирүүгө болот.

Т. Саламатов

РИСОВ Жунуш Бейшембиевич (1904, Түп району, Кара-Секи айлы —1937, Фрунзе) — «Манасты» жыйноочу. Р. айылдык диний мектепте жана Караколдогу орус-тузем мектебинде окуган, 1923—25-ж. Ташкендеги казак-кыргыз эл агартуу институтунда окуп, 1925—27-ж. «Эркин-Тоо» газетасында адабий кызматкер болуп иштеген. 1931 — 37-ж. манасчы Саякбай Карала уулунун оозунан «Манас» эпосунун «Семетей» бөлүмүн латын арибинде жазып алган. Ал жазып алган «Семетей» бөлүмү 48872 саптан турат (Кол жазмалар фондусу, 104 — 107-инв.).

РИТМ, к. *Ырғақ.*

РИТОРИКАЛЫК СУРОО (грекче phetop — оратор, чечен) — эпикалык чыгармачылыкта көбүнчө каармандын жеке кайрылуусунда, эмоциялуу суроо жана кекетүү түрүндөгү кайрылуу аркылуу түзүлгөн поэтикалык стилистикалык фигуралардын бири. Бул учурда аныктама суроо түрүндө айтылат да, ага жооп берүү талап кылынбайт. Мисалы, Алмамбеттин жол талашкан Чубакка айткан сөзүндө:

Кан кылгын дедим кимиңди.

www.bizdin.kg

Кааладым келдим диниңди.
Каардансам шу жерде
Калабалуу Чубагым
Кагайынбы жиниңди?
Кезегиң келди бу күндө
Кесейинби тилиңди? (Сагымбай Орозбаков, 4. 204.).

Р. с. көбүнесе риторикалык кайрылууга жакын турат да, жогорку эмоциялык пафосто айтылат. Р. с. көлөмү жагынан эки-үч түрмөктөн тартып, кээде 80—90 сапка чейин жетет. Мисалы, Чоң казатка жөнөрдө Манастын элге кайрылуусу (Сагымбай Орозбаков, 4. 62).

Р. с. эпикалык баяндоодогу монологдук жана диалогдук речтерде колдонулуп, баяндоонун экспрессиялуулугун күчөтөт.

Атемирдин мазагы,
Абыдан өттү азабы.
Кыярды жыйып кызым деп,
Алдап жүрүш кандай кеп?
Балааны жыйып балам деп
Басып жүрүш кандай кеп?
Кайыпты жыйып карам деп
Карап жүрүш кандай кеп? (Сагымбай Орозбаков, 2. 434). *К. Баяндоо, Монолог, Диалог.*

К. Ботояров

РИФМА, к. *Уйкаш.*

РОМОДИН Вадим Александрович (1912, Пишпек —1984, Ленинград) — чыгыш элдерин изилдөөчү советтик илимпоз. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1948-ж. Москва университетинин тарых факультетин бүтүргөн. 1952-жылдан СССР Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунун Ленинграддагы бөлүмүндө иштеген. Элүүдөн ашуун эмгектин автору. 1973-ж. чыккан «Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы боюнча материалдар» («Материалы по истории киргизов и Киргизстанцев», М.) деген эмгектин жооптуу редактору болгон жана кириш сөзүн жазган. Р. Сейф ад-Дин Аксыкентинин (16-кылым) *«Мажму ат-таварих»* аттуу эмгегинин Чыгыш таануу институтунун Ленинград бөлүмүндө сакталып турган кол жазмасын (№ 667) орус тилине которуп, ага кириш сөз жана түшүндүрмө жазган. Анда Манас баатыр жөнүндө жана анын калмактар менен согуштары баяндалат. Р-дин котормосунун бир нускасы Кыргыз Илимдер академиясынын Кол жазмалар бөлүмүндө сакталып (Кол жазмалар фондусу, 887-инв.) турат.

РЫСМЕНДЕЕВ Акмат, к. *Акмат* Рысменде уулу.

РЫСМЕНДЕЕВ Шапак, к. *Шапак* Рысменде уулу.

С

СААДАК — жаанын жебесин салуучу кабы, ошондой эле эпосто жаа маанисинде айтылат: «Саадагы тайдын белиндей Тартканын жазбас жыласы» (Сагымбай Орозбаков, 3. 111), «Саадакчандын артынан Мубакүлдүү сыр найза» (Сагымбай Орозбаков, 3. 112), «Мылтыкка андис мыкты бар, Саадакка андис ыктуу бар» (Сагымбай Орозбаков, 3. 164), «Саадактын огу жеткени, Бөркүнө таккан чогуну Үзгөн бойдон кеткени» (Сагымбай Орозбаков, 3. 171).

СААЛАЙ — эпизоддук кейипкер, датка, Сарт уруусунан. Көкөтөйдүн сөөгүн койгондо көп элди баштап келгени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3. 54).

САБА — кыргыз элинин материалдык маданиятынын үлгүлөрүнүн бири. С. күнүмдүк турмуш-тиричиликте колдонуучу, териден (уйдун же төөнүн) ышталып

www.bizdin.kg
жасалган идиш. Анда бээнин сүтү топтолуп кымыз ачытылат. С. формасы жагынан таманы жайык келип, жогору жагы ичкерип кетет. Ал керегеге таңылуу болот. Адегенде аны эт, майларынан тазалап, эки эндүү жана эки энсиз кылып бычат. Тери тоборсугандан кийин эндерди кылчык жүндөн чыйратылган жип менен тигип чыгат. Мындан кийин ыштыкта бир нече күн ышталат. Андан кийин ачык калтырылган тигиштери жөрмөлүп, анын үстүнө туурасынан кыл бастырылып, дагы бир сыйра тигилет да ыштыкта бир нече күн ышталат. С. канчалык тыкан иштелип, жакшы ышталса (кийин да такай ыштап туруу керек) кымыз да даамдуу болуп жакшы ачыйт. С-нын ар кандай түрлөрү болот. Куралып тигилген 10—15 киши көтөрө аларлык зор С-лар (көбүнчө чоң аш-тойлорго даярдык көрүүдө бээнин сүтүн топтошкон), ал эми көп тараган формасы чаканыраак келип боз үйдүн кире беришинин оң жагына — эпчи жагына керегеге байлап коюшчу. С-га топтолгон сүттү бишкек менен бат-бат бышып турган. Эпосто С. кымыз жөнүндө ыр саптар көп учурайт. Мисалы, «Бир сабада кымызды, колуна берсе бир жутат» (Сагымбай Орозбаков, 1. 108), — деп Манастын алп мүчөсүн апырта сүрөттөгөндө айтылат.

А. Көчкүнов

САБАЙ БИЙ — эпизоддук кейипкер, кырк чоронун бири Атайдын атасы экендиги гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 4. 43). Атай бирде Ардалыктын (Сагымбай Орозбаков, 3. 49), бирде Шагыл бийдин (Сагымбай Орозбаков, 3. 175) уулу деп берилет.


САБАТАЙ — эпизоддук кейипкер. Жакыптын бир тууганы Ороздунун жетинчи уулу. С-дын акылсыздыгы, бир туугандары менен ынтымаксыздыгы Жакыптын агасы Байдын баянында эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 1. 190—193).

САГЫМБАЙ Орозбак уулу (1867, Ысык-Көлдүн күнгөйү, Кабырга деген жерде— 1930, Кочкор району, Кара-Күңгөй айылы) — манасчы жана төкмө акын.



С. түшүнүгү кенен, кат тааныган, араб арибинде жазылган материалдарды окуй алган өз учурунун билимдүү адамы болгон. Анын атасы Орозбак кернейчи болгон. С. 12 —13 жашка келгенде атасы дүйнөдөн кайтат. 1916-жылкы үркүндө С. эл менен кошо Кытайга үркүп барып, кайра элине 1917-ж. келет. Ал жаш кезинде эле эл арасында айтылып, ырдалып жүргөн ырларга, кошокторго, жомокторго дилгирлик менен кызыгып, аш-тойлордо жана башкалар шаан-шөкөт өткөрүлүүчү жерлерде жамактатып ырдай коюп жүргөн. Ошондой эле эпостон келки-келки үзүндүлөрдү да айта калчу. «Манас» айтууну С. 15—16 жашынан баштайт. С. бала кезинен эле ырга шыктуу болгондуктан «Манас» айтууга чейин лирикалык жана тамашалуу ырлар чыгаргандыгы үчүн эл арасында оозго алынган. Жалпы эле лирикалык мүнөздөгү ырлар менен катар өлгөн адамдарга ылайык кошокторду түзүү, айрыкча аш-тойлордо жар чакыруу милдети С-га тапшырылчу. Мунун өзү келечектеги чоң манасчынын көркөм дүйнөгө кирүүнүн алгачкы жылдары майда жанрдагы чыгармаларды аткаруу аркылуу зор чыгармачыл мектепти басып өткөндүгүн айгинелейт. Кийин бара-бара таланттуу акын өзүн эпикалык мазмундагы жанрга багыттаган. Бардык манасчылардай эле С. да «Манас» айтууну түш көрүү менен байланыштырат.

www.bizdin.kg



Сагымбай Орозбак уулу макаласына. 1. Т. Герцен. Сагымбай. 2. «Манасты» жазып алууну алгач уюштургандардын бири Нарын кантонунун кызматкери Ыбырай Тойчинов менен манасчы Сагымбай Орозбак уулу, 1922. 3. С. Ишенов. Сагымбай Орозбак уулу.

Бирок С-дын манасчы болуп калыптануусуна Балык, Найманбай, Тыныбек, Акылбек, Дыйканбай жана башка манасчылар зор таасир тийгизген. С. биринчи жолу «Манасты» толугу менен Тыныбектин өз оозунан уккан. Улуу муундагы манасчылардан ал Балыкты көрүп, аны жаш кезинде угат. С-дын агасы Алишер да манасчы катары белгилүү болгон. С. «Манасты» эң алгач агасы Алишерден угуп айткан деп болжолдошко болот. Бирок, К. Рахматуллин: «Шапак манасчынын айтуусуна караганда, кадимки Тыныбек манасчынын мугалими Чоңбашты (Нармантайды) биринчи жолу уккан, Сагымбай абдан кызыгып, «Манасты» үйрөнүү үчүн Чоңбашты ээрчип кетмек да болгон” — деп жазат. Чынында

www.bizdin.kg
Сагымбайдын «Манасты» биринчи жолу кимден угуусу, кимден эң алгач таалим алуусу анын чыгармачылык жолунда чоң мааниге ээ көрүнүш.
Өз учурунда көлөмдүү поэмаларды чыгарып, эл турмушуна байланыштырып айтып да жүргөн. Мындай көлөмдүү чыгармаларынан болуп, анын социалдык-философиялык поэмасы «Заман» эсептелинет. Поэманын идеялык мазмуну көрсөткөндөй мында элдин турмушун жеңилдетүүнүн жолун издегендиги көрүнүп турат.
С-ды жакшы билген адамдардын эскерүүсүндө ал ар дайым элдин абалына, турмуш шартына көңүл бөлүп, падышалык бийликти жана бай-манаптарды сынга алгандыгы айтылат.
К. Рахматуллин эскерүүсүндө улуу муундагы манасчылардын ичинен Сагымбай Орозбак уулу совет бийлигин кубанычтуулук менен тосуп алган деген жыйынтыкка келет. С. талантынын толук жетилип, чоң манасчы атыгып, такшалып калган учурда, башкача айтканда 1922жылы 55 жаш курагында «Манасты» жаздырат. Бул иште демилгечи болгон жана жалпы кыргыз фольклорун жыйноодо эбегейсиз зор эмгек сиңирген Каюм Мифтаков С. менен 1921жылдын акырында азыркы Тоң районундагы Бөкөнбаев айылында жолугушат. Мугалим К. Мифтаков ал айткан «Манасты» угат да көңүлүнө өтө жаккандыктан кагаз бетине түшүрүүнү өтүнүп, бирок, С. жайында жолугушууга убадалашат. 1922-жылдын жайында К. Мифтаков С-ды Солтон-Сары жайлоосунан табат да, Нарынга ээрчитип барып жомокту жазуу ишин баштайт. «Манасты» жазуу иши 4 жылдан ашуун убакытка созулат (1922-жылдын июнь, июль айларынан баштап 1926-жылдын августунда бүтөт). С-дан «Манасты» жазуу ишин К. Мифтаков баштап, негизинен бул вариантты кагаз бетине түшүргөн адам Ыбырайым Абдыракман уулу болгон. Булардан башка да Сапарбай Сооронбаев аттуу адам аралашып, манасчыдан жазылган материалдарды көчүрүп, экинчи нускасын даярдаган.
Өзгөчө кеңири тараган «Манас» сыяктуу эпикалык чыгарманын элге сиңирилиши эпосту жаратуучулардын айтуу манерасына, талантына чыгармачылык мамилесине жараша кабыл алынат. Айтылып жаткан вариант элдин талкуусунан өтүп, ошол манасчынын өзүнө таандык өзгөчөлүгүнө ээ болгондо гана толук кандуу чыгарма экендигин көргөзө алат. Угуучу аудитория ар бир манасчыны сынга алганда мурдагы уккан «Манас» менен салыштыра карап, айрым бир салттык мотивдерди, эпизоддорду берүү жолдорун ой редакциясынан өткөрүшүп, анан айтылып жаткан манасчынын вариантына баа беришет. Элдик сындан өтүп, толук кандуу баага ээ болгон варианттардын бири С-нын «Манасы» эсептелинет.
Эпикалык чыгарманы элдин купулуна толтура айтып жана аны баалай билген элдин редакциясынан өткөрүү жалгыз гана кыргыздын манасчыларына мүнөздүү көрүнүш болбостон, ошондой эле башка түрк-моңгол элдеринин айтуучуларына да таандык көрүнүш, Анткени, ар бир элде эпосту угуучу аудиторияга жеткирүү үчүн аны элдин талкуусунан, көпчүлүктүн сынынан өткөрөт. Айтуучулар өзүнүн репертуарын угуучу аудиторияга карата түзөт жана айтат. Калмак эпосун изилдөөчү Н. Б. Сангаджиева жангарчы М. Басанговдун чыгармачылыгын талдоого алганда, М. Басангов чыгарманы айтууда угуучулардын чөйрөсүнө карата мамиле жасаганын белгилейт. Өзгөчө укмуштуу окуяларды жакшы көргөн жана душман менен кармашууда эрдик көрсөткөн баатыр менен дагы бир жолу кездешүүнү көздөгөн балдар аудиториясы болсо, жангарчы жалпы, типтүү эпикалык орундарды таштап коюп, Хонгор, Савар, Салдардын урушуна көбүрөөк токтолуп, согуштук окуяларга көңүл бурган. Туруктуу . жана сүйүктүү угуучулардан болуп эпосту жакшы түшүнгөн аймактын аксакалдары менен эмгекчи эл болгон, ошондой эле алар жумуштан кийин жангарчынын тегерегине эпосту угуу үчүн чогулушкан. Ал эми айтуучу болсо ыр текстине алымча-кошумча

www.bizdin.kg
киргизбестен эл үчүн тынымсыз ырдап берчү. Эпосту айтуу алты-жети саатка созулчу. Жалпы эле угуучу менен айтуучунун ортосундагы байланышты көрсөткөн бул көрүнүштүн өзү кыргыз манасчыларына да мүнөздүү. Колдо болгон материалдарга караганда «Манас» айтуучуларды элдер атайын, алыс жерде жашаганына карабастан чакыртып алышып, кезеги менен ар бирин айттырып угушкан. «Бир кыштын ичинде эң азында үч айттырса соопчулук болот экен, дешер эле... Чоң балдар илгери олтуруп алышып, мен улагада босогонун түбүндө керегеге сөөнүп отуруп калар элем. Түн ортосу жакындаганда уйкулары келишип чоң балдар тарап кетишкенде тулганын түбүнө келип отуруп, таңга жакын жомокту айтуу токтолуп, эт тартылгандан кийин кетер элем., Ошондой түндө кыштын көп күндөрү «Манас» айттыруу менен өткөрүлөр эле» — дейт Ыбырайым Абдыракман уулу. «Манас» эпосунун таасирдүүлүгү жана көркөмдүүлүгү жөнүндө «жомокчу айтып жаткан, кай бир муңдуу жерлерине келгенде ыйлашкан... Сайыш, чабыш, атыш, алышуу жерлеринде... кай бир кишилер кыйкырып, калгандары чуру-чуу түшкөн... «Семетей» жомогунда да ошондой абал...» болгондугун Ы. Абдыракманов дагы бир жолу эскерет.

«Манасты» угуучуларга жеткирүүдө анын айтуу формасы да негизги ролду ойнойт. Анткени, чогулган аудиториянын шартына жана алардын кабылдоосуна жараша айтылган учурлар да кездешкен. Негизинен манасчылар элдин чакырыгы боюнча келе турган болсо, айрымдары өздөрү эл аралап кетишчү.

Эпосту айтуу үчүн эл кыдырып, эл астына чыгуудан мурда манасчылар алды менен кандайдыр бир даярдыктарды көрүшкөн. Эл алдына жаңы чыга турган манасчы башка манасчынын айтуусундагы эпосту укканда ошол эпостун мазмуну менен көркөм ыктарын өздөштүрүшкөн жана үйрөнүшкөн. Манасчы ар дайым дилгирлик менен көркөм чыгарманын негизин түзүүчү эпостун сюжетин, композициясын, жанрдык өзгөчөлүгүн, эпитеттерди, салыштырууларды жана башкалар үйрөнө баштайт. Ушундай өткөрүлгөн чыгармачыл түйшүктөн кийин гана барып манасчылар өз вариантын эл алдына сунуш кылат да алардын талкуусуна коёт. Өз учурунда ушундай мектептен өткөн С. да «Манас» айтууну бир эле географиялык чөйрөдө, бир эле айылдын аймагында айтуу менен чектелип калбастан, ал кыргыз жергесинин көптөгөн жерлеринде болгон. Ал «Манасты» кагаз бетине түшүрткөндө ар дайым эл кыдырып, жер которуп жүрүп жаздырган. С. «Манасты» жаздырууда чыгармачыл шыктануу менен киришип, бир эле жайдын ичинде эпостун биринчи жана экинчи бөлүмдөрүн, башкача айтканда Манастын төрөлүшү, балалык чагы, кан көтөрүлүшүн айтууга үлгүрөт. Ар дайым эл менен бирге жүрүп, бир чети элдин рухтук мүдөөсүн канагаттандырса, экинчи жагынан кагаз бетине түшүрүүгө дилгирленген.

«Манасты» аткаруу процесси көптөгөн угуучулардын катышуусу алдында, алардын кубаттоосу менен бирдикте өтөт. С-дын аткаруусу ар дайым көпчүлүктүн арасында өткөрүлүп, берилгендик жана шаңкылдаган бийик үн менен бирдикте анын кыймыл-аракети, обону, үнү, ымдоо-жаңдоосу да өзгөчөлөнгөн.

Манасчы канчалык такшалып өзүнүн мурдагы, өз мезгилиндеги манасчыларды угуп, алардын аткаруу чеберчилигинен үлгү, таалим алса да көпчүлүк учурда, алар чыгармасынын аткарылышын дагы бир жолу сындан өткөрүш үчүн өздөрүнүн жакын көргөн адамдарына кайрылышат. Ошолордун бири катары эле С. да ар дайым «Манасты» жазып жүргөн Ыбырайым Абдыракман уулу менен «Манас» жөнүндөгү оюн бөлүшчү. Андан окуянын же эпизоддун аткарылышы кандай болгондугун, мазмундук, көркөмдүк жактан мүчүлүштөрүн, окуянын байланышы жактан үзгүлтүктөрү жөнүндө көп сурап, кайра аны калыбына келтирүүгө аракет жасаган. Мына ушундай аракетин С. кийин «Манасты»

www.bizdin.kg
жаздыруу учурунда да иш жүзүнө ашырган. Ушунун негизинде манасчы айтып жаткан «Манастын» сюжетин узартып же кыскарта алган.

Бул айтылган пикирди жалгыз эле бир манасчынын чыгармачылык өнөрканасына гана жекече таандыкташтырууга болбойт. Анткени, ар бир манасчынын талантына, аткаруу манерасына, анын поэтикалык көркөмдүүлүгүнө жараша ар бири өз алдынча жекече баага ээ көркөм чыгармачылыктын чеберлери. «Манас» эпосун айтуу учурунда кунт коюп «манасчыдан угуп отуруп, ар бир сүрөттөө өз ордунда экенин көрүп, ар бир сүрөттөөнүн өзүнчө көркөмдүк системасы, көркөмдүк максаты бар экенин сезип, элдин көркөмдүк фантазиясына таң калбай койбойсуң» (Ч. Айтматов). Көркөм ой жүгүртүү жолу менен эл турмушунун тарыхын түзгөн бай эпикалык материалды эч коромжусуз азыркы мезгилдин окуучусуна жеткирген кыргыз элинен чыккан көркөм ойлоонун чеберлери биздин колубузга дүйнөлүк эпиканын шедеври «Манас» эпосун сактап берди.

Эпосту жаратуучулар же аны айтуучулар жөнүндө сөз болгондо албетте, алды менен алардын чыгармачыл өнөрканасында негизги орунду ээлеген чыгармасын алып караганыбызда манасчылардын ири алдыда алардын жараткан варианттары жана орду жөнүндө түшүнүк берилет. Бир нече кылымдын продуктусу болгон «Манас» сыяктуу залкар чыгарманы айтууда ошол манасчынын эпикалык салтка кошкон салымын, улантуу жолун жана поэтикалык көркөмдүүлүгүн негизги багыт катары кармайт. Башка варианттардай эле С-дын «Манасы» да ошол эле салттык үлгүдө берилген.

Жалпы эле «Манас» эпосунда окуялардын берилиши эки багытта жоокердик жана турмуштук болуп бөлүнөт. Бирок эпостун сюжеттик курулушунун ушундай бөлүнүшүнө карабастан негизги идеялык багыты бир бүтүндүктү түзөт. Окуя башкы каарман Манастын тегерегине топтоштурулуп, анын эл, жер үчүн күрөшү баяндалат. Эпостун мазмунун бир бүтүндүккө алып келүүдө, анын конструкциялык негизин түзгөн салттык окуялар башкы ролду ойнойт. С-дын варианты эпостун классикалык үлгүсү катары баалангандыктан, байыртадан айтылып келе жаткан окуялар толугу менен камтылган. «Манас» эпосу бардык эле эпикалык чыгармаларга мүнөздүү болгон борбордук каармандын төрөлүшү жана балалык чагынан башталат. Сюжеттин ушул конструкциясы С-дын вариантына да мүнөздүү. Салттык түрдө айтылып келе жаткандай С. да Манастын дүйнөгө келишинен түздөн-түз эле баштабастан Манастын ата-бабасынын чыгыш тарыхына кайрылат да, андан кийин негизги окуянын өзүнө өтөт. Эгерде айрым манасчыларда бул окуя өзүнчө бир бүтүн сюжеттик канваны түзгөн эпизод катары айтылса С-да манастын ата-бабалары кара сөз түрүндө кыскача гана кимден ким тарагандыгы саналып өтөт. «Манас» эпосу дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда салттык мотив катарында айтылган карыган ата-эненин бала үчүн болгон зарынан башталып, алардын карып калган кезде балалуу болушу, каармандын укмуштуудай төрөлүшү, ага байланыштуу ырым-жырымдар, шаан-шөкөтү жана башкалар толугу менен сюжетке киргизилген. Ошондой эле эпикалык каармандын өспүрүм мезгилиндеги тарбияланышы, бойго жеткендеги баатырдык иштери, кылык-жоруктары дагы да толгон-токой окуяларды манасчы жергиликтүү каражаттар менен сүрөттөп отурат. Манастын ушул учурда көрсөткөн алгачкы эрдиктери да (алтай калмактары менен болгон кармаш, Эсенкандын элчилеринин көргөн кордуктары, Нескара жана Нуукер дөөнүн аскерлери менен болгон уруш жана башкалар) баяндалат. Эскерилген окуялардын арасында эпостун табиятына мүнөздүү фантастикалык окуялар, башкача айтканда Манасты колдогон кырк чилтен айтылат. Ал эми эпизоддун финалдык бөлүгү:

Казак, кыргыз камалып,

www.bizdin.kg

Калмак, маңгул жайылып,
Ак кийиздин үстүнө
Бай Жакыпты салганы,
Баласы Манас баатырды
Ак кийиздин үстүнө
Аны дагы биргелеш
Отургузуп алганы (Сагымбай Орозбаков, 1. 289), — деп кан көтөрүү салты менен аякталат. Ошентип, кыргыздар да өз алдынча «кандуу журт болуп калдык деп», Манасты кан көтөрүшүп, чоң той өткөрүү менен эпизод жыйынтыкталат. Эпизоддун мазмунун негизинен кыргыз элинин байкерчилик турмушу түзүп, элдин жай турмуш-тиричилиги менен катар эле, жоокерчилик окуялар да орун алат. Кийинки айтылуучу чоң эпизоддорду негизинен жоокерчилик окуялар түзөт. Алды Кошойдун Кашкарга жасаган жоортуулу менен башталып андан ары анын укмуштуудай күрөштөрү менен улантылат. Манастын баатырдык күрөшүн көрсөткөн дагы бир окуяда Манжурия жеринен төрт жүз төөгө жүк артып, кытайга бара жаткан Жолойдун чайын Манас тартып алат. Манастан запкы көрүп, найза жеп жараланган Жолой араң дегенде качып кутулат да, болгон окуяны кытайдын башкы каны Эсенканга айтып барат.

Манасчы сюжеттин түйүндөлүшүндө кырдаалга карата улам окуяларды жаңыртып отурат. Мурда айтылган Кошойдун жортуулу улантылат. Бул эпизоддо көп жашаган, көптү көргөн касиеттүү Жаангер кожонун Билерик аттуу уулун Нескара колго түшүрүп, барымтага *(ак үйлүгө)* кармап алат да Кырмус шаага бергендиги баяндалат. Кошойдун Жаангерге жардам берип көрсөткөн эрдиктери С-дын айтуусундагыдай башка варианттарда кеңири планда учурабайт. С. эл арасына кеңири тараган ар кыл маанидеги фантастикалык укмуштуу жомокторду көп угуп жана билгендиктен алардын сюжеттерин эпостун мазмунуна киргизе берген. Кийинки окуяда Манас менен Кошойдун Дагалак шаарында кезигиши жөнүндө баяндалат. Жортуулга бараткан жолунда каршылык көрсөткөн кандарды бүтүндөй багындырып жүрүп олтурушат. Бул окуялар кыргыз элинин басып алуучуларга каршы боштондук үчүн күрөшүнө байланыштуу айтылган. Жортуулдардын акыры Манастын жеңиши жана Карабөркө үйлөнүшү менен аяктайт.

Баатырдык жортуулду баяндаган калган эпизоддор башкы каармандын эрдиктерине, өз мекенин басып алуучулардан бошотуу үчүн күрөшүнө жана ага келип кошулган кандардын жоокердик аракеттерине арналат.

«Манас» эпосунун негизги идеясы өз жеринен ажырап, чачылган, бүлүнгөн элди бириктирүү болгондуктан, ага ылайык окуялар Манастын сырттан келген душмандарга каршы күрөштөрүнө байланыштуу сүрөттөлөт. С-дын вариантындагы эпизоддор башка варианттарга караганда сан жагынан гана көптүк кылбастан, сапаттык жана көркөмдүк өзгөчөлүгү жагынан да өз артыкчылыгы менен айырмаланып турат. Манастын жүрүшүнө байланыштуу айтылган бул эпизоддор аталышы жактан гана айырмаланбастан, согуш майданынын сүрөттөлүшү, окуялардын жүрүшү жана талкууланышы жагынан да бири биринен айырмачылыкка ээ, ал эми окуянын жүрүшү композициялык жактан бирдиктүү бир байланышта улантылат. Баяндалып жаткан баатырдык жортуулда баатырлардын кармашы, согуштун жүрүшү жана башкалар эпикалык сүрөттөмөлөрдүн берилиши боюнча ар бир эпизод өз алдынча сюжеттик өзөккө ээ. Манастын Жолой менен болгон кармашы, он бир Дуу-ду менен болгон согуш. Текес канды чапканы, Акунбешимди жеңгени, Алтайдан Анжыянга көчүү, Манастын Кашкарды каратканы, Шоорук канды чаап, кызы Акылайды тартууга алганы сыяктуу согуштук окуялар «Манас» эпосундагы салттык эпизоддордон. Анткени, жогорку аталган эпизоддор байыркы замандан бери келе жаткандыгына

www.bizdin.kg
жана ооздон оозго өтүп сакталып калгандыгына байланыштуу айтылып жатат. «Манас» эпосундагы согуштук окуялар Эсенкан, Коңурбай, Жолой, Нескара, ошондой эле Оогандын каны жана Айган кан менен болгон согуштар да эпостогу негизги эпизоддорду түзүү менен бардык варианттарга мүнөздүү.

С-дын айтуусунда зор эпикалык баяндамага ээ, өзүнчө сюжеттик өзөктү түзгөн эпизоддордун бири Алмамбетке байланыштуу. Эпосто Алмамбет Манастын ишенимдүү чоролорунун бири. Жалпысынан алганда аталган эпизод эпикалык салтта айтылып келген туугандашуу мотивине жакындашат. Андагы экинчи негизги мотив душман жерине жол баштоочу, анын ачылбас сырын ачып берүүчү баатыр катарында сүрөттөлүшү. Жалпы эле башкы каармандын өмүр баянын түзгөн салттуу мотивдер Алмамбеттин да өмүр жолуна ылайыкташтырылып, эпикалык мотивдештирүүгө алынган. Манастын өмүр баянына таандык көрүнүштөр Алмамбетке да мүнөздүү. С. Алмамбеттин өмүрүн жана көрсөткөн эрдиктерин, жоокердик даанышмандыгын, магиялык касиетке ээ айлакер амалы жана баатырдык жортуулдарын жеткиликтүү сүрөттөй алган. Башка варианттардагыдай эле С-да да баатырдык үйлөнүү мотиви негизги орундарды ээлейт. Баатырдык үйлөнүүдө эпикалык каармандын колукту издөөсү анын баатырдык жортуулдарынын уландысы катары сүрөттөлөт. Ошондой эле башкы каармандын өмүр баянын да толуктайт.

С-дын айтуусунда Манастын Каныкейге үйлөнгөнгө чейин эле эки аялы болгон. Каныкей менен Манастын ортосундагы кармашта Манастын колуна канжар тиет. Жарадар болгон Манас Букарды чаап алуу үчүн колун жыйганда кечирим сурап Каныкей астына келгенде гана ал токтолот да, үйлөнүү шаан-шөкөтү башталат.

Салт катары башка эл, жерге барып баатырдык көрсөтүү менен колуктууга ээ болуу кереметтүү жомоктордо жана эпикалык чыгармаларда кеңири түрдө алгачкы формасында айтылат. Бул үлгү С-дын «Манасында» айтылганы менен байыркы формасы толук бойдон сакталбаса да, анын алгачкы көрүнүштөрүнүн ичинен айрым гана чачырандыларынан учурайт. Баатырдык үйлөнүү мотиви тематиканын алган багытына жараша өзүнүн талкууланышына ээ жана баатырдык жүрүштүн баяндамасын улантат. С-дын «Манасында» салттык эпизоддордон Көзкамандар жөнүндөгү окуя да эпикалык мазмундан орун алган. Башка түрк-моңгол элдеринин эпикалык чыгармаларында учуроочу туугандардын душмандык кылуу мотиви сыяктуу эле «Манас» эпосунда «Көзкамандардын окуясы» ушул салтты улантуунун негизинде өзүнчө эпизод катары эпостун сюжетине киргизилген. Башкы каарманга карата (Ороздунун он уулу жана Көзкамандын тукумдары) туугандардын каршы туруп, душмандык кылышы бийликке карата ичи тардыктан жана көрө албастыктан чыккан көрүнүш катары бааланат. Туугандардын эпикалык каарманга карата жасаган касташуу мотиви С-дын вариантындагы «Көзкамандар окуясында» кеңири иштелип чыккан эпизоддордон. Манастын баатырдык жүрүшүндө негизги душман Коңурбай менен беттешүүсү «Көкөтөйдүн ашына» чейин учурабайт. Манас тегерегиндеги кандарды каратып, өз жерин бошотууда калмак кандары менен гана кармашат. Ал эми Түркстанды бошотууга келгенде Алооке качып кутулат да, Коңурбайдын Манаска каршы аттануусун токтотот. Ошентип, бул чоң жыйынга («Көкөтөйдүн ашына») дейре башкы эки каармандын (Манас менен Коңурбайдын) баатырдык беттешүүсү болгон эмес.


«Манас» эпосунун сюжеттик курулушунда «Көкөтөйдүн ашы» баатырдык жүрүшкө негиз болгон башкы себепчи эпизоддордон болуп саналат. Анткени, Көкөтөйдүн сөөгүн коюуда жана ашты өткөрүүдө башында Манас болуп, Бокмурун бардык акыл-насаатты башкы каармандан алат. Көкөтөйдүн өлөр алдындагы Байжигитке табыштап, Бокмурунга карата айткан керээзи аштын өткөрүлүшүнө негиз болот. Дагы бир себеп Манас Ташкенди каратканда

www.bizdin.kg
Көкөтөйдүн улгайып калгандыгын байкап, карыя дүйнөдөн кайтканда бир даңазалап ашын көтөрөйүн деген ойдо калат. Ушул мотивдердин натыйжасында келип ашты башкаруу Манаска ыйгарылат. «Көкөтөйдүн ашы» .эпизодунда турмуштук окуялар менен бирдей эле даражада аш өткөрүлүүчү ырым-жырымдар да ирээти менен сүрөттөлүп отурат. Аш үстүндө чыккан чатактан эки колдун кармашы да кенен эпикалык баяндоого алынат. «Көкөтөйдүн ашындагы» эл турмушу реалдуу чындыктан ашып түшкөн эмес. Болуп өткөн эпикалык турмуш өз мезгилиндегидей баяндалып, эпикалык жалпылоого алынган. Эпизоддо кездешүүчү айрым гана окуялар (Жолойдун ач көздүгү жана соргоктугу, Кошой менен Жолойдун күрөшү жана башкалар) турмуш чындыгынан ашырылып, апыртылуу ыкмасында деталдаштырылып, эпостун кең масштабдуу мазмунуна ылайыкташтырылган.

Көкөтөйдүн ашында Манастын уруу башчы-кандарга көрсөткөн үстөмдүгү алардын арасында нааразылык туудурат. Буга социалдык жана турмуштук мотивдер негиз болот.

С-да түздөн-түз Чоң казатка кирүүдөн мурда мындай чоң майданга аттанууга даярдык катары «Жети кандын Манаска каршы кеңеши» деген чакан эпизод менен ачылат. Бул окуя чындыгында эле жортуулга чыгууга карата экспозициялык милдет аткарып, алдыда болуучу чоң чабуулга карата даярдык көрүү бөлүмү болуп эсептелет. Эпизоддун негизги фабуласы Манаска келген кандардын арасында пайда болгон көрө албастыктан убактылуу чыккан бөлүп-жарылууга арналган. Ушул эпизоддо жоого аттануу алдындагы өткөрүлүүчү шаан-шөкөттөр, камылгалар жөнүндө баяндалып, өз ырааты менен сүрөттөлүп отурат. Эпизоддун идеялык мазмунунда кандардын Манаска карата нааразылыгы социалдык мотив менен гана түшүндүрүлбөстөн, турмуштук этнографиялык мотивдер да кошулуп, жалпы эпикалык салт сакталуу менен сюжеттин курчушуна алып келет. Сюжеттин өөрчүтүлүшү жоого карата көрүлгөн камылгадан сырткары, ар кандай той-тамашаларды аралаштыруу менен көңүл алаксытат. Эпизоддо эскерилген эпикалык жыйындан кийин гана «Чоң казат» эпизодуна өтөт. Эпизод жалпы эпикалык дүйнөдө жолугуучу баатырдын жоого аттануу алдында өз үй-бүлөсү менен коштошуусун, жоо кийимдерин, курал-жарактарын алуу салтын камтыган. Жалпы камылга бүткөндөн кийин атайын колду башкаруучу кол башчы дайындалып, аскерлер топтоштурулуп жолго чыгуу шарты уюштурулат. Кол Бээжинге карай кырк күн жол жүргөндө көргөн кыйынчылыктар жана географиялык аттар, жол багыты ирээти менен баяндалып, эпостун мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайыкташтырылган. Колдун жүрүшүнөн сырткары бул эпизод согуш темасына байланыштуу бир нече окуяларды камтыйт Алар: Алмамбет менен Сыргактын чалгынга чыгышы, чалгынга жөнөр алдындагы ат тандоо, Чубактын чыгарган жаңжалы, жаңжалдын токтолушу, үч баатырдын Бээжинди чалгындоосу, Алмамбеттин эл, жерин көргөндөгү арманы, Макел дөөнүн өлүмү, жылкы тийүү, Коңурбайдын жеңилиши жана башкалар Бул окуялар Манастын чоң жеңишке ээ болуп Бээжинге кан шайлангандыгы менен жыйынтыкталган.

www.bizdin.kg



Сагымбай Орозбак уулу макаласына. 1. Т. Герцен. Манасчы Сагымбай Орозбак уулу. 2. Т. Герцен. Сагымбай Орозбак уулунун бейитн (Кочкор өрөөнү, Кош-Дөбө айлы 1983). 3. Т. Садыков. Сагымбай Орозбак уулу («Манас» архитектуралык- скульптуралык композициясынан 1981). 4. Сагымбай атындагы орто мектеп (Кочкор өрөөнү, Кош-Дөбө айлы 1990). 5. Сагымбайдын 100 жылдык майрамында өткөрүлгөн шаан-швкөт. 6. Сагынбай Орозбак уулунун жаңы күмбөзү. Кочкор, өрөөнү.

Эпостогу кульминациялык жыйынтыктын чечилиши салттуу түрдө улантылган «Кичи казат» эпизодунда чыгарылат. Бул эпизод ар бир манасчыда өзүнчө талкууга алынып, өзүнчө аспектиде чечилет. Манастын курман болушуна байланыштуу мотивди С. өзүнүн вариантында башка манасчыларга караганда окуяны жаңы мотивдердин негизинде баяндап, өз алдынча сүрөттөөгө аракеттенген. Бээжинге бир жыл кандык кылып, Манас алтымыш жашка келгенде Таласка көчүп келет. Мына ушул жашка келгенче ал баласыз болот.

www.bizdin.kg
Балалуу болбогондугуна нааразы болгон Манас Мекеге барарын билгизип элин чогултат. Эпосто Манастын Мекеге кетишин С. Коңурбайдын кыргыздарга кол салуусуна түрткү берген себеп катары сүрөттөйт. Коңурбай берген убадасын бузуп, кыргыздарга экинчи ирет кол салат. Манастын каза болушу башка варианттардан өзгөчөрөөк айтылгандыгына карабастан, жарадар болушунун шарты ошол варианттарга окшош. Анткени, чыгармада башкы баатырды бетме-бет келип сайып же чаап өлтүрбөстөн, тескерисинче, сүрүнө даап келе албаган душман жашырынып, артынан келип айбалта менен чаап жарадар кылат. Ушул жагынан алганда айрым варианттарда өз ара окшоштуктар бар. Бирок эпикалык жай ар башка мезгилде, шартта өтөт. Биринде согуш майданында өтсө (Сагымбай Орозбаков), экинчисинде (Саякбай Каралаев) кан сарайынын ичинде таңкы намазда олтурганында жүзөгө ашырылат. Ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрүнө карабастан, Манастын курман болушу, кайсы гана варианттарда болбосун мыйзам ченемдүү катары бааланат. Анткени, бул мотив байыркы замандардан бери сакталып келе жаткан көрүнүштөрдөн.

С-дын «Манасынан» оозеки поэтиканын бай арсеналына мүнөздүү делинген эпикалык сүрөттөмөлөрдү, көркөм каражаттарды, элдик афоризмдерди, макал-лакаптарды, сөздүн образдуулук жана эмоциялуулук көркөмдүгүн арттыруучу поэтикалык көркөм үлгүлөрү кеңири кездешет.

К. Кырбашев

«САГЫМБАЙ МАНАСЧЫ ЖАНА АНЫН ВАРИАНТЫ ЖӨНҮНДӨ» — «Манас» эпосунун жарык көргөн 1-китебине С. Мусаевдин жазган баш макаласы («Манас», Фр., 1978). Макалада бул вариант мазмуну, идеясы, көркөмдүгү жагынан жогору деңгээлде иштелген, композициясы боюнча толук бүткөн монументтүү элдик көркөм чыгарманын бийик үлгүлөрүнөн экени белгиленет. Колдогу башка варианттардан Сагымбайдын варианты сюжетти курап турган эпикалык окуялардын толуктугу жана алардын жогорку көркөмдүктө баяндалышы менен айырмаланат. Муну Сагымбайдын өзүнөн мурунку чоң манасчылардын айткандарын угуп, алардын тажрыйбаларын чыгармачылык менен үйрөнгөнү, өткөн турмушка байланыштуу тарыхый, этнографиялык жана географиялык маалыматтарды, элдик оозеки чыгармачылыктын салттуу үлгүлөрүн өз вариантында арбын пайдаланганы камсыз кылган. Ошондуктан, Сагымбай Орозбак уулунун варианты ырынын кооздугу, түзгөн элестеринин тереңдиги жана байлыгы, эл турмушун кенен, таамай сүрөттөй алгандыгы менен өзгөчөлөнгөн бизге белгилүү варианттардын эң мыктысы катары бааланат. «Манасты» изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде Сагымбай жана анын варианты жөнүндө сөз болгондо адат катары ал варианттын мыкты касиеттери — терең элдик идеясы, көркөмдүгү, окуяларынын байлыгы жана башкалар менен кошо кемчиликтери да эске алынат. Сагымбай Орозбак уулу айткан «Манастын» кагаз бетине түшүрүү ишин 1922-ж. К. Мифтаков баштаган. Негизинен бул ишти жазып алган Ы. Абдыракман уулу болгон. Эпосту китеп түрүндө бастырып чыгаруунун принциптерин, текстти тандап алуунун, технологиялык иштерди жүргүзүүнүн жана жалпы эле текстти басмага даярдап, көпчүлүккө сунуш кылуу иши биринчи жүзөгө ашырылып жаткандыгы жөнүндө сөз болот. Ошондой эле башталган иш мындан нары улантылары да көрсөтүлөт.

Ж. Сагынов

САДЫК АБЛИМИТ (1941, Кулжа шаары КЭР)— журналист, акын, сынчы, этнограф, котормочу, фольклор изилдөөчү, Кытай жазуучулар коомунун мүчөсү, Шинжаң фольклор коомунун төрагасы, «Мурас» журналынын баш редактору. Илимий даражасы — эң жогорку редактор, профессор.

www.bizdin.kg



С. А. курама вариант боюнча «Семетей» эпосунан «Чынкожо, Толтой чатагы» эпизодун уйгур тилине которгон. Ошондой эле Кызыл-Суулук кыргыз манасчы Жусуп Мамай айткан «Семетей» эпосунун айрым эпизоддорун уйгур тилине которуп, журналга жарыялаган.

САДЫКОВ Болотбек Жакыпбекович (1957, Ат-Башы району, Кара-Булуң айылы) — «Манас» изилдөөчү. СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүткөн (1982). Ат-Башы районундагы Кара-Булуң орто мектебинде мугалим болгон (1985-жылга чейин). Кыргыз ССР Илимдер академиясынын аспирантурасын бүтүрүп (1988—91), «Манас» эпосунун көркөм составындагы фольклордук жанрлардын функциясы» деген темада кандидаттык диссертациясын (Алматы, 1992) коргогон. 1991жылдан Кыргыз республикасынын Илимдер академиясынын Адабият жана искусство институтунун «Манас» бөлүмүнүн илимий кызматкери. «Манас» эпосу боюнча бир нече илимий макалалардын автору.

САДЫКОВ Жалил (1932, Кемин району, Кичи-Кемин айылы) — Кыргызстандын эл акыны (1991). СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү (1958). Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1987) Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүткөн (1958). С-дун «Манастын уулу Семетей» (1982), «Сейтек» (1987), «Айкөл Манас» (1989) драмалары Кыргыз академиялык драма театрында коюлган.



С. драмаларында эпостун сюжеттик нугун сактоо менен өз мезгилинин жана коомунун актуалдуу проблемасына байланыштырууга, андагы социалдык-философиялык ойдун тереңдигин көрсөтүүгө аракеттенген. Драмалары ыр менен жазылган. Чыгармалары түзүлүшү боюнча поэма катары сезилип, эпостун поэтикалык духу, стили сакталган. «Манас» үчилтигинин негизинде жазылган автордун бул драмалары кыргыз элинин руханий көркөм дүйнөсү катары дайыма жогору бааланууга татыктуу.

САДЫКОВ Жапар (1909, азыркы Аламүдүн району, Орто-Алыш айылы —1988, Фрунзе) — Кыргызстандын эмгек сиңирген артисти, опералык ырчы, актёр, музыкалык ишмер.

www.bizdin.kg



Ж. Садыков — Манас. «Манас» операсы, 1946.

ГИТИСтин (Москва) актёрдук бөлүмүн бүтүргөн. Опера жана балет театрында солист. 1939-ж. В. Власов, А. Малдыбаев жана В. Ференин «Айчүрөк» операсында Семетейдин ролун эң алгач аткарган. Кийинчерээк ошол эле операдан Чынкожонун партиясын ырдаган. «Манас» операсынан да Манастын ролун эң алгачкы болуп аткарган.



Ж. Садыков — Манас, «Манас» операсынан 1946.

Улуттук театр сахнасында көптөгөн ролдорду аткарган. Ырчылыгы менен катар көп жылдар кыргыз музыкалык өнөрүн уюштуруучулардын бири катары опера жана балет театрынын (1943 —1952), филармониянын (1952 — 1962) директору болуп иштеген.

САДЫКОВ Тургунбай (1935, Баткен району, Говсурар айылы) — кыргыз советтик скульптору, СССР эл сүрөтчүсү (1986), СССР САнын анык мүчөсү (1986). Лениндик сыйлыгы (1980), Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын (1981), Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгы. (1967) лауреаты. Кыргыз Республикасынын искусствого эмгек сиңирген ишмери (1972). Москвадагы жогорку сүрөт окуу жайынын муруңку Строганов курсун бүтүргөн (1964). Чыгармачылыгын 1954-жылдан республикалык, бүткүл союздук, эл аралык сүрөт көргөзмөлөрүнө катышуу менен баштаган. Портрет, чакан скульптуралык композиция, монумент-жасалга жанрларында чыгармалар жараткан. Манас жана манасчы С-дун чыгармачылыгындагы негизги темалардын бири. 70-жылдардын башынан тартып Манастын образын (Манастын

www.bizdin.kg
эстелигинин долбоору, 1971) монументтүү формада түзүүдө көп изденип, 1981-ж. «Манас» архитектуралык-скульптуралык ансамблин (арх. А. Печёнкин) жаратат.



Ансамбль Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын алдындагы Совет аянтында (Бишкек ш.) орнотулган. Андагы эпостун каармандарынын (Манас, Каныкей, Бакай) бет маңдайынын эки жагында атактуу манасчылар Найманбай Балык уулу, Тыныбек Жапый уулу, Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулдарынын бюсттары коюлган. «Ардак Белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган.

САЗАНОВ Багыш, к. *Багыш* Сазан уулу.

САЗАНШАҢ — топоним, этноним. Жакып менен бир атанын балдары Үсөндү калмактар айдап кетип, Үсөн атын жоюп Көзкаман деп ат коюп, кой кайтарткан жер (Саякбай Каралаев, 1. 108). Сагымбай Орозбаковдун вариантында:

Маңгуба деген жер деген,
Сазаншаң деген эл деген,
Сазаншаңдын улугу
Макел-Малгун эр деген (Сагымбай Орозбаков, 4. 223), — деп эл катары да айтылат.

САНД ЖАЛАЛ-АД-ДИН — *«Мажму ат-таварих»* чыгармасынын каарманы. Чыккынчы Тубай ууландырган Манасты дарылап айыктырган адам. Бул чыгармада С. Ж.-а.-Д ууга каршы дарыны күнүгө Манастын оозуна бир тамчыдан куюп, дарылап, он күндөн кийин Манас көзүн ачканда С. Ж.-а-Д-ди көрүп, ага рахматын айтканы, эки жылдын ичинде Манастын териси жети жолу түлөп түшкөнү берилет.

САЙКАЛ, Кыз Сайкал — кейипкер, «Манастагы» көөнө образдардын бири. Саякбай Каралаевдин вариантында нойгуттун каны Карачанын, Сагымбай Орозбаковдун вариантында калмак Карачанын (к. *Каткалаң)* кызы. Манастын Сайкал менен жекеме-жеке сайышка түшүп, жеңилип кала жаздаганы жөнүндөгү эпизод негизинен бардык варианттарда кездешет. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манас Текес канды жеңгенде Тейиш кан көтөрүлүп той берет. Тойдо эр сайышка Сайкал чыгат. Баатыр кызга эч ким даап чыга албай койгон соң Манас өзү чыгып, алдырып коё жаздайт.

www.bizdin.kg



Б. Жумабаев. Сайкал.



Т. Герцен. Кыз Сайкал.

Акыры жеңет (Кол жазмалар фондусу, 575 -инв., 154 —171-б.). Багыш Сазан уулунун айтуусунда Манас менен Чубак нойгут кызы Сайкалдын жылкысын тийип алып кетип бара жатканда артынан кууп жетип уруш салат. Манас Чубактын жардамы менен араң жеңишке ээ болот. Сайкал, акыреттик жар болууга ант берет (Кол жазмалар фондусу, 1080-инв., 280-281-б.). Молдобасан Мусулманкул уулунун вариантында да Сайкал Манастын акыреттик жары болуп калат (КФ. 72-инв., 892-б.). Саякбай Карала уулунда Манас өлүм алдында жатканда убадасы боюнча келип тулга отурганы, үйүнө баргандан кийин дүйнөдөн өтүп кыяматтык жары Манаска кошулуп кеткени айтылат (Саякбай Каралаев, 2. 241—254).

Манас менен Сайкал күч сынашкан соң акыреттик жар болушу көөнө баатырдык эпосторго таандык байыркы мотивдин кыргыз эпосундагы чагылышы болуп саналат (к. *Көөнө эпос, Баатырдык үйлөнүү).*

Кыз Сайкал менен Манастын окуясы өз алдынча эпос катары да айтылат (к. «*Кыз Сайкал»),*

С. Кайыпов

www.bizdin.kg
САЙРАМ — топоним. Эпосто «Олуя-Ата, Чымкентте, Орол менен Сайрамда, Арт жагы Аксы жайларда» (Сагымбай Орозбаков, 3. 47), — деп кыргыздар жана адар менен жамаатташ элдер жашаган жерлердин катарында көп эскерилет.

САЙЫППУРУШ, зайыпбуруш (араб-иранча «сахиб» — ээ, ээлөөчү; «хуруж» — чыгаан, баарына ээ болгон мыкты баатыр, чоң жүрүштүн ээси деген мааниде) — илгерки элдерде айрым кишилерге жоокердик эрдиги жана кызматы үчүн берилген атак, сыпат. Дүйнөнүн элдерине мыкты баатыр маанисинде белгилүү тарыхый адамдар арасында өзгөчө чыгаан үч адам: байыркы замандагы улуу кол башчы жана мамл. ишмер. Чыгыш элдеринде Искендер Зулкарнайн (Александр Македонский); бирдиктүү моңгол мамлекетин негиздөөчү, кол башчы, Чыңгызкан; Орто Азиялык мамл. ишмер, кол башчы, эмир — Темир (Тамерлан, Аксак-Темир) С. (Сахиб хуруж) деген сыпатка ээ болгон. Мына ушул үч жаангердин гана сыпаты болгон С. эпитети уруулардын биримдигин сактап, эл мүдөөсүн коргоп, күрөшүп, жоокердик жүрүштөргө кол башчылык кылган Манас баатырга да колдонулган. Мисалы, «Калыйпадан кат алган Муну менен Сайыппуруш аталган» (Саякбай Каралаев, 1. 27) жана башкалар.

Баба дыйкандын сунушу боюнча эгин айдап анын түшүмүнө Аккуланы сатып алып, аттанып чыккан Манаска Кызыр жолугуп:

Балам Манас угуп тур,
Баба дыйкандан бата алдың,
Жер үстүндө адамга
Сайыппуруш аталдың (Саякбай Каралаев, 2. 176),

— деп айтат. Мындан «Манастын» эволюциялык өнүгүшүнө байланыштуу анын стили да өзгөрүп, ошондой эле салттык көркөм каражаттары да шартка карата жаңыланып жана өнүгүп олтурарын байкайбыз. Анткени баатырдык эпостордогу салттык эпитет менен салыштыруу башка элдердин тилдеринен өзүнө семантикалык жактан барабар келүүчү эквиваленттерди тез кабыл алып, синонимдерди байытууга жөндөмдүү болот. Ошондуктан, «Манас» эпосундагы «баатыр», «эр» деген эпитеттерге эквивалент келүүчү С.— «Сахиб хуруж» деген арабдын сөзүнөн синоним катарында кабыл алынганын жогоруда келтирилген факты материалдар айгинелеп турат.

САКЧЫ — кандарды, бийик даражалуу адамдарды же кан сарайын, дарбазаларды кайтаруучу, сактоочу жоокер, кароолчу. Эпосто: «Жарым кандын артынан Жүрө турган сакчысы» (Саякбай Каралаев, 2. 130); «Сакчылары сандан көп» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 152), «Жанындагы кырк сакчы» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 185), — деп алар жөнүндө көп эскерилет.

САЛАГАЛ — эпизоддук кейипкер. Мунаркандын колу менен Арсынын колу беттешкен согушта Арсыны өлтүрүп, минген аты Аңырбашты олжолоп алган баатыр (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 576-инв., 51-б.).

САЛАМАТ — эпизоддук кейипкер. Алтайда Жакып менен конушу бир Сарайман айылынын аксакалы, бай. Айнакулдун атасы. Айлындагы жыйындарда кеп-кеңештерин берип турат (Сагымбай Орозбаков, 1. 118, 121, 122, 250, 280). **САЛАР** — топоним. Атасы Манас экенин уккан Семетей Таласка барып, Манаска куран окутмак болгондо Каныкей ага бара турган жолун тааныштырган учурда:

Сыр-Дайрадан кечээрсиң,
Ары карай өтөөрсүң
Чыйырчык, Салар эки өзөн
Эки өзөнгө жетээрсиң (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 141), — деп эскерет.

САЛБЫРЫН (моңголчо салбар — кыраан куш) — көп адамдардын атайын камданып алыс жерге куш менен аң уулоого чыгуусу. Эпосто Манас Алтай тарапта туулуп, жигит болгон кураста өз жолдош-жоролору менен шумкар салып ууга

www.bizdin.kg
чыккан окуяда баяндалат. Ошондой эле Алмамбет келер алдында Манас Самаркандан чыгып кырк чоросу менен ууга чыгат. Кийинки кезде жалпы эле көп адамдын ар кандай аң уулоого чыгуусу «С» деп аталып калган.

САЛИЕВ Азиз Абдыкасымович (1925, Тоң району, Күн-Чыгыш айылы) — философ, адабий сынчы, публицист, коомдук ишмер. Кыргыз Республикасы Илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү (1954). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу (1942 — 45). Кыргыз мамлекеттик педагогика институтунун орус тили жана адабияты факультетин бүтүргөн (1947).



С.—7 илимий эмгектин, көптөгөн илимий жана илимий-популярдуу макалалардын автору. Ал өзүнүн эмгектеринде «Манас» эпосунун эстетикалык маселелерине көп көңүл бурат («Человеческая психология и искусство», Фр., 1981; «Акыл-эс дүйнөсү жана көркөм элес», Фр., 1981; «Человек входит в мир», Фр., 1983). «Манас» эпосу жана манасчылык өнөрдүн табияты жөнүндөгү өзүнүн оригиналдуу илимий салмактуу ойлорун «Саякбай жана «Манас» («Ала-Тоо», 1988; № 8) аттуу макаласында чагылдырган. Анда манасчы Саякбайдын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, эстетикалык касиет жана эпостун улут маданиятындагы мааниси теория жүзүндө терең иликтелген. Айрыкча «Манас» эпосунун курама вариантын түзүү, жарыялоо, пропагандалоо багытында көп аракеттенип, анын редколлегия мүчөсү жана башкы редакторунун орун басарынын милдетин аткарып жемиштүү эмгектенет. Ошондой эле «Манасчы», «Саякбай Каралаев» дарек фильмдерине илимий консультант болгон.

С. Жумаканов

САЛКАРА — калмак баатыры Будаңчаңдын байгеге чапкан тулпары. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта Кошойдун Чоңсарысынан кийин келип, байгелүү орунга ээ болот (Сагымбай Орозбаков, 3. 267).

САЛКҮРӨҢ — Жоорунчунун байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо расмисинде С. жыйырманчы болуп келген Жоорунчу тагдырына буюрган Мунусканга үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 425).

САЛКҮРӨҢ — Төртайдын байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп барганындагы ат чаап жар тандоо расмисинде С. жыйырма биринчи келген Төртай тагдырына буюрган Сонобүбүгө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 425).

САЛКЫЗЫЛ — Бакайдын байгеге чапкан күлүгү. Алмамбеттин келишинин урматына өткөрүлгөн тойдогу ат абышта марага экинчи болуп келет (Сагымбай Орозбаков, 2. 327).

САЛКЫНДУУ, Салкынды — топоним. Алтайда Жакып жайлаган өзөн. Туучунакты издеп кеткен Меңдибайды Жакып С. өзөнүнөн табат. Меңдибай туула элек Манастын жана кырк чоронун руху менен С. суусунун боюнда таң атканча ойношот (Сагымбай Орозбаков, 1. 35, 38 40).

САЛМАМБЕТ — эпизоддук кейипкер, Валиханов жазып алган эпизоддо Манастын чоролорунун бири катары айтылат (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 79, 91-б.).

САЛОР — эпизоддук кейипкер. Кытайда жашаган дуңган. Алмамбетти ымыркайында жашырып баккан Изаттын күйөөсү.

www.bizdin.kg

САЛЫШТЫРУУ — стилистика жана поэтиканын категориясы. С-да сүрөттөлүп жаткан нерсе кандайдыр бир жалпы белгиси, касиети окшош башка нерсеге салыштырылат. Кыргыздар байыртан эле уйкаштыкка, маанилүү сөздөргө, кыябы менен сүйлөгөн чечендикке айрыкча маани берген. Ушул себептүү метафора, эпитет жана башкалар элдик оозеки чыгармаларда, айрыкча эпостордо көбүрөөк кездешет. Эпикалык чыгармаларда элдин маданиятынын салттык өзгөчөлүгүнө ылайык турмуштагы көрүнүш, кубулуштарга же жан-жаныбарларга окшоштуруп салыштырат. С-да образдын өзү сакталат да, ар дайым мүнөздүк көрүнүшү, келбети жана сапаты сыпатталат. Мисалы, «Майлаган буудай жүздөнгөн Күүгүм туман көздөнгөн» (Манас); «Туурасы жоон, бою пас Тулку бою кара таш» (Чубак) — деп, Манастын, Чубактын кулк-мүнөзү сүрөттөлөт. С-да абстракттуу кубулуш конкреттүү, так предметтер аркылуу берилет жана анын элестөөчүлүк таасири күчтүү чыгат.

Манастын образын ачып берүүдө ар кыл маанидеги С-га: ай, күн, жылдыз же эр, бек, кан же канкор, ажыдаар, арстан, кабылан жана башка эпикалык образга таандык мүнөздү берет. Муну Сагымбай Орозбак уулунун вариантынан көрүүгө болот:

Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй
Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй
Асмандагы ай, күндүн
Жаркынынан бүткөндөй... (Сагымбай Орозбаков, 1. 283), — деп Манастын сымбатына карата айтылган С-нун эң элестүү үлгүлөрүн берген. Баатырлардын образдары күчтүү жырткыч жаныбарларга салыштырылып, эпостук образдар көз алдыга элестүү тартылат. «Аккула менен заңкайып, Ак кайыптай маңкайып» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 584-инв., 72-б.). «Жүрөгү таш эрге окшойт, Жүнү тайкы шерге окшойт» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 579-инв., 507-б.). Манасчылар жаратылыш кубулушуна, айбанаттар дүйнөсүнө кайрылып каармандын мүнөздүк жактан болгон бөтөнчөлүгүн ачат.

Стилистикалык каражаттар эпикалык каармандардын мүнөздүк өзгөчөлүгүн жана эпикалык баатырлардын психологиялык өзгөрүүсүнө ылайыктуу. Мисалы, Акбалтага берилген сүрөттөөдө: «Ак селдеси казандай, Айкырса үнү азандай, Чоң кисеси бир кучак» (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 537-инв., 597-б.). Бакай эпосто акылмандыгы, билгичтиги, айла-амалды тапкычтыгы, көсөмдүгү менен «Манастын алдында жүрсө акжолтой да, артында жүрсө сан колдой» жол башчылыгы идеалдаштырылат.

Эпостогу акылман карылардын бири Кошой баатырдын элеси төмөнкүчө салыштырылат:

Кер кабылан ат минип,
Кең ок өтпөс тон кийип
Опол-Тоодой чалкайып

www.bizdin.kg

Чоң муруту калкайып (Саякбай Каралаев, 557-инв., 427-б.).

Же:

Кылымдын Кошой балбаны,
Агала сакал сеңселип,
Ак буурадай теңселип,
Алышууга белсенип,
Аста басып барганы (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 585-инв., 354-б.).

Мындай көркөм сүрөттөө образга жандуу элес киргизет.

«Манас» эпосунда оң каармандардын карама-каршысында турган душман тарабындагы дөөлөрдүн, баатырлардын да портреттик элестерине мүнөздүү келген салыштыруу каражаттары пайдаланылган.

Эки ийинине караса
Эки киши конгондой,
Эки бетин караса
Эки даңгыт тойгондой (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 583-инв., 265-б.).

Мисал көрсөткөндөй ар дайым эпосто душман баатырлары антипатиялык көрүнүштө айтылып, оң каармандарга карата контрасттык планда сүрөттөлөт.

Мурду тоонун сеңирдей,
Көзүн көрсөң капырай
Көп өгөгөн темирдей
Эриндери калбыйып,
Эки уурту балбайып,
Көкүрөктө эмчеги
Киндигине салбайып,
Элүү менен кыркыңдын
Ортосунда жашы бар (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 572-инв., 440—41-б.), — деп Ороңгунун портреттик элесине гротесктик салыштыруу аркылуу гиперболалык мүнөздөмө берип жатат. Ошондой эле гротеск ыкмасы менен Коңурбайдын портретине мүнөздөмө түзүлгөн.

Мурутунун бир талы,
Айбалтанын сабындай.
Мурду тоонун сеңирдей,
Булкушканды жегидей
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткандай. (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 541инв., 39-б.). Же:

Өзү бышкан өпкөдөй,
Сакалына караса
Сарапты тешип өткөндөй,
Көзү өгөгөн темирдей,
Мурду тоонун сеңирдей (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 585-инв., 282-б.).

Манас менен тең тайлашып жүргөн душмандардын бири Коңурбайга берилген карикатуралык С. менен чектелбестен анын психологиялык абалын да. С. аркылуу:

Кайра жаачу булуттай
Каары жүзүнө айланып,
Кытайча күрмө, сумбал тон

www.bizdin.kg

Кылычын ичтен байланып
Кырдан чыккан ызгаардай,
Кыялы бөлөк айланып (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 589-инв., 571-б.), — деп салыштырат. «Манас» эпосундагы аялдардын сырткы портреттик элестерине пайдаланылган С-лар салттык поэтикадан сырткары эпикага мүнөздүү эмес жаңы көркөм каражаттар аркылуу сүрөттөлөт. Жалаң гана сырткы форманын көркөмдүгүн эмес, ошондой эле психологиялык сезим күрөштөрүн да берүү менен эпиканын мазмунуна лиризмдин боёгун кошо алат:

Өтүгүнүн такасы
Көк зумуруд асыл таш
Ааламда жок жан өңдүү,
Актыгы күзгү, кар өңдүү
Бетиндеги кызылы
Карга тамган кан өңдүү (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 1794инв., 119-б.).

Жалпы эле аял затына мүнөздүү алынган сүрөттөмөнүн өзү да салттык каражаттар аркылуу этинин актыгы, тамагынын тунуктугу, келбетинин келишимдүүлүгү көркөм, таза нерселерге салыштырылып сүрөттөлөт. Эпостогу «саат салган топчудай», «колу күмүш зымындай», «зооттон чыккан чыныдай» сыяктуу жаңы лексикалык каражаттарды Сагымбай Орозбак уулу пайдалануу менен сулуулуктун көркөм эстетикалык табиятын берип жатат.

Өзүнүн сарамжалдуулугу, акылдуулугу, ишмердиги, уздугу менен эпоско катышкан башка аял заттарынан айырмаланган Каныкейдин: «Күлсө тиши жарк этип, Күлүктөй үнү шаңк этип (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 581-инв., 170-б.) аялдык назиктигин, келбетин, сымбатын көрсөтүү үчүн бир штрих менен алынган көркөм сөз каражаттары образга таандык болгон мүнөздүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу эстетикалык таасирдин күчтүүлүгүн далилдеп жатат.

Жогоруда мисалга алынган С. мейли жаратылыш кубулуштары болсун, өң-түс өзгөчөлүктөрү болсун, мейли айбанаттар дүйнөсү болсун С. эпикалык каармандардын портреттик элесин, мүнөзүн, өзгөчөлүгүн жана башкалар жактарын ачууга көркөм сөз каражаттарын оң каармандын жигердүү эрдигин, мыкты сапаттык бөтөнчөлүгүн, сулуулук касиетин көрсөтөт. Терс каармандарды адамдын турпатына же оң каармандарга карама-каршы келген мүнөздүү элестерди таап жалпы угуучунун сезимин козгоо менен ошол каарманга карата антипатия туудуруучу түстөгү боёктор аркылуу сүрөттөйт. Баатырдык эпостордо С-нун бардык түрлөрү пайдаланылат. Анда коомдун эң эски көз карашынан пайда болгон үлгүлөрүнөн тартып кийинки эле дооорлордун көз карашынан пайда болгон С-ларды кездештирдик. Эпосту жараткан эл бул же тигил нерсени экинчи бир нерсеге жакындаштырганда сөзсүз өзүлөрүнө тааныш, өзүлөрүнө жакын турган предметтер, көрүнүштөр менен салыштырат. Алар баатырдык эпостордо эпостун рухуна ылайыкташтырылат, ар кандай максатта, ар кандай моменттерде колдонулат.

К. Кырбашев

САМАРКАН — топоним. Кыргыздар жана алар менен жамаатташ жашаган элдер мекендеген жер катары эпостун көпчүлүк эпизоддорунда эскерилет. «Самаркандык сарт Манас» деп айрым варианттарда Манастын мекени катары да айтылат.

САМБЫЛ — топоним. Манас Шооруктун кызы Акылайга үйлөнгөндө той өткөргөн жер. Алтымыштан ашык жигитин кабарга жиберип элди С-га тойго чакырат (Сагымбай Орозбаков, 2. 222).

www.bizdin.kg
САМЫН АЯР — эпизоддук кейипкер. Култканын аяры. Орго канга жардамга барып, согушта жарадар болгон Култканы таап алып, аман алып калат (Кол жазмалар фондусу, 576-инв., 512-б.).
САНАМАР — эпизоддук кейипкер. Араникте болгон согушта кыргыздарга каршы согушкан калмак кол башчыларынын бири (Курама вариант, 1. 116).
САНАМКАН — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы жар тандоо расмисинде ат чаап, аты он биринчи келген Чаликке турмушка чыгат (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 424).
САНАМКҮЛ — эпизоддук кейипкер. Оргонун аялы, Орго кан өлгөндөн кийин С. эки баласын жана Ыраман увазирин, ырчы баласы Каратай менен ээрчитип, көп тартуу менен Манаска барып эки уулунун канын сурайт. С-дүн акылдуулук жөн билгичин көргөн Манас анын өтүнүчүн кабыл алып, балдарынын күнөөсүн кечип бошотуп жиберет. Каратайдын акылдуулугун байкап өзүнө чоро кылып алат, кийин ал Ырчыуул деген ат менен белгилүү болот (Сагымбай Орозбаков, 2. 92, 93).
САНАР — топоним. Эпосто алтайдагы калмактар мекендеген жер:

Кан-Тоосунун оюнда,
Санар талаа боюнда,
Алтай деген эл бар деп,
Алты зубун калмактын
Жердеп турган жер бар дейт (Сагымбай Орозбаков, 1.
165).

САНАРБҮБҮ — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп барышындагы ат чаап, жар тандоодо аты отуз экинчи келген Бөгөл тагдырына буюрган С-га үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 423). **САНДАЛ-БУЛАК** — топоним. Ак куу кебин кийип, Семетейди издеп учуп чыккан Айчүрөк Кызыл-Кыяны жердеген Кырымдын уулу Мурадылды С.-Б-ка ууга чыккан жеринен көрүп, сынап өтөт (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 363). **САНЖЫБЕК**, Сынжыбек, Сынчыбек — каарман. Манаска талапташ белгилүү кандардын бири. Эпосто бирде Самаркандын, бирде Кокондун, көпчүлүк учурда Анжыяндын каны делип, жалпысынан алганда өзүбек элинин каны катары сүрөттөлөт. Көпчүлүк эпизоддордо башкалар менен катар аты аталат, Чоң казатта өзүнчө кол баштап келип, Манаска кошулган кандардын бири. Саякбай Каралаевдин вариантында Анжыяндын Сынчыбек, Самаркандын Санжыбек (Саякбай Каралаев, 2. 15, 19) делип айтыла берет.
САНИРАБИЙГА — Каныкейдин кыз кезиндеги ысмы, к. *Каныкей.*
САН-ТАШ — топоним, эпосто кыргыздар жердеген жер катары айтылат. Географиялык реалияда Кыргызстандын түндүк-чыгыш четиндеги, Каркыра менен Түп өрөөндөрүнүн ортосундагы бир аз жончо жер.



Сан-Таш (Ысык-Көл өрөөнү).

Аты ага жакын жаткан үймөк таштарга байланыштуу пайда болгон. Аларга удаа капчыгайда 10— 12-кылымдарга таандык шаар чалдыбары бар.
САҢКЕРИК — Макел дөөнүн минген унаасы: «Саңкерик деген мингени, Алда канча дайраны Арыкта суудай билбеди» (Сагымбай Орозбаков, 4. 230), — деп эпосто эпсиз зор жаныбар катары сүрөттөлөт, к. *Керик.*

www.bizdin.kg

САПАРБАЕВ Асанкан (1940, Кочкор району, Ак-Чий айылы) — «Манас» изилдөөчү, филология илимдеринин кандидаты (1975). КМУну бүтүргөн (1969). 1969—71-ж. Ак-Талаа районунда мугалим. 1971 — 74-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин аспиранты. 1974-жылдан Кыргыз мамлекеттик университетте окутуучу, «Манас» эпосундагы метафоралар» деген темада кандидаттык диссертация (1975) жактаган. «Манас» эпосунун лексика маселелерине байланыштуу макалалардын автору.

САПАРБЕК Касмамбет уулу (1934, азыркы Ысык-Көл району, Корумду айылы) — семетейчи. С-тен «Семетей» эпосунун «Кырк чоронун өлүмү» эпизоду (1600 сап ыр) жазылып алынган. Андан жазылып алынган бул эпизоддун кыскача сюжети төмөнкүчө. Атадан жаш калган Семетей Букардагы таятасынын колунда чоңоюп, жери Талас, атасы Манас экендигин энеси Каныкейден угуп, эл-жерине учурашып келүү үчүн Каракандын Актулпарын минип, Таласка аттанат. Семетейдин Таласка келе жатканын уккан кырк чоронун башчысы Кадыржан:

Энесине ок атып,
Баласына жагынсак,
Кырка байлап сойбойбу.
Укпайт какшап жалынсак,
Ашуу Музарт басабыз,
Суусамырды ашабыз.
Кырк чоро алсаң тилимди,
«Сагарт» калмак тагам бар,
Ысык-Көл жердин башында
Так ошону көздөй качабыз (Кол жазмалар фондусу, 1269инв., 44-б.), — деп кырк чорону көкүтөт. Анын тилин алган кырк чоро Кызарттын белин ашып, Ийри-Суунун төрүнө жеткенде кароол коюп, өргүп жатып калышат. Кырда турган кароол жигит Семетейдин келе жаткандыгын кабарлайт. Чоролор куралдарын колго алып, кырга чыгып келишет. Семетей кырк чорону таанып, аттан түшүп аларды көздөй басат. Кырк чоро кастык кылып, ок атып каршы чыкканда Семетей аларды кырып салат. Кыргыздан чыккан эрлерди кылымдан кылымга эстей жүрсүн деп, Семетей алардын сөөгүн коюп, кара ашы менен кыркын өткөрүп, Ортоктун жайык төрүнө кырк күмбөз салдырат (Кол жазмалар фондусу, 1269-ИНВ., 76-б.).

С. Карагулов

САРАЛА — Алмамбеттин жоого минген жана байгеге чапкан тулпары. Эпосто тулпар менен анын ээсинин ортосунда магиялык жагымдуу байланыш бар экени чагылдырылган. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Алмамбет менен С. бир күндө төрөлүп, экөө тагдырлаш болуп сүрөттөлөт. Азизкан баласына ат койдурган убакта анын жылкысынан Тору бээ С-ны тууйт. Эпосто бул жөнүндө Алмамбеттин сөзү аркылуу:

Ошол кезде Тору бээ
Сараланы тууптур,
Кунан кезде куушкан,
Курдашым тулпар Сарала,
Мени менен бир күнү
Бу да бирге туушкан (Саякбай Каралаев, 2. 106), — деп С-нын эпикалык таржымалы берилет. Ал эми Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манастын аты Аккула менен С. экөө бир энеден туулат дагы, Манас С-ны Алмамбетке тартуулайт. Манас менен Алмамбет эмчектеш бир тууган болгондой эле алардын минген аттары да тууган болушу аркылуу бул баатырлардын тагдырлаш, бири үчүн бири жаралганына басым жасалат.

www.bizdin.kg
С-ны сыпаттаганда манасчылар анын өзгөчө чарчабас-чаалыкпастыгына айрыкча көңүл бөлүшөт. С.— Алмамбеттин чыныгы жолдошу.



Б. Жумабаев. Сарала.

Саякбайда Аккуланы байгеге кошуп жиберген Манас С-ны минип Коңурбай менен сайышканы чыгат. Сагымбайда Манас Алмамбетке чалгынга каалаган атыңды минип бар десе, С-дан ажырабайм деп болбой коёт. Ал адамдык касиетке ээ болгон же сүйлөй алган ат эмес. Манасчылар эпостун жалпы духуна байланыштуу С-ны ар кандай укмуштуу касиеттер менен жабдышпайт. Болгону чаалыкпас күлүк ат катары сыпатталат да, көркөм апыртуулар аркылуу образы элестүү ачылат. Мисалы, Кичи казатта окко учкан Алмамбеттин сөөгүн аманат кылып жүктөп бергени боюнча С. нечен кыйынчылык менен Ат-Башыдагы Чеч-Дөбөгө алып келип Бакайга тапшырат. Бул С-нын образында сакталып калган магиялык касиеттин дагы бир элементи. Бирок, кээ бир баатырдык эпостордогу укмуштуу аттарга салыштырганда С. кийинки дооpлордогу кадимки эле реалдуу күлүк аттарды элестетет.

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Алмамбеттин сөөгүн койгондо анын кара ашына С. союлат:

Чеч-Дөбө жонун ойду дейт,
Азизкандын жалгызын
Чеч-Дөбөгө койду дейт.
Ошондо Сараланы сойду эми (Саякбай Каралаев, 2. 227), — деп айтылат.

Байыркы мезгилде өлгөн адам менен бирге курал-жарагын, жоого минген атын жана аялын өлтүрүп кошо көмүшкөн. Эпикалык аял каармандардын күйөөсүнүн артынан өлүшү эң байыркы мотивдердин бири. Түрк элдеринин көпчүлүгүнө белгилүү мотив «Манас» эпосунда жаңыча талкууланып, жумшартылган түрдө С-нын образына байланыштырылып берилген. Алмамбетти койгондо анын арбагына багышталып С-нын союлушу өлгөн адамды коюу жөнүндөгү байыркы мотивдин эпос чагылдырган кийинки дооpлордун үрп-адатына, каада-салтына ылайык трансформацияланган түрү болуп эсептелет.

К. Мукашева

САРАЛА — Саламаттын минген аты. Тейиш кандын тоюнда байгеге чабылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 66).

www.bizdin.kg
САРБАН — эпизоддук кейипкер, Жакыптын төөчүсү. Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт үчөө түш көрүп, эл чакырганда меймандарга союлчу төөлөрдү айдап келет (Сагымбай Орозбаков, 1. 61).

САРБАН — эпизоддук кейипкер, Саламаттын иниси. Ошпурда козу кайтарып жүрүп Манас Кортукту өлтүрүп койгондо, айлын калмактар чапмакчы болуп жатканын Жакыпка айтып келет, Жакып С-га ат которуп мингизип, канатташ жашаган айылдардагы ишеничтүү адамдарына кабарга жөнөтөт (Сагымбай Орозбаков, 1. 145 — 146).

САРГЫЛ — эпизоддук кейипкер, бий. Сатайдын атасы. Баймырзанын айылын чаап алганы эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 3. 49, 83).

САРИНЖИ Кожомберди уулу (1901, Алай өрөөнү Жыгач-Арт айылы, кийин Үч-Төбөдөгү Ак-Босого айлында жашаган — өлгөн жылы белгисиз) — манасчы, жомокчу, акын. Отуз уулдун калдай уруусунан. «Манас» эпосун кара сөз менен ыр аралаштырып айткан. С-нин айтуусунда «Манас» эпосунан: Алмамбеттин Манаска келиши, Манастын Көкчөнүн жылкысына тийгени жана Чубактын Коңурбайга кат жазып Манаска кол салдырганы эпизоддору жазылып алынган. С-нин вариантынын мазмуну түштүк манасчылардын вариантарына жакын. Алмамбет Көкчөдөн жеме угуп таарынып кеткенде, Көкчө аялы Аруукенин кеңеши боюнча Алмамбетти кайрып келүү үчүн артынан жөнөйт. Муну сезген Алмамбет күндү жайлап Көкчөнү адаштырып, өзү Манастын кошунуна келет. Манас жакшылап тосуп алып, бир нече күн той берет, эс алдырат. Бир нече ай өткөн соң, Алмамбет Манаска кайрылып: «кырк чоро зеригип бүттү, башка элге чалгын чалалы, Көкчөнүн жылкысын тийип алалы» деген ойду айтат. Манас Көкчөнү чаап алууга камынат да аттанып чыгышат. Жолдун айрылышына келгенде экиге бөлүнүшөт. Манас өзү бир айрылыш менен кетет да, экинчи жол менен кеткен чоролорду күтүп калат. Кырк чоро келбегенде издеп чыкса алар аттарын уурдатып жөө калышкан болот. Манас из кубалап эки-үч белес ашканда эки этегин кайрып кармаган бир чоң киши кетип баратканын көрөт да аны кууп жетип ким экендигин сураганда, ал кырдуу мурун Коңурбай деген мен боломун дейт. Анда Манас кырдуу мурун Коңурбай болсоң, сен менин чоролорумдун атын уурдап алыпсың, таштап кеткин дегенде, ал Манас деген сен экенсиң, сени эми аныk көрдүм дейт да эки этегин коё бергенде кырк чоронун аттары жайылып чыга келет. Мына ушундан кийин Манас Көкчөгө барып, жылкысын тийип алып, аны менен кармашып жатып жарадар болот. Ал жараттан Канykей айыктырат. Бул мотив түштүк манасчыларынын вариантарынан гана кезигет. С-нин вариантында Чубактын Манаска тарынып Коңурбайга кат жазып, Манаска кол салдырганы башка варианттардан айырмаланып турат. Чубак менен Алмамбет араздаша кеткенде, Алмамбетти коргоп Манас Чубакты булдурсун менен бир салат. Буга тарынган Чубак, Коңурбайга кат жазат. Чубактын бул жоругун атасы Акбалта жактырбастан аны үйүнө түнөтпөй кууп салат. Акырында Чубак Манаска кошулуп, кырк чоро менен кошо аттанып Коңурбайдын колун кыргынга учуратат. Коңурбай менен Кожожаш качып кутулушат. Негизинен С-нин эпизоддорунун өз алдынча өзгөчөлүктөрү бар. Ал Көкөтөйдүн ашын да кара сөз менен айткан (Кол жазмалар фондусу, 276-инв.).

К. Кырбашев

САРКАЗМ (грекче Sarkasmos — кыйноо, чымчып алгандай жанын ачытуу, кейитүү мааниде) — куйкумдуу, ачуу сөөктөн өтүп, чучукка жеткен күйдүргү шылдың сөздөр менен адамдын ачуусуна тийүү. С-да шылдың кылган нерсеге адегенде оң маани берилип, анан терс кылык-жоруктарын атайын апыртып, какшык аркылуу ашкерелегени менен айырмаланат. Мисалы, Күлчоро Айчүрөктүн кыздары менен оюн куруп, Семетейге кайрылып кабар бербей жатып алганда «Тезек терген кыз болсо Теңтуш болуп аласың, Куурай терген кыз болсо курдаш болуп аласың” —

www.bizdin.kg
деп Семетей кан кызы Айчүрөктү жана анын жөкөрлөрүн күңдөргө теңеп күйдүргү сөз менен Күлчорого ачууланат. Айчүрөк да ага жараша жооп айтат:

Чынкожо аттуу жээним бар,
Толтой аттуу эрим бар,
Жолоочуну тоскудай
Кандай менин эбим бар.

Эпосто Манастын өзүнө да жан ачыткан, ачуу чучукка жеткен, сөөйтөн өткөн сөздөр менен:

Манас, Манас деп койсо
Барбайып калат экенсиң
Үйлөп койгон чаначтай
Дардайып калат экенсиң
Эрдигиң бар, эсиң жок
Эчтеме менен ишиң жок..., — деп кээде кырк чоро да Манастын өзүн мазакташат. Бул С. ыкмасынын каражаты өзүнүн зарылдыгы, дүрмөттүүлүгү менен күчтүү.

Х. Бапаев

САРКАН — топоним. Илгери кыргыздар жайлап турган жерлердин бири (Сагымбай Орозбаков, 1. 263). Аны Балкаш көлүнүн чөлкөмүндөгү Ак-Суу дайрасынын бир тармагынын өрөөнү деп кароого болот.

САРКЕР иранча— титул, аскер башчы, кошун башчы. Эпосто да ушул мааниде жолугат: «Саркерлерин сап кылып» (Сагымбай Орозбаков, 2. 215), «Саркерделүү кан менен Түмөн аскер алалы» (Саякбай Каралаев, 1. 38).

САРПАЙЫ (иранча— баштан аякка чейин толук кийгизген кийит) — кыргыз тилинде эки мааниси бар: 1) үйлөнүү же башка тойлордо ардактуу конокторго кийгизиле турган кийим, кыздын ата-энеси куда-кудагыйына жана анын жанындагыларга кийгизе турган кийим-кечек; 2) кымбат кездеменин аты.

«Манаста» С-нын эки мааниси тең учурайт. Мисалы, Канык ей куда түшүп келген Жакыпка жана анын жандоочторуна С. жапканы төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Кан баласы Канык ей
Чорого сарпай жабам деп
Ак куржунду оодарды
Кең Кашкардан алдырган,
Арабага салдырган,
Он экиден топчу кадаган,
Мылтык огу жадаган
Ак күрөөкө торгой көс,
Жакасы алтын жеңи жес,
Алып жапты сарпайды (Радлов жазып алган вариант, 209).

САРТБАЕВА Кайыргүл (1936, Кемин району, Кара-Булак айылы) — опера ырчысы, СССР эл артисти (1980).

www.bizdin.kg



К. Сартбаева — Айчүрөк. «Айчүрөк» операсы, 1968.

С. Орто Азия менен Казакстандын вокалисттеринин 2-конкурсунун лауреаты (1966). П. И. Чайковский атындагы Москва мамлекеттик консерваторияны В. Ф. Рождественскаянын классы боюнча бүтүргөн (1962). 1963-жылдан Кыргыз опера жана балет театрында эмгектенет. Классикалык жана улуттук опералардагы негизги партияларды аткарат, алардын ичинен «Манас» операсында Каныкейдин, «Айчүрөктө» Айчүрөк, Калыйман, Келин жана башкалардын образдарын жогорку чеберчиликте аткарган.

САРЫ-АРКА — топоним. Казак каны Көкчөнүн мекендеген жери:

Сары-Арканы жайлаган,
Сан казагын айдаган
Келиштирип келмеге
Кер төбөлүн байлаган,
Кезенишкен душмандын
Кесип башын чайнаган (Сагымбай Орозбаков, 2, 127), — деп эпосто туруктуу сүрөттөлөт. Кийин Көкчөнүн уулу Үмөтай да ушул жерди мекендейт. Географиялык реалияда Борбордук Казакстандагы дөңсө-тоолуу кеңири аймак.

САРЫ АЯР, Сары кыяр аяр — эпизоддук кейипкер. Орго кандын аяры. Орго кан жеңилгенде Чүйдөгү Акунбешимге качып келип, Манас баатырдын айбат-сүрү жөнүндө айтып, кыргыз кошуну жеңиле турган жоо эмес экенин кабарлайт (Сагымбай Орозбаков, 2. 96, 99).

САРЫБАЙ, Сарыбай дөө — каарман, «Сейтектеги» белгилүү терс образ. С. катышкан окуялар Саякбай Карала уулунун вариантында кеңири баяндалат. «Сейтекте» С-дын образы баатырдык багытталышы эң жогорку бийиктикке чыгарып, чыгарманын бүткүл идеялык-көркөмдүк негизин жыйынтыктайт (К. Асаналиев).

Сарыбайдын портреттик мүнөздөмөсү (алп уйкусу, ага эч кимдин алы жетпестиги, денесине курал өтпөстүгү жана башкалар) образдын нукура мифтик-жомоктук белгилерин айгинелейт. Ал Желмогуздун уулу, жашаган жери да жетээр-жетпес, Жет-кайт деген фантастикалуу чөлкөм. Анын ата-тегинен бери келаткан максаты Манастын тукумун курутуу. Атасы Желмогуз делгени менен эпосто Жезкемпир, жети баштуу желмогуз, ажыдаар өңдүү алгачкы баатырдык эпостордун терс каармандары сыяктуу иш-аракеттери жөнүндө айтылбайт. Болгону С-дын образына көөнө касиет берип турат. Эпосто анын кебетеси төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

www.bizdin.kg

Сакалы саадак кабындай,
Эки көзү капырдын
Талаалуу өрттүн жалындай,
Көркөмү кымбат, заары күч,
Көрсөң түрү момундай,
Желмогуздан туулган,
Ааламга салган чуулган.

Ал кезегинде Чубактын Көгала тулпарын тартып алам деп да далай убара салган. Кыскасы кыргыздар менен С-дын ортосундагы чатактын негизи тереңде. С-дын өтө коркунучтуу жоо экенин далилдеш үчүн Саякбай Карала уулу аны Семетей, Сейтек, Күлчоро менен беттештирет. С. Семетей кайыптан жаңы гана бошонуп келсе, Күлчоро жаратынан айыкканы менен кадимки күч-кубатына али жете элек эле, ал эми Сейтек болсо жаш. Мына ушундай шартта Айчүрөк ак куу кейпин кийинип досу баатыр кыз Куялыга кайрылууга аргасыз болот. С-дын жортуулдап келиши эпосто «эл башына түшө турган калың шор, курчап када турган темир тор, казылган терең ор» катары баяндалып, аны «чөмөлө чөптөй» сайып түшүргөн Куялынын алптык образы аркылуу ар кандай баскынчылыктан жогору турган элдик асыл идеалдын элеси берилген.

Л. Жайнакова

САРЫ-БЕЛ — топоним. Валиханов жазып алган эпизоддо калмак каны Жолой мекендеген жерлердин бири. С.-Б-де Жолойдун кызы кызыл түлкү болуп кубулуп кыргыз баатырын жазгырып кеткени айтылат.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында Чоң чабуулда «Көтөлөктүн Сары-Бел» деп эскерилет. Бул бел (К. С.— Б) өтө алыс, Чинге (байыркы Кытай) жакын тоолордун биринде ги ашуу окшойт.

САРЫБУУРУЛ — Керкөкүл, Аксаргыл — Тейиш кандын тоюнда Сайкалдын Манас менен сайышканда минип чыккан аты. Сайкал Манасты эңип кетеринде Чубак жете келип С-ду башка чаап үркүтүп, Манасты жөлөп калат. Кайра сайышууга Сайкал чыкпай койгондо, Карачанын сунушу боюнча С-ду Манаска тартуу кылышат. Манас атты Карачага кайрып берет.

САРЫ-ДӨӨ — эпизоддук кейипкер. Сакалат уруусунун башчысы. Көкөтөйдүн ашына алты миң адам менен келгени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3. 107).

САРЫ-ЖАЗ — топоним. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта Коңурбай баштаган кытайлар Аккуланын алдын тороп, жыгыш үчүн өлчөгөн жер (Сагымбай Орозбаков, 3. 269). Географиялык реалияда С.-Ж. Казакстандын түштүк-чыгыш бурчундагы (Алматы облусу, Кеген дарыясынын чөлкөмү) жайык өрөөн. Көкөтөйдүн ашынын чордону Каркырага жакын (аралыгы 40—50 чакырым) жер.

САРЫК — *Алымсарыктын* ысымынын ырдын ыргагына ылайык кыскартылып айтылганы (Сагымбай Орозбаков, 3. 244).

САРЫКАН — *Сарытаздын* Таласка келип, Семетей кан көтөргөндөн кийинки аты.

САРЫКОВ Жакшылык, к. *Жакшылык* Сарык уулу.

САРЫ-КОЛ, Саркол— топоним. Манас төрөлгөндөгү тойго С.-К-догу кыпчактар чакырылат. С.-К-ду Манастын чоң атасы Ногой, кийин Шыгайдын уулу Жапак да жайлаган. Көкөтөйдү койгондо С.-К-ду ашып жедигер уруусунун мыктысы Багыш да эки жарым миң колу менен келет (Сагымбай Орозбаков, 3. 53). Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Нойгут эли жайлаган жер деп сүрөттөлөт. Кыргыздар Манасты кан көтөрүп, Алтайдан Таласка көчкөндө Акбалта:

Ардактуу Сары-Кол жерим бар,
Абийирдүү нойгут элим бар,
Биздин нойгут эл-журтта,
Кара эгинден күрүч көп,
Калайынан күмүш көп.

www.bizdin.kg

Боз коёндон түлкү көп,
Босого жайган мүлкү көп (Саякбай Каралаев, 1. 170, 174), — деп өз эл-жерине кетүүнү суранат. Географиялык реалияда Тажикстан менен Кытайдын (Сары-Кол менен Опол (Музтаг-Ата) тоолорунун) ортосундагы кеңири өрөөн.

САРЫ-КЫЯ — топоним. Алмамбет Сыргакты ээрчитип Бээжинге чалгынга баратып «Түйүндүн Сары-Кыяда, Аз аяңдап токтогон» (Сагымбай Орозбаков, 4. 200) жер.

САРЫ-НОГОЙ — этноним. Эпосто ногойлор менен катар Кара ногой (к. *Кара ногой)* жана С.-Н өзүнчө ногой сыяктуу этноним катары «Кара ногой Жамгырчы, Сары ногой Эр Манас» (Радлов жазып алган вариант,7), — деп берилет. Кара ногой жана С.-Н же болбосо Ак ногой деп бөлүнүшү тарыхый чындык (к. *Ногой).*

САРЫ-ӨЗӨН, Сары-Өзөн-Ата— топоним. Манас баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келатканда жети күн өрүү болуп конгон жер.

Сары-Өзөн-Ата дээр экен,
Кең Иленин жээги экен,
Аккан суунун боюна,
Чогула журт конду дейт. (Саякбай Каралаев, 1. 167).

САРЫПБЕКОВ Райкул (1941, Кочкор району, Чоң-Алыш айылы) — «Манас» изилдөөчү, жыйноочу, түзүүчү. 1964-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. 1966-жылдан Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун илимий кызматкери. Ал «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» (1977), «Манас эпосунун баатырдык мотивдеринин эволюциясы» (1988), монографиялардын, «Манас» эпосунун ар түрдүү проблемаларына арналган отуздай макаланын автору. «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» (Фр., 1988) деген коллективдүү эмгекте манасчылар Тыныбек Жапый уулу, Саякбай Карала уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Багыш Сазан уулу, Ыбырайым Абдыракман уулу, Дуңкана Кочуке уулунун чыгармачылык портреттерин жазган. Мамбет, Дуңкана, Сейдана жана башкалар манасчылардын өз оозунан «Манас» эпосунан эпизоддорду жазып алган. Сагымбай Орозбаковдун варианты жана Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Манас» үчилтигинин жергиликтүү жана борбордук басмалардан жарыкка чыккан басылыштарын түзүүгө катышкан, алардын айрымдарына баш сөз жазган. Кыргыз совет адабиятын изилдөөгө арналган 70тен ашык макалалардын жана «Мезгил жаңырыгы» китебинин автору.

С. Карагулов

САРЫ-СУУ, Күрпүлдөктүн Сары-Суу — топоним. Бокмурун атасы Көкөтөйдүн ашына Коңурбайды чакыртып жаш Айдарды жөнөткөндө «Сары-Суу» деп «Күрпүлдөктүн Сары-Суу» (Саякбай Каралаев, 2.19) эскерилет. Кытайлар аны Хуанхэ, монголдор Шар мөрөн, кыргыздар «Сары-Суу« деп аташкан. Баарынын маңызы бир: ылайланып аккан чоң сары өзөн. Кытайда.

САРЫТАЗ, Сарыкан — каарман. «Семетейдеги» салттык туруктуу образ. Адатта бөтөн эл, бөтөн жерде өсүп, чоңойгон болочок баатырдын көзүн ачып, эли-жерин билгизе турган атайын эпикалык каарман болот. Семетейге ата-теги менен эли-жерин билдирүү үчүн жаратылган салттык образ бардык варианттарда бар. Ырас, анын ысымы түпкү теги ар кандай варианттарда ар башка айтылат. Саякбай Карала уулунун Каныкейдин атасы Темиркандын бир тууганы, Тоголок Молдодо Байдын уулу Баймырза калыңга кошуп берген кул. Ыбырайым Абдыракман уулунда Каныкей Семетейди алып төркүнүнө качып кеткенде караан тутуп, Каныкейди ээрчип келген Манастын тууганы. Шапак Рысменде уулунда перилер жашаган Көйкаптын жанындагы Көрсөткөн деген шаардын Турумкан аттуу

www.bizdin.kg
канынан бийлик, байлык үчүн куулуп-сүрүлүп жүргөн С. Бакайдын тапшырмасы менен Семетейге ата-тегинин кабарын айтуу үчүн барат.



В. Г. Рогачев. Семетейдин Сарытазга жолукканы.

Эпосто бул каармандын көмүрчү таз жана башкалар азап тарткан бир байкуш катары берилиши, анын болочок баатыр менен эмгекчи элди байланыштыра турган данакер боло тургандыгы. Ал кандай да болбосун өз милдетин аткарууга тийиш. Көп элдердин эпостук чыгармаларында баатырга арка-жөлөк боло турган баатыр адамдын таз кебетесинде жүргөн образы көп кездешет. Жалпы эле таздар оң каарман, бирде чыныгы таз деп берилсе, бирде убактылуу таз кейпинде жашырынып жүргөн болот. «Семетейдеги» С. да көмүр өчүргүч таз болуп Семетейдин чоңоюшун күтүп жүрөт. Ал Семетей менен Таласка кошо келип, Семетейдин душмандарынан өч алып атасынын ордун басышына көмөк көрсөтөт. Семетей аны кан көтөрөт. Ошондон баштап С. эмес, Сарыкан, Сары дөө атка конот. Аны Семетей өзү да Сары аба деп ардактайт. С. «Семетейдеги» патриархалдык-феодалдык мамилелерди алып жүргөн каармандардын бири. Анын образына байланышкан окуялардын салттуулугу анын образынын байыркылыгын белгилейт. Ошондой эле С-дын жалгыз көзүндөгү калына ок тийгенде гана өлүшү элдик оозеки чыгармалардагы жандын башка жерде сакталышы мотивинин өзгөргөн түрү болуп эсептелет жана С-дын образынын көөнө образ экенин аныктап турат.

А. Жайнакова

САРЫ-ТАЛАА — топоним. Канykей Тайторуну Семетейге төлгө катары чабуу үчүн «Кең Букардын Сары-Талаасында» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 79) таптайт. С.-Т. илгерки Букаранын тегерегиндеги ээн жер болушу мүмкүн. **САРЫ-ТОЛОГОЙ** — топоним. Эпосто Көкөтөйдүн ашында чабылган аттарды тоскон жерлердин аттары менен кошо эскерилет:

Аяк аттын байгесин,
Ала турган пайдасын,
Кызыл-Кыя белине,
Тологойдун жерине,
Сан кой солоп салыптыр:
Акыр заман журтуна
Аты Сары-Тологой
Атак болуп калыптыр (Сагымбай Орозбаков, 3. 272), — Ысык-Көлдөн түндүк-чыгышта, Түп суусунун өрөөнүндө С.-Т. аттуу жер жана өзөн бар.

САРЫ-УЧУК — топоним. Манастын Текес кан менен болгон урушунда Бакай кароолго баратып өткөн жер.

Сары-Учуктан айланып,
Кутусун тыгып койнуна,
Саадагын асып мойнуна,
Аңдап тургун Бакайдын
Азыр кылар ойнуна (Сагымбай Орозбаков, 2. 41).

САТАЙ — кейипкер, Саргыл бийдин уулу. Кырк чоронун бири катары саналат. Манас Канykейге күйөөлөп барганда чоролордун арасында болот. Көкөтөйдүн

www.bizdin.kg
сөөгүн койгондо да келет. Көкөтөйдүн ашында жамбы атууга катышат (Сагымбай Орозбаков, 2. 419, 3. 49, 175).

САТИРА (грекче satira — аралашма) — комедиялуулуктун, коомдук турмуштун кемчиликтерин, адамдардын терс жорук-жосунун күлкү менен мыскылдаган, келекелеген түрү. С. адегенде элдик «күлкү» түрүндө пайда болуп, бара-бара искусствонун башка түрлөрүнө (адабият, театр, сүрөт өнөрү жана башкалар) да өткөн. Бүтүндөй чыгарма же чыгармадагы айрым образдар кырдаал, эпизоддор С-лык мүнөзгө ээ болот. «Манас» эпосунда да С-нын элементтери арбын учурайт. Эпосто эл турмушунун ар кандай күлкүлүү учурлары, кырдаалдары сүрөттөлүп, эпостун ыр саптарынан С. менен юморду, сарказм менен иронияны жолуктурууга болот. Эпосто ар бир окуяда күлкүлүү көрүнүштөр, каармандардын кебете-кешпирлеринин С-лык маанайдагы сүрөттөлүштөрү бар. Баатырлар башынан кечирген оор сыноолор, коогалуу окуялар С-лык сүрөттөөлөр, күлкүлүү окуялар, көрүнүштөр менен эриш-аркак баяндалат, же окуя күлкүлүү аяктайт жана башкалар Мисалы, Чоң казатка аттанган жоокерлердин ичинен узак жол жүрүүдө чарчап кыйналган Кыргылчалдын абалы баштан-аяк С-лык планда сүрөттөлөт. Тоодой болгон Манасты унутуп коюп, өлүп кала жаздаган Тазбайматтын жоругуна бүт кыргыз колу күлөт.

Эпосто каармандардын, айрыкча терс кейипкерлердин кебете-кешпирлери, терс кыял-жоруктары гипербола, гротеск аркылуу С-лык мыскылга алынат. Мисалы, Сагымбай Орозбак уулунун вариантында Ороңгунун кебетеси (Ороңгу келет ороңдоп, арасынан чачынын отуз-кырк чычкан сороңдоп), Жолойдун кемегенин кашында очоюп отуруп, быша элек этти шишке сайып жеген опкоктугу, адепсиздиги. Эпостун «Манас» бөлүмүнө караганда «Семетей», «Сейтекте» С-лык көрүнүштөр, сүрөттөөлөр сейрегирээк учурайт. Эпостун бул бөлүмдөрүндө чагылдырылган окуялардын, ал окуялар болуп өткөн мезгилдин мүнөзүнө байланыштуу, «Манаста» жеңилбес Манас баатыр баштаган кыргыз элинин бекем баш кошуп, бакыбат турмушта, басташкан душманын кыйратып турган мезгили сүрөттөлсө, кийинки бөлүмдөрдө Абыке, Көбөш, Толтой, Чынкожо, Канчоро, Кыяс өңдүү чыккынчылардын эл биримдигин ыдыратып, эл башына азап-тозок алып келгени баяндалат. Ушунун натыйжасында бул бөлүмдөрүндө трагедиялуулук, драматизм күч алып, комедиялуулук, С-лык маанай басаңдайт. Бирок, М. Борбугулов белгилегендей жашоодо ый менен күлкү эриш-аркак жүргөндөй эле бул бөлүмдөрдө да С-лык сүрөттөөлөр, күлкүлүү көрүнүштөр бир топ учурайт. Мисалы, Айчүрөктүн Семетейди издеп келип, Акшумкарын ала качып кеткендеги эпизоддо «Эрке катын Чачыкейдин» осол жорук-жосундары, «Сейтекте» Желмогуз уулу Сарыбайдын кебете-кешпиринин сүрөттөлүшү жана башкалар.

Х. Бапаев

САХНА ЖАСАЛГАЛАРЫ. Эпикалык ири көрүнүштөрдү эпостун негизинде коюлган драма, опера жана балет спектаклдериндеги театр жасалгалары аркылуу көрсөтүүгө болот. Кыргыз элинде театр жасалгалоо салты болбогондугуна байланыштуу «Манас» темасына жана башкалар эпосторго кайрылышкан сүрөтчү-коюучулар тарыхый, этнографиялык, фольклордук жана башкалар материалдарды талдап чыгышып, аны костюмдарды, бутафорияларды, программаларды, буклеттерди жана афишаларды жасоодо пайдаланышкан. Биринчи болуп эпос темасына Б. ВласОв, В. Ференин, А. Малдыбаевдин «Айчүрөк» операсынын театрдык жасалгасынын эскиздерин түзүүгө байланыштуу 1939-ж. Я. Штоффер кайрылган. Ал Талас өрөөнүндө болуп, материал топтоп келген. Бул спектаклдин жасалгасында романтикалык маанай Семетей менен Айчүрөк жөнүндө баяндалып, реалисттик негиз менен айкалыштырылган. Жарык динамикасынын принциби да ийгиликтүү колдонулган. Спектаклдеги окуянын ишенимдүү чыгышы үчүн сүрөтчү предметтерди жана жаныбарларды (ат, куш,

www.bizdin.kg
бүркүт жана башкалар) да пайдаланган. Согуш жылдарында Я. Штоффер «Айчүрөк» операсынын 250-жолу коюлушуна карата афиша жасаган.
1946-ж. В. Власов, В. Фере, А. Малдыбаевдин «Манас» операсын сүрөтчү-коюучу А. Арефьев монументтик-жалпыланган мүнөздө жасалгалаган. 1959—65-ж. А. Арефьев жасалгалаган спектаклдердин үчилтиги улуттук фольклордун түрдүү кырларын ачып көрсөткөн: «Айчүрөк», «Манас» операларынын (жаңыланган сахна жасалгасы). Эгерде «Айчүрөктө» эпикалык көрүнүш лиризмге сугарылса, «Маната» баатырдык мотив чагылдырылган. Спектаклдердин монументтүүлүгүн кыргыз оймо-чиймелери менен кооздолгон портал жана согуштук көрүнүш тартылган көшөгө көрсөтүп турат.



А. Арефьев. «Манас» операсынын сахна жасалгасы.

«Айчүрөк» операсынын сахна жасалгасы көп вариантта болушу спектаклдерди Кыргызстандын бардык булуң-бурчтарында коюуга мүмкүнчүлүк түзгөн. Ар кайсы жылдарда сүрөтчүлөр Арефьев А., М. Сыдыкбаев, М. Исхаков, М. Бондаренко, Ю. Нурматов жана башкалар эпоско. арналган театр плакаттардын өз варианттарын түзүүнүн үстүндө эмгектенишкен. Кыргыз драма театрында коюлган «Манастын уулу Семетей» (1982), «Сейтек» (1988), «Айкөл Манас» (1990) спектаклдери режиссёрдук изденүүнүн, актёрдук топтордун чеберчилигинин жана сахна жасалгасынын каражаттарынын туундусу.
«Манастын уулу Семетей» спектаклинин жасалгасындагы чеп борбору — ордонун образы (сүрөтчү М. Сыдыкбаев) өз өнүгүшүн «Сейтек» спектаклинде (сүрөтчү М. Исхаков) боз үйдүн ички көрүнүшү тартылган театралдык атмосферада улантат. «Айкөл Манас» спектаклинин сахна жасалгасынын чечилиши (сүрөтчүлөрү М. Сыдыкбаев, М. Исхаков) «Боз үй — бүт өмүр», андагы түндүк — өмүрдүн башталышы жана бүтүшү, эгерде түндүк куласа өмүрдүн бүтүшү деген метафорага негизделген.

А. Ярков



www.bizdin.kg

Я. **3. Штоффер. «Манас» операсына декорациялык эскиз. 1946.**

САШАҢ — топоним. Он жети жашында ата-энесинен айрылган Жакып калмактардан куугун жеп, С-дын боюндагы Бөйөндүн уулу Чаянга барып баш калкалайт.

САЯКБАЙ Карала уулу (1894, Тоң району, Ак-Өлөң айылы—1971, Фрунзе) — 20-кылымдагы улуу манасчы, Кыргыз ССРинин эл артисти (1939). Болочок манасчынын аталары кедей-кембагал, момун адамдар болгон. Оокаттары өтпөгөндөн кийин Ак-Өлөңдөн Жети-Өгүз тарапка көчүп барышат. Анын балалык чагы ушул жерде өтөт. Ата-энесинин мойнуна минген кедейчилик бул жерде деле түшө койбойт. Атасы Жыкы деген сүткөр соодагердин атынын күчүн минип жүрүп өлтүрүп алат да төрт асый төлөмөр болот. Анын үчөөн айылдаш туугандарынын жардамы менен төлөйт да, бир асыйдын кунун төлөш үчүн иниси Төлөбай менен 12 жашар баласы Саякбайды ал сүткорго жалчылыкка берет. Алар үч жыл бою иштешсе да аттын кунунан кутула алышпайт. Айлалары кеткен Караланын үй-бүлөсү 1912-жылдары кайра өз жерине Семиз-Белге көчүп келишет. Замандаш айылдаштарынын эскерүүлөрүндө С-дын «Манас» айтууга аракет кыла баштоосу ушул жылдарга туура келет. Бүлөсү Семиз-Белге көчүп кеткенден кийин жалчылыкта кой кайтарып жүрүп «Манас» айтууну дегдеп талаптанып, Чоң-Сары-Ойго эжелерине качып барат. Андан Семиз-Белге келип эл астында айтууга далалаттанып, бирок эркин кете албай туталанып, психологиялык түйшөлүү абалында жүрөт. Саякбайдын талантынын эртелеп ойгонушуна чоң энеси Дакиш түрткү болгон. Ал киши элдик оозеки чыгармачылыктын, анын ичинде «Манастын» бал-шекер даамын кичинекей небересине таткандырып алтын шилекейин чачыратып олтурчу экен.



Т. Садыков. Саякбай Карала уулу. «Манас» архитектуралык-скульптуралык композициясынан, 1981.

Беренжини жамынып
Береги Бээжин минер мал экен.
Карыпчыны салынып
Каңгай минер мал экен,
Дегениме көн бурут,
Мааникерди бербесең
Тарткан этиң жебеймин,
Андай-мындай дебеймин,
Ашыңа апаат кыламын,
Айдап жүрүп кырамын, — деп Суранчы сыяктуу чоң манасчылардан уккан «Манасынын» эсте калган ыр саптарын небересинин

www.bizdin.kg
кулагына куя берет. С. «Манастын» кара сөз түрүндө баяндалган сюжетин да ошол чоң энесинен уккан.

Эл көзүнө манасчы катары толук таанылганга чейин:

Маралдай көзүң жылтылдап,
Пахтадай этиң былкылдап,
Бараанаңды көргөндө
Барамын жүрөк зырпылдап — деген сыяктуу элдик күйгөн ырлардын үлгүлөрүндөгү лирикаларды чыгарып эл арасына таратууга аракеттенген.

Бизге белгилүү манасчылардын эч кими мен «Манасты» баланчадан үйрөнүп алып айтып жүрөм дебейт. В. В. Радловго жолуккан манасчы: «Мен бир ырымды бирөөлөрдөн үйрөнүп айтпайм. Анын баары менин ичимден өзүнөн-өзү куюлуп чыгып турат» дегендей жоопту дээрлик баарынан угууга болот. Чындыгында алардын минтип айтышка толук укугу бар. «Манасты» айтууда алар жеке эле үйрөнүп айтпастан, ошону менен бирге өзүнүн талантына да милдеттүү. Ошол ички зор таланты көркөмдүк жагынан, көлөмү жагынан да, дүйнөдө теңдеши жок алп эпос «Манастын» эл ичинде мурунтан калыптанган зор казынасын өзүнчө толук өздөштүрүп айтууга мүмкүнчүлүк ачат. Ички таланттын элдик казына менен акырындап жуурулушуп олтуруп өзүнүн апогейине жетип атылып чыгышы, өзүндө мурун болбогондой мүмкүнчүлүктөрдүн ачылышы таланттын ээсинин өзүнө да кереметтей туюлуп ичинен кандайдыр бир күч түрткү берип жаткандай өзүн эркин сездирет. Бул ишеним көбүнчө түш көрүү, галлюцинациялык абалда болуу менен Манастын өзүнүн колдоосу, даарышы менен байланыштырылат. Жеке биздин манасчылар эмес Гомердин заманынан бери карай төгөрөктүн төрт бурчундагы элдик таланттар акындык, музыканттык шыктарынын ойгонушун даарып кетүү менен түшүндүрүп жүрүшү адаттагы көрүнүш.

Саякбай Карала уулу да өзүнүн манасчылык талантынын ачылышын түш көрүү менен байланыштырган. 1916-жылдары жашаган жери Семиз-Белден Орто-Токойго келе жатып баштагы чоң кара таштын ордуна ак боз үй тигилип турганын көрүп таң калып, асмандан угулган кандайдыр укмуштуу добуштан эси ооп жатып калат. Ошондо үйгө кирип Каныкейдин колунан даам татат. Үйдөн чыкканда:

Кылымдын баары козголуп,
Кырк — элүү түмөн кол болуп,
Түнөрүп жаткан Бээжинге
Түз кирип найза сунганы — кетип бараттык эле, казат болуп, кол кетип баратканда анын алдынан кезиккениң абдан жакшы болду. Караңгыда көз тапкан, капияда сөз тапкан Бакай деген менмин, Манас баатыр сага бере өт деген күлазыгын берейин. Оозуңду ач дейт. Анан Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргактарды бир бирден сыпаттап айтып таныштырып чыгат. Ошол окуядан көп өтпөстөн 1916-ж. элдик көтөрүлүш чыгып, анын трагедиялуу аякташынын каардуу капшабы Саякбай Карала уулунун бүлөсүнө да тиет. Үркөн эл менен кошо алар да Кашкар тарапка качып жөнөшөт, бирок унаалары начар болгондуктан узак бара алышпай Сары-Жаздын Көөлүсүндө калышат. Саякбай ошол кезде Бычков деген актардын генералынын колуна түшүп аз жерден гана өлүмдөн кутулат. 1918-ж. кулакта малай болуп жүргөн жеринен Шихабутдинов деген большевик жетекчилик кылган Кызыл Армиянын бөлүгүнө кошулуп Совет бийлигинин душмандарына каршы аттанып чыгат. 1921-жылга чейин ыктыярдуу кызыл гвардиячылардын катарында актардын атамандары Аненков, Дутовго, Бухаранын эмирине жана башкалар каршы күрөшүп Алматы, Бухара, Ашхабад,

www.bizdin.kg
Жаркент жана башкалар көп жерлерде болуп душмандарды сүрүп чыгарышат. С. Кызыл Армиянын катарында жүргөнүндө «Манаска» кызыгуусун уланткан.
1921—31-ж. элине кайтып келип Совет бийлигинин чыңалышына активдүү катышып, Маман, Ырдык айылдык Советтерине төрөгалык милдет аткарат. Ушул жылдардан баштап анын манасчылык өнөрү өнүгүүгө бет алат. Эл алдында тынымсыз чыгып «Манас» айтат. Айрыкча, өз мезгилинде Көл айланасындагы манасчылардын эң таланттуусу эсептелген Чоюке Өмүр уулу менен 1924-ж. таанышышы анын чыгармачылыгына зор таасир тийгизет. Чоюкени ээрчип жүрүп айткан «Манасын» үйрөнүү аны нагыз манасчылык деңгээлге көтөрөт.
С. бул жылдары экинчи бир манасчы Акылбекке да жолугуп андан да таалим-тарбия алат. 1930-ж. Фрунзе шаарына манасчы катары чакырылып, коомчулук тарабынан таланты жогору бааланат. Анын Фрунзе шаарына келип коомчулук менен таанышышына жазуучу Жекшен Ашуубаев, белгилүү илимпоз Хусейин Карасаевдер көмөкчү болот. Ал «Манасты» эл алдында толук түрүндө 1925жылдан тартып айта баштаган, 1935 — 54-ж. филармонияда артист болуп иштеп, негизги репертуарын «Манас» айтуу түзгөн.
1932-жылдан баштап белгилүү манасчы катары «Манастын» тексти жазылып, 1937-ж. үчилтиктин биринчи бөлүмү жазылып бүтөт.
Тексттин көпчүлүк бөлүгүн кыргыз фольклорун, айрыкча «Манасты» көп жылдар бою элден жыйнооого катышып, зор эмгек сиңирген Ыбырайым Абдыракман уулу кагаз бетине түшүргөн. Андан башка да жазуу ишине К. Жумабаев, Ж. Рисов, К. Кыдырбаевалар катышкан. С-дан жазылып алынган «Манас» бөлүгүнүн тексти 83830 ыр сапты түзөт. Мындан башка да «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрү, алардын уландысы катары Кенендин, анын уулдары Алымсарык, Кулансарыктын окуялары да толук жазылып алынган. С-дан жазылып алынган «Манастын» текстинин бардыгы 500553 сап ырдан турат да, колдо бар варианттардын эң көлөмдүүсү болуп эсептелет. Б. а. «Манас» дүйнөдөгү белгилүү эпостордон эң көлөмдүүсү болсо, С-дын варианты ошол «Манастын» эң көлөмдүүсү болуп саналат. С-дын айтуусунда «Манас» эпосу 60-жылдардын ичинде бир нече жолу магнитофон плёнкасына жазылып алынган. «Манас» аткарып жаткан учурлары бир нече сапар киного тартылган. Бул уникалдуу материалдардын «Манасты» изилдөөчү кийинки муундар үчүн мааниси зор. Бул жөнүндө Б. М. Юнусалиев мындай деп белгилеген эле: «Сакемден башка эч бир манасчыдан эпостун үч бөлүгү толук жазылып алынган эмес. Ошондуктан, ал вариант — уникалдык, жападан жалгыз вариант. Муну Саякбай карыянын өз элине, бүткүл адамзатка калтырган баа жеткис чоң тартуусу деп билиш керек» (Юнусалиев Б. М. Улуу эпос, * укмуштуу жомокчу. «Ала-Тоо», 1967, № 1, 153-б.). С. Карала уулунан жазылып алынган «Манастын» жеке кыргыз адабиятында эмес, жалпы эле адамзат маданияты үчүн зор мааниси бар экенин кыргыз окумуштууларынан башка, калыс пикирдеги изилдөөчүлөр да белгилешкен.
«Бир калктын нечен кылымдар бою башынан кечирген турмушун, эрдик салтын, арманы менен муңун, патриоттук улуу идеясын, ынаным-ишенимин, этикалык түшүнүгүн толук камтыган жарым миллион жол элдик ырдын чыныгы мурасчысы болгон, совет дооруна, биздерге жеткирген жомокчу — Саякбай Каралаевге таң калбаска да, ага чын жүрөктөн алкыш айтып, аны чын көңүлдөн термеле сүйлөбөскө да мүмкүн эмес, «Колдо бар алтындын баркы жок» деген эл сөзүнүн мааниси зор. Саякбай дүйнө жүзүндө бир гана адам. Эч жер, эч элде жарым миллион жолдон турган 30 томдук асыл казнаны жатка айта турган экинчи Саякбай жок. Ал — феномен. Ал эзелки Гомерден берки эл ырчысынын тирүү айгагы, эң улуу өкүлү. Саякбай кыргыз элинин таланттуулугунун айкын далили», — дейт Казак ССРинин Илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү Кажым Жумалиев (Жумалиев К. «Манас» менен манасчы. — «Советтик

www.bizdin.kg
Кыргызстан», 26-июль, 1964). С. Карала уулу менен, анын «Манасы» менен таанышкан белгилүү адамдар манасчынын укмуштуу талантына суктанып, буга окшогон бааларын ар дайым бере келишкен. Алардын ичинде чет элдик ири маданий ишмерлер да болушкан. Алар С. Карала уулунун талантын жеке анын өзүнө таандык кылбастан, кыргыз элинин улуттук сыймыгы, жалпы элдик ири көрүнүш катары карашкан. Алжирдин маданият министри, жазуучу Мурад Бурбунун: «Силер жазуу адабиятыбыз болгон эмес, китептеribиз болгон эмес дейсиңер, мынакей силердин улуттук китепканаңар ушул абышка» деген пикири буга типтүү мисалдардын бири боло алат. Ч. Айтматовдун «Каралаев жөнүндө ой жүгүртүү» («Советтик Кыргызстан», 11-май, 1971) деген макаласында. Муну меймандын сыпайкерчилик үчүн, көтөрө чалган пикири катары карооо болбойт. Ушундай ойлор олуттуу илимий изилдөөлөрдө да мурдатан айтылып келген. Мисалы, академик Б. М. Юнусалиев жалпы эле «Манас» эпосуна карата: «Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман-китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген» (Юнусалиев Б. М. Кириш сөз. Курама вариант, 1. 1), — деп жазган. Бул пикир «Манас» эпосунун эң көрүнүктүү аткаруучуларынын бири С-дын вариантына да тиешелүү. Бир караганда С. кыргыз элинин улуттук китепканасынын гана эмес, улуттук театрынын да милдетин аткарганга окшошуп кетчү. Угуучуну бирде кубантып, бирде ыйлатып, өзүнүн артынан термелтип отурган анын «Манасчынын» күчүнүн бир чети аткаруучулук чеберчилигинде болгон. С. Каралаевдин «Манас» айтканын уккандар: «Маңдайыбызда анын өзү эмес эле, ал айтып жаткан жомоктогу каармандар тургансыйт», — дешчү. «Симфониялык оркестр сыяктанып, миң кубулуп, миң өзгөрүлүп, трагедиядан лирикага өтүп, лирикадан санатка өтүп, санаттан драмага өтүп, бир заматтын ортосунда бирде ыйлап, бирде күлүп, бирде үшкүрүп, бирде кайраттанып, бирде кылкылдаган сан колдой дүбүрттөп, бирде тыптынч көлдөй тынып, бирде суу, бирде шамал болуп дайрадай ташып турган — Саякбай Каралаевди Ч. Айтматов акын гана эмес ал ошону менен артист да, композитор да. Анын ар түркүн пластикасы, кыймыл динамикасы, анын ар бир образга жараша тапкан обондору кара сөзгө канат берип, таасирин алда канча күчөтөт» (Айтматов Ч. Каралаев жөнүндө ой жүгүртүү. — «Советтик Кыргызстан», 11-май, 1971) деген. С-дын аткаруучулук зор таланты, ал айткан «Манасты» кыргыз тилин билбеген кишиге да түшүнүктүү кылган. Академик Козин карелфинн элдеринин атактуу эпосу «Калеваланын» басмадан чыккандыгынын жүз жылдык юбилейинде С-дын «Манас» айтканын угуп: «Мен көп элдин жомокчу, ырчылары, артисттеринин эпос аткарганын укканмын. Бирок, Каралаев сыяктуу укмуштай таланттуу аткаруучуну көргөн эмесмин. Мунун азыркы аткарган «Манасына» тил билбесек да түшүнүп, катуу таасирлендик», — деп айткан. 1960ж. Чыгыш таануучулардын жана 1963-ж. этнографтар менен антропологдордун Москвада откөрүлгөн эл аралык конгресстерине катышкан окумуштуулар да ушундай эле катуу таасирленишкен.

www.bizdin.kg



Саякбай Карала уулу макаласына. 1. Саякбай чыгыш изилдөөчүлөрдүн эл аралык 25-конгрессинин катышуучуларынын арасында, Москва, 1960. 2. Саякбай. 3. Саякбай бүркүтчү. 4. Саякбай жана Ч. Айтматов. 5. А. Абдрахманов. Саякбайга азил. 6. Саякбайды киного тартуу. 7. В. А. Фаворский. «Саякбай Каралаевдин портрети». 8. Саякбай небереси менен. 9. О. М. Мануйлова. «Саякбай Каралаев — 20-кылымдын гомери», медаль, 10. Т. Садыков. Саякбайдын бейит белгиси 1979).

Ошол жыйындарга катышкан советтик адабиятчы Е. Лиэунова М. Ауэзовго байланыштуу эскерүүсүндө минтип жазган: «Күрпүлдөп, ашып-ташып, тоо суусундай алга умтулган, миллион сап «Манас» эпосун жат билген, белине

www.bizdin.kg
көрчөгөлөнгөн ак күмүш, жазы кемер кур курчанган, башына ак чокулуу Ала-Тоосу түспөлдөш кара кыюу ак калпак кийген, кыргыздын чыныгы улуу манасчысы С. Каралаев эпостун каармандарынын бири Семетей жөнүндөгү үзүндүнү кызуу аткарып жатты. Ал күчтүү, шаңкылдаган үн менен ырдап, бүркүттүн шаңшыганын да, тулпардын жүгүргөнүн да жаңсап туурай кетет, акын жана жоокердин артисттик колу тынымсыз кыймылда болуп, баатырлардын ач кыйкырыгы, кылычтардын шаңгыраганы, тулпарлардын дүбүртү аралаш угулган, душманга каршы чабуулдун, жан аяшпас беттешүүлөрдүн поэтикалык жандуу картинасын өзүн дал болуп тиктеген угуучулардын көз алдынан тартып өткөнсүйт.

Ырчы токтолгондо шаттыкка баткан элдин кыйкырык сүрөөнүнөн залдын ичи жаңырып чыкты. Өзү да жоо-жарагын шайланган байыркы баатырларга окшош С. Каралаевди япондор, арабдар, шведдер, америкалыктар, немецтер, француздар, түрктөр, индиялыктар кубанычтуу куттуктап жатышты. Карт досунун ийгилигине Мухтар Оморханович маңдайы жарыла кубанды» (Лизунова Е. В. Человек легенда. — Мухтар Ауэзов в воспоминаниях современников. Алма-Ата, 1972, 283-б.).

Демек, жалаң кыймыл-аракети, обондун ыргагы аркылуу да каармандардын типтүү элесин көз алдыга келтирип, баяндалып жаткан окуяны кыргыз тилин билбеген адамга түшүнүктүү кылып таасирлентүү үчүн С. бүтүндөй бир чоң театрдын жүгүн көтөргөндүгүндө шек жок.

С-дын варианты кагаз бетине түшүрүлгөн «Манас» эпосунун бардык варианттарынын ичинен, ага таандык салттык окуяларды мүлдө камтышы менен айырмаланат. Ырас, Шапак, Багыш, Молдобасан, Мамбет, Тоголок Молдо сыяктуу ага замандаш бир катар манасчылардан да трилогиянын үч бөлүмү тең жазылып алынган. Бирок, алардын варианттарында эпостун бардык окуялары бир кылка эмес, бир эпизод кенен деталдаштырылып сүрөттөлсө, экинчи бир эпизод кыска айтылып, схема түрүндө берилип же айрым учурда таптакыр эскерилбейт. С-дын варианты «Манас» үчилтигинин бардык бөлүмдөрүнүн салттык окуяларын толук камтуу менен бирге анын бардык эпизоддорун жетер чегине жеткире кенен деталдаштырып сүрөттөлгөнү менен орошон айырмаланат. Ал турсун мурун эл ичинде белгилүү же анча белгисиз аңыз-уламыш түрүндө сакталып келген бир катар окуяларды өзүнчө көлөмдүү эпизод кылып, ырга айландырып, өнүктүрүп айткан. Айрыкча, мындай көрүнүш үчилтиктин экинчи, үчүнчү бөлүмдөрүндө мол кезигет. Мисалы, Кыястан жараланган Семетейдин кайып болуп кетиши жана кайра элге кошулушу («Семетей»), Желмогуз уулу Сарыбай менен согуш, Семетей, Бакай, Каныкей, Айчүрөк, Күлчоронун кайып болушу, Сейтектин перинин кызы Берметке үйлөнүшү, Сейтектин Коңурбайдын тукумдары менен болгон согушу ж. б. («Сейтек»). Жаңыдан киргизилген жогоркудай орчундуу окуялардан тышкары С-дын вариантынын ар бир эпизодунда башка варианттарда жолукпаган толгон мотивдер, көптөгөн кейипкерлер, алардын иш-аракетин, кулк-мүнөзүн, кимдигин сүрөттөгөн баяндардын орун алышы менен да сюжети окуяга бай. С. элдик идеалды алып жүргөн башкы оң каармандар гана эмес, алардын негизги душмандары — терс каармандарга, ал түгүл экинчи пландагы кейипкерлердин да ар биринин сырткы портретине, сын-сыпатына, кулк-мүнөзүнө кеңири токтолуу менен ар биринин өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөрүн ачат. Ал каармандарды толук сүрөттөө максатында минген атына, кийген кийимине, урунган курал-жарагына, көпчүлүк учурда ата-теги, эли-жерине кеңири токтолот. Каармандын курал-жарагынын сырткы көрүнүшү, укмуштуу сапатына гана эмес, аны ким кантип жасаганы, каарман ага кандайча ээ болгондугу толук баяндалат. Каармандын портреттик мүнөздөмөлөрү көпчүлүк учурда ондогон ыр саптар менен кеңири сүрөттөлсө, керек учурда анын мүнөзүндөгү негизги белгини «отко

www.bizdin.kg
салса күл болбос, жоого түшсө күң болбос кайран энең Канықей», — деген сыяктуу өтө таамай, так белгиленген афоризм түрүндөгү өтө кыска ыр саптары менен да берет. Каармандардын жалпы портреттик мүнөздөмөсүнөн башка да, анын ар кыл психологиялык абалындагы көрүнүшү (каардангандагы, кайгыргандагы, кубангандагы, коркондогу) ар дайым элестүү, терең сүрөттөлөт. Мисалы, «Асты жагын караса, алты миң эрдин сүрү бар, артын сала бергенде ажыдаардын түрү бар» айкөл Манастын «бетине чыккан каары беш байпактык түк болуп», «өрттөй көзү бек жайнап, кан ичкиси бек кармап», «кара чаар кабылан капталында чамынып, чолок көк жал арстан жара тартчу немедей бөйрөгүндө камынып», «жоону качыра бергенде беттешип пенде келбеген» каарданышы анын чыныгы баатырдык сынын толук ачуу менен, демейдеги төмөнкүдөй көрүнүшүнөн кескин айырмаланат:

Асман менен көгүңдүн
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Асманда ай менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Көктө мунар булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Аңырайган өзөндүн
Алкымынан бүткөндөй,
Он эки дайра бириксе
Шар жеринен бүткөндөй,
Адам барбас туу белдин
Чоң жеринен бүткөндөй.

Албетте Саякбай Каралаевдин вариантында каармандардын мүнөзүн ачуу, көркөм өбразын жаратуу жогоруда саналып өткөндөр менен чектелбейт. «Делебени козгогон көркөм ырлар аркылуу сүрөттөлгөн жердин, суунун, тоонун, жаныбарлардын кызык сүрөттөрүн, кылымдар бою турмуштук тажрыйбадан такталган курч сөздөрдү, нечен түркүн укмуштуу мифтерди, адамдын кылдат сезимдерин баяндаган арман, керээз, кошокторду учуратууга болот. Ушулардын баары эпостогу каармандарды мүнөздөөгө, алардын образдарын дааналап ачууга чебердик менен пайдаланылган» (Юнусалиев Б. М. Кириш сөз. Курама вариант, 1. 4). Саякбай Каралаевдин вариантындагы каарман башка варианттардагы ошол эле каармандарга окшош, бирдей айтылуу менен бирге мүнөздөрүнүн айрым жактары жагынан жалгыз ушул вариантта берилген өзгөчөлүктөргө да ээ. Мисалы, Канықей көпчүлүк варианттарда акылман, сарамжалдуу, уз сыяктуу сапаттарга ээ болсо, Саякбай Каралаевдин вариантында башына туулга кийип, колуна найза алып душманын беттеген баатыр дагы. Кыз кезинде жеке беттешүүдө Чубактын айласын кетирсе, Манаска келгенде да, нечен сапар эр кийимин кийинип, баатырдык иштерге аралашат, Манасты өлүмдөн сактап калат. Мындай эрдик сапатка Алмамбеттин энеси Алтынай, Манастын карындашы Карлыгач, «Сейтек» бөлүмүндө Айчүрөк да ээ. Жалпысынан алганда бул вариантта аялдар баатырдыгы жагынан эркектерден кем калышпайт, кээде алардан артыктык да кылат. Мисалы, Манасты жеңип коё таштаган Сайкал, эч кимдин алы жетпеген Сарыбайды жеңген Куялы, кытай чегин кайтарган Канышай, Манастын карындашы Карлыгач — ушул типтеги аял баатырлар. Саякбай Каралаевдин вариантынын эпикалык кең масштабдуулугу жөкө каармандарды сүрөттөөдө гана эмес, жалпы турмушунун сүрөттөлүшүндө да айкын көрүнөт, башкача айтканда «Манас» эпосу революцияга чейинки кыргыз элинин турмушунун бардык жагын камтыган энциклопедиялык чыгарма экендигин Саякбай Каралаевдин варианты толук ынандырат. С. согуштук эпизоддорду эң күчтүү сүрөттөө менен бирге элдин жай турмушунун бардык

www.bizdin.kg
жагын кеңири камтыйт. Мында кой-козу (Манастын балалык чагында Ошпурда жүрүшү), жылкы (Күлчоронун Кыястын жылкычысы болушу), төө (Бакайдын Манас өлгөндөн кийин төө багышы) багуу; эгин эгүү (Манастын буудай эгип Аккуланы сатып алышы), устачылык (Бөлөкбайдын Манастын курал-жарагын жасашы), узчулук (Манастын кийимин даярдашы) сыяктуу элдин тиричилигинин негизги булагы эмгек жөнүндөгү баяндардан тартып, медициналык (Момунжандын Күлчорону айыктырышы, жоодон жараланган баатырларды дарылоо), географиялык (жер-суу аттары, табигый байлыктары менен жан-жаныбардын сүрөттөлүшү) түшүнүктөрүнө чейин берилет. Элдин эски үрпадатын, каада-салтын камтыган этнографиялык материалдар да айрыкча мол. Ырас, булар башка варианттарга да мүнөздүү көрүнүш, бирок С. аларды кеңири, деталдаштырып сүрөттөйт. Саякбай Каралаевдин вариантында үчилтиктин биринчи бөлүмүнөн экинчи, үчүнчү бөлүмдөрү баяндоонун көркөм стили жагынан бир кыйла айырмачылыкка ээ. Биринчи бөлүмдө баатырдык тема жетектөөчү роль ойносо, «Семетей» бөлүмү лирика-эпикалык жанрдагы чыгарма катары эсептелип, лирикалык мотивдер орчундуу орун ээлеп, патетикага, баатырдык рухка азыраак көңүл бурулат, эпостун кийинки бөлүмдөрүнүн стилистикалык курулмалары өзгөрүп, диалогдорго, лирикалык маанайдагы монологдорго, өткөндөгү окуяларды кайра баштан эскерүүлөргө, армандарга кеңири жол берилет. Саякбай Каралаевдин вариантынын «Манас» үчилтигинин идеялык-көркөмдүк биримдиги анын генеалогиялык принципте циклдештирилүүсүнөн да, ар түрдүү көркөм каражаттардын, образдар системасынын өтмө катмардуулугунан ар дайым көрүнүп турат. Бакай, Каныкей сыяктуу айрым каармандар үчилтиктин үч бөлүмүндө тең, ал эми айрым каармандар биринчи, экинчи же экинчи үчүнчү бөлүмдө активдүү катышып, бөлүмдөрдү өтмө катар чырмалыштырып, алардын ортосундагы биримдикти бекемдейт. Каармандардын образы дайыма эволюциялык өнүгүштө болуп, терең ишгелген образ кийинки бөлүмдөгү тарыхый шартка, кырдаалга ылайык жаңы түс, сапаттарга ээ болот. Мисалы, Каныкей биринчи бөлүмдө элдик баатырдын өзүнө тете жары катары акылмандыгы, адамгерчилик ишмердиги, сарамжалдуулугу жерине жеткире сүрөттөлүп, образды мындан ары тереңдетүүгө, андан ары өнүктүрүүгө мүмкүн эместей деңгээлге жеткирилет. Бирок «Семетей» бөлүмүндө жаңы шарт, жаңы кырдаалга ылайык анын мүнөзүнүн жаңы жактары ачылат. Не бир трагедиялуу учурда да бел алдырбаган, мүңкүрөп калбаган кайраттуулугу, туруктуулугу, эң бир кыйын шарттардан арга таап чыгып кеткен акылман айлакерлиги, феодалдык-патриархалдык адеп-ахлактык жосунсуз салттарына каршы ачык күрөшкө чыккан имандык бийиктиги, баласына чексиз берилген энелик мээрими, көрөгөч тарбиячылыгы ушул бөлүмдө өзгөчө бир күчтүү көрүнөт. Ошондой эле Каныкейдин ар кандай социалдык шарттагы абалы: кандын кызы, эл башчысынын сүйүктүү жарынан куу тагдырынын айынан баласын корголотуп, жер которуп баш калкалаган таалайсыз жесир аял, торпок баккан күңдүккө чейин башынан кечирип, өмүрүнүн ар кыл мезгили — секелек эрке кыздан чачы куудай кемпир болгонго чейинки өзгөрүүлөр үчилтиктин бөлүмүнөн бөлүмүнө ырааттуу эволюциялык өнүгүштө берилет. Каныкейдин ар тарабынан эң терең ишгелген оригиналдуу образын жаратууда С. өзгөчө чыгармачылык сүйүү менен зор эмгек эткен.

Үчилтикте каармандардын образы бөлүмдөн бөлүмгө өтүшү бирде түздөн-түз болсо (мисалы, Каныкейдин образындай ар бир бөлүмгө катышып), бирде жабык түрүндө да болот. Мисалы, Алмамбет, Чубак биринчи бөлүмдө гана катышканы менен алардын ишин, жолун түздөн-түз улантышкан Семетей, Күлчоро, Канчоролордун кийинки бөлүмдөрдө катышышы, алардын образы жаңы кырдаалда, жаңы шартта, кандайдыр бир жаңыча көрүнүшү, чагылдырылышы

www.bizdin.kg
катары таасир калтырат. Айталы, Семетейдин сырткы келбети, кийим-кечеси, курал-жарагы, минген аты, салган кушу, ээрчиткен тайганы, ал турсун фантастикалуу мифтик колдоочулары Манастан оошуп келип, манасчынын сөзү менен айтканда «Манас канды тирилтип» койгондой элес калтырат. Бул каармандардын кулк-мүнөзү да, ой-максаттары да бирдей. Ошондуктан, бул образдар — бир эле учурда өздөрү жашаган доордун типтүү мүнөздөрүн чагылдырган өз алдынчалыкка ээ болуу менен бирге эле бирин-бири толуктаган жаңы кырдаалда, шартта жаңыча жаралган образдар. Мындай учурда мурдагы образдын аягына чейин иштелбей мүнөзүнүн толук ачылбай калган жактары кийинки образдарда ишке ашырылат, тереңдетилет. Ушул планда Күлчоро менен Канчоронун образдарын аталары Алмамбет, Чубактардын образдарына салыштырып кароо кызыктуу. Күлчоро атасы Алмамбеттей эле достукка терең берилүүнүн, ак кызмат кылуунун үлгүсүн көрсөтөт. Ал ар кандай кырдаалда Семетейди таштап башын ала качпайт, бардык учурда анын кыйын иштерин (ал турсун Семетейдин өзү аткара албаган иштерин да) айлакердикке, ыктуулукка салып аткарат. Б. а. Алмамбетке жүктөлгөн элдик идеалды жаңы кырдаалда, шартта алып жүрүп, аны дагы тереңдетип, дагы ачык көрсөтөт. «Манас» бөлүмүндөгү Чубак «алышса адамдын күчү жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн» баатыр, Манастын ишенимдүү тирегинин бири, бирок анын мүнөзүндөгү кара мүртөздүк, оюн кишиге бербеген өзүмчүлдүк бар экени эскерилет. Кээде мүнөзүндөгү ушул жактары жакын адамдары менен конфликтиге чейин алып барат (Чоң казат мезгилинде Алмамбет менен жол талашканы, Манаска тарынып, аны чаап ал деп Коңурбайга кат жазганы). Атасы Чубактын жакшы жактары (баатырдыгы, балбандыгы) менен бирге кемчиликтери да Канчорого мурасталып калат. Мүнөзүнүн ушул терс жагы жаңы шарт, кырдаалга ылайык тереңдеп отуруп, акыры өз жакындарына ачык чыккынчылыкка чейин алып барат.

Дегинкисин айтканда айрым каармандардын «Манас» бөлүмүндө анча ачылбай, жашырынып астыртада жаткан терс мүнөздөрү «Семетейде» дааналанып, ачыкка чыга келет. Ага бул бөлүмдүн чагылдырган доору — таптык жиктелүү күч алган феодалдык-патриархалдык коом мүмкүнчүлүк берет. Коомдогу. таптык жиктелүүдөн, феодалдык бытырандылыктан пайдаланган ач көз Жакып, бузуку Кыргылчал, өз уруусунун гана кызыкчылыгын көздөгөн Чынкожо, Толтой, мурда кимдиги ачык билинбеген Абыке, Көбөш жана башкалар өзүмчүлдүк, мансапкорлук арам ойлорун ишке ашырыш үчүн жаңы күч менен чыгышат. Ошондуктан, «Манас» бөлүмүндө чачылып-чабылып, ар кайда жашап жүргөн элдин башын кошуу, ата" журттун көз карандысыздыгы үчүн сырткы баскынчы жоо менен күрөшүү негизги сюжеттик өзөктү түзсө, «Семетейде» ал тема — экинчи планга жылдырылат. Анын ордуна элдин ыркын кетирип, биримдигин бузган ички душмандар, бийлик, байлык талашкан жакын туугандар, жамаатташ уруулардын башчылары менен күрөшүү негизги теманын бирине айланып, чыгарманын негизги идеясы элдин биримдигин сактоого багытталат. Мындан «Семетей» бөлүмү кыргыз уруулары өздөрүнүн бир эл экенин алгач аңдап, өз ара баш кошууга умтулуусун чагылдырган «Манаска» салыштырганда коомдук өнүгүштүн алда канча кийинки этабында, феодалдык бытырандылыктын тушунда пайда болгонун көрүү кыйын эмес. Кыргыз коомчулугу 19-кылымда эле феодалдык бытырандылык доордо жашап келишкендиктен, «Семетейде» баяндалган окуялар аларга түшүнүктүү болуп, анын ички биримдикти сактоо идеясы элдин жүрөгүнө өтө жакын болгон. «Манас» эпосунун башка варианттарындай эле Саякбай Каралаевдин вариантында чылк ырдан туруп, ыр куруунун түрдүү техникасы колдонулгандыктан формасы өтө бай. Анда кыргыз ыр түзүлүшүндөгү уйкаштыктын бардык түрлөрү (кайчы уйкаш, эгиз уйкаш, аттама уйкаш, аксак уйкаш, туташ уйкаш) учурайт. Ырдын техникалык жактан

www.bizdin.kg
кооздугун, көркөмдүгүн түрмөктүн аягындагы уйкаштыктар менен катар сап башындагы жыш кездешкен уйкаштык *аллитерация* да арттырып турат. Уйкашты чебер колдонуу «Жырык кара уй берип, Жыртык кара үй берип», — деген сыяктуу укмуштуу уйкаштыктардын пайда болушуна алып келген. Уйкаштыруунун өтө татаал формалары строфанын башындагы уйкаштык (аллитерация) менен строфанын аягындагы уйкаштык бир учурда колдонулушу гана эмес, строфанын ичинде уйкашпай калган бир да сөздүн жоктугу өзүн суктандырбай койбойт. С. «Манас» эпосунан башка да элдик оозеки чыгармалардын көптөгөн үлгүлөрүн жакшы билген. Ал айткан түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин бир тобуна ортоктош белгилүү «Төштүк» эпосу элге кеңири тарап, кыргызча бир нече жолу жана орусча жарык көргөн. «Төштүк» эпосунун түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин арасында сакталган варианттарынын, версияларынын ичинен С. айткан варианты окуяларды кеңири камтыган масштабдуулугу жагынан да, көркөмдүүлүк жагынан да эң мыкты үлгүсү катары таанылып, Парижде француз тилинде жарык көргөн. С-дын мындан тышкары «Азапты көп көргөн Кубат» (1958), «Бакытай балбан» (1961), «Делдеш баатыр» (1957), «Канаттуу куштар» (1959), «Кара молдо» (1962), «Томор мерген» (1965), «Унутулгус күндөр» (1967), «Эстен кетпейт» (1957), «Бүркүттөр» (1952) деген сыяктуу көркөмдүк жагынан жогору турган чыгармаларды жараткан. С. үч жолу Эмгек Кызыл Туу жана «Ардак Белгиси» ордендери, Ата Мекендик согуштагы каармандыгы үчүн медалы, грамоталары менен сыйланган.

Р. Сарыпбеков

«САЯКБАЙ» — манасчы Саякбай Карала уулу жөнүндөгү үч бөлүмдөн турган (722 *м)* даректүү эксперимент фильм. 1966-ж. «Кыргызфильм» киностудиясында тартылган. Сценарийдин автору жана режиссёру Мелис *Убукеев.* Фильмге Саякбай Карала уулунун «Манас» айтып жаткан учуру тартылып, башынан аягына чейин экранда Саякбай чоңойтулган, кичирейтилген, орто планда, бирде жакындатылып, бирде алыстатылып, кыймылда көрсөтүлөт. Саякбай тынымсыз «Манас» айтып, бирде толкуп ташкындайт, бирде акырындайт, бирде көбүрүп-жабырып, алакандарын чапкылап, отурган ордунан обдулуп, албууттанып, айтылып жаткан үзүндүдөгү окуяны сүрөйт, күчөтө ыкчамдайт. Саякбай айтып жаткан эпостун үзүндүсүнүн эмоциялык таасирин күчөтүп, аны комуздун күүсү коштойт. Айрым учурда манасчынын кыска-кыска ар кандай ракурста тартылган көрүнүштөрүн шоокум добуштар коштоп, окуянын жүрүшү экспрессиялуу 1 берилет. Өзгөчө манасчынын жүзүнө чагылган жарык менен караңгынын тез-тез алмашылышы режиссёрдун чыгармачылык максаты натыйжалуу жүзөгө ашышына көмөктөшөт. Фильмде манасчы Саякбай Карала уулунун өзгөчө зор таланты, адамды таң калтырарлык эске тутуу касиетинин жардамы менен эпостун окуяларын чып-чыргасын коротпой айтып бергени гана эмес анын аткаруучулук ыкмасынын бөтөнчөлүгү, экспрессиялуулугу жана тубаса актёрдук чеберчилиги да айкын көрсөтүлөт. «С.» фильми Саякбайдын «Манас» айтып жаткан учуру *«бир артисттин театры»* экендигин айгинелеп турат. Себеби фильмде манасчынын аткаруучулук таланты, артисттик кудурети ар тараптан айкын көрсөтүлгөн. Режиссёр М. Убукеев «С.» фильминде улуу манасчынын чыгармачылык турпатын экранда таасын чагылдыра алган.

К. Ашымов

САЯҢ-ЖАЙЛОО, Саяң-Жайлак — топоним. Сагымбай Орозбаковдун вариантында жайлоонун аты. Адегенде:

Саяң-Жайлоо, Үч-Суу бар,
Саятта жаткан ушу бар.
Кулутка деген калдай бар,

www.bizdin.kg

Куралган эли далай бар (Сагымбай Орозбаков, 2. 72), — деп айтылат. Андан соң Манас кырк чоросу менен ууга чыккан жерлердин ичинде:

Саяң-Жайлак, Ара-Көл,
Алардын аңын уулашып
Айгайлашып чуулашып,
Ара-Түз менен ылдыйлап,
Тоонун башын сакташып (Сагымбай Орозбаков, 2.289), — деп эскерилет. «Жайлак» деген сөз байыркы түрк тилинде «жайлоо» деген түшүнүктү билдирет. С.-Ж. менен катар айтылган Ара-Көл Өзгөндөн жогору, Фергана кырка тоосунун этеги. Жазы суусунун боюндагы жер болсо, анда С.-Ж. Ара-Көлдөн алыс эмес жайлоолордун бири болушу мүмкүн.

И. Молдобаев

САЯПКЕР (иранча) — күлүк, жорго таптоочу адам. Мурда сынчы (Мисалы, Толубай сынчы) деп да аталган. С. атты таптаганда арыгын эттендирип, семизин арыктатып, жем-чөбү менен сууну күндө ченеп берген. Атты улам алыстатып чаап, машыктырып, суутуп чыйралткан. Бир С. бир же бир нече атты таптаган. Ар бир аттын турпатына, өзгөчөлүгүнө жараша ат таптоонун ар кандай ыкмасы (басуу, суутуу, таңашыруу жана башкалар) болгон. «Маната» С. тууралуу ат чабыш окуяларында айтылат. Мисалы, Чапкан аттардын келгенинде Көкчөнүн Көгаласын чаап бараткан чабандес баланын сөзүндө С. эскерилет:

Көкчөнүн аты Көгала
Көзүн жаштап үстүндө
Чаап жүргөн шум бала
Заяпкерсинип алыптыр...
Өткөрө байлап салдым деп
Көкчөнүн тилин алам деп
Убалына калдым деп (Сагымбай Орозбаков, 3. 268).

С. эпостун «Семетей» бөлүмүндө кеңири айтылат. «Каныкейдин Тайторуну чапканы» эпизодунда Каныкей Тайторуну кантип таптаганы толук айтылат. Ал Тайторунун «күндө терин», «айда терин», «ачуу терин», «сасык терин» алышы баяндалат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 79), к. *Ат тантоо.*

САЯС — топоним. Кытайга чалгынга бараткан жолдогу тоо. Манас, Алмамбет, Сыргак, Чубак төртөө Саястын кара сеңирден кытайдын жерин дүрбүдөн карайт (Сагымбай Орозбаков, 4. 213).

САЯТ — эпизоддук кейипкер, Абдырамандын атасы. Кабарыш элинин өкүлү. Көкөтөйдүн ашындагы балбан күрөштө аты эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 3. 184).

СЕБЕП — эпос боюнча элдик медицинада жарадар болгон жоокерлерди дарылоого колдонулган дары. С. жана Медет дарылары кан токтотуу үчүн, катуу жаралуу болгондо ооруну баса турган дары катары ичирип же жараатка сээп колдонулгандыгы айтылат. Мисалы, Саякбай Каралаевдин вариантында С. тууралуу мындайча маалымат бар:

Себеп деген дарыны
Сээп туруп салды эле,
Дарыны мынча салган соң,
Ичинде уусун алган соң,
Көк жал Манас султандын
Ооруган жери басылды,
Умачтай көзү ачылды (Саякбай Каралаев, 2. 173).

И. Молдобаев

www.bizdin.kg

СЕБИЛ — курал-жарак, ок өтпөс жоо кийимдин жалпы аталышы. Эпостогу «Себилдүүсү сексен төрт Серп салган жагы кызыл өрт» (Саякбай Каралаев, 1. 40), «Текөөрү болот темир дейт, Серпкени өлгөн себил дейт» (Сагымбай Орозбаков, 1. 29—46) деген саптар С-дин жоо куралы экендигин айгинелесе, «Чарайна деген себилди», «Аколпоктой себил тон» (Валиханов жазып алган эпизод) деген саптар жоо кийим экендигин билгизип турат. С. кээде өнөргө үйрөнүү, ыкма алуу маанисинде да жолугат.

СЕЙДАКМАТОВА Жамал (1939, Ысык-Көл району, Темировка айылы) — кыргыз совет актёру, Кыргыз ССРинин эл артисти (1977). 1957-ж. Кыргыз академиялык театрында иштейт жана көптөгөн спектаклдерде башкы ролдорду аткарган. Бир нече көркөм фильмдерге да тартылган.



Ж. Сейдакматова — Канукей («Манастын уулу Семетей» драмасы, 1982).

1982-ж. коюлган Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» спектаклинде Канукейдин ролун ойногон. 1990-жылдан «Туңгуч» театр студиясынын көркөм жетекчиси.

СЕЙДЕ Дейди кызы (1881, Наманган уезди, Багыш болушу, Жампа-Салды айылы —1946, ошол эле жерде) — манасчы. Сорув уруусунан. Атасы Аксы менен Арпага атагы чыккан чечен, өнөрпоз адам болгон. С. жаш кезинен эрке өсүп, эркекче кийинип, атка минип жүрүүнү жакшы көрчү. Атасы да аны башкаларга «бул Сейит уулум» деп койчу экен. Дейди чечендикине Кыдыраалы манасчы тез-тез келип, «Манас», «Семетей», «Сейтек» айтуучу. Кийинчерек Ныязаалы, Жеңижок, Токтогул келип турган. С-нин атасы да алардыкына барганда кызын кошо ээрчитип барчу. Кийин Тогуз-Торо, Жумгал, Кочкор, Көл, кээде Ташкен, Түркстан, Сайравун, Самаркан, Каракалпакстан тарапка барганда да С-ни кошо ала жүргөн. Барган жерлеринде Сейитке да кезек берип «Манас» айттырышкан. Ошентип, эл ичинде С-нин өнөрү кеңири тарап, көпчүлүккө белгилүү боло баштайт. Бирок, бул көпкө созулган эмес, ал он экиге келгенде уланча кийимин сыйрып салышып, кыз кийямин кийгизишкен, анткени анын кудалашып койгон кайын-журту болгон. Он бешке толгондо күйөөгө узатышат. С-нин динчил кайната-кайненеси аны «шайтаны бар экен» деп кагып-силкип, тыйдырууга аракеттенишет. Эрке өскөн жаш С-ге мындай мамиле катуу тийип, «бул набактан» кутулууну самайт. Мунусун билип калган күйөөсү тараптагылар С-ге уу берип өлтүрмөк болушат да, оокатына заар кошуп коюшат. Анысын кеч билген. С. ууну чала ичип калат, «өлдү» деп үигө жалгыз таштап койгон жеринен качып кутулат. Атасынын колунда узак убакыт ооруп жүрөт. Кийинчерек төкмө ырчы Устажолдош Үчкемпир уулуна күйөөгө чыгат. Төкмө ырчы менен манасчы бир үйдө жашап, бири-биринен

www.bizdin.kg
чыгармачылык таасир алышат, көп нерселерди үйрөнүшөт. Алардын үйү Миңжашар-Чанач сайынын оозундагы бекет-коргондо турган. Күйөөсү Устажолдош ата-бабаларынан бери ошол жерде бекетчилик кылышкан. Өйдө-төмөн өткөндө алардын үйүнө түнөп, С-нин «Манас» айтканын көрүшкөн дин кызматкерлери «...аял Манас айтса, аны арбак уруп кетет, ал түгүл үйбүлөсүн, урук-туугандарын, коңшу-колоңдорун да арбак урат» деп коркутушкан. Сабур деген эшен С-ге эл ичинде ырдабоого касам ичирет. Бирок С. үйдө эч ким жокто коргондун дарбазасын бекем жаап, небереси Калмуратты кароолго коюп, кечке дейре же түнү менен «Манас» айтып чыкчу экен. Калмурат Рыскул уулунун айтканына караганда С. «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Кенен», «Алымсарык» эпосторун жакшы айткан. С-ден 3 басма табак көлөмүндө «Манастын Париканага калаа курдурганы» деген үзүндү жазылып алынган (Кол жазмалар фондусу, 770, 771-инв.).

Ү. Беркбаев

СЕЙДЕНЕ Молдоке кызы (1922, Кетмен-Төбө өрөөнү, Көтөрмө айылы) — семетейчи. Айылдык жети жылдык мектепти аяктаган. С. өтө жаш кезинен ырга, сөзгө үйүр болуп, өзү да кези келгенде жамактатып ырдай коюп жүргөн. Элде С. жаш кезинде Атай Огомбаев менен айтышкан деген аңыз сөз бар. С. «Семетей» айтып калышын башка манасчылардай эле түш көрүү менен байланыштырат. Анын түшүнө адеп улуу акын Токтогул кирип, «Манас» айт дейт.



«Айланайын Токо! Аял киши болсом кантип айта алам?" — деп макул болбойт. Көп өтпөй С. катуу ооруйт, түшүнө Семетей кайра-кайра кирип, эпосту айтууну талап кылат. Ушул мезгилде С-нин баласы чарчап калат. Муну ал эпосту айпаганы үчүн түшүнө кирген баатырлардын (Семетей жана башкалар) арбактарынын жазалоосу катары түшүнөт да ээн калганда көбүнчө түн ичинде, өзүнчө «Семетейдин» ар кайсы эпизоддорун айта баштайт. Бара-бара такшалып кадимкидей айтууга жарап калганда коңшу аялдарды үйүнө чакырып алып аларга айтып берип жүрөт. Муну кайнатасы билип калып «Манасты» аял киши айткан эмес деп, С-нин эпосту айтуусуна катуу каршы болуп, таптакыр тыюу салат. Бирок, «Семетейди» эл арасында айтууга абдан ынтызарланган С. эл көп чогулган кайсы бир чоң майрамда үйүнөн качып чыгып, майрамга келген карыяларга барат да алардын уруксаты менен алгач көп жыйындын астына чыгып өнөрүн көргөзөт. Анын «Семетейин» жактырган карыялар ак батасын беришет. Ушундан тартып үй-бүлөсүнүн тоскоолдугу токтоп, «Семетей» айтып калат. Эпосту тереңдетип айтуу максатында Таласка бир нече жолу барып

www.bizdin.kg
«Манас» эпосуна байланышкан андагы легендарлуу жер-сууларды бүт. кыдырып, өз көзү менен көрүп чыгат. 60-жылдардын орто ченинде Фрунзе шаарына келип эл акыны Алымкул Үсөнбаевдин үйүндө белгилүү артисттер, акындар, манасчылардын алдында «Семетей» айтат. Мында чогулгандар, айрыкча, «Манас» эпосунун көп варианттарын кагаз бетине түшүргөн белгилүү манасчы Ыбырайым Абдыракман уулу С-нин талантына жогору баа берет. С. эл чыгармачылыгынын көптөгөн кароо, конкурстарына катышып башкы байгелерди жеңип алган. Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын Манас таануу бөлүмү С. айткан «Семетейдин» бардык эпизоддорун жазып алган. Анын вариантын жазып алууга илимий кызматкерлер Р. Сарыпбеков, 0. Соороновдор катышкан. Эпостун айрым эпизоддорун семетейчи өзү да кагаз бетине түшүргөн. С-нин семетейчи болуп калыптанышына китептин, айрыкча, 1959-ж. жарык көргөн белгилүү семетейчилердин варианттары боюнча түзүлгөн курама варианттын таасири чоң. Китептин С-ге таасир этүүсүн күйөөсү Үркүн Сейитбеков мындайча эскерген. Айылда мугалим болуп иштеп жүргөн Үркүн китеп жаңы жарыкка чыкканда сатып алат да бош боло калганда үн чыгарып баштан аяк көп сапар окуп чыгат. Анын окугандарын С. ар дайым кунт коюу менен угуп жүрөт. Демек, жаш кезинен ырга, көркөм сөзгө шыктуу С-нин ичинде бугуп келген жашырын таланты эпостун укмуштуу дүйнөсү менен аралашып, ээ бербей сыртка атып чыкканы талашсыз. С-нин вариантынын китеп менен жакындыгы көбүнесе сюжет курулушу жагынан байкалат. Бирок, ички көркөм касиети, мазмуну, айрым деталдары, мотивдери боюнча толук өзүнчөлүккө ээ. Сюжеттин курулушу жагынан да бүтүндөй эле китеп менен окшош эмес. Ал турсун айрым эпизоддор белгилүү варианттардын эч бирине окшошпогон өзгөчөлүккө ээ. Көпчүлүк варианттарда Семетей өлгөндөн кийин Кыяс Айчүрөккө зордук менен үйлөнөт да Сейтек анын колунда туулат. Ал он экиге чыкканча кыргызга Канчоро кандык кылат. Каныкей, Бакай, Күлчоро кул-күңдүктө жашайт. Ал эми С-нин вариантында Кыяс Айчүрөккө үйлөнө албайт. Айчүрөк Таласта калып Сейтекти төрөйт. Семетейдин ордуна кан болгон Канчоро Айчүрөк, Күлчоро, Бакай, Каныкейге кордук көрсөтө баштаганы менен элдин каргышына калган Канчоро көп узабай кайгы-касиретке учурайт. Канчорого тийгени жети күн боло электе Чачыкей айыкпас ооруга чалдыгат. Тогуз айга жеткирбей бала төрөп, өзү узабай өлөт, артынан жаңы төрөлгөн баласы да чарчайт. Алардын өлүмүнө кайгырган Канчоро ооруга чалдыгат. Аны адамкерсиздиги, чыккынчылыгы үчүн жек көргөн Бекчоро дарыламыш болуп аракка чылап уу берет. Ичегиси эзилип, эси оогон Канчоронун жанына эч ким басып барбай жалгыздыкта жатып азап тартып өлөт (башка варианттарда Канчорону Сейтек эр жеткенде өлтүрөт). Канчоро өлгөндөн кийин эркиндикке чыккан Каныкей жаралуу Күлчорону (башка варианттардагыдай ал Кыястын колуна түшүп анын жылкычы-кулу болбой эле Таласта калат) өз колу менен айыктырат. Айыккан Күлчоро Таласка кан болот. Каныкей, Бакай куда түшүп Айдарбектин кызын Күлчорого алып беришет. Эл Семетей бар кездегидей бейпил турмушта жашайт. С-нин вариантындагы мындай өзгөчөлүктөр сюжеттин ичиндеги көптөгөн мотивдерден да учурайт. Мисалы, Каныкейдин жомогу эпизодунда кыз Сайкал Манастын төртүнчү аялы болот. Ал Манас турган жерден алыс, кытайларга чектеш жашайт. Чапса кылыч, атса ок өтпөгөн Манасты жеңе албаган Коңурбай өлтүрүүнүн ар түрдүү амалын издейт. Өзүнүн аялын Сайкал менен достоштуруп, астыртан сыр тарттырат. Коңурбайдын аялы амал менен мас кылган Сайкал Манасты эртең менен багымдат намазды окуп жаткан учурунда гана өлтүрүүгө болорун айтып коёт. Коңурбай Манасты жарадар кылганда күнөөлүү Сайкал Манастан бир күн мурун жарынып өлөт. Акылман Каныкей Манастын сөөгүн түн ичинде Эчкиликтин зоосуна жашыруун көмдүрүп, эртеси Сайкалдын сөөгүн Манастыкы деп күмбөзгө койдурат. Мындай

www.bizdin.kg
өзгөчөлүктөрдү С. айткан ар бир эпизоддон табууга болот. С-нин айтуусунда Сарытаз алты айында ата-энесиз калган жетим бала болот. Аны таап алган Канықей бапестеп өстүрүп, эр жеткенде Садырбектин кызына көп калың төлөп куда түшүп алып бергени жатканда Манас дүйнөдөн кайтып, тилеги ишке ашпай калат. Канықей Букарга качканда Абыке, Көбөштөр Канықейдин дайнын сурап Сарытазды кыйнашат да эч жооп ала албай аны өлтүрмөк болушат. Кыйды Кыргылчалдын кеңеши боюнча амал менен аман калтырышып, Канықей калыңын төлөп койгон Садырбектин кызын алып беришип, аялы экөөнү Жакыпка малай кылып коюшат. Аялы эркек төрөп атын Калык коёт. Сарыдан ар түрдүү шек санаган Жакып аны өлтүрмөк болгондо ал катын-баласын кайындарына жашыруун жеткирип, өзү Канықейлердин артынан Букарга качып кетет.

Р. Сарыпбеков

СЕЙДИРАКМАНОВ Назаркул Эшенкул уулу (1951, Талас району, Данбагар айылы) — манасчы, Т. Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясынын манасчы-солисти. Ар түрдүү аймактык мектептердин ыкма-каражаттарын чыгармачылык электен өткөрүп, терең өздөштүрүүнүн натыйжасында синтездештирилген, өзүнчө речитативдүү обону бар ыкмага ээ болгон айтуучу катары белгилүү.



«Манас» айтып калышын С. да түш көрүү салты менен байланыштырат. «Манасты» бала кезинде эле айта баштаган. 1968-ж. кыргыз адабиятынын Өзбекстанда өткөн он күндүгүнө катышкан. 1973-ж. манасчылардын республикалык конкурсуна катышып, манасчылар Кабаны, Шаабайды көрөт, филармонияга кабыл алынат. Эки жарым жыл иштегенден кийин айылга кетип, 1981-ж. филармонияга кайтып келет. Өзүн көрбөгөнү, түздөн-түз анын таалимин албаганы менен улуу манасчы Саякбайды насаатчым деп эсептейт. Назаркул «Манастын» үч бөлүмүн тең айтат. Анын варианты өзүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен негизинен манасчылардын көл мектебинин өкүлдөрү айткан вариантарга жакын. Эпостун «Манас» бөлүмүнүн негизги өзөк окуялары дээрлик бүт бар. Ал эми «Семетей» менен «Сейтектин» окуялары негизинен Саякбайдын вариантына жакын. «Семетейдеги» негизги өзгөчөлүктөрдүн бири Манастын чоролорунун Семетей менен жоолашпагандыгы. Семетей Коңурбайды Таласка чабуул коюп келгенде эмес, кун кууп барып жекеде өлтүрөт. «Сейтекте» Кайыпчал кызы Куялыга Сейтекти үйлөндүрүп, эл-журтту Сейтекке табыштап, Бакай, Канықей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро кайып болуп кетишет.

СЕЙИЛДИК — топоним. Аңгычал кызы Ак Сайкал кырк боз бээ минген кырк кыз менен сейилге чыккан жер (Радлов жазып алган вариант, 394).

СЕЙИЛКАН — эпизоддук кейипкер, Канықейдин нөкөрү. Оторбийдин кызы. Манас Канықейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо расмисинде аты тогузунчу келген Чубак тагдырына буюрган С-га үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 423).

www.bizdin.kg

СЕЙИТБАТТАЛ — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун вариантында гана айтылып, бул варианттын ички өнүгүшүндө ага китептик таасирлерди көрсөтө турган фактылардын бири жана Сагымбай Орозбак уулу «Сейид-Баттал» аттуу түрктүн элдик чыгармасы менен кабардар экендигин билгизет. Мисалы, «Сейитбаттал тушунда Чала болуп мусулман Жанган экен ушунда» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 580-инв., 44-б.). Академик В. В. Бартольд «Түрктөр бул чыгарманы арабдардын диндик баатыры Баттал жөнүндөгү уламышын өздөштүрүүнүн негизинде жараткан. Бирок, Батталдын образын өзүнүн прототибинен кескин өзгөртүп түзгөн» (В. В. Бартольд соч., т. 6.— М., 1966, 194-б.) — дейт. Манасчы Сагымбай Орозбак уулу арабча окуй билгендиктен Коковинанын басмасынан чыккан «Сейид-Баттал» (1879, Казан) китебинин сюжети менен тааныш болгондугу шексиз. Сагымбай Орозбак уулунун вариантында эл арасында оозеки айтылып, кийин гана жарыяланып (19-кылымдын 2-жарымы —20-кылымдын башы), элге кеңири таралган фольклордук чыгармалардын үлгүлөрүнүн таасирлерин байкоого болот. Алардын стилистикалык каражаттары «Манас» эпосунун поэтикасына белгилүү даражада таасир тийгизүү менен анын лексикасын, каармандар системасын байытып, салттык көрүнүштөрүн (сюжет, образ) кеңейтип сүрөттөөгө манасчыга мүмкүндүк берген. Эпостун башка варианттарынын тексттериндеги стилистикалык каражаттарда араб-иран тилдеринен өздөштүрүлгөн поэтикалык лексика анчейин гана кезиксе, Сагымбай Орозбак уулунун вариантында мол учурайт. Муну С-дын кейипкер катары эпостон орун алып калышы да айгинелейт.

С. Алиев

СЕЙТАЛИЕВ Токтонаалы (1937, Панфилов району, Жайылма айылы) — кыргыз совет опера ырчысы (лирикалык тенор), СССР эл артисти (1984). Кыргыз опера жана балет театрынын студиясынан (1956) жана Курмангазы атындагы Казак консерваториясын бүтүргөн (1969).



Т. Сейталиев — Сыргак «Манас» операсы, 1968.

С. кең диапазондуу үнү бар таланттуу ырчы. «Айчүрөк», «Манас» операларынан Сыргак, Күлчоронун партияларын аткарган.

СЕЙТЕК (Сеид Ахмад; арабча сеид — төрө, ахмед — мактарлык) — «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүмү «Сейтектин» баш каарманы, Манастын небереси. С-тин ата-теги: Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Түгөйкан — Акжолтой — Санколдой — Түмөн кан — Бөйөнкан — Чаянкан — Ногойкан — Каракан — Балакан — Жакып — Манас — Семетей.

www.bizdin.kg



Б. Жумабаев. Сейтек.

С. да мурунку муундагы баатырлардай эле элдин башына кыйынчылык түшүп турган шартта жарык дүйнөгө келет. Ал атасынын кас душманы Кыястын сарайында болочок баатырга таандык белгилери менен (кереметтүү бул баланын карыштай кара жалы болгон, колуна кан чеңгелдеп, аягы менен тик түшөт) төрөлгөн. Ошондо күндүр-түндүр түн түшүп, жер айрылып, тоо кулап, журт чуркурап, жаратылыш кубулат. Эки күндө эне деп, алты күндө ата деп (В. Радлов) өтө тез чоңоёт. Манас менен Семетейдин жүргүзгөн иштерин аягына чыгаруучу С-тин бөтөн жерден аман-эсен тезирээк эр жетишин эли менен тууган-уругу зарыгып күтсө, Кыяс, Канчоро, Жакып өңдүү ичтен бөлүнгөн туугандары тескерисинче, баланы башынан жок кылууну көздөшөт. С-тин жарыкка келишинин өзү душмандарына аябагандай коркунуч туудурат. Күлчоронун атасы Семетейдин эмне себептен, ким аркылуу дайынсыз жоголгонун укканда чечкиндүүлүккө өтөт:

Ачууланып түнөрүп,
Айбаттанып карарып,
Кара көзү кан болуп,
Кандуу бети кал болуп,
Ичи өрттөнүп чок болуп,
Оодарылса кутургур
Жалындап күйгөн от болуп,
Жай-жарагын шайланып,
Кыны жок кылыч байланып (Саякбай Каралаев, «Сейтек», 67).

С-тин эң биринчи эрдиги — Карагулга денекул болуп жүргөн Күлчорого болушуп, сөөк өчтү душманын жеңип, өзүнүн жана туугандарынын башын бошоткону. Ушул мезгилден баштап ал жетилген баатыр катары активдүү аракетке өтөт. Эл башына түшкөн оор турмушту жеңилдетиш жалгыз гана С-тин эр жетип, эрезеге толушуна байланыштуу каралат. Эпосто С. он экиге толгондо Жакып жана кас душмандары түрдүү символикалык түштөрдү көрүшкөнү айтылат. Кыяс жаман түш көрүп, өз өмүрүнөн чочуласа, Бакай, Күлчоролор жакшы түштөрдү көрүп, С-тин келечектеги адилет ишинен кабар алат. «Сейтек» эпосундагы башкы каарман кайрат-күчкө толгондон баштап, ички душмандардын бети ачылып, аларга каршы жүргүзүлгөн күрөштөр баскынчылык максатка багытталбастан, ата-бабасы туулуп-өскөн жерге жетүүгө, аны коргоого арналган. Андай маанилүү күрөштөрдүн бири С-тин Кыясты жок кылышы — бардык вариантта салттык түрдө баяндалат. Кыясты жок кылууда С. өзү жалгыз эмес, Күлчоро, Айчүрөктөрдүн жардамына таянат. Башкача айтканда Кыястын жок кылынышы — бир максат, бир тилекти көздөгөн каармандардын бирдиктүү күрөшүнүн натыйжасы. Айтуучулар С-ти салттык куракка (12 жаш) жеткиргенден баштап эле

www.bizdin.kg
чыныгы баатыр катары сүрөттөшөт. «Канатың болуп учканды билгенден кийин Кыяска олжо болбой эле Канымкей менен Бакайды алып, атаң Акундун шаарына кирип кетпепсиң» деп Айчүрөктү сөзгө жыгат. Таластын кабарын угары менен ата-журтка сүйүү сезими козголуп: «Кетем Талас жериме, Баргым келет батыраак, Калың кыргыз элиме» — деп жөнөйт. С. элине алгач келгенде адам түгүл, жан-жаратылыш солкулдап, кубанычтын жашын төгөт, атасынан калган Тайбуурул да утурлап тосуп чыгат. С-тин ата-бабанын ишин улай турган чыныгы баатырдык иш-аракети аны бардык жагынан атасы Семетейге окшоштурат. Семетей сыяктуу эле перизат тегиндеги Бермет кызга баш кошот.

С-ти жетилген баатыр катары көрсөткөн башкы окуя анын Желмогуз уулу Сарыбай менен кармашканы. Ал Сарыбай менен жекеме-жеке сайышка түшкөндө:

Кара чаар кабылан,
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арстан
Туурасында камынып,
Эл алдында сур жолборс,
Калкымда мындай жан болбос,
Кошо согуш кылды эле (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 567-инв., 112-б.), — деп касиеттүү колдоочулары менен бирге сүрөттөлүп, Манас, Семетей сыяктуу гиперболалык чен-өлчөмгө ээ. Көргөндөр атасы Семетейди айныбай тарткан уул болгонун белгилешет. Манастан курал-жарагы С-ке мурас катары өтөт. Манастан калган Наркескен, Алмабашты алып, жоо киймин кийинип, Олуя чалдын колунан алган Кулансур тулпарга мингенде Манастын өзүндөй баатыр болуп көрүнөт. Демек, Сейтектин алган куралы да, кийген жоо кийими да, тулпары да өзүнө ылайыктуу.



М. Исхаков. Сейтек.

Эпостогу кыргыздардын коркунучтуу душманы Чоң Билгич менен беттешкенде башкы баатыр катары өтө монументалдуу сүрөттөлөт:

Бабасы көкжал, кайран шер,
Кыймыл кылып кылт этпейт,
Кыйшалактап былк этпейт.
Зыңгырады кенебей,
Сексенинин урушун
Бучкагына теңебей (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 965-инв., 185-б.).

Манастын урпактарына тең келе албаган коркунучтуу жоо жаңы күч топтоого, жаңы айла табууга аргасыз болот. Акыры, Сейтек Манастын небереси катары милдетин аткарып, «Ак калпак кыргыз уулуна Арка болоор Сейтек бар» (Саякбай

www.bizdin.kg
Каралаев, «Сейтек», Кол жазмалар фондусу, 569-инв., 92-б.) болуп, анын учурунда Манас, Семетейдин тушундагыдай эле эл жыргап, куунап, бейкапар жашап калышат.

Корутунду бөлүмдүн башкы каарманы катары С-тин образында Манас менен Семетейдикине жакындык жана бөтөнчөлүк бар. Бул үч башкы каармандын образдарындагы жалпылык — үчөө тең кыргыз элинин кызыкчылыгы үчүн бүт өмүрлөрүн арнап, ички жана сырткы душмандан элди коргоону идеал туткандыгы. Ошондон улам бул үч каарман бардык вариантта өз эли-жеринин көз каранды эместиги, биримдиги үчүн күрөштөрдүн башында турушат. Эл мүдөөсүн жанынан артык көрүп, бүт өмүрүн зор максатка арнаган элдик баатырлар — калың журттун кадырлоосуна ээ. С. Манаска караганда Семетейге көбүрөөк жакын жана анын түздөн-түз уландысы. Жалпысынан карапайым элге жакын, жетим-жесирге кайрымдуу, адилеттүү башкаруучунун образы элдик оозеки чыгармаларда алмустактан бери эле жашап келген. Эл алардын аракети, күрөшү аркылуу өз мүдөөсүн, тилегин иш жүзүнө ашырган. Нечен тунук ойлорун, асыл максаттарын өзүнүн сүймөнчүлүгүнө бөлөнгөн баатырларынын тегерегине топтогон. Ошондон улам Манас, Семетей, С-пи башка эпостордун каармандары болобу, айтор жетим-жесирге боорукердиги, адамдык асыл сапаттары менен өзгөчөлүү. Мындай каармандар бала күнүнөн тартып эле алсыздарга жан тартат. Адилеттүүлүктү көздөгөн ачык күрөштөрү менен өз уруусун, жерин коргошот. Ата-эне, ага-тууган алдындагы, дегеле туулуп-өскөн Мекен алдындагы милдет, достук, сүйүү, өлүм, өмүрдүн бүтпөстүгү нукура элдик көз карашта берилет. «Сейтек» эпосунда эл милдетин аркалаган каарман Сейтектин элге кайрымдуулугу, адамгерчилиги колдоого алынып, жогору бааланат. Беттеген жоосун жеңген сайын душмандан олжолоп алган мал-мүлктү калыстык менен бөлүп:

Тогуз күнү казына
Казына оозун ачыптыр,
Жетим-жесир, тул катын,
Мал билбеген бакырга
Зарп кылып чачтырып (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 567-инв., 248-б.) таратып берген С-тин адилет мамилеси даңазаланат. Ошентип, Манастын небереси Сейтек — үчүнчү бөлүмдүн борборунда турат. Ал — генеалогиялык принциптин талабына ылайык түзүлгөн эпикалык жаңы каарман. Алдындагы милдети — ата-бабанын ишин улантуу, алардын ыйык ысымын, көтөргөн идеясын сактоо үчүн талыкпай күрөшүү. Б. а. туугандардын арасынан чыккан душманга каршы күрөш ачуу, ыдыраган кыргыз урууларын ынтымакка келтирүү жана адамга каргаша болгон сырткы күчтөр менен салгылашуу.



Т. Курманов. Сейтек.

www.bizdin.kg
С-ти милдеттендирген патриоттук сезим эпостун көтөргөн идеясы болуу менен бирге С-тин жана анын тегерегиндеги каармандардын образдары аркылуу көркөм сүрөттөлгөн.

А. Жайнакова

«СЕЙТЕК» — «Манас» үчилтигинин «Сейтек» бөлүмүнүн негизинде жазылган эки бөлүмдүү эпикалык-баатырдык драма. Автору Ж. Садыков. Кыргыз мамлекеттик Эмгек Кызыл Туу ордендүү академиялык драма театрында 1987-ж. коюлган. Режиссёру Б. Ибраев, жасалгасы сүрөтчү М. Исхаковдуку, музыкасы композитор К. Молдобасановдуку.



Ж. Садыковдун «Сейтек» драмасы. СейтекЭгемберди Бекболиев, Күлчоро-Замир Сооронбаев. Кыргыз Мамлекеттик драма театры, 1989-ж.

Драмадагы массалык кагылыш, чабыштарды Каракалпак АССРинин эмгек сиң. артисти Ташкендеги А. Островский атындагы театр жана сүрөт институтунун доценти А. Исмаилов койгон.

Спектаклдин негизги лейтмотиви Сейтектин бөтөн жерде чоңоюп, эр жетип, душмандарына каршы күрөшү, аларды жеңип, ата-бабасынын ордун баскандыгы жана элдин биримдиги үчүн иш-аракеттери түзөт. Драманын баш каарманы Сейтектин образын — Э. Бекболиев, Ч. Думанаев түзгөн. Негизги оң, терс каармандардын ролдорун аткаргандар: А. Осмонов — Семетей; Айчүрөк — Т. Абдыразаева, Ш. Алсеитова, Ж. Сыдыкбаева; Канықей — С. Балкыбекова, Б. Кыдыкеева, Ж. Сейдакматова; Бакай — С. Жаманов; Күлчоро — З. Сооронбаев, А. Жолдошев; Канчоро — И. Эшимбеков, Т. Дулатов; Кыяс — К. Досумбаев; Карагул — А. Чокубаев, К. Бекбатыров; Чачыкей — М. Далбаева, А. Сыдыгалиева, Ж. Жаманбаева жана башкалар

Ж. Сагынов

«СЕЙТЕК» — «Манас» эпосунун 3-бөлүгү, курама варианттын жарык көргөн 4-китеби (Фр., 1960). «Манас» үчилтигин жыйынтыктаган корутунду бөлүм. Текст эки колонка менен терилген, көлөмү 20 750 сап ыр, 265 беттен турат.



www.bizdin.kg
«Сейтек» жомогу «Манас» менен «Семетей» бөлүмдөрү сыяктуу бир нече варианттардан курулбастан Саякбай Карала уулунун вариантынын гана негизинде түзүлгөн. Түзүүчү Т. Сыдыкбеков, кириш сөзүн жазган К. Асаналиев. Китептин аягына көөнө сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген.

«Сейтек» жомогунан китепке төмөнкү окуялар кирген: Күлчоро менен Айчүрөктүн туткунга кетиши, Сейтектин төрөлүшү жана анын балалык чагы, Кыястын өлүмү, Сейтектин Таласка келиши, Чоң энеси менен Бакайга жолугушу, Семетейдин элге кайра кошулушу, Желмогуз уулу Сарыбайдын урушу жана сөз аягы окуясы менен аяктайт. Саякбай Карала уулунун таланттуулугу аркылуу өөрчүтүлгөн жана Т. Сыдыкбеков чебердик менен кыскартып түзгөн эпостун «Сейтек» бөлүгүнүн көркөмдүк мааниси чоң, эмоционалдык таасири күчтүү. Бул таасир биринчи кезекте, эл сүйгөн оң каармандардын өтө аянычтуу шарттарда көрсөтүлүшү аркылуу жомоктун трагедиялык мүнөзгө айланышында, душмандар жеңилип, эл жыргалчылык заманга жетет деген оптимисттик жогорку идеяларга негизделгендигинде. Ошондой эле кекчил Канчоронун элге жана элдин ишенген баатыры Семетейге карата чыккынчылыгы бул бөлүмдө кеңири көрсөтүлөт. Эпостун биринчи бөлүгүндөгү негизги оң каармандар Каныкей, Бакай, экинчи бөлүгүндөгү оң каармандар Семетей, Күлчоро, Айчүрөктөр да «Сейтектин» сюжетинин өнүгүшүнө маанилүү роль ойнойт. Китеп кыргыз окурмандарына «Сейтекти» жазма түрүндө тааныштыруунун алгачкы аракети болгон.

Ж. Сагынов

«СЕЙТЕК» — Саякбай Каралаевдин вариантынын «Манас» үчилтиги боюнча жарык көргөн 3-бөлүгү (Фр., 1991). Тексти эки колонка менен терилип, 32634 сап ырдан турат. Баш сөзүн А. Жайнакова жазган. Сүрөтчү Т. Курманов көркөмдөгөн. Сөздүгүн жана айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсүн Р. З. Кыдырбаева, А. Жайнакова түзгөн. Саякбай Каралаевдин вариантынын бул китебине: Сейтектин төрөлүшү, Кыястын Сейтекке той бергени, Сейтекке ат коюлушу, Айчүрөктүн Сейтекти тарбиялашы, Карадөөнүн Сейтекти издеп, ага ата-тегин айтышы, Сейтектин Карагулду өлтүрүшү, Айчүрөк менен Күлчоронун Акбала менен Каныкейди көрүшкөнү, Карадөөнүн Тайбуурул минген Семетейди көрүшү, Желмогуз уулу Сарыбайдын казат башташы, Карадөөнүн өлүшү, Желмогуз уулу Сарыбайдын окуясы, Сейтек менен Акжолтойдун перинин кыздарына үйлөнүшү, кытай каны Китенин жиберүүсү менен Чоң-Билгичтин кыргыздардын жылкысын тийиши, Кенен, Кенендин төрөлүшү сыяктуу окуялар кирген.

«СЕЙТЕК» — «МАНАС» ТРИЛОГИЯСЫНЫН КОРУТУНДУ БӨЛҮГҮ» — А. Жайнакованын монографиясы (Фр., 1984). Эмгек манасчы Саякбай Карала уулунун вариантынын негизинде «Сейтек» эпосунун «Манас» үчилтигинде алган орду, мааниси, темасы, идеясы, образдардын түзүлүшү, салттык менен жекече айтуучулуктун карым-катышы өңдүү эпос изилдөө тарыхындагы маанилүү маселелерге арналган. Кириш сөздө «Сейтек» эпосунун жазылыш, басылыш жана изилдениш тарыхына экскурстан кийин түздөн-түз «Сейтектин» өзүнө байланышкан маселелер иликтенет. «Сейтек» «Семетейдин» түздөн-түз уландысы болуп туруп, бир нече вариантка ээ, өтө кеңири тараган эпикалык чыгарма катары анын белгилүү варианттарына жалпы мүнөздөмө берилет. «Сейтектин» «Манас» үчилтигиндеги орду жана маанисин талдап, автор төмөнкүдөй жыйынтыктарды жасайт: «Сейтек» эпосу деле — «Манас», «Семетей» сыяктуу байыркы кыргыздардын нечен кылымдар бою башынан кечирген тарыхый-социалдык турмушун чагылдырып, жалпы үчилтикти үчилтик абалына жеткирип турган көлөмдүү чыгарма. Бул эпос «Манастын» идеялык-көркөмдүк курамына зарылчылыгына жараша жаңылык киргизип, керектүү учурда толуктап, тереңдетип акыры аягына чыгарган. Ошону менен бирге эле «Сейтек» эпосу «Семетейдин» логикалык уландысы, аны толуктап турган корутунду эле чыгарма

www.bizdin.kg
эмес, өзүнчө белгилүү салттык сюжетке ээ, көп варианттуу чыгарма экендиги эмгекте ишенимдүү көрсөтүлгөн.

Ж. Төлөев

«СЕЙТЕКТИН» СЮЖЕТИ — «Сейтектин» варианттарынын (12) ичинен көлөмдүү жана мазмунду толук камтыгандары Саякбай Карала уулу, Жакшылык Сарык уулу, Мамбет Чокмор уулу, Ыбырайым Абдыракман уулдарынан жыйналгандар. Академик В. В. Радлов жазып кеткен варианттан баштап, бүгүн колдо тургандардын баарында тең, дээрлик «Сейтек» «Манасты» корутундулаган бөлүм катары салттык сюжеттик канвага ээ. Алардын чоң тобу төмөнкүдөй окуяларды камтыйт: Сейтектин төрөлүшү, эр жетиши; Кыяс, Канчоролордон өч алышы; Үйлөнүшү; Сырткы душмандарды жеңиши; Сейтектин өлүмү. Бардык варианттын окуясы негизинен Семетей согушта дайынсыз жоголуп, кош бойлуу Айчүрөк менен Күлчоронун Кыяска олжо болуп кетишинен башталат. Сейтектин чет жерде төрөлүшү, аны Айчүрөктүн аман-эсен асырап чоңойтушу, Кыясты жок кылуу, Сейтек, Күлчоролордун Таласка көчүп келип, Канчородон кеткен кекти алышы — варианттардын негизги салттык мазмунун түзөт. Айрым окуялар жана каармандардын ысымдары боюнча гана айырмачылыктар кездешет. Мисалы, Радлов жазып алган вариантта Канчоронун чыккынчылыгы башкалардагыдай эле белгилүү үч себепке байланыштырылат да бөлөк кырдаалда өөрчүтүлөт. Кийинчерээк жазылган материалдарда Канчоро Кыясты Семетейге каршы тукуруп, Семетейди алдап, курал-жараксыз ээрчитип чыкса, мында капыстан басып келген Кыястын колуна Семетейди салып берип, өзү душман тарапка өтүп кетет. Ошентип, Семетей өлтүрүлүп, ага байланышкан окуялар ушуну менен токтойт. Андан кийинки Айчүрөк, Күлчоролордун тагдырлары да белгилүү сюжеттик чийинден чыкпайт. Композициялык курулушунун татаал жана кызыктуулугу менен өзгөчөлөнгөн Саякбай Карала уулунун «Сейтегинин» сюжети төмөнкү окуялардан турат: Сейтектин Кыястын сарайында туулуп, өсүшү; Карадөө Сейтекти издеп келип, ага ата-тегин айтышы; Күлчорону калыбына келтирүү, Кызылсартты чакыртуу; Тооторуну дубалап, Кыясты өлтүрүү, Таласка көчүү; Тайбуурулдун Сейтекти тосуп чыгышы; Сейтектин Каныкейге учураганы; Күлчоронун Акбала, Каныкейлер менен көрүшкөнү. Карадөөнүн Семетейди көрүшү, Семетейдин калыбына келиши; Желмогуз уулу Сарыбайдын согушу; Айчүрөктүн Куялыны алып келиши; Куялынын Сарыбайды жеңиши; Сейтектин кан көтөрүлүшү, тулпар, жаратарды Олуя чалдын тапшырышы; Сейтек менен Акжолтойдун перинин кыздарына үйлөнүшү; Акберметтин түшү; Коңурбайдын баласы, Ките Кожожаштын баласы Чоң Билгич менен Сейтектин Таласта согушу; Сейтек менен Акжолтойдун өлүмү.

Сейтектин төрөлүшү. Айчүрөк олжого кеткенде Сейтек үч айлык курсакта калат (Саякбай Каралаевдин варианты).

Түшүнө Манас кирип, ичи болот, сабы алтын бир нерсе берип, курсактагы балаңа сак бол деп үйрөтөт (Мамбет Чокморовдун варианты). Шартка жараша, Айчүрөк Кыяс менен Канчорого катуу каршылык көрсөтө албай, болгону Күлчорону Канчорого кор кылбай өзү менен кошо ала кетүүнү Кыястан суранат. Кыяс көп олжо менен Жедигерге келип түшүп, Айчүрөккө ника кыйдырат (ШДВ).

www.bizdin.kg



Сейтекти Айчүрөк он эки айдан ашык көтөрөт (Мамбет Чокморовдун варианты). Толгоо киргенден баштап, Кыяс элин жыйнап, төрөлө турган баланын кимдики экендигин эсептеп билгиле деп буйрат. Айды, күндү эсептеген көпчүлүк Кыястын баласы деп табышат, бирок Кыяс ишенбей, баланы төрөлөр замат жоготуу үчүн ууга сугарылган бирден устара берип, жети кемпирди жумшайт. Баланын көзүн ушунчасында тазалабасаңар, Манастын тукуму экен, чоңойсо бизге жакшылык кылбайт дейт Кыяс. Талабы аткарылса алдындагы Тоотору тулпарын баштатып каалагандарын берүүгө, ал турсун өлгөндө ар бирине алтындан күмбөз салдырарын убадалашат. Муну сезип калган Карачач (Кыястын денекүңү) Айчүрөккө кабар жеткизет. Айчүрөк дубалап кемпирлердин көздөрүн байлап, Карачач устараларды түбү жок кара кудукка салып жиберсе, уунун күчүнөн суу астындагы кара таш как жарылат. Айчүрөк Каныкей берген чык этпес деген уу дарыдан кымызга кошуп ичирип, жети кемпирди жайлайт да коломтонун чекесине көөмп коёт. Жакшылык Сарык уулунда Айчүрөккө толгоо киргенде Кыяс Акжигитин баш кылып, беш жигитти беш жакка чаптырып, беш желмогуз кемпир алдырат. Кыз төрөсө тим коюп, эркек төрөлсө ичин жарууга буйрат. Аларга ишенбей, Кыяс өзү да Жойболотун камдап турат. Айчүрөк кыраакылык менен жардамга өзүнүн Көй-Каптагы эжеси Көкмончокту чакыртат. Баланын киндигин Көкмончок кесмек болгондо Желмогуз кемпир бербейт. Айчүрөктүн өзгөчө касиетин белгилөө максатында Жакшылык Сарык уулу желмогуздун 40 амалы болсо, Айчүрөктүн 47 амалы бар эле дейт. Буга чейинки сүрөттөлгөн окуялардын бирдейлигине карабастан, бул вариантта баланын өмүрүнө кол салган коркунуч алда канча азайтылып берилет. Жакшылык Сарык уулунан айырмаланып Мамбет Чокмор уулу Сейтектин төрөлүшү, ат коюлушун кыскача баяндайт. Баланын Манас, Семетейге окшоштугу жедигер уруусун, Кыясты чочутат. Ушудан баштап Кыяс Сейтекти өлтүрүүгө көп аракеттенет.

www.bizdin.kg



Айчүрөк баласынын киндигин кесип, кирин жууп, Кыяска өзү көтөрүп келет. Кыяс кааранып баланы өлтүрөрдө Куту деген акылдуу адам ортого түшүп, «Канды кудай ураарда катыны менен кабышат, калкы менен чабышат» деп, Кыясты жоошутат. Айчүрөк кекенчү болсо, Акунканга учуп барып калың кол алып келип, баштан аяк баарыбызды кырбасын дейт. Кыяс кепке келип, жедигерди чогултуп, тоюна токсон сойдуруп, балалуу болгондугун аргасыздан жарыялайт. Айчүрөккө чейин Кайыпкандын кызы Акбермет менен Күнжүттүн Караканынын кызы Карачачка үйлөнүп бала көрбөй зарыгып жүргөнүнө карабастан Кыяс кандай да болбосун Айчүрөктөн төрөлгөн баланы өлтүрүүнү оюнан чыгарбайт. Кыяс балага жамандык ойлоп жүргөндө Айчүрөк Таластан ала келген Актинтени камдап, эгер баланы зыян кылса Кыясты жайламакка камданат. Аккуу кебимди кийип, Акундун шаарынан аскер алып келип, шоруңду катырам деп коркутат. Айчүрөктүн айбатынан чочуган Кыяс калп эле күлгөн болуп, «сынап кантээр экен десем, балаңдан бетер тилдейсиң, Чүрөк, жалгызыма душмандык кылсам оңомбу! Андан көрө балага ылайыктуу ат койдуралы» — деп, алдап чоң той берип, уулума жакшы ат койсоңор көп сыйлык аласыңар дейт элге. Эч ким даап ат коё албай кысталып турганда түрү суук, кийгени жыртык бир думана (Кызыр) кайыптан пайда болот да Түгөйкан (Түмөнкан) — Акжолтой — Санколдой — Түмөнкан — Бөйөнкан — Жаянкан — Ногойкан — Каракан— Балакан — Жакыпкан — Манас деп, баланын ата-тегин бүт эскерип, аты Сейтек болсун деп көздөн кайым болот. В. В. Радловдо бул милдетти асмандан түшүп келген алтын сакал Айкожо аткарат. Ыбырайым Абдыракман уулунда кайыптан пайда болгон думана «Сайыт ак» деген ысым берет. Жакшылык Сарык уулунда балага ат коюуда аба бузулуп, жерди жөө туман басат. «Алтын асасы колунда, жакут таажысы башында, куу баштыгы ийининде» кызыл чийкил думана пайда болуп:

Түп атасы Бөйөнкан,
Бөйөнкандан Чаянкан,
Чаянкандан Каракан,
Каракандан төрөгөн,
Жакыпкандын баласы — (Жакшылык Сарыковдун варианты, Кол жазмалар фондусу, 53- инв.).

Манастын уулу Семетей, анын баласынын аты Сейтек болсун дейт. Мында Сейтектин ата-бабасынын аты-жөнү Сагымбай Орозбак уулунукуна окшош. Мамбет Чокмор уулунун вариантында куудай аппак башы бар, токсон менен сексендин ортосунда жашы бар карып калган чал (Бозбаланын атасы) баланын аты Сейтек болсун деп бата берет. Муну уккан Чачыкей аты Семетейге окшош болуп калыптыр башкача койдурсун деп киши жиберет. Айчүрөк кабарчыга

www.bizdin.kg
болгон ишти түшүндүрүп, Канықейге аман-эсен эркек төрөгөндүгүмдү айтып кой деп тапшырат.

В. В. Радлов жазган варианттагыдай эле Саякбай Карала уулунун вариантында Сейтек өтө тез жана тентек өсөт. Анын аман-эсен төрөлгөндүгүн Күлчоро ар башка вариантта ар кайсы кишиден угат, жакшылыктын жышааны бар түштөр көрөт. Ыбырайым Абдыракман уулунда түш да көрүп, Момунжандан да угат. Кыяс Сейтекти өлтүрүүгө ар дайым далалаттанат. Сүннөткө отургузуу үчүн той бергенде да Айчүрөктүн кыраакылыгы менен Сейтек үчүнчү жолу өлүмдөн калат. Айчүрөк баланы мыктылап багат, Сейтек он үчкө чыкканда эле:

Кирпиги жалын, көзү чок
Кишиден мындай балаа жок,
Жалаяк ооз, жар кабак
Жана эрдигин сынап бак,
Көзү жалын, кеби тик
Мурун борчук сеңирдей,
Бу карасат кутургур,
Булкушканды жеңгидей,
Чамынганы жолборстой,
Чалынган тирүү болбостой.
Эки көзү кыпкызыл
Табылгынын чогундай,
Шартылдашы баланын
Чагылгандын огундай,
Өткурлүгү баланын
Соксолүнүн чогундай (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 954-инв., 89-б.) болуп, баатырдык сыны байкалып калат.



Карадөө Сейтекке талаадан издеп келип кезигип, ата-тегин айтышы. Сейтек бүркүт кондуруп аң уулап жүргөн жеринде «Кара кула ат минген, карагайдай айза алган, кыны жок кылыч байланган» бир сүрдүү адам кезигет. Ал Кыяста денекул болуп жүргөн Карадөө деген баатыр экен. Сейтекке ата-тегинин дайнын айтмакка атайылап издеп келиптир, Канчоро, Кыяс, Толтойдун кандай иш кылганын түшүндүрүп, Бакай, Канықей, Күлчоронун жөнүн билгизет. Кыястан өч ал деп өтүнөт. Дарыгер чакыртып келип Күлчорону айыктырыш үчүн Момунжанды (Кызылсартты) издеп кетет. Олжого кеткен Зулпукорду, сур чепкенди, ок жетпеген Тооторуну Кыястан алдап алсын деп Айчүрөккө табыштайт. Ошо кезде кечири кесилип, кырк жылкычынын башчысы Карагулда кулчулукта жүргөн Күлчоро Сейтектин аман-эсен өсүп келе жаткандыгын жылкычы Бозбаладан угат да учурашмакка Айчүрөккө келет. Күлчорону көрүп Кыяс өлтүрө турган болгондо Айчүрөк дагы атасынан кол алып келээрин айтып аны сестендирет.

www.bizdin.kg



Күлчоро эс алып, күчтөнүп, демденип алган соң Сейтекти өзү менен кошо жылкыга ала кетүүнү өтүнөт. «Көк жалдын кара көзүндөй, Семетейдин өзүндөй», болуп жетилип калган Сейтек Канчоронун кастыгынан Семетейдин жаздым болгонун Күлчородон угуп, эмдигиче айтпаганың кандай деп энесине тарынат. Айчүрөк да Сейтекке негизги жоо Кыяс эмес, Канчоро деп түшүндүрөт. Канықей, Бакайдын жайын угуп, Канықей Манас өлүп төркүнүнө качканда кайненесин аркасына, баласын алдына көтөрүп ала кетиптир, сен болсо, кара эле жаныңды качырып кетипсиң, Канықей, Бакайды Канчорого таштабай Акундун шаарына кирип кетпепсиң деп күнөөлөп, Таласка кетээрин билдирет Айчүрөк Кыястан суранып, Сейтекти Күлчорого кошуп жылкыга жиберсе, кечигип келесиң деп Карагул Күлчорону сабаганда Сейтек ага болушуп, жылкычыларга кол салат. Бул анын көрсөткөн биринчи эрдиги. Мамбет Чокмор уулунун айтымында Айчүрөк жылкычыларга барсын деп, Сейтекти Күлчорого кошуп жибергенде жолдо келатып Күлчоро Сейтектин өз атасы Семетей экендигин түшүндүрөт.



Сейтек, Бозбала экөө Абдырай кандын кербенчилерин алып келип, Күлчорого кырмызы деген дарыдан беришет. Башка варианттарда кашкарлык Кызылсарт, Карасарт деп берилчү Семетейдин достору мында ашхабаддык Абдырай кандын кербенчилери деп берилип, түбү Манастын досунун балдары катары айтылат. Жакшылык Сарык уулунда Сейтектин өз ата-тегин билиши бир аз башкачараак сүрөттөлөт. Өрмөк соккон кемпирден (баласын ыйлатып койгондугу үчүн жемелеп) ата-тегинин дарегин угуп, энесинен чындыкты билет. Ушундан баштап Сейтек Таласка кетүүгө шашылат. Бирок биринчи милдет өзүнө таяныч табуу болгондуктан, Сейтек дарыгер издеп, Күлчорону айыктырган эпизод «Кызылсарттын келиши» деп өзүнчө айтылат. Семетейдин досу Кызылсарт Күлчорого кайнатма кара дары, кырма кызыл дары сыйпап кечирин айыктырат. Саякбай Карала уулунда Карадөө Манастын досу, дарыгер Кызылсартты ээрчитип келет. Ал Семетейден калган көк даңгыт иттин кечирин эптештирип дарылагандан кийин Күлчоро баатыр мурдагыдай каруу-күчкө толот. Кыяска барып өч алууну ойлогон Сейтек аны ар кандай сындан өткөрүп көрөт.

Айчүрөк жылкыдагы балаңа барып келейин деп, Тооторуну сураганда, Кыяс кыйылып туруп тулпарын берет. Ошондо Тооторуга тил бүтүп, Кыяска нааразыланып Айчүрөктү тоо-ташка уруп өлтүрө турган болгондо Айчүрөк

www.bizdin.kg
сыйкырлык касиети менен аттын учкаяктыгын жоготуп, койго жеткис кой күрөңгө айландырат. Жылкыга келип Кызылсарт, Күлчоро, Сейтекке жолугуп өткөнкеткен армандар айтылып, Сейтек акыры Айчүрөктүн өз оозунан ата-тегинин дайнын толук угат. «Жеткилең бабаң зор Манас, Жердегени кең Талас, — деп Семетейдин дайынсыз жоголгонун, Күлчоро экөөнүн Кыяска олжо болгонун айтып, даярдап келген кийимкечек, ок өтпөстү, кандагайды Күлчорого тапшырат. Калыбына келген Күлчоро Кыястан өч алууга бел байлайт. Жакшылык Сарык уулунда Айчүрөк Кыясты алдап, мас кылып, Тооторуну алып чыгат. Мында да касиеттүү Тоотору ээсинен мурун душманчылыкты сезет. Ошентип, башка күч келгенде тил сүйлөп, канат байлап уча турган тулпарды Айчүрөктүн адамдан артык сыйкырдуу касиети каалагандай өзгөртө алат. Эми Кыястын баяны башталат. Айчүрөк Тооторуну минип жылкыга кеткендин эртеси Кыяс элин чогултуп, Айчүрөк, Сейтектерден шектенгендигин билдирет. Түндө көргөн түшүн айтат: Тооторусу аргын, кыргыздын колуна түшүп, алтын боолуу Акшумкары айды көздөй сызыптыр, болот калканын дат басып, үстүндөгү көк күпөсүн Сейтек кийип алыптыр, Сырнайзасы сыныптыр. Бул жаман түштү жоруй албай, эл кыйналып тунжурайт. Башка вариантта эч жолукпаган каарман Кыястын энесинин түшүнө Манастын арбагы кирип, элди бөөдө кырдырбай, Кыяс жөн гана багынып берсин деген кеңеш берет. Бирок Кыяс бекер багынып бергиси келбей кызыл кыргын жүрүп, Күлчоро менен Кыяс жекеме-жеке беттешет. Кыяс жеңилип баратканда Сейтекке кайрылып, Сейтек боору ооруп бошоттуруп жиберип, бирок кийин өзү жекеме-жекеде жеңет. Бозбаланы жедигерге кан көтөрүп, Таласка көчүшөт. Мында да Айчүрөктү Күлчорого алып берүү аракети бар (Мамбет Чокмор уулунда). Саякбай Карала уулунда Кыяс кол курап барып Күлчоро, Сейтектер менен алты күнү кармашат. Алсыраган Кыяс «Балалыгын билгизсең, Тооторуну тийгизсең» деп Сейтектен жардам сураганда, Айчүрөк жыкпай туруп, Тооторуну Манастын арбагына атап мууздап жиберет. Сейтек Кыястын башын алат. Кутубийдин баласы Карадөө жедигерге кан шайланат. Мамбет Чокмор уулунун «Сейтегинде» Тооторунун жардамы менен Кыяс жаш Сейтекти жеңе турган болгондо Бакай барып, балалык кылып атам деп аяп, алдатып койбосун деген ойдо Сейтектин оң бутунун тарамышын жара саят. Чочуп кеткен Сейтек Кыясты атынан тоголото коёт. Жакшылык Сарык уулунда Кыясты Күлчоро өлтүрөт. Кыяс менен Күлчоро найзалашып, балталашып көпкө жеңише албайт. Акыры Күлчоро күч менен жеңип, бирок Кыястын башын алууга Манастан калган Наркескен өтпөйт. Кыяс Күлчородон кыйнабай өлтүрүүсүн суранып, денесине өзүнүн гана албарсы өтөөрүн айтат. Ушул эпизоддо жалгыз гана Жакшылык Сарык уулунун вариантына таандык өзгөчөлүү жөө жомоктук мотив: Кыяс Күлчорого «Ичимди жарып, өтүмдү ал, жүрөгүмдү алып, жүрөгүңө бас, ичегимди алып, белиңе тез курчан, мындан да эр жүрөк болуп каласың» — дегени айтылат. Күлчоро Кыястын албарсы менен башын кыя чаап, ичиндеги ичегисин алып терекке орой салса, терек кыйылып түшөт.

Эпостогу Кыясты өлтүргөндөн кийинки маселе элин табуу, тууган жерге көчүп кетүү. Ошондуктан мындан кийинки окуя Айчүрөктүн көчүнө арналып, Бакай Каныкейлерге учурашуу менен уланат. Таласка көчүүдө көчтүн кооз көрүнүшү, теребелди козгогон шаан-шөкөт кеңири тартылат. Жигиттер ит агытып, куш салып чоң салтанат менен жыргап куунап келатканда алдыдан Семетейдин Тайбуурулу жолугат. Тайбуурул — Семетей менен урушуп Үмөтай каза болгондо казактарга кунга кеткен тулпар. Кулагына коргошун куюлуп жазаланып, ал аз келгенсип кербенчи сартка сатылып кеткен боюнча арып-азган Тайбуурул көч үстүндө Айчүрөк. Сейтектерге кезигип, көзүнөн жашын иргилтип төгүп турганда Карасарт баштаган кырк кербенчи куугунчу келет. Сейтек ачуусу менен куугунчуларды кырып салат. Тайбуурул кайып болот. Тайбуурулдун көз алдыда

www.bizdin.kg
кайып болушу Сейтекти катуу толгонтот. Өткөн-кеткенден өч алып, кадимки жыргал турмушту калыбына келтирүүгө биротоло белсенет. Күлчоро да кошумча болуп, эки жакта душманың көп, элге барганда мени ала кет деп акыл салат. Сейтек так секирип, «Экөөбүз катар баргыдай, кыжылдап кытай жоо барбы, Маңдай тердеп, тил жооруп, Айтыша турган доо барбы» — деп көнбөй, Таласка жалгыз жөнөй турган болгондо Айчүрөк Таласты сүрөттөп, Бакай менен Каныкейди бошотуп, атаңан калган түмөн мүлктү Аколпок, Аккелте, Зулпукор менен кошуп Канчородон сурап ала кел деп тапшырат. Курал-жарактy Манас кантип тапканын, кийин Абыке, Көбөштүн колунда сынып бүлүнүп, Каныкей, Бөлөкбай оңдогонун, акырында Семетей жоголгондо Айчүрөк алсыз болуп алдырып ийгенин тегиз баяндайт.

Сейтек Кылкүрөңдү минип Таласка келет. Таластын ажайып кооздугу анын кубанычын арттырат. Сейтектин алдынан Ойсул ата боз инген тосуп чыгат. Аны он эки жылдан бери Күлчоронун аялы Акбала (Арууке — Шапак Рысменде уулу) багып келиптир. Айчүрөк табыштагандай Сейтек ингенди курмандыкка чалат, андан ары жүрүп, Каныкейге жолугат. Каныкей колу артына байланып, торпок кайтарып жүргөн абалда. Сейтекке өткөн турмушун баяндап, өзүн тааныштырат. Айчүрөктүн курсагында кеткен перзентимди күтүп жүрөм, келээр маалы болду эле дейт. Сейтектин ата-тегин, жөн-жайын сурамжылайт. Айчүрөк уул төрөп, атын Сейтек коюптур деп уктум эле десе Каныкей кубанат. Жакшылык Сарык уулунда Сейтек жедигерден келдим дегенде аны Семетейге окшотуп боолголоп, Каныкей Күлчоро менен Айчүрөктүн кабарын сурайт. Сейтек сырын катып, Айчүрөк эркек төрөп, баласы чарчап калган деген жалган кабар айтат. Каныкейдин кайтарып жүргөн торпоктору сайгактап, аны сүйрөп жөнөгөндө Сейтек чыдай албай Ачалбарс менен бөлө чабат, Канчородон корккон Каныкей Сейтекке ачууланат. Акыры Сейтек чынын айткандан кийин Каныкей, Акбалалар аны мерт болбосун деп, Канчорого каршы жалгыз барбоосун өтүнүшөт. Сейтек тил албайт.

Айчүрөк менен Күлчоронун Акбала, Каныкейлер менен көрүшкөнү. Сейтектин аркасынан Айчүрөк, Күлчоролор келип, Каныкей менен көрүшөт. Булардын жолугушуусу психологизмге өтө терең сугарылган саптардан турат. Он эки жылдан бери качып карматпай жүргөн төө атасы Бозбуура менен Манастын Кумайыгы келет. Айчүрөк аларды көргөндө Семетейди көргөндөй, «Тарак тийбес кара чач, Тал-талынан жулунуп, Ай тийгендей кайран бет, Беш тырмак тийип булунуп» өткөн-кеткен турмушу көз алдынан өтүп, ичтеги капасы козголот. Канчородон өч алууга келген Күлчоро, Сейтектерди эл кызуу кабыл алышат. Күлчоро ордого келсе Канчоронун «Жумулган көзү ачылбайт, Сунган буту тартылбайт». Күлчоро андан Семетейден калган Аколпок баштаган курал-жарак, мүлктү доолайт. Канчоронун аялы Чачыкей Күлчоронун тегинин кытайлыгына жетип, кыргызга эл болбосун айтып ачуусуна тийгенде, ал Чачыкейди өлтүрүп тынат (Мамбет Чокмор уулунда жез мамыга мингизет). Аңгычакты Айчүрөк, Каныкейлер келишет. Ушу жерде Канчоронун бала кезинде эле душмандыгы билинип, бирок Семетей бекерге аяп, өлтүртпөй койгондугу эскерилет. Канчорону Айчүрөк өз колу менен жайлайт, Шапак Ырысменде уулунда Күлчоро өлтүрөт. Мамбет Чокмор уулунда Күлчоро Канчорону өлүмгө кыя албай аяп турганда Бозбала келип Канчоро сага эмне гана кордук кылбады эле деп урушуп, аны эки колун билегинен кестирип, кайнаган майга салдырат. Ыбырайым Абдыракман уулу да Канчородон өч алуунун жүрүшүн катаал баяндайт. Чыккынчылык менен бийликке жетип жыргап жаткан Канчорону да Кыястай кыйнап, Чачыкей менен бирге орго салышат. Кыяс, Карагул, Канчоро, Чачыкейлер ордо жатып өлүшөт. Бардык вариантта салттуу айтылган окуя — Канчородон өч алуу ушундайча аяктайт. Бакайды Карадөө (Кутубийдин баласы) табат. Бакай өзүнүн оор абалын баяндап, Күлчоро, Сейтектерди күтүп өлбөй жүргөндүгүн айтат. Карадөө Күлчоро

www.bizdin.kg
калыбына келип айыкканын, Сейтек эр жетип элине көчүп келатканын сүйүнчүлөйт. Бакай алар менен жолугушат. Сейтек кан көтөрүлөт да Күлчорону Айчүрөктү ал десе Күлчоро баш тартат (Жакшылык Сарык уулу). Шапак Ырысменде уулу Күлчорого тиешелүү окуяларды дагы кеңитип, асмандан Айчүрөктү Күлчоро алсын деген дабыш чыккандыгын кошумчалайт. Ошол себептүү Күлчоро менен Айчүрөк баш кошууга милдеттүү эсептелип, Сейтек өзү кийлигишип жатып, энесин Күлчорого баш байлайт. Эки жылдын ичинде Айчүрөк Алымсарык, Кулансарык деген эки уул төрөйт. Мамбет Чокмор уулунда Күлчоро сыяктуу эле Айчүрөк да баш кошууга каршылык көрсөтөт. Муну менен Айчүрөктүн Семетейге чыныгы туруктуу жар экендиги дагы бир жолу белгиленет. Айчүрөк Семетейдин өлүмүнө ишенбей, сөзсүз издеп табарын айтат. Билгизбей катып жүргөн Семетейдин жоо-жарагын Сейтекке тапшырып, аны Семетейдин баласы деп жедигерге жарыялайт.

Таласка көчүп чыгарда Нуркандын кызы Каракыз Сейтекке баш кошууга өз ыктыяры менен келет. Эгерде кыздын түшүндө аян берген карыяны эскерсек, үйлөнүүнүн бул түрү байыркы коомдогу адат-салтты эске түшүрөт. Бул вариант боюнча башкы душман Канчородон өч алуу биринчи орунга коюлуп, Кыясты өлтүрүп, Айчүрөктүн Таласка көчүп келиши менен Манастын орду анын тукумуна өтүп, аргын, ногой уруулары жыргап жатып калат.

Карадөө Тайбуурул минген Семетейди көрүшү. Карадөө көбүнчө жер чалып, эл кыдырып жүргөн баатыр. Ошентип жүрүп бир күнү Нарбуурулду (Тайбуурулду) минип бастырып жүргөн Семетейди көрүп калат. Дайынсыз жоголгон Семетей Акшумкарын кондуруп, Актайганын ээрчитип, Аккелтесин айдалыга асынып, кадимкисиндей сын-сыпатта кезигет, бирок ал эч кимди көрбөйт, эч нерсени укпайт, башкача айтканда «кайып түрлүү» абалда. Карадөө канчалык кыйкырса да Семетейден жооп жок. Эптеп элге алып кетүүгө аракеттенсе, Семетей Кайыпчынын кара үңкүрүнө кирип, чыкпайт. Карадөө капаланып, кара үңкүр менен «ташыңды талкан кылбасам» деп урушуп алалбай, элге барып кабарлайт. Кармап алып келүүгө Күлчоро гана жарайт дейт. Күлчоро Кылкүрөңдү токунуп, жай-жарагын алып, Карадөөнү ээрчитип Кайыпчынын кара үңкүргө келип карап турушса, атын алчактата бастырып, Семетей баягы үңкүрдү карай жөнөйт. Күлчоро Семетейдин атын тизгиндеп, катуу-катуу кыйкырганда гана Семетей Күлчорону боолголойт. Семетейди алып кеткен каарман Көкмончок Айчүрөктүн сиңдиси же эжеси катары берилиши бардык вариантта салттык мааниге ээ. Саякбай Каралаевдин вариантында Айчүрөктүн сиңдиси катары жедигер менен согушта Тайбуурулдан ажырап жөө калган Семетейди жазгырып алып кетет. Көкмончок баштап сексен кыз кайыптан мынча зайыбым бар, эгер энемдин эмчегин ээмп уктасам көз-кулагым ачылат, ооруган жерим басылат. Сүт чыкса элге кошулганым, кан чыкса менден үмүтүңөрдү үзүп койгула дейт. Кара үңкүргө Бакай, Канykей, Айчүрөктөр келип ыйлап-сыктап, Семетей Канykейдин эмчегин соргондо сүт чыгат да умачтай көзү ачылып мурдагы калыбына келет. Бакай эбеп-себеп деген дарысынан берет. Дайынсыз кеткен Семетей элине кайтып Сейтек эл милдетин аркалаган кан болуп, Талас мурдагыдай гүлдөп бүрдөп, бейкуттук орнойт. Мамбет Чокмор уулунун вариантында да Айчүрөктүн Семетейди издегени, таап келип, Канykейдин эмчегин эмизип калыбына келтириши тууралуу баяндалат. Бул вариант боюнча Семетейди Уркандын (Нуркен) кызы Көкмончок алып кеткен. Бирок башка айтуучулардан өзгөчөлөнүп Мамбет Чокмор уулу Семетейди Айчүрөк аккуу болуп кубулуп барып көп машакат менен араң алып келгендигине чейин кеңири сүрөттөйт. Семетейдин укпай, сүйлөбөй калышы Саякбай Каралаевдин вариантындагыдай эле болгону менен аны айыктырууда Манастын пирлери Канykейге келип:

Эмчегиңди эмизгин,

www.bizdin.kg

Эмчегиңден сүт чыкса

Анан сүйлөйт — деп айтат. Ушундан кийин Айчүрөк Көкмончок алып кеткен Семетейге барыш үчүн кайып болуп кеткен Тайбуурулду издетет. Көрсө, аны да Көкмончок алып кетиптир. Семетей Тайбуурулду минип, колуна шумкарын кондуруп, Көкмончок менен Кара-Көлгө оюн куруп кетчү экен. Айчүрөк перинин кызы Чоң Сайкалды ала барып калыска түшүп, Семетейдин башын ачат. «Сейтектин» башка варианттарында учурабаган ушул Сайкал «Манас» бөлүгүндөгү балбан кыз Сайкалды эске салат. Анткени эки бөлүктө тең бул каармандын алптыгы, кайып тукумунан экендиги бирдей айтылат. Бул эпизодду айрыкча деталдаштыруу Мамбет Чокмор уулуна гана таандык. Анткени, башка варианттарда Семетейди элге кайтарууда Айчүрөктүн аракети жалпы гана берилчү. Ал эми Семетейди адам калыбына келтирүү машакаты болсо дагы эле касиеттүү эне сүтү менен байланыштырылат. Бирок өлүп тирилүү мотивине негизделген бул эпизоддо Семетей уктап жаткан болуп, Каныкейдин эмчегин үч имерип соргондо кадимкидей көзү ачылат. Семетей менен кошо Тайбуурул да калыбына келет. Мурдагы варианттардагы сыяктанып Семетейди Көкмончок алып кетпестен, аны Манастын кара үңкүрүндө уктап жаткан жеринен табышат. Каныкей, Айчүрөк, Күлчоро, Сейтектер келгенде Семетей козголуп, көзүн ачып, тигилерди көрөрү менен жок болот.

Желмогуз уулу Сарыбай келип казат баштап, урушуп жүргөн жери. Бул окуя Саякбай Каралаевдин вариантына гана таандык. Карадөө мурдагы адаты менен «Арстан атып, жолборс кууп, Аюу, марал, бугу кууп жүрүп», мурда адам барбаган бир жерге туш келет. Ал жердин ээси — Желмогуз уулу Сарыбай дөө башынан Манастын тукумуна каршыгып калып, кимиси болбосун жок кылууну көздөп жүрөт. Ал да жерин чалып жүргөн кези экен. Карадөө «Манас» деген ураан менен качырып сала берет. Ушу жерде Карадөө менен Сарыбай дөөнүн ар кимисинин жеке сапаты кеңири сүрөттөлөт. Катуу кармаштын негизинде Карадөө Сарыбай колдуу каза табат. Сарыбайдын душманчылыгынын себеби Манастын тушунда анын карындашы Карлыгач Желпиниш жериндеги жаман деген элдеги Жарманаска турмушка чыгат. Алардын айлын Сарыбайдын атасы Желмогуз чапканда Жарманас өзүнүн кайындары Манас, Алмамбет, Сыргак, Чубактарды чакыртып алып, жети күндүк согушта Манас Желмогузду баштап кырат. Экинчиси, Сарыбай Чубактын Көгала тулпарын талашат. Сарыбайдын кыргызга кол салышынын маңызы ушуга такалат. Карадөөнүн өлтүрүлгөнүн Бозбаладан угуп, Күлчоро, Сейтектер Сарыбайга беттешип, бирок жеңише албайт. Бул Семетей, Күлчоролордун мурдагыдай ал-күчкө келбегенине, Сейтектин жаштыгына байланыштуу түшүндүрүлөт.

Айчүрөктүн Куялыны алып келиши. Күлчоро Сарыбайдан отуз күндүк мөөнөт сурап, бүтөрү менен атаң Желмогуздун кунун төлөп беребиз деп согушту убактылуу токтотот. Муну укkан Айчүрөк Сарыбайды жеңип бере турган шер издеп, бир кезде достошкон курбусу Куялы деген баатыр кызга кайрылат.

Куялы кырк жигиттен кошчу алып, кырк балбаны жол чалып жерин коруп жүргөн алп кыз. Шашкандай түрүң бар, башыңа кыйынчылык түшкөн го деп, иштин жөнүн түшүнөр замат жардамга шашылат. 30 күн мөөнөт бүтүп, баатырлардын кармашы кайрадан башталат. Сарыбай жети атамдын өчү бар, Каныкей менен Айчүрөктү, Буурулду бер, болбосо, «кыргын кылам баарыңды, кыйратамын шаарыңды” — деп опузалайт. Атасынын куну үчүн алты миң төөгө жүк болгудай алтынкүмүш сурайт. Душмандын баскынчы талабына көнбөгөн кыргыз баатырлары Семетей, Күлчоро, Сейтек нечен күн кармашып, акыры Куялы кызга күн түшөт. Куялы Сарыбайды жеңерине көзү жетет, ошон үчүн Семетей мени аялдыкка алса гана кармашам дейт. Семетей көнбөйт. Көрсө, ал Чачыкейден кийин өзү жактырып Айчүрөккө үйлөнгөндө аркасынан токол албаска ант берген.

www.bizdin.kg
Куялыны Күлчорого же Сейтекке тий деп үгүттөшсө, кулуңа же балаңа тийип шылдың боло албайм деп ынанбайт. Акыры элдин кызыкчылыгы үчүн Бакай менен Айчүрөк арага түшүшүп, Семетейди көндүрүшөт да Семетей менен Куялы тиги дүйнөлүк, кыяматтык жар болуштук деп, «Кылычтап чырпык кыйышып, Ак буудай данын чайнашып» шерттешишет. Куялы Кайыпчалдын кызы. Кайыпчал мазарга түнөп, кудайдан бала сурап, перинин кызы Көкмончок оюнкуруп, көңүл ачкан жерден ымыркай Куялыны табат. Кызы алтыга чыкканда чоң той берип, баатырларча ат койдуруп жетиге келгенде «Кан шимирип катыгып, кыз арстан атыгып», он үчүндө атасы өлүп, чоң салтанат менен көмөт. Ошондо Сарыбай кол жыйнап келип чаба турган болгондо Сарыбайдын колун кырып, өзүн качырып жиберет. Биротоло жоготуш үчүн Куялы ошондон бери издеп таппай келет. Эми кас душманы бет алдынан чыккан соң Бакай менен Каныкейден бата сурап согушка кирет. Ушу жерде Каныкейдин илгерки көргөн түшү эскерилет: түшүндө кызыр көрүнүп, Семетейдин төрөлөөрү, анын Айчүрөк менен Куялыга үйлөнөрү күн мурунтан белгилүү болот.

Куялынын согушка кириши. Сарыбайга каршы Күлчоро менен Сейтекти жанына алып, Куялы аттанып чыгат. Сарыбайдын сырткы сүрү, баатырдык бедели шумдук, эл-жерге мүшкүл салып турган учуру. Чачын төбөсүнө ороп түйүп, башына көк темир туулга кийип, Желжетпес тулпар минип жекеге чыккан алп кыздын көрүнүшү андан да ашып түшөт. Сейтек экөө Сарыбай менен алмак-салмак кармашып, акыры ачууланган Куялы Сарыбайдын боорун жара саят. Өлүм алдында турса да Сарыбай кайратынан кайтпайт. Акыры Сейтек менен Куялынын баатырлыгы аркасында эл коркунучтуу душманынан кутулуп жыргап жатып калат. Чоң той өткөрүлөт. Жарды-жалчыга казына чачылып, Сейтек кан шайланат. Санаа тынып, Куялы өзүнүн элине, Семетей, Бакай, Каныкей, Күлчоро, Айчүрөктөр элди душмандан коргоп алар ээси бар деп, кайып болуп кетишмек болот. Буга чейин алардын мурдагы иштеген адилет иштери жомоктолуп, түбөлүк коштошуу өтө оор сценада өтөт (Шапак Рысменде уулунда Каныкей ооруп өлөт). Шапак Рысменде уулу менен Багыш Сазан уулунун вариантарында Куялы Коңурбайдын уулу болуп, Таласка чабуулдап келип Сейтектен жеңилет. Кыз Куялы деген ысым Кызыл-Суулук кыргыздардагы вариантарда да кезигип, Сейтек ага үйлөнөт. Кыскасы, Куялы деген аттын өзү бир кезде кандайдыр бир манасчылардын тобуна тааныш келип, бирок анын эпостогу аткарган милдети бирдей калыптанып үлгүрбөгөн сыяктуу. Биздин оюбузча Саякбай Каралаевдин вариантында Айчүрөктүн Куялыны Сейтекке баш кошууга үгүттөшү менен жогорку аталган вариантагы Сейтек Куялыга үйлөнгөн сюжеттин ортосунда кандайдыр бир жалпылык бар.

Окуялары ырааттуу түзүлгөн Ыбырайым Абдракман уулунун вариантында мындан кийинки чоң эпизод — **«Карадөөнүн Таласка карай жасаган жүрүшү»**. Карадөө мурдагы эпикалык душмандардан айырмаланып, Индостандын алты шаарына жакын жерден келет. Манастын небереси Сейтек деген баатыр чыкты деп угуп, алты сан кара кол жыйып, Таласты беттейт. Бул чоң согуш баатырлардын жекеме-жеке чыгуулары аркылуу өөрчүйт. Жекеге чыккан Карадөөнү Күлчоро курунан алып жерге урганда баатырынан ажыраган анын кошуну багынууга аргасызданат. Мында сырттан келген баскынчы Карадөөнүн согушунан башка Коңурбайдын баласы Куялынын Таласка жасаган жүрүшү баяндалат. Жашы отузга келип, беттешкенди мертинтип турган Куялы Сейтектин кабарын угат. Коңурбайдын кунун кууйм деп кыргыздарга жөнөйт. Мында да адаттагыдай эле эки тарап тең согушка даярдык көрүшүп, баатырлардын жеке кармаштары аркылуу бүтөт. Өзү келип катылган Куялы качууга аргасыз, артынан түшкөн Күлчоро жетип башын алат. Жакшылык Сарык уулунун вариантындагы согуштук чоң окуя да «Карадөөнүн Таласка жасаган жүрүшү». Карадөө менен

www.bizdin.kg
Агалдай дөө эсепсиз кол алып Таласты каптайт. Кадимкисиндей күч-кубаттуу, кыргыз уулдары Карадөөнүн колуна аламан коёт. Эпикалык баатырлардын салты боюнча адегенде Сейтек менен Карадөө жекеме-жеке салгылашат. Эки баатырдын кармашынын өтө катаалдыгы өзгөчө берилет. Сейтек Карадөөнү жеңип, сөөгүн өрттөтүп, күлүн көккө сапыртат. Бул көбүнчө кийинки эле жылдары жазылып алынган ысык-көлдүк манасчы Мамбет Чокмор уулунун вариантына жакындашат. Душман жеңилип, чоң той өтүп Сейтек казынасын карыптарга таратып, кан шайланып бейкут турмуш орнойт.

Сейтектин акылман кеңешчиси Акжолтой Манас Алтайда тургандагы калмактан чыккан Кутубий аттуу чоросунун баласы. Кутубий жетимиш түрлүү тил билген, Мисир менен Багдаттан окуган билимдүү, кыраакы, калыс адам катары айтылып, анын баласы Акжолтой да билимдүү, баатыр чыгып, жер чалгындап жүрөт. Чөбү, суусу жок Медиян чөлүн кыдырып чаалыгып, бир булакка келип эс алып олтурса алыстан коюу чаң чыгат. Караса, куйругу кылыч, көзү чок бир коркунучтуу нерседен Куралы деген жылкы качып келатат. «Бил менен керикти койдой жеген» Койбос-Тойбос аттуу ошол айбанды Акжолтой кырк чилтен, кызыр Илиястын жардамы менен кылычтап өлтүрөт. Аңгыча ак селдечен бир адам (Олуя чал) пайда болуп, баатырга Кулунсур, Кулансур (Кунансур) деген эки тулпарды тартуулайт. Буларга кошуп асмандан түшкөн Наркескенди, Алмабаш аттуу жандуу мылтыкты, гүлдүү бадам көк купуну Манастын Сейтекке деген аманаты эле деп тапшырат. Сейтекке ылайык перинин кызы Акбермет аттуу сулуу бар, келип ошого үйлөнсүн деп, кыздын өзүнүн да аманатын айтат. Түшүндө бир думана чал көрүнүп, «Кадимки канкор эр Сейтек, каалап тиер күйөөң» деп ника кыйып, Акбермет алигиче Сейтекти күтүп жүрөт. Эркекче кийинип, миң балбанды жыйып алып, Сейтекти чабам деп токсон уруу суу кечип, Чын-Кап тоосун таянганда сыйкырчылардын жери экен ажыдаарга кезигип, кырылышып Акбермет араң кутулат. Ошол Акбермет эми Сейтекке өзүнүн каухар шакегин белекке берип жиберет. Акжолтой эки тулпар ат менен Төрткүлдөгү кандын чеби капкага келип көргөнүн айтат. Сейтекке Олуя чалдын бергендерин тапшырат. Акжолтой алып келген Акберметтин кабары Сейтек эмес, жалпы элди кубандырат. Анын урматына алты жылы туу калган ак боз бээни алдырып, бутун буубай эле кулагы менен көкүлүнөн кармап туруп Манастын арбагына багыштап мууздашат. Сейтек Акберметти карай жолго камданат. Кулансурга ак нокто каттырып, ок өтпөгөн суп жабуу жаптырат. Болот така, күмүш мык кактырат. Булгаары тердик, көк токум салдырып, Алмамбеттин Аккаңкысын токушат. Бөлөкбай уста кырк калчасы менен бүтүргөн Аккаңкынын качанкы тарыхы айтылат. Мына ушундай сандыргалуу салтанат менен көй баатырдан жолдош алып, Сейтек Кең-Өзөнгө келет. Кең-Өзөндүн табиятынын кооздугу Сейтекке өтө жагып, элимди биротоло көчүрүп келчү жер экен деп кызыгат. Дүрбүсүнөн алды тарапты караса алда немедей көркөм ак чатыр көзгө урунат. Акбермет Сейтектин издеп келерин сезип, чоң камылга менен баатырдын сын-сыпатын сынамакка түрдүү баатыр-балбандан сакчы коюп, күтүп жатат. Ал да эли-жерин жоодон коргой билген баатыр кыз. Он бир жашында атасы өлүп, он үчкө чыккандан бери эл милдетин моюндап, жаа тартып аң уулайт. Он бешке келгенде перилерге султан — кан болот. Сейтек келерде кереметтүү түш көрүп, жанжөкөрү Күлайым түштү жакшылыкка жоруп, Сейтекти күтүшөт. Кыздар Кең-Өзөнгө оюн курушат.

Сейтек менен Акжолтойдун перинин кыздарына үйлөнүшү. Сейтек Акберметтин кабарын угуп тынч алалбастан Акжолтойдун артынан барып, экөө Кулансур менен Кулунсурду ойнотуп, Акберметтин жасалгасын тебелетип-тепсетип келатканын сакчылар кабарлашат. Акбермет, Күлайым тосуп чыгып, Күлайым Акжолтойго сүйгөндүгүн билдирет. Акжолтой менен Сейтек тулпарларды аса байлап коюшат, Акберметтин ордосунда эс алышат. Ошол убакта

www.bizdin.kg
Алоокеден Коңурбай, андан Байконур, андан Ките деген бала жетим калып жетилип, «Туюкту бузуп жол кылып, Баатырдыгын, эрдигин, Ай-ааламга тең кылып», Сейтек күчкө келиптир деп угуп, кыргыздарды байкайлы, эгер алыбыз келсе бүтүн кырып коёлу деп камынат. Жанына сыйкырчылыктын окуусун он эки жыл окуган, сексенден ашып калган Чоң Билгичти (Кожожаштын баласы) алып, «Талкалап Сейтек дөөсүн, Жолго жарып бээсин, Чыгарарбыз кээсин» — деп опурулуп отурган кези. Мындан кийин манасчы Сейтектин баянына өтөт. Анын сын-сыпаты менен астындагы Кунансур тулпарынын учкаяктыгынан бери бир топ кеңири сүрөттөлөт Сейтек Кунансурду аса байлап, Акберметтин ордосунда жатат. Акбермет да эпикалык аял катары «Кең көйнөктүн тазасы, кеп сүйлөсө сөз жетпейт, өзү ургаачынын паашасы». Мына ошол Акбермет түшүндө оң жагынан күн, сол жагынан ай көрөт. Эки болот кылыч табылып, алардын өткүрдүгүн Дөөтү көрүп жактырат. Бирок кыргыз журту бир торго түшүп калган сыяктанат. Акберметтин түшүн Акжолтой жакшылыкка жоруйт (Канчоронун каарынан он үчүндө качып кеткен Акжолтой Сейтек Таласка көчүп келгенден достошуп, кайда болсо чогуу жүрөт). (Сейтекке баш кошуп, Кенен аттуу уул төрөйт экенсиң, жарым кытайлыкты алып, өткөн ата-бабанын өчүнө канат экенбиз дейт. Аңгычакты кабарчысы энтеңдеп жетип келип, белестен беш киши көрүп даай албай койдум, жоо келген сыяктуу дейт. Сейтек зыңгырап кенебей, Акжолтой менен барып көрөйүн деп камынат, колуктусу Акбермет «Атышса мылтык өтпөгөн, Айзанын учу тешпеген» жоо кийим-көк күпө атамдан калды эле — деп, Ачалбарс берет.

Сейтектин баатырдык сынын сыртынан көрүп эле душмандын тыңчысы Дөкөрчү — Маңгинин жүрөгү жарылып өлөт. Муну укkан Чоң Билгич ишенбей, айтып баргандардын башын алдырып «ок өтпөс опсуз тон кийип, ок жетпеген ат минип, карагайдай айза алып» Таластын жылкысын тиет.

Кытай каны Чоң Китенин жиберүүсү менен Чоң Билгичтин кыргыздардын жылкысына тийгени. Кытай келип жылкы тийгени Сейтекке угулат. Чоң Билгичти кууп жөнөйт. Кыргыз, кытай баатырларынын бири-бириникинен калышпаган сын-сыпаты, эрдиги өзгөчө даңазалуу Чоң Билгич амалдуу, жайчылык өнөрү бар баатыр болгондуктан, Акжолтойду алаксытып Бээжинге алып барып жайламакчы болот. Сейтек из кууп келип Акжолтой жараланып алсырап турганда жардам берет. Акжолтой атына «мээр чөптөн чалдырып, өзү эбеп-себеп дарыдан эрикпей жутуп ичип, ооруган жерлери басылып, умачтай көздөрү ачылып» эс алат. Сейтек Чоң Билгичти жаралантат. Анын касиеттүү тулпары Ниянкор ээсинин оор абалын сезип, Каканды көздөй алып качат. Сейтек менен Акжолтой аркасынан сүрө түшүшөт. Муну көрүп турган кытай каны Чоң Ките кыргыз баатырларына ого бетер өчөшүп калат. Сейтекти Акжолтой кайра кайтарат. «Кырма кызыл дарыны кырк жол сыйпап, кайнатма кара дарыны ичтен берип» Чоң Билгичти кытайлар эс алдырышат.

Чоң Билгич жети күндөн кийин Китеге барып, буруттарды жеңе албай койдук, Индия канынын (Чоң Керги) кызы Бурулду алсаңыз Чыңтемир аттуу уулдуу болосуз, ошол гана кыргыздарды жеңе алат дейт. Ките Бурулга үйлөнүп, Чыңтемир төрөлгөндө, оң колуна кара кан, сол колуна сары алтын кармап түшөт. Кытайдын Ылаңгыр деген чоң сынчысы көрүп баланы жактырып, он сегиз миң ааламды жеңе турган шер чыгарын айтат. Чыңтеңирди алпарып какандыктардын зуу кудук деген кудугуна салып сынашат. Анын түбүндө алтымыш баштуу ажыдаар болуп, ажыдаардын жытынан сандаган адам өлчү экен. Чыңтеңир чыдайт. Ал чыныгы баатырларча тез жана тентек өсөт. Он бирге чыкканда атасы Ките өлүп, чоң салтанат менен көмөт. Сейтек Акберметке (Берметжан) үйлөнүп, анын боюна бүтүп, жолборстун этин күсөйт. Муну түшүнгөн Акжолтой салбырынга чыгып, жети күнү кыдырып жүрүп жолборс таппайт. Кара-Кыя капка ташка келип, атын жайдактап жатып эс алып, таң сүрө чочуп ойгонсо, чагарак

www.bizdin.kg
куйрук чаар жолборс Акжолтойду чалчудай тиктеп турат. Машаа тартып жиберсе, баягы жолборс адам баласына айланат. Ал Акжолтойду сынап, даарыганы жүргөн Кызыр экен. Колунда жетелеген быштысы бар. Берметке берип кой деп, бир тоголок жаңгак берет. «Жытын көрсө жаңгактын, кумары канат талгактын, Шер этинен анча өөдө, жолборсуңдан канча өөдө» бул жаңгак медияндын ажыдаар өлүп, уусу чачылган жеринде өнүп чыккан бир түп касиеттүү жаңгактын жемиши экен. Келечекте Кенен мине турган тулпар ушу деп, өзү жетелей жүргөн Кер тулпарды тапшырат, Акжолтой Акберметке Кызырдан укканын айтат. Сейтектин түшүндө Манас Зулпукор кылычын берип, Кенен төрөлгөнгө чейин эле чоң той өткөр дейт. Бул түштү Акжолтой жакшылыкка жоруп, мыкты уулдуу болот экенсиң — дейт. Тогуз ай, тогуз күндө Акбермет катуу толготуп, карыштай кара жалы бар касиеттүү бала төрөлөт. Анын сүрүнөн аялдар качып, кемпирлер каза табат. Аты Кенен коюлат. Ал тез эле чоңоюп, Кер тулпарды минип, келберсиген кан болуп чыга келет.

Жакшылык Сарык уулунда Сейтек Орускан дегендин кызы Күлнарга Семетей менен Айчүрөк сыяктуу эле куда түшүп, көп калың берип үйлөнөт. Мамбет Чокмор уулунда Орускандын кызы Күлнар Күлчоронун ала турган колуктусу катары айтылат. Шапак Ырысменде уулунун вариантында Сейтектин колуктусу Нурперинин сиңдиси — Сейилкан. Анын бешиктеги чагында бир абышка-кемпир таап алып тарбиялашкан. Сейтек ага үйлөнгөндөн кийин Коңурбайдын баласы Куялы кыргыздарга каршы жүрүш жасайт.

Эзелтен бери кыргыздарга өчөшкөн Жанаалы, Карач дегендерден Эбегей, Көгөй деген эки дөө чыгып, аталарыбыздын өчүн алабыз деп кыргыздарга чабуулга камынышат.

Акжолтой уктап жатса байлануу турган тулпарынын тынчы кетип, аттанып жер чалса, Эбегей, Көгөйдүн көп колу кездешет. Чырдашпайлык, түбү тууганбыз деп өтүнөт.

Коёналынын Кайсар деген уулунун кызы Айканышты бир кемпир (Манастын карындашы Кардыгач — мүрөк суусун ичкендиктен өлбөй жүрүптүр) Кененге барып тий деп үгүттөйт. Айканыш Кенен көңүлүнө толсо тиерин, толбосо касташарын айтып, ок жетпеген Талкызылды минип, Болот деген баатырды кошчу алып, Кенен аттуу жоо чыкты деп аттанат. Алдынан Эбегей, Көгөйдүн аскери чыгат. Айканышка куда түшүүгө Акжолтой, Сейтек барат. Айканыштын тилеги орундалып Кененге ника кыйылат. Келин алып келатып Сейтек, Акжолтой бир мазардын түбүнө түшүп тамактанышат да «кабыргадан кагынып, как төбөдөн сезгенип, тарса-турса жөтөлүп», экөө тең көз жумушат. Экөөнүн тулпарлары Кулансур менен Кулунсурду жабдыктатып токутуп, Ак эшенге мингизип, сөөктөрүн Чук мазардын түбүнө коюшат. Таштан обо көтөрүп, кадырлуу күмбөз салдырат. Элдин башында Кенен калат. Мындан кийинки окуялар Кенендин айланасында өөрчүтүлөт. Ал да ата-бабасындай баатыр чыгып, Таласта кан болуп турган чакта Кулансарык, Алымсарык деген балалуу болот.

А. Жайнакова

«СЕЙТЕК» ЭПОСУ— « Манас » үчилтигинин үчүнчү бөлүмү, өзүнүн идеялык-тематикалык жүгүн, композициялык тутумун, көркөм образдар галереясын жыйнактай турган бөлүм. Бизге белгилүү толук варианттардын бардыгында «Манастагы» айрым окуяларды «Семетей» жөнгө салып, андан ары карай «С-те». улантылат. «С.» э-н кагаз бетине түшүрүү Совет бийлигинин мезгилинде, 20-жылдардын аягынан башталат. 1927 — 28-ж. семетейчи Жакшылык Сарык уулунан 27 миң ыр сап көлөмүндө «Сейтектин» толук делген варианттарынын бири жазылып алынган. «Сейтектин» ар башка мезгилдерде он үч варианты кагазга түшүрүлгөн (В. Радлов жазып калтырган версиясын кошо эсептегенде), 1936—38-ж. Тоголок Молдо өзү жазып берген «С.» э-нун көлөмү 2230 сап ырдан

www.bizdin.kg
турса, Молдобасан Мусулманкул уулунан К. Кыдырбаева 1945-ж. жазып алган материал 4800 сап ыр. Ал эми Шапак Рысменде уулунан 1936-ж. жазылган вариант булардыкынан көлөмдүүрөөк (14718 сап), өзү 1948-ж. жазып тапшырган материал 7840 сап ырды түзөт. Булардан башка Багыш Сазан уулунан 1938— 41-ж. 5580 сап ыр, Мамбет Чокмор уулунан 1972-ж. 23340 сап ыр жазылган. Саякбай Карала уулунан 84697 сап материал 1940— 47-жылдарда К. Кыдырбаева тарабынан жазылып алынган. Кийинки аталган вариант жалпы эле үчилтикти толуктоо менен бирге «С.» э-нун да көлөмдүү варианттарынын ичинде өзгөчө орунду ээлейт. Булардан башка Актан Тыныбек уулу, Алмабек Тойчубек уулу, Мамбеталы Ашымбай уулу, Шаабай Азиз уулунан жазылып алынган чакан материалдар бар. Кандай көлөмдө, канчалык көркөмдүк оош-кыйышта болбосун, бардык варианттарда «С.» э «Манас» үчилтигинин корутундулоочу бөлүгү катары эсептелип, чыгарма башкы каармандын ысмын алып жүрөт. «С.» э-нда элдин кийинки тарыхый турмушуна жакын, патриархалдык-феодалдык мамилеге таандык уруу ичиндеги жоолашуулар, өчөгүш, кек куу — салттык мотив катары терең орун алгандыктан, эпос атанын ишин уланта турган баатыр уулдун төрөлүшүн чыдамсыздык менен күтүүдөн башталып, утурумдук оор абалда калган элдин келечекке бел байлоосу, бардык күч-аракети да Сейтектин аман-эсен туулуп, өсүшүн ишке ашырууга багытталат. Ички чыккынчылыкка байланыштуу берилген элдин оор тагдыры, анын көрүнүктүү өкүлдөрү Бакай, Каныкей, Күлчоро сыяктуу негизги каармандардын он эки жыл бою көргөн кордуктары өтө деталдаштырылып сүрөттөлөт да, оор турмуштун жеңилдеши жалгыз гана Сейтектин эрезеге жетишине байланыштуу берилиши элдик баатырдын кадыр-баркын жогорулатат. Башкы каарман кайрат-күчкө толгондон баштап эле ички душмандардын бети ачылып, аларга каршы жүргүзүлгөн күрөштөр баскынчылык максатта эмес, ата-бабасы туулуп өскөн жерге жетүүгө, аны коргоого арналган. «С.» э-нун негизги идеясы — ич арадан чыккан душмандарды жеңип, ыркы кеткен туугандарды бир ымалага келтирүү болсо да, сырткы баскынчыларга каршы жүргүзүлгөн согуштар мурунку бөлүмдөрдөн айырмаланып, анчалык салттуу сүрөттөлбөйт. Сейтектин эр жетип, Кыяс, Канчорону жок кылгандыгы туурасында дээрлик бардык вариантта айтылса, тышкы жоо Желмогуз уулу Сарыбай менен болгон урушу (Саякбай Карала уулу), Жакшылык Сарык уулу, Шапак Рысменде уулу, Ыбырайым Абдракман уулунда окуянын мүнөзү, максаты бирдей болгону менен башкы терс каармандын ысмы ар башка айтылат. «С.» э-н «Манас» үчилтигинин корутунду бөлүгү катары көрсөтө турган негизги окуянын бири — Сейтектин Коңурбайдын баласы Куялы менен (Багыш Сазан уулу, Шапак Рысменде уулу, Ыбырайым Абдыракман уулу) же небереси Ките менен (Саякбай Карала уулу) согуш болушу керек эле. Бирок айрым варианттарда буга чейин кайып болгон Семетейдин элге кошулушу (Саякбай Карала уулу, Мамбет Чокмор уулу), Желмогуз уулу Сарыбайдын согушу (Саякбай Карала уулу), Карадөөнүн Таласка жүрүшү (Жакшылык Сарык уулу, Ыбырайым Абдыракман уулу) Сейтектин үйлөнүшү (Шапак Рысменде уулу, Жакшылык Сарык уулу, Саякбай Карала уулу жана башкалар) өңдүү айрым оригиналдуу окуялар орун алган. Саякбай Каралаевдин вариантындагы кайып болгон Семетейдин элге кошулушу тууралуу эпизоддо Семетейдин кандайча кайып болуп кеткени эле эмес, ал кандай машакат менен мурунку калыбына келип, элге кошулганы терип-тепчилип, өзгөчө ынтаа менен сүрөттөлөт. Мифтик-жомоктук мүнөзүнө карабастан бул эпизод угуучулар тарабынан кадимки эле турмуштук окуянын жаңырыгындай кубатталат да эпикалык чыгармаларда түрдүү дооорлорго таандык көз караш, мамилелердин, жомок менен чындыктын бир идеяга кызмат этип, эриш-аркак жашоо мүмкүнчүлүгүнүн кеңирилиги дагы бир ирет далилденет. Манас согушкан дөө-перилерге караганда «Сейтектеги»

www.bizdin.kg
фантастикалык кейипкер адамдай эле жол-жосунга ээ. Башка манасчыларда сакталбаган мындай жаңы окуялар бир караганда үчилтиктин идеялык-мазмунунда анча зарыл эмес сыяктанат. «С.» э. корутунду бөлүм катары «Манас» менен «Семетейдеги» сюжеттерди улантуу менен алардагы башкы ойду жыйынтыктоого тийиш эле. Бирок, Сейтек да өз алдынча эл күтүп, алардын сүйгүнчүгүнө алынган чыныгы эпикалык баатыр катары анын да өзүнчө согуштары кеңири көркөм полотнодо көрсөтүлүүгө муктаж. Себеби «С.» э. корутунду бөлүмү эле болбостон элдин эстетикалык табитин канааттандыра алган өз алдынча толук кандуу чыгарма дагы. Бул планда алып караганда Сарыбай дөө менен Сейтектин согушу, андагы баатырлардын ролунун реалдуу талапка ылайык берилиши өтө орундуу. Саякбай бул өңдөнгөн жаңы согуштук эпизоддорду күчтөп-кыстап абстракттуу мүнөздө киргизбестен, мурдагы салттык эпикалык баатырлардын мамилеси, иш-аракети аркалаган идеялык жүгүнө баш ийдирет. Өтө каардуу душман Сарыбайды жеңе турган бирден бир баатыр катары Куялынын образы киргизилет. Ал эми Шапак Рысменде уулу менен Багыш Сазан уулунун варианттарында Коңурбайдын уулу Куялы Таласка чабуулдап келип, Сейтектен жеңилет. Куялы деген ысым Кызыл-Суу аймагындагы манасчылардын варианттарында алп кыз катары айтылып, Сейтектин ага үйлөнгөнү баяндалат. «Куялы» деген ысым бир кезде салттык каарман катары айтылып, бирок эпостун өнүгүү процессинде образдын калыптанышы бир калыпта жүзөгө ашпаган өңдөнөт. Саякбай Карала уулунун вариантындагы Айчүрөктүн Куялыны Сейтекке баш кошууга үгүттөшү, Сейтектин Куялыга үйлөнгөнү баяндалган сюжеттин ортосунда кандайдыр бир генетикалык байланыш болушу мүмкүн. Саякбай Каралаевдин вариантындагы өзгөчөлүк — ошол кыз Куялынын образын эпикалык монументтүүлүккө жеткире сүрөттөп, Семетей, Сейтек, Күлчоролорду майыштырган коркунучтуу душмандын каршысына чыныгы эр жүрөк алп катары алып чыккандыгында жана ушундан улам чыгармага баштан-аяк катышпаганы менен баатыр кыз Куялынын образы эпостун идеялык негизги мазмунуна чоң таасир тийгизген образдардын бири болуп калган.

Элдик оозеки чыгармачылыктагы салттык темалардын бири баатырдык үйлөнүү «С.» э-нда да бар. Мурдагы бөлүмдөрдөн айырмаланып, Сейтектин колуктусунун теги перизаттан делип, үйлөнүү никенин байыркы түрү — кудалашуунун (белкуда) негизинде ишке ашат. Бирок баатырдын жарынын ысмы да бардык варианттарда бирдей эмес. Жакшылык Сарык уулунда Күлнар, Мамбет Чокмор уулунда Каракөз, Шапак Рысменде уулунда Сейилкан, Саякбай Карала уулунда Акбермет жана башкалар Албетте, үйлөнүү эпизодунун баяндалышы, көркөмдүк сапаты да ар кимде ар башкача. Саякбай Карала уулу Сейтектин үйлөнүшүнө кызыктуу жөө жомоктук мүнөз берет. Сейтек тууралуу Акберметтин мурдараак билиши, Сейтек, Акжолтойлордун Акберметтин айлына кыз көрүүгө келиши өңдүү турмуштук көрүнүштөр кандайдыр бир деңгээлде Семетей менен Айчүрөктүн окуясын эске салганы менен өзүнчө чыгарма катары «С.» э-нда ашыкча эпизод эмес. Теги перизат болгону менен Акбермет да 13 жашынан баштап жаа тарткан жоокер кыз. Эпикалык касиеттүү аялдардай эле Акбермет боло турган жакшылык-жамандыкты алдын ала туят. Сейтекке «кыргыз журту бир торго түшүп калган сыяктанат» деп Бээжинден Чоң Билгичтин келатканын кабардап, адаттагыдай эле баатырга ат-тон, курал берип узатат.

«С.» э-ндагы чечүүчү окуялардын бири — Сейтек баатырдын Коңурбайдын небереси Ките менен урушу. Демек, эпикалык кара кытайлар менен кыргыздардын небактан бери келаткан кеги үчүнчү бөлүмдө кайрадан тутанып, эми өткөн баатырлардын (Манас, Коңурбайдын) небересери катышат. Бул согушта да мурдагы баатырдык салт, каармандардын эпикалык портреттеринин масштабы бир топ бийиктикке жеткире сүрөттөлөт. Бирок окуя муну менен эле

www.bizdin.kg
бүтпөйт. Саякбай Карала уулу өч алуу мотивин дагы күчөтүп өөрчүтүп отуруп, акыры Сейтектин уулу Кенен менен Китенин баласы Чыңтемирдин жарыкка келишин, өсүшүн бирдей баяндап отуруп, аларды да салттык мотивдер менен кармашка даярдайт.

«С.» э-нун чынында эле корутунду бөлүм экендигине көпчүлүк варианттарда бирдей орун алган идеялык-тематикалык жалпылык жана каармандын керт башына өмүр баяндык циклде жыйнакталган эпикалык салттуу окуялардын композициясы күбө. Манастын уулу Семетейден курсакта калган Сейтектин төрөлүшү, бөтөн эл, бөтөн жерде жетилип башын бошотушу, эли-жерине көчүп келиши, үйлөнүшү, атасынын өчүн алып, ички-тышкы душмандарды жеңиши — аны генеалогиялык принципте түзүлгөн оригиналдуу чыгарма деңгээлине көтөрүп турат. Ал үчилтиктин башынан бери келаткан негизги окуялардын логикалык корутундусу болуу менен бирге айрым каармандардын тагдырларын аягына жеткире көркөм чечет. Ошондуктан, бөлүмдөрдүн бардыгына бирдей жалпы сюжет, кырдаалдар, ал тургай өтмө кейипкерлердин болушу мыйзамдуу көрүнүш. Биринчи (Каныкей, Бакай), экинчи (Семетей, Айчүрөк, Күлчоро) муундагы каармандар «С». э-на атайылап ар кимиси өз милдеттери менен чебер алынып өтүлгөн. Алар алдыларындагы асыл максаттары иш жүзүнө ашканда, башкача айтканда эпикалык Таласты мекендеген кыргыз уруулары бейкуттукка жетишкенде гана турмуштун татаал жолун кийинки укум-тукумга, анын өкүлдөрү Сейтек, Акжолтойлорго тапшырып кулак уккус, көз көргүс жактарга түбөлүк жер кезип кетишет. Муну менен өзү өлсө да, элге сиңирген эмгеги өлбөгөн элдик баатырларга урпактардын тизе бүгүп, башын ийген аруу сезимдери чагылдырылган.

Кыскасы «С.» э. — байыркы кыргыздардын нечен кылымдар бою башынан кечирген тарыхый-социалдык турмушун, бактылуу келечек, элдин биримдиги үчүн жүргүзгөн тынымсыз патриоттук күрөштөрүн көркөм иштеп, кийинки муундарга жеткирген эпикалык бөлүм. «С.» э. «Манас» эпосунун масштабын кеңитип, арымын арттырып, жалпы чыгарманын үчилтиктик абалына жеткирип, «Манас» эпосунун идеялык-көркөмдүк тутумун жаңылап, толуктап, тереңдетип турат.

А. Жайнакова

СЕЙФ-АД-ДИН АКСЫКЕНТИ (толук аты — Сейф-ад-Дин ибн дамулла шах Аббас Аксыкенти) —16-кылымдын башында жазылган (тажик тилинде) *«Мажму ат-таварихтин»* («Тарыхтардын жыйнагы») автору. Китеп эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгү Сейф-ад-Дин тарабынан жазылган. Анын бүтпөй калган экинчи бөлүгүн уулу Нур (Навруз) Мухаммед ибн Сейф-ад-Дин Аксыкенти жазып бүтүргөн. Китепте негизинен Фергана өрөөнүндөгү Ширкент жана Касан шейхтеринин фантастикалык өмүрү сүрөттөлөт. Бирок чыгарманын башында Манас баатырдын Жолой башчылык кылган калмактар менен болгон согуштары баяндалат. Андан кийин кыргыз, кыпчак, казак элдери жана калмак уруулары, ошондой эле жер, суу аттары жөнүндө маалыматтар берилет.

Сейф-ад-Дин Фергана өрөөнүндөгү Аксыкент шаарында (азыркы Кыргыз Республикасынын Жаңы-Жол районундагы Аксыкент айылы) туулган. Өмүр баяны берилбейт.

СЕЛИМ, к. *Селимбай.*

СЕЛИМБАЙ, Селим — эпизоддук кейипкер, коңурат уруусунун мыктысы, Алмамбет менен Көкчөнү араздаштыргандардын бири. « Алмамбетти өлтүрө албайбыз. Андан көрө Көкчөгө Акеркеч экөө жакындашып алыптыр, экөөлөп сени өлтүрүп койбосун деп жамандай берели. Бизге ишенбей коюшу мүмкүн. Токолу Буудайбекти күбө кылып, чын дедирсек Көкчө ишенет» деген акылды С. айтат (Сагымбай Орозбаков, 2. 243, 247).

www.bizdin.kg

СЕМЕТЕЙ — «Манастын» экинчи бөлүгү «Семетей» эпосунун баш каарманы, Манастын баласы. Ысым моңголчо «сенге» («чэнггэ», «ценгэ», «ценг») — «кубаныч», «шаттык» дегенден же Орхон-Эне-Сай жазууларында кезиккен, ошол доордогу Борбор жана Орто Азиядагы аскердик жог. башкаруучуну, аскер башчысын туюнткан сөздөн кыргыз тилине ылайыкташтырылган деген пикирлер бар. Ысымдын аягындагы «— тей» бөлүгү түрк-моңгол элдеринин антропонимдеринде кеңири кездешип, адамды эркелетүүнү туюнтат.

Эпикалык салт боюнча Манас менен Канықей көпкө балалуу болбой, алп Кошойдун батасынан кийин гана Семетей бойго бүтөт. Эпикалык сюжеттин өнүгүш салттарына ылайык С-дин укмуштуу төрөлүшү, келечектеги баатыр дык иштери да символдоштурулуп берилет:

Таманы менен тик тууган,
Оң колуна кара кан
Кармай түштү деп угам.
Кара кан кармай түшкөнү,
Катылышкан душманды,
Каарданып урушса
Канын төгөм дегени,
Сол колуна сары заар
Уучтай түшкөн себеби,
Сары заардай саргартып
Дүмүрүн казам дегени.

Эпикалык салт боюнча С-ге ылайыктуу ысым берүү да кыйынчылыкка турат. Балага ат коюуга эч ким даабай турганда ак боз атчан, ак сакал адам 'келип Семетей деп коёт (Радлов жазып алган вариант). Семетейдин балалыгы Манастын өлүмүнө байланыштуу оор учурга туура келет. Атасынын көзү өткөндө Семетей алты айлык (Г. Алмаши, Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Саякбай Каралаевдин варианты) же үч жарым. жашта болот да (Сагымбай Орозбаковдун варианты), аны Канықей төркүнүнө алып барып, аман-эсен чоңойтот. Канықейдин иниси Ысмайыл Семетейге өзгөчө аяр мамиле жасап, жети жашка келгенче жер алдына бактырат. Алмабек Тойчубек уулу м-Н Актан Тыныбек уулунун варианттарында Семетей бала күнүнөн Манас сыяктуу кожо-молдого кас чыгат.

Базарда байды сабады,
Соодалап алган оокатын
Кедей менен кембагал
Ошолорго алперет.
Кожонун тапкан тыйынын
Койчуларга таратат,
Эшендин тапкан эмгегин,
Элден кайыр сураган
Эшекчиге таратат.
Байлардын тапкан тыйынын
Баарын тартып бул алат.
Жарым тыйын өзү албай
Жардыларга таратат (АТВ, «Семетей», Кол жазмалар фондусу, 1993-инв., № 1 дептер, 125-б.). Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Семетейде» баатырдын балалыгы, башкача айтканда биринчи эрдигине чейинки өткөн аралык жомоктук мотивге караганда турмушка көбүрөөк окшошуп, эпостогу сүрөттөлгөн доор биздин күндөргө жакын. Сарытазга жолукканга чейин Семетей ата-тегин билбейт. Семетейдин тегин Сарытаз кырк кыздан баштап, андан Мансур — Түмөнкан — Санчыкан — Акжолтой —

www.bizdin.kg
Санколдой — Эгизей — Жээрен — Бөйөнкан — Чаянкан — Балакан — Каракан — Жакып — Манас деп билгизет.

Эли-жерин, тегин эртелеп билдирүү менен ал күчкө толо элек жаш баланы мертинтип албоону көздөгөн Канықей Семетейди он экиге чыкканча төркүндөрүнө бактырат. Баласы күчкө толуп келатканын байкап төлгө кылып Тайторуну байгеге чапканда Семетей оозуна биринчи жолу «кыргыз», «Манас» деген урааңды алып, ат сүрөйт. Намыс үчүн Төөбалбан менен күрөшкө чыгып жеңет. Семетей Тайторуну сүрөгөндөн баштап ар дайым атасы Манастын колдоочулары жандайт. Семетейдин алгач Таласты көрүшү, Бакайга кезигип, Канықей берген тапшырмаларды аткарышы дээрлик бардык варианттарга мүнөздүү. Тууган жердин алгачкы таасири, табиятынын сулуулугу каармандын көтөрүңкү көңүлүнө, максатына шайкеш. Ал эми жолуккан Бакайдын, Манастын жандыктарынын арып-азган кебетелери — Семетейдин намысына тие турган зарыл компоненттер, Семетейдин келиши менен Манастын иши, өмүр бою аркалаган максаты жанданат. Жаш баатырдын атасынын ордуна келүүсү эпосто атанын ишин улоо, андан калган мурасты биротоло ээлөө деп түшүнүлөт. С.— кан аталганы менен атасы сыяктуу эле эң алды менен элди-жерди коргогон элдик баатыр, элдин таламын көздөгөн адам.

Көөнө типтеги алгачкы баатырлык жомоктон жаралган баатырдык эпостордо башкы каарман чыныгы баатыр болуш үчүн мине турган тулпарга, жоо кийими менен курал-жаракка, түрдүү магиялык жандыктарга ээ болушу зарыл. Манас баатыр да магиялык касиеттеги Аккула, Акшумкар, Желмаян, Кумайык өңдүү жандыктарды күткөн. Бул сыяктуу көрүнүштөр негизинен эпикалык башкы баатырлардын ата журт үчүн кызмат кылуусунда маанилүү милдеттерди аткарышат. Манас өлгөн менен ордун жоктотпой турган баласы калды деген ишенимдеги элдик көз караш Семетейдин сырткы кебетеси, сыны эле турсун, фантастикалуу жандыктары менен мифтик колдоочуларынын, курал-жарагынын Манастан оошкондугун көрсөтүү аркылуу Семетейдин образын тереңдетет. Фольклочу В. Я. Пропп эпостордогу укмуштуу төрөлүү мотивинин келип чыгышын тарыхый аспектиде терең талдап карап, укмуштуу төрөлүү мотивинин өсүп чыккан булактары, ээлеген орду өтө байыркы мезгилдерге, байыркы түшүнүктөргө байланыштуу экенин белгилеген. Жаш баланын төрөлүшү — элдик оозеки чыгармаларда кеңири таралган мурунку көзү өткөн ата-бабанын кайтадан жаңыланып жарыкчылыкка келиши сыяктуу бааланган байыркы түшүнүк. Ушул көз караштын өзү генеалогиялык принциптин пайда болушунун маанилүү бир элементи катары «Манас» эпосунда да орун алган. Анткени, Манаска тулкубоюнун окшоштугу, кийим-кечеси, курал-жарагы, ээрчиткен жандыктарынын, акыры колдоочу чилтен-пирлеринин бирдейлиги менен Семетей Манастын кайрадан тирилишиндей сезилет. Ошондуктан Семетейдин портрети да эпосто:

Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Колдогону кожосан,
Кол бергени кырк чилтен.
Кырк чилтендин бирөөсү —
Кара чаар кабылан,
Капталынан чамынып,
Миң кишидей түрү бар,
Минтип колдоп алыптыр.
Оң жагына караса,
Чолок көк жал арыстан
Жандай салып чамынып,
Минтип колдоп алыптыр.

www.bizdin.kg

Ажыдаар ак жылан
Оозун ачып ышкырып,
Илеп тартып жарчудай,
Миң сан колдой түрү бар,
Артынан сойлоп калыптыр.
Алп кара куш зымырык,
Азыр илип алчудай,
Бутун салып арбайып,
Үстүндө жүрүп калыптыр (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 552-инв., 107-б.), — деп сүрөттөлөт.

Семетейде да Манастыкынан калышпаган зор касиет, эпикалык сүр бар. Ачуусу келгенде Манаска окшоп «бетинен беш бейпактык жүн чыгып, жолборстой чамынып, каарына кара жер калыңынан араң туруштук берип көтөрүп тургандай» түргө келет. Алдын ала даярдалган каарман отко күйбөс, сууга чөкпөс өңдүү өзгөчө сапаттарга ээ. Семетей көпчүлүк учурда «Түгөнгөн сайын түтөгөн Түгөнгүрдүн тукуму, Өлгөн сайын өөрчүгөн Өрттөнгүрдүн өз уулу» — деп мүнөздөлөт. Анын кереметтүү касиеттери атасынан калган Аколпокту, туулганы кийип, магиялык куралжарактарга ээ болгондугуна байланыштырып, баатырлардын өлбөстүгү жөнүндөгү мотивди өз дооруна ылайыкташтыргандыгы байкалат. «Манас» бөлүмүндөгүдөй эле «Семетейде» да баатыр жоо-жарагын алып, Тайбуурулга мингенде ок өтпөс, кылыч кеспес касиетке ээ болот. Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү — эпостогу маанилүү окуялардын бири. Семетей таятасыныкынан Таласка көчөрдө Чачыкейге үйлөнсө да, сөзсүз түрдө атасы кудалап кеткен, маңдайына жазылган колуктусу Айчүрөккө үйлөнүүгө милдеттүү. Ошон үчүн:

Букардан катын алдым деп,
Ойлоп жүргөн экенмин.
Катын албай капырай,
Бойдок жүргөн экенмин — деп, Айчүрөктү алгач көргөндө эле баалап, буйруктуу колуктусун жетимдиктин айынан эмдигиче ала албай жүргөнүнө өкүнөт. «Манас» эпосундагы салтка айланган бир көрүнүш — негизги баатырлардын кимисинин болбосун өздөрүнө ылайык мыкты аялдары айрыкча даңазаланат. Манас Каныкейдин, Семетей Айчүрөктүн эмгегине жараша ыраазычылыгын билдирип, артынан токол албаска, атаң-анаң деп сөкпөскө ант беришет. Бирок согуш ишинде же бир кысталыш учурунда алардын өкүмдүгү, курчтугу жеңет. Айчүрөктүн жамандыкты алдын ала сезип кой, барба — дегенине болбой, Семетей атасынын күмбөзүнө келип, ич ара чыккынчылыктын курманы болот. Өзүн топурак басып келатканын сезген баатыр элин, энесин, аялы менен төрөлө элек баласын ишеничтүү чоросу Күлчорого табыштайт. Элинин тагдыры үчүн санаасы санга бөлүнүп, мал-жандыкты жарды-жалчыга таратып бер, эл баягы мен бардагыдай жайбаракат жатпай бирге конуп, сакчыны тыңдап койсун деген осуят калтырат. Саякбай Каралаевдин вариантында Семетейди Манастын өчүн ала турган уулу, ишин улантуучу мыйзамдуу мурасчы катары таанытууда аңын атасынан калышпаган алптыгына, ашкан эрдигине өзгөчө басым жасалат. Эпостун акырында Семетей өзүнүн алдына коюлган милдеттерин аткарып бүткөн каарман эсебинде ордун уулу Сейтекке берип, Бакай, Канықей, Айчүрөк, Күлчорого кошулуп кайып болуп кетет. Мунун негизинде жашоо түгөнбөйт, күрөш эстафетасы муундан-муунга, атадан балага өтөт деген элдик көз караш, турмуштук философия жатат. Айтуучулар Семетейди кайыптардын катарында сүрөттөө менен кандайдыр бир деңгээлде манасты да тирүүдөй көрүшөт. Семетей кайып болгондо ордуна Сейтектин калышы жалпы элдик кыялга, үмүт-тилекке шайкеш. Дүйнө элдеринин оозеки чыгармаларындагы оптимисттик дух

www.bizdin.kg
каармандын ордуна жаңысын жаратуу менен гана чектелбестен, Семетей сыяктанып өлбөс каарманга кошот, же дагы бир түбөлүктүү нерсеге айланып кетти деген ишеним билдиришет. Маселен, орус элинин Дунай жөнүндөгү былинасынын эпилогунда Дунайдын өлгөн жеринен агып чыккан Дунай дарыясы менен анын аялынын өлгөн жеринен агып чыккан Настасья жөнүндө айтылат. Бул эки дарыя соолбой, түбөлүккө ага берет. Анын себеби да «Семетейдегидей» эле сүйүктүү каармандарды өлүмгө кыйбоо мотивинин бир көрүнүшү болуп эсептелет. Кыскасы, элдик учкул кыял башкы каармандардын элесин кандай да болбосун сактап калуунун түрдүү жолдорун издейт жана табат.

А. Жайнакова

«СЕМЕТЕЙ» — кызыл-суулук (КЭР) манасчы Жусуп Мамайдын варианты боюнча кыргыз тилинде араб ариби менен жарык көргөн «Семетей» эпосунун 1-китеби (Үрүмчү, 1984). Редакциялык коллегиянын жазган кириш сөзүндө «Семетей» эпосунун жалпы мазмуну, сюжеттик курулушу, композициялык түзүлүшү жана көркөмдүк өзгөчөлүгүнө мүнөздөмө берилген. Эпосто сюжеттик өзөктү түзгөн туруктуу эпизоддор менен окуялар Семетейдин жарык дүйнөгө келгенинен тартып, Айчүрөктүн окуясы менен китеп аяктайт. Алар төмөнкүлөр: Жомок башы, Абыке менен Көбөштүн Каныкейди чабышы, Каныкейдин Семетейди алып качышы, Семетейдин балалык чагы, Каныкейдин насааты, Семетейдин Таласка барышы, Семетейдин Абыке менен Көбөшкө кезигиши, Семетейдин Тайбуурулду табышы, Семетейдин Чачыкейди алышы, Кырк чоронун кырылышы, Күлчоро менен Канчоронун аңгемеси, Чынкожо менен Толтойдун Акун канга кол салышы, Айчүрөктүн аккуу болуп учушу, Айчүрөктүн Семетейди сындашы, Айчүрөктүн ак шумкарды алып качышы, Семетейдин Айчүрөктү издеп жөнөшү, Айчүрөктүн Семетейди тосуп чыгышы, Күлчоронун кайгуулга барышы, Семетейдин Үргөнчтү кечиши, Семетей менен Айчүрөктүн тою. Бул эпизоддордо «Семетей» эпосунун бардык варианттарга мүнөздүү салттык окуялар сакталуу менен бирге Жусуп Мамайдын чыгармачылык өнөрканасына мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ.

К. Кырбашев


«СЕМЕТЕЙ» — кызыл-суулук (КЭР) манасчы Жусуп Мамайдын айтуусу боюнча кыргыз тилинде араб ариби менен жарык көргөн «Семетей» эпосунун 2-китеби (Үрүмчү, 1990). Китепке төмөнкүдөй окуялар кирген: Күлчоро менен Толтойдун алгачкы беттешүүсү, Чынкожо менен Толтойдун өлүмү, Токтосарттын чыккынчылыгы, Коңурбайдын чабуулу, Күлчоронун чалгыны, Күлчоро менен Канчоронун кайраты, кыргыздардын кол курашы, Кең-Колдогу кызыл-кыргын, Коңурбайдын атактуу баатырларынан ажырап кайра качышы, Керимбайдын чыккынчылыгы, Карагулдун өлүшү.

«СЕМЕТЕЙ» — кызыл-суулук (КЭР) манасчы Жусуп Мамайдын варианты боюнча жарык көргөн кыргыз тилинде араб арибинде басылып чыккан «Семетей» эпосунун 3китеби (Үрүмчү, 1990). Эпостун үчүнчү китебине төмөндөгүдөй окуялар кирген: Баатырлардын кеңеши, Кызылуюк дөөнүн жер жазданышы, Күлчоро менен Мадыкандын кармашуусу, Семетейдин жалгыз көздүү Мадыкөлдү сайышы, Коңурбайдын өлүшү, Уусаңгендин дүмөгү, Күлчоро менен Жубатайдын кармашы, Үмөтөйдүн өзүнчө келип өлүшү, Семетейдин Тайбуурулду бериши, Канчоронун кастыгы, Семетейдин кайып болушу.

«Семетей» эпосунун негизин түзгөн бул үч китепте салттык өзөк окуялары туруктуу сакталат. Бирок, Жусуп Мамайдын таалим алуу мектебинин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү кыргызстандык семетейчилердин варианттарынан айырмаланып турат.

«СЕМЕТЕЙ» — курама вариант (Курама вариант) боюнча «Манас» үчилтигинин 2-бөлүгүнүн 3-китеби (Фр., 1959).Түзүүчүсү А. Токомбаев, кириш сөзүн Б.

www.bizdin.kg
Керимжанова жазган. Китептин аягына көөнө сөздөрдүн түшүндүрмөсү кеңири берилген.



Бул Курама вариант эпостун 1-бөлүгүнө караганда 2-бөлүгү — «Семетей» сюжеттик жагынан жыйынтыктуураак, тыканыраак болуп, окуялары бири-бирине уланып, тыгыз байланышкан. Тил, адабият институтунун кол жазмалар фондусундагы «Семетей» эпосунун 14 вариантынын ортосунда анча-мынча гана айырма бар, сюжеттик жагынан окшош. Ошол себептен бул китеп Саякбай Карала уулу менен Тоголок Молдонун варианттарынын негизинде түзүлгөн. «Семетей» эпосунун сюжетинен китепке: Жетим калган Семетейди өлүмдөн сактоо үчүн Букарга алып качуу, Семетейдин балалык чагынын Букарда өтүшү жана өз атасын, өз элин билиши; Семетейдин Таласка келиши; Семетейдин Чынкожо, Толтой менен согушу; Айчүрөктүн учушу жана ага Семетейдин үйлөнүшү; Семетейдин Коңурбай менен согушу; Семетейдин кайып болушу окуялары кирген. Бул китеп кыргыз окурмандарына «Семетей» эпосунун текстин, жазма түрүндө толук тааныштырууга алгачкы аракет болуп эсептелет.

Ж. Сагынов

«СЕМЕТЕЙ» — «Манас» үчилтигинин экинчи бөлүмүнүн манасчы Саякбай Карала уулунун айтуусу боюнча чыккан 1-китеби (Фр., 1987). Эпостун бул бөлүгүн басмага даярдап, сөздүгүн түзгөндөр: К. Кырбашев, Р. Сарыпбеков, кириш сөзүн Р. Сарыпбеков жазган, көркөмдөгөн сүрөтчү Т. Курманов. Китептин аягына көөнө сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Китепте Көбөштүн Каныкейге арачы жибергенинен тартып, Каныкейдин Чыйырды менен Семетейди алып Букарга качышы, Семетейдин Ысмайылдын колунда багылышы, Каныкейдин Тайторуну чапканы, Семетейдин Сарытазга жолукканы, Каныкейдин жомогу, Семетейдин Таласка келгени, Бакайга жолугуп атасынан калган мүлктөргө ээ болушу, Абыке, Көбөштүн кастыгы, кырк чоронун чыккынчылыгы, Семетей менен Чынкожонун чатагы, Чынкожо, Толтойдун Акун канды камаганы, Айчүрөктүн Семетейди издеп, аккуу болуп учушу жөнүндөгү окуялар кирген. Камтылган окуялар эч өзгөрүүсүз (арасындагы ашыкча кайталоолордун кыскартылганын эске албаганда) толук бойдон ушул 1-томго сыйгызылган.

Ж. Сагынов

«СЕМЕТЕЙ» — «Манас» үчилтигинин экинчи бөлүмүнүн манасчы Саякбай Карала уулунун айтуусу боюнча чыккан 2-китеби (Фр., 1989). Эпостун бул бөлүгүн басмага даярдап, сөздүгүн түзгөндөр: Э. Абдылдаев, Р. Сарыпбеков, С. Егембердиева. Сүрөтчү Т. Курманов көркөмдөгөн. Китептин аягына айрым түшүнүксүз сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Айчүрөктүн Семетейдин Акшумкарын алып кеткенин баяндаган эпизоддон баштап, төмөнкү окуялар киргизилген: Семетейдин Күлчоро менен Канчорону ээрчитип Ооганга жөнөгөнү, Үргөнчтүн боюнда Семетейди күтүп жаткан Айчүрөккө жолукканы, Акундун шаарын камап жаткан Чынкожо, Толтойдун Семетейден жеңилиши, Семетейдин Айчүрөктү алып Таласка келиши, Коңурбайдын Таласка чабуулу, Коңурбай менен Нескаранын өлүмү, Семетей менен Үмөтөйдүн чатагы, Семетейдин өлүшү.

«СЕМЕТЕЙ» — Ош шаарындагы кең экрандуу кинотеатр. 1976-ж. ачылган.

www.bizdin.kg
Советтик жана чет өлкөлүк фильмдерди көрсөтөт. «Светофор», «Жаш укук таануучу», «Атеист» деген кинолекторийлер иштейт. 400 жана 200 орундуу эки залы бар. Кичи залы 1982-жылдан «Сейтек» балдар кино залы деп аталат. **«СЕМЕТЕЙ»** — семетейчи Кенжекаранын айтуусунда Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөнүн баяндаган үзүндү. Ал Смирновдун китебинде (В степях Туркестана. М., 1914) жарыяланган. Сүрөтчү Б. Смирновдун «Семетейден» жазып алып которгон үзүндүсүнүн мазмуну төмөнкүчө: Агаяк деген бийик тоого Тайбуурулду минип Семетей чыгып баратты. Анын он эки жашар Күлчоро жана он эки жашар Канчоро деген эки жолдошу (чоролору) бар эле. Семетейдин өңүн кара туман каптады. Акункандын шаарын Шыгайдын уулу Чынкожо менен Жедигердин уулу эр Толтой басып алып, канын өлтүрүп, бийлик жүргүзүп, кандын сулуу кызы Айчүрөктү туткундап жатты. Анын сулуулугу айдай болуп нур чалып, көзү жылдыз жымыңдагандай жымыңдап турду. Айчүрөк түн ашкан сулуулугу жөнүндөгү кабар Семетейдин жүрөгүн толкутту. Бүркүттөй кыраан көзү менен Семетей кең талааны карап алыстагы Акункан шаарынын жанынан кararган жоону көрдү. «Шыгайдын уулу Чынкожо менен Жедигердин уулу Толтойду кармап аркан менен байлап, кандын сулуу кызын туткундан бошотсун. Эгер алар менин айтканымды аткарбаса койдой соемун» деп Акункандын калкына чоролору аркылуу буйрук берет. Он эки жашар Күлчоро менен Канчоро Акункан шаарына жөнөштү. Алар кокту менен жыландай сойлоп, тоонун үстүнөн бүркүттөй сызышты. Алардын жүрүшүнөн замбиректен ок аткандай жер титиреди, аттары аткан октой сызды. Аз жүрдүбү же көп жүрдүбү, аны ким билет? Алар Чоң-Үргөнчкө келишти. Үргөнч бурканшаркан түшүп ташкындап, түбү менен карагай, тал, үйдөй кара таштарды кумдай агызып жаткан экен. Аны даап эч ким кече албаган. Үргөнчтүн боюна корккonунан түлкү уялабаган, тереңдигинен аркан бойлобогон. Буга болбостон Күлчоро менен Канчоро тайманбастан сууга киришип, көздөн кайым болушту. Кайсы жерден чыкканын эч ким көргөн жок. Алар минген аттары менен жыландай сойлоп тиги өйүзгө чыгышты. Агасы Семетейдин тапшырганын Акункан шаарынын калкына айтышты. Алар Семетейден корккonунан Чынкожо, Толтойду аркан менен байлашты. Ошол түнү Айчүрөк түш көрдү. Ал беш келин, 40 кызды чакырып: «мен түндө түш көрдүм, ким жакшылап жоруса, жүз бээлик баасы бар тон кийгизем. Түшүмдө ат башындай Акшумкар түлкүлөрдү жана түрдүү канаттууларды алып жатыптыр. Бул түшүмдү жоручу? Кара көзүм илинип кетсе, дагы түш көрдүм: ала чаар эки жолборс Акункан шаарынын көчөлөрүн, короолорун жойлоп жүрүптүр, ит үрбөдү. Кыздар бул эмине болуучу, бул түшүмдү жоручу? Тоонун түбүнө сонун боз үй тиктим, бул эмне деген түшүм? Үйдүн ортосунан төбөсү асманга жеткен бийик терек өсүп чыкты, бул эмне түш кыздар? Үйдүн жанында эки майлуу көл бар экен, анда бакалар чардады, бул эмне деген түш, муну кыздар жоручу?» — деп Айчүрөк кыздарга, келиндерге карап ботодой көзүн жайнатты. Кыздар келиндерди карады, келиндер жер карады. Алардын ичинен кедейдин кызы чыкты. Жакшы түш көрүпсүң! Мен жоруп берейин. Ат башындай Ак шумкар чоң карышкырларды, килейген түлкүлөрдү, түрдүү канаттууларды алса, Семетей келип сенин бардык душмандарыңды жок кылат экен. Эки ала чаар жолборс көчөлөрдү, короолорду аралап жүрсө бул — Семетейдин чоролору Күлчоро менен Канчоро. Төбөсү көккө жеткен бийик терек өсүп чыкканы Акункандын кызы Айчүрөк сени Семетей алат экен. Бакалар чардаган эки көл Акункандын шаарына Семетей кандык кылып, эл бай жана тынч жашайт экен. Мына ушундай экен Айчүрөк сенин көргөн түшүң! Айчүрөктүн түшүн жакшы жоруган кедейдин кызы сый тон белекке алды. Мына ошол учурда Күлчоро менен Канчоро келип, Айчүрөк менен таанышып, Семетейге жообун бер деп өтүнүшөт. Күмүш менен сайган жоолугумду Семетейге алып барып бер деп Айчүрөк башынан жоолугун алып

www.bizdin.kg
берди. Ошондо анын майда кара чачы далысына жайылды. Күлчоро менен Канчоро октой учуп жөнөдү. Алар жүргөн жер замбиректен ок аткандай жер титиреди. Аз жүрдүбү, көп жүрдүбү ким билет?...

Айчүрөк ак өргөөнү Бугурчан деген атка, көк өргөөнү Көк-Бууданга жүктөтүп, келин-кыздардын коштоосу менен Семетейдин жолун тосуп жөнөдү. Чоң-Үргөнчтүн боюна ак өргөө тиктирди. Боз үйдүн ичине алтындан жасалган керебет койдуруп, кымбат көшөгөнү тартты. Семетей келип Айчүрөккө үйлөндү, Акункандын шаарына кан болуп ошондо кандык кылып өлдү.

Мына ушуну менен Кенжекарадан жазылып алынган «Семетейдин» үзүндүсү бүтөт. Сүрөтчү Смирнов кыргыз тилин жакшы билбегендиктен чыгармадагы эпикалык каармандардын аттарын туура эмес жазып алган. Маселен, Чынкожо — Чен-Коджо, Жедигер — Дедигер, Акункан — Акин-Ген, Чоң-Үргөнч — Чен-Оркоч болуп жазылган. Бул үзүндү азыркы күндөгү жыйналган «Семетейдин» вариантына көп жагынан окшош. Мында эпостогу негизги сюжеттик сызык сакталгандыгы көрүнөт. Бирок, ошондой болсо дагы Кенже-каранын айткандары азыркы семетейчилердин айткандарынан бир аз айырмаланат. Анын айтуусу боюнча Чынкожо, Толтой Акункандын шаарын басып алып, Акунканды өлтүрөт. Ал эми «Семетейдин» Саякбай, Жакшылык, Тоголок Молдонун айткан варианттарында Чынкожо, Толтойду жеңген Семетей Айчүрөккө үйлөнүп, Акункан өзү кан болгон бойдон калат. Айрым варианттарда Айчүрөктөн кабар алып келгин деп Семетей Күлчорону гана жиберет, кийин Семетей менен бирге келген Канчоро коркуп Үргөнчтү кече албай койгондо аны атка таңып Үргөнчтү кечирет (Жакшылык Сарык уулу, Тоголок Молдо). Кенжекаранын айтуусунда Семетейдин тапшыруусу боюнча Айчүрөктөн кабар алганы Күлчоро менен Канчоро экөө тең келип, Үргөнчтү кечишет. Мындан «Семетейдин» кийинки варианттарында Канчоронун ролу төмөндөтүлүп, анын коркоктук жагы айрыкча белгиленгендиги байкалат.

«Семетейдин» азыр колдо бар варианттарында Айчүрөктүн түшүн анын сиңдиси Калыйман жоруйт. Кенжекаранын айтканында түштү кан кызы эмес, кедейдин кызы жоруйт. Бул факт Семетейчинин кан, бектин кызына караганда карапайым кедейдин кызынын акылын, билгичтигин жогору койгонун жана анын айтканында демократтык ой-пикир орун алганын көрсөтөт.

Эпостун азыркы варианттарында Айчүрөк алып келген Акшумкарды издеп Семетей Айчүрөккө келсе, Кенжекаранын айтуусу боюнча Семетей Агаяк деген бийик тоого чыгып, Чынкожо, Толтой Акункандын шаарын чаап алып, Айчүрөктү туткундап алганын көрүп, баскынчы баатырларды аркан менен байлап алгыла деп Акундун элине буйрук берет. Акшумкар жөнүндө сөз болбойт. Мындай буйрук берүү кийинки материалдарда жок жана Чынкожо, Толтойду Семетей менен Күлчоро катуу согушта өлтүрөт. Кенжекара айткандай Айчүрөк Семетейдин келер жолун тосуп жөнөбөстөн, кийинки варианттарда Үргөнчтүн боюнда кыз-келиндер менен оюн куруп жаткан Айчүрөктү издеп келип таанышат. Ушул эле окуядан убакыт өткөн сайын эпостун сюжеттик сызыгы, кээ бир деталдар кандайча өзгөрөрүн байкоого болот. Сөз болуп жаткан варианттардын дагы бир чоң өзгөчөлүгү катарында Семетей эч кандай жоо менен урушпай эле Акункандын шаарына кан болуп калды жана ошондо кан болуп туруп өлдү деген мотивди көрсөтсөк болот. Ал эми азыркы варианттарда Семетей Акункандын шаарын Чынкожо менен Толтойдон бошотот да анда Акункан өзү кандык кылып калат жана Семетей Акункандын шаарында өлбөстөн кытай каны Коңурбайды жеңип, акыры Канчоронун чыккынчылыгы аркасында Кыяс колдуу болуп өлөт. Мына ушинтип, сүрөтчү Б. Смирнов жазып алган Кенжекаранын «Семетейден» айткан үзүндүсү бул эпостун улам мезгил өткөн сайын кандайча өзгөрүп турганын жана

www.bizdin.kg
кайсы окуялар кеңейтнлгендигин байкоого мүмкүнчүлүк берет. Бул фактынын эпосту изилдөөдө чоң мааниси бар.

С. Алиев

«СЕМЕТЕЙДИН БАЛАЛЫК ЧАГЫ» — Саякбай Карала уулунун айтуусу боюнча балдарга арналган китепче (Фр., 1970). Иллюстрациялар менен кооздолгон. Сүрөтүн Б. Кошоев тарткан. Мында Семетейдин балалык чагынан бир гана эпизод берилген. Семетейдин таятасыныкында өз эли, жерин, ата-энесин билбей чоңоюшу, ал он экиге толгондо «Билгенге Манастын ашы, билбегенге Семетейдин тою» деп Темиркан өзүнүн ордуна Букарга кан көтөргөндө төлгөгө чабылган Тайторунун чыгып келгендиги жөнүндөгү окуялар камтылган.

«СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДАН ТАЛАСКА КЕЛИШИ» — «Манас» сериясы деген жалпы ат менен ТМВ боюнча латын ариби менен жарык көргөн «Семетей» бөлүмүнөн үзүндү, китеп (Фр., 1941). Басмага даярдаган Ыбырайым Абдыракман уулу; жооптуу редактору Ж. Таласбаев. Семетейдин ата журтуна кайтып келип орун-очок алышы көп жагынан башка варианттар менен үндөш, жакын окуялардан. Анткени, бул эл ичинде кеңири айтылган эпизод болгондуктан майда деталдарына чейин такталып, терең иштелгендиктен түзүүчү тарабынан тактоолорго көп муктаж болгон эмес.

«СЕМЕТЕЙДИН» СЮЖЕТИ. Кыргыз Илимдер академиясынын Кол жазмалар жана жарыялоо бөлүмүнүн фондусунда «Семетей» эпосунун толук жана айрым эпизоддордон, үзүндүлөрдөн турган 30га жакын вариантынын кол жазмасы сакталып турат. Алардын ичинде Тоголок Молдо, Шапак, Жаңыбай, Багыш, Жакшылык, Молдобасан, Саякбай, Мамбет, Ыбырайым жана башкалардан жазылып алынган салттык туруктуу окуяларды толук камтыган варианттарды эң негизгилери десек болот. Буларга В. В. Радлов жазып алып жарыялаган вариантты да кошууга болот. Ал тарыхый баалуулугу жана негизги окуялардын көбүн камтыганы менен өзүнө олуттуу көңүл бурдурат. «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүмүнө салыштырганда 2-бөлүмү — «Семетейдин» варианттарынын сюжет жагынан болгон айырмачылыктары анча чоң эмес. Негизги өзгөчөлүктөр айрым деталдардан (мисалы, экинчи пландагы каармандардын аттары Темиркандын ордуна Каракан, Сарытаздын ордуна Жекетаз, жер-суунун аттары, Букардын ордуна Кырым, бир кейипкерди экинчи бир кейипкер алмашышы (мисалы, жуучулук ролду Кыргылчалдын ордуна Меңдибай аткарат), мотивировкалардан (мисалы, Чынкожонун, ошондой эле Үмөтөйдүн Семетейге жоо болушу), кээ бир анча салттуу эмес кыска окуялардын тигил же бул варианттардан кездеше калышынан байкалат. Бирок бул өзгөчөлүктөр эпостун жалпы мазмунунда да, анын сюжетинин курулушуна да олуттуу өзгөртүү киргизе албайт. Ошондуктан «Семетейдин» варианттарынын эл арасында салт катары кеңири белгилүү окуяларынын бардыгын кенен баяндашы менен өзгөчөлөнүп турган Саякбай Каралаевдин вариантынын сюжети берилди да, башка варианттардын андан айырмачылыктары өз кезеги менен белгиленди. «Семетей» эпосунун сюжети бардык варианттарга орток төмөнкү окуялардан турат: 1) Абыке, Көбөштүн Манастын ордосун чабышы жана Каныкейдин Семетейди алып Букарга качышы, 2) Семетейдин балалык чагынын Букарда өтүшү жана өз тегин угуп, эл-жерин издеп Таласка келиши, 3) Таласка көчүп келип атасынын ордун ээлеген Семетейдин өз жакындары менен чатагы, 4) Семетейдин Чынкожо менен чатакташы жана Чынкожо, Толтойду жеңип Айчүрөккө үйлөнүшү, 5) Семетейдин атасы Манастын кунун Коңурбайдан куушу. 6) Өзү катылган Үмөтөйдүн Семетейден өлүшү. 7) Канчоронун чыккынчылыгы менен Семетейдин Кыястан өлүшү. Ырас, аталган окуялар да өз ичинен бир нече эпизоддорго бөлүнөт. Мисалы, Семетейдин балалык чагынан тартып Таласка алгач келишине чейинки окуялар төмөнкү эпизоддордон турат: 1) Семетейдин Темиркандын

www.bizdin.kg
(Ысмайылдын) колунда тарбияланып эрезеге жетиши жана Сарытаздан өзүнүн чыныгы тегин угушу,
2) Каныкейдин жомогу (Таласка алгач бараткан Семетейге Каныкейдин эл-жери, ататеги жөнүндө алдын ала таанышты рышы жана келечекте аткаруучу иштерине кеңеш бериши), 3)Семетейдин Букардан Таласка алгач келиши жана эл-жери менен таанышып, атасы Манастын мураска калган мал-мүлктөрүнө ээ болушу. Мындан тышкары көпчүлүк варианттарда кезикпеген, бирок, Саякбай жана ага таандык болгон манасчылардын мектебинин өкүлдөрү аркылуу эл ичинде кеңири белгилүү болгон «Каныкейдин Тайторуну чабышы» сыяктуу окуялар ичине кирет. Ошондуктан, «Семетейдин» чоң-чоң окуяларынын арасына кескин чек коюу кыйын. Б. а. эпикалык сюжеттин баштагы ар бир бөлүкчөсү — мотиви улам жасалып, улам кеңейтилип олтуруп өз алдынча турган чоң эпизоддорго жеткен. Ошентип, «Семетей» эпосунун окуяларынын ырааттуу өнүгүш жолун төмөнкүдөй үч топко бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) Семетейдин балалык чагы жана эр жетиши (жаш мураскор Семетейдин тең аталаш туугандарынан куугунтукка алынышы жана эр жетип алардан өч алышы), 2) Семетейдин баатырдык үйлөнүшү [атаандаштары Чынкожо, Толтойду жеңип, Айчүрөккө үйлөнүшү жана өзү алардын кунун кууган Кыястан каза (кайып) болушу], 3) Семетей атасы Манастын кунун Коңурбайдан куушу. «Семетейдин» сюжети төмөндө бул тематикалык бөлүштүрүү боюнча эмес анын татаал композициялык түзүлүшүн бузбай, ар бир эпизод эпостун өзүндө кандай айтылса, так ошондой ырааттуу орду менен берилди.

Абыке, Көбөштүн жана аларга кошулуп кеткен кырк чоронун Манастын ордосун чабышы, Каныкейдин Семетейди алып Букарга качышы. Манастын өлгөнүнө кырк күн толо элек эле, ак пейил туулган Абыке Бакайга барып: «Кан өлгөндө баары өлүп, өрт өчкөндөй болбойлук. Келгендерден кеп уктум, төмөнкү үч кан элинде эр өлтүрүшкөн кыргын болуптур. Манастан калган журт эле, кыйраштырбай кыйшыгы болсо тузөп, үзүр-мазыр кеп айтып, калыстык менен элдештирип кайталык» — деди. Бакай: — «Жыйыныңменен жылас бол, балам жыйынга кантип барамын, жыргалынан айрылган баягы жылмайган Бакай экен деп, өзөк сөзгө каламын. Кечээ Манас «Мен өлгөндө топко барбай жүр, кан өлгөндө карысы, төөгө жакын болуучу, жетиминдин төөсүн кайтар” — деген. Абыке жан, тобуңузга барбаймын, Тоодайым Манас эрим жок, Абыке, тозогуңа калбаймын. Жар конуштан кайрылбайм, кан өлгөндө карыга төөсү жакын болуучу, кайтарган төөдөн айрылбайм» — деп өзүнүн мындан ары бийлик ишке катышпасын билдирди. Абыке Аргын кандын Ажыбайын ээрчитип, үч кандын элиндеги чатакты басканы кетти. Ошентип, Манас өлүп, Бакай бийликтен өзү баш тартып, эл-жерди башкаруу Көбөштүн колуна өтөт. Ал сүйүнгөнүнөн баабединге бата айтып, коросонго кой айтып, аргын менен кыргызга султан болуп, арам кан соруп мантыккан мите — көк кенедей толуп, көбө баштады. Ошондо Жакып кичүү аялы Бакдөөлөттөн туулган алты арамын жана Манастан калган кырк чорону жыйып, арак-бозого ала деңгил мас кылып «Ат өлгөндө кесек ит, соору керек болуучу, ага өлгөндө иниге, кесек ит жеңе керек болуучу». Каныкей жесир жүрүп жээлигип, эр эңсеп калыптыр. Алты миң жамбы, миң кундуз пара жеген Бакай аны Текеченин Ормонбегине качырып берген жатыптыр. Манастан калган мурапың эле Каныкейди бириң алсаң болбойбу» — деп көкүттү. Көбөш Жакыптын тилине дароо көнүп: «тием десе жеңе эле, нике кыйып алалык тийбейм десе долуну жол үстүнө сүйрөтүп, даңгыттарга жаралык» — деп бүтүм чыгарып, Кыргылчал менен Тазбайматты арачыга жибермек болот. Бирок, чоролордун бир тобу Манастын аларга кылган жакшылыктарын санап келип:

Эриң Манас султандын
Этегин кармап эр болдук,

www.bizdin.kg

Эр уулу менен тең болдук.
Тузу оор Манастын,
Тузу бизди сорбойбу.
Арбагы асыл Манастын
Арбагы бизди сорбойбу?
Кырктын башы Кыргыл чал,
Тузу ачуу Манастын
Тузуна кантип сиебиз?
Арбагы алтын Манастын
Айлына кантип киребиз?
Айтып турса артында
Асыл эркек бала бар,
Ага кантип тиебиз?! (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 12) деп Көбөштүн айтканынан баш тартмак болушат. Көбөш каарданганда, Тазбаймат менен Кыргылчал арачылыкка жөнөйт. Өкүрүмүш болуп Каныкейдин ордосуна түшкөн ал экөө алтымыш катын кошокчу менен тул түбүндө олтурган Акылайга жолугушуп, Көбөшкө тийүүгө анын макулдугун дароо эле алышат. Муну көргөн Каныкей «Кырктын башы Кыргылчал арага келчү сен белең? Көкбөрү болуп сүйрөтүп иттерге тийчү мен белем?! Сени ант урсун» деп каарданып, эки жагын караса алты торпок, төрт тайга сатып алган Актинтенин сабы ак сандыктан чыгып туруптур аны алып качырып калат. Каныкейдин сырын жакшы билишкен Тазбаймат, Кыргылчал, Акылай баш болгон алтымыш аял кошокчу качып жөнөштү. Кыргылчалды атка минерде түп этектен алган Каныкей куйругун шылый чапты, качып бараткан Тазбайматка Актинтени уруп калды эле оң далынын бөксөсүнө тийип, эки кабыргасын кыйратып кетти. Кызыл ала кан болгон Тазбаймат менен Кыргылчал силерге Каныкей өлсө да тийбейт, Ормонбекте ою бар, — деп Абыке, Көбөшкө айтып келишет. Ошондо алты арам Каныкей тил алса бирөө алганы, тил албаса таманын тилип туз салып, жыртык кара үй берип, жырык кара уй берип, бадачыга саанчы кылып салганы, балтыр бешик Семетейди жол үстүнө сүйрөтүп даңгыттарга жарганы келеме шарып кармашып шерт кылышат. Каныкейди чаап алмак болуп кол камдаганда Ырамандын Ырчыуул бул жоосунсуз жорукка нааразылыгын билдирип, кырк чорого Манастын өткөргөн жакшылыктарын дагы бир жолу баштан аяк эстерине салып айрыкча, Каныкей энедей кызмат кылганын унутушса ант урарын айтып:

Тилимди алсаң кырк чоро,
Жеңекеме баралык,
Катын да болсо жеңемди
Караан кылып алалык,
Семетей он экиге чыкканча
Жетимди эптеп багалык.
Бала он экиге келгенде
Белди бекем бууйлук,
Медер кылып жетимди,
Бээжиндеги Кытайдан
Берендин кунун кууйлук!
Белгилүү Манас баатырдын
Арбагын минтип сыйлайлык (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 16) деди. Кырк чоро анын тилин албады. Көбөш Каныкейди чапканы камына баштады, кыркы кырк жерден кыдырып келген чоролор ага кошулушту. Ырамандын Ырчыуулу гана аларга кошулбай атасынын шаарына качып кутулду. Көбөштүн чапканы келе жатканын Каныкей ийниндеги жылаңач бала — колдоочусу аркылуу билет. Ошондо, Каныкей: — Манастын байбичеси (эң

www.bizdin.kg
биринчи алган аялы) катары барктуу элең, арың жок экен, баатырдын арбагын сыйлабай өлгөнүнө кырк күн боло элек жатса эр издеп калыпсың, тийчү эриңе кет — деп Акылайды ордодон алтымыш катын кошокчусу менен кууп чыкты. Канукей көзүнүн жашы төгүлүп, Чыйырдыга жалынып: Энеке, аякка түштү темир тор, энеке маңдайга келди калың шор, уулуңдан калган ботоң Семетейди жазгырып көзгө көргөзбөй ала качпасаң алты арам келсе соо кылбайт — деди. Чыйырды: — Мен турганда алар балага тие албайт батынып — дегенде, Канукей: — Алты арамдын башта батынып жаныңа келе албай жүргөнү Манастын бардыгынан эле. Эми ал күн өттү, — деп Чыйырдыны ишендирип, Семетейди көтөртүп качырып жиберди да өзү кара күңдүн баласын Семетейдин бешигине бөлөмөк болот. «Көбөшүм чукуйт көзүңдү, Абыке бузат айлыңды, Менин баладан көөнүм ток бекен», — деп, күң Канукейди кордоп баласын бербейт. Канукей ачуусу менен аны өлтүрүп, анын баласы Жообузарга Семетейдин кийимин кийгизет. Жообузар Семетей экөө бир күндө туулгандыктан, аны Семетейге арка-бел болот деп ага арнап Манас чоң той өткөргөн экен. Ошондуктан Канукей тел эмизип балдарды Темирканга качып кетүүгө ой кылып турганда «Көбөштөп» ураан чакырып, жамгырдай кылып жаа тартып, мөндүрдөй кылып ок атып кырк чоро баш болгон алты арамдын калың колу каптап кирди. Манастын ордосун кайтарган Байчоро келген жоого «Манастап» ураан чакырып каршы чыгат да, Чыйбыт, Кочкор экөөнү катар сайып кулатат, бирок, өзү колго түшөт. Аны өлтүрүшмөк болгондо Манастын арбагын сыйладым эле деп тайсалдап башын куткарат. Каптаган кол Манастын тамынын баарын уратып, талынын баарын сулатып, андан калган сан дүйнөнү камчыга ченеп бөлүштү. Канукей тул түбүндө Жообузарды эмизип отурганда Көбөш келип: «Ат өлсө соору керек деп, ага өлсө жеңе керек деп» арачы салсак алтообуздун бирибизге тийбейсиң, мени кыйратып алуучу, балтыр бешик балаңбы деп наркескен менен кундактагы баланы алты бөлө чаптырды. Бизге тийбесең мына деп, Канукейдин оң далысынын кечирин айбалта менен жара чапты. Канукей төбөсү менен тик түштү, өө дегенде оозунан өжөк-өжөк кан кетти. Жер кучактап жатып калган анын башын Көбөш алмадай кесмек болгондо, Манастын чоросу, Шууту арага түшө калып: «Көбөш, сен кан эмессиң бекерсиң Кан экениң чын болсо, канткенде катындын башын кесесиң» — деп жүйө сөз айтып, жанын аман алып калды. Күнү-түнү жатып араң эсин жыйган Канукей, башына түшкөн оор күнгө арман кылды. Аргасыздан таштап кетип баратканын ойлоп, көзүнө жаш алып эл-жери менен коштошту. Ыйдан пайда болбосуна көзү жеткен Канукей кайратына келип, чачын төбөсүнө түйүп, Манастан калган эски бөрктү, жакасы алтын, жеңи жез, кош бадана торгой көз соот кийимди кийип, Манастын асмандан түшкөн боз кисеси менен белин бекем курчанып, Алмамбеттин Сырбараңын таянып жолго чыкты. Кара-Кырдын тумшугунда кайкалап жаткан урчуктагы кан Манастын коргончосуна туш келгенде бетин тытып ыйлап, «Эсен бир жаткын Таласым, Аман бир жаткын Манасым» — деп коштошту. Манас, Алмамбет, Чубак, Серек, Сыргактардын арбактарынан Семетейди колдой көргүлө деп суранды. Денесинде жараты бар Канукей кыйналып араң дегенде Үч-Кошойго жетип, Чыйырды менен Семетейге кошулду. Канукейдин кыйналганын көргөн Чыйырды акыл сөздөрүн айтып Канукейге төркүнүнө качууга кеңешин берди.

Экөө Семетейди алмак-салмак көтөрүп качып жөнөштү.

Белести басып өтө албай,
Караган, бута, таш көрсө
Эки айым бекинген менен бата албай,
Жалганчы дүйнө оңбой кал,
Же жайдак жерге жата албай,
Чапчактын белин аша албай,

www.bizdin.kg

Эки айым, чарчап, ыйлап баса албай (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 25), жолдо абдан кыйналышат. Ичерге суусу, жээрге татым тамактары жок болгондуктан Канықейдин эмчегинен сүт чыкпайт. Балтыр бешик Семетей алты күнү даам сызбай, ачкалыктан үнү чыкпай калат. Айласы түгөнгөн Канықей эки жору талашып жаткан өпкөнү ажыратып, Семетей менен Чыйырдыга бышырып берип өзү тамак издеп чыгат. Эч жерден эч нерсе таба албай өкүл атасы Карынбайдын кер торпогун жолуктурат, аны кубалап жүрүп кармап алып келе жатканда астынан чыккан ач көз, адамгерчиликсиз Карынбай торпогун бербей тартып алып калат.



Жолу болбой кайгырган Канықейге Манастын кою жайылчу адырда марча жалап калган кер борук өзү жүгүрүп келет. Аны кармап, союп азык кылды. Канықей кайрадан жолго чыкмак болгондо Чыйырды карыганда эми кайда барайын, убара болбой өзүң Семетейди алып кете бер, мен ушул жерде калайын деди, Канықей ага жалынып жатып, ыкка көндүрүп алып жөнөйт. Карыган Чыйырды шайы оop баса албай калганда аны Семетейге кошуп көтөрүп алат. Казкалдак учса карыккан, безбелдек учуп жол тартса канат-башы талыккан таз карга учуп так каткан, таңдайы куурап тим жаткан чөлдү жети күн уйку көрбөй басып өтүп, балтыр этин оорутуп, согончогун жоорутуп араң дегенде Сыр-Дайранын боюна жетет. Кирип турган зор дайрадан өтө албай айласы куруйт. Астыңа салса ак жолтой, аркасы бийик Сан колдой, караңгыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан Олуят чалдын уулу Бакай кыямат кеткен Манас менен биттейинде биригип, бармактайда баш кошуп, кылычтын мизин атташып, акыреттик дос болушуп, доону бирге доолашып, жоону бирге жоолашып келишкен экен. Канатынан кайрылган, Канкору Манасынан айрылган Бакай беш жүз түтүнү менен Беш-Таштын башы бек жайлооro чыгып кетип, алты арамга бой бербей жашап турат. Ошол Бакай уйкудан чочуп ойгонуп, Канықей менен Семетейдин абалын билгени аттанып чыгат. Төрт-Күлдүн төмөн жагына, Төрө Манас сайган багына жетип келсе, талынын баарын сулатып, тамынын баарын уратып, такыр чаап кетиптир. Кук эткенден кузгун жок, как эткенден карга жок болгон бул жерди кытайдан кол келип чапкан экен, Семетей, Канықейлерди өлтүргөн экен деп болжоп, Манаска тете болот деп караан кылып олтурган баладан айрылганча өлүп тынайын деп Бакай шамшарын сууруп өзүнө урмак болот. Кайра эс токтотуп ойлонуп, Канықей өлсө, караан кылып олтурган бала өлсө, алардын артынан мен өлсөм ушу турган калайык өрт өчкөндөй болбосун. Отко салса күл болбос, жоого түшсө күң болбос Канықейдин ийниндеги жылаңач бала бар эле, ал алты айчылык азапты алдын ала кабар кылчу эле, Канықей андан душмандын келе жатканын билип, бой бекитип жашынып калдыбы издеп көрөйүн дейт. Таласты бүт тинтип Канықейлерди таппаганда Манастын коргончосуна келет. Ал жерден аза күтүп жаткан Кумайыкты жолуктуруп, Канықейлерди тап деп аны из кубалатат. Кумайык из кубалап жүрүп, Кайыпчынын кара үңкүрүнө келип, Канықейлер союп жеп кеткен кер боруктун сөөгүн табышат да Канықейлердин изине даана түшкөнүн сезишет. Басууга дарманы жетпей, айласы кеткен Канықей элде өлбөй, белде өлмөк болгонуна өкүнөт. Чыйырды кайрат берип, сүйүнө турган белги болгонун айтат. Боз-Дөбөгө чыгып караса Бакай көрүнөт. Канықей Манастын өлгөнүнө кырк күн толо элек каралуу башым менен абам Бакайга кантип көрүнөм дейт. Антип салт күткөндөй Таласта жаткан чагыбыз жок, — деп Чыйырды шартка жараша болуу керектигин айтат, Канықейдин колунан Семетейди алып

www.bizdin.kg
Бакайдын астынан тосуп чыгат. Семетейди аман көргөнүнө сүйүнгөн Бакай эт бышымдай эси ооп жатып калат. Бакай эсине келип, силерди мындай акыбалга ким алып келди же, Бээжинден келген жоо барбы? — дейт. Чыйырды түрмөктүү кептин түйүнүн түгөл айтып берет. Өзүн көрүп кайгырып ыйлаган Каныкейге Бакай кайратына келтирер кебин айтат. Чыйырдыны атына мингизип, Семетейди койнуна катып Сыр-Дайраны кечмек болот. Мойнуна курун салып Манастын арбагына жана башкалар пирлерге жалынып, колундагы мылтыгы менен дайраны көздөй атып калат. Өйдө жагын карасаң акпай дайра токтолуп, ылдый жагын карасаң сайы чыгып жок болуп, Бакайлар дайрадан аман-эсен өтүп кетишет. Манастын тирүү чагында көп жерди көргөн Бакай Каныкейлерди Кара-Кырдын кара үңкүрүнө алып келип, бетегеден жулуп алдыларын жумшактап жаткырып, өзү ууга кетет. Акжолтой киши тез эле алты аркар, төрт кулжа атып келип, качкындарды тоюндурат. Куу табылгы, куу ыргай түтүн чыкпас отунду жети күндүк кылып камдап берип, өзү Каныкейлерге азык-түлүк, ат-тон камдап келгени жолго чыгат. Шаша жол жүргөн Бакай күүгүм кире, күн бата Таласка жете келди. Текече кан, Шыгай кандын журтунан колуна эч нерсе илиндире албай, Эштектердин Жамгырчысына барса, ал Көбөштөргө кошулуп, Манастын жылкысына сыртынан ээлик кылып калыптыр. Бакай аны ат үстүнөн ыргыта сайып, башын кесмек болгондо Телкызыл атын тартуу кылып жан соогалайт. Анын кеңеши боюнча чылбырын үзүп, ээри менен жылкыга качып келген, Жакып минип жүргөн Акборчукту, Кошой азага алып келген Тайторуну алат. Тайторуга Алмамбеттин Аккаңкы ээрин (Алмамбет Семетейге белекке берип кой деп Чоң казат маалында Жамгырчыга атайы тапшырган) токуйт. Бакай андан чыгып, Манастын казына каткан үңкүрүн сактаган төкөр уста Бөлөкбайга жолугуп анын керборугун азыкка алат. Каныкей үңкүргө чыдап жаталбай үч күндөн кийин кайрадан жолго чыкты. Семетей менен Чыйырдыны көтөрүп, нечен кыйын жол басып, чаалыгып-чарчап, күн кылкылдап батканда касиеттүү Байтерекке жетип, жардам сурап жалынды. Байтеректин жалбырагы жазылып, купта жак бетиндеги бир бутагынан булактай агып сүт кетти. Ачка болгон качкындар жан аякты тосушуп, ал сүттөн ичкенде ооруган жерлери басылып, кадимкидей дем-күч алышып ошол Байтеректин түбүнө жатып калышат. Түн ичинде атасынан баласына чейин колдоп жүргөн пир — он эки айры ак бугу келип, кундактагы баланы туягы менен чапкылап ойготуп эмизет. Семетей кундагынан суурулуп эмгектеп кетет. Аны туйбай калган Каныкей, баланы кундагынан таппай, кайгысынан өз жанын өзү кыймак болот. Чыйырды: — Манас дагы бала кезинде кээ бир түнү ушинтип кайып болуп кетүүчү изде дейт. Аңгыча таң атып жерге жарык түшүп, Семетей кеткен жактан изи көрүнөт. Анын эки колу тийген кир коломто сындуу оюлуп, эки тизе тийген жер кол арык болуп бөлүнүп калган экен. Изди кубалап чуркап барган Каныкей Семетейди ак марал эмизип турганын көрөт, ошол учурда ак марал кайып болуп кайда кеткени билинбейт. Семетейге арбак конуп, алты миң эрдин сүрү пайда болуп калган экен. Чыйырды менен Каныкей Семетейди алмак-салмак көтөрүп жолго чыгышты. Бакай айткан убадасын аткарыш үчүн шашып-бушуп жетип келсе, Каныкейлер үңкүрдө жок. Алда эмне болгон деп из чалып, кеткен жагын билет да, артынан жөнөйт.

Мингизгени Чыйырды,
Көтөргөнү Семетей,
Айласы кетип чыркырап.
Таманы ташка тапталып,
Чекеси күнгө какталып.
Суусунга муздак суу таппай,
Жан кыюуга уу таппай,
Болбосо көлөкөлөп кетүүгө,

www.bizdin.kg

Серүүнүрөөк жер таппай.
Чарчабай өлүп алууга,
Ошондо, беленирээк көр таппай.
Оозуна гана каптап чаң толуп,
Туура булак, аккан суу
Канықей, бир жутууга зар болуп.
Туйгунунан айрылып,
Туралбай жетим-жесириң

Так ошентип кар болуп (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 55) турушканда Бакай жете барат. Алып келген азыгын берип, атына мингизип Канықейге болгон акыл-кеңешин айтып, Букарга бар дейт. Семетейди бир тууганың Ысмайылга бала кылып бер, он эки жашка келгенде Таласка келсе, өзүм тосуп алып алты арамдан өткөн өчтү алабыз дейт. Канықей: — Букарга барбайм, биринчиден тентиген катын атыгам, экинчиден өз атам Темиркандан көөнүм калган. Алмамбет баатыр жаңы келгенде, Манас ага тулпар ат энчилеп бербесе болбойт деп, жетимиш нарга алтын жүктөп, мени төркүлөтүп, атам Темиркандын Актулпарын сураткан, ал бербей коюп, көөнүм калган. Ошондуктан Семетейдин карын бөлөсү Үмөтөйгө же Кокон менен Самаркандын бирине кирип кетейин — дейт. Бакай: — Манас тирүү кезинде Кокондуктар да, Самаркандыктар да кордук көрүп калган эле, Үмөтөйдүн да атамды Бээжинге алып барып өлтүргөн деген кеги бар. Аларга барып болбойт. Тилимди алып төркүнүңө эле бар — дейт. Канықей макул болот. Бакай Букарга барчу жолдун дайнын толук сүрөттөп айтып, Канықейлер менен коштошуп Таласка кайра кетет. Чыйырды менен Канықей күндүзүндө тынч албай, түн ичинде уйку албай, Тайтору менен Акборчук кылт дегизип суу жутпай, кырк дегизип чөп чалбай арадан кыйла жол жүрүп Темиркандын чек арасы Ак-Чийге кирип барышты. Туулуп өскөн жерин көргөндө Канықейдин бала чагы эсине түшүп ал жөнүндө Чыйырдыга баян курат. Канықейдин атасы Темиркан эркек балалуу болбой он эки кыз көрөт, он эки кызын оё бычып калың жеп, он эки канга берет. Он үчүнчү болуп Канықей, андан эки жылдан кийин Ысмайыл төрөлөт. Атасына эрке өскөн Канықей кыз кезинде өз билгенин кылып, оң жагында сексен кыз, сол жагында сексен кыз, желбеген жорго ат минип; желбегей торко тон кийип, Букардан алты күнчүлүк алыс жердеги Кең-Көлчүккө жыл маалында бир сапар сейил куруп келчү экен. Ошол Кең-Көлчүктү көрө кетели деп Канықей Чыйырдыга кайрылат. Келишсе көлчүк соолуп, тегерегиндеги чынар бак куурап, сарайы урап калыптыр. Канықей аны көрүп:

— О, кагылайын, энеке,
Эки күнү Букарга
Жатпай өлөт экенбиз,
Жер жүзүнө биз байкуш
Батпай өлөт экенбиз.
Семиз элек, жал кетип,
Арык болот экенбиз.
Серпилчү эл — журт мында жок,
Энеке, карып эле болот экенбиз (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 62) деп жаман белги катары кабыл алат. Чыйырды: — Кайгырбагын, Көлчүгүң соолуп калганы Манастын өлгөнү, талың куурап, сарайың кулаганы кулдардан (Абыке, Көбөштөн) кордук көрүп тентип келгениң. Көлчүктүн кайнар чыкчу орто жеринде кара чым бар экен төлгө кылып оодарчы, — деди. Канықей Манастын арбагына жалынып, андан калган найза менен чымды аңтара сайганда, кайнардын көзү ачылып, Кең-Көлчүк толуп, айланасындагы чынарлар гүлдөп кадимки калыбына келди. Бул белгиден Чыйырды Семетей атасы Манастын

www.bizdin.kg
ордун басарын билет. Бакай берип кеткен азыктан жарты жилик эт, жарым көөкөр сүт калыптыр, аны көлчүктүн толгонуна баабедин кылып ичип-жешет. Ошол кезде жашы жыйырма бешке келип, атасынын ордуна, эли-журтун былк эткизбей бийлеп калган Каныкейдин иниси Ысмайыл алтымыш балбаны жанында ат арытып куш салып чыгат. Алыстан Каныкейдин көлчүгү толуп, Чынары гүлдөгөнүн, ал жерде кош ат байланып турганын көрүп, — Коңурбайдан жараланып келген жездем Манас өлүп, анын дүйнөсүн аталаш инилери талап алып, эжем Каныкей балтыр бешик баласын аркалап Букарды көздөй качты деп уктум эле. Ошол эжем болуп жүрбөсүн, баралычы деп жигиттерине буюрду. Алтымыш балбандын келе жатканын көргөн Каныкейлер чочулайт. Аңгыча Ысмайыл каралуу турган Каныкейди тааный коюп, алтын жаак айбалтасын бөйрөгүнө таянып: «Арстаным, жездем өлбөй кал», — деп өкүрүп кирди, алтымыш кошчу жигити кошо өкүрүштү. Каныкей башынан өткөргөн кордугун арман менен баяндап келип:

Ук, Ысмайыл сөзүмдү
Найзага таккан желекти,
Айкөлдөн калган белекти,
Ала качып Кең-Колдон
Алып келдим өзүңө.
Береки жылма баскан
Букарды Талаам десем оңбоюн,
Ушу, жыргалдан калган чунакты
Ысмайыл, балам десем, оңбоюн!
Мойнуна тумар тагып ал,
Башы менен берейин
Ысмайыл, жетимиңи багып ал! (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 71) деп кыркып берип чыбыгын, ит аягын кечирип, кылычтын мизин аттатып кылып берди ырымын. Ысмайыл Каныкейди ээрчитип Букарга келип, Семетейге он сегиз күн той берип бала кылып багып алды. Темиркан: «Балам Каныкей касиеттүү жан эле, атайы келип калыптыр, капа кылбай сегиз жүз түтүн бөлүп берип, Букарга кан көтөрүп алалы. Баласы он экиге келгенде Манастын ашын берели, Семетей Кытайдан атасынын кунун кууйм десе тирек болуп берели», — деди. Радлов жазып алган вариант боюнча Манас өлгөндө Каныкейдин жети айлык боюнда болот: Жакып: «Каныкей, Абыке, Көбөштүн бирине тийсин», деп Меңдибайды арачыга жиберет. Ал боюмдагы бала кыз болсо аны өлтүрүп тием, эркек болсо тийбейм деп жооп берет. Шооруктун кызы Акылай өз макулдугу менен Абыкеге тиет. Мезгили жетип Каныкей төрөгөндө Акылай баланын киндигин кесем деп шылтоолоп өлтүрмөк болот. Бакдөөлөт баланы ага бербей аман сактап калат. Жакып, Абыке, Көбөш кол курап, Манастын ордосун чапмак болуп даярданып жатышканда Каныкей жаңы туулган баласын койнуна катып Бакдөөлөттү ээрчитип Алтыбайдын аралына жашынды. Алар Абыке, Көбөш Манастын ордосун талап кеткенден кийин өкүл ата Карынбайга баш калкалоого барышса ал жардам берүүдөн баш тартты. Бакай ат-тон, азык камдап, Каныкейлерди Караканга жөнөттү. Ачып-арып келе жаткан Каныкейлерге агасы Солтонкул жолдон жолугуп үйүнө алып келди. Каныкейдин баласын атасы Темиркан өзү багып алып, той берди. Тойдо балага эч ким ат коё албай турганда ак боз ат минген аксакал киши пайда болуп «Семетей» деп ат коюп кетти. Багыш Сазан уулунун вариантында Манастын өлгөнүнө он эки ай толо электе Көбөш менен Акылай алдыртан сүйлөшүп, көңүлдөш болушуп акыры үйлөнүп тынышат. Жакып элди чогултуп Каныкейди Абыкеге алып бергиле деп кыйнады. Эл: «Манас менен Каныкей кимибиз тирүү калсак төшөк жаңыртпайлы деген шерти бар, Каныкей тилибизди албайт» дешет. Жакып Абыкенин кырк чоросун (Манастын

www.bizdin.kg
кырк чоросу Кичи казатта курман болушат. Абыке Манас өлөөрдүн астында кырк жаш бала чогултуп, Манастын кырк чоросунун ат-тонун, жарак-жабдыгын берип, ошол чоролордун аты менен ар бирин атайт) арачыга жиберет. Жаш балдар Каныкейге батына алышпайт, акыры Ажыбай, Сыргак (мурунку чоролордун аты коюлган жаш балдар) «кан жардыгы катуудан кайран жаны таттуудан» Жакыптын талабын айтышат. Каныкей Манас менен шерттешкенин айтып, Жакыптын талабын четке кагат. Жакып аргын менен ногойдун колун каптатканда Каныкей Манастын жоо кийимдерин кийип, Аккелте менен аларды атып өзүнө жолотпойт. Ал кезде жайлоодо жүргөн Абыке келип калып, камап жаткан колду кубалап, өзү актыгымды билдирем деп Каныкейге келет. Ал алдап алганы келди деп ойлоп, аны канжар менен саят. Ачуусу келген Абыке Каныкейге жан каттатпай тогуз күн камайт. Каныкей Чыйырдыны жетелеп Семетейди көтөрүп качып чыгат. Бакай өзүнүн алтымыш нарынын башын кесип кумга көөмп, аларды жоо алып кетти деп Абыкеге даттанып барат. Абыке Бакайдын нарларын издеп Ооганга чейин барып он беш күндөн кийин келет. Бакай бул убакыттын ичинде Каныкейди Караканга жеткирип кайтканга үлгүрөт.

Семетейдин балалык чагы. Каныкейдин Тайторуну чабышы. Семетей Ысмайылдын колунда тарбияланып, а дүйнө кеткен Манастын ата экенин, жери Талас экенин билбей өстү. Атасы Манасты тарткан Семетей күйүп турган чок чыкты, күркүрөп турган ок чыкты, күрдөөлдүү Букар шаарында мындай тентек жок чыкты. Календер көрсө камады, думананы сабады, тентегине чыдабай бүткүл калаалуу Букар жадады. Ошондо, ак селдечен кожолор, дарс окуган молдолор Темиркандын астына келип арызга отурушуп: — Семетейдин тентектигин тыйыңыз, болбосо Букарга же ал турсун, же биз туралы», — дешти. Темиркан кандыгына салып алар менен урушуп, балага теги жайын билгизбегиле деди. Бирок өзү ойго батты: «Эл оозунда элек жок, эселек тууган жаман журттун бирөө балага эли бөлөк экенин айтып койсо, таятам тегимди жашырып бузуктук кылып жүргөн экен, — деп таарынып калар. А көрөкчө атагын укkан кишиге айкөл Манастын ашын берейин, акылсыз чабал адамга баламдын тою кылайын. Семетейге алтын тажы кийгизип, алтын такка мингизип кан көтөрөйүн. Журт атасы болгондо токтолор» — деп ойлоп, сегиз кан элге кабар бердирет. Көкчөнүн уулу Үмөтөй, Музбурчактын уулу Бурамбек, Чамбыл-Белден Жанаалы, Кокон кандан Козубек, Маргаландан Малабек, Анжыяндан айры сакал Сынчыбек, алты шаар Кашкардан Өзүбек тойдо ат чапканы келишет. Бул жөнүндө келгендерден кеп укkан Каныкей алтымыш асый Тайторуну Семетейге төлгө кылып чапмак болот. — Эгерде балам атасын тарткан эр болуп, Таласка кайра кондурса, чапкан атым чыгып келет, жок, чыкпай артта калса, балам атасын тартпай калганы, — деп ойлойт. Ошентип, Каныкей чиймек болуп сызыкты, кылмак болуп кызыкты, каралуу жүрүп атын чаап, Букарга баштамак болуп бузукту, Тайторуга күрүчтөн күрмөк жем берип, күндө терин алып, арпадан аса жем берип, айда терин алып таптай баштады. Тулпардын сасык терин алуу үчүн күүгүм кире, күн бата, Букардын четиндеги Ак-Чийдин сары талаасына салып чапты. Сөөгүнөн чыккан тер туягы ылдый куюлуп, сасык тери төгүлгөн Тайторуну аса байлап, суутуп таңга жуук жетелеп жүрүп он бетеге, сексен чөп оро-оро чалдырып, оргуп жаткан кара сууга сугарып, кайра алып келип сарайына байлап кыргы менен кыргылап, ургу менен ургулап терин артты. Кокустан Тайтору астыда келе атса көрө албаган бирөө жолун торгобосун. Атымды коргоюн — деп Каныкей олоңдой болгон чачын төбөсүнө кынап түйүп, үстүнөн Семетейге арнап өзү жасаган суусар бөрктү баса кийди. Үстүнө кең күрмө, келишимдүү суп чепкенди кийип, сыртынан Манастан калган боз кисени курчанды. Алмамбеттен калган Сырбараңды айдалыга асынды, алтын жаак айбалтаны билегине илди, кыпкызыл болот Сырнайзаны колуна алды. Манастан калган Зулпукорду жанына байланды, шири куржунга толтура ок-

www.bizdin.kg
дарыны Акборчукка артты. Кетмен туяк, кең соору, кенен жердин тулпары, чаба турган Тайторунун көкүлүн көк жибек менен түйдү, куйругун куу шайы менен шүйдү. Жолго чыгарда ак байбиче энеси Чыйырдынын батасын алды. Канықей Тайторуну жетелеп, касабасы калкылдап, жабдыгынын баарысы тула бойдо жаркылдап Букарга кирип барганда, тойго келген сегиз кан анын катындыгын билбестен эки колдорун бооорлоруна алышып, чуркурап салам айтышты. «Кең көкүрөк, жайык төш, келберсиген шер экен, он эки мүчө тең экен, сөлөкөтү-сөөлөтү, атка минген келбети, Манас өңдүү көрүнөт. Же Манастын жээни, же Манастын тайы бейм! Кан көтөрүп алсакпы? — деп таңданышты. Канықейди тааныган Букардын билермандары Темирканга келип: «Тентип келген кызың ат чабам деп, эркекче кийинип, жээлигип калыптыр. Чапкан аты артта калса сегиз кан элине шылдың болобуз, тыйыңыз», — дешти. Темиркан кароолго чыгып караса, чын эле Канықей эркекче кийинип, ат чапканы келиптир. Аны көрүп Темиркан тардыгып: — Канықей бул жоругуңду кой. Сенин атыңды сүрөөчү элиң жок. Ат чаап уят болбо, мал керек болсо, төрт тулпар чаап жатам, ошолордун байгесин ал, — деди. Канықей атасы жесир дегенге ардыгып, Тайторуну байге үчүн эмес, төлгөгө чаап жатканын айтып, жолун тоспоосун суранды да, каарданып, кара жаак ак камчы кармай калып имерип, каң дегисе Тайторуну такымга тартып жиберип, Букарга кирип чуратып, ат айда деп бакырды. Коркконунан сегиз кандын эли аттарын чубатууга салды. Канықейдин буйругу менен чабылчу аттардын эсеби алынып, катка салынды, бардыгы алты жүз кырк үч ат болду. Канықей чабылчу аттарды сынап, Тайтору менен алты күн тынбай, суу ичпей жарышчу күлүктөр келгенин байкады. Ат айдаган Эшен чал башында турган алтымыш балбанга Кең-Булак, Ак-Чийди басып өтүп, Ит-Торпунун белин ашканда Ит-Өлөрдүн чөлү келет, андан нары да кыйла жолдо жаткан Кара деңиз дарыядан аттарды коё бер, Тайтору чыгып келчү жер ошол. Бул айтканымды аткарбасаң кармап алып соёмун, — деди. Канықей айтканын аткарбай койбосуна көзү жеткен Эшен чал, ага сиз айтканды аткарам деп убадасын берди. Ысмайыл Канықейдин ат чапканын угуп ардыгып, Семетейди өзүнө чакырып алып Канықейди жамандап кирди:

— Ой, Семетей, кулунум,
Келгендерден кеп уктум,
Кесирэттүү эжекең
Жесир жүрүп жээлигип,
Ат чабам деп ээлигип,
Жерге гана кирди деп уктум!
Эри өлгөнгө сүйүнүп,
Эзелки долу ал бейбак,
Эркек кийим кийинип,
Бузулган жолду жөтөлөп,
Алтымыш асый бир атын
Чабамын деп жетелеп,
Эбин таап көйнөк кие албай,
Эптеп эрге тие албай,
Эл кыдырып чыр баштап
Эсепсиз уят бир кылды,
Эжеси жесир дедиртип,
Балам баарыбызга чыр кылды.
Бу жорук кайдан көрөлүк,
Тентиген катын дедиртип,
Баарыга шылдың болгончо

www.bizdin.kg

Тирүү жүрбөй өлөлүк (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 91), — деп аты чыкса «Манастап» ураан чакырып сүрөп кел, артта калса Каныкейди курмандыкка чалып кел деп жетимиш балбан кошуп жиберди. Каныкейдин ийниндеги жылаңач бала Ысмайылдын көкүтүүсү менен Семетейдин келе жатканын айтты. Ошондо Каныкейдин көзүнүн жашы төгүлүп, көңүлү жаман бөлүнүп, эсилден калган жан ботом, эбин таап көйнөк кие элек, жолуман кармап алып, жалынсам болбой курмандыкка чалат, ээ! — деп кайгыга батты. Кайра туруп: — көп эле болсо, ажалым жетсе өлөрмүн. Мен эмес, бу дүйнөдөн кимдер өтпөгөн — деп бел байлап, кайраттанды. Акборчук оозун бурду эми, чыгырыгын имерип, чын көзүнө жиберип, Манастан калган дүрбүнү салып аттардан кабар алды. Оргуп-оргуп чаң чыгат, оргуган чаңды көргөндө Каныкейден жан чыгат. Алды жагында атасынын Актулпар, андан удаа Чоңкашка, Чоңкүрөң, Каракашка — төрт тулпар келе жатат алардан башка аттардан дайын жок. Тайторуну көрө албай кайгыга батып, чыдай албаган Каныкей кайра дүрбү салганда Кең-Мойноктун жонунда, Кең Кырымдын жолунда, башын жерге сала албай, аркардай арыш ала албай Тайтору үч жүз аттын соңунда келе жатат. Каныкей Тайторунун чыкпасына ишене баштап: — Ай караңгы түн экен, бүгүн ажалым жетер күн экен, көөдөндөн чыккан баладан, — деп арман кыла баштады. Өз жанын өзү кыймак болуп, дагы бир сапар чабылган күлүктөрдү дүрбү салып көрдү. Ит-Торпунун жонунда. Кезең кырдын боюнда алтымыш аттын соңунда келе жаткан Тайтору:

Аркардай арыш салыптыр,
Мойнун жерге салыптыр,
Болжоосуз арыш алыптыр,
Желгенине жел жетпей,
Жеткилең чуркап калыптыр,
Басканына мал жетпей
Башкача чуркап алыптыр (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 96).



Сүйүнгөн Каныкей жана да бир сапар дүрбү салып «Тайторунун отуз аттын соңунда келе жатканын көрөт. Дагы бир сапар дүрбү салса Кең Ак-Чийдин боюнда он эки тулпар соңунда келе жаткан Тайторуну Алмамбет, Чубак, Сыргак, Ажыбай, Бакай, Манастын арбактары сүрөп алыптыр. Манасты он эки жыл көрбөгөн Каныкей анын арбагын көргөндө өзүң менен кошо ала жат деп чыңырып ыйлап дагы дүрбү салат. Ошондо Тайтору алты буудан соңунда келе жатыптыр, аны сүрөмөккө камынды. Таластан Букарга качканда Алмамбеттин Сырбараңын ала келген, ошол мылтыктын ичин тазалап, кур дүрмөт менен дүрмөттөп, милтесине от коюп карап турду. Ошондо Тайтору Темиркандын үч тулпарынын соңунда келе жатыптыр. Каныкей куру дүрмөттү атканда, очогордун огуна көнүп калган Тайтору мылтык үнү чыкканда чындап жүгүрүп, Чоңкашка менен Чоңкүрөңдөн ашып, Актулпарга жанашты. Эр адамча Тайторуга жетип барып чылбырдан алып сүрөп келди. Каныкейге кошулуп кырк чилтен, Кызыр да кошо сүрөдү. Бир топко

www.bizdin.kg
Актулпар менен Тайтору тең жарышып келди, акыры Канықей Тайторуну жети бута астыга сүрөп чықты. Аты астыга чыккан Канықей үстүндөгү жоо кийимдерин чечип, каралуу кейпине келип, эми Семетейдин көзүнө илинбейин деп үйүнө кетти. Башта Манастын ата экенин биле элек Семетейдин оозуна атасы Манас, жери Талас, эли кыргыз кирип калыптыр.



Ал өзүн ээрчип келген балбандарды чакырып: — Астына келе жаткан аттардын баарын кабактан кармап кырып, Тайторуну сүрөп астыга чыгаралы. Манастап ураан чакырып, жездем тирилгендей кылалы, арманы күчтүү эжемди балалуудай кылалы. Ушуну аткарсаңар Тайторунун баш байгесин бүтүн үлөшүн силерге берем деди. Оролмо тоонун урчукта, оңурайган, тумшукта, чабылган аттарды күтүп туруп, астыда келе жаткан Тайторуну чылбырынан сүйрөп, «Манастап» ураан чакырып сүрөп калды. Семетейге кошулуп жолдогу жылкычы, койчу, уйчу, орокчу да «Манастап» ураан чакырып Тайторуну сүрөөгө алышып, ой-тоонун баары Манастын арбагын көтөргөн бакырыкка толду. Тайтору биринчи чыгып келип, Семетей убадасы боюнча баш байгенин үлөшүн өзү менен жүргөн балбандарга бөлүп берди. Сегиз кан журту жыйылып Семетейди алтын таажы кийгизип, алтын такка мингизип кан көтөрүп алды. Темиркан Семетейдин такка олтурган урматына балбан күрөш уюштурду. Букардан Акбалбан, Кокондон Төө балбан чыгып, алты күн күрөшүп акыры Букарлыктын балбаны жыгылып калды. Өзүнүн шаары Букардын балбаны жыгылганга намыстанган Семетей Төө балбанды кайра күрөшкө чакырды. Ата болуп калган Ысмайыл боконо эти толо элек баланы Төө балбан кокус кылып койбосун деп Семетейди күрөштүрбөй кармап калууга аракет кылды. Намыстанган Семетей ага болбой, өзү Букардын кандыгын сайып, ал эми Төөбалбанга жанын сайдырып, күрөшкө чыкты. Салт боюнча биринчи Семетей билегин сунуп, Төөбалбандын колунан дароо сууруп алды. Төөбалбан билегин сунганда аны коё бербей бычырата кармап, өзүн көтөрүп чаап, анын бир колун жулуп алды. Баланын балбандыгын көрүп андан чочулашкан сегиз кан жаштайынан жок кылуу амалы менен Темиркандан аны ак үйлүүгө сурашты. Ала көөдөн Темиркан алардын алдоосуна көнүп Семетейди ак үйлүүгө бермек болду.

Чыйырды Семетей он экиге келгенче көрө элек эле, аны атасын тарткан эр болуп Букарга кан болду деп угуп «Баламды мага алып келип көрсөт», — деп Канықейге айтып алты күн тамак ичпей жатып алат. Канықей: — Семетей келгенде ыйлап, тегин билгизип койсоң жашы он экиге толо элек бала ээлигип Таласка аттанып кокустан мерт болот — дегенде, Чыйырды эч шек алдырбаска убадасын берет. Канықей Семетейди шумкар салган жолунан тосуп чыгып, Букар шаарына султан болгонуна кут маарек айтып, эне экенин билгизбей, иничек деп кайрылып, жесир эженди алакыбалын сурап, үйүнө кирип даам татып кет, — деп өз сарайына алып келип түшүрдү. Канықейдин үй сарамжалын көрүп Семетей аябай маашырланды. Семетей тамактанып бүткөндөн кийин, Канықей керегенин бер жагы, көшөгөнүн ар жагы тактанын үстүндө бөгүп жаткан Чыйырдыны тургузуп, кичине кудаң келиптир учураш деди. Чыйырды бул кабарды укканда дүпө-дүпө жөтөлүп, төшөктөн башын көтөрүп, алтын таяк колго алып, оңдонуп олтуруп; кадыры жетик куу көздү аарчып, эт бышымга баланы карап сагынган кумарын кандырып, сыр билгизбей Канықейге кайрылып: — Бая биз Букарга келгенде жаңы төрөлүп, чоң той берилген сенин кичи иниң ушубу? көрбөсөм да, билбесем, кагылайын кичине кудам аманбы? деп сый кары адамдын салты менен Семетейди

www.bizdin.kg
мойнунан орой кучактап, кекиртекке оозун билер-билбес тийгизип, шуркурата жыттап, жыттап алды да, айласы жоктон ачыгын айтып ыйлап жибере албай, бөгөсүнөн чөкчөйүп жатып калды. Семетейди аттандырарында Канукей: «Кызырдуу кыргыз биздин эл өңчөй окшош кыпкызыл мындай көркү болуучу. Көк жал жездең Манастын бөркү мындай болуучу» — деп өз колу менен жасаган суусар бөрктү кийгизди. Андан кийин атышка кирсе ок өтпөс, сайышка кирсе найза өтпөс суп чепкенди кийгизгенде Семетейдин сөлөкөтү-сөлбөтү кан Манастай даңкайып калды. Тегереги байлалуу, жоон сандан ылдый тегиз курч менен саймалуу, алты теке терисин күдөрү ийлеткен, ичин торко ичтеген, аргын менен ногойдун алтымыш кызы тиштеген, тартып алса шили болуп чоюлган, коё берсе желим болуп жыйылган, катуу кармаса кол кыйылган. Манастан калган кандагайды кийгизди. Пил терисинен жасалган булгаары өтүктү такасына кызыл алтын жакут салдырып кыргызча жасатыптыр аны кийгизди. Манастан калган Бозкисени белине чалды. Семетей атка мингенде Канукей жана токтотуп: — Сени сегиз кан ак үйлүү сурап жатыптыр сак бол, — деп эскертти. Кандардын жоругуна кыжырланган Семетей Букарга жетип барды да, Темиркандын Акбараңын, зулпукорун тартып алып, алтын жаак айбалтаны билегине илип, сыр найзаны такымына кыстарып ордодо жаткан сегиз канга жөнөдү. Бийчилерди бийлетип, дутарларды чалдырып оюн куруп жаткан аларды жөөлөтүп кирип барды да, жүйөөлүү кептен салды: — Мени ак үйлүү алгыдай, эмне жамандык кылдым. Менде жети атаңдын өчү жок. Темиркандын акбараңы менен барсылдакка салганда ак үйлүү алчу кандардын баары качып жөнөдү. Семетейдин балалык чагына таандык окуяларынын ичиндеги анын Төөбалбан менен күрөшү. Чыйырдыга алгач жолугушканы жана Канукейдин колунан өзүнө даярдалган кийим-кечегин алышы, ак үйлүүгө алышмак болгон сегиз кан менен чатагы сыяктуу эпизоддор башка варианттарда учурай бербейт. Алар Саякбай Карала уулунун эл ичиндеги аңыз сөздөрдүн негизинде эпосту кеңитип, тереңдетип айткан чыгармачылыгынын натыйжасында кошулган эпизоддор. Булардын ичинен Саякбайдын айтуусу менен эл ичинде өтө кеңири белгилүү болгон эпизод «Канукейдин Тайторуну чабышы» шарттуу түрдө манасчылардын Ысык-Көл мектеби аталган өкүлдөрүндө мурдатан айтылып келгени байкалат. Ошондуктан көпчүлүк варианттарда жолукпаган бул эпизод Саякбай менен бир мектепке таандык Мамбеттин вариантында да кезигиши мыйзам ченемдүү. Мамбет Чокморовдун варианты (Мамбет Чокморовдун варианты). Атасын тартып өз билгенин бербей шок чыккан Семетейди Канукей кантип токтолторун билбей ойго батып жүргөндө анын жакшынакай келечегинен, баатырдык иштеринен кабар берген түш көрөт. Ушундан кийин Канукей Манаска аш берип, Семетейдин келечегин билүү үчүн Тайторуну чабуу жөнүндө атасы Караканга кеңеш салып макул кылат. Тайторуну Канукейдин таптоосу, иниси Ысмайылдын элдин ушак сөзүнө кирип ат чапмак болгон Канукейге каршы Семетейди жумшоосу, акыры Тайторунун чыгып келиши бул эпизоддогу туруктуу мотивдер катары Мамбет Чокморовдун вариантында айтылат. Бирок, Ысмайыл Семетейдин Канукейге нааразылыгы Саякбай Каралаевдин вариантындагыдай курч мүнөздө өтпөстөн, жайынча болот. Тайторуну башка бала эмес, Семетейдин өзү чаап, эл көзүнө көрүнөт. Манаска аш берүү Тоголок Молдонун (Манастын өлүмүнө удаа), Ыбрай Абдыракман уулунун (Семетей Таласка келгенден кийин), Молдобасан Мусулманкул уулунун (Манастын кырк ашы) варианттарында да кезигет, бирок мында негизги ой аштын жүрүшүнө, андагы салтанатка бурулат да, Тайторунун төлгө кылып чабылышы жөнүндө эч эскерилбейт.

Семетей өзүнүн чыныгы ата-тегин алгач угушу. Букардын каны Темиркандын үч инисинин эң кенжеси Сарытаз агалары менен так талашып жеңилип, Күлешендин Гүл-Токоюнда көмүрчү болуп, ай сайын Темирканга сексен төөгө

www.bizdin.kg
көмүр артып алым берип туруучу. Ошол Сарытаз Семетей Гүл-Токойго келсе ата-тегин айтып, аны менен кыргызга кетип, кордуктан кутулмакчы болуп жүрөт. Темиркан да Сарытаздан чочулап, Семетейди алдап, Гүл-Токойго жибербеске аракет кылат. Адамды чайнап таштоочу азуулуулар, соруп таштоочу ажыдаар, дагы кылыч тумшук пил сыяктуу укмуштуу жаныбарлар бар экенин айтып коркутмак болот. Тулаңдуу жерди тутанткан, өлөңдүү жерди өрттөгөн, кара сууга кан куйган Канкор Манастын уулу бул сөздү укканда коркуп калмак турсун кайра өрөпкүп, Гүл-Токойду Темиркан айткан жырткычтардан тазалаш үчүн ал жерге бармак болду. Жоо жарагын тыңданып, ат аябай жол жүрүп Гүл-Токойго жетип келди. Барса Күлөшендин Гүл-Токой күлүп-ойнор жер экен. Колундагы Акшумкарды салып кумардан чыгат. Бир убакта текөөрү темир, теги жез, канаты алтын эки кез, көнөчөктөй көк бозтекке шумкарын салат, ал аны албай тескери учат. Кыргоол чөп алачыкка корголойт. Аны кубалап барган Семетей башы ылжыраган, маңдайында жалгыз көзү бар тазды көрөт. Ал таз заматта тоодой отун чогултуп, андан алтымыш төөгө жүк болчу көмүр даярдайт. Анын жоругуна таң калган Семетей ага салам айтса, алик албайт. Ачуусу келип аны сөз менен кордойт. Сарытаз да ага жараша жооп берет: — «Көк койгуттун алчысы, Ысмайылдын куш салуучу жалчысы. Калаада элдин акчасы, Темиркандын куш салуучу бакмасы, Көмүр өчүргөн талаада көөлүгүмө жетесиң, көк жал болсоң сен жетим, элиңе качан кетесиң», — деп кайрадан көмүр өчүрүп кирди. Ачуусу келген Семетей аны булдурсун менен куйрукка тартып жиберди. Куйругун жара чаптырып, жаны ачыган Сарытаз мурдагыдан да катуу айтты: — Көчүгүм жара чапкандай жети атаңдын өчү жок. Атаң Манастын өпкөсүн жарып өлтүргөн Коңурбай кытай мен эмес, кыйын болсоң ошондон өчүң ал. Абыке, Көбөш атаңдан калган зор дүйнөнү камчыга ченеп бөлгөндө, энең Каныкей качып келип, сени Ысмайылга асырап берди эле. Таласта кыргыз эл кандай? Кан атаңды тааныбай, Тентип жүргөн сен кандай? Тегин айтып берген Сарытазга абдан ыраазы болгон Семетей анын айтканы чын болсо Таласка барганда кан көтөрүп алам деп убадасын берип Букарга жөнөдү. Темиркан: — Бала Сарытаздан тегин укса бузулуп кайтат. Анын көңүлүн алаксытсын деп жолун жүз сулуу кызга шапар тептирип тостурду. Семетей аларга көңүл бурбастан, Ысмайылдын чынар багынын ортосундагы боз дөбөгө жатып алды. Аны тургузууга Темиркан, Ысмайыл, «чоң энеси» Алтынай, «өз энеси» Күмүшай жалынып келишти. Алардын бирине да көңүл бурбады. Ысмайылдын кызы Кишимжан Семетейди кичинесинде көтөрүп чоңойткон экен. Ал да келип, Семетейди кытыгылап эркелетип тургузайын деди эле, аны жаакка кагып калды. Ыза болгон Кишимжан бөлөк бөлөктүгүн кылат экен деп каргаган бойдон кетти. Ошо шаардын төрөсү Көлөй Семетей менен сырдаш экен, а да келип аны сөзгө келтирмек болду. Семетей ага да козголуп сөз айтпады. Көлөй ала көөдөн, кырс киши эле, ачуусу келип: — «Букарлык барып сенин Таласыңды чаап алып, айыбыңа калган жок. Энеңдин кабыргасын кыйрата чаап жеринен качырган Абыке, Көбөш мен эмес. Кеитесиң таарынып, атаң Манастын өчү жок. Бөрүнүн баласын багып жүргөн Темирканда акыл жок», — деп басып кетти. Кишимжан, Көлөйдөн да жери Талас, атасы Манас экенин угуп, Семетей Сарытаздын айткандары чын экенине ишенди да, энеси Каныкейге жөнөдү. Он эки күндөн бери Семетейди тамак ичпей жатат деп угуп келе жаткан Каныкей астынан чыкты. Семетей элден укандарын Каныкейге кайталап айтып ушул чынбы? — деди. Аргасы түгөнгөн Каныкей Таластан Букарга эмне үчүн жана кантип качып келгенин айтып берди. Энесинен кеп угуп, элиң кыргыз деп угуп Семетей ата журтуна барууну дегдеп калды. Таенеси Алтынай Темирканга кирип жерине бараткан жээниңе Актулпар менен Бозкелтеңди берегөр деп жалынды. Темиркан балага Актулпарды тартуу кылып: — Жаныңа кошуп кол берейин, анткени кең Талас сага жер эмес, Абыке, Көбөш эл

www.bizdin.kg
эмес, Жакып сага ата эмес, колсуз барсаң, кокус кылып коет дегенде, Семетей ага: кантип, өз элиме кол курап чапканы барамын, ажалым жетсе өлөмүн, о дүйнө кеткен атама куран окуп келемин деп Таласты көздөй жөнөп калды. Радлов жазган вариант (Радлов жазып алган вариант). Семетей Каракандын баласы болуп чоңойду. Бир күнү той болуп, тойго барган Каракан ашык ойноп жүргөн Семетейди эстен чыгарып койду. Таарынган Семетейге Каракан жорго кунан токуп мингизип, жанына чөйчөктөй көздүү Сарытазды кошуп берди. Жолдо Семетей Сарытаздын колунан чылбырын булкуп алды, тизгинин жулуп алды да, Каракан өзү менен ээрчиткен жок, менин атам эмес экен деп жүрүп кетти. Сарытаз болгон окуяны Караканга айтып келди. Каракан, Солтонкул жана башкалар Семетейди токтотууга аракет кылды, бирок ал моюн бербей Каныкейге келип, атасы Манас экенин жана өз эл-жерине кетерин айтты. Каныкей атасынын ат-тонун Семетейге сурап берип, Таласка барганда Бакайдын тилинен чыкпа деп жолго чыгарды. Семетейдин ата-тегин адеп угушу жана Темиркандын ордосунан аттанып чыгышы башка варианттарда Саякбай Каралаевдин вариантынан өтө айырмачылыкка ээ эмес. Варианттар арасында өзгөчөлүктөр көбүнчө Сарытаздын тегине байланыштуу. Тоголок Молдонун вариантында Сарытаз Темирканга Баймырза калыңга берген кул, Ыбрай Абдыракмановдун вариантында Каныкейди караан тутуп, артынан ээрчий келген Манастын тууганы (Жакшылык Сарыковдун варианты). Манастын чоролорунун бири. Шапак Рысмендеевдин вариантында Сарытаз Көйкаптын бери жагындагы Көрсөткөн деген шаардын Турумкан аттуу кандын жалгыз уулу болот. Атасы өлгөндо бийликти тартып алган увазири аны кубалап чыгат. Ал качып Таласка келип, Бакайга жолугуп, анын кеңеши боюнча Семетейдин артынан Букарга келет. Ал бала жетилгиче көмүр өчүргүчтөрдүн башчысы болуп турат.

Каныкейдин жомогу. Саякбай Каралаевдин вариантындагы эң жеткилең иштелген бөлүмдөрдүн бири «Каныкейдин жомогу». Букардын капкасынан чыгып Таласка бет алган Семетейди жолунан тосуп айткан бул баянында Каныкей ата журтунан четте өскөн аны өткөндөгү окуялар менен толук кабардар кылып, анын эл-жерге болгон сүйүү сезимин ойготуп, келечекте аткарчу иштерине туура багыт бериш үчүн Манастын жана анын кырк чоросунун ар түрдүү эрдик иштери, Каныкей өзүнүн башынан кечирген окуялары, Манаска сиңирген эмгектери жөнүндө кеңири айтат. Натыйжада, үчилтиктин биринчи бөлүмүндө баяндаган окуялардын көбү кайрадан кыскача эскерилет, ал турсун, биринчи бөлүмдү жазганда кирбей калган «Сайкал менен Манастын окуясы», «Көзкамандардын окуясы», «Чубактын Манаска таарынып кетип калышы жана Коңурбайдын капыстан Таласка кол салышы» сыяктуу бир катар окуялар ушул бөлүмдө айтылат. Каныкей өз жомогун Абыке, Көбөштүн кордугуна чыдабай Букарга качып келип, Манастын душмандары Семетейди баралына келтирбей өлтүрүп коёт деп, ата-тегин жашырып Ысмайылга бала кылып бергенинен баштайт. Семетейге чыныгы ата-теги ким экенин кеңири айтып келип, Таласка жаңыдан бара жаткан ага кандай жол менен баруу, эмне иш кылуу, кимге кандай мамиле жасоо керектиги жөнүндө энелик акыл-насаатын айтат. Семетей Таласка жеткенде алдынан тосуп чыгуучу Кумайык, Акшумкар, Желмаян жана Бакайдын жайын кеңири баяндайт. Ошону менен бирге Каныкей өзү салдырган Манастын күмбөзүнө, анын ичине тартылган Манастын жана анын эң жакын адамдары Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Ажыбайлардын, алардын башкы душманы Коңурбайдын портреттерин ажайып көркөмдүктө сүрөттөп өтөт. Абыке, Көбөштүн колунда калган Манастын Сырнайза, Аколпок, Аккелте, Зулпукорунун жайын айтып, алардын жасалышына, кандайча жол менен Манас аларга ээ болгонуна токтолот. Тайбуурулдун жайын айтып, аны Манаска Сайкал тартууга алып келгенине байланыштырылып, «Сайкалдын окуясы» баяндалат. Кыргылчал

www.bizdin.kg
Канықей менен Чубакты көңүлү жакын деген ушак чыгарат. Муну укkан Манас Каныкейди салбар кылып таштайт да, кайрадан үйлөнмөк болуп, Лоб дайраны жердеген нойгут элинин кызы Сайкалга аттанат. Сайкал Манаска каршы чыгып, Алмамбеттен башка чоролорду бүтүн жеңет. Алтынай Манасты Каныкейчесинен тап менен бакпай өтө семиртип жибергендиктен, ал тез кыймылдай албайт, ошондуктан Сайкал аны аттан эңип түшүрө турган болот, бирок кыргыздын бели эле деп аяйт. Сайкалды жеңе албай үйүнө кайткан Манасты Каныкей тап менен багып, кадимки жоокерлик калыбына келтирет. Манас экинчи сапар Сайкалга аттанып аны оңой эле жеңип, олжо катын кылмак болот. Бирок, Сайкал кереметтүү Каныкейдин үстүнө күнү болуп баргысы келбей Тайбуурулду тартууга берип *акыреттик жары* болуп убадалашат. Сайкал Тайбуурулду Манаска бергенде анын табылыш жайын айтат. Ала шалбырт мезгилде, Лоп дайранын боюнда жетимиш бээ кулундап жатканда Сайкал барса, бир жерде куюн ойноп жаткандай көрүнөт, а чынында куюн эмес, кулун экен. Ошентип, туудум деген эне жок, туудурдум деген ата жок Тайбуурул кайыбына кабылат. Тайбуурул Манаска келгенде жүдөгөн тай болот. Каныкей анын оозун ачтырып, ууру тиши бар экен аны алдырып, абайдан жабуу жаап, алтымыш бээни эмиздирип, бирөөнүн көзү тиет деп жан көргүс жерге бактырат. «Сайкалдын окуясына» удаа Каныкей Оз башынан кечирген окуялардын бири катары Коңурбайдын капыстан Таласка кол салышын эскерет. Каныкей менен көңүлү жакын — деген Кыргылдын сөзүнө ишенген Манаска таарынган Чубак Коңурбайга Манасты чаап ал деп кат жазат. Анын тилин алып көп кол менен каптап келген Коңурбай караңгыда Таласты басат. Капыстан жоого курчалып курал-жараксыз, Аккула атсыз калган Манасты мурунтан ушундай болорун билип, астыртан даярданып жүргөн Каныкей анын аты-тонун, курал-жарагын кысталышта жеткирип, душмандын курчоосунан куткарат. Аңгыча, Акбалтанын кеңеши боюнча Манас менен элдешүүгө келген Чубак чабуулга кирет. Чубакты таарынтып жибергенине капа болушкан кырк чоро да Манастан алыстап калышкан эле, Чубак келгенден кийин алар да чабуулга киришип жоону жеңип чыгышат. Ушул эле бөлүмдө Манастын жалгыз уялаш карындашы Карлыгач жана Сайкалдын окуясы эскерилет. Чубак Манаска таарынып кеткенде Сайкал менен Карлыгач кырк чоронун ордуна Жылдыз деген жерде кароолдо турушат да Таласка чабуул жасап келе жаткан Коңурбайдын колу менен беттешишет. Кыздар жоо менен катуу салгылашып, жеңилбей койгондо Коңурбай Карлыгачтын минген аты Талкызылды атып, өзүн туткунга алат. Сайкал кайыптын кызы Куялы берген Суркызылды мингизип Карлыгачты туткундан бошотуп чыгат. Качып келе жаткан кыздарды Алмамбет, Бакай, Сыргактар жолунан чыгып жоодон куткарышат. Сайкал атасы Карачага кетет. Жоонун колуна түшүп чыкканынан улам, Манас элдин ушак-айың кебинен алыстатып, карындашы Карлыгачты жердин түбү Желпиништеги Жарманаска күйөөгө берет. Чубактын каты боюнча Таласка чабуул коюп, катуу жеңилген Коңурбай Манасты күч менен жеңе албасына көзү жетет. Бээжиндин түпкү чоң каны Карыкан эми Манасты амал менен жок кылмак болуп түбү кыргыз Көзкамандарды жиберет. Алар Манасты уулап өлтүрмөк болуп жатканда Каныкей Акаярдын жардамы менен куткарып чыгып, алты ай багып айыктырат. Кыргыздан качкан Көзкамандарды кырк чоро талкалайт. Мындан кийин Каныкей өзүнүн кыз кезиндеги башынан өткөргөн окуяларын баяндап өтөт. Бала баатыр Чубак эрдигине чыдабай Букарды камайт. Темиркандын он эки кызынын кенжеси Каныкей аны менен беттешүүгө чыгып, Манаска кубалап келет. Чубактан Каныкейдин кабарын угуп жана Бакайдын кеңеши менен Манас Каныкейге үйлөнмөк болуп, аны сынаш үчүн талаадан жаңы таап алган Кумайыкты багууга берет. Мына ушундай окуяларды баяндоо менен Каныкей баласын ата-бабанын басып өткөн каарман жолуна үндөп, сен ошондой

www.bizdin.kg
баатырлардын тукумунансың, сен алардын күжүрмөн жолун жолдоп ишин улантууга ар качан милдеттүүсүң деген бийик чакырык таштайт. Ошону менен бирге семетейчи Каныкейдин эмгекчилдиги, көтөрүмдүүлүгү, акылмандыгы менен Манаска жагып, ага татыктуу жар болгонун ачык белгилейт. Семетей Букардан Таласка алгач келишинде Каныкей айткандардын көбүн өз башынан өткөрөт же өз көзү менен көрөт, натыйжада эпикалык чыгармалардын салтына ылайык «Каныкейдин жомогундагы» көптөгөн мотивдер кийинки эпизоддо кайталанган түрдө жолугат. Болочок баатырга өткөн тарыхты тааныштырып, келечек милдеттерди таккан маанилүү бул эпизод көпчүлүк варианттарда бирдей трактовкаланып, өз ара айырмачылыктары аз.

Семетейдин Букардан Таласка келиши. Энеси Каныкейдин баянын угуп, эл-жеринен толук кабардар болгон Семетей чоң энеси Чыйырдынын ак батасын алып жолго чыкты. Астындагы мингени Темиркандын тулпары, Колунда Ысмайылдын болоту. Семетей ат аябай жол жүрүп, алты күндө Ак-Чийге жетип, дагы кыйла жол жүрүп Күлешендин Гүл-Токоюна токтоп, бир кезде энеси Букарга келе жатып түнөп өткөн касиеттүү чынарга атын аса байлап, тыныгуу алды. Андан чыгып Аман-Жол ылдый жол жүрүп, адырмак ала жер барып, боз будурмак белди ашып, самсаалаган тоо басып, салынган нечен коо басып, Сыр-Дайраны кечип өттү. Ашуу ашып, таш басып, ашып-шашып жол басып, Ичке-Талды сыдырып, Чыйырчык, Салар эки суу бою менен кыдырып, Актулпарды чалдырбай, жатып уйку кандырбай эски Ташкен, Чалдыбарды артка калтырды. Түз кара чөл, үйгөн кум, чымчып жээр чөбү жок, ээн талаа, күйгөн кум Казы-Куртту басып өткөндөн кийин Кайыпчынын Кара-Үңкүрүнө жетип, атын чөп чалдырып, өзү жатып эс алды. Олуя-Ата, кош Меркиден өткөндө оң кол жагын караса мунарыктуу чоң белес, өзөнчө кайкаң көрүнөт, ал Жоргонун бели экен, аны ашканда Таластын ичи көз алдыга тартылды:

Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас
Жер соорусу турбайбы.
Момуну жердеген киши тунбайбы.
Бөөт-бөөт бел келет,
Бөтөнчө жыргал жер келет,
Бөлүнгөн нечен төр келет,
Бөлөкчө бейиш жер келет.
Кең Таластын чоң өзөн,
Жаткан экен жайкалып,
Өзөнү чалкак кайкайып.
Адырдан аркар куюлуп,
Адырдын чөбү суюлуп (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 214). Семетей Үч-Кошойго келгенде, аны он эки жылдан бери күтүп жүргөн Кумайык айбан да болсо жаныбар көзүнүн жашын куюлтуп астынан тосуп чыкты. Кумайыкты көргөндө атасы Манасты көргөндөй Семетей да ыйлап көрүштү. Ал экөө ээрчишип жолго чыгышканда алдыларынан кула чолок кайып бээ кезикти. Карыш казысы бар ал бээни союп, мен келгиче жеп жаткын деп Кумайыкка таштады да өзү Кең-Колго келди. Анын быйыл келерин билген Манастын Акшумкары күтүп жүрүптүр.

Ал Манастын баласына баламды энчилеп берем деп кышында жумурткасын тууп, тоңдурма салдырып коюптур, күн жылымдаганда отуз алты күн жумурткасын басып, балапанын чыгарыптыр. Акшумкар ал балапан шумкарын Семетейге тапшырды, Семетей кайыбынан көктөн түшкөн көк борукту союп, ырым кылып бутун майлады да жолун улап Талас дайрасына кез келди. Таластын суусу ташыптыр, тал башынан ашыптыр, төө өркөчтөнүп төгүлүп, төмөн жагын караса төрт дайрадай көрүнүп, карагай кулап сал агып, жардын боору туурулуп, жаш

www.bizdin.kg
балаты карагай түбү менен жулунуп, жарга барып урунуп, байкап турган пенденин заманасы куурулуп турган кези экен. Семетей Таласка аттанарда акыл айтып турган Каныкей кирген сууга туш келсең, кечүү издебей туура киргин деген эле. Агын суу эмес, ажалдан кайра тартпаган атасы Манасты тарткан Семетей ташыган дайрага тартынбай кирди. Аны Манастын өзү жана анын кара чаар кабылан баштаган колдоочулары, Алмамбет, Сыргак, Бакай, Ажыбай жана башкалар кырк чоросу колдоп суудан аман кечирип чыгышты. Кең Ак-Чийге келген Семетей Манастын күмбөзүн көрдү, алтын жаак айбалтаны ач бөйрөккө таянып өкүрүп түштү. Коңурбай баш болгон кытай-калмак кандары менен Манастын кармашы тартылган күмбөздөгү сүрөттөрдү көрүп таң калып, Каныкейдин чеберчилигине, сарамжалдуулугуна ыраазы болду, а дүйнө кеткен шерлердин арбагына атап куран окуп, андан ары жол жүрүп, Беш-Таштын башы Бек-Жайлоого туш келди. Бакай он эки жылдан бери багып жүргөн Манастын төөлөрү жети жүз болуптур. Желмаян, Бозбуура баш болуп чуркап келип, Семетейди курчап калышты. Токсон беш асый Желмаян Семетейди жыттап учурашып, Манастын күмбөзүн карай качып жөнөдү. Манастын күмбөзүнө келип, курмандыкка чалса деп, кутпа жакты баштанып чөгүп берген аны «жаның алда таалага, сообуң атам Манаска», — деп курмандыкка чалып, башындагы ноктосун энем Каныкейге белек алып барайын деп шыпырып алды. Ошондо Желмаян караса көзгө илинбей, кайда экени билинбей кайып болду. Ошол күндөн ушул күн өркөчүнө жылаңач бала мингизген, жалпак өркөч кара нар жума сайын Манастын күмбөзүнө келип кетет дейт. Аңгыча төөлөрдү издеп келе жаткан бир адам көрүндү. Энеси Каныкей сүрөттөп айтканы боюнча анын Бакай экенин болжогон Семетей сынамак болуп, өзүнүн ким экендигин жашырып, сыр билгизбей салам айтты. Алик алган Бакай анын тегин сурады. Семетей өзүн Чамбыл-Белди жердеген Жанаалы, Карачтын уулумун деп таанышты рып, «Манасың тирүү кезинде менин элимди чаап, эжем Көрпаянды калыңсыз зордуктап тартып алыпсың, эми калыңына Көкчолок атыңды бер», — деди. Ага Бакай: — «Ал айтканың чын, талап кылсаң, Көкчолок атымды карыган эжеңдин калыңына берейин. Менин Желмаяным жоголду, көрсөң айт, сүйүнчүңдү берейин» — деди. «Чалым кекээр менен сүйлөйсүң” — деп шылтоолоп, Семетей сынамакка тап койду. Ошондо Бакай карысам да сенчелик алым бар деп, кырда турган кайыңды түбү менен сууруп алып чокмор кылып Семетейди качырды. Анын шаштысы кетип: — «Жезде, мен Букардан сиз менен саламдашканы келгенмин», — деп жай сөз менен ачуусун басты. Бакай андан: «Букардан чыксаң Семетейдин жайын уктуңбу?» — деп сурады. Ал, Семетей көз тийип каза болду — деди. Эт бышым эси оогон Бакай өзүнө канжар уруп өлмөк болду. Аны токтоткон Семетей: — «Манасың кимге окшош эле? — деп сураганда, Манаска окшоштуруп аны тааныды. Экөө кучакташып ыйлашып, узакка көрүштү.



Бакай Семетейди Каныкей Манастын сөөгүн душманга билгизбес үчүн жашырын койгон Эчкиликтин кара зоосуна ээрчитип жөнөдү. Алар Манастын кабырынын оозуна өзү келген бозбуураны курмандыкка чалышты. Семетей көтөрө албай койгон үңкүрдүн оозундагы ташты Бакай быякка алып койду да, менин кирүүгө жолум жок деп Семетейди киргизди. Ал Каныкей асем менен койгон Манастын сөөгүн көрүп кайра чыкты. Бакай үңкүрдүн оозун бекиткенде анын турган жери караса көзгө илинбей, кайда экени билинбей калды. Манаска усталыгы менен жагып, анын ашы бирге жоролош, кою бирге короолош чоролорунун бири болгон

www.bizdin.kg
Бөлөкбай, өзүнүн кырк мүңкүрү менен Манастын казынасын да сактап келген. Алты арам Манас өлгөндө анын ордосун чаап, казынасын талаганда Бөлөкбай кырк мүңкүрү менен аларга каршы салгылашып, бирок аздык кылышып, күчтөрү жетишпегенде, качып чыгышып, чоң зоого жашынышып, күн көрүшөт. Ошол Бөлөкбай Семетейдин Таласка келгенин түшүндө көрүп, кырк мүңкүрү менен анын жолун тосуп чыгып, боз боругун курмандыкка чалат. Абыке, Көбөш жара чаап, талаага таштап кетишкен Манастын жез казанын оңдоп, төлгө кылып ага боз боруктун этин салды. Казан Манастын тирүү кезиндегидей толуп ташып кайнап, берекеси жайнады. Мындан Семетей атасынын ордун толук ээлеп, береке-байлык кайрадан басарын билишти. Бакай Семетейди Жакыптыкына ээрчитип баратып: — «Мен чоң атаңдын сага болгон пейлин билейин», — деп аны калтырып, өзү жөнөп кетти. Бакай салам айтып кирсе, Жакып алик албай, жок шылтоолор менен күнөөлөп, өлтүрөм деп опурулду. Семетей келип теңдиги колго тийген Бакай эми ага баштагыдай кор болбосун айтты. Амалдуу Жакып дароо өзгөрүлүп, Семетейдин келгенине кубанган киши болуп аны тез алып келе көр деди. Бакай анын жоо же эл экенин ажырата албай аң-таң калды. Анын кимдигин дагы бир жолу сынап көрмөкчү болуп, аныкынан бастырып кетип калган киши болуп, кайра айланып боз үйүнүн капшытынан тыңшаса, Жакып Бакдөөлөткө кайрылып: — «Семетей келиптир, менин балдарымды соо койбойт, кемелине келтирбей жайлайын, ага уу чыла, Бакайга бал чыла» деди. Бакдөөлөт кантип өз балаңа жамандык кыласың деп каршы болду эле аны токмок менен башка салып айтканына көндүрдү. Бакай Семетейге болгон окуяны айтып барды. Экөө Жакыптыкына келишкенде ал Семетейди калп ыйламыш болуп тосуп алды да, балама суусун куй — деп Бакдөөлөткө буюрду. Бакайга бал, Семетейге уу сунган Бакдөөлөт ичпегин деп астыртан ишарат кылды. Семетей атамдан мурун ичпейм деп уу куюлган аякты Жакыптын өзүнө сунду эле, ал: — «Манас өлгөндө ичпейм деп ант берип койгом, арак сендей жаштарга ылайык алып жибер», — деп тайсалдады. — «Сен ичпесең ит ичсин», — деп Семетей уу чыланган аракты улагага серпти эле аны жыттаган көк даңгыт тырп өлдү. Жакыптын арам ойлуулугуна толук көзү жеткен Семетей уу куюлган аякты анын башына кийгизгенде чачы, сакал-муруту куйкаланып жыдып түштү. «Ата» деген аты бар үчүн Семетей аны өлтүрбөй аман калтырды. Бакай Жакыптын жүгүнө жыйылган, ичинде баа жеткис асыл мүлк бар Манастын боз куржунун алып, казына сакталган үңкүргө жеткирип, Бөлөкбайга тапшырды. Семетейге туйбаганды туйгузуп, билбегенди билгизип ээрчитип, Манастан калган мурастарды жыйнап жүргөн Бакай Алмамбеттин зайыбы Бурулчанын турган жерине жакындап, анын жайын баяндады. Алмамбеттин жесири, Эсенкан кызы Бурулчаны Абыке алат, бирок ал аны койнуна жаткызбай, боюн салбай коёт, Ызаланган Абыке, Көбөш аны урып-сабап, жырык кара уй берип, жыртык кара үй берип, бадачыга саанчы кылып коюшат. Бурулча намысынан өлмөк болот, бирок, Алмамбеттин биринчи аялы Аруке Күлчорону төрөгөндөн кийин бат эле каза болуп, ымыркай баланы Бурулча багып калат да, ошону демөөр кылып өлбөй жүрөт. Семетей Бурулчанын алачыгына Алмамбетти жоктоп өкүрүп түштү. Ал аяш энеси менен таанышып, Каныкей берип жиберген кийимдерди ага тапшырды. Бурулча өзүнүн Алмамбетке сүйүшүп жүрүп кошулган тарыхын жана андан кийинки тагдырын айтып келип, Күлчоронун жайын кабарлады. Абыке, Көбөш алты жашар баланы жер карама кылып өстүрүү үчүн кызыл-ала кылып кыйнап сабашат. Алардан качкан Күлчоро кара үңкүргө корголоп, кайгы тартып жүргөндө көк бука минип думана болуп кубулган Кызыр кезигип, Семетейдин келерин айтып көздөн кайым болот. Аны уккан Күлчоро бадачынын айлын пааналап жүргөн экен, Семетейдин келгенин Бурулчанын алачыгынын жанында байланган тулпарды байкап жүгүрүп келип, Семетей менен кучакташып ыйлап көрүштү. Бакай жети кара

www.bizdin.kg
букачарды кескилетип, Күлчорого садага чаптырды. Каныкей берип жиберген кийимдерди кийип Күлчоро кулпунуп чыга келди. «Абыке, Көбөш абама учурашып келем, эл болсо элдигин, жоо болсо жоолугун көрөм», — деп Семетей Бакай менен бараткан жолдо, адамдан бөлөк түрү бар, ажыдаардай сүрү бар, келбеттүү бир адам көрүндү. Манастан туулган эр чиркин Семетей, сен кимсиң, жоо болсоң кармашууга камдан деп качырып калды. Найза сунган Семетейди ал адам бучкагына теңебей, атынын оозун буруп туруп берди. Аны сайган Семетейдин найзасы быркырап кетти, бала кайра тарткыча айбалта, кылыч менен бир нече жолу чаап, айласын кетирип, найза менен качырып кууп калды. Шаштысы кеткен Семетей Бакайды айлана качты. Ал адам жакындап келгенде Бакай жакшылап көзүн салса, Манастын карындашы Карлыгач экен. Ал жердин түбү Желпиништеги элдин Жарманасына турмушка чыккандан бери төркүндөрүнө каттабаптыр. Манас өлгөнү кордук көрүп, карып-арыган Бакайды араң таанып, ал-жайын сурады. Өзү Акдөө, Көкдөө менен жоолашып, алы жетпей баратканда, Манас аман-эсен болсо, жардам береби деп келген экен. Бакай азыркы абалын түшүндүрүп, Семетей менен тааныштырды. Манас жана анын жакын чоролору Алмамбет, Чубак, Сыргак жана башкалар өлгөнүн укkан Карлыгач катуу кайгырып, бетин тытып ыйлады. Бакай кайрат айтып аны сооротту. Карлыгач Манастын үй-бүлөсүнө кордук көрсөткөн Абыке, Көбөштөн өч алмак болду эле, Семетей кыздын төркүндөрү менен чырлашпай сый жүргөнү жакшы болорун айтып, Желпинишке кете берүүсүн суранды. Карлыгач анын тилин алып, өз жерине кетмек болду. Бирок, Абыке, Көбөш жаш Семетейди мертинтип коёбу деп күмөн санап көп алыс узап кетпей, ал аяктан кайтып чыкканча сыртынан акмалап жүрдү. Кыраакы Бакай: — Абыке, Көбөшкө кошулуп кеткен кырк чоро үйдө болсо шыр кирип барганыбыз болбойт, алар жокто ээндетип баралы, — деди да Семетейди жашыруун жерге калтырып, өзү байкап келүүгө жөнөдү. Жолунан Манастын арбагын унутпай сыйлап жүргөн, кырк чоронун мыктысы Шууту жолукту. Экөө саламдашып, сырдашкандан кийин, Шууту аракка алабуурул мас болуп жаткан кырк чорону азгырып, Көбөштүн үстүнөн алып кетмекке убадалашты. Шууту айтканын аткарып, Адыбай, Көлбай, Чыйбыт, Кочкор төртөөнү кошуп, кырк чорону кароол карап, жол тосолу деп алдап алып кетти. Семетей менен Бакай келгенде ак көңүл туулган Абыке бир боордоштук ымала менен жакшы тосуп алды. Акылай менен жаткан көөлдөгөн көр Көбөш тоотмоксонго салды. Ага кыжыры келген Семетей атасы Манастан мураска калган мал-мүлкү: Кумайык, Акшумкар, Тайбуурул, Аколпок, Аккелте, асмандан түшкөн алты курч, Бозкисени доолады. Абыке анын талабын аткармак болгондо Көбөш кыялы жаман айгырдай торсулдаган кул экен, токойдогу камандай корсулдаган кул экен, ошол кезде элине алым-салык чачып, каяшаяк айтканды төбөсүнөн басып көөп турган чагы экен, ошол адатын карматып: — «Качкын кул жар жыгылса суу жөлөйт, жалгыз кул өлсө ким жөлөйт, сени өрт өчкөндөй кылайын деп кордоду. Семетей доолаган мал-мүлктү сенин атаңдыкы эмес, менин өзүмдүкү болуучу, бербейм, — деп кара өзгөйлүк менен док урунуп, кылычын ала жүгүрүп качырганда Семетей аны ээкке кагып жиберди. Жер кучактап жыгылган Көбөштүн башы керегенин көзүнө тыгылды. Ал башын көтөргөнчө Семетей бөйрөккө тепти эле оозунан кара кан кетти. Абыке Көбөшкө болушуп, Семетейге кол салганы обдулганда, Бакай аны кармап: — Абайлагын, сен Көбөшкө, мен балага болушсам, өсөк сөз кайдан арылат, абийир кайдан жабылат, — деп жүйө сөз менен токтотту. Семетей Көбөш менен чарпыша кеткенде керегеде илинип турган Аккелте өзүнөн өзү тарсылдап, Сырнайза капкара канга бөлөндү. Семетей аларды баш кылып, атасынан мураска калган мүлктөрдүн баарын тартып алды. Көбөш эсине келип, баш көтөргөндө, Шооруктун кызы Акылай эри Көбөшкө: — Кичи катын балдары экениңер чын экен, кымбат баа мүлкүмдү бир жетимге

www.bizdin.kg
алдырдыңар, бул силердин иттигиңер, бу көрөкчө тирүү жүрбөй өлүп албайсыңарбы, — деп көкүттү. Анын сөзүнө ээликкен Көбөш боз чепкенди эндей этке кийип, желедеги токмок жандуу тору айгырды жайдак минип, майлуу кара бел баканды ийнине салып, жоо качтылап бакырып, «Көбөштөп» ураан чакырып, Семетей менен Бакайдын артынан жөнөдү. Ал күүлөнгөн боюнча жете келип, опурулуп сүйлөп, Бакайды бакан менен башка салып өтүп, Семетейге тап койду. Семетей анын баканын жулуп ыргытып, өзүн Зулпукор менен жайлап саларда Бакай арага түшүп: — Айрылса баш таңылат, агайын кайдан табылат, найзалашып сайышса көңүл калбайт туугандан, кыйрына тийген оңобу, бизге кытай тууган болобу?! Тууганын жайлаган деп эртең душманга өсөк сөз болобуз, — деп Көбөштүн кашык канын сурап калды. Семетей Тору айгырдын башындагы Аккуланын ноктосун шыпырып алганда, ал үйрүн көздөй качып жөнөгөндө үстүндөгү Көбөш жыгылып, башы менен барып ташка тийип, жети күнү тил оозсуз эси ооп жатты. Аңгыча Шууту алдап ээрчитип кеткен кырк чоро кайтып келди. Акылай аларды Семетейге каршы сүрөдү эле, Ажыбай менен Шууту: — «Уулуна кол салсак, Манастын арбагы бизди урбайбы», — деп чоролорду тыйды. Абыкенин үйүнө барып арак ичишип, мас болушуп Семетей менен иши жок жатып калышты. Манастан калган мүлктөрдү Көбөштөн тартып алып келе жатышкан Семетей менен Бакайдын астынан, Манас өлгөндө кайып болуп Таластан качып кеткен Тайбуурул тосуп чыкты. Ага Аккуланын жүгөнүн катышты. Тайбуурул менен кошо качкан сексен күлүктүн ичиндеги Камбар ата боз бээни Семетей Боз кисени мойнуна салынып, Манастын арбагына арнап курмандыкка чалды. Түлөөгө Манасты билгендердин баарысы келди. «Жарыктык Манас көк жалдын, жалгыз уулу келди деп, бизге, жараткан кудай берди» — деп эл бири-бирине сүйүнчүлөп, алдуусу бээ союп, алсызы кой союп той беришти. Эртеси таңга жуук Кумайык менен Акшумкар да келди. Алардын келген урматына Семетей Темиркандын Акшумкар курмандыкка чалмак болду эле,» Таятаңдын аманат атын сойгондо элге шылдың болобуз, эсен-соо алып барып бер», — деп Бакай аны Букарды көздөй жөнөтүп коштошуп, өзү Бек-Жайлоого кетти. Семетей Букардан чыгарда чоң энеси Чыйырды ары барышың он күн, бери келишиң он күн, элде жүрүшүң он күн, бардыгы отуз күндө келбесең ажалдан мурун өлүп алам деген эле. Ошону эстеген Семетей Аколпокту кийип, Боз кисени курчанып, Зулпукорду сол жагына илип, Аккелтени асынып, Акшумкарды оң колуна кондуруп, Кумайыкты ээрчитип, ашып-шашып жөнөп калды. Болжогон отуз күн жетип, жетимим качан келет деп Чыйырды тамак ичпей, боздоп ыйлап жатып калыптыр. Канык ей Темиркандын мунарасына чыгып, дүрбү салып караса Семетей келе жаткан экен. Анын алыстан көрүнгөн шаңы Манаска окшоп көрүндү. Баланын караанын көргөндө эки энеси сүйүндү. Темиркандар окшош алты ак боз бээни, тогуз кара буканы садага чаптырды. Семетей Таласка көчүп кетерин айтты. Темиркан анын айтканын туура көрүп, жөнөтүүгө камынды. Өзүнүн Актулпарын баш кылып миң тулпарды чубатууга салып, каалаганыңды алгын деди. Канык ей кыз кезинде жоо менен салгылашканда такай минип Жүрүүчү экен, Көлөйкандын Кара кашка аргымагын өзүнө тандап алды. Таласка Семетейлер менен кошо кетмек болгон Сарытаз (Сарыкан) Агынайдын Туучунагын тандады. Темиркан Сарыканга казынадан алып көк күпү тонду кийгизди, өзүнүн Бозкелтесин, Ысмайылдын Наркескенин берди, ошондой эле Букарга жардык чакыртып, өркөчү өөдө көрүнгөн, чуудалары төгүлгөн кызыл куйрук сексен нарга алтын менен күмүш арттырып Семетейге энчиледи. Он эки капка Букардын ар эшигине бээ баштаган беш тогуз сойдуруп он алтыдан төмөнкү он жаштан жогору кыздарды чубатууга салып Семетейге колукту тандаттырды. Көлөйкан туура пейил, көзү ачык киши экен, Шаатемирдин кызы Чачыкейди тандады. Он төрттөн жашы өтө элек Чачыкей бели тутам, бети айдай кыз экен. Анын атасы Шаатемир

www.bizdin.kg
Темиркан менен ага-ининин баласы экен. Ал Темирканга арызга олтурду: — Семетейге кызымды бергениме кубанам, бирок Жедигердин Багышы баласы Толтойго кудалап койгон эле, Чачыкейди Семетейге бергенде калың кара жедигер каптап кетсе айлабыз не болуучу, — деди. Темиркан Толтойго өзүм жооп берем, — деп каарданып койду. Тогуз күн Семетей менен Чачыкейдин тою болуп, ак селдечен кожолор, дарс окуган молдолор никесин кыйышты. Семетей Букаралыктар менен кош айтышып, таятасы тартуулаган сексен нарды кымбат баа мүлкү менен сексен балбанга жетелетип, Таласка көчүп жөнөдү. Узак жол басып Таласка жетти. Кулун кармап, бээ байлап, турган жерин көргөндө кысыр эмди тай союп, тунган жерин көргөндө Каныкейдин бөдөнөдөй көзүнөн бөлөк-бөлөк жаш кетип эртеги өткөн күндөрү эсине түштү. Төрт-Күлдүн төмөн жагына, төрө Манастын сайган багына көчүн түшүрүп ордосун тикти. Семетей Таласка келип конгондо, о дүйнө кеткен Манастын так өзүндөй болгондо, Ой-тоонун баары бакырык, Манастап ураан чакырып, тирилип Манас келди деп, билгиликтүү кары ыйлап, аргын, кыргыз баары ыйлап баабедин айтышты. Кырк калчасы менен Бөлөкбай, төрө Бакай, Эсенкан кызы Бурулча, Айжаңжун кызы Бирмыскал, Алмамбеттин Күлчоро, Чубактын уулу Канчоролор келип, Каныкей, Чыйырды менен көрүшүп, он эки жыл күткөн кусаларын жазышты. Эл Манастын уулу жетимди алтындан соккон зор килемге салып, алтын таажы кийгизип, алтын такка мингизип, кан көтөрүп алды. Кайран энең Каныкей казы кертип, жал берип, кымыз чайкап бал берип, жергелүү чапан кийгизбей, Күлчоро менен Канчорону бага баштады. Оң эмчегин Күлчорого эмизсе адал ууз сүт чыкты, сол эмчегин Канчорого эмизсе кара кочкул кан чыкты. Бул белгини көргөндө Каныкей кыяматка жеткиче Күлчоронун Семетейге адал тууган болорун, Канчоро акыры жүрүп жоо болорун билди. Ошондуктан Канчорону эртелеп тындым кылуу керектигин Семетейге айтты. Ал аяш атам Чубактан калган туякты кантип өлүмгө кыям деп болбой койду. Радлов жазып алган вариантта (Радлов жазып алган вариант). Семетей түнүн түндөй жүрүп, күнүн күндөй жүрүп Таластын башы Үч-Кошойго жетти. Таластын ичинде Сулпукордун башында төө кайтарып жүргөн Бакайга кезигип салам айтты. Бакай алик алып Каракандан чыксаң анын кызы Каныкейдин кабарын билесиңби? — деп сурады. Семетей: — Каныкейди билбейм, ал белекке жиберген Манастын уулу Семетейди Бакайга алып келдим, — деди. Бакай Семетейди кучактап жыгылды. Төө энеси чаар ингенди кудай жолуна мууздады. Семетейдин келгенин Жакыпка айтып, сыртка чыкканда үй тышынан тыңшаса Абыке, Көбөш, Жакып кеңешип, чынынын түбүнө уу сыйпап, жаккан отун өчүрөлү, Семетейди өлтүрөлү дешти. Семетей Жакыптыкына келип, берген ууну ичпей итке куйганда ал жыттап эле өлдү. Семетей такта олтурган Жакыпты төшкө тээп жыкты да, Абыке, Көбөштүкүнө жөнөдү. Бакай Семетейди жолго калтырып анын келе жатканын кабарлаганда көөдөк тууган Көбөш бакан менен башын жара чапты. Семетейге муну айтпа деп акылман тууган Абыке, Бакайга кыл торко чапан жапты. Кайтып келген Бакайга Семетей: — тигилер сенин башыңды бакан менен сомдосо, биз алардын башын акалбарс менен оңдойбуз деди. Алар келип түшкөндө Абыке, Көбөш Семетейге арак алып келип, кошо ичишип мас болуп жатып калышты. Бакайдын көрсөтүүсү боюнча Семетей атасынан калган мүлктөрдү, Тайбуурулду алды. Бакай менен коштошуп, күнүн күндөй, түнүн түндөй жол жүрүп энеси Каныкейге барып: «Абыке, Көбөш эки агам жарак-жабдыкты, Тайбуурулду берип, көчүп кел дешти, мен эли-журтума кетемин» — деди. Каракан алтымыш төөгө пул жүктөп, жетимиш төөгө сеп жүктөп, алты канат ак өргө көтөрүп берип аны эл-жерине узатты. Таласка көчүп келген Семетей Манастын ордосу турган жерге ордосун тикти. Семетейдин Таласка келиши башка негизги варианттарда Саякбай Каралаевдин вариантынан анча көп өзгөчөлөнбөйт, негизги айырмачылыктар айрым мотивдерден,

www.bizdin.kg
деталдардан байкалат. ТМВ, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Семетей Таласка Кырымдан чыгып жөнөйт, ушуга ылайык анын басып өткөн жолу Саякбай Каралаевдин вариантынан башкача сүрөттөлөт. Мисалы, ТМВда Кырым, Самара, Орол, Казан-Орунбар, Ак-Дөбө, Мазар, Эдил, Жайык, Мангыш-Тоо, Сары-Арка, Торгой, Жети-Суу, Талас аркылуу өтөт. Багыш Сазановдун вариантында Семетей Урумдан аттанып чыгып Таласка келет. ТМВ, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Манастын кырк чоросунун кырк баласы болот, Семетей Таласка келгенде Бакай алардын ар биринин аты-жөнүн айтып ага тааныштырат. Бул варианттарда Күлчоро Мажиктин, Канчоро Камбардын баласы болот. Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Багыш Сазановдун вариантында Семетейдин келгенин сүйүнчүлөп барган Бакайдын башын Көбөш бакан менен жара чапканда, Абыке бул жөнүндө Семетейге айтпа деп өтүнөт. Бакай кечигип келбей, зарыккан Семетей өзүнүн атадан жалгыздыгына капа болуп олтурганда Акшумкар, Кумайык келет. Манастын арбагы көзгө көрүнүп, анын укмуштуу колдоочу жаныбарлары Семетейди тегеректейт. Багыш Сазановдун варианты мындан башка да бир катар мотивдер менен айырмаланат. Семетей адеп Бакайга жолукканда өзүн кайыптын баласы Жоодарбешиммин деп тааныштырат. Семетей Таласка барып кайра келгиче Канукей: «Өлүп калсаң сага шерт, уктап кетсем мага шерт» — деп шамала жагып, анын жалынынан көз албай тиктеп олтурат. Мындай мотив түштүктүк семетейчи Мурат Көлбай уулунун вариантында жолугат. Анда Семетейди Таласка жөнөткөндөн кийин Канукей менен Чыйырды балабыздын эсендигин билип туралы деп шам жагып коюшат. Семетейдин башына кыйындык түшкөндө шам өчө жаздап, иши оңунда болгондо балбылдап күйүп турат. Багыш Сазановдун вариантында Семетей таятасы Темиркан кошуп берген миң үйлүү урумдук менен көчүп келе жатып, калдайган калың кол каптап жаткан шаарга туш болушат. Сарытаз билип келгени барат. Ал шаар улук кандын (Темиркандын) чегиндеги Шаатемирдин шаары экен. Шаатемирдин кызы Чачыкейге бир кезекте казактын каны Көкчө уулу Үмөтөйдү кудалап кеткен болот. Чачыкей он бешке келип, Үмөтөй ага үйлөнгөнү жатыптыр. Семетей Сарытазды ээрчитип кыз оюнга барып, Чачыкейди көрүп аны алмак болот. Сарытаз Шаатемирге жуучу түшөт. Үмөтөй менен сайышып, жеңсе алсын дейт ал. Семетей сайышта Үмөтөйдү качырып, Чачыкейди шаан-шөкөт менен алат. Акмат Рысмендеевдин вариантында Таластан Букарга бараткан жолунда Семетей бири ыйлап, бири ырдаган эки балага жолугат. Алардын жайын сураганда, алар Көбөш кан болгондо калмакка олжого кеткен балдар экен, Семетейдин колуктусу Шаатемир кызы Чачыкейди калмактын кандары Шыгай, Төлөк зордуктап алганы жатыптыр, балдардын ошого ичтери күйүп жаткан экен. Семетей жоону качырып, Төлөктү жыга сайып, артын карабай кете берет. Темиркан Шаатемирге жуучу жиберип, кызыл куйрук нар берип, кызыл дилде зар берип кудалашып, кызы Чачыкейди Семетейге алып берет.

Семетей өздөрү чатак чыгарышкан Абыке, Көбөш, Жакыптарды жана аларга кошулуп кетишкен кырк чорону жеңиши. Ташкенди жердеген Баймырза токсон бешке чыгып каза болгондо Бакай, Сарыкан, Канукей, Чыйырды, Жамгырчы жана башкалар жакын адамдарын Үйүрмөнүн сазына чогултуп Семетей кеңеш курду. Бакай — Абыке, Көбөшкө кабар жиберип чакырталы. Эпке көнүшсө, туугандык ынтымакка келип, Баймырзаны чогулуп салтанат менен көмөлү — деди. Бузуку Кыргылчал өлмөйүн алты арам кепке келбесин Канукей айтып өттү. Семетей энесинин кеңешине көңүл бурбастан Сарыканды аттап-тондоп кабарга жиберди. Абыке, Көбөштөр ал кезекте Эки-Кеминди жердеген Эйбит таздын Үрбүсүн, Сары-Арканы жердеген Көкчөнүн уулу Үмөтөйдү, Музбурчак уулу Буянбекти, Шыгайдын уулу Чынкожолорду көп колу менен чогултуп, Семетейге каршы тукуруп жаткан экен. Кабарга барган Сарыкан ошол

www.bizdin.kg
калың колдун үстүнөн чыкты. Астынан жолуккан Шууту бул жердеги абалды түшүндүрүп, аттан түшпө, кокус өлүм болосуң, — деп эскертип, өзү арак ичип күүлдөп жаткан кандардын үстүнө кирип, Байдын уулу Баймырза өлгөнүн, Семетейдин тапшыруусу боюнча Сарыкан кабарга келгенин айтты. Бул кабарды укканда тили шекер, ичи заар Үрбү ордодон чуркап чыгып, Сарыкандын башын кесүүгө камынды, анын артынан Үмөтөй, Буянбек жана Кыргыл баштаган кырк чоро да жөнөдү. Сарыкан элчи экенин, элчиге өлүм жок экенин айтса, тигилер угар эмес, ошондо Үрбүнү качырып, найза менен жайлады. Тазбайматты аттан кулата сайып, башын кести, туш-туштан каптап кирген колдун ичинен Кыргылчалды алкымга сайып жыкты. Көбөш жыйган калың кол көптөп кармап алмак болгондо Сарыкан качып чыгып Бакайга келип көргөндөрүн баяндап турду: — Калың кытай, Каканга казат кылчу немедей Абыке, Көбөш баш болгон түмөн кол каптап келе жатат, аба Бакай мунун айласын кандай кылчубуз? — деп кеңеш сурады, Бакай! — калың колдон коркпо, ажалдуу адам өлбөйбү, алда салган буйрукту пендеси чиркин көрбөйбү. Абыке, Көбөш менен он эки жылы кармаштым, кана менин өлгөнүм. Түбү бирге туугандын өлчөөсүн көрүп турабыз, өлчөөсүнөн тайгылса, урушту анан кылабыз, урушсак кыргын кабылат, бизге ага-ини кайдан табылат, — деди да, Манастан калган доолбасты уруп, аргын менен кыргызды жыйды. Абыке, Көбөштүн колу каптап келе жатканын көргөн Канықей Семетейдин ат-тонун, жоо-жарагын даяр кылып турду. Кочкор бозалалуу кызыл тууну кармап алдыга жүрүп, колдун артын Көбөш кылычтап айдап, Семетейдин ордосуна келди. Ырчыуул менен Шууту «Манастын арбагын сыйлап, анын баласына кол салбайлы» — деп кырк чорого кайрылышса, алар тил алышпады. Эки чоро мындай жосунсуз жоруктан четте бололу дешип, өз жерлерине кетип калышты. Абыке, Көбөштүн колу Семетейдин ордосун камап киргенде, Канықей Алмамбеттин Сырбараңы менен оңго ооп бир атып, он эчесин сулатып, солго ооп бир атып, солтондорун сулатып, аларды жакын жолотподу. Семетей келген жоону кенебей, түштө ойгонуп, жоо жарагын шайланып, Тайбуурулду минип жоого чыгып баратканда, Канықей менен Чыйырды батасын беришип, атадан жалгыз жетимди колдой көргүлө деп арбактарга жалынышты. Абыке, Көбөштүн колу менен бетме-бет келген Семетей: «Мага каршы чыккандай, мен силердин кытайдан келген жооңор эмесмин го. Түбүбүз бирге уялашпыз, кемчилик кетирсем кечиргиле, мал-башым тартуу, элге жаңы келгенде тентек чыкты дедиртип токонаалат келтирбегиле», — деди. Анын жүйө сөзүн кулактарына илишпей, көптөп каптап кириштти. Семетей да каарданып качырып киргенде колдогону бир тогуз баланы колдоп, кара чаар кабылан капталында чамынып, чолок көк жал арстан бет алдында камынып, душманынын сезин алды. Астын сала бергенде ажыдаардын түрү бар, аркасынан караса миң адамдын сүрү бар Семетей жоого чабуул койгондо, энеси Канықей чачын төбөсүнө түйүп, ажалым жетсе өлөм деп, азабым болсо көрөм деп, айкөлдөн калган жетимге караан болуп берем деп, аттанып чыкты. Ага кошулуп Бакайдын уулу Байталак, Сарыкандын Калыгы, Жамгырчынын Шайымбети да урушка кириштти. Семетей менен Канықейди көргөндө аргын, кыргыздын калың колу куралдарын ыргытышып, Көбөштүн зордугу менен айдалып келишкенин айтышып, кечирим сурашты. Салгылашка чыккан Сарыканды көптөп кетишмек болгондо, Канықей кырк чорону кулата сайып, өздөрүн туткундап, аттарын айдап алды. Абыке, Көбөштү тирүү кармап алып, тууган кылып алайын деп ойлогон Семетей аларды коркутмакка Аккелте менен оң жак, сол жактарына алыс мээлеп атып жатканда кокусунан огу Көбөштүн башын жулуп кетти. Аны көргөн Абыке алтымыш мергени менен кол салганда Семетей качырып кирди, алар туш-тушка чилче чачырап качышканда, Абыке Анжыян көздөй качыпжөнөдү. Артынан түшкөн Семетей коркутмакчы болуп өңүрүнүн четине жазгап сайды эле, бирок кокусунан

www.bizdin.kg
найза өйдө көтөрүлүп кетип, өпкөсүн жарып, ажалын жеткирди. Семетей келгиче Жакыпты Канықей, Чыйырды экөөлөп өлтүрүшүптүр. Кырк чорону Канықей кырып салмак болгондо Бакай арага түшүп ажыратып калды. Кырк чоро менен жалпы сөз табышып, жайланып жатып калган Семетей алардын жардамы менен кытайдан атасы Манастын кунун кууну ойлоно баштады. Бирок кырк чоронун баарысы бирдей эмес, акылы, кайраты жагынан ар кыл эле. Ошол ар кыл адамдардан куралган чоролорду алты арамдын тирүү калгандары Чыйбыт, Кочкор, Адыбай, Көлбайлар: — Эрдигиңер Манастан кем эмес эле, ага кызмат кылганыңар аз келгенсип, эми анын уулуна чоро болгондон намыстанбайсыңарбы? — деп Семетейге каршы бузуп-жарып кирди. Алардын тилине алданган кырк чоро Ашмараны ашып, кыйла жол жүрүшүп, Иленин боюндагы Кызыл-Жийдеге жетишип, эс алганы жатышты. Артынан кууп барган Семетей атынан түшүп, чылбырын мойнуна салып, Таласка кайтып баргыла — деп суранды. Алардын ичиндеги мыктысы Байчоро: Манас баатыр барында кырк чоро ага кеңешпей туруп эле чалгын чалып, чабышып кирип, чампандан жылкы алуучу. Он эки жыл эрдик иш жасабай буулугуп калган кырк чоро өзүңдү белге таңуу кылып, Бээжинге казат кылыш үчүн, Каканга чалгын чалып, Коңурбайдан кабар алууга жөнөгөн элек, — деп өздөрүнүн жосунсуз жоруктарын жашырды. Аларга ишенген Семетей «Андай болсо Бакайга кеңешип, ат семиртип, өзүбүз сергип, көп кол чогултуп, анан Бээжинге аттаналы» — деди. Семетей Таласка келген чоролорду ээн-эркин койду. Канықей булардын эл болор түрү көрүнбөйт, туш-тушка тарат деген кеңешине Семетей макул болбоду. Ичи арам болуп калган кырк чоро кайрадан алты арамдын азгыруусуна көнүп качып жөнөштү. Суусамырды басып, Кызарттын белин ашып, Кочкорго түшкөн кырк чорону кууп жеткен Семетей: «Таласка кайткыла” — деп кайрадан жалынып суранды. Алты арамдын тукуруусуна көнгөн кырк чоро Семетейдин тилин алмак турсун, кайра анын өзүн өлтүрмөк болуп кол салып кириштн. Эч аргасы калбаган Семетей аларды кырууга мажбур болду. Артынан келген Жамгырчы, Сарыкан, Бакайлардын кеңеши боюнча Семетей кырк чоронун сөөгүн Кочкорго койдуруп, кербен башы Кызылсарт менен дос болуп, анын жардамы менен аларга арнап күмбөз салдырды. Радлов жазып алган вариантта Семетей Таласка көчүп келгенден үч-төрт күндөн кийин Абыке, Көбөш жети сан кол курап чапканы келди. Семетей Тайбуурулду минсе буту аксайт, көрсө Абыке, Көбөш Манастын ордосун чаап, чамгарагын чапканда, Түндүгүнүн кадоосу ошол жерде калган экен, ал Тайбуурулдун бутуна кириптир, аны Канықей искек менен сууруп алды. Канықей баламды урушка жалгыз жибербейм деп аттанып чыкканда, Семетей аны керегеге таңды, чечип жибербесин деп чоң энеси Чыйырдыны кошо таңды. Урушка чыгып Абыке, Көбөш, Жакыпты колго түшүрүп, токойго камап койду. Канықей менен Чыйырдыны керегеге таңган жеринен бошотқондо, алар Абыке, Көбөш, Жакыпты кескилеп өлтүрүштү. Семетей туубай жатып туйлады, туурга конбой ойноду, он үчүндө ок атты, он бешинде жоо сайды, кан атасынан калган кырк чорого баш болду. Ат семирип күз болуп, эр семирип түз болгондо, Семетей чоролорго жортуулга чыгалы деп кеңеш салды. Алар макул болушуп анын үйүнөн чыгып келе жатышкан жолдо өздөрүнчө кеңешип, «алтымышка чыкканча атасы Манастын атын токудук, жетимишке чыкканча баласы Семетейдин атын токудук, карылык каршы келгенде Семетей бизди ашуусу бийик тоого, агыны катуу сууга айдап жүрүп өлтүрөт, качалы» — дешти. Аларды артынан кууп жетип Семетей атын тартуу кылса, башын тартуу кылса болушпай качып жөнөгөндө баарын кырып салды. Үйгө келсе Ажыбай менен Алмамбеттин аялдарынын боюнда бар экен, алар төрөгөндө күл уучтап түшкөнүнө Күлчоро, кан уучтап түшкөнүнө Канчоро деп ат койдуруп энеси Канықейдин эмчегин эмиздирип эмчектеш тууган кылып алды. Калган негизги варианттарда да Семетей Таласка көчүп келери

www.bizdin.kg
менен Абыке, Көбөш, Жакып кол курап келип согушуп өлүшү, кырк чоро Таластан качып Семетейден өлүм табышы негизинен жогорудагы варианттарга жакын сүрөттөлөт. Багыш Сазановдун вариантында гана Семетей колго түшкөн Абыкени, энеси Акдөөлөт менен колуна мал-мүлкүн берип Мекеге көчүрүп жиберет.

Семетей менен Чынкожонун чыры. Чынкожонун Толтойго көчүп барып кошулушу. Семетей өзүнүн жакындары менен кеңеш куруп олтурду. Кан атам Манас баш болуп, Каканчында он эки эрдин доосу бар. Коңурбайдан атамдын кунун кууйм. Чынкожо эпке келсе белге таңуу кыламын. Аба Бакай Ормонбекти, Күлчоро, Канчорону алып Чынкожого барып кел. Кечээ көчүп келгенимде өрүлүктөп келбеди, атам өлгөндө топурак салып кетпептир. Антпей туугандык ынтымакка келсин. Таласта бирге турсак бизге душман батынып кол сала албайт, — деди. Бакай чоролор менен Масейилди ашып, кең Кашкарды басып, чоң Котонду жакалап, Кебез-Тоого барды. Чынкожонун кароолго койгон балбаны эшик ачып аларды үйгө киргизди. Бакай Чынкожого жүйө сөз айтып ынтымакка чакырды: — Манас өлгөндө түбү бирге эл элең, уучтап топурак салбадың, абакелеп турбадың. Кечээ, Манас кырк эки түмөн кол болуп, он эки түгөй кан болуп Бээжинге казат кылганда калк катары барбадың. Мына ошондо, жетим калган Семетей эр жетип, атасынын ордун басып, түбү бирге тууган сени менен биргелешип, Коңурбайдан баатырлардын кунун куусам дейт. Тилимди алып Таласка кайра барып кон, — деди. Ошондо Чынкожо күүлөнүп: — Бул тилиңди албаймын, Мен Таласка барбаймын, Таласың артык жер бекен, Семетей менден эр бекен? Эрдигим ашык күлкана, Манастын уулу жетимге, айыл конбойм букара, — деди. Чынкожо антип жатканда Күлчоро сыртка жылып чыгып анын кара атына ногойдун энин оё салып койду. Кара ат чылбырын сууруп качты. Күлчоро, Абыкенин Актелкисин минип артынан куып жетпей кайра келсе, Чынкожо аңги суудай күпүлдөп, үйүр айгырдай дүпүлдөп, ач буурадай чамынып, бука сындуу бакырып, Бакайды камап жатыптыр. Ормонбек менен Канчоро Чынкожонун каарынан коркуп, жер чукушуп, баш көтөрүшпөйт. Атасы Алмандан артыла туулган Күлчоронун кыжыры келип, Чынкожону беттеди. — Күрсүлдөп кожо күүлөнбө, кыйын болсоң бел байлаган белиң айт, бекинип качар жериңди айт, дегениме көнөсүң Манаска берген алымдын он эки жылдан беркисин эсептеп бүгүн бересиң, ал алымды бербесең, так төбөңдөн басамын, төрт түлүгүң чачамын, бакылдай берсең ушинтип курмандыкка чаламын, — деди. Экөө бири-бирине жулунушканда Бакай Чынкожону, Ормонбек Күлчорону арачалап кармады. Чынкожо арачага болбой ээлиге бергенде Күлчоро кара жаак камчы менен чокуга тартып жиберди эле эт бышым эси ооп олтуруп калды. Ал эси ооп жатканда Күлчоро башын кесип алмак болгондо Бакай арага түшүп арачалап калды. Чоролор Чынкожонун жылкысын Таласка айдап жүрө бериштн. Намыстанган Чынкожо жедигердин Толтою менен достошуп, белге таңуу кылып, Семетейден өчүмү алайын деп элин көчүрүп жөнөдү. Чынкожо көчүп келгенде Жедигердин калың кара букарасы: — Толтой жоош эле, сурактy кожо алат го, жеткилең момун эл элек, жекирип айдап олтуруп жеткизе кырып салат го, — дешип корко башташты. Чынкожо менен Толтой, Төлөн менен Төлөбай, Калча менен Коңурбай алтоо жедигер элине бийлик кылышып, мылтыктын оозун өбүшүп, кылычтын мизин жалашып, токсон бээни ай туякка чалышып, жоодон качсак ушинтип өлөлү дешип канына колдорун малышып антташты. Радлов жазып алган вариантта бул окуя жазылып алынбаган негизги варианттарда Семетей менен Чынкожонун араздашуусунун мотивировкаланышы бир кыйла айырмачылыкка ээ. ТМВда Чынкожо «Букардан тентип келген жетим » — деп Семетейди теңсинбей, аны басмырламак болуп, Эртиш, Токо — эки чоросунан Тайбуурулду суратат. Чынкожонун тапшыруусу менен Тайбуурулду өкүм-зордук


www.bizdin.kg
менен сураган Эртиш, Токону Күлчоро менен Канчоро сабап, айдап жиберишет. Чынкожо Семетейди чаап алыш үчүн Опол тоодогу жедигердин Толтоюна кошулат. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Семетей Абыке, Көбөштү жок кылганда туш тараптагы кандар куттук айтып келишип, кан көтөрүп кетишет. Буга жакын тууганы Шыгай келбейт жана Семетейге куттук айтып келе жаткан Жалал деген жигиттин кырк төөдөгү зарын тартып алат. Шыгайдын мунусуна ачуусу келген Семетей аны чаап, малын талап, Аксыдан кубалап Үч-Сейит жериндеги жедигер элине тентитип жиберет. Чынкожо бараңдын каны Балтаматтын күлүк аттары бар деп угуп, ага барып, кызматчы болуп орношуп, ишенимине кирип, канаттуу кара атын, алты атар мылтыгын уурдап качып келип, Семетейден өч алууну ойлоп, элин чогултуп, кеңешип, Эртиш, Токо, Жадыбай деген үч жигитин элчиликке жиберип Тайбуурул, Аколпок, Аккелтени суратат. Максаты Семетейди жоо жарагынан ажыратып амал менен жеңүү болот. Анын элчилерине Күлчоро, Канчоро жолдон кезигишип, максаттарын угушкандан кийин кордоп кууп жиберишет. Багыш Сазановдун вариантында Шыгайдын уулу Чынкожо Манас өлгөнү Абыкеге баш бербей, алты шаар Кашкарды башкарып алымын өзү алат, кадыры Урумга өтүп анын канынын кырк канаттуу атын суратып алат. Семетей «Атам Манас Чынкожону Жеркентти бийлеткен экен, келип саламдашып кетсин» — деп Күлчорону кырк бала менен жиберет. Аларга Чынкожо уу берип кырмак болгондо, Канықей мындай болорун күн мурун билип Күлчорого катып берген дарыны ичишип аман калышат. Чынкожо Жет-Кайттагы жедигер элинин баатыры Толтойго барып, «сенин атаң Багышты өлтүрдү, мага да тынчтык бербеди, биргелешип жок кылалы» — деди. Анткени Манастын жалгыз карындашы Карлыгач Караөлөң уулу карт Манаска турмушка чыгат. Ага жедигердин Багышы тынчтык бербей уруша бергенде Семетей жардамга барып аны жок кылат.

Семетейдин Чынкожо, Толтойду жеңип, Айчүрөккө үйлөнүшү. Эл өөдөгө тартарда, ат кара тил мезгилде, Чынкожо жедигерди чогултуп жыйын кылып, Толтойду көкүттү: — Энеси менен Букарга тентип барган жетим Семетей Таласка кайра көчкөндө сенин колуктуң Шаатемир кызы Чачыкейди Темиркан кошомат кылып тартуулаган. Катынын тарттырып Толтой сени кудай уруптур. Менин кара атымдын канаты бар аны минип чыкканымда он сегиз миң ааламды талкандай чаламын. Менин тилимди алсаң, душманыңдан өчүңү алып берем. Кечээ Каркыранын Кара-Сазында Көкөтөйдүн ашында кытай-калмак кыргыздарды талап киргенде Манас каарланып качырып аларды сүрүп чыкканда, капыр менен мусулман карчылдашып кетпесин деп Кошой, Акункан арачыга түшүп ажыратат. Акункан Манастын ачуусун таратыш үчүн, кыяматтык дос элек, тилимди ал. Белгилүүнүн белинен, пери ойногон жеринен, ургаачыдан уз таптым, тийген айдай сулуусу, жаш төрөлгөн кыз таптым, ошону келин кылып алсын деп сага арнагам — дейт. Манас ага макул болуп кудалашып мал айдап, кулдук уруп май чайнашат. Семетей сенин зайыбың Чачыкейди алды эле. Сен анын зайыбы Айчүрөктү алсаң намысың кайра колго тийгени. Ошондуктан жедигердин элинен көп кол камдап барып Ооганды камап Акункан эпке көнсө кызын алалы, эпке көнбөсө шаарын талкалап, элине балаа салалы деди. Чынкожонун тилин алган Толтой жедигерди жыйып кол топтоду. Жедигердин билермандарынын бири кара сакал Төлөк каптап барсак орой иш, катылышсак жаман иш, катын үчүн урушуп, калың кол бөөдө кырылып, калайман түшкөн жакшы эмес. А көрөкчө Акун канга жуучу жиберип, Айчүрөктү жакшылык менен алалы, — деди. Ушул кеңеш боюнча кара сакал Төлөк жуучулукка кетти. Анын артынан барган жедигердин колу Акундун капкасын камап жатышты. Акункандын ордосу бийиктиги токсон кулач, калыңдыгы тогуз төө катар жүргөндөй бекем чеп менен курчалыптыр. Кызын алабыз деп нечен дөөлөр доо кылса да ошол чебине

www.bizdin.kg
бекинип, Акун аман калчу. Жуучуга барган Төлөктү дарбазаны кайтарган балбандар Акун кандын алдына айдап барышты. Акундун сүрүнөн корккон Төлөк сүйлөй албай, кисесиндеги катты алып сунду. Чынкожо менен Толтойдун сөз менен жазган катына терең акыл ойлоп олтуруп, Чынкожонун Кара атын, Толтойдун Сур коёнун баш кылып калың алып сексен күндөн кийин Чүрөктү алсын деп жооп берди. Айчүрөк атам картаң, өзүм кыз, жедигер каптап кирсе эмне болот. Ай-ааламдын баарысын учуп жүрүп кыдырып, бел байлаган белди таап, көңүлүм сүйгөн шерди таап, камап жаткан Чынкожо, Толтойдон кегимди алайын, — деп ойлонуп, ак куу кебин кийип учуп чыкты. Оогандан чыккан ал Кашкарга туш келди. Аны бийлеп турган Каңшыбек түпөк сакал түксүйгөн түгөнгүрдүн бири экен, кербендерди башкарып жолдо жүргөн эме экен, качырын кекейтип чом минген эме экен, ачык көйнөк, жайдак төш ал белгилүү эмес, беренден ага ишенип тие турган эр эмес экен. Андан көөнү сууп, Эркеч-Тамды ашып Анжыянга келип, Сынжыбекти сынады. Көк кепичин тепейтип, аргымагын кекейтип, козу кара кочкордой, корчоңдогон кул экен, эркек кара каргадай токчоңдогон кул экен, беттеше келсе Толтой аны чай кайнамга коёр эмес. Маргалан, Кокон, Ташкен бектерин да сындан өткөрдү, алардын Сынжыбектен өйдөлүгү жок экен. Кетмен-Төбөнү жердеген Айкожонун Билеригин да сынап көрдү. Кылтылдап жорголоп баскан, башынан селдеси түшпөгөн зайпана киши экен, Толтойго беттеше алар эмес. Кең Какшаалдын оюнда, Жаман-Суунун боюнда Сапарбайды жердеген, Кулансарык кыштаган Эр Төштүктү сынап өтүүгө кайрылды. Узун бойлуу, кең далы, ары балбан, ары шер Төштүккө жаш кезекте кезиксе тийип алчу эр экен. Азыр жигиттик курагы өтүп, алтымыштан ашып жетимишке жетип, ысыгы кетип койнунун, кубаты кетип ойнунун, карып калыптыр. Айчүрөк ага көңүлү доо тутпай, Чеч-Төбөгө келди. Байланып калган баатырдын багын ачкан, байланып калган базардын шаарын ачкан, батасы журтту байыткан, байкаса жанды жарыткан чын олуя карыя Кошойду сынады, Жашы жүзгө таяган абаң от башына бөгүптүр, өөдө болбой чөгүптүр. Картайган Кошой кан абам, чоң атам менен тең экен, буга таңылганым болбос деп андан ары жөнөп Эки-Кеминге келсе Үрбү өлүптүр. Андан жолу болбой Сары-Аркага барганда алтымыш балбан жанында Көкчөнүн уулу Үмөтөй салбырынга чыгыптыр. Дүмбүл кыял көөдөнсүз торпок чалыш, бет алган жоого келгенде коркок чалыш Үмөтөйдүн эрдиги Толтойдон өөдө эместиги көрүндү. Андан көңүлү сууп, Ысык-Көлдү кыдырып, Кызыл-Кыяга барды. Кызыл-Кыя жердеген Кырымдын уулу Мурадыл өзү жайчы, эл четинде кароолчу баатыр экен. Алты солон, төрт манжу менен ууга чыгып алты доңуз, төрт каман атып алып дардалактап келе жатыптыр ал дагы көөнүнө толбоду. Кечилдин каны Коңурбайдын дайнын аксакалдуу карылардан угуп жүргөн экен, ошону сынаганы Айчүрөк Күрпүлдөктүн сазына жетип барды. Бажыга жайган сан кара Коңурбайдын жылкысы кумурскадай быжылдап жаткан экен. Жылкысына келген Коңурбай кечүүдөн чыкты барбайып, Алгара атын жулкунтуп, алтындан чылбыр булкунтуп, келишимдүү жан экен. Чоң өтүгүн чойкойтуп, короздой мойнун койкойтуп, көз айнеги балкылдап, көөкөрдөй болгон шуру таш төбөсүндө жаркылдап, көк ала сакал чоң манжу Опол-Тоодой көрүнүп, буурул чалган муруту майлаган балта сабындай, мурунунун чоңдугу селебинин кабындай, эки көздүн кычыгы ачылып калган көргө окшош, ай маңдайын караса бай жайлаган төргө окшош баатырдыгы бир башка, балбандыгы бир канча Коңурбай алтын найлуу канжасына төрт кочуштап тамеки салып оттук менен күйгүзүп, коркурата соруп, ууртундагы түтүндү оозун ачып коё бергенде кол ыштыктай буркурап, жөө туман түшүп жанындагы алтымыш кытай, кырк калдай бири-бирин көрө албай адашышты. Коңурбай аттан түшүп заара кылды. Ал жылкысына жөнөгөндө анын өтүгүнөн түшкөн изди Айчүрөк ченеп көрсө он эки сөөм сере болду. Анын алптыгына таң калган Айчүрөк токсон беште эмес, жыйырма беш менен отуз

www.bizdin.kg
бештин ортосунда болсо кытайлыгына карабай тийип алчу эр экен, — деп көп жактырып, боз торгой болуп жакын учуп келгенде ары сынчы, ары эр, айлакер Коңурбай анын кайыптын кызы экенин билди да, атып түшүрүп колукту кылып алайын деп очогор менен атып кууп жөнөдү. Капталында канаты бар Коңурбайдын кара атынын куугунду куткарбаган адаты бар эле. Ал күчөп жүгүрүп, Айчүрөктүн деңгээлине келип калды. Коңурбай атып аларына көзү жетип айласы кеткен Айчүрөк жайчылыгына салып, жөө туман түшүрүп, жердин үстүн көргөзбөй Коңурбайды адаштырып араң кутулду. Коңурбайдан кутулган Элкин-Тоо-Атага келип эс алды. Дүйнө жүзүнүн алптарын кыдырып көрүп, өзүнө тең таппаган Айчүрөк өз тагдырына кейип, кайрадан учуп чыкты. Суусамырды басып, Көтөрмөнү ашып, Талас ылдый учуп Кең-Колдогу Манастын күмбөзүнө келип, ага бата окуп, быяк жагын караса, келеңкер чачпак, кең соору келини сулуу кыргыздын, кызыл көйнөк кымча бел кыздары сулуу кыргыздын, кара чепкен ак калпак калкы сулуу кыргыздын, кара байыр казанат, калбыр өпкө жез билек тулпар минген, көк сүлөсүн кара бөрк кийген азаматынын баарысы тегиз кара көк. Алардын алты — жетөөсү барса эле Чынкожолук алы бар. Айчүрөк жылгындуу Кең-Кол, Таластын жерин көрүп кубанып, жыргап жаткан кыргыздын элин көрүп кубанып, кайнатамдын элиби, жылкысын көрүп өтөйүн — деп учуп жөнөдү. Сан түркүн жылкынын ичинен Манастын кызыл буурул, кара буурул жылкыларын көрө албай кайгырып, бешим ченде Бар-Көлдүн маңдайын кароолдоп конду. Төрт-Күлдүн төмөн жагынан, төрө Манастын сайган багынан, Каныкейдин ордодон Чачыкейдин коргондон ит агытып, куш салып, ат арытып, жер чалып кайткан Семетейди көрдү. Колдогону Кожосан, кол бергени кырк чилтен Семетейдин кара чаар кабылан капталында чамынып, чолок көк жал арыстан жандай салып чамынып колдоп алыптыр. Ажыдаар ак жылан оозун ачып ышкырып, илеп тартып жутчудай артынан сойлоп калыптыр. Алп кара куш зымырык азыр илип алчудай бутун салып арбайып үстүнөн жүрүп калыптыр. Мингени Тайбуурул, колуна кондурганы Акшумкар, ээрчиткени Кумайык, Манастын уулу Семетей Опол-Тоодой көрүнүп, көрүнөө келсе Коңурбай сан колу менен жуткандай, Шыгайдын уулу Чынкожо чындашып келсе сойгудай, Багыштын уулу Толтойду кыргын кылып койчудай. Семетейди көңүлүнө толтурган Айчүрөк: «Өзүм келип тийгенде жагынган атка коном го, жаман атты болом го», — деп артынан аңдып аны тосуп чыккан аялы Чачыкейди көрдү. «Эбин таап аны менен сүйлөшүп көрөйүн», — деп күттү. Элдин алды жатарда жыйырма кыз оң жагынан, жыйырма кыз сол жагынан жөлөгөн Чачыкей сыртка чыкканда астынан тосуп, өзүнүн жайын түшүндүрүп: «Семетейге кошсоңуз отуң менен кирип, кызматыңды кылайын, алты күнү саа жатсын, артпаган күнү маа жатсын», — деп сабылды. Айчүрөктүн төмөнчүлүк менен суранган өтүнүчүнө Чачыкей арылдап беттен алып кордоду. Ызаланган Айчүрөк: — Менин бул убакка чейин эрге тийбей жүргөнүм, кудалашып койгон Манастын арбагын сыйлап жүргөнүм. Семетейдин Акшумкарын ала качып кетип, сени салынды катын кылам, — деп жерден топурак алып, дубалап Чачыкейге чачты. Ал талма оорулуу болду. Молдолор дарс окуп аны жетинчи күнү тилге келтирди. Жинди болгон Чачыкейди Семетей көргүсү келбей, ат арытып, жер чалып, ит агытып, куш салып кетмек болду. Кушун колуна кондуруп, эки чоросуна ногойдон чыккан он төрт атты айдатып жолго чыкты. Чачыкей чылбырына оролуп жети күнү үйдө жат деп жибербей турду. Ачуусу келген Семетей аны булдурсун менен капталга тартып жиберип жөнөп кетти. Чачыкей Канчоро менен Күлчорого жалынып: «Семетейдин кушун кууга салдырбагыла, жолдо жаткан ак була болсо алдырбагыла. Семетей менен Акшумкарды аман үйгө алып келсеңер кызыл көйнөк найча бел колукту алып беремин» — деди. Семетейлер Жаңырыктын Жар-Кыяга келгенде жолдо бир таңгак ак була жатат. Семетей чоролорун чакырып:

www.bizdin.kg
«Ак буланы алгыла Аколпок Абыке, Көбөштүн колунда калганда булайт кийилип жыртылыптыр. Акбуланы энем Канықейге алып барып берип, Аколпокту оңдотуп алалы», — деди. Күлчоро акбуланы үңкүрдүн түбүнө салып оозун таш менен бекитип салды. Семетей Ала-Көлгө келип, колундагы Акшумкарды андан салып илдирип, мындан салып илдирип, канжыганын баарысын каз өрдөккө билдирип кубанычка батты. Ала-Көлдүн четинен балыр оттоп, чөп тартып, кукулуктап унчукса, жез комуз үнү угулган, мойну кулач, боору түз алачыктай ак куу көрүндү. Аны алдырууга шумкарын салган жатса, Күлчоро, дайым эле шумкарды сиз салып жүрөсүз, бир жолу бизге бериңизчи деди.



Кең пейил Семетей жок дебей бере салды. Шумкарды алган Күлчоро куу учуп кетсин деп көрүнөөгө чыгып, куш салуунун ыгын билбемиш болуп буйдалып турду. Аңгыча Семетей артынан жете келип шаштырганда: — Бул кууга кушту салбайлы беш баласы бар экен убалына калбайлы, — деди. Семетей анын тилин албай кушун кууга салды. Шукшурулуп сайылган Акшумкар ак кууну моюнга тээп алышып калды. Семетей аларды көздөй чу коюп, жетип барып жерге секирип түшүп колун сермеп кууну кармамак болду эле, ал тереңге жылып кетти да шумкардын чолок боосун кымырып колтугуна катып, Аккуу болуп кубулган Айчүрөк жайчылыгы менен жөө туман түшүрүп, көздөн кайым болду. Шумкарын ала качтырган Семетей катуу кайгыга батып, эки чорону Канықей, Бакай, Сарыкан жана Чачыкейге жиберди. Бери чыгарда Чачыкей чылбырыма чырмалып жибербей турду эле, мүмкүн шумкардын жоголгон себебин билер. Эгер ушул сапар сырын ачса астына күнү албаска ант берейин деди. Өзү ак каңкыны жазданып, Аколпокту жамынып күйүт тартып жатып калды. Чачыкей мунарага чыгып, дүрбү салып, келе жаткан чоролорду көрүп, Семетей жоктугун байкады да, булкунган боюнча коргонуна кирип кетти. Сырттан кезиге алышпай калган чоролор каардуу Чачыкейдин үстүнө батынып кире алышпай турду. Канчоро мага караганда кепке уста элең сен кирип чыкчы, — деп Күлчорого кайрылды. Ал макул болуп Чачыкейдин үстүнө кирип, Семетей шумкардын жайын айтсын, — деп жибергенин айтты. «Талаадагы эркектин кушу менен иши бар, үйдө жүргөн катындын ашы менен иши бар, качырып ийген шумкарыңар менен ишим канча? Көрүнбөй жогол көзүмө», — деп ак тинтени ала жүгүрдү. Күлчоро кача бергенде тинте менен уруп калды, ал каалгага тийгенде, каалганын бырынчырыны чыкты. Эки чоро кеңешип, Үч-Кошойдогу Бакайга барышты да болгон окуяны айтышты. Бакай өзүнүн байбичеси Көрпөжанды, Сарыкандын байбичеси Тынымкан менен, Жамгырчыны байбичеси Жайнаке менен ээрчитип Канықейге барды. Алар кеңешип туруп Көрпөжан, Тынымкан, Жайнаке — үч байбичени Чачыкейге жибериштн. Көрпөжан: — Шумкардын жоголгон себебнн билет экенсиң, чын сырыңды айт. Айтпай койсоң Семетейдин ачуусу кыйын эле, саамай чачың кербесин, талак катын бербесин, кементайды кийгизип, кер байталды мингизип атаңды көздөй айдабасын, тилди ал, — деди Чачыкейге. Эселек Чачыкей оозуна келгенин оттоп, Бакай, Сарыкан, Жамгырчыны тилдеп, үч байбичени ордосунан

www.bizdin.kg
кууп чыкты. Жаш келин эмес, эч бир адамдан катуу кеп укпаган Бакай катуу капа болду. Канykей үч канга үч жорго тартуу кылып кечирим сурады. Күлчоро менен Канчорону чакырып: — Агасы жокто анын катынын иниси жинин тыюучу. Кандарды тилдеген каапырдын кашайтып көзүн оюп чык! Аны менен мен тең тууганмын, жообун өзүм берем, деди Күлчоро кара жаак булдурсунду бүктөй кармап, Чачыкейдин ордого барды. Анын жөкөр кырк келини дарбазанын каалгасын бекитип, киргизбөөгө аракет кылды. Каалганы сындыра тээп, кирип барган Күлчоро Чачыкейди чачынан толгой кармап булдурсун менен карсылдакка алды. Чачыкей аргасы жоктон Акшумкарды Айчүрөк алып кеткенин айтып берди. Күлчоро кубанган бойдон бул жөнүндө Бакайларга айтып келди. Бакай Семетей аргын менен ногойдон көп кол менен мени, Сарыканды, Жамгырчыны алып барсын Ооганга. Анткени чыр салышкан доосу көп, чарпыша кеткен жоосу көп, — деди. Күлчоро Канчорого: Калыңга берчү немедей карыган кишилерди ээрчитип не кылалы. Катынын сабап таштадык үйгө кайра келсек мүшкүл иш болот, а көрөкчө абамды ошондон нары ээрчитип Ооганга жөнөп кетели, — деп, Канykейдин ордодон ок-дары салынган куржунду алып, Акборчукка жүктөп Семетейге жөнөдү. Күлчоро менен Канчоро Айчүрөктүн Акшумкарды ала качканын сүйүнчүлөп барышты. Шумкардын жайын укканда Семетей атасы Манас тирилип келгендей сүйүнүп, ак боз бээ алдырып, ай туякка чалдырды. Алтын боолуу чатырды аземдетип бүктөтүп Акборчукка жүктөтүп, союшка кызыр эмди тай алып, Манастан калган кызыл туу асмандата көтөртүп, Акшумкардын дартынан, Айчүрөктүн артынан Ооганга жөнөп калды. Нечен күн, нечен татаал жол басып, Кара-Кыяга жетип, өргүү кылды. Эртеси таңда турган Семетей Агынектин белине чыгып барып Оогандын шаарын көрмөккө атасы Манастан калган чоң дүрбүнү салды. Жеткилең тиктеп караса жети күндүк алыстык жети аркан бою көрүнгөн дүрбүдөн Акундун шаарын көрдү, калайыгы кай түрдүү баарын көрдү. Андан бери Ополдун тоосуна, Ак-Кыянын оюна, чоң Үргөнчтүн боюна дүрбү салды эле отуз келин, отуз кыздын ортосунда оюн салып жаткан Айчүрөк көрүндү. Келиндерден келишимдүү узду алып, жаштардан артыкча сулуу кызды алып, алтын жээк чатырдын алтымышын бүктөтүп, ак буурага жүктөтүп, Айчүрөк Семетей келип калар деп тосо чыккан кези экен. Семетей Күлчоро менен Канчорону чакырды. Эки үзөңгү кагышып, эки чоро жарышып, абасына ашып-шашып жетип барышты. Семетей аларга: —
Өйдө чыксам өбөгүм, ылдый түшсөм жөлөгүм, эки бирдей эреним, мен көргөндү көрдүңбү, мен туйганды туйдуңбу? Чоң-Ополдун оюнда, чоң Үргөнчтүн боюнда дайра суунун четинде, кайып-терек ичинде асмандан түтүн бөлүнөт, агарып чатыр көрүнөт аюу көпчүк, ак желдик басмайылы басылуу, быштыны мыктап тартылуу азамат аты көрүнөт. Кырдан түтүн бөлүнөт, кызыл-тазыл куш баш ээр кыздын аты көрүнөт. Күлчоро менен Канчоро кимиң барсаң аның бар, бир кишилик алың бар, кечикпей кечүү чалып бер, кечикпей кабар алып бер. Аңгеме кепти куруп кел, адашып калган шумкардын ал-абалын сурап кел! — деди эле, Канчоро кыз-келин менен эбин таап сүйлөшө албаймын, барбаймын деп кесе айтты. Он экиде Күлчоро: — Бар десең аба барайын, качып кеткен шумкардын кабарын жетип алайын, калдайган бир сан кол чыкса качпастан колду салайын. Астымдагы Актелки туягы мукур эле, ашуусу бийик тоо келсе учуп өлбөйүн, агыны катуу суу келсе агып өлбөйүн, булумду берчи кийейин, Буурулду берчи минейин, — деди. Семетей бербеймин деп айта албай берендин көөнүн кайтарбай, чечип берди буулумду, түшүп берди Буурулду. Күлчоро шапа-шупа ат токуп, буулумду кийип, Буурулду минип жөнөй бергенде, Семетей: — Тентек элең Күлчоро, бууданды катуу чаап, кокустан бутун ийинге салдырып аксатып ала көрбө, — деп эскертти. Күлчоро ана-мына дегиче Агынектин белин ашып, эрте жетип барууга эки көзү төрт болуп, кара жаак ак камчы менен Буурулду томукка

www.bizdin.kg
тартып жиберди эле, ал куландай кулак жапырып, куюндай жерди сапырып, баскан жери быркырап, жолум үйдөй даңканы жолу каткан баланын төбөсүндө чыркырап, таноосунан чыккан буу кол ыштыктай буркурап, аркардай арыш узартып, эти кызып алган соң учкан куш менен жарышып, үстүндөгү Күлчоро оозу менен алышып, тарталбай колу карышып, Ак-Кыянын оюна, Чоң-Үргөнчтүн боюна жетип келишти. Үргөнчтүн боюна келген Күлчоро дайранын агымына көз салса, төө өркөч болуп күркүрөп, боз чамбыл болуп ылайлап, тегеренбей чогуу агып, деңизден канча чоң агып, ортосу опсуз шар агып, четинен үйөр кар агып, жаш балаты карагай түбү менен суурулуп, жарга барып урунуп, жардын боору туурулуп, кокту, чап баары жошулуп, ат агызчу туура суу миң жеринен кошулуп, карагай менен сал агып, кайың менен тал агып, үстүнөн көбүк буу болуп түбү менен үйдөй таш, түгөл агып калдырап, жер жарылып, жар кулап, суунун баары ылайлап, мөңгүнүн баары бузулуп, бөлөкчө агып алыптыр. Үргөнчтүн антип киргенине Айчүрөк себепчи экен. Семетейдин келерин билген Айчүрөк: — Эгер Чынкожо, Толтойду жеңе алчу баатыр болсо ушу суудан коркпой кечип өтсүн, кайраты жок болсо суудан коркуп кетсин, — деп күн жайлап, дайраны киргизген экен. Кирип турган дайраны карап турган Күлчоронун заманасы куурулуп: — Бул Үргөнчтү кечкен жан кыйноо тартып өлбөйбү, кыямат жайын көрбөйбү! — деп Семетейге кайтып бармакчы болду. Ошол кезде Айчүрөк отуз келин, отуз кыздын ортосунда селкинчек тээп оюн куруп жаткан эле. Акылай түндө көргөн түшүн айтып калды. Кара чаар кабылан калаанын ичин жойлоду, карс этип иттер койбоду. Чолок көк жал арстан Ооган келип чамынды, каршы алдынан чыгам деп катылган жоолор кыйрады. Бул эмине болуучу, кичүү сиңди, улуу эже, бул түшүмдү жоручу?!— дегенде Канымжан түштү жоруп, Семетейдин келе турганын айтты. Аңгыча сакчы койгон сары кыз, кароолдо турган кара кыз шашып кирип келишип, кызыл буурул ат минген, кыл куйругун чарт түйгөн, кызыл чырай, нур жүздүү жездекем келип калды, — деп сүйүнчүлөштү. Айчүрөк Семетей өзү кечүү чалбай турганын, бул анын чоросу экенин кыздарга айтты.



Кыздар жарданып карап калышты. Күлчоро кыздарга шылдың болгуча, кыямат жүзүн көрөйүн, — деп кыдырып кечүү карабай, кылчалык жанын аябай, жардын башын уратып, кайып сындуу Буурулду капталга тартып жиберип, сууга кирди чуратып. Сууга адеп киргенде бала менен ат көрүнбөй калды. Жээктеги кыз-келиндер алаканын шак коюшуп, өйдө-төмөн жүгүрүшүп, кызыл гүл экен өчтү деп, кызыл кырчын жаш бала, кыямат жүзүн көрдү деп капаланышты. Көл-дайраны көп кечип, көнүк болгон Буурул ат суунун киргенин көздөй маталып, өөдө-төмөн кетпестен туура сүздү. Үйдөй үйөр чогулуп келе жатканда Күлчоро найза менен өзүнөн алыс түрттү. Суудагы баланы жылаңач кызыр, жаш Айдар жылоосунан алды. Айбандан эстүү Буурул ат Бугу-Кечүүдөн кашатка ыргып чыгып, түз эле Айчүрөктүн тушунан чыкты. Суудан чыккан Күлчорого Айчүрөк сынамакка какшык узатты: — Сенин ураның ким, дайның ким, кооз кийинип алыпсың, куда болгон кайның ким? Өз атыңды мингенсип, өз тонуңду кийгенсип зыңгырай бербе жөнү жок! Жоготконуң эмине, жоолаганың ким эле? Чүрөк минтип турганда, чоро анын какшыгына жараша жооп айтып, Шумкарды бер кетемин жеңе. Айчүрөк да сыр бербей: Куру жалаа кылба сенин колуңдан шумкар алдым беле, жөндөн жөн эле жеңе дейсиң, мен сени тааныбайм, мени алуучу күйөөм Чынкожо, Толтой деди. Ары чечен, ары шер Күлчоро, «Бел байлаганың Толтой, Чынкожо болсо, аларыңды талкалап эбиңе келтиремин. Акшумкардын

www.bizdin.kg
бутунда алтындан чалган боосу бар, жоготуп ийсең шумкарды сен өңдөнгөн кыздардан, токсон бир кыздын доосу бар», — деди. Күлчорону купулуна толтуруп, Акшумкарды ала качып алганы чын экенин айтып, аттан түшүрдү. Кыз-келинге кошулуп оюн курган Күлчоро абасы Семетейди эстен чыгарып койду. Күлчоро кечиккенде Семетей дүрбү салып, анын кыздар менен оюн куруп жатканын көрүп, ачуусу келип Канчорону чакырып жолго камындырып, жөнөп калды. Семетейдин келерин билген Айчүрөк кенебей Үргөнчтөн кечем деп бөөдө өлүм болбосун деп жайчылыгына салып кирген сууну тарттырды. Семетей Үргөнчтүн суусун кечкени он төрт атты сууга камады. Ошондо Канчоро Семетейге жалынды: «Астыбызда ушу суу, ашкере душман, агып кетип окустан, ажал жетип кокустан өлбөйлү, кыдырып кечүү издеп өтөлү». Семетей Канчорого сүйлөндү: — өлүмдөн корккон оңобу? Өлбөй жүргөн дүйнөдө темир өзөк болобу? Агын суудан коркосуң, найзанын учу кылкылдап, адамдын башы былкылдап, алтымыш миң жоо чыкса андан кантип коркпойсуң? Жебирейил периште беш колун салып барбайып, бычагын камдап туруптурбу? Күлчоро кечкен суудан биз кечпей, кечүү издесек, карап турган келин-кыз бизди шылдың кылбайбы, — деп сууга кирди, анын аркасынан аргасыздан Канчоро кирди. Суудан чыккан Семетей: «Жолдон чыккан кыз болсо, оюн куруп каласың, — деп Күлчорого сүйлөндү. Алдынан чыккан Айчүрөк Семетейдин эли-жеринин эсендигин сурап, көрүшө элек жатканыбызда чороң менен урушпаңыз уят иш, бала менен кабаттап бизге да тийди тилиңиз деди. Семетей ого бетер ороңдоду. — Сендей эр албаган эскиге, туурук таман кескиге эзиле берип нетейин, шумкарды берчи кетейин! Айчүрөк: — Бура тартпай Букарда, бурулбай жаткан сенденби? Бууданым качан келет деп, Буудай тиш атка көп конуп, бузулбай жүргөн менденби? Аталарыбыздын кудалашкан антын сыйлап, мен сени күтүп жүрдүм, болбосо дүйнө жүзүндө сенчелик баатыр жок бекен, алардын баарын кыдырып сындан өткөргөм. Тентек тууган күйөөгө телмирип жүрүп нетейин, албасаң алба, мен да теңимди таап кетейин деди. Канчоро менен Күлчоро арага түшүп жүйө кеп айтышып, Айчүрөк менен Семетейди ыкка келтиришип, элдештиришти. Семетейди асем менен тосуп коноктогон Айчүрөк күүгүм кире күн бата Оогандын шаарына алып жөнөдү. Семетей эс ала электе, Чынкожо билип калса атыш кылбасын деп, Таластан келген он төрт аттын изин жашырып, өз сарайына шек билгизбей киргизип, аттарды жан кишиге көрсөтпөй катып салды.

Ажыбай менен Түмөнбай Оогандын билермандары экен, Толтой менен Чынкожонун келер учуру болуп калды го деп мунарга чыгып карашса чын эле жедигердин калың колу каптап келе жаткан экен. Эси чыккан экөө тартуу алып Чынкожо, Толтойдун астынан чыгышты. Чынкожо катуу кыстаганда жети күндөн кийин Айчүрөктү бермек болушуп, убадалашып кайтышты. Алар Айчүрөктү кармап алып Толтойго берүү үчүн анын сарайына барышып чакырышты. Айчүрөк чыгып келгенде: «Сиз үчүн эл кырылбасын. Толтой деле атанын уулу ага барсаң кантет» дешти. Айчүрөк «Атам картаң, өзүм кыз, айлам барбы, Толтойго барайын, Эки агам арада элчи жүрүп жүдөдүңөр, эс алып алыңыздар деп, сарайына алып кирди. Семетейдин үстүнө алып киргенде аны Манаска окшоштуруп, Ажыбай таанып саламдашты. Ал-жай сурашып, Ажыбай мындагы абалды айтты. Жети күн мөөнөтү бүткөндө Ажыбай, Түмөнбай: Айчүрөктү алып кет», — деп Толтойго кат жазышты. Он экиде Күлчоро чалгын чалып келүүгө Семетейдин ат-тонун сурады. Семетей жок дебей Аколпокту, Тайбуурулду, Сырнайза, Аккелте сыяктуу жоо куралдарын берип, жоо көрө элек балага атап ак боз бээни курмандыкка чалды. Күлчоро чалгын чалып кыйла жол басып тогуз жолдун тоомуна, Бөрү-Койдун чаркына келгенде таш өбөк салып уктап калды. Чынкожо кайрадан жедигердин колун чогултуп, берген убада күнү бүттү, Оогандыктар Айчүрөктү эрки менен берсе алып келели, эрки менен бербесе тартып келели деди. Толтой жаман түш

www.bizdin.kg
көргөнүн, Айчүрөктү зордуктап алууга болбой турганын, анын Манастын уулу Семетейге кудалашып койгонун айтты. Чынкожо каарланып, эгер анын тилин албаса Семетейге барып астына түшүп, туугандашып кайра келип жедигерди чабарын айтты. Чынкожодон корккон Толтой чалгынга чыкты. Тогуз жолдун тоомуна келип тогуз жакка кеткен жолдон из таппады. Жаңырыктын Жар-Кыя Таласка кетчү жол эле ошого келгенде Айчүрөктүн дубасы менен Толтойдун көзү тумандап жол көрүнбөй калды. Бул жорукка таң калган Толтой аттан түшө калып, жолду сыйпалап, аттын туягы тийген жерлер кол арыктай оюлган издерди тапты. Дөөнүн же желмогуздун изиби деп коркуп, кайра кайрат байлап бараткан жолун улантты. Толтой жакындаганда Тайбуурул жер чапчып Күлчорону ойгото албай, жерге сайган Сырнайзаны тегеренгенде үстүндөгү Чоро ооп түшүп кала жаздап ойгонду. Толтойдун келе жатканын көргөн Күлчоро Аккелте менен атты эле анын огу башынан аша тийди. Мылтыктын үнүнөн чочуган Толтой күн күркүрөдүбү, алда неме болду деп кооптонду. Кайраттанып кыя жагын караса кызыл чийкил жаш бала Манастап ураан чакырып качырып калыптыр — Он экиде бала экен жолунан тосуп алайын, курмандыкка чалайын, — деп күтүп турган Толтойго өз кирпиги жоо болуп көзүнө Манас кырк чоросу менен качырып келе жаткандай көрүндү да качып жөнөдү. Күлчоро артынан кууп жетип, эки жолу сайып, эки жолу тең балалык кылып жаздым сайып, өлтүрө албады. Аңгыча чылбырын колдон түшүрүп, Тайбуурулдун бутун ороп бастырбай салып, жооо жетпей калды. Качкан жоону куткарып жибергенине Күлчоро катуу өкүндү. Жаралуу Толтой таң сүргөндө колуна барып эси ооп түштү. Зордуктап чалгынга жиберген Чынкожону тилдеп, сенин тилиңди алам деп адам көрбөс кордукту көргөнү келген экенмин, катынын ала койгун деп өлүмгө сүрөп келипсиң. Айчүрөк ааламдын баарын кыдырып жүрүп Семетейди ээрчитип келиптир, ажалым чындап жеткен экен, — деди. Табыптар Толтойдун жаратына картык салып, жаман канын сордуруп алып дары сыйпашты. Толтойдун жаратын көргөн Чынкожо, аны Семетей эмес, Күлчоро сайганын билип, жаш баладан жараланганына нааразы болду.



Качкан жоосун өлтүрө сая албай күйүттө келе жаткан Күлчоронун астынан Семетей тосо чыгып, анын алгачкы эрдигине ыраазы болуп, Толтойду бүгүн жаралуу кылсаң, эртең жайлайсың, — деп сооротту.

Жаралуу Толтой табыптарынын жардамы менен айыккандан кийин, Чынкожо жедигердин колун Ооганды каптатты. Доолбас кагылып, Акункандын аскери да чогулуп келе жаткан жоо менен кармашууга камынды. Ажыбай Семетейге жоонун колу каптап келе жатканын кабарлады. Ал жарак-жабдыгын шайланып, Күлчоро менен Канчорону ээрчитип, душманга каршы чыкты. Ортодо катуу кармаш болуп, акырында жедигердин карапайым элден куралган жоокерлери: — Зордукталып айдалып келген бизде не жазык, жазаласаң кандарды жазала, бизди кечиргин дешип, аттарынан түшүп, жоо-жарактарын жерге ташташып багынышты. Семетей аларга кечирим берип Чынкожонун жеке өзүн качырды. Экөө узакка салгылашып, бирин-бири алыша албай турганда, Семетей айбалта менен төбөдөн ары чапканда Чынкожо атынан учуп түшө жаздап качып жөнөдү да күндү жайлап, туман түшүрүп, канаттуу кара аты менен көккө эргип чыкты. Көк жорудай көктө айланып, мөндүрдөй кылып ок атып, жамгырдай кылып жаа тартып, Семетейдин айласын кетирди. Тумандын арасынан көрүнбөй учуп жүргөн аны болжолдоп атып жатып Семетейдин ок-дарысы бүт түгөндү. Чынкожонун ок-дарысы түгөнүп,

www.bizdin.kg
казынасына кетти. Семетейди уруш талаасынан издеп чыккан Күлчоро ага жолугуп, ал-жайын сураганда ал: «Асмандан уруш салган Чынкожого тең келе ала турган эмеспиз, Аколпок, Тайбуурулду тартуу тартып, Айчүрөктү сен ал, түбүбүз бирге эле, элдешип жай-жайыбызга тарайлы деп айталы» — деди. Безге сайгандай чочуган Күлчоро тирүүсүндө Чынкожого багынбай турганын айтып, Аккелте, Аколпок, Тайбуурулду сурады. Семетей анын сурагандарын берип, өзү кара үңкүргө жашынды. Күлчоро Аколпокту Тайбуурулдун үстүнө жаап, анын чылбырын ээсиз калгандай астыга чубай таштады. Канукей Аколпоктун жакасына тигип берген жалгыз ок менен Аккелтени октоп, анын оозун өөп, аталбасам мени, огуң жетпей калса сени Манастын арбагы урсун! — деп шерттешип, Тайбуурулдун астына жашынып Чынкожону күттү. Жөө туманга жашынып кайра келген Чынкожо Тайбуурулду алыстан көрүп аткылай баштады. Бир кезде жакындап келип караса ал үстүндө адамы жок, чылбырын сүйрөп бош турат. Семетейди жайлап салыптырмын деп кубанып, атын олжолоп алайын деп жарым бута жакын түшүп келди. Даярданып турган Күлчоро Аккелте менен мээлеп туруп атканда, анын огу Чынкожонун кара атынын бир канатын таарып түшүп, андан өпкөгө кирип талкалады. Ат-маты менен кулап түшкөн Чынкожо Күлчоронун жакасына жармашып кармаша кетти. Аңгыча үңкүрдө жашынып отурган Семетей жүгүрүп келип :— Экөөлөп кетти дебесин, мага бер — деди Күлчородон. Чынкожону коё берди, Семетей аны шыйрактан кармап ташка чаап, эки бөлүп таштады. Семетей менен Күлчоро оогандыктар менен Толтойдун колу кармашып жаткан жерге келишсе, Канчоро катуу кармаш кылып, жедигердин Төлөк баш болгон бир топ жоокерин кырыптыр. Ажыбай менен Түмөнбай кармашта туруштук бере албай капкасына качып кирип, Толтой үстөмдүк кылып жаткан экен. Аны көргөн Күлчоро чабуул коюп, жоонун колун оогандын шаарынан айдап чыгып, Толтойду бет алды. Коркуп качып жөнөгөн аны качпалап кыйкырды. Качкан Толтой Акункандын шаарынын тушуна келгенде, мунарадан карап турган Айчүрөк анын намысына тийип айрөктөдү. Айчүрөктүн сөзүнөн ардыккан Толтой Күлчорого жекеге чыкты, экөө алыша албай турганда Семетей келип калды, эми экөөлөйт экен деп коркуп кеткен Толтой аттан кулап түштү. Күлчоро түшө калып, башын кести. Толтойдун аты Суркоён жедигерлерди көздөй жөнөгөндө Семетей артынан кууп барып кармап келе жатканда Канчоро менен Күлчоро астынан чыгышып соогат сурашат. Ал аттын чылбырын Күлчоро жакка жакын ыргытат. Күлчоро атты алып кеткенде Канчоро Семетейге ичинен кек түйүп калат. Акункан чоң салтанат менен той өткөрүп, Айчүрөк менен Семетейди үйлөндүрүп, Таласка узатат. Радлов жазып алган вариантта Айчүрөк Көкчөнүн уулу Үмөтөйдүн колуктусу болот. Семетей анын өчкөн отту тамызган өлгөн жанды тиргизген керемети бар экенин угуп, Канчоро, Күлчоро менен кеңешип, Айчүрөк отуз кызды кошчу алып, кырк жигитти башчы алып оюн баштап чыкканда ала качып алат. Бул башка варианттардагы Семетейдин, Көкчөнүн уулу Үмөтөйдүн колуктусу Чачыкейди тартып алып үйлөнгөнүн эске түшүрөт (Бул вариантта Карычал кызы Чачыкей Күлчоронун аялы деп сүрөттөлөт). Радлов жазып алган вариантта Семетейдин Толтой, Чынкожо менен урушу жок, бирок, Канчоро Толтойдун аты Суркоёнду Күлчорого берип койгону үчүн Семетейди кектеп жүргөнү эскерилгенге караганда бул эпизод ошол учурда деле кеңири белгилүү болгон. Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, Багыш Сазановдун вариантында Айчүрөктү Толтойдун жардамы менен Чынкожо өзү алмак болот. Багыш Сазановдун вариантында катуу жамгыр жаадырганда Чынкожонун жыгачтан жасалган канаттуу атынын тетиктерине суу толуп, канаты тоңуп уча албай калганда Күлчоро атып түшүрүп, карагайдан жасалган денесин балта менен жарып өлтүрөт.

www.bizdin.kg

Семетей Коңурбайдан атасы Манастын кунун куушу. Семетей Айчүрөктү алып Таласка келгенден кийин, күндөрдүн биринде түшүнөн чочуп ойгонду. Добулбасты урганда жылкыда жүрүшкөн Канчоро менен Күлчоро бир жактан жоо келип калганбы дешип чочушуп Семетейдин үстүнө жетип келишти. Бакай, Канықей баш болгон жакындарын жыйнаган Семетей: «Белди бекем буусак дейм, Бээжиндеги калчадан атамдын кунун куусак дейм», — деп кеңеш салды. Бакай «Быйыл жаңы үйлөнүп канды бут болуп калдың, келерки жылга чейин тынч эс алып, каныңды толтуруп анан бар» деди. Канықей Бээжинди багынтыш оңой эместигин, кол жыйып, катуу даярданыш керектигин айтты. Семетей калк кыйналтып, кол жыйнап бүлүк салбай эле эки чоросу менен аттанарын билдирди. Ал айтканынан кайтпасын жакшы билишкен жакындары аны казатка камдашып коштошушту. Бөлөкбай Семетейге атайы арнап жасаган жоо куралдары: айбалта, сырнайза, актинтени тапшырды. Канықей Аколпок, Кандагайды кийгизди, Бакай, Күлчоро, Канчорого да арнап жасаган соот-чопкут кийимдерди берди. Чыйырды Канықейлерден бата алышып Семетей, Бакай, Күлчоро, Канчоро жолго чыгышты. Баатырлар жолго чыгышканда Айчүрөк Семетейдин чылбырына чырмалып, Бээжин алдыра койчу жер эмес, барба деп асылды. Семетей «Жети күндүн бири өлүм, ажал жетсе үйдө жатып да адам өлөт, Казат жолу улуу жол, катын жол тоскону оңобу? — деп чылбырын коё бербей турган Айчүрөктү булдурсун менен капталга тартып жиберип жөнөп кетти. Эти ачынган Айчүрөк: «Барба десем болбойсуң, барганыңдан келбей кал, базар үйүң көрбөй кал», — деп каргап калды. Таластан чыгышкан Семетейлер Суусамыр ылдый түшүшүп, Ысык-Көлгө жетишти. Ысык-Көлдүн аркы башындагы Кызыл-Кыяга жакын, жер ортосу Боз-Дөбөгө өргүү кылышмак болушту. Бакай чоролорго аттарды чидер салып баймактап, сак болгула, кытайдын чек кайтарган баатыры Мурадыл алып кетпесин, — деди. Чоролор Бакайдын кебине анча маани беришпей, чатыраш ойноп даңсалып, жатып калышты. Мурадылдын угар кулак, көрөр көз жөө желдети жер чалып жүрүп, Семетейлердин келгенин көрүп, Мурадылга айтып барды. Артык жайчы Мурадыл күндү жайлап, мөндүр, кар жаадырып катуу суук түшүрдү. Бакайдын Көктулпары, Семетейдин Тайбуурулунан башка он төрт ат суукка чыдабай ноктолорун үзүп бошонуп кеткенде Мурадыл чаар жонго жашырып, Үч-Кашканы ашырып, Сары-Жазды бастырып алып кетти. Эртеси күн ачылып, чоролор аттардын жоголгонун билишип, кайгырды. Семетей көп жерлерди кыдырып аттардын кайда кеткенин таба албады. Атсыз калган чоролорду жетелесе баспады, учкаштырса батпады. Айлалары кеткен чоролор Кичи-Жылдыз ары жагы Чоң-Жылдыздын бери жагына оорукка калышып, Семетей менен Бакай чалгынга кетишти.

www.bizdin.kg



Алар Буурул-Түн, Тешик-Ташты басып өтүшүп, ары жагын кытайлар Тыңша дейт экен, ошонун бери жагында Коңурбайдын кароолчу түлкүсү жаткан белге келишти. Мурда Чоң казат мезгилинде Алмамбет, Сыргак да чалгын чалып, белде жаткан кароолчу түлкүнү өлтүрүшкөндө жаңы тууган бачиги аман калыптыр, ал чоңоюп энесинин ордуна кароолчу экен. Бакай жетелей жүргөн Кумайыкка ал түлкүнү тиштетип алып, андан нары жол жүрүштү. Коңурбайдын дагы бир кароолчусу Куу кулжа жаткан белге келишип оттоп чыккан аны көрүштү. Жарым бута жерден көрүнгөндө Семетей Аккелте менен атып тийгизе албай калды. Ачуусу келген Бакай анын колунан мылтыкты жулуп алып, Кулжа белди ашып кутулуп кетеринде атып өлтүрдү. Ал жерден чыгышып, дагы алты күн жол жүрүшкөндө Ит-Ичпестин көлүнө жетишти. Коңурбайдын дагы бир кароолчусу Куу өрдөк ушул жерде экен. Аны алдырыш үчүн Бакай Семетейди: Акшумкарды ашыкпай сал деди. Семетей шумкарды катуу шилтеп салганда ал ташка тийип эси ооп калды. Кыйладан кийин эсине келип, өрдөктүн артынан кууп кетип, Карыкандын тагына жетип кабар бererде илип кайтты. Коңурбайдын укмуштуу кароолчуларын колго түшүрүп көңүлдөрү тынган Семетей менен Бакай өргүү кылып эс алышты. Эртеси Бакай ошол жерде калып, Семетей чалгынга чыкты. Бакай жылкычы башы Карагулга алдатпай сак бол деп ага дайындады. Карагулдун жылкычыларынын ичинде эң жашы Бозбала эле. Ал эртең менен турганда түндө түш көргөнүн, түшүндө Семетей келгенин айтты. Карагул калп айтасың деп каардайып, аны сабатып, камап салды. Ошол учурда жер чалып чыккан Коңурбай жылкычыларга келип, туш-туштан баарын кыдырдым, бардыгы тынч, сырттан келген жоо жок, чек кайтарган кароолчуларым түлкүм, өрдөгүм, кулжам аман жатат. Алгараны көп минип арытып-ачырып алдым, жылкыга кошуп семиртип алайын. Манастын уулу Семетейден кообум бар, сак бол келип калбасын деп, Алгараны жылкыга кошуп, өзү көк жоргону минип жолуна түштү. Коңурбай кеткенден кийин Карагул жылкычыларын чогултуп бүгүн чагандын күнү майрам, сексен бээ союп тамаша кургула деди. Алар арак ичип, бий бийлешип, эч капарсыз жатканда Семетей барды да жылкычылардын баарын кырып, төрдө олтурган Карагулдун төшүнө минип, сакал-мурутун жулду. Амалдуу Карагул: «Сен Манастын уулу Семетейсиңби? Мен сенин тууганың

www.bizdin.kg
Байболдун баласы Жоодур болом. Атам кытайлар Каракандын сегиз уулун туш-тушка таратканда кытайга келген, ошол боюнча элге кете албай жүрөбүз. Мен сени келет го дегем, эчактан бери күтүп жүргөмүн, — деди. Ала көөдөн Семетей ага ишенип, сабап койгону үчүн кечирим сурады. Коңурбайдын жылкыларынан мингидей күлүк тандап бер, — деди. Ал Коңурбайдын Алгарасы ушул деп Кыйдыкара атты Семетейге көрсөттү. Семетей Тайбуурулду агытып, жылкыга коё берди да ээрин Кыйдыкара атка токуп, аны минди. Тайбуурул жылкыны баштап, Күрпүлдөктүн Сары-Суусунун аркы өйүзүнө өттү. Семетей жылкынын артынан кечмек болгондо астындагы Кыйдыкара суу ортосуна жыгылды. Атынан ажыраган Семетей суудан агып олтуруп, дөмөрчөгө келип токтоп, Тайбуурулду чакырды. Семетейдин үнүн укkан ал келип куйругун карматып, аны жээкке чыгарды. Коңурбайдын Алгарасын өзү минген Карагул жылкысына барып сайкүлүктөрүн бөлүп алып Кыр-Кайыңдын оюна жашырып коюп, суу ичинен өлтүрмөк болуп, Семетейге келди да, суудан жаңы чыгып эси оогон аны укурук менен чокуга тартып жиберип качып жөнөдү. Тайбуурулга жайдак секирип минген Семетей Карагулду кууп жүрүп олтуруп, Коңурбайдын дарбазасына жакындаганда, атын куйруктан алып сүйрөп жөнөдү. Карагул Алгараны камчы менен чапканда ал алга умутулуп, куйругу чычаңынан үзүлдү. Күндү жайлап, туман түшүрүп, араң кутулган Карагул Коңурбайга кабар жеткирди. Алгаранын үзүлгөн куйругуна алтындан жасалма куйрук таккан Коңурбай жылкысын ажыратып алганы Семетейге жөнөдү. Сайкүлүктөрдүн Карагул бөлүп барып катып коюп, чабал-чубал жылкыларды айдап барган Семетейге

Бакай капа болду. Жылкынын бир жагын Бакай айдап, асты жагын Семетей айдап келе жатып, Семетей Коңурбай келип калат деп кооп санап койбой ат үстүндө таш өбөк салып, уйкуга кирди. Арттан аңдып келген Семетейди уктап жатканын көрүп атынан түшүп чынарга байлап, өзү кара ташка жашынып, очогорун октоп атууга белендеди. Семетейди алыстан мээлеп, телегейи тең келген баатыр экенин көрүп, көпкө чейин атууга колу барбай турду. Акырында душмандын баласы эл болбосун ойлоп, атууга мажбур болду. Очогордун үнү күр эткенде Тайбуурул жалт берип, огу калпысыраак тийди. Аттан кулап түшкөн Семетейдин башын кескени барган Коңурбай аны өлтүрүүгө колу барбай турду. Аттарын Мурадылга алдырып ай талаада жөө калган Күлчоро, Семетей айдап келген жылкынын ичинен Көкчөнүн Көгаласын кармап минди (Көгала Чоң казатта Көкчө курман болгондо кытайдын колуна түшүп кетип Коңурбайдын жылкысында экен). Көгаланы минген Күлчоро эки жагына абай салса Коңурбай Семетейдин башын алууга камынып жатыптыр. Кайыңдын түбү менен жулуп чокмор кылган Күлчоро аны качырып келип чокусуна чаап айласын кетирди. Күлчородон качкан Коңурбайдын Алгарасы Көгалага жеткирбей кутулуп кетти. Күлчоро Семетейге кайтып келип, Канықей берген эбеп, себеп деген дарыны күл азыкка кошуп сууга эзип ичирди. Семетей эс алды. Бакай келип: «Манас мындай жараттарга бой берчү эмес», — деп Семетейди кайраттандырып, жылкыны элге айдап жеткирип, быйыл сергип алып эмдиги жылы кун кууйлу деп кеңеш айтты. Баатырлар жылкыны айдап келе жатышса Кырымдын уулу Мурадыл мурун колго түшүрүп алган он төрт атты — Коңурбайга тартууга алып жөнөп калган экен. Семетей, Күлчоро, Канчоро үчөө Мурадыл менен беттешкени кетип, Бакай жылкыда калды. Мурадыл кокус жашынып качып Бээжинге кабар бербесин деп шек санаган Бакай жолду абайлап келе жатса Мурадылдын жөө желдети чын эле кабарга жөнөп калыптыр. Анын жолун тосо чыккан Бакай беттешип башын кесип, ал минип бараткан, колго түшүп кеткен он төрт аттын бири, Абыкенин Көктелкисин коштоп алып кармаш майданына келсе, Күлчоро минген Көгала чарчап калган экен, ага берди. Төрт баатыр Мурадылдын колун бүтүн кырып, Семетей анын өзүн кулата сайып, Күлчоро башын кесип кетти. Жоону жеңип, эс алып жатышканда уруштун кызуусу

www.bizdin.kg
менен Семетей Коңурбай аткан жарасын унутуп калыптыр, эми кайра ооруп чыкты. Семетейдин оорусу жакшы болбой кыйнала бергенде Бакай Күлчорону ок аттап берсин деп Таластагы Айчүрөккө жиберди. Күндөп-түндөп жол жүргөн Күлчоро күн кылкылдап батканда, элдин асты жатканда Айчүрөктүн сарайына келип түшүп, ага болгон акыбалды айтты. Айчүрөк ак куу болуп учуп жаралуу Семетейге келди. Семетейден бөлөк жан этегин ачпаган, кең көйнөктүн тазасы, ургаачынын паашасы Айчүрөк Семетейди аттаганда анын жарасындагы ок түшүп калды. Каныкей Күлчородон берип жиберген дарыларды бергенде Семетейдин жараты бүтүп, кадимки абалына келди. Айчүрөктү кайра Таласка жиберишип, төрт баатыр кытайдан кандай кабар болор экен деп кайгуулга чыгып жол карап калышты. Алоокенин Коңурбай каарданып, колун чогултуп Мурадылдын өчүн алганы Таласка жөнөдү. Уйкудан чочуп ойгонгон Бакай Кароол-Ташына чыгып караса, оргуп-оргуп чаң чыгып, Коңурбайдын калың колу каптап келе жатат. Ал чоролорду чакырып душмандын жолун тосуп чыгышты. Жекеге Күлчоро чыгып, Түктүү камандын баласы Токшукер менен сайышып аны жеңди. Кызыл камчы Шыпшайдардын уулу Орокбаш жекеге чыкты эле аны да жайлады. Орокбаш өлгөндө көп колун каптатып жиберди. Бакай майданга чыгып Күлчорого жардамга келди. Семетей Коңурбайга жекеге чыгып, кезегин берди. Коңурбай качырып келип сайган найзасын ал кенебеди, өз кезеги келгенде Коңурбайды сайды эле, анын эки кабыргасы быркырап, качып кутулду да алтымыш күн дарыланып күч жыйнады.



Алтымыш күндөн кийин кайра колун жыйнап кыргыз менен аргынды чаап алганы жөнөдү. Семетей кытайдан тийип келген жылкысынан жалгыз тайын да калтырбай бөлүп берип, эли жыргап жаткан эле. Карыя Бакай Жамгырчыны чакырып, Манастын уулу Семетей атасынын кунун кууйм деп Бээжиндиктерге катылдык, бейпайга минтип чатылдык, кол курап камынбасак Коңурбай быйыл бизди соо кылбайт деди. Ал эштектердин колун чогултту. Сарыкан Сары-Өзөнгө жер чалып барып Коңурбайдын колу каптап келе жатканын көрүп, Бакайга айтып келди. Семетей, Күлчоро, Канчоро, Сарыкан, анын баласы Калык, Бакайдын уулу Байтайлак, Жамгырчы эли эштектердин колу жоону тосо чыкты. Кытайлардан Кара-Жагал Борончу менен Ороңгу элчиге келип, салышсаңар, салышкыла, эгер корксоңор Бакайдын Көкчологун, Семетейдин Тайбуурулун баш кылып, Семетей кытайдан тийип келген жылкыны бергиле деп талап кылды. Күлчоронун муну укканда каары келип, элчилердин башын кесип салды. Коңурбай колун каптатты. Кыргыз баатырлары да тартынбай кол салып, душмандардын көп жоокерлерин жок кылышты. Жекеге Канчоро менен Карагул чыгып, найзалашып, андан айла болбогондо башка куралдарын колдонушту. Канчоро чоюн баш менен Карагулду жанчып, кылычтап башын алды. Карагул өлгөндө Нескара калың колду каптатып, Канчорону тирүү байлап алгыла деп буюрду. Канчорого Күлчоро жардамга барып душманга байлатпай ажыратып чыкты. Кыргыз баатырлары кытайдын кыйласын кырып жибергенде Манжу каны Нескара, тыргооттун каны Ороңгу биригип күндү жайлап жайдын күнүн кыш кылып, малдарды суукка тоңдуруп кырды, кытай колу кыргызды Таласка айдап кирип, ичерине суу бербей, кырк бир күн сасык камал кылды. Бакай, Жамгырчы баш болуп, кеңеш курушуп, Күлчорону чалгынга жибериштн. Күлчоро байкап караса Коңурбай элинин көптүгүнө салып өзөндүн суусун тостуруп, Түктаман баш болгон токсон балбанга кайтартып салыптыр. Ал Түктаманды кангурлуктун канымын деп алдап жакын келди. Кытайлыктын

www.bizdin.kg
салты боюнча канды көргөндө букарасы келинче жүгүнгөн адаты бар эле, Түктаман ошол салт боюнча жүгүнгөндө Күлчоро шарт башын кесип, кийимин кийип, токсон балбанга барып Коңурбай кыргыздарды багындырган экен, олжо алууга чакырып жатат деп аларды да алдап жайлады. Коңурбай сууну буруп көл кылган тосмону бузуп, кытайдын колун каптатты эле, сууга агып көп адам кырылды. Буга каары келген Коңурбай колун кайрадан кыргыздарга каршы кыстап айдап ортодо көп кан төгүлүү, кайра-кайра беттешүүлөр болду.

Бет алышып турушуп,
Бек кыргын болуп урушуп,
Найза сынып, тоо түшүп,
Адам өлүп, боо түшүп,
Сезбей серпиш салышып,
Кытай, кыргыз кыжылдап,
Камалышып турушуп,
Эрендер качпай урушуп,
Жер көрүнбөй чаң болуп,
Эр былчыйып нан болуп,
Эсеби жок чоң жаңжал
Эрен Калча чоң балбан
Каканды айдап каптатып,
Түз киришип алышып,
Түгөнүшө салышып,
Эрен өлүп, кан өлүп,
Кез келгендин баары өлүп,
Таш сайынган таза өлүп,
Күрмө кийген күчтүү өлүп,
Найзакерден ыктуу өлүп,
Эренден мынча мыктуу өлүп
Алышкан жери коо болуп,
Адам өлүп тоо болуп,
Чапчышкан жери коо болуп,
Ат өлүгү тоо болуп,
Жаңжалды адам биле албай,
Кол кырылып өлгөн жер,
Ат булкучтап жүрө албай,
Эки чоро — эр болуп,
Эр Семетей шер болуп,
Айгайлатып кытайды
Кайра тийди сапырып (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 247).

Туут качтылап кытайлар кача баштады, калың колу бузулган Коңурбай да аргасыздан Каканды көздөй качты. «Керишип кекти алганга кыргыздын колу аз экен, кытай-калмак чөптөн көп экен, Коңурбайды эбин таап жок кылбасак болбойт» — деди Семетей Күлчорого. Күлчоро Тайбуурулду минип, Аколпокту кийип, Аккелтени асынып, Коңурбайга арачылыкка жөнөдү. Көп колунан айрылган Коңурбай да Семетей атасы Манастан өткөн эр экен чарпышып чама жетпеди, эбин кантип табабыз, элин кантип кырабыз, колдун көбүн кырдырып, Каканга кантип барабыз? — деп кеңеш салды. Нескара арага элчи салып элдешели, Манастын кунун берели — деди эле. Коңурбай намыстанып ал акылга макул болбоду. Аңгыча Күлчоро кытайдын чек арасындагы айры белеске келип токтоду. Кытайлар анын келбетин көрүп таң калышып, кимдигин билип келүүгө сынчылыгы күчтүү Нескараны жибериштри. Нескара Күлчорону алысыраак туруп

www.bizdin.kg
сынап, сынына толтуруп, өзү батынып ага кол сала албай качып келди. Анын артынан удаа келген Күлчорону кытайлар дүргүп тосушту. «Түп атабыз бир киши — Чылаба экен. Кыргыздан сизге атайы качып келдим, тууган кылып алыңыз деди Күлчоро Коңурбайга. Коңурбай Күлчоронун жүйө менен айткан сөздөрүнө ынанып, аны өз санап, Семетей менен элдешсем деген сырын айтты. Күлчоро арага түшүп берүүгө макул болуп, Коңурбайга ээрчитип келгени Семетейге жөнөдү. Күлчоронун кеңеши боюнча Бакай, Сарыкан, Семетей, Канчоро аттан түшүшүп, Чоң-Каркырадагы Каралды-Дөбөгө келип олтурушту. Арага жүргөн Күлчоро Коңурбай менен Нескаранын аттары Алгара, Чоңкүрөңдү алысыраак байлатып, өздөрүн жөө Семетейлер олтурган дөбөгө ээрчитип жөнөдү. Алгарадан алыстап басып барганда Коңурбай Күлчородон шек санап, артына тартмак болду. Күлчоро «бас, аба» деп аны согончоктой бастырып шаштырды. Коңурбай кайра тартып булкунуп, элин атка мингиле деп буюрду. Ачуусу келген Күлчоро айбалта менен аны шилиге тартып жиберди. Ал кулап түшкөндө Нескараны да Зулпукор менен бир салды, анын денесинен башы бөлүнүп түштү. Дөңдө олтурган Семетей жөө чуркап жетип келип, өлөр-өлбөс жан менен жаткан Коңурбайдын башын кесип алды. Нескаранын Коңурбайдын кунун кууйлу деп кытай колу боз ала желек туу болуп, бой-бойлогон чуу болуп жабылып киргенде кыргыздар да жан аябай салгылашты. Маңдай-тескей турушуп, мылтык атып, жаа тартып былчылдашып урушуп, кан төгүлүп, эр өлүп бузук согуш болду. Арстан көкжал Семетей эки чоросу менен жоонун туу ортосун бузуп кыра баштады. Кытайдын кара курттай сансыз колу Коңурбайды бел тутуп келишкен эле, эми кайрат кыла алышпай качып жөнөштү. Ошентип кыргыз колу бөксө жол менен кытайды желбегендей кылышты, кан доолашып кыргызга келбегендей кылышты, кун кубалап Таласты көрбөгөндөй кылышты, Мунарык тарткан Чоң-Бээжинге чейин сүрүп жеткиришти. Радлов жазып алган вариантта бул эпизод жазылбаган. Ал эми Молдобасан Мусулманкуловдун варианты, ТМВ, Багыш Сазановдун вариантында бир катар майда эпизоддор, мотивдер, деталдар Саякбай Каралаевдин вариантынан айырмачылыктарга ээ. Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Семетей отуз жашка келип, аскери кырк миң болуп, Манастын кунун кууп Бээжинге барууну ой кылат да: «Он сегиз менен кырк экинин ортосундагы адамдарынан кол курап жардамга келсин», — деп туш-туштагы кандарга кат жаздырат. Катын молдолоруна окутуп, Бакайдан кеңеш сурайт. Ал кечээ Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак жана башкалар бар чакта Бээжинге казат кылганбыз. Тогуз айлык жолу бар Бээжин оңой жер эмес, Коңурбай оңой жоо эмес. Эки чороң жаш, элдин баары сага кас, Манастын чагындай чама жок, тилимди алсаң барба. Эр Манастын барында бир атанын уулундай, бир бээнин кулунундай болуп ынтымак менен барып Бээжинди алганбыз, эми элиңдин баары чогулуп айтканыңдай жүрөбү?» — деди. Айтканынан кайтпаган Семетей туш-тушка кабар жибергенде Бараңдын каны Балтамат («Канаттуу атты мингени, канча аскерди билгени») Кырымдын Кантемир, Букардын каны Шамурат, Эштектердин Жамгырчы, Урумдун каны Сейдалы, Көкчөнүн уулу Үмөтай, кара жаак эр Үрбү болуп токсон түмөн кол менен жөнөшөт. Токсон күн жол жүрүшүп, Күрпүлдөктүн суусун кечип өтүшүп кытайдын чеги Дабаншанга жетишет. Бакай адамдын тилин билүүчү Коңурбайдын кабарчы жандыктарын жок кылалы дегенине Семетей: «Өрдөктөн киши коркобу? Чалгын чалбай эле барам, Далдаланып баргыдай ууру эмесмин», — деди. Кол дагы жыйырма күн жол жүрүп Тал-Чокуга токтойт. Сыйкырдуу жаныбарлары Куу өрдөк менен кулжа кабар жеткирген Коңурбай көп кол менен урушка чыгат. Топуракка көмүлүп, аккан канга чөмүлүп, андан-мындан сороңдоп тирүү пенде көрүнүп, катуу кыргын болду. Салгылашта Семетей эки чоросу менен, канаттуу ат минип асмандап уруш салган Бараңдын каны Балтамат эрдик

www.bizdin.kg
көрсөтүштү. Үч ай согушкандан кийин кытайлар жеңилип, кача баштады. Коңурбай элдешүү үчүн элчи жиберет. Кытайдан төрт, кыргыздан төрт калыс чыгып, Коңурбай менен Семетейди элдештирмек болушуп алардын куралдарын таштаттырып ортого алып келип жөөлөштүрөт. Күлчоро Тайбуурулду, Карагул Алгараны коштошуп, эки колдун арасында бастырып турушат да, бирин-бири кул деп кемсинтишип чабыша кетишет, калыстар арачалайт. Күлчоро колуна зулпукорду алып, Суркоён менен Коңурбайды качырып башын алат. Карагул күндү бүркөлтүп, Алгара менен Тору айгырды ала качат. Семетейге Канчоро Тайбуурулду мингизип кайрадан уруш башталып, кытайлар жеңилип, кыргыздар көп олжо менен жерине жөнөшөт. Семетей чоролору менен жайма-жай колдун арт жагында келе жатканда астынан жашынып тосуп турган Карагул атып качат. Артынан Канчоро менен Күлчоро кууп барып аны өлтүрүп кайтышат. Айчүрөк аттап, Семетейдин жаратындагы ок түшүп, ал айыгат. Элине келип тынч жашап балалуу болуп атын Сейтек коёт. Багыш Сазановдун вариантында Семетей атасынын кунун кууш үчүн жакын санаалаш кандарга кабар жиберет.



Кол Талгардын жайык оюна чогулат. Кошой, Үрбү, Төштүктүн колу келет, Кыргыз колу Бээжинди камайт. Кытай колу менен кыргыз колу көп сапар беттешет. Күлчоро, Канчоро, Төштүктүн уулу Суркоёндор эрдик көрсөтүшөт. Күлчоро менен Коңурбай биринбири жарадар кылышып, дарыланып айыгышат. Коңурбай аткан октон Семетей Айчүрөктүн жардамы менен айыгып, кийинки бир беттешүүдө Коңурбайды аттан кулата саят, артынан жүргөн көзөмөлчү Күлчоро жой болот менен башын алды. Коңурбай өлгөндө Эсенкан Кангайга кабар берип кол чогултту. Дагы көптөгөн беттешүүлөр болду. Бир жолку беттешүүдө кытайдын темир торчондору Семетейди торго түшүрүштү. Семетей башын чулгаган торду кылыч менен кесип сыртка чыкканда, Нескара анын атын куйруктан кармап коё бербей турду. Күлчоро Нескаранын башын алып Семетейди куткарды. Нескара өлгөндө Эсенкан капкасынын оозун жаптырып, коргошун уютуп куйдуруп бекиттирди. Эсенкандын капкасын буза албай кыргыз колу жерине кайтты. ТМВ жогорку эки вариантка сюжет жагынан жакын. Айрым айырмачылыктар булар кун кууган Манастын кырк чоросунун ар биринин уулдары Семетейге чоро болуп катышат. Коңурбайдын чек кайтарган сыйкырдуу Куу өрдөгүнүн эти мүрөктүн суусуна тете касиетке ээ болот. Анын этин жеген Бакай, Канықей өлбөй ушул убакка чейин тирүү жүрөт имиш. Байкатпай Таласты басып кирген Коңурбай Тайбуурулду колго түшүрүп алат. Күлчоро кытайдын суу кайтарткан кароолун өлтүрүп, анын кейпинде Коңурбайдын чайчысы болуп Тайбуурулду куткартып Семетейге жеткирет. Урушта теңдеше албаган Коңурбай менен Нескара Семетейге достошкону элчиликке келишет. Эки жак сүйлөшүп жатканда Күлчоро ары-бери бастырып турат. Ошол учурда Тайбуурул Алгараны тээп жиберет. Ага ичи ачышкан Коңурбай Семетейге: «Тетиги кулуңду тыйсаңчы, аялуу ат майып болуп калса эмне болот, кул кутурса кузгунга жем» — дейт. Коңурбайдын кордоосуна ызаланган Күлчоро анын жана Нескаранын башын кылыч менен шыпыра чабат.

www.bizdin.kg

Семетей менен Үмөтөйдүн чатагы. Сары-Арканы жердеген Көкчөнүн уулу Үмөтөй Семетей Манастын кунун кууп келгенин угуп, аны эс алып каны толгуча, төбөсүнөн басууга элин чогултат. Атамды атасы Бээжинге зордоп алып барып өлтүргөн, ошонун өчүн алам дейт. Эл анын айтканын туура көрүшпөй, Семетейден кытайча кирип кантип кун доолайбыз. Манас Көкчөнү өлтүргүлө деп кармап бериптирби? Кабарчы өлгөн, кан өлгөн, кармашкан жандын баары өлгөн. Өнбөс жерден доо доолап өлүп калар бекенбиз? — дешет. Көкчөнүн зайыбы Акеркеч Канықей менен эже-сиңди экен. Ал Үмөтөйдүн ээликкенин көрүп, карын бөлөңө каршы чыкпай, кайра ынтымакта болсо тышкы жоо батынып, кире алгыс бел болорун айтты. Үмөтөй эл-журтунун, энесинин тилин укпай аттанып чыгат. Кароолчулар жоо келгенин сарайында жаткан Семетейге, Күлчорого кабарлайт. Жамгырчынын уулу Шайымбет Коңурбайдан кун кууп келди деп Күлчорого карындашы Акбаланы берип, эл жыргап жаткан кез эле. Акбаланын койнунда жаткан Күлчоро жоо келди деген кабарды угуп шашып-бушуп жарагын алып: «Бузулуп кетти көргөн түш, бир күнү тыным болбогон, аңдышып душман койбогон, о, ботом ушундай экен биздин иш» — деп, келген жоонун алдына барат. Алардын кимдигин сурап билип» Ак тулпардай сүрөөндөш, ак буудайдай үрөөндөш — бөлөсүң, туугандыкты бузбайлы», — дейт. Үмөтөй жай айткан акылга көнбөй Манас Чөң казатка алып барып өлтүрткөн атам Көкчөнүн кунуна Тайбуурулга алтынзар жүктөп жана «кара көзүң сатуу кыл, мага кан Бакай башын тартуу кыл», — дейт. Күлчоро элдешели деп канча айтса да ала көөдөн Үмөтөй көнбөдү. Опурулган немеге каарым келип окус кылып койсом Канықей, Семетей нааразы болот, аларга кеңешейин деп Күлчоро кайра кайтты. Канықей: «Акеркечтин каргышы жаман катуу, кан төгүшпөй элдешкиле», — деди. Семетей: «Сөзгө келсе келсин, келбесе жайлап сал», — дейт. Күлчоро Үмөтөйгө кайра келип элдешели деп асылганына болбой ага кол салып кирди. Күлчоро казактардын сезин алып беш-алтоосун жыга сайды, алар бизде күнөө жок деп кечирим сурашат. Аларга кечирим кылып Үмөтөйдү туткундап Семетейге алып барат. Бакай, Канықей арачалап калгыча Семетей Үмөтөйдүн башын желдеттерге алдырат. Семетей жакындары менен кеңешип:

Кең Сары-Арка, Ала-Тоо
Этектеш жаткан жер эле.
Казак-кыргыз кайран журт,
Койлору бирге короолош,
Аштары бирге жоролош,
Айылдаш жаткан эл эле.
Айткан сөзгө көнөлү.
Чатакташпай, чырлашпай
Үмөтөй кунун берели (Саякбай Каралаев, Семетей, 2.278), — дешип Тайбуурулга Үмөтөй сөөгүн жүктөп, көп дүйнө тартуу менен казак колун узатат. Күлчоро Тайбуурулдун тартууга кеткенине катуу өкүнөт. Радлов жазып алган вариантта Семетей Көкчөнүн уулу Үмөтөйдүн колуктусу Айчүрөктү аял кылып алгандан кийин жылкыда жүргөн Күлчоро Канчорого: «Мен калмакка барып согумга кой алып келейин, сен жылкыны көздө» деди. Жылкыда калган Канчоро уктап калганда Көкчөнүн уулу Үмөтөй желпилдеген туу менен, жер майышкан кол менен келип, такалуудан тай койбой, тамгалуудан ат койбой тийип кетти. Калмактан кайткан Күлчоро жылкы тийген жоонун артынан барып, карагай найза жапырып, Манастап ураан чакырып, качырып топту жарып кирип, Тайбуурулду коштоп алган кишини ыргыта сайып, чылбырын колунан жулуп алып кайра качып кутулду. Канчорого келип Тайбуурулду Семетейге жеткиргин деп тапшырып, өзү жоону токтотуп туруш үчүн кетти. Канчоро жеткирген Тайбуурулду минген Семетей майдан талаасына келгенде жоо менен жети күн

www.bizdin.kg
кармашып нечен кыргын кылган Күлчоронун аты Көкчебич чөп чалып, суу жутпаганга чарчап баспай калыптыр, ал атын эс алдырганы кетти, Семетей жоого кирди. Ал эңкейиште эр сайып экини катар бир сайып жоону кубалады. Астындагы Тайбуурулдун боору толо казы, мойну толо жал экен кара тер басып баса албай калды. Үмөтөй качырганда айласы кетти. Күлчоро Көкчебичке чөп чалдырып, суу ичирип тыныктырып алыптыр, аны жайдак минип, найза менен Үмөтөйдү ыргыта сайып колго түшүрдү. Семетей, Канчоро, Күлчоро үчөө бириккенде жоо туруштук бере албай сүрүлдү. Үйгө келишип тынчышкандан кийин Семетей туткундагы Үмөтөйгө Күлчорону жиберди. «Ал таяке мен жээн элем, мен алып келген колуктусун кайра алам десе алсын, жок антпесе атым менен тонум алсын, — деди. Үмөтөй ал алган катынды мен албайм. Аты-тонун берсин, таяке, жээн бололу», — деди. Семетей Тайбуурулду атасы Манастан калган жакасы алтын, жеңи жез, чын бадана торгой көз тонун берди. ТМВ, Молдобасан Мусулманкуловдун вариантында Чачыкей Үмөтөйдүн колуктусу болот. Семетей аткан эки аркарды, Үмөтөйдүн жигиттери ала качканда анын айыбы үчүн Семетей Чачыкейди алат. Бирок бул варианттарда Тайбуурулдун тартууга кеткени айтылбайт. Жакшылык Сарыковдун варианты Үмөтөй Семетей менен дос болуп өз колуктусу Чачыкейди алып берип, анын ордуна Тайбуурул, Аколпокту сурайт. Семетей аларды бербей чатак чыгып, Үмөтөй өлгөндөн кийин кунуна берет. Багыш Сазановдун вариантында Семетей биринчи жолу Үмөтөй менен анын колуктусу Чачыкейди талашып чатакташат. (Бул окуя Семетей Букардан Таласка көчүп келердин астында болуп, Тайбуурулдун кунга кетиши менен байланышы жок), экинчи жолу Коңурбайдан кун кууганга катышкан Үмөтөй төрт миң жылкы олжо алып, казатта өлгөн казактардын куну да төлөнгөн жок деп нааразы болуп чыр чыгарып, каза болот. Семетей жакын адамдарынын каршы болгонуна карабай Тайбуурул менен Аколпокту анын кунуна казактарга берет.

Семетейдин Кыяс менен урушу жана каза болушу. Тайбуурул казактардын колуна барганда Акеркечтин кеңеши боюнча он эки чылбыр катып, чидер салып, кулагына коргошун эритип куюп, төрт бутунун муунуна он эки ийне кагышып караңгы жайга багышат. Акеркеч Кыяска кат жиберип, Семетейге каршы тукурат. Семетейдин атсыз калганын укkан ал аны чабууга камынат. Кадырбай, Төлөнбай деген жөн билги адамдары тыйса болбойт. «Канчородон кат алдым. Семетейге таарынган ал мага болушат» деди. Канчоро Кыястын колун баштап келе жатканын угуп ичинен кубанып, Семетейге келип, Манастын арбагына тайына элекпиз, Түндө түшүмө кирип бизге нааразы болуп жатыптыр, арбактын каарына калгыча тайынып келели деп азгырды. Семетей анын айтканына макул болуп жөнөгөнү жатканда, Айчүрөк жаман түш көргөнүн айтып, барбагын деп жолун торойт. Кое бербей койгондо каары келген Семетей аны булдурсун менен капталга чабат. Жаны ачыган Айчүрөк аны барганыңдан келбе деп каргайт, бирок каргышы ката кетпеген ал өз жоругуна өкүнүп, каргышым кайтсын деп кара сууга түкүрсө, булак соолуйт, ташка түкүрсө таш бырын-чырын болот. Семетей токсон кысыр бээ алып, толуп жаткан төө алып Манастын күмбөзүнө барат. Каныкей Семетейге: «Өкүрүп барсаң күмбөз күңгүрөнөт, анда сени атаң колдоп алганы, эгер күңгүрөнбөсө колдобой калганы, тайынбай кайра бат кел», — дейт. Семетей өкүрүп түшсө күмбөз жооп кылбады, ал жолу болбой калганын түшүнүп, кайгыланып жатып калат. Күлчоро Манастан калган кырк кулактуу жез казанга жетелеп барган токсон бээнин этин салып, от жакса: он эки күнгө чейин бышпай туруп алат. Бул жөнүндө ал Семетейге айтат. Анда ал менден айрыла турган учуруң келгени деп казанды бөлө чабат. Ошол учурда кароолдо турган Канчоро Кыястын келе жатканын кабарлап аны мактап: «кармашкан менен күчүбүз жетпейт, а көрөкчө тартуу тартып, алдына түшүп, эки тизгин, бир чылбыр эми

www.bizdin.kg
колго алгын деп, элди жөнгө салгын деп Таласка кан көтөрүп алалы» дейт. Күлчоро Канчоронун арам оюн ашкерелеп, наалат айтат. Семетей жоо-жарагын жайланып, Нарторуну минип, жооого каршы чыкты. Жедигер колу келип бирок Семетейге кол салбай токтоп турушат. Анткени ал аргын, кыргыз аз журтту бармактууну баткызбай, тырмактууга чектирбей, канаттууга кактырбай, каарлууга чаптырбай багып турган шер эле. Ал жедигерге жамандык кылган эмес. Чынкожо, Толтой өздөрү барып катылышып, каза болушкан. Өзү катылып өлгөн адамдын кунун кууган тууган ичинде туура эмес. Ушуну ойлошуп токтоп калган калың элди Кыяс кыстап согушка салды. Күлчоро жедигердин колуна каршы чыгып, алардын мизин кайтарды. Эл Кыяска качып барып бөөдө кыргын болгуча, Семетей менен жараш деп талап кылышты. Кыяс алардын тилин алмак болгондо бузуку Канчоро: «Эгер силер качсаңар мен кайра Семетейлерге кошулам да баарыңды кырам,» — деп коркутту. «Алты күн тынбай уруш кылсаңар, Семетейдин аты баспай жөө калат, мына ошондо Кыяс барып беттешсе болот», — деди. Айласы кеткен жедигерлер Семетейге кайрадан кол салышты. Жоо менен тынбай салышкан Семетейдин астындагы аты Нартору баспай калды. Күлчоро Семетейге Суркоёнду мингизди. Ал жооого кирди. Аккелтени атса, ок атылбады. Ошондо Сырнайзасын алып Кыясты качырды, астындагы Суркоён баспай туруп алды. Күлчоро Толтойду өлтүргөндө Суркоён жедигерди көздөй качып, Семетей убара болуп узакка кубалап кармайт да ачуусу келген боюнча кулагын кесип, ногойдун оюк энин салат. Суркоён ошону кектеп жүргөн экен, ошондуктан, баспай туруп алды. Ачуусу келген Семетей Суркоёндун башын кесип алды да чабуул койгон жедигерди бучкагына теңебей, Аккаңкыны баштанып, чоң тердикти жазданып, Аколпокту жамынып жатып алды. Жалгыз калган Күлчоро Семетейге келип: «Сенин көзүң өтсө каптап кетчү жоо көп экен, эл айласы не болот» — деп зар ыйлады. Семетей абасы Бакайды ардактап өз колу менен көмбөй калганын, артында карыган энеси калганын жана башкалар айтып арман кылды да, Айчүрөк өзүн-өзү өлтүрбөсүн, боюнда үч айлык күмөн бар, ошону аман өстүрсүн, эл туш-тушка сакчы коюп камдуу жатсын, сыртка сыр чыгарба, кытай келип кыргын кылбасын деп керээз кебин айтты. Жедигер колу кайрадан камап киргенде, жардамга келген Сарыкан аларды сүрүп чыкты. Канчоро аны кантип өлтүрүүнүн жолун Кыяска үйрөттү, бирок коркок ал анын айткайын аткара албады. Сарыкан качкан жоону кубалап, жалгыз ат чубап өтчү Жаңырыктын жар кыяга кептелгенде аңдып жаткан арамза Канчоро анын маңдайындагы жалгыз көзүнө атып өлтүрдү. Күлчоро Сарыкандын сөөгүн Төрт-Күлдүн төмөн жагына жашырып, кайрадан салгылашка чыкты. Ортодо узак салгылаштар болуп, Күлчоронун өзүнө жеке беттешүүдө алы жетпеген жоо астындагы минген аты Актелкини атып өлтүрдү. Атсыз калган Күлчоро жоо менен тең ата болуп салгылаша албай шайманы ооп, жетимиш жерден жара жеп, Эчкиликтин Кара-Зоого барып корголоду. Аты жок, жөлөгөн таянычы жок калган Семетей, ажалы жакындаганын сезип, Аккаңкыны жазданып Аколпокту жамынып кыймылдабай жатып алганда Кыяс өлтүрмөк болуп бир нече жолу камынып сүрүнөн батына албайт. Канчоро катуу кыстаганда аргасыздан макул болуп, Семетейдин артынан келип сайып качат. Семетей Зулпукор менен жаскап калганда этегин эшип, астындагы аты Тооторунун томугунун жарымын жара чапты. Жат эмес, өздөн кордук көргөнүнө, белгилүү баатыр эмес, алсыз Кыястан жарадар болгонуна капа болгон Семетей: «кыдыр алла кудурет, кана алсаң жаным мына», — деп чылгый ичи өрт болуп жатып калды. Аңгыча коктудан шамал табылып, тоо-тоодон туман табылып, жер силкинип бөлүнүп, көктөн көк кашка мөндүр төгүлүп, күн бузулуп, кыш болуп, колго келген жедигер кыңшылаган кыз болуп, караса көзгө илинбей, бу дүнүйө караңгы, кайсы экени билинбей, артык мүшкүл болду. Күндү мына ушундай жайлаган Айчүрөктүн сиңдиси Көкмончок бир жанга көрсөтпөй — Семетейди

www.bizdin.kg
кайып кылып алып кетти, аны менен бирге жаралуу жатканында ит-кушту жолотпой кайтарып турган Акшумкар менен Кумайыкты да кошо ала кетти. Семетейди издеп Күлчоро анын жаткан жеринен, ал аманат таштап кеткен Бозкисени таап, абасын өз колу менен кастарлап көмбөй, анын кайда кеткенин дайнын билбей калганына өкүнүп арман кылды. Канчоро, Кыяс баш болгон жедигерлер Семетейдин казынасын талады, аны кайтарган Бөлөкбайды кырк калчасы менен каршылык кылгандыгы үчүн өлтүрүштү. Олжого тунган жедигерлерди Канчоро: «Күлчорону таап жок кылбасаңар өч алмайын тынбайт, издегиле» — деп буюрду. Жаралуу болуп алы кеткен, мылтыгында ок-дарысы жок Күлчоро Кара-Үңкүрдө корголоп жаткан эле, ага Канчоро жедигерлерди ээрчитип келди. Мылтык атып, жаа тартып каптаган жедигердин колуна Күлчоро жаралуу болсо да бой бербей жакын келгенин кылычтап, алысыраактарын найзалап турду. Айласы кеткен Кыяс: «Күлчоронун сырын жакшы билесиң, өзүң кармап бербесең болбойт» — деп Канчорого кайрылды. Ал жаралуу абалы менен кармашып жатып шайы оогон Күлчорону айбалта менен шилиге чапты. Ачуусу келген Күлчоро Канчорону кылыч менен качырып калганда жедигерлер артынан көптөн келип басып калышып колу, бутун байлап, далысынын кечирин кесишти. Кыяс менен Канчоро мындан кийин Семетейдин Таластагы ордосун чаап, талап, жакын адамдарына кордук көрсөтүп, кулдукка айландырды. Канчоро мурунтан алдыртан сүйлөшүп жүргөн Чачыкейге үйлөнүп, Таласка кан болду. Айчүрөктү Кыяс зордук менен жерине алып кетти. Радлов жазып алган вариантта Семетей жаман түш көрүп, атасынын күмбөзүнө тайынып келүүгө жөнөйт. Айчүрөк астынан тосуп жаман түш көрдүм, бу сапар эмес, кийин бар, болбосо бир байталды аябай, Үмөтөйгө тартуу тартып, Тайбуурулду суратып алып анан бар», — деди. Семетей аны булдурсун менен капталга чаап жөнөп кетет. Айчүрөктөн кабар укkан Канykей да Семетейди токтотууга аракет кылат. Анын да тилин албай күмбөзгө тайынууга барып казанга эт салганда кара кочкул кан чыгып жаман белги берет. Семетей, Күлчоро, Канчоро ал жерден аттанып жөнөшкөндө астыларынан жедигердин колу чыгат. Семетей эки чоросун эки жерден жоону тостуруп, өзү Боз-Сеңирден Кыясты тосот. Анын тосуп жатканын Кыястын Тоотору аты билип ээсине эскертти. Семетей Аккелте менен атканда Тоотору так түйүлүп Кыясты куткарды. Семетей жоону кыра баштаганда астындагы аты Чоңбаш семизинен баса албай калды. Атсыз калган Семетейге Күлчоро өзүнүн минген Көкчебичин берип, үйдү көздөй кач дейт. Семетей сени таштап кете албайм дегенде экөө Көкчебичке учкашып минет. Жаңырыктын жалгыз жолго келгенде экөөнү катар көтөрө албай Көкчебич баспай калат. Душман курчап келгенде Күлчоро Көкчебич менен качып кутулат. Анын астынан чыккан Канчоро Семетейден үч жолу көөнүм калган Кыяска качып кирели дейт. Күлчоро: «Өлсөм шейит, өлтүрсөм казымын, төрөмдөн кантип тирүү каламын», — деп Кыясты качырып ыргыта сайганда Тоотору куткарып кетти. Күлчоро: «Төрөмдү жедигерлер жайлап салса керек, Көкчебичти эс алдырып, анын сөөгүн жанды тиргизген өчкөн отту тамызган Айчүрөккө алып барып тирилтейин», — деди. Канчоро Кыяска барып: «Семетейди кармап берсем эмне жакшылык кыласың? — деди. Ал: «сени кан көтөрүп, Күлчоронун аялы Чачыкейди алып берем» деди, Канчоро Семетейдин артынан барып байлап бергенде, Кыяс айбалта менен арка-моюн арасына бир салып жөнөйт. Канчоронун кеңеши менен кайра келип сөөгүн өрттөдү. Күлчоро жедигер колу менен кармашып, Көкчебич баспай калганда колго түштү. Канчоро Чачыкейди алды, Кыяс Айчүрөктү жерине алып кетти.

Р. Сарыпбеков

«СЕМЕТЕЙДИН» ФОНОЖАЗУУСУ — эпостун эң алгачкы үн жазуусу. Кыргыз элинин тарыхындагы биринчи үн жазууга түшкөн кыргыз сөзү. 1903-ж. сүрөтчү Б. Смирнов Пишпекте Кенже Кара ырчынын аткаруусунда фонографка

www.bizdin.kg
«Семетейден» үзүндү жазып алган. Бул жазуу жөнүндө Б. Смирнов Москвадан 1914-ж. чыккан «Түркстан талааларында» («В степях Туркестана») деген китебинде айтып, фонографка жазылган жазуунун текстинин орусча котормосун берген. Фонографтагы үзүндүнүн тексти менен китепке берилген котормонун ортосунда айырмачылыктар бар. Котормодо окуя Агаяктын тоосунан башталып чалгынга Күлчоро менен Канчоро барып, Айчүрөктү туткундан бошотсо, фонографтагы текст боюнча окуя Олуянын белинен Ак бейиттин Ногой элинен башталат да, чалгынга он эки жашар Күлчоро барып аркы өйүздөгү кыздарга жолугат. Семетей Айчүрөккө үйлөнүп, Үргөнчтө кан болуп туруп дүйнөдөн кайтат. Бул үзүндүдө эпостун башка варианттарында учурабаган жаңы аталыштар, окуянын өнүгүшүндөгү айырмачылыктар «Семетейдин» бизге жетпей калган белгисиз бир вариантынан кабар берет. Фоножазуунун тексти анча чоң эмес. 18—20 мүнөттүк. Жоголгон нерсе катары гана белгилүү болгон бул жазууну Кыргыз ССРинин Борбордук архивинин илимий кызматкери Л. А. Виноградова Москвадагы А. С. Пушкин үйүндөгү орус адабияты институтунун фоноархивинен тапкан. Фоножазуунун көчүрмөсү Кыргыз ССРинин Борбордук архивинин фоно-фото бөлүмүндө сакталып турат.

К. Айдаркулов

«СЕМЕТЕЙ КҮҮ» — Актан Тыныбек уулунун дастан күүсү. «Семетейдин» сабатмалуу обонунун негизинде чыгарган. Анда Семетей баатырдын эрдиги, элине, жерине болгон сүйүүсү, акылмандыгы, адамгерчилиги салтанаттуу марш түрүндөгү кайрыктар сыпатталат.

«СЕМЕТЕЙ МЕНЕН АЙЧҮРӨКТҮН ЖОЛУГУШУ» — орус саякатчы-сүрөтчү Б. В. Смирновдун Кенжекара ырчыдан жазып алган «Семетей» эпосунун негизинде тарткан калем сүрөтүнүн шарттуу аталышы.



Сүрөттө Кенжекара ырчы айлана-чөйрөсүн унутуп, эпикалык каармандардын «башка» дүйнөсүнө аралашып, аларды көрүп тургандай элестүү кылып айтып жатканында, сүрөтчү, ырчынын сөзү ошол эпикалык дүйнөнү көз алдына элестетип, кагаз бетине түшүргөн. Ал тарткан сүрөттөн биз Семетей баатырдын Ак борчук аты менен Үргөнчтөн өтүп, тигил жээкте үй тигип, күтүнүп жаткан Айчүрөккө келип, жолугушуп тургандыгын көрөбүз. Алдыңкы планда жасалгалуу ээр-токум токулган ак боз атка минген Семетей колуна Сырнайза алып, кундуз бөркүн көйкөлтө кийип нары карап турат. Анын келгенине жетине албай, жанаша тигилген эки боз үйдүн биринчисинин түрүлүү эшигинен жаңы гана чуркап чыгып, токтой калган Айчүрөккө Семетей бир нерсе айтып жаткандай. Арткы пландагы боз үйдөн чыгып келе жатып, токтой калган ак элечектүү үч аялдын көрүнүшү, бири-бирин жактырышкан эки жардын сөздөрүнө тоскоол болбос үчүн атайын оолак турушкан Айчүрөктүн курбуларынын образын бергендей болот. В. Б. Смирновдун тарткан бул сүрөтү кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы эпикалык каармандардын образын чагылдырган эң алгачкы сүрөт деп айтууга болот.

www.bizdin.kg

«СЕМЕТЕЙЧИ» — эпостун «Семетей» бөлүмүн гана айткан манасчы, к. *Манасчылар.*

«СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУ — эпостун экинчи бөлүмү. «Манасты» түздөн-түз уланткан бул эпос көп варианттуу, башкача айтканда бүгүнкү күндө жыйырма беш адамдан жазылып алынган ар кандай көлөмдөгү материалдар Кыргыз республикасынын Илимдер академиясынын Кол жазмалар жана жарыялоо бөлүмүндө сакталып турат (С. Каралаев, 925—953-инв. 316157 ыр сап; М. Чокморов, 218,221—223-инв. 71609 ыр сап; Ш. Ырысмендеев, 865—878-инв. 42338 ыр сап; Б. Абдыракманов (Тоголок Молдо), 838—841-инв. 1027 ыр сап; Б. Сазанов, 165 — 175-инв. 67704 ыр сап; Ы. Абдыракманов, 184 — 188-инв. 23584 ыр сап жана башкалар) «С». э. сүрөттөгөн окуяларынын мазмуну катышкан каармандарынын иш-аракети боюнча «Манас» эпосунун генеалогиялык уландысы. «С». э «Манас» бөлүмүнө караганда бизге бир топ жакынкы мезгилди, патриархалдык-феодалдык түзүлүш күч алган учурду чагылдырат. Эпостун негизги өзөгүн түзгөн салттуу окуялар (байыркы дооpлорго таандык көрүнүштөр жана кийинки дооpлорго мүнөздүү айрым элементтер) калыптанганга чейин эволюциялык түрдө өнүгүп, өзгөрүүлөргө учураган. «Манастын» монументалдуулугу ар дайым эле эпосту баштан аяк айтууга мүмкүнчүлүк берген эмес. Тигил же бул эпизоддор угуучулардын талабына ылайык аткарылып, эл арасында дайыма айтылып жүргөн үзүндүлөр жогорку көркөмдүк деңгээлде болсо, айрымдары кыскача мүнөздө баяндалган. Бирок, эл ичинде «С». э-нун сюжети негизинен толук калыптанган. Анын өзөгүн түзгөн салттык туруктуу окуялар: атасы өлгөн жаш баатырдын качып барып таятасынын колунда өсүп, тарбияланышы; эр жеткен соң өз элин таап, атасынын ордун ээлеши; Айчүрөккө үйлөнүшү; атасынын өчүн алышы; Канчоронун кастыгы менен Кыястан жеңилиши. Саналган эпизоддор эпостун бизге белгилүү варианттарында дээрлик учурайт. Ырас, түрдүү варианттарда бул же тигил окуянын алда канча кеңейтилип берилиши (мисалы, Саякбай Каралаевдин вариантында Коңурбайдан кун куу) же схемалык түрдө кыскартылып айтылышы жолугат. Эпостогу башкы салттык туруктуу окуя — баатырдын төрөлүшү жана балалык чагы. Айрым деталдык майда көрүнүштөрдү эсепке албаганда эпизод варианттардын басымдуу көпчүлүгүндө негизинен бирдей. Ал эми айырмачылыкты түзгөн майда деталдар чыгармадагы окуялардын өнүгүшүндө, теманын багытында, идеянын ачылышында анчалык мааниге ээ эмес. Бул эпизод Саякбайдын, Тоголок Молдонун, Акмат Рысменде уулунун варианттарында жана Радлов жазып алган вариантта окшош. Бирок, Радлов жазып алган вариантта Манас өлгөндөн кийин Каныкейди алмакчы болуп Меңдибайды арага салган Абыке, Көбөштөргө Каныкей боюндагы бала кыз төрөлсө тиерин, эркек болсо тийбей тургандыгын билдирет. Демек, бул вариант боюнча Манас өлгөндө Семетей али төрөлө элек. Башка варианттардын баарында (Сагымбайдын «Манасында» да), Семетей Манастын көзү барда эле төрөлөт. Бардык учурда тең Абыке, Көбөштүн Каныкейди талап алышы, Семетейдин таятасынын үйүндө чоңоюшу баяндалат. Эпостун түшүнүгүндө атасынын көзү тирүүсүндө төрөлүп, өтө жаш жетим калган бала менен али курсакта калган баланын принципиалдуу айырмасы жок. Бийлик үчүн аёосуз күрөш жүргөн феодалдык уруу түзүлүшүнүн учурунда андай балдардын экөөнүн тең өмүрүнө зор коркунучтун болушу адаттагы көрүнүш. Болгону — мурасчы балага уруулаш-туугандарына — анын атасынын мурасына акысы бар адамдарга караганда, энесинин төркүнү тарап алда канча жакын. Анткени, алардын балага туугандык байланышы болуу менен бирге алар калыс, мураска кызыкчылыктары жок, тескерисинче, салт боюнча баланын эр жетишине көмөктөшүп, энчи берип

www.bizdin.kg
жардамдашууга, ал турмак керек болсо үйлөндүрүүгө милдеттүү. Ошон үчүн алар жетимдин атадан калган мурасына көз артпайт, кайра ошол мурастын баланын өзүнө тийишине тилектеш. «С» э. чагылдырган тарыхый шарттын талабы ушундай. Кыскасы, «С» э-нда негизинен патриархалдык-феодалдык доордун типтүү салттары реалдуу мүнөздө чагылдырылып, түшүнүк, көз караштардын калдыктары, образдардын ичиндеги байыркылары (жөө жомоктук, мифологиялык-фантастикалык) да орун алган. Элдин эски учурлардагы көз караш, адат-салтынан кабар берген элементтер менен бирге кийинки түшүнүктөр бар. Албетте, мындан улам эпос чагылдырылган доорду белгилөө мүмкүн эмес экен деген корутунду чыгарууга, же эпостун мазмунунда кандай учурлардын изи сакталса чыгарма чагылдырган мезгил деп ошолордун баарын эсептөө зарыл дешке болбойт. Эпостогу чагылдырылган негизги өзөк окуялар жаралган учур ошол чыгармадагы доор катары эсептелет. Ал башкы өзөккө түрдүү учурларда, түрдүү себептер менен кошулган башка мезгилдерге таандык материалдар жардамчы милдетти аткарат. Мындай көрүнүш айрыкча эпостук чыгармага мүнөздүү. «С» э. чагылдырган доордун мүнөзүн тактоодо чыгармада сөз болгон элдин маданий-материалдык байлыгы, өнөр кесиби жана башкалар да чоң мааниге ээ. «С». э-нда курал-жарактын ар кандай түрлөрү, чарбалык буюмдар кеңири колдонулат. Баалуу буюм, мүлк катары алтын, күмүш көп эскерилет. Элдин жашоо тиричилигинде натуралдык чарба негизги орунда. Бул абал В. И. Лениндин феодализмдин эң урунттуу белгилеринин бири катары натуралдык чарбаны көрсөткөн белгилүү пикирин ырастап турат. Кол өнөрчүлүк, айрыкча аялдардын уздугу даңазаланат. Маселен, Аколпоктун жасалышынын сүрөттөлүшүнүн өзүнөн эле кол өнөрчүлүккө эпосто кандай орун берилгендиги даана байкалат. Ошондой эле жоокерчиликке байланышкан курал-жарактар да канчалык эмгек менен бүткөрүлгөндүгү кайра-кайра эскерилип, өзгөчө баяндалат. Бийлик, байлык бардыгынан жогору коюлуп, демилге ага арналып турган ошол коомдук шартта мурдагыдай уруулук-туугандык белги чечүүчү мааниге ээ эмес. Жеке кызыкчылык башкы ролду ойноп, жакындардын өз ара мамилеси да байлыкка, мансапка багытталган.

Семетей Таласка көчүп келгенден кийин Манастын түздөн-түз мурасчысы катары туугандары менен атадан калган мал, мүлк, уруу ичиндеги укук үчүн күрөшсө, күрөштүн кийинки, экинчи этабы уруулар арасындагы таасир, укук үчүн жүргүзүлөт. Патриархалдык уруу түзүлүшүнүн калдыгы, көчмөн элдердин эпикалык чыгармалары жигит күтүү салты эпосто кийинки шартка жараша идеализациялангандыктан, Саякбай Карала уулу Семетейди кырк чорого дайыма эле жандата бербейт (Тоголок Молдо болсо Семетей алгачкы ирет элине келгенде эле Бакай асырап багып жүргөн мурдагы чоролордун балдары менен жолуктурат). Манасчы кээде майда көрүнүштөргө көп көңүл бурбаганы менен сюжетинин толуктугу, окуяларынын кызыктуулугу боюнча, баатырдык мотивдердин эпикалык арымда сүрөттөлүшү жагынан башкалардан өзгөчөлөнүп турат. Маселен, Семетейдин сырткы душманы Коңурбай менен болгон согуштук эпизод эң жогорку көркөмдүк ык менен сырттан келген душмандын коркунучтуулугун, күчтүүлүгүн, аны жеңген баатырдыкты, адептүүлүктү даңазалайт. Кыскасы, сүрөттөлүшү жагынан «Манастагы» «Чоң казатты» эске салган бул согуш ата-бабанын кунун куугандыкты далилдейт.

Эпикалык салт боюнча «С». э-нун окуясы да «Манастагыдай» эле баатырдын өлүмү, элдин оор азапка түшүшү, бүлөсүнүн куулуп, сүрүлүп жоо колуна кетиши менен бүтөт. Ошондуктан эл башына түшкөн оор кайгыны жеңилдетүү максатында Семетейден туяк калтырылат. Мындан Манас баатырды эл канчалык деңгээлде кадырласа, анын уулун да андан төмөн баалабагандыгы сезилип турат. Элдик оозеки чыгармачылыктын поэтикалык күчү Семетейди бир нече ирет

www.bizdin.kg
өлүмдөн сактап, акырында аны өлбөс каармanга айландырып, түбөлүк өмүр тартуулайт. «Манас» эпосунун ар бир бөлүмү ар башка доордогу көз карашка, талапка, шартка карай жайгаштырылып, бир темага, бир идеяга баш ийдирилген көркөм оозеки чыгарманын сонун үлгүсү катарында бирдей кызыктырат. Алардагы айтылган ой, көтөрүлгөн идея генеалогиялык байланыштагы Манас, Семетей, Сейтек өңдөнгөн көркөм образдар аркылуу бекемделет. Адатта андай баатырлардын өмүр баянын, аракетин баяндоодо эпостогу мурдагы муунга таандык айрым окуялар улантылып, айрымдары жаңыдан киргизилет. Чыгарманын жалпы идеясы кийинки муундар жашаган доорго, мезгилге жараша жаңы түс алат. Элдик оозеки көркөм чыгармалыктын жалпы мыйзамдарына ылайык ар бир эпос өз элинин басып өткөн түрдүү тарыхый доорлорунун белгилерин өзүнө сиңирип, улам кийиндеген сайын жандуу организм катары ага жаңы катмарлар кошула берет. Андай жаңы «толуктоолор» эпосто элемент түрүндө болуп, чыгарманын салттуу окуялары чагылдырган доорду белгилөөдө, жалпы эле эпостун идеялык багытын, каармандардын образын тактоодо «С». э-нун негизги өзөк окуялары чагылдырган тарыхый шарттан кийинки учурларда кошулган толуктоолор жөнүндө эскербей коюшка болбойт. Анын үстүнө бул чыгармадагы андай толуктоолор бир топ орчундуу. Алардын айрымдары эпостун жанрдык белгисине да таасирин тийгизип турат. Мисалы, «С». э. жалпы салтка ылайык духу боюнча баатырдык эпос. Бирок анын мазмунунда элдин тарыхый чыгармачыл өсүшүнүн кийинки учурларынын талабына ылайык орун алган айрым турмуштук көрүнүштөр, түшүндүрмөлөрдөн кыргыз эпосторуна сейрек киргизилген жаңылыктын бар экендигин байкоого болот. Аны төмөнкүлөрдөн көрөбүз. Семетейдин керт башына, бүлөсүнө, уруусуна таандык мамилелер, туугандар арасындагы ык келишпестик биографиялык сызыкта улантылып, сүйүү мотиви кошулат. Семетей менен анын кудалаган колуктусу Айчүрөктүн ортосундагы мамиле баатырдык-романтикалык мүнөздө берилип, жомоктук-фантастикалык мотив коштойт. Аны эпикалык өнүгүштүн кийинки жаңы баскычы катары феодалдык коомдун фонундагы каармандын баатырдык менен жетишкен даңазалуу сүйүүсү жөнүндөгү кызыктуу сюжет чындайт.

Кийинки эле доордун продуктусу эсептелип жүргөн батыш өлкөлөрдөгү рыцардык романдар сыяктуу эле романтикалык эпостордогу сүйүү маселесине арналган кеңири тараган сюжет Орто Азия элдеринин эпосторунда да көп учурайт. Мына ушул сюжет «С». э-на да таандыктыгы аны батыштагы романтикалык эпосторго, Орто Азия элдериндеги баатырдык романтикалык эпосторго типологиялык жактан окшотуп турат. Ырас романтика байыркы баатырдык үйлөнүү темасынын андан аркы өнүгүшү эмес, көбүнчө эпоско өзүнчө жаңы тема, жаңы бир мотив катарында да ачылат. Өзбек эпосторундагы сыяктуу өз алдынча айрым бир чыгарма катарында жашайт.

Эпостун «Манас» бөлүмүнө караганда «С». э. лирикалык мүнөздөгү чыгарма катарында, биринчи бөлүктөгү айрыкча баатырдыкты даңазалоодон айырмаланып, көбүнчө кадимки жай турмуштагы элдик үрп-адат, салт, сүйүү кырдаалдары баатырдык духка ширетилип, бир эле чыгармада кыналышып калыптанган. Бул айрыкча Семетей менен Айчүрөктүн окуясы аркылуу далилденет.

А. Жайнакова

«СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУ —«МАНАС» ТРИЛОГИЯСЫНЫН ЭКИНЧИ БӨЛҮГҮ» — *М. Мамыровдун* эмгеги (Фр., 1963). Эмгек Алгачкы сөз, «Семетей» эпосунун вариантарындагы окшош мотивдер жана өзгөчөлүктөр. Эпостун образдары жана стилдик курулмалары, Акыркы сөз бөлүмдөрүнөн турат. Алгачкы сөздө «Семетей» эпосу «Манас» үчилтигинин 2-бөлүгү катары сюжеттик композициялык

www.bizdin.kg
курулушка, идеялык мазмунга жана стиль өзгөчөлүккө ээ болгон көркөм чыгарма экенин айтат, «Семетей» эпосунун варианттарындагы окшош мотивдер жана өзгөчөлүктөр деген бөлүктө анын сюжеттик мазмунуна кирген окуялардын жайгашын, өнүгүшүн ар түрдүү варианттарды бири бирине салыштырып алардын окшоштуктары менен өзгөчөлүктөрүнө токтолот.
Эпостун образдары жана стилдик курулмалары деген бөлүктө «Семетей» эпосунун составдык бөлүктөрүнүн негизгилери — идеялык багыты, образ системасы, көркөм стили талдоого алынып, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, касиеттери белгиленет. Китеп акыркы сөз бөлүгү менен жыйынтыкталат.

А. Абилов

«СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНУН ТАРЫХЫЙ-ГЕНЕАЛОГИЯЛЫК НЕГИЗИ — «Семетей» эпосундагы чагылдырылган эпикалык доордун мүнөзүн жана андагы генеалогиялык циклдешүү принцибинин өзгөчөлүгүн изилдөөгө арналган «Манас» иликтөөчү *А. Жайнакованын* эмгеги (Фр., 1982). Ушул багытта эпостогу түрдүү катмарлар каралып, жомоктук-мифологиялык элементтердин орун алышы тийиштүү фактылар менен бекемделет. Автор салттык сюжеттик канваны талдоо менен эпостогу чагылдырылган доор болжолдуу түрдө аныкталат. Автордун ою боюнча эпостун өзөгүн түзгөн салттуу окуялар — байыркы дооорлорго таандык көрүнүштөрдөн. Алар кээде кийинки дооорлорго жата турган элементтер менен ширелишип да кетет. Эпостун окуялары салттык мүнөзгө ээ болуп калыптанганга чейин эволюциялык түрдө өнүгүү менен көп өзгөрүүлөргө учурашкан. Демек «Семетей» эпосунун сюжеттик тутумунан ар кандай дооорлордун поэтикалык көркөм чагылышын көрүүгө болот. Поэма жеке эле тематикасы, идеясы боюнча гана эмес, өзүнүн көркөм статистикалык куралмалары жактан да «Манас» бөлүмүн улантат, бирок айрым учурда орун алган окуялардын, мотивдердин мүнөзүнө ылайык жаңы түс. формада да берилет. «Манас» үчилтигинде орун алган генеалогиялык принцип эпикалык баатырдын ордуна жаңы баатырды жаратып гана тим болбостон, мурунку салттуу сюжеттик схеманы керектүү учурда деталдык белгилерине чейин кайталап жаңыртып чыгат. «Манас» бөлүмүнө караганда үйлөнүү темасы менен ички душмандарга каршы күрөштөрдүн күчтүү жана кеңири сүрөттөлүшү аркылуу оригиналдуулукка жетишкен «Семетей» — генеалогиялык планда да жеткиликтүү иштелүү менен коомдук түзүлүштүн патриархалдык-феодалдык баскычындагы элементтерин көбүрөөк сактап калган деген жалпылоо, жыйынтык чыгарылат.

Ж. Төлөев

СЕМИЗ-БЕЛ — топоним. Кытай-калмактар башта басып алган жерлерин бошотуп ала баштаган кыргыздар С.-Б-де «Туңшаң калмак журтунун, даңзар кытай элинин» (Кол жазмалар фондусу, 576инв., 513-б.) аскерлери менен беттешип, жеңип чыгышат. Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүнүн чыгышындагы Кара-Тоо менен Үкөк тоолорунун ортосундагы аймак.
СЕРЕ — өлгөн адамды коё турган жай, түркүктөргө орнотулган үстүңкү бети гана жабылып, туш жактары ачык бастырма. Радлов жазып алган вариантта :
Манасты табытына салды дейт, Сарайга сере кылды дейт, Алдыңкы жерден сызын өткөрбөй, Үстүнү күндөн көсүн тийгизбей, Сарайга серелеп койду дейт (Радлов жазып алган вариант, 114).
С. тува, бакшылардын сөөгүн коюучу «сери» деп аталган төрт буттуу замбил сыяктуу жайга окшош. «Манаста» да С-ге сөөк коюлушу айтылат. Тувалыктардын серисинин үстү ачык болгон. Өлүк серинин үстүнө коюлган бойдон калчу.

www.bizdin.kg

СЕРЕК — кырк чоронун белгилүүлөрүнүн бири. Өз аты — Байсабай. С.— ылакап аты. Бардык варианттарда кырк чоронун катарында Сыргак менен катар айтылат. С. өзүнүн баатырдыгынан тышкары ар дайым өз тапкычтыгы, билермандыгы, акылмандыгы менен башка чоролордон өзгөчөлөнүп турат. Ар кандай татаал, кыйын кысталыш учурлардан С. билгичтиги, тапкычтыгы менен жол таап чыгып кеткен учурлар эпосто өзгөчө белгиленип айтылат. Сагымбай Орозбак уулу С-ке төмөнкүдөй мүнөздөмө берет:

Сайкашка сөзүн билип ал,
Кырк баатырдын ичинде
Билгичилден бири бар.
Саясы салкын тереги,
Кысылса тиер кереги,
Кыйбат баа Сереги.
Таар ордуна бөз тапкан,
Тарылган жерде сөз тапкан.
Талкаланган сыныкка
Дары жагып, эп тапкан,
Такалган жерде кеп тапкан (Сагымбай Орозбаков, 2. 320). Көп учурларда, айрыкча алабарман, ала көөдөн Манасты кыйчалыш учурларда билгичтик менен сактап калат. Манас баатыр Алоокеге барып, анын суну(пу боюнча конууга макул болот. Мындай учурларда «Саясы салкын терек бар, Сандыргалуу Маната Салтанаттуу Серек бар». Билгич С. мында да Алоокенин берген тамагын жебестен, мал алдырып, өзүбүз союп, өзүбүз этин бышырганыбыз жөн дейт. Бакай Серектин сөзүн макул көрөт. Манасты сыйламыш болуп, уу бермекчи болгон Алоокенин ою ишке ашпай калат. Он башы болгон Тазбаймат Манасты унутуп шаштысы кеткенде да аны сактап калган С. болот. С-тин образы Ч. Валиханов жазып алган текстте Манастын жакын чоролорунун бири катары эскерилет. «Эми үйдө Серек от башым, чором», «ойдо Серек от башым» делип, өз кишиси, ой, сөз тапкыч башчысы экендиги айтылып жатат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында, Саякбай Каралаевдин вариантында да С-тин эрдигин, адамдык сапатын, иш-аракетин сүрөттөп С-тин көп кырдуу образын ачып турган мүнөздөмөлөр арбын:

Жапырагы алтын байтерек,
Сандыргалуу эр Серек,
Ал өнөрү болбосо
Серек деп айтуу не керек (Сагымбай Орозбаков, 3. 50), «Серүүндөгөн Сереги, Серпишкен жоого кереги» (Саякбай Каралаев, 2. 65) жана башкалар

Белгилүү варианттардын дээрлик бардыгында С. кырк чоронун бири, Манас менен аталаш тууган катары баяндалат. Саякбай Каралаевдин вариантында «Төмөнкү Кырымдан келген эр Серек» делет. Ал эми Кызыл-Суулук манасчы Жусуп Мамайдын вариантында С. Жакыптын Магдымдан төрөлгөн баласы, Манастын аталаш иниси болуп айтылат. Чоң казатта окко учкан он эки чоронун бири (Саякбай Каралаевдин варианты).

К. Кырбашев

СЕРСАБАЙ — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Кейип-пайдын кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты отузунчу келген Кербен тагдырына буюрган С-га үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 419, 426).

СЕРЧИ, Сээрчи (арабча — сыйкырчы, дубалоочу, дубакөй) — эпосто да сыйкырчы, көз боочу деген мааниде жолугат. «Жол адашпас жерчиден, Көз байлоочу

www.bizdin.kg
серчиден» (Сагымбай Орозбаков, 2. 27). «Аяры бар алтымыш. Сээрчиси жетимиш» (Сагымбай Орозбаков, 2. 34).

СЕТЕР КӨТӨРҮҮ (моңголчо сетер — ыйык) — ыйык кылып эркин коё берилген мал. Жакшы көргөн бир малды сүйгөн баласына арнап, аны ыйык көтөрүп, балага шыйрагын карматып, ырымдап малга кошуп жиберет. Анын этин жебейт, жүнүн албайт. Көбүнчө серкени кыргыз эли ислам динине кире элек кезде колдонгон. Бирок, мусулман болгондон кийин деле бул ырым эл ичинде сакталып калган. Калмак-моңголдордо да ушул сыяктуу мааниде колдонулат. С. к. жөнүндө эпосто көбүнчө кошокторго карата айтылат:

Кечилдин жайы мына бул
Өгүзү карып, өзү өлгөн,
Кечилдердин адети —
Өлгөндүн малын тең бөлгөн
Серкесин сетер көтөргөн(Курама вариант, 2. 25)—

деп Бокмурун ашка кабар бергенде жаш Айдарга Коңурбайдын элин сүрөттөйт.

СИЛЛАБИКАЛЫК ЫР ТҮЗҮЛҮШҮ — ыр түзүлүшүнүн муунга, муун өлчөмдөрүнө негизделген түрү, к. *Муунчул ыр түзүлүшү.*

СИМПОЗИУМ (1988) «Манас» эпосу боюнча союздук симпозиум — Бүткүл союздук V түркология конференциясынын чегинде «Манас» эпосуна арналып өткөрүлгөн атайын илимий жыйын. 1988-жылдын 9-сентябрында Фрунзе шаарында өткөн. Жетекчилери: Кыргыз ССР Илимдер академиясынын академиги И. Т. Айтматов (төрага), СССР Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү Э. Р. Тенишев, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын вицепрезиденти Т. Койчуев, Кыргыз ССР ТАИнин директору А. Эркебаев жана филология илимдеринин кандидаты С. Кайыпов — катчы. Сга «Манас» эпосуна тиешелүү илимий докладдар жана билдирүүлөр менен 44 окумуштуу катышкан. С-дун ачылышында республиканын булуң-бурчтарынан келген манасчылар улуу эпостон үзүндүлөр айтышып, Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрынын артисттери кыргыздын кошок кошуу расмисин инсценировкалашкан. Пленардык кеңешмеде филологиялык илимдеринин кандидаты С. Мусаев («Манас» эпосун үйрөнүүнүн абалы жана келечеги), Р. З. Кыдырбаева («Манас» эпосунун түзүлүш-курулуш маселесине карата), тарых илимдеринин доктору Ө. Караев («Манас» эпосу жаралган доор), С. Кайыпов («Манаска» текстологиялык изилдөө жүргүзүү маселелери); Ж. Бөкөшев («Манас» эпосундагы аалам модели), тарых илимдеринин кандидаты И. Б. Молдобаевдердин («Манас» эпосун ар тараптуу изилдөө маселелери) докладдары угулуп, калган 38 доклад, билдирүүлөр тематикалык секцияларда угулган. Биринчи секция «Манас» эпосунун историзмы, поэтикалык жана «Манас» айтуу салты маселелери» деп аталып, анда филология илимдеринин докторлору Р. З. Кыдырбаева, М. Борбугулов, тарых илимдеринин доктору Ю. С. Худяков, илим кандидаттары, окумуштуулар Т. Абдыра кунов, Э. Абдылдаев, М. Ч. Мамыров, Б. Кебекова, К. Кырбашев, А. Жайнакова, Р. Сарыпбеков, К. Ботояров, Д. М. Айдаровалар чыгып сүйлөгөн. Экинчи секция «Манас» эпосу тарыхый-этнографиялык жана лингвистикалык булак» деп аталып, анда илимдин кандидаттары, окумуштуулар И. Б. Молдобаев, Ш. Б. Акмолдоева, М. Койгелдиев, Ш. Жапаров, К. Конкобаев, Р. Эгембердиев, И. Абдувалиев, Г. Жумакунова, А. Шериев, Р. А. Байбутова, Р. Көчөров, Г. Кушбековалар доклад, билдирүүлөр менен чыгышкан. Үчүнчү секция «Манас» эпосу менен башка элдер эпосторунун байланышы» деп аталып, анда филология илимдеринин докторлору Р. Бердибаев, М. Мурадов, К. Максетов, илимдин кандидаттары, окумуштуулар Ф. В. Ахметова, К. Айдаркулов, А. Боронов, К. Садыковдор доклад, билдирүүлөр менен чыгып сүйлөшкөн. Төртүнчү секция «Манас» эпосу жана азыркы маданият» аталып, анда илимдин кандидаттары,

www.bizdin.kg
окумуштуулар С. Мусаев, Б. А. Бакиева, Ө. Козубаев, А. П. Ярков, А. Керимбаева, А. Асанканов, К. Ибраимовдор чыгып сүйлөшкөн. С-га Казан, Москва, Новосибирск, Алматы, Нукус, Ош, Ташкен шаарларынан окумуштуулар катышкан. С-дун материалдары бүткүл союздук конференциянын материалдары менен бирге «Түркология —88» аттуу китепке чыгарылган, к. *Бүткүл союздук V түркология конференциясы; «Түркология* —88».

И. Абдувалиев

СИМПОЗИУМ (1990) («Манас» эпосун комплекстүү изилдөө маселелери боюнча бүткүл союздук симпозиум) — «Манас» эпосун ар тараптан изилдөөгө арналып өткөрүлгөн илимий жыйын. 1990-жылдын 13—14-сентябрында Фрунзе шаарында өткөн.



Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институту уюштурган. Пленардык жыйынды Кыргыз ССР Илимдер академиясынын вице-президенти, академик, Т. Койчуев ачып, кириш сөз сүйлөгөн. Анда негизги докладдар менен Кыргыз ССР Илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү Р. З. Кыдырбаева («Манас» эпосунун архаикалык поэтикасы), СССР Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, түркологдордун советтик комитетинин төрагасы Э. Р. Тенишев («Манастын» болжолдуу хронологиясы жөнүндө), Кыргыз ССР Илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү А. А. Брудный («Манас» эпосун психологиялык талдоо жөнүндө), тарых илимдери нин доктору Ө. Караев («Манас» эпосунун жаралуу доору) чыгып сүйлөшкөн. Симпозиум тематикалык 4 секцияга бөлүнүп иштеп, 50 доклад угулган.

Биринчи секция — ««Манас» эпосун изилдөөнүн фольклористикалык аспектилери» деп аталып (жетекчиси Кыргыз ССР Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү Р. З. Кыдырбаева), анда окумуштуулар Э. Абдылдаев («Манас» эпосунун байыркы тарыхый негиздери жөнүндө), А. Рахманов (Байыркы түрк руникалык эстеликтери жана «Манас»), Т. Абдыракунов («Манас» эпосунун келип чыгуусу жөнүндөгү маселеге карата), Ш. Ибраев (этикалык мотивдерди системалаштыруу маселеси (кыргыз жана казак фольклорунун материалдарында), К. Омуркулов («Манас» эпосунда гиперболанын образ түзүүдөгү ролу), К. Осмонбетов («Манастагы» геологиялык кен байлыктар жөнүндө), С. Кайыпов («Манастын» илимий жарыялоо маселелери). Ш. Халмукамедов (Кыргыз жана түркмөн элдеринин эпикалык салттарындагы

www.bizdin.kg
жомоктун элементтердин жалпылыгы), Р. Сарыпбеков («Манас» эпосунун эпикалык борбору жөнүндө) жана башкалар доклад менен чыгып сүйлөшкөн.
Экинчи секция — «Манас»» эпосун изилдөөнүн лингвистикалык жана этнографиялык аспектилери» деп аталган (жетекчиси Кыргыз ССР Илимдер академиясынын анык мүчөсү Б. Ө. Орузбаева). Анда окумуштуулар жана изилдөөчүлөр М. Мусаев, И. Кязимов, И. Молдобаев, К. Дыйканов, Ш. Жапаров, А. Шаршеналиева, Б. Алымбаева, К. Коңкобаев, А. Боронов, К. Сейдакматов, Ж. Орозобекова жана башкалар доклад жасашкан.
Үчүнчү секция — «Манас» эпосун изилдөөнүн философиялык жана эстетикалык аспектилери» деп аталып (жетекчиси философия илимдеринин доктору, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү А. И. Нарынбаев), анда окумуштуулар Ш. Акмолдоева, Т. Танаев, Т. Аскаров, К. Матиев, А. Бекбоев, Д. Айдарова жана башкалар доклад менен чыгышкан.
Төртүнчү секция — «Манас» эпосун изилдөөнүн педагогикалык жана маданият таануучулук аспектилери» деп аталып (жетекчиси философия илимдеринин доктору, профессор А. Исмаилов), анда окумуштуулар жана изилдөөчүлөр К. Асаналиев, А. Исмаилов, Б. Алагушов, Ж. Шериев, О. Шайымкулов, К. Дүйшалиев, А. Акматалиев, Р. Кармышакова жана башкалар чыгып сүйлөшкөн. С-га Москва, Фрунзе, Ашхабад, Ташкен, Алматы, Бакы, Ош шаарларынын окумуштуулары катышкан. С-га манасчылар Каба Атабек уулу (Тоң району), семетейчи Сейдене эне (Токтогул району), Уркаш Мамбеталы уулу (Фрунзе), Мейман Исраилов (Жумгал) да чакырылып, өнөрлөрүн тартуулашкан. Кинорежиссёр М. Убукеевдин «Улуу манасчы» деген илимий популярдуу кино тасмасы көрсөтүлгөн. Кыргызстан Жазуучулар союзунда симпозиумдун катышуучулары жазуучулар менен жолугушуп, ай тегерек маек уюштурулган. Корутунду пленардык жыйында филология илимдеринин доктору, профессор М. Борбугулов «Манас» энциклопедиясын түзүүнүн принциптери», М. Убукеев ««Манас» эпосун маданий таануу жагдайында шөкөттөө» деген докладдар менен чыгып сүйлөп секциялардын жетекчилеринин билдирүүлөрү угулган. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун директору А. Эркебаев корутунду сөз сүйлөгөн. С. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөнү, Кыргыз ССР Илимдер академиясында «Манас» институтун ачуу жөнүндөгү сунуштарды киргизген.

Ы. Кадыров

СИНГАРМОНИЗМ (грекче sin — бирге жана gozmania — үндөштүк, уйкаштык) — бир сөздүн тутумундагы үндүү жана үнсүз тыбыштардын фонетикалык жактан окшош айтылышы жана угулушу. С-ге ылайык бир сөздөгү бардык үндүү тыбыштар ичке же жоон үндүүдөн турат. Ушуга жараша ал сөздүн тутумундагы үнсүздөр да же бүт түпчүл эринчил, же бүт таңдайчыл болуп ыңгайлаша айтылат. С. айрыкча эрин күүсү кыргыз тилинде (алтай тилин гана эске албаганда) башка түрк тилдеринин ичинен абдан айкын сакталган, башкача айтканда сөздүн биринчи муунунда эринчил үндүү болсо, ага карап кийинки муундардагы үнсүздөр да эринчил мүнөз алат да бүт бойдон эринчил аллофондо айтылат.
С. кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын поэтикасында, айрыкча, уйкаштын ар кандай түрлөрүндө (аллитерация, ассонанс, үндөштүк кайталоолор жана башкалар) ыр сабынын уккулуктуу болуп куюлуша курулушунда чоң роль ойнойт. Элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндө, лирикада, эпикалык чыгармаларда, атүгүл прозалык жанрдын речитациялык жорго сөздөрүнө кеңири колдонулат. С. поэзияда бир гана сөз ичинде эле эмес жалпы ыр сабына, ыр түрмөгүнө чейин жайылып кеткен учурлары көп. «Калмактан коркуп калтырап, Кытайдан коркуп кылтылдап» (Сагымбай Орозбаков, 1. 169), «Жаң-жуңуна

www.bizdin.kg
жарылдап, Калдайына каңкуулап, Доотайына добурап» (Сагымбай Орозбаков, 1. 149) Камбар, Камбар, Камбар кан, Камбар кандан Айдар кан, Айдар кандын баласы (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 77-б.).

К. Ботояров

СИНОНИМДЕР, маанилеш сөздөр — айтылышы, тыбыштык түзүлүшү ар башка, бирок мааниси бирдей же бири-бирине жакын сөздөр.

Маанилик жакындыгы боюнча өз ара толук маанилеш, толук эмес (жакын) маанилеш, алыс маанилеш (контексттик) С. деп бөлүнөт.

Толук маанилеш С. өз алдынча турганда да, сөз тизмегинде же сүйлөм тутумунда да бирин-бири алмаштыра алышат. Андай алмашуудан ой бузулбайт. Аларга төмөнкүдөй сөздөр кирет: акыл — эс, тууралуу — жөнүндө, тез — ылдам — бат, таалай — бакыт, эсепте — сана жана башкалар Толук эмес (жакын) маанилеш сөздөр өз ара маани жактан жакындыгы болгону менен аларды дайыма эле бирин экинчиси менен алмаштырууга мүмкүн эмес, Мисалы, өлүм — ажал, азап-запкы — кордук жана башкалар Алыс маанилеш сөздөр өздөрү катышкан сүйлөмдүн курамында гана маанилери бири-бирине жакындашат. Контексттен тышкары, өз алдынча турганда С-дик мааниге ээ боло алышпайт. «Манас» эпосунда С-дердин бардык түрлөрү арбын учурайт. Мисалы, калк — эл, бут — аяк, дат — муң — кайгы, түмөн — сансыз — кайнап жаткан — жер майышкан, бото — кулун — туяк — бала — перзент, алп — дөө, уруш — согуш жана башкалар

С. «Манас» эпосунда көпчүлүк учурда атайын стилдик максатта колдонулат, параллелизмди түзүүдө бир эле сөздү, сөз айкашын улам кайталабоо үчүн пайдаланылат:

Байкаңарчы көбүңөр,
Балчык эмес көлүңөр.
Баш аягын бүт чачып,
Баамдап билип келиңер.
Аңдап жооп бериңер.
Алым келсе аламын
Ажалым жетсе арамдан,
Акыретке барамын.
Күчүм жетсе аламын,
Күнүм бүтсө арамдан,
Кыяматка барамын.
Кубатым ага жетпесе,
Өлүмдү андан табамын.

Бул саптардагы байка — баамда — аңда, ал — күч — кубат, ажал — күнү бүтүү — өлүм, акырет — кыямат деген сөздөр синонимдик катарлары менен келип, бир эле түшүнүктү маанилеш ар башка сөздөр менен берүү аракетинин натыйжасы болуп турат.

Эпосто каармандардын, айрыкча, Манастын баатырдык сапатын элестүү берүү үчүн колдонулган эпитеттерде да С. коп колдонулат. Адатта, бир синонимдик уяда турган С. удаалаш келип, каармандардын эрдигин, күчүн, кайратын абдан күчөтүп берүүчү көркөм каражат катары да кызмат кылат. Буга баатырлардын сырткы турпатын сыпаттоодо колдонулуучу кабылан, канкор, кыраан, оён, арстан, шер, жолборс, кайтпас, көк жал жана башкалар эпитеттер мисал боло алат.

Эпосто толук маанилеш сөздөр менен катар атайын стилдик максатта пайдаланылган толук эмес (жакын) маанилеш сөздөр да көп. Бут — аяк, өлүм — ажал, какшыган — куураган, бакыруу — өкүрүү — айгай салуу, тула (бою) — бүткүл (денеси) — кара (бою), катуу — күчтүү өңдүү сөздөрдү эпостогу жакын маанилеш (толук эмес) синонимдердин катарына кошууга болот. Мисалы,

www.bizdin.kg

Канаттуудан сен жалгыз,
Какшыган жерге бүтүпсүң.
Куйруктуудан сен жалгыз,
Куураган жерге бүтүпсүң.
Бугудан атып буктайлык
Бутубуз чечпей уктайлык.
Аркардан атып буктайлык,
Аякты чечпей уктайлык.

«Манас» эпосунда ошондой эле контексттеги маанисине карай жакындашкан сөздөр да бар. Алар алыс маанилеш же контексттик С-дин тобуна кирет. Контексттик С. да негизинен маанини күчөтүү, кайталоолордон качуу, сөз болуп жаткан окуя, көрүнүш, каармандын элестүүлүгүн арттырып, угуучунун көңүлүн буруу максатын көздөйт. Мисалы,

Тула бою тууш күч,
Кара бою катуу күч.
Алыңды билбей сен тийдиң,
Ажалдын тонун сен кийдиң.
Өзүңдү билбей сен тийдиң
Өлүмдүн тонун сен кийдиң.

Асты сызылган сөздөр контекст аркылуу гана бири-бирине маанилеш болуп отурат. Мындай ыкма менен пайда болгон сөздөр эпосто аз эмес. Аларды көбүнчө «күзөт — черүү — кароол, теги — бабасы — түбү — уругу, корголо — кач — жогол — көзгө көрүнбө, катылбоо — батынбоо — жүз бакпоо сыяктуу сөздөрдөн түзүлөт.

Эпосто тике жана өтмө маанидеги сөздөрдүн да синонимдик бир уяга түшкөн учурлары көп учурайт. Аларга туяк — бала — бото — кулун, мол — бай — терең — дыйкан (акылга дыйкан), таяныч — жөлөк — бел — медер — аскар тоо, сүймөнчүгүм — көзүм — чырагым — эрмегим — перзентим, амалдуу — айлакер — куу — түлкү өңдүү сөздөрдүн катарын кошууга болот.

Эки же андан көп сөз айкаштарынын бир сөзгө синоним болуп түшкөн учурлары да бар. Мисалы, көп — кайнап жатат, баары — кары дебей, жаш дебей — түп көтөрүлө, жоголду — жылас болду жана башкалар

«Манас» эпосунда фразеологизм С. да арбын учурайт. Алар өзүнүн маанилеш түгөйлөрү менен бирдикте лексикалык С-дер сыяктуу эле стилдик максатта, көбүнчө параллелизмдерди түзүүдө колдонулат. Мисалы,

Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек.
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай.
Өчкөн отту тамызган,
Өлгөн жанды тиргизген.
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган.
Ана-мына дегенче,
Ачып көздү жумганча,
Айтып оозун жыйганча,
Ат даярдап алыптыр.

Бул саптардагы фразеологизм С. негизинен айтылуучу ойго угуучунун көңүлүн көбүрөөк буруу, каармандын образын ачып, өзгөчө бир сапатын бөлүп көрсөтүүдө

www.bizdin.kg
пайдаланып, окуянын, көрүнүштүн экспрессиялуулугун, эмоциялуулугун күчөтүп турат.
«Манас» эпосундагы С. негизинен эпостун тилинин көркөмдүгүн, ийкемдүүлүгүн көрсөтүүчү тилдик көркөм каражаттардын бири катары кызмат кылат.

Р. Эгембердиев

«СКАЗИТЕЛЬСКОЕ МАСТЕРСТВО МАНАСЧИ» Р. З. *Кыдырбаеванын* манасчылардын аткаруучулук кесиби жөнүндө жазылган эмгеги (Фр., 1984). Төрт баптан жана тиркемеден турат. Анда манасчылардын айтуучулук чеберчилигине токтолгон. Улуу мурастын эл арасында калыптанып жашоосу, өрчүп-өнүгүшү, ошондой эле манасчыларды: чүйлүк, ысык-көлдүк, тянь-шандык жана түштүктүк айтуучулар мектебине (тобуна) бөлүштүрүп, алардын жеке чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө токтолгон. Ар бир манасчынын айтуучулук чеберчилигине салттык көрүнүштүн тийгизген таасиринин мааниси зор экендиги жана манасчынын импровизаторлугу салттык көрүнүштүн ажырагыс бирдиги илимий талдоого алынган. Эмгектин акырында Келдибек, Балык, Чоюке, Жаңыбай, Сагымбай, Шапак, Мамбет сыяктуу белгилүү манасчылардын түш көрүүсүнө тиркеме берилген.

СИЯБУШ, Сыяпуш — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча кытай-калмак баатыры. С. чыгыш теги жагынан иран элдеринин мифологиясына таандык. Бул каарман иран элдеринин өтө байыркы эстелиги болгон «Авестада» Сияваршн деген ат менен белгилүү. Фирдоусинин «Шах-Намэсинде» Сиявуш деп аталып өтө сүймөнчүлүк менен сүрөттөлөт. Чыгыш элдеринде, өзгөчө иран-түрк элдеринин фольклорунда С-тун атына байланышкан толгон түрдүү уламыш, мифтер бар. Образдын кеңири тарашына Фирдоусинин «Шах-Намэси» белгилүү роль ойногон. С-тун образы түрк элдеринин фольклоруна узак убакыт мурда киргендиги Кашкарлык Махмуддун «Түрк тилдеринин сөздүгүндө» анын атынын түрдүү уламыштар менен байланышта эскерилиши аркылуу далилденет. Сагымбай Орозбак уулу Фирдоусинин «Шах-Намэси» менен таанышкандан кийин эпоско киргизилген болуу керек.
Сиябуш, Сияпуш, Сиявуш эпониминин мааниси, изилдөөлөргө караганда «кара аттуу чавандес» дегенди билдирет.

А. Боронов

СМИРНОВ Б. В. (өмүр баяны белгисиз) — сүрөтчү. Кыргыз элинин рев-яга чейинки мадтын, тарыхый этнографиясын окуп үйрөнүүгө салым кошкон маданий ишмер. Петербургдагы сүрөтчүлөр академиясын бүткөн.



Б. В. Смирнов. Семетейдин Айчүрөккө жолугушу (1903).

Живописчи академик А. Е. Дмитриев-Кавказскийдин жолдомосу менен Орто Азияга уюшулган экспедицияга сүрөтчү катары катышат. Экспедиция өз ишин 1903-ж. Чүй өрөөнүнөн баштайт. С-дун ошол кезде тарткан ондогон сүрөттөрүндө

www.bizdin.kg
кыргыз элинин көчмөн турмушу элестүү чагылдырылган. Ал Пишпек шаарында Кенжекара ырчыга атайын жолугуп «Семетей» эпосунан үзүндү угат. Атайбек деген котормочунун жардамы менен эпикалык тексттин кара сөз түрүндөгү орусча котормосун кагаз бетине түшүрөт. Эпостун каармандары Семетей менен Айчүрөктүн Үргөнч жээгиндеги жолугушуусунун образдуу сүрөтүн да тартат. Ошондо эпосту айтып жаткан Кенжекаранын кыяк коштогон үнүн фоножазууга жазып алат. Айтуучунун сүрөтүн туш менен кагазга түшүрөт. Ырчынын аткаруу чеберчилигин өтө кылдат байкап, ага мындайча баа берет: «Ырчынын үнүндө оор күрсүнүү жана төөнүн боздоосуна окшогон муңдуулук бар эле. Бул үндөн чөптөрдүн шыбыртына же камыштын жибектей шуудурашына окшогон өзгөчө бир назиктик жана аны коштогон талаа шамалынан бөлүп алгыс биримдик сезилет. Жада калса акындын көмөкөйүнөн каргылданып чыккан үн да өзүнчө эле бир музыкага окшоп кетет». С-дун айтуучуга берген бул баасы жана жогоруда айтылган портреттик сүрөттөрү, фоножазуусу кыргыз фольклористикасындагы биринчи көрүнүш жана алгачкы саамалык.

К. Айдаркулов

СОГОРБАЙ — эпизоддук кейипкер. Алмамбет менен Көкчөнүн ортосуна чагым салган казак УРУУ башчыларынын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 243).

СОК — топоним. Алооке Манасты конокко чакырып, ажайыпканасында багылган арстан, ажыдаар жана башкалар жырткыч жаныбарларына кийирип жок кылууну ойлойт. Барган адамды оп тартып коюучу Алоокенин ажыдаарын Манас баатыр желкеден алып сыртка сүйрөп чыгарат. Ажыдаардын сойлоп барып токтогон жери эпосто мындайча чечмеленет:

Сойлогон жери коо болду,
Барганы Соктун тоо болду,
Тоого барып жоголду,
Ажыдаар сокту деп
Сок атагы шо болду (Сагымбай Орозбаков, 2. 192).

Ажыдаар сойлогон жерин коо кылып С. тоосуна барып жашынат (Сагымбай Орозбаков, 2. 192). Географиялык реалияда Алай кырка тоосунун бөлүгүнөн орун алып Сок атыккан тоо, өрөөн, өзөн.

СОКУЛУК — топоним. Эпосто кыргыз уруулары мекендеген жер катары көп эскерилет. Мисалы, Букардан Таласка келаткан жолдо Семетей «Олуя-Ата келгенде, Күн чыгышын караса, Кара-Балта, Сокулуктун» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 123) бүлбүлдөгөн караанын көрөт. Географиялык реалияда С.— Чүй өрөөнүнүн борбордук бөлүгүн ээлеген чөлкөм.

СОЛОБО — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Соорондуктун атасы. Алмамбеттин чоң атасы (Сагымбай Орозбаков, 3. 22, 178, 26) экендиги гана айтылат.

СОЛОН, солоон — этноним. «Манас» эпосунун көпчүлүк варианттарында кытайга караштуу эл катары берилет жана кыргыздын эпикалык душманы катарында сүрөттөлөт. С. этнонимі тарыхта тунгус элинин тутумунда «жогору жактын жашоочусу» катары түшүндүрүлөт. 13-кылымдагы кытай маалыматтары боюнча С. тобу түндүк Манжурияда жашаган, «Мажму ат-таварихте» мындайча маалымат айтылат: «Жолой жеңилгенден кийин Манасты ууландырууну чечти жана ушул максатта чыккынчы Тувайды Манаска жиберет, ага кызын берип, калмактын солон-шивесинин башчылыгына шайлайт», Солон, шибээ уруулары кара кытайлардын курамында болуп, бир бөлүгү 11-кылымда эле Орто Азияга келишкен. 18-кылымдын 2-жарымында Цин империясы тарабынан айрым бөлүктөрү кулжа аймагына согуштук күч катары көчүрүлүп келинген.

www.bizdin.kg

СОЛТОН-САРЫ — топоним, эпосто кыргыздар мекендеген жер катары айтылат. Географиялык реалияда Нарын чөлкөмүндөгү өрөөн. Кара-Жорго жана Байдулу тоолорунун аралыгында жайгашкан.

СОНОР-КӨЛ — топоним. Эпосто Жакып жердеген Алтайдагы жерлердин бири катары айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 155).

СОНУНБҮБҮ — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо расмисинде аты жыйырма биринчи келген *Төртай* тагдырына буюрган С-гө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 425).

СОҢКӨЛ — топоним. Кыргыздар мекендеген жерлердин бири катары эпостун бир катар эпизоддорунда эскерилет.



Соңкөл жайлоосу.

Географиялык реалияда С. — Нарын чөлкөмүнүн түндүк бөлүгүндөгү көл, тоо, өрөөн.

СООРОНДУК (ылакап аты Азизкан) — кейипкер. Кытай аскер башчы каны, Алмамбеттин атасы (Сагымбай Орозбаковдун варианты). Көпкө балалуу болбой жүргөн С. элүү төрт жашка чыкканда аялы Экзер Алмамбетти төрөйт. Мусулман бололу деген баласы Алмамбеттин тилин албай аны өлтүрмөк болот. Алмамбет качып чыгып, ал чогултkан кытай колу менен салгылашта аны артынан тааныбай өлтүрүп коё жаздайт (Сагымбай Орозбаков, 2. 231 — 232). Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Кырк кан эли кытайда Соорондук деген кан экен» (Саякбай Каралаев, 2. 103—105). Бирок, бул вариантта С. Алмамбеттин таятасы, Алтынайдын атасы катарында сүрөттөлөт. Ошондой эле нурдан төрөлгөн Алмамбетти үч ай жашырып баккан кейипкер катары да эпосто эскерилет.

СООРОНОВ Омор (1940, Базар-Коргон району, Төлөгөн айылы) — акын жана адабиятчы. Кыргыз мамл. университетинин филология факультетин бүтүргөн (1967). 1967—69-ж. А. С. Пушкин атындагы Жалал-Абад педагогика окуу жайында окутуучу, 1969-жылдан Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда кенже, андан кийин улук илимий кызматкер болуп иштеп келатат. С. онго жакын поэтикалык жыйнактардын, эки монографиянын, көптөгөн илимий, сын макалалардын жана манасчы Тоголок Молдонун варианты боюнча жазылган «*Манас» трилогиясындагы эпикалык окуялардын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү*» (Фр., 1981) аттуу монографиянын автору.

www.bizdin.kg

СООРУН — эпизоддук кейипкер. Калмак байы, калдай. Манастын Орго кан менен болгон согушунда С. кырк миң кол баштап келген кытай баатыры катарында катышат (Сагымбай Орозбаков, 2. 72, 77, 82, 84).

СООРОНЧУ КАРА ДАЛЫЧЫ — Радлов жазып алган вариантта далы ачуучу, далы менен төлгө ачкан, Көкөтөйдүн ашына келген далычы:

Манасың өлгөн болсо,
Ажу Байдай жакшың бар,
Соорончу кара далычы,
Ол чороң дагы бар (Радлов жазып алган вариант, 116), — деп айтылат. к. *Далы көрүү.*

СООТ — жоокерлердин согуш кийими. Ал ок, найза, кылыч жана башкалар согуш куралдарынан сактануу максатында болот шакекчелери бири-бирине чиркелиштирилип, көйнөк формасында согулган. С. алгач, Ассирияда пайда болгон.



Байыркы римдиктер, сарматтар жана башкалар колдонгон. Орто кылымда чыгыш элдеринде да, (арабдарда, айрыкча Персияда, Орто Азияда кеңири тараган. Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү археологиялык табылгаларга караганда кыргыздардын ата-бабалары С-ту 5-кылымга чейин эле пайдаланганды билишкен. Эпосто С. жоокерлер согушка кийген кийим катары жыш учурайт: «Ак күрөөкө соотун кынай кийип зыңкыйтып» (Сагымбай Орозбаков, 3. 114), «Соот, чарайна, кыягы, Кырк баатырды карасак Соо болбостой сыягы» (Сагымбай Орозбаков, 3. 138) жана башкалар Эпосто С. сыяктуу чарайна, кыяк, бадана жана башкалар жоо кийимдери да айтылат.

СӨӨК — топоним. Кытай-калмактар башта басып алган ата журту Ала-Тоону бошотуу үчүн келген Манас баштаган кыргыздардын Үрбү, Мунаркан башчылык кылган колу ушул жерде душмандын бир бөлүгү менен беттешип жеңип чыгат. Кийин душман «Улуу тоонун оюна, Өзөн суунун боюна» өлүгүн үйүп салат, өзөндүн өйүз-бүйүзү сөөккө толуп калгандыктан ал жер С. аталып калган (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 576инв., 539-б.). Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүнүн батышындагы жайлоо жана өзөн.

СӨӨК-КОЮУ — көз жумган инсандын сөөгүн ардактап жерге жашыруунун байыркы кыргыздарга таандык жөрөлгөсү. Эпосто С. к. тууралуу төмөнкүчө айтылат:

Менин көзүм өткөн соң,
Кылыч менен кырдырып
Кымыз менен жуудуруп,
Чарайна менен чаптатып,
Булгаары менен каптатып,
Ак казаным жастатып,
Кара макмал бүктөтүп,
Астыңкы жолдун үстүнө,

www.bizdin.kg

Үстүңкү жолдун астына,
Айга баккан ак сарай
Ак сарайлап коё көр,
Күнгө баккан көк сарай
Көк сарайлап коё көр (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, 7, 81-б.).

Мында Көкөтөйдүн жансыз денесинин сөөгүн этинен бөлүп алып, тазалап, табытка салып, анан жерге коюу тууралуу сөз болуп жатат. Бул элдик оозеки чыгармачылыкта гана эмес, жазма адабиятта да сейрек кездешүүчү өзгөчө маалымат. Адамдын сөөгүнөн этин ажыратып, сөөктү жерге коюу салты байыркы замандагы дүйнөлүк негизги диндердин бири болуп эсептелинген зороастризм динине таандык болгон. Илимпоздордун далилдөөсүнө караганда бул динди алып жүрүүчүлөр бир кезде (биздин заманга чейин 6-кылым — биздин замандын 7-кылымына чейин) Волганын Чыгыш тарабын мекендеген көчмөн элдерде пайда болуп, кийин Ирак жана Индия империяларына таркаган. Бул диндегилер маркумдун сөөгүн жөн гана жерге көөмп тим болушпастан, аларды атайын жасалган ассуарилерге (өзгөчө табыттарга) салып ата-бабасынын сөөктөрү сакталып турган ыйык ибадатканаларга (храм) алып барып коюшкан. Мындай ибадатканалар дөөлөтүнө жараша алтын, күмүштөлүнгөн оймо-чиймедеги өзгөчө кооздуктар менен жабдылган. Мурунку кездерде мындай сөөктөр аска таштын боорына атайын оюлуп жасалган үңкүрлөрдүн ичинде сакталган. Көпчүлүк учурда маркумдун сөөгү менен кошо анын кейпи түшүрүлүп чоподон, жыгачтан, таштан, калайдан же алтын, күмүштөн (байлыгына жараша) жасалган чоң же кичине көлөмдөгү өзгөчө эстеликтер кошо коюлган. Ушундай ыкма менен С. к. салты «Манас» эпосунда да жолугат. Саякбай Каралаевдин вариантында Манас өлгөндө анын өзүнө окшоштуруп теректен чаап адамдын сөлөкөтүн жасап табытка салып Таластагы күмбөзүнө көмүшөт да, Манастын чыныгы денесине (сөөгүнө) алтын, күмүштөн жасалгалуу кийим кийгизип, курал-жарагы менен кошо Эчкиликтин зоосундагы Кара Үңкүргө алып барып коюшат. Үңкүрдүн ичине бир канча үйүр жылкы кенен батат деп айтылат. Анын оозу таш менен бекемделип жабылат, сыртынан дайыма көзөмөл жүргүзүлөт. Кийин ушул эле үңкүргө кайып болуп кеткен Семетей да кирип кетет. Андан мурун ал атасына бата кылып келип, бул жерден Манастын сөөгүнөн башка да анын жакын адамдарынын сөөктөрүн, курал-жарактарын көргөндүгү эскерилет. Б. а. бул эпизоддордо аска боорунда оюлуп жасалган чоң үңкүргө зороастризм дининдеги бир уруу элдин өлгөндөрүнүн. сөөгү коюлуучу көрүстөн жөнүндө баяндалып жатат деп айтууга негиз бар.

Өлүүлөрдүн күмбөзү делинген ушул үңкүрлөрдө же атайын салынган сөөк сакталуучу «мүрзө үйлөрдө» ар бир адамдын сөөгү салынган «табыттарга» ылайыкталган бөлөк-бөлөк бөлмөлөр жана текчелер жасалып коюлат. Ушул текчелерге коюлуучу «ассуарилердин» көлөмү, кооздуктары, оймо-чиймелери да маркумдун тирүүлүктө ээлеген ордуна, тектүүлүгүнө жараша болгон. Көпчүлүк учурда маркумдун тирүү кезинде жашаган үйүнүн сырткы кебетеси кичирейтилген формада чагылдырып берүүгө аракет жасалган. Дегинкиси ар кандай көрүнүштөгү күмбөздөр деле бир учурдагы адамдар өздөрү керектеген турак-жайлардын өзгөртүлгөн көрүнүшү болгон. Мисалы, Чүй өрөөнүндөгү Кызыл-Суу чалдыбарынан табылган «ассуаринин» көрүнүшү кудум эле жасалгалуу «ак үйдүн» сырткы көрүнүшүн берип турат. Ошол эле жерге үйдүн керегесин, босогосун, туурдук боолорун чийин менен чийип берип, эшик кайтарган эки сакчы курал-жарагы менен көрсөтүлгөн. Б. а. бул «үйдүн» ичине коюлган сөөк атак-даңктуу адамдын сөөгү болгондугун айгинелеп турат. Ушуга байланыштуу Манастын күмбөзү да бир учурда Ак Ордо үйдүн көрүнүшүндө

www.bizdin.kg
салынгандыгын эске алып кетүүгө болот. Бул маселе Көкөтөйдүн керээзинде мындайча айтылат.

Көкөтөйдү койгондо
Чакырган журттун далайын,
Аземин элге көргөзүп,
Алтындап салып сарайын (Сагымбай Орозбаков, 3. 43). Бул саптардан күмбөз же өлүүлөрдүн сөөгүн сактаган ибадаткана жөнүндө сөз болуп жаткандыгы байкалат. Демек, Көкөтөй канга окшогон барктуу адамдардын сөөгү урмат-сый менен коюлгандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Бирок, анын Бокмурунга айткан керээзинде:

Бүлдүргөн менен өлүктү
Тирилип келмек наркы жок,
Зөөкүрлүк кылбай тим көмсүн
Сөөгүмдү көмсүн баркы жок (Сагымбай Орозбаков, 3. 30), — деп айтылган камкордук жана аёо биринчиден зороастризм идеясындагы өзүнүн жана дүйнөлүк адамдардын кийинки тагдыры жөнүндө көрүлгөн камкордукка жакындашса, экинчиден ошол зороастризм учурунда өлүктү бүлдүрүп, ал тирилип келбесин деп этин сөөгүнөн ажыратып, зөөкүрдүк кылбай жөн эле көмүү жөнүндө айтылат. Башкача айтканда зороастризм калдыктарын сынга алгандыгы байкалат. Бирок, Көкөтөй кандын өлгөнүн уккан эр Манас Бокмурунга кайрат айтып, Көкөтөйгө окшогон эл карысын өзгөчө нарк менен көмүү керектигин айтат:

Карыябыз Көкөтөй
Кандын туусун аштагын,
Каркап кырк күн болгончо
Көмбөй үйгө таштагын!
Кан атакем өлдү деп
Калкка кабар салдырып,
Жетесин жерге токтотуп,
Ак жоолуктун баарына
Атакелеп жоктотуп,
Нарк болсун кийинки өлгөнгө,
Айтуу болсун көргөнгө,
Аянбайлык Бокмурун
Атаңды жакшы көмгөнгө (Сагымбай Орозбаков, 3. 40).

Мында зороастризм учурундагы өлүктү сактап этинен ажыратып сөөктү көмүү салтынын туруктуу экендигин, барктуулугун эске салып жатат. Өлүктү сактоо салты эпосто дагы бир жолу мындайча айтылат:

Бай Көкөтөй өткөнү
Отуз алты күн болду,
Отуз алты күнүндө
Оён Манас барыптыр,
Ар тарапка кабарын
Аябай Манас салыптыр (Сагымбай Орозбаков, 3. 46, 48—49).

Дегинкиси, «сөөктү сактап» барктап көмүү салтынын түрк тилдүү элдерде учурагандыгын өз учурунда И. Я. Бичурин да белгилеп кеткен. Этинен ажыраган сөөктү өрттөп жиберип, күлүн ардактап, бардык буюм-терим менен кошо мүрзөгө коюу салты бир учурда 6—10-кылымда кыргыздарда да кенен колдонулгандыгы белгилүү.

К. Айдаркулов

www.bizdin.kg

СТИЛЬ («Манас» эпосунун стили) — жекече чыгармачылыктын өсүп-өнүгүшүндөгү автордун өзүнө таандык почерктин бөтөнчөлүгүн көрсөтүүчү сөз өнөрү. Ар бир адамдын өз алдынча чыгармачылык өнөрдө турмушту образдуу жалпылаштырып, көркөм чындыкка айландырып, көркөм образ аркылуу ачып берүү өзгөчөлүгү мазмун менен форманын негизги принциптерин өз ичине камтыган усулдук багыт. «Манас» эпосунун стилдик бөтөнчөлүгү, анын эпикалык сюжетиндеги композициялык курулушу, образдардын мүнөздүк өзгөчөлүктөрү, көркөм поэтикалык каражаттары жана ыр түзүлүш маселелеринин жыйындысы.

Эпостук чыгармалар алган багыты, композициялык курулушу, баяндоо жолу, тарыхый шарты, образдардын сүрөттөлүү ыктары, сюжеттин өнүгүшү-өөрчүтүлүшү жана башкалар көркөм компоненттеринин, окуялар өткөн мезгилдердин берилиши башка жанрдагы адабий чыгармалардан айырмаланып турат. «Манас» эпосунун сюжеттик өзөгүндө элдин тынчтык мезгилиндеги байкерчилик турмушу (к. *Идиллия)* каада-салты, этнографиясы, этикасы, эпостун байыркылыгын мүнөздөөчү мифтер, уламыштар, көөнө мотивдер бар. Укумдан тукумга өтүп, оозеки айтылып келген эпостун тутумунан орун алган «макал, ылакаптар, ар түрдүү лирикалык, какшык, санат ырлар, жөө жомоктор, поэтикалык узак жомоктор... элдин нечен кылымдардан берки чыгармачылык тажрыйбасынын натыйжасы болуп саналат» (Б. Юнусалиев). Борбордук каарман Манастын өмүрү, иш-аракети негизги сюжеттик өзөк болуп, улам жаңы окуяларды кошуп алып отурган. Эпостун стилдик мазмунун баатырдык мүнөзүндөгү окуялар түзөт.

Айтуучулар көп учурларда сүрөттөлүп жаткан окуянын сырткы элестик көрүнүшүнө көбүрөөк көңүл бурат. Бул айтылып жаткан окуянын кызыктуулугун, эпикалык предметтердин элестүүлүгүн арттыруу менен угуучунун поэтикалык сезимин козгойт. Эпостун варианттарынын сюжеттик курулушундагы жалпылык жана айырмачылыктан сырткары поэтикалык жана стилистикалык мүнөздөгү өзгөчөлүктөр жана жалпылык да бар. Ошондой эле аларда окуялардын өнүгүшү да ар кыл. Бир манасчыда айрым окуялар өзүнчө сюжеттик конструкцияга ээ эпизод катары айтылса, экинчи бир манасчыда композициялык жактан башкача курулат да, окуялар арасында сиңирилип, өзүнчө мүнөздөмө берилүү аркылуу баяндоо формасына ээ болот. Мисалы, Алмамбет, Чубак, Сайкалга байланыштуу окуялар, кыргыздардын чабылышы жана башкалар

«Манас» эпосундагы каармандарды мүнөздөөдө жана образдарды ачып берүүдөгү башкы факторлордун бири болуп композиция эсептелинет. Анткени, эпикалык баяндоо, монолог, диалог, портрет, пейзажды сүрөттөө сыяктуу композициянын компоненттери каармандардын мүнөзүн, руханий сапатын ачууга шарт түзүп, каармандардын ички монологдорунда, баатырдык күрөштөрүндө, алардын өз ара карым-катыштарында, оң каарман менен терс каармандардын ортосундагы мамилелеринде, алардын ортосундагы карама-каршылыктарда каармандардын мүнөздөрү улам терең ачылып, инсандык сапаттары айкындалат. Драмалык коллизиялар, каармандын ички дүйнөсүн ачып берүүчү монолог, диалог психологиялык аспектиде берилет. Көркөм көрүнүш катары булардын бардыгы тең турмуштук жана көркөмдүк жактан мотивделип, эпостун композициясын түзгөн эпизоддорго, образдарга, темага, идеяга жана сюжетине баш ийдирилет.

«Манас» эпосу эзелден келе жаткан салттуу стилистикалык каражаттарга бай. Каармандардын образдарын ачууда, портреттик элестерин тартууда, иш-аракеттерин, баатырдык жүрүштөрүн көрсөтүүдө, психологиялык абалдарын берүүдө эпосто салыштыруу, эпитет, метафора, гипербола, гротеск жана башкалар поэтикалык каражаттардын алган орду чоң. Мындай көркөм каражаттарды кеңири пайдалануу менен манасчы жүрүп жаткан окуядагы жалпы эпикалык орундарды жана клишелерди, баатырдын курал-жарагын, тулпарын, баатырдык

www.bizdin.kg
жүрүшүн, жекеме-жеке карашын жана башкалар эпикалык аракеттерин ачып берет.
Булардан сырткары эпикалык ыр системасынын формалары болгон ыр саптарынын муун түзүлүштөрү, строфа, параллелизм менен ар кандай тыбыштык өзгөчөлүктөрдүн негизинде түзүлүүчү аллитерация, ассонанс, анафора да эпостук стилдин мүнөздүү белгилеринен болуп саналат. Бардык варианттарда жогоруда эскерилген көркөм компоненттердин бар экендигине ылайык эпостун ар бир варианты өзүнчө стилдик өзгөчөлүктөргө ээ.

К. Кырбашев

СТРОФА, куплет — эки же андан артык ыр саптарынын уйкаштыкка же интонацияга, синтаксиске жана маанига негизделген биримдиги. «Строфа биринчиден, ыр жолдорунун белгилүү бир маани берүүчү топторго биригишин жана ал топтордун белгилүү бир интонациялык ыкмада окулушун талап кылат, экинчиден, строфа ыр жолдорун өз ичине белгилүү уйкаштык системасында жайгаштырып, белгилүү тартипте кезектешип, кайталанып, ритмдин так, даана кабыл алынышына шарт түзөт. Демек, строфа дегенибиз ыр жолдорунун белгилүү санда, белгилүү уйкаштык ыкмасында бири-бирине тыгыз айкалышып, чырмалышып, интонациялык жана ритмикалык жактан бир бүтүндүктү билдирүүчү көрүнүш» (К. Рысалиев. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. Фр., 1965, 160-б.). «Манас» эпосунун С-лык түзүлүшү да кыргыз ырларынын С-лык өзгөчөлүгүнө дал келгени менен эпостун оозеки жашашына, айтуучунун эпосту аткаруу мезгилиндеги психологиялык абалына, окуяларды көркөм баяндоо өзгөчөлүгүнө, чыгарманын обондуулугуна ылайык татаал С-лык түзүлүштөр келип чыккан. Эпостун С-ларын кээде эрежеге баш ийдириш да кыйын, алардын түзүлүшүндө эпостун өзгөчөлүктөрү менен шартталган стихиялуулук да бар. Дүйнөлүк адабиятта С. негизинен эки саптан он алты сапка чейинки ыр жолдорунан куралса, «Маната» алтымыш саптан ашкан С-лар да бар.
Тексттин синтаксистик түзүлүшүндө сүйлөмдөр кандай кызмат аткарса, тексттин ритмикалык түзүлүшүндө С. ошондой эле роль ойнойт. С. синтаксистик жактан ыр жолдорунун белгилүү бир бүтүмүн түзөт да, ал көтөрүңкү интонация менен башталып, С-нын соңуна жеткенде акырында үндүн илеби, деми, интонациясы бастайт. Ошондуктан, «Манастын» С-лык түзүлүшүн аныктоо китептен эмес «Манас» аткарылып жаткан учурда ишке ашырылса тагыраак болот. Себеби, С-лык курулушу биринчи кезекте айтуучунун темпине байланыштуу.
«Манастын» С-лык түзүлүшү жөнүндө алгачкылардан болуп пикир айткан П. Фалев эпостун текстинин үзүндүсүнүн С-лык түзүлүшүн талдап андагы С-лардын өз алдынча өзгөчөлүгүн белгилеп, айрым строфикалык формалардын түрк элдеринин поэтикасында кездешпей турганын белгилеген.
Дүйнөлүк поэтикалык чыгармаларда С-лык туруктуу түзүлүштөгү өзгөрүлбөс формадагы ырлар бар. Он төрт ыр жолунан туруп,
а — б — а — б — в — в — г — г — д — е—е — д— ж — ж — схемасында уйкашып, куплет түзүлүүчү онегиндик же чыгыштын классикалык поэзиясындагы
а — а — а — б, б —б — б —в, в — в — в — а, г — г — г — а сыяктуу схемада уйкашкан төрт саптан турган мурабба формасы «Манас» эпосунун С-лык түзүлүшү анын оозеки айтылышына, көп варианттуулугуна, төкмөчүлүк өнөргө негизделишине, өзүнчө обондуулугуна, айтуучунун куюлуштуруу. созуу, ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу өтө ар түрдүү жана дайыма туруктуу эмес. Эпостун айрым С-лык түзүлүштөрү:

1) Эки жолдуу С. (а — а)

Эми аны таштап салыңар,
Жакыптан кабар алыңар

www.bizdin.kg

Бата берип тарады,
Барар жолун карады.
Кош (же жуп) уйкаштан турган эки жолдуу С-ны көбүнчө бир окуядан экинчисине өтөрдө же бир баян тамам болгондо колдонулат.

2) Үч жолдуу С.

Чокон дөө келди күркүрөп,
Оозунан түтүн буркурап,
Маңгулдун баары чуркурап (Сагымбай Орозбаков, 1. 79).

Эпостогу үч жолдуу С. а — а — а, а — б —а, а — а — б тибинде уйкашат да, текстте өтө сейрек учурайт.

3) Төрт жолдуу С.

Айтпадымбы сага деп,
Эркек тууду катының,
Не бересиң мага деп
Акбалта айтып салганы (Сагымбай Орозбаков, 1. 67).

Дүйнөлүк адабиятта өтө көп учураган мындай төрт жолдуу С-лар «Маната» сейрек кезигет да көбүнчө
а — а — б — а, а — б — а — б, а — а — а — а, а — б — а — а, а — а — б — б формаларында уйкашат.

4) Беш жолдуу С.

— Барсыңбы, Ошпур бай деди.
Жатырсыңбы жай деди.
Ошпур бай күттүң далайды,
Алып келдим мен сизге
Козу багар малайды (Сагымбай Орозбаков, 1. 92).

Бул С-да биринчи, экинчи жана үчүнчү, бешинчи саптар уйкашып, төртүнчү сап уйкашпай калууда.

5) Алты жолдуу С.

Коон деп барып кокустан,
Башты чечип алыптыр.
Көтөрө албай далк этип,
Жерге түшүп калыптыр.
Жерге түшүп далк этти,
Эрди-башы шалп этти (Сагымбай Орозбаков, 4. 247).

6) Жети жолдуу С.

Ошо кезде Манас кан
Өзүң көргон Айбанбоз
Тартып оозун бурду эми,
Уңгусу болот оозу курч,
Мубакүлдүү сырнайза
Тобокел, калча качпа деп
Күркүрөтө сунду эми (Саякбай Каралаев, 2. 144 —145).

7) Сегиз жолдуу С.

Колундагы сырнайза
Козголбой карап Алакең,
Саралага камчы уруп,
Жебеден мурун жетти эми
Кендир курдун чети деп,
Оң далынын бети деп,
Кыска кармап найзаны,

www.bizdin.kg
Алакең муштап келип өттү эми (Саякбай Каралаев, 1. 196) жана башкалар «Манастын» ыр түзүлүшүндө эки саптан тартып алтымыштан ашык саптан турган С. да бар. Эпостон дээрлик ар бир С-лык түзүлүшкө, уйкаштын С. түзгөн ар кандай формаларын табууга болот. «Манас» эпосунун дагы уникалдуу жагы ушунда.

А. Муратов. Б. Кыдырбаева

СУГАЛАК — эпизоддук кейипкер. Үргөнчтүн боюнда Семетейди күтүп жаткандагы Айчүрөктүн нөкөрү (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 47).

СУГУМ — топоним. Жакып Манастын төрөлүшүнө арнап той берерде: «Бай калды башкы Сугумда» (Сагымбай Орозбаков, 1. 75), — деп эскерет.

СУЗАК — топоним. Алооке кан душман келди деп калкына кабар салып, Маргалаңга чейин кол жыйнаган жерлердин бири.

Кыштагы кырк беш болуптур,
Кылымга саны толуптур
Чоң Анжыян, Сузагы
Чогулткан экен ошону (Сагымбай Орозбаков, 2. 165). Географиялык реалияда С.— азыркы Жалал-Абад облусундагы район жана кыштак.

СУЙПУ — эпизоддук кейипкер. Эсенкандын курдашы жана ал ишенген кытай аярларынын бири. Алтайдагы жаш Манасты жок кылуу үчүн жиберген көп балбан-баатырларынан ажыраганын укkан Эсенкан мурда Жарманасты Манас деп алып барган аярларына ачууланып кырганда С. да өлөт (Саякбай Каралаев, 1. 122).

СУКАЛ — эпизоддук кейипкер, калмак. Көкөтөйдүн ашында Коңурбай чыр баштап, уруш чыкса эл кырылып кетет деп, кан Жолойго адилеттүү акылын айтат (Сагымбай Орозбаков, 3. 261).

СУКАН — эпизоддук кейипкер «Сыйкан деген журту бар. Сукан аттуу дөөсү бар» (Сагымбай Орозбаков, 3. 21), — деп Көкөтөйдүн керээзинде эскерилет.

СУКСАК — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры. Араниктеги согушта Бакай менен жекеге чыгып, ажал табат (Курама вариант, 2. 118—119).

СУКУМБЕК — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашында чакырылган элди конок алуу үчүн бышырып жаткан этти сорунган соргок Жолойго тарттырып жиберген кемеге башындагы бала (Сагымбай Орозбаков, 3. 123).

СУЛАЙКА — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап, жар тандоодо аты отуз жетинчи келген Абыш тагдырына буюрган С-га үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 419, 427).

СУЛАЙКА — эпизоддук кейипкер. Акбалтанын аялы. Чыйырды Манасты төрөгөндө жардамдашып жүргөн аялдардын бири (Сагымбай Орозбаков, 1. 62 — 63).

СУЛАЙМАН — диний уламышта он сегиз миң ааламга падыша болгон легендарлуу пайгамбар. Жаратылыштагы жандуулардын бардыгы С-га багынган имиш. Библияда Соломон пайгамбар делет. «Манас» эпосунда С-дын образына эпикалык баатырлардын эрдиктерин, эр жүрөктүүлүгүн салыштыруу менен аларды өзгөчө поэтикалык формада идеалдаштырат. Мисалы, «Ошол турган Бээжинден Сулайман сурак албаган» (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 919-инв., 1640-б.), — деп легендалуу С. ала албаган Бээжинди Манастын караткандыгы айтылып, баатырдыгы даңазаланат.

СУЛПУ-КОР — топоним. Радлов жазып алган вариантта Манастын сөөгү коюлган жер катары айтылат. «Бул Таластын боюнда, Сулпу-Кордун өзүндө Алып барып койду дейт» (Радлов жазып алган вариант, 282). Бул жерди азыркы Каракол суусунун сол жээгинде жайгашкан Сулпукор күмбөзү деп божомолдоого болот.

www.bizdin.kg

СУЛТАКАН — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта Тагар деген күлүгү байгелүү орунга ээ болгону эскерилет (Сагымбай Орозбаков, **3. 268).**

СУЛТАН — эпизоддук кейипкер, Көкөтөйдүн ашында Манаска нааразы болгондордун бири. Эпикалык кандар Манаска каршы чыкмак болгондо Кошойдун тыйганына көнүп, кутумга катышпай кетет (Сагымбай Орозбаков, 4. 9).

СУЛТАН Акбори, к. *Акбори С.*


СУНДУҢ, зуңдуң (кытайча цзюнь-тунь — башкы, башкаруучу; өлкөнүн башчысы) — Цин империясынын (18-кылымдын аягы — 19-кылымдын башы) мезгилиндеги чыгыш Түркстандагы кытайдын башкы башкаруучусу. Эпосто кытайлардын мансаптык наамы катары учурайт:

Ала-Белге жайлаган
Алеңгир жаасын шайлаган,
Алачолок байлаган
Аяр суңдуң Дөрө бар (Сагымбай Орозбаков, 2. 101).

СУПА САДЫК, Супа Саадак (арабча таң шооласы) — «Маната» кездешүүчү убакытты белгилей турган түшүнүк. Саякбай Каралаевдин вариантында «супа саадак» түрүндө берилген: «Супа саадак салганда Таң дүмпүйүп калганда» (Саякбай Каралаев, 1. 32). Ал эми Сагымбай Орозбаковдун вариантында мындай учурайт: «Супа садык чалганда, Таң саргарып калганда» (Сагымбай Орозбаков, 4. 79). Кыргыз тилинде «супа садык» формасы колдонулат. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн эки мисалда тең С. с. бир эле түшүнүктү билдирет. С. с. таң каракчысы же болбосо таң супа салган учурду билгизет.

СУРКАН — (моңголчо зурган — алты) — эпизоддук кейипкер, калмак чалы. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Көкөтөйдүн ашында Манас менен Коңурбай сайышка түшкөн эпизоддо эскерилет.

СУРКОЁН — Толтойдун тулпары. Эпикалык күлүктөргө мүнөздүү учкаяктык, адамдан калышпаган аң-сезимдүүлүккө ээ. Толтой Күлчоро колдуу каза болгондо душман колуна түшпөс үчүн чылбырын тиштеген боюнча элин (жедигерди) карай качат. Эмчектеш өскөн Канчоро менен Күлчоронун ортосундагы ынтымак да ушул С-ду талашуудан бузулат.




Б. Жумабаев. Суркоён.

www.bizdin.kg
Семетей душмандын курчоосунда атсыз калганда С. бир кезде олжо кылып басмырлап, ногойдун оюк энин салып койгонун кектеп баспай туруп алат. Семетей С-ду душман катары жок кылууга аргасыз болот.

СУРКУНАН, Сур кийик, Суркоён — *Багыштын* тулпары. Манас төрөлгөндө өткөрүлгөн тойдо (Сагымбай Орозбаков, 1. 82), Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылат: «Суркунандай күлүгү Албан күлүк мал эле Эр Багыштын жыландай болгон Суркоён» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 90-б.), — деп сүрөттөлөт.

СУРНАЙ, зурна (иранча сурна, сурнай, сөзмөсөз — майрамдык флейта) — үйлөмө музыкалык аспап, Кавказ (азербайжан, грузин, армян жана башкалар), Орто Азия (тажик, өзбек, кыргыз) элдеринде кытай (сона), иран жана башка элдерде колдонулат. С. камыштан жасалган мүштөк менен ойнолот. «Маната» да улуттук байыркы музыкалык аспап катарында колдонулат. Эпосто С-дын кандай нерседен жасалганы, көлөмү жөнүндө маалымат берилген эмес. Бирок, аш, тойлордо, жортуулдарда тартылганы айтылат.



Анын үнү «Манас» эпосунда «Сурнайдын үнү такылдап» (Сагымбай Орозбаков, 2. 67), — деп абдан так, өтө ачык, үндүү аспап катары сүрөттөлөт. С. түрдүү музыкалык аспаптар менен ансамблдешип аткарылуу менен айрым учурда кан төгүлгөн согуштарда жеке да тартылган. Көпчүлүк учурда С. керней менен бирдикте аткарылып жарчыга кабар айттыруучу, жоокерлерди, калкты чогултуучу аспап катарында да ойнолгон. Алсак эпосто «Керней, сурнай тарттырып, Жарчыга кабар айттырып» (Сагымбай Орозбаков, 2. 60), — деп баяндалат.

И. Рыспаев

СУУК-ДӨБӨ, — топоним. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта Коңурбай чабылган аттардын алдынан тосуп С.-Д-нүн оюнан ат сүрөөчүлөрдү көрөт (Сагымбай Орозбаков, 3. 269).

СУУК-КАПЧЫГАЙ — топоним. Жаш Манастын Каман алпты жеңгени деген эпизоддо Каман алптын шибээ деген эли жердеген жер катары айтылат:

Кытайдын аркы четинде,
Кыяңгер, Кайсаң тоосунда,
Суук-Капчыгай оозунда,
Суук-Төр деген төрүндө
Шибээ деген эл экен
Жери майдан жер экен (Курама вариант, 1. 53).

СУУК-ТӨР — топоним. Кыргыздардын Каканчынга каршы согушунда Төштүк баатыр манжунун миң балбанын бөлүп айдап алган жер (Курама вариант, 2. 223). Кытайдын Дөңгө алпы сексен дөөнү кырган жер (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 265).

СУУ КУДУК (моңголчо зу — монастырь) — эпос боюнча Бээжиндеги касиеттүү кудук. Ага жуунган адамдын күчүнө күч кошулуп, баатырдыгы артат.

Желмогуздай Көзкаман
Жеткилең белин буунган
Каңгайга барып туулган,
Бээжиндеги суу кудук
Алты ай барып жуунган (Курама вариант, 1. 288).

СУУК УКУРУК САЛУУ — жылкы тийип кетүү; баатырлардын мыкты аттарын зордук менен тартып алуу. «Көбөш Каныкейди талап алганы» аттуу окуядагы

www.bizdin.kg
«Сураса бербес тулпарың, Канчыгым, суук укурук салдымбы» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 20) деген саптар ушул мааниде, кээде жалпы эле зордук көрсөтүү, тартып кетүү маанисинде да айтыла берет:

Сураса бербес Көгала
Суук укурук салгамын,
Жалынса бербес Көгала
Жайдак коштоп алгамын (Саякбай Каралаев, 2. 121).

СУУСАМЫР — топоним. «Маната» өрөөн катары сүрөттөлгөн. Кашкарлык Махмуддун «Дивани лугат ат-түрк» деген эмгегинде Сыгун самур деген ат менен белгилүү болгон жер азыркы кезде С. деп аталат. Самур деген сөз иран тилинде кундуз, суусар дегенди билдиргендиктен, С. топонимин суу-самыры (суу кундузу) деген маанидеги сөз деп билүүгө болот.

Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Бокмурун Көкөтөйдүн ашын өткөрүүгө камынып «Суусамырды, Алайды журту жайлап далайды» (Сагымбай Орозбаков, 3. 70) малын семиртет. Көкөтөйдүн ашына Манас баатыр өз аскери менен «Салкынга жолун салыптыр, Суусамырлап ашыптыр» (Сагымбай Орозбаков, 3. 110), — деп С. аркылуу келет. Саякбай Карала уулунун «Семетей-вариантындагы Каныкейдин жомогунда: «Кетчү жолу ушу деп, Көтөрмөнү ашты эле, Суусамырды басты эле» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 205), — деп Бээжинге качкан кытай-калмактардын артынан кууп жөнөгөн кырк чоронун С. аркылуу өткөнү айтылат. Географиялык реалияда Кыргызстандагы өрөөн, тоо, ашуу, суу.

К. Сейдакматов

СУУШАҢ — топоним. Жакып Алтайда турган жер. «Жери Шыйкуу, Суушаңда, Калаасы Кара-Шаар болуп, Жердеген экен ошондо» (Сагымбай Орозбаков, 1. 155).

СҮЙҮНЧҮ —1) сүйүнө турган, кубанычтуу, жакшылык кабарды билдиргенде айтылуучу сөз. 2) Ушундай кабарды угузуп, сүйүнчүлөп келген кишиге берилүүчү белек, сыйлык. Бул салт «Манас» эпосунда Манас төрөлгөндө Көкчолок менен аттанган Акбалта Кара-Суунун боюнда кара жалдуу кула бээ тууган аксур эркек кулунду телчитип турган Жакыпка келип: байбичең эркек тууду! Балаң эки колуна кан чеңгелдеп түшүптүр, — деп сүйүнчүлөйт. Жакып камдап жүргөн алтынын сүйүнчүгө берип, көп мал айтат. С-лөө эпостун башка эпизоддорунда Алмамбеттин Манаска келгендигин С-лөп Жакып менен Чыйырдыга барганда эскерилет.

К. Жумалиев

СҮМБӨ — топоним. Көкөтөйдүн ашында кытай-калмактар байгени тартып алып баратканда:

Сүмбөдө айлым баатыр деп,
Сүрдөөнүңдө жүрөмүн,
Азыркысын кытайды
Алганыңды сүйөрмүн (Сагымбай Орозбаков, 3. 279), — деп Будаңчаң, Ушаң Манастын колуна кошулуп, кытайларды кууп жөнөйт.

СҮҢГҮ — найзанын байыркы түрү. Байыркы түрк жазма эстеликтеринин текстинде sunug («сүңүг») формасында учурайт (Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности. 28, 35-б.). Найзанын бул байыркы түрү кыргыз менен казак эпосторунда гана сакталган. «Манас» эпосунда жоокер куралы катарында колдонулганы айтылат. «Карагай найза сүңгүнү, Карыга илип алганы» (Сагымбай Орозбаков, 1. 148) деген контексттеги терминдин мааниси карагайдан учтуу жасалган найза жөнүндөгү түшүнүктү туюндуруп турат.

www.bizdin.kg
Казак эпосторунда «Толгамалы ак сүңгі, «Карагай сапты сүңгі», «Ыргай сапты сүңгі», «Көк сүңгі», формасында айтылат (Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. 186-б.). Бирок «Манас» эпосунда да, казактын эпикалык чыгармаларында да С. өтө сейрек учурап, архаизмге айлана баштагандыгын көрүүгө болот. «Сүңгү» деген сөзгө караганда иран тилинен өздөштүрүлгөн «найза» деген синонимдик формасы Орто Азия элдеринин эпосторунун поэтикалык лексикасында активдүү колдонулат, к. *Найза.*

Ж. Саатов

СЫДЫКБАЕВ Макен (1937, Жети-Өгүз району, Кытай айылы) — кыргыз театр сүрөтчүсү. Фрунзедеги сүрөтчүлөр окуу жайын (1958), Москвадагы В. И. Суриков атындагы сүрөтчүлөр институтун (1964) бүтүргөн.



Кыргыз Республикасынын искусствого эмгек сиңирген ишмери (1992). 1964—69-ж. Фрунзедеги Н. К. Крупская атындагы Орус академиялык драма театрында, 1969 — 72-ж. жана 1979—85-ж. Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында 1972 — 79-ж. 1985жылдан А. Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында башкы сүрөтчү. Элүүдөн ашык ири драмалык жана опералык спектаклдерди жасалгалаган. С-дын чыгармачылыгында «Манастын уулу Семетей» (1982), «Сейтек» (1987, М. Искаков менен бирге), «Айкөл Манас» (1990, спектаклдеринин сүрөт жасалгалары көрүнүктүү орунду ээлейт. Бул жасалгаларында иллюстративдик канондон четтеп, шарттуулукка жана монументтик образдуулукка жетишкен. Айрым жомоктук образдарды реалисттик усулда берүүгө далалаттанган. С. СССР Сүрөтчүлөр союзунун, СССР театр ишмерлер союзунун мүчөсү.

СЫДЫКБЕКОВ Түгөлбай (1912, Түп району, Кең-Суу айылы) — Кыргыз жазуучусу, кыргыз жазма адабиятынын баштоочуларынын бири. Кыргыз эл жазуучусу (1968), Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын академиги (1954). СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1948). Кыргыздын реалисттик романынын башатында турган С. «Манас» эпосунун курама вариантын түзүп элге тааныштырууда жана пропагандалоодо салым кошкон.



Жазуучунун «Манас» эпосунун элдүүлүгү, генезиси, аны тарыхый фактылар менен салыштырып изилдөө жана элге жеткирүү тууралуу ойлору, пикирлери («Манас»

www.bizdin.kg
эпосунун элдиги жөнүндө», «Тарых жана «Манас», «Манас» эпосунун генезиси жөнүндө пикир») маанилүү болуп саналат. С. эпостогу эскирген же түшүнүксүз боло баштаган сөздөрдү, сөз айкаштарын иликтеп, алардын маанисин ачуу элибиздин өткөн тарыхын тактоого көмөкчү болорун көрсөткөн жана сөздөрдүн этимологиясы жаатында байкоолорун ортого салган. Жазуучу Улуу Ата мекендик согуш жылдарында элди патриоттукка үндөө максатында К. Рахматуллин менен бирдикте «Манас жана Алмамбет» (1942) деген драма жазган. Ал 1952-ж. Фрунзе шаарында болуп өткөн «Манас» эпосуна байланыштуу Бүткүл Союздук илимий конференцияда сөз сүйлөгөн.

С. «Манастын» курама вариантынын «Сейтек» бөлүмүн түзүп жарыялаган. С. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу ордени, Элдердин достугу ордени жана медалдар менен сыйланган.

А. Абилов

СЫДЫКОВ Акбаралы (1932, Кара-Суу району, Кыргыз-Чек айылы —1983, ошол жерде) — «Манас» изилдөөчү, филология илиминин кандидаты (1972). Ош педагогика институтунун филология факультетинин кыргыз тил жана адабият бөлүмүн артыкчылык диплом менен бүтүргөн (1955). 1955—68-ж. Кара-Суу районундагы мектептерде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. 1969—72-ж. Москвадагы М. Горький атындагы дүйнөлүк адабият институттун аспирантурасында окуп, ««Манас» эпосундагы эрдиктин идеалдары» деген темада кандидаттык диссертация коргогон. 1972—83-ж. Ош педагогика институтунда улук окутуучу, доцент болуп иштеген. «Манас» эпосун изилдөө, үйрөнүү боюнча макалаларды, ««Манас» эпосундагы баатырдык мотивдер» (1982) аттуу монографиясын жарыялаган.

СЫЙКЫРЧЫЛЫК — кереметтүү күч менен айлана-чөйрөгө таасир тийгизүүгө болот деген ишенимге байланышкан иш-аракет, ырым-жырым. С. байыркы адамдардын жаратылыш закондорун билбегенинен жана табият күчтөрүнө каршы күрөшө албаганынан пайда болгон. Ал бардык динде бар. С. индивидуалдык (адам өзүн сактоо үчүн С. кылат), топтук (аборигендердин ууга чыгуунун алдындагы бийлери), коллективдүү (мисалы, жаан тилөө), агрессивдүү жана коргонуучу, зыян жана пайда келтирүүчү болуп бөлүнөт. Сөз менен сыйкырдоо да бар.

С. «Манас» эпосунда өтө кеңири орун алган. Анын көптөгөн түрлөрү айтылган. Эпосто С-ты аярлар арып, абсун окуу менен жүзөгө ашырышат. Мисалы, Үч-Турпандын каны Текестин аяры Куястын арып окуп «мейли чий, мейли куурай, мейли чөп» баарысын аскерге, чынар теректерди дөөлөргө, бутактарын курал-жарактарга айландырганы айтылат. Ал эми кытайдын Бооң аяры абсун окуу менен Чүйдү бошоткону келе жаткан кыргыз колунун астынан 90 жолдошун ажыдаар, жолборс, илбирс, бөрү кылып кубултуп тостурат (Сагымбай Орозбаков, 2. 208 —111). Эпосто кеңири учураган С-тын бир түрү жайчылык (к. *Жайчы).* Жайчылар жай таштын магиялык күчү менен аба ырайын өзгөртүп жиберүү кудуретине ээ киши. Эпостогу оң каармандардын ичинен күндү жайлоо Алмамбетке гана мүнөздүү. Алмамбет бала кезинде Аверден деген жомоктук-фантастикалык көлдөгү укмуштуу ажыдаардан жайчылыктын окуусун окугандыгы эпосто кеңири баяндалат. Ал жайчылыгы менен агымы катуу суудан өзү тараптагы жоокерлерди аман өткөрүп, душмандарды суукка тоңдуруп, жеңишке жетишкен учурлары болгон. Алмамбет Сыргак менен чалгынга чыкканда Кытайдын чегин кайтарган сыйкырдуу кароолчу жаныбарлар — куу түлкү, куу өрдөк, куу аркарга каршы дуба окуп, аларды сыйкырлап, алдыдагы тоскоолдуктарды жеңет. Эпосто чагылдырылган арбоо да (к. *Арбоо)* С-тын түрүнө жатат. Арбоо айрыкча «Семетей» бөлүмүнүн Айчүрөктүн образында таасын чагылдырылган. Айчүрөк арбоо менен адамча сүйлөөчү, күлүк Тооторуну арбап

www.bizdin.kg
тилин бууп салат жана «койго жеткис, «уйга жеткис» чобур кылып коёт. Эпосто С. оң каармандар тарабынан өтө кысталыш шарттарда гана пайдалангандыгы көрүнөт. С-ты колдонуу душман каармандар үчүн өтө мүнөздүү көрүнүш. Алардын башчылары атайы окуп келген көп сандаган сыйкырчы-аярларды кошо алып жүрүшөт. Эпостогу «Сыйкырчыдан кыркы бар, Тизе жерге бүгүлүп» (Саякбай Каралаев, 1. 41).

Жети жылдык азапты
Жети күндө билүү үчүн,
Жети аяры да бар.
Сыйкырчысы билиптир,
Эсенкандын алдына,
Калайман салып кириптир (Саякбай Каралаев, 1. 40), — деп Эсенкандын сыйкырчылары тууралуу баяндалат. Бул маалымат С. айрыкча кытайларда өнүккөндүгүнөн кабар берет.

А. Абилов

СЫЙМУН — топоним. Сулайман пайгамбардын тушунда журт бузулуп, кытайдан качып «жапан» атка конгон кыйла журттун мекени (Сагымбай Орозбаков, 3. 94). С-дун эли да Көкөтөйдүн ашына чакырылат.

СЫЙЫНУУ — айлана-чөйрөгө, жаратылыш кубулуштарына, жан-жаныбарларга, арбактарга жана башкалар ушундай сыяктуу көрүнүштөргө карата аткарылуучу диний-мифологиялык маанайдагы ырым жырымдардын жыйындысы. С. ар түрдүү болгон. Мисалы, магиялык, анимисттик, тотемдик, фетиш, арбактарга, жаратылышка жана башкалар Кыргыз элинин байыркы замандагы идеологиясында диний-мифологиялык көз караштар элдин турмуш-тиричилигинде зор орунду ээлеп келген.

«Манас» эпосунда жаратылыш кубулуштарына, арбактарга, касиеттүү жер-сууга, жана башкалар ушундай сыяктуу С. өтө кеңири орун алган. Мисалы, «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунда арбакка С. ага карата эл чогултуп, аш берүү жана башкалар каймана аракеттер, же болбосо Жакыптын бала көрбөй зар какшап «Жараткан жапар кудайым» деп күн сайын С-ганы, же болбосо «Көк теңир, Умай энеге С. жана башкалар ыр саптары «Манас» эпосунда кеңири орун алгандыгын далилдейт. Ар бир С-нун өз ирети, ырым-жырымы калыптанган.

А. Көчкүнов

СЫНЧЫ. «Манас» эпосунда каармандарды, жаныбарларды, айрым көрүнүштөрдү сынап, сапатын көрсөтүүчү адамдардын бар экени айтылат. Эпос боюнча С. төмөндөгүдөй функцияны аткарат: 1) адамдардын жоокердик сапатын, жылкынын, тулпардын сапатын жана бүркүт менен иттердин сапатын сынап билет. 2) салгылашуунун алдында согуш планын аскерлерди туура жайгаштыруу ыкмасын түзөт. 3) бирөөнүн келечек тагдырын алдын ала айтат. 4) чалгынчылык, тыңчылык кылат. С-нын универсалдуу сапаты жөнүндө эпос:

Билгичтиги бир башка
Жадыгөйү бир башка,
Бээжинден чыккан көйкашка.
Артык сынчы, билгич кул,
Ары жагы Бакбурчун,
Улаңды, Кентун, Дуңшаны
Нескара көргөн мынчаны,
Эсебин билет ал элдин,
Эсебин билет бул элдин;
Зордугун билет ал элдин,
Көкөтөйдүн ашы деп,
Көрүнөө келип чогулган,

www.bizdin.kg

Аздыгын билет бул элдин (Курама вариант, 2. 31).

С. жөнүндөгү эпостун маалыматтары кол жазма булактар менен да бышыкталат. Мисалы, 16-кылымдын башталышында жазылган «Таварихи гузида— йи нуерат — Наме» аттуу түрк тилиндеги кол жазмада С. жөнүндө мындай жазылган: «Акырында элдин арасындагы улуу кандардан калган сынчылар менен аксакал бектер ушул эки канзаада жакшы кишилер болот дешти. Анан алардын ошондой деп айткан ойлору эл ичине тарап кетти». Бул чыгарманы изилдөөчүлөр С-ны 15-кылымдардагы феодалдык категорияга киргизишет. Мүмкүн алар казак менен кыргыздардын кандарынын кеңешчиси жана согуш адиси катары, аскер жана ат тандап алууда кеңешчи болгон.

И. Молдобаев

СЫНЧЫБЕК, Сынжыбек — эпизоддук кейипкер, Анжыяндын беги. Өзбек элинин өкүлү катарында Көкөтөйдүн ашына чакырылат, ал өз аскерлери менен келип, аштын бардык шаан-шөкөттөрүнө катышат. С. Саякбай Каралаевдин вариантында гана айтылып, дайыма туруктуу ыр сабы менен: «Анжыяндын айры сакал Сынчыбек» (Саякбай Каралаев, 2. 15, 19, 26) деп мүнөздөлөт. Манаска каршы кутум уюштурган кандардын бири С. болот. Кыргыздардын эркиндиги, көз каранды болбостугу кытай, калмак баскынчыларына каршы жүргүзгөн уруштардын ичинен чечүүчү мааниге ээ болгон Чоң казатка С. өз ыктыяры менен, өз аскерлери менен кол башчы баатыр катары катышат. Бири-бирине жакын турган танапташ, тилектеш, урааны бир эл өкүлү катары С. Манас баатыр менен бирге аракеттенип, жардам берет (Саякбай Каралаев, 2. 64, 72).

СЫР, СЫР-ДАРЫЯ — топоним. Жакып Манаска кыз издеп, көөнүнө эч ким толбой, Ташкенге баратып кечип өткөн дайра (Сагымбай Орозбаков, 2. 359), Көкөтөйдүн малы жайылган жер (Сагымбай Орозбаков, 3. 47, 70). Каныкей Семетейди алып Букарга качып баратып кечип өткөн дайра (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 138). Географиялык реалияда Орто Азиядагы ири дарыя.

СЫРГАК, Бердибек — кырк чоронун белгилүүлөрүнүн бири, айтылуу чоң баатыр. Эпостун бардык варианттарында туруктуу айтылган салттык образ. Сагымбай Орозбаковдун вариантында өз аты Бердибек, С. сын аты делет. Алмамбет, Чубактар менен бир катар турган эпикалык баатырлардын бири. Эпостун ар башка негизги варианттарында С-тын ата-теги ар башка айтылат. Саякбай Каралаевдин вариантында Жакыптын бир тууганы *Улаккандын* баласы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында да Манастын жакын тууганы делет. «Капылетте сөз тапкан, кысталыштан жол тапкан», чындап келсе баатырлыгы Манаска барабар, шамдагай элпек, арыбаган, талбаган С. эч качан беттешкен жоодон кайра качпайт. Манасчылар С-ты сыпаттоодо анын баатырлыгын, сымбатын, жекече сапаттарын мүнөздөшөт:

Акыр заман журтуна
Аты калган Сыргак деп.
Сыны сыргак, өзү эр,
Сынын билген айткан эл,
Сырттандардын өзү дээр (Сагымбай Орозбаков, 2. 144.)

Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак,
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Кара болот кыргагы
Кан Манастын Сыргагы (Саякбай Каралаев, 1. 197).

С-тын каармандыгы баатырдыгы өзгөчө Бээжинге чалгынга барганда, согуш учурларында көрүнөт. Колду мерчемдүү жерге жайгаштырган соң, Алмамбет —

www.bizdin.kg
Бээжинге чалгын чалууга жолдош кылып жалгыз С-ты тандайт. Ага мүнөздөмө берип келип:

Бир өзүн миңге баалаймын,
Сырттан заада Сыргакты
Жолдоштукка каалаймын.
Болсун Сыргак жолдошум
Чоң Бээжинге жол болсун.
Иришип душман көптөсө
Ишенээрим — кудайым
Иштетээрим — бир Сыргак (Сагымбай Орозбаков, 4. 174— 75) деген Алмамбеттин баасы С-тын адамдык сапаттары менен катар эле эрдигинин да күбөсү. Бээжинге чалгында С. чоң сыноодон өтүп, экөөлөп кытай чек арасын кайтарган куу кулжаны, куу түлкүнү, Малгунду, Канышайды жайлап, дагы нечен кыйын абалдардан жеңиш менен чыгышат. Чоң казатта далай эрдик көрсөтүп, Айжаң-жуңу баш болгон кытайдын белдүү баатырлары С-тын колунан набыт болушат, Коңурбайды да Алгаранын үстүнөн ыргыта сайган учурлары болот. Коңурбай С-ты көздөй көр деп Кожожашка бекеринен жалынбайт:

Ушу Сыргак баладан,
Ээримен арт кетти,
Жүрөгүмө дарт кетти,
Боконо сөөгүм болк этти,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы ыйлап солк этти (Саякбай Каралаев, 2. 188).

Кыскасы, С-тын аты да С., заты да С. (Сыргак — кыраан бүркүттүн бир түрү).



Т. Герцен. Сыргак.

Кызыл-суулук манасчы Жусуп Мамайдын вариантында Сыргак, Серек экөө Жакыптын Магдымдан төрөлгөн балдары, Манастын аталаш бир туугандары делет.

К. Кырбашев

www.bizdin.kg
СЫРНАЙЗА — Манастын найзасынын энчилүү аты. Ал ат үстүнөн сайышууга ылайыкталган атайын жасалган согуштук курал. С. алып жүргөн адамга карата ал «бийликтин» символдук милдетин аткарып калат. Ошондуктан, анын жасалышына, сыпатына, кооздугуна өзгөчө көңүл бурулган. Саякбай Каралаевдин вариантында Бөлөкбай уста жасаган учу жана мизи атайын тандалган курч болоттон ширетилип чыгарылат. Сабы «он эки түрдүү кырдалып, тарамыш менен чырмалып, желим менен чапталып» жасалат. Бул болсо саптын бекемдүүлүгүн жана серпилгичтигин күчөткөн. Жортуул учурунда С. кошундун туусу менен бирге жоокерлердин алдында алынып жүрүлгөн. Өлүм учурунда «аза туусу» байланып үй жанына коюлган. С. Манастан Семетейге мурас болуп калган.
СЫРТТАН — эпитет. С. жомокто төмөнкүчө сүрөттөлөт: жонун бүтүндөй тикирейген жал басып, кулагы тикчигий, башы чоң, тумшугу шуштугуйурак келип, башка жырткычтар жей албаган жиликтин башын талкалай чайнап, эт-мети менен жутуп жиберет. Манас жана эпостогу баатырлар көк жал делип ушул жырткычка салыштырылган. Эпосто ошондой эле С. баатыр, эр жүрөк, чыгаан, мыкты маанисинде көп колдонулат. С. эпитети эпостогу баатырлардын атына синоним болуп көкжал, шер, кабылан жана башкалар жырткыч айбандардын, шумкар, туйгун жана башкалар кыраан куштардын аттары сыяктуу эле эпикалык каармандардын көркөм образдарынын түзүлүшүндө поэтикалык каражат салттуу түрдө туруктуу колдонулган. Мисалы, Манас жөнүндө: «Сырттан көк жал кабылан» (Саякбай Каралаев, 2. 62), «Сырттан Манас башкарып» (Сагымбай Орозбаков, 3. 162); Алмамбет жөнүндө: «Сырттандык кылса зыңкыйып, Ою терең эр болсо Олутун таап олтурар» (Сагымбай Орозбаков, 2. 305). Мына ушул сыяктуу эле эпостогу башка баатырлар да көбүнчө С. эпитети менен айтылат: «Сырттан Кошой жолборсум!» (Сагымбай Орозбаков, 3. 196), «Сырттан Сыргак токтолду» (Сагымбай Орозбаков, 4. 259), «Андай болсо, Жоорунчу, Сырттандыгың билгизгин, Сыяпат менен киргизгин» (Сагымбай Орозбаков, 4. 23), «Сырттандардын баарысы Сырлуу бараң асынып» (Сагымбай Орозбаков, 4. 24) жана башкалар.
СЫЯБУШ — топоним. Эпосто калмактар жашаган жер катарында эскерилет. Алардын улуктары:

Эмил, Бөкөн, Тагылык
Сыябушта калмак бар,
Күн жүрүмү жагында
Ит-Кечпестин көлү бар,
Баарында калмак эли бар (Сагымбай Орозбаков, 3. 260), — деп кеңешкенде айтылат.

СЫЯГҮЛ — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты үчүнчү келген Сыргак тагдырына буюрган С-гө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 3. 418. 422).
СЫЯМУН, к. *Сыймун*
СЮЖЕТ (французча suiet — предмет, мазмун) — чыгармалардын мазмунун түзгөн окуялардын ырааты (системасы), ошол окуя-кырдаалдардын ичинде мүнөздөрдүн өсүш жана уюшулуш тарыхы, калыптанышы. Көп пландуу, окуя, каармандарга өтө бай чыгарма болгондуктан «Манас» эпосу да көп тарамдуу, ошондуктан, жалпы үчилтиктин жалпыланган С-тинде, ошондой эле ар бир бөлүмдүн, же эпизоддун өзүнүн С-ин да белгилөөгө болот. С-ти курууда конфликтиге чоң роль таандык, ал С-тик сызыкты бузуп-жарат, өзгөртөт, тездетет *(к. Конфликт).* Эпостогу С. негизинен хронологиялык тартипте өнүгөт, башкача айтканда окуялар убакыт, мезгил жагынан өз ара байланышып, бири-бирин түз багытта улап жүрүп отурат.
Көп варианттуу, татаал С-түү, зор көлөмгө ээ «Манас» эпосунда С-тин элементтеринин бардыгы — пролог, экспозиция, окуянын чиелениши, окуянын

www.bizdin.kg
өнүгүшү, окуянын өсүп жеткен чеги (к. *Кульминация),* окуянын чечилиши, эпилог — дээрлик бүт бар. Окуя бир нече С-тик сызыкта өнүккөн учурлар кездешет. Эпостун С-ин түзгөн туруктуу салттык окуялар өзгөчө зор көлөмдүү чыгарманы оозеки аткаруу тажрыйбасынан пайда болгон зарылчылыкка ылайык чоң-чоң эпизоддорго бөлүнүп түзүлгөн. Ал эпизоддор көптөгөн майда окуялардан жана маалыматтардан куралат. Ушуга ылайык формалык курулушу жактан чоң эпизоддор өзүнчө эпоско таандык белгилерге ээ. Алардын ар биринин аталыш аты да бар. Мисалы, «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» жана башкалар Сюжеттин көп тарамдуулугу, кызыктуулугу «Манастын» негизги бөтөнчөлүктөрүнүн бири болуп саналат, к. *«Манастын» сюжети, «Семетейдин» сюжети,* «Сейтектин» сюжети.

Б. Кыдырбаева, А. Муратов

Т

ТААЖЫ — кандын, падышанын бийлик абалын күбөлөөчү баш кийим. Жогорку бийликтин белгиси катары ар кандай формада алтын, күмүш жана асыл таштар менен кооздолуп жасалган. «Манас» эпосунда эл башкаруу, уюмдашуу, элди бириктирүү, атайын башкарылган топко биригүү жөнүндөгү калк мүдөөсү боюнча Манас кан шайланат. «Кандуу журт болуп калдык деп, Кабылан Манас баланы Кан көтөрүп салдык деп» (Сагымбай Орозбаков, 1. 290) кубанган эл Манаска:

Кан өкүмүн тийгизди,
Кан таажысы ушу деп
Кан Манастын башына
Жыгалуу бөрктү кийгизди (Сагымбай Орозбаков, 1. 290).

ТААНЫШКАН — эпизоддук кейипкер, Зыяндаштын атасы, Көкөтөйдүн ашында Жолой менен күрөшкө түшө турган киши издеп Кошой кыргыз, казак жана башкалар союздаш түрк элдеринин алп балбандарына кайрылган учурда Т. эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 3. 193).

ТАБУ (полинезия тилинде — тыюу) — алгачкы жамаат коомунун адамдарындагы айрым бир жорук-жосундарга коюлган чектөө, тыюу системасы, ыйык, колдонууга болбогон, айтууга тыюу салынган (тергөө) сөздөр, суроолор, ойлор жана башкалар Алгачкы жарым-жапайы кишилер кээ бир нерселер менен буюмдар адам сыяктуу эле сыйкырдуу жашыруун күчкө ээ деп ишенишкен, ошондуктан аларды күндөлүк боло турган иш катары карабай ыйык тутушкан. Ыйык туткан эрежелерди бузуу, кудай же сыйкыр күчтөр тарабынан сөзсүз түрдө жазаланат деп билишкен (ооруга чалдыгуу, өлүмгө кириптер болуу жана башкалар).

Т. адамдын тиричиликте өмүр сүрүшүнүн эң олуттуу маселелерин теске салып, бир нукка калыптап бекемдеген. Маселен, үйлөнүү (ника) эрежелерин сактоо, аза күтүү, сөөк коюу расмиси жана башкалар Күнөөгө батууга, жосунсуз жорук жасоого тыюу салуу, дүйнөдөгү диндердин баарына тең тиги дүйнөдө тозок отуна түшүп жазалануу менен байланыштырылат. Т-нун белгилери эл турмушунда жана элдик чыгармачылыкта даана чагылдырылган. Айталы, жолдо баратып түн киргенде чалдыбарга түнөөгө болбойт. Анткени, элдик түшүнүк боюнча ал жерди жин-шайтандар мекендешет. Түрктөр өз тотеми «аюуну» тергеп «кара-оглан» деп аташат. Түрк тилинде сүйлөгөн элдердин бир тобу албарсты, азыткы сыяктуу жамандык кылчу рухтарды «атсыз» деп аташкан, алардын атынан айтса угуп келип калат деп коркушкан. Азербайжандар дөө, жин, пери деген сөздөрдү айтуудан чочулап «бизден жакшылар» деп тергеп айтып туюндурушкан.

www.bizdin.kg
«Манас» эпосунда да Т-нун айрым элементтери сакталган. Мисалы, Саякбай Каралаевдин вариантында балага ат кандайча коюлганы айтылбаганы менен, баланын аты Манас болору, калмактарга Чоң Жинди деп угузулары бир нече жолу (Жакып көргөн түштө, сүйүнчүлөп барган Акбалтанын сөзүндө) эскертилет. «Баланын аты — Чоң Жинди, Ар жаккы атын ким билди!?» (Саякбай Каралаев, 1. 58), «Манастын атын бурмалап, Чоң Жинди деп ат коюп» (Саякбай Каралаев, 1. 56) чыныгы атын жашырат. Балага чыныгы жана жардамчы аттын берилиши байыртадан эле кеңири жайылган салт болгон. Эркек бала эрезеге жетип, өз алдынча эрдик иш иштөөгө жараганда (кан төгүп, баш кескенде) чыныгы ысымын ыйгаруу адаты менен узак убакыт баласыз жүргөн, баласы токтобогон ата-эненин баланы ар кандай кырсыктардан сактоо үчүн чыныгы атын айтпай, угууга комсоо, кулакка жагымсыз башка ат менен тергөө (Чоң Жинди, Бокмурун) атоо ырымынын калдык үлгүлөрү, өзгөргөн түрү «Манас» эпосунда сакталып калган.

Х. Короглы

ТАБЫП (арабча табиб — дарыгер) — «Манас» эпосунда эпикалык душман тарабынан ууланган башкы баатырды жана кыйнап, кордоп жазаланган оң каарманды элдик медицинанын ыкмалары менен дарылоочу дарыгер. Эпосто Т-тар колдонгон элдик медицинанын көп түрдүү ыкмалары жөнүндө айтылат, анын ичинде өсүмдүктөрдөн даярдалган дарылар, минералдар, эпикалык дарылар, айбанаттардын этинен, ички органдарынан жасалган жана башка дары-дармектер; элдик хирургиялык аспаптар (аштар, тинтүүр), ар кандай хирургиялык ыкмалар кеңири пайдаланылгандыгы баяндалат. Баатырды жакын тууганы, кээде жолдошу, аялы жана башкалар кастык кылып уулантышы жана андан укмуштуу түрдө аман калуу (кээде өлүп кайра тирилүү) жөө жомоктордо, эпостордо кеңири белгилүү сюжет. Мындай салттык сюжет «Манас» эпосунда Көзкамандар окуясына байланыштырылып берилген. Көзкамандар окуясына окшош окуя «Мажму ат-таварихте» да бар.

Түпкү аталары Манас менен уруулаш чыккынчы Тубай Манасты ууландырып, эсучун билбей жатканда ага уунун күчүн тарата турган дары беришет. Ал дарыны дарыгер Сайид Жалалад-Дин Манастын оозуна күнүнө бир тамчыдан куюп отуруп, он күн дегенде Манас көзүн ачат (Кол жазмалар фондусу, 5114-инв., 65-б.). Саякбай Каралаевдин вариантында Көзкамандардан ууланган Манасты Бек-Жайлоодогу үңкүргө алып барып, Каныкей дарылап айыктырат. Эпикалык ички чыккынчы душмандар тарабынан ууландырылган Манасты Т-тын айыктырышы (Сейид Жалал ад-Дин, Каныкей жана башкалар) — эпостогу көөнө сюжеттердин бири.

«Сейтек» эпосунда Манастын досу — Момунжан дарыгер Кыяс далысынын кечирин кестирип жазаланган Күлчорону дарылап айыктырат. Күчүнө-күч, кайратына кайрат кошуп., мурдагы абалына келтирет. Ошондой эле «Манаста» өсүмдүктөрдөн, жаныбарлардын түрдүү органдарынан даярдалган дары-дармектер, аларды колдонуу жөнүндөгү, элдик хирургиялык аспаптар, аларды Т-тар кандайча пайдаланышкандыктары туурасындагы маалыматтар да орун алган. Мисалы, эпосто согушта жарадар болгон жоокердин жарасын тилип тазалаганда аштар аттуу аспаптын колдонулгандыгы («Токтогон окту аштарлап, Тилип жаткан дагы бар»), денеде калган мылтыктын, жаанын огунун, башка темир куралдардын денеде токтоп калган сыныгын табуу жана ордунан козгоп, копшутуп чыгаруу үчүн тинтүүрдүн колдонулгандыгы («Тинтүүр менен тинткилеп, ойногон окту табышты» да баяндалат, к. *Элдик медицина.*

А. Казакбаев

ТАБЫТ (арабча) — өлгөн адамдын сөөгүн салуучу, сөөгүн салып көтөрүүчү атайылап жасалган такта. «Манас» эпосунда Көкөтөйдү койгондо «Жаназасын

www.bizdin.kg
окутуп, Табытка салып көтөрүп» (Сагымбай Орозбаков, 3. 54—55) барып сөөгүн койгондугу айтылат. Ошондой эле Манастын сөөгү да Т-ка салынып коюлгандыгы эскерилет: «Супка салып оротуп, Табытына салды эми» (Саякбай Каралаев, 2.250).

ТАГАЙ Бекмурат уулу (1899, Чоң-Алай өрөөнү, Чап айылы —1973, ошол эле жер) — манасчы. Жомокчулукту чоң атасы Айдар Токтор уулунан (1835—1925) үйрөнгөн. Эпосту анын өз атасы Бекмурат да айткан. Оор турмуштун айынан Т. революцияга чейин эпосту сейрек айткандыктан билгендеринин көбү эсинен чыгып калган. «Манастан»: Манастын балалык кези, Накылайга үйлөнүшү жана Талас баатырдын жылкысын тийип, аны менен согушуп жарадар болгону жөнүндөгү окуяларды 1947-ж. К. Мифтаков жазып алган (Кол жазмалар фондусу, 1116-а инв.) Андан «Эр Кошой» деген эпикалык чыгарма да жазылган.

ТАГАРМА — топоним. «Куда болуп кайындап Кутулбадың карзымдан», — деп Манас баатыр атасы Жакыпка айткан арманында:

Тагарманын калаадан
Шооруктун кызы Акылай
Шоодураган капырай
Карматып алдым камоодон (Сагымбай Орозбаков, 2. 36), — деп айтылат. Памирдин күн чыгышындагы реалдуу жердин аты менен байланыштуу.

ТАГИРЖАНОВ Абдурахман Тагирович (1907—83)— белгилүү филолог, профессор. (1926). Ташкендеги рабфакты, 1941-ж. филология факультетин бүтүргөн. 1943 — 45-ж. СССР Илимдер академиясынын Чыгыш тануу институтунун Ташкендеги бөлүмүндө аспирантурада окуган. 1945 — 46-ж. тажик мамлекеттик университетинде окутуучу. 1946жылдан Ленинград мамлекеттик университетинин Чыгыштаануу факультетинде окутуучу. 5 китептин жана 50дөн ашуун эмгектердин автору. «Мажму ат-таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») аттуу тажик тилинде жазылган кол жазма түрүндөгү чыгарманын Ленинград мамлекеттик университетинин Чыгыштаануу факультетинин кол жазма фондусунда сакталып турган нускасын 963-инв.) таап, изилдеп, анын фото көчүрмөсүн өзүнчө китеп кылып чыгарган жана ага кириш сөз жазган. Кол жазмада башка тарыхый окуя, санжыра, уламыш менен катар «Манас» эпосунан айрым эпизоддор камтылган. Т. бул чыгармага мүнөздөмө берген. «Манаска» тиешелүү бөлүмдөрдү да изилдей кеткен. Анын ою боюнча аталган кол жазма негизинен кыргыздын эпикалык чыгармаларынын таасиринде жазылган, к. *«Мажму ат-таварих».*

И. Молдобаев

ТАГЫЛЫК — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры. Орго кандын белдүү кол башчыларынан. Манастын Орго кан менен болгон согушун баяндаган окуяда Т. жүз миң колу менен Манастын жолун тосуп салгылашат. Манас баатыр менен жекеге чыгып ажал табат (Сагымбай Орозбаков, 2. 121 — 123).

ТАЖИК — этноним. «Манас» эпосунда кыргыздарга канатташ жашаган эл катары баяндалат. Эпостун негизги каармандарынын бири Манастын жары Каныкей тажик каны Атемир кызы. Эпосто «Манастын Каныкейди алганы», «Манастын күйөөлөп барганы» эпизоддорунда (Сагымбай Орозбаков, 3. 438) кыргыздар менен тажиктердин мамилелери кеңири сүрөттөлөт. «Семетей» эпосунда Семетейдин балалык чагы тажик элинде өтөт. Эпосто, ошондой эле Музбурчак деген каарман да «Тажиктен чыккан Музбурчак» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 851-инв. 382-б.), — деп айтылат. Демек, Т-тер эпостун окуяларына активдүү катышкан эл катары сүрөттөлгөн. Т-тер азыркы учурда Тажик ССРинин негизги калкы. Тажик элинин калыптануу процесси биздин заманга чейин2-миң жылдыктан башталып, биздин замандын 9—10-кылымында аяктаган.

www.bizdin.kg

ТАЗ, Таз чечен — эпизоддук кейипкер, Үрбүнүн атасы. Кыпчак каны. Жакыптын кыйыр тууганы, акылдашы, сөзгө чечен адам. Эл чогулган аш-тойго, кеп-кеңешке дайыма катышат, Манастын жортуулдарына катышат. Кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчөлү деп жыйын курганда Т. уулу Үрбү Кемен шаанын кызы Ойсалкынды алып, бул жерден кетер эмес, болбосо мен да көчөт элем деген шылтоону айтат (Сагымбай Орозбаков, 1. 44; 2. 39, 68, 153; Сагымбай Орозбаков, 3. 25).

ТАЗБАЙМАТ — кырк чоронун бири. Башка чоролордун катарында дайыма аты аталып гана өтпөстөн айрым окуяларга активдүү катышып, өзүнчө мүнөздөмөгө, баатырдык сапатка ээ кааман катары айтылат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында:

Ыраман уулу ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу,
Казат десе камданып,
Каршы жоого чыкчуусу (Сагымбай Орозбаков, 2. 150) делип жоого аттанганда алдыңкы катарда болот, ошондой эле асаба алып жүрүүчүнүн милдетин да аткарат (Сагымбай Орозбаков, 3. 50).



Тазбайматтын изи (Соңкөл өрөөнү).

Туу алып жүрүүчү чоро экендиги Валиханов жазып алган эпизоддо да «Тегерек журтка далданым, Туу көтөргөн балбаным» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 185-б.) — деп эскерилет. Эпостун варианттарында Т. чоролордун кенжеси катары сүрөттөлүп, Манаска тамак бышыруучу чоролордон экендиги да айтылат. Радлов жазып алган вариантта чайчысы, ал эми Валиханов жазып алган эпизод боюнча «Казы менен жал кайнаткан» ашчысы катары сүрөттөлөт «Чоң казатка аттанганда Т. он башы болуп шайланат, анын карамагына Манас кирет. Кол болжолдуу жерине келгенде Алмамбет тактап эсебин алат. Ошондо Т. бир кишисин таппайт. Көрсө ал Манасты унутуп калыптыр. Манасчы Т-тын жоругун юморлуу сүрөттөөлөр менен берет жана бул сценада юмор өзүнүн жогорку нокотуна жетет:

Уруп кеткен Тазбаймат,
Улук киши сен болсоң,
Унуткан кишиң мен болсом,
Ушу жорук саа чала
Он башы ойрон сен болсоң,
Оюңда жогуң мен болсом (Сагымбай Орозбаков, 4. 170), — деп Манас күлгөндө элдин баары күлөт. Ушундан кийин эл арасында «Тазбаймат Манасты унуткандай» деген ылакап сөз айтылып калыптыр.

К. Кырбашев

ТАЗГАРА — Султанкандын байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта Калкамандын Назгарасынан кийин келет (Сагымбай Орозбаков, 3. 268).

www.bizdin.kg

ТАЙ-АШУУ — топоним. Кара кытайлардын Молтокан менен Алооке кыргызды чаап Жакыпты Алтайды көздөй айдаганда «Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу», Кичи Жылдыз, Чоң Жылдызды» басып өткөн ашуу (Саякбай Каралаев, 1. 36). Манас баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келатканда ашат (Саякбай Каралаев, 1. 167). Шиңжаңдагы Жылдыз тоосунун ашуусу менен байланыштуу.

ТАЙБАС — жомоктук-фантастикалык жаныбар. «Алооке кандын Манаска багынганы» деген окуяда алтымыш жигит кошчу алып Манас ууга чыгат. Анжыян менен Кашкардын арасы, андагы аты Ара-Түз, азыркысы Арпа деген жерде аң уулашат. Ал жерде: «Жабыр баян дагы бар, Кылыч куйрук тайбасы, Кыйындардын баары бар» (Сагымбай Орозбаков, 2. 169) экени баяндалат. Ошол эле окуяда Алооке кандын ажайыпканасында багылган көптөгөн укмуштуу айбанаттар жөнүндө айтылат, анын ичинде Т. да болот. Т-тын сүрү жана кандай жаныбар экени «Бир тайбастын өзүндө, Токсон жолборс күчү бар» (Сагымбай Орозбаков, 2. 182), — деп сүрөттөлгөн.

ТАЙБУУРУЛ, Нарбуурул, Нарбуудан — Саякбай Каралаевдин вариантында Манастан Семетейге мураска өткөн тулпар. Т-дун тегин манасчылар жылкынын пири Желкайыптын өзү менен байланыштырышат жана кыз Сайкал менен Манас сайышып, жакшылыкча бүткөн беттешүүдөн кийин достуктун белгиси катары Сайкал Семетейге арнап тартуу кылат. Эпикалык салтка жараша Сайкалдан белекке келген кызыл буурул тай менен Семетейдин жарыкка келиши бир мезгилге чамалаш айтылып, Манас өзү Т. деп ат коёт. Молдобасан Мусулманкуловдун варианты боюнча Сайкал Манаска тартуулаган Т-дун алгачкы учурдагы көрүнүшү көзгө комсоо чолок тай болот да, жетилгенде арып-азбаган чыгаан тулпарга айланат. Башка аттарга кара ганда өтө зор, күлүк тулпар катары белгилеп, Саякбай Карала уулу Нарбуурул, Нарбуудан деп Т-га синоним катары колдоно берет.



Б. Жумабаев. Тайбуурул.

Анын кажыбас күлүктүгү башка тулпарлар менен салыштырмалуу берилип, башка күч келген учурларда Т. ажат ачат. Т. Манастын көзү өткүчө ага кызмат кылат, кытай менен болгон согушта жаралуу Манасты Т-га жүктөп келишет. Манас өлгөндө Ажыбай өзүнүн Карткүрөң тулпарына ишенбей Т-ду сурап минип чабаганга кетет. Т-дун мындай өзгөчө чыдамдуу күлүктүгү, айбан да болсо акылынын тунуктугу эпосто көп жолу далилденип:

Кумга туулуп, чөлгө өскөн,

www.bizdin.kg

Кулан менен бирге өскөн,
Карга туулуп, музга өскөн,
Кайып менен бирге өскөн, (АТ, «Семетей», 989-инв., 210-б.) болуп түшүндүрүлөт. Манас өлгөндө анын башка айбандары сыяктуу эле Т. да безип кетип, Семетей эр жетип, элине келгенде алдынан тосуп чыгат. Ошондон баштап Семетейдин өмүрүнүн акырына чейин ага кызмат кылат. Эпосто Т-га өзгөчө маани берилген. Анткени, Семетей менен анын чоролорунун ортосунда ишенимдүү ат жалгыз Т. ошон үчүн ар бир кооптуу жоого аттанарда улам бири минет. Т-дун бир нече баатырдын ортосундагы жалгыз ат болуп калышы кыргыздардын бөлүнүп, жарылып мурдагы күчтүү абалы жок экендигин символикалык түрдө белгилеген элес. Ушундай эле соот-чопкут, курал-жарак да баарынын ортосунда бир сыяктуу сүрөттөлөт. Т-га ким минсе ошол Манастан калган Аколпок, Сырнайза, Ачалбарсты пайдаланат. Элдик баатырлардын Манастын учурундагыдай өзүнө ылайык туруктуу ат минип, туруктуу курал-жарак пайдаланышпай, тескерисинче бир нече баатырдын ортосунда күчтүү жоого кирүүгө жарактуу, ишенимдүү бир эле ат, бир эле кийими, курал-жарак болушу да ушул доордун мүнөзү менен шартталган. Эпикалык тулпарларга мүнөздүү магиялык касиеттеги салттык мотивдер Т-дун образында да сакталган. Мисалы, Күрпүлдөктүн суусуна аккан Семетейди куйругу менен тосуп чыгарып өлүмдөн куткарат. Жоо келатканда Т-дун «Таманы жерге тарсылдап, Көкүлүнө шам күйүп, кулагынан жаркырап мунар чыгып» (МЧ, Кол жазмалар фондусу, 222-инв., 18-б.) көрүнүшү апыртмалуу сүрөттөлөт. Касташкан душмандары Семетейди адегенде атынан ажыратууга аракеттенет. Ошол максат менен Чынкожо Семетейден Т-ду суратат. Канчоро кастык менен Т-ду Үмөтөйдүн кунуна бердирет. Т-га Үмөтөйдүн сөөгүн жүктөп Акеркечке жөнөтөрдө Семетейге жакындары адилет сөзүн айтат.


Канатыңдан кайрылба,
Тайбуурулдан айрылба,
Аколпок тонду чечинбе
Аманат жандан кечинбе (ЫА, Кол жазмалар фондусу, 188инв., 35-б.), — деп Бакай Семетейдин өлүмгө баш байлап отурушун жактырбайт. «Тайбуурулдун тартуу кеткени Семетейдин ажалынын жеткени» дегендей жанга өлчөлүү аты — Т-дан ажырагандан кийин Семетей душманынан жеңилет. Мамбет Чокморовдун варианты боюнча Т. тартууга барган жеринде кайып болуп кетет.

А. Жайнакова

ТАЙЛАК — эпизоддук кейипкер. Бакайдын иниси. Бай баянында адамдардын көңүлүн таба билген мыкты бала катары эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 1. 190, 207).

ТАЙТОРУ — Кошойдун минген аты. Колго түшүп Кытайдын зынданында жаткан Билерик менен Жарманасты бошотуп алуу үчүн Кошой Бээжинге минип барган ат (Саякбай Каралаев, 1. 147).

www.bizdin.kg



Б. Жумабаев. Тайтору.

Жакшылык Сарык уулунун вариантында Т. Семетейдин биринчи аялы Чачыкейдин себи менен кошо келет. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Т-ну Манас өлгөндө Кошой азага алып келет. Каралуу Каныкей качып баратканда акылман Бакай карыя аларга жол азык, эки унаа — ат алып келип берет. Ошол эки аттын бири Т. болот. Ата журттан ажырап, таякеси Ысмайылдын колунда тарбияланган Семетей он эки жашка чыкканда таятасы Темиркан аны кан көтөрүп той берет. Тойдо Каныкей Семетейдин келечегин билүү үчүн Т-ну төлгө кылып чабат:

Асыйын санап карасам
Алтымышка толду эле,
Ушу быйыл Тайторум
Алтымыш асый болду эле.
Кимдер сүйүп койчу экен
Мендей жесир катынды,
Төлгөгө чаап көрөйүн

Ушул Тайтору күлүк атымды (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 78). Чабышта Т. биринчи чыгып келип, Каныкейге намыс эле алып бербестен, аны ажалдан куткарып калат. Саякбай Карала уулу эл алдында өтө белгилүү, чыгармачылык зор эргүү менен аткарган «Каныкейдин Тайторуну чабышы» эпизодунда каармандардын психологиялык абалын терең ачып берүү менен бирге алтымыш асый Т-нун чаалыкпаган тулпарлык касиетинин күчтүүлүгү, арып-азбаган күлүктүгү жогорку көркөмдүктө даңазаланат.

А. Жайнакова

«ТАЙТОРУ» — Саякбай Каралаевдин варианты боюнча өспүрүмдөргө арналып жазылган китепче (Фр., 1963). Китептин сүрөттөрүн тартып, кооздогон Е. Соколов. Китепте «Манас» эпосундагы эң кызыктуу эпизоддордун бири Каныкейдин Тайторуну байгеге кошушу, атасы Каракандын, агасы Ысмайылдын ага каршы болушу, Семетейдин Т-ну сүрөп чыгарышы баяндалат.

ТАЛАА-БУЛАК — топоним. Манас Алтайдан аттанып чыгып, калмак-кытай башта басып алган ата журту Ала-Тоону бошотқондо анын колунун Мунаркан башында турган бөлүгү душман менен беттешкен жерлердин бири (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 576-инв., 532-б.). Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүндөгү, Комсомол совхозунун аймагында.

www.bizdin.kg

ТАЛАА-ЧЕЛЕК — топоним. Айчүрөк ак куу болуп учуп, жер жүзүндөгү баатырларды сынап жүрүп өткөн жер.

Турса учуп Айчүрөк —
Турбай-тынбай эр издеп!
Талаа-Челек басты эми
Тоо-Челекти ашты эми (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 363).

Географиялык реалияда Казакстандын Алматы облусуна караштуу капчыгай, өзөн жана өрөөн.

ТАЛАП — эпизоддук кейипкер. Каңгай баатыры, Араникте болгон согушта жекеге чыгып, кыпчактын Көчөк баатырын, кыргыз Талапбайды, казактын Соорун балбанын жайлап, өзү Бакай менен болгон айкашта өлүм болот (Курама вариант, 1. 116—117).

ТАЛАПБАЙ — эпизоддук кейипкер. Кыргыз баатыры. Жекеде кыпчак Көчөктү өлүм кылган каңгай баатыры Талапка каршы барып, Т. да жеңилип калат (Курама вариант, 1. 117).

ТАЛАПБҮБҮ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү, Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты жыйырма үчүнчү келген Серек тагдырына буюрган Т-гө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 425).

ТАЛАС — топоним. «Манас» эпосундагы эпикалык борбор, Манас баатырдын ордосу, кыргыздардын Ата Мекени катары берилет.



Чоң-Кошой өрөөнү. Талас аймагы.

Эпосто кандайдыр кыйын абалда болсун, элдин үмүт-тилеги, ой-пикири эргүү менен даңазаланган өзгөчө ажайып кооз жер кыргыздардын өлкөсү — Т-ты сөзсүз түрдө киндик каны тамган жер деп айтылат.

Ошондуктан, Алтайда туулган Манас элин баштап Т-ка келет, атасы Манас, жери Т. экенин билери менен Семетей Букардан кайтат, ошондой эле Кыястын колунда өскөн Сейтек Т. жөнүндө укканда «Кетем Талас жериме, Баргым келет бадырек Калың кыргыз элиме» (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 956инв.) деген бүтүмгө келет. Эпосто кыргыз уруулары баш коштуруп, бириктирүү, тышкы душмандарга каршы туруу идеясы, мекенди урматтап даңазалоо акырындан өнүгүп олтуруп, географиялык ат, конкреттүү географиялык территория — Т. калыптанат.


Т-тын табиятынын кооздугу, жаратылышынын сулуулугу Алтайга куулуп-сүрүлгөн кыргыз эли Манастын жетекчилиги менен өз мекенине кайтып келгенде мындайча сүрөттөлөт:

Жылгындуу Кең-Кол, Кең-Талас,

www.bizdin.kg

Жаткан экен жайкалып,
Жердеген адам тунбайбы,
Жер соорусу турбайбы.
Өлкө түзүн караса
Токою бар, талы бар,
Ал токойдун ичинде
Жан бүткөндүн баары бар...
Жылгындуу Кең-Кол, Кең-Талас
Жери сонун ар кандай,
Өзөнчөдөн бөлүнүп
Аккан тунук булагы,
Ай жаныбар Кең-Талас

Бейиштен артык сыягы (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 537-инв., 465—467-б.). Т. байыртадан кыргыздар отурукташкан, эң кооз жер, ал душмандар тарабынан бир нече жолу чабуулга дуушар болуп келген.



Үч-Кошой суусу. Талас аймагы.

Орус окумуштуусу П. Н. Берков өз убагында Т. жеринин сулуулугун эпос кандай көркөмдөп сүрөттөгөнү жөнүндө минтип жазат: «Манаста» бир тууган өлкөнү сүрөттөп берүү, кыргыздын мекенин даңазалоо дүйнөдөгү эң улуу адабияттардын үлгүсү менен катар турууга татыктуу».



Манас күмбөзүнүн Кароол дөбөдөн көрүнүшү. Талас аймагы.

www.bizdin.kg
Эпостогу Т. дүйнөнү таанып-кабылдоодогу эстетикалык эң кооз өлкө катары сүрөттөлөт. Географиялык реалияда Т.— Кыргызстандын түндүк-батышындагы дарыя, чоң өрөөн, шаар.

Р. Кыдырбаева

ТАЛГАК — аял боюна бүткөндөн бир нече жумадан кийин көңүлү айнып, бардык эле тамакты бирдей сиңире албай калган абалы. Бул абал медицинада изилденип, аны дарылоонун жолдору иштелип чыккан. Ал эми элдик турмушта болсо, Т. болууга байланыштуу көптөгөн уламыштар, кызык окуялар айтылат. Мындай окуялар эпосто көбүнесе болочок баатырлардын төрөлүшү менен байланыштуу. Адатта, кош бойлуу аял кабылан, жолборс, илбирс жана башкалар жаныбарлардын, аюунун жүрөгүнө, жыландын, куштун жана башкалар жандыктардын этине Т. болот. Эпосто Чыйырды боюна бүткөндөн үч айдан кийин жолборстун жүрөгүнө Т. болуп калат.

Эр Манас бойго бүткөнү
Тамам үч ай жетиптир,
Байбиченин көңүлү
Башкага ооп кетиптир.
Өз тамагы эсте жок,
Же көрүнүүчү көзгө шок,
Бал, шекерге карабайт,
Башка тамак жарабайт,
Жесем деп жолборс жүрөгүн,
Мындан башка санабайт.
Жетпейт жолборс жүрөгү,
Жинди болуп байбиче
Жеригинен жүдөдү (Сагымбай Орозбаков, 1. 69).

Чыйырды Каңгайдын кара мергени Бадалбай жолборс атканын жылкычылардан угуп, ага кара кулак чоң жамбы берип, ошол жолборстун жүрөгүн алдырат. Аны (жылкынын жүрөгү менен кошо) чала бышырып жегенден кийин гана Чыйырдынын талгагы канат: «Байбиченин талгагы Магдырап канып калганы» (Сагымбай Орозбаков, 1. 71). Боюнда бар аялдын тигил же бул тамакка Т. б-су табигый көрүнүш. Күндөлүк турмушта кош бойлуу аялдар кадимки эле жеп жаткан тамак-аштын кээ бир түрлөрүнө Т. болушат. Ал эми кабыландын же кыйынчылык менен алынуучу башка жан-жаныбарлардын эттерине, сорпосуна Т. болуу көбүнчө эпикалык чыгармаларда жолугат (бирок, кыргыз элинин кечээ жакындагы турмушунда атагы чыккан кээ бир баатырлардын энелери кош бойлуу кезинде кабыландын жүрөгүнө Т. болгондугу тууралуу тарыхый маалыматтар жок эмес). Бул көрүнүш, сыягы, алгачкы коомдук түзүлүштүн мезгилиндеги идеологиялык көз караштар, башкача айтканда тотемизм менен байланыштуу.

А. Көчкүнова

ТАЛГАР — топоним. Кыргыздар эзелтен мекендеп келе жаткан жерлердин бири катары эпостун көп эпизоддорунда эскерилет. Географиялык реалияда түштүк-чыгыш Казакстандагы Иле Алатоосунун бийик жери, тоо чокусу, андан куралган агын суу (өзөн) жана шаар бар.

ТАЛДЫ-СУУ — топоним. Манас баатыр чоролору менен ууга чыккан жер. Ит агытып, куш салып жүргөн Манас «Жан-жакка көзүн салыптыр, Талды-Суу деген өзөндөн Жолдошун көрүп калыптыр» (Сагымбай Орозбаков, 1. 223). Географиялык реалияда түрк элдери жашаган жерлердеги жээгине тал өнгөн көптөгөн суулар ушундай аталат.

ТАЛКАН — топоним. Кыргыздардын катаган уруусу мекендеген жер (Сагымбай Орозбаков, 2. 199). Ооганстандын түндүгүндөгү шаар, өрөөн.

www.bizdin.kg

ТАЛМААРАМ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты отуз биринчи келген Дөрбөн тагдырына буюрган Т-га үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 419, 425).

ТАЛ-МАЗАР — топоним. Акбалтадан Кошой алптын кабарын укkан Манас аны издеп чыгып, Ат-Башыдагы Чеч-Дөбөдөн таап жолугат. Кошойдун кеңеши боюнча Алтайдан 40 үйлүү элин көчүрүп келмек болуп кайра кайтып бараткан жолдо Манас «Тал-Мазар жетип конду эле» (Саякбай Каралаев, 1. 121), — деп айтылат.

ТАЛ-ЧОКУ — топоним. «Манас» эпосунда тоонун эң бийик чокусу катары сүрөттөлөт. Ушул жерден элдик баатырлар эпикалык душмандын кайда экендигин аныкташкан. «Тал» деген сөз байыркы фарсы тилинен кыргыз тилине өтүп, «тал» — дөбө, бийиктик, чоку — деген маанисин жоготкон эмес. Б. а. «Тал-Чоку» — бийиктиктин бийиктиги, же чокунун-чокусу катары түшүндүрүлөт.



Т. Герцен. Тал-Чокуда.

Т.-Ч. жөнүндө Саякбай Каралаевдин вариантында Чоң казаттын башталышында айтылган көркөм баяндама бар. Баатырлар чыккан Т.-Ч. эпостун поэтикалык текстинде:

Тоосунда кары бар,
Этек жагы өтөктө
Бийик чыккан талы бар.
Үстү аппак бурчтанат,
Тал-Чокуга барганда
Жыты жыпар жыттанат.
Таралган булак суусу бар,
Тегереги бек экен,
Ойлоп турса Тал-Чоку
Оорукка калар жер экен (Саякбай Каралаев, 2. 96)— деп сүрөттөлөт. Валиханов жазып алган эпизоддо да баатырлар Т.-Ч-да туруп эки жагын караганы эскерилет. «Такыядай Тал-Чоку Алчайып аган барган дейт» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 83-б.). Т-Ч. Багыш Сазановдун вариантында «Талгардын Тал-Чокусу, — деп айтылат. Чындыгында

www.bizdin.kg
эле түштък-чыгыш Казакстандагы Иле Алатоосунун (Алматы облусунун аймагында) эң бийик чокусу «Талгар» деп аталат. «Манас» эпосунда сүрөттөлгөн эпикалык Т.Ч-да Манас баатыр чалгынга жол талашып турган Чубакты Алмамбет менен элдештирет. Т.-Ч-дан Манас Талас жана Бээжинге дүрбү салат. Таласта калган иннлерн Абыке, Көбөштүн дөбөгө чыгып дардактап, «Барса келбес Бээжинден Манас кайдан келсин деп» (Саякбай Каралаев, 2. 97) ич аласын сыртына чыгарып чатак чыгарганын, аны Канукей басканын көрөт. Т.-Ч-дан дүрбү менен кытай жерин, элин көргөн Манас Алмамбеттен жөн-жайын сурайт. Т.-Ч-га келгенге чейин Алмамбет өзү туулуп өскөн эпикалык Бээжин калаасы тууралуу Манас баатырга эч билдирген эмес. Анын сыр жашырышынын себеби «кытайдын жолун билем десең» Манас алар менен согушам дейт, андыктан ага айтпа деген Каныкейдин суроо өтүнүчү боюнча айтпай жүргөн. Мурда бир нече жолу сурасам жолун билбеймин деп карганып койдуң эле деген Манастын тарынычынан улам Алмамбет кытай элинин көптүгүн, эрдигин, амалкөйлүгүн, ар өнөргө шыктуулугун жана башка өзгөчөлүгүн кеңири мүнөздөйт. Душман жеринин байлыгы, чек арасынын бекемдиги борбор Бээжиндин өтө күчтүү чеп экенин билдирген кызык аңгеме жана өзүнүн таржымал-тарыхын айтып берет. Алмамбет кытайдан качып келе жатканда ушул Т. Ч-га токтоп, кие чыккан атамдын жарым кандык чен тонун мобул жерге көөмп кеткемин деп көрсөтүп, аны казып алышат. Манас менен Чубак Т.-Ч-да калып, Алмамбет менен Сыргак кытай жерине чалгынга кетет. Т.-Ч-да Манас алп уйку менен уктайт жана аны Чубак найза менен санга эки эличе сайып ойготот. Географиялык реалияда Кыргызстан менен Казакстандын чектешиндеги чыгыш Тянь-Шандын бийик тоо чокуларынын бири.

С. Алиев

ТАМГА — топоним. Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылган күлүктөр айдалып өткөн жер. «Ысык-Көлдү кыдыратып, Тосор менен Тамганы Бир ашырып салды дейт» (Радлов жазып алган вариант, 162), — деп айтылат. Географиялык реалияда Ысык-Көл облусундагы жер.

ТАНА — эпизоддук кейипкер. Тарак уруусунун бийи. Орго канга каршы аттанган колдун ичинде Т. бий да болот (Сагымбай Орозбаков, 2. 68).

ТАНОО — эпизоддук кейипкер. Басаңкулду өлтүргөн калмак жоокери (Сагымбай Орозбаков, 1. 196).

ТАҢДЫ МАКШАР, Таңгы макшар (арабча таңда жыйнала турган жер) — ислам динининн ишениминде бул жарык дүйнөнүн эң акыркы таңы. Ошондо бүткүл өлүктөр тирилип, чогулуп бул дүйнөдө жасаган иштери үчүн сурак беришет имиш. Эпостун оң каармандары достук анты-шертин, адамкерчилик парзын аткарбоону чоң күнөө эсептеп, Т. м. күнүндө уятка калбас үчүн өзүн курман кылса да аны аткарууга аракет кылышат. Манастын көрүн жашыруун казган балбандарды билгенин элге айтып коёт деп өлтүргөн күнөөсү жөнүндө Каныкей «Таңды макшар күнүндө, беш балбандай момунга, кара эшек болор эбим бар» — дейт.

ТАҢШАҢ (кыт. Тянь-Шань) — топоним. — Келгин орустардан угуп, өз жеринин (Ала-Тоо) нукура наамын, заманга жараша, Т.-Ш. (Тянь-Шань) деп жат атка которо салган (Сагымбай Орозбаков, 2, 170). 19-кылымдын ортосуна чейин бул ысым Ала-Тоо калкына белгисиз болуучу.

ТАҢШУТ — топоним, кытай калаасы. Манас Нескараны жеңгенден кийин маңгулдар менен эл болуп, душмандарына биримдикте каршы туралы деп эзелки жоосу кытайлардын эли, жери жөнүндө эскергенде Т. шаары да айтылат. Манас бала кезинде бошоткон алтынчы шаардын бири (Сагымбай Орозбаков, 1. 214).

ТАҢШУУ — топоним. Манасты байлап келүүгө он бир Дуу-дуу жиберген балбандардын биринин жери:

www.bizdin.kg

Жана бирин сурасаң
Дарыя Котон суусу бар
Таңшуу деген көлү бар
Далбага деген эли бар (Сагымбай Орозбаков, 1.219).

ТАР — топоним. Шоорукка каршы кол курап, кошун топтогондо айтылган аймактардын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 206). Географиялык реалияда азыркы Кара-Кулжа районундагы суу, өрөөн.

ТАРАГАЙ — топоним. Алтаң, Култаң доотайлар жайлаган жайлоо. Орго кан кол жыйноо үчүн:

Тарагайга жайлаган,
Жарашып күлүк байлаган
Сандатып малын айдаган
Алтаң, Култаң доотайлар
Азыр келсин ушулар (Сагымбай Орозбаков, 2. 73),

— деп чакыртат. Географиялык реалияда Нарын өрөөнүнүн башатындагы суу, жайлоо.

ТАРАЗА ЖЫЛДЫЗ (иранча) — зодиак топ жылдызы. Кыш мезгилинин акырында, жазында жана жайдын башында көрүнөт. Кыргыздар Т. ж. боюнча жылдын жаңырышын (1-күнүн) белгилешип, анын жаанчыл же кургакчыл болушун аныктап келишкен. Жыл ичиндеги 365 күндү төрт мезгилге бөлгөндө 91 күндөн туура келет, бөлгөндөн ашып калган бир күндү жылдыз саноочулар Т. ж. деп түшүнүшкөн; бул күн 20-мартка туура келип, жылдын башталышы катары эсептелген. Жаз башталар маалда күн ушул үч жылдыздын ортосуна барып батат. Ушул учурда аба ырайы өзгөрүп кар же жаан жаайт. Кыргыздар күн ушул Т. ж-дын орто ченинен оң жагына өтүп батмайынча бир жерден экинчи жерге көчпөй, сак болушкан. Жылдыз саноочулардын эсеби боюнча күн Т. ж-дын оң жагына ооп батса 2—3 күнгө созулган жаан-чачын болгон жана ал жылы жаан-чачындуу келип, чөп-чар жакшы өсүп, түшүм мол болгон. Кыргыздар, бөтөнчө түнкү күзөтчүлөр Т. ж-дын чыгышы, жалгашы жана батышы боюнча түндүн кайсы маал экендигин же таңдын атышына канча убак (Тараза жылдыз батканда, Таң агарып атканда) калгандыгын аныкташкан:

Супа саадак чалыптыр,
Тараза жылдыз бириндеп,
Бирөө калбай батыптыр.
Жакып ыргып турганда
Таң кашкайып атыптыр (Саякбай Каралаев, 1. 52).
Атка минип он күнү,
Аттанып сың чоң күнү,
Сапар кылып чоң күнү
Тараза-мыйзам он күнү (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 584инв., 169-б.)

деген ыр саптары айгинелеп турат. «Манас» эпосун жараткан байыркы кыргыздар күндөрдү оңго жана солго бөлүп, ошого карата иш кылышкан. Мисалы, ишемби оң күндүн катарына кирген, ошондуктан өтө маанилүү иштерди ишемби күнү башташкан (иштин башы ишемби). Жума сол күндөрдүн катарына кирип, оор күн деп эсептелген жана иш кылбай турган күн болгон.

С. Карагулов

ТАРБАГАТАЙ — топоним. Манас Алтайдан Ала-Тоого көчөрдө жыйын куруп «Тарбагатай, Ара-Тоо, Эдил суунун боюна» (Сагымбай Орозбаков, 2. 152) элди баштап баруу жөнүндөгү оюн айтат. Нескара менен болгон уруштан кийин Манас маңгулдарга жоо келсе кабарлашып кыргыз эли менен бирге мекендеген жериңер

www.bizdin.kg
«Тарабагатай», Кыңгырдан, Алтыбайдын Тармал-Саз» (Сагымбай Орозбаков, 1. 211) болсун деп Эсенкандын баскынчылыгына каршы күрөшүү үчүн даяр турууга чакырат. Географиялык реалияда Т.— Казакстандын күн чыгыш жагындагы Кытайга чектеш кырка тоо.

ТАРБЫН — эпизоддук кейипкер. Кортук менен кошо жер коруп келген калмактардын бири. Кортуктун сөөгүн алганы келишкен алты калмак менен кошо Т. дагы келет. Чыйырды менен үйүн карай бараткан Манасты таанып, Кортукту ушул өлтүрдү дейт. Калмактар Манасты кармамакчы болуп жабылганда ал Т. менен дагы бирөөнү эңип алып кагыштырып, Т-ды өлтүрүп коёт (Сагымбай Орозбаков, 1. 150—153).

ТАРГЫЛ — эпизоддук кейипкер, Тейиш кандын тоюнан кийин Оргону көздөй жөнөмөк болгон колдун ичинде Т. карыя да бар экени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 68).

ТАРЛАН — топоним. Манасты байлап келүүгө он бир Дуу-ду жиберген балбандардын биринин жери: «Бирибизди сурасаң, Тарлан аттуу жерибиз, Талкоо кытай элибиз» (Сагымбай Орозбаков, 1. 219).

ТАРЛАНБОЗ — Эдигенин тулпары. Валиханов жазып алган эпизоддо: «Тайдан туулган Тарланбоз, Албан күлүк мал эле» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 77-б.) — деп сүрөттөлөт.

ТАРМАЛ-САЗ — топоним. Манас Алтайдан келип, калмак-кытай башта басып алган ата журтун бошотконду Манастын колунун Үрбү башында турган бөлүгү душман менен беттешкен жерлердин бири (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 576-инв., 533-б.). Бул аймак Кыргызстандын Кочкор өрөөнүндөгү аты уйкаш жерди элестетет.

ТАРСА (иранча христиан) — этноним. Эпосто мындай айтылат:

Дүнүйө жүзү бузулган, —
Суудай акты кызыл кан.
Кыргыз, тарса кыйла эл
Кызыл кан агып, болду сел (Курама вариант, 1. 157).

Мында Т-лар кыргыздарга максатташ эл катары берилген. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Т-лар Көкөтөйдүн ашына келген жөөт жана башка элдер менен катарлаш айтылып кетет:

Журттун баары чогулуп
Болжогон жерге барганы,
Тарса, жөөт, сакалат,
Аягы барып бул иштин
Ат келишке такалат (Сагымбай Орозбаков, 3. 263).

Т. деп Борбордук Азиядагы түрк-моңгол элдери христиан дининен бөлүнүп кеткен несториан дининдегилер Т. деп аталган. Б. з. 5-кылым христиан динин мазмунун башкача түшүндүрөм деген Нестоирий аттуу адам жана аны колдогондор христиан дининдеги өлкөлөрдөн куулушкан. Куулгандар көбүнчө Иран, Орто Азия жана Кытайга качып баш калкалашкан. Ошондон кийин христиан мамлекеттеринен куулган несториандыктар өз динин Азия мамлекеттеринде кеңири жайылта башташкан. Алардын көчүп турган кези Моңгол империясы алдуу-күчтүү болуп турган мезгилдерге туура келет. Мисалы, Батый кан несториан динин колдоп алардын өкүлдөрүн жанынан чыгарбай алып жүргөн. Т-лардын археологиялык эстеликтери Кыргызстандын түндүгүндө да, түштүгүндө да кездешет. Ошондой эстеликтердин бири 12 — 14-кылымдарга таандык болгон турак жайлардын же шаарчанын урандылары Чүй өрөөнүндөгү Кара-Жыгач айлына жакын жерде Тарсакент деген ат менен белгилүү. Т. термини эне-сайлык байыркы кыргыздар турушкан азыркы Хакасиянын топонимиясында

www.bizdin.kg
чагылдырылган. Бул жерлерде Тарс же Тарсон аттуу суунун жана айылдын аты калган. Демек, Т. несториан динин кабыл алган же колдогон түрк-моңгол урууларынан турган элдердин бирикмесинин орто кылымдардагы аты болгон.
Т-ларга кыргыздардын бир бөлүгү да (орто кылымдарда) кириши мүмкүн. Эпостун төмөндөгү саптары Т. деген сөздүн динге байланыштуу келип чыкканын айгинелейт:

Калмак, кытай, тарса, жөөт,
Карап турган канча көп.
Өз дининче окунуп
Күн чыгышка бет алып
Көкө-теңир колдо деп
Батасын кылды чокунуп (Сагымбай Орозбаков, 3. 186).

Мында Көкө-теңир деп түрк-моңгол элдеринин кудайы айтылганы менен, «Батасын кылды чокунуп» деп христиандардын чокунган расмисин айтып жатат.

И. Молдобаев

ТАРТУУ — бирөөгө арнап бериле турган белек; айыпка жыгылган учурда, жоого багынганда алдына түшүп, кулдук уруу: «Арбын дүйнө алыптыр Арстан эрдин астына Тартуу менен барыптыр (Сагымбай Орозбаков, 2. 93). Эпосто малды, кишини (көбүнчө кыздарды) Т-га берген учурлар көп учурайт. Мисалы, Жолой элди чаап алмакчы болгондо Акбалта менен Жакып Жолойго кыздарды, малды Т. тартып багыналы деп кеңешет:

Кулунум, Манас, кебимди ук,
Баарысын тартуу кылып берели!..
Кызыл сулуу кыздарды
Тартуу кылып кытайга
Ошолорду берелик (Саякбай Каралаев, 1. 88)

дегенге Манас болбой: «Согуш кылып окко учпай, Мен тартуу кантип берейин» (Саякбай Каралаев, 1. 88), — деп согушка кирет. Манас баатыр өзү катылган Шоорук канды жеңгенде, Шоорук кызы Акылайга:

Алсаң балам кебимди
Тартуу кылып барсам деп,
Таап турам эбиңди
Ат уяты сатуу деп,
Кыйладан угуп жүрөмүн
Кыз уяты тартуу деп (Сагымбай Орозбаков, 2. 217)

кеңеш салат. Акылай ага макул болот. Ошентип, эпосто Акылай Манастын тартууга келген аялы катары айтылат.
Манас атасына тарынып, аштык айдап кетип калат. Ошол учурда Карача кандын эли ачарчылыкка туш болот. Ошондо Карача кан кайыптан бүткөн жаныбар Аккуланы жетелеп Манаска келет:

Журт курсагы катуу ачып
Жетелеп келдим сатууга
Бет алдыңа токтодум
Береним сага тартууга (Саякбай Каралаев, 1. 181).

Аккула Манастын тагдырына багышталган тулпар аты экендиги адегенде эле белгилүү болот:

Айбандан артык Аккула
Тартуу кылып берейин.
Аккула тартуу, мен сатуу.
Тартып турган Аккула
Тартуу тулпар ал эле,

www.bizdin.kg

Айкөл Манас өзүңө
Ылайыктуу мал эле (Саякбай Каралаев, 1. 181).

Анда Манас Аккула өзүнө гана ылайыктуу мал экендигин баамдап, Карачанын Т-сун алат да буудайды берет:

Кызылдаган ак буудай
Бул Аккула тулпардын
Тартуусуна берейин.
Оңжоңдогон Аккула
Бизге кыя салыңыз,
Аккуланын тартууга
Ак буудайдын баарысын
Бирөөнү койбой алыңыз (Саякбай Каралаев, 1. 181).

Ы. Кадыров

ТАСКЫЛ — топоним. «Манастын Орго кан менен болгон согушу» эпизодунда Манастын аскери турган жер катары сүрөттөлөт.

Туу, байрагы кошулуп
Кылкандай найза кылкылдап,
Таскылдын ара талаасы
Аскерге толуп былкылдап (Сагымбай Орозбаков, 2. 80).

ТАСКЫЛ — эпизоддук кейипкер, Кайыпкандын аяры. Сыйкырлык менен кереметтүү сарайга айланып, капчыгайды бөгөп, Кайыпкандын колунун жолун тосуп турган Бадаң аярга Т. аяр каршы барып, экөө түрдүүчө кубулуп көпкө кармашат. Акыры Т-дын аярлык өнөрү күчтүүлүк кылып Бадаңды жеңет (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 576-инв., 501—511-б.).

ТАСМА — топоним. Манастын Орго кан менен болгон согушунда «Урушкан жери ушу элдин, Эки суунун арасы, Тасманын сары талаасы» (Сагымбай Орозбаков, 2. 86), — деп айтылат. Географиялык реалияда Ысык-Көлдүн күн чыгышындагы жер .

ТАСМИЯ, дасмыя (иранча даст — кол, майе — акча) — анча-мынча оокат, азырак пул, каражат. Болгон мүлк, алы, кудурети деген мааниде да айтыла берет. Эпосто мындай учурайт: «Аз тасмия мүлкүмдү Чачып кетип баратам» (Курама вариант, 1. 269). Семетей Ысмайылдын колунда чоңоюп, он экиге келгенде өтө шок чыгып, кожо-молдолорду сабаганда, алар Темирканга келип даттанганы мындай айтылат:

Тасмыясы жогунан,
Кыркып ийип чыбыгын,
Кылып берип ырымын,
Ысмайылга берди эле (Саякбай Каралаев, «Семетей»,
1. 75).

ТАСТАР-АТА — топоним. Жер соорусу Ысык-көлдүн тескейи Тоң районунун аймагында. Тоң, Кажы-Сай, Көл-Сай, Көл-Бел өрөөндөрүнүн аралыгында. Тоонун бийиктиги деңиз деңгээлинен 3908 *м.* Эл оозунда тоонун туу чокусундагы тике турган таштарды Манастын кырк чоросу, ортосу чуңкур чоң ташты (анда жайкысын суу өксүбөйт, себеби жаан-чачындан таштын чуңкуруна толгон суу бууланып кургагыча күн кайрадан жаап суу толукталып турат) Манастын казаны, таш менен тегерете курчалган үй ордундай жерди Манас отуруп, кароол салып Каркыра тарапты караган жери деп айтышат.

ТАТАР — этноним. Эпосто «маңгулга тууган татар бар» (Сагымбай Орозбаков, 3. 14), — деп душман эл катары айтылат. Т. ар кайсы мезгилде, ар кандай

www.bizdin.kg
түшүнүктө, мааниде колдонулуп келген элдин аты. Байыркы Орхон түрк жазууларында согушчан отуз-татар бирикмеси эскерилет. Даректеги «отуз» саны бириккен тууган уруулардын санын көргөзгөн. Отуз-татарлар түрк каганаттары менен согуш абалында болуп, убагында бириккен кези дагы болгон. Эки түрк каганаттарынын кулашы отуз-татар бирикмесине өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Уйгур кандыгын негиздөөчү Моюн-чурдун көрүстөн жазуусунда тогуз-татар жөнүндө эскерилет. Ал эми Могилян кандын эстелигинде тогуз-татар уруулар бирикмеси тууралуу баяндалат. Ошентип, 8-кылымдын жарымында тогуз-татарлар бирикмеси түзүлөт.

Кытай жазма даректеринде Т-лардын күчтүү жана эр жүрөк уруулар экенин баяндап, ушунча көп уруунун ортосунда биримдик болсо, аларга кытайдан бөлөк эл туруштук бере албастыгы маалымдалат. Кытайлыктар татарларды шу дадань — маданияттуу татарлар жана шэн дадань — жапайы татарлар деп эки топко бөлүшкөн. Мындай аныктама алардын жаралыш табиятына же саясий бирикмесине карата айтылбастан, алардын чарбачылык, маданий деңгээлине карата берилген. Маданияттуу татарлар, кээде аларды ак татарлар дешет, 9-кылымдын башталышында түштүк тарапты карай Иньшань (Кытай мамлекетинин түндүк-батыш чек арасы) тоолоруна чейин көчүшкөнү баяндалат. Алар Кытай мамлекети менен соода жүргүзүшкөн. Кытай элчиси Вань Яньде 10-кылымдын акырында Чыгыш Түркстандан Т. урууларын кездештирген. Чыгыш Түркстандагы Т. тобу менен кыргыздардын түздөн-түз байланышы болгонун кытай даректери маалымдайт: «Кыргыздар генерал Табу-хэцзу жана бөлөктөрдү Тяньдэ воеводствосунун чебине жөнөтүштү жана дагы Уйгур мамлекетинин мурдагы жерине жашаш үчүн Хэло дарыясына көчүп келишерин билдиришти; дагы аларга беш уруу — Аньси (Куча), Бэйтин (Бешбалык), Дада (Татарлар) жана башкалар баш ийишти».

Ал эми Т-лардын бөлөк тобу жапайы татарлар же моңгол уламыштары боюнча токой адамдары азыркы Моңголиянын түндүк тарабында жашашкан. Рашид-ад-Дин кыязы, Чыңгыз кандын заманына чейинки Т. сөздөрүнүн колдонулушу жана таралышы тууралуу маалыматы жок болгондуктан Т-лар моңголдордон бөлөк эл болгондугу жөнүндө маалымдап, алардын негизги жашаган жерин Буир-Нор көлүнүн аймагына жайгаштырат. Андан бөлөк Рашид-ад-Дин Т-лардын кичине тобун жогорку Эне-Сайдын же Ангаранын төмөнкү агымына, башкача айтканда Түш. Сибирь чөлкөмүнө жайгаштырат. Кээ бир окумуштуулардын пикири боюнча (9-кылым) кыргыздар көчүргөн шивээ уруулары болсо керек. Т. этноним катары аталышы Чыңгыз кандан кийин Моңголия жана Орто Азия чөлкөмүндө моңгол, могол, моңолдор сөздөрү менен алмаштырылып колдонуудан чыккан. Демек, эпосто колдонгон Т. этниминин кыргыз тарыхына байланышы болгон. Ал эми «маңгул менен татар бар» деп, алардын көп сандаган душман эл катары сүрөттөлүшүн моңгол-татар баскынчылык заманында калыптанган тарыхый катмар катары кароого болот.

М. Кожобеков

ТАШ — аралыктын (узундукту) өлчөмүн билгизген термин «Манас» эпосунда мындай учурайт:

Добулбасы кагылып,
Тууга байрак тагылып,
Шоорук жолго салыптыр,
Он бир таш жерге жол басып,
Барган экен кошуну
Памир тоого таянып... (Курама вариант, 1. 151).

Орто Азия элдеринде салмакты жана аралыкты билгизген өлчөм. Эпосто аралыкты билгизген гана өлчөм катары берилген. Бир таш 9000 кадамдан (6 *км)*

www.bizdin.kg
12000 кадамга чейин (8,5 *км)* Орто Азиянын ар кандай жерлеринде ар кыл болгон. Мисалы, 1858—59-ж. бир орус туткунунун жазып кеткени боюнча эмирдин жер өлчөгүчтөрү бир таш аралыкта 9000 кадамдан кийин таш үйүп отуруп белгилешкен. Ошол бир аралыкты Т. менен белгилегендиги үчүн өлчөмдүн өзү Т. деп аталган болуу керек. Т. сөзүнүн синонимдери — фереак, санг жана йигач. Т. түшүнүгү «Манаска» Орто Азия чөйрөсүндө киргени шексиз.

И. Молдобаев

ТАШ-АКЫР — топоним. Семетей жол жүргөнү жатып чоролорунан «Таш-Акырдын куу талаа Аны көргөн барсыңбы?, Бүгүнкү күн жакшы күн» (Радлов жазып алган вариант, 312), — деп сурайт.

ТАШ АКЫР — элдик уламыш боюнча Манас баатыр Алайды тажик каны Шоорук кандан бошотуу үчүн урушка бара жатып аты Аккулага жем жедирген түбү анчалык чуңкур эмес, акыр сыяктуу жалпагыраак таш.

Таштардын арасында жайгашкан Т. а. Өзгөн району Жазы суусунун боюндагы Ана-Кызыл айлынан 5 *км* алыстыктагы жайлоо жерде. Эл арасында «Аккула таш акырдан жем жеген, Ак-Башаттан суу ичкен» деген сөз айтылып калган.

ТАШБҮБҮ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты онунчу келген Калкаман тагдырына буюрган Т-гө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 423).

ТАШКЕН — топоним. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Көкөтөй Т. тараптагы кыргыздардын ичинде кадырлуу аксакал адам болгон. Т-дин каны Панусканга каршы Манас жортуулга аттанганда Көкөтөйдүн колу да ага келип кошулат. Панусканды жеңип, Көкөтөйдү Т-ге кан көтөрөт. Географиялык реалияда Өзбекстандын борбор шаары биздин замандын 4—5-кылым белгилүү, 11-кылымдан Т. аталат.

ТАШ-КЕЧҮҮ — топоним. Алмамбет, Сыргак Коңурбайдын жылкысын тийип айдап келатканда жалгыз гана кечүүсү бар бир чоң өзөндөн кечип өтүшөт. Бул кечүү эпосто Т.-К. деп аталат (Сагымбай Орозбаков, 4. 287). Манастын кытай менен болгон экинчи урушунда Жолой кечип өткөн кечүү (Саякбай Каралаев, 1. 152). Географиялык реалияда Синьцзяндагы Манас өзөнүнүн кечүүсү (Таш-Өткөөл, Шыта-Кечүү).

ТАШ-КОРГОН — топоним. Багыш Сазановдун варианты боюнча Шооруктун кызы Акылайдын жери (Багыш Сазановдун варианты, 1990-инв., 278—279-б.). Түштүктөн жазылып алынган айрым варианттардан Т.-К. Кайыпдаңдын кызы Карабөрк жердеген жер катары айтылат. Географиялык реалияда Шинжандагы Жаркен чөлкөмүндөгү тоолу аймак, өрөөн.

ТАШ-КОТОН — топоним. Кыргыздардын катаган уруусу жердеп турган талаа (Сагымбай Орозбаков, 2. 199).

ТАШ-КӨПҮРӨ — топоним. Анжыяндагы Алооке кан Манас келатат дегенди угуп, кытайга көчө качып баратып колго түшкөндө ал: «Таш-Көпүрө шаарым бар, Таш-Көпүрө жеринде: Муну кошо берейин», (Саякбай Каралаев, 1. 211), —• деп Манаска жансоогалайт.


ТАШ-КЫЯ — топоним. Чынкожо менен Толтой Айчүрөктү бер деп Акун канды камаган окуясында: калың кара жедигерлер «Таш-Кыянын жээк жолун» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 356) басып Ооганга келишет. Географиялык реалия катары Т.-К. Орто Азия менен Казакстандын топонимдеринде кезигет.

ТАШ ӨБӨК — ат үстүндө үңкүйүп (өңкөйүп, өбөктөп) уктоо. Эки колун боорына кайчылаштыра ээрдин кашын карай өбөктөп отурган абал да Т. ө. делген. Мисалы, Коңурбай Чоң-Бээжинге кире албай Манасты аңдып жүргөндө, ошол күнү кезеги келип Манасты кайтарган Ажыбай Т. ө. салып уктап калып Коңурбайды өткөрүп жибергени төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Ат үстүнөн найзасын


www.bizdin.kg

Кара жерге уруптур,
Таш өбөктү салыптыр,
Найзасына жөлөнүп
Карт күрөңдүн үстүндө
Катуу уктап калыптыр (Саякбай Каралаев, 2. 170).



Манастын Таш-Тулгасынын план-схемасы. 1903-ж. америкалык географ В. М. Девис тарткан. Пландагы цифралар фут өлчөмүндө (1 фут —30, 48 *см)* берилген.

ТАШ-ТУЛГА — тарыхый-археологиялык эстелик. Соңкөлдүн тескейиндеги «Жылдыз-Көл» аталган майда көлдөрдүн батыш тарабындагы «Мамы таш». «Аккуланын мамысы» жана башка эстеликтерге жакын жаткан шакек сыяктуу тегерете тизилген таштар. Анда тогуз таш тегерек бар. Ар бир тегерекче 8 таштан турат да бардыгы 72 таш.



Таш-Тулга (Соңкөл өрөөнү).

Тегерекчелердин ар биринин аралыгы 5—6 *м*дей Алар түндүктөн түштүккө карай (таш тегеректердин өз ара аралыгын кошо эсептегенде 178 *м*ге созулат. Экинчи жана алтынчы тегеректеги таштардын ирети бир аз бузулган. Калгандары тегерек «тулга» сымал. Таш тулгалар меридиан багытында созулуп, төртүнчү жана бешинчи тегеректер жалпы түз сызыктан четтеп калган. Таштар жерден 30—40 *см* чыгып турат. Ар биринин диаметри 50—70 *см,* оордугу 100—150 *кг* келет.

Соңкөлдүн тегерегинде Т. Т-дан башка да археологиялык эстеликтердин (коргондор) бир меридиан багытында ырааттуу жайгашышы кандайдыр бир закон ченемдүүлүккө баш ийген бекем тутулган байыркы расым, үрп-адат барбы деген ой туудурат. Таш тегеректерге илгерки замандан убакытты, мейкиндиктин

www.bizdin.kg
багытын, сезондук мезгилдердин созулушун жана башкалар аныктоочу астрономиялык өтө жөнөкөй аспап катары пайдаланышы да мүмкүн.
Археолог Д. Ф. Винник Таш-Тулга биздин заманга чейин курулуп, байыркы элдердин диний, ритуалдык-расым түшүнүктөрү болуу керек деп эсептейт (1989). Өткөн кылымдардын тарыхынан кабары жок элдер байыркы эстеликтер жөнүндө көбүнчө жоромол, уламыш айтуу менен чектелген. Тегерек коюлган таштарды да «Таш-тулга» деп атап, Манастын ысымына байланыштырышкан. Манас кырк чоросу менен Соңкөлгө келип, таштардан тулга орноттуруп, тамак астырып, түнөп кеткен имиш.

Д. Ф. Винник. А. Жаманкараев, С. Өмүрзаков

ТЕАТР ЖАНА «МАНАС», *к. Кыргыз театры жана «Манас».*

ТЕЙИТ — этноним. Эпос боюнча Т-тер кыргыз уруулары на кирет: «Кыпчак менен тейитти, Кыргызыңа кеткин деп Кыбылага сүрүп кейитти» (Сагымбай Орозбаков, 2. 165).
Т-тердин басымдуу көпчүлүгү илгертен бери эле Түштүк Кыргызстанды жердеп турушат. Алар ичкилик тобуна кирет. Эпосто кыпчак жана башкалар уруулары менен бирге айтылат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында: «Катарлаш болуп Кошойго, Кара тейит, найманга Кабардаш болуп ошого» (Сагымбай Орозбаков, 2. 230), — деп кара тейит деген формасында да учурайт. Кара тейиттер Т-тин курамына кирет. Т. биздин республикабыздан тышкары Ооганстан (Кичи-Памир), Каратегинди (Тажикстан) да эчактан бери жердеп турушат. Мисалы, ал жердеги Т-тер Ош облусунун Т-териндей эле кара тейит, сары тейит, бай тейит, арык тейит, кочкор тейит, чал тейит, чапан тейит, чыгытыр тейит болуп бөлүнүшөт.

И. Молдобаев

ТЕЙИШ — эпизоддук кейипкер. Темиркандын кенже уулу. Текес кандын иниси. Акылдуу, калыс баатыр катары сүрөттөлөт. Текес өлгөндөн кийин анын ордуна он сегиз жашында кан көтөрүлөт. Т-тин тоюнда эр сайышта Манас менен Сайкал беттешет, ат чабыш болот, эки эл элдешет (Сагымбай Орозбаков, 2. 47, 50, 60, 63, 64).Т. кан 17-кылымдагы тарыхый адам. Анын аты кыргыздын башка эпикалык чыгармаларында да («Сейитбек», «Жаңыл Мырза») учурайт. Ч. Валиханов 17-кылымдагы казак кандары тууралуу минтип жазат: «Жангирдин уулу, Ишимдин (кыргызча Эр-Эшим небереси Тауке) (кыргызча Тооке) Тиес (Тейиш) бийдин жардамы менен кыргыздарды бийлеп турган».
ТЕКЕС — топоним. Эпос боюнча кыргыздар жана ага жамаатташ элдер мекендеген жерлердин бири. Манас Акбалтанын кеңеши боюнча Кошой канга баруу үчүн Торучаар атты минип, Кутубий баштаган кырк баланы ээрчитип кыргызды көздөй келатканда басып өткөн жер. «Кыяс менен Текести Кыркындай басып келди эми, Жер соорусу турбайбы» (Саякбай Каралаев, 1. 109), — деп түркүн жаныбарлар, ар түрдүү сайраган кушу бар, ажайып кооз жер экендиги айтылат. Географиялык реалияда Т. Иле дарыясынын оң куймасы.
ТЕКЕС, Текескан — кейипкер, калмак каны. Манасты кан көтөргөндөн кийин ата-бабасы жердеген жерди бошотуу үчүн Манас баштаган кыргыздардын кол курап келе жаткандыгын уккан Култаң Терс-Маёдо жаткан Т-ке кабар берет:

Манасты айтып майышып,
Кошойду айтып кайышып.
Коркуп Култаң турганы,
Каны Текес калтырап,
Коркуп кирди бу дагы (Сагымбай Орозбаков, 2. 34).

Т. күндүк жердеги Куяс аярды чакыртып, Манастын кабарын айтат. Куясы келип Манастын колу келчү жолдогу бак-шакты, чөп-чарды дубалап, эсеп жеткис жаракчан аскерге айлантып коёт. Сыйкыр дуба менен жасалган аскерден Манастын колу өтө албайт деген ой менен Т. даярдыксыз беймарал жата берет.

www.bizdin.kg
Сыйкыр аскердин сырын Бакай байкап билип, аларды өрттөп жиберип, кыргыз колу Т-тин ордосуна кирип барышат. Каарданган Т. адегенде Куясты өлтүрөт, анан өзүн-өзү өлтүрөт. Манас Т-тин элин талатпай, алардын каалоосу боюнча Т-тин иниси Тейишти кан көтөрөт.

Ж. Сагынов

ТЕКЕЧИ КАН — эпизоддук кейипкер. Карыкандын уулу. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Манастын туула элегиндеги бабалары» жөнүндөгү окуяда:

Кызыталак кытайга
Кыйрашалы журтум — деп,
Калкы тыргоот, манжуга
Бул көрөкчө өлөбүз деп, элди жоого каршы күрөшүүгө чакырат. Бирок, селдей каптаган душманга күчү жетпесин билген: «Текечи кан, Шыгай кан Ала-Тоо бойлоп качканы» эскерилет. Манас Алоокени жеңген окуяда да катышат.

ТЕКСТОЛОГИЯ (текст жана гр. logos — сөз, түшүнүк, илим) — филологиялык илимдердин бир тармагы; адабий чыгарманы сыноо, изилдөө максатында басмадан чыгарат. Ал адабий библиография, булак тааануу, палеография, герменефтика, тарыхый поэтика, орфоэпия, стилистика сыяктуу тармактарды да камтыйт. Т-нын негизги максаты — оозеки же жазма түрүндөгү адабий чыгарманын адепки текстинин жаралуу, калыптануу жана өнүгүү тарыхын, анын башаттарын, эволюциясын иликтеп үйрөнүү, жеке өзүнө таандык белгилерин, касиеттерин аныктоо, башкача айтканда тексттин «индивудуалдык жанын» диахрондук ыкмада аны жараткан кишиче окуп чыгуу, сурамжылоо аппаратын тактоо, канондук текст түзүп, жарыкка чыгаруу болуп эсептелет.

Т-нын башкы методу — адабияттын өз алдынчалыгын эске алып, аны өзүнчө тарыхый кубулуш жана искусствосунун бир түрү катары илимий филологиялык талдоодон өткөрүү. Т. изилдөөнүн историзмин, тексттин адабий-тарыхый, маданий-тарыхый контекст менен байланыштарын аныктоону, башкача айтканда тексттеги баардык өзгөрүүлөрдү эске алууну, бир эле автордун башка чыгармалары, бир учурда же ар кайсы учурда жашаган жазуучулардын бири-бирине тийгизген таасирлерин айкын көрсөтүүнү талап кылат.

Т. практикалык жана теориялык түргө бөлүнөт. Кыргыз адабиятында практикалык Т. китеп чыгаруу, анын текстин редакциялоо иштери башталгандан бери жашоодо. Ал эми теориялык Т-нын методологиясы, методдору, принциптери толук иштеле элек, ал бүгүнкү күндө теориялык илим катары жашоого өзгөчө муктаж. Айталы, «Манас» эпосунун эбегейсиз көп текстин — анын редакцияларын, варианттарын толук изилдөөнү кандайча жүргүзүү керек? Анын канондук академиялык басылмасын кандай даярдап, кандай чыгаруу керек? Булар күн тартибинде турган маселелер.

Эпостун өткөндү жана азыркыны байланыштырып турган тутумдаш маанисин, мазмун-форма эволюциясын кеңири чечмелеш үчүн анда көрсөтүлгөн окуялардын, образдардын генезисине, дооруна, манасчылардын заманына, индивидуалдык талант өзгөчөлүктөрүнө кайрылуу зарыл. Ар кайсы убактарда туюнтуучу менен туюнуучунун, айтуучу менен угармандын, муундар менен муундардын ортосунда биринен-бирине өтүп келген рухий ачкычты тапмайынча эпосту толук түшүнүүгө мүмкүн эмес. Бул үчүн ар кандай илимдердин ыкмаларын комплекстүү колдонуу менен кыргыз элинин рух кудуретинен жаралган мухит эпостун тагдырын жаңыча түшүнүүгө, түшүндүрүүгө болор эле. Демек, ишти анын текстинен баштаган дурус.

Латын тилинен которгондо текст — негиз, аралашма, кошунду, уютма, тундурма дегенди түшүндүрөт. Ал — айрым элементтердин курамынан турган руханий реалдуулук; айтуучуга, угуучуга жана окурманга багышталган кабар, маалымат.

www.bizdin.kg
Жаңыча иликтөөнү тексттен баштагандын өзү андагы кирди-чыктылардын, органикалык кошундулардын изин, ордун, мезгилин, көлөмүн тактоого мүмкүндүк берет. Мисалы, Сагымбай менен Саякбайдын варианттарындагы окшоштуктар, айырмачылыктар жалаң гана сюжеттик окуяларга, сызыктарга, фабулага, трагедиялык, драмалык пафоско, айтуучулардын рух сапаттарына, талантына байланышканбы же дагы башка себептери, факторлору барбы? Бул оңой-олтоң маселе эмес. Мында тексттин сөзмө-сөз же тематикалык, лексикалык жана башкалар жараткан таланттын кат-каттап кынаштырган саймалуу таштай ою, тарых таануусу, дүйнө арытуусу, түшүнүгү. Ушунун өзү эпостун башынан аягына чейин өзүнчө система экендигин далилдейт. Демек, ал системалык мамилени талап кылат.

Эпостогу образдарды, каражаттарды, сыпаттама-сүрөттөмөлөрдү катмар-катмары боюнча карап чыгып, анын мифологиялык даңегиндеги идеогенездин, даректердин, маалыматтардын айкалышуу, органикалык түрдө синтездешүү эполюциясына акыл жүгүртүүгө болот. Албетте, эпостун жалпы контексти — өз алдынча турган эсеп жеткис тексттердин жыйындысы. Алардын ар биринин жазылуу, бири-бирине жугушуу, ымалашуу тенденциясын, процессин, бири-бирине тийгизип турган фактордук, факториалдык таасирин кандай кароо керек? Изилдөөнүн мындай жолунда майдадан чоңго, чоңдон майдага, аздан көпкө, көптөн азга жана башкалар өтүүсү табигый нерсе. Ошондо тексттеги тарыхый, социалдык, психологиялык, практикалык, прагматикалык, ойчулдук, лингвистикалык, стилистикалык жана башкалар катмарлардын, параметрлердин жашыл айдыңы чыга келет. Анткени «Манастагы» руханий бардык компоненттер, аспектилер түздөн-түз же кыйыр түрдө бири-бири менен байланышкан, шартталышкан. Демек, тексттин ички рухуна, рух маанисине, маанайына үңүлүп кирүү көп тармактуу даярдыкты талап кылат. «Манас» эпосунун текст формасы анын курулуш материалынын, сөз түркүмүнүн, санжыргасынын, ыргагынын, уйкашынын эле формасы эмес, ал руханий мазмундун, рухтун көркөм чагылып көрүнүү формасы, эпостун ошончо замандан бери улам кулпуруп келген эстетикалык, мазмундук турпаты. Ошон үчүн тексттин кунары реалдуу турмушка, тарыхый кыймылга, мисалы, башка кубулуштарга, окуяларга, инсандарга, рухтарга жана башкалар болгон мамилеси аркылуу аныкталат. Ошондуктан эпостун тексти тыкан иликтөөнү гана эмес, ар башка учурларда ар түрдүү айтуучунун да, кабылдоочунун да чыгармачылык мамилесин, ышкысын талап кылат. Ошондо гана угармын (окурман) алып жаткан кабарды, образды өзү кошо жаратып же окуяга өзү кошо аралашып жаткандай кабылдайт.

Биз эпостун текстин төгүн жерден философиялык феномен деп жаткан жерибиз жок. Ооздон оозго өтүп келген бул эпостун тексти канчалык өзгөрүүлөргө, жоготууларга, толуктоолорго жана башкалар дуушар болбосун ал элдин тарыхында көөнөрбөс, муңбас, туруктуу константа, руханий феномен катары сактала берет. Дал ошол эскирбес касиетинде көп кырдуу табият жатат. Толуп жаткан коомдук, руханий факторлордун ичинен өзгөчө эл рухунун жана тилинин өнүгүшү эпостун улам бийиктеп, тереңдеп өнүгүшүн шарттаган. Ошон үчүн эпостун текстин жаңыча изилдөө улут маданиятынын, улут рухунун түркүн тармактарына таандык. Мунун өзү көптөгөн маселелерди жакындан сезүүгө, түшүнүүгө алып барары шексиз. Бул жерде айрым бир аспектилерге көңүл бура кетели. «Манастын» тексти: 1) тарыхты таанып-билүүнүн, тарыхый ой жүгүртүүнүн объектиси, булагы; 2) эпостун эволюциясын илимий негизде түшүнүүнүн, аныктоонун предмети; 3) улуттук рухтун өзүн-өзү таануусунун предмети, объектиси; 4) тарых менен сүйлөшүүнүн субъектиси, тарыхый бешбейне, эстелик, таберик; 5) өткөн тарых менен азыркы учурда байланыштыруучу рух данакери; 6) тарыхый, руханий мазмундун семиотикалык, семантикалык,

www.bizdin.kg
лингвистикалык, стилистикалык жана башкалар туюнтмасы; 7) элдин эстетикалык-философиялык көз карашын, рух түшүнүгүн, адеп-ахлактык, аксеологиялык гедонисттик жана башкалар маани-мазмунду чагылдырган рух дөөлөтү; 8) элдин рух кайратын, кубатын синтездеген, макалдаган, тастыктаган рухий константа, кылымдардын кийинкилерге багыштаган дилкаты; 9) элдин рух идеяларын, ой-мүдөөлөрүн, идеалдарын материалдаштырган тарыхый, табигый феномен, рухий идеология, философия...

Мына ушулардын бардыгын ар тараптан тактап, иликтеп, анан жалпылоодо жетишкен натыйжалар эпостун үргүлжү текстин, дүр-дүйнөсүн философиялык феномен, организм, система катары чечмелештин өзү ага карата болгон көз караштарды, концепцияларды тереңдетип, фундаменталдык изилдөөлөргө баруунун гносеологиялык, социалдык, психологиялык негиздерин түзөт. Ал океандай эпосто чагылдырылган эл рухунун көөнөрбөс көркүн көрсөтөт. Дал ошон үчүн «Манастын» текстин чечмелөө, анын рух философиясынын параметрлерин аныктоо, тактоо, микротекст, макротекст, контекст-подтекст элементтерин ажырагыс биримдикте кароо зарылдыгы пайда болду. Бул категориялардын, түшүнүктөрдүн ар бири өз алдынча мүнөздөлгөнү менен, түздөн-түз же кыйыр түрдө «текст» деген борбордук, өзөк кубулушка жамаатташ байланышкан, ошону менен шартталган.

Кыскасы, элдин кайнар булактай, аалам чыractай рухунун чыккан «Маната» түбөлүк дүйнөнүн өзүндөй дайым жаңы, дайым жаш, дайым улуу идеал бар. Ал жамааттын жалкпас биримдик, ирегелештик, боордоштук, башка элдер менен жакындашуу, тамырлашуу идеясы, эң негизгиси — эл рухунун өлбөстүгүн, албандыгын даңазалаган улуу идея менен байланышкан.

К. Матиев, Т. Карымшаков

ТЕК-ТУРБАС — топоним. Манаска каршы кутум уюштурган кандардын колу Таласка жөнөгөндө Көкчөнүн колу басып өткөн жерлердин бири. Географиялык реалияда Талас кырка тоосунун түндүк-батышындагы тумшук.

ТЕКШИ-АРШ — топоним. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Нескара менен Манастын урушунда айтылып, кытай тарапта жайгашкан жерлердин бири катары сүрөттөлөт.

ТЕКШИГЕР — топоним. Тейиш кандын тоюнда ат чабылган талаа Сагымбай Орозбаков, 2. 49).

ТЕЛКҮРӨҢ — Абыштын байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты байгелүү болгон Абыш тагдырына буюрган Сулайкага үйлөнөт.

ТЕЛКҮРӨҢ — Акбалтанын аты. Манас төрөлгөндө Жакыпка сүйүнчүлөп Акбалта минип барган ат (Саякбай Каралаев, 1. 54).

ТЕЛТОРУ — Төрөнүн байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта марага бирден кийин келгени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3. 58).

ТЕЛТОРУ — Элемандын байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта марага бирден кийин келгени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3. 58).

ТЕМА (грекче thema — негиз болгон нерсе, негизги ой) — баяндоо, сүрөттөө, изилдөө жана башкалар негиз болгон, чыгарманын аты, негизги багыты, кыскача мазмуну.

Ар кандай *баатырдык эпостун* башкы Т-сы жана ага ылайык түзүлгөн борбордук сюжети болот. Баатырдык эпостордун негизги Т-сынан идеялык мазмунуна аны толуктап, кеңитип турган башка зарыл көмөкчү Т-лар да кирип, эпостун сюжеттик сызыгын көркөмдүк жактан толуктап турат.

Кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармаларынын ичинен негизги орунду ээлеген баатырдык эпостор тематикасы жана мүнөзү боюнча турмуштук эпостордон айырмаланып, өзгөчө классификациялык топту түзөт. Кыргыздын

www.bizdin.kg
баатырдык эпосторунда элдин тарыхый өнүгүшүнүн ар кандай этаптарындагы доордун мүнөзү чагылдырылгандыктан тематика боюнча да өз ара бири-биринен айырмаланат. Маселен, «Эр Төштүк» эпосу негизинен алгачкы жамаат түзүлүшүнүн ыдыроо мезгилиндеги мифтик күчтөр (желмогуздар) менен адамдардын баатырдык идеалынын күрөшүн чагылдырат.

Жунгар доорунда (15 — 18-кылымдарда) элдин көз карандысыздык жана ата журтту коргоо идеялары реалисттик планда «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды», «Жаңыл Мырза» эпосторунда чагылдырылган. Аларда тематикалык жактан бир эле коомдук түзүлүш чагылдырылганы менен, анын ар кандай кырдаалдарын, ар түрдүү учурларын көрсөтөт.

Орус фольклористи, профессор В. Я. Пропп элдик эпикалык чыгармалардын эволюциялык өнүгүшүн тарыхый салыштырма ыкма менен изилдеп, алгачкы баатырдык эпостор закон ченемдүү көрүнүш катары байыркы коомдук түзүлүштүн өнүгүшүнүн акыркы баскычтарында пайда болот деген жыйынтыкка келет. Алгачкы жамаат коомунун бузулуу мезгилинде эпикалык чыгармалардын борбордук Т-лары «баатырдык үйлөнүү» жана «мифтик күчтөр менен күрөшүү» болорун белгилейт (В. Я. Пропп, Русский героический эпос. М., 1958, изд. 2-ое, 32 — 58-б.), Е. М. Мелетинский бул негизги эки Т-га үчүнчү Т-ны «Уруулук өч алуу» Т-сын кошот (Е. М. Мелетинский. Происхождение героического эпоса. М., 1963. 258-б.). Көөнө типтеги алгачкы баатырдык эпосторго мүнөздүү бул Т-лар «Манас» үчилтигинен да орун алган.

«Манас» эпопеясынын композициялык курамында социалдык-турмуштук эпизоддор («Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көзкамандар окуясы», «Көкөтөйдүн ашы») кенен масштабда сүрөттөлгөнүнө карабастан, жоокерчилик доордун күч алып турган мезгили, (10— 18-кылымдар) «аскердик демократиянын» чагылышы эпостун башкы тематикасын түзөт да, чыгарма баштан аяк баатырдык мүнөзгө ээ. Эпостун идеялык пафосу Манас баатырдын мифтик кара күчтөргө жана кыргыз элинин чет жердик баскынчыларга каршы элдешкис күрөшүнө байланыштуу. Үчилтиктин биринчи бөлүгү Бээжинде баатырлардын окко учушу, Манастын өзү оор жарадар болуп келип, дүйнөдөн кайтышы менен аяктап, эпопеянын андан ары уланышына шарт түзүлөт. Ошентип, биринчи бөлүк менен идеялык жана сюжеттик жактан байланышкан экинчи бөлүктө «Манас» эпосунун каармандарынын өмүрлөрү трагедиялуу аякташына себепчи болгон Коңурбай кулоо, кыйроо процессинде көрсөтүлөт. «Семетей» эки теманы: Мекен үчүн ички жана сырткы душмандарга каршы күрөштү жана турмуштук-лирикалык мамилелерди камтыйт. Ал эми үчилтиктин үчүнчү бөлүгү «Сейтек» эпосу сюжеттик жагынан «Манас», «Семетей» бөлүмдөрү менен тыгыз байланышта болсо да, композициялык жагынан өз алдынча чыгарма. Анын негизги идеясы — мурунку эки бөлүмдөгүдөй эле ички жана тышкы душмандарды жок кылып, чабылып-чачылган элдин башын кошуу. Баш каарман Сейтек чоң атасы Манастын, атасы Семетейдин ишин улантып, алардын самап, күрөшүп, толук жете албай келген ой-максатын жүзөгө ашырат.

А. Муратов. Б. Кыдырбаева

ТЕМИРБЕКОВ Марлен (1933, Фрунзе) — опера ырчысы. Кыргыз ССРинин эл. артисти (1976). 1958-ж. П. И. Чайковский атындагы Москва мамлекеттик консерваториясын бүтүргөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик академиялык опера жана балет театрында иштейт.

www.bizdin.kg



М. Темирбеков — Чубак. « Манас» операсы, 1968.

1967-жылдан Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтунда мугалим. Ал дүйнөлүк жана кыргыз композиторлорунун операларынан көптөгөн партияларды аткарган. «Манас» операсынан Чубактын, «Айчүрөк» операсынан Канчоронун ролун жогорку чеберчилик менен аткара алган.

ТЕМИРДИК-ТОО — топоним. Кыргыздар жана ага жамаатташ жашаган элдер мекендеген жер катары бир катар эпизоддордо эскерилет. Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын ашын өткөрүү үчүн жер тандаган учурда: «Темирдик тоону басамын, Мен Куулуктан ашамын» (Радлов жазып алган вариант, 147), — деп айтылат. Темирдик — Алматы облусунун түштүк-чыгышындагы тоо.

ТЕМИРКАН — Каныкейдин атасынын өз ысымы. Саякбай Каралаевдин вариантында Т. деп да, ылакап аты менен Каракан деп да аталат, к. *Каракан.*

ТЕҢ АТАНЫН УУЛУ — туугандыгы жагынан жакын болуп, бирдей даражада, бирдей укукта болуу. Бир атадан тараган балдардын балдары деген мааниде айтылат. Эпосто «Жети кан куралып, Манаска кылмак болуп кеңешкени» деген окуядагы:

Тең атанын уулубуз,
Теңиринин кулубуз,
Таягын жеп, тил угуп,
Тарап кетип тим болсок,
Теги болбос мунубуз (Сагымбай Орозбаков, 4. 10)

деген саптардагы Т. а. у. жогоруда айт;ылган маанини билдирет.

ТЕҢИР — байыркы түрк-моңгол элдеринин эң жогорку кудайынын аты. Т. алтай тилинде — тенгри, тенгери; шор тилинде — тегри; хакас тилинде — тигер, тер; тува тилинде — дээр; чуваш тилинде тура; якут тилинде — тангара; моңгол тилинде — тэнгэр; бурят тилинде — тэнэри; калмак тилинде — тэнгэр түрүндө айтылат. Илимий чөйрөдө Т. дин катары биздин заманга чейин 3-кылымда Борбор Азияда пайда болгон деп болжолдонот. Гунн тилинде ал «тенли» деп айтылып, «асман» деген маанини түшүндүргөн. Кийинки мезгилдерде изилдөөчүлөр анын тамырын байыркы «асманды» түшүндүргөн шумердик «дингир» менен байланышта карашууда. Аны кытайлык «тянь» — «асман» менен жарыш келтиришкен окумуштуулар да бар. Бул дин тууралуу кеп кылганда анимисттик ишенимге негизделген «асман ээси» жөнүндөгү ойду түшүнөбүз. Асман анын жашоочу жайы гана эмес, анын өзүн да түшүндүрөт. Түштүк Сибирь, Борбор Азияда жашаган кээ бир элдердин түшүнүгү боюнча 99 Т. бар, алардын башкы ээси болуп Көк-Теңир саналат. Байыркы түрк жазмаларында да Көк-Теңир адамдардын, элдердин жана мамлекеттердин тагдырын бийлеген кудай. Көкөтөйдүн ашында Жолой күрөшкө чыкканда, аны көргөн элдин баары Көк-Т-ге табынышат:

Калмак, кытай, тарса, жөөт
Карап турган канча көп,

www.bizdin.kg

Өз дининче окунуп,
Күн чыгышка бет алып,
Көкө-теңир колдо деп,
Батасын кылды чокунуп (Сагымбай Орозбаков, 3. 186).

Бул жерде эки тарап тең табынып, ар кими балбанын колдоону Көк-Теңирден өтүнөт. Ал эми башка бир жеринде кырк жигит жөнүндө минтип айтылат: «Кийген тону көк темир, Сыйынганы бир теңир» (Сагымбай Орозбаков, 3. 138). Зороастризм динин тутунгандар сыяктуу эле Т-ге сыйынгандар да өздөрүнүн башкы кудайын Чыгыштан нурларын чачыратып чыгып келаткан күн кейпинде элестетишип, чыгып келаткан күнгө, алоолоп күйгөн отко табынышкан. Кийинки изилдөөчүлөрдө «теңиризм» — зороастризмдин чыгыш бутагы болгон болсо керек деген ойлор да бар. Кыргыз элинде «теңир колдонулат. Борбор Азиядагы «Теңир-Тоо», «Кан-Теңир» деген тоо, чокулардын аттары да түрк элдери ушул динди тутунуп турган замандарда коюлган.

А. Алимбаев

ТЕҢИР-НООР — топоним. Манас баштаган кыргыздар башка түрк уруулары менен чогуу Нескарага каршы жөнөгөндө:

Көкө-Ноор көлү бар,
Губий-Шаму чөлү бар
Теңир-Ноор көлү бар
Текши-Арш деген чөлү бар (Сагымбай Орозбаков, 1. 214) — деп Кытай, Моңголиядагы жер-суу аттары менен чогуу эскерилет. Географиялык реалияда Т.-Н.— Кытай Эл Республикасынын Тибет автоном районунун борбору Лхаса шаарынын түндүк-батышында жайгашкан көл.

ТЕРЕКТҮҮ — топоним. Жакыптын кыштоосу, Манасты издеп чыккан он бир Дуу-дунун бири:

Ушул жерден аттансак
Арасы эки күнчүлүк
Теректүү деген жери бар
Кышка жакын конуучу
Кыштоосу шондо болуучу (Сагымбай Орозбаков, 1.219), — деп айтат.

ТЕРС-МАЙОО — топоним. Иле чөлкөмүндөгү жердин, суунун аты катары бир катар эпизоддордо эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 3. 275).

ТЕРС-СУУ — топоним, Текес кандын жери. Манастын Орго кан менен болгон согушунда «Аяр Култаң келиптир, Терс-Суудагы Текеске, Айтып кабар бериптир» (Сагымбай Орозбаков, 2. 70), — деп айтылат.

ТЕШИК-ТАШ — топоним, калмактардын жери. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Алмамбет менен Сыргак Бээжинге чалгынга жөнөп «Тешик-Таштын оюна, Агарган талаа боюна Жакын кирип барганы» (Саякбай Каралаев, 2. 125), — деп айтылат.

ТИБЕТ, Тебит — топоним. Кыргыздарга чектеш, карым-катнашы бар элдин жери катары бир катар эпизоддордо эскерилет. Мисалы, Манас туулганда берилген тойдо:

Бир чети Тибет чөл болсун,
Күн чыгыш жагы кытайдын
Камбылдын Кунар бел болсун,
Чакырарым тоюма
Шондон берки эл болсун (Сагымбай Орозбаков, 1. 76), — дейт Жакып. Эпостун башка окуяларында Тебит деп да айтылат:

Тебиттин аркы тушунда,

www.bizdin.kg

Тырп чыкпай калган ошондо.
Кылыптыр кытай өкүмдү,
Кыйрынан азып бай Жакып.
Кылмышы жоктон өкүндү,
Кыстоосун көрүп калмактын
Кыйналып Жакып өкүрдү.
Азган менен тозгондон,
Ата-энеден бозгондон,
Ар кайсысын бир жактан
Айдап келип кошкондон
Жетимиш болду түтүнү,
Жетип барып арыз айтып,
Жер алууга күтүндү (Сагымбай Орозбаков, 2. 50).

Эпосто келтирилген поэтикалык саптар чындыкка бир топ жакын. Кыргыз тарыхынын түпкү башатын изилдеген окумуштуулардын кай бирөөлөрүнүн кыргыздар Т-ке чейин тарап кеткен деген божомолдору бар. Жогоруда эпостон келтирилген мисалдарда Т. кытай менен байланыштуу. Бул тарыхый чындык, акыркы мисалда айтылгандай Жакып ар кайсыны чогултуп 70 түтүн кылган экен. «Манастын» бул саптары Б. Солтоноевдин берген маалыматы менен бышыкталып тургансыйт. Ал өзүнүн «Кызыл кыргыз тарыхында» мындай жазганы бар: «...1916-ж. Кытайга барган соодагер Кашкарлыктын айтуусунда Тибетте эң азында 30—40 миң түтүн кыргыз бар. Тили бузулбаган, таза, араб сөздү катыштырбаган, дини калмакча, мусулманча бата кылбастан өзүнчө бата кылат» (Б. Солтоноев, Казак-кыргыз тарыхы». Кол жазмалар фондусу, 1057-инв., 179-б.).

Буряттын белгилүү окумуштуусу Г. Цыблковдун 1900—1902-ж. жашыруун изилдеп келгенден кийинки жазган «Буддист поломник у святых Тибета» деген китебинде ошол жердеги үйлөрдүн чатырын сүрөттөгөндө кыргыздардыкына окшош деген сүйлөмү бар.

Орустун улуу сүрөтчүсү Н. Рерихтин саякатында Кара-Корум тоо массивинен ылдый түшүп, (Индиядан Кытайга) келгенде биринчи чек арада 1925-ж. кыргыздарды көргөн. Андан кийинки биринчи эле айыл да кыргыздыкы болуп чыккан.

И. Молдобаев

ТИГИ ДҮЙНӨ. Диний-мифологиялык түшүнүктө Т. д. ишеними өзгөчө айырмаланып турат. Элдик ишеним боюнча адам өлгөндөн кийинки экинчи дүйнө, өзүнүн түбөлүк жайы. Ошол жерде өмүрү уланып, кадимкидей жашай берет имиш. Ошондуктан, эл жашап жаткан дүйнөсүн «жалган дүйнө», ал эми өлгөндөн кийинки дүйнөнү «чын дүйнө», же болбосо Т. д. деп бөлгөн. Т. д. түшүнүгү кыргыздардын арасына ислам дини таркаганга чейин эле бар экендигин көптөгөн археологиялык, этнографиялык даректер далилдейт. Адам өлгөндө аны менен жоого минчү атын, курал-жарактарын, тамак-аштарды кошо көмчү, ал эми адам бай, мартабалуу болсо кулдарын, күңдөрүн, аялдарын кошо өлтүрүп койгон. Ислам дини кыргыздарга тарагандан кийин Т. д. түшүнүгү да татаалдаган.

ТИЗЕКАН — эпизоддук кейипкер. Канукейдин нөкөрү. Манастын Канукейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты он алтынчы келген Бооке тагдырына буюрган Т-га үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 424).

ТИЗЕЛИК — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры. Алооке кан Т-ти элүү киши кошчу менен ата конушуна жаңы көчүп келген Манасты коркутуп чакырып келүүгө барган чабарман катары эскерилет. Алооке кан Т-ти элүү киши кошчу менен Манаска жибергени эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 2. 166—168, 170. 172).

www.bizdin.kg

ТИКЕ СӨЗ. Оозеки же жазуу речинде, сүйлөө же айтуу процессинде башка бирөөнүн сөзүнүн эч кандай өзгөртүүсүз берилиши. Т. с. «Манас» эпосунун текстинде негизинен үч түрдүү жагдайда учурайт: биринчи, манасчы эпосту аткарып жатканда, каармандардын сөзүн ошол бойдон өзгөртпөй берет; экинчи, айтуучу өзүнүн же каармандардын сөзүн эмес, ойлогон оюн, ички абалын берет; үчүнчүсү, тексттеги окуянын жүрүшү мезгилинде, манасчынын же каармандын мурда айтылган сөзү келтирилет.

Төмөнкү Т. с-дө калмак баатыры Музбурчактын ички ою берилип жатат:

Эси ооп эндиреп,
Акылдан тайып зеңгиреп,
«Эми өлмөк болдум деп»
Унчугарга дарман жок,
Ат үстүндө чиренип,
Аманат жандан түңүлүп,
Карап турду түнөрүп (Курама вариант 2. 250).

Контексттеги «эми өлмөк болдум» деген каармандын ички ою, капылет айтылган ички сөзү гана Т. с., ал эми башка саптары айтуучунун сөзү.

Эки учурга — каармандын башка бир каарманга кайрылгандагы айткан Т. с-үн аткаруучу төмөнкүчө берет: «Бала мындай деген соң, Баатыр Манас чамдады, Жаалы катуу кармады», — деген айтуучунун речинен кийин Манастын Т. с-ү айтылат:

Атаңдын көрү, Жаш Айдар,
Бокмурун экөөң мас Айдар!
Элдигиң жок, кас Айдар!
Көкөтөй абам өлгөн соң,
Ал дүйнөнү көргөн соң,
Кабарды неге бербейсиң?!... (Курама вариант, 2. 43).

А. Муратов, Б. Кыдырбаева

ТИЛЕКЕ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү, Көгүчкөндүн атасы экени гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 418).

ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын — республикадагы илимий мекемелердин бири. 1936-ж. май айында негизделген. Алгач Кыргыз тили менен жазуусунун илим изилдөө институту деп аталган, 1943 — 54-жылдарда Тил, адабият жана тарых институту болгон. 1954-ж. Кыргыз ССР Илимдер академиясынын ачылышы менен Тарых институту өзүнчө бөлүнүп кетип, Тил жана адабият институту деп аталган, Институтта бир нече бөлүм, чет тилдер кафедрасы, эксперименттик лингвистикалык лабораториясы бар (1991). Институтта төмөнкүдөй проблемалар боюнча илимий изилдөөлөр жүргүзүлөт: кыргыз тилинин өнүгүшүнүн жана жашап турушунун мыйзам ченемдүүлүктөрү, анын фонетикалык жана грамматикалык түзүлүшү, сөз маданияты жана тилдин стилистикасы, кыргыз тилинин салыштырма жана тарыхый аспектилери, диалектология жана лексикография, кыргыз адабиятынын өсүш тарыхы, калыптанышы, улуттук адабияттын башка элдердин адабияттары менен карым-катышы, байланышы, текстология, фольклордук чыгармаларды үйрөнүү жана жарыялоо, учурдагы кыргыз совет адабиятынын өнүгүш тенденциялары, көркөм котормонун маселелери, «Манас» эпосун изилдөө, үйрөнүү жана жарыялоо.

Институт уюшулгандан тартып эле улуу эпосту «Манасты» жыйноого активдүү киришкен. Институттун тутумунда атайын сектор иштеп (к. *«Манас» бөлүмү),* эпос боюнча ар тараптуу илимий изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Манас-таануу илиминин калыптанышына институттун кызматкерлери зор салым кошушкан (к.

www.bizdin.kg
Манас-тааануу, «Манасты» жыйноо, «Манасты» бастыруу, «Манасты» изилдөө). 1992-жылдан Институт «Тил» жана *«Адабият» жана Искусство»* болуп экиге бөлүнүп кеткен.

А. Муратов, Б. Кыдырбаева

ТИЛМЕЧ — котормочу, бир тилден экинчи тилге оозмо-ооз которуп берүүчү адам. Бирин-бири түшүнө албаган улуттардын өкүлдөрү Т. аркылуу сүйлөшүшөт. Эпостун окуяларына түрдүү эл катышкандыктан бул термин эпосто көп жолугат. Мисалы, «Тил билбеген журт болсо Тилмечи жоон берсин деп» (Сагымбай Орозбаков, 2. 148). Бокмурун атасына аш берүүгө камданып, кабарчыга тандаган жаш Айдарды Т-тиги төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Ар жумушка дилгирген,
Алтымыш түрдүү тил билген,
Ары тилмеч, ары акын,
Ар жакшыга көп жакын (Сагымбай Орозбаков, 3. 86). Эпосто «алтымыш бурку тил билген» Ажыбай дайыма элчи болуп барат, Т-тик милдет аткарат. Алмамбеттин Манаска келип кошулушуна карата той өткөрүп, ат чапканда Мажиктин Төөсуру тогузунчу болуп келет. Ошондо: «Тилмеч белең атыңа, Так өзүңө Төөсуруң Таанып келди деп айтып» (Сагымбай Орозбаков, 2. 327), — деп аны Кыргыл, Бакайлар тамашалашат. Деги эле эпикалык тулпарлардын сүйлөөгө жөндөмдүүлүгү фольклордук чыгармаларда көп кездешет.

ТИЛСЫМАТ, Тилсым (арабча сыйкыр, арып, дуба, арбоо, адам баргыс, адам тийгис) эпосто да арабча маанисине жакын колдонулат. « Акунбешим баашанын Адам уулун жүргүзбөс Тилсымат койгон жериби» (Сагымбай Орозбаков, 2. 110). «Чек арага чеп кылып, Тилсим койгон жери бар» (Курама вариант, «Семетей», 245). ТМВда бул сөз бир орундан экинчи орунга кабар жеткирүүчү нерсени билдирет. Чоң казаттагы Алмамбет менен Сыргактын чалгыны бардык варианттарда бар. Негизги варианттарда (Сагымбай Орозбаковдун варианты, Саякбай Каралаевдин варианты) келаткан душман жөнүндөгү кабарды Коңурбайга куу өрдөк жеткирет. Ал эми ТМВда кароолдо турган куш, жаныбарлар кабарды тилсым менен билдиришет. Мисалы, Коңурбай алты миң устага тилсым капкан жасаттырып, жолго коюп коёт. Ал капкан душмандын келатканын Т. аркылуу Бээжинге жеткирет. «Асылы жин Куу өрдөк Кан Коңурдун тилчиси. Сым менен кабар берчүсү» (ТМВ, Кол жазмалар фондусу, 1071-инв., 416-б.). Демек, мында Т. телефон деген сөздүн синоними катары колдонулуп жатат. Аны манасчынын кийинки кездеги илим менен техниканын жаңылыктарын эпоско киргизүүгө болгон аракети катары түшүнүүгө болот.

Ы. Кадыров

ТИНТЕ, ак тинте — бычактын бир түрү. «Манас» эпосунда канжар, шамшардын аталышы. Эпостун варианттарында Манас күйөөлөп барганда Каныкей Т. менен Манасты билекке сайгандыгы жөнүндө айтылат. Радлов жазып алган вариантта бул окуя күйөө менен кыздын биринчи төшөктө жатканда тирешүүсү аркылуу берилет. Манастын кайын жеңелери Каныкейдин төшөгүнө жаткызганда Каныкей Манастын улуксатсыз келгенине теригет: «Темиркандын жылкычы, койчу кулдарынын аты Манас болчу.

«Тарт колуңду төшөгүмдөн» — деп, Каныкей абалак саптуу ак Т. менен Манасты колго саят. Ачуусу келген Манас кырк чоросун чакыртып, Темиркандын шаарын чабууга, жылкысын тийүүгө буйрук берет. Манастан кордук көрөрүн сезген Каныкей кырк кызды ээрчитип, кырк боз үй тиктирип, кыркына кырк кыз алып берем, өзүмдү Манаска тартуу кылам деп чоролордун алдынан тосуп чыгат. Өтө намыстанып калган Манас кырк кызды талап, Каныкейди кордомок болот. Каныкейдин Манастын алдынан чыгып: «Кара бетти көп сүйлөсө тилин кес» —

www.bizdin.kg
деп, кечирим сураганы гана Манастын ачуусун басат, Акыры Манас Каныкейди, Алмамбет Темиркандын агасы Айыпкандын кызын, кырк чоро кырк кызды алат. Т. менен Каныкейдин Манасты колго сайгандыгы жөнүндөгү салттык мотив түштүктүк айтуучуларынын версиясында да айтылат. «Семетей» эпосунда да Каныкейдин Кыргылчалды Т. менен сайгандыгы эскерилет.

А. Акматбеков

ТИНТҮҮР («тинт» деген этиш сөздөн) — элдик медицинада колдонулган аспап. «Манас» эпосунда чагылдырылган Т. көбүнчө уруш-салгылаштардан кийинки эпизоддорду сүрөттөгөндө учурайт. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында Т. тууралуу төмөнкүдөй маалымат айтылат: «Сом жеринде ок бар деп Тинтүүр менен копшутуп» (Сагымбай Орозбаков, 2. 91). Жараатка салып, адамдын денесине туруп калган жаанын огун, башка куралдардын сыныгын таап, канча тереңдикте жатканын билүү, ордунан копшуу үчүн пайдаланылган. Т. алтын, күмүш, темир зымдан жана эң айла кеткенде табылгыдан да жасалчу деген маалымат бар. Эпосто Т-дүн коргошундан жасалганы эскерилет: «Сөөккө жакын ок бар деп коргошун тинтүүр салыптыр (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 572-инв., 516-б.).

Т. тууралуу эпостогу маалыматтарды археологиялык табылгалар аркылуу бышыктоого болот. Мындай «сырдуу» аспапты 1971-ж. Тувада Хеличин суусунун Эне-Сай дарыясына куйган жеринде археологиялык казуулардын негизинде А. Д. Грач тапкан. Бирок, 1979-жылга чейин бул буюмдун функциясы так аныкталган эмес. Муну аныктоодо «Манастын» жана башкалар кыргыз эпосторунун материалдары зор жардамын тийгизген.

Ал археологиялык табылга темир зымдан жасалып, сөөк кынга салынган. Болжол менен узундугу 14—15 *см* келет, зымдын жоондугу 0,5 *см.* Өзөгү (зым) кутудан 1 — 2 *см* чыгып турат. Башы иймек болуп кайрылган. Сөөк кындын сыртында кыргыздын көчөтүнө окшогон оюулар бар. Ал буюм 9—10-кылымдарга туура келген эне-сайлык кыргыздын мүрзөсүнөн табылган. Бул азыркы кыргыз этносунун эне-сайлык кыргыздар менен байланышы бар экенинин күбөсү болуп эсептелет. Ошондой эле байыркы кыргыздарда элдик хирургия өнүккөндүгүн көрсөтөт.

И. Молдобаев

ТИП — көркөм өнөрдө белгилүү бир мезгилдеги бул же тигил коомдук топтордун, таптардын, катмарлардын, элдин жалпы белгилерин өзүндө сиңирип турган индивидумдун жалпыланган образы. Т. типтүүлүккө (к. *Типтүүлүк)* караганда тар түшүнүк болуп, ал образга (к. *Образ)* гана тиешелүү болот. Т. болгон образ чыгармада кайсыл топтун, таптын өкүлү болсо ошолордун көпчүлүгүнө мүнөздүү, жалпы белгилерди ичине камтыйт. Анын жекечелиги (индивидуалдуулугу) да, типтүүлүгү да биримдикте болуп, эриш-аркак көрүнүшү керек, ансыз көркөм образ бийик эстетикалык функциясын аткара албайт. Маселен, Манас — типтүү образ. Анын типтүүлүгү төмөнкүлөр менен түшүндүрүлөт: биринчиден, ал жоокерчилик замандагы эл-жерин коргогон, бирдиктүү кандык түзүп, көптөгөн аскердик күчтөрдү өзүнүн айланасына топтогон, өмүрүн жеңилип-жеңип согуштар менен өткөргөн ондогон, жүздөгөн баатырларга таржымалы, өмүр баяны, баскан жолу окшоп турат; экинчиден, ал ошол доордун өзгөчөлүктөрүнө, жалпы духуна, тенденциясына ылайык келет; үчүнчүдөн, мүнөзү, эр жүрөктүүлүк, кайраттуулук, эл, жерди сүйүү сыяктуу сапаттары, жүрүш-турушу, сырткы, ички сыпаттары менен ал жалпы эле ошол кездеги баатырлардын бирдиктүү белгисин алып жүрөт. Ал эми Каныкейдин образы уздугу, акылмандыгы, баатыр жарына актыгы, туруктуулугу сыяктуу сапаттар жүздөгөн кыргыз аялдарынын сапаттарын өзүнө бириктирип турат. Демек манасчылар көптөгөн кишилерге жалпы мүнөздүү белгилерди алып, аларды типтештирип, белгилүү бир

www.bizdin.kg
каармандардын айланасына жыйнайт. «Манаста» жүздөгөн каармандардын аты аталып, кирди-чыкты кейипкерлер да көп, бирок алардын баары Т. эмес. «Тип — белгилүү даражада типтүү мүнөз, — дейт адабият теориясы боюнча мударис Л. И. Тимофеев. — Бул мүнөздүн эң жогорку формасы, ири көркөм жалпылоо» (Тимофеев Л. И. Основы теории литературы. 5-бас. М.: 1976, 65-б.). Демек эпосто катышкан каармандар-кейипкер — мүнөз — тип деген жол менен өсүп отурат, кээ бирлер кейипкер бойдон эле калат, айрымдары мүнөз (к. *Мүнөз)* деңгээлине жетет, бирок Т. болбойт, кээ бирлери гана Т-ке өсүп жетет. Т-түү образ оң образ жана терс образ болушу мүмкүн, кандай образ болсо да ошол доордун, мезгилдин, топтун жалпы өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирет. Маселен, Коңурбайдын образы — баскынчынын, кара ниет, айлакер, баатыр душмандын Т-и. Демек Коңурбайды Т. даражасына жеткирүүдө манасчылар, душмандарга таандык, баскынчыларга тиешелүү «турмуштун бардык чындыгын кайра жаратып, элестүү көрсөтүү үчүн» (В. Г. Белинский) иштеп чыккан. Бул же тигил таптын, топтун, элдин өкүлдөрү ошол элдин, топтун, таптын идеал-мүдөөлөрүн алып жүрөт. Манастын ой-тилеги, негизги максаты — жерин бошотуу, элин жоодон коргоо. Бул элдик идеал менен дал келет. Коңурбайдын, анын тегерегиндеги жакындарынын ою жер чегин кеңейтүү, кыргыз журтун басып алып, талап-тоноо, кул кылуу. Т-түү образдар Т. болуу менен бирге, ошондой эле мезгилде өзүнчө индивид дагы, «Манастагы» Т-түү каармандар Т-түү болуу менен бирге эле өздөрүнө гана таандык, башка эч кимде кайталанбаган индивидуалдуулукка да ээ (к. *Индивидуалдуулук).*

А. Муратов. Б. Кыдырбаева

ТИПТҮҮЛҮК — ар түрдүү мезгилдерде, дооорлордо ошол мезгил, доор үчүн жана белгилүү бир топтор, таптар үчүн мүнөздүү болгон жалпы көрүнүштөрдүн, белгилердин искусствodo чагылдырылышы «Манасты» биздин күндөргө жеткирген улуулугу ошол өткөн жоокерчилик дооорлордогу көрүнүштөрдү, окуяларды, адамдардын жалпы мүнөздөрүн типтештирип, жалпылаштырып бергендигинде. Типтештирүү аркылуу гана «Манас» бизге кыргыз эли басып өткөн тарыхый дооорлор жөнүндө кеңири түшүнүк берип, таанып-билүүбүздү арттырып, тарбиялык таалимин көрсөтүп турат. Жоокерчилик дооорлордун башкы өзгөчөлүгү эмнеде экенин, ошол мезгилдеги эл турмушун, уруш окуялары, согуштар кандайча өткөнүн манасчылар окуя-көрүнүштөрдү, образдарды типтештирүү аркылуу ачып берген. «Бул чексиз чоң эпопеяда кыргыздардын турмушу, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү жана эл аралык мамилеси орун алган» (Валиханов Ч. 5 томдук чыгармалар жыйнагы. Алматы, 1961, 1-т. 367-б.) — деп жазат. Т. жалпылыктын жана жекеликтин карым-катышынан турат. Мисалы, «Манастагы» согуш окуяларынын бири Чоң казат ошол Манас жашаган доор үчүн мүнөздүү согуш, эгер азыркы согуштарды эпостогудай сүрөттөсө типтештирүүнүн мыйзамдары бузулат. Т. бузулган учурда эпизоддор (Сагымбай Орозбаковдун вариантында, Радлов жазып алган вариантта Манастын орустар менен алака-катышы, ажыга барышы жана башкалар) чыгарманын жалпы кан-жанына сиңишпей калганын байкоого болот. Алгачкы доордо кишилер өздөрүнүн жөнөкөй, күнүмдүк турмушундагы типтүү көрүнүштөрүн чагылдырышкан. Аристотель көркөм сөздүн милдети жалпыга маанилүү, керектүү болгон кырдаалдарды жана мүнөздөрдү жаратуу экенин көрсөткөн. Ал эми Ф. Энгельс өзүнө чейинки бүткүл көркөм жана эстетикалык ойдун өнүгүшүн жыйынтыктап келип реализм: «...деталдардын акыйкаттуу болушунан тышкары типтүү мүнөздөрдү типтүү шарттарда чагылдыра турганын» (Маркс К., Энгельс Ф. Чыг. 2-бас.) белгилеген. Ар бир мезгил, көркөм метод жана стиль, агым Т. түшүнүгүн өзүнчө карашкан, бирок алардын арасында өтө олуттуу айырмачылыктар болгон эмес. Демек байыркы замандардан тартып

www.bizdin.kg
эле Т. оозеки жана жазма адабияттын негизги принциптеринин бири болуп келген.

«Манаста» Т. эпостун бардык компоненттери (тема, идея, мазмун, образ, тил) аркылуу көрүнөт жана манасчылардын көз карашына, алардын өткөн дооорлордогу эл турмушун өздөштүрүүсүнө, тарыхты, санжыраны, элдин тилин терең сезе билишине байланыштуу.

А. Муратов, Б. Кыдырбаева

ТОБОТАЙ — эпизоддук кейипкер. *Ороздунун* ыркы жок он уулунун тогузунчусу (Сагымбай Орозбаков, 1. 176).

ТОБУРЧАК — Кейкубаттын байгеге чапкан күлүгү. Алмамбеттин келишине арнап өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта жетинчи болуп келет (Сагымбай Орозбаков, 2. 341). Эпосто жылкы тукумунун бир түрү — күчтүү, чыдамдуу ат катары сүрөттөлөт.

ТОГОЛОК МОЛДО (Байымбет Абдыракман уулу, 1860, Нарын өрөөнү, азыркы Ак-Талаа району, Куртка айылы —1942, ошол эле жер) — кыргыз жазма акыны жана манасчы. Атасы Абдыракман элдик ырларды жакшы билген, жыйындарда ырдай коюп жүргөн киши болгон. Байымбет он төрт жашка чейин атасынан тарбиясында өсүп, айткан жомокторун, ырларын үйрөнгөн. Атасы дүйнөдөн кайткандан кийин аталаш чоң абасы Музооке ырчынын тарбиясында жүрүп эр жеткен. Молдодон кат тааныган. Т. М-нун поэтикалык дареметин көрсөтөр жалындаган жаштык учуру элдик оозеки чыгармачылыктын өркүндөп өсүп, гүлдөп турган дооруна туура келген. Байымбет өмүрүнүн 60—70 жылын эл аралап, оозеки көркөм чыгармаларды угуп, өзүнүн поэтикалык дүйнөсүн байыткан. Элдик ырлар, поэмалар, жомоктор, санжыралар, кошоктор анын . бүткүл ой-сезимин ээлеп, чыгармаларына гүлазык болуп, түгөнгүс казынанын ролун аткарган. Элдик казынага кызыккан Байымбет бүткүл Кыргызстанды кыдырып, сөз чеберлери, белгилүү акын, жомокчулар менен кездешип, алардан таалим алган. Жаш кезинде колунан кагаз, калем түшүрбөй, кайсы жерде болбосун өзүнчө күңгүрөнүп же бирөөдөн бир нерсе сурап, элден уккан окуялуу кызык сөздөрдү текке кетирбей, учурунда бүт жазып алуучу. Элдик оозеки чыгармачылыктын зор өкүлдөрүнүн бири Музоокенин колунда тарбияланышы ырга сезимдүү Байымбеттин көркөм дүйнөсүнүн эрте ойгонушуна шарт түзгөн. Өзүнүн поэтикалык жөндөмүн көрсөтүүгө жаш кезинен эле мүмкүнчүлүк түзүлүп, Т. М. ырчылык кесипке эрте киришкен. Он беш жашынан бирди бирге кошуп ырдап жүргөн болот. Байымбет ырларынын биринде: «Он сегиз жашка келгенде, акын болдум атанып, «Манасты» бүт үйрөндүм, Тыныбектен жат алып» — деп эскерет. Бала кезинде Байымбет майда ырларга караганда «Манасты» жогору коюп, аны берилүү менен үйрөнгөн. Күндөрдүн биринде Байымбеттин айылына улуу манасчы Тыныбек келип, күнү-түнү «Манас» айтат. Кичинекей Байымбет ичине эл толгон үйдүн бир капшытынан орун алып, көзүн ирмебей күнү-түнү улуу жомокчунун «Манасын» угат. Тыныбек айткан жомоктун көркөм күчүнө арбалган жаш бала Тыныбекке илээшип, артынан калбагандан улам Тыныбек үйүнө ала кетет. Байымбет бир жылча Тыныбектин үйүндө жүрөт. Манасчы жаш баланын жомокко берилгенин байкап, «Манастын» кээ бир окуяларын жаттап алганын билип, «бул уйдун таскарынындай болгон томолонгон Тоголок Молдо ишке жарайт” — деп баалаган, Улуу жомокчунун ушул сөзүнөн кийин бала Байымбет Т. М. деген атка калат. Көркөм казынаны жаратуучулардын залкар өкүлү Тыныбектин назар салышы Байымбеттин поэтикалык жаш дүйнөсүндө чоң бурулуш жасап, алдындагы максатына айкын жол көрсөткөн. Байымбет 22—23 жаш курагында семетейчи деген атакка ээ болот; үчилтиктин «Семетей», «Сейтек» бөлүгүн айтып жүрөт. Жетишпеген жетимдик, айла кетирген көр турмуштун айынан Байымбет табигый поэтикалык мүмкүнчүлүктөрүн,

www.bizdin.kg
убактысын манасчылыктан сырткары ар түрдүү жагдайларга жумшоого аргасыз болуп, оокат өткөрүүнүн айласынан жерден жер которуп, көчүп жүргөн жана ТҮРДҮҮ жумуштарды аткарган. Т. М. чыгармачыл дараметин майда ырларды жаратууга, элдик арман, кошок, болмуштарды иштеп чыгууга, санжыра жазууга көп жумшаган. Ал эл алдында жомок айтууга, ыр ырдоого караганда элдик оозеки чыгармалардын жогоруда аталган жанрларынын үлгүлөрүн кагазга түшүрүүгө көбүрөөк көңүл буруп кеткенин өзү да «жазуучулук жөнүнө түшүп, ашта, тойдо ырдаганым жок» — деп адилеттик менен эскерет.



Байымбет жазып, жыйнап жүргөн бардык ырларын, «Манас» эпосунан эпизоддорду 1916-жылкы үркүндө жоготуп жиберген. 1936жылдан баштап, кайра кагаз бетине түшүрүүгө чечкиндүү киришкен. Т. М. өмүрүнүн аягына чейин улуу жомоктон кол үзбөй, башка чыгармачылыгы менен бирге манасчылыгын да өркүндөтүүгө, өөрчүтүүгө аракет кылган. Барган жеринде өзүнүн башынан өткөн түркүн татаал жана кызык окуяларды, эрдикке, эмгекке жана адилеттүүлүккө шыктандырган сонун чыгармаларынан аңгемелеп, кай бир учурларда «Семетей» айтып берип, угуучулардын көңүлүн ачып жүргөн. Т. М. жазгыч акын болгондуктан ал вариантын өзү жазып өткөргөн. Аны башка манасчылардын варианттары менен салыштырып карап чыгуу өзүнчө кызык. Бирөөгө айтып берүү менен өзү жазуунун ортосунда психологиялык ой жүгүртүү, импровизациялоо үчүн түзүлгөн шарт жагынан, жалпы эле оюн кагазга так түшүрүүдөгү субъективдүү жана объективдүү маанилердин ортосунда айырма болушу мүмкүн. Адатта манасчылар «Манасты» кимден үйрөнгөндүгү жөнүндө айтышпайт. Өзү айтып жүргөн вариантын табияттан сырткары «күчтүн», башкача айтканда кудайдын амири менен үйрөнгөн сыяктуу түшүндүрүшөт. Бардык эле манасчылар кереметтүү түш көрөт. Т. М. түш көрүү жөнүндө эч нерсе айтпайт. Манасчылар кудайдын амири менен түшүндө аян берилип, кокусунан эле жомокчу болуп калгандай түшүнүк беришсе, Байымбет түз эле кимден үйрөнгөнүн, кимден сабаты ачылганын, ал гана эмес, кагазга түшүрүү абалынан бери ачык айтат:

Баатыр Манас султандын,
Тарыхын айтып башынан,
Тыныбектен үйрөнгөн,
Сабаты чыгып жашынан.
Семетей менен Манаска,
Башынан ойлоп күтүнгөн,
Кагаз, сыя өзүнөн,
Калтырбай жазып бүтүргөн.

Эгерде ал башынан салт болуп келе жаткан түш көрүү, кудайдан аян келүү сыяктуу жөрөлгөлөрдү колдогусу келсе: «Манастан» башталып, кай-кайсы ордуна айтышып, кандай ырчы кошуп жамаганы баяндалат», — аттуу ырын жазып, андан 31 манасчынын кимиси кимден үйрөнгөндүгүн сыпаттамак эмес. Т. М. өзү атаганы 31 манасчынын көпчүлүгү менен замандаш болгон. Айтканын угуп, көпчүлүгүнөн үлгү алган. Ал 1937-ж. «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүгү «Манастан»

www.bizdin.kg
Манастын балалык чагы, 1934-ж. Көкөтөйдүн ашы («Семетей» бөлүгүндө айтылат), 1939-ж. Чоң казат, Кичи казат эпизоддорун жана жомокко салттуу болбогон Манастын ашы сыяктуу эпизоддорду жазып, ТАИнин кол жазмалар фондусуна өткөргөн (53830 сап ыр). Үчилтиктин бир бөлүгү толук жазылып калбаган менен баатыр Манастын балалык чагы, ал эр жетип, элин бириктирип, сырткы душмандардан коргогондугуна байланышкан негизги окуялар, башкы эпизод болуп саналган Көкөтөйдүн ашы бар. Т. М. менен Сагымбай Орозбак уулу залкар манасчы Тыныбектин шакирттери болгондуктан алардын вариантарында окшоштуктар болушу менен катар Т. М-нун өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүктөр да бар. Манастын отуз эки атасын түпкү атасы түрктөн бери саноо, кырк жигиттин жана кырк зардалдын (орун басарлары) ар биринин атына чейин атап чыгуу, ким канча кол менен келгенине чейин аныктап жазуу сыяктуу санжырачылык, зерикпей зергерленген тактыктар бар. «Кичи казат, «Көкөтөйдүн ашы» Сагымбай Орозбаковдун вариантынан өзгөчөлөнүп турат.

Үчилтиктин «Семетей» бөлүгүн Т. М. 1923, 1928, 1934, 1940-ж. бөлүп-бөлүп жазып өткөргөн. Академиянын кол жазмалар фондусунда сакталып турган «Семетейлердин» ичинен Т. М-нуку эң толук варинаттардан болуу менен Саякбай Карала уулунун вариантына теңтайлашып турат. Ошондон улам 1959 -ж. жарык көргөн курама вариантка Т. М-нуку экинин бири катары кирген. Бул аталган вариант көркөмдүк жактан бийик жана «Семетейге» салттуу болгон эпизоддору жеткилең иштелген дегенди түшүндүрөт. Үчилтиктин «Сейтек» бөлүгүн Т. М. өмүрүнүн аягында 1941ж. 24-апрелде жазып өткөргөн. Бул бөлүм жүзгө жакын гана бетти түзгөнүнө карабастан «Сейтекке» тиешелүү окуялардын бардыгын камтып, башкы каармандын Кыяс менен Канчорону жеңип, Таласка келип, кыргызга кан болгону менен аяктайт. «Семетей» менен «Сейтек» бөлүмдөрү биригип, 44873 сап ырдан турат. Т. М-нун варианты «Манас» үчилтигинин бардык бөлүктөрүн бириктиргенде 98703 сап ырды түзүп, көркөмдүгү жагынан да, көлөмү да залкар манасчылардын вариантарынан кем калышпайт. «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрү боюнча Т. М-нун варианты экинин бири катары белгилүү орунда турат.

О. Сооронов

ТОГОТОЙ ТЕРЕК — элдик уламыштарга караганда Манас Баатыр Шоорук канга каршы жортуулга келе жатып, Өзгөнгө, анын Чыгыш тарабындагы Тар жана Кара-Кулжа суулары кошулган жерге келип, ат чалдырып, суу боюндагы чынар теректин бир бутагын жерге сайып, ага аты Аккуланы байлаган экен. Аккулага казык болгон ошол чынардын бутагы өсүп, жоондугу беш адамдын кулачы жетпеген, узундугу отуз метрден ашкан чоң чынар терекке айланган. Ал жерде жашаган кыргыздар Т. т-ти Манас баатыр Аккуланы байлаган чынар терек деп эсептешип, мазар катары сыйынышат.

ТОГУЗ ЖОЛДУН ТООМУ — жолдордун ар тараптан келип кошулган түйүнү. Эпосто Толтойдун Ооганга баратып, жол чалганы төмөнкүчө сүрөттөлөт: «Тогуз жолдун тоому Анжыян кеткен ара жол, Анын жолун чалды эми» Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 94). Мындан жөө жомокторго мүнөздүү болгон («тогуз тоомдун тоому», «үч айрылыш жол») мифологиялык элементти баамдоого болот.

ТОГУЗ КОРГООЛ. Кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан көөнөрбөс эстелиги, акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун, жоокердик мамилелердин сырдуу түйүнү жана көпчүлүктүн черин жазып эрмектөөчү ортолук оюну. Т. к. оюну «Манаста» чагылдырылган негизги оюндардын бири катары төмөнкүчө айтылат:

Жалпак жыгач чаптырып,
Чараларын оюшуп,
Бир жагына бир тогуз,

www.bizdin.kg

Бир жагына бир тогуз
Үй чыгарып коюшуп,
Ою менен олтуруп,
Ташын салып толтуруп,
Тогуз коргоол ойгону,
Ордо тогуз коргоол деп
Жаш Манас кылып койгону (Сагымбай Орозбаков, 1. 172).

Т. к-дун тактайындагы «уялар» менен аймактык бөлүнүштөр, элдердин, айрым топтордун ээлеген орду белгиленип көрсөтүлгөн. Ушул максатта жөнөкөй тегерекчелерди, айлана сызыктарды байыркы географ-окумуштуулар да колдонушкандыгы белгилүү. Маселени ушул багытта караганда «уялардын» аталышы рельефтин, элдин, жоокерчиликтин, көчтүн талаптарына карата болуш керек. Ал оюндун жүрүшүнөн да даана байкалат. Бирок «уялардын» чыныгы аттары унутулгандыктан, кийинки учурда мал чарбачылыктын таасири менен эч кандай маани бербеген жөн гана аталыштар айтылып калган (текилдек уй, жаман уй, бел уй, куйрук уй жана башкалар) Ал эми тактайдагы «казына», «туз» деген аталыштар мурунтадан бери сакталгандыгы оюндун маанисинен даана байкалат. Ушуну менен бирге оюнду ойноо учурунда, анын эрежелеринде алдуусу алсызды талап турган замандагы көчмөн тиричилик, жоокерчилик турмуш чагылдырылып, көчүп конууда, чабуулга өтүүдө, коргонууда «так» болуп бөлүнбөй, «жупташып» жамаатташып, биргелешип аракеттенүүнүн өзгөчөлүктөрү Т. к-до айкын көрсөтүлгөн. Айрыкча атаандаштардын «чабуулга» өтөр алдында бири-бирине берген суроо жоопторунда жана ойноо ыкмаларында жоокерчилик замандагы каршылаштардын чалгын чалуу, бөгөт коюу, алаксытуу жана башкалар окшогон тактикалык сырлары чагылдырылган. Оюндун негизги максаты: жоокерчилик мезгилдеги каршылашкан эки жактын бири-биринин күчтүү жактарынан буйтап өтүп, экинчи жактын күчүн, айласын кетирип, жеңишке жетүүдөгү согуштук ийкемдүүлүк менен анын жашырын табышмактуу сырларына негизделген.

Ушинтип жоокердик турмуштун көп жактарын өз ичине камтыган Т. к. оюну ар бир атаандаштан тактикалык чеберчиликти, логикалык туура ой жүгүртүүнү, так эсептөөнү, жыйнактуулукту, чыдамкайлыкты жана чечкиндүүлүктү талап кыла тургандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Т. к. оюну жоокерчилик турмуштун сырларына негизделинген, көчмөндөрдүн баш катырма кызыктуу оюну катары кароого болот. Т. к. ушул көрүнүшүндө элибиздин көөнөрбөс эстелиги болуп кала берет.

К. Айдаркулов

ТОГУЗ-ТОРО — топоним. Эпосто Кызыр Көзкамандар ууланган кырк чорону учуруп барып жашырган жер катары айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 440). Географиялык реалияда Нарын дарыясынын чөлкөмүндөгү аймак, өрөөн. Молдо-Тоо, Көк-Ирим, Фергана, Ак-Шыйрак тоолору менен курчалган.

ТОЗОК, дозок (иранча дузек — кыйноочу жай) — диний ишенимде тиги дүйнөдө өлгөн адамдардын күнөөлүүлөрүнүн жанын түбөлүк кыйнооого алуучу жай. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Т. төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Дозок деген оруну
Оттон экен болуму.
Оттон чаян, жылан бар
Оттон адам кылган бар,
Адам эмес бериште
Каар кылат ар ишке,
Башы миң кез жылан бар,

www.bizdin.kg

Башкача каар кылган бар,
Нардай, нардай чаян бар,
Аманат курган жаныңыз
Анда кантип жай алар.
Капыр бойдон сен өлсөң
Ошо болор жайыңыз (Сагымбай Орозбаков, КФ. 576-инв., 603-б.).

Т. кээде жалпы эле кыйноо, азап, жапа чегүү, кыйынчылык тартуу маанисинде да жолугат: «Тоодайым Манас эрим жок, Абыке, тозогуңа калбаймын!» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 11).

Ы. Кадыров

ТОЙ — кубанычтуу окуяларга арналып, салтанат менен өткөрүлүүчү элдик ырым-жырым. Эпосто Т. кыргыздардын турмушунун ар кандай окуяларына байланыштуу өткөрүлгөн: жентек Т., тушоо Т., сүннөт Т., үйлөнүү Т. жана башкалар. Мындан сырткары коомдук мааниси бар окуяларды Т. өткөрүп белгилешкен (кан көтөргөндө, жортуулдан ийгиликтүү кайтып келгенде); кээ бир убактарда жакшы иштин жөрөлгөсү үчүн да Т. беришкен. Т. тиги же бул жамаатты, топту, ошондой эле, элди же уруу ынтымагын бекем кармоо, ырк бузууларга жол бербей, элди бириктирүү үчүн да берилген. Ошол коллективдин же элдин бардык мүчөлөрү же өкүлдөрү Т-го сөзсүз чакырылган. Т-дун кылымдардан бери калыптанып келген өз ирети, конок алуу — узатуу тартиби болгон. Т. берип жаткан адамдын урук туугандары, жамаатташтары Т. ээси болуп эсептелишкен. Алар коноктор келип кеткенге чейин, бардык чыгымдарды чогуу көтөрүшкөн. Эпосто ар кандай кубанычтуу окуяларга карата берилген Т-лор жөнүндө кеңири баяндалат. Алар — Манастын төрөлүшүнө, ага ат коюуда, кан көтөрүүдө, үйлөнүүсүнө, Алмамбеттин келишине арналып берилген жана башкалар чоң, кичине Т-лор. Т. берүү салты тарыхый изилдөөлөргө караганда адам баласынын турмушундагы эмоциялуу окуялардан улам келип чыккан көрүнүш. Ийгиликтүү аңчылыктан, мергенчиликтен, жортуулдан кийин алгачкы адамдар тобу олжону бөлүшкөн. Бул окуя жөн гана эле эмес ар кандай ырым-жырымдар менен коштолгон. Алар алгачкы диний көз караштар, ишенимдер (анимизм, магия жана башкалар) менен байланыштуу. Тарыхтын кийинки баскычтарында Т. берүү салты татаалдашып, жаңы элементтер пайда болгон. Кыргыздарда Т. балдар, улан, кыз, кыз-келиндер оюндары, ат чабыш, оодарыш, көкбөрү, күрөш, жамбы атмай, эр сайыш жана башкалар оюндар менен коштолгон.

А. Көчкүнов

ТОКО — эпизоддук кейипкер. Чынкожонун эки чоросунун бири. Тайбуурулду суратып Чынкожо Эртыш менен Т-ну Семетейге жиберет. Күлчоро менен Канчоро кастык менен келген Эртиш менен Т-ну сабап, беттерине тамга салып коё берет (Курама вариант, «Семетей», 140—146).

ТОКОМБАЕВ Аалы (жашырын аты Балка; 1904, Кемин району, Чоң-Кайыңды айылы — 1988, Фрунзе) — кыргыз совет акыны, кыргыз жазма адабиятынын баштоочуларынын бири.



www.bizdin.kg
Кыргыз эл акыны (1945), Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын академиги (1954), Социалдык Эмгек Баатыры (1974). Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1967). Ата-энесинен эрте ажыраган. Т. 1922-ж. мал айдаган кишилер менен Ташкенге барып, ал жерде окуп сабатсыздыгын жойгон. 1927-ж. Орто Азия коммунисттик университетин бүтүргөн. «Октябрдын келген кези» аттуу туңгуч ыры («Эркин-Тоо», № 1 1924) менен чыгармачылык тушоосу кесилген. Эпостун экинчи бөлүгү «Семетейдин» курама вариантын түзүп, жарыялоо ишинде көп күч жумшап, аны Кыргыз республикасынын улуттук Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталып турган Жакшылык Сарык уулу, Шапак Рысменде уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Тоголок Молдо, Саякбай Карала уулунун варианттарынын мыкты деген эпизоддорунан кыскартып алган. Т. бөтөнчө Семетейдин образына кылдаттык менен мамиле кылып, ал образды Саякбай Карала уулу, Тоголок Молдо, Шапак Рысменде уулунун варианттары боюнча алган. Ошондой эле Акмат Рысмендеевдин «Семетей» боюнча жазылган вариантын толук түрдө пайдаланган. Бул ишти элибиздин эстетикалык талабына ылайык жогорку пафосто, зор көркөмдүктө, элдик сюжеттен алыстатпай түзүүдө Т. айтууга арзырлык эмгектенген. «Манас» эпосун изилдөөгө арналган илимий конференцияда (1952) Т. ««Семетейдин» элдүүлүгү жөнүндөгү маселеге карата» деген темада чыгып сүйлөгөн. «Манас» боюнча жазган макалаларында ««Манас» үчилтик эпосунун элдүүлүгү жөнүндөгү маселеге карата» ««Манас» кыргыз элинин эпосу») эпостун элдүүлүгү жөнүндөгү маанилүү байкоолорун айткан.
Т. эки Ленин ордени, Үч Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери менен сыйланган.

Ж. Сагынов

ТОКОН — эпизоддук кейипкер. Тоту уруусунун мыктысы. Тейиш кандын тоюнан кийин Орго канды көздөй жөнөмөк болгон колдун ичинде Т-дун да бар экени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 68).

ТОКОТОЙ, Токотай — кырк чоронун бири. Топ башы. Чоролордун катарында саналып, эпостогу жөн-жай турмуштук окуяларга, согуштарга катышат. Т-дун тору аты Алмамбетти тосуп алганда кан түшкөндөгү ат чабышта сегизинчи, Алмамбеттин келген урматына берилген тойдогу ат чабышта онунчу болуп келет. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты жетинчи келген Т. тагдырына буюрган Бурунаска үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2.150, 327, 341, 419, 423, 49, 172; 4. 43, 177, 352).

ТОКТОБАЙ — эпизоддук кейипкер. Үсөндүн (Көзкамандын) балдарынын бири. Манасты ууландырууга катышып, кийин өз ара бычакташкан учурда өлөт (Сагымбай Орозбаков, 1. 119).

ТОКТОБИЙ — эпизоддук кейипкер. Манас кан шайланганда тоту уруусунан өкүл болуп катышат (Сагымбай Орозбаков, 1. 262).

ТОКТОГАЗЫ Жусуп уулу (1864, Талас өрөөнү, Таш-Арык айылы —1933, ошол эле жер) — революцияга чейин «Манас» эпосун кагаз бетине түшүргөн, Манастын күмбөзүнүн жазууларын изилдеген инсан. Кыргыз жергесинде Совет бийлигин орнотууга кол кабыш кылган сабаттуу адам болгон. Т. 1919-жылдан РКП(б)нын мүчөлүгүнө өтүп, Талас өрөөнүндө алгачкы партиялык ячейканы уюштурган. 1919-ж. Олуя-Ата (азыркы Жамбыл) шаарында өткөн кыргыз-казактын Союз кошчу съездине катышкан. Ал «Манас» эпосунун бир катар үзүндүлөрүн кагаз бетине түшүргөн. Алардын ичинен сакталып калганы «*Семетей кысса бу турур*» Т-га таандык болушу мүмкүн. Бул кол жазма азыр Кол жазмалар фондусунда сакталып турат (Кол жазмалар фондусу, 5183-инв.). Мындан тышкары анын

www.bizdin.kg
1910—29-жылдардын аралыгында Талас өрөөнүн ыр менен сүрөттөгөн казакча ырлары да ушул эле фондуда (Кол жазмалар фондусу, 1731-инв.) сакталуу.
Ошондой эле Т. өз доорунда биринчилерден болуп Манастын күмбөзүн изилдеген адам. Бүгүн анын мурастарынын арасында Манастын күмбөзүнүн бетиндеги жазуунун көчүрмөсү жана аны чечмелегени сакталып калган. Окумуштуулардын арасында талаш туудурган бул жазууну Т. минтип чечмелеген: «Түркчөсү. Саал кадн буркенчекли бул ишти жаңылоочусу аласы менен экөө бир бурка болду. Ага атасы ачуу кылардан пайдасына өтмөдү. Ушуну бүткөргөн Рапаа кадн кайгылуу болду. Бу ой айя эмес. Кадндыкы түрк каднынан. Могер билги башек жоомарт кудай жоуй кадна кекешли тара бойлду көп кишилер саптүсөп жан кылган. Баатыр жигиттерге башчысы болгон өзүнүн оглудан эч адам намысын бербеген баатыр Манастын жайы» —, деп чечкен Токтогазы Жусупбек уулу, 1927-жыл».

Т. Токтогазиев

ТОКТОГУЛ Калмамат уулу (1854, Өзгөн өрөөнү Доңуз-Тоо аймагы) — «Манас» айтуучу, жомокчу. 13 жашында атасынан айрылган. Отузга чыкканча Токтомуш деген бийдин эки жоргосун багып, ал кайда барса кошо жүрүп, той-тамашаларда жомокчу, ырчы, комузчуларга жолугуп, көптөгөн жомокторду, ырларды уккан. «Манас» айтканды Келдибек, Тыныбек жана башкалар жомокчулардан, ырчылардан, сөзгө чебер чечендерден үйрөнгөн. 1889-жылдан мергенчилик менен оокат кыла баштайт. 1894-ж. Жазы суусун бойлоп Кара-Шоро, Чыттыга көчүп барып туруп калат. Чытты ашуусунан жайы-кышы ары-бери өткөндөр, мергенчилер менен сүйлөшүп, алардан көптөгөн жомокторду, уламыштарды, дастандарды үйрөнгөн. Т. «Бостон», «Соболоң-Султан», «Көкөтөйдүн Алтын-Көкүл», «Кер-Көкүл», «Эр Чегиш» сыяктуу дастандарды да билген (Кол жазмалар фондусу, 291-инв.). Анын жомокторунан, дастандарынан үзүндүлөр уулу Акматтын айтуусунда жазылып алынган.

ТОКТОГУЛ, Токтогул ырчы — элдик уламыштар боюнча легендарлуу аңыз акын. Элде айтылып калган «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деген накыл кепке караганда Т. ырчы өтө таланттуу, элге кеңири белгилүү акын болгон. Жашаган мезгили боюнча Жаныбек кан, Жээренче чечен менен дооролош делет. «Манас» эпосунун жаралышы жөнүндөгү кыргыздарда кеңири таралган уламышта Манас баатыр каза болгондо анын каармандык иштерин, эрдиктерин ырчы чоросу Ырчыуул кошок кошкон экен. Кийин ошол кошок түрүндө эл оозунда айтылып жүргөн ырларды Т. ырчы бириктирип, Манас баатыр жөнүндө бир бүтүн чыгарма түзгөн делип айтылат.

ТОКТОКТУН-КАРА-ТООСУ — топоним. Орго кан ойроттун элин чогултуп «Алтайдагы кыргыздар... Токтоктун-Кара-Тоосунан, Толгон аскер алыптыр» (Сагымбай Орозбаков, 2. 74), — деп Култаңдан уккан кебин ортого салганда айтылат.

ТОКТОМУШ — Ак Ордонун жана Алтын Ордонун каны. 15-кылымдын аяк чендеринде бийлик жүргүзгөн, «Мажму ат-Таварихте» калмактарга каршы союздаштардын жетекчиси жана Манас баатыр анын сардары делип айтылат.

ТОКТОМУШЕВ Марс (1937, Ысык-Көл району, Аненьево айылы) — кыргыз котормочусу. Москвадагы Горький атындагы адабий институтту бүткөн (1968). Негизинен көркөм адабий чыгармаларды которот. Ал Москвадан Чыгыш адабияты башкы редакциясында даярдалып «СССР элдеринин эпостору» сериясы менен «Манас» эпосунун орусча которулушуна катышып, эпостун «Алмамбеттин окуясы», «Көзкамандар окуясы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Кошойдун окуясы», «Дөө-пери жомогу», «Кичи казат» жана башкалар бөлүмдөрүн (80 миң сап) сапма-сап которгон. Т. азыркы учурда А. Жакыпбеков менен К. Жусуповдун кара сөзгө айланткан «Манас» эпосун орусчага которуунун үстүндө эмгектенүүдө.

www.bizdin.kg
ТОКТОНАЛИЕВ Сейдакмат (1928, азыркы Аламүдүн району, Төмөнкү Ала-Арча айылы) — опера ырчысы, Кыргыз ССРинин эл артисти (1964). 1952-ж. П. И. Чайковский атындагы Москва мамлекеттик консерваториясын бүтүргөндөн кийин Кыргыз мамлекеттик академиялык опера жана балет театрында солист болуп иштеген. Т. дүйнөлүк жана кыргыз композиторлорунун операларынан көптөгөн партияларды аткарган. «Манас» операсынан Сыргактын, «Айчүрөк» операсынан Күлчоронун ролун жогорку чеберчилик менен аткара алган. Т. «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган.

ТОКТОР — эпизоддук кейипкер, Көкчөнүн жигити. Алмамбет менен Көкчөнүн ортосуна чагым салгандар Буудайбектин өргөөсүнө чогулуп алып, Т. менен Чаянды Алмамбетти чакырып келүүгө жиберишет (Сагымбай Орозбаков, 2. 255 — 256).

ТОКТОСУН Байбуура уулу (өмүр баяны белгисиз) — Семетейчи, Тянь-Шань районундагы «Эмгекчил» 7 жылдык мектебинин мугалими. «Манас» эпосунун «Семетей» бөлүгүнөн «Семетейдин Айчүрөктү издеп Үргөнчтү кечиши», «Семетейдин Үргөнчтү кечип, Айчүрөккө жолугушу» үзүндүлөрүн айткан. Андан 1808 сап ыр жазылып алынган. Т. Байбуура уулу айткан үзүндү Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Кол жазмаларды сактоо жана жарыялоо бөлүмүндө сакталып турат (Кол жазмалар фондусу, 261-инв.).

ТОКТУК — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча душмандар менен болгон акыркы таймашта (Кичи казат) Т. Манасты жаа менен чекеге атканы эскерилет.

ТОКШУКЕР — эпизоддук кейипкер, кытай баатыры. Түктүүкамандын баласы. Коңурбай Таласка казат жасап келгендеги согушта Күлчородон өлөт (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 216).

ТОЛОНО-БУЛАК — топоним. Радлов жазып алган вариантта «Көзкамандардын окуясына» байланыштуу төмөнкүчө эскерилет:

Көз Камандын балдары, төрөм,
Алмалы булак башынан, төрөм,
Алты сан жылкы алган бейм, төрөм,
Толоно-Булак башынан, төрөм,
Тогуз сан жылкы алган бейм, төрөм,
Айдай албай калган бейм, төрөм,
Соогат баарын алайын бейм, төрөм (Радлов жазып алган вариант 273).

«ТОЛТОЙ» (Керме-Тоодогу) — кызыл-суулук (Кытай Эл Ресубликасы) кыргыздардын эпосу, «Манас» үчилтигинин кошумча бөлүгү. Бул эпос өзүнүн композициялык түзүлүшү жана сюжетинин өзгөчөлүгү боюнча «Семетей» эпосунун каарманы Толтойдун жигиттик курагынан өмүрүнүн акырына чейинки окуяны камтыйт. Эпостун композициялык курулушу өз алдынча сюжеттик өзөктү түзгөн бир канча эпизоддордон куралып, ал эпизоддордун мазмуну башкы каарман Толтойдун тегерегине топтоштурулган.

Баян негизинен Толтой баатырдын көрсөткөн эрдиктери, өмүрү жана баатырдык жүрүштөрү жөнүндө толук айтылган. «Толтой» эпосу кызыл-суулук кыргыздарда айтылып, баатырдык баян катары кеңири тараган чыгармалардан болгон. Бул баатырдык баянды 1916—30-ж. манасчы Жусуп Мамайдын агасы Балбай жазып, кагазга түшүргөн. Кытайдагы «маданий төңкөрүш» жылдары Балбай абакка отургандан кийин элдик көптөгөн мурастар менен кошо «Толтой» эпосу да жоголуп кеткен. Бирок, кол жазманы өз учурунда окуп калган Жусуп Мамай жатка сактап калган.

Толтой жөнүндөгү баян бизде «Манас» үчилтигинин экинчи бөлүмү «Семетей» эпосунда өзүнчө эпизод болуп, «Чынкожо, Толтой чатагы» деп аталат. «Семетей»

www.bizdin.kg
эпосунда бул эпизод варианттарда бир мазмундагы сюжеттик өзөктү берсе да айрым бир кырдаалдарда деталдык көрүнүштөрү, образдык сүрөттөмөлөрү, жүргүзгөн аракеттери, кыял-жоруктары жагынан айырмачылыкка ээ экендигин белгилей кетүүгө болот. Жусуп Мамайдын айтуусунда бул эпос Толтойдун балалык чагы, Толтойдун баатырдыктары, Чынкожонун Толтойду азгыра башташы жана Толтойдун адашуусу деген төрт бөлүктөн турат. Ал бөлүктөр өз ичинен бир нечелеген эпизоддорго бөлүнүп, бир композициялык курулушту түзгөн баш каармандын өмүрүн жана баатырдык жортуулдарын баяндаган сюжеттик өзөккө ээ. Эпостун башталыш окуяларында Толтой кыргыз элинин бейкутчулугун сактаган адилет баатыр катары сүрөттөлөт. Эпостун мазмуну дүйнөлүк эпостордо салт катары көп колдонулуучу баатырдын аттанып чыгып башка баатырларды издөөсү же аңчылыкка жалгыз чыгып кетүүсү сыяктуу мотивдердин негизинде ар бир баатырдын өзүнө теңтайлашкан баатырларга кездешип, беттешкени менен башталат. Толтой жөнүндөгү баян ушул мотив аркылуу ачылып, ал эч кимге айтпастан, алгачкы кар жааганда тайганы менен бүркүтүн алып сонорго аттанып кетет. Бир нече күндөн кийин жер чалып жүргөн кызылбаш элинин каны Контукчу баатырга келип кабылат. Эки баатырдын кездешүүсүндөгү кырдаал окуяны андан ары өөрчүтүп, чыйралта баштайт. Жер кыдырып, өз аймагынан алыстап кеткен айрым баатырларды же сапарда жүргөндөрдү Контукчу тоноп, чаап алып турган. Анын ой-максаты жамандык, баскынчылыкты көздөгөн. Контукчу Толтойго кездешкенде да аны өлтүрүп же кармап кетүүнү ойлоп, карасанатайлык жасоого аракеттенген. Бирок анын бул максаты ишке ашпай, тилеген ою таш кабат. Окуя андан нары өөрчүп олтуруп, барган сайын чыйралып курчуйт. Ар кандай баатыр өз жеринин жана элинин тынчтыгын сактоо үчүн кандай гана кырдаалда болбосун анын коопсуздугу үчүн кам көрөт. Бир жагынан өз элинин камын жесе да негизги ою олжо табуу болгондуктан Контукчу да, кийинки окуядагы түркмөндүн каны Кырымдын уулу Камангил да баскынчылык максатты көздөшкөн. Камангил Толтойдун ким экендигин билген соң айткан саламын алик албастан, аны кемсинтип жалгыз жедигер элин эмес, жалпы кыргызды баш ийдире тургандыгын айтып, жекеге чакырат. Манас баатырдын өлгөнүн уккан Камангил Толтойго өкүм сүйлөп:

Контукчу, Толтой сен тургай,
Айкөл Манас, Алмамбет,
Чубак, Сыргак каракөк,
Кыргылчал баштап кыркынын,
Чыгарып сыпсыйпылын,
Аралап кирип баргамын,

Атын айдап алгамын — деп, көтөрүлөт. Бирок кармашып жоодон жеңилбеген элин кордоого бербей, өз намысын алдырбаган Толтой баатыр Камангилдин сөзүнө анча маани бербейт. Окуя андан нары чиеленишип отуруп, Камангил менен Контукчунун чатагы башталат да, ал чатак акыры Камангилди Контукчу өлтүрүшү менен аяктайт. Окуянын башталышында эле Толтойду колго түшүрүүнү ойлоп жүргөн Контукчу карөзгөй максатын ишке ашыруу аракетине өтөт. Мунун баарын байкап жана Контукчунун ким экендигин сезип, сактанып жүргөн Толтой кооптуу кырдаалга туруштук берип, жеңишке ээ болот. Толтойдун көрсөткөн эрдиги ушул эки баатыр менен эле чектелип калбайт. Манас баатыр өлгөндөн кийин кыргыз эли менен жерине көз арткан душмандардын баатырлары баш көтөрө баштайт. Семетейдин жаштыгынан пайдаланып, Жакып кан балдары Абыке, Көбөштү тукуруп Манастын ордосун талайт. Канык ей оор кырдаалга чыдабастан Семетей менен Чыйырдыны ала качып, Темир канга кетет. Кароосуз калган эл душманга оңой олжо болуп кетет. Коргоп калар Манас жок, Семетей Букарда жүргөндөн пайдаланып, душман

www.bizdin.kg
баатырлары кыргызга өктөмдүк кылып, Жакыпты, балдары Абыке, Көбөштү баш кылып баш көтөртпөй басып, салык салып, өз бийлигин жүргүзө баштайт. Муну «Толтой» эпосунун кийинки бөлүмдөрүндө катышкан Коронкыр, Карезги, Керкимат жана бай Чакайдын иш-аракеттерине байланыштуу окуяларда толук болбосо да аталган баатырлардын сөздөрүндө эскерилет. Манастан кийин кыргызды душманга бастыра койбос баатыр бар экендиги: «Өлгөн менен эр Манас, Баатыры бар кыргыздын Элинин кунун издээрге» — деген саптардан көрүнөт. Бул ой жалгыз гана Толтойго таандык болбостон эпосто эскерилип жаткан Семетейге, ошондой эле Кошой баатырдын уулу Жалгызекке да карата айтылып жаткандыгы эпостун контекстинде ачык эле байкалат. Эпостун мазмунунда Семетей менен Жалгызектин эпикалык душман баатырлары менен түздөн-түз майданга чыгып көрсөткөн эрдиктери ачык айтылбаса да сөз арасында, өзгөчө Толтойдун атасы Багыштын сөзүндө баса айтылат. Ал эми Семетей жөнүндө Чынкожо менен Толтойго байланыштуу окуяда кенен баяндалат. Контукчу менен Камангилге каршы кармашта жеңишке ээ болгон Толтой тынч жатып албастан жер кыдырып, эл көрүп, Кашкар каны Карезгинин кыргызга жасаган кордугун угат. Башынан кыргызга көз артып, кезегин келтире албай жүргөн Карезги капарсыз жаткан Ошко кол салып, элди бүлүндүрөт. Алым үстүнө алым кошуп, элди оор абалга салып, жакшылыктан үмүт үздүрөт. Буга чыдабаган оштук кыргыздар Абыке менен Көбөшкө, Кыргылчал менен Жакыпка жардам сурап кайрылышат. Алар элдин өтүнүчүн угуп ажат ачмак турсун өздөрү жан айласын кылышат. Карезги оштук кыргыздарды басып алгандан кийин Контукчу менен Камангелдин кунун алыш үчүн жедигер элин чабууга даяр экендигин жарыя салат. Буга Толтой чыдап турбастан, Оштон чыгып кеткен Карезгинин артынан бир жигит менен гана кууп келип, чөлдө өлтүрөт, олжону оштук кыргыздардын өзүнө кайрып берет. Керкимат таякеси Камангил, кайнагасы Контукчунун өчүн алууга келип, Толтойдон өлүмгө дуушар болсо, бай Чакай Толтойдун жары баатыр кыз Байторуну тартып алмакчы болуп, бир канча күн кармашууга чыдабай аягында сыйкырлап Толтой менен Байторуну колго түшүрөт. Бирок Толтойдун адил күрөшүнүн натыйжасында бай Чакай жеңилет. Эпикалык чыгармалардагы баш каармандардын баатырдык жортуулдарына эриш-аркак жүргөн темалардын бири баатырдык үйлөнүү темасы. Мына ушундай мотивдердин бири Толтойдун Байторуга үйлөнүүсү. Элдик эпикалык чыгармалардын көбүндө баатыр кыз колуна курал алып, эл четине келген баскынчы душманга каршы күрөшүп, эл-журтунун коопсуздугун коргойт. Андай кыз өзүнө тең келип жеке кармашта жеңип чыккан баатырга жар болот. Мына ушундай кыздардын бири — Байтору. Байтору «Толтой» эпосунда кара кытай элинен чыккан Батай кандын жалгыз туягы. Ал жеке кармашта эч кимге алдырбаган, намыс үчүн күрөшкөн эр жүрөк кыз. Байторунун аты айланадагы кандыктарга бүтүндөй тарап, жуучулар келе баштайт. Батай кан менен кызынын койгон шарты боюнча, жеңилип калганы экинчи жолу кайрылып келбеске убадасын берүүгө тийиш. Байторунун койгон шарты эпиканын табиятына мүнөздүү дүйнөлүк оозеки чыгармачылыкта кеңири тараган салттык көрүнүштөрдөн. Өктөмдүгү жана караөзгөйлүгү менен атагы чыккан Коңурбай, бай Чакай сыяктуу ашкан зулумзордукчу баатырлар келип, Байторудан жеңилип, экинчи жолу кайрылып келбөөгө ант бергендиги эпосто айтылат. Байторунун даңкын уккан Толтой да сыноого түшүп, жеке кармашта аны жеңип, коюлган шарт боюнча ага үйлөнөт. Толтойдун баатырдык аброюнун төмөндөшүнө Чынкожо кезиккен кырдаал өзүнчө чоң роль ойнойт.

Чынкожо менен Толтой жөнүндө айтылган баян биздеги манасчыларда «Чынкожо, Толтой чатагы» деген эпизоддо «Семетей» эпосунда сүрөттөлөт. «Семетей» эпосунун варианттарында өзгөчө көңүл Чынкожого бөлүнөт да, ар бир

www.bizdin.kg
манасчы өз алдынча Чынкожонун образын ар кыл мааниде талкууга алышат. Негизги варианттардан болгон С. Каралаевдин айтуусунда Семетей Чынкожону ага катарында эсептеп ага кеңеш салып, Коңурбайга аттануу жөнүндө өз ара сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшөт. Ш. Рысмендеевде Семетейдин сунушуна макул болуп, Чынкожо эли менен Семетейге келе жатканда артынан келген чабармандан досу Толтойдун айлын кызылбаштар чаап жаткандыгын угуп, элин таштап, Толтойго жардамга кетет. Астынан тосуп чыккан Семетей Толтойду кызылбаштардан куткарууга Чынкожонун кеткенин укканда Семетей нааразы болот да элин кырып, кайра кетип калат. Мына ушундай абалга нааразы болгон Чынкожо чындап эле каршыга баштайт. Манасчылардын айтуусундагы Чынкожого байланыштуу окуяда Семетей менен, ошондой эле айрымдарында Манастын ортосундагы араздашуу мотиви бирдейликти түзсө да алардын талкууланышы, окуянын жүйөлөнүшү ар кимисинде ар башка жагдайда чечилгендиги менен айырмаланып турат. Мына ушундай жагдайдан караганда бирдейликти түзгөнү менен айырмачылыктары ачык. Чынкожо тең аталык кылып, Семетейге бийликти бергиси келбей, ага каршылык көрсөтүп андан өч алуунун жолун издейт. Толтой менен Байторуга жолугушуп, достошот. Анын арамдык оюн билбеген жана андай түшүнүк оюнда жок жаш Толтой Чынкожонун купулуна толуп, өзү каалагандай жолдош таап, достошконуна ыраазы болуп, айлына кетет. Ооруп төшөктө жаткан Багыш уулу Толтой менен увазири Байтеке экөөнө калтырган керээзинде:

Биринчи айтар бул кебим,
Башка акылга кирбеген.
Ар кандай иш болсо да,
Арстан Манас айкөлдүн
Тукумуна тийбегин деп өтүнөт. Кыргыз эли Манастын үзүрүн көрүп, анын колдоосу менен өз алдынча эл болуп жашагандыгын, Коңурбайдын кордугунан куткаргандыгын жана Таш-Кыянын белинде Семетейге оолукканын «байкап көрсөм мен аны, атасынан зал экен», — деп эскерет да:

Арамдык кылса ким ага,
Акыры түбү кар экен.
Кебиме менин кулак сал,
Керээзди угар туяк кал.
Кан Манастын тукумга
Катышпагын билип ал, — деп, Багыш аталык керээзинде Манастын тукумуна каршы тургандын иши оңолбосун билгичтик менен Толтойго кулакдар кылат. Семетейди көргөнү Таш-Кыяга барганда суукка алдырган Багыш, Толтой менен Байтекеге керээзин айтып бүтөрү менен дүйнөдөн кайтат. Багыштын өлүмү Чынкожонун Толтойго тезирээк жакындашына чоң түрткү берет. Багыштын сөөгү коюлгандан кийин, анын ашы жөнүндө сөз болот. Толтой атасынын керээзин ортого салганда Чынкожо тууралан чыгып Багыштын кадыры үчүн аш бербесе элге уят боло турганын эскерип, дос катары ашка чыгымдала турган малдын жарымын төлөп, Толтойдун ишенимине кирет. Чынкожонун азгыруусуна кирген Толтой Семетей менен Жалгызекке кабарлабай туруп, атасынын ашына элди чакырат. Ашка чакыруусуз келген Коңурбай күч менен коркута баштаганда Чынкожо ачуусу келген Толтойду токтотуп, Коңурбайга тартуу берип куйтулук кылат. Чынкожо ашты башкарып, Толтой өз бийлигине ээ боло албай калат. Ашта Коңурбайдын зомбулугун көргөн жедигер эли бир топ жапа чегишет. Намыстанган Толтой, аялы Байтору Коңурбайга каршы чыгышат. Байторуга ок жаңылып, ажал табат. Толтойдун энөөлүгү, ак көңүл алабармандыгын Чынкожо өзүнүн арам оюна пайдаланат. Аш

www.bizdin.kg
берилип бүткөн соң Чынкожо Семетейге нааразы экендигин, аны кордоп, ала турган катыны Айчүрөктү тартып алып, Толтойго берээрин айтат. Бирок ага Толтой макул болбой атасынын керээзин эскерип:

Эми атамдын жолун тандаймын,
Айткан сөзүн аңдаймын,
Арстан уулу Семеңдин,
Ала турган катынын
Мен алам деп барбаймын.
Тийишсем шердин уулуна,
Түбүндө тирүү калбаймын, — дейт.

Толтойдун Семетейге каршы турайын деген ниети жок болсо да Чынкожонун арам саясатына акыры кошулууга аргасыз болот. Аны менен бирге Акун кандын шаарын камооого мажбурланат. Толтойдун Семетей менен беттешүүгө ниети болбосо да мурдагы Чынкожо менен антташкан сөзүнөн кайта албай анын талабын аткарууга аргасыз болот. Акырында Толтой Чынкожого карата:

Дос оозанып башынан,
Торуңа сенин чалындым.
Ойлонсом, сен деп жүрүп,
Кутулгус чырга малындым, — деп чын сырын айтат.

Чынында эле Чынкожо аны нары калчап, бери калчап, ак көңүл немени азгырып, акыры экөө тең курман болушат. Эпосто Чынкожонун тилине кирген күндөн баштап, анын жүргүзгөн иш аракеттери терс мааниде баяндалып турса да, элдик идеал катарында Толтой өзүнүн Чынкожого жасаган мамилелери менен чындык үчүн күрөшкөн каарман экендиги ачык эле сүрөттөлөт.

«Семетейдин» мейли биздеги варианттарында болсун, мейли Ж. Мамайдын айтканында болсун Айчүрөккө байланыштуу айтылган окуя толук берилет. Айчүрөктүн баатырларды сынашы, Чачыкейге жолугушу, Акшумкарды алып качышы, Семетейдин Акшумкарды издеп чыгышы, Үргөнч суусунан өтүшү жана Айчүрөккө жолугушу сыяктуу окуялар тигил же бул өзгөчөлүктөрүнө карабастан «Толтой» эпосунда толук берилбестен, айрым бир маанилүү деталдык көрүнүштөрү алынып, калгандары, схемалык жол менен сүрөттөлөт да Семетейди Үргөнчкө келгенде Айчүрөк тосуп алат. «Семетей» эпосунда Толтойдун уулу Кыяс жөнүндө да кеңири баян бар. Ал эми «Толтой» эпосунда Толтойдон бала жок болуп, иниси Кыязды асырап багып жүргөндүктөн, эл аны баласы деп атап калышкан. Бирок эки эпостогу Толтой, Чынкожо, Айчүрөккө байланыштуу айтылган окуя сөзмө сөз бирин экинчиси кайталап калган деп айтууга болбойт. Ар бири өз алдынча сюжеттик курулмага, мотивдик кырдаалга образдык системага жана көркөм ыкмаларга ээ. Кызыл-суулук кыргыздардын «Толтой» эпосунда Толтой элдик баатыр катарында сүрөттөлөт. Ал өзүнүн баатырдык күчүн жалгыз гана жедигер элинин бейкутчулугу үчүн жумшабастан, ошондой эле ал жалпы кыргыз элинин тынчтыгын сактоого арнаган баатырлардан болгон. Анын башкы максаты жалпы кыргыз элинин кызыкчылыгы үчүн күрөшүп, элди жана жерди жат душмандардан коргоо үчүн күрөшкөн баатыр экендиги эпикалык фабуланы камтыган. «Толтой» эпосунун сюжеттик курулушу, мотивдердин жүйөлөнүшү, көркөм образдардын талкууланышы эпиканын мыйзам ченеминен сырткары кетпестен, анын койгон проблемалык маселелерин толугу менен чече алган.

К. Кырбашев

ТОҢ — топоним. Эпосто кыргыздар мекендеген жерлердин бири. Манас туулганга чейин кыргыздар Ала-Тоодон сүрүлгөндө аны калмактын Алтаң, Култаң доотайлары ээлеп калат (Сагымбай Орозбаков, 2. 73). Кийин Манас баштаган

www.bizdin.kg
кыргыз колу душмандан бошотот. Географиялык реалияда Т. Ысык-Көлдүн тескейинин батыш бөлүгүндөгү тоолуу аймак, ашуу, өрөөн, суу.

ТООКАРА — Карачтын тулпары. Валиханов жазып алган эпизод боюнча «Көкөтөйдүн ашында» «Тоо кара минген эр Карач, Тоо кара күлүк аты бар. Албан күлүк мал эле» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7), — деп сүрөттөлөт.

ТООКАРА — Төлөктүн байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты жыйырма экинчи келген Төлөк тагдырына буюрган Бурмажанга үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 425).

ТООРАК, Тооракту́у — топоним. Кытайлар менен болгон экинчи жолку урушта Манас менен Жолойдун диалогунда эскерилет:

Кең Алтайда Тоорагы,
Тооракту́унун жоргодо,
Он экиге толгондо,
Тозокту чогуу бир салдым.
Кечилдин кесип кекесин
Миң төөдө чайың бир алдым (Саякбай Каралаев, 1. 156).

ТООРУЛЧУ — кырк чоронун бири. Кырк чоро саналганда, дайыма Кайгыл, Бөгөлдөр менен катар аты аталат. Кыргыз тилинде кайгыл, бөгөл, тоорул чалгын чалуунун түрлөрү. Демек, Т. чоронун асан чакырганда коюлган эмес, аткарган кызматы боюнча аты.

ТООТОРУ — Кыястын минген аты. Манасчылар тарабынан Т. ар дайым чоңдугу тоодой учкаяк эле эмес, адамча сүйлөй билген өтө кереметтүү мал катары көрсөтүлөт. Т-ну Кыяс боор эти менен тең көрөт. Андан ажыраган күнү өлөрүн да сезет. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Т. кээде Кыяс баатырдын өзүнөн да акылдуу, Кыяс аны Айчүрөккө аргасыздан бергенде:

Биттейибизде бириктик,
Бармактайда баш коштук,
Кенедей күндө кезиктик,
Эрдигиң бар, эсиң жок Кыяс —
Аялыңа алдаттың (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 956-инв., 84-б.), — деп нааразы болот. Башка бир вариантта да Т. «Катынга атын алдаткан Кан ичме Кыяс аман бол» (Жакшылык Сарыковдун варианты, Кол жазмалар фондусу, 63-инв., 133-б.). Т. менен Айчүрөктүн ортосунда кадимкидей карама-каршы көз караштардын күрөшү жүрөт. Айчүрөк Т-ну дубалап сүйлөтпөй койгондо Т. ага чындап өчөшүп, ала качып жүрүп тоо-ташка уруп өлтүрүүгө аракеттенет. Бирок, Т. канчалык касиеттүү, учкаяк болсо да адамдын акылына баш ийүүгө аргасыз болот. Айчүрөк анын тилин байлап, суук дуба менен колу-бутун матап, бастырбай салат. Акыры Т. Айчүрөк тарабынан Манастын арбагына багышталып союлат.

А. Жайнакова

ТОО-ЧЕЛЕК — топоним. Айчүрөк ак куу кебин кийип, учуп чыгып Сары-Аркадан көргөн Көкчөнүн уулу Үмөтөй сынына толбой, андан ары:

Турбай-тынбай эр издеп,
Талаа-Челек басты эми
Тоо-Челекти ашты эми,
Ысык-Көлдү кыдырып,
Кызыл-Кыя барды эми (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 363), — деп айтылат. Географиялык реалияда Алматы облусундагы капчыгай, өрөөн, суу.

www.bizdin.kg
ТОПОН СУУ (арабча туфан-ташкын, бороон) — кудайдын каары менен жер жүзүн суу каптайт деген диний мифтик ишеним; дүйнө жүзүн каптаган сел, суу ташкыны. Миф боюнча жер жүзүн Т. с. каптап, жан-жаныбарлардын бардыгы кырылган. Ошондо Ной пайгамбар зор кеме жасап, ага адам, жаныбарлардан экиден, өсүмдүктөрдүн уруктарын салып тукум сактап калган. Курандагы Т. с. жөнүндөгү уламыш Тооратан алынган. Ал эми Тоорат аны байыркы Ассирия уламыштарынан алган. Эпосто кытайлардын эпикалык борбору Бээжинди адам эмес Т. с. да алалбайт деген салыштыруу менен айтылат. Бээжин жөнүндө: «Топон суу тийбес Бээжинге» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 162), «Топон суу жүрсө тоздобос» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 268) деген маалыматтар учурайт. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Курандан алынган уламыш боюнча Т. с. жөнүндө маалыматтар берилет.

ТОП ТАШ — кыргыз элинин эң байыркы оюндарынын бири. Эпостун «Жайылып алып жыйырмаң, Топ таш — чакмак алыңар» (Сагымбай Орозбаков, 2. 304) деген ыр саптарында Т. т. оюну тууралуу маалымат берилген. Оюн тегиз, түз жерде ойнолот. Биринчи баштаган оюнчу беш ташты ыргытып, колунун үстүнө токтотуп туруп, колдун үстүнө бир ташты калтырып, калган төрт ташты жерге түшүрүп, колдун үстүнө токтогон ташты кайра жогору ыргытып, тутуп алат. Калган жерге түшкөн төрт ташты, бирден кылдаттык менен жерден ала турган бир таштан башка ташка колун тийгизбестен, колундагы бир ташты жогору ыргытып, кайра жерден бир ташты терип, жогору ыргыткан ташын кошо тосуп алат. Ошентип, жердеги төрт ташты терип алыш керек.

Оюндун жүрүшүндө, оюнчу колундагы ташты жогору ыргытып, жогору ыргыткан ташы жерге түшкөнчө жерден таш ала албай калса, же жерден таш алган убакта, оюнчунун колу башка ташка тийип кетсе, же ыргыткан ташын тута албай калса, оюнду ойноо кезеги атаандашына берилет. Т. т. оюнунун мындан башка да көптөгөн түрлөрү бар.

С. Токторбаев

ТОПУК АЯР — эпизоддук кейипкер. Калмак аяры. Араниктеги согушта Т. а-дын согуштук иш-аракети жөнүндө кеңири айтылат (Курама вариант, 1. 129).

ТОПУРАК-БЕЛ — топоним. Кыргыздар жана аларга жамаатташ уруулар мекендеген жерлердин бири. Алайда жаткан кыргызга Шооруктун кошуну кол салганда Манас:

Анжыяндын боорунан
Адам калбай келсин деп,
Топурак-Бел, Кара-Суу
Ортосу Оган дабаны,
Орчун шаар Анжыян,
Тез келсин деп аларды (Сагымбай Орозбаков, 2. 206) чакыртканда айтылат.

ТОР — кытай-калмак жоокерлеринин куралы. Жылкынын жал-куйрук кылына болот зым кошуп эшилип, узун-туурасы үч-төрт кез чарчы же сүйрү формада түйүлөт. Т-ду көбүнчө коргонуучу курал катары жөө аскерлер колдонушат. Душмандын саюу же чабуу үчүн шилтенген куралына каршы ыргытылып, Т-го жабышкан душмандын куралын анын колунан жулуп алуу же саюуга (чабууга) тоскоолдук кылуу үчүн ыңгайлуу. Ошондой эле чаап келе жаткан атчан жоокердин атынын астына таштап коюп, бутунан Т-го илинген атты үстүндөгү ээси менен кошо жыгып алууга болот; айбат көрсөткөн атчан же жөө куралдуу жоокерге ыргытып, аны туткундоого да ыңгайлуу. Эпосто калмак-кытайлардын Т. менен куралданган жоокерлер тобу «Темир аркан торчону Каптап уруш салды эми» (Саякбай Каралаев, 1. 89), — деп сүрөттөлөт.

www.bizdin.kg
ТОРБО, дорбо — баштык, жем баштык. Байыркы убактарда кийик, теке, эчки жана башкалардын терисинен иштелип жасалган. Көбүнчө согулган таардан жасалган. Адатта, тулпар аттын жем баштыгын, башка ээр-токум жасалгаларындай эле өзгөчө асем менен кооздошкон. «Маната» Аккула аттын башында, Торбосу алтын саймалуу» деп айтылат.

ТОРГОЙ — эпизоддук кейипкер. Акунбешим шаанын чабарманы. Оргонун Манастан жеңилгенин угуп, Акунбешим Т. менен Улаңгыны кол башчыларына кабарга жибергени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 99).

ТОРКАШКА — Алтынкөкүлдүн аты. Көкөтөйдүн ашында Коңурбай менен сайышка түшүү үчүн Манаска ат тандап чубатканда Кошой жаратпай койгон ат (Сагымбай Орозбаков, 3. 243).

ТОРОПОВ Акиндин Маркелович (1918, Казак ССРи, Семей облусунун, Таврический району, Троицкий айылы) — белгилүү театр сүрөтчү-жасалгалоочу. 1939-ж. Самаркандагы көркөм сүрөт окуу жайын бүтүргөн. Ошол жерде жаш көрүүчүлөр театрында сүрөтчү-сценограф, көркөм сүрөт окуу жайында мугалим. Кыргызстанга келип, Н. К. Крупская атындагы орус драма театрында сүрөтчү, 1947 — 78-жылдары Кыргыз академиялык драма театрында башкы сүрөтчү болуп иштеген. Ал «Манас» эпосуна кайрылып, 1980-жылдары «Чоң казат» полотносун жараткан. Сүрөтчү мында улуу эпостун эпикалык арымын өтө кылдаттык менен даана берүүгө жетишкендиги ар түстөгү боёктордун тереңинде жаткан мезгил духунун таасын чагылдырылгандыгы аркылуу байкалат.

ТОРСУК — кол чанач. Кымыз жана башкалар суусундук куюп жүрүү үчүн, эчкинин же кийиктин терисинен иштетилип жасалган чанач: «Канжыгада торсукту, Чечип алды Коңурбай». «Жаман атка жал бүтсө жанына торсук байлатпайт» (Эл макалы).

ТОРУАЙГЫР — Коңурбайдын жылкычыларынын башчысы кытай Карагулдун минген аты. Чоң казатта Алмамбет менен Сыргак Коңурбайдын жылкысын тийип, Карагул жараланып жатып калганда Т. кытай капкасына качып барат. Коңурбай жоо келгенин билет (Сагымбай Орозбаков, 4. 278—292).

ТОРУ-АЙГЫР — топоним. Радлов жазып алган вариантта бир катар географиялык аттардын арасында: «Тору-Айгырды ашам дейт, Сары-Кайкаң басам дейт» (Радлов жазып алган вариант, 4), — деп айтылат. Географиялык реалияда Т.-А. Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү жана Иле аймагындагы жердин аты.

ТОРУМ КЫЗ — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашында Бокмурун Манасты «Кереге, уук сырдалуу, Чийи жибек чырмалуу, Аземдүү боо тактырган, Акманат менен жаптырган» (Сагымбай Орозбаков, 3. 117) Т. к-дын ак сарайына киргизгени айтылат. Алмамбет келгенде Манас той берип ат чаптырганда Т. к-дын Наркызыл күлүгү он төртүнчү келет (Сагымбай Орозбаков, 2. 341). Айрым варианттарда Т. кереметтүү кыз болуп сүрөттөлөт. Манаска колукту издеп жүргөн Жакыпка ээн талаадан жолугуп сыйкыры менен коноктоп, ага Каныкейдин дайынын айтып узатат.

ТОРУЧААР — Манастын Аккулага чейинки минген аты. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манас төрөлгөн күнү Жакыптын жылкысынын ичиндеги Кула бээден туулган кулун. Ал жерге түшкөндө эле баатырга ылайык тулпардык сыны көзгө урунат:

Жерди чапчып Торучаар
Таптап турган кези экен,
Энесинин үстүнөн,
Ары-бери түйүлүп,
Аттап турган кези экен (Саякбай Каралаев, 1. 54).

Ошондон баштап Т. Манаска далай кызмат өтөйт. Он эки жашар Манас Т-ды минип кытайдын Кочку баштаган жети жүз колу менен беттешет. Т-дын

www.bizdin.kg
күлүктүгү аркасында жаш Манас нечен курдай өлүмдөн кутулат. Манастын кытай менен болгон экинчи урушунда Каражой аттуу мерген колдуу окко учат.

А. Жайнакова

ТОСОР — топоним. Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылган аттар айдалып өткөн жер. «Ысык-Көлдү кыдыртып, Тосор менен Тамганы Бир ашырып салды дейт» (Радлов жазып алган вариант, 162), — деп айтылат. Географиялык реалияда Ысык-Көлдүн тескейиндеги жер жана көлгө куюучу суу.

ТОТУ — эпостогу уруулардын бири. Эл чогулган жыйындарда эң мыктылары, билермандары менен кошо айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 75, 262, 2. 68, 94)

ТОТЕМИЗМ — уруучулук коомдогу диний ишенимдердин жана каадалардын жыйындысы, диндин байыркы формасы. Анын негизги өзгөчөлүгү катары адамдардын тигил же бул уруунун, жаныбарлардын пайда болушун, тегин айрым жаныбарлар, өсүмдүктөр менен тикеден-тике байланыштуу түшүндүрүү, анын ыйыктыгына, кереметтүүлүгүнө ишенүү болуп саналат. Тотемдик түшүнүктөр уруулук коом үчүн гана мүнөздүү болгон. Ошондуктан, Т. байыркы убакта дүйнөдөгү көп элдерге тарап, алардын материалдык жана маданий турмушуна өз таасирин тийгизген. Бир тотемдин тукуму делинип эсептелген уруу же топ өз ич ара кыз алып, кыз беришпейт. Кээ бир элдер тотем жандыктын этин жешпейт. Тескерисинче, айрым элдерде тотем жандыктын эти касиеттүү күч-кубат берет деген ишеним бар. Мына ушундай көз караштардын түрк, моңгол, иран урууларындагы чагылдырылышына жылкы, бука, ит, бөрү, төө, бугу, буура, короз жана башкалар жаныбарлардын культу менен тыгыз байланышкан. Байыркы чыгыш түрк — Орхон-Эне-Сай жазууларында кыргыз жана башкалар түрк элдери тарабынан тотем катарында урматталган жаныбар илбирс менен карышкыр жана башкалар жаныбарлар айтылат. Бөрү байыркы көк түрктөрдүн тотеми болгонун И. Бичурин белгилейт. Ал эми бул салттуу тотемдик түшүнүк « Манас » эпосунда да колдонулат. Эпостун башкы каарманы Манастын туруктуу эпитеттеринин бири «көк жал», «көк бөрү» болуп берилет. Кошойдун «кыргыздарды кырк уруу бөрү» сыпатында мүнөздөшү, Манастын көк бөрү болуп кубулган кырк чилтенге жолугушу, анын батасын алып, дамамат колдоого ээ болуп жүрүшү өңдөнгөн мотивдер байыркы тотемдик ишенимдин эпостун жалпы мазмунуна, көркөмдүк деңгээлине, образдык системасына белгилүү таасир тийгизгенин күбөлөйт. Түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин эпикалык эстеликтеринин баарында, анын ичинде «Маната» оор акыбалда калган каармандарга жана башкалар бардык эле баатырларга адамча сүйлөп, кеп-кеңешин айткан акылдуу аттын образы эң эле кенен тараган. Аттын куйрук-жалы, көкүлү, эти адамдарга күч-кубат, кайрат берчү касиетке эгедер тумар (көз тумар) катары кызмат өтөйт. Кыргыздардын түшүнүгүндө, көз карашында Т. туруктуу түрдө орун алып, фольклордук чыгармалардан эпос, жомок, санжыра, уламыш өңдүү жанрларында, алардын идеялык-тематикалык мазмунунда чагылган. Тотемдик ишеним, көз караштардын, образдардын өзүнчө бир катмары «Манас» эпосунда да жолугат. Бул өзгөчө эпикалык чыгарманын байыркылыгын, анын өсүп-өнүгүү кырдаалын аныктоого мүмкүндүк берет. Ошону менен катар тотемдик ишенимдер менен түшүнүктөр, образдык туюнтмалар Сагымбай Орозбаковдун варианты жана Саякбай Каралаевдин вариантынын эпикалык жалпы мазмундуулугун, көркөмдүк даражасынын байышына да активдүү таасир тийгизет. Кыргыздардын тотемдик түшүнүгүндө кайберен эчки-теке, элик, аркар-кулжа, бугулардын пири, колдоочусу болуп саналат. Бул түшүнүктү манасчылардын эпостун лексикасында кеңири пайдаланышы, эпикалык каармандардын ууга чыгуу окуяларында кайталанышы анын фольклордук чыгарманын өзөгүндө Т-дин белгилүү түрдө орун алгандыгын аныктайт. Кайып же кайберендин кереметтүүлүгүн көрсөтүү мотиви ага садага чабуу, курмандык жасоо ырым-жырымдары менен кошо

www.bizdin.kg
коштолот. Маселен, Жакып кандын кыргыздарды топтоп, Алтайдан Ала-Тоого көчүүгө өз ара макулдашканын баяндаган окуяда алардын «кыбылага карашып, кол көтөрүп буркурап, Адил бааша тагы үчүн, Кайып Эрен бак үчүн» бата кылып мал союу жөрөлгөсү аткарылат. Кыргыздардын кайберенге, кийиктердин пири кайыптын, колдоочулук мүмкүнчүлүгүнө ишенүүсү башкы каарман Манастын образында да колдонулат. Эпостун «Семетей» бөлүмүндө да кайыптын, кайберендин колдоочулук милдети өзүнчө бир чоң ынтаа, күчтүү пафос менен берилет. Мында адам баласы менен жаныбарлар дүйнөсүнүн ортосундагы биримдик, алака чоң философиялык жалпылоого көтөрүлүп чыгат. Маселен, Семетей менен Чыйырдыны алып Букарга качып бараткан жолдо ыйык Байтерекке токтогондо тотемдик даректын жана Бугунун колдоо көрсөткөн учуру эпосто мындайча сүрөттөлөт:

Атасынан баласын
Колдоп эле жүргөн пири экен,
Ошондо он эки айры ак бугу,
Чуркап жетип келди эле,
Бешиктеги беренин —
Семетейди көрдү эле.
Эмчегин берип ал бугу,
Мойнун гана бөлөк буруптур,
Бу баланын өзүнө
Эмчегин берип туруптур (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 52).

Бугу жөнүндөгү бул байыркы түшүнүк көп кылымдардан бери сакталып келаткан болууга тийиш. Кыргыздардын Ысык-Көлдө жашаган бугу уруусу өзүнүн чыгыш тегин бугудан алып, аны урматтап, ыйык эсептегени байыркы тотемдик түшүнүктүн калдыгы.

Эпикалык башкы каармандардын минген аттары, тулпарларынын күлүктүгү, чыдамкайлыгы, акылдуулугу, адамдын ишенимдүү жолдошу катарында сүрөттөлүш сапаттары, артыкчылыктары да дал ушул тотемдик нукта түшүндүрүлөт. Атап айтканда, эпостогу Манастын Аккула, Тайбуурул, Чубактын Көгала, тулпарларынын туулушу, артыкчылыгы кайып менен тикеден-тике байланышта интерпретацияланат. Мындай мотив «Семетейде» да толук сакталат, башкача айтканда баатырдын тулпары Тайбуурулдун туулушу, артыкчылыгы ушундайча түшүндүрүлөт. Мааникердин теги «энеси аркар жел кайып, атасы тулпар чөл кайып» катарында сүрөттөлсө, ал эми эпикалык баатыр Чубактын Көгала сындуу тулпарын Кызыр ата өзү келип тартуулайт.

www.bizdin.kg



Аны атайын Чубак үчүн багып, даярдап жүргөндүгү баяндалат. Манас атасы Жакыпка тарынып кетип, ак сакалчан Кызыр менен эгин айдаганда ал Манаска Карача кандын жылкысында баатырга ылайык тулпар туулганынан кабар берет. Тотемдик көз караштардын калдыктарынын бир көрүнүшү катары жылкы, төөнүн пирлерин, алардын кысталыш учурда ээлерин коргоп жардам бергендигин көрсөтсө болот. Ошондуктан, эпикалык баатырлар Манас көчкөндө, душмандарды жеңгенде ырымдап жылкы атап, Камбарбозду курмандыкка чалышат. Демек, малчылык менен оокат кылган адамдар үйүрдөгү мыкты жылкыларын Камбар ата, Камбар боз деп атоо салтка айланып калган. Мына ушундай эле түшүнүктү, тотемдик колдоочулукка ишенүү салты төөгө, уйга, койго таандык кылып сүрөттөө мотиви эпостук окуялардын жүрүшүндө көп эле жолу жолугат. Эпосто Акбалтанын талаадагы жайылган төөлөрүн карап жүрүп, төл малы «Ойсул ата куу каймалдын өркөчүнөн Чубакты табышын» баяндаган эпизод жана Кызырдын атайы Манасты тосуп туруп, ага желгенине жел жетпеген, басканына мал жетпеген «булуттай учуп сыдырган, төгөрөктүн төрт бурчун, төрт күн койбой кыдырган», «кырк асый Желмаянды тартууга беришин чагылдырган окуялар баатырдын төрөлүшүн, негизги каармандардын башка каармандардан айырмаланган мүлккө, колдоочулукка ээ болушун фантастикалык маанайда сүрөттөө гана эмес, ошондой эле тотемдик ишенимдер менен эпикалык каармандардын ортосундагы өтмө катар байланышты да чечмелөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Эпостогу терс каарман Эсенкандын Манас баатырдын колунун келе турган жолуна куу кулжа, куу түлкү жана куу өрдөктү кароол коюшу жана зоогонистикалык жана антропоморфтук касиеттердин эриш-аркак берилиши, алардын өзгөчөлүктөрү кандайдыр бир деңгээлде тотемдик ишенимдердин натыйжаларынын көркөм ишгелиши катарында кабыл алынат.

Кумайыкты иттин пири, колдоочусу катары кабыл алуу жана анын кереметтүүлүгүнө, ыйыктыгына ишенүү салты кыргыздардын аң-сезиминде бекем орногон. Ошол себептен анын туулушу, өсүшү, жеке артыкчылыктары атайы фантастикалык ыкмада чечмеленет. Эпосто Манастын ууда жүрүп Желмаянды, эртеси «Жаңгактуунун керүүдөн, Кум-Булактын белинен кол башындай көзү ачылбаган сур күчүк таап алышы», анын ырым-жырымына ак боз бээ союшу өңдүү эпизоддор жолугат. Табылган күчүккө Бакайдын Кумайык деп ат коюшу жана аны багуунун жол-жоболорун кыргыздардын итке болгон тотемдик ишеними жатат. Байыркы кыргыздарда орун алган тотемдик ишеним боюнча «Кумайык иттен эмес жорудан туулат, ал үч күнгө чейин күчүк түрүндө жатат, үч күнгө чейин адам таап албаса, ал кушка айланып кетет» деген элдик түшүнүк

www.bizdin.kg
жана аны багып, тарбиялап өстүрүү жөрөлгөлөрү жөнүндөгү көз караштар поэтикалык формада эпостон орун алган. «Манас» бөлүмүндөгү мындай тотемдик түшүнүктөр «Семетейде» өз ыргагынан жанбайт. Өздөрүнүн тотемдик касиеттери, сапаттары, жеке өзгөчөлүктөрү менен эпостун идеялык-көркөмдүк деңгээлинин артылышына көмөк көрсөтүшөт. Тотемдик ишенимдер эпостун «Манас» жана «Семетей» бөлүмдөрүндө окуянын жалпы өнүгүш ыргагын бузбастан, тескерисинче, эпикалык башкы баатырдын образынын монументалдуулугун көтөрүүдө айрыкча роль ойнойт. Архаикалык ой жүгүртүүнүн тотемдик түрүнүн мындай калдыктары жана элементтери «Сейтек» бөлүмүндө азыраак. Тайбуурул, Акшумкар, Кумайыктын Семетей менен кошо кайып болушу, Куялынын атасынын Кайып ысмын алып жүрүшү Кыястын Тоотору атынын адамча ой жүгүртүүсү сыяктуу мисалдарды келтирсе болот. Себеби, «Сейтек» «Манас» жана «Семетей» бөлүмдөрүнө караганда трансформацияга көбүрөөк дуушар болгону, пайда болуш мезгили, сүрөттөө окуялары боюнча кийинки доордун натыйжаларына таасирленгени, архаикалык көз караштын таасирине аз чалдыкканы менен түшүндүрүлөт. Тотемдик түшүнүктөр Сагымбай Орозбаковдун вариантына караганда Саякбай Каралаевдин вариантында кыйла кеңири колдонулуп, фольклордук чыгарманын идеялык, образдык негиздерине активдүү аракет кылып, өзүнчөлүктөргө ээ. Мына ушинтип илгертен айтылып жүргөн уламыштардагы, жомоктордогу урууну сактоочу жана УРУУ сыйынган тотемдер кийинчерек эпостордо келечекте баатыр боло турган баланын төрөлөрүн алдын ала айта турган сыйкырдуу чалга айланган. Бул «Манас» эпосундагы Чыйырдынын түшүнө кирген чал айткандан түшкө кирген чал келечектеги баатырды сактоочу сыйкырдуу атасы (тотем) болуп саналат. Кийин тектеш түрк элдеринин арасына ислам дини таралышына байланыштуу мурунку сыйкырчы чал (тотем) Кызыр алейсаламга, Азиретаалыга, Шаймерденге айланып диндик мааниге ээ болуп кеткен. Мисалы, эпостун бардык варианттарында Манас кыйын шарттарга дуушар болгон кездерде көбүнчө шаймердендин жана кырк чилтендин колдоосу менен аман калат. Ошондой эле баатырдык эпостун эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этаптарында мурунку тотем — жырткыч айбандар менен кыраан куштардын аттары каармандардын кыймыл-аракеттерин туюндуруучу көркөм каражаттардын милдетин аткарып калган.

Х. Короглы, К. Байжигитов

ТОТУ — этноним. Эпосто Токтообий (Сагымбай Орозбаков, 1. 62), Токон (Сагымбай Орозбаков, 2. 68), Саламат (Сагымбай Орозбаков, 2. 94) Т. урууусунан делет. Манас төрөлгөндөгү тойго чакырылган эл менен бирге саналып кетет: Жетип келсин жергенттик,

Тойго келсин тотулук,
Калбай келсин кашкарлык
Кошо келсин котондук (Сагымбай Орозбаков, 1. 75).

ТӨБӨ БИЙ — эпизоддук кейипкер. Кулжандын атасы экени гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 94).

ТӨКӨ — эпизоддук кейипкер, калмак байы. Текес Манастан жеңилгенден кийин анын ордуна эл кан бол десе Т. баш тартат (Сагымбай Орозбаков, 2. 46).

ТӨКӨР УСТА, к. *Бөлөкбай.*

ТӨЛГӨЧҮ — төлгө тартуучу адам. Т. айлана-чөйрөнү, жаратылышты, адамдардын кулк-мүнөзүн айрыкча билген, кандайдыр бир буюмдардын кубулуштарын жана башкалар белгилердин жардамы аркылуу алдыда боло турган окуяны, анын мүнөзүн алдын-ала чечмелеп берүүчү адам. Т-лөр эркектен да, аялдан да чыккан. Кыргыз элинин турмушунда болуп келген Тлөр фольклордук чыгармаларда да

www.bizdin.kg
кеңири орун алган. «Манас» эпосунда Т. Төлөк, Агыдай жөнүндө төмөндөгүдөй ыр саптары бар: «Төлгө билген Төлгөчү Кыжылдап кырк миң кол менен Кыраан эрге жөнөдү» (Сагымбай Орозбаков, 2. 31). «Агыдай далы көрүүчү, Ар кандай келер жумушун, Ашкере айтып берүүчү» (Сагымбай Орозбаков, 3. 175). Алар элдин турмуш-тиричилигинде, согуштук саясий окуяларда белгилүү роль ойношкон жана кандардын, бектердин кеңешчилеринин милдетин аткара алышкан. Т-лөр көбүнчө кырк бир таш, койдун далысын, ашыгын жана башкалар буюмдар менен, жылдыздардын асмандагы жайгашуусуна карай төлгө ачышкан. Адатта, Т-лөр жортуул алдында төлгө тартышкан, адам, мал жоголгондо жана башкалар турмуштук кырдаалда төлгө салышкан. Төлгө, Т-лүк аң-сезимдин төмөн баскычында пайда болуп, бакшылык жана башкалар идеологиялык түшүнүктөр менен тыгыз байланышта келип чыккан. Ал эми Т-нүн кыймыл-аракеттери аңчылыкка, мергенчиликке, жортуулга чыгуу алдындагы ритуалдар менен байланышта болгон.

А. Көчкүнов

ТӨЛӨБАЙ — эпизоддук кейипкер. Жедигер элинин баатыры. Т. менен Кадырбай Семетейге каршы жөнөмөкчү болгон Кыяска аны менен каршылашпайлы деген пикир айтышат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 283). Канчорону кан көтөргөндөгү килемди Кыяс, Т., Кадырбай үчөө көтөрөт.

ТӨЛӨК — эпизоддук кейипкер, Жедигердин белдүү баатыры. Чынкожо менен Толтой Оогандын шаарын камап уруш кылганда Канчородон өлөт (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 126).

ТӨЛӨК, Кара Төлөк — кырк чоронун бири, уруу башчысы, төлгөчү. Негизги варианттарда туруктуу кейипкер катары айтылып, Манас менен бирге согуштук жана жай турмуштук окуяларга катышат. Т. (Сагымбай Орозбаковдун вариантында) кара Т. (Саякбай Каралаевдин вариантында) кыргыз жоокерлери казатка аттанганда, баатырлардын тагдыры, алардын күрөшүнүн жыйынтыгы жөнүндө алдын ала «кабар» берген төлгөчү (төлгөнү 41 таштан же кумалактан тарткан). Анын өнөрү: «Төлгөчү кара Төлөгү төгүн эмес өнөрү», — деп эскерилет. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты жыйырма экинчи келген Т. тагдырына буюрган Бурмажанга үйлөнөт.

ТӨЛӨМӨН — эпизоддук кейипкер. Төлгөчүнүн атасы экени гана айтылат (Курама вариант, 2. 41).

ТӨЛӨНБЕК — эпизоддук кейипкер. Манастын аскер башчы төрөлөрүнүн бири. Акунбешим менен болгон согушка катышат (Сагымбай Орозбаков, 2. 94).

ТӨӨБАЛБАН — кейипкер. Кокондуктун балбаны. Темиркан Семетей он экиге келгенде кан шайлап, такка отургузган тойдо Букардыктын Акбалбаны менен күрөшүп аны жеңет. Өз шаары Букарлыктын балбаны жеңилип, мөрөйдү алдырып жибергенине намыстанган Семетей күрөшкө өзү түшүп аны жыгып өлтүрөт. Эпикалык чыгармаларда жаш баатыр башкалар батына албаган кандайдыр эрдикти жасап, эл көзүнө дароо көрүнүшү салттык мотивдерден. **ТӨӨБАЛБАН** — эпизоддук кейипкер. Канчоронун жанында жүрчү балбаны. Кыяска олжого кетеринде согушта Айчүрөк чыккынчы Канчорону соймокчу болгондо Т. менен Эжибай Канчорону калкалап ортого тура калышат. Айчүрөк ал экөөнү кошуп, жети балбандын башын кылычтап алып салат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 337).

ТӨӨ ЧЕЧМЕЙ — кыргыздарда байыртан ойнолгон оюн. Чоң аш-тойлордо той же аш ээси төөгө кымбат баалуу ичик тон, чепкен жаап же баалуу буюм-кечектер салынган куржун асып, тегерете отурган элдин так ортосунан бир жерди кары бою казып, чуңкурдун түбүнө казык кагып, баягы төөнүн буйласын казыкка байлап коёт. Ал төөнүн жанына жабуусу бар атты да кошо байлайт. Оюндун тартиби боюнча төөнү чечип алууга дырдай жылаңач аял чыгууга тийиш. Ал

www.bizdin.kg
төөнүн буйласын ордон эңкейип чечип алам деп аракеттенгенде, төөнүн жанындагы атты чечип алмакка келген дырдай жылаңач киши (көбүнчө таз) аны омуроолоп чечтирбей тоскоолдук кылат. Болгон тоскоолдукка карабай, шамдагайлык менен төөнү чечип алса олжо ошонуку болот.

«Манас» эпосунда Т. ч. оюну Көкөтөйдүн ашында кеңири сүрөттөлөт. Андагы кытай аял Ороңгу чыгып, байгени алат.

Санжырада бул оюндун эң акыры Ормон кандын убагына чейин келип, Ормон кан аны уяттуу оюн катары койдурган экен. Кийин дагы Т. ч. кызык оюн деп эл кайрадан баштамак болгондо Шабдан, Чыныбай, Байтик, Курманжан даткалар аны токтоттурган деп айтылат.

Ж. Матенова

ТӨР-КӨЛ — Манас баатыр кырк чоросу менен калмакка каршы аттанып бара жаткан жолдун боюндагы көл.

Бар-Көлдү басып өттү дейт,
Төр-Көлдү туура кечти дейт,
Козу башы, Кой маарек,
Аны басып өттү дейт (Радлов жазып алган вариант, 212), — деп айтылат.

ТӨРӨ — титул, феодалдык ири башкаруучу, ак сөөк — уруу башчысы. Тарыхый термин Т. Чыңгызкандын баласы Чагатайдын хандык такка олтурбаган тукумдарынын титулу, 15—16-кылымдарда ал султан деген термин менен алмашылган. Казактардын бийлик башында көпчүлүк учурда Чыңгызкандын тукумдары тургандыктан бул термин аларда кийинки кездерге чейин кеңири кезиккен. Сагымбай Орозбаковдун вариантында ал тарыхый факты кайсы бир деңгээлде чагылдырылган. Эл Манасты кан шайлаганда, салбыруунда бирге жүргөн балдарга атын союп берүүдөн аянып, сараңдык кылып, кан болбой калган Көкчөгө аталары Камбаркан, Айдаркан ачууланышат. Анда Көкчө элден өзүнө төрөлүктү сурайт. Чогулган эл: «Казак, калмак алсын деп, Качан такка мингени Төрө атанып калсын деп» (Сагымбай Орозбаков, 1. 271) анын өтүнүчүн канааттандырышат. Т. канга тең тайлаш, даражасы ага чамалаш турган мансап экени чоң казатка жөнөрдө Манас менен Төштүктүн учурашканынан да көрүнөт. Манаска каршы куралышкан алты кан ага келгенде, анын айбатынан коркушуп, аттарынан түшүп кол куушуруп салам беришет. Жалгыз гана төрө Төштүк тең ата катары атчан туруп саламдашат (Сагымбай Орозбаков, 4. 49). Эпосто Т. жогорку маанисинен башка да тандамал жоокерлер-чоролордун башчысы, эгеси катары айтылат. Т. мааниси жагынан моңголдордун тарыхый термини ноёнго жакын. Ноён өкүмдар, бийлөөчү, господин деген маанисинен тышкары, нөкөрлөрдүн (дружинниктин) башчысы, начальниги деген түшүнүктү билдирет. Чыгаан аскер башчысы — ноёндун тегерегине тандамал жоокерлер-нөкөрлөр топтолгондой, төрөнүн (Манастын) айланасына чоролор өз каалоосу менен биригишет. Манас алгачкы эрдиктерине баш койгондон тартып, аны менен бирге жүргөн балдар (келечектеги чоролору) аны өздөрүнүн төрөсү деп таанышат. Мисалы, Манас менен Чегебай (Манастын кийин Кутубий деген атка конгон чоросу) козу жайып жүрүшсө, айылдаш төрт бала өздөрүн кырдуу сынашып ызаламак болушат. Ошондо Чегебай өзүнүн ички сезими менен Манасты төрөм деп тааныганы төмөнкүчө берилет: «Төрөм кантер экен деп, Чегебай көзүн салганы, Төрө демек бир кыял оюна келип калганы» (Сагымбай Орозбаков, 1. 101). «Төрө мени дегин деп Козунун этин жегин деп» (Сагымбай Орозбаков, 1. 102) бала Манас да козу кайтарышкан жолдошторунун башчысы, камкорчусу (төрөсү) катары көрүнүүгө аракеттенет. Эпостун андан аркы окуяларында Манастын көптөгөн титулдарынын ичинен чоролор менен ымаласы ушул Т. деген титулу аркылуу көрүнөт: «төрөсү менен чоросу», «ошондо төрө муну айтат, ой чоролор деп айтат»

www.bizdin.kg
жана башкалар Чоролор да Манаска көпчүлүк учурда төрөм деп кайрылат. Мисалы, Чоң казатка баратканда Алмамбет кыргыз колунун иретсиздигин көрүп ага минтип кайрылат:

Колуңду баштап нетемин, төрөм,
Колуңдун түрү бу болсо, төрөм,
Корктум кайра кетемин, төрөм,
Узун сөз айтсам суусаймын, төрөм,
Уруксаат берсең узаймын, төрөм,
Чатыраш ойнуң чачылсын, төрөм,
Уйкудан көзүң ачылсын төрөм;
Кумалак ойнуң курусун, төрөм,
Минткенде катар ырысың, төрөм.
Ушу кылган ишиңе,
Ушу жыйган кишиңе,
Ичим кантип жылысын төрөм! (Сагымбай Орозбаков, 4. 115).

«Манас» үчилтигинин экинчи бөлүмүндө Манастын мураскору Семетейге «Төрө» «бала төрө Семетей», «төрө бала Семетей» деп ушул титул арбын колдонулат. Өкүмдардык бийик даража, мансап катары бул титул душмандын эң жогорку бийлөөчүлөрүнө да колдонулат. Мисалы, Коңурбай көпчүлүк учурда Коңтөрө деген ат менен аталат. «Кытайдан турат Коңтөрө, Кылымга маалым чоң төрө» (Сагымбай Орозбаков, 3. 230). Башка титулдук терминдердей эле Т. эпостогу оң-терс башкы каармандардын эпитети катары да, энчилүү атынын ордуна да колдонулат. «Кабар айтмак болду эми, Кабылан төрө Манаска» (Саякбай Каралаев, 2. 30). «Алмамбет буйруп салганы, Төрөсү баштап төрт баатыр, Дөбөгө түшө калганы» (Сагымбай Орозбаков, 4. 214).

Р. Сарыпбеков

ТӨРӨН — эпизоддук кейипкер. Манастын түпкү аталарынын бири экендиги гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 153).

ТӨРТАЙ — кырк чоронун бири. Дөрбөн уруусунан, кээде Дөрбөндүн уулу делет. Чоролордун катарында дайыма аты эскерилет. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты Салкүрөң жыйырма биринчи келген Т. тагдырына буюрган Сонобүбүгө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 149, 425, 3. 40, 172; 4. 4, 43).

ТӨРТ-КҮЛ (төрт булуң, төрт бурч) — топоним. Үчилтиктин экинчи, үчүнчү бөлүмдөрүндө алгач Манас мекендеп, андан кийин анын тукумдары ээлеп калган жер катары төмөнкүчө туруктуу эскерилет:

Кайнардын кара көзүндө,
Как-Чынардын өзүндө,
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Төрө Манастын сайган багында.

Географиялык реалияда Кыргызстандын аймагында Т.-К. аттуу жерлер көп кездешет. Анткени төрт бурчтуу салынган сепили бар байыркы шаарлардын урандысынын нугу кыргыз тилинде ушундай аталат. Мындай илгерки шаардын урандысынын орду Таласта да бар.

ТӨТӨ — топоним. Манас Текес канды өлтүргөндөн кийин анын элин Т-нүн белиңе жыйнап, 18деги Тейишти кан шайлайт (Сагымбай Орозбаков, 2. 45, 65). Көкөтөйдүн ашына келген элдин бир тобу Т-нүн белине конот (Сагымбай Орозбаков, 3. 257).

ТӨШТҮК, (түрк, төс — рух, дух; төштүк — рухтуу, духтуу) Эр Төштүк — каарман. Манастагы эң көөнө образдарынын бири. Кыпчак уруусунун башчысы Элемандын тогуз уулунун эң кенжеси. Т-кө «Манас» эпосунун бардык варианттарында

www.bizdin.kg
«Элемандын эркеси, Кудайдын сүйгөн бендеси», Тогуз уулдун кенжеси» деген туруктуу эпикалык формула кеңири колдонулат. Көкөтөйдүн ашына келгендердин арасында Т. кадыр-барктуу баатыр катары саналат. Калмактын алпы Жолойго «Жер астынан чыкканым жети күнчө боло элек, этим болду көк жашык, каным калды бир кашык» деп күрөшкө түшпөй коёт. Айрым варианттарда Көкөтөйдүн ашынан кийин Манаска аттанган алты кандын (жети кан) катарында айтылат. Негизги сюжет боюнча Т. Манас менен алакалаш 12 кандын бири. Бир гана Анаркүл Тажибаевадан жазылган вариантта Төштүк (Дөштик) Манаска каршы баатыр катары сүрөттөлөт. Накылайдын каргышы тийип, Манас Дөштиктин огунан каза табат (Кол жазмалар фондусу, 228инв., 3-дептер), Саякбай Каралаевдин вариантында Манас өлөрүндө ишеничтүү адамы катары Кошой менен кошо чакыртылып, Манастын сөөгүн жашырып коюуга катышат.

Төштүк — «Манас» менен түздөн-түз байланышы бар «Эр Төштүк» (айтуучу Саякбай Карала уулу) эпосунун борбордук кейипкери. Бул эпостун сюжети Көкөтөйдүн ашындагы күрөштөн башталып, жети кандын Манаска аттануусу менен аяктайт.

С. Кайыпов

ТРАГЕДИЯЛУУЛУК — философиялык-эстетикалык категория. Келишкис каршылаш күчтөрдүн кагылышууларына, алардын күрөшүнүн маңызын ачууга негизделет. Ал күрөш адам ишмердигинин, иш-аракетинин процессинде өсүп-өнүгүп отуруп, адамдын азап чегүүсү, өлүмү менен коштолот. Дүйнөлүк көркөм маданияттын тарыхында Т. ар бир доордун мүнөзүнө жараша ар түрдүүчө түшүндүрүлүп келген. Мисалы, байыркы инди философиясында Т. өлүмдөн кийин кайра жаңырып, кайра айланып жашоонун келиши, өлүм-өмүрдүн айлампасы («самсара» түшүнүгү) катары чагылдырган. Аристотель Т-тун көрүүчүгө тийгизген таасирин катарсис деп атаган да, трагедиядан адамдын ички дүйнөсү тазаланат деп эсептеген. Античный драмада Т-ка ушул аспектиден мамиле кылышкан. Орто кылымдарда каармандын өлүмү жана ар кандай трагедиясы кудай талаанын бешенеге жазган жазуусу менен байланыштырылган. Кайра Жаралуу доорунда трагедиялык каармандын активдүүлүгү жана эркүүлүгү алдыңкы планга чыгат. Деги эле дүйнөлүк адабияттын тарыхында трагедиялык мүнөзгө, образга активдүүлүк көбүрөөк мүнөздүү, анын трагедиясы ошол активдүүлүгүнөн, баатырдыгынан, чечкиндүүлүгүнөн келип чыгат.

«Манас» эпосундагы Т. да дүйнөлүк көркөм маданияттын башкы нугунан ажырабайт. Эпостогу Т. эл турмушу менен, жоокерчилик замандын өзгөчөлүгү менен тыгыз байланыштуу жана «кыргыз рухунун туу чокусу» (Ч. Айтматов) болгон «Манас» кыргыз элинин трагедиясынын да туу чокусу. Эпосто каармандардын жекече трагедиясы менен эл массасынын трагедиясы биримдикте, эриш-аркак берилет. Т. чыгарманын кан-жанына ажыралгыс болуп сиңип кеткен, дээрлик ар бир каармандын, ар бир бөлүмдүн өзүнүн трагедиясы бар.

Баатырдык эпостун спецификасына ылайык «Манастагы» Т. да тарыхый зарыл талап менен аны иш жүзүндө турмушка ашырууга мүмкүн болбогондуктун ортосундагы» (К. Маркс, Ф. Энгельс. Об искусстве, М., 1976, 1-т., 26-б.) карама-каршылык. Демек, баатырлардын өз элин, мекенин чет элдик баскынчылардан куткаруудагы өлүмү, кыйынчылыктары эпостун трагедиясынын негизги чордонун түзөт. Баатырлардын өлүмү, элдин таланып, тонолушу, душмандын (тышкы же ички) бийликке келиши, адилетсиздиктин өкүм сүрүшү, оң сапаттарды алып жүргөн каармандардын бөтөн эл, бөлөк жерде калышы, аялдардын сүйүктүү жарынан айрылып башка бирөөгө (көбүнчө душманына) баш байланышы сыяктуу жалпы эл-журтка жана жеке инсанга түшкөн кайгылар

www.bizdin.kg
менен бирге эле баатырды жоктогон тулпарынын, башка жаныбарларынын, кала берсе жаратылыштын терең трагедиясы да берилет. Жирмунскийдин сөзү менен айтканда: «Баатырдык эпосто баатырдын өлүмү типтүү формада реалдуу тарыхый сюжетти жалпылаган эпикалык сюжеттин ажырагыс бөлүгү болушу мүмкүн, патриархалдык-уруучулук мамилелердин шартында баатыр ошол уруулук салттын курмандыгына айланат («Нибелунгдар тууралуу ырда» Зигфриддин өлтүрүлүшү, Гунтардын курман болушу), же кийинки феодалдык-уруучулук түзүлүштөгү (казак-ногой эпосунда Урак баатырды агасы Исмаилдин өлтүрүшү), элдин өзүн өзү аңдап билүүсү өсүп калган кезде ал мекендин коргоочусу катары кармашта курман болот (француздардын эски эпосторунда Роланд, түштүк славян ырларында Милош Кобилич жана башкалар (Жирмунский В. М. Сравнительное литературоведение, Л., 1979, 216-б.). Булардан айырмаланып мифтерде, жомоктордо, баатырдык көөнө эпостордо формаларында элдик оптимизм, өлбөстүк идеясы күчтүү сакталат. Кыргыз оозеки адабиятында кийинки дооорлорду чагылдырган дастандар («Олжобай менен Кишимжан», «Карагул ботом», «Мырза уул менен Ак Саткын» жана башкалар) каармандардын өлүмү, накта трагедия менен тамам болсо, «Манаста» бул мотив башкачараак чечилген. Элдик көөнө эпостордо аларды жаратуучулар, айтуучулар Т-тун эң жогорку формасы болгон өлүмгө каарманын кыйбайт, бул үчүн кандайдыр бир магиялык күчтөрдү же кайып болууну ойлоп табат, баатырларды же сүйүктүү каармандарын трагедиядан сактап калат. Алардын трагедиясы — күрөш майданынан кетиши, пассивдүүлүккө өтүшү жана башкалар Бирок бул оптимисттик, жомоктук-мифтик трагедия, алар өлбөйт жөн гана кайып болот. Генеалогиялык циклдештирүү принцибинде түзүлгөн эпостун ар бир бөлүмү белгилүү даражада трагедия менен аяктайт.

Алмамбет, Чубак, Сыргак баштаган белгилүү чоролорунан айрылып Таласка келип түшкөндөгү Манастын ат көтөргүс оор кайгысы бул бир гана баатырдын трагедиясы эмес, бүт кыргыз журтунун трагедиясы.

Алтын жаак айбалта
Алкымдан кармап имерип,
Баатыр бөйрөккө таяп жиберип,
Баатырың коңгурап үндү салды эми,
Алмамбет, Чубак ордого
Баатырың өкүрүп жатып калды эми:
Аккула окко учурдум, аяш,
Алтын айдар, чок белбоо, аяш,
Азизкандын гана жалгызы, аяш,
Алмамбет шейит кечирдим, аяш!
Канатымдан кайрылдым, аяш,
Кара кылып отурган
Кан Чубактан айрылдым, аяш!
Мен Бээжинди чаптым, көп алдым, аяш,
Бээлесе жанга табылбас,
Мен Сыргагымды жеп алдым, аяш!
Мен канатым окко жулдурдум, аяш,
Кабыландан айрылып
Мен караңгүн жанды тындырдым, аяш!
Мен канатым гана өрткө чалдырдым, аяш,
Кабыландын баарысын
Мен Каканчынга алдырдым, аяш!
Эгиз козу түгөйүм, аяш,
Экөөнү катар жеп алып

www.bizdin.kg

Мен өлбөй гана кантип жүрөмүн, аяш!
Кара гана Бээжин, Каканчын, аяш,
Мен камаганда өлбөдүм, аяш,
Кара кан, шибээ, Ылама, аяш,
Ошону сабаганда өлбөдүм, аяш!
Ач арстан, ары шер
Жардыгында өлбөдүм, аяш,
Алмамбет, Чубак, Сыргак шер
Бардыгында өлбөдүм, аяш! (Саякбай Каралаев, 2. 223).

Манастын ушул ички трагедиясы билдирилип жатканда «кайың ыйлайт, тал ыйлайт, калайык журттун баары ыйлайт», бул жеке эле Манастын трагедиясы эмес, бүткүл элдик трагедия. Эпостогу курман болгон баатырлардын өлүмү жеке трагедиядан бүткүл журттук трагедияга көтөрүлөт. Т. мында тагдырдын жазмышы жана ошол жазмыш-тагдырга каармандын мамилеси, буйрукка протести катары көрсөтүлөт. Демек каармандын өлүмү манасчылар тарабынан ири масштабдагы, жаамы журттун башына түшкөн кара түн катары каралат.

Токсон беште Кошойдун Көзүнүн жашы он талаа: Токсондо Кошой кары өлбөй, Тоодоюм Манас эр өлүп, Бел байлаган бел өлүп, Мындай кудай урарбы Белгилүү Манас шер өлүп. Өзөнгө бойлоп кондумбу, Манасым өрт өчкөндөй болдуңбу?! ...Манасым, кара жаак айбалта Кайкалатпай ким аштайт? Алакандай журтумду, Муну капа кылбай ким баштайт? Долоно саптуу айбалта Толгондурбай ким аштайт? Тозок бир келсе кытайдан Береки толкуп жаткан журтумду Тополоң кылбай ким баштайт?... (Саякбай Каралаев, 2. 246).

Манастын өлүмүнө байланышкан Кошойдун трагедиясы анын жеке трагедиясы эмес, бүт кыргыз элинин трагедиясы. Жоготуунун, айрылуунун азабы экспрессиялуу поэтикалык каражаттар (өлүмдүн контрасттуулугу, армандуу риторикалык суроо жана башкалар) аркылуу берилет. Эпостун трагедиялуу аякталышы негизинен белгилүү бир тарыхый кыйын кезең окуянын, «мамлекеттин кыйрашынын» (Б. Н. Путилов) чагылдырылышы болот.

Трагедиялык кырдаалдар бир топ чыңалган, оор жана татаал болот. Ал коркунучтуу сырткы күчтөр менен кагылышуулардан гана келип чыкпастан, ар бир инсандын ички карама-каршылыктарынан, алардын турмуштук умтулууларынан да келип чыгат» (Поспелов Г. Н. Теория литературы. М., 1978, 201-б.). Алмамбеттин трагедиясы ушул өңүттөн караганда Мекенинен алыс калган ар бир атуулдун типтештирилген кайгысы, анын азабы эли-жерине болгон кусалыкка байланыштуу. Ошондуктан Алмамбеттин образы терең трагедиялык психологизмде ачылат.

Эпостогу Т. эл турмушунун ар тарабын камтыйт. «Ар кандай тарыхый шарттарда, ал эмес коом социалдык-нравалык прогресстин эң бир бийик баскычтарына көтөрүлгөн учурларда да искусство трагедиялуу кырдаалдар менен кагылышуулардан баш тартууга тийиш эмес, — деп жазат Ч. Айтматов. — Эгер көркөм ой трагедияга чейин өсүп жетпесе — ал өтө өкүнүчтүү (Айтматов Ч. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. Фр., 1988, 204-205-б.), «Маната» эң башкысы көркөм ой чыныгы трагедияга өсүп жетет, өмүрү бүтүндөй трагедия менен коштолгон каармандар, угарманды кадимкидей ыйлаткан кайгылуу эпизоддор бар.

Эпостогу Т. — угармандардын көңүлүн чөгөрбөй, аларды пессимизмге алып барбай, тескерисинче адамдардын рухий сапатын жана ыймандык күчүн көтөргөн, катарсис жараткан, асылдык сапаттардын салтанат курушу үчүн күрөшкө даяр турууга тарбияланган Т.

А. Муратов

www.bizdin.kg

ТРАНСЛИТЕРАЦИЯ (латынча trans — аркылуу жана Lit(t)era — тамга, арип) — белгилүү бир жазмада жазылып калган текстти башка бир жазуу системасына салып кайрадан иштеп чыгуу. Ч. Валиханов 1856-ж. *«Көкөтөйдүн ашы»* эпизодун кадым (эски) формасында араб алфавитине салып жазып алган. Ал текстти А. Маргулан казак тилинде жарыялаган (Көкөтайдын эртегiсi, Алматы, 1989), Ошол эле текстте К. Ботояров менен Ш. Ибраев араб алфавитинен азыркы кыргыз алфавитине салып Т-лап, «Ала-Тоо» журналына (1979, № 7) толук жарыялашкан. Ал эми ошол тексттин араб алфавитинен латын алфавитине да Т-ланган. А. Г. Хатто тарабынан ишке ашырылган. «Көкөтөйдүн ашы» деген ат менен 1977ж. Лондондо жарыяланган.

ТУБАЙ— «Мажму ат-таварихтеги» кейипкер. Калмактар тарабына өтүп, алардын динине кирген Т. (жете уруусунан) деген адамга калмак каны Жолой өзүнүн кыздарынын бирин берет. Манасты ууландырып өлтүрүп келгенге Т-га беш калмактын тилин кесип байлап берип Манаска жиберет. Туткундан бошонуп келдим деп Т. Манасты ишендирет. Манастын алдында өзүн актап ишендириш үчүн беш калмактын башын алып салат. Манастын ишенимине киргенден кийин агасы Карнас (Карунас) даярдап келген тамакка Т. билгизбей уу салып коёт. Манас ууланып өлө турган болот. Карнас бул ишти кылган Т. экенин кыйнап сурап билет да, аны асып өлтүрөт. Ууланган Манасты Сейид Желал-ад-Дин шайык дарылап айыктырат.

Манастын ички чыккынчы душман Т. тарабынан ууландырылышы жана анын ар түрдүү магиялык каражаттар аркылуу сакайышы, душмандын жок кылынышы жөнүндөгү мотив кийинки В. В. Радлов жазып алган эпостун текстинде, ошондой эле Совет бийлигинин мезгилинде жазып алынган негизги варианттарда «Көзкамандар окуясы» аркылуу берилген. Бул салттык окуянын каармандары (Көзкаман, Көкчөкөз жана башкалар) Манастын калмакташып кеткен жакын туугандары катары айтылат, к. *Көзкамандар.*

С. Алиев

ТУГАЛЫК — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры. Т. Манас менен Акунбешимдин согушунда жекеге чыгып Көкчөдөн найза жеген, Т. колуна кире качып кутулат (Сагымбай Орозбаков, 2. 133 — 135).

ТУЛАҢ — топоним. Манас Ала-Тоону душмандан бошотуп келе жатканын угуп, ага каршы күрөшүү үчүн калмактын Орго каны өзүнө караштуу Кемен канга кабар жиберген элчилердин басып өткөн жерлеринин бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 73).

ТУЛГА ОТУРУУ. Байыркы убактарда күйөөсү өлгөн аял, күйөөсүнүн кебетесин окшоштуруп сөлөкөт жасап, сөлөкөттүн үстүнө анын кийимин жаап, баш кийимин коюп, көшөгө тарткан да өзү жыл маалына чейин өрүм чачын жазып, кара кийип, аза күтүп отурган. Т. о. «Манас» эпосунда «Алтымыш катын кошокчу, Тул салдырып берди эми» (Саякбай Каралаев, 2. 253) же «Тулум чачын жайышы Тулга отуруп калышы» делет. «Манаста», баатырларды жоктоо дээрлик жыл маалына чейин созулган.

ТУЛУЙ — *«Мажму ат-таварихте»* Манастын союздаштары тарабында болуп, калмактар менен согушат. Чын-чынына келгенде Т. Чыңгызкандын төртүнчү баласы — Тимур. Аталган эмгекте анын 1388—89-ж. Моголстан мамлекетинин улус башкаруучусу Кысыр кожого каршы жасаган жортуулу баяндалат.

ТУЛУС — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры. Акунбешимдин аталаш тууганы. Манастын Акунбешим менен болгон согушунда жекеге чыккан Т. балбанга каршы эч ким даап барбай, Манас өзү чыгып, аны жеңип атын олжолоп алат (Сагымбай Орозбаков, 2. 129, 137). Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Таластын аты ушул Т-тун атынан аталган.

www.bizdin.kg

ТУҢША — топоним. Эпосто Кытайдын шаары катары айтылат. Т. (дуңша, дыңша түрүндө да учурайт) Гансу (КЭР) районунда жашаган моңгол тилиндеги элдин аты. Ошол элдин турган жери да эпосто Туңша (Дуңша, Дыңша) деп аталат.

ТУРГАНБАЙ Кылычбек (1940, Текес өрөөнү, Көк-Терек айылы) — Кытай Эл Республикасынын Шинжаң уйгур автоном районундагы кытайлык кыргыздардын белгилүү жазуучусу, акын жана драматург, «Манас» изилдөөчү. Атасын көрбөй, эненин курсагында калып өскөн Т. жетимдиктин, жокчулуктун айынан колунда бар адамдардын малын кайтарып күн өткөрдү.



Дээринде бар, тирикарак Т. бала кезинен элдик оозеки адабиятка кызыгып, уккан жомокторун жана «Манасты» эртеси өзү теңдүү балдарга айтып берип жүрдү. Ошентип эл ичинде ал «бала манасчы», «бала жомокчу» аталат. Анын адабиятка болгон кызыгуусу 1962-ж. Шинжаң педагогикалык окуу жайын бүтүргөндөн кийин башталат. Басма сөздө иштөө менен чыгармачылыгын улантып, өөрчүтүп, улам байытып отурат. Ал көркөм чыгарма жазуу менен бирге «Манасты» изилдөө ишине да белсене киришет. Ал бул жөнүндөгү эскерүүсүндө мындай деп жазат: «...Эшим колунда бар эл аксакалы болгондуктан эл ичиндеги ырчы, комузчу, манасчылар көп келе турган. Алар комуз чертип, жомок айтып, таңды таңга улай турган. Андай кезде мен такыр уктачу эмесмин. Ыр-күүсүнө кызыга бербей, жомок айтса экен, «Манас», «Семетейди» айтса экен деп турчумун. Айтылган ар бир ыр, жомок кирсиз көңүлүмө ошол бойдон орноп калчу. «Айчүрөктүн учушу» ошол кезде эсимде сакталып калган. Китептен келген эмес, Кийин чыккан «Семетейдин» ар түрдүү нускаларын окуп, өзүм жатка билчүү жерлерин салыштырып көрдүм. Мазмуну окшогон менен сөздөрү тегеле окшобойт. Ошол кезде уккан «Семетей» кандайдыр тунук, өзүнчө чебер аткарылган көркөм нуска болуп, туюла берет маа. «Жакшы ук, Тыныбек атаңдын жомогу» деген сөздөрдү бирге олтургандардан көп эле уккамын. Бирок, тектеп сурооого чамам келбептир.

«Манасты» изилдөөгө кызыкканымдын бир себеби, элдик нускаларын бала кезимде көп угуп, кийин басылып чыккан ар түрдүү нускаларын окуп салыштыра караганымда болду. Мен укканда Кыяс калмак эле. Азыркы кээ бир нускаларда Толтойдун багып алган баласы делинип, акыры Семетейди жеңип чыгат. Толтой жедигер кыргызы. Мындай айтылуу айтор бир түрдүү, кулакка камсоо угулат. Мен манасчылардын оозеки айтышынан бүтүн жомокту өз кулагым менен уккамын. Ошол укканларымдан кай жерде кандай окуя бар экени маа анык, элдик жомоктун эбегейсиз көркөмдүк күчү менен жан жыргаткан окуялары маа ошол Эшимдин айылынан сиңген», — деп жазат.

Т. өзү айткандай «Манас» эпосун изилдөөнү ортого койгон адамдардын бири. 1984-ж. Шиңжаң коомдук илимдер академиясынын илимий журналынын биринчи санында «Кыргыз эл ооз адабияты жөнүндө» деген темада уйгур тилинде жарыяланган. 1985-ж. ушул макаланы тереңдетип, кеңейтип «Ата Мекенибиздеги кыргыз адабияты жөнүндө жалпы жонунан баян» деген темада мамлекет аз сандуу улуттардын адабиятын изилдөө чогулушунда доклад жасап, бир топ кызыгууларды туудуруп, 1986-ж. Шиңжаң чөлкөмү боюнча 2-даражадагы сыйлыкка татыктуу болгон. Ошол эле жылы кыргыз коому жагынан ачылган

www.bizdin.kg
«Манасты» талкуулоо жыйналышында «Кыргыз тил-адабият тарыхын изилдөө» аттуу макаласынын «Манас» эпосуна тиешелүү бөлүгү талкууланган. Бул «Кыргыз элдик адабиятынын шаңдуу үлгүсүн «Манас» деген ат менен 1987-ж. Шиңжаң университетинин илимий журналынын 2-санында уйгур тилинде жарык көргөн. Кыскасы калемгер кыргыз элинин маданий кенчи эсептелген «Манас» эпосу боюнча аздыр-көптүр ой чуркатып, изденүү иштерин алып барууда.

А. Карасартов

ТУРДУМАМБЕТ Акматалы уулу (1922, Ак-Талаа району, Ак-Тал айылы) — «Манас» айтуучу. Негизинен Сагымбай Орозбак уулунун эл арасында кол жазма түрүндө тараган «Манас» эпосунан: Манастын бала чагы, Алты кандын чатагы, Алмамбет баатырдын Кытайдан келиши, Чоң казат (Алмамбет менен Чубактын жол талашканы, Алмамбеттин Макел дөөнү жеңиши, Алмамбет менен Сыргактын чалгынга барышы) эпизоддорун айтат (Кол жазмалар фондусу, 266-инв.).

ТУР-КӨЛ — топоним. Кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө Үрбү баштаган кыпчактар да кыйла жол жүрүп, Т.-К-дөн өтүшкөнү айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 160).

ТУРНА — эпизоддук кейипкер. Кытай Дуу-дусунун кызы. Сагымбай Орозбаковдун варианты, Молдобасан Мусулманкуловдун варианты боюнча Алмамбеттин кытайда жүргөн жаш кезиндеги колуктусу. Бээжинге чалгынга келип атасынын сарайын, жер-суусун көргөн Алмамбет «Дуу-дунун кызы Турнаны Жаңдаган жерим ушул жер!», — деп кытайда өткөн балалыгын эскерет (Сагымбай Орозбаков, 4. 274).

ТУРПАН, к. *Көөнө-Турпан.*

ТУРСУНАЙ — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты кыркынчы болуп келген Кыясказы тагдырына буюрган Т-га үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 419, 427).

ТУРУСБЕКОВ Жусуп (1910, Тоң району, Көк-Сай айылы —1943, РСФСР, Калинин обл.) — кыргыз совет акыны жана драматургу.



Ата-энесинен эрте жетим калат. 1921-ж. Түптөгү айыл чарба техникумда окуп жүргөн жеринен 1928-ж. Фрунзеге келип, «Эркин-Тоо» газетасына ишке орношкон. «Кызыл Кыргызстан» газетасында бөлүм башчы, Кыргыз мамлекеттик драма театрынын директору болуп иштеген. Ал кыргыз элинин адабий бай мурастарын изилдеп, пропагандалоого зор күч жумшаган. Кыргыздын туңгуч улуттук операсы «Айчүрөктүн» либреттосун (Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов менен бирге) жазган. Бул эпикалык лирикалык опера кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын сахнасында бүгүнкү күнгө чейин коюлуп келе жатат. Т. «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган.

ТУРУСБЕКОВА Лилия Жусуповна (1933, Фрунзе шаары) — кыргыз кино режиссёру. Кыргыз ССРинин искусствого эмгек сиңирген ишмери (1970). Москвадагы Бүткүл союздук мамлекеттик кинематография институтунун режиссёрдук факультетин бүткөн (1956). 1956-жылдан «Кыргызфильм» киностудиясында хроникалык-дарек фильмдердин режиссёру болуп иштей баштаган. Т. жүздөн ашуун «Советтик Кыргызстан» мезгилдүү киножурналдарды,

www.bizdin.kg
көптөгөн дарек фильмдерди тарткан. 1962-ж. «Улуу эпос» аттуу илимий-популярдык фильмин жараткан. Бул фильмде эпостогу негизги окуя өткөн жердин азыр уламыш болуп айтылып калган Каркыра өрөөнү, Саякбай Карала уулунун «Манасты» айтып жаткан учуру, Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын «Манас» секторунун кызматкерлери жана манасчы (семетейчи) Дункана Кочуке уулу тартылган.

ТУТКУНДОО — колго түшүрүү, туткун кылуу, жоо тараптын кишисин көз каранды абалга салуу. Саякбай Каралаевдин вариантында калмактар Манасты колго түшүрүүгө аракеттенсе, ТМВда Жакыптын туткундалышы «Мажму ат-таварихте» да эскерилет. Саякбай Каралаевдин вариантында кытайлар Билерик менен Жарманасты туткундап алышат. Мындай мотивдер эпостун бардык варианттарында бар. Мындан эпостогу окуялардын тарыхый турмуш менен байланышын, кытай-калмактардын басып алуусуна каршы жүргүзгөн кыргыздардын күрөшүн көрүүгө болот.

ТУУ — асаба, байрак, желек; мамлекеттик аскер бөлүгүнүн жана башкалар символу. Эпосто ар бир аскер бөлүгү, башкача айтканда ондук, жүздүк, миңдиктердин өз өзүнчө желеги болуп, бардыгы бир Т-га бириккен. Ал ар кандай кездемеден жасалып, каскакка (жумуру ичке узун жыгачка) бекитилет. Байыркы Чыгыш, Индия, Кытай жана башкалар өлкөлөрдөн келип чыккан. Кыргыздарда Т. жөнүндө түшүнүк байыртадан эле белгилүү болгон. Т. бийик жерге илинип, аскерлерди чогултуу белгисин билдирген. Орто кылымда аттын куйругун узун шыргыйдын же найзанын учуна бекитип жасаган Т-лар да колдонулган. Т. кыргыздарда да ар кандай шартта түрдүүчө колдонулган. Жоого аттанганда Т. алып жүргөнгө эр жүрөк, ишеничтүү жоокер дайындалган. Салгылашуу учурунда кошунга дем, кубат берүү максаты менен ал Т-ну көрүнө дөңсөө жерге кармап турган: «Ушул турган Кутубий туу түбүндө турарың» (Саякбай Каралаев, 1. 106), «Туу түбүндө көп колдун» (Саякбай Каралаев, 1. 136). Т-нун душмандын колуна түшкөнү, туунун жыгылганы жеңилгенге тете болгон. Ошондуктан, Т. ар дайым ыйык сакталган: «Туу түбүндө турушуп, Туубуз качпай турат деп Кубат кылып урушуп» (Сагымбай Орозбаков, 2. 140), «Туу жыгылды, кан өлдү, Тутушкандын баарысы Туш-тушка качып жөнөдү» (Сагымбай Орозбаков, 2. 89). Тынчтык мезгилинде көп эл чогулган жыйын, той-тамашаларда ар бир уруу, эл өз тууларынын айланасында топтолушкан. Эпосто ар бир элдин, этностун өз туусу болгону айтылат, ал муундан муунга өтүп келген. Мисалы,

Бай Жакыптын кызыл туу,
Байкаганга сөзү бу:

Кыргыздын кыйла тобунан
Алыс жерден калган туу,
Башкы атасы Бабыркан,
Андан калган ушул туу (Сагымбай Орозбаков, 2. 28), «Ногойдон калган кызыл туу Оболотуп таштады» (Сагымбай Орозбаков, 1. 79). Эпостон ар бир аскердик топтун да өз туусу, желеги болгонун жана анын түсү да, өздөрүнө гана таандык экендигин баамдоого болот. «Алты жүз миң аскерибиз, Алты тууга бөлүндүк» (Сагымбай Орозбаков, 2. 40).

Ак асаба, кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу
Көк жаңырган улу чуу (Сагымбай Орозбаков, 2. 31).

«Торала желек туу алып» (Саякбай Каралаев, 1. 129). Кызыл байрак туу менен, Кыйгылаган чуу менен, Кытайдын зору эр Коңур (Сагымбай Орозбаков, 3. 104).

www.bizdin.kg
Адам каза болгондо да сөөк жаткан боз үйдүн жанына же түндүгүнө кара, көк Т. же өлгөн адамдын өз туусу сайылган. Көкөтөй каза болгондо көтөрүлгөн Т. төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

Өкүрүп келген кишини
Аркы-терки тиккен үй,
Арасынан өткөрүп,
Көкөтөйдүн кызыл туу,
Көтөрүлгөн мына бу (Сагымбай Орозбаков, 3. 51)1

Аш берилгенде да Т. көтөрүлгөнү Көкөтөйдүн ашында да айтылат:

Аш берүүчү жерине
Азырданып конгондо,
Көк ала байрак көк тууну
Көтөрүлттү бийиктеп,
Көргөн душман көөнүнө
Көрүнө түшсүн күйүт деп (Сагымбай Орозбаков, 3. 102).

Эл намысына жарап, элдин камын ойлогон эр азамат да тууга теңештирилген. Аны Манастын өзүнө карата айтылган төмөнкү саптардан баамдоого болот: «Бурутка бүткөн туу экен» (Саякбай Каралаев, 1. 137), «Тукумдан бирөө чыгар деп, Сени туу кылып жүргөмүн» (Саякбай Каралаев, 1. 114). Эпостон ошондой эле желек, байрактарды майда уруулар, кичине аскердик бөлүктөр пайдалангандыгы байкалат. Т-ну болсо алар бириккен чоң топтор, ири аскердик бөлүктөр көтөргөн. Аны төмөнкү саптардан баамдайбыз. «Желбиреп желек туу болуп» (Сагымбай Орозбаков, 2. 79).

Желеги туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Тозоңу тоодой созулуп,
Туу, байрагы кошулуп (Сагымбай Орозбаков, 2. 79),
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба туудан бөлүнбөй
Асман чаңдан көрүнбөй (Сагымбай Орозбаков, 2. 67).

Ы. Кадыров

ТУУЛГА — жоокердин кылыч, ок жана башкалар куралдардан коргонуу үчүн кийген баш кийими. Т. алгачкы коомдо эле пайда болгон (жыгач, чырпык, териден жасалган) жана коомдун өнүгүшүнүн кийинки баскычтарында ар кандай формада (чулу куюлган, майда-майда шакекче сыяктуу чынжырлардан жыш туташтырылган) коло, темирден жасалган.

www.bizdin.kg



Ал жумшак болсун деп кездеме иштелип, ок өтпөс баш кийим экенин билдирбес үчүн (маскировкалап) булгаары сыртталган. Орто кылымдарда Т-га бетти, моюнду калкалай турган бөлүктөр кошулуп, түзүлүшү татаалданган. Т. жасалгалуу баш кийимге айланган. Кыргыздын оозеки чыгармаларына караганда Т-ны кыргыздар байыркы замандардан эле жоокердик калканчы баш кийим катары колдонулуп келген. «Манаста» да коргонуу үчүн кийилүүчү баш кийим катары айтылат. Алмамбеттин сансыз кол менен жалгыз салгылашса да (мисалы, Бээжинден качып чыкканда жолун торогон кытай колу менен) жеңилбей, өлбөстөн аман чыгышы анын денесинин «ажал жеткис» магиялык күчкө ээ болушуна байланыштуу. Ал магиялык күчтү ажыдаардан окуганда алат. Анын жападан жалгыз талуу жери бар. Эч качан, эч кимден жеңилбеген Алмамбеттин Кичи казатта Т-сы башынан ыргып кетип, Кожожаштын огунан каза табышы эл аралык эпостордогу ошол салттык мотивдин жумшартылган түрү. Т-нын магиялык касиетке ээлиги Орхон-Енисей жазма эстеликтеринен да байкалат. Мисалы, Күлтегиндин урматына арналган жазмада жоонун огу баатырга, соот-чопкутуна жүздөп тийсе да, анын жез Т. кийген башына бир дагы жаа огу (жебеси) жакындабаганы айтылат.

Ө. Бараталиев

ТУУЛУК — топоним. Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын кара ашын өткөрүүчү жер издеп олтуруп, ашып өткөн ашуу (Радлов жазып алган вариант, 147).

ТУУШАҢ — эпизоддук кейипкер. Кытай кандарынын бири. Бай иниси Жакыпка келип жолукканда аларды Т. пааша туш-тушка бөлүп айдап жибергенин аңгемелеп айтып берет (Сагымбай Орозбаков, 1. 203).

ТУУШАҢ — эпизоддук кейипкер. Манас туулгандагы тойго келген ойрот төрөсү (Сагымбай Орозбаков, 1. 78).

ТҮБӨЙ — эпизоддук кейипкер. Манастын түпкү аталарынын бири. Бабыр кандын баласы, Көгөйдүн атасы экендиги санжыра саптарында айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 33, 202, 270).

ТҮГӨЛБАЙ, Байтүгөл — эпизоддук кейипкер, кыргыз балбаны. Манас туулгандагы тойдо Чокон деген балбан менен күрөшкө түшүп, аны жыгат (Сагымбай Орозбаков, 1. 97 — 98).

ТҮЙҮНДҮН САРЫ-КЫЯ, к. *Сары-Кыя.*

ТҮКТАМАН — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Коңурбай тосмо курдуруп, Таластын суусун бурганда Т-ды Бээжинден атайы алдырып келип, аны Алтымыш балбанга башчы коюп, тосмону кайтартып коёт. Сынчы жана балбан Т. тосмого келген Күлчорону сынап көрүп, баатырлыгын купулуна толтуруп, ким экенин сурайт. Каңгурлуктун канымын, бурут менен согушканы келгем дегенине

www.bizdin.kg
ишенип, Күлчоронун колунан өлүм болгон (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 238—240).

ТҮКТҮҮКАМАН — эпизоддук кейипкер. Кытай баатыры *Токшукердин* атасы экендиги гана айтылат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 216).

ТҮКҮБАЙ — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Көкөтөйдүн ашындагы балбан күрөшкө:

Кытайлардын Түкүбай
Түктүү таман балбаны
Балбанга чыгып калганы.
Каканчындын шаарынан,
Бир кереги тиер деп,
Ала келген балбаны (Саякбай Каралаев, 2. 50)

майданга чыгып, чыканактай эр Агыштан жеңилет (Саякбай Каралаев, 2. 9, 19, 50, 53).

ТҮКҮРҮК — эпизоддук кейипкер. Алооке кандын кол башчы баатырларынан. Манас Алоокеге келгенде Т. бурут өзү келиптир, кармап алалы дейт. Алооке Т-кө адегенде Манасты көр, алың келсе байлап кел деп ага кызмат кылып жаткандарга кошуп жиберет. Манасты көргөн Т. корккonунан жүрөгү түшүп өлүп калат (Курама вариант, 1. 143—145).

ТҮЛКҮ — эпизоддук кейипкер. Ооган каны Акундун агасы. Т. катаган менен тейиттерди талап, көп кордуктарды көргөзөт, Кошойдун баласы Аликени өлтүрүп кетишет. Манас таланган кыргыздарга жардамга барат. Түлкү жеңилет. Бокмурун Т-нүн кызы Канышайды жактырып калып, куда түшүп, Акундун сунушу менен уруш токтоп, жарашып тынышат (Сагымбай Орозбаков, 2. 439; 3. 9, 28).

ТҮЛӨӨ — курмандык чалып жогорку күчтөрдөн, кудайдан ырайым тилеген ырым-жырым. Т. берүү жакшылыкты тилөө — эл-журттун, бала чаканын аман-эсендигин, жаратылыш кырсыктарын болтурбоону, оору-сыркоодон сакайганда, жоголгон адамдын же малдын аман-эсен табылгандыгына, кырсыктан аман калганда, жаңы тууган (эмчектеш) күткөндө жана башкалар жагдайларда берилген. Т. анимизм, шаманизм, тоо-таш, жер-суу, көк теңирге сыйынуу, тотемизм, магия сыяктуу диний ишенимдер менен тыгыз байланыштуу. Т-гө мал союлган, тогуз токоч жасалган, боорсок бышырылган. Бирок, ар бир окуяга жараша Т-нүн ар кандай мазмундары, жүрүш ирети болгон. Мисалы, Манас Алмамбет менен эмчектеш тууган болгондо садагага сары улак соёт, Алмамбеттин башына кызыл алтын, дилдеден чачыла кылат, челек-челек май эритип, анын башынан айлантып тайган иттерге берет, кийин — койдун эттерин Алмамбеттин башынан айлантып, канаттууга чокутуп дагы садага кылат, аягында Алмамбеттин үстүндөгү кийимин бир сыйра жаңылатып, эскисин карыптар алат. Анан чоң той берет. Т. берүү салты бүткүл дүйнө элдеринин тарыхында орун алып келген көрүнүш.

А. Көчкүнов

ТҮЛӨӨ — Манастын кырк чоросунун бири. Чоролордун катарында саналып айтылат. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты отуз бешинчи келген Т. тагдырына буюрган Калемкашка үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 426, 427).

ТҮЛӨӨБЕК — эпизоддук кейипкер. Атемирдин бектеринин бири. Жакып Атемирге куда түшүп, Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы шаан-шөкөттөрүнө катышат (Сагымбай Орозбаков, 2. 362, 372, 410).

ТҮЛӨӨБИЙ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин *Өкүмкан* деген нөкөр кызынын атасы экендиги гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 419).

www.bizdin.kg
ТҮМӨН — кырк чоронун бири. Чоролордун катарында дайыма саналып өтүлөт. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты жыйырма алтынчы келген Т. тагдырына буюрган Чынаятканга үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 150, 420, 425, 3. 49, 172).

ТҮМӨНБАЙ — эпизоддук кейипкер. Акун кандын агасы Түлкүнүн баласы. Оогандын белдүү адамдарынын бири. Ашкан чечен, айла тапкыч Ажыбайды жанына алып (Курама вариантта Кашканын уулу Каманбай үчөө), Айчүрөктү алабыз деп, ооганды камап жаткан Чынкожо менен Толтойго элчиликке барып, белгилүү мөөнөт сурап, душманды токтотот. Семетей келбесе Айчүрөктү бермек болушканын Семетейге Т. жүйөкөр Ажыбай экөө айтат. Курама вариант боюнча сураган төрт ай мөөнөт бүткөндөн кийин Айчүрөктү берем деп Чынкожонун канаты бар Кара атын алдап алам десе, Акункан болбой коёт. Семетей келгенден кийин аттарын алдап алайын десе Семетей да каршы болот (Курама вариант, «Семетей», 195—206). Кийин Чынкожо, Толтойдун колу менен болгон урушта баатырларча согушканы айтылат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 70—83).

ТҮМӨНБАЙ — эпизоддук кейипкер, Абдылданын атасы экендиги гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 44).

ТҮНӨГӨР — эпизоддук кейипкер, калмак жылкычысы. Жок издеп жүрүп кароолчуга кабылып жарадар болгон Т. качып Орго канга келет да, жылкысын кыргыздар тийип кеткенин айтат (Сагымбай Орозбаков, 2. 75—76).

ТҮНӨГӨР — эпизоддук кейипкер, кыргыз балбаны. Манастын туулганына той берерде Т. балбанды баш кылып төрт жүз кишини төрт миң төө менен мөмө-жемиш алып келүүгө жибергени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 74). Соодагер кылып Манасты кармоого жиберилген тыңчыларды өлтүрүп, алардын дүйнөсүн бөлүштүргөндө Т. да келет (Сагымбай Орозбаков, 1. 161).

ТҮП — топоним. Эпосто кыргыздар мекендеген жерлердин бири. Манастын ата-бабасынын жерин бошотуп келатканын уккан Орго кан дорголорун чакырып алып, калдайларына кабарга жибергенде «Түптөн өтүп келиңер Айтылган жердин баарына Түгөл кабар бериңер!» (Сагымбай Орозбаков, 2. 73), — дейт. Манастын Оргого каршы аттанган колу Каркыра жактан чыгат:

Түптөн кечип жол менен
Түмөн аскер кол менен
Алтындан калкан жаркылдап,
Арстан Манас аскери
Бара турсун шартылдап (Сагымбай Орозбаков, 2. 73, 96).

Географиялык реалияда Т. Ысык-Көл ойдуңунун чыгыш тарабындагы өрөөн, суу.

ТҮПКУ КАН — эпосто кытайдын императору, монархы. «Манас» эпосунун бардык варианттарында Түп-Бээжиндин, Чоң-Бээжиндин каны Эсенканга карата айтылат. Валиханов жазып алган эпизод боюнча «Түпкү канга киремин Ошондо Көкөтөй ашын беремин» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 75-б.) дейт, Бокмурун. Т. к. моңгол тилиндеги Эсенкан (монарх, император, эл эгеси) деген сөз менен синонимдеш.

ТҮРГӨН — топоним. Бокмурун атасы Көкөтөйгө аш берерде жер тандап бир топ жерлерди атап, «Түргөн Ак-Суу ашамын, Төөнүн комун алдырбай Төө чалдырып аламын» (Валиханов жазып алган эпизод, « Ала-Тоо», 1979 № 7, 74-б.), «Эшик менен Түргөндү, Эгин салган жери экен» (Сагымбай Орозбаков, 3. 80), — деп айтылат. Иле Алатоосунун чыгышындагы тоо, өзөн.

ТҮРК — эпизоддук кейипкер, Дамбылданын атасы экендиги гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 44).

ТҮРКСТАН — топоним. Эпосто кыргыздар жана ага жамаатташ элдер мекендеп турган жер катары айтылат:

www.bizdin.kg

Кылым кыргыз эл деген,
Түп атасы булардын
Түркстанды жердеген,
Азып-тозуп ар жакка
Андан бери келбеген (Сагымбай Орозбаков, 2. 81-8-).

Манас Т-ды душмандардан бошото баштаганы мындайча сүрөттөлөт:

Атамдын жерин бергин деп
Алтайлык келип калганы,
Алар түйшүк салганы,
Артыкча доолап асылып
Манас келип калганы (Сагымбай Орозбаков, 2. 227).

Географиялык реалияда эзелден бери түрк элдери жашаган азыркы Орто Азия, Түштүк Казакстан, Шинжан жана Ооганстандын түн. бөлүгүн камтыган тарыхый-географиялык аймак. Валиханов жазып алган эпизод Казакстандын Чымкент облусуна караштуу шаар (Түркстан) жөнүндө эскерилет: «Кече Түркстан карай чапканда» («Ала-Тоо», 1979, № 7, 75-б.).

А. Жаманкараев

ТҮРСӨ — топоним. Манастын Текес кан менен болгон урушунда курчоодон кутула албай калган Текес кан өзүнө бычак сайып өлгөндөн кийин Манас: «Азыр баарын чакыр деп, Төтөнүн Түрсө белине» (Сагымбай Орозбаков, 2. 45) калмактарды жыйып каныңар өзү өлдү, эми кан шайлап алгыла деген оюн айткан жер.

ТЫЙТАЙ (кытайча титай — генерал). «Манас» эпосунда аскер башчы деген мааниде Сагымбай Орозбаковдун вариантында мындай айтылат: «Тыйтайын тыйпыл кырармын, Чын астын-үстүн кылармын» (Сагымбай Орозбаков, 3. 97).

ТЫНЫБЕК Жапый уулу (1846, Ысык-Көлдүн тескейи, Кайнар айылы — 1902, Нарын өрөөнү, Байдуул-Туюк айылы) — манасчы. Кыргыздар чыныгы эпикалык доорун башынан кыйгас өткөрүп (В. В. Радлов), натыйжада «Манас» айтуу өркүндөп, апогейине жетип турган мезгилде ошол өнөрдүн эң көрүнүктүү өкүлү катары чоң манасчы аталып, эл ичинде абдан зор кадыр-баркка ээ болгон адамдын бири. Өз учурунун улуу манасчысы катары ал көптөгөн таланттарга таасир тийгизген. Т-тин өзүнүн эскерүүсүнө караганда Сагымбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Байбагыш, Дөңүзбай жана башкалар улуу-кичүү манасчылар андан таалим алышкан. Т. өзүнөн кийин жашаган бир катар манасчыларга да кайсы бир деңгээлде таасир тийгизген. Мисалы, Т. өзү окуучуларым деп эсептеген Тоголок Молдо, Калыгулдан Молдобасан Мусулманкул уулу, Байбагыштан Багыш Сазан уулу, Дөңүзбайдан Мамбет Чокмор уулу таалим алышкан. Демек, кийин белгилүү манасчы, семетейчи болуп чыга келишкен Молдобасан, Багыш, Мамбеттер да өз устаттары аркылуу кыйыр түрдө Т-тен таасир алышкан. Колдо бар материалдарды салыштыра келгенде аталган манасчылардын варианттары да көп жагынан бири-бирине жакындык кылып, өзүнчө мектепти түзүшөт да, «анын негиздөөчүсү же эң эле бери болгондо» аны толуктап, өркүндөтүп өзүнөн кийинкилерге өткөрүп берген «эң көрүнүктүү өкүлү» деп Тыныбек Жапый уулун атоого мүмкүнчүлүк берет (С. Мусаев. Эпос «Манас», Фр. 1979, 83-б.).

www.bizdin.kg



Т. Садыков. Тыныбек Жапый уулу. «Манас» архитектуралык-скульптуралык композициясынан, 1981.

Т-тин өмүр жолу жөнүндө так, кеңири маалыматтар аз. Манасчынын өз небереси Актан Тыныбек уулу ар кимден укkан эскерүүлөрүнүн негизинде 1938-ж. жазып тапшырган кол жазма азыр негизги маалымат катары эсептелинип жүрөт.

Атасы Жапый абдан кедей болгондуктан Т. балалык кезин көбүнчө мергенчилик менен өткөрөт. 14 жашынан баштап «Манас» айта баштап, 25 жашка чыккан кезинде кыргыздын атактуу манасчыларынын катарына кошулуп, даңкы элге кеңири тарайт. Өз учурунда өтө даңазалуу манасчы болгонун Назар манасчы менен болгон айтышы күбөлөйт. «Ошо кезде элдин бир бөлүгү Назар кыйын манасчы дешсе, экинчи тарабы Тыныбекке жетери жок дешип талашып калучу экен. Ушундан улам көлдөгү атактуу манап Чыныбай Назар менен Тыныбекти айтыштырып көрөт. Буларга Манас баатырдын өлгөнүнөн тартып күмбөз салдырганына чейин айткыла деп тапшырылат. Адегенде Назар айтып бир жарым күндө бүтөт. Ал күмбөздү Надыр деген устага салдырат. Анан Тыныбек да бир жарым күн айтат. Бирок, Тыныбек күмбөздү Анжыян, Наманган жактагы Арстан деген эшенге салдырат. Буларды угуп олтурган мыктылар: Манастын күмбөзүн же олуя же Тыныбек айткандай эшен салбаса, мынча кылымдар бою ал күмбөз турат беле деп, Тыныбектин айтканын туура табышат. Тыныбек жеңип чыгып, жүз сом акча жана бир ат байге алат» (Кол жазмалар фондусу, 222-инв., 12-б.).

Мына ушундан тартып Т-тин даңкы дагы көтөрүлүп, аны кыргыздын Шабдан, Байтик, Сооронбай, Өзбек өңдүү атактуу манаптары да чакыртып ырдатышат. Аталган манаптар бир жолу Токмоктун түштүк тарабындагы Сооронбайдын багы деген жерге чогулуп Т-ке 30 күн удаа «Манас» айттырышкан экен.

Өз доорунун улуу жомокчусу Т-ти чоң жыйынга чакыртылып, эл алдында «Манас» айткан бир учурун санжырачы Б. Солтоноев мындай мүнөздөйт: «1896-жылы күз айында болгон Каракол, Пишпек, Нарын, Токмокко караган бүткүл кыргыздарга Көтмалдыда съезд болуп, ошондо Тыныбектин «Манас», «Семетейди» айтканын үч күн чамасында уктум. Ошондо болжолу 45—48 чамасындагы семиз, толук денелүү, өзү кызыл чийкил, бети толук, сакал-муруту кичине, күрөң киши экен. Өзү бий экен. Съездде отурду. «Манас», «Семетейди» айттырууга уездден сурап алып, съездге жибербей айттырып турду. Эл съездге көп карабастан күндүр-түндүр анын үстүндө болду. Күн баткандан таң атканча айтканда 200— 300 киши уктабастан карап олтурганын көрдүм» (Кол жазмалар фондусу, 1057-инв., 511-б.), — деп жазат. Жогоруда айтылгандарга карап Т. «Манасты» жалаң бийлөөчү төбөлдөрдүн арасында айтып өткөн деген ой келүүгө тийиш эмес. Ал өзү кедей бүлөдөн өсүп чыккандыктан «Манасты» да алгач ошол чөйрөсүндө айтып жүрүп чоң манасчы катары калыптанган. Ошол калың элдин арасында таланты өтө даңазалуу, кадырлуу болгондуктан бийлөөчүлөр ага кызыгышкан. Т. өзү айткан

www.bizdin.kg
«Манасынын» аркасы менен бийликке жетип, жогорку чөйрө менен аралаша жүргөндө да, жатакчылардын айлына атайы келип, аларды сурандырбастан такай «Манас» айтып берип жүргөнү белгилүү.

Т-тин «Манас» айтуудан башка чыгармачылыгы жөнүндө Кыргыз Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусунда сакталып турган маалыматтарга жана фольклор изилдөөчүсү К. Рахматуллиндин билдирүүлөрүнө караганда ал бала кезинен эле ырга шыктуу келип, «Манас» айтууга чейин ыр чыгарып, ырдап жүргөндүгү эскерилет. Жаш кезинде кийик уулап жан баккан Т. кээде жатакчылардын айлына барып калганда: «Кандай өнөрүң бар» деген элдин суроосуна: «Туяна» деген ырым бар. Баатырлар Туянаны таң атканча айтамын дечү экен. Ал чыгарма сакталып калбагандыктан эмне жөнүндө баяндаганын ачык айтуу кыйын. Айрым болжолдоолорго караганда социалдык теңсиздикти чагылдырган лирикалык чыгарма болгон. Башка манасчылардай эле Т. да өзүнүн «Манас» айтып калышын түш көрүү кереметине байланыштырат. Он сегиз жашында Каракол шаарына бара жаткан жолдо Бир-Кулак деген жерде калган эки-үч түтүн жатакчылардын үйүнө түшөт. Ырдап берип, жатакчылардын көңүлүн ачып олтурган Т. түн ортосу ченде эшиктеги атынын жанына жатып уктап калат. Түшүндө «Бир-Кулактын күн батыш жагы көлдүн кашатындагы дөбөлөрдө түрү башкача көрүнгөн, чоң-чоң ат минген, кылыч, мылтык, найза менен куралданган, эң бир сүрдүү, айбаттуу көп адамдардын арасында болуп калганын көрүп, өзүнөн өзү коркуп калтаарып турат. Ал турган адамдардын ичинен түлкүдөй сур ат минген төөнүн жүнүнөн боз таар чепкен кийген, көзүнөн от чыккан, маңдайы жазы, мурду кырдач, жаңыдан чыгып келе жаткан жээрде муруту бар, эрди жука, орто бойлуу сары чийкил жигит:

— Ой, Тыныбек, бери басып мындай кел, — деп жанына чакырып, — Турган элдин баарын тааныштырайын, жакшылап байкап, таанып ал, — деп алдындагы катарлаш элди карап, колун сунуп, бир-бирден көрсөтүп, ыр менен сүрөттөп тааныштырат. Бүткөн бою балкып карап турган Тыныбекке Көлдүн күңгөй жагын көрсөтүп:

— Тээтеги маңдайкы кararган калың эл Коңурбайдын колу. Бизди кууп келе жатат. Бирок, биз эми тосуп туруп алдынан кайра жапыра сайып, тымтыракайын чыгарып кетебиз. Алардан качкан бойдон кетпейбиз. Эми Тыныбек, эртең конгон жериңде бир кара кой союлат. Ошону Манас баатырдын арбагына атап койгун. Ошо кой союлган жердеги элге Манас баатырдан ырдап бер. Эгер баатырды айтып жүрбөсөң майып болуп каласың дегенде, Манас баатыр:

— Ой, Тыныбек, биздин ушул жүрүшүбүздү таштабай айтып жүр, — деп кылчая караганда Тыныбек аны тике бага албай:

— Макул, баатыр, — дейт.

— Жүргүлө, тигини тосуучу убак болуп калды, — деп күңгүрөнгөн айбаттуу каңырт угулуп, калың эл дүрбөп жөнөшөт. Жердин бети уюган чаң болуп, кайда кеткени билинбей, жер дүңгүрөгөнсүп калат».

Т. бир оокумда түшүнөн чочуп ойгонуп, мамыда байланып турган атынын жанына салынган төшөгүнүн үстүндө кара терге түшүп чарчагансып, жылаңайлак, жылаңбаш отуруп турганын сезет. Таң сүрө атын отко коюп, түшүндө өзү көргөн жерге барса, дөбөнүн тегерегинде орто кемегедей, табактын оозундай болгон жылкы издерин көрөт. Жылаңайлак кишинин изине таң калган Т. өтүгүн чечип, бутун ченегенде кудум өзүнүн баскан изиндей болуп көрүнөт. Кийинки күнү Шалбадагы жыйырма чакты үйлүү жатакчылардын айылына барып түшөт. Ал жердеги жатакчылар Т-тин өнөрүн угуу үчүн чогулуп бир кой союшат. Союлган кой чынында эле түшүндөгү сары чийкил жигит айткандай кара болот. Ал койду Т. ичинен Манастын арбагына багыштайт да, шакылдатып «Манас» айтып жатып, талып жыгылат. Бул анын эң алгач өз алдынча аткарган — бет ачар «Манасы»

www.bizdin.kg
болучу. Ошондон кийин Караколго баратып да, кайра келе жаткан жолдо «Манасты» эки күн, бир түн айта берген. Үйүнө келгенден кийин да айтып жүрөт. Бирок, эл алдына чыгып ачык айтпастан, өзүнчө ээн жерде же түн ичинде алачыгына жатып алып айтып өзүнчө машыккан. Эки жыл өткөндө Тыныбек «Манасты» ырдайт экен деген сөздөр атасы Жапыйга угулат. Ал айылдаштарын чогултуп чыгармачыл таланты жаңыдан ойгонуп келе жаткан Т-ти «Манас» айттырып көрөт да:

— Бул баламды чоң манасчыларга жиберип, алардан үлгү алдырып, анан элге ырдагыдай кылайын деп, өз доорунун эң таланттуу жомокчусу Чоңбаш (Нармантай) манасчыга жиберет. Атактуу жомокчу Чоңбаш баланын сергектигин, зээндүүлүгүн байкап, жарым жылча жанына алып жүрүп, таалим берет. Т. анын аткаруусундагы артык үлгүлөрдү чыгармачылык менен өздөштүрүп, өзүнө сиңирет. Үйүнө келген учурларда устатынан үйрөнгөнүн өөрчүтүп, эл арасында аткаруусун күчөтөт. Он, он беш күн аңчылыкта жүрүп тапкан олжосун ата-энесине таштап, кайра Чоңбашка барат. «Манасты» ырдаганда ырын угуп, ырдабаганда Манас баатырдын тарыхын сурап үйрөнгөн. Т. мындан кийин көл башындагы Келдибек, Акылбек жомокчуларга барып, бир ай жүрүп, алардын «Манасын» угуп, мурдагы үйрөнгөндөрүн дагы толуктаган. Ошондой эле айтылуу Балык манасчыга жолугуп, анын да таалим тарбиясын алган жана Манастын тарыхын үйрөнүп келген, Т. аталган манасчылардан үлгү алуу менен чектелип калбаган.

Эл Т-тен «Манасты» кантип үйрөндүңүз деп сураганда ал көп кишилерден сурап, көп адамдар менен аңгемелешүү, үйрөнүү аркасында билдим жана толуктап айттым деп жооп берген. Сенден үйрөнүп жүргөн кишилер барбы деген суроолор болгондо, менден сурап, үйрөнүп, жазып алып жүргөндөр бар. Алар — Сагымбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Байбагыш, Дөңүзбай жана башкалар бар деп жооп берчү экен.

Т-тин чыгармачылыгын белгилегенде анын акындыгы өз кезегинде таланттуу манасчы Чоңбаштын таасиринде болгондугу талашсыз. Т. белгилүү манасчылар Балык, Келдибек, Назардын айтуусундагы жомокту да уккан. Айрым манасчыларга өзүнүн каалоолорун айткан учурлары да болуптур. Манасчылар Акылбек менен Дыйканбайга «Манас» айттырып көрүп, «Дыйканбайды сен, балам жорого айт, Акылбек сен жыйылган топко, калың элге айт» (Кол жазмалар фондусу, 1093-инв., 2-б.), — деп айткан экен. Анын айтуусуна караганда жогоруда аталган манасчылардын ичинен Чоңбаштын таланты жогору бааланып, андан өтөрү болгон эмес экен.

Т. өз тукумунан өзүнүн жолун улантуучу манасчы калса экен деген тилекте болгон. Ал өлөр алдында баласы Сооронбай менен жээни Байбагышты ырдатып көрүп: «балам Сооронбай, сен көп арбыта албайт экенсиң, Байбагыш болсо дурус жомокчу болуп калган экен», — деп ыраазы болот.

Айрым адамдардын өз демилгелерин эске албаганда, революцияга чейин элдик оозеки чыгармачылыкты кагаз бетине түшүрүп, чогултуп алууга атайы көңүл бурулбагандыктан, даңазалуу жомокчу Т-тин «Манасын» жазып алуу иши да тиешелүү деңгээлде колго алынбаган. Болгону «Семетей» бөлүмүнөн кичинекей бир эпизод жазылып калтырылган. Анын жазылыш тарыхы Т-тин өзүнүн эскерүүсүндө мындайча болгон: «1898-ж. Нарын участковою «Манас», «Семетейди» жазып бергин деп буйрук кылган. Аны жаздырып алуудагы максаты кандай экенин ачык билбегендиктен «Семетейден» айрым үзүндүлөрдү гана жазып толук бергеним жок», — деп эскерген. Манасчы өзү, ошондо Т. кайсы эпизоддорду жазып бергени бизге белгисиз. Бирок, совет доорунда анын айтуусунда өзүнчө китеп болуп жарык көргөн «Семетейдин» үзүндүсү ошол материалдан болуу керек деп болжоого болот.

www.bizdin.kg



Тыныбектин «Семетейден бир бөлүм» аттуу китебинин мукабасы.

Ал китеп «Семетейден бир бөлүм». Тыныбек жомокчунуку» деген ат менен 1925-ж. Москвада СССР элдеринин борбордук басмасынан жарык көргөн. Аны басууга даярдаган Э. Арабаев болгон. 184 беттен турган жөнөкөй боз мукабалуу бул китеп кара-кыргыз илим комиссиясы тарабынан чыгарылып, араб тамгасы менен басылган. Анын кыскача сюжети төмөнкүчө: Чынкожо, Толтой Акункандын шаарын камап, кызы Айчүрөктү зордоп алууга аракет кылышат. Олжо катын болууну каалабаган Айчүрөк өз сүйгөнүн таап, элин баскынчылардан бошотуу үчүн ак куу кебин кийип Семетейди издейт. «Семетейдин» вариантынын көпчүлүгүндө ак куу кебин кийип, асмандан учкан Айчүрөк капыр менен мусулмандын бир нече баатырларын сынап өтсө, Т-те Коңурбай менен Музбурчак экөөнү гана сынап өтүп, кудалашып койгон күйөөсү Семетейди купулуна толтуруп, анын ордосуна жакын жердеги секиге келип түшөт. Ордодон чоюлуп чыккан Чачыкейге узун булак бакчага барган жеринен жолугат. Эпосто Чачыкейдин көйрөң мүнөзү, ага жараша көз карашы, жүрүм-туруму өзүнчө көркөм ыкта сүрөттөлүп, бирок кыска берилген. Айчүрөк каардуу жоонун курчоосунда калган эли-жерин жана өзүнүн башын бошотуу аргасы менен «баатыр болсо Семетей, мени куткарып калабы, билип берчи эжеке» деп Чачыкейге жалынат. Чачыкей текеберлене:

Чачы куудай болгончо,
Тиши буудай болгончо,
Акункандын төрүндө
Көп отуруп зак болгон,
Саамайың куудай ак болгон, — деп Айчүрөктү кордогондо анын пейли кескин өзгөрүп, кайратына келет. Чачыкейдин сөзүнө арданган Айчүрөк ак куу кейпине келип учканы жатып: «баатыр үйдө калса сеники, талаага чыкса меники», — деп Семетейди кантип алып кетери жөнүндөгү үч шартын коюп, була болуп жолдон жолугарын, балык болуп көлдөн көрүнөрүн, ак куу болуп Өрдөк-Көлдө жатарын, акыры амал менен алып кетерин айтат. Семетейдин ууга чыгышы, Чачыкей көргөн түшүн Канчоро менен Күлчорого айтып, жолдон Семетейге була алдырбоону, балык карматпоону, ак кууга кушун салдырбоону өтүнгөнү, Айчүрөктүн амал менен Акшумкарды алып кетиши сыяктуу окуялар «Семетейдин» азыркы колдо бар көптөгөн варианттарына окшош. Акшумкарды алып кеткен Айчүрөктү издеп Семетейдин барышы, Үргөнчтүн суусунан өтүү, Айчүрөктүн тосуп алышы жана Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү менен окуя бүтөт.

Жазуу учурунда айтуучу эл астында айтканындай кенен эмес, кыскартып чолуп жаздырган (Т. кийин бул жөнүндө өзү эскерген), басуу учурунда мурунку

www.bizdin.kg
жазылган тексттин кээ бир баракгары жоголуп кетиши (басылып чыккан китепте жоголуп кеткен беттер атайы көрсөтүлгөн) сыяктуу кемчилигине карабастан бул үзүндү Т-тин чоң манасчылык дареметинен аздыр-көптүр кабар бере алат. Ырас, Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү эл ичинде кеңири белгилүү болуп, анын сюжети өтө такталып, туруктуу бир канонго түшкөндүктөн Т-тен жазылып алынган үзүндү да сюжети жагынан башка варианттардан анча айырмаланбайт, ар бир мотивине чейин окшош. Бирок, ошол баарыга белгилүү окуяны көркөм бере билүү жагынан өзгөчөлүгү, чеберчилиги байкалбай койбойт. Мисалы, Айчүрөк Семетейди адеп көрүп сынаганда анын сын-сыпаты төмөнкүчө көрүнөт:

Эр Семетей баатырың,
Кара көздөн нур жанган,
Качырына кан тамган,
Сакалы саадак кабындай,
Жакшы чыккан муруту
Чоң балтанын сабындай,
Аркасында айдары
Аргымактын жалындай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Мурду тоонун сеңирдей,
Көзү көлдүн буткулдай,
Тиктегенин жуткудай,
Чоңдугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай,
Ысыгы жайдын аптадай,
Суугу сырттын шамалдай,
Качырганы жолборстой,
Кармаганы илбирстей,
Курчтугун көрсөң албарстай,
Кеңдигин көрсөң Таластай,
Эрдигине карасаң
Атасы өткөн Манастай,
Маңдайынан карасаң
Кара кашка тынардай (Кол жазмалар фондусу, 222-инв., 34-35-б.).

Манасчы мында сырткы сын-сыпатын, келбетин табияттагы күчтүү, сүрдүү, шаңдуу көрүнүштөргө, жаныбарларга, буюмдарга салыштыруу менен элдик баатырдын монументалдуу элесин — идеалдуу портретин жараткан. Ырас, ушул эле сүрөттөөнү ушул эле түрүндө же түрдүү вариацияда манасчылардын кийинки өкүлдөрүнүн көпчүлүгүнөн жолуктурабыз. Алардын көпчүлүгү Т-тин шакирттери болгон, демек бул сүрөттөөлөр аларга Т-тен оошкон деп айтышка негиз бар. Т. анын айрым саптарын өзү жаратса, айрымдарын өзүнөн мурунку улуу манасчылардан кабыл алуу менен кийинки муундарга өткөргөн. Т. Семетейди гана эмес, «Манастагы» ар бир негизги каарманга жекече мүнөздөмө берип, жекече портретин жаратканын, анын түшүндө уккан «Манасы» катары эсептелген материал да ырастайт. Бул материал боюнча Т-тин түшүнө кирген Күлчоро: Манас, Алмамбет, Бакай, Чубак, Сыргак, Семетейдин ар бирин көрсөтүп, алардын өз-өзүнчө сын-сыпатын айтып берет. Мисалы, анда Бакай мындайча сыпатталат:

Көкчолок сындуу ат минген,
Көк-Күбө сындуу тон кийген,
Ак сакалы чүчтөдөй,
Устуканы мистедей,

www.bizdin.kg

Күлүмсүрөп сүйлөгөн,
Күлдү журтту бийлеген,
Чырымталын жойбогон,
Чырайы кетип оңбогон,
Маңдайында тырыш жок,
Ак жүзүндө бырыш жок,
Сүлөөсүндөй керилген,
Сүйлөсө адам эриген,
Караңгыда жол тапкан,
Карыя Бакай, ак сакал
Как ошону таанып ал (Кол жазмалар фондусу, 222-инв., 1—3-б.), — деп биринчи катарда турган беш баатырдын (Манас, Алмамбет, Бакай, Чубак, Сыргак) сүрдүү сымбаты салыштыруунун эң кооз, элестүү үлгүлөрү менен тартылган.

Т-тин төкмөлүк өнөрү да күчтүү өнүккөнүн өлөр алдында өзү айтып жүргөн «Манасы» менен коштошкон төмөнкү ыры буга күбө:

Ырдасам элим кубанган,
Даңкымды элге чыгарган,
Ырыскы болуп мен үчүн,
Дөөлөткө сыймык улаган.
Казандаган калың журт
Кануучу беле кумардан.
Баатырдын атын укканда,
Барлык эл сүйүп чакырган.
Тарыхы сөзүн угууга
Далайлар киши чаптырган.
Таштабай айттым сөзүңдү
Өзүмө-өзүң тапшырган.
Тагдырга жакын болгон бейм,
Танып барам акылдан.
Кыргызга нускам калбады
Кыраан Манас баатырдан,
Арманым ушул калайык
Арбактуу эрди таштабай
Айтса экен элим артымдан (Кол жазмалар фондусу, 222инв., 29-34-б.).

Т. каза болгон күнү ай тутулган. Улуу манасчынын талантын жогору баалап, ыйык туткан эл бул кубулушту анын өлүмү менен байланыштырып, табияттын да аза күтүүсү катары аңыз сөз кылышкан.

Т. «Манасты» көпкө айтпай калган учурларында буулугуп кетчү экен. Ал эми аны аткарган учурда, өзү эпикалык каармандардын арасында жүргөндөй болуп, түрдүү окуяларды элестеп кетем дечү экен. Бул анын чыгармачылык шыктанышынын канчалык күчтүүлүгүн, поэтикалык дүйнөсүнүн кеңирилигинен кабар берет.

Р. Сарыпбеков

ТЫНЫБЕК — эпизоддук кейипкер. Валиханов жазып алган эпизоддо Манастын кырк чоросунун бири (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 91-б.).

ТЫНЫМКАН — эпизоддук кейипкер. Айчүрөктү жандап жүргөн нөкөрлөрүнүн бири экени гана айтылат (Курама вариант, «Семетей», 185).

www.bizdin.kg
ТЫНЫМКАН — эпизоддук кейипкер, Сары кандын байбичеси. Чачыкейден Акшумкардын дайынын сурап арага түшкөн үч байбиченин бири (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 25 — 27).
ТЫНЫМСЕЙИТ — эпизоддук кейипкер, казак уруу башчыларынан. Алмамбет менен Көкчөнү араздаштыргандардын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 243).
ТЫНЫСТАНОВ Касым (1901, азыркы Ысык-Көл району, Чырпыкты айылы — 1938, Фрунзе, Чоң-Таш) — кыргыз тил илимин негиздөөчү, кыргыз фольклорун, анын ичинде «Манас» үчилтигин эл ичинен жыйнооого жана илимий изилдөөгө багыттоочу, коомдук ишмер, профессор (1936).



Кат-сабатка атасы үйрөткөн. Алгач айылдык диний мектептен (1909—1912), 1913—1914-ж. Байсоорун айылындагы өзбек мектебинен, 1914—1916-ж. Каракол шаарындагы жергиликтүү орус мектебинен билим алган. Ташкендеги казак-кыргыз эл агартуу институтунда (1924) окуган, институттун акыркы курстарында (1922 —1924) «Ак-Жол» газетасынын, «Жаш кайрат», «Сана» журналдарынын редакциясында кызматкер, Кара кыргыз илимий комиссиясына мүчө, институтту бүткөн жылы Түркстан республикасынын Академиялык борборунун, Кыргыз облусунун бөлүмүнүн секретары, 1925-жылдын башында төрагасы. 1925-жылдан «Эркин-Тоо» газетасына редактор, 1926— 30-ж. Кыргыз АССР эл агартуу комиссары. 1928-ж. «Жаңы маданият жолунда» журналын уюштурууга катышып, 1931-жылга чейин анын жооптуу редактору, 1930—37-ж. Кыргыз маданият курулуш институтунда илимий кызматкер жана директор, ошол эле учурда (1932—37) Кыргыз мамлекеттик пединститутунда мугалим. 1932жылдан доцент, 1936-жылдан профессор.
Т. кыргыздын улуттук жазуусун иштеп чыгууга, асыресе араб алфавитин кыргыз тилине ылайыкташтыруу, араб алфавитин латынча, латынчаны орус алфавити менен алмаштыруу иштерине катышкан. Азыркы кыргыз адабий тилинин орфографиясынын негизги принциптеринин долбоорун (1934-ж.) иштеп чыккан. Кыргыз тилинде туңгуч окуу китептерин («Окуу китеби», 1924, «Чоңдор үчүн алиппе», 1926), кыргыз тилинин туңгуч норматив грамматикасын («Биздин тил», 1927), Кыргыз тилинин морфологиясын (1934), Кыргыз тилинин синтаксисин (1936) жана Кыргыз тилинин терминологиялык сөздүгүн
(1933) биринчи түзгөн.
Т-дун адегенде казакча, 1922-жылдан баштап кыргызча жазган ырлары 1920жылдарда Алматы жана Ташкенде казак тилинде чыгып турган «Ак-Жол», «Өрүс», «Тилчи» газеталарына) жарыяланып, 1925жылы «Касым ырларынын жыйнагы» деген ат менен Москвадагы СССР элдеринин Борбордук басмаканасынан басылып чыккан. Т. туңгуч көркөм котормочу, ал «Интернационалды» жана И. А. Крыловдун «Ийнелик менен кумурскасын» кыргыз тилине которуп, 1924-жылы басылган «Окуу китебине» киргизген. 1925жылы орустун революциячыл ырларын «Өзгөрүш ырлары» деген ат менен которуп, кичине китепче кылып чыгарган. Мындан тышкары «Мариям менен көл боюнда» деген көлөмдүү аңгемеси жарыяланган (1924-ж.). Т. кыргыз элинин оозеки чыгармаларын, асыресе «Манас» эпосун жыйнооого зор көңүл бөлүп, бул

www.bizdin.kg
темада атайын макалалар жазган, уюштуруу иштерин жүргүзгөн. Мисалы, улуу манасчы Саякбай Карала уулунун айтуусундагы «Манас» үчилтигин толук жазып алуунун демилгечиси жана уюштуруучусу болгон. Башка авторлор менен биргелешип жазган «Академия кечелери» аттуу пьесалар циклинин биринчисине өзөк катары «Манас» эпосун алган. «Манас» эпосун орусчага которуу ишине катышкан (котормолорунун түп нускасы Кыргыз Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат).

З. Бектенов

ТЫҢЧЫ — жашырынып, аңдып сөз угуучу; артынан көз салып жүрүүчү, шпион. Байыртадан эле белгилүү. Падыша, кандардын, ошондой эле жоолашкан эки тараптын Т-лары болуп, алар маанилүү сөздү, кеңешти, алдыда жасалуучу ишти жана башкалар жашырын билип, өз жагына жеткирип турган. Согушта, байгелүү аш-тойдо Т-нын иш-аракети өтө маанилүү болгон. Эпосто мындай айтылат: «Айтса кепти шыбырап Алыстан уккан тыңчы бар» (Сагымбай Орозбаков, 3. 185). Эсенкан кызы Бурулча Алмамбеттин Бээжинге келгенин түшүнөн билип, буйрук берет:

Корголоп турган капкачы,
Бүгүн капканын оозун жаппачы.
Кайтарып турган тыңчылар,
Сакчың менен биригип
Жаныма бирөөң жатпачы (Саякбай Каралаев, 2. 140). Мындан Т. жоо тарапта гана эмес, өз ичинде да жүрө тургандыгын баамдоого болот.

Ы. Кадыров

ТЫРГООТ — этноним. Эпостун негизги варианттарынын баарында душман тарабындагы элдин (уруунун) аты катары салттык түрдө айтылат: «Тыргоот-калмак элинен Эки жүз миң он алты Эсен келди бар калкы» (Сагымбай Орозбаков, 2. 45). «Тыргоот деген эли бар, Кайнап жаткан кытайдын Канча түркүн жаны бар» (Саякбай Каралаев, 2. 19). Мында тарыхый турмушта болгон чындык чагылдырылган. Тарыхта 14-кылымдын аягында Эртиштин башатынын чөлкөмүндө, «Дөрбөн ойрот» (Төрт ойрот) деген калмак урууларынын бирикмеси, башкача айтканда төрт уруудан турган мамлекеттик бирикме түзүлгөн. Тарыхый маалыматтар боюнча калмактын ал төрт уруусу төмөнкүлөр: чорос, хошоут, торгоут, хойт экендиги маалым. Демек, эпостогу Т. деген этноним ошол 14-кылымдын аягынан бери эпикалык душман катары сакталып, текстте айтылып калган. Эпосто: «Төрт арыштуу ойроттун, төрөсүнүн баласы» (Радлов жазып алган вариант, 23) деген саптар түздөн-түз «Дөрбөн ойрот» (Төрт ойрот, төрт уруунун бирикмеси) жөнүндө айтылып, салт боюнча сакталып келгендигин айгинелеп турат.

Э. Абдылдаев

ТЮРИН Виктор Степанович (1917, Башкырстан, Белебеев району, Раево айылы) — сүрөтчү. 1929-ж. ата-энеси менен Кыргызстанга (адегенде Ак-Суу кыштагына, андан кийин Бишкек шаарына) көчүп келген. 1936—40-ж. Москвадагы «1905-жылдын эстелиги» сүрөт окуу жайында билим алган. 1940—45-ж. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1945—51-ж. В. И. Суриков атындагы Москва мамлекеттик сүрөт институтунда окуган. 1947-ж. Кыргызстанда Манастын миң жылдык мааракесин өткөрүү белгиленип, ал үчүн «Манас» сүрөт-өнөр искусствосунда» аттуу көргөзмө уюштурулмак. Бул көргөзмө үчүн Т. «Манастын күмбөзү» пейзажы жана күмбөздүн жанында куран окуп жаткан эки адам

www.bizdin.kg
тартылган «Этюдун» жараткан. 1951-ж. В. Вейстан жана Г. Айтиев менен бирдикте Кыргыз мамлекеттик академиялык опера жана балет театрында жасалгалоого катышкан жана Айчүрөк жана башкалар айкелин тарткан.

«ТЮРКОЛОГИЯ — 88» — Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарында 1988-ж. 7—9-сентябрда өткөн Бүткүл союздук V түркология конференциясынын докладдарынын жана билдирүүлөрүнүн тезисттер жыйнагы (Фр. 1988). Бул жыйнакка 635 окумуштуу түркологдун 423 илимий докладдары менен билдирүүлөрүнүн тезисттери кирген. Китепке түркология маселесинен тышкары «Манас» эпосу боюнча Бүткүл союздук симпозиумдун материалдарынын тезисттери жарыяланган. Анда «Манас» боюнча 39 окумуштуунун доклад тезиси жарыяланган, к. *Симпозиум (1988)* «Манас» эпосу боюнча союздук симпозиум, *Бүткүл союздук V түркология конференциясы.*

«ТЮРКСКИЙ ГЕРОИЧЕСКИЙ ЭПОС» — *В. М. Жирмунскийдин* тандалган эмгектер жыйнагы (Л., 1974). Китеп кириш сөз, библиографиялык очерк менен башталып, «Манас» эпосун изилдөөгө киришүү, «Алпамыш жана баатырдык жомок жөнүндө аңыз», «Идиге жөнүндө аңыз» (Тарыхый булактардагы ногой баатырлары жөнүндөгү эпикалык аңыздар), Өгүздөрдүн баатырдык эпосу жана «Коркут китеби» деген чоң бөлүмдөн турат. Андан сырткары «Орто Азия элдеринин жомокчулары», «Түрк элдеринин элдик ырлары жөнүндө» деген макалалары да кирген. Китептин аягына пайдаланылган адабияттардын орус, СССР элдеринин тилдериндеги жана чет тилдеги тизмеси, китепте жолугуучу адам аттарынын көрсөткүчү берилген.

Кириш сөздө В. М. Жирмунскийдин илимий чыгармачылыгы жана илимий изилдөөсүнүн негизги багыттары жөнүндө кыскача түшүнүк берилген. «Библиографиялык очерк» автордун 1969-ж. англис тилинде жарык көргөн китебинен алынган макаласынын котормосу. Очеркте түрк тилдүү элдердин баатырдык эпосторун жана фольклорун изилдеген В. В. Радлов, В. В. Бартольд, Г. Н. Потанин, П. Н. Мелиоранский, А. Н. Самайлович, И. А. Беляев, Герман (Арминий) Вамбери, Ч. Ч. Валиханов, Н. Ф. Катанов, А. Диваев, А. С. Орлов, М. Ауэзов, М. Богданова, К. Рахматуллин, Б. Юнусалиев, Х. Зарифов, В. И. Вербицкий өндүү белгилүү илимпоздордун илимий изилдөөлөрү жөнүндө баяндама берилген. Ошондой эле В. В. Радловдун «Түндүк түрк урууларынын элдик адабияттарынын үлгүлөрү», В. В. Бартольддун «Коркут атанын китеби», каракалпак поэмалары «Едиге», «Кобланды» жана казак эпосу «Алпамыш баатыр», «Козу-Көрпөш, Баян-Сулуу», кыргыз эпосу «Манас» эпос-дастандардын келип чыгыш булактары, алгачкы жарыяланышы, айтуучулары жөнүндө жана башкалар маалыматтар камтылган.

Китептин биринчи бөлүмү бүтүндөй «Манас» эпосуна арналган, (к. *Введение в изучение эпоса «Манас»).*

Китептин «Алпамыш жөнүндө аңыз» деген экинчи бөлүмү автордун тарыхый-салыштырма планда кеңири иштелип 1960-ж. Москвадан жарык көргөн капиталдык монографиясы. Бул эмгек эки бөлүктөн турат. Эмгектин биринчи бөлүмүндө «Алпамыш» жомогунун келип чыгышынын коңурат (куңгарт), өгүз, кыпчак, алтай версиялары каралат. Дастандын өзбек, каракалпак, казак, алтай тилдеринде жарык көргөн варианттары салыштырылат. Келип чыгыш теги изилденет. «Алпамыш» орто азиялык элдердин «Юсуп жана Ахмед», «Жаныш-Байыш», «Козу-Көрпөш, Баян-Сулуу», «Ядгар» жана башкалар дастандарына тийгизген таасири иликтенет. Экинчи бөлүм дастандын сюжетин, окуяларын талдоого арналган. «Идиге» жөнүндө аңыз» бөлүмүндө түрк элдеринен (казак, каракалпак, өзбек, ногой, түркмөн, башкыр, сибирь татары, алтай) ар түрдүү учурда жазылып алынган ар кандай версиялары иликтенет. «Тарыхый булактардагы ногой баатырлары жөнүндөгү эпикалык аңыздар» бөлүмүндө казак

www.bizdin.kg
эпосорундагы ногой баатырлары тарыхый өңүттөн каралып, изилденген. «Өгүз баатырдык эпосу жана «Коркут китеби» бөлүмүндө «Коркут атамдын китеби» дастанынын изилденүү тарыхын талдап, окумуштуу дастан тууралуу кеңири иликтөө жүргүзөт. Ал эми «Орто Азия элдеринин жомокчулары» макаласында Түркстандагы элдердин айтуучулары, алардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү жөнүндө илимий пикир айтып, манасчылар, анын ичинде Сагымбай, Саякбай туурасында да сөз козгойт. «Түрк элдеринин ырлары жөнүндө» макаласы жалпы эле түрк ырларынын теориясына арналган. Негизинен түрк эпосторун системалуу салыштырып изилденген бул эмгектин түрк тилдүү элдердин эпосторун жана «Манас» эпосун изилдөөдө маанiси зор.

Ы. Кадыров

ТЯНЬ-ШАНЬ — топоним. Таң-Шаң түрүндө Сагымбай Орозбаковдун вариантында (2. 170) гана кезигет. Т.-Ш. топониминин башаты уннуларга (хунну) тийиштүү. Уннулар биздин заманга чейин эле «Теңир-Тоо» (Кытай жылнаамасында — Циляншань) деп атап келишкен. Кытайлар өз тилине Т.-Ш. деп которуп, анын ар кайсы бөлүгүн (Т.-Ш., Богдошань, Байшань, Цунлин жана башкалар) атаган. Кыргыздар илгертеден эле Ала-Тоо, Керме-Тоо атап келген. Т.-Ш. топонимин таркаткан (19-кылым 30-ж.) европалык окумуштуулар болгон. Сагымбай «Манаста» Т.-Ш., Таң-Шаң деп берген. Мекенибиздеги нукура «Ала-Тоо» наамы жасалма Т.-Ш. атын биротоло жокко чыгарып, картада өзүнүн мыйзамдуу ордун ээлөө жолунда турат.

ТЭЭК-ТАШ — топоним. Көкөтөйдүн ашын берерде Бокмурун Ташкенден Каркырага көчкөндө басып өткөн жерлердин бири. Географиялык реалияда Алматы облусундагы тоо жана капчыгай (Чарын дарыясынын жээгинде).

У

УБАҢ — топоним. Көкөтөйдүн ашында ат чабыштын байгесин зордуктап талап алып кетип бараткан Коңурбайдын астынан тосуп, конок кылууга даяр турсун деп Жолой катыны Кыяшка Жумабекти кабарга жөнөтөт. Ал кабар боюнча Жолойдун айылы чанактан көчүп У. тоонун оюна түшүшөт.

УБУКЕЕВ Мелис (1935, Фрунзе) — кыргыз совет режиссёру. КМУну (1959), Бүткүл союздук мамлекеттик кино институтун бүтүргөн (1964). Кыргыз республикасынын эл артисти (1991). С. Герасимовдун өнөрканасынан таалим алган. У. кыргыз киносунун көрүнүктүү ишмерлеринин бири. Улуттук кино өнөрүнүн өсүш жолуна чыйыр салгандардан. Анын чыгармачылык кудуретин, багытын, өсүш процессин «Элеттик карыя» дарек фильми, «Тайгак кечүү» көркөм фильми, «Ак Мөөр» көркөм телефильми аныктаган. Аны элибиздин эпикалык маданияты кызыктырып, чейрек кылымдан бери, өзгөчө «Манас» эпосунун тегерегинде эмгектенген. 1966-ж. У. «Семетейди» бүт (кыскача) жана «Манас» эпосунун тандалган айрым эпизоддорун Саякбайдын айтуусунда тасмага (11000 *м)* түшүргөн. Кыргызфильмдин архивинде Саякбайдын айтуусунда тартылган беш сааттык материал сакталууда. Ошондой эле У. үч бөлүктөн турган «Саякбай» дарек фильмин жараткан. «Манас» эпосунан маанiси, мазмуну, көлөмү жагынан орчундуу материалды толук метраждуу «Түбөлүккө каюу» тасмасында пайдаланган.

1988-ж. манасчы Саякбай Карала уулуна арналган 7 бөлүктөн турган «Улуу манасчы» дарек фильмин жараткан. Бул фильм таланттуу Саякбай Карала уулунун манасчылык өнөрүндөгү өзгөчөлүккө арналып Саякбай Карала уулунун феноменин, чыгармачылык образын жараткан.

www.bizdin.kg
«Манас» эпосунун ар кыл бай аспектилерин, пласттарын ичине камтыган бир канча бөлүктүү ««Манас» — кыргыз элинин улуу дастаны» деген эссени тарткан. Алар бири менен бири тыгыз карым-катышта болуп бир бүтүндүккө ээ болгон эпостун маңызын, маанисин ачып берген. «Манастын» купуя сырын ачып берүүдө режиссёр кыргыз элинин турмушу менен тыгыз байланышта болгон залкар ойлорду, сюжеттик сызыгын, образдарды билгичтик менен пайдаланган.

Бул чыгармасында «Манас» эпосунун бүгүнкү күндө изилдене турган орчундуу проблемаларынын түрмөгүн көтөрө алган. Ал гана турсун айрымдарын өз алдынча чечкен. Эпостун семантикалык маанисин, тарыхый тамырын, булактарын, образдарын, көркөм табиятын, манасчылык өнөрдүн купуя сырын кино «тилине» которууда чыгармачылык менен мамиле кылган. Бул деңгээлге жетүүдө режиссёрдун кыргыз элинин эпикалык маданиятын жакшы билгендигинде, изилдөөчү инсан катары эпостун мурда көтөрүлбөгөн чордонун козгой алган. 1991-ж. эки бөлүктөн турган «Миң жылдыктын прологу» аттуу дарек фильмин жараткан. Фильм Кыргыз республикасынын Илимдер академиясында болуп өткөн «Манаска» арналган симпозиумду тартуу менен бирге эпосту изилдөөнүн тарыхын чагылдырат, аны тереңдетүүнүн проблемасын, миң жылдык юбилейин белгилөө маселесин козгойт.

К. Ашымов

УГАНАК — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры. Чоң казатта Алмамбет, Чубак, Сыргак окко учуп, өзү жалгыз калган Манас баатыр Чыйырды менен Каныкей Аколпоктун жакасына «Алмадай болгон куу башка, Күч келгенде атсын деп тигип койгон « Касиеттүү болот окту» алып, Аккелтеге салып атканда У. баштаган сегиз аярдын башын жулуп кетет (Курама вариант, 2. 275).

УГУЗ КАН — Манастын түпкү бабаларынын бири. У. к-дын ысымы түрк элдеринде кеңири тараган. Санжыра боюнча, түштүгү Мисирге (Египет), батышы бараңга чейинки аймакта жашаган элдерди баш ийдирип, зор империяны түзгөн улуу каган болгон. Кыргыздар «Ууз кан» деп айтышкан. Энесинин боюна нурдан бүтүп, төрөлгөндө эле анын баатырдык белгилери билинет. Энесинин эмчегин бир жолу оозуна алган боюнча эмбей коёт. Төрөлгөндөн кырк күндөн кийин басып, сүйлөп, өзүнөн улуу балдар менен ойноп кетет. Санжырадагы маалыматтарга караганда, Угуз кагандан сырткы турпатынан байыркы түрк элдеринин тотемдик белгилери көрүнөт: «анын буттары буканын буттары сыяктуу, бели карышкырдыкындай ничке, ийиндери кундуздукундай көркөм, көкүрөгү аюунукундай бийик». Жортуулга чыкканда жол көрсөтүп, согушка киргенде жеңишке ээ кылып, адамча сүйлөгөн көк бөрү аны дайым колдоп жүрөт. Угуз кагандын биринчи аялы — асман кызынан Күн, Ай, Жылдыз деген үч бала төрөлөт. Экинчи аялы Жер, сулуусунан: Көк, Таг, Тенгиз деген үч уул көрөт. Байыркы огуздардын эки канат эли ушул эки аялдан төрөлгөн балдардан тарайт. Санжыраларда огуз элинин жыйырма төрт уруусу уугуз кагандын жыйырма төрт небересинин урпактары делет. Абулгазинин айтканы боюнча Кыргыз У. к-дын бир небереси. «Манас» эпосунда Угуз каган (У. к.) Манастын түпкү бабаларынан болору айтылат: «Мурункулардан калган сөз: Каракан, Угуз кандан кийин Аланча кан уругунан Байгур, Уйгур дегендер (болгон) экен» (Сагымбай Орозбаков, 1. 15).

А. Алимбаев

УГУЗУУ, Угузуу ырлары — салттык расмилер менен коштолуп айтылуучу каада-салт ырынын байыркы түрү. Эл чыгармачылыгында кара сөз жана ыр, күү формасында кездешип, калк арасында кеңири таралган. Кыргыздарда адамдын өлгөнүн үй-бүлөсүнө, жакындарына У. зор адамкерчилик жана боорукерлик маанайда өткөн. У. милдети кез келген эле кишиге ыйгарыла бербеген. Адатта үйүнөн сырткары жүрүп каза тапкан адамды угузарда көптү көрүп, көп жашаган

www.bizdin.kg
чечен же акын, кадырлуу кары сөздү баштап, бул дүйнөдө боору бүтүн, башы эсен адамдын жоктугун, эртеби, кечпи өлүм ар бир кишинин башына келе тургандыгын, мындай кайгыны, орду толбос оор жоготууну акыл токтотуп кайрат менен көтөрүү зарыл экендигин, дүйнөдөн кайткан маркумга жакын адамдардын бардыгы кайгырып отургандыгын, бирок жазмыштын жазганынан сактап калар арга жок деген өңдүү мазмунда маселдетип салмактуу баяндай келип, анан өлгөн кишини угузат. Ушул У. салты элдин оозеки чыгармачылыгында каада-салт ырларынын атайын түрү катары калыптанган.

У-нун өзүнө таандык стили болуп, көбүнчө жорго сөз түрүндө маселдетип табышмактуу айтылат. Акылдуу, кыраакы адам сөздү аягына жеткирбей эле түшүнөт. Буга эл ичинде айтылып жүргөн Жээренче чеченге байбичесинин өлгөнүн У-су далил. Кайгылуу окуяны күү аркылуу билдирген учурлар да болгон. У. ырларын көбүнчө акындар аткарышкан. Мисалы, Токтогулга баласынын өлгөнүн Коргоол ырчы угузган. У-нун поэтикалык түрү түрк элдеринде 13-кылымда эле белгилүү болгон.

У. ырларын «Манас» эпосунан да көп жолуктурууга болот. Чыгарманын өзгөчөлүгүнө, эпостогу окуяларга, каармандардын кыймыл-аракетине, кулк-мүнөзүнө ылайык реалдуу жүктү көтөрөт. Айрыкча Саякбай Каралаевдин вариантында У. ырлары терең эмоциялуу, экспрессиялуулугу менен айырмаланып, салттык нукта берилет. Ит-Өлбөстүн чөлүндөгү согушта Алмамбет, Чубак, Сыргактын, Музбурчак, Көкчөнүн окко учканын, кошундун көп жоготууга учураганын Манаска Ырчыуул угузат. Кайгылуу кабарды Манаска жеткирүү менен гана чектелбестен, «Баатырым, ким токтотот чебиңди?», — деп калкынын мындан аркы тагдырын ойлоп, кайгыга батат.

Жаралуу Манастын элине кайтып, Алмамбет менен Чубактын жесир калган аяштары Аруuке, Бурулча, Бирмыскалга угузуп турган жери күчтүү сезим, оор кайгы менен айтылып, У. ырларынын жанрдык чегинен чыгып, арман, жоктоо ырларынын салттуу мотивдери менен айкалыша берилет. Манас канчалык баатыр, кайраттуу болсо да, Алмамбет, Чубактын эшиктеш тигилген ордосун көргөндө «ителгидей кайран көз ирмебей көзгө жаш алып», «каңырыгы бек түтөп», өкүрүп, кыраандарынан айрылганын калайык-калкка жарыя салат:

Аккула окко учурдум, аяш,
Азизкандын гана жалгызы, аяш,
Алмамбет шейит кечирдим, аяш!
Канатымдан кайрылдым, аяш,
Кара кылып отурган
Кан Чубактан айрылдым, аяш!
Мен Бээжинди чаптым, көп алдым!, аяш!
Бээлесе жанга табылбас,
Мен Сыргагымды жеп алдым, аяш
(Саякбай Каралаев, 2. 223).

Тулпарынан, ишенген баатырларынан, калың кошундан айрылып, «канатын өрткө чалдырган» журт атасынын чексиз кайгысы, түгөнгүс арманы, орду толбос жоготуусу ушул У-да берилет:

Эгиз козу түгөйүм, аяш,
Экөөнү катар жеп алып,
Мен өлбөй кантип жүрөмүн, аяш!
Кара гана Бээжин, Каканчын, аяш,
Мен камаганда өлбөдүм аяш,
Ач арстан, ары шер
Жардыгында өлбөдүм, аяш,
Алмамбет, Чубак, Сыргак шер

www.bizdin.kg
Бардыгында өлбөдүм, аяш!
Кан Манас минтип кайышып турганда «кайың ыйлап, тал ыйлап» «калайык журттун баары ыйлап», кыздар кызылдан, катындар карадан кара кийип бүтүндөй журт аза күтөт. Эпостун сюжеттик өзөгүндө У. ырлары эстетикалык көркөмдүк мааниге да ээ.

Б. Кебекова

УДАЙЧЫ — канды (акимди төрөнү) ээрчип жүрүүчү жоокер, анын буйругун аткаруучу жан-жөкөрү. Эпосто: «Үйүнө бирин койбоңор, Удайчы менен датка деп» (Сагымбай Орозбаков, 2. 369) мансап ээлеринин катарында эскерилет.
УДАЙЧЫ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү. Чынайткандын атасы экени гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 418).
УЙГУР — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун вариантында кыргызга тектеш элдердин түп аталарынын бири. Аланча кан уруусунан. Байгурдун бир тууганы экендиги гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 33).
УЙГУРЛАР — этноним. Кытай Элдик Республикасынын Синьцзян-Уйгур автономия районунун негизги калкы. СССР, Ооганстан, Пакистан, Индияда да жашайт. У. 840-жылдарга чейин Моңголияны мекендешкен. Алардын жетекчиси Моюн-Чур 745-ж. башка союздаш уруулардын жардамы менен Борбор Азияда үстөмдүк кылган экинчи түрк кагандыгын талкалап, Уйгур мамлекетин түзгөн. Борбору Орхон дарыясынын боюндагы Орду-Балык (азыркы Хара-Балгас урандысы) болгон. Уйгур кагандыгына Саян-Алтай тоолорунда жашаган элдер да каратылган. Алардын ичинде Эне-Сай кыргыздары да баш ийдирилген. Бирок, алардын акимдери Уйгур кагандыгына каршы күрөш баштап, ал 820жылдан баштап күч алган. 840-ж. Эне-Сай кыргыздарынын аскерлери жеңип, алардын борборун басып алган. Натыйжада Тарбагатай тоолоруна качып келген У-дын бир бөлүгү Чыгыш Тянь-Шанга сүрүлгөн. Эне-Сай кыргыздарынын аскерлери алардын артынан куып барып, 843-ж. Куча жана Бешбалык шаарларын алган. Ал эми 843, 848-ж. кыргыздар түштүк-чыгыш тарапка качкан У-дын экинчи бөлүгүн кубалап, Гоби чөлүнүн түш. жана Манжурияда жашаган шивэй уруусунун аймагына чейин барган. Эне-Сай кыргыздарынын 9-кылымда саясий жактан жогорулашы албан-албан дастандарды жарата турган окуя. Борбор Азияда ири мамлекетти түзүү учурундагы алардын согуш ийгиликтери «Манас» эпосунун алгачкы вариантына негиз болушу ыктымал. Бирок эпосто ошол мезгилдеги У. менен болгон согуштардагы чагылдырылган окуялар бара-бара өзгөрүлүп, Эне-Сай кыргыздарынын 9-кылымдагы саясий ийгиликтеринин жалпы фону, элеси гана сүрөттөлүп калгандыгы сезилип турат. Алардын ордуна Чыгыш Тянь-Шань, Жуңгария, Жети-Суу жана Орто Азияда болуп өткөн тарыхый окуялардын сюжеттери кирген.

Ө. Караев

УЙКАШ, рифма — эки же андан ашык саптын айрым тыбыштарынын же тыбыштык комплекстеринин кайталанышы, окшошуусу; ыргактык биримдиктеги тыбыштык кайталоолор. Уйкаштык болуш үчүн эки же андан артык сап керек, аларда тыбыштык окшоштук болушу зарыл. «Манас» эпосу ыр түрүндөгү чыгарма болгондуктан кыргыз ырынын мыйзам ченемине ылайык уйкаштыкка негизделген. У. эпосто ыр түзүүнүн негизги каражаты катары кызмат кылат, башкача айтканда «уйкаш ырды уюштурат, ырдагы сөздөрдү чачыратпай кармап турат, ыр саптарын эсте каларлык жана уккулуктуу кылат» (С. Жигитов, Көркөм сөз маселелери, Фр., 1982, 230-б.).
Кыргыз ырларынын уйкаштыгын классификациялоонун негизинде «Манастын» У-тык системасын төмөнкүдөй бөлүштүрүүгө болот.

www.bizdin.kg

1. У-тардын саптагы ордуна карай бөлүнүшү. а) Башкы У. (саптын башындагы сөздөр уйкашат); мисалы Бөлөк өлүк дүйнөңдү, Бөлүккө салып жайнатып (Сагымбай Орозбаков, 3. 89). б) Ички У. (саптардын ичиндеги сөздөр уйкашат. в) Аяккы У. (саптардын аягындагы сөздөр уйкашат), мисалы,

Көкөтөйдүн көк туусу а
Көтөрүлдү калкылдап. б
Ырамандын Ырчыуулу а
Жар чакырып баркылдап. б

2. Уйкаштыкты түзгөн сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.

а) Жөнөкөй У. (саптын аягындагы бирден гана сөздөр уйкашат); мисалы,

Найзалашып жатканда, а
Көөдөгүмдөн оолуктум. б
Карачанын Сайкалдын, в
Алдынан чыгып жолуктум. б

б) Татаал У. (эки же андан ашык сөздөрдөн, сөз айкаштарынан түзүлөт). Татаал У-ты өз ара экиге бөлсө болот.

Кош кабат татаал У.

Көңүлгө коркуу жык толуп, а
Кайраты бойдо жок болуп. а

Редифтүү татаал У. (акыркы сөздөрдүн кайра-кайра кайталанышы, башкача айтканда редифтин жардамы менен түзүлөт). Мисалы,

Балтыр этиң толо элек, а
Балбан күчүң боло элек. а
Жүрөк этиң толо элек, а
Жүткүнөр кезиң боло элек. а

3. У-ты түзгөн тыбыштардын сөздөгү катышына карай бөлүнүшү. а) Толук У. (сөздөгү же сөз айкашындагы бардык тыбыштар үндөшөт); мисалы,

Нар буурадай кеңгиреп, а
Намыс үчүн зеңгиреп, а
Турган экен Коң төрө, б
Сайышты самап эңгиреп. а

Толук эмес У. (айрым гана тыбыштар, көбүнчө сөз мүчөлөрү уйкашат да, уйкаштык жарым-жартылай, толук эмес болот); мисалы,

Көп кыялды ким тыяр, а
Көп сүйлөбө жакшылар. а
Акдөө, Көкдөө, Кызылдөө, а
Ат көрбөгөн баары жөө. а

«Манастын» ыр түзүлүшүндө толук У. басымдуу болуп, чыгарманын уккулуктуулугун арттырып турат.

Жасалыш ордуна карай, башкача айтканда строфадагы кайсы сап, кайсынысы менен У-кандыгына карай да бир нечеге бөлүштүрүлөт. Адабиятчылар арасында У-ты мындай бөлүштүрүү боюнча ар кандай пикирлер бар. Г. Л. Абрамович туташ (а-а-б-б), кайчы (а-б-а-б), айланма (а-б-б-а); В. Гончаров жуп (туташ; а-а-б-б), кайчы (а- б-а-б), тегеректелген (курчалган, айланма; а-б-б-а); өзбек адабиятчылары А. Зуннунов, Н. Хатамов жуп (а-а-б-б), кесме (а-б-а-б), айланма (а-б-б-а); Л. И. Тимофеев туташ же (жуп; а-а), үчтүк (а-а-а), кайчы (а-б-а-б), кур- чалган (айланма, тегеректелген, а-б-а-ба), ма- шакаттуу (а-а-б-а-а-б) ж. б. «Манас» эпосунда У-тын төмөнкүдөй түрлөрү бар.

а) Эгиз (жуп) У. (саптар экиден жупта- шып уйкашат); мисалы,

www.bizdin.kg

Топосу тоодо бөлүнгөн, а
Толук дүйнө көрүнгөн. а
Жети жњз миң жылкысы, б
Жети жүз экен жылкычы. б

б) Аксак У. (биринчи, экинчи, төртүнчү саптар уйкашат да, үчүнчү саптан аксап өтөт). У-тын бул түрү эң көп колдонулат. Мисалы,

Каарданса кармаган, а
Кармаганын чайнаган, а
Кара кытай манжуудан, б
Кармашаар жоосу калбаган, а

в) Шыдыр У. (бардык саптар катары менен шыдыр уйкашат), мисалы,

Кара курттай быжылдап, Найзанын учу жылтылдап, Адамдын башы кылтылдап Жер союлуп былкылдап.

г) Аттама (кайчы) У. (саптар ортодо бирден сапты, кээде экиден сапты аттап уйкашат); мисалы,

Каргышы ката кетпеген, а
Катындардын баарысын б
Калыңдык менен тепсеген, а
Каныштан каргыш албасын! б

д) Оромо У. (биринчи сап менен төртүнчү сап уйкашып, ортодогу өз ара уйкашкан эки сап- ты ороп турат). Эпосто сейрегирээк жолугат.

Намыстанып калыптыр,
Бокмурундун башына
Келип алып ашына б
Бейорун өкүм салыптыр. а

Эпосто У-тын мындан башка сейрек болсо да учураган түрлөрү бар. Чыгарманы аткаруу процессинде бир *строфада* У-тын бир нече түрү да колдонулган. Улам акыркы сөзгө карай У. кууп кете берген. Мисалы, Жыйырма алты саптан турган бир строфадагы У. схемасы: а-а-б-в-б-г-г-д-д-ж-ж-з-ж-ж-и-к-и-л-м-н-ң-о- м-м-ө-ө

Кырк чоронун артынан, а
Кызматы минтип артылган, а
Баатыр жөнөп калганда, б
Жерди басып аягы, в
Жети кадам салганда б
Токтой тургун баатыр деп, г
Тозулган киймиң акыр деп,
Катар киймиң эски деп, д
Кара торпок кескилеп, д
Эски киймин талатып, ж
Эгесине зар айтып, ж
Басып үйдөн чыгаарда з
Сары улактан таптырып, ж
Садагасын чаптырып, ж
Жеңеңдин иши ушундай, и
Жетим бала башына к
Бирден жамбы муштумдай. и
Эси бары дүйнө деп л
Колтугуна катышып, м
Көөдөктүн ишин көрүп ал, н
Көчөдөгү бакалга ң
Жети-сегиз жаңгакка о
Бир жамбыны сатышып, м

www.bizdin.kg

Көчөгө салып атышып, м
Жетим менен жесирди ө
Жергесине келтирди ө

Көрүнүп тургандай строфанын уйкаштыгы өтө эркин, уйкашсыз калган саптар да көп (в-з-к-л-н-ң-о), ал түгүл уйкаштык бир топ саптан кийин кайталанат (м кайра төрт саптан кийин үндөшөт). «Манастын» ырларына айрыкча аралаш У. мүнөздүү, башкача айтканда ыр тобу баштан аяк өзгөрүлүп У-а берет. Айрым окумуштуулар мындай ык эпикалык стилди сактоого мүмкүнчүлүк түзгөндүктөн аны эпостун ыр түзүлүшүндөгү туруктуу белги катары карашат (К. Кырбашев).

У-ты түзүү аябагандай татаал иш жана сөз корунун байлыгын, тапкычтыкты, ой жүгүртүүнүн ыкчамдыгын, кенендигин талап кылат.

Ошондой эле У. кууп кетүү чыгарманы мазмундук, көркөмдүк жагынан кемитип коюшу мүмкүн. «Манаска» «кеп айтат — деп айтат», «Чубак — чунак», жер эле — эл эле», «сөз жетпес — көз жетпес», «мунарык-тунарык», тоо барбы — жоо барбы» деген өңдүү туруктуу У-тар да бир топ учурайт.

«Манас» эпосунун ыр түзүлүшүндөгү У-тыкка мүнөздүү дагы бир көрүнүш — редиф. Редифти колдонуу менен манасчылар өзгөчө басым түшө турган сөздү бөлүп көрсөтүшөт, тексттин ошол бөлүмүнүн өзөгү редиф менен байланышат жана ырдын эмоциялык-экспрессиялык таасирин күчөтүп, манасчынын аткаруу чеберчилигин ар тараптуу кылат.

А. Муратов, Б. Кыдырбаева

УКУРИЯ — эпизоддук кейипкер, калмак баатыры. Араникте болгон согушка катышат (Курама вариант, 1. 116).

УЛААН, У л а н — топоним. Көкөтөйдүн ашында чабылган аттар басып өткөн жол:

Чабдардын белин ашырып,
Иленин боюн бастырып,
Улуу өзөн менен сыдыртып,
Уландын учун кыдыртып (Сагымбай Орозбаков, 3. 159).

Аталган жер-суу аттары Казакстандын түштүк-чыгышында жайгашкан.

УЛАБАС — топоним. Бокмурун Көкөтөйдүн ашына келип түшкөн Манаска: «Күн батышын карасам Улабастын учунда, Кырга да аскер толуптур» (Сагымбай Орозбаков, 3. 120) — деп, ашка келген элдин көптүгүн айтканында эскерилет.

УЛАККАН — эпизоддук кейипкер. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Каракандын сегиз уулунун бири, Жакыптын бир тууганы, Сыргактын атасы. Каракан өлгөндө анын уулдарынын жаштыгынан пайдаланып Молто, Алооке кыргызды чаап алганда «Балдардын эрени Жакып, Улаккан» (Саякбай Каралаев, 1.28), Каракандын сегиз уул Башчысы Жакып, Улаккан (Саякбай Каралаев, 1. 31), Акбалта, Текечи, Шыгайлар менен бирге душманга каршы күрөш жүргүзүшөт. Каракандын уулдарын туш-тушка бөлүп айдаганда У. Ала-Тоодо калганы белгилүү болот. Манас Алтайдан Таласка көчүп келгенден кийин У. да Таласка көчүп келип, уулдуу болот. Баласынын атын Сыргак коюп, кырк чоронун бирөө, «Багып алсаң мураапың, Башкалардан кыраакың» (Саякбай Каралаев, 1. 195), — деп Манаска алпарып берет. Көбүнчө Сыргактын атасы катары аты гана талат.

УЛАМЫШ — элдик оозеки адабиятта кеңири тараган жанрлардын бири. У-тардын көркөм структурасында тарыхый негизи бар өңдүү окуялар баяндалат, алардын сюжетиндеги сүрөттөөлөр турмушка жакыныраак болот да, У-тарда тарыхый инсандар, окуялар, көрүнүштөр тууралуу, жер-суу аттарынын келип чыгышы жана тарыхый баяндоо ишке ашырылат. Кыргыз уламыштары эки чоң тематикалык багытка — тарыхый (тарыхый окуялар, чыныгы жашап өткөн

www.bizdin.kg
инсандар жөнүндө) жана топонимикалык (жер-суу аттарынын келип чыгышы чечмеленген) болуп бөлүнөт.
«Манас» эпосунун тутумуна, сюжетине өтө көп элдик У-тар сиңип кеткен. Кандайдыр бир деңгээлде эпосту толук бойдон У. деп айтууга да, ошол эле кезде жүздөгөн У-тардан куралган У-тар жыйындысы катары эсептөөгө да болот. «Манаска» байланышкан жер-суу аттарынын көпчүлүгүнүн чечмелениши эпостун көркөм структурасынан орун алган. Бул же тигил тарыхый инсандардын көркөм бейнеси да, тарыхый болгон окуялар да эпопеяда чагылдырылган. «Манас» эпосу — бул кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламыштарынын бир мезгилге келтирилген, жеке бир адамдын — Манас баатырдын тегерегине топтолгон энциклопедиялык жыйнагы болуп саналат (Ч. Валиханов Чыгармаларынын беш томдук жыйнагы, 1-т., Алматы, 1961., 367-б.). Демек, көптөгөн У-тары бир кишинин айланасына топтолуп, бир мезгилге алып келинген. «Манастын» сюжетинде үч муундун (Манас, Семетей, Сейтек) мезгилиндеги У-тар гана эмес, бүтүндөй кыргыз тарыхында түзүлгөн, жаралган У-тар бар десе болот.
У-тардын «Манас» эпосу менен байланышкан экинчи бир жагдайы азыркы учурда бир топ жер-суунун аттарынын келип чыгышы топонимикалык У. катары эпостун сюжети аркылуу чечилиши. Маселен, Ак-Сайдагы Какшаал тоосунда Кыз Сайкалдын ору деген жери бар, уламыш боюнча Сайкал жоону ушул жерге жатып күтүүчү экен. Ошондой эле эпостун өзүнүн мазмунунда эле айрым жерлердин аталышы кандайдыр бир окуяга, каарманга байланыштуу чечмеленген учурлар бар. Мисалы, кулжанын көптүгүнөн Кара-Кулжа аталган жер, болбосо Күнөс баатыр курман болгон жердин Күнөс аталышы жана башкалар

А. Муратов, Б. Кыдырбаева

УЛАҢГЫ — эпизоддук кейипкер. Акунбешимдин чабарманы. Манас Орго канды жеңгенин угуп, Акунбешим колбашчыларына У. менен Торгойду кабарга жиберет (Сагымбай Орозбаков, 2. 99).
УЛАРБОЗ — кытай балбаны Даң-даңдын минген аты. Манастын Нескаранын колу менен болгон согушунда Даң-даң У-ду минип жекеге чыгып, кыргыздын Күнөс балбанын өлтүрүп, өзү казак баатыры Айдаркандын колунан каза табат (Сагымбай Орозбаков, 1. 219—222).
УЛАР-ТАШ — топоним. Манас Алтайдан кол баштап келе жатканда, У.-Т-ты басып өткөнү эскерилет. Бээжинге Алмамбет менен чалгынга барган Сыргак баатыр Коңурбайдан жараланып, кыргыздын колуна кабар берүү үчүн баратып, У.-Т-тын бетинде кароол карап жаткан Бакайга жолугуп, уруштун жайын билдирет (Сагымбай Орозбаков, 4. 319).
УЛУГАТ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты төртүнчү келген Ажыбай тагдырына буюрган У-ка үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 422).
УЛУКМАН, Лукман — мусулман жана байыркы араб мифологиясында орун алган адилет, акылман киши. Арабдарга ислам дини киргенге чейин өтө узак жашаган даанышман кары, акылман жана баатыр катары белгилүү болгон. Эпосто негизинен ушул мааниде учурайт:

Балтачаны, балбаны,
Улукманы, карысы
Жоо кайдалап токтобой,
Келип турду ал жерге
Улуу-кичүү баарысы (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 225).

«Кыйла улукман карыңар, Кытайга элди бергенче Кырылгыла баарыңар!» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 245). Орто Азия элдеринде У. белгилүү дарыгер,

www.bizdin.kg
табыпчылыктын пири катары да саналат. Кыргыздар У. деп Абу али Ибн Синаны аташкан.

УЛУУ-БАШ — топоним. Семетей баатыр Толтойдун жылкысына «Улуу-Баштын тоосунда» (Радлов жазып алган вариант, 348) тийгени айтылат.

УЛУУ ЖҮЗ — казак элинин бир бөлүгү. Эпостогу «Насили казак, улуу жүз, Ыраман деген увазир, Башчы кылып алганы» (Сагымбай Орозбаков, 1. 91), — деп айтылган. У. ж. казак элинин үч бөлүгүнүн бир бөлүгү, к. *Казактар.*

УЛУУ-КАМЫР — топоним. Көкөтөйдүн ашына кабар берип жүргөн чабарман Жайма Көкүл жаш уул чатыраш ойноп жаткан Манас менен Алмамбетке жолуккан жер (Радлов жазып алган вариант, 146).

УЛУУ-КУЛЖА — топоним. Бокмурун атасы Көкөтөйдүн ашын өткөрүү үчүн жер тандап:

Мен о жерден көчөмүн.
Бакты-Курай басамын,
Кушмурун тоосун ашамын,
Улуу-Кулжа чатынан,
Кичи-Кулжа башынын
Ортосуна кономун... (Радлов жазып алган вариант, 147), — дейт.

Географиялык реалияда Синьңзяндагы ири шаар жайгашкан өрөөн.

«УЛУУ МАНАСЧЫ» — манасчы Саякбай Карала уулуна арналган толук метраждуу даректүү фильм. 1988-ж. «Кыргызфильм» киностудиясында тартылган. Фильмдин сценарийин жазган жана койгон режиссёр М. Убукеев. Илимий кеңешчилери: Ч. Айтматов, Р. З. Кыдырбаева. Фильмде «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу боюнча чыккан китептерин Т. Герцен көркөмдөгөн сүрөттөр пайдаланылган. Фильмге М. Убукеев 1966-ж. тартып алган беш сааттык материал негиз болгон. Саякбайдын образын жаратууда режиссёр ал материалдар менен бирге, кино, фото, фоно даректер архивинен табылган тиешелүү материалдарды да кеңири пайдаланган. Кошумча тартылган жана даректүү материалдар чыгармачылык менен максатка ылайык монтаждалган. Тасманын башталышында Ч. Айтматов «Манас» жана манасчылар тууралуу философиялык ой жүгүртүүлөрүн, өзгөчө Саякбайдын манасчылык өнөрү жөнүндөгү пикирлерин айтат. Ошондон улам Ч. Айтматов менен байланышкан пландар фильмдин бет ачарлык кызматын аткарат. Режиссёр коюучу өзүнүн чыгармачылык максатын ишке ашырууда кино өнөрүнүн ар кыл ыкмаларын билгичтик менен туура пайдаланат. Тасманын тулкусундагы акырындатылган жана тык токтотулган кадрларды монтаждоо менен манасчынын образын, чыгармачылык турпатын көрсөтүүдө «Семетейден» үзүндү айтып жаткан Саякбайды кунт коюп, зор ынтаа менен угуп жаткан угуучулардын жалпы, орто, айрымдардын өзгөчө жакындаштырылып чоңойтулган көрүнүштөрү, айрым кошумча тартылган эпизоддор, бийик аскалуу тоолордун, Ысык-Көлдүн шарпылдаган толкундары, жана башкалар пейзаждык көрүнүштөр менен айкалыштыра берилген. Т. Герцендин динамикалуу сүрөттөрүнүн фильмде пайдаланылышы анын поэтикалык көркөмдүк маанайын көтөрөт жана кинематографиялык палитрасын байытып турат. Режиссёр М. Убукеев бул фильмде алп манасчынын ажайып образын жарата алган.

К. Ашымов

УЛУУ-ӨЗӨК — топоним. Көкөтөйдүн ашындагы байгени зордуктап алып кетип бараткан жолдо Коңурбайды Жолой коноктомок болгон жер (Сагымбай Орозбаков, 3. 292).

«УЛУУ ПАТРИОТ УКМУШТУУ «МАНАС»» — Калим Рахматуллиндин жазган эмгеги (Фр., 1942). Эмгекте кыргыз элинин улуу эпосу «Манас» жана анын

www.bizdin.kg
боштондук үчүн жоого аттанган азамат чоролорунун айбаты, салтанаты сүрөттөлөт. Байыркы кытайдын жана арабдардын тарыхчылары кыргыз эли боштондукту сүйгөн, жоодон коркууну өлүм менен бирдей көргөн, каарман, баатыр эл деп белгилешкен. Байыркы кыргыздардын мыйзамы боюнча жоодон корккон аскердин башы алынган. Дүйнөнү титиреткен моңголдорго бой бербегендиги үчүн кыргыздарды «Могулстандын жапайы арстандары» деп аташкан. Ал эми Түрк кагандыгы «Биздин эң күчтүү душманыбыз кыргыздар эле» деп моюнга алган. Автор Кыргыздардын ушул өткөн тарыхын «Манас» эпосу менен байланыштырат. «Манас» эпосунун негизги мазмуну кыргыз элинин өткөн доордогу боштондук үчүн күрөшүн сүрөттөйт. Эзилип, чаалыгып, бытырап кеткен кыргыз элинин баш кошкондугун жана өзүнө кол салган душмандарга каршы күрөшкөндүгүн айтат. Автор ««Манас» эпосу элдин чыгармасы, болгондо да өз ата мекенин жана боштондукту сүйгөн элдин патриоттук чыгармасы. Демек, ал чыгарманын башкы баатыры Манас да кыргыз элинин улуу патриоту болот», — деп жыйынтык чыгарат. Китептин айдан аркы уландысында автор идеал образ катары Манастын портретинин берилишине токтолот. Эпостун өзүнөн үзүндүлөр келтирет.

Ж. Сагынов

УЛУУ-ТОО — топоним. Эпосто Кошой жайлаган жер катары эскерилет. Географиялык реалияда Араван, Төө-Моюн, Караван түздүктөрүн бөлүп, Алай кыркаларынын түркүмүнө кирген тоо. Кыргызстандын тоолору жалпысынан «Улуу-Тоо» деп да аталат.

УЛУУ-ЧАТ — топоним. Шыгай жайлаган жер. Карыя Шыгай бир топ колу менен Көкөтөйдүн ашына келип түшөт (Сагымбай Орозбаков, 3. 54). Географиялык реалияда Кызыл-Суу (Шинжаң) өрөөнүндөгү жер.

УЛУУ-ЧЫНАР — топоним. Радлов жазып алган вариант боюнча Көзкаман окуясында Камандын балдары көчүп келген жердин аты катары айтылат:

Жаңыдан келген тууганын
Өрүлүгүн берем деп,
Манас жүрдү жадырап,
Улуу-Чынар башынан
Казыл-Токой аягы
Көзкамандын балдары,
Алып келип түшүрдү (Радлов жазып алган вариант, 237).

«УЛУУ ЭПОС» — кыска метраждуу илимий-популярдуу, түстүү документ фильм. 1962-ж. «Кыргызфильм» киностудиясы чыгарган. Бир бөлүктөн турат. Фильмдин сценарийинин автору М. Байжиев, кинорежиссёру Л. Турусбекова, кинооператору К. Кыдыралиев, үн оператору Т. Океев, композитору Т. Эрматов, художник коюучу С. Ишенов. Фильмдин негизги максаты «Манас» эпосун кеңири журтка пропагандалоо. «У. э.» фильминде кино өнөрүнүн көркөм каражаттары чыгармачылык менен пайдаланылган.

УМАЙ ЭНЕ — балдардын төрөлүшүн жана алардын төрөлгөндөн кийинки убактарындагы ден соолугун сактаган мифтик эне. У. э. Манас төрөлгөндө жардам берет:

Умай эне — бериште
Урду келип баланы.
Урганына чыдабай
Ужутту көздөй барганы
«Ак амири, чык — деди,
Айтканымды ук» — деди,
Анда бала муну айтат:

www.bizdin.kg

«Ыгы менен айда — деп, —
Ырызгым менин кайда?» — деп.
Уруп кирди Умайың,
Ур деген улук кудайым.
(«Манас», М., 1984, 1. 45—46).

У. э. Борбор Азияда жаралган, Азыркы Түштүк Сибирдеги Саян-Алтайдагы түрк жана моңгол тилинде сүйлөгөн элдердин диний түшүнүктөрүндө бүгүнкү күнгө чейин сакталып түндүктө якуттарга (сахаларга) чейин белгилүү. Орто Азияда У. э. кыргыздар менен өзбектердин диндик түшүнүктөрүндө мусулман динининн элементтери менен аралашып кеткен. У. э. 7 — 13-кылымдарда түрк рунн жазуу эстеликтеринде теңир, жер-суу менен катарлаш кудай катары аталган. У. э. байыркы түрк тарыхында зор роль ойногон. Байыркы түрк тилинде Умай деп курсактагы бала жаткан жайды, жатынды айтышчу. Тибет тилинде «ума» деп энени айтышат. Моңгол тилинде Умай жатынды билгизет. Кыскасын айтканда У. э. бул элдерде жаш балдарды коргоочу ыйык эне.

Кыргыздарда У. э. да байыркыдан бери келе жаткан түшүнүк экенин, алардын оймо-чийме өнөрүндөгү «Умай» аттуу кештенин бизге келип жеткени. Мына ушундан улам байыркы түрктөр менен азыркы кыргыз эпосунун тыгыз байланышта болгонун да билүүгө болот. У. э-нин образы «Манас» эпосуна кыргыздардын исламга чейинки Борбор Азияда турган мезгилиндеги диний түшүнүктөрдүн негизинде кирген. Анткени У. э. жөнүндөгү маалымат жалаң гана «Маната» эмес, фольклордун башка жанрларында жана эл оозунда сакталып келген.

И. Молдобаев

УМСУНАЙ — эпизоддук кейипкер. Валиханов жазып алган эпизоддо Аккуланын байгесин алып кеткен калмактардын артынан бармак болуп Манас Көкчөнүн аскерин, тулпарын сурайт. Көкчө бере албайм, кааласаң Агеркечти, У. сулууну, Үмөтайды алып кет дейт (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979 № 7, 93-б.).

УРАТОРУ — Жанаалынын тулпары. Валиханов жазып алган эпизод боюнча: «Уратору күлүгү Албан күлүк мал эле» (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 77-б.), — деп айтылат.

УРКАСЫМ Бегаалы уулу (1924, Ысык-Көлдүн чыгышындагы Түргөндүн Ак-Булуң айылы —1990, ошол эле жер) — манасчы. У. эс тарткандан шыктуу келип, ыр чыгара коюп жүрөт. Ошондой эле оозеки чыгармаларда эпостук арымдагы көлөмдүү чыгармаларга дит коюп, көңүл буруп, бара-бара «Манас» айтууга ынтызар боло баштайт. Буга чейин манасчынын укум-тукумунда «Манас» айткан же жамактатып ыр ырдаган ырчылар болгон эмес. Бегаалы бир жактан келатып ат үстүндө үргүлөп суунун кечмелигинен өткөндө атынан чакырган үндү угат. Көзү умачтай ачылып, артын караса ак сакалчан адам токтой туруусун өтүнөт. Кызуу неме чочуп кетип, ал чакырыкка токтомок турсун коркконунан атын камчыланып, качып жөнөйт да үйүнө келип эс-учунан танып жыгылат. Ошол күндөн баштап Бегаалыны баягы ак сакалчан адам «Манас» айтасың деп кыйнай берет. Бегаалы буга көнбөй коёт. Кийин ооруга чалдыгып көз жумат. Атасы ушундай сыйкырдуу окуяга жолуккан маалда У-дын бешиктеги кези экен. У. ушул сыйкырдуу күч кийин атасынан өзүнө оогон деп эсептейт. Негизги кесиби жыгач уста. Ал айылдагы зоок-кечелерге катышып, комуз чертип, ыр ырдап өз өнөрүн көрсөтүп жүрөт. Бир жолу талаада иштеп жүргөн учурунда эс-учун билбей жыгылып калат. Ошондо ал калың жылкынын дүбүртүн угуп, сыртка чыкса Бакай кырк жигит менен турган болот. Ал Чоң казатка аттанып баратканын эскертип, алар жеткенден кийин Манастын баатырлык жортуулун айтасың деп тапшырып,

www.bizdin.kg
У-ды бир топ жерге чейин ээрчитип барат да калтырып кетишет. Чочуп ойгонуп кетсе түшү экен. Ошондон баштап күңгүрөнүп «Манас» айтууга өтөт.
«Манасты» улантып айтуу максатында Манастын белгиси болгон анын ташына барып зыярат кылууну, Каркырадагы Көкөтөйдүн ашы өткөн жерди көрүүнү эңсейт. Эңсеген жерлерин көргөндөн кийин басса-турса «Манас» айткысы келип өзүнчө ичинен күбүрөп айтып жүрөт. «Манас» үчилтигинин үч бөлүмүн тең бирдей биле турганын эскерткен. Ал «Манас» үчилтигинен: Манастын балалык чагы, «Кыргыздардын Алтайдан көчүшү жана Манастын кан көтөрүлүшү, Көкөтөй кандын ашы, Алмамбет менен Чубактын жол талашы, Тал-Чокунун көрүнүшү, Алмамбет менен Сыргактын чалгынга барышы жана жылкы тийүү, Тайторуну чабышы сыяктуу белгилүү салттык эпизоддорду айтары жөнүндө эскерет.
Манасчынын өзүндө жазылган «Алмамбет менен Сыргактын чалгынга барышы жана жылкы тийүү» деген эпизоддон чакан үзүндү бар. Анын мазмуну мындай: Коңурбайды тосоттоп кыргыздын колу Каспан-Тоонун оюна келип түшөт. Коңурбайдан кабар алууга жана жолду чалууга Манас Алмамбет менен Сыргакты чалгынга жөнөтөт. Алмамбет менен Сыргак күүгүм талаш Кашкардын Кара-Суусуна жетип келишет. Кирип турган сууну көргөн Сыргак бул суудан кантип кечерин сурап, Алмамбетке кайрылат. Алмамбет Сыргактын баатырлыгын сыноо максатында ал чыныгы баатыр болсо, анан каканчылуу Бээжинге кайра тартпай кирейин. Жок, суудан кайра тартса баландын эси жок экен деп ушул жерден кайтарып жиберейин дейт да, өзү суудан кечип кетет. Муну көргөн Сыргак чындап эле Алмамбеттен сестенип жадыгөй, амалдуу неме эле кечпей койсом башымды кесип салат ко деп, ойлонот да суудан кечүү издебестен Көктелки менен Кара-Суудан өтүп, Алмамбетке келет. Ошондо Алмамбет Сыргакка кайрылып:

Аяр кылып тура тур,
Айтканымды уга тур.
Баатырдыгыңды билдим го,
Байкап сөзгө илдим го, — деп анын чексиз шердигине баа берет.

Суудан чыккан соң Алмамбет эми Бээжинге бара турган жөн-жайды айтып, Карткүрөңгө жүктөгөн суп куржунду алып келгин деп жумшайт. Куржундан Каныкейдин даярдап койгон кийитин алып чыгып экөө кийет да калмакка окшошуп калышат. Сыргакты кириштин каны Жаргол болосуң, кулагың укпаган керең адамсың дейт. Аңгыча болбой Карагул келет. Ал экөөнү жанына жолотпой качып турат. Алмамбет Коңурбай абама тартуу алып келебиз, кайрылып, кетип баратканда ала кетейин дейт да, Карткүрөңдү жылкыга агытып жиберет. Карагул Алмамбетти таанып калат да качып жөнөйт. Алмамбет менен Сыргак жылкыларды айдап суудан өткөрүп салат. Карагулга жибербей койдуң деп Алмамбетке Сыргак тарыныч кылып, артынан издеп барамын дейт. Ошондо Алмамбет ой кылып, Сыргакты таштап жер уусун билген неме өзү жөнөйт. Карагул болсо Коңурбайга жетип болгон окуяны айтканда, алар кол курап куугундап чыгат. Астын тосоттоп калган Алмамбет Коңурбай тушташ келгенде качырып сала берет. Экөө кубалашып, Сарала чарчап чаалыгат. Аны көргөн Коңурбай артынан ээрчитип олтурат. Муну көргөн Сыргак артынан жете келип Коңурбайды жыга сайып анан Алмамбетке келип, ал эс-учун жыйгыча, Алгара Коңурбайга жонун тосуп, мингизет да, ала качып кетет. Ал жерден Алмамбет менен Сыргак жылкыны айдап оорукта жаткан Манасты көздөй жөнөп калышат.

К. Кырбашев

УРКАШ Мамбеталы уулу (1935, Түп району, Талды-Суу айылы) — манасчы. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти (1991).

www.bizdin.kg
У. бала кезинен эле ырга шыктуу, эл шайырларынын аткарган чыгармаларына куштарланып, адабий көркөм чыгармаларды, өзгөчө «Манас» үчилтигин кызыгып окуган.



Манас баатырдын жоокердик жүрүштөрү жөнүндөгү баяндамаларды жаттап алып Саякбай Карала уулун туурап айтып жүргөн. Өзүнөн мурдакы манасчылардан таалим алып, түшүндө да аян берген күндөрү болгон. Айылдыктарга бала манасчы аталып Сагымбай Орозбак уулунун вариантынан «Манас менен Аккуланын сымбаты», Саякбай Карала уулунун «Семетейдин чоң атасы Жакыпка жолукканы» эпизодунан жаттап алып айтып жүргөн. Манасчы болсом деп жүрүп, Саякбай Карала уулу менен жолугушуп таанышат. Биринчи эле кезиккенде Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы Манас баатырдын сымбатын төп келтире бардык аракетин үрөп, жандили менен берилип айтат. Саякбай кунт коюп угуп олтуруп Сагымбайдын чоң акындыгына жана улуу манасчылык чеберчилигине «Манаска» кошкон баа жеткис салымына ыраазычылыгын билдирип: «Бали, балам, Сагымбай атаңдын арбагын жылоолосоң манасчы болот экенсиң», — деп ак жол, чыгармачылык ийгилик тилеп батасын берет.

1950-ж. Фрунзеге келип М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайында окуган, ал азыркы күнгө чейин Т. Сатылганов атындагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү кыргыз мамлекеттик филармониясында эмгектенет. У-тын манасчылыкты кесип кылып алууга жана ага жан дүйнөсү менен кирүүгө алгачкы таалимчиси Саякбай Карала уулу жана Сагымбай Орозбак уулунун вариантынын таасири болсо, кийин Ыбырайым Абдыракман уулунун түздөн-түз таасири чоң. Андан «Манастын» сюжет курулушу, «Манас» варианттарында салт катарында айтылып келе жаткан туруктуу өзөк окуялары менен таанышат. Ошондой эле ал Ыбырайымдан айтуучулуктун да чеберлигин үйрөнөт. Ыбырайымдын көзөмөлдөөсү астында «Кырк чоронун жабдылышы», «Колдун жолдо жүрүшү», «Тал-Чокунун көрүнүшү» сыяктуу эпизоддорду өз интерпретациясында иштеп чыгат. Бул иштелип чыккан эпизоддор «Манас» боюнча адис делген адамдардын жана изилдөөчүлөрдүн кароосунан өтөт. Өзгөчө Кыргыз ССРинин эл акыны К. Маликов өзүнүн жогору баасын берип, Кыргыз Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусуна жолдомо жазып, У-тын «Манас» боюнча вариантынын кол жазмасын өткөрүүгө жардам көрсөтөт.

У. Манас баатырдын туулганынан тартып, Манаска күмбөз тургузганга чейинки эпизоддорду толугу менен, көбүнчө баатырлардын кармаштары кеңири баяндалган «Чоң чабуулдан» үзүндүнү жана «Каныкейдин Тайторуну чапканы» жана башкалар окуяларды айтат. Айтылып жаткан окуя угуучуларга кандай таасир калтырарын жана кандай кабыл алып жаткандыгын байкаган манасчы ошого карата окуянын жүрүшүн улам курчутуп, элди кызуу кагылышка аралаштырып, ошол кандуу кагылыш майданына алып кирет. Мына ушундай көркөм ыкманын бардык түрү У-тын чыгармачылык өнөрканасында кайнап, элге тартууланып келүүдө. У-тын варианты жалпысынан алганда көлдүк

www.bizdin.kg
манасчыларга жакын. Жакып калмак элинен конуш алып, аштык айдап бай болуп кетет. Жашы келип калса да бала көрбөйт. Буга арман кылып, күндөрдүн биринде мазарга барып сыйынып, ага жөлөнүп олтуруп:

Чырпык талга жаткырып,
Чымчыкка бала бергенде,
Чыркылдатып бактырып.
Бото берсең канетет, теңир,
Боздогон мендей пендеңе,
Ок жеген белден жыландай
Отурган жерден тура албай
Көкүрөк күйүп дем тартып,
Көз илинип жер тартып.
Жакыпты көрсөң нетиптир,
Таламандын тал түштө
Талыкшып уктап кетиптир.

Демек, У-тын айтуусундагы Жакыптын түшүн башка варианттарга салыштырганда Жакып үйдө эмес, сыйынуу үчүн барган мазардын түбүнө уктап, кереметтүү түш көрөт. Түшү оңунан чыгып, тилегин берип, жакшылык жышааны келет. Муну манасчы мындайча баяндайт:

Тиктегени келиптир,
Тилегин кудай бериптир.
Кырк атан нарга бергисиз,
Кызыгын түштүн көрүптүр.
Өргөөсү кардай көрүнүп,
Өрүгү гүлдөп төгүлүп.
Ак боз үй кардай көрүнүп,
Алмасы гүлдөп төгүлүп.
Он миң уста кошулуп,
Коргонун көрүп түзөтүп.
Сакчы ордуна кырк жолборс,
Дарбазасын күзөтүп.

Жакыптын көргөн түшүн баяндоодо алдын ала эле Манастын образына ылайыктуу анын келечегин көрсөткөн баатырдык жышаанды сүрөттөө менен баштайт. Болочокто баатыр туула турган баланын элесин тартууда жалпы «Манас» эпосунун салтында айтылып келген туруктуу эпикалык мотивдерден четтеп кетпестен, аны толугу менен пайдаланып, дагы тереңдетип, баатырдык пафос менен өз алдынча талкуулайт:

Көз тунарып байланат,
Карап турсаң асманды
Кара бүркүт айланат.
Качырганын тырмакка,
Канжыгадай байланат.
Текөөрү болот көрүнөт,
Тээп өтсө кырааның
Тегирмендей кара таш,
Тегеренип бөлүнөт.
Серпкени кыйрап сөгүлөт,
Канатынын күүсүнөн
Көл чайпалып төгүлөт.

Ал эми Сагымбай Орозбаковдун вариантында Жакып акшумкар, Чыйырды ажыдаар, Бакдөөлөт туйгун менен эки кушту түшүндө көргөнү айтылат. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Жакып бала барчын бүркүттү кармагандыгы

www.bizdin.kg
баяндалат. Демек, бардык эле манасчыларда Жакыптын түш көрүүсүн жана Манастын баатыр чыга тургандыгын мотивдештирүүсү бирдей эле даражада алгыр кушка келип такалат да ошол аркылуу ар бири өз алдынча түшүндүрүүгө алышат. Алгыр куштун кыраандыгын мүнөздөп берүү менен манасчылар келечекте мекенди, элди коргоочу баатырдын эпикалык дүйнөсүнө келе тургандыгын баамдап, ага баатырдык сапат берип, баатырдан кабардар болуп жатышат. Ошентип бул мотив У-тын вариантынын өзүнчөлүк мааниге ээ экендигин айгинелеп турат.

К. Кырбашев

УРКУН, к. *Оркун.*

УРМАТ — эпизоддук кейипкер, Катаган уруусунан. Манаска ат койгон дубана алган тонунун бирин У. байга берет (Сагымбай Орозбаков, 1. 106).

УРУМ (арабча Рум) — алыскы мамлекеттердин бири. Адепки маанисинде Византия мамлекетинин (395—1453-ж.) аты, кийинчерээк географиялык чөлкөм катары Кичи Азияны гана белгилеп калган. Византиянын негизги калкы (мамлекеттик тили — грек тили) өзүлөрүн «ромей» атаган. У. грек, түрк жана башкалар Кичи Азиядагы калктардын жалпысынан туюндурган этноним болуп да эсептелет. Орто кылымда караханийлердин көрүнүктүү аалымы Махмуд Кашгари өзүнүн «Түркий тилдер сөздүгүндө» (1072 — 77) түрк элдери Румдан Мачинге (Кытайга) чейин кеңири аймакта таркалганын эскерет. «Манас» эпосунда У. учкай гана учурайт. Алмамбет Көкчөдөн чыгып Манаска келген түнү Манас түш көрүп, түшүн жорутуп жатып: «Түшүмдү бузук жоруса Уулу кетет Урумга, Кызы кетет Кырымга» Радлов жазып алган вариант, 42.), — деп айтат. Багыш Сазан уулунун варианты боюнча У-дун каны болуп Тазбаймат көрсөтүлсө, Мамбет Чокмор уулунун айтуусунда Манастын чоң атасынын энеси Ханбүбү — Урум кандын кызы делет («Манас» кн. 1., М., 1984, с. 478, 484). Саякбай Каралаевдин вариантында «Урумда болбойт мындай иш» (Саякбай Каралаев, 1. 236) — укум-тукумдун салтында жок окуя деп «укум-тукумга өтүүчү», «канга сиңген жөрөлгө» катары берилет.

Т. Чороев

УРУМКАН — эпизоддук кейипкер. Көкбөрүнүн атасы экендиги гана айтылат (Саякбай Каралаев, 2. 15, 26, 235, 245, 253 — 254). Радлов жазып алган вариантта У. аттуу каарман калмак каны делет (Радлов жазып алган вариант, 386, 417, 433).

УУЛАНДЫРУУ — баатырдык эпостордогу салттык туруктуу мотив. Эпикалык башкы каарманды тышкы же ички душмандары (туугандары, жолдоштору, кээде аялы, карындашы) чыккынчылык кылып, алдап ууландырып өлтүргөн фактылар көп учурайт. Убактылуу мерт болгон эпикалык баатыр өзүнүн магиялык колдоочуларынын (ат, шумкар, тайган же аялы жана башкалар) жардамы аркылуу кайра тирилип, карасанаган душмандарынан өч алышы «Манас» эпосунда да туруктуу сакталып, өзүнчө эпостук окуя катары өнүктүрүлгөн. Эпостогу «Көзкамандар окуясы» эпизодунун негизги мотиви — башкы каарманды кара санатайлык менен У. жана анын ар кандай магиялык аракеттер менен сакайышы. «Көзкамандар окуясы» эпизодун анын 16-кылымдагы версиясы менен айрым тиешелүү белгилерин салыштыруу аркылуу эпикалык окуя кандай мүнөздө өзгөрө тургандыгын ачык түшүнүүгө болот. Мисалы, башкы каармандын ууланышы туруктуу сакталган. Ал эми ууландырган кейипкердин ысымдары (Тубай-Көзкамандар) да, У. жагдайы да өзгөчөлүккө ээ. Көзкамандар Манасты үйүнө конокко чакырып уу кошулган ичимдик берет. Тубай Манаска даярдалып келген тамакка уу кошуп коёт. Коңурбай Бээжиндин Кары канына качып барат. Кары кан Манасты союп келгенге «Алтын таажы кийгизем, Алтын такка мингизем» деп жар чакырат. Ошондо түбү Манаска туугандык жайы бар Көкчөкөз менен Көзкаман баш болгон бешөө Манастын башын кесип келүүгө убадалашып

www.bizdin.kg
жонөшөт. Алар Манаска келишип, «тууган деп тентип келдик» деп туруп калышат. Манас аларды тең тууган катары кабыл алып, Таласка көчүрүп келип айыл кондурат. Казына оозун ачтырып, каалагандарын берет. Акыры Көзкамандар Манасты алдап жалгыз конокко чакырып:

Кылт этсе өлүп кетүүчү,
Жыттаса ажал жетүүчү,
Кырк жылкы уудан коштуруп,
Ачыткысын келтирген,
Кас кылганды өлтүргөн,
Көөкөргө куюп таптаган,
Ала көөдөн кабылан
Кан Манаска сактаган (Саякбай Каралаев, «Семетей»,

1. 196), — арак беришет. «Манас кан тартып жиберип, Ичкенде көк жал бүк түшүп, Төбөсү менен тик түшөт» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 196). Көзкамандар Манас көзүн жумса тегеректеп келип, көзүн ачса жабыла качып, сүрүнөн батынып башын кесе албай алек болуп турушат. Манас уунун күчүнө ала деңги мас болуп аялдарын жана чоролорун бирден санап эсептегенде Акаярдын да атын айтканда ал Манасты жаш баладай көтөрүп, өлөр-өлбөс жан менен ала качып, көзү тарткан белги боюнча билип келип калган Каныкейге табыштайт. Каныкей Манасты Кайыпчынын зоосундагы үңкүргө багып, Желмаянды мингизип куюн көтөн Энтерини жиберип Багдаттан жашыл кара дары алдырып, дарылап, ууланган Манасты 60 күн дегенде адам катарына кошот. «Көзкамандар окуясынын» колдо болгон варианттарында 16-кылымдагы версиясында катышкан каармандардан Манастан башкасы бүтүндөй алмашылган. Мисалы, Манасты У. үчүн жиберилген Тообай (Тубай), Манаска тамак даярдап берген Жакыптын бир тууганы Карнас (Карунас), ууланган Манасты дарылап айыктырган Сейид-ад-Дин кийинки варианттарда жок. Ал эми Манасты У-ну уюштурган Жолой кийинки варианттарда эч кандай роль аткарбайт, окуяга да катышпайт. Жогорудагы факты боюнча 16-кдагы версиядагы Манастан башка каармандар кийинки варианттарда төмөнкүчө алмаштырылган: Жолой — Эсенкан (Кары кан), Тообай (Тубай) — Көзкамандар, Сайид-Желалад-Дин — Каныкей жана башкалар Демек, 16-кылымда жазылган версиядагы Манастын карасанатайлык менен ууландырылышы жөнүндөгү мотив менен башкы каармандын ысымы гана туруктуу сакталып, эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки баскычтарында бул эпикалык окуя маанилүү өзгөргөндүгүн айкын далилдеп турат. Эпостун сюжеттик курамындагы башкы каарманды У. жөнүндөгү мотив мурунтан эле салт катарында сакталып келе жаткандыгын айгинелейт. Семетей чоңоюп Таласка келгенде Жакып аны ууландырып өлтүрүүнүн аракетин кылат. Аны Бакай алдын ала билип:

Чоң атаң, ал чочконун үйүндө
Күпчөккө салган бозо бар,
Ичинде күйдүргөн уусу кошо бар.
Чапчакка салган бозо бар,
Чачама уусу кошо бар (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 240), — деп Семетейге берген тамагын ичпе дейт. Чынында эле Бакай чыгары менен Жакып Бакдөөлөткө: «Өрт өчкөндөй кылалык, Семетейге уу чыла» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 214), — дейт. Анда Бакдөөлөт:

Тулпардан калган туякка
Кантип уу бересиң
Туу казанат чунакка?!
Минтсең, какбаш, оңбойсуң.

www.bizdin.kg

Өз балаңды өлтүрсөң
Эгерде эки болбойсуң (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 245), — деп наалыйт. Жакып аны токмоктоп, аракка уу чылатат. Бакай сырттан тыңшап бул жагдайды угат да Семетейге кабарлайт. Семетей келгенде Жакып кубанган өңдөнүп, ага «уу чыланган ачуу ашты» сунгузат. Аны Семетей атакелеп «атадан мурун аш ичкен, Абийирдин баарын кошо ичкен бала оңорбу» — деп, кайра кан Жакыпка сунат. Манас өлгөндө каргыш кылып койдум эле деп Жакып ичпейт. Атам ичпеген ашты мен ичмек белем деп Семетей босогого серпет. Босогодо жаткан «көнөчөк баштуу көк даңгыт» жыттары менен мүрт кетет. Аны көргөн Семетей уу чылаган аягын Жакыптын башына көмкөрүп салат. Уунун зардабынан Жакыптын чачы, сакал-муруту күйүп, эси оойт. Мындай тууган арасындагы карама-каршылык патриархалдык-феодалдык мамилелердин белгилүү деңгээлде өнүккөн учурундагы кырдаалга байланышкан тарыхый чындыкты туюндуруп жатат.

«Алмамбет тыргооттун каны Канышайды өлтүргөнү» деген окуяда Алмамбет Канышайдын суу алганы келген Эшек кулак балбанын өлтүрүп, анын кийимин кийип ордосуна кирет. Бийлемиш болуп жүрүп:

Камдай барган ууларды
Бийлемиш болуп билгизбей,
Көп кытайга көргөзбөй,
Көнөк менен көөкөргө
Куюп жүрөт Алмамбет (Саякбай Каралаев, 2. 134).

Уулангандар эпосто төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Ичкен жерде бук түшүп,
Төбөсү менен тик түшүп,
Өлүп жаткан мындан көп.
Оозунан көбүк чубуруп,
Баса албастан тыбырап,
Араң жаны кыбырап,
Сулап жаткан андан көп.
Кусуктары басылбай
Кулап жаткан андан көп (Саякбай Каралаев, 2. 134).

Демек, белгилүү бир мотивдин көркөм формасы коомдун өсүү баскычтарына, элдин тарыхый тагдырына туура келген конкреттүү кырдаалдарга карата шартталган формада түзүлүп, эпикалык окуянын жагдайы, анын берилүү ыкмалары, эпикалык мотивдеринин системасы да алмашылып турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Ы. Кадыров

УУЛЖАН — элдик медицинада колдонулган дарынын бири. «Манас» эпосунда:

Кустурма берип кустуруп,
Күйүккөн экен ошо деп,
Уулжан берип ичинен
Эски дартын буздуруп,
Жазылып жаткан андан көп (Кол жазмалар фондусу, 572инв., 516-б.) — деп, сүрөттөлөт. У. же улжан дары чөп катары кыргыз элдик медицинасында кеңири колдонулуп келген. Ошол элдик медицинадагы У. жөнүндөгү маалымат көркөм формада эпостон орун алган.

УЧКУЛ СӨЗДӨР «Манас» эпосунда — эпостун монументтүүлүгүн, көркөмдүк-эстетикалык баалуулугун, идеялык тереңдигин арттырып турган көркөм каражаттардын бири. У. с. көркөм сөз каражаты катары эпостун Сагымбай Орозбаковдун варианты, Саякбай Каралаевдин вариантында өзгөчө жыш орун алган. Эпикалык чыгарманын системасында У. с. түрдүү формалар, туюнтмалар

www.bizdin.kg
аркылуу чагылдырылат: макал, ылакап, санат-насыят, кыска жана таамай сөз айкашы же сүйлөм түрүндө. У. с. барыдан мурда эпикалык каармандардын образын, мүнөзүн, жеке өзгөчөлүктөрүн таамай аныктап, элестүү баяндоого, туюнтууга белгилүү милдетти аткарган. Эпостогу У. с. өзүнүн идеялык-тематикалык багыты боюнча ар кыл жана образдык туюнтмалары да өз алдынчалуу. Мындай өзгөчөлүк айрыкча Сагымбай Орозбаковдун вариантына мүнөздүү. Мисалы, «дүйнө ээси бала экен, артында бала жок болсо, дүнүйөсү курусун, бузулуп калган калаа экен», «мөмөсүз жыгач отундур, туубай турган болгон соң, тумшугу жок катындыр» деген Жакып менен Чыйырдынын монологдорундагы ыр саптары баланын жана эненин адам турмушундагы ордун, бактысын, табиятын, мүнөзүн айкын туюндурган У. с. катары кабыл алууга болот. Ал эми Акбалтанын «жүгүргөн киши алабы, жүгүрбөгөн куру калабы? Булут минип учса да, буюрбаса калбайбы, буюрган киши албайбы, чапкандар куру калбайбы», «Тууганына сүйүнбөй, турарын тиле кудайдан», «Бала болсо шок болсун, шок болбосо жок болсун» өңдүү таамай туюнтмалар ошол каармандын мүнөзүндөгү даанышмандыкты, адамдык бийик сапатты таасын көрсөткөн.

Эпикалык башкы каарман Манастын монолог жана диалогдорунда кездешкен У. с. элдик идеалга шайкеш келип, кеңири планда колдонулат. «Дүнүйөм чачылат, тукумум кырылат» деп чочулаган атасы Жакыпка «кудай салган ажалдан, кутулган жүргөн экенсиң, куу дүйнөнүн түбүнө, куусаң кантип жетесиң» — деп, адам өмүрү бул жарыкчылыктан өтөрү мыйзам ченемдүү экендигин, көр оокаттын түбүнө эч ким жетпестигин, материалдык дөөлөт опа болбой турганын туюндурат. «Түбүндө бадыраң темир курч болбойт, ушу башка өскөн арам журт болбойт, курама темир курч болбойт, ушундай кутурган иттер журт болбойт». У. с-ундө Абыке, Көбөштөрдүн арамдыгы, мүнөз өзгөчөлүктөрү элестүү жана туура сыпатталып, образдарын бир топ таасын ачып берген. Эпосто башкы каармандардын У. с-ү кеңири жана активдүү пайдаланылат. У. с-дө түрдүү курч салыштыруулар, ассоциациялар, образдык таасын туюнтмалар, ритмдик жана рифмалык жактан ырааттуулук, композициялык бекемдик, сөздөрдүн туруктуу айкаштары негизги элементтер катары жашагандыгын көрүүгө болот. Мисалы, Алмамбет тарынып кетип баратканда Акеркечтин ага кайрылуусунда адам тиричилигинде, туугандар ортосунда ыйкы-тыйкылыктар боло бererлиги, бирок түпкүлүгүндө бири бирине күйөрлүгү жөнүндө турмуштук нуска айтылса, ал эми экинчисинде бул жарыкчылыктын артыкчылыгын, кыялый ишенимдердин жараксыздыгын ачык жана элестүү баяндайт:

Аталуу-бала урушат,
Агалуу-ини жулушат,
Анткен менен кетеби,
Айланышып турушат.
Энчиге малын бөлүшөт,
Эки ага-ини өрүшөт,
Не түрлүү уруш болсо да
Эртеси өңүн көрүшөт,
Өлүп калса бир-бирин
Өкүрүп, ыйлап көмүшөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 265).

Эпостун «Манас» бөлүмүнүн поэтикасында дамамат жолукчу «өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман», «элинен азган кор экен» деген сыяктуу У. с. макалдын жанрдык формасын сактап, элдик философияны, терең мазмунду туюндурат.

«Семетей» бөлүмүндө да У. с. өтө активдүү колдонулуп, тематикасы бай. Адатта У. с. акылмандыкты, даанышмандыкты жана сөзмөрлүктү көрсөткөн Канықей,

www.bizdin.kg
Бакай, Чыйырды, Күлчоро сыяктуу каармандардын речтеринде, монологдорунда кеңири пайдаланылат. Кан Манас өлгөндөн кийин Бакай «кан өлгөндө карыга, төөсү жакын болучу», «эсиңе ал балам укканды, эл дебе жолдон чыкканды» десе, ал эми Чыйырды Каныкейге «сынбасты уста жаратпайт, өлбөстү кудай жаратпайт» — деп, кеңеш берет.

«Семетейде» тарбиялык мааниси күчтүү, философиялык жалпылоого ээ У. с. арбын:

Атадан мурда аш ичкен,
Абийирдин баарын кошо ичкен,
Ошенткен бала болобу
Ошону бала деген оңобу,
* * *
Атан өлсө тайлак бар
Кому жерде калабы?
Атасы өлсө бала бар
Орду куру калабы?
Эр сактаган эр өлбөйт,
Элди баккан жер өлбөйт.
* * *
Бешиктеги баланын
Бек болорун ким билет?
Карындагы баланын
Кан болорун ким билет? («Семетей») сыяктуу У. с-дө адам баласынын укум-тукуму үзүлбөй уланарлыгы, элдин өлбөстүгү, эрдин башкы сапаты карыларды сыйлоо, урматтоо өңдүү моралдык маселелердин көтөрүлгөндүгүн жана нускалуу формада чагылтылган. Ал эми бу дүйнөнүн оомалуу-төкмөлүүлүгү, өнөрдүн, акылдын маңызы соңку урпактардан чыга турганы, ынтымактын зарылдыгы, эл менен баатырдын байланышы, биримдиги жөнүндөгү «акыл жаштан, асыл таштан», «чатактын жайы кан чыгат, кагыштын жайы — жан чыгат», «кандай кыраан болсо да канаты менен учат го, куйругу менен конот го», «жаман тууган кагышат, жай билбестер чабышат» өңдүү У. с-дүн мазмунун түзөт. Бул сапаттар айрыкча «Сейтекке» мүнөздүү.

У. с. эпикалык чыгармадагы элдик идеалдын таасын берилишин, образдардын жугумдуулугун, поэтикалык речтин көркөмдүүлүгүн, экспрессивдүүлүгүн көтөрүү менен айтуучулардын жеке талант, өзгөчөлүктөрүн, чеберчиликтерин да аныктайт. Бул жагынан алып караганда Сагымбай Орозбаковдун вариантында жана Саякбай Каралаевдин вариантында У. с-дүн кеңири жана ар түрдүү берилиши, молдугу таланттуу манасчылардын акындык өнөрүнүн кереметин айгинелейт.

К. Байжигитов

УШАГАР — топоним. Мыйзам учкан күз маалында Манас жолдоштору менен ууга чыга турган жер катары айтылат:

Баш жагы Коңко тоосуна,
Ушагар улуу суусуна,
Чыкмак болду калайык
Чаркастандын уусуна (Сагымбай Орозбаков, 1. 232).

УШАҢ — кейипкер. Калмак баатыры. Көкөтөй керээзинде «Мен өлсөм Ушаңга кабар бербесин», — деп эскерет (Сагымбай Орозбаков, 3. 21). Бирок, Бокмурун Көкөтөйдүн ашына калмак дөөлөрү У. менен Жолойду да чакыртат. У. эки миң кол менен ашка келип түшөт (Сагымбай Орозбаков, 3. 95 — 96, 105). Ашта Мааникерди күч менен зордуктап алам деген Коңурбай өзү тартуу берүүгө

www.bizdin.kg
аргасыз болот. Ошондо У. баш болгон калмак баатырлары Алгаранын иниси, Кылкараны тартуу кылып Манастын ачуусун басат (Сагымбай Орозбаков, 3. 143). Аштагы ат чабышта, У. баш болгон калмактардын бир тобу «Ашына азап кылалык, Айтууга мазак кылалык» дешип, чыккан күлүктөрдүн астын кытайлар менен бирдикте тосмок болуп кеңешишет. У-дын айтканына болбой Жолой дөө: «менин тууганым кытай, Коңурбай эмне десе, ошону кылам» деп Кошой дөөдөн жыгылган кордугун эстеп намыстанат, Манас менен сайышып ыза болгон Коңурбай да У-дын сөзүн укпай коёт (Сагымбай Орозбаков, 3. 260 — 262). Ошентип, У-дын тилин албай ашта чатак чыгарышып, байгени талап алышат (Сагымбай Орозбаков, 3. 270—271). У. Чоң казат маалында кытай, калмак кандарынын катарында активдүү аракет кылат.

Алгачкы айкашта Коңурбай Алмамбет, Сыргак тийип кеткен жылкыны кайырмак болуп жөнөгөндө, У. ага абайла жылкынын ичинде жоо болбосун дейт. Коңурбай анын тилин албай жылкынын чаңына жашынып турган Алмамбеттен найза жеп кайра качканда У. аны табалайт. Ушул эле эпизоддо:

Аны таштап салыңар
Ушаң менен Бороончу
Бакырыгы баш жарып
Айгай үнү таш жарып
Кыйгыл-кычкыл үндөрү
Алмамбетке бет алып
Ат коюшуп жүргөнү,
Андай жоону көргөндө
Алмамбет баатыр сүрдөдү.
Сүрдөбөсө неткени,
Аяттын Кара-Суусуна
Алакең качып жеткени (Сагымбай Орозбаков, 4. 303), — деп У. кытай-калмактардын кыйын баатырларынын бири катары сүрөттөлөт. Дагы бир кармашта Чубакты капыстан капталынан качырып келип аттан кулата саят.

УЮК — эпизоддук кейипкер, Багыштын атасы экендиги гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3. 101).

Ү

ҮЙРҮЛМӨНҮН САЗЫ — топоним. Эпосто маанилүү маселелерди чечүү үчүн эл жыйылчу жер. Кытай-калмак кыргыздарды чапканда Алоокеден кордук көрүп кыйналган Каракандын сегиз уулу, Акбалта баш болуп, Ү. С-на жыйын курушу:

Үйрүлмөнүн сазына
Үйрүлүп жыйын салды эми.
Калк чогулган дөбөдө
Калдайып жыйын кылды эми (Саякбай Каралаев, 1. 29), — деп сүрөттөлөт. Кыргыздар Алтайдан Таласка көчүп келгенде Ү. с-на үч күн жыйын өткөрүп, Манасты кан көтөрүшөт (Саякбай Каралаев, 1. 169).

ҮЙШҮМБАЙ — эпизоддук кейипкер. Калмак байы. Манас Текес канды жеңгенден кийин, калкына кайрылып, өзүңөр кан көтөрүп алгыла дейт. Ү-ды эл кан бол десе ал макул болбойт (Сагымбай Орозбаков, 2. 46). Көкөтөйдүн ашында Жолойго балбанга түшкөн Кошой аны Ү-дын тоюнда жеңгенин эскерет (Сагымбай Орозбаков, 3. 218).

ҮКӨК — топоним. Мурда душман басып алган ата журту Ала-Тоону бошоткону Манастын башчылыгы менен Алтайдан келген кыргыз колунун бир бөлүгү чабуул койгондо, калмактар Ү-кө жашынып калууга аракет кылышат (Сагымбай

www.bizdin.kg
Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 576-инв., 540-541-б.). Географиялык реалияда Кочкор, Кара-Кужур өрөөндөрүнүн аралыгындагы жайгашкан тоо.

ҮКҮРЧҮ — топоним, көпчүлүк варианттарда калмактар мекендеген жерлердин бири катары эскерилет:

Үкүрчүнүн оюнда,
Үч-Капкактын боюнда,
Үйшүнбайдын тоюнда,
Ушу күнү оюмда,
Өлтүрбөй сени тирүү алдым
Үйүңдөн байлап бир алдым (Сагымбай Орозбаков, 3. 218), — деп Көкөтөйдүн ашында Кошой Жолойго балбанга түшүп бирин-бири алдын ала опузалашып айтышканда айтат. Акбалтадан алыста калган элинин жана Кошой баатырдын кабарын уккан Манас аны издеп чыгып Ү-нүн ою аркылуу Үч-Каркырага өтөт (Саякбай Каралаев, 1. 199). Географиялык реалияда түштүк-чыгыш Казакстандагы Текес дарыясынын оң куймасы, өрөөн, тоолу аймак. Илгери кыргыздар мекендеген, кийин бугу уругунун эли жайлап келген жер.

ҮМӨТ — кырк чоронун бири. Үйшүн уруусунан. Манас менен бирге согуштарга, ошондой эле кеп-кеңешке катышат. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда кошо жүрөт, Көкөтөйдү коюуга жана ашындагы жамбы атууга катышат (Сагымбай Орозбаков, 2. 129, 149, 394, 419; Сагымбай Орозбаков, 3. 48, 175).

ҮМӨТ — эпизоддук кейипкер. Кичи жүз уруусунун мыктысы. Алмамбет менен Көкчөнүн ортосуна чагым салгандардын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 243).

ҮМӨТӨЙ — каарман. Көкчөнүн баласы, казактардын каны. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Ү. менен Семетей бир тууган бөлө болушат. Ала көөдөндүк кылып Ү. энеси Акеркечтин тилин албастан атамдын (Чоң казатта окко учкан Көкчөнү Манас Бээжинге ээрчитип барып өлтүрүп жок кылган деген шылтоону айтып) кунун аламын деп Семетейге келип, чатак салат. Коңурбайдан өч алуу үчүн мени чакыртпай өзүң кетип каласың деген жалааны да жабат. Ү-гө өз эли казактар да Семетейге каршы чыкпай туугандарыңды көздө десе ага да ынабайт. Ошондой эле бул сунушту кыргыздын калайык-калкы да айтса, ага болбостон өзү катылат, акыры өз башынан ажырайт. Эпосто Ү-дүн куну үчүн Тайбуурулду баш кылып тартуу тартып, анын сөөгүн кастарлап Тайбуурулга жүктөтүп, Аколпокту жаап, дүнүйө-мүлк менен узатып жиберет.

ҮНДӨШТҮК ЗАКОНУ, сингармонизм (грекче syn бирге жана harmonia — үндөштүк, уйкаштык) — сөз тутумундагы үндүү жана үнсүз тыбыштардын фонетикалык жактан окшош айтылышы жана угулушу. Ү. з-на ылайык бир сөздөгү бардык үндүү тыбыштар бүт бойдон ичке же бүт бойдон баштан аяк жоон үндүүдөн турат. Ушуга жараша ал сөздүн тутумундагы үнсүздөр да же бүт түпчүл, же бүт таңдайчыл болуп ыңгайлаша айтылат. Ү. з. айрыкча эрин күүсү кыргыз тилинде (алтай тилин гана эске албаганда) башка түрк тилдеринин ичинен абдан айкын сакталган, башкача айтканда сөздүн биринчи муунунда эринчил үндүү болсо, ага карап кийинки муундардагы үнсүздөр да эринчил мүнөз алат да бүт бойдон эринчил аллофондо айтылат.

Ү. з. кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын поэтикасында, айрыкча уйкаштын ар түрлөрүндө, аллитерация, ассонанс, үндөштүк болуп куюлуша курулушунда чоң роль ойнойт. Элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндө, лирикада, эпикалык чыгармаларда, атүгүл прозалык жанрдын речитациялык жорго сөздөрүндө кеңири колдонулат. Ү. з. поэзияда, анын ичинде «Манас» эпосунда да бир гана сөз ичинде эле эмес жалпы ыр сабына, ыр түрмөгүнө чейин баш аяк жайылып кеткен учурлары көп. «Калмактан коркуп калтырап, Кытайдан коркуп кылтырап» (Сагымбай Орозбаков, 1. 169).

www.bizdin.kg
ҮНДҮЧАК — эпизоддук кейипкер, Дөбөт элинин каны. Эпосто Көкөтөйдүн ашына чакырылганы гана айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3. 100).
ҮПЧҮН (моңголчо лупч) — эпостук баатырлардын жоо кийими (соот). Эпостогу «Үпчүн кийген эр келгин, Кара куйрук шер келгин» (Сагымбай Орозбаков, 4. 35), — деген саптардан бул термин мурун эле эпикалык тексттерде болгондугун жана түпкү мааниси боюнча гана колдонулгандыгын туюндурат.
ҮРБҮ — каарман, белгилүү баатырлардын бири, уруу башчысы, тору (Торуайгыр) кыпчак каны. Ү. эпостун негизги варианттарынын бардыгында айтылып, кыргыз уруу кандарынын катарында дайыма аты аталат. Көпчүлүк манасчылар Ү-нү кара тилдүү, тилге жүйрүк, кара жаак өңдүү метафоралык салыштыруу менен чечендигин баса белгилешет. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Үрбүнүн атасы Таз да чечен адам болот. Ү. Манас менен чогуу жүрүп, Чүйдү баскынчы душмандардан бошоткон согуштарга катышып, Акунбешим пааша менен болгон урушта жекеге чыгып, кытайдын Мөңдү-Чебең аттуу балбанын жекеде жеңет. Кеминди бийлеп турган, Манастын колу менен болгон Согушта өлгөн Кеймен шаанын кызы Ойсалкынга үйлөнүп, «Тору кыпчак Үрбүсү» Кеминди жердеп калат (Сагымбай Орозбаков, 2. 127 —137). Саякбай Каралаевдин вариантында Эйбит кандын уулу делип, Көкөтөйдүн ашынан баштап эпостун окуяларына активдүү катышат. Чоң казатта Ажыбай экөө элчи болуп Эсенкандын алдына барышат. Жети кан Манаска каршы чыкканда Үрбүнү көкүтүп Манастын камчысы башыңа ойногону эсиңден чыктыбы деп, Көкчө баш болгон кандар кыстаганда Ү. «Баштасаңар, башымды ала качып, сактана албайм, Баштасаңар, Манастын башын кесип берем деп мактана албайм» (Сагымбай Орозбаков, 4. 11), — деп чынын айтат.
Эпосто манасчылар ар дайым анын жакшы сапаттарын көрсөтүү менен «кылымга чечен үлгүлүү, кыпчактардын Үрбүсү», «Эки Кемин жайлаган, эгиз кара ат байлаган» — деп, өзүнө гана таандык сапаттарын өзгөчө белгилеп оң баа берип сүрөттөшөт.

К. Кырбашев

ҮРБҮС — топоним. Баймырза өлгөндө Сары кан Абыке, Көбөш жердеген «Кең Үрбүстүн боюна» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 312) кабарга келет.
«ҮРГӨНЧ» — Акмат Рысменде уулунун айтуусу боюнча жарык көргөн китепче (Фр., 1941). Басмага даярдаган редактору — Ыбырайым Абдыракман уулу. Латын ариби менен басылган. Китепченин аягында айрым көөнө сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Китепчеде Айчүрөк Семетейдин Акшумкарын амал менен алып кеткенде Семетей чоролору — Канчоро, Күлчоро менен шумкарын издеп Үргөнчкө барганда анын жалпы көрүнүшүнүн поэтикалуу жана кеңири пландагы эпикалык пейзажы баяндалат. Анда Семетей Ак-Инектин белинен дүрбү салып күргүштөнүп кирип жаткан Ү. дарыянын аркы бетинен жол тосуп келген Айчүрөктү көргөнү, Тайбуурулдун сыны, Күлчоронун Үргөнчтү кечер алдындагы дарыянын күргүштөп кирип жатканынын укмуштуу элеси көркөм баяндалып сүрөттөлөт
ҮРГӨНЧ — топоним. Эпос боюнча Ооганстандын чек арасындагы чоң дарыя. «Семетей» бөлүгүнө баатырдык рух берип турган эпикалык фондордун бири. Эпостун салттуу айтылган Айчүрөккө байланышкан окуяларда ажайып кооз, сүрдүү, жаратылыштын кол тие элек асыл учуру катары сүрөттөлөт. Эпостордогу байыркы сюжеттерден болгон Семетейдин үйлөнүшүндө Ү. баатырдын баатырдыгын сындан өткөргөн көп тоскоолдуктардын бири, ал тоскоолдукту жеңип өткөн Семетейдин өзү гана эмес, анын ат-тонунун аркасы менен суудан кечип өткөн Күлчоро да баатыр. Түпкүлүгүндө Ү-төн өтүүнүн өзү баатырдын тагдырына багышталган колуктусун издеп табуунун көп коркунучтуу машакаттарынын бири. Ошон үчүн Семетейге Ү-төн өтөрдө Айчүрөктөй көөнө

www.bizdin.kg
образ гана жардамдаша алат. Анткени, ал адамдан башкача касиеттери менен жаратылыштын кубулуштарын да каалагандай тейлей алат. Ү-түн көрүнүшүнүн, анын жээгинде өткөн ар кандай окуялардын эл арасына кеңири таралышынын өзү, колдонулган көркөм каражаттар менен сүрөттөө манераларынын көп жагынан жакындыгы окуянын түпкү теги бир жерден, байыртан эле калыптанып тарагандыгын көрсөтөт. Саякбай Каралаевдин вариантында Ү-түн көрүнүшү мындайча сүрөттөлөт:

Имерилип оң агып,
Иледен канча чоң агып,
Тегеренип оң агып,
Теңизден канча чоң агып,
Тегирмендей кара таш
Тегеренип калдырттап,
Үстүндөгү көбүгү
От жаккандай жалбырттап,
Жаткан экен чоң Үргөнч
Өзүнөн өзү сүйлөнүп (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 45).

Эски Ү. шаары Аму-Дарыясынын жээгинде болгондуктан анын аты боюнча ал дарыянын жогорку башатына (Ооганга чектеш жери да) чейин ушул эле ат менен аталып калган деп Эсептөөгө болот.

А. Жайнакова

ҮРКӨР, элек жылдыз — чачыранды жайгашкан топ жылдыз. Түнкү асманда «үркүп чыккандай болуп өзгөчөлөнүп турат; башка жылдыздар тобуна караганда асмандан жайдын ортосунан келерки жайдын башталышына чейин даана көрүнөт. Жай чилдесинде бул топ жылдыз горизонттон бир аз жогору таң атарда гана көрүнөт (Аяк оонада Ү. таң менен кошо чыгат); жайдын аягында Ү. таң алдында чыгып, шүүдүрүм түшүп, жер салкындайт; күзүндө Ү. горизонттон бийиктеп (Ү. төбөгө келип калыптыр), түн бир кыйла узарат; кыш ортологондо Ү. төбөгө келет. Жаз айларында Ү. батыш тараптан көрүнөт, жайында жана күзүндө Ү. чыгыштан чыгат. Кыргыздар Ү-дүн батыш тараптагы горизонтко жакындаганынан жаздын келгенин билишкен (Үркөр жерге түшпөй жер кызыбайт). Кыргыз эли Ү. менен Айдын абалы боюнча жылдын гана эмес, айдын да кандай болорун аныкташкан. «Манас» эпосунда да айрым каармандар жакынкы арада алдыда боло турган окуялардын эмне менен бүтөрүн жылдыздарга, алардын ичинен Ү-гө карап, так айта алышкан. Мисалы, Манас баатыр Бээжинге аттанып, кытай чегине жеткенде Алмамбетке:

Кечээги күнү кечинде,
Элим түшүп эсиме,
Эшикке чыгып карасам,
Жетиген кетти желкеге,
Үркөрдү көрдүм кутпудан
Үмүтүм үздүм журтуман (Сагымбай Орозбаков, 4. 207), — деп кайрылат.

С. Карагулов

ҮРКӨРБОО (моңголчо ухер — өгүз, кытайча пао — мылтык) — замбиректин энчилүү аты. «Манас» эпосунда жоокердик курал катары айтылат. «Үркөрбоо деген замбирек, Он эки билге тарттырып» (Сагымбай Орозбаков, 2. 408), «Үркөрбоо деген замбирек Үрпөңдөштү бадирек» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 1787инв., 368-б.). Бул термин моңгол тилинен кирген. Эпос боюнча өгүзгө жүктөп алып жүрүүчү замбиректи түшүндүрөт. Контексттеги терминдин маанiси замбиректин энчилүү атын жана замбирек жөнүндөгү

www.bizdin.kg
түшүнүктү туюндуруп турат. Албетте, бул моңгол доорунан бери сакталып келаткан термин дешке болот.

ҮРКӨРБҮБҮ — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты жыйырма жетинчи келген Кайгыл тагдырына буюрган Үгө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 418, 426).

ҮРҮМЧҮ — топоним. Көпчүлүк варианттарда кыргыздар жана аларга жамаатташ элдер мекендеген жер катары айтылат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында уруу башчысы Үрбүнүн турган шаары катары баяндалат:

Кара кыргыз уругу,
Тору кыпчак улугу,
Атасынын аты Таз,
Шаары Үрүмчү, дөөлөт мас,
Манас менен ысышып
Дос болушкан ошол жаз (Сагымбай Орозбаков, 4. 11).

Географиялык реалияда Түндүк-Батыш Кытайдагы Ү. суусунун өрөөнүндөгү шаар. Синьцзян-Уйгур автоном районунун административдик борбору. 800 миң эл жашайт (1975). Шаардын аты Ү. суусунун атынан келип чыккан.

ҮРҮСТӨМ, Үрүстөм-Дастан — чыгыш элдерине кеңири белгилүү легендарлык баатыр; «Шах-Наме» дастанынын башкы каарманы. Эпосто Сулайман, Искендер Зулкарнайн, Азиретаалы, Үрүстөм сыяктуу легендарлык кейипкерлердин образдарына эпикалык баатырлардын эрдиктери, эр жүрөктүүлүгү салыштырылуу менен алар өзгөчө поэтикалык формада идеалдаштырылат. Манас Ошпурда козу кайтарып жүргөндө, оттугун бербей койгон Баянчорду аттан оодара тартып, оттугун тартып алганда «Үрпөйгөндө кайраты, Үрүстөмдөй бар экен» (Сагымбай Орозбаков, 1. 105) дегени аркылуу Манас бала кезинде эле Үгө салыштырылат. Көбүнесе Манасты, башка баатырларды анын душмандары Үгө теңеп, эрдигин-каармандыгын калыс баалашат. Мисалы, Эсенкан:

Үрүстөмдөй иш кылган,
Балбандык кылган жашынан
Манас деген бала деп,
Барып келгин ага деп (Сагымбай Орозбаков, 1. 160), Манастан башка көбүнчө Алмамбет Үгө теңегтирилет: «Үлкөн Алма баатырдын Үрүстөмдөй сыягы» (Кол жазмалар фондусу, 585-инв., 29-б.).

Эпостун Сагымбай Орозбак уулу айткан вариантынын сюжеттик өнүгүшүнө, мазмунуна китептик таасирдин, айрыкча «Шах-Наме» дастанынын таасири тийгендигин, манасчынын бул дастан менен тааныш экендигин Ү-дүн атына байланыштуу саптар далилдейт:

Башкы тарых Шаанама
Барып андан карачы (Кол жазмалар фондусу, 575-инв., 49-б.).

Адам эмес, периби?
Эрендердин илгерки
Эр Үрүстөм эриби?
Дагы эле өлбөй тирүүбү?
Самнармандын бириби (Кол жазмалар фондусу, 579-инв., 272-б.),

Үстүнө темир кийинген
Үрүстөмдөй сыягы,
Жамынганы сууга акпас,
Жабыр-баян териси (Кол жазмалар фондусу, 1794-инв., 4-б.) жана башкалар.

www.bizdin.kg
Поэманын аты («Шаанама»), анын башкы каарманы Ү. Эрендер (Иран) экендигин жана чоң атасынын ысымы Самнарман (Сам-е Нариман), ошондой эле анын жоо кийими «жабыр-баяндын» (бабр-е бейан) «Шах-Намедеги» Үрүстөмдүн жоо кийими да (бабр-е бейан) Алмамбетке таандыкталып айтылып (кыргыз тилинин фонетикалык мыйзам ченемине ылайык тыбыштык жактан өзгөртүлгөн), Алмамбеттин образы да кеңири идеалдаштырылат. Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында:

Тал Чокуну ким ашкан? Үрүстөм Дастан эр ашкан, Андан кийин ким ашат? Арстан Манас шер ашат (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу, 919инв., 131 —133-б.) делет. Демек, эпостун тексти боюнча Манас Ү-дөн кийин чыккан баатыр болуп айтылат.

Ы. Кадыров

ҮСӨН — Көзкамандын энчилүү аты, к. *Көзкаман.*

ҮЧ-АЛМАТЫ — топоним. Көкөтөйдүн ашында чапкан аттарга байге койгон жер (Сагымбай Орозбаков, 3. 272). Географиялык реалияда Иле Алатоосунан агып түшүп Алматы шаарын аралап өткөн өзөндөр Ү.-А. аталат.

ҮЧ-АРАЛ — топоним. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Алтайга сүрүлгөн кыргыздар кайра Ала-Тоого көчкөндө Өгүз-Ашуу, Тай-Ашууну ашып, Ү.-А. аркылуу өтөт. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Алтайга сүрүлүп келген Жакып Ү.-А-ды жайлап туруп калат. Эки вариантта тең Ү.-А. Иленин башында деп сүрөттөлөт. Чынында да мындай малга жайыт жерлер ошол Иленин башы Күнөстүн жайык саздак өрөөнүнө мүнөздүү.

ҮЧ-АРТ — топоним. Шыгайдын уулу Жапак мекендеген жер (Сагымбай Орозбаков, 1. 119).

ҮЧ-БАШАТ — топоним. Көкөтөйдүн ашында эр эңиш өткөн жер. Эр эңиштен соң ашка келген элдин бир бөлүгү ушул жерде конокко алынып түнөшөт (Сагымбай Орозбаков, 3. 256).

ҮЧ-БУЛАК — топоним. Манас Көкөтөйдүн ашында чапкан аттардын баш байгесин байлатып, коюп кеткен жер (Сагымбай Орозбаков, 3. 273).

ҮЧ-ЖЫРГАЛАҢ — топоним. Манас баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келатканда басып өткөн жер (Саякбай Каралаев, 1. 167).

ҮЧИЛТИК — генеалогиялык принцип боюнча өнүккөн эпикалык чыгарманын түрмөгү. Кыргыздын баатырдык эпосторунун ичинен үч бөлүктөн түзүлгөн «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпостору Ү-ке жатат. Ү. Манас баатырдын
өмүр баяны менен башталып, анын уулу Семетей, небересн Сейтектин эрдик иштери менен бүтөт. Улуу манасчы Саякбай Карала уулунун вариантында эпос Манас баатырдын беш муунуна чейин баяндалат. Ал эми Кытай эл республикасында жашаган манасчы Жусуп Мамай «Манас» эпосун сегиз муунга жеткирет. Бирок эпостун элге кеңири белгилүү үлгүсү — «Манас», «Семетей», «Сейтек» Ү-ги болуп саналат. Айрым-айрым алганда жекече өзгөчөлүктөрү бар Ү-тин ичинен айрыкча терең иштелгени — «Манас» бөлүгү, к. *«Манас» эпосу, «Семетей» эпосу, «Сейтек» эпосу.*

А. Карпеков

ҮЧ-КАПКАК — топоним. Кошой алпты издеп чыккан Манас Ү-К-ты бойлоп жол жүрөт (Саякбай Каралаев, 1. 109). Текес дарыясынын боюндагы аскалуу өрөөн.

ҮЧ-КАРКЫРА, к. *Каркыра.*

ҮЧ-КАРООЛ — топоним. Радлов жазып алган вариантта Манас кырк чоросуна кайрылып:

Сагындык саргыл минели, чором,
Эриксек кулан аталы, Чором,
Эрикпесе мөйрөгө аталы, чором,
Үч-Кароолго баралы, чором,

www.bizdin.kg

Айдаркан уулу Көкчөдөн, чором,
Көкала ат сурап берген жок, чором... (Радлов жазып алган вариант, 190) дегени эскерилет.

Үч-КОРУМДУ — топоним. Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын ашын өткөрүүгө жер тандаган учурда эскерилген ашуу. Эпосто: «Кара-Көл басып чыгамын, Үч-Корумду ашамын, Суусамырга түшөмүн» (Радлов жазып алган вариант, 146), — деп айтылат.

Үч-КОШОЙ — топоним. Эпостун көпчүлүк эпизоддорунда учураган Таластагы белгилүү жер. Радлов жазып алган вариантта Каныкей Бакайдан Семетейди көчүрүп келүүнү суранат. Семетей көчүп келген жер Үч-К. болот:

Ошо бир жерден көчтү дейт,
Таластын башы Үч-Кошой
Манастын ордо тиккен жерине
Манастын уулу Семетей
Ордосун тигип алды дейт (Радлов жазып алган вариант, 309).

Үч-К. эпостогу көп окуяларда кезигет. Каныкейдин Букарга качканында Бакай «Үч-Кошойдун бөксө түзүнөн» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 36) Каныкей менен Чыйырдыны үч күн бою издейт. Географиялык реалияда Үч-К. өрөөнү Талас Ала-Тоосунун түндүк-чыгыш капталында, Талас дарыясынын башталышында жайгашкан. Өрөөндөн Талас дарыясынын сол куймасы агып өтүп ал да Үч-К. аталат.

М. Исаев, И. Молдобаев

Үч-СУУ — топоним. Буркан калдай жайлаган жер. Манастын келе жатканын уккан Орго кан жардам сурап Үч-С-дагы Буркан калдайга доргосун жиберет (Сагымбай Орозбаков, 2. 72).

Үч-ТАШ, Керген-Таш — Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Бөкөнбаев кыштагынан (райондун борбору) 28 *км* чыгыш тарапта. Тастар-Ата тоосунун түндүк этегиндеги Үч-Т. деген жерде. Ал жердеги таштардын өз ара жайгашышы жылкынын чидерин кергендеги элести эске салат.



Үч-Таш (Ысык-Көл өрөөнү).

Алардын тушташ жайгашкан эки ташы бири-биринен 11 *м,* ал эми үчүнчү таш экөөнөн 31 *м* аралыкта. Элдик уламыш боюнча бул Үч-Т-ка Манас Аккуланын чидерин кердирткен экен. Бул таштардан ары жакта 20 *м* аралыкта дагы бир таш төртүнчүсү жатат. Ага Аккуланын чылбырын байлаган деп айтышат.

Үч-ТАШ — топоним. Ала-Тоонун күн жүрүш жагына Манас баатыр кырк чоросу менен ууга чыккан жер (Сагымбай Орозбаков, 2. 288).

Ф

ФАВОРСКИН Владимир Андреевич (1886, Москва — 1964, Москва) — советтик график жана живописчи, СССР эл сүрөтчүсү (1963). СССР Сүрөтчүлөр академиясынын анык мүчөсү (1962). Москвадагы К. Ф. Юон студиясында (1903—05), Мюнхендеги Ш. Холлоши мектебинде (1906—07), Москва университетинин өнөр таануу бөлүмүндө (1907 —13) окуган.

www.bizdin.kg



1907-жылдан китеп көркөмдөө, ксилография боюнча иштеген. Ф. китепти кооздоонун өзүнчө теориясын иштеп чыккан.



В. А. Фаворский. Упай ойногон Бакай, Кошой жана Бокмурун.

Кийинки чыгармаларында лирика-философиялык тереңдикке, таасын психологизмге умтулган. Линогравюра жанрларында да иштеген. Ф. монумент өнөрүнө, архитектура менен живописти синтезине көңүл бурган. 1946-ж. Кыргызстанга келген. Манасчы Саякбай Карала уулунун портретинин үстүндө эмгектенген. Кийин «Манас» эпосунун серияларынын эскиздерин жараткан, а. и.: Жылкы тийген Алмамбет менен Сыргак, упай ойногон Бакай, Кошой жана Бокмурун, Каарданган Манас ажыдаар менен алышканы, Бокмурундун ата-энеси жана башкалар Ф-дин Кыргызстандан тарткан сүрөттөрү «В. А. Фаворский в Киргизии» (Фр., 1977) деген китепке кирген.

Ж. Сагынов

ФАКСИМИЛЕ — фотография жана басма каражаттар аркылуу ар кандай графикалык түп нусканын (документ, кол жазма, коюлган кол жана башкалар) дал өзүндөй жасалган көчүрмөсү. «Манас» эпосунун варианттарын жыйнап, иликтеп тескөө үчүн да Ф. колдонулган. Мисалы, Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунун факсимилесин А. Маргулан *«Шокан жана «Манас»»* деген монографиясына жарыялаган.

ФАЛЕВ Павел Андреевич (1888, Санкт-Петербург — 1922, Петербург) — советтик алгачкы түркологдордун бири. 1900-ж. Санкт-Петербургдагы 15-Рожество

www.bizdin.kg
башталгыч училищесин, 1907-ж. 3-реалдык училищени бүтүргөн. 1908—12-ж. Санкт-Петербург университетинин Чыгыш тилдери факультетинин араб, перс, түрк, татар тилдери бөлүмүндө окуган. Анын «Ногайские сказания об Едиге и Токтамыше» деген темадагы дипломдук иши алтын медалга татыктуу болуп, ошол эле факультетте профессордукка даярдоо үчүн калтырылган. 1915жылдан баштап түрк тили боюнча лекция окуган, Орус географиялык коомунун Чыгыш бөлүмүнүн ишине да активдүү катыша баштаган. 1919-ж. профессорлук наамга ээ болуп, 1920-ж. кыргыз (казак) тилинен сабак берүү үчүн Түрк тилдеринин борбордук институтуна чакырылат. 1921-ж. Түркстанга студенттик экспедицияны жетектөө үчүн жиберилет. Ошол эле жылы Орус географиялык коомунун Түркстан бөлүмүнүн анык мүчөсү болуп шайланган. 1922-ж. Түркстан АССРинин Совнаркомунун чакыруусу боюнча келип, өмүрүн Орто Азия жана Казакстан элдеринин тилин, фольклорун, этнографиясын, маданиятын изилдөөгө арноону чечкен. Бүлөсүн Ташкенге көчүрүп келүү үчүн Петроградга бара жатып, бөртмө келте оорусунан каза тапкан. «Манас» эпосун изилдөөнүн Улуу Октябрь революциясынан кийинки этабын баштаган илимпоз. Негизги эмгектери түрк элдеринин тилин, фольклорун, адабиятын изилдөөгө жана пропагандалоого арналган. «Как строится кара-киргизская былина» (1922), «О кара-киргизском эпосе» деген эмгектери түздөн-түз «Манас» эпосунун маселелерин талдоого арналган. Анын «Введение в изучение тюркских литератур и наречий» аттуу 1921-ж. Түркстан Чыгыш институтунда окуган лекциясында да кыргыз эл оозеки чыгармачылыгына атайын орун берилген. Анда кыргыз эпосунун айрым образдары дүйнөлүк эпикалык мурастардын образдары менен салыштырылган (Мисалы, Жалгыз көздүү дөө «Одиссеянын» 12-ырында баяндалган Полифемдин образы менен), Ф-дин түркология багытындагы эмгектери азыр да өзүнүн илимий наркын жогото элек.

С. Кайыпов

ФАНТАЗИЯ (грекче phantasia — кыял) — чыгармачыл, кыялдануу, чындыктан четтеп кетүү, ойдон чыгаруу. Ф. адам баласынын ой жүгүртүү өзгөчөлүгүнө таандык касиет. Адам баласы табияттын сырларынын мыйзам ченемдерин үйрөнүп, өздөштүрүүнүн бийик деңгээлине жеткен кезде дүйнөнү так таанып, даана чагылдырууга өбөлгө түзөт. В. И. Ленин «эң бир так илимде да фантазиянын ролун тануу га болбойт» деген да илимий ой жүгүртүү менен фантазиянын баштапкы байланышынын ролун баса белгилеген. Ал эми адамзаттын өнүгүшүнүн эң алгачкы этабында Ф. чындыктан алыс турат да, табияттын ар кандай кубулушун туура түшүнүүгө кедерги болот. Ошонун натыйжасында дин, мистика, идеализм сыяктуу ар түрдүү түшүнүктөр жарала берет. Алгачкы доордун адамдарынын тотемизм, анимизм, ата-баба, табият культу, магиялык көз караш (ар кандай кудайларга, ыйык күчкө ишенүү жана башкалар) сыяктуу түшүнүктөрүндө да Ф-нын ролу чоң. Элдик оозеки чыгармачылыкта Ф. сюжет куруучу элемент катары кызмат аткарат (жомоктор менен эпостордо кереметтүү, сыйкырдуу фантастикалык сюжеттер менен мотивдер), же көркөм мотив, деталь катары көрүнөт (мисалы, «Манаста» партогенез — алма жегенден кийин Чыйырдынын боюна бүтүшү; «Эр Төштүктө» баатыр жер астынан Алпкаракушка минип жер үстүнө чыгышы; Кызыр келип Манастын чекесинен сылап бата берет).

Х. *Короглы*

ФЕРГАНА, Баргана — топоним. Эпосто кыргыздар жана ага жамаатташ элдер эзелтен мекендеген аймак. Калмак-кытайлар ногой өлгөндө кыргыздарды туш-тушка таратып, жерин ээлегенде Алооке бийлик жүргүзөт. Манас аны кубалап чыгат. Ф. бардык жагынан бийик тоо кыркалары менен курчалган Орто Азиядагы

www.bizdin.kg
өтө кеңири өрөөн, терең чуңкурдук. Тарыхы, маданияты бай өлкө. Эпос боюнча ал Нааман жергеси атыгып, Манастын бабаларынын мекени деп эсептелген.

ФЕРЕ Владимир Георгиевич (1902, азыркы Волгоград облусунун, Камышин шаары — 1971, Москва) — композитор. Кыргыз ССРинин эл артисти (1944), РСФСРдин жана Тажик ССРинин искусствого эмгек сиңирген ишмери. Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын (1970) лауреаты. 1929-ж. Москва консерваториясын композитор катары Н. Я. Мясковскийдин классы жана пианист катары А. Б. Гольденвейзердин классы боюнча бүтүргөн. Андан кийин музыкалык техникумдун окутуучусу, Бүткүл союздук радионун жана музыкалык басманын редактору болуп иштеген. 1933—36-ж. Москва консерваториясында жана композиторлор Союзунда иштеген.

1936—44-ж. Кыргыз мамл. филармониянын көркөм жетекчиси, 1945 —62-ж. Москва консерваториясынын композиция кафедрасында окутуучу жана бөлүм башчы. Кыргыздын көрүнүктүү композиторлору, анын ичинде А. Малдыбаев, М. Абдраев, А. Түлөев, А. Аманбаев, Т. Эрматов, Б. Глухов ж. б-ларды тарбиялап чыгарган.

Ф. В. Власов жана А. Малдыбаев менен бирдикте «Айчүрөк» (1939), «Манас» (1946, экинчи редакциясы 1966) опералары жазган. Улуу эпостун сюжетинин түйүндүү эпизоддору операнын либреттосуна өзөк кылып алынган. Эпостогу көркөм дүйнөнүн түпкү маңызын даана ачып берүү жана улуттук көркөм дүйнө туюунун стилдик айырмачылыгын жеткиликтүү көрсөтүү максатында композиторлор бул операларды музыкасына кыргыз элинин обон-ыргактарынан, күү-кайрыктарынан кеңири пайдаланган. Эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери жана медалдар менен сыйланган. *Т. Саламатов*

ФЕТИШИЗМ «Манас» эпосундагы (фр. fetiche — керемет) — адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге да таандык кылып, алардын кереметтүү күчүнө ишенген көз караш. Фетиш нерселердин (мисалы, тумар, крест) адам тагдырына таасир берүүчү кереметине ишенүүдөн көрүнөт. Ошондой эле байыркы адамдардын дүйнө таануу жана түшүнүү жаатындагы мифологиялык-фантастикалык ой жүгүртүүгө негизделген идеологиянын өзгөчө бир формасы болуп эсептелет. Ал адамдарга гана мүнөздүү сапаттарды тигил же бул буюмга, нерсеге таандык кылып, алардын адаттан тыш керемети бар деген диний ишенимге таянган көз караш катары пайда болгон жана жашаган. Ф. көптөгөн элдердин коомдук аң-сезиминде туруктуу орун алып, алардын материалдык жана маданий өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген. Диний-мифологиялык мындай түшүнүктөр менен ишенимдер кыргыз элинде да жашап келген жана анын калдыктарын «Манас» эпосунан кеңири жолуктурууга болот.

Фетиштик көз караштар менен ишенимдер Сагымбай Орозбаковдун варианты менен Саякбай Каралаевдин вариантында туруктуу орун алган, ошону менен бирге эпостун байыркылык негиздерин бекемдейт. Байыркы адамдар буюмдун жана нерсенин керемет күчүнө табынышы жана ал ишенимдин бир айыксыз фактысы катарында эпикалык душмандардын бутка же бурканга (табына турган сүрөт же тулку, идол) сыйынгандыгын көрсөтүүгө болот. Эпостогу колдонулушу, мааниси жагынан бут бурканга жакын, бирок экөөнүн айырмасы бар. Контекст боюнча буркан чоң, ал эми бут көлөмү боюнча андан кичине. Ошондуктан, аны кээде жанга салып жүрүүгө болот. «Манаста» бут жана буркан калмак-кытайлардын кудайынын сөлөкөтү катары сүрөттөлөт. Бул эпикалык душмандардын байыркы ишениими, көз карашын элестүү чагылдыруу менен эпостун мазмунунун ар тараптуулугун, көп катмардуулугун, тарыхый деталдардын так берилишин көрсөтүү менен архаикалык аң-сезими менен бекем байланыштыгын аныктайт.

www.bizdin.kg
Бут же буркандын керемет касиетине ишенүү Сагымбай Орозбаковдун вариантында кеңири орун алып, образдуу баяндалган. Атап айтканда, эпикалык башкы терс каарман Нескара арык каздырып жаткан эпизоддо бут жөнүндө маалымдалат. Буттун көрүнүшүндө «анын бултуюп, эки уурту дулдуюп» турушу, келбетин жана башын алтындан, көзүн көөхардан, колдорун забар менен зерден, тиштерин инжиден, эрди-мурду зумуруттан жасалгандыгы сыпатталат да, ага башын уруп, анын «айтканын» жасап турууга милдеттүү экендиги баяндалат. Ал эми аны жамандоо, ага терс мамиле жасоо адам баласына жамандык, кырсык алып келиши мүмкүн экендиги эскерилет. Адамдын башына келген түрдүү оор, кысталыш учурларда бут же буркан өз керемети менен аларды сактап кала тургандыгы жөнүндө ишеним айтылат.

Бут менен буркандын касиетине, колдоочулук кереметине ишенүү мотиви эпикалык душмандардын аракеттеринде, баталдык сценаларда конкреттүү окуялар менен бекемделип жүрүп олтурат. Мисалы, Көкөтөйдүн ашында Кошой менен күрөшөрдө Жолой өзүнүн бурканына сыйынып, колдоо күтөт. Ошондой эле Коңурбай Манас жана анын баатыр чоролору менен кандуу кагылышка чыгардын алдында бутка же бурканга сыйынат. Бул фетиштик көз караш «Манас» баатырдын тегерегинде өткөн окуяларда активдүү пайдаланылат.

Эпостун «Семетей» бөлүмүндө фетиштик мындай буюмдар кеңири баяндалбаса да, «Каныкейдин жомогу» сыяктуу айрым бир эпизоддордо эскерилет. Ошондой эле Коңурбай Семетей менен беттешерде жеңишке жетишүү үчүн бурканына көмөк көрсөтүүнү сурап кайрылат.

Архаикалык ой жүгүртүүнүн фетишизм сыяктуу формасы «Манас» эпосунда активдүү жашаганын, ал эми кийинки бөлүмдөрүндө пассивдүү катышканын көрүүгө болот. Эгерде «Семетей» бөлүмүндө фетиштик ишенимдердин айрым калдыктары гана берилсе, «Сейтек» бөлүмүндө дээрлик жолукпайт.

Сырткы жасалышы, кооздолушу, формасы жана сымбаты жагынан алып караганда калмак-кытайлардын бут жана бурканына окшош келген фетиштик буюм, нерсе тул кыргыздарда да кеңири колдонулганын эпостон жолуктурууга болот. Бирок, ага болгон ишеним мазмуну жана идеялык багыты боюнча бут менен буркандан кыйла айырмалуу. Тул байыркы кыргыздардын ишениминде туруктуу түрдө колдонулган жана кеңири тараган. Эри өлгөн аялдын эринин келбетине, кебетесине окшоштуруп жасап, өлгөн күйөөсүнүн кийимин жаап, көшөгө тартып, бурчка олтургузуп, анын чоң ашын бергиче сактоочу сөлөкөтү тул катарында эсептелип, анын арбагын сыйлоо кастарлоо түшүнүгүн билгизген. Анткени, жан денеден бөлүнгөндөн соң ал өлбөй, улам өз үйүнө келип тууган-туушкандары анын арбагын канчалык сыйлап, урматтап жатканын байкап турат жана анын жарыкчылыкта калган адамдарга өзүнүн оң жана терс таасирин тийгизет деген ишенимге негизделген түшүнүктүн натыйжасы катарында чыккан.

Байыркы кыргыздардын аң-сезиминде далынын, куттун кереметине ишенүү салты туруктуу орун алып келгендигин жана алар эпостун жалпы мазмунуна тиешелүү таасир тийгизгендигин белгилөөгө болот. Маселен, Сагымбай Орозбаковдун вариантында кырк чородон Агыдай «далы көрүүчү, акыр заман оодарып, ашкере айтып берүүчү», Төлөк «төгүн айтпаган мыкты төлгөчү» катарында башкалардан айырмаланып турушат. Ал эми Алмамбеттин Манаска келип кошулганы, «кутман келип кут келип калгандай» кабыл алынат жана түшүндүрүлөт.

Жай таш фетиштик түшүнүк катарында Азия элдеринин диний аң-сезиминде кеңири учурайт. Анын эпостун идеялык, көркөм-эстетикалык мазмунуна тийгизген таасири кыйла жана туруктуу өзгөчөлүктөрдөн болуп саналат. Сагымбай Орозбаковдун варианты менен Саякбай Каралаевдин вариантында

www.bizdin.kg
жайчылык өнөр Алмамбеттин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири катары көрсөтүлгөн. Ошондой эле эпикалык терс каармандар Куястын (Сагымбай Орозбаковдун варианты), Жолойдун, Нескаранын, Алоокенин да (Саякбай Каралаевдин варианты) жай таштын керемет күчүн, кубаты устаттык менен пайдалана алышын баяндаган окуялар кыйла. Жай таш кандай гана кырдаалда, окуяда колдонулбасын анын керемети окуянын жүрүшүнө, каармандардын мүнөзүнө таасир тийгизиши магиялык ырым-жырымдар менен коштолот. Жай таш эпикалык каармандардын аракетине ар башка даражада таасир тийгизет. Терс каармандар жайчылык өнөрдүн аркасында (Нескара, Жолой) өлүмдөн аман калышат, ал оң каармандардын жеңишке жетишине, түрдүү тоскоолдуктардан өтүүгө, алардын элдик идеалдагы иш-аракеттеринин аткарылышына, максатынын ишке ашышына өбөлгө түзүп берет.

Сюжеттик окуянын ырааттуу түрдө өнүгүшүндө, элдик идеянын элестүү чагылышында Манастын жакын чоросу Алмамбеттин жайчылыгы өз алдынча мааниге ээ. Ал Көкөтөйдүн ашында тулпарларды чабууга жиберер алдында Манастын өтүнүчү боюнча «Аккуланын бир күндүк этин алып, табына келтирүү максатында жай таштын кереметин колдонот, баатырдын тулпарынын байге алышына кол кабыш этет. Кошой менен Жолой күнү-түнү күрөшүп, чаң-тозоңун сапырып жатканда балбандарга жана карап турган көпчүлүккө ыңгайлуу болуу үчүн жай таш менен жаан жадырып абаны салкындатып, элди сергитет. Чоң казатка аттанганда албуут Уркун дарыясынан аскердин аман-эсен кечип өтүшүнө, Сыргак менен чалгынга баратканда душмандардын койгон кароолуна байкалбаш үчүн (Сагымбай Орозбаковдун вариантында) мүмкүнчүлүк түзөт.

Саякбай Каралаевдин варианты боюнча тигил же бул окуяга, кырдаалга карата Алмамбеттин жайчылык өнөрүн көрсөтүү туруктуу орун алат. Бирок айрым деталдаштыруу жагынан, каармандардын жайчылыгын кырдаалга карата берилиши жагынан айырма болгону менен эпостогу Алмамбеттин фетиштик кереметке ээ болгон туруктуу сапаттары сакталып кала берет. Коңурбайдын «ажыдаар, жолборс, кайберен, мергендеринен» койгон сыйкырдуу кароолчуларын жай таштын жардамы менен жандыруу, Алмамбеттин «жайчылык өнөрдү, кереметти алтымыш баштуу ажыдаардгн атайы окуп, үйрөнгөнү», Кытайдан чыкканда «кереги тиет деп Карыкандын сыр бараңы менен жай таштарын ала чыгуусу» өңдөнгөн өзгөчөлүктөргө ээ.

Эпостогу жай таш жөнүндөгү маалыматтардын мындайча интерпретацияланышы айтуучулардын жеке талантына, түшүнүгүнө жана чеберчилигине байланыштуу түшүндүрүлөт. Бирок эки вариантгагы фетиштик түшүнүк жай таш элдик ишенимди толук жана элестүү чагылдырылгандыгы менен анын табияты менен функциялары туурасында диний-мифологиялык түшүндүрмөлөрдү бергендиги менен жалпылыкка ээ. Эске ала турган жагдай: жай таш жылдын бардык мезгилин түрдүүчө өзгөртө алгандыгы жөнүндө элдик ишенимдин, байыркы түшүнүктүн эпостун системасында толук сакталышын көрсөтүүгө болот. Жай таш жай мезгилин кыш мезгилине өткөрүүгө, ооштурууга гана мүмкүнчүлүгү бар. Ошол себептен жай мезгилинин кай учуру болбосун жай таштын керемети менен бурганактаган алай-дүлөй бороон, күн көрүнбөгөн түнгө алмашып, суулар тоңуп, сасык туман каптап, алаамат түшөт.

Жай таш жөнүндөгү фетиштик ишеним эпостун «Семетей» бөлүмүндө да кандайдыр бир деңгээлде улантылат. Ал эпостун фантастикалык-мифологиялык катмарын өзүнчө бир ажардантып, жандантып туруучу күчкө ээ.

Эпикалык мындай көрүнүш эпостун структурасында байыркы аң-сезимдин айрым кубулуштары кыйла убакытка дейре жашай бере турганына, анын жалпы идеялык-эстетикалык багытына өзүнчө көмөк көрсөтө ала турганын ыраст айт.

www.bizdin.kg
Жайчылык өнөр терс каармандардын бири Мурадылга мүнөздүү нерсе. Ал Коңурбайдын жана чекке койгон кароолчуларынын башчысы. Семетей өзүнүн чоролору менен Коңурбайды көздөй жүрүш жасаганда Мурадыл жай ташынын керемети менен аларды бир кыйла кыйынчылыкка дуушар кылат:

Каш карарып түн кирип,
Көзүн жылдыз ачканда.
Кырымдын уулу Мурадыл
(Анык жайчы кул ушул).
Жай ташын сууга салганы
Жайлап туруп калганы.
* * *
Жай ташты көлгө урду дейт,
Жай дубасын күбүрөп,
Жайлап карап турду дейт,
Кара сууну уютуп,
Кайра колун сунду, дейт
Туруканын тунук көл,
Ого бетер тунду дейт.

Фетиштик түшүнүк жай таштын керемети эпостун башкы идеясы менен тикеден-тике байланышкан. Ал образдарды берүү, мүнөздөрдү түзүү, пейзаждык сүрөттөөлөрдө да көркөм-эстетикалык чоң кызмат аткарат.

Байыркы ой жүгүртүүнүн мындай элементтери «Манас» эпосунун «Сейтек» бөлүмүндө учурабайт. Буюмдун, тигил же бул предметтин адаттан тыш сыйкыр күчүнө, кереметине ишенүү мотиви «Сейтекте» трансформацияга дуушарланганын көрүүгө болот.

К. Байжигитов

ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР «Манас» эпосунда, үчилтиктин идеялык мазмунун, андагы ар түрдүү окуяларды, каармандардын образдарын туюндурууда көптөгөн поэтикалык көркөм каражаттар колдонулган. Алардын бири Ф. Ф. сырткы формасы жана маани туюндуруучу өзгөчөлүгү боюнча тилдин башка бирдиктеринен айырмаланып турат. Тактап айтканда, эки же андан көп сыңарлардын (компоненттерден) турган туруктуу сөз тизмектери лексикалык бир бүтүндүккө айланып, семантикалык (маанилик) жактан бекем ширелишип, образдуу сапатка ээ болгон өзгөчө туюнтмалар Ф-дин курамын түзөт.

Ф. айтылуучу ойду угуучуга (окурманга) элестүү, таамай, образдуу кылып жеткирүүдө тилдик көркөм каражат катары кызмат аткарып, речке ар түрдүү түс берүүчү боёк катары пайдаланылат.

Тилдик көркөм каражаттардын бири болуп саналган мындай бирдиктер — Ф. «Манас» эпосунда кеңири колдонулган.

Эпосто колдонулган Ф. каармандардын ойтолгоосун, маанайын, кулк-мүнөзүн, адамгерчилик сапатын, айлана-чөйрөгө жана бири бирине болгон мамилесин, д. ушундай сыяктуу көптөгөн түшүнүктөрдү сезимге жетерлик таасир менен образдуу туюндурат:

Оң көзүнөн от чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып.
Оозунан ойрондун,
Ок жазайыл топ чыгып...

Бул саптардагы Ф. каармандын кандайдыр бир нерсеге (же бирөөгө) карата кыжыры кайнап, ачууланып жаткандыгын элестүү чагылдыруу менен ага карата мамилесин туюндуруп турат. Тосуп чыгар туяк жок, Армандуу сөөк сыздады... контексттеги «сөөк сыздады» деген фразеологизм каармандын баласы жоктугуна арман кылып, катуу кайгырып, терең кыжалатчылыкка батып, кыйын абалда

www.bizdin.kg
турганын туюндурууда. Ал эми каармандын кыйын кезеңге туш болуп, аргасыз абалда калганын: «Жалгыздыгы билинди, Жар мойнуна илинди» же «Кашайып көңүл бөлүнүп Кабырга сөөгү сөгүлүп», «Кең дүнүйө тар болуп...» сыяктуу Ф. таамай, ары элестүү кылып чагылдырып турат. Каармандардын, бөтөнчө башкы каармандардын, анын ичинде Манастын маанайын (кубанычын, кайгысын, өкүнүчүн, албууттанганын же ачууланганын, сабырдуулугун, жактырбаганын д. ушундай сыяктуу жактарын) сүрөттөөдө Ф. кеңири колдонулуп, айтылуучу ойдо угуучунун же окурмандын сезимине түшүнүктүү, элестүү кылып жеткирүүдө ар түркүн боёк катары аткарат. Ойду кадимки сөз менен түшүндүрүүгө караганда Ф-дин өзгөчө туюнтма экендигин төмөнкү ыр саптары ынандырарлык айгинелей алат. «Кан куюлду көзүнөн», «түтөп турган чагы бар», «ажыдаар түгүн салыптыр». Жогорку фразеологиялык айкаштарда каармандын ачуулангандыгы, душманга болгон каары, кайраты берилет. Ал эми «каңырыгы баш жарып, үшкүрүгү таш жарып, сыртым жалын, ичим чок» деген Ф. кайгыны, өкүнүчтү өзгөчө күч менен туюндурат. Кээ бир Ф. көңүл көтөрүңкүлүгүн же кубанычты билдирүү үчүн колдонулат: «Алмамбеттин эрдиги, Төбөмү көккө жеткирди», «Жоругу жанды кубантат, Күлкүсү күндү чыгарат», «Көргөндө ишин Чубактын, Койнума батпайт кубанчым...» Бирөөнүн (адатта күч же бийлик ээсинин) каарына калуу же анын ачуусуна тийип алып, өзү кооптуу абалда калган учур төмөнкүчө сүрөттөлөт: «Көрдүңбү балээ шумдугун, Басып алган окшойбуз, Ажыдаардын куйругун...» Бул саптарда «ажыдаардын куйругун басып алуу» деген фразеологизм ыр түзүлүшүнө ылайыкталып колдонулган. Башкы каармандардын душман менен кармашуу учурундагы жаалы, аларды толук талкалоо үчүн аёосуз мамилеси, качып кутулууга аракет кылгандарын колго түшүрүү үчүн артынан кууп, издөө салганы да көп учурларда Ф. аркылуу берилет: «талпагын ташка керели, чыканак жерге салбастан, чырым этип уйку албастан; бөрк ордуна баш алды» жана башкалар Кабагына кар жаап, мурутуна муз туруп (ачууланууу, каардануу мааниде); төбө чачы тик туруу (коркуу, кээде ачууланууу маанисинде); коломтосун казуу, күлүн көккө сапыруу, чаңын асманга чыгаруу (талкалоо, кыйратуу); согончогу канабоо (төрөтсүз аял); көзүн тазалоо (жок кылуу, өлтүрүү); ат кара тил болгондо (жаз мезгили); жүрөгүнөн кап кетти (билегинен сап кетти, үзөнгүдөн бут таюу), (ээрден көчүк кыйшаюу), (алдан-күчтөн таюу, чарчоо); кара жаак (сөзгө чечен); атка жеңил тайга чак (ылайыктуу) деген Ф. эпосто эң эле кеңири колдонулат.

Ф. адатта туруктуу формага ээ. Бирок, алар кээде айрыкча ыр түрүндөгү чыгармаларда өзгөрүүлөргө дуушар болот. Андай өзгөрүүлөр ыр сабынын муун өлчөмдөрүнө, уйкаштыкка байланыштуу зарылчылыктан улам келип чыгат. Алсак, жүрөгү оозуна тыгылды. кабыргасы кайышуу, ат соорусун салды, ажыдаардын куйругун басып алдыңар, бөрк ордуна баш алган дагы ушул сыяктуу Ф. ар түрдүү өзгөчөлүктөргө учурагандыгын төмөнкү ыр саптарынан көрүүгө болот: «Дукан тага журтунун Жүрөгү оозго тыгылды», «Кыргыздын журту ыйласа, Кабыргам жаман кайышкан», «Аңдыганга тамаша, Ат соорусун, аркасын Баары салып Манаска», «Сойлоп жаткан ажыдаар, Сонун иш кыйла бар, Куйругун басып алдыңар», «Бөрк ордуна бул бейбак, Аянбастан баш алган». Ф. ыр сабына камтылуу анын ритмикасын, саптардагы муун өлчөмдөрүн сактоо зарылчылыгына байланыштуу бирде форма жагынан өзгөрсө, кээде алардын компоненттеринин ортосуна сөз кыстарылып же бир сапка сыйбай калган учурда эки үч сапка бөлүштүрүлүп берилген учурларга далил болуп турат. Албетте, Ф-ди өзгөртүп колдонуунун мындай ыкмалары сөз чебери тарабынан атайын стилдик максатта ишке ашырылат да, фразеологизмдик мааниси бузулбастан сакталып калат.

«Манас» эпосунда Ф-ди стилдик максатта айрым өзгөрүүлөргө дуушар кылуудан башка ыкмалардын колдонулгандыгын көрөбүз. Алсак айрым каармандардын

www.bizdin.kg
тигил же бул сапатын баса көрсөтүү үчүн синоним Ф-дин кабаттай айтылышы көп учурайт: «Үзүлгөндү улаган Өчкөн отту тамызган, Өлгөн жанды тирилткен, Ажыбай аман барсыңбы?», «Арыган атың семирди, Ачкан курсак тоюнду, Ачылган жериң жабылды».
Элдин сүймөнчүгүнө ээ болуп, ооздон-оозго, муундан-муунга өтүп келе жаткан «Манас» эпосунун тили мезгилдин да, сөз кадырын барктай билген сөз зергерлеринин да сыноосунан өтүп келе жаткандыгын эпосто орундуу колдонулган Ф. да ырастап турат. Ал Ф. кандай формада, кандай ыкмада колдонулбасын, каармандын образын ачып берүүдө же объективдүү дүйнөнүн ар түрдүү жактарын чагылдырууда ойго тактык, кооздук, элестүүлүк киргизип, анын образдуулугун арттырып, тилдин көркөм каражаты катары кызмат аткарып турат.

Р. Эгембердиев

ФУЛАД, Пулад-хан — Ак-Ордонун каны. Махмуд ибн Валинин (17-кылым) маалыматы боюнча 810-жылдардын аралыгында Жунгария кыргыздарына каршы жортуул жасаган. «Мажму ат-таварихте» Ф. мангыттардын башкаруучусу. Ал йамгурчи менен бирдикте Манасия шаарына жортуулга чыгат. Манас баатыр менен жекеме-жекеде салгылашып, экөө тең жа радар болот. Андан кийин Жолой менен бирге Манас жана анын союздаштарына каршы согушат.

Х

ХАТТО АРТУР ТОМАС (туулган жылы, жери, өмүр баяны бизге белгисиз) — «Манас» изилдөөчү англиялык окумуштуу, фольклорчу. Лондондогу Оксфорд университетинин профессору. «Манас» эпосу боюнча бир нече илимий макалалардын жана монографиянын автору. Алтымышынчы жылдардан «Манас» эпосун изилдей баштаган. Ч. Валиханов тарабынан жазылып алынган «Манастын» үзүндүсү тууралуу А. Маргуландын макаласы «Манас» эпосунун 885 саптан турган факсимилеси менен бирге 1965-ж. Казак Илимдер Академиясынын «Кабарлары» журналына жарыяланган. 1969-ж. Х. ушул материалдардын негизинде «Манас» тууралуу алгачкы макаласын жазып, ал Лондон университетинин «Чыгыш жана Африка мектебинин бюллетениндеги» атайын бөлүмдөн басылып чыккан. Анда Ч. Валихановдун кыргыз жергесинен элдик фольклордун бай үлгүсүн жазып алгандыгын белгилеп, А. Маргуландын 1965-жылдагы жана 1968-ж. Фрунзеде (азыркы Бишкек) басылып чыккан макалалары жөнүндө пикир айтат. Ошол мезгилде Ч. Валихановдун «Манас» эпосунун «Бок мурун» эпизодунун үзүндүсүн англисчеге которгондугу жана текст менен кандайча иштегендиги жөнүндө ал макаласында кеңири баяндайт. Ошондой эле тексттеги айрым сөздөргө комментарий берип, анын англисче эквивалентин берген. Жалпы алып караганда Х-нун «Бок мурун», «Көз камандардын окуясы», «Көкөтөйдүн ашы» макалаларынын изилдөө багыты бирдей максат көздөгөн сыяктуу. Эпостун текстти менен таанышып окумуштуу кыргыз, казак элдери жалпы түрк уруусунан экендиги жана өтө көп аймакка тараган уруктуу журт экендигин белгилейт.
Эпостун тарыхый катмарларын карап: «Түпкү атабыз бир келип, Түркүй канга киремин» — деп түрк уруусунан таралгандыгы тууралуу баяндайт. Бир кездерде калмактар Алтай, Кангайды ээлеп кыргыздар менен канатташ жашап, карама-каршылыктар тез-тез болуп тургандыгын тексттин негизинде белгилейт.
Автордун экинчи макаласы 1971-ж. «Борбордук Азия» журналынын 15-сериясынын № 2 санына басылып чыгат. Макала В. Радловдун 1862-ж. жазып алган «Көз камандар» окуясынын мазмунуна токтолуп, ага төмөнкүдөй багытта анализ берет: 1) Семетейдин төрөлүшү; 2) Элдин каада-салты; 3) Чыгыш элдеринин байыртадан эле бир-бирине болгон байланышы жөнүндө.

www.bizdin.kg
Текстте жолуккан айрым түшүнүксүз сөздөргө толук комментарийлер берилип, жөнөкөйлөтүп, кылымдар оозеки сакталып келген ыр түрүндөгү эпостун алтын казынасынан маалымат берүүнү көздөгөн. Тарыхый көз карашта автор кыргыздар аябагандай чоң аймакка таралып, чачыранды болуп жаралгандыгын чыгыш элдери менен ата-бабаларынан бери байланышып, кыз алышып-беришип, тургандыгын баяндайт. Алтай чөйрөсү жөнүндө сөз кылып, жер-суу аттарынын окшоштуктарына жана алардын этимологиясына тиешелүү айрым пикирлерин ортого салат. Мисалы, Бар-Көл, Төр-Көл, Талас, Алтай жана башкалар жер-суу аттарына комментарийлер берилген.

«Көз камандар» жөнүндөгү макаласы — эки бөлүмдөн турган көлөмдүү макала. Анда окумуштуу элдин социалдык абалы, каармандардын образы, ошол мезгилдеги тарыхый кырдаалдын чагылышы бир бүтүндүккө биригип, кандайдыр бир композицияны түзүп тургандыгын айтат. Бул макаланын экинчи бөлүгү «Борбордук Азия» журналынын 6-сериясынын 1972-жылындагы № 4 санында жарык көргөн.

«Манас» жөнүндөгү улам жаңы маалыматтар, кызыктуу үзүндүлөр Х-нун залкар элдик эпопеяны дагы тереңдеп изилдешине түрткү берген. 1977-ж. Х-нун Лондондогу Оксфорд унивеситетинен «Көкөтөйдүн ашы» илимий монографиясы жарык көргөн. Окумуштуу монографиясында эпостун кыргызча текстин латын алфавити менен жарыялап, аны англисчеге кара сөз түрүндө которгон. Ал эми эмгектин теңин атайын комментарийлер ээлейт. Кыргыздын көөнө сөздөрүнө, үрп-адатына, каада-салтына тиешелүү сөздөргө, жер-суу аттарына жана тулпарлардын сырткы өңдөрүнүн аталышына карата кеңири түшүндүрмө берилген. Монографияны жазууда ал А. Маргулан, Ч. Валиханов, В. Радлов, В. М. Жирмунский, В. Бертольд жана башкалар бир катар фольклорчу чыгыш тануучулардын эмгектерин пайдаланган. Окумуштуунун эскерүүсү боюнча Борбордук Азия элдеринин чыгармалары менен кызыккан Чыгыш жана Африка бөлүгүндө кызмат өтөгөн профессорлор К. Р. Бавден, В. Левс, ушул бөлүм менен тыгыз байланышта болуп турган бир катар институттар, университеттердин профессорлорунун пикирлерин угуп, эмгектерин пайдалангандыгын белгилейт. Х-нун изилдөөлөрү абдан кылдаттык менен маңыздуу иштелгендиги, ошондой эле кыргыз эпосун чет элдерге таанытып жаткандыгы менен баалуу.

«Манас» эпосу бүгүнкү күндө Венгрияда, Моңголияда, Америкада, Германияда, боордош Орто Азия республикаларында толук болбосо да басылып чыккан, бирок илимий багытта мындай монографиялык изилдөө ишке аша элек, ошол себептен Х-нун бул эмгеги илимий багыттагы биринчи көлөмдүү эмгек.

Ж. Орозобекова

ХУ ЧЖЭНЬ ХУА Мухамед (1931, Шаньдун провинциясы, Циндай шаары) — кытай түркологу (КЭР), Кытай Аз сандагы улуттар борбордук институтунун профессору (1953). Пекиндеги Аз сандагы улуттар борбордук институтун бүтүргөн. Профессор С. Сердюченконун аспиранты болгон.



Аспирантураны аяктагандан кийин (1953) Х. Ч. Х. кыргыз таануунун маселелерин изилдөөгө киришкен. Кыргыз тилин үйрөнө баштаган жана кыргыз элинин

www.bizdin.kg
турмуш-тиричилигин, каада-салттарын, тарыхын жана адабиятын иликтөөгө киришкен. Ал Синьцзяндагы кыргыз автоном округунда көп жолу болуп, кыргыз элинин баатырдык эпосу «Манас» менен таанышкан жана бул элдик улуу кенчтин Кытайдагы алгачкы изилдөөчүсү болуп калган. Анын жетекчилиги астында «Манасты» изилдөө жана жыйноо боюнча атайы топ түзүп, Синьцзяндагы 70 манасчыдан эпостун он миңдеген сап ырлары жазылып алынган. Азыркы учурда атайы топ «Манас», «Семетей» бөлүктөрүн жарыкка чыгарган. «Сейтек» бөлүгү басууга даярдалууда. Х. Ч. Х. «Манас» мындан 700—800 жыл мурун Алтайда пайда болгон деп эсептейт. Ал эми Манас жана анын чоролору Кытай кандары менен эмес Борбор Азиядагы көчмөн элдер менен, башкача айтканда Чыгыш Түркстандагы кара кытайлар менен согушкан деген көз карашты айткан. Х. Ч. Х. «Манаска» байланыштуу Кытайда жана чет өлкөлөрдө жарык көргөн 25тен ашуун макалаларды жазган. Ал бул макалаларында «Манас» адабий мурас гана эмес, ал кыргыз тилин, тарыхын, элдин салттарын, динин, музыкасын камтыган энциклопедия болуп эсептелет, ошондуктан билим жана искусство тармактарында чоң баалуулукка ээ деп жазат. 1990-ж. «Манас» эпосу боюнча изилдөөлөрү үчүн Кытай коомдук Илимдер академиясынын Президиуму эң жогорку сыйлык менен сыйлаган. Х. Ч. Х. 1989-ж. Кыргызстанда болуп Илимдер академиясынын, жогорку окуу жайлардын аудиторияларында «Манас» эпосу боюнча лексияларды окуган.

М. Я. Сушанло

ЦЕЛИКОВСКИЙ Василий Васильевич (1900, Царицын, Пироговка айылы —1958, Москва) — дирижёр. Кыргыз ССРинин (1944), РСФСРдин эл артисти (1955). 1924—30-ж. Москва консерваториясында окуган. 1930—34-ж. Кызыл Армиянын Борбордук үйүнүн симфониялык оркестрин жетектеген. 1937-жылдан Фрунзе шаарындагы музыкалуу драма театрынын башкы дирижёру, 1939—48-ж. Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын башкы дирижёру, көркөм жетекчиси болуп иштеген. Ц. кыргыз театр репертуарын байытууда, музыка адистерин даярдоодо көп эмгектенген. «Айчүрөк» операсын сахнага коюуга катышып, анын башкы режиссёру болгон.

Ч

ЧААР АТ — Чалыбайдын байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо Ч. а. сегизинчи болуп келип Чалыбай тагдырына буюрган Сейилсамга үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 423).

ЧАБАК — эпизоддук кейипкер, Ала-Тоолук кыргыз. Отор башы. Эпосто «Манастын колунун Ала-Тоого келиши» окуясында Манастын алдынан чыккан кыргыздардын арасында болгону айтылат (Курама вариант, 1. 103).

ЧАБАЛА — кейипкер, Какан шаарынын башчысы (Дуу-ду). Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Алмамбет баатыр Сыргакты ээрчитип Бээжинге чалгынга кирген окуясында айтылат. Кытайдын Ыраң Көөдөн аттуу аяр карысынын «Манаска азыр алыбыз жетпейт, тартуу берип урушту токтотолу» деген акылына көнбөй өзү барып катылып, Алмамбеттен ажал табат.

ЧАБАНДЕС — атка жүрүүгө абдан машыккан киши; мыкты улакчы, эңишке, оодарышка маш киши. «Атка болгон чабандес, Ат үстүнөн эңишип» (Сагымбай Орозбаков, 3. 25). «Мергендер жамбы атышып, Чабандес улак тартышып» (Курама вариант, 1. 265), — деп эпосто Ч. жөнүндө бардык варианттарда көп эскерилет.

ЧАБДАР — топоним. Манас Орго канга каршы аттанганда Көкчөнүн колу Ч. жолу аркылуу жөнөйт: «Чабдар, Чарын жол менен Бара турсун эр Көкчө Жүз элүү миң кол менен» (Сагымбай Орозбаков, 2. 95). Көкөтөйдүн ашында чабылган күлүктөр

www.bizdin.kg
Ч-дын белин ашыра айдалат (Сагымбай Орозбаков, 3. 159). Географиялык реалияда Иле Алатоосунун күнчыгыш жагындагы ашуу.

ЧАГАЛДАЙ — эпизоддук кейипкер, Манастын аталаш туугандарынын бири, Үсөндүн (Көзкамандын экинчи уулу. Эпосто Жакып Манасты Ошпурдан алып келе жаткан учурда ата-бабасы жана туугандары жөнүндө аңгемесинде бир тууганы Үсөн калмактарга айдалып барып, калмакташып, Үсөн аты жоюлуп калмакча Көзкаман атка конгону, калмактан аял алып андан төрөлгөн экинчи уулу Ч. экени Жакыптын сөзүндө айтылып өтөт. Көзкамандар окуясында Манасты ууландырууга катышат жана алар бирин-бири бычакташып ажал табат.

ЧАГАН, Чагаан (моңголчо цаган — ак) — калмак, моңголдордун жаңы жылдагы биринчи айы. Ал мал төлдөп, ак көбөйгөн учурга туура келет. Ч. жаңы жыл майрамы:

Чаган аткан күнүндө,
Буурул түндүн түнүндө...
Чаган күнү тууду деп
Чаганбай коюп алыптыр (Сагымбай Орозбаков, 1. 213).

ЧАГАНБАЙ — Манастын кырк чоросунун бири, Күлдүрдүн уулу. Чалыбайдын бала кезиндеги ысымы.

Байыркы түрктөрдө, анын ичинде кыргыздарда да эр балага эки ысым берүү салты болгон. Биринчи ысым төрөлгөндө берилген да, ал ысымы менен бала өзү эрезеге жетип биринчи эрдик көрсөткөнгө чейин жашаган. Кийин, бала биринчи эрдик көрсөтүп жоокер болгондон баштап, өзүнүн экинчи чыныгы ысымын алган. Бул салт түрк элдеринин көптөгөн эпосторунда, анын ичинде «Манаста» жана түрк руникалык жазма эстеликтеринде да сакталып калган. Чалыбайдын бала кезде Ч., кийин Чалыбай деп аталышы да ушул салттан болушу мүмкүн. Аталган салттын «Манаста» сакталышынын күбөсү эпосто Чубактын алгач Болот, Сыргактын Бердибек, Ырчыуулдун Каратай деп аталышынан көрүүгө болот.

Эпоним Ч. түрк-моңгол сөздөрү «чаган» моңгол календарынын биринчи айынын аты, моңгол элдеринин жазгы майрамынын аты жана бай деген эки сөздүн айкалышынан түзүлгөн. Эпонимдин мындай чечмелениши эпостогу Ч-дын чаган айында туулганы, ошол себептен Ч. деп аталышы.

А. Боронов

ЧАГАТАЙ — эпизоддук кейипкер, Манастын тууганы Ороздун он уулунун бири. Айрым эпизоддордо катышат. Мисалы, кыргыздар Ала-Тоону бошоткондо колдун ичинде болот. Каныкейдин калыңын төлөө кеңешине катышат. Түрк-моңгол элдеринде, Ч. деген ысым кеңири колдонулганы маалым. Ысым чыгыш теги жагынан моңголдорго таандык болуп «баатыр», «коркпос», «чынчыл» деген маанилерди түшүндүргөн.

ЧАГОО — эпизоддук кейипкер, Ногой уулунун аксакалы. Жакып элин чогултуп, Алтайдан Анжыянга көчөлү деген кеңешке, Каныкейге куда түшүп келгенден кийинки калың камдоо кеңеш-жыйынга катышат (Сагымбай Орозбаков, 2. 14, 383).

ЧАГЫРАЙ — эпизоддук кейипкер, Алоокенин сынчысы. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Көкөтөйдүн ашында Манасты сынап көрүүнү самайт. Бирок, Ч. Манас баатырды сынамак түгүл сүрүнөн коркуп, жүрөгү түшүп өлөт.

ЧАЙИНГИ ТОН — материалынын (тери, кездеменин) сыртына металл (алтын, күмүш же болот) чайылган (жалатылган) тон, сырт кийим. Эпос боюнча баатырлардын согуштук сырт кийими, кээде кооздолгон соот түрүндө да айтыла берет. Төштүктүн ок өтпөс тонунун (соотунун) энчилүү аты. Эпосто Төштүктүн Көкөтөйдүн ашына келгени төмөнкүчө сүрөттөлөт.

Чайинги деген тон кийип,

www.bizdin.kg

Чалкуйрук сындуу ат минип,
Түпөгү жок найза алып,
Жалаң кылыч байланып (Саякбай Каралаев, 2. 12).

Түбү бу тонду Кенжеке Төштүккө бара жатканда атасы Сарыбайдан сурап жатып кийип келет. Кийин Төштүккө керек болорун билет. Төштүк жети баштуу желмогузга жөнөрдө:

Катын тону дебестен,
Чайынгини кийиңиз.
Катын аты дебестен,
Чалкуйрукту миниңиз, — деп көндүрөт.

ЧАКАНАЙ — эпизоддук кейипкер. Моңгол тилдеринде Цакан (Чакан) Чаган деген антропонимдер кеңири колдонулат. Эпоним Чаганай ушул антропонимдер менен өзөктөш. Эпонимдин негизин түзгөн моңголчо цаган «ак», «ак көңүл», «кайрымдуу» жана башкалар маанини билгизет. «Манаста» жолуккан Ч. эпоними моңгол антропонимине түрк тилиндеги «ай» сөзү жалгануу аркылуу пайда болгон. «Ай» сөзү түрк элдеринин антропонимдеринин куралышында өтө кеңири учураган компонент.

ЧАКМАК — топоним. Манаска кастык кылмак болуп, жети кандын Таласка жөнөткөн элчилери басып өткөн жолдогу бел (Сагымбай Орозбаковдун варианты, 4, 18). Эпос боюнча Кашгар менен Чатыр-Көлдүн ортосунда жайгашкан.

ЧАКЧАЙЫШ — эпизоддук кейипкер. Эпос боюнча эргежээл элинин улугу, башчысы. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Көкөтөй өзүнүн керээзинде «Эргежээли улугу Чакчайышка айтпасын» дейт.

ЧАКЧЫ — Радлов жазып алган вариантта чагылдырылган социалдык термин. Эпос боюнча адамдардын жоокердик эрдигин жана жылкынын күлүктүк сапатын аныктай турган сынчы адам:

Күнү-түнү үч ай он жети күн болгуча,
Ат чубатып келди дейт.
Чакчы чактап келди дейт,
Сынчы сынап келди дейт (Радлов жазып алган вариант, 159).

Бул жерде Ч-нын милдети сынчы менен бирдей. Бирок, экөөндө аз да болсо айырма бар. Сынчынын аткарган милдети кеңири. Ал ит-куш, ат жана башкалар жаныбарлардан баштап, кыздарга чейин жана аскердик согуш тактикасын түзүүгө катышкан, тактап айтканда өзү сындап, өзү түзүп, уюштурган. Ал эми Ч-нын милдети жоокерлерди жана аттарды сыноо менен чектелген.

ЧАЛАҢКӨК — Жайнактын байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чабышта Ч. жыйырма бешинчи болуп келет.


ЧАЛБАР — тоо текенин, маралдын же башка жаныбардын терисинен тигилген шым, кандагайдын синоними. Мисалы, Радлов жазып алган вариант боюнча мындай териден жасалган шымды Кошой Жолой менен күрөшкө чыкканда киет. Алды менен Кошой өзүнүн Ч-ын кийип чыкты эле Манас ага карап:

Акай Кошой кан аба
Бутуңдагы чалбарың
Тууган Марал териси
Жаска маал атыпсың,
Окурасы бар экен,
Ортон колун салбайбы?
Алааңдан айрып албайбы?
Абийириң журтка көрсөтүп,
Уят кылып койбойбу (Радлов жазып алган вариант, 173), — деп жаратпай коёт да Каныкей жасаган Ч-ды кий дейт.

www.bizdin.kg

ЧАЛИК — кырк чоронун бири. Камбардын уулу. Сагымбай Орозбаковдун вариантында эпостун негизги өзөк окуяларынын баарында катышат. Ч. жалпы элдик мүдөөнү көздөгөн, ата журтту жат душмандардан коргоо күрөшүнө катышкан баатыр чоролордун бири катары сүрөттөлөт: «Камбар уулу Чалиги Кармашаар жоого каныгы». Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты он биринчи келген Ч. тагдырына буюрган Санамканга үйлөнөт.

ЧАЛКУЙРУК — Төштүктүн жооо минген аты. Эпостун негизги варианттарында кездешет. Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылып Аккуладан кийин «Жети жандуу Чалкуйрук.



Б. Жумабаев. Чалкуйрук.

Жел учкандай бурулуп» (Сагымбай Орозбаков, 3. 265) келип байгеге татыктуу болот. Жалпы түрк жана Сибирь элдеринин эпикалык көөнө чыгармаларында кездеше турган мифтик, сыйкырдуу (магиялык) касиеттерге ээ болгон тулпарлардын бири. Анын жер алдындагы кыйынчылыктарды жеңип чыгууда жин-пери, дөө, алп балбандардын түрдүү айла-амалдарынын ыгын табууда Төштүккө жардам берген, адамдан эстүү жаныбар экендиги жана башкалар касиеттери «Төштүк» эпосунда кенен ачылат.

ЧАЛЫ — Чалыбайдын ысымынын ыргакка ылайык кыскарып айтылышы, к. *Чалыбай.*

ЧАЛЫБАЙ — кырк чоронун бири. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Манас Акбалтанын кеңеши менен Кошойго барып, Ажыбай, Бакайга жолукканда анын кырк жигитинин бири катары «Байчоро менен Чалыбай баатырыңдын жолдошу», делсе, башка бир учурда «Күлдүр, Камбар, Чалыбай бу да келди Таласка» деп эскерилип өтөт. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манастын кырк чоросунун бири, Күлдүрдүн уулу делет.

ЧАЛЫЯР, чарыяр (иранча чор — төрт, йар — жолдош; төрт жолдош) Мухаммед пайгамбардын төрт халифи (орун басары): Абубакир, Омор, Осмон, Аалыга берилген жалпы ат. Эпосто: «Чалыяр чактап кирбеген Какандан Бээжин шаар алып» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 162), — деп айтылат.

ЧАМБЫЛ-БЕЛ — топоним. Эпостун негизги варианттарында айтылат. Саякбай Каралаевдин вариантында «Чамбыл-Бел деген жер келет, Чамбыл-Белди жердеген Жанаалы, Карач эр деген» (Саякбай Каралаев, 2. 15), — деп Көкөтөйдүн ашына кабар бергенде башка элдер менен катар кабар айтылат. Багыш

www.bizdin.kg
Сазановдун вариантында Чубак Манаска тарынып ачууланган учурда төмөнкүчө сүйлөнөт:

Казам жетсе өлсөм деп,
Жон-Оюлда жошулдум,
Чамбыл-Белдин чатында,
Он үчүмдө кошулдум (БС, 1080-инв., 258-б.).

Сагымбай Орозбаковдун вариантында элдин Көкөтөйдүн ашына келип түшкөн учурунда Музбурчактын жери катарында эскерилет:

Букарай шарып ары жагы,
Бузулган Чамбыл бери жагы,
Оодарып бенде жеңбеген,
Жарагы белде бир кучак,
Будайык уулу Музбурчак (Сагымбай Орозбаков, 3. 107).

Чамбыл-Бел «Көруулу» дастанындагы Көруулунун жери. Эпоско дастандын таасири аркылуу кийин 19-кылымдын 2-жарымында кирген.

Э. Абдылдаев

ЧАМПАҢ — кытайча тили түшүнүксүз эл деген маанидеги сөз. Алооке кан кыргыздарды чаап алып Каракандын балдарын туш-тушка сургөндө, Жакыпты караан кылып келген Акбалтанын сөзүндө: «Чалгынды бирге чалсам деп, Чампаңдан жылкы алсам деп» (Саякбай Каралаев, 1. 28) айтылат.

Мында Цин империясынын мезгилиндеги Чыгыш Түркстандын Орто Азияга чектеш жерине көчүрүлүп келген эл жөнүндөгү түшүнүк айтылган. Эпостон ошол коңшу турган кытайдан жылкы тийүү жана олжого курал-жарактарды алып келүү менен алардын жалпы кытайча аталышы боюнча Ч. деп атап жатат. Ч. Валиханов да жер оодарып чек арага айдалган кылмышкерлер менен аскерлер Ч. деп аталганын белгилейт.

ЧАНАК — топоним. Көкөтөйдүн ашындагы байгени Коңурбай баштаган кытай-калмактар тартып алып келе жатканда, Жолой эми калмак жерине жеттик деп Жумабекти Ч-тагы айлымды тоодон түшүрүп, Коңурбайды конок кылып тосууга камынсын деп аялына кабарга жиберет (Сагымбай Орозбаков, 3. 280).

ЧАНАЧ — топоним. Манас кырк жигити менен ууга чыгып Ч. ашуусу аркылуу Көтөлөк жерине ашып түшөт (Сагымбай Орозбаков, 3. 289). Географиялык реалияда Чаткал кырка тоосунун орто бөлүгүндөгү ашуу. Фергана жана Чаткал өрөөндөрүн байланыштырат.

ЧАНГЕЛИ — эпизоддук кейипкер, Эсенкандын шаар башчысы. Манастын колу келе жатат деп кабар укканда Эсенкан Ч-нин айтуусу боюнча Макел-Малгун дөөнү жардамга чакырат (Сагымбай Орозбаков, 4. 222 — 223).

ЧАНТУ, Чантуу (кытайча чань — ороо жана тоу — баш) — селдечендер, чалмачандар, мусулмандар дегенди түшүндүргөн сөз. Манжу-кытайлар жергиликтүү мусулман элдерин — уйгур, казак, кыргыздарды жалпысынан ушундай аташкан. Эпосто көбүнчө кыргыз деген сөздүн синоними катары айтылат. Мисалы, Манас төрөлгөндө бул акыры Чоң Бээжинге ок атар деп падышасы Эсенканга ою терең аярлары көзүн тазалоого буйрук сурап барышат. Ошондо Эсенкан: «Чантуудан катын туубайбы, Чантуудан катын тууду деп, Мен чаң салсам кудай урбайбы» (Сагымбай Орозбаков, 1. 156), — деп тыйып коёт.

ЧАНЫШ — эпизоддук кейипкер, калмак аяры. Ч. Араниктеги согуш окуясында:

Чаныш күнөм аярды
Аныктап арбак уруптур
Урбаганда неткени,
Апсун окуп дем салып

www.bizdin.kg

Арыстан боло кеткени (Курама вариант, 1. 128), — деп сыйкыр-дубанын күчү менен кубулуп алган учуру эскерилет.

ЧАНДУУ АЯК — кейипкер, Көзкамандардын бири. Манаска келе жатканда Ч. а. деген ат менен айтылып, Манаска уу берген эпизоддон кийинки окуяларда Ч. а. айтылбайт, Желдейбоз деген ысым менен катышат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 189 — 197).

ЧАҢТЫЙБАС — эпизоддук кейипкер, калмак элчиси. Кыргыз колу Бээжинди каратып алганда, кытай баатыры Коңурбай Ч-ты Манастан бурсат суратып элчиликке жибергени айтылат.

ЧАҢ-ЧАҢ — эпизоддук кейипкер. Калмак кол башчысы Нуукердин кошунундагы баатыр. Жолдоштору менен салбырында жүргөн Манасты Нуукердин колу курчап алганда, Ч.-Ч. Манастын тегин сурайт (Сагымбай Орозбаков, 1. 252).

ЧАПЧАК — топоним. Чыйырды менен Каныкей Караканды көздөй качканда: «Чапчактын белин ашалбай, Эки айым, чарчап, ыйлап баса албай» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 25) айлалары кетет. Талас, Чаткал тоолорундагы ашуулардын бири болуу керек.

ЧАПЫРАШТЫ (1862, Кетмен-Төбө өрөөнү — өлгөн жылы белгисиз) — манасчы. Шак-Көчөк, Айтике деген манасчылардын «Манас» айтканын уккан, Жаңыбай манасчы менен жакшы тааныш болгон. Өзү «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтигинин бүт сюжеттик мазмунун кара сөз менен айткан.

ЧАРАЙНА — 1) ичтен (ич кийимдин сыртынан) кийиле турган, денеге кынаптап катуу металлдан (кээде калың териден, булгаарыдан) жасалган соот кийим; 2) баатырлардын төшүнө тартына турган атайын темирлер;

3) кээде сырттан капталуучу тери, булгаары (жабуу, ороо түрүндө). Ч-нын көрсөтүлгөн үч түрү тең «Манас» эпосунда белгилүү милдет аткарат. Ч-ны эпикалык согушка катышкан жоокерлер, эр сайышка түшкөн баатыр-балбандар ок, найзадан сактаныш үчүн кийишкен. Мисалы, Сыргак баатырдын Алмамбетке жолдош болуп чалгынга жөнөрдөгү согуштук кпйими менен көрүнүшү эпосто мындайча сүрөттөлөт:

Көлүктүн бели ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Соот, чарайна, кыягы
Жоодон качпас сыягы.
Бет алып Бээжин элине,
Белдемчи тартып белине,
Калкан жаап башына,
Камдап алып жарагын
Кан Сыргак келди кашына (Сагымбай Орозбаков, 4. 175).

Эпосто жоолашкан тараптардын аскерлери массалык салгылашкан учурда куралдын үстүнө куралды үстөкө-босток колдонушат. Ал учурдагы уруштун жүрүшүнүн бир көрүнүшү «Айбалта башка шак этип, Найза төшкө так этип» (Сагымбай Орозбаков, 2.140), — деп сүрөттөлүп, жоо куралынан коргонуу, сактануу үчүн баатырлар төшүнө тартынган Ч-га да айрыкча көңүл бурулат.

Ч. өлгөн адамдын сөөгүнө оролуучу же кап талуучу тери, булгаары маанисинде да айтылат. Шаманчыл түрктөрдүн жана Орто Азия элдеринин өлгөндү көмгөндө кылган расмиси жөнүндө кабарды И. Бичурин өзүнүн материалдарында далилдейт.

Байыркы гунндарда өлгөндү көмгөнү жана «Өлгөндөрдү табытка көмөт; сырты жана ички табытты колдонушат; өлгөнгө алтын менен күмүштөн жасалган кымкап же аң терисинен кийим кийгизишет» — деген маалымат кытай тарыхында айтылат. «Манас» эпосундагы Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн

www.bizdin.kg
ашында» Көкөтөйдүн сөөгүн кызыл макмалга (баркыт) ороп «чарайна менен чаптатып, булгаары менен каптатып» көмүлсө, Сагымбай Орозбаковдун вариантында «чарайнага чаптатып, шайингиге каптатып» (Сагымбай Орозбаков, 3. 11) көмөт. Бул байыркы гунндардын өлүктү алтын менен күмүштөн жасалган кымкап кийгизип же аң терисинен жасалган кийим кийгизгенине окшошот жана байыртан бери келе жаткан бул салт «Маната» сакталып калгандыгын көрсөтөт.

С. Алиев

ЧАРЖУЙ — топоним. Жакып Манаска колукту издеп кыдырган шаарлардын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 383). Географиялык реалияда Түркмөнстандагы Амударыянын жээгиндеги калаа.

ЧАРКАСТАН — топоним. Манас жолдоштору менен Ч-га салбырынга барат (Сагымбай Орозбаков, 1. 232, 234). Ч. Монгол Алтайындагы аймак болуу керек.

ЧАРЫН — топоним. Кыргыз жана аларга жамаатташ эл мекендеген жерлердин бири катары эпостун ар кайсы эпизоддорунда кезиге берет. Мисалы, Манас менен Көкчө Ала-Тоого көчмөк болуп жер чалып кайтканда Челек, Ч. дарыяларын жээктей жүрүшөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 154). Географиялык реалияда Алматы облусундагы өзөн.

ЧАТАЛАК — топоним. Көкөтөйдүн ашында байгени Коңурбай баштаган кытай-калмактар зордуктап алып кетип баратканда кырк чоро кууп жетип чабуул койгон жер. Бакай баштап карысы, Кырк чоронун баарысы Чаталакта Жолойго Чабуул коюп барганы (Сагымбай Орозбаков, 3. 292).

ЧАТАҢАЙЫШ — эпизоддук кейипкер. Бараң элинин каны. Бокмурун атасы Көкөтөйдүн ашына чакырткан эпикалык элдин (уруунун) башчыларынын катарында:

Шордун бурчу Арал бар,
Шолордон өтүп ага бар,
Тогуз уруу бараң бар.
Качала атын байласын,
Чатаңайыш каны бар (Сагымбай Орозбаков, 3. 100),

— деп эскерилет.

ЧАТКАЛ — топоним, эпосто кыргыздар мекендеген жер катары көп окуяларда айтылат. Каракандын уулдары кара кытайлар тарабынан туш тарапка сүрүлгөнгө чейин жайлаган жер. Алтайдан Ала-Тоого көчүп келген кыргыздардын бир тобу Ч-га конушат (Саякбай Каралаев, 1. 35, 171, 172). Бакай менен Семетей Абыке, Көбөшкө жолукканда: Шуутудан кабар угуп, Жоо келип калган экен деп Манастын кырк чоросу «Барабанын бир коюп, Кара-Буура, Чаткалга Каптап баары чу коюп» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 276) жөнөшөт. Мажму ат-Таварих кол жазмасында да эскерилет. Географиялык реалия катары Ч. Ала-Тоонун түндүк-батышындагы кеңири аймак, нечен тоо, суу, өрөөндөрдү камтыйт.

ЧАТЫР — кездеме менен капталып, бурчтарынан керилип коюлуучу, көбүнчө жай мезгилинде пайдаланылуучу жеңил үй, алачык. Эпосто Алоокенин: «Чатыры сексен кубулган» (Сагымбай Орозбаков, 2. 182), «Алтын танап чатырды Аркы-терки бүктөтүп» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 180). Манастыкы «Төрт төбөлүү көк чатыр» (Сагымбай Орозбаков, 2. 308), — деп сүрөттөлөт. Эпосто Ч. кеңири колдонулуп, айрыкча жортуулга, салбырынга жана башкалар чыкканда тигилгендигин, ошондой эле кандардын Ч-ы өзгөчө жасалгандыгын байкоого болот.

ЧАТЫРАШ — кыргыз элинде байыртадан бери ойнолуп келе жаткан шахмат оюнунун бир түрү. Бул оюн боюнча мелдеш уюштурулуп, оюнга жаш-кары дебей катышкан. Оюн ойноого ыңгайлуу ар кандай жерде калыңдыгы 2—5 *см,* узундугу 30—31 *см,* туурасы 20—21 *см* келген тактанын бетине эки оюнчу 32 таш менен (бир оюнчу колунда 16 ак түстөгү, экинчисинин колунда башка түстөгү 16 ташы

www.bizdin.kg
болот) ойнойт. Оюнду калыс башкарат. Кыргыз эли бул оюнду салтанаттуу тойлордо, бош убактыларында эс алып көңүл ачуу үчү ойной тургандыгы «Манаста» сүрөттөлөт. Ч-ты элибиз байыркы доордон тартып азыркы күнгө чейин ойноп келе жатат. Ч-ты Манас баатырдын өзү, анын уулу Семетей, небереси Сейтек да абдан кызыгып ойношкондугу эпосто ачык айтылат. Кабылан турган эр Манас, Кан оюну чатыраш, Улуу-Камыр башында Алмамбет менен ойноп жатты дейт (Радлов жазып алган вариант. 146), «Эки жүзчө адамы, бакылдашып ордо атып, чатыраш оюн салыптыр» (Сагымбай Орозбаков, 2. 308).

ЧАТЫР-КӨЛ — топоним. Кыргыздар байыртан мекендеген жерлердин бири. Эпосто кара кытайлар кыргыздарды туш-тушка таратканда ал аймакты Орго кан ээлейт. Манас аны кайра бошотот. Географиялык реалияда АлаТоонун түштүгүндөгү чоң көл.

ЧАЧЫКЕЙ — каарман, Семетейдин аялы. Шаатемирдин кызы. Айчүрөккө карама-каршы турган образ. Ч-дин образы эпоско Айчүрөктүн элесин тереңдетүү, адамдык асыл сапаттарын терс жактары менен карама-каршы коюу аркылуу дааналап ачып, Семетей үчүн тагдырына буюрган колуктусу Айчүрөктүн ролун белгилөө үчүн киргизилген. Ч. башкы баатырга ылайык жар эмес, эпостук салт боюнча баатырдын аялына коюлуучу талаптарга жооп бере албайт. Эпосто Семетей Айчүрөккө үйлөнгөнгө чейин анын жоо кийимин тигип, сарамжалын көрүү милдети аялы Ч-ге эмес, энеси Каныкейге жүктөлөт. Ч. эпосто өзү катышкан окуялардын өнүгүшүндө жана чиеленишине ачык из калтырат. Жүрүш-турушу, мамилеси менен угуучулардын жек көрүү сезимин пайда кылат. Ч-дин Семетейди издеп келген Айчүрөктү кордошу биринчиден анын адамгерчилиги жогун көргөзсө, экинчиден көп аял алуу салтына байланыштуу келип чыккан күнүчүлүктүн көрүнүшү. Ч-дин образы аркылуу эпосто колунан иш келбеген чоркок, эл тагдырына кош көңүл караган пассивдүү, оюн-күлкүдөн башканы ойлобогон жалкоо, өз кызыкчылыгы үчүн оңой эле чыккынчы болуп чыга келген аялдын элеси берилген. Ч-дин максатташы, жардамчысы, таянычы, тилектеши, сырдашы бар. Ал — бийлик, байлык үчүн бардыгын сатууга даяр турган мансапкор Канчоро. Ч. Канчоронун чыккынчыга айланышында активдүү роль ойнойт. Эпосто Канчоронун кастыгын тездеткен, анын активдүүлүгүнө дем берген Ч. болду деп түшүндүрөт. Башкы баатырдын тууганы же жакын адамынын чыккынчы аялдын тили менен ага каршы чыгышы, баатырды экөөлөп алдап, мерт таптыруу эпостордо кеңири белгилүү. Бул мотивдин классикалык үлгүлөрү байыркы грек эпосторунда берилет (мисалы, грек баатыры Агамемнондун тагдыры). Ч. жүрүш-турушу, кылык-жоругу, иш-аракети таптык коомдогу канышанын элесине жакын сүрөттөлөт. Көбүнчө «эрке катын» деген туруктуу эпитет менен айтылат. Ошого ылайык Ч. эң алды менен жагымсыз начар сапаттары аркылуу көрүнөт (Акшумкардын дарегин сурап келген үч байбичени тилдеп үйүнөн кууп чыкканы), чыккынчылыгы ошол терс сапаттарынын өнүгүшүнүн натыйжасы, анын образындагы тескериликтин жогорку чеги.

Ч. «Семетейден» «Сейтек» эпосуна өткөн терс образ. Ал Канчорону азгырып Семетейди өлүмгө кыюудан да кайра тартпайт. Эпостогу окуялардын улам өнүгүшү менен Ч-дин мүнөзүндөгү терс сапаттар улам тереңдей баштайт. Анын чыккынчылыгы «Сейтекте» мыйзам ченемдүү финал менен аяктайт. Эл Ч-ге өлүм жазасын ыйгарат. Бул адилет элдин калыс өкүмү. Эки эпостун (Семетей», «Сейтек») сюжеттик мазмунундагы ар кыл окуялардын өсүш процесси менен даярдалган корутунду.

С. Алиев

ЧАЧЫКЕЙДИН ЧАТЫ — таштын бетиндеги аялдын изи. Кеңколдун куймасы, Очойдон түштүгүрөөк, туура суунун кечмелигинде салмагы эки-үч *т*дай сыйда кызгылтым, үстү жалпак таш жатат. Таштын бетин эчен кылымдан бери суу

www.bizdin.kg
жалмап, суу киргенде таштардын жанчкандарына карабастан жаңыдан тоборсуган ак чопого жылаңайлак адамдын таманы жүлгөлөрүнө чейин даана түшкөндөй аялдын изи сакталып калган.

ЧАЯН — кейипкер, Жакыптын кайын атасы, калмак байы. Бөйөндүн уулу. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча жорго сөз түрүндө берилген кириш бөлүгүндө манасчынын баяндоосу аркылуу Манастын ата-бабалары саналган санжыра боюнча кытай мамлекети Ногойдун балдарын (Орозду, Үсөн, Бай, Жакып) бөлүп кеткен. Ч. эпосто Алтай жериндеги манжурия калкынын белгилүү байы, Жакып малай жүрүп алган Бакдөөлөттүн (Жакыптын экинчи аялы) атасы катары айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 15; 2. 14).

ЧАЯН — эпизоддук кейипкер, Көкчөнүн жигити. Көкчөнүн тегерегиндеги бузукулар Алмамбетти чакырып келүүгө Ч. менен Токторду жиберет (Сагымбай Орозбаков, 2.255, 256).

ЧАЯНКАН — эпизоддук кейипкер. Саякбай Каралаевдин вариантында Манастын экинчи түп атасы: «Түп атасы Бөйөн кан, Бөйөнкандан Чаянкан, Чаянкандан Ногойкан» (Саякбай Каралаев, 1. 27). Хакас мифологиясында Ч. башкы кудай-жаратуучу. Дүйнөлүк эпикалык чыгармалардын көбүндө башкы оң каармандын теги кудайга байланыштуу болушу салттык мотивдерден. Демек, ала-тоолук кыргыздар мусулман динин кабыл алганга чейин Эне-Сайлык кыргыздардай (хакастардай) эле Ч-ды башкы кудай — жаратуучу катары эсептеп, эпикалык салтка ылайык аны өздөрүнүн эпосунун башкы каарманынын түп атасы кылып сүрөттөшкөн болуу керек.

ЧЕГЕБАЙ, Чеге — кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Кадообайдын баласынын кырк чилтен Кутубий деп атаганга чейинки ысымы (Сагымбай Орозбаков, 1. 111 —115). к. *Кутубий.*

ЧЕГЕТАН — эпизоддук кейипкер, Ороздунун он уулунун экинчиси. Ыркы жок бир туугандар катары аталаш агасы Байдын баянында эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 1. 171).

ЧЕГИШ — эпизоддук кейипкер, Жазира, Жемсинин каны. Алтайда Жакыпты пааналап жакын турган беш-алты түтүн каңгылардын баатыры. Нескаранын колу келатат деп Байдан укkан Жакып Ч-ке кабар жиберет. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта Сараласын чабат. Жолой менен балбан күрөшкө чыгасыңбы дегенде: «Жолобоймун Жолойго Жолу каткан капырга» (Сагымбай Орозбаков, 3. 100, 183, 264), — деп чыкпай коёт.

ЧЕКИЛДЕК — топоним. Кытай-калмактар башта басып алган ата журтун бошотуу үчүн кыргыздар калмактын Арсы жаң-жуңунун колу менен беттешип, жеңген жерлердин бири (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 576-инв.,). Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүндөгү аймак.

ЧЕКСЕ (иранча ческ — баштыкча) — дары оролгон кагаз, ороок кагаз; дары салгыч, дары салынуучу баштыкча. «Манаста» эпостун каармандары ууга чыкканда жана согуш учурунда атылма куралдарды атууда колдонулуучу тез тутангыч дары заттарын салып жүргөн баштык маанисинде колдонулат. Мисалы, «Акылмандын барысы Чекседе белен дарысы» (Сагымбай Орозбаков, 2. 43).

ЧЕЛЕК — топоним. Кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчөрдө Көкчө Ч., Чарын дарыяларын жээктеп, жер чалып келип Жети-Суу тарапка көчөрүн айтат. Географиялык реалияда Күңгөй менен Иле Алатоолорунун ортосундагы кеңири өрөөн, жайлоосу Челек, Дал-Челек деп аталат.

ЧЕРҮҮ (санскрипче цериг) — аскер, кол, кошун; аскерлерден куралган согуштук күч. Эпосто кол, кошун сөздөрү менен маанилеш айтыла берет:

Улуу черүү — кол болду,
Көптүгүнөн аскердин

www.bizdin.kg

Бет алган жери жок болду (Сагымбай Орозбаков, 2. 67),

Уйгурдан келген черүүгө
Кайып кан болгон баштыгы (Сагымбай Орозбаков, 2. 31).

Же кытайдан черүү келгендей (Сагымбай Орозбаков, 1. 41).

Ч. айрым учурда жортуул маанисинде да айтылат.

ЧЕТ-КАРКЫРА — топоним. Кыргыздардын эзелтен мекендеген жерлеринин бири. Кыргыздар душман тарабынан жеринен сүрүлгөндө калмак каны Орго ээлеп калган (Сагымбай Орозбаков, 2. 76). Географиялык реалияда Каркыра жайлоосунун бир бөлүгү.

ЧЕЧ-ДӨБӨ — топоним, эпостун мазмуну боюнча жердин жана суунун аты. Бул суунун боюнда Кара-Тоонун этегинде коргон менен курчалган Кошой балбандын ордосу жайгашкан. Ошондой эле Ч.-Д-гө Чоң казатта окко учкан Алмамбеттин сөөгү коюлгандыгы жана ал жер «Алмамбет мазар» аталары эпостун өзүндө эскерилет. Чеч-Дөбө суусу Ат-Башы, ал эми Кошойдун ордосу азыркы күнгө чейин Кошой коргон деп аталат. Ат-Башы жердин, суунун, айрыкча чептин аты катарында 9—10-кылымдан бери белгилүү. Кошойдун ордосу жайгашкан. Ат-Башы чеби Ферганадан Барсханга кеткен соода жолунан орун алган.



Чеч-Дөбө (Ат-Башы өрөөнү).

Чыгыш тилдеринде жазылган китептерде Караханий, моңгол, Моголистан жана калмак доорунда Ат-Башы өрөөнүндө болгон көп тарыхый окуялар баяндалат.

ЧЕЧЕК (түрк — моңголчо гүл) — топоним. Чет-Каркырада Орго кандын жылкысы жайлаган Тоо (Сагымбай Орозбаков, 2. 76).

ЧЕЧЕН — «Манас» эпосунда чагылдырылган социалдык термин:

Бир оокумда козголуп,
Кеп баштады жайма жай
Кой оозунан чөп албас
Коңур чечен Ажыбай (Курама вариант, 1. 228). Бул саптарда Ч. деген термин сөзмөр дегенди туюндуруп турат.

Ч-дин функциясы (аткарган милдети) кенен, алар — бийлик башындагыларга акыл, кеңеш бере ала турган адамдар. Ч. тууралуу маалыматтар 13-кылымдагы тарыхый булактардан кездешет. «Чечен» сөзү түрк тилине (ошондой эле кыргыздарга да) моңголдордон кирген. Моңгол тилинен «сечен» же «цецен» акылман деп которулат. Ал эми моңголдорго бул сөз убагында кытай тилинен кириши ыктымал. Анткени, кытай тилинде акылман деген сөз «сиэнжэнь» деп айтылат.

Ч. акылман, кеңешчи (советник), мамлекеттик адам катары моңгол империясынын убагында кеңири белгилүү болгон. Мисалы, моңголдордун тарыхында Дай-сечен, Жамуха-сечен жана башкалар Ч-дердин ысымдары белгилүү. Моңгол мамлекетинде Ч-дер уруу башчылар болушкан. Б. Я. Владимирцов алардын уруу башчылыкка аксакалдыгы менен эмес, күчтүүлүгү,

www.bizdin.kg
байлыгы жана башкалар артыкчылык сапаттарга ээ болгондугу үчүн шайланышканын белгилеген. Кыргыздар моңголдор менен карым-катнашта болуп тургандыктан, бара-бара Ч. деген түшүнүк аларга да өткөн. Ошондуктан кыргыз феодалдык коомунда (о. кылымдарда) Ч. деп жөн эле сөзмөр адамды эмес, кандардын, бектердин акылман, колунан көп иш келе турган кеңешчисин айтышкан.

Ч. түшүнүгү моңголдордон кыргыздарга гана эмес, жалпы эле Орто Азия чөйрөсүнө кеңири тараган. Алгачкы мезгилдерде Ч-дин функциясы кенен болгон. Кийинчерек 18-кылымдан баштап Ч. сөзмөр адам маанисине өтүп баратканын Хива каны жана тарыхчысы Абулгази (1643—63) так белгилеп кеткен: «Ойрот элинде Чамуха — чечен деген бир кезде жашап өткөн. Чечен деген эстүүлүк, арабдар чеченди акыл, ал эми тажиктер ба-хиред дешет. Моңголдор менен өзбектерде азыркы убакытта да чечен деп сөзгө бай кишини айтат. Чечен деген сөз ушу күндөргө чейин казак, кыргыз, өзбек, уйгур жана башкалар тилдерде сакталып келе жатат».

Тарыхчы Рашид ад-Дин Ч. адамдын атына кошулган компонент сөз деп эсептеген. Ошентип, Ч. «Манас» эпосу боюнча, жалпы эле кыргыз фольклорунун материалдары боюнча. Орто кылымдарда даанышман, сөзгө чечен, согуш ишин билген акылдуу адамдын маанисин берет.

И. Молдобаев

ЧЕЧЕНДЕР — эпизоддук кейипкер, Шоорук кандын баатыры. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Шоорук кан менен болгон согушта Ч. Манас баатырга жекеге чыгып, беттешүүдө ажал табат.

ЧЕЧЕН СӨЗДӨР — кырдаалга жараша курч, таамай айтылып, ой таасын, мааниси терең берилип, куюлушкан ыргактуу сөздөр. Ч. с-дү айткан адамды эл *чечен* деп атаган. Ч. с. көбүнчө табышмак, суроо-жооп иретинде айтылып, бир чеченди экинчиси жеңүү максаты коюлат. Уйкаштырып, куюлуштуруп, учкул сөздөрдү кошуп, кыска, кепти чукугандай таап сүйлөө — чечендер өнөрүнүн башкы белгилеринин бири. Эпосто чечен атайылап көрсөтүлгөн каармандар да бар (Ажыбай, Үрбү жана башкалар).

«Манас» эпосунда да толуп жаткан Ч. с. бар. Алар Бакай, Каныкей сыяктуу каармандардын речинде, манасчыларда ар кандай окуя-кырдаалга карата көркөм баяндоо ыкмаларында учурайт. Эпосто дидактикалык чыгармалардын тутумундагы Ч. с. накыл кептер, макал-ылакаптар, санаттар, насааттар, учкул сөздөр жана башкалар учурап, чыгарманын поэтикалык көркөмдүгүн арттырып турат.

ЧИЛТЕН, к. *Кырк чилтен.*

ЧОБДОР ӨТҮК — каңылтыр темирлер менен капталган өтүк. Чобдор — жүбадар («жүбө» — найза өткүс калак, темир, «дар» — бар) деген сөздөн алынган. Демек, темир бастырылган ок найза өткүс өтүк. Эпосто Алмамбеттин өтүгү: «туюк өтүк, кончу кең, чобдор өтүк такасыз» (Сагымбай Орозбаков, 4. 68), — деп сүрөттөлөт.

ЧОГООЛ МЫЛТЫК — согуштук мылтык. Эпосто казатта колдонулган мылтык катары айтылат: «Чогол мылтык чорт этсе, Чочуп кетпес беренден» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 257), «Чогол мылтык чорт этсе, Чочубастын өзү экен» (Саякбай Каралаев, «Семетей, 1. 343), к. *Мылтык.*

ЧОГУЛМАНЫН САЗЫ — топоним. Манас менен Кошой Алтайдан Ала-Тоого көчүү жөнүндө кеңеш курган жайык (Саякбай Каралаев, 1. 168).

ЧОДРОНОВ Кыдырбек (1920, Аламүдүн району, Баш-Кара-Суу айылы) — опера ырчысы (баритон).

www.bizdin.kg



К. Чодронов — Семетей. «Айчүрөк» операсы, 1968.

Кыргыз ССР эл артисти (1958). Москва консерваториясынын улуттук студиясында окуган (1948—51). 1938-жылдан хор артисти, 1942жылдан А. Малдыбаев атындагы Кыргыз опера жана балет театрынын солисти.

Ч. Кыргыз опера жана балет театрында коюлган операларда ондогон ролдорду сахнага алып чыкты. «Айчүрөк» операсынан Семетейдин, Канчоронун, Түмөнбайдын, «Манас» операсынан Манастын партияларын чебер аткарууга жетишкен. Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада өткөн он күндүгүнө (1958) катышкан. Ч. Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.

ЧОКМОРОВ Мамбет, к. *Мамбет* Чокмор уулу.

ЧОКМОРОВ Сүймөнкул (1939, Аламүдүн району, Чоң-Таш айылы —1992, Бишкек) — кыргыз сүрөтчүсү, киноактёр. СССР эл артисти (1978). Бүткүл союздук Ленин комсомолу сыйлыгы (1972), Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1978).



1958-ж. Фрунзе көркөм сүрөт окуу жайын, 1964-ж. И. Е. Репин атындагы Ленинград живопись, скульптура жана архитектура институтун (Е. Е. Моисеенконун өнөрканасында) бүткөн. Фрунзе көркөм сүрөт окуу жайында окутуучу (1964—68), окуу бөлүмүнүн башчысы (1966—67) болгон. Чыгармачылыгын сүрөтчүлүктөн баштап, көбүнчө живопись жана портрет жанрында эмгектенген. Портретпи, пейзажбы же тематикалык композициябы — каармандыы, жаратылышты жана белгилүү бир теманы ачуучу көрүнүштөрдү майда деталдарына чейин таасын көрсөтүү анын кыл калемине мүнөздүү. Ошондой эле аны ички дүйнөсү бай, олуттуу жана чечкиндүү каармандар кызыктырат. Ал 20-кылымдын Гомери, эпик-жомокчу Саякбай Карала уулунун

www.bizdin.kg
образын жаратууга көп жолу кайрылган. 1971-ж. тарткан портретинде залкар манасчынын образы поэтикалуу маанайда монументалдуу чагылган. 1974-жылдары жараткан «Арноо», «Саякбай Каралаев» аттуу полотнолорунда Саякбайдын ички дүйнөсүн ачык түстүү, экспрессиялуу көркөм формалар аркылуу берген.



С. Чокморов. С. Каралаев.

Анда эпостогу окуялардын фонунда манасчынын образын ынанымдуу ачып берүүдө живописти чебер шилтемдер өбөлгө болгон. Эпостук окуянын негизинде жаралган «Чоң Казат» полотносунда да көркөм өнөр чындыгын көркүнө чыгара турган шарттуулук менен жалпылаштыруунун эриш-аркактыгын композицияны байытчу деталдардын ченемдүү киргизилиши, ага ылайык түстөрдүн тандалышы, ички ыргактардын алмаштырылышы орундуу пайдаланылган. Кыргыз ССР Жогорку Советине (10-шайл.) депутат. «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган.

С. Алиев

ЧОКОН — кейипкер, маңгулдардын дөөсү. Манас туулгандагы тойдо Түгөлбай менен күрөшкө түшүп, жыгылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 79).

ЧОК-ТАБЫЛГЫ — топоним. Эпосто:

Каспаңдын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда,
Чок-Табылгы жайлаган
Чоң кара атын байлаган
Жоо дегенде шайланган,
Алтымыш жайсаң иниси
Алоокенин кенжеси, — деп сүрөттөлүп, Чок-Табылгы Коңурбайдын мекендеген жери катары туруктуу айтылат. Иле өзөнүнүн баш жагындагы жердин аты.

ЧОЛПОН-АТА — топоним. Эпосто кыргыздар мекендеген жерлердин бири. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манас Көкөтөйдүн ашына бараткан жолдо Ч.-А-га түнөп өтөт.

Шамалдуу Кочкор жол менен,
Санды түмөн кол менен,
Чолпон-Ата боюна,

www.bizdin.kg

Чоң-Кой-Суунун оюна
Кечке жуук жатышып,
Ойноп ордо атышып,
Көл жакалай конуптур (Сагымбай Орозбаков, 3. 110).

Географиялык реалияда Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы белгилүү өрөөн. **ЧОМО** Асыран уулу (1879, Алай өрөөнү, Шалба айылы —1924, Алай өрөөнүндөгү Моло-Бел жайлоосу, Кең-Кайкы конушу) — манасчы. Ч. жаш кезинен ырга, жомок айтууга ышкылуу болгон. 19—21 жаш курагында «Манас» айтууга абдан кызыгып, айта баштаган. Ал кытайлык кыргыздардын Чоң Багыш уруусуна барып, алардын манасчыларынан «Манасты», «Семетейди», «Сейтекти», «Чигитайды» жана башкалар айтууну үйрөнгөн. «Манасты» сегиз муунуна чейин айткан. Ч «Манас» айткан убакта, үйдүн төрүндө олтурса, бир нече убактан кийин үйдүн босогосуна кандай барып калгандыгын өзү да байкабай калчу экен. Ч. Алай элиндеги атактуу манасчылардан болгон. Ал өзүнүн жээни Айдар Жаныбек уулун да манасчылык өнөргө тарбиялаган. Ч. басмачылар колдуу курман болгон. **ЧОНДОЛОЙ**, к. *Жондолой.*

ЧОҢ АНЖЫЯН — топоним. Алооке кан Манаска каршы жоого аттанарда өзүнө караштуу Ч. А-дан да кол жыйнайт (Сагымбай Орозбаков, 2, 165), к. *Анжыян.*

ЧОҢ АЯР — эпизоддук кейипкер, Эсенкандын чыгаан сынчысы. Ч. А. Нескара колго түшүрүп келген Билерикти көрүп сынап, ал жөнүндө буруттарга (кыргызга) кабар берип, алардан көп сандаган белекти тартууга алабыз деген оюн кытайлардын башкы каны Эсенканга айтат. Ч. а-дын айтканы боюнча (Эсенкан Билерикти орго салдырат (Саякбай Каралаев, 1. 119).

ЧОҢ-БАРБАР — топоним. Букардан Таласка алгач келген Семетей Көбөштөн атасы Манастан калган мүлктөрүн доолаганда, ал кара-өзгөйлүк кылып, «Чоң-Барбардын бетинде, Лоп дарыя четинде» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 282) Карачанын Сайкалын сайып, Тайбуурулду тартууга алганмын дейт. Географиялык реалия катары Ч.-Б. Синьцзяндагы Лобнор көлүнө жакын жер.

ЧОҢ БИЛГИЧ, Билгич — каарман, Кожожаштын баласы. Саякбай Карала уулунун айтуусунда «Кенендеги» кытай баатырларынын бири. Ч. Б. атасы өңдүү эле кара күчү мол, өзүн душмандарынан артыкча өнөргө ээ каарман катары сүрөттөлөт. Чыңтемир өңдүү Ч. Б. да бабасынын ишин улантуучу. Атасы Кожожаш Коңурбайдын айтуусу боюнча улам бир кыргыз баатырын мележесе, Ч. Б. Коңурбайдын небереси Чыңтемирдин ишенген адамы, кеңешчиси. Буруттун чамасын байкап көрүп, чамасы жете турган болсо алмак болуп, Ч. Б. жанына жүз аяр балбан алып Таласка келет да Сейтектин жылкысын тиет. Артынан кууй келген Акжолтой менен Сейтек согушуп жүрүп отуруп жылкысын ажыратып алат. Балбандарынын баарын бүт кырдырып, катуу жарадар болгон Ч. Б. эптеп кутулат.

ЧОҢ ЖИНДИ — Манастын бала кезиндеги жашырын аты, к. *Ат коюу.*

ЧОҢ-КАЙКАҢ — топоним. Манас Анжыян, Керме-Тоо, Алайды аралап, Ч.-К. өрөөнүндө Ополду мекендеген Олуя аттуу дөөкөргө келет. Махмуд Кашгаринин (11-кылым) маалыматы боюнча Кайкаң өрөөнү экиге — Ч.-К., Кичи-Кайкаңга бөлүнүп, Иле өрөөнүнө туташ жайгашкан.

ЧОҢ-КАМЫШ — топоним. Чоң казаттагы алгачкы айкашта жылкы тийген Сыргак, Алмамбет артынан куугунга келген кытай-калмак баатырларына жашырынып сокку урган жер (Сагымбай Орозбаков, 4. 259).

ЧОҢ-КАШТЕК — топоним. Ак куу болуп кубулуп дүйнөдөгү алптарды сынаганда Айчүрөк «Чоң-Каштекти ашып» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 363), Илени басып өтүп, Сары-Аркага барат. Географиялык реалияда Алматы облусундагы өрөөн, суу, ашуу (Азыркы Жамбул району).

www.bizdin.kg
ЧОҢ КИТЕ, Ките — каарман. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Коңурбайдын небереси. Атасы *Байконур* өлгөндө кырк уруу кытайга кан болуп турган Ч. К. Сейтектин кабарын угуп, ага каршы *Чоң Билгичти* жүз балбан менен жортуулга жөнөтөт. Жаралуу болуп жалгыз өзү кутулуп келген Чоң Билгич Сейтекке алы жетпей турганын, Китенин Чыңтемир аттуу уулдуу болорун билдирип, Инди канынын кызын алууга кеңеш берет. Баласы он бирге келгенде Ч. К. кандыгын баласына берип, дүйнөдөн өтөт.

«ЧОҢ-КОШУН» — комузчу-акын Актан Тыныбек уулунун күүсү. «Манас» эпосунун сабатмалуу обонунун негизинде чыгарган. Күүдө жердин кооздугу, башкы каармандын жана анын чоролорунун эрдиктерин сүрөттөө, сыпаттоо мүнөзүндөгү жаркын кайрыктар аркылуу көркөм баяндалат.

ЧОҢ-КУЧКА — топоним. Чалгынга барган Алмамбет жай ташын сууга салып, Коңурбайдын жылкысы жайлаган жерлерге күн жаадырып, алай-дүлөй түшүргөндө Карагул аяр жылкыларды Ч.-К-нын оюна жашырат (Сагымбай Орозбаков, 4. 263).

«ЧОҢ МАНАСЧЫ САЯКБАЙ ЖАНА АЛ АЙТКАН ВАРИАНТ» — «Манас» эпосунун Саякбай Карала уулунун варианты боюнча жарык көргөн 1-китебине *С. Мусаевдин.* жазган баш макаласы (Фр., 1984). Кириш сөздө Саякбай Карала уулунун кандайча манасчы болгондугу жөнүндө кеңири сөз козгойт. Манасчылардын көптөгөн муундарынын табылгаларын терең өздөштүрүү менен зор таланттын, чыгармачылык шыгынын кошундусунан жаралган Саякбайдын варианты «Манастын» бүгүнкү колдо балгондорунун эң мыкты үлгүлөрүнүн бири. Бул вариант эпостун салттык туруктуу окуяларын толук камтыгандыгы, мазмунунун байлыгы, терең элдик идеясы, жогорку көркөмдүк деңгээли менен айырмаланып турат. Саякбай «Манасты» жөнөкөй эле кайталап айтпастан, эпоско өз салымын кошуп, мазмунун кеңейтип, көркөмдүгүн арттырган чоң манасчы. Анын вариантында согуштук эпизоддор өзгөчө кеңири, таасирлүү айтылат. Жер-суу көрүнүштөрүнүн берилиши, баатырлардын кагылыш-кармаштарынын сүрөттөлүшү белгилүү манасчылардын айткандарынан, эң мыкты дегендеринен ашып түшпөсө, кем калышпайт. Баш макалада автор Саякбай Кара уулунан жазып алынган эпостун мазмунуна кеңири токтолгон. Эпостун салттык окуялары Саякбай Карала уулу айткан вариантта толук камтылгандыгы менен бирге белгилүү болгон көп варианттардан айырмаланып турат. Ал эпостун «Семетей» менен «Сейтекти» жана анын уландыларына негизинен «Манасты» өркүндөтүүгө өз салымын кандай кошсо, кийинки уландыларына деле так ошондой мамиле жасаган. Макалада С. Карала уулунун варианты боюнча бул басылышты жарыялоо принциптеринен да кабар берилет.

Ж. Сагынов

ЧОҢ ЭШЕН, эшен — эпизоддук кейипкер, Самаркандык касиеттүү динчил адам. Кытай кандары Карыкан, Эсенкан кыргыздан Манас аттуу эр туулуптур, жарым жаштан өйдөкү Манас деген уул болсо кармап келгиле деп балбан, аярларын жиберет. Акыры алар Самаркандан Ч. э-дин уулу Жарманас аттуу балага жолугушуп, аны байлап Бээжинге алып кетет (Саякбай Каралаев, 1. 42—43).

ЧООДАН (1835 — 1900) — манасчы. Белгилүү манасчылар Шаймардан, Матисак Акбай уулу, Калбек Жумагул уулу, Бөрүбай Султан уулу, Мурат Көлбай уулу жана башкалар андан таалим-тарбия алган.

Ч-дан өз убагында эпос жазылып алынган эмес, андыктан биз анын жомок айтуучулук салтын, анын жолун уланткан шакирттеринин айтуулары аркылуу билебиз. Түштүк тобундагы белгилүү жомок айтуучулардын дээрлиги тигил же бул деңгээлде Ч-дык салттык ыкма менен байланыштуу деп түшүнүү керек, анткени алар анын таасирин башынан өткөрүшкөн.

www.bizdin.kg
Ч-дык салттын дагы бир белгилей турган өзгөчөлүгү, Балык жомокчунун чыгармачылык салты менен карым-катышта болгонунда.[4] Анткени, Балык Таласта турганда Ч. жашап турган Кыргызстандын түштүгүнө такай барып турганы белгилүү, эки залкар манасчынын айтуучулук чеберчилик өнөрү бири-бирине таасир эткен деп божомолдоого болот. Өз учурунда Ч. Кудаяр кандын манасчысы болгондугу жөнүндө эл оозунда аңыз айтылып жүрөт.

«Манас» айтуунун тарыхында башкалардан айырмаланган бул маанилүү бөтөнчөлүк, жогоруда эскертилген түштүктүк жомок айтуучуларда кандайдыр бир деңгээлде баяндалгандыгы менен өз убагында жазылып калбагандыгына өкүнүүгө туура келет.

Р. Кыдырбаева

ЧООР — кыргыздын үйлөмө музыкалык аспабы. 3—6 көзөнөктүү. Ч. чогойно, шилби, камыш, металл, ж. б. материалдардан жасалат. Узундугу 45—50 *см.* Ч-дун көзөнөктөрү манжа менен басылып, акырын же катуу үйлөө аркылуу түрдүү добуштагы күү аткарылат. Музыка изилдөөчү Б. Алагушовдун маалыматы боюнча кыргыз Ч-у татар, башкырттардын курай, казактын сыбызгы, өзбектин най, кошнай, алтайлыктын чоор, азербайжандын тутек, тажиктин тутык, түркмөндүн тюйдугуна окшош. Эпосто Манас Каныкейди алганы күйөөлөп бараткан салтанатта комуз, Ч. баштаган калк аспаптарын ойногон өнөрпоздордун арасында чоорчулар да болгондугу айтылат:

Сары жыгач кыйдырган,
Саратан күнгө койдуруп,
Усталыктан кылдырган,
Отуз жети жигитте
Сыбызгы менен чоору бар (Сагымбай Орозбаков, 2. 390).

Контекстте Ч-дун эмнеден жасалганы тууралуу так түшүндүрмө берилген. Ал негизинен үйлөмө аспаптардын түркүмүнө кирип, ансамблдешип, чакан оркестрди түзүшүп, ар кандай кырдаалда, салтанаттарда аткарылган.

К. Ашымбаев

ЧОПКУТ — байыркы жоокер кийими. «Маната» Каныкей кырк чорого жоо кийимдерин даярдаганы баяндалат. Ал кийимдер ок өтпөс, «сайса найза тешпеген, чапса кылыч кеспеген» кийимдер.

Ичин буулум менен иштеген,
Тышын бурчтап тыштаган,
Аркагын асыл темир мадаткан,
Найзалашса этке өтпөй.
Алышкан жанды жадаткан...
Бет алышка жоо келсе
Бек муштаса жетер деп
Бей ажал өлүм жетер деп
Бейлебей койсом бекер деп
Кыркыңа кылган кырк чопкут (Саякбай Каралаев, Кол жазмалар фондусу,
553-инв).

ЧОРО (иранча чухра — жан жигит, жолдош) — эпикалык баатырдын жакын жолдошу. Ойрот-калмак мифологиясында көптүк түрдө чорос, цорос деген дербет жана жунгар кнэздарынын байыркы ата-бабалары катары айтылат. Ойротчо — цор, ортоңку кыпчак тилинде — чора, шора. Ч. — баатыр деген маанини билдирген. Чыгыш теги боюнча байыркы түрктөрдөн титул болуп эсептелген чур (чор), (чура) чора деген сөзүнө барып такалат. Чур (чор), (чура) чора сөзү байыркы убактарда байыркы перс тилинен түрк тилине кабыл алынганы, алгач

www.bizdin.kg
байыркы перс тилинде «жоокер», «баатыр» деген түшүнүккө ээ экендиги, бирок кийин байыркы түрк тилинде титул катары (кан менен бектин ортосундагы) мансаптык даражаны билдиргени маалым. Чур (чор), (чура) чора титулунун негизинде ошол байыркы түрк доорунан баштап эле көптөгөн адам аттары пайда болуп колдонулуп келген. Буга байыркы түрк руникалык жазмаларында учураган Агуш Чур, Бег чур, Ил чур, Чур өңдүү ысымдар күбө.

Ч. ысымы бир гана «Манас» эпосунда кездешпестен, башка түрк элдеринин фольклордук чыгармаларында, ошондой эле реалдуу антропонимдер системасында ушул мезгилге чейин колдонулуудан калбай сакталып келе жатат. Мисалы, кырым татарларында, башкырларында, каракалпактарда, ногойлордо, кыргыздарда «Шора (Чоро)» деген баатырдык поэма бар. Ал эми башкырларда, татарларда Чура, казактарда Шоро (Шора), калмактарда Шора деген ысымдар реалдуу адам аты катары азыр да колдонулат. Эпостук чыгармаларда негизги баатырдын согуштук иштерге бирге катышып, таяныч, жөлөк болгон эң жакын жоокери катары белгиленет. Ошондой эле кандын сарай сакчылары, ишенимдүү жоокерлери да Ч. деп аталган. Бул кызматка жогорку катмарлардын балдары гана алынган. Эпосто Манастын кырк чоросунун көпчүлүгүнүн аталары да кандар болгону сүрөттөлөт.

Ч. термини кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармаларынын ичинен «Маната» гана салттуу түрдө туруктуу айтылат. Бул термин эпикалык чыгармалар үчүн гана мүнөздүү. Кыргыздын башка баатырдык кенже эпосторунда Ч термини салттык түрдө учурабастан, негизинен ага синонимдик маанидеги «жигит», «жоро», «жөкөр» деген термин аркылуу берилет. Ошону менен бирге Ч. кыргыз элинин тарыхында социалдык термин катарында да колдонулгандыгын белгилөө зарыл.

Ч. термини түрк тилдүү элдерде орто кылымда кеңири колдонулган. Мисалы, 11-кылымда жазылган Ж. Баласагундун «Кутадгу билигинде» Ч. «Чагры-бек» түрүндө учурайт. Анда «Чагрыбек» ордо титулу, «чин» деген мааниде түшүндүрмө берилген. Ал эми түрк, моңгол элдериндеги алгачкы мамлекеттик биригүү «ордо» деген элдик термин менен аталган. Ошондуктан, Ч. титулу мамлекеттик бирикме менен да байланыштуу. Өзбек акыны Мухаммед Солихтин 15-кылымда жазылган «Шайбани-Наме» аттуу тарыхый поэмасында «ички» деген термин менен катар «чухра» деген термин да учурайт. В. В. Бартольд 17-кылымдагы өзбек кандарынын сарай кызматкерлеринин титулдук наамдары менен мансап абалдарын талдап, башка терминдер менен катар «кырк-чохре», «көп-чохре», «чехре-агасы» деген терминдерди да келтирет. Ч. Валиханов «азаматтар», «чоролор» деген сөздөр казактын байыркы поэмаларында көп учурагандыгын белгилеп, чоро — азамат дегеи сөздүн синоними, бирок бул сөз бир аз эркин болуп, мурун азамат деген кошулбастан эле жеке өзүнчө колдонулган. Чоро-азамат — нукура жоокердик сөз жана аны орусча: товарищ, дружина деп которууга мүмкүн, — деп жазган. «Манас» эпосунда Ч. термини өзүнүн мааниси боюнча моңголдун «нөкөр» («жөкөр») арабдын «везир» («увазир») деген терминдери менен бирдей милдетти аткарат. Ошондуктан эпосто «чоро», «нөкөр», «жөкөр» терминдери өтө жыш учурайт. Демек, Б. Я. Владимирцовдун белгилүү жобосу менен караганда чоролор (вассалдык уруу башчылары) кыргыз руулары өзүнчө эл болуп биригүү процессинде маанилүү роль ойногон деп эсептөөгө болот. Ч. тарыхый термини Караханийлердин мезгилинде кыргыз элинин түзүлүү процессинин ургаалдуу жүрүү учурундагы биригүү тенденциясын туюндургандыгын белгилүү өлчөмдө аныктап турат. «Жоону сайса эр сайды, аты калды Манаска» деген ылакап да ушул чоролорго байланыштуу келип чыккан. Ч. жөнүндө эпостон төмөнкүдөй көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. «Аты чоро дебесең, Семетейден кем эмес», «Үйдө жүрсөң бир чоро, жоого чыксаң миң чоро»,

www.bizdin.kg
«Төрөсүнөн чоросу эр», «күн тийген жердин чоросу» жана башкалар ушундай сыяктуу Манастын кырк чоросу төмөнкү саптарда өтө таасын сүрөттөлгөн.

Ал чоронун ичинде,
Найзакерден кабылан,
Ыктуу чоро дагы бар.
Акылга чечен иш билги
Мыкты чоро дагы бар.
Ай балтаны чабуучу
Баатыр чоро дагы бар.
Бир сырын киши билбеген
Капыр чоро дагы бар.
«Туйт» деген жакка басуучу
Жаман чоро дагы бар.
Түрсүлдөп сөздү билбеген
Наадан чоро дагы бар.
Кеп сүйлөбөс, тил айтпас
Чоркок чоро дагы бар.
Түндө эшикке чыга албас
Коркок чоро дагы бар.
Акыл-айла көп билген
Аалым чоро дагы бар.
Артын бузуп жөн жүрбөс
Залим чоро дагы бар.
Далайынан иш билген
Тунук чоро дагы бар.
Майда ушакты жүргүзгөн,
Бузук чоро дагы бар (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 330), к. *Кырк чоро.*

А. Боронов, Ы. Кадыров

ЧОРО — эпизоддук кейипкер, найман уруусунан чыккан баатыр, Манастын душмандарга каршы алгачкы күрөшүндө жардамга келген баатырлардан.

ЧОТАЛА (иранча шотор — нал; шотор — төө; нал — мылтык) — төөгө жүктөп алып жүрүүчү кичине замбирек (төө мылтык). Эпосто жөнөкөй эле мылтык маанисинде колдонулат. Мисалы, Радлов жазып алган вариантта «Кийиз каптуу кылычы, Чотоладай мылтыгы» (Радлов жазып алган вариант, 235).

Сагымбай Орозбаковдун вариантында:

Чотала үнү чопулдап,
Асмандан түшкөн октору,
Көктөн түшкөн мөндүрдөй.
Көк коргошун топулдап (Сагымбай Орозбаков, 3. 165).

Көзкамандардын окуясында Ч. Көкчөкөздүн мылтыгы болуп эсептелет. Мисалы, «Асынган мылтык чотала» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 581-инв., 423-б.).

ЧОЧМОР — эпизоддук кейипкер, кыргыз баатыры. Кыяз Айчүрөктү олжологону келгенде Акжолтой менен кошо Айчүрөктүн капкасын коргоп жатып курман болот (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 334).

ЧОЮКЕ. Өмүр уулу (1863, Каракол уездинин Түргөн болушу, Түргөн айылы — 1925, ошол эле жер) — манасчы. Арык уруусунан. Саякбайдын устаты. Манасчылыкка өтө кызыгып, Манас баатырдын жана анын чоролорунун мекенин көрөм деп 1900-жылдары Таласка барып, эпосто чагылдырылган жерлер менен таанышкан. Кытайдагы кыргыздар менен казактарга барып, «Манас» айткан

www.bizdin.kg
учурлары болгон. Ч-нин таржымалына, чыгармачылыгына байланыштуу айрым маалыматтар аны көрүп-билип, «Манасын» угуп калган кишилердин айтымында мындай эскерилет: «Чоюке кедей-кембагалдын бүлөсүндө туулуп, турмушу жупуну өткөн. Ал «Манасты» 17 —18 жашынан айтып, 25—30 жаштар чамасында топко айтып чыккан. «Манас», «Семетей», «Сейтекти» айтуу жагынан анын алдына киши чыкпаган». Ушул кезде да Чоюкеден укканлар андай эч ким айта албайт деп тамшанышат. Ч. да «Манас» айтуусун башка манасчылар сыяктуу эле түш көрүү менен байланыштырган. Анын түшү төмөнкүдөй: Ч. жаш кезинде анча-мынча «Манас» айтып жүргөн учурунда Каркырадан келе жатып Кызыл-Кыянын Түргөнүндө уктап калып, түш көрөт. Түшүндө аксакал киши оозуна таруу куюп, бир кап тарууну үйүңө алып кет деп кошо берет да, Кызыл-Кыянын элинде мына ушундан баштап «Манасты» айта баштайсың деп айтып көздөн кайым болот. Ошо күндөн баштап «Манасты» жакшы айта баштадым», — деп эскерген ал.


Ч-нин экинчи бир түрдөгү түшү мындайча айтылат: Каркырага жарманкеге барып келе жатып Кызыл-Кыяга келип талыкшып уктап калат. Бир оокумда бир аксакал киши келип: — Сен Чоюкесиңби? «Чоң казатты» айтасыңбы? (Ага чейин Ч. «Чоң казатты» чолуп-чолуп ар кайсы жеринен айтып жүргөн). — Айтамын дейт Чоюке. Андан соң ал аксакал адам: эми кыбыла жакты карап тур, — дейт. Каражал аксур ат минип, кара калпак, боз чепкен кийип, тиги алдыда кырк чорону ээрчитип келе жаткан Манас баатыр. Анын соңундагы кызыл буурул ат минген, кызыл чийкил жаш бала бу Семетей. Андан ары Кең-Колду бойлоп көч баштап, алтымыш төөгө пул артып келе жаткан Кайыптын кызы Каныкей, анын артынан Темиркан кызы Чачыкей келет. Анан Чоюкеге аксакал күн чыгыш жакты көргөзүп: — Эми жаадай кара ат минип кытайдын каны Коңурбай кырк кечилди ээрчитип келет. Мурда көргөнүң Манас, азыр көргөнүң Коңурбай, бирин мусулман, бирин капыр дебей, экөөн тең айтасыңбы? — дейт аксакал. Чоюке: — Экөөнү тең айтам, — деп жооп берет. — Быйыл Кең-Колго барасыңбы? Манас баатырдын күмбөзүнө барып, зыярат кыласыңбы? — деди Бакай. — Барамын, — дейт Чоюке (Кол жазмалар фондусу, 233-инв., 5-б.).

Ч-нин уялаш бир тууган иниси Азиздин маалыматы боюнча Өмүр кыргыздын арык тукумунан. Ал өз оокатына тың кедей адам болгон. Ч-нин жээк-жергесинен элге таанылган ырчы-жомокчулар болбогон. Ч. сегиз бир тууган болуп, баарынан улуусу болгон. Атасы Өмүр гана жөө жомокторду, «Манас» эпосунун айрым үзүндүлөрүн айткан. Ч-нин көлдүн көкүрөгүндө «Манас» айтпаган айылы, эли калбаган. 1910-жылдары Ч. Таласка барып Манастын күмбөзүнө сыйынат. Үч жыл бою Талас, Чүй өрөөнүндө «Манас» айтып жүргөн. Текес тараптагы казактарга да айткан учурлары болгон. Ч. Каныкейдин Тайторуну чапканын бир кыйла күчтүү айткан. Ч. 1924-ж. Бишкек калаасына чакырылып, элдик өнөрпоздордун кароосуна катышат, 1925-ж. жаз айларында каза болгон. Ч-ден таалим алган шакирттеринин бири манасчы Мамбеталы Ашымбай уулу да мындай эскерет: «Чоюке «Манасты» айтууда өз учурунда көл башында алдына эч кимди чыгарбаган. «Манасты» айттырууга ким чакырса кете бере турган, бүлөсү, бала-бакырасына карабаган киши болгон. Чоюке «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүн толук айткан». Ч. 1924-ж. Саякбайга жолугуп, манасчылыктан чоң таасир берген. Ч. жөнүндө Саякбай төмөнкүдөй эскерет: Чоюке узун бойлуу, ак жүздүү, чокчо сакал киши болгон. Ал эпостун «Манас» бөлүгүн Чоң Казаттан баштап, Каныкейдин Букарга качышы менен бүтүргөн. «Семетейди» бүт билген. «Сейтекти» мен андан уккан жокмун». Ч-нин өз оозунан «Манас» жазылып алынган эмес. Бирок, шакирттери Саякбай Карала уулу, Мамбеталы Ашымбай уулу, Шаабай Азиз уулдарынын варианттарына карап, Ч. «Манас» үчилтигин толук жана анын уландысы Кенен, Алымсарык, Кулансарык жөнүндөгү окуяларды да айткан деп болжолдоого болот.

www.bizdin.kg

ЧОЮН АЛП — эпизоддук кейипкер. Эпикалык кытай, калмак балбандарынын бири. Негизги варианттарда айтылат. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Көкөтөйдүн ашына чакырылган меймандардын арасында даңгыт элинин балбаны аталат. Кыргыздар менен кытайлардын согушунда душман балбаны катары «Темир алп менен Чоюн алп Кошо келип калыптыр» деп айтылса, Манастын Каныкейге айткан керээзинде Төштүк кармашкан алптардын бири Ч. а. экендиги эскерилет.

ЧОЮН БАШ — жоо куралы. Башына чоюн уютулуп жасалган чокмор: «Алачык үйдөй чоюн баш Алды күүлөп колуна» (Сагымбай Орозбаков, 2. 82),



«Чоюн баш тийип мурдуна Былчыйганы дагы бар» (Сагымбай Орозбаков, 2. 88) жана башкалар

ЧӨКМӨ-ТОО — топоним. Кытайлардын жылкычы башчысы Карагул токсон баштуу үй чечтирип, байтал атка жүктөтүп, тогуз жүз жылкычыга жылкы айдатып барган жер.

Чөңөрдүүнүн боюна
Чөкмө-Тоонун оюна
Жыйнашып жылкы салганы
Жайланып жатып алганы (Сагымбай Орозбаков, 4. 263).

ЧӨМҮЧ — топоним. Кыргыздар мекендеген аймактын бири катары эпостун айрым эпизоддорунда эскерилет. «Чоң казатта» Манастын колу аттанып өрүү болгон жер (Сагымбай Орозбаков, 4. 112). Географиялык реалияда Чүй суусунун оң жээгиндеги бийик тоо сеңири, аскалуу тумшук (зоока).

ЧӨҢӨР-ЖАР — топоним. Алтайда Жакыптын төөлөрү жайлаган жайлоо (Сагымбай Орозбаков, 1. 74).

ЧУБАК (өз аты Болот) — негизги оң каармандардан. Белгилүү баатыр, кырк чоронун бири. Нойгут уруусунун башчысы, 12 жашында Манаска келип кошулган күнүнөн тартып, «Чоң казатта» Кожожаштын (Шыпшайдар) огуна учканга чейин эпостогу жоокердик иштеринин баарына катышып, анын оң колу болуп кызмат кылат. «Алышса адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн» Ч. жеке кармашта эч бир жооого алдырбайт. Негизги варианттардын бардыгында Ч. кеңири баяндалат. Саякбай Карала уулунун Ч-тын төрөлүшүнөн Манаска келип кошулушуна чейинки тарыхы өзүнчө эпизод катары айтылат. Анын жарык дүйнөгө келиши, балалык чагы жана Манаска кандайча жолугуп, чоро болгону толук баяндалат. Саякбай Карала уулунун айтуусунда эпикалык салтка ылайык Ч. баласыз зарлап жүргөн Акбалтанын кайыптан бүткөн баласы. Кайыптан бүткөн Ч-тын талаадан табылышы башка варианттарда учурабайт. Бирок бул вариантта да Ч-тын кереметтүү бойго бүтүшү, укмуштуу төрөлүү шарты айтылбаганы менен табияттан сырткары күчтүн таасиринде анын дүйнөгө келиши башкы эпикалык баатырдын төрөлүү салтын түздөн-түз болбосо да кайталайт. Ч-ка да түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин фольклорунда кездешүүчү салттык мотив боюнча ат коюлат. Балалуу болгон Акбалта чоң той берип, балама ат коюп бергиле деп элге кайрылат. Чогулган эл балага ат таппай турганда ак селдечен думана (кыдыр алей салам) келип, «Чубак» деп ат коюп көздөн кайым болот. Дүйнөлүк

www.bizdin.kg
эпостордун салтында элдик баатыр эрдик иштерге алгач киришерде кандайдыр бир укмуш колдоочуга кезигип, кеп-кеңешин угуп, өзүнүн келечек баатырдык иштерине керектүү жарак-жабдык, тулпар ат жана башкалар буюмдарды алгандыгы айтылат. Саякбай Каралаевдин вариантында эр жеткен Ч. өзүнө ылайык ат таппай, Манасты издеп чыгат. Булак боюндагы жалгыз мазарга түнөп калган Ч-ты Олуя чал ойготуп, ага атайы арналган Көгала тулпарды берип кетет. Ошондон тартып Ч-тын эрдик иштери баяндалат. Эрдигине чыдабай Кашкар менен Коконду камап, өзүнө каратып, Букардын каны Караканга келип, аны камайт. Жекеде Каракандын кызы Каныкейден жеңилеринде Ч. качат. Ууда жүргөн Манаска келип качкандыгынын жайын айтат. Ч. баатырдык сапаты жагынан Манас менен Алмамбеттен кем калышпаган каармандын бири. Ал өзүнө ылайык жүзү бар баатыр. Анын элеси эпосто мындайча сүрөттөлөт:

Туурасы жоон, бою пас,
Тулку бою кара таш.
Билеги жоон, таш жүрөк,
Пил мүчөлүү бадирек,
Алышса адамдын алы жетпеген,
Арстандын тиши өтпөгөн,
Акбалтанын Чубагы
Ай-ааламды буй кылган
Арстандын бири бу дагы.

Ч-тын образы өзүнө таандык сапаттары, мүнөзү менен башка баатырлардан айырмаланып турат. Манасчылар Ч-тын мүнөзүн психологиялык сүрөттөөлөрдө ачык беришет. Ал чапчаң, курч жана алабарман. Бирөөнүн тилине бат кирген ишенчээктиги бардык варианттарда айтылуучу Ч-тын Алмамбеттен чалгындын жолун талашканынан көрүнөт. Өзүнүн алп күчүнө ишенген, жоого биринчи ат коюп көнгөн Ч-ты Кыргылчалдын куйту сөзү көкүтүп, чалгынга Алмамбет менен бирге барбай калышы ага катуу тийип, шагын сындырат. Эпосто анын чатагы психологиялык жактан негизделген жорук катары бааланат. Кой-айга болбой күүлөнүп алган Ч. «Элге кызмат кылдың деп эрегишиң кай үчүн» деген Алмамбеттин жүйөлүү сөзүнө жыгылып, каталыгын мойнуна алат. Анын бул сапатына башкалар эмес, Алмамбет өзү да ыраазы болот.


Ч-тагы негизги сапат — жалтанбас эрдик, түгөнгүс күч. Жалгыз көздүү Макел дөө алыстан көргөн Алмамбетке түз жерден тоо пайда болгондой көрүнөт. Макел дөөнүн сүрүнөн, чоңдугунан чочуп, шашып калган Алмамбет Ч-ка, Манаска кабар салалы, эмне болсо да Манас өзү беттешип көрсүн дегенде:

Катыгүн Алмам не дейсиң?
Качуунун камын не жейсиң?
Атасынын көрү капырды,
Токтолуп уруш салалы,
Тобокел кылып алалы!
Качпай өлгөн эрлер деп,
Жакшы аттысы саа болсун.
Жолдошу Чубак экен деп,
Сооп чети маа болсун, — деп эпосто ажыдаардан көз ирмеп жалтанбаган Алмамбет алдастап калганда Ч-ка кайрат айттыруу аркылуу ага таандык баатырдык деңгээли, күчү, тобокелчил эрдиги, коркунуч деген эмне экенин билбегендиги көрсөтүлөт. Чоң казатта кытай, калмактардын Нескара баш болгон алтымыш дөөсүн жеке байлап келет, атынан ажырап калганда сандаган душмандын курчоосунда калып, тогуз күн жөө согушат. Душмандын чоң мергени Кожожаш келип, ал чоролордун көбүн атып өлтүрөт да, Ч. да окко учат. Кыскасы, «Манас» варианттарында «Алышса адамдын алы

www.bizdin.kg
жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн», «Көк ырапыс тон кийген, Көгала сындуу ат минген», «Кан Балтанын Чубагы — арстандын бири бу дагы» өзүнүн артык сапаттары аркылуу Манас баатырдын образын толуктап, аны тереңдетип турат.

К. Кырбашев

ЧУЙКОВ Семён Афанасьевич (1902, Пишпек —1980, Москва) — советтик живописчи, СССР эл сүрөтчүсү (1963). СССР САнын анык мүчөсү (1968).



СССР мамлекеттик сыйлыгынын (1949, 1951), Токтогул атындагы Кыргыз ССР мамлекеттик сыйлыгынын (1972) жана Индиянын Жавахарлал Неру атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. Ч. Верный (азыркы Алматы) ш-нда Н. Г. Хлудовдон, Москвада Вхутемас — Вхутеинде (1924—30) окуган. 1930-жылдардын башында Кыргызстан сүрөтчүлөр союзун, Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик сүрөт өнөр музейин уюштуруунун демилгечиси болгон. Орус реалисттик сүрөт өнөрүнүн алдыңкы салттарына таянып, Ч. кыргыз элинин турмушун, башкача айтканда биринчи планга карапайым, эмгекчи адамдардын образын түзүүнү коюп, чыгармаларында турмуш көрүнүштөрүн көлөмдүү көркөм формалар (циклдер) аркылуу сүрөттөйт.



С. А. Чуйков. Манас салбырында.

Сүрөт циклдеринде, автордун сөзү менен айтканда, «эркин эмгектин поэзиясы, кубанычы, карапайым совет эмгекчилеринин бактылуу турмушу» берилген. Ч. «Манас» эпосунун каармандарына да кайрылган. «Манастын сейилге чыгышы» аттуу полотносунда тулпарлар кыймылсыз туруп нык семирип, чоролор кылар иши жок зеригип каган тынч турмушта эпикалык баатырлардын куш салып,

www.bizdin.kg
көңүл ачып жүргөн учурун даана көрсөтө алган. Анын бул чыгармасы тарыхта кыргыздардын шумкар салып, тайган агытып сөөлөт курган салтын көркөм жалпылаштырып, чебер сүрөткерлик фантазиясы аркылуу Манас жана анын жакын чоролорунун образын элестүү чагылдыргандыгы менен баалуу. Ленин ордени жана башкалар 4 орден, медалдар менен сыйланган.

С. Алиев

ЧУК-ТЕРЕК — топоним. Манас Бээжинге жооо аттанганда колу Аягүздөгү Ч.-Т. аркылуу өтөт (Сагымбай Орозбаков, 4. 63, 130). Саякбай Каралаевдин вариантынын бир катар эпизоддорунда ыйык жерлердин бири катары эскерилет.

ЧУЛУ — эпизоддук кейипкер, амбал даражасына ээ калмак баатыры. Чууда аймакты башкарып турган Ч-ну Акунбешим Орго канга жардамга жиберип, Манастын колу менен болгон согушта өлгөнү айтылат (Сагымбай Орозбаков, 2. 74, 96, 100).

ЧУЛУН — топоним. Алмамбет Бээжинге аттанган колдун эсебин алып тактаганда Тазбайматтын бир киши жетпейт, ал колду Ч. боюнда санап өткөрүп алганын айтат (Сагымбай Орозбаков, 4. 168). Географиялык реалияда Чүй өрөөнүндөгү жердин аты.

ЧУҢКУР-УЯ — топоним. «Чуңкур-Уя үстүндө, Алматынын оозунда жердеп жаткан Жакып кан» (Радлов жазып алган вариант, 1).

ЧУУ — Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Чүйдүн баштагы аталышынын бири.

ЧҮЙ — топоним. Кыргыздардын байыртадан мекендеген жерлеринин бири катары эпостун көптөгөн эпизоддорунда эскерилет. Жакып Манас төрөлгөндөгү тойго Ч-дөгү элди да чакырат. Манас колу менен келип бошотуп алганга чейин Ч-дү Акунбешим шаа басып алып, жердеп турган. Көкчөгө тарынган Алмамбет капаланып келе жатып Ч-дүн аягында Манаска жолугат (Сагымбай Орозбаков, 1. 75; Сагымбай Орозбаков, 2. 94, 290). Географиялык реалияда Кыргызстан менен Казакстандагы дарыя, өрөөн.

ЧҮКҮРҮК — эпизоддук кейипкер, калмак аяры. Араникте болгон согушта Ч-түн сыйкырчылыгы:

Чүкүрүк аяр үшкүрүп,
Үйдөй болгон туманы
(Үрмөтүн көргүн дуванын!)
Манастын калың колуна
Туман жылып жетиптир (Курама вариант, 1. 129),

— деп сүрөттөлөт.

ЧЫЙБЫТ — эпизоддук кейипкер, Манастын аталаш иниси, алты арамдын бири. Манас өлгөндө агаларына кошулуп, Манастын ордосун чаап, бүлөсүнө кордук көрсөтүүгө катышат. «алты арамдын» бардык иштерине катышып, Кочкор менен бирдикте кырк чорону көкүтүп, экинчи жолу качышканда Семетейдин колунан өлөт (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 276, 310, 319, 330, 336, 339).

ЧЫЙРАША — топоним. Эпос боюнча Багыштын мекендеген шаары. Көкөтөйдүн ашында Багыш уулу Толтой менен Ч. шаарынан келгени эскерилет.

ЧЫЙТАЙ — кытай, моңголдордо кенже аскер кызматчысынын чини. Синьцзян чөлкөмүндө Цин империясынын үстөмдүк жүргүзө баштаган мезгилдеги администрациялык башкаруу системасына кирген: «Чыйтайың болсо чыгаргын, Чын урушка ыйгаргын» (Сагымбай Орозбаков, 2. 71), «Баңбаң менен чыйтайым, Бадышалык тыйтайым» (Сагымбай Орозбаков, 4. 344), — деп сүрөттөлгөндөй эпосто кытайлардын аскерлеринин башчыларынын бири катары көп эскерилет.

ЧЫЙЫР — кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Жакыптын агасы. Ал өлгөндө Жакып левират мыйзамы боюнча анын аялы Шаканга үйлөнөт.

ЧЫЙЫРДЫ — каарман. Манастын энеси. Сагымбай Орозбаковдун вариантында

www.bizdin.kg
кытай-калмактар кыргыздарды чаап, туш-тушка таратканда *Чыйыр* деген өлгөн агасынын аялы *Шаканды* Жакып алат. Чыйырдын аялы делип жүрүп байбичесинин Шакан аты калып, Чыйырды аталып кеткен. Өзүнүн өмүрүн бүт бойдон элдин тагдырына багыштаган баатыр баланы жана неберени тарбиялоого жумшаган патриот эненин образы эпосто «эл башына күн түшсө эл жараткан эр келет» деп эл самаган Манас баатырды тапкан кең пейил, акылман Ч-нын образы аркылуу берилет. Манаска дос болом, кыргыздар үчүн ак ниетим менен адал кызмат өтөйм деп келген Алмамбетке Ч. эне эмчек сүтүн татытат. Баласы Манастын кайгысы сууй электе кичи аялынан төрөлгөн балдары Абыке, Көбөштү тукурган чалы Жакыпка, чыккынчы зөөкүрлөргө наалат айтып, балтыр бешик Семетейди жашырып алып качып чыгат. Ч. менен Каныкей Семетейди эр жеткирүү максаты менен Букарга, Каныкейдин төркүнүн көздөй качышат. Ар кандай кыйын кысталыш учурларда Каныкейди кайраттандырып, акылын айтат. Семетейди өстүрүүдө Каныкейдин активдүү жардамчысы болот. Тайторуну чабарда да Каныкей Ч. менен кеңешет, анын батасын алгандан кийин гана атын байгеге кошот. Семетей эр жетип, атасы Манас, жери Талас экенин билгенден кийин энеси Каныкейди, чоң энеси Ч-ны алып элине келет да аларды эңсеп күткөн калкынын, акылман Бакайдын жардамы менен душмандары Көбөш канды жана анын кошоматчыларын жеңет. Ч. «Семетейдеги» окуяларга аз катышса да, сюжеттин өнүгүшүндө ар дайым эске алынып айтылып турган жандуу образ. «Манас», «Семетей» бөлүмдөрүндө тең Ч-нын образы аркылуу өз эли-жерин сүйгөн, баатырды тарбиялоонун бардык кыйынчылыктарына чыдаган, дайыма адилеттик тарабында болгон патриот эненин элеси берилген.

С. Алиев

ЧЫЙЫРЧЫК — топоним. Кыргыздар жана ага жамаатташ элдер мекендеген жерлердин бири. Жакып Манаска колукту издеп жер кыдырганда Ч-тын кырынан өтүп, Ташкенге келет (Сагымбай Орозбаков, 1. 340). Каныкейдин жомогунда Букардан Таласка келаткан жолдо Семетей Сыр-Дайрадан өткөндөн кийин «Чыйырчык, Салар эки өзөнгө» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 146) туш келери айтылат. Географиялык реалияда Ч. (Чырчык) Ала-Тоонун күн-батыш кыркаларынан куралган дарыя, Сыр-Дарыянын оң куймасы.

ЧЫЛАБА — эпизоддук кейипкер, Алмамбеттин түпкү аталарынан. Көкчөдөн келген Алмамбетти Манас урматтап тосуп алат. Баатырдыгы жана акылы жагынан өзүнө теңдеш эр жүрөк, акылман дос издеп, өзүнө барабар жолдош күтүүнү мурунтан эле самап жүргөн Манастын атаңыз ким, атың ким деген суроосуна Алмамбет: «Аркы атам аты Чылаба» деп, ата-тегин жана өзүн тааныштырат.

ЧЫЛАНДЫ — топоним. Эпосто кытай-калмактар мекендеген жерлердин бири (Сагымбай Орозбаков, 4. 192) катары айтылат.

ЧЫЛБЫР — ноктого же жүгөндүн бир жагындагы ооздуктун чагарагына тагылуучу узун тилке кайыш же көбүнчө кыл кошулуп эшилген жип. Унааны байлоо, жетелөө үчүн колдонулат. Эпосто ушул эле мааниде колдонулат:

Минесиң атты кайда деп
Чылбырдан кармай калганы
Чымырканып Чыйырды
Чылбырын сууруп алганы (Сагымбай Орозбаков, 1. 126).

«Турбады атың токтолуп, Чылбырын сүйрөп бош басты, Чындап качып шыр ашты» (Сагымбай Орозбаков, 1. 37). Эпосто ошондой эле: «Аман жүрүп ат болсо, Чылбыры тутам калгыча Чындаган жоого алдырбайт» (Саякбай Каралаев, 1. 52), — деп Манас төрөлгөндөгү Кула бээ тууган Торучаар кулун сүрөттөлөт. Мындан ал кулун келечекте баатырдын жан жолдош аты болору алдын-ала белгилүү

www.bizdin.kg
болот. Ал эми: «Эки тизгин, бир чылбыр Эми колго алды дейт» (Саякбай Каралаев, 1. 104) деген саптардан бардык бийлик колуна тийди деген маани келип чыгары белгилүү.

ЧЫМКЕНТ, Чымыгент (түрк тилдеринде кент — шаар; калктуу пункт) — топоним. Көкөтөйдүн эли жайлаган жер. Ашты Үч-Каркырага өткөрмөккө аттанган Бокмурун Ч-ке өргүп, элинин эсебин алып өтөт (Сагымбай Орозбаков, 3. 31, 78, 80). Географиялык реалияда Казакстандын Чымкент облусунун аймагына туура келет.

ЧЫМЫ — топоним. Өзү келип катылган Шоорук канга каршы аттанарда Манас Ч-дан да кол жыйнайт (Сагымбай Орозбаков, 2. 207).

ЧЫН, Чин (кыт. Цинь — кытай мамлекетинин перси тилдеринде аталышы) — топоним. Эпосто Алооке кандын шаары. Бокмурун жаш Айдарга Мааникерди мингизип:

Андан өтүп барып айт,
Чын калаанын боюнда,
Алоокедей карыга айт,
Чакырдым атам тоюна (Сагымбай Орозбаков, 3. 97), — деп Көкөтөйдүн ашына кабарга жиберерде айтылат.

ЧЫНАРСТАН — топоним. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча кырк чоронун бири Шаабек жердеген жер. Тейишкандын тою; Манастын кыз Сайкал менен беттешүүсү болуп өткөн жер катары да айтылат.

ЧЫНАЯТКАН, Чынайткан — эпизоддук кейипкер, Удайчынын кызы, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты байгелүү орунду ээлеген Түмөн тагдырына буюрган Ч-га үйлөнөт.

ЧЫҢГЫШ КАН — эпизоддук кейипкер, кытай-калмак элдерин башкарып турган башкы кан. Кызыл-суулук манасчы Жусуп Мамайдын варианты боюнча бүтүн кытай-калмак элин башкарып турган өкүмдар катары эпостун биринчи китебинде айтылат. Манастын төрөлөрү жөнүндө кабарды аярлары Ыраң менен Күдүктөн угары менен: «Кимден туулат Манас деп, Түш көргөндөй маң болгон» Ч. к-дын буйругу менен Алооке келген учурдан тартып кыргыздар кыйын абалга дуушар болушат. Бала Манасты издетүү жөнүндөгү мотив Саякбай Каралаевдин вариантында да кеңири планда айтылат. Мында баатырдын Эсенкандын бичигине жазылып, Манасты издегендер Жарманасты алып кетет.

Аккулага байланыштуу айтылган окуяларда да Ч. к. туурасында кеңири баяндалат. Жакып Манастын айдаган буудайына жүдөгөн Кулатайды сатып алып, ал кийин Аккула тулпар болот.

ЧЫНКОЖО — каарман, жедигер уруусунун каны, Семетейдин ички душмандарынын бири, эпостогу салттык образ. Айрым варианттарда Шыгайдын баласы делсе (Саякбай Каралаевдин варианты), айрымдарында Шыгайдын каны (Мамбет Чокморовдун варианты) катары айтылат. Ч-го байланыштуу окуя эпостогу көөнө окуялардан. Тууганчылыктан кетип, Семетейден бийлик талашып, чыныгы феодал баскынчы катары аракеттенет. *Толтойду* опузалап, баш ийдирип, өзүнө кошулууга аргасыздандырат. Ата-теги эпостун «Манас» бөлүмүнөн бери айтылып келип, «Семетейде» канаттуу кара аты бар коркунучтуу жоо болуп чыгат. Ч-нун Семетейге каршы чыгуусуна эки себеп: тегибиз бир, мен мындан кем эмесмин деген куру намыс. Мунун түбү бийлик үчүн болгон күрөш менен шартташкан. Ч. ала көөдөн, оозун көптүрүп чарпып сүйлөгөн опурулма адам. Анын образы оор басырык, жөн билги, сөзү менен иши бөлүнбөгөн баатыр Семетейдин элесинин карама-каршысы. Толтойду күүлөп көкүткөн, Айчүрөктү алалы деген ойду баштаган да ушул Ч. Бул эпизоддор Ч-нун бузуку, элди бөлүп-жарып бүлдүргөн куйту адам экендигин айгинелейт. Анын түпкү тегинин байыркылыгын көрсөткөн мифтик-фантастикалык касиети бар канаттуу тулпары

www.bizdin.kg
менен асманда учуп жүрүп Семетейге каршы согушат. Качан гана Күлчоро атын канатка атып, өлтүргөндө жеңилүүгө аргасыз болот. Демек, анын жаны астындагы тулпарынын канатына байланыштуу да, көздөгөн максаты, туткан идеалы — бийлик күтүү. Ошон үчүн Семетейге тийиштик кылып, анын кудалаган колуктусун талашып, Толтойго алып бермекчи болот. Кыздын эли-жерин камайт. Ал кыргыз урууларынын мансап талашкан патриархалдык-феодалдык доордун өкүлү катары Семетейге сөөк өчтү сырткы душмандарындай эле баскынчыл талаптарды коёт. Мындай көрүнүштөр В. Радлов жазып алган варианттан баштап дээрлик бардык варианттарда Ч. катышкан окуялар алда качан калыпка түшүп, эпостун сюжеттик композициялык түзүлүшүндө, салттык окуя катары берилип, образдары улам кийинки мезгилдердин талабына жараша тереңдетилип, татаалдашып отургандыгын көрсөтөт.

И. Сайнакова

ЧЫНМАЧЫН, Чын-мачын, Чын жана Мачын — жалпы эле Кытай мамлекетинин аты (Чын — Түндүк Кытай, Мачын — Түштүк Кытай). Терминдин түпкү теги Цинь империясынын (биздин заманга чейин 221 — 207-ж.) атынын негизинде санскрит тилинде Кытайды Син деп, аны жан жагы Махасин катары берилишинен улам келип чыккан. Иран тилдерине ал Чын жана Мачын түрүндө өткөн. Махмуд Кашгаринин «Түркий тилдер сөздүгүндө» (11-кылым) Ч. (арабча Ас-Син) деп кытандар (кидандар) бийлеген Түн. Кытай аймагы жана ага коңшулаш жерлер, (арабча Ма-Син) деп Түш. Кытай чөлкөмү сыпатталган, Чыгыштагы кыргыздар Ч-га коңшу көрсөтүлгөн.

Ч. термини кыргыз сөз жыймына Ортоңку Чыгыштагы элдердин географиялык билиминин таасири иретинде кирген. Ал эми Орхон-Эне-Сай жазмаларынын маалыматтарына караганда, алгачкы феодализм доорундагы Эне-Сай кыргыздарды жана башкалар түрктөр Кытайды (ханзу элин) «табагач» деп атаган. Махмуд Кашгари да «тавгачлады» сөзүн «мачындык катары эсептеди» деп которот да, Табагачты, башкача айтканда Ма-Синди «Жогорку-Син» деп, Син, башкача айтканда кытандар өлкөсүн — «Ортоңку-Син» деп, Кашкарды «Төмөнкү-Син» деп коюшарын жазат. Демек түрк элдеринде «Кытай» сөзү алгач кытандардын Ляо империясынын (10—12-кылымдардын башы) аймагы — Түштүк Кытай жана Чыгыш Моңголиянын, соңку феодализм доорунда жалпы эле Кытайды билдирип, орус лексикасына ушул мааниде өткөн. Санскрит-ирандык Ч. термини азыркы кыргыз фольклоруна байланыштуу 16-кылым эле эскерилет. Аныктап айтканда, Сайф-ад-дин Ахсыкентинин «Мажму ат-таварих» эмгегинде ал Ак-Чын, Кара-Чын деген генеонимдери иретинде эскерилет. Мында Кара-Чын ысымы «кара-кытай» этниминен келип чыгуусу мүмкүн.

Ч. «Манас» эпосунда кытай, калмак өлкөсүнүн жана калкынын аталышы катары берилет (Сагымбай Орозбаков, 1. 150). Айрым жерлерде бул термин кытай шаарынын бири (топоним) катары да айтылат: «Шаарым менин Чынмачын» (Сагымбай Орозбаков, 4. 279). Ч. терминин биринчи компоненти эпосто өз алдынча топо, — антропоформат иретинде колдонулган. Каканчы (н), Чын-Бээжин, Чыңшаа топонимдери «Кытайлык шаар Какан», «Кытайдын баш калаасы Бээжин», «Кытай шаасы (шахы)» дегенди туюндурат.

Т. Чороев

ЧЫНООНЧУК — кейипкер. Дөбөт (Итаалы) элинин баатыр, балбаны. Негизги варианттарда кезигет. Көкөтөйдүн ашында өткөрүлгөн эр эңишке Дөбөт эли тараптан Ч. балбан, кытайлардан Шаңдөөгөр түшөт.

Астыңкы эрди албайып,
Үстүңкү эрди далбайып,
Эки ийинин жапкандай,

www.bizdin.kg

Эки кулак калдайып (Сагымбай Орозбаков, 3. 255, 256) көрүнгөн Ч. эңиште жеңишке ээ болгондугу айтылат.

ЧЫҢША — эпизоддук кейипкер, калмак байы, Илебиндин агасы. Айдаркан, Көкчө баштаган колго каршылык кыла албайт, кызы Буудайбекти тартуулап, жарашат. Буудайбекке Көкчө үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 127).

ЧЫҢШАА — топоним. Эпосто Чоң-Бээжиндин жанында деп сүрөттөлөт. Бээжинге жоого аттанган Манастын колу Ч. талаасы аркылуу өтөт (Сагымбай Орозбаков, 4. 215).

Ш

ШАА — эпостун каармандарынын титулдарынын бири. Мындай титул менен Акун ша (кээде Акун пашаа деп аталат), Шамыңшаа, Алымшаа, Кейменшаа деген каармандар айтылат. Ш. деген титулдун этимологиясы көбүнчө иран тилиндеги «шах», «падыша» деген сөздөр менен байланыштырылат.

ШААБАЙ Азиз уулу (1927, Ак-Суу району, Кызыл Октябрь айылы) — манасчы. Ш. белгилүү манасчы Чоюкенин бир тууганы Азиздин уулу. Кезегинде Азиз да «Манас» айткан. Бирок, өзүнүн бул өнөрүн уулунун улантып кетерине көзү жеткен соң, манасчылыкты уулуна өткөрүп берип, өзү эпос айтууну токтоткон. Азыркы учурда Ш. Ысык-Көл облусундагы Үч-Кайнар кыштагында жашайт. Ш. манасчылыкты атайын кесип кылбастан жөн гана өз чөйрөсүндө кызыкчылык үчүн, атасы менен абасынын салтын улап, нускасын сыйлагандыктан кез-кезде айтып жүрөт.



«Шаабай Азиз уулу» дарек фильминен.

Ш-дын эпоско болгон кызыгуусу 7 жашынан башталган. Чоюкенин айтканын өз кулагы менен укпаса да Ш-дын айтканы Чоюкеге өтө окшош экендигин эл арасында белгилеп жүрүшөт. Өзүнүн берген маалыматына караганда Ш. циклдешүү принцибинде курулган бүткүл үчилтикти («Манас», «Семетей», «Сейтек»), Манастын чебере-урпактары болгон Эр Сарык менен Кулумсарыктар (Сейтектин баласы менен небереси) жөнүндө да айтат. Чоюкенин жана бир тууганы Азиз менен анын уулу Шаабайдын варианты — салт катары атадан балага өтүп келаткан вариант. Ал бизге Ш-дын айтуусунда гана келип жетти. Вариант эпостун айтылып, жашап келишиндеги бүтүндөй бир тарыхый сызыкты өзүнө бириктирген, ошол эле учурда эпостун Ысык-Көлдө айтылып келген байыркы салттарын өзүнө сиңирип, сактай алган. Бактысына Чоюке туш болуп, анын «Манас» айтканын уккан, аны менен көпкө бирге жүргөн Саякбай Карала уулу кийин бул салтты уланткан. Ш-дан 1959-ж. «Манастан» 8368 сап ыр көлөмүндө, 1971-ж. «Сейтек» эпосунан 3842 сап ыр көлөмүндө жазылып алынган. Кийинчерээк 1000 *м* магнитофондук лентага «Манастан» үзүндү («Тал Чокудагы окуя») түшүрүлгөн, жазылган убактысы көрсөтүлгөн эмес. Бардык материалдар

www.bizdin.kg
Кыргыз ССРинин илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда (244—3096, 246—5181, 246—4035-инв.) сакталып турат.

ШААБЕК — эпизоддук кейипкер, Алмамбет менен Көкчөнүн ортосуна чагым салган казак уруу башчыларынын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 243).

ШААБЕК — кейипкер. Кырк чоронун бири. Эпос боюнча казактын абак уруусунан.

ШААНАМА, «Шах-Наме» («Падышалар жөнүндөгү китеп») — иран элдеринин мифтерин, эпикалык дастандарын жана тарыхый баяндарын (хроникаларын) камтыган проза же ыр түрүндөгү жыйнактардын Сагымбай Орозбаковдун вариантында жалпы аталышы. Башка варианттарда эскерилбейт. Эпостун Сагымбай Орозбак уулу айткан вариантынын сюжеттик өнүгүшүнө чыгыш элдеринин жазма адабиятынын, айрыкча «Шах-Наме» дастанынын таасири тийген. Манасчынын бул дастан менен тааныш экендигин эпотун төмөнкү ыр саптары да аныктайт:

Бабабызды бузду деп,
Басылбаса санаасы,
Башкы тарых Шаанама
Барып андан карачы (Кол жазмалар фондусу, 575-инв., 49-б.).

Сагымбай Орозбаковдун вариантында Ш-нын («Шах-Наме») аталышы гана эскерилбестен, поэманын баш каарманы Үрүстөм (Рустам) Эренден (Иран) экени, анын жоого минген аты Башың (Ракш), жоо кийими *Жабыр баян* (Бабр-е бейан) жана чоң атасы Самнарман (Сам-е Нариман), ошондой эле айрым каармандардын (Апарысыяп, Жемшид, Магпыр, Сиябуш) түп нускадагы ысымдары тыбыштык жактан бузулуп колдонулган. Мындан башка Сагымбай Орозбаковдун вариантында «Шах-Наме» дастанында айтылган туруктуу географиялык ат Туран (Орто Азиянын синоними) да кээ бир учурларда эскерилет. Сагымбай Орозбак уулу китеп жана ауыз түрүндө чыгыш элдерине кеңири таралган «Искендер — Зулкарнайн», «Көруулу», «Жусуп менен Зулайка», «Сейид-Баттал» менен да тааныш болгону анын вариантынан даана байкалат. Мындай китептик таасир биринчиден, эпостун салттык окуяларын толуктап, анын кырдаалдарын кенен баяндоодо, эпикалык каармандардын образдарына мүнөздөмө берүүдө жана алардын өз ара мамилелерин сүрөттөөдө көрүнөт. Экинчиден, китептин стилистикалык каражаттары «Манас» эпосунун поэтикасына белгилүү даражада таасир тийгизүү менен анын поэтикалык лексикасын байытып, салттык көрүнүштөрүн (сюжет, образ) өтө кеңейтип сүрөттөөгө мүмкүндүк берген.

А. Махмануров

ШААТЕМИР — каарман. Чачыкейдин атасы. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Ш., Темиркан, Көгөй үчөө тууган ага-ининин балдары. Манасчынын айтуусу боюнча Семетей Таласка көчүп жатканда Темиркан элинен кыз тандатып, Ш-дин кызы Чачыкейге нике кыйышат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манастын кайын атасы Атемирдин эки бир тууганы болот да, анын кенжеси Ш. деп аталат.

ШАА-ШУҢГА — топоним. Манасты байлап келүүгө Эсенкан жиберген кербенчилердин шаары. Эпос боюнча Кумулга жакын жайгашкан уйгур шаарларынын бири (Сагымбай Орозбаков, 1. 163).

ШАБИЕТ — «Манас» эпосунда чагылдырылган элдик оюн, башкача айтканда балдар оюну: мисалы, Манастын кырк чоросу көңүл ачып, эс алуу убагында башка оюндар менен катар Ш. да ойношот:

Кыябында кырк кыраан,
Толуп турган кезинде,
Шабиет оюн, оромпой
Болуп турган кезинде (Курама вариант, 1. 271).

www.bizdin.kg
Эреже боюнча оюнчулар экиге бөлүнүп, тутум боюнча чабуулчулар тегерек сызыктын сыртында туруп жүрүшөт. Алар чийиндин ичиндегилерди колу менен баштан бөлөк жерине чабыш керек. Чийиндин ичиндегилер болсо тизесине туруп, эки колу менен жер таянып жүрүп (төрт аяктап) чийинден сырттагылар чапканы келе жатканда буйт берип, чаптырбай, өздөрү аларды тизеден ылдый бутка тебиши керек.

ШАГЫЛ — эпизоддук кейипкер. Анжыяндык боёкчу. Кошой Жолой менен балбан күрөшкө түшкөндө кийген шымды Каныкей Ш-га боётот (Сагымбай Орозбаков, 3. 208).

ШАГЫЛ БИЙ — кырк чоронун бири, Атайдын атасы деп айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3. 175). Атай бирде Ардалыктын (Сагымбай Орозбаков, 3. 49), бирде Сабай бийдин (Сагымбай Орозбаков, 4. 43) уулу деп да берилет.

ШАЙМЕРДЕН (иранча шахи — шаа, колдоочу, пир; мардан — жигит) — баатырлардын колдоочусу, жигиттин пири. Арабдардын төртүнчү калыйпасы Аалынын сыпаты. Ал бара-бара эпостук баатырлар кайрылуучу жана жардам суроочу «жогорку күч» деген мааниге өтүп кеткен. Эпосто Шай., Ш., «шай колдогон» деп айтыла берет. Көкөтөйдүн ашындагы «Манас менен Коңурбайдын сайышы» деген окуяда Манас «Жарагын белге чалынып, Шаймерденге жалынып» (Сагымбай Орозбаков, 3. 247) сайышка чыгат. Каныкей Кошойго арнап тиккен суп чепкенди:

Колдоп жүргөн Кожосан,
Колтугунан жөлөсүн Кожо,
Кыдыр, Шаймерден,
Кара чаар кабылан
Капталынан көздөсүн (Саякбай Каралаев, 2. 81)

деген тилек менен кийгизет. Эпосто ошондой эле «Колдой көр деп Шаймерден» (Сагымбай Орозбаков, 2. 104), «Шай колдогон бадырек» (Сагымбай Орозбаков, 2. 209) деген сыяктуу саптар өтө көп жолугат, к. *Пир.*

ШАЙЫК — эпизоддук кейипкер. Манас ооруп жатканда Каныкей Ажыбайды кабарга жөнөтүп жатып, Ш. дөөгө да кабар бер дейт (Саякбай Каралаев, 2. 234).

ШАЙЫМБЕТ — кейипкер. Эштектердин Жамгырчысынын уулу. Саякбай Каралаевдин вариантында Семетей Таласка көчүп келгенден аны менен талапташ, максатташ болуп, иш-аракетине дайыма колунан келген жардамын көрсөтөт. Семетей Коңурбайды жеңгенден кийин атасынын өчүн алды деп карындашы Акбаланы тартууга алып келет. Семетей Акбаланы Күлчорого алып берет.

ШАКАН — каарман. Чыйырдынын өз аты. Жакып агасы Чыйыр өлгөндөн кийин анын аялы Ш-ды алган. Кийин байбичесинин Ш. аты калып, мурдагы эринин аты менен Чыйырды аталып кеткен (Сагымбай Орозбаков, 1. 58), к. *Чыйырды.*

ШАКУМ, Шакун — каарман. Кортуктун уулу. Кырк чилтен Манжыбек атап, кийин кырк чпронун бири, к. *Мажик.*

ШАКУРША — эпизоддук кейипкер, калмак баатыры. Курама вариант боюнча «Араниктеи согуш» окуясында:

Жаалданып Шакурша
Жалаң темир кийинип
Лайлама колдо деп,
Лаанатка сыйынып,
Майданга кирип алыптыр (Саякбай Каралаев, 1. 119), — деп айтылат.

ШАЛДЫРКАН КИСЕ — бел курга байлануучу темир, күмүш жасалгалары бар булгаарыдан жасалган баштыкча. Эпосто «Шалдыркан кисе байланып, жоо жарагын шайланып» — деп айтылат.

www.bizdin.kg
ШАЛПАҢКӨК — *Шаабектин* байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты он төртүнчү болуп келген Шаабек тагдырына уюрган Балкыя деген кызга үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 424).
ШАМ — үйдүн ичин, караңгы жайларды жарык кылуу үчүн колдонулган тиричилик буюму. Эпосто Ш-дын күдөлүк турмушта гана эмес, диндик жөрөлгөлөрдү аткарууда да пайдаланылганы эскерилет. Багыш Сазановдун вариантында Семетейди Букардан Таласка алгач жөнөткөн Каныкей — Ш. жагып шерт кылат: «Балам келгиче уктабай тиктейм, Өчүп калсаң сага шерт, Уктап калсам мага шерт».
ШАМАНИЗМ — дйнөдөгү элдердин көбүнө кеңири тараган диндин байыркы формасынан. Ал байыркы адамдардын айлана-чөйрөдөгү, жаратылыштагы орун алган табигый көрүнүштөрдү жана кубулуштарды жетик аңдабоодон келип чыккан. Ошол себептен табигый көрүнүштөрдүн ээси бар, алар үрдүү кырсыктарды алып келет, айрым учурда алар адамдарды колдойт, кээ бир адамдар гана ал күчтөр менен тил табыша алат да алардын аракеттерине чечкиндүү таасир тийгизет деген ишенимге негизделген. Ал Орто Азия элдеринде да туруктуу орун алган. Демонологиялык күчтөр, кыялый кубулуштар менен күрөшүүчүлөр шамандар болгон. Шамандар башкалардан айырмаланган кийим-кече, сыйкыр-керемет күчү бар деп таанылган курал-жарактарды жана аспаптарды алып жүргөн. Шамандык ишмердүүлүк кандайдыр бир ырым-жырымдар, бийлөө, музыкалык аспапта ойноо менен коштолгон.
Шаманисттик түшүнүктөр жана ишенимдер кыргыздардын Октябрь революциясына чейинки комдук аң-сезиминде, турмушта орун алып келген. Ошондой эле элдик оозеки чыгармачылыктын бир кыйла жанрларында, айрыкча ырымдарым, бадик ырларында анын калдыктары даана сакталгандыгын көрүүгө болот. Мындай шамандык көз караштар «Манас» эпосунун идеялык мазмунунда жана образдык системасында белгилүү даражада чагылтылган.
Эзелки кыргыздардын шаманисттик түшүнүгү боюнча төрөп жаткан аялдарды сасык албарсты же мартуу басат имиш. Ал төрөгөн аялдын өмүрүнө коркунуч туудурган зыяндуу рух катарында антропоморфтук кебетеде мүнөздөлөт. Маселен, Чыйырдынын төрөттөн кыйналышын, эсин жоготушун «мартуу басты» менен түшүндүрүү жана ага арнап кан Жакыптын «аксарбашыл кой, ай туяк мал атап союшу», курмандык ырымын жасашы шаманисттик ишенимдин тикелей чагылышы болуп эсептелет.
Эпостун поэтикасында дамамат кайталанган ажына, абсун, алаткак, кешмир өңдүү шаманисттик түшүнүктөрдүн айтуучулар тарабынан активдүү жана туруктуу түрдө кайталанышы эпикалык чыгарманын жалпы тулкусунда диндик ишенимдин калтырган изи болуп саналат. Шаманисттик ишенимдер, көз караштар, образдар Сагымбай Орозбаковдун вариантында жыш орун алат. Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында бул ишенимдер айрым гана лексикалык туюнтмалар менен берилсе да, ачык жана конкреттүү баяндоого дуушар болот.
Эпостун «Семетей» жана. «Сейтек» бөлүмдөрүндөгү айрым окуяларда, эпизоддордо жана каармандардын өзгөчөлүгүн белгилеп, туюнтууда шаманисттик айрым көз караштар менен түшүнүктөр орун алганын байкоо анчалык кыйын эмес. Анткени «Семетей» бөлүмүндөгү сюжеттик окуяларда башкы каармандар өздөрүнүн максатынын ишке натыйжалуу ашышына карата Коросонго дайыма зыярат жасашат, ага арнап атайын курмандык чалышат жана Баабедин айтышат.
«Семетейде» Каныкейдин кереметтүүлүгү, анын даанышмандыгын, айлакерлигин айкындоочу сапат катары чыга келет. Мисалы, Манас өлгөндөн кийин Абыке, Көбөштөр баштаган кырк чоронун өз айылын чаап, тонорун Каныкей адегенде эле билет:

www.bizdin.kg

Алты айчылык азапты,
Азыр айтып берүүчү,
Каныкейдин жанында
Жылаңач гана бала бар эле.
Ийниндеги баласы
Көнчөктөн тартып кыбырап,
Кулагына жеңеңдин
Айтып койду шыбырап.

Мындай шамандык рух, Каныкей Тайторуну чапканда ага нааразы болгон элдердин көкүтүүсү менен Семетей Каныкейдин аты чыкпаса аны өлтүргөнү, жазалаганы жатканын баяндаган эпизоддон да учурайт.

К. Байжигитов

ШАМШИЕВ Болот Төлөнович (1941, Фрунзе) — кыргыз совет режиссёру, Кыргыз ССРинин эл артисти (1975), СССР эл артисти (1991), СССР мамлекеттик сыйлыгынын (1977), Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын (1969) лауреаты.



Москвадагы Бүткүл союздук мамлекеттик кино институтун бүтүргөн (1965). Ш. режиссёр катары 1965-ж. Саякбай Карала уулу жөнүндө эки бөлүктөн турган «Манасчы» фильмин тарткан, Бул Ш-дин институтту аяктарда тарткан дипломдук иши. Эпикалык чыгарманы илимий көз карашта талдай жана баалай билүү аркылуу манасчы Саякбайдын образын ишеничтүү ачкан. «Манасчы» фильми Оберхаузендеги кыска метраждуу даректүү фильмдеринин Бүткүл дүйнөлүк кинофестивалында (1965), Москвадагы Бүткүл дүйнөлүк кинофестивалда (1966) башкы байгеге татыктуу болгон. «Ардак Белгиси» ордени жана медалдар менен сыйланган.

ШАМЫҢ ШАА — эпизоддук кейипкер, кытай-калмак кандарынын бири. Акунбешим паашанын кол башчыларынан. Манаска каршы аттанып, анын сүр-айбат, каарын көрүп, «Калбады коркуп жаным деп» (Сагымбай Орозбаков, 2. 101—102) Ш. ш. кайра качып Акунбешимге келет. Эпосто Чүй өрөөнүндөгү Шамшы аттуу жер анын ысымынан аталып калган делет.

ШАҢДӨӨГӨР — эпизоддук кейипкер, Түп-Бээжиндик туңша-кытай балбаны. Көкөтөйдүн ашында күн батыш калкынын балбаны. Чыноончук менен эр эңишке түшөт. Булар алтымыш жолу беттешип, бири-бирин аттан ала албай коюшат. Ошондо кытай карыясы Күшөң «Ш. балам болду, койгун!» деп анын атын коштоп бура тартканда Чыноончук Ш-дү оодарып салат (Сагымбай Орозбаков, 3. 255, 256).

www.bizdin.kg
ШАҢМУСАРЫ — эпизоддук кейипкер, калмак баатыры. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Манас менен Нескаранын урушун баяндаган окуяда жекеге чыккан Ш. Манастан жеңилип, аты олжого кетет.

ШАҢШУУР — уютулган алтын. Эпосто «Шаңшуурдан санап онду алып, Жамбыдан отуз чоңду алып», — деп баатырлар көп колдонгон асыл мүлк катары көп эскерилет.

ШАПАК Рысменде уулу (1863, Кочкор өрөөнү, Шамшы айылы — 1956, Кара-Суу айылы) — манасчы. Ш. бала кезинен ырга, көркөм сөзгө кызыгып, аны жатка айтып берүүгө абдан шыктуу болгон. Ш-тын «Манас» айтып калуусуна Кочкорго көчүп келип Рысмендеге айылдаш конгон залкар манасчы Балыктын таасири тийген. Балык көчүп келген жылдары Ш. он үч жашта болгон. Кийин жыйырма жаш курагында Балыктын уулу Найманбай менен жакшы жолдош болуп, «Манас» айтууну үйрөнө баштайт. 26 жашынан «Манас» айта баштаганда Сагымбай Орозбак уулуна жолугуп, аны менен көп жылдар бирге жүрүп таалим алган. Айтуучулук чеберчилиги жана чыгармачылыгы төшөлө баштаган кезде Нарында жүрүп, Акылбек манасчыга жолугуп, «Манастын» негизги эпизоддорунан болгон «Чоң казатты», ошондой эле үчилтиктин акыркы бөлүмү «Сейтекти» үйрөнөт. 1916-жылкы үркүндө Ш. эл менен кошо качып Турпанга барып бир жыл чамасындай туруп калат. Бул жерде да «Манас» айтууну уланта берген. 1917-ж. эл менен кайра өз жерине кайтып келгенден кийин гана Ш. белгилүү манасчылардын бири катары эл арасында кадыр-баркка ээ болгон. Ш. Манас» айтууну Балык, Найманбай, Акылбек, Сагымбай сыяктуу чоң манасчылардан үйрөнгөндүгүн эскерсе да, жалпы салт катары айтылып келе жаткан түш көрүү салты бул манасчынын чыгармачылыгына да мүнөздүү.



Ал адеп «Манас» айта баштаган учурунда (26 жашында) агасынын койлорун Анжыян базарына айдашып барат. Соодасын бүтүп, кайра келе жатып Нарындан Соң-көлгө аша турган белге жеткенде кечдигер болуп, Ш-тын минип келе жаткан бээси кашаңдап жолдошторунан артта калат. Ш. белди ашып жолдошторун кууп жеткенче караңгы кирип кетет. Күңгөйү бодур таш, тескейи карагай « Кой жол» деген жолго жеткенде, минген бээси бирде кулагын шылпыйтып, бирде тикирейтип эки жакты карай берет. Таштын ар кайсы жеринен ырылдап чөөлөр чыгып, Ш-ты тегеректеп убара кыла баштайт. Анын ширеңке чакканына болбойт. Ошондой коркунучтуу учурда кырдан катуу кыйкырык үн чыгат. Ш-ты тегеректеген чөөлөр төмөн карай качып жөнөшөт. «Жарк-журк» этип таштар кулайт. Чөөлөр качкандан кийин Ш. бир аз эс ала түшөт. Тар капчыгайдан жайыкка чыгып, ат чалдырып эс алып олтурат. Ошол замат келе жаткан аттардын дүбүртү чыгат, бирок Ш-ка эч нерсе көрүнбөйт. Ал Соң-көл тарапка ашып түшкөндө иттердин үнү угулуп, от жылтылдап араң эсине келет. Үйүнө аман-эсен жетип, арадан 15 күн өткөндө баягы белдеги аттардын дүбүртү кайрадан дагы угулат. Уйкудан чочуп тура калса, эки киши үйгө кирип келет. Үйдүн ичи күндүзгүдөй жапжарык боло түшөт. Алар токтолбостон, «жүр, сени баатыр чакырып жатат» — деп буйрук кылышат. Ш. Шабдан баатыр чакырткан экен го деген ой менен тигилердин алдына түшөт. Алар Ш-ты кашаттагы көп элге алып

www.bizdin.kg
келет. Көп элдин ичинен 40—50дөй киши аны ортого алганда ичинен «отур» деген бирөөлөрдүн үнү угулат. Угулган үн баягы Соң-көлдүн белиндеги катуу чыккан үнгө окшоп кетет. Ошондон кийин башында узун тебетейи бар, узун бойлуу аксакал киши сен «Манасты» айт деп туура эле буйрук берет. Мурда эптеп-септеп жети кандын окуясын тамтуң айткан Ш. аз эле билчү элем дегенде «Көбөйтөсүң, айт», — дейт аксакал киши. Ш. «Чоң Казаттын» башынан түшүп көбөйтүп айта баштайт. Олтурган кишилер тыңшап калышат. Бир оокумда аксакал киши колун жайып, — «оомийин» деп бата кылат. Бардыгы колдорун көтөргөндө жарк этип таң атып кетет. Ш. түшүнөн ойгонот. Анын кулагына алыстаган аттардын баягы тааныш дүбүртү угулат. Ш. жомокту кызып айтканда, жанагы аттардын дүбүртү кулагына угулуп жүрөт. Бул дүбүрттөр Ш. Турпандан кайтып келгенден кийин гана басылган. Ш-тын көргөн түшү башка манасчылардыкынан анча деле айырмаланып, өзгөчөлөнбөйт. Айрым гана айтуу композициясы жана деталдык жагынан айырмаланбаса негизинен бардыгы тең эле бирдей мазмундагы айтылган көрүнүштөрдөн. 1935—48-ж. Ш-тан «Манас» эпосунун үч бөлүмү жызылып алынган. Анын варианты композициялык жактан чеберчилик менен тыкан иштелген варианттардын бири болуп эсептелет. «Манас» бөлүмүнөн: «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы», «Манастын өспүрүм чагы», «көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» эпизоддору жана үчилтиктин экинчи бөлүмү «Семетей» менен үчүнчү бөлүмү болгон «Сейтек» жазылган. Майда тематикалык бөлүнүштөрүнө карабастан салттык түрдө айтылган эпизоддор көлөмүнө жараша бири узак баяндалса, айрымдары кыска айтылып көлөмү жагынан аз болгон. Эпикалык баян көлөмдү узартып же кыскартып айтууну шарттайт. Мунун бардыгы манасчынын талантына, анын алган таалимине байланыштуу, ошондуктан Ш-тын айтуусунда «Манас» үчилтигинин ичинен көлөмдүүрөгү «Семетей» бөлүмү. Башка бөлүмдөрү өзүнүн көлөмүнүн чакандыгы, окуянын кыскалыгы жана тактыгы менен айырмаланат. Башка манасчыларга караганда Ш. салттык эпизоддорду кыскача кылып берүүгө аракеттенгендиги байкалат. Мунун өзү Ш. «Манас» үчилтигинин кыскача гана схемасын түзүп койгон дегендикке жатпайт. Бул вариантта да окуялардын өөрчүү процесси, образдардын ачылышы, сүрөттөө ыкмалары, эпостун композициялык курулушу эпостордун мыйзам ченемдүүлүгүнө баш иет. Ш-тын айтуусунда Манастын дүйнөгө келишине чейин эпостун салттык эрежеси бузулбастан түпкү аталары жөнүндө кеңири планда айтылган «Манастын аталары» деген эпизод менен ачылат. Аталган эпизоддо Манастын түп аталарынын баатырдыгы эскерилип, кимден кимиси тарагандыгы саналат.

Түп атасы Түбөй кан,
Түбүнөн кыдыр даарыган,
Душманын отто каарыган,
Түбөй кандан Тогой кан,
Тогойдон Шыгай, Ногойкан,
Ногой кандын балдары
Бай, Жакып, Ороз, Үсөндү
Ушулардын тушунда
Ногойдун эли түзөлдү (Кол жазмалар фондусу, 49-инв., 1-б.).

Ногойдун тушунда жыргап-куунап жаткан кыргыздарды, ал дүйнөдөн кайткандан кийин Алооке баш болгон кытай-калмак башчылары туш тарапка айдашат. Айдоонун алдында Ногойдун балдары Алоокенин аярларынын сынынан өтөт. Сынчылардын сынынан өткөн учурда эле Көзкамандын түбүндө тууганга каршы болорлугу баса белгиленип, ага терс мүнөздөмө берилет:

Эми болсун Көзкаман,

www.bizdin.kg

Аңдасак түрү эң жаман.
Акыркысы түбүндө
Укумунан тукуму
Тууганга тиет чатагы (Кол жазмалар фондусу, 49-инв., 6-б.).

Баскынчы душман Ногойдун төрт уулун ар тарапка айдаганда алар кулак угуп, көз көрбөгөн жерлерге кабылышат. Үсөндү калмактардын арасына, Шыгай Индустанга, Бай Кашкар тарапка, Орозду Алайга, Жакып Алтайга сүрүлөт. Манастын ата-бабаларынан кабар берүү башка манасчыларда да кездешет. Ш-тын вариантында бул схема түрүндө кыска айтылса да, окуянын жүрүшүнө жараша өзүнүн сюжеттик өзөгүн сактай алган. Жалпы эле эпостун салтында учуроочу кары ата-эненин бала үчүн болгон арманы бул варианттан да орун алган. Мында окуянын түйүндөлүшү атанын түшү менен башталат. Жакып баласы жоктугуна арман кылып, уктап калып, түшүнө куш, кылыч кирет. Ошентип эпостун мыйзамына ылайыктуу келген түштү жорутуу, той өткөрүү сыяктуу шаан-шөкөттөр, ырым-жырымдар баяндалат. Бул ырым-жырымдардан кийин элүү жашка келген Чыйырды кош бойлуу болуп, жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Манас төрөлгөндөн кийин аны тарбиялоо үчүн койчулукка бергени сүрөттөлөт. Манас алгачкы эрдикти калмактарга каршы кармашта көрсөтөт. Аталган кармаштан тартып анын баатырдык жортуулдарды көрсөткөн эрдиктери уланып айтыла берет. Ш-тын баяндоосунда биринчи бөлүм, башкача айтканда Манастын балалык чагы, анын кан көтөрүлүшү жана Айкожодон пайгамбар берген аманат Аккелте менен Ачалбарсты алышы менен аяктайт. Бул эпизод салттуу деп эсептелинген окуялардын бардыгын камтыган. Ш-тын айтуусунда «Манастын» өспүрүм чагы» бөлүмүнө Манастын Самарканга көчкөнү, Алмамбеттин окуясы, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, чоролордун келиши жана Көзкамандардын окуясы сыяктуу эпизоддор кирген. Ошондой эле Манастын баатырдык жүрүштөрү, башкача айтканда алгачкы айкаштары сыяктуу согуштук окуялар айтылат. Аларда Манастын Кайып кан менен болгон согушу, кызы Карабөрктү тартууга алганы. Билериктин окуясы, Манастын Шоорук канды жеңгени жана башкалар ушул маанидеги согуш аракеттерин чагылдырган окуялар баяндалат. Манастын баатырдык жүрүштөрү анын тынчын алган Кайып канга жасаган жортуулунан башталат. Бул жортуулда Нескара, Жолой жана башкалар менен болгон кагылыш көрсөтүлбөстөн, тескерисинче, Манастын келишин Кайып тосуп, элчи жибергени айтылат. Мында Кайып кан кызы Карабөркке кошуп, миң кыз тартуу берип, өздөрү жай гана кошулуп калат. Айрым манасчыларда Карабөркө байланыштуу окуялар баатырдык үйлөнүү салтынын негизинде чечилсе, Ш-та бул мотив жөнөкөйлөштүрүлгөн. Ушундай эле шартта өзү катылган Шоорук да кызы Акылайга беш жүз кыз кошуп тартууга берип кутулат. Көкчө менен Манастын согушу башка варианттарда (негизгилеринде) учурабайт. Бул окуя Ш-тын «Манасында» Алмамбеттин окуясына байланыштуу айтылган эпизоддо камтылган. Анын кыскача мазмунун төмөнкүчө: Алмамбет Көкчөгө тарынып, Манаска келет. Манас аны кадырлап тосуп алат. Алмамбет Чыйырдынын эмчегин эмгенден кийин Манаска эмчектеш тууган болуп калат. Кыргыздарга келип жайланышкан Алмамбет Көкчөдөн кандайча кеткендигин, ага болгон тарынычын айтат. Муну укkан Манас Көкчөнүн жылкысын тийип алууга жигиттерин жиберет. Көкчө жылкыны куткарып алууга келгенде Кыргылчал аттан түшүрө чабат. Арага Акеркеч түшүп, Көкчөнүн аты Көкала менен жылкынын жарымын алып калат.

Баатырдык үйлөнүү темасы негизги варианттарга жакын айтылат. Манастын мурун алган аялдары купулуна толбогон Алмамбет ага мындай дейт:

Ой, ой Манас жолборсум,
Мындан ары карата

www.bizdin.kg

Ишиңди кудай оңдосун,
Тегеренип кеткеним,
Теги жаман киши экен,
Кылчайбай карап турганым,
Кыялы жаман ит экен.
Мага алып бергенче,
Өзүң катын алсаңчы,
Өзүң алып баатырым
Андан кийин алсамчы (Кол жазмалар фондусу, 50-инв., 89-б.).

Бул вариантта деле колукту боло турган кызды издөө Жакыпка жүктөлөт да кудалашуу шарты баяндалат. Жалпы баатырдык үйлөнүү мотивине байланыштуу бардык жөрөлгөлөр жана ырым-жырымдар колдонулат. Көзкамандардын окуясына байланыштуу эпизоддо окуянын баяндалышы жана өрчүшү боюнча Сагымбай Орозбаковдун вариантынан эч айырмаланбайт. Окуя эки манасчыда тең бирдей эле планда өөрчүп отурат. Негизги варианттарда (Сагымбай, Саякбай) Ногойдун балдарын Алооке туш тарапка бөлүп айдоонун алдында сыноо жөнүндө сөз болбойт. Ал эми Ш-тын вариантында Манастын аталары жөнүндөгү эпизодунда алардын балдары атайын сынга түшүп, айрыкча Үсөнгө баа берилип, ага калмакка бара электе эле Көзкаман деп ат коюлат. Көкөтөйдүн ашынын өтүшүн баяндоо жана окуяны өөрчүтүүдө негизинен салттык өзөк мотивдер сакталган. Окуянын ачылышы ашка элди чакыруудан башталат да, андан нары сюжет өөрчүтүлүп окуя байыртадан келе жаткан мотивдердин негизинде курулат. Негизинен бул эпизод ашка элдин келиши, Коңурбайдын Мааникерди суратканы, ат чубатуу, жамбы атуу, күрөш оюндары, Манас менен Коңурбайдын сайышы, байгеден чыккан чатак жана эки колдун беттешүүсү сыяктуу окуяларды камтыйт. Ш-тын вариантында Көкөтөйдүн ашы «Семетей» бөлүмүндө айтылбастан, «Манаста» берилет да мурдагы чыр-чатактын аягы ушул ашта уланып, чоң казаттын чыгышына себеп болот. Көкөтөйдүн ашында ыза болгон кандар кийинки жылы. Манаска каршы бүтүм уюштурушу Ш-ын вариантына да мүнөздүү көрүнүш. Кыргыздын жети каны: Жедигердин Багышы, Жетим чалдын Агышы, Эштектин уулу Жамгырчы, кара жаак эр Үрбү, кандын уулу Жүгөрү, казактардын Көкчөсү, Элемандын Төштүгү баштап Манасты чаап алмак болуп аттанышат. Бирок Манаска келгенде ага даап сөз айта албай, Бээжинге казат кылалы деп келдик дешет. Колдун топтолушу, казатка аттануучу чоролордун жабдылышы, колдун жолдо жүрүшү сыяктуу окуялардын негизинде Бээжинге аттануунун алгачкы этабы өтөт. Сюжеттин курчушу менен окуянын өөрчүтүлүшүндө Алмамбет менен Сыргактын чалгынга шайланышы, ат тандоо, Чубактын жаңжалы, Мадыгел дөө менен болгон беттешүү, жылкы тийүү сыяктуу мерчемдүү окуялар эпикалык жүрүштүн экинчи этабын камтыйт. Ал эми «Чоң казат» эпизодунун үчүнчү этабы Манастын жеңиши, Коңурбайдын Манасты алдашы, Манас менен Коңурбайдын акыркы беттешүүсү, Манастын өлүмү, Каныкейдин Манаска күмбөз салдырганы, Көбөштүн кан болушу менен аяктайт. Башка варианттарда кездешүүчү салттык мүнөз Ш-тын «Манасында» сакталганы менен «Чоң казат» эпизоду өзүнүн композициялык курулушу жагынан кыска жана схема түрүндө айтылган. Анткени, жети кандын кеңеши, колдун жөнөшү, Каныкейдин чоролорду жабдышы, айрым согуштук окуялар өзүнүн эпикалык фабуласында тереңдетилип, курч кырдаалдар аркылуу ачылбастан, үстүртөн гана саналып өтөт. Ш-тын айтуусунда дастандын «Семетей» бөлүмү туугандар арасында ырк келишпегендиктен, бийлик талашып чатак чыгат. Мунун өзү бир вариантка гана мүнөздүү көрүнүш болбостон, көпчүлүк «Семетей» айтуучулардын варианттарына да мүнөздүү. Жогоруда эскерилгендей ич ара

www.bizdin.kg
бузукулук Манаска күмбөз салдыруу учурунда эле башталат. Кыргылчал баш болуп, Бакай менен Каныкейге каршы чыгып, Бакайдан бийликти алуу жолун издешет. Көз көрүнө чыккан бузукулукка чыдамдуулук менен бек турушуп, күмбөз бүтүп, Манастын сөөгү коюлгандан кийин гана Бакай кандыгын Көбөшкө өткөрүп берет. Окуянын мындай өнүгүшүнө карабастан туугандар арасындагы нааразылыктан келип чыккан кандуу кагылыш окуялары бул вариантта кезикпейт. Мындай көрүнүш өз ара тарыныч иретинде айтылып, бийликти өткөрүп берүү жолу жөнөкөйлөштүрүп берилген. Анткени, Бакай Каныкей менен Семетейге оорчулук тийбесин деген ой менен бийлигин өткөрүп, өзү айылдан көчүп кетет. Ушул окуядан кийин «Манас» бөлүмү жыйынтыкталат да, «Семетей» эпосунун мазмуну башталат. Башка варианттардагыдай эле Кыргыл менен Көбөштүн зомбулугунан Каныкей кайненеси Чыйырды менен баласы Семетейди алып Манастын ак ордосунан качып чыгат. Мындан сырткары башка семетейчилерде кездешүүчү жолдогу оор кыйынчылык, Каныкей менен Чыйырдынын тарткан түйшүктөрү Ш-тын айтуусунда учурабайт. Бул вариантта Каныкей жол азабын тартып, кыйналбастан атасыныкына Бакайдын жардамы менен жетип алат. Жалпы эле «Семетей» эпосунда баатырдык пафосто сүрөттөлүүчү эпикалык кармаштар баяндалбастан, эпостун алгачкы бөлүгү жай турмушта учуроочу шарттардын негизинде чечилип калгандыгы байкалат. Семетейдин өспүрүм чагы башка варианттардай эле Букарда өтөт. Бул варианттагы өзгөчөлүк Семетей таякеси Ысмайылдын тарбиясында болбостон, таятасы Темиркандын колунда өсөт. Сары жөнүндөгү окуя Ш-тын айтуусунда өзүнчө эпизод катары баяндалып, кыскача болсо да өмүр баянына көңүл бөлүнөт. Анын кандай жагдайда Букарга келүүсү да ишенимдүү мотивдердин негизинде сюжетке байланыштуу чечмеленет. Семетей менен Сарынын кездешүүсү бардык варианттарга мүнөздүү мотивдердин негизинде куш салып сейил куруп жүргөн жеринде болот. Ушул учурдан тартып Семетейде туулуп өскөн жери Таласты көрүү, элин сагынуу сезими ойгонот. Ш-тын айтуусунда эл, жерди эңсөө, өз мекенине умтулуу анчалык терең эпикалык планда болбосо да штрих мүнөзүндөгү деталдар менен берилген. Негизги окуянын багыты ушул бурулуштан баштап Талас менен байланышта Семетейдин жүргүзгөн эрдиктери кеңири масштабдуу баяндоо аркылуу айтылып олтурат. Негизги окуялардан болгон Семетейдин Букардан Таласка келиши, чоң атасы Жакып, агалары Абыке менен Көбөшкө кездешип алардан атасынын мүлкүн алышы, Семетейдин кайра Букарга жөнөшү, Букардан Таласка көчкөнү, Чачыкейге үйлөнүшү, Абыке, Көбөш менен согушта Семетейдин жеңиши, анын эр жетип эрөөлгө чыгып, өз күчүн көрсөтө ала турган баатыр болуп калгандыгын көрсөткөн эпизоддор өзүнчө бир этапты түзөт. Эпостун сюжетинин чордонун ээлеген негизги окуялардын галереясын түзгөн бөлүгү катары Семетей менен Чынкожо, Толтойдун согушу Айчүрөккө байланыштуу айтылат. Эпостун жыйынтыктоочу бөлүгү Семетейдин Коңурбайга аттанышы, Канчоро менен Чачыкейдин чыккынчылыгы, Семетейдин өлүмү сыяктуу эпизоддордон турат. Элдик идеалда сакталгандай эле башкы каармандын ишин улантуучу анын артында тукумдун калышы закондуу көрүнүш катары бааланат. Ошондуктан, аталган идея кыргыздын баатырдык эпосу «Манаста» да бул үлгү уланткандыгы байкалат. Эпос эпикалык циклизацияны сактоо менен Семетейдин ишин улантуучу катары уулу Сейтек да эл, жерин коргоп, элдин көздөгөн максатын иш жүзүнө ашырат. Эпостун «Сейтек» бөлүмү да туугандар арасындагы ич ара араздашуу туудуруп, Семетей курман болот, ордо таланып, Айчүрөктү Кыяс аялдыкка алып кетет. Ата-бабалары сыяктуу эле Сейтек да башка эл, башка жерде өсүп чоңоёт. Анын эр жетип, эл таануусуна негизинен энеси Айчүрөктүн акыл-насааты, көргөзгөн жардамы чоң таасир берет. Сейтек Айчүрөктүн сөзү менен Күлчорону таап, аны жаратынан айыктырат да экөөлөп

www.bizdin.kg
Кыясты өлтүрүшөт. Кийин Таласка көчүп келген соң Күлчоро Канчорону өлтүрөт. Бакайдын уулу Байтайлакты кан көтөрүшөт, Сейтек» эпосунун жыйынтыгы Сейтектин үйлөнүшү жана Коңурбайдын уулу Куялынын өлүмү менен аяктайт. Башка варианттардай эле Ш-тын айтуусунда эпостун башкы идеясы патриархалдык-феодалдык турмуштун чагылышы түзөт. Анткени, «Семетейде» же «Сейтекте» болсун ич арадан чыккан душмандардын көздөгөн максаты бийлик жөнүндөгү күрөштүн айланасындагы окуяга байланыштуу.

Башка варианттардан тышкары Ш-тын варианты айрым бир өзүнүн чыгармачыл мектебине мүнөздүү көрүнүштөрдү камтуу менен кээ бир окуялар же деталдык көрүнүштөр боюнча башка варианттарга салыштырганда өзүнчөлүк мааниге ээ. Мурда эскертилгендей Абыке, Көбөштүн Кыргылчалдын түрткүсү менен Манастын ордосун талкалашы анчалык кандуу кармашка алып келбейт. Ошондой эле Каныкейдин Букарга качканда жолдогу көргөн кыйынчылыктардын сүрөттөлүшү да жокко эсе. Ал эми Сары кан жөнүндөгү окуя өзүнчө эпизод катары сүрөттөлгөнү менен Ш-тын айтуусу боюнча ал башка элден чыккан болуп айтылат. Саякбай Каралаевдин вариантында Сары кан Темиркандын инилеринен болуп баяндалат. Эпосто Чачыкейдин Семетейге баш байлагандыгы колго түшкөн Калкамандын уулу Токамандын сөзү менен берилип, Чачыкей менен Үмөтай жөнүндөгү окуя орун алган. Башкы окуялардын бири Айчүрөктүн баатырларды сынашы вариантта кеңири планда баяндалган эмес. Кыска түрүндө манасчы тарабынан схемалык планда баяндалган. Булардан сырткары да майда деталдык мүнөздөгү өзгөчөлүктөр кездеше калат.

К. Кырбашев

ШАРПЫЛДАК — топоним, кыргыздардын малы жайлаган жер. Манастын колу Чоң-Бээжинге казатка аттанганда Ш. аркылуу өтөт (Сагымбай Орозбаков, 4. 87).

ШАЯ — топоним. Кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келе жатканда:

Марал-Башы, Долонду,
Кечип Аксы, Шаяны,
Басып өтүп олорду
Өзөндү бойлоп салыптыр (Сагымбай Орозбаков, 1. 161), —

деп айтылат.

ШЕЛКЫМ — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашында Коңурбай Мааникер тулпарды зордук менен тартып алмакка ой кылып, Бокмурунду чакырып келүүгө жиберген алты жайсандын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 129, 130).

ШЕМЕЙ, Семей — топоним. Эпосто кыргыздар жана алар менен жамаатташ жашаган элдер мекендеген жерлердин бири. Географиялык реалияда Чыгыш Казакстандын Семей аймагы.

ШЕР (персидче шер — артан) — Манасты колдоочу укмуштуу (тотемдик) жаныбарлардын бири; «арстан» термининин толук эквиваленти катары негизги эпитеттердин, салыштыруулардын бири. «Арстан» термининин ордуна кеңири колдонулат (к. *Арстан).* Мисалы, башка варианттарда арстан деп айтыла бере турган учурларда Сагымбай Орозбаковдун вариантында төмөнкүчө айтылат:

Кабылан болуп бакырып,
Шер болуп бирөө күркүрөп,
Алп кара куш арбайып,
Асмандан буту сарбайып,
Манаска жолдош болуптур (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 571-инв., 238-б.).

Түштүк Сибирдин, Борбордук Азиянын байыркы элдерине Ш-дин образы биздин заманга чейин7—2к-да алдыңкы Азиянын элдери аркылуу белгилүү болгонун археологиялык эстеликтер кабар берет (Мисалы, Пазырык дөбөсүнөн табылган эстеликтерде). Ш. (арстан) Борбордук Азиядагы байыркы түрктөрдүн этнографиясында, тарыхында терең орун алганын тарыхый булактар ырастайт. Көк түрктөр кагандыгын башкы акылман кеңешчиси (кагандан кийинки

www.bizdin.kg
башкы адам) Тонукөккө арналган таштагы жазуудагы «түрк сир будун» деген этнонимдик аталыштын курамында учурайт. Мында «сир» (шердин байыркы түркчө фонетикалык варианты) көк түрктөрдүн «арстан» деген уруулук аталышынын табу катары жашырылып айтылган персиче эквиваленти. Ушул эле түрк кагандыгынын бийлөөчү уруусу Ашинден кийинки, көрүнүктүү башкы уруу кытай иероглифи менен «Ашиде» деп жазылып келген. Аны транскрипциялап, кайра түркчө калыбына келтиргенде «арстан» болуп чыгат. Ошондой эле Ашиданын уруулук тамгасы арстандын (Ш-дин) стилдештирилген символикалык иероглифи түрүндө берилген. Демек, ал уруунун аталышы өзүнүн тотемдик жаныбары арстандын аты менен байланышкан.

Көк түрктөр сыяктуу эле алардын жакын кошунасы байыркы эне-сайлык кыргыздар «шер» деген термин менен тааныш болушкандыгынын айрым фактылары «Манас» эпосунда бүгүнкү күнгө чейин сакталган. Тоголок Молдонун, М. Мусулманкуловдун жана түштүктөн жазылып алынган варианттарда эпостун башкы каарманы (туулганда коюлган өз аты Ашырбек (фонетикалык варианттары Аширбек). Манас эр жеткенден кийинки мансап аты же жогорку күчтөр тарабынан асмандан коюлган ыйык ысымы. Мындагы «Ашыр» деген терминди байыркы түрк кагандыгынын бийлик башында туруп келген «Ашын» уруусунун тибинде этимологияласа болот (илимде талашсыз чечмеленген): «А» — кытайча «эң мыкты», башкача айтканда эң жогорку нравалуу; моңголчо «шин» («чин») — «бөрү» тотем жаныбар. Мында көк түрктөрдүн тотеми катары (түпкү теги) эсептелген көк бөрүнүн аты табу катары жашырылып, тергөө үчүн жогорудагыдай башка тилдеги сөз атайы колдонулган. Буга салыштырганда «Ашырдагы» «А» — кытайдын жогоруда биз токтолгон сөзү, «шыр» («шер», «шир», «ыр», «шир», «шыр») арстандын перси тилиндеги калькалык эквиваленти. Демек, Ашыр — бек, кыргызчалатып түшүнгөндө «эң мыкты, жогорку нравалуу, Арстан — бек» башкача айтканда Манастын тотем-арстан менен байланышкан аты. Байыркы эне-сайлык кыргыздардын каганы тотемдик атты алып жүрүшү салт болгон. Мисалы, 8-кылымдагы кыргыздын эң күчтүү каганынын толук аты Ынанчу Алп Билге — Барс — бек. Мындагы Ынанчу Алп Билге кагандын такка мингендеги аты (түрк-моңгол элдеринде такка минген хан атын жаңыртарын Темучиндин Чыңгызкан атка конушунун мисалынан талашсыз көрүнүп турат).

Р. Сарыпбеков

ШЕРНЕ, шерине — алдын ала макулдашуу боюнча бир нече бүлөнүн кезек менен тамак берүү салты. Ш. негизинен эл жайлоого чыкканда жеген. Сый тамак үчүн козу (кээде тай) союлган. Орто Азия, казак, моңгол жана башкалар элдерде эзелтен тараган. Ш. берүү салты эпосто да учурайт: «Сүт бото менен тайлардан Шеринени бергиле» (Курама вариант, «Семетей», 296).

ШИБЕН — эпизоддук кейипкер, калмак улуктарынын бири. Манас менен согушуу үчүн Орго кан аскер жыйнап келгин деп Ш-ге да кабар жиберет (Сагымбай Орозбаков, 2. 73).

ШИБЕР — топоним. Кыргыздар Алтайда турганда жайлап турушкан жер. Манастын кан шайланышы жана ал баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнүн баяндаган окуяда учурайт (Сагымбай Орозбаков, 1. 263; 2. 152).

ШИБИ КЕНТ — топоним. Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын кара ашын өткөрүүгө жер тандаган учурда эскерилген калаа (Радлов жазып алган вариант, 146). Географиялык жактан Казакстандын Чымкент шаарына жана анын аймагына туура келет.

ШИБЭЭН, Шибээ — этноним, эпосто Манастын душманы тарабындагы өзүнчө эл (уруу) катары айтылат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында: «Калмактан тыргоот, шибээн бар» (Сагымбай Орозбаков, 3. 15), — деп кээде калмактын бир уруусу болуп айтылат. Саякбай Каралаевдин вариантында да баскынчылык мүнөздө сүрөттөлөт.

Таш-Көпүрө жердеген,
Атагы шибээ эл экен.
Шибээнин кыйын балбаны
Чоң Ылама дээр экен,
Шибээ элдин ырымы,
Жаңы катын төрөсө
Киндигин кескен камыштан.

www.bizdin.kg

Уругун шибээ деп койгон
Күүгүмгө калса кокустан
Карышкыр талап жеп койгон (Саякбай Каралаев, 2. 18).

Үрп-адаты өзүнчө, душман эл катарында баяндалышы эпостун көпчүлүк варианттарында салттык түрдө сакталган.

16-кылымда Мулла Сайф ад-Дин ибн дулма Шах Аббас Аксыкенти жана анын уулу Нур Мухаммад ибн Мула Сайф ад-Дин Аксыкенти тарабынан жазылган «Мажму ат-таварих» жазма дарегиндеги «Манас» эпосунун версиясында Жолой калмактардын Солон-шивалардын башында туруп, Кара-Кыштактагы Манаска жана Манасияга чабуул жасаган деген маалыматтар бар. Эпостогу маалыматтар боюнча караганда шибээ деген элдин аты кара-кытай доорунда эле чагылган дешке болот. Себеби, шибей (шибээ), солон уруулары этникалык жактан каракытайлар менен бир тектеш болгондугу жана Кидан (Ляо) империясынын курамына (10-кылым) киргендиги тарыхта белгилүү. Каракытайлар менен бирге Орто Азияга келгендигн «Мажму ат-таварих» боюнча болжолдоп айтууга болот. Ошондуктан, Жолойдун аскеринин курамында шибе менен солон эскерилет. Ошондой эле солон-шибээ урууларынын айрым бөлүктөрү 18-кылымдын 2-жарымында Цин империясы тарабынан чек арага аскердик күч катары көчүрүлүп келинген. Эпостун варианттарында ал уруулардын адат-салты тууралуу так маалыматтар берилгендигине караганда кийинки келген солон-шибе уруулары жөнүндө да чагылгандыгын белгилөөгө болот. Эпосто солон-шибээ уруулары салттык душмандардын бири катары 10-кылымдан бери сакталып отурган дешке болот.

М. Кожобеков

ШИЛЕҢ — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Эсенкан Жолойду баш кылып Манаска каршы кол аткарганда Кутубий менен сайышка түшүп өлөт (Саякбай Каралаев, 1. 134).

ШИРЕТҮҮ — ыр сабынын акыркы тыбышынын же сөзүнүн кийинки сап башында кайталанышы. Ыр кубулушундагы мындай ык түрк тилдерине өзгөчө мүнөздүү. «Манас» эпосунда окуяны, окуя болгон жерди, же кайсы бир каарманды баса белгилөө, маанисин күчөтүүчү көптөгөн Ш-лөр бар: «Ашып-шашып Каныкей... Беш-Таштын башы Бек-Жайлоо, Бек-Жайлоо көздөй качты эли» (Курама вариант, 1. 279); «Опсуз күлүк Мааникер, Мааникер тулпар бар экен» (Саякбай Каралаев, 2. 27). Дээрлик бардык манасчыларда Ш. ыгы окуяга, каарманга угуучулардын ынтаасын бурдуруу, көңүлүн айтылып жаткан окуяларга, эпизодго топтоо үчүн колдонулуп, эпоско кошумча көркөмдүк берип турат.

«ШОКАН ЖАНЕ «МАНАС»» — *А. Маргуландын* казак тилинде жазылган монографиясы (Алматы, 1971). Эмгек эки бөлүктөн: «Манас» эпосу жөнүндөгү илимий иликтөөдөн жана Чокон араб графикасы менен жаздыртып алган «Көкөтөйдүн эртегиси» (жомогу) деген кол жазманын факсимилесинен турат. Биринчи бөлүктө «Манасты» жазып алуунун тарыхы мүнөздөлүп, Петербург, Казан, Омск шаарларынын архивдеринде эпоско тиешелүү материалдар (мисалы, «Коңурбай», «Карабас уулу Манас» жана башкалар) бар экендигине жана эпостун мазмунуна, сюжеттик курулушуна, баатырдык окуяларына тарыхый салыштырма багытында кеңири талданат. Көбүнчө казак элинин тарыхына, алардын урууларына менен байланыштырып карап, бир беткейликке, калпыстыкка жол берилген учурлар кезигет. Анткени, иликтөөчү эпостун кийин жазылган толук варианттары менен таанып болбогондуктан көп учурда фактыларды чаташтырып, калпыс корутундуларды айтууга дуушар болгон.

«Манас» эпосунун чыгышы жөнүндөгү маселеге токтолуп, М. Ауэзов менен А. Н. Бернштамдын конепциясын (9—10-кылым) туура деп эсептеп, кыргыздар уйгур кандыгын жеңип, Бейжинди (Бээжин) алышы негиз болгон деп карайт. Бир катар тарыхый фактыларды келтирип, бул концепцияны бекемдөө үчүн өзүнүн далилдерин кошумчалайт.

Экинчи бөлүмдө 1965-ж. А. Маргулан тарабынан табылган 1856-ж. Ч. Валихановдун кыргыздардан жаздырып кеткен Манастын бир окуясынын («Көкөтөйдүн эртегиси») фотокөчүрмөсү (факсимиле) жарыяланган.

Э. Абдылдаев

www.bizdin.kg

ШОҢГО БИЙ — эпизоддук кейипкер. Кырк чоронун бири Кербендин атасы. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Манас Каныкейге күйөөлөп барганда мал айдашып барган Кербендин атасы катары эскерилет (Сагымбай Орозбаков, 2. 394).

ШООРУК — каарман, Оогандын каны, *Акылайдын* атасы, Манастын кайын атасы. «Манас» эпосунун негизги варианттарында Оогандын каны Ш. Манас менен согушуп жеңилип, кызы Акылайды тартууга бериши өзүнчө эпизод катары баяндалат. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Ш. к. Маймун (Маймене) калаасында жашаган калча-тажик деген тоолук тажиктердин, башкача айтканда бадакшандык элдин падышасы. Манастан кем калбаган колбашчы, баатыр катары сүрөттөлөт. Анын эрдиги даңазаланат, баатырдык сапаты урматталат. Менменсинген Ш. к. жаңы көчүп келген Манастын элин чаап алууга, колун топтоп аттанып чыгат. Ш. к-дын Манаска каршы чыгуусуна негизги себеп: « Алтайга батпай тентип келген Манас жеримди тарытып жиберди» деген куру намыс. Урушта жеңилип, өзү колго түшөт. Ш. к. Акылайды Манаска тартуулайт. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Ш. к. атактуу кандардан. Бакай Манаска кеңеш берип Ш-ту чаап алууга аттанып чыгышат. Бакай баш болгон аскер Ш. к-дын шаарын чабат. Бакайдын тапшыруусу менен Ажыбай менен Ш. к-га элчиликке барганда ал багынганын билдирип кызы Акылайды тартууга берет.

ШӨКҮЛӨ — үйлөнүү той үлпөтүндө колукту кийүүчү баш кийим. Ал келин болгондон 2— 3 күн өткөндөн кийин ата-энесиникине кайта кайтарылып берилген (салт боюнча кийинки сиңдилерине сакталган). Ш. конус формасында тигилип, кулакчыны же жаагы узундугу 18— 22Х8—10 *см*че, төбөсү (бийиктиги 22— 30 *см*ге), арты же желкеси (узундугу 33— 45 *см*че) болгон. Ш. алгач ак кийизден, кийин ортосуна жүн салынып шырылып, сырты кызыл же кызыл кочкул манат, нооту, баркыттан, ичи ар кыл матадан (же кийизден), кулакчыны кундуз, суусар терилеринен жасалган. Кээ бирөөнүн төбө алкагы күмүш, шуру жана башкалар менен кооздолуп, төбөсүнө же каптал жактарына тоту куш, каркыра, үкү канаты тагылган. Маңдайы маржан, бермет, алтын, күмүш жана башкалар менен көркөмдөлгөн. Ш. казак, кара калпак жана башкалар элдерде да бар. Эпосто Семетей Букардан Таласка көчүп келе жаткандагы эпизоддо «Төбөсүнө чачыңдын, Шөкүлөнү кийгизип, Шөкүлөнүн жээги кызыл алтын көрүнүп» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 303), — деп Чачыкейдин Ш-сү сүрөттөлөт.

ШУЙКУЧУ (дуңганча — үй кызматчысы) — эпизоддук кейипкер, Коңурбайдын тыңчысы. Манастын ашпозчусу катары кызмат кылат. Кытай тарап жеңилип Эсенкан Чет Бээжинди Манаска өткөрүп бергенде тартууга кеткендердин арасында Ш. төрө да болот. Ал мусулман динин кабыл алат. Манастын бардык жагдайын байкап жүрүп, аларды катка түшүрүп, Коңурбайдын атайы жиберген дубанасы аркылуу нанга кошуп кат берет. Ш. эпосто Манастын жарадар болушуна түздөн-түз себепкер кейипкердин бири катарында сүрөттөлөт.

ШУМКАР ТАШ — элдик уламыш боюнча Манастын Ак шумкары байыр алган таш. Ат-Башы районундагы Ат-Башы тоосунун Баш-Келтебек
ашуусунда. Манас дүйнөдөн кайткандан кийин, Каныкей Ак шумкардын боосун алып, коё берген. Ак шумкар Таластан чыгыш тарапты кыдыра учуп, акыры Ак-Сай, Арпадагы агала зоого байыр алат да, Куу Кумпай деген кыраан куш менен тебишип ойноп жүрөт. Семетей ат жалын тартып мингенче, шумкар ушул зоого тукумдап жүргөн. Ошондон ушул күнгө чейин эл аны «Шумкар таш» аташат.

ШУМКАР-УЯ — Талас өрөөнүнүн Үч-Кошой, Жаргарт суусу агып түшкөн тарабында Сандык тоосунун тушунда күңгөй тарапта турган тик аскалуу чокунун аты. Чоку азыркы учурда 113-жылкы заводу турган совхоздун төмөн жагында, Чкалов атындагы колхоздун чыгыш жагында турат. Элдик уламыш боюнча Манас, Семетейдин Ак шумкары ушул Ш.-У дан алынган экен.

ШУҢГУР — эпизоддук кейипкер. Манас колу менен келе жатат деген кабарды угуп Текестин буйругу менен Куяс сээр окуп, сыйкырлап адам кебетесине келтирген карагай, кайың жана башканы сынап көрмөккө бирөөнү найза менен саям деп өзү найза жейт (Сагымбай Орозбаков, 2. 38).

ШУУТУ — кырк чоронун бири. Манаска чоро болуп келгендердин алгачкыларынан. Ш. белгиленген жолдон, багыттан адашпаган, ар нерсени өз учурунда туура түшүнгөн жөн билги чоронун бири катары «Карсактын изин жаңыл бас, Кадыр, Жайнак, Шууту бар» деп көпчүлүк

www.bizdin.kg
чоролор менен бирге саналат. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча окуянын жүрүшүнө жараша Ш-га ар кандай мүнөздөгү тапшырмалар берилет. Алмамбеттин келишинде ага анын жолун тостуруп Алмамбетти алып келүү милдети тапшырылат. Манас Бээжинди каратканда Бакай Таласка кабарга Ш-ну жиберет. Канықей жаман түш көрүп, Ш-ну кайра Бээжинге жөнөтөт. Ш-нун Манаска кат алып келатканын билген Коңурбай аны кармап алууга аракеттенет. Ш. качып Алмамбеттин жардамы менен кутулат. Ш. да Бээжиндеги салгылашта окко учуп, курман болот. Эпостун экинчи бир жеринде ал өлбөй тирүү калып, «Семетей» бөлүмүндө Манаска берилген чоролордун бири катары Абыке, Көбөшкө каршылык көрсөтүп, Канықей, Семетейге болушат. «Манас» эпосунда Ш-ну башкалардан айырмалап бөлүп, өзүнчөлүгүн атайын белгилеп көрсөтүү үчүн «үзүктөй калпак эр Шууту» деген туруктуу эпитет колдонулат.

К. Кырбашев

ШҮКҮР — кырк чоронун бири. Сагымбай Орозбаковдун вариантында айтылат. Кырк чоросу айтылганда ар дайым алардын катарында «Жайсаң, Бообек, Шүкүр бар» деп саналып өтөт. Манас менен бирге көптөгөн согуштук жана турмуштук окуяларга катышат. Манас Канықейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты он жетинчи келген Ш. тагдырына буюрган Маарамканга үйлөнөт.

ШЫГАЙ — каарман. Манастын аталаш туугандарынан. «Семетей» эпосундагы ички душмандардын бири Чынкожонун атасы. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Көкөтөйдүн ашына: «Улуу-Чатка жайлаган Урматтап күлүк байлаган Карыя Шыгай бу келди» (Сагымбай Орозбаков, 3. 54), — деп эскерилет.

ШЫНКУУ — топоним. Жакыптын төрт түлүк малы жайлаган жерлердин бири. Манас төрөлгөндөгү тойдо, Манас Эсенкан жиберген тыңчыларын жайлаган жана Жакыптын агасы Байдын баяны сыяктуу окуяларда айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 74, 155, 174).

ШЫҢГЫ — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун вариантында кырк чоро жөнүндө сөз болгондо дайыма Кербендин атасы экендиги гана айтылат.

ШЫҢГЫНАИ — эпизоддук кейипкер, Канықейдин нөкөрү. Манас Канықейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты кырк экинчи келген Акпай тагдырына буюрган Ш-га үйлөнөт (Сагымбай Орозбаков, 2. 419, 427).

ШЫПШАЙДАР — каарман. Шапак Рысменде уулунун жана Курама вариант боюнча кытайдын көзгө атар аяр мергени. Башка варианттарда бул кейипкер Кожожаш деген ысым менен айтылат.

ШЫТА (кытайча шы — таш) — топоним. Алооке кытайды көздөй качкандагы окуяда Ш. кечүүсү аркылуу качат (Саякбай Каралаев, 1. 204). Сагымбай Орозбаковдун вариантында Алмамбет менен Сыргак жылкы тийип, Шыта-Кечүү (Таш-Кечүү) аркылуу өтүшөт. Таш-Кечүү Манас өзөнүндөгү жалгыз кечүү.

Ы

ЫБЫРАЙЫМ Абдыракман уулу (1888, азыркы Жети-Өгүз району, Чырак айылы — 1967, Ат-Башы району, Пограничник айылы) — манасчы, белгилүү «Манас» жыйноочу жана фольклорчу. СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү (1948). 1905-ж. Караколдогу «Жаңы тартип» мектебин бүтүрүп, Жети-Өгүздө мугалим болуп иштейт. Алматы, Фрунзе шаарында мугалимдик курста окуган. 1939-ж. Фрунзедеги педагогика институтунун 2 жылдык адабий факультетин бүтүргөн. «Манас» эпосунан тартып элдин тарыхый, маданий көркөм мурастарын мыкты билген жыйноочу катары 1935—60-ж. Тил жана адабият илим изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп иштеген агартуучулук ишинен улам эл ичинде «Ак Молдо», «Молдоке» деген ылакап атка конгон. Ы-дын элдик оозеки чыгармачылыкка болгон шыгы эрте ойгонгон. Ал жөнүндө өзү минтип эскерген: «7—8 жаштарга чыгып айылдагы балдар окуткан молдолордон окуп жүргөм. Эл кыштоого конгондо айылдагы кары, жаштар чогулуп, «Манас» жомогун айттыруу тууралуу кеңешип, жомок айтуучу кишини атайы чакыртып алып, кезек менен ар күнү айттырышар эле. Күүгүм киргенде кары-жаш аралаш «Манас» айттырган үйгө жык толуп, чоң балдар илгери отуруп, мен улагада босогонун түбүндө керегеге сөөнүп отуруп калар элем. Түн ортосу жакындаганда уйкулары келип чоң балдар тарап кеткенде тулганын түбүнө мине келип отуруп, таңга жакын жомок айтуу

www.bizdin.kg
токтолуп, эт тартылгандан кийин кетер элем. Ошондой түрдө кыштын көп күндөрү «Манас» айттыруу менен өткөрүлөр эле. Жомокчу айтып жатканда кай бир муңдуу жерлерине келгенде ыйлашкан кишилер... сайыш, чабыш, атыш, атышуу жерлерине келгенде кай бир кишилер кыйкырып, калгандары чуру-чуу түшкөндөрү болот. «Семетей» жомогунда да ошондой абал... Түндө айтылган жомоктон -көңүлүмө кай бир эпизоддорун өздөштүрүп калып, эртеси айтып бере алгандыгымдан келечекте менин да жомокчу болорума эл ишенер эле». Анын «Манаска» шыктуу болушу көптөгөн манасчылар менен таанышып, алардан таалим алууга түрткөн. Бул жөнүндө өзү минтип эскерет: «Мен Ысык-Көлдөгү жомокчулардын жетөөнү көрдүм. Манас айтуу боюнча эң чыгаан Акылбекти 13 жашымда биринчи көрүп, 28 жашыма дейре үздүксүз айткандарын угуп жүрдүм». Акылбектен башка да ошол кезде көл айланасына белгилүү манасчылар Дыйканбай, Жандаке, Байжан, Отунчу, Калча, Жакшылык (Кара ырчы) менен жолугушуп алардын айткан «Манасын» көп сапар укkан. Мунун баары табигый шыгы бар Ы-га таасирин тийгизбей койгон жок. Бара-бара ошол манасчылардан үйрөнгөн жомогунун айрым эпизоддорун ал өзү да эл астына чыгып аткара баштаган. Кийин үчилтиктин үч бөлүмү боюнча өз вариантын түзгөн.



Ы-дын ошол доордогу сабаттуу тың адамдардан болушу жана «Манаска» бөтөнчө ышкыбоздугу эпосту узак жылдар талыкпай жыйноого жардам берген. Анын элдик мурасты жыйноого белсене киришүүсү 1922-ж. улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун «Манасын» кагаз бетине түшүрүү менен башталган. Тоң болушунда уюштурулган «Кара кыргыз эл адабиятын жыйноо ийриминин» жетекчиси Каюм Мифтаков жана ал ийримдин мүчөсү Сапарбай Сооронбай уулу экөө Нарын уездине — Теңир-Тоого командировкага барышат. Ал жерден аларга дагы эки адам — Ыбырайым Абдыракман уулу менен Чаки Каптагай уулу кошулат. Ошентип, ушул төрт кишиден турган фольклор жыйноочулардын тобуна жетекчилик кылган К. Мифтаков Сагымбайдын «Манасын» жазуу ишин баштаган. Бирок, ал бир аз гана жазып токтотkондон кийин Ы. анын демилгесин улантып аягына чыгарган. Ал кезде элдик оозеки чыгарманы кагаз бетине түшүрүп жыйнап алуу иши өтө ыңгайсыз татаал шартта өткөн. Ушундай татаал шартта «Манасты» жазып алууга бирден-бир татыктуу адам Ы. болгондугу жөнүндө К. Мифтаков минтип жазат: «...тизеге жаздык алып, үстүнө батнос коюп жаза баштадым. Бир нече бет жазгандан кийин калем сапты, жаздык, батносту Ыбырайга берип, өзүм Ыбырайдын бир нече бет жазганын карап отурдум. Анын колу, каты (каллиграфиясы) мага абдан жакты». «Манасты» кагаз бетине түшүрүү ишинин алгач демилгечиси Түркстан илим комиссиясы кийинчерээк иштин жүрүшүнө салкын мамиле жасап, аны унуткарып кетишкендиктен, тийиштүү жардам ала алышпай Сагымбай менен Ы. көп кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Бул жөнүндө Сагымбай Орозбак уулу мындайча баяндаган:

Арстан Манас жомогу
Жазылып, болду тамамы.
Көз салбастан дурустап
Кетирдиңер чамамы.
Жазган молдо Ыбырай
Калем тартып жадады.
Айткан акын Сагымбай
Жүдөп бала-бакырам
Жүздөрүн үйрүп карады.
Жазган молдо Ыбырай
Жаш акты эки көзүнөн,

www.bizdin.kg

Айткан акын Сагымбай
Адашты акыл-эсинен,
Өзгөчө кылдык эмгекти
Көпчүлүктүн ишинен.

Манасчы Сагымбай менен Ы-дын эч жактан тыңгылыктуу жардам албай, Кочкор менен Ат-Башыда көчүп-конуп жүрүп, төрт жылдын ичинде «Манастын» көлөмдүү биринчи бөлүмүн жазып бүтүрүшкөндүгү чындыгында чыгармачылык эрдик болгон. Сагымбай Орозбак уулунан Ы. жазып алган «Манастын» 1-тому жарык көргөндө бул жөнүндө минтип ачык белгиленген: «Ушул түрдөгү оор шартка жана анын айрым зээн кейирлик жыйынтыктарына карабастан Сагымбай Орозбак уулунун оозунан 1922 — 1926-жылдары «Манас» эпосунун эң сонун варианттарынын бири жазылып калынган. Бул иште демилгечи болгон Каюм Мифтаков сыяктуу энтузиасттердин, жомокчу менен бир катар бардык оордуктарга чыдап, ишти аягына жеткирген Ыбырайым Абдыракманов сыяктуу адамдардын эмгегине баа жетпейт». Ы. Тил, адабият институтуна илимий кызматкер болуп иштеген мезгилинен баштап, жыйноочу катары Саякбай Карала уулунан «Манасты» жаза баштайт. Саякбайдан жазылып алынган «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүктөрүнүн айрым эпизоддору, «Төштүк» эпосу 150 басма табакты түзгөн.



«Манас» жыйноочу Ы. Абдыракманов, манасчылар Тоголок Молдо жана Саякбай Карала уулу. 1939.

Ы. «Манас» эпосун жыйноо менен гана чектелбестен, аны айтуучу жомокчу-акындардын өмүр баянын, алар жөнүндөгү эл оозунда айтылган уламыштарды да топтогон. Улуу мурас менен элди кеңири тааныштыруу максатында «Манас» сериялары» деген ат менен Сагымбай Орозбак уулунун вариантынан «Манастын балалык чагы» (1940), «Алооке кан» (1941), «Макел дөө» (1941), «Биринчи казат» (1944), манасчы Саякбай Карала уулунун вариантынан «Каныкейдин жомогу» (1941), Акмат Рысменде уулунан «Үргөнч» (1941), Тоголок Молдонун «Семетейдин Букардан Таласка келиши» (1941) деген эпизоддорду басмага даярдаган. Ал «Манас» үчилтигинин курама вариантынын төрт томун түзүп басмадан чыгарууда түзүүчүлөргө да көп жардам берген. «Манас» үчилтигинин бардык варианттарын, алардын өзгөчөлүктөрүн мыкты билген адам катары текстти тандап алууда жана комментарийлөөдө өз үлүшүн кошкон. Жалаң гана «Манасты» жыйноо жана өзүнүн вариантын түзүү менен гана чектелбестен элдик оозеки чыгармачылыктын башка түрлөрүн элден чогултуп алууга активдүү катышкан. Кыргыз эл акындарынын мурастарын, жөө жомок, майда лирикалык ырларын, макал-лакап, чечендердин учкул сөз, табышмак, кошокторун жыйнаган жана өзү билген оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн жазып калтырган. Ы-дын «Бугу, сарбагыш манаптарынын кагылышы», «Манаптардын зулумдугу, мыкаачылыгы», «Кыргыздардын урууларга бөлүнүшү», «Кыргыздын үрп-адаттары» өндүү кол жазмалары элибиздин өткөндөгү тарыхын, каада-салтын үйрөнүүдө этнографиялык баалуу мурас болуп саналат. Ы. элден уккан санжыра, уламыштарын ырга айландырып, өзүнчө оригиналдуу чыгарма жаратууга да далалаттанган. «Казак кайың сааганда, кыргыз Ысар киргенде» деген жалпы атка бириктирилген тарыхый ырларынын цикли ушул багыттагы чыгармаларына жатат. Чыгарманын негизги сюжетин 17 — 18-кылымдарда кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый окуялар түзөт. Жунгар баскынчыларынын жортуулдары, кыргыздын Кудаян сыяктуу айрым феодалдарынын эл башкарууга жөндөмсүздүгү, адилетсиздиги, элдин өкүлү Сансыз сынчынын аны чечкиндүү айыптап, сындап чыгышы сыяктуу окуялар бир кыйла көркөмдүктө ишенимдүү сүрөттөлгөн. Акындын элден уккан санжыралуу уламыштарынын негизинде түзүлгөн

www.bizdin.kg
чыгармаларынын ичинен «Жаңыл Мырза» поэмасы эң көрүнүктүүсү. Ы. «Манас» эпосунун айрым эпизоддорун эл алдында аткаруу менен бирге үчилтиктин үч бөлүмү боюнча өз вариантын түзүп, өз колу менен жазып Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусуна тапшырган. Анын варианты «Манас» эпосунун башка варианттары менен салыштырганда бир кыйла уникалдуу мүнөзгө, өзгөчөлүккө ээ. Ы-дын башка манасчылардан айырмаланып толук сабаттуу болушу, көп жылдар бою илимий чөйрөгө аралаш жашап, «Манас» боюнча ар кандай талкууларга катышуусу жана экинчи жактан Кол жазмалар фондусунда сакталып турган эпостун бардык варианттары менен жакшы тааныш болушу, ал турсун феноменалдуу эске тутуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болуп, өзү кагаз бетине түшүргөн варианттардын көпчүлүк тексттерин сөзмө-сөз жатка билиши өзүнүн вариантына аң-сезимдүү мамиле жасоого шарт түзгөн. Ал өз вариантын жаратууда өзүнөн мурунку манасчылардан айырмаланып, жалаң гана эл алдына айтып чыгууну эмес, китеп кылып жарыкка чыгарууну көздөгөн. Ы. өзүнүн вариантын басма үчүн даярдагандыгын «Сейтек» эпосуна жазган баш сөзүндө ачык эле эскерип өткөн. Ал ушул максатта эл ичинде үзүндү-үзүндү түрүндө айтылып келген «Калевала» эпосун системалаштырып, бир сюжеттик өзөккө топтоштуруп жыйынтыктуу чыгармага айландырган фин окумуштуусу Ленроттун жолун жолдоого кайсы бир деңгээлде далалаттанган. Бирок, «Манас» эпосу баштан аяк эбак калыптанган, жыйынтыктуу эпопея болгондуктан тыштан мындай жасалма кийлигишүү анча муктаж эмес эле. Ошондуктан Ы-дын ал аракети эпостун жалпы системасына олуттуу өзгөрүү алып келген эмес. Анын вариантында эпостун мурунтан калыптанган сюжеттин түзүлүшү өзгөрүүсүз толук сакталган. Ы. көбүн эсе тигил же бул манасчыдан өзүнө жаккан, бүгүнкү көз карашка жакын айрым мотивдерди, кээ бир көркөм сүрөттөөлөрдү алымча, кошумчасы менен өз вариантына киргизүү менен чектелген; ошондой эле өз вариантында ар кандай тарыхый себептердин натыйжасында эпосто мурдатан орун алып келе жаткан кээ бир идеялык карама-каршылыктарды четтетип, бүгүнкү күндөгү көз караштарга ылайыкташтырууга аракет кылган. «Манастын» минтип идеялык жактан «таза» вариантын түзүүгө ошол кездеги вулгардык - социологиялык позициядагы адабиятчылардын эпостун элдүүлүгүн танып, реакциячыл, феодалдык, элге жат чыгарма деп чуу көтөрүп, аны азыркы талапка жооп бербеген чыгарма катары архивге өткөрүүнү сунуш кылышы көбүн эсе түрткү болгон. Элдик улуу чыгарма катары «Манас» эпосун терең сүйүп, кастарлап, ага бүт чыгармачылык өмүрүн арнап келген Ы. эпосту сындан сактап калуу максатында жогоркудай жолго аң-сезимдүү түрдө атайы барган. Алмамбеттин кытай жеринен кетишин баяндаган Ы-дын эпизоду окуянын жалпы жүрүшү жагынан Сагымбай Орозбак уулунукуна жакын, бирок тиги вариантта бир кыйла терең орун алган диндик мотивдер кыскартылып же жооткотулуп, бүгүнкү көз караштардын таламына жакындаштырылып берилген. Алмамбеттин өз жеринен кетиши көпчүлүк варианттардагыдай мусулман дини менен байланыштырылып мотивделбестен, анын кытай кандары менен кагылышы көбүнчө социалдык теңсиздиктен келип чыккандай мүнөзгө ээ. Бул үчүн Ы. Сагымбайда жок, бирок Саякбайда бар кээ бир мотивдерди өз вариантына пайдаланган. Мисалы, Алмамбеттин атасынын Кан-Жайлак жайлоосун тартып алган Коңурбай менен урушу, адил сурак жүргүзбөгөн Эсенкан менен кагылышы сыяктуу социалдык мүнөзгө ээ мотивдер бар. Албетте, Ы-дын вариантын баштан аяк комплятивдүү мүнөздөгү чыгарма деп атоо жаңылыш. Эпостун бардык эпизоддорунда жогоркудай кураштыруу бирдей деңгээлде эмес. 1952-ж. «Манас» эпосунун элдүүлүгүн аныктоого арналган конференция мезгилинде жана андан мурунку талкууларда сын көбүрөөк тийген «Алмамбеттин аңгемеси», «Чоң казат» эпизоддорунда айтуучунун алымча-кошумчалары сезилерлик байкалса, башка бөлүмдөрдө мындай көрүнүштөр сейрек учурайт. Мисалы, «Сейтек» бөлүмүнө жазган «Башкы сөзүндө» айтуучу өзү минтип эскертет: «Сейтектин» 5 вариантын тандап басмага даярдоо мага тапшырылган болуучу. Тоголок Молдо, Рысмендеев Шапак, Сарыков Жакшылык үч жомокчунун вариантын талдап окуп, алардан бардыгы 300 сап гана ыр алдым, калгандары менин вариантым болду» (Абдыракманов Ы. «Сейтек», Кол жазмалар фондусу, 670-инв., 1-б.).

Экинчиден, Ы-дын «Манаска» карата жогоркудай аракетин жекелик көрүнүш катары эсептөөгө болбойт. Эл ичинде жазуу-сызуу иши кеңири тарай баштаганда «китептик таасир» элдик оозеки чыгармачылыкка тийип, аны өзүнө сиңирип алууга аракет кылары тарыхый көрүнүш. Европа

www.bizdin.kg
элдеринин биздин күндөргө жеткен айрым эпосторунан бул процесс ачык сезилет. Немец элинин «Нибелунг жөнүндөгү ыр», француздардын «Роланды жөнүндө ыр» эпостору, атап айтканда сабаттуу адамдар элдик оозеки чыгармачылыктан кайра иштеп чыккан формасында бул күндөргө жетти. Финдердин «Калевала» эпосун Ленрот кайта иштеп, системага салганын эскерип өткөнбүз. Ыбырайым Абдыракман уулунун варианты көркөм адабияттагы жалпыга орток тарыхый процесстин биздин эпостогу өзүнчө бир көрүнүшү, кызык фактысы катары да көңүл бурууга татыктуу.

Ы-дын варианты баарыдан мурда «Манас» үчилтигинин үч бөлүмүнүн тең ичинде айтылып келе жаткан салттык окуяларын бүтүн камтышы, ошол окуяларды артык баш кайталоолорсуз жыйынтыктуу так бериши менен баалуу. Ы. ошондой эле көркөм каражаттарды ыктуу пайдалана билген. Ал каармандардын портретин, кыял-жоругун, курал-жарак, ат-тонун, согуш учурун, пейзажды сүрөттөөдө өзүнөн мурда салт катары айтылып келе жаткан ыр саптарынын жеткилең иштелген, орошон көркөм жерлерин кылдат тандап колдонгон. Ы. жазып тапшырган үчилтиктин биринчи, экинчи бөлүктөрү калк ичинде эреже катары бир калыпка түшкөн негизги окуяларды сактоо менен сюжет жагынан башка варианттардан анча айырмаланбайт. Мындагы негизги өзгөчөлүктөр айрым окуя, мотив, образдардын өз алдынча талкууланышынан байкалат. Ал эми анын жазып тапшырган «Сейтеги» «Манас» эпосунун бул бөлүмүнө таандык окуялардын дээрлик баарын камтышы, сюжетинин татаалдыгы, жеткилең иштелиши менен колдо бар варианттардын көпчүлүгүнөн айырмаланып турат. Ы-дын «Сейтеги» бардык варианттардагыдай эле Айчүрөктүн Кыястын колуна түшүп кетиши жана анда жүрүп Семетейден үч айлык боюнда калган Сейтекти төрөшү, аны Кыястын кастыгынан ар түрдүү амал-айла менен сактап, аман өстүрүшү менен башталат. Эр жеткен Сейтек ата-тегин угуп, кулдукта жүргөн Күлчорого кошулуп, аны дарыгер Кызылсарттын жардамы менен айыктырып, Айчүрөк Тоотору атын алдап сурап алып, жөө калган Кыясты жеңип, атасы Семетейдин өчүн алышы, андан Таласка келип, Канчоро, Чачыкейди өлтүрүп, атасынын ордун ээлеп, эл-жерине бейпил турмушту орнотушу да айрым бир мотивдердеги, деталдардагы айырмачылыктарды эске албаганда башка варианттарга окшош. Мунун өзү «Сейтектин» аталган эпизоддору эл ичинде узак мезгилдер бою айтылып, улам такталып, туруктуу бир нукка ээ болгонун көрсөтөт. Жалпы эле элдик эпостордо — «Сейтекте» сүрөттөлгөнгө жакын, окшош окуялардын орун алышы салттык көрүнүш. Ал учурдагы абал канчалык оор болсо да келечекке оптимисттик менен караган, зордукчул күчтөр убактылуу үстөмдүк кылса да акыры жүрүп адилеттик кайра ордуна келип, салтанат курарына ишенишкен. Ошондуктан, элдин оозеки чыгармачылыгынын көптөгөн үлгүлөрүндө оң каарманга каршы турган тескери күчтөрдүн бардыгы жеңилип, окуя бактылуу аяктайт жана жыйынтыкталат. Натыйжада, чыгарманы мындан нары улантуунун зарылдыгы жок. Жалпы эпосторго мүнөздүү ушул салт боюнча «Манас» үчилтиги да Сейтектин Канчоро, Кыясты өлтүрүшү, баштатан келе жаткан сөөк өчтү тышкы, ички душмандар бүтүндөй жок болуп, эл тынч, бейпил турмушта жашай башташы менен чыгарма жыйынтыкталып, акырына чыккан катары токтолууга тийиш эле. Чыдыгында «Манас» эпосун так ушул жерден бүтүргөнү «Сейтектин» ушуга чейинки окуялары туруктуу эрежеге айланып, сюжети бардык варианттарда бирдей мүнөзгө ээ болушу жана кээ бир варианттарда окуянын, атап айтканда дал ушул жерде бүтүшү көрсөтүп турат. Ырас, бир катар варианттарда окуя андан нары улантылып айтылат.

Ы. варианттар ортосундагы мындай айырмачылыкты жоюп, бир нукка салууга аракеттенген. Анын вариантында Жакшылык Сарык уулунукундай Карадөөнүн окуясы, Шапак менен Багыштыкындай Коңурбайдын уулу Куялынын Сейтекке каршы урушу айтылат, бирок окуя баяндоо манерасы, каармандардын мүнөзүн, согуш учурун сүрөттөөсү Саякбайдын вариантына жакындашып кетет.

Ы-дын вариантында бул окуялардын кыскача сюжети төмөнкүчө: Индистандын Жаркен жаккы бетинде Карадөө жашайт. Ал «чайнарына таш таппай, кесерине баш таппай, уруша турган эр таппай, барарына жер таппай, дөөгүрсүп, өзүнө жан теңебеген баскынчы болот. Мына ошол өзүнө ашкере ишенген Карадөө Семетейдин уулу Сейтек баатыр чыгып, элин жоого алдырбай эркин жатканын угуп, анын атагына ичи тарып, барып чаап, олжо алууга камынат. Ал көп кол чогултуп Кашкарга келип андан Анжыянды басып өтүп, Чаткалга келип токтойт. Карыя Бакай күндөрдүн

www.bizdin.kg
биринде өзүнөн өзү чочуноп, үйгө жата албай Үч-Кошойдун бийик тоосуна чыгып барып дүрбү менен айланасын карап отуруп, Чаткалды басып жаткан калың колду көрөт да элге кабар жеткирет. Күлчоро, Сейтек кол баштап Карадөөнү капыстан басып калууга жөнөшөт. Эки кол беттешип, салгылаш башталат. Күлчорого Көңгөй, Сейтекке Тоотай деген душман баатырлары жекеге чыгып өлүмгө учурайт. Күлчоро менен Даңгыл беттешип, узакка кармашып Күлчоро жеңеринде Карадөө жардамга калың колун каптатат. Уруш кызыйт, кыргыздар жоонун колун жеңе баштайт. Күлчоро капыстан Карадөө менен бет келишип, аттан эңип түшүрүп өлтүрөт. Башчысы өлгөн душман колу багынып, кечирим сурашат. «Оболтодон сунган моюнду, суурган кылыч кечпейт, булардын күнөөсүн кечели» деген Бакайдын кеңеши боюнча аларга эркиндик берилет. Мурун Карадөөгө мал-мүлкү менен туткунга түшкөн Кашкар, Анжыян эли да азаттыкка чыгышат.

Ы. Сейтектин Коңурбайдын уулу Куялы менен урушун бир кыйла кенен деталдуу сүрөттөйт. Сейтектин атагын укkан Куялы буруттардан (кыргыздардан) өлгөн атасы Коңурбайдын өчүн алам деп элин чогултуп кеңеш салат. Эл ичинен мүрөктүн суусун ичип төрт жүз жыл жашаган Ыраң-Көөдөн карыя чыгып, буруттар башынан бери бизге жеңилген эмес, Манас баатыр Бээжинди алып, атаң Коңурбайды багынткан, анын тукуму оңой жоо эмес, тил алып барба дейт. Куялы анын айткан кеңешине көнбөй алты түмөн кол алып Таласка жөнөйт. Үч ай дегенде Ысык-Көлдү бойлоп, Чүйгө түшөт.

Карыя Бакайдын кеңеши менен Сейтек туш-тушка күзөттү койгон болот. Ошол күзөтчүлөр жоонун каптап келе жатканын кабар кылат. Аргын, ногой колу жоо жарагын шайланып душманды тосуп чыгышат. Бакай алыстан дүрбү салып, жоонун кайдан келгенин тааныйт, анын теңи ит жээр, бит жээрлер бака, жылан, коңузду терип жеп, ар кайсы тоону өрдөп кеткенин көрөт да аларды кайра колго кошула электе ошол жакта жалгыздатып кыруюга кеңеш берет. Ал кеңеш кабыл алынат. Тоого тентип кеткен ит жээр, бит жээрлерди жок кылгандан кийин Куялы баш болуп жаткан солоон, шибээ, тыргоотторго каршы аттанышат. Эки кол беттешип, жекеге киши чыгарышат. Душман тараптан кадимки мерген Кожожаштын чөбөрөсү Соорун Сейтекти жекеге чакырып чыгат. Анын чоң атасы Чаңдаяк, атасы Чабалдай мурун Семетей менен Күлчородон өлгөн экен.

Эки баатыр бардык жоо куралдарды кесек менен колдонуп, узакка салгылашып, акыры куралсыз ат үстүндө кармашышат. Сейтек душманын жакадан мууна кармап, аттан алып түшүп өлтүрөт. Жекеге чыккан Дөңгөнү Сейтек жеңе турган болгондо кара кытайлар
көптөп кирет. Кармаш маалында Күлчоро Куялыны жыга саят, аны ат оюнчу жөө күлүктөр куткарып кетет. Дөңгө сайып кеткен Күлчорону Сейтек куткарат. Дөңгө жер бетине кара туман түшүрүп, өзү көрүнбөй жамгыр кылып жаа тартып, мөндүр кылып ок атып колду жүдөтөт. Күлчоро аңдып олтуруп Алмабаш менен атып өлтүрөт. Дароо күн ачылып, туман тарайт. Кыргыздар жоосун жеңип кирет. Куялы качып жөнөйт. Артынан Күлчоро кубалап, Кең-Каркырадан жетип өлтүрүп, анын Чаар тулпарын кармап минип кайра кайтып келет. Жоо жеңилет, анын бир кыйласы: Топ-топ болуп алышып, Качырдын башын алышып, Жарактарын кыйратып, Кийимдерин жыйнашып, Отко салып өрттөшүп, Кырка отуруп беришип, Өлүмдү макул көрүшүп, Кылыч менен баштарын Кыя чаап өлүшүп (Кол жазмалар фондусу, 670а-инв., 339-б.) жок болот. Жоо жеңилип Сейтек эли менен бейкут турмушта жашап калат.

Р. Сарыпбеков

ЫБЫШ — кырк чоронун бири. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча ар кандай окуянын мүнөзүнө ылайык дайыма кырк чоро саналат. Сөз болгон чоролордун ичинде Ы. кош башкарган чоро экендиги айтылат.

ЫДЫРАҢ — эпизоддук кейипкер. Калмак аяры. Эпосто «Өзү келип катылган Шоорук кандын кыргыздардан жеңилиши» деген окуяда терс каарман катарында эскерилет (Курама вариант, 1. **162).**

ЫЖЫК, ижыктар — өлүктү узакка сакташ үчүн үстү калканчтуу атайы жасалган салкын жай, сере. Ал дөбө жерге курулуп, туш-гушунан жел согуп тургандай жасалган:

Чарайнага чаптатып
Чайингиге каптатып,

www.bizdin.kg

Ырчыларга мактатып,
Ыжыктарга сактатып (Сагымбай Орозбаков, 3. 11).

ЫЙБАНКУП — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Көкөтөйдүн ашына келгени айтылат.

ЫЙМАН, Ыйманкул — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Ы. Жакыптын жылкычы башчысы катары сүрөттөлөт, айрым учурда чабарман катары сүрөттөлөт.

ЫЙЫК АТ, Ыйык серке — ыйык кылып эркин коё берилген мал. Эпосто ырым катары колдонулган диний түшүнүк катары көп жолугат. Мисалы, Коңурбай Кулансурду олжолоп алып, ыйык көтөрүп жылкысына кошот:

Тай чагында мен муну
Талоондон алган малым деп,
Мойнуна калмакча бурчак чалыптыр,
Ырымы экен чочконун
Ыйык ат кылып алыптыр,
Көп жылкынын ичине
Сетер коюп салыптыр (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 196).

Коңурбайды сүрөттөөдө «Серкесин сетер көтөргөн, Мингени ыйык ат болгон» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 364), — деп айтылат, к. *Сетер көтөрүү.*

ЫЛАМА (тибетче *лама* — ламаизмдин кечили) — кейипкер, Эсенкандын баатыры. Манаска каршы согуштарга катышат.

Ы. эпоними эпоско моңгол тилдеринен кирген. Моңгол тилдеринин реалдуу антропонимдер системасында Лама деген адам атынын кыргыз тилине кирип өзгөргөн түрү. Кыргыз тилинде «л» тыбышы менен башталган сөзгө үндүү тыбыш кошулуп айтылгандыктан «лама» сөзү Ы. болуп кеткен.

Тарыхта кыргыздарга каршы көп согушкан Жунгар мамл-нин тушунда Лама (Ылама) деген ысым менен жашаган Лама Доржи же Эрдени Лама Батур Хунтайчи деген адам белгилүү.

ЫЛАШКЕР (иранча лашкер — кол, черүү, кошун) — аскер. Эпостогу «Ылашкер он миң кол алып, Эсенкандан эсепсиз буйрук жооп алып» (Саякбай Каралаев, 1. 82) деген саптар Ы-дин аскер экенин айгинелейт.

ЫНДЫСТАН — топоним. Кыргыздардан кыйла алыс жаткан өлкө катары эпостун бир катар эпизоддорунда эскерилет. Манасты байлап кетмекке Каканчын каны жиберген жигиттердин бири Ы-дын бер жагы Коңгу деген жерден болот. Кошойдун Кырмусшааны багынтышы, Айгандын окуясы Ы-га караштуу же ага жакын жерлерде өтөт. Алмамбеттин келгенине арнап Манас той берген окуяда учурайт:

Күн жүрүш жакка бет алсаң
Ысбахан менен Ындыстан,
Кандай барсаң андай бар,
Ар керегиң камдай бар (Сагымбай Орозбаков, 1. 319: 2. 322).

Географиялык реалияда Азиянын түштүгүндөгү Индостан жарым аралы. Батышын Араб деңизи, чыгышын Бенгал булуңу чулгайт. Индостанда Индиянын көп бөлүгү, Пакистан менен Бангладештин айрым жерлери жайгашкан.

ЫРАМАН — эпизоддук кейипкер. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча казактын улуу жүзүнөн. Каратайдын (Ырчыуулдун) атасы. Орго кандын увазири. Манастын Орго кан менен болгон согушу, Манас баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү, Бокмурун элге кабар жибергени, Көкөтөйдү койгону, Көкөтөйдүн ашы окуяларда айтылат. Саякбай Каралаевдин вариантында Ырчыуул орус каны Ы-дын (Романовдордун сулалесине байланыштырылып) уулу делет.

ЫРАҢ — эпизоддук кейипкер, кытай мергени. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча Чоң казаттагы эки колдун урушунда баатыр мерген катары «Кытайдын Ырaң мергени» — деп айтылат.

ЫРАҢДЫ — топоним. Орозду жана анын он уулу жайлаган жайлоо.

Опол-Тоонун ар жагы,

www.bizdin.kg

Орчун Даң-дуң бер жагы,
Ыраңдыны жайлаган,
Атасы Ороз баш болуп
Алтымыш бээ байлаган.

Эпосто «Жакыптын агасы Байдын баяны» окуясында да айтылат (Сагымбай Орозбаков, 1. 172). Кашкар, Жаркен дарыяларынын баш жагындагы жер.

ЫРАҢ-САЗ — топоним. «Манастын Кошой дөөгө келиши» деген эпизоддо: «Ыраң сазга сойлошуп, Ырас акыл ойлошуп» (Курама вариант, 1. 79), — деп башка географиялык аттар менен бирге эскерилет.

ЫРАҢШОО — эпизоддук кейипкер, кытай-калмак балбаны. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча «Нескара менен Манастын урушу» аттуу окуяда Манас менен жекеге чыгып ажал табат:

Ыраңшоо балбаны
Ыргай найза алганы,
Ага каршы эр Манас
Аккула атын чуратты,
Бир урганда найзаны
Ыраңшоону кулатты.

ЫРГАЙТЫ — топоним. Көкотойдун уулу Бокмурун атасынын ашын өткөрүү үчүн бараткан жолдо «Ыргайтыны ашамын» (Радлов жазып алган вариант, 147), — деп айтылат.

ЫРГАК, Ритм — кандайдыр бир кыймылдын, иш-аракеттин бир убакытта, белгилүү өлчөмдө, кайра-кайра кайталанып турушу. «Манас» айтуунун да өзүнчө Ы-ы бар, манасчынын үндү чыгаруу; кайталоо, үндү созуу, обондотуу процесстеринин, эпосту аткаруу учурундагы кыймыл-аракети да, өзүнчө бир Ы-ка ээ. Булар Ы. түшүнүгүнүн кеңири мааниде колдонулушу. Ал эми термин тар маанисинде Ы. ырдын уюштуруу каражаты. Ырды ыр катары көрсөткөн нерсе — Ы. «Кыргыз ырларында ритмдин жаралышы үчүн эки ритмикалык бирдиктин, мындайча айтканда, эки жолудан параллелдүү колдонулушу жетиштүү. Эки жол ыр — кыргыз поэзиясындагы ритмикалык бирдиктердин катар колдонулушундагы эң төмөнкү чеги, ошону менен бирге конкреттүү ритмдин жаралышына мүмкүндүк түзүүчү эң алгачкы зарыл базасы.

... ритм — бул түрдүү окшош көрүнүштөрдүн катарынан кайталанышы. Окшош көрүнүштөр белгилүү тартипте, белгилүү көлөмдө кезектешип кайталанмайынча ритм да чыкпайт» (К. Рысалиев, Кыргыз ырларынын түзүлүшү. Фр., 1965, 14-б.). Демек, «Манастын ыр Ы-ын түзүүчү каражат эки же андан ашык ыр жолдорунун катар келиши жана биринчи сап канча муундан, канча муунактан (муун топтору Ы-тык бөлүк) турса кийинки саптарда да ага дал келген муун жана муунак болууга тийиш.

3 2 3

Мисалы, Катындар ыйлап чуркурап, деген сапта сегиз муун, үч муунак, биринчи муунакта (катындар) —3 муун, экинчи муунакта (ыйлап) —2 муун, үчүнчү муунакта (чуркурап) —3 муун бар.

Тексттеги кийинки сап да ошончо муундан, муунактан турат:

3 2 3

катындар ыйлап чуркурап, (3—2 —3=8).

3 2 з

Балдары ыйлап чыркырап (3—2 —3=8). Мында Ы-ты түзгөн каражат муундун жана муунактардын санынын бирдейлиги (3— —2—3=8). Эгерде муун сандары туура келбеген, муунактардагы муундардын топтолушу да башкача болгон саптарда Ы-туулук бузулат, «Манастын» Ы-ы башынан аягына чейин бирдей тартипте болбойт, муун саны жана муунак өзгөрүп турат, башкача айтканда манасчы бир Ы-тан экинчи Ы-ка өтөт. Бардык тилдеги ырларга Ы. мүнөздүү ар бир тилдин фонетикалык, грамматикалык мыйзамдарына ылайык түзүлүп, анын түзүлүш каражаттары бирдей эмес.

Кыргыз ырлары муунчул ыр түзүлүшү «Манас» эпосунун Ы-ы да муун санынын, муунактардын бирдейлигинен жана эки же андан ашык саптардын катар келишинен жаралат.

А. Муратов, Б. Кыдырбаева

www.bizdin.kg

ЫРДЫК — эпизоддук кейипкер, Оргонун аяры. Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы «Манастын Орго кан менен согушу» окуясында эскерилет да, ал Бооң аярды анын дуба менен жасаган аскерин кырып жоготкондугу баяндалат.

ЫРЧЫ — ырды шыдыр жараткан төкмө, жамакчы, акын. Кыргыздарда акын маанисинде гана айтылат. Манастын «топ жаруучу ырчысы» (Саякбай Каралаев, 1. 194) Ырамандын ырчы уулу Көкөтөйдүн ашында жарчы болгон. Ы-лар жар чакырууда, көңүл ачууда, бирөөлөрдүн жакшы-жаман сапаттарын сүрөттөөдө кеңири пайдаланылган: «Ырчыларга мактатып» (Сагымбай Орозбаков, 3. 11), «Сурнайды суулап тартышып, ырчылар ырын айтышат» (Сагымбай Орозбаков, 1. 78) жана башкадар Ал эми: «Жайсаң ырчы дегени Жалаң үйдүн борумун Жарым күнчө ырдаган» (Сагымбай Орозбаков, 2. 11). М. Ауэзов «Манасты» алгач ыр түрүндө жараткан ушул Жайсаң ырчы болуу керек деген божомолду айткан, к. *Акын.*

ЫРЧЫУУЛ, Каратай — кырк чоронун бири. «Манас» эпосунун варианттарынын бардыгында кырк чоронун катарында «Ырамандын ырчы уул» деген ылакап аты менен аталат да өз ысымы эскерилбейт.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манастын Орго кан менен болгон согушунда Оргонун аялы Санамкүл өзүнүн эки баласын жана увазир Ырамандын баласы Каратайды алып, Манаска көп тартуу менен келип жан соога сурайт. Каратайдын ишке жөндөмдүү, өзү сөзмөр, шок, ар нерсеге ыктуулугун байкаган Манас аны Санамкүлдөн жигиттикке сурап алат. Кийин Каратай аты калып Ы. деген ылакап аты менен белгилүү болот.

Айтканынан баар таап,
Талабына жеткен кул,
Ырамандын Ырчыуул,
Ычкыры бапик, кырк муун,
Тебетейи чоктуу кул
Айтаарга сөзү шоктуу кул,
Кылабына толгондо
Кырк чоронун бири бул (Сагымбай Орозбаков, 2. 93).

Сагымбай Орозбаковдун вариантында адегенде Ы. «Насили казак улуу жүз» деп эскерилсе, кийин ал өзүн тейитмин дейт. Саякбай Каралаевдин вариантында Ь1. атайылап Манасты издеп чыгып, ага жолугуп чоро болот. Манаска адил кызмат өтөө менен бирге, ал өлгөндө анын уулу Семетейге башка чоролордой чыккынчылык кылбайт, ага колдон келген көмөгүн көрсөтөт. Ы. чоң ырчы катары эл көп чогулган жыйындарда, тойлордо жарчылык милдет аткарат. Элде «Манасты» алгачкы айткан акын ушу Ырчыуул болгон деген аңыз сөз калган. Манас өлгөндө анын баатырдык иштерин Ы. кошок кылып айткан. Эл ичинде сакталып калган ошол кошокторду кийин Токтогул ырчы бир чыгармага бириктирген экен деп айтылат.

К. Кырбашев

ЫСА Жумабек уулу (1900, азыркы Тянь-Шань району, Тогуз-Булак айылы — өлгөн жылы белгисиз) — семетейчи.



Сарыбагыш уруусунан. Бардык манасчылардай эле Ы. да «Манас» айтып калуусун түш көрүү менен байланыштырат. 18 жашында жылкы кайтарып жүргөндө уктап калса түшүндө ак боз ат минген киши келип «Семетей», «Манас» айт дептир. Кийин дагы бир жолу түшүндө ыргыта сайып кетиптир. Ошондон баштап «Семетей» айтып калган. Жаш кезинен Бекботонун, кийин Шапак

www.bizdin.kg
Рысменде уулунун «Семетей», Сагымбайдын «Манас» «Семетей» айтканын угуп жүргөн. Андан «Айчүрөктүн кандарды сынаганы», «Сарытаз» эпизоддору (6650 сап ыр жазылып алынган (Кол жазмалар фондусу, 240инв.).

ЫСАР, Гиссар, Хасар, Хисар — топоним. Түрк, араб, иран, Орто Азия өлкөлөрүндө түздүктөрдөгү чеп, сепил; шаарды айланта курулган чеп сымал коргон деген маанини билдирет. Алтайдан көчүп келген кыргыздардын бир тобу Алайдан өтүп Ы. тоосун таянып туруп калышат (Сагымбай Орозбаков, 2. 200). Көкөтөйдүн ашында Ы-га да кабар жиберилип, Салай датка, Санжыбек баштаган эл келет (Сагымбай Орозбаков, 3. 42, 54, 70). Көкөтөйдүн ашына байланыштуу эпизоддо мындай деп айтылат:

Аркасынан эр Манас
Аскерин жыйнап калыптыр,
Башын Арсы, Жөлөктөн,
Аягын Ысар, Көлөптөн,
Аскер жыйбай кошуна
Кыргызынан бөлөктөн,
Жүрсүн Манас дүңгүрөп (Сагымбай Орозбаков, 3. 110).

Ы. «Аягы Ысар, Көлөптө» деп эпикалык кайталоолор менен берилген. Анткени, кыргыздар бир кездерде ошол жерлерге чейин барган. Орто Азия окумуштуусу Махмуд Ибн Валинин «Бахр ал-асрар» аттуу чыгармасында 1636жылдын башында, кыштын күнү он эки миң кыргыз түтүнү Кара-Корум менен Керуленден Каратегин аркылуу, Гиссардын жанына келишти деген маалымат берилген. Тарыхый булактар боюнча кыргыздын бир бөлүгүнүн Гиссар, Кулябка жакын Каратегинде пайда болуш мезгилин 1551 —1556-жылдар деп белгилесе болот. Ы. (Гиссар) Куляб (Көлөп), Балык (Балх), Каратегин жана башкалар Ооган менен Тажикстандагы жерлер кыргыздардын ошол мезгилдерден бери жердеп турган жерлери болгон. Географиялык реалияда Орто Азия, Памир-Алай тоо системасынын батыш бөлүгүндөгү (Өзбек жана Тажик республикаларында) кырка тоо, өрөөн.

И. Молдобаев

ЫСБАКАН — топоним. Сагымбай Орозбаковдун вариантында мындай айтылат:

Күн жүрүш жакка бет алсаң
Ысбакан менен Ындыстан
Кандай барсаң андай бар
Ар керегиң камдай бар (Сагымбай Орозбаков, 2. 322).

Алмамбет Көкчөдөн чыгып жаңы келгенде Манас анын жайын сурап, бул жерге турбай кетем десең дагы ушундай жерлер бар деп атаган учурда айтылат. Кээде кыскартылган түрдө «Ыспаны» деп да айтылат:

Кошмок кара нарларга
Коңгуроону тактырып,
Ырастап көчтүн борумун
Ыспаны килем жаптырып (Сагымбай Орозбаков, 2. 159), — деп Манас Алтайан Ала-Тоого көчкөндө көчтү баяндаган кезде айтылат.

Мындан тышкары «Ыспаны кылыч» Кошойдун кылычынын эпитети, «түбү ыспан» деп Аккелтеге айтылган сыпаттама. Аккелте түбү Исфакан шаарынан чыккан деген маанини туюндурат. Исфакан шаарынан жасалып чыккан курал-жарак, кездеме, жана башкалар буюмдар өтө баалуу, сапаттуу болгондуктан соода-сатык менен тараган элдерде ал шаардын аты да кеңири белгилүү болуп, оозеки чыгармаларга да киргизилген. Географиялык реалияда Ирандын борбордук бөлүгүндө, Зайендеруд дарыясынын жээгиндеги шаар жана ага караган аймак.

Э. Абдылдаев. Б. Мурзабекова

www.bizdin.kg

ЫСМАЙЫЛ — каарман, Темиркандын уулу, Семетейдин таякеси. Он эки жашка чыкканча ата катары Семетейди Ы. багып өстүрөт. Манас өлгөндөн кийин Каныкей уулунун өмүрүн сактап калуу үчүн Семетейди алып төркүнүнө качып баргандан эпостун окуяларына Каныкейдин иниси Ы". аралашат. «Былк эткизбей эл-журтун билип калган» Ы-га Каныкей Манастын керээзи боюнча уулу Семетейди бала кылып берет. Семетей «а дүйнө кеткен Манастын ата экенин түк билбей» он экиге келгенче Ы-дын колунда тарбияланат. Ы-дын Каныкейдин иниси экендиги жана Семетейди багып өстүргөндүгү бардык варианттарда негизинен бирдей эле айтылат. Радлов жазып алган вариантта гана Семетейди Каныкейдин агасы Солтонкул багат. Семетей он экиге толгондо таятасы Темиркан аны кан көтөрүп той берет. Тойдо Каныкей Семетейдин келечегине Тайторуну төлгө кылып чаап, ал чыгып келет. Ы. атасы эмес, өз атасы Манас, жери Талас, эли кыргыз экенин билген Семетейди эли-жерине таятасы Темиркан, таякеси Ы. ак батасын берип узатышат.

Ы. Кадыров

ЫСПАРА, Испара — топоним. Манастын кыз Сайкал менен беттешкенин сүрөттөгөн эпизоддо «Окчу кыргыз уругу, Ыспаранын уругу (Сагымбай Орозбаков, 2. 51) — деп эскерилет. Ал эми Саякбай Каралаевдин вариантында Алооке кандын Манастан коркуп качышы деген эпизоддо мындай берилген:

Атамдан калган жер экен,
Намысты кыргыз санайбы,
Ынтызар болдум алууга
Ыспара менен Алайды (Саякбай Каралаев, 1. 137).

Географиялык реалияда Ы. — Баткен районуна чектеш Тажикстандагы шаар жана өзөн.

ЫСЫК-КӨЛ — топоним. Эпосто кыргыздардын байыртадан мекендеген жерлеринин бири катары көп эскерилет. Манас Ата журтун баскынчы жоодон бошотмок болуп Алтайдан аттанып чыгып, Кошойго жолукканы келе жатып, Ы.-К-гө туш келип, суктанат:

Береке экен, бел экен,
Бенде көрчү жер экен,
Жердегенде адамды
Кан кылуучу жер экен.
Жээк-жерге баарысы
Бай кылуучу жер экен,
Ортосу көпкөк көл экен,
Суусунда миңдей төр экен
Жердеген адам бай болчу,
Көлүндө ырыс бар экен.
Боз мойнокчо, дөбөчө
Түшүп Манас жер чукуйт
Касиеттүү жер экен,
Эки эли жерин оодарса
Түгөнгүз алтын бар экен.
Жаныбарым Ысык-Көл
Жер соорусу турбайбы,
Жердеген киши тунбайбы!
Мындай кызык жер болбос,
Мындай кызык көл болбос,
Будур-будур бел экен,
Будурмак аттуу жер экен,
Будурмак келип турулуп,

www.bizdin.kg

Будурдан бугу куюлуп,
Жаткан экен жаныбар
Будурдун чөбү суюлуп,
Ар коктудан жаркырап,
Миңден булак куюлуп,
Өйүз-бүйүз жери тар
Ортосунда жайнаган
Сонун көпкөк көлү бар.

Геграфиялык реалияда көл жана жер катары республиканын түндүк-чыгышында жайгашкан. Күңгөй жана Тескей Ала-Тоолору менен курчалган кеңдик багыттагы кенен ойдуңдун таманын ээлеп жатат. Көлдүн азыркы аты байыркы түрк тилиндеги ысык //ызык сөзүнө байланыштырып, ал ыйык, керемет, азиз, курман фетиш деген маанини берет. (Саякбай Каралаев, 1. 110).

М. Исаев. Р. Сарыпбеков

ЫЧКЫРДЫК — топоним. Эпосто Шоорук кандын кыргыздар менен болгон урушун сүрөттөгөн эпизоддо эскерилет:

Кыргыздардын канчасы,
Ычкырдык деген бел менен,
Алмалуу деген жер менен,
Атышууда чыдабай,
Арбын кошуун эл менен,
Кылчайбай кырга чыгыптыр,
Кыргыздын адис мергендер
Кыйласын атып жыгыптыр (Курама вариант, 1. 152).

Э

ЭБЕГЕЙ — каарман. Саякбай Карала уулунун айтуусундагы «Кенен» эпосунда Жанаалы Карачтын балдары, Э., Көгөй Кенендин баатыр чыкканын угуп, атайылап кол курап келишет. Аларды тосо чыккан Акжолтой «түбүбүз бирге тууганбыз, касташпайлы» деп, минип жүргөн тулпары Кулунсурду тартуу тартат. Э. Көгөй Кенен менен эл болуп, Таласка көчүп келишет. Сейтек менен Акжолтой дүйнөдөн өткөндөн кийин экөө Кенендин ишенген баатырлары, таянычы, насаатчысы, кеңешчиси болуп калышат. Эки баатыр тең Чыңтемир менен болгон теңдешсиз согушта набыт болушат.

ЭГЕЙ-ШЫГАЙ — баатырдык күч жагынан бири-биринен кем калбаган, төп келген, баары бирдей, орой көз-чарай, жалпы, бардык деген маанилерди туюндуруучу сөз. Эпосто да ушул мааниде жолугат. «Эл жыйылып калганы, Эгей-шыгай көй төрө Манасты ортого алганы» (Сагымбай Орозбаков, 3. 155). «Эгей-шыгай кандарга Кагазын сунду булайтып (Сагымбай Орозбаков, 4. 35), «Эгей-шыгай көй баатыр Эр Көкчө жыйып алган го» (Сагымбай Орозбаков, 2. 256).

ЭГЕМБЕРДИЕВ Раимжан (1940, Өзгөн району, Ак-Терек айылы) — Манас изилдөөчү. Токмоктогу республикалык маданий агартуу окуу жайын (1961), Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүткөн (1970).

Кыргыз радиосунда, «Кыргызстан» басмасында редактор болуп иштеген. 1975-жылдан Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде улук окутуучу. Кыргыз мамлекеттик университетинин аспирантурасын бүтүп, ««Манас» эпосундагы фразеологизмдер» деген темада кандидаттык диссертация жактаган (1980).

Эпостогу фразеологизмдер жагдайындагы макалалардын автору.

www.bizdin.kg

ЭГИЗЕН — эпизоддук кейипкер, кыргыз баатыры. Айчүрөктү олжологону келген Кыястын колу менен салгылашып курман болот (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 334).

ЭГИЗЕКТИН КАРА-САЗ — топоним. Кыргыздар жана аларга жамаатташ жашаган элдер мекендеген жерлердин бири катары эпостун бир нече эпизоддорунда эскерилет. Географиялык реалияда Чыгыш Казакстандагы жер.

ЭГИЗ-КАРА (байыркы түрк тилдеринде эгиз — бийик, кара — кар жатпаган жер, башкача айтканда кар жатпаган бийик чоку, дөбө) — топоним. Эпосто: «Эгиз-Кара, Былкылдак, Эгизектин Кара-Саз, Муну көргөн барсыңбы? (Сагымбай Орозбаков, 4. 63), — деп Манас Чоң казатка аттанарда Бээжинге баруучу жолдогу жерлердин бири катары эскерет. Чыгыш Казакстандагы жердин аты.

ЭДИГЕ, Едиге — эпизоддук кейипкер. Валиханов жазып алган эпизоддо Көкөтөйдүн ашына келген кыргыз баатырларынын бири. «Тайдан туулган Тарланбоз» тулпары бар «эчкиден туулган Едиге» деген туруктуу саптар менен сыпатталат.

ЭДИЛ — топоним. Кыргызга жамаатташ айрым уруулар байыртан мекендеген жерлердин бири катары эпостун айрым эпизоддорунда эскерилет. Мисалы, «Жакып элди чогултуп, Алтайдан Анжыянга көчөлү деп айтканы» аттуу эпизоддо кеңешке катышкан Байжигит мындай дейт:

Эдил, Нура суусу бар,
Эсен-аман ушу бар.
Оролдун узун тоосу бар,
Ошого жакын барсак деп
Бир кыйла элдин оозу бар.
Эдил, Жайык жери бар,
Эне-атабыз өскөн деп
Бир кыйла элдин кеби бар (Сагымбай Орозбаков, 2. 15— 16).

Э. Волга дарыясынын мурунку учурларда түркчө аталышы. Э. же Итиль деп анын боюнда жашаган башкыр, татар, чуваш жана башкалар түрк тилинде сүйлөгөн элдер азыр да айтышат.

ЭЖИБАЙ — эпизоддук кейипкер, Канчоронун жанында жүргөн балбаны. Айчүрөктү олжологону келген Кыяска каршы согушта Айчүрөк Канчорону өлтүрмөк болгондо Э. менен Төө-балбан Канчорону калкалап ортого тура калышат. Айчүрөк экөөнү кошуп жети балбанды жайлайт (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 337).

ЭЙБИТ КАН — эпизоддук кейипкер, Үрбүнүн атасы. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча «Жети кандын чатагы» жөнүндөгү окуяда: «Эйбит кандын эр Үрбү Ошол тойго да келип» (Саякбай Каралаев, 2. 72), — деп айтылат.

ЭКИ-БАШ — топоним. Алтайлык кыргыздар Текести чаап алды, эми Манастын колу сага келет деп Култаң калмак Орго канга кабар айтып келет.

Эки-Баштан эл жыйсын,
Эл жыйса да эр жыйсын
Эмгекке башын салбасын,
Эркектен эме калбасын (Сагымбай Орозбаков, 2. 72), — деп Орго кан ар тарапка киши чаптырып кабар бергенде айтылат.

ЭКИ-КЕМИН — топоним. Кыргыздар байыртадан мекендеген жерлердин бири. Эпос боюнча Манас душман басып алган жерлерди бошотконду, бул жерди Таздын уулу эр Үрбүнүн эли мекендеп калат. Географиялык реалияда Кыргызстандын түндүгүндөгү өрөөн (Кичи жана Чоң Кемин өрөөндөрү).

ЭКИ-ЧАТ — топоним. Бакай баштаган кол Каканды көздөй качкан Көзкаманды кууп келе жатып Э.-Ч-ка токтойт.

www.bizdin.kg

Камбыл Бакай абаңыз
Өзү баштап мол жүрүп,
Эчки-Өлбөстүн Эки-Чат,
Ошого ашып кирип жатты эми (Курама вариант, 1. 283).

Географиялык реалияда Ысык-Көлдүн Тескей Ала-Тоосунун түндүк тармагында — Караколдун чыгыш тарабындагы өрөөн.

ЭЛДИК МЕДИЦИНА — адамды ар түрдүү дарылар, дары өсүмдүктөр (көбүнчө чөптөр), минералдык заттар, айрым жаныбарлардын эти жана ички органдары жана башкалар дарылык касиети бар заттар менен айыктыруу жөнүндөгү элде чогулган маалыматтар, эмпирикалык түшүнүктөр. Кыргыз Э. м-сында суу берүү, териге алуу, жылуу сууга салуу (арашан), ысыктоо, ушалатуу, кан алуу, сүлүк салуу, тамыр кармоо жана башкалар ыкмалар колдонулуп келген. Кыргыздардын илгерки көчмөн турмушунда элдик хирургия болгондугу да белгилүү. Мисалы, сынган сөөктү сакайтуу, жөнөкөй операцияларды жасай билүү жана жөнөкөй хирургиялык аспаптардын биздин күндөргө чейин келип жетиши мунун далили. Бул маалыматтар азыркы мезгилге чейин оозеки түрүндө жетти.

«Манас» эпосунда жогоруда айтылган дары заттар жана элдик дарылык ыкмалардын көпчүлүгү анын бардык варианттарынан жана версияларынан кездешет.

Кыргыздын Э. м-сында ар кандай өсүмдүктөр, көбүнчө чөптөр дары катары колдонулуп келгендиги белгилүү. «Манаста» алардын айрымдарынын аттары эскерилип кетет. Мисалы, *мээр чөп.* Организмге жагымдуу жыттуу дары чөп экендиги айтылат. Эпосто чар дары деген да чөптөрдөн жасалган дары кездешет.

Алты-жети жанаяк
Чар дары кылып жуткузса,
Казактардын эр Көкчө
Умачтай көзү ачылды,
Ооруган жери басылды (Курама вариант, 2. 250).

Чар дары бир нече дары чөптүн кайнатмасынан жасалган. Ошондой эле дары болчу 4—5 бөлөк тамырларды майда ийлеп аралаштырып чар дары жасашкан.

Дары чөптөрдөн «Манаста» уулжан аттуу чөптүн: «Уулжан берип ичинен Эски дартын буздуруп» — деп, кайсы учурда пайдаланыла тургандыгы айтылып кеткен. Сагымбай Орозбаковдун вариантында ушул эле дарынын улжемил деген формада айтылары кездешет. «Улжемил деген дарысын Жутуп алды барысын. Аккан каны басылып» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 575-инв., 160-б.).

Эпосто апийим тууралуу да кабар бар. Мисалы, «Мажму ат-таварихтеги» Манаска уу берип, эс-учун билбей өлгөнү жатканда ага уунун күчүн тарата турган дарыны беришет. Ал дарыны Сейид Жалал ад-Дин аттуу адам Манастын оозуна бир күндө бир тамчыдан куюп отуруп, 10 күн дегенде Манас көзүн ачат (Мажму ат-таварих Кол жазмалар фондусу, 5114-инв., 65-б.). Эмгекти орусчага которгон В. А. Ромодиндин түшүндүрмөсүндө ал дары тирьяк деп аталат да, эки маанини билгизет: 1) уунун күчүн тарата турган дары; 2) апийим. Бул эпизоддо апийим катары түшүндүрүлөт.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында ийсен, жуушаң аттуу дары чөптөрдүн аттары кездешет.

Ийсең, жуушаң чөбү бар,
Издегендин көбү бар.
Орол тоонун учу бар

www.bizdin.kg

Ойлонсоң сонун ушулар (Кол жазмалар фондусу, 575-инв., 435-б.). Жуушаң кыргыз тилине иран тилдеринен кирген сөз. Эрмендин бир түрү болуп саналат. Кыргыз Э. м-сында колдонулган.

«Манастын» саптарынан өсүмдүк чөптөрдөн тышкары башка заттардан, мисалы, минералдардан алынган дарылар жөнүндө да кабарлар бар. Ошолордун бири *кантемир дары.* Муну метеориттерден жаралган дары деп болжолдоого болот.

Эпостун саптары жаныбарлардын этинен жана ички органдарынан даярдалган дарылар тууралуу да баяндама берет. «Мажму ат-таварихте» эт, бал, *арак* дары катары колдонулганы сүрөттөлөт.

Бир эпизоддо Манас оор жарадар болот. Ошондо Кара кожо деген адам күнүгө кийиктин баласын алып келип, этин бышырып, бал менен кошо берип жатып Манасты сакайтат («Мажму ат-таварих» 67-б.).

Радлов жазып алган вариант боюнча кашкулак өтү, арак, бал дары катары колдонула тургандыгы айтылат.

«Маната» кашкулак өтү менен бирге кажырдын өтү да Э. м-да колдонулуп келгени эскерилет:

Кажырдын өтү барбы деп,
Чуулаганы андан көп,
Кумия дары момия,
Бар бекен деп кошундан.
Сурап жүргөн андан көп (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 575-инв.).

Мыда кажырдын өтү менен бирге *момия* жөнүндө да айтылат. Момия же мумия деле жаныбарлардын, атап айтканда чычкандын бир түрү бөлүп чыгарган затка кирет. Ошентип «Маната» жаныбарлардын продукциясынан даярдалган бир топ дарылар тууралуу маалыматтар чагылдырылган.

«Манастын» саптарынан арбыныраак кездешкен дарылардын тобун эпикалык дарылар түзөт. Алар кайсы чөптөн же кайсы заттан жасалганы белгисиз. Мисалы, *апы* же үпү. Ал жалаң гана «Маната» эле эмес, башка кенже баатырдык эпостордун саптарынан да кездешет. Демек, бул дарылар эл арасында кеңири колдонулса керек.

Булардан тышкары «Маната» *кырма кызыл дары, кайнатма кара дары* же кара дары же *кашкардын кара дарысы, Медет, себеп,* жот дары, искеме дары, ак дары, *Барпы* жана башкалар дарылар да бар.

«Манастагы» Э. М-ын экинчи тобуна элдик хирургия жана ошого байланышкан жөнөкөй хирургиялык аспаптар, сынган сөөктү айыктыруу ыкмалары тууралуу маалыматтар кирет. Кыргыз дарыгери колдонгон аспаптардан эпосто жараны тиле турган скальпель формасындагы курч бычак аштар жөнүндө маалымат кездешет. Денеде калган жаанын огунун жана башка темир куралдардын сыныгынын канчалык тереңдикте жатканын билүү үчүн жана да окту ордунан козгоп, копшутуш үчүн колдонулган тинтүүр аттуу жөнөкөй аспаптардын «Манастагы» билдирүүлөрү бул буюмдун өзүнүн археологиялык казуулардын негизинде Тувадан табылганы менен бышыкталган. Бузулган канды сордуруп алуу үчүн колдонулган картык деген аспап да «Манастын» саптарынан кездешет.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында шимшүүр деген да бир аспаптын аты эскерилет:

Ок жуткуруп окшутуп,
Сом эттеги октору,
Шимшүүр менен копшошуп,
Тилип жаткан дагы бар (Кол жазмалар фондусу, 573-инв., 235-б.).

www.bizdin.kg
Элдик хирургияда колдонула турган ыкмалар туурасында эпосто маалымат бар. Мисалы, «Мажму ат-таварих» боюнча Манас кансырап оор абалда калганда Канбай бакадур деген киши согуш майданынан атка мингизип алып чыгып кетет. Аны Кара кожо деген адам дарылап, денесинен бир топ жаанын огун чыгарат («Мажму ат-таварих», 69-б.).

«Маната» жөнөкөй «хирургиялык» ыкмалар жөнүндө да кабар бар. Мисалы,

Колу-буту сынганын,
Шак-шактарын жонушуп,
Соорунуна шапа-шуп,
Коюп жаткан дагы бар (Кол жазмалар фондусу, 573-инв., 235-б.).

Кай бир учурда эпосто шак-шактын кандай формада, кайсы жыгачтан жасалышы айтылат:

Буту сынган мунун деп,
Теректерден табышып,
Челек кылып чабышып,
Оюп жүргөн андан көп (Кол жазмалар фондусу, 572-инв., 291-б.).

Булардан тышкары дагы бир катар дарыгерчилик ыкмалар «Манастын» саптарында чагылдырылган. Мисалы, Э. м-да кеңири белгилүү болгон Аккан канды ысык кийиз менен басып токтотуу жана териге отургузуу тууралуу Ч. Валиханов жазып алган текстте мындайча баяндалат:

Капырдын каны Жолойдун
Жаагынан каны жыйылбай,
Кызыл суу болуп акты эле,
Жолом үйдөн кийизди
Кыйып келип жапшырды,
Аган эле болбоду
Жолум үйдөй кол алып
Тагы келип жапшырды
Ошондо гана тыйылып калды дейт.
Токсон өгүз терисин
Каптап эле кийди дейт (Кол жазмалар фондусу, 5187-инв., 99-б.).

«Манастын» ар кандай варианттарында жаанын огун денеден чыгаруу ыкмалары тууралуу учкай түрүндө болсо да кездешет. Мисалы, Сагымбай Орозбаковдун вариантында Кытайдын Кулутка дегенине жаанын огу тийгенде төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

Алты илегер барганы
Дары сыйпай салганы.
Сыйпаган болуп дарыны,
Окту тартып алганы.
Тартканында ок чыкты
Окко кошо көк чыкты.
Көк аралаш кан чыкты (Кол жазмалар фондусу, 573-инв., 194-б.).

Эпосто Э. М-ын өкүлдөрү болгон дарыгерлер же дарыгерлик функцияларды аткарган өзүнчө бир адамдардын социалдык тобу тууралуу да маалыматтар чагылдырылган. Биринчи ирет буларга дарыгерлер, табыптар, илегерлер (орустун лекарь деген сөзүнөн) кирет. Табыпчылык кылгандарга «Манас» боюнча дагы бакшыларды, бүбүлөрдү, ошондой эле ар кандай төлгөчүлөрдү (негизинен далычыларды) киргизсе болот.

www.bizdin.kg
Кыргыз Э. М-на тиешелүү болгон жаратылыш объектери жөнүндө да «Манаста» эскерүүлөр бар. Мисалы, мазар жерлерге баруунун максаттарынын бири дарылануу болгон.

Корутундулап айтканда «Манас» эпосунда Э. м-га байланыштуу бир топ маалыматтар камтылган. Мында чагылдырылган ар кандай дарылар: (өсүмдүк чөптөрдөн, минералдардан, жаныбарлардын продукцияларынан) кыргыз элинин илгерки турмушунда пайдаланылып келгени этнографиялык материалдар менен бышыкталып турат. Кыргыз элинин көчмөн турмушунда сынган сөөк-саакты сакайтуу, айрым башка ооруларды айыктыра билүү кадыресе көрүнүш болгон. Мына ушул илгертен берки келе жаткан Э. м. тууралуу кыргыз элинин эмпирикалык тажрыйбасы «Манас» эпосунда чагылдырылган.

И. Молдобаев

ЭЛДИК МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАР «Манаста». «Манас» үчилтигинде элдик музыкалык аспаптар кеңири баяндалат. Манасчы Сагымбай Орозбак уулунун вариантында комуз, жез комуз, чоор, сурнай, керней, добулбас, доол (добул) дап, жезнай, жекесан, наама, нагыра, сыбызгы, чилмардан, чымылдак, баңдалуу, жылаажын жана башка музыкалык аспаптар кандай учурларда ойнолгондору жөнүндө кеңири айтылат. Аталган музыкалык аспаптардын кыргыздарга белгилүү болгондугун эпос айгинелейт. «Манас» эпосунда кан Жакып Манастай уулдуу болгондо тойдо айтылуу шайырлар «дутар менен комузун колдоруна алып чертишип», «сурнайларын суулап тартышып, ырчылары ырларын айтышат».

Эпосто баяндалган ар кандай эпизоддо музыкалык аспаптар тойлордо, өзгөчө жортуулдарга аттанышканда, душмандын үшүн алууда жеңиштерге жетишип, желектерин (тууларын) көтөргөндө (илгенде) пайдаланган. Алар негизинен үйлөмө түркүмдөрүндөгү аспаптардан ансамблдешип, чакан оркестрди түзүшкөн. Эпосто ар бир аспаптын добушуна, тартылышына, кагылышына жараша так аныктама, сыпаттоо берилген. «Күлөөчүгү күлдүргөн. Доолбасты бир салып, Жоо келерин билдирген» (Сагымбай Орозбаков, 2. 45), — деп душмандын келеринен кабар алса, бирде жоокерлерди чогултууга, бирде жоого, жүрүшкө аттанганда, бирде жеңишти салтанаттаганда кагылган, бирде «добулбас кагылып, тууга байрак тагылган». «Манас» эпосунун варианттарында добулбастын, доол, добул түрлөрү бар. Алар бири-биринен көлөмү, жасалышы жагынан айырмаланса да, добулбастай эле милдетти аткарышкан:

Кол канжыга башына
Бирден доол байлатып,
Билериги — баары алтын
Чагарагы — сары алтын (Сагымбай Орозбаков, 2. 45).

Манас баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө «алтын ооз кернейди арылдата тарттырып, алтын доолду кактырып» жөнөшкөн. Ал такай согушту да, көчтү да коштоого алган. Доол, добулбастын дагы бир түрү добул. Ал да жоокерлер жоого жүрүшкө аттанганда кабар берүүчү, жар салуучу аспап катарында колдонгон.

«Манас» эпосунда урма аспаптардын ичинен барабан да бар. Ал да башка аспаптардай эле жоокерчиликтин ар кандай көрүнүштөрүндө кагылган. Мисалы, Орго кан чабуулга аттанарда:

Урушка сокчу барабан,
Дүңгүрөтө кагыптыр.
Үч жүз миң экен аскери,
Үргүлөп атка мингени,
Чоң уруштун кернейин
Кернейчи тартып ийгени,

www.bizdin.kg

Оргодон бөлөк жан калбай
Кара түгүл, кан калбай

Баары урушка киргени (Сагымбай Орозбаков, 2. 85), — деп барабан кагылып, керней тартылганда жапырт жооо аттанышып, душмандар менен салгылашкан. «Керней тартты бапылдап, Сурнай үнү такылдап», — деп барабан, керней, сурнай үндөрү ансамблдешип да аткарылган.

Элдик музыкабыздагы байыркы аспаптын бири сурнай. Абалтан эле ал дагы аш, тойлордо, жортуулдарда тартылган. Сурнай жеке, башка аспаптардын коштоосунда ансамблдешип, өзүнө чакан оркестрди түзгөн. Көпчүлүк учурда сурнай, керней менен бирдикте аткарылып: «Керней, сурнай тарттырып Жарчыга кабар айттырып» (Сагымбай Орозбаков, 2. 60). Кабар айттыруучу**,** жоокерлерди, калкты чогултуучу аспап катарында тартылган. Какма музыкалык аспаптардын түркүмүндөгү «чилмарданды кагып шакылдап, көпчүлүктүн баарын көчкөн кытай калкылдап» сан колдуу жоокерлер, калайык калың калктын баары чогултулган. Эпосто жезнай, сыбызгы аспаптары дагы сүрөттөлөт. Алар да ар кандай шарттарда тартылган. Мисалы, элдик салтанатта жезнай менен сыбызгынын добушу «Жезнай үнү ызылдап, Сыбызгы үнү тызылдап» (Сагымбай Орозбаков, 2. 391), — деп айтылат. Башка аспаптардай жезнай да чоң согуштарда, жортуулдарда, чабыштарда кол салууда тартылган.

Эпосто баяндалган аспаптын дагы бири — *дап.* Ал түркүмү жагынан урма аспаптардын тобуна кирет. Дап негизинен какма, үйлөмө, урма аспаптар менен ансамблдешип аткарылган. Ал добушу жагынан да алар менен ажарлана айкалышкан. Эпосто дап жөнүндө: «Керней тартып бапылдап, Дап согулуп дапылдап» (Сагымбай Орозбаков, 2. 391), — деп айтылат. Ошентип, дап, керней, сурнай тартылып, чилмардан жана алтын купалуу добулбас кагылган. Эпосто үйлөмө аспаптардан чыңыроон жолугат. Ал дагы башка музыкалык аспаптардай эле көпчүлүк учурда душмандарга чабуул коюуга аттанарда жана кан төгүлгөн кармаштарда тартылган. Буга: «Чыңыроон үнү такылдап Сыр бараң үнү жаңырып» деген ыр саптары күбө. Ал добулбас менен кайымдаша үн алыша кагылып, сыр бараңдарды коштоого алган. Душмандардын үшүн алып, жүрөктөрүн түшүрүүгө да көмөк берген. Эпосто байыркы урма аспаптардын бири — баңдуулу жооо аттанарда жоокерлерди чогултууда, калкка кабар берип жыйноодо кагылган. «Баңдуулусун уруптур, Каңгыраган добушун, Бир күндүк жер угуптур». Баңдуулу да добул, кернейлер менен кошо кагылып жар чакырууда колдонулган. Эпосто кездешүүчү аспаптардан нагыра да айтылат. Аны «Тойго какчу нагыра, Атемир азыр чалдырды» деген саптары ырастайт. Манас жомогунда жекесан, жылаажын өндүү музыкалык аспаптардын түрлөрүнө, түркүмдөрүнө кирген ар түрдүү көлөмдөгү, добуштагы коңгуроолор да болгону айтылат. Алар да жортуулдарда кагылган. Мисалы, жекесан Бокмурундун Көкөтөйдүн ашын бергенде «Жебилгеси жер чийип, Жекесан үнү баш жарып» — деп, сүрөттөлөт. Бул саптар жекесандын добушунун бийиктигин жана анын кандай учурда кагыларынан да кабардар кылат. Ал эми жылаажын, жекесандын добушунун назиктиги, көлөмүнүн кичинелиги, кагылышы, жасалышы менен айырмаланат.

Эпосто наама, дутар өндүү музыкалык аспаптар да кездешет. Көкөтөйдүн ашына Кокон кандын Козубек, Маргалаңдан Малабек, Алты шаардан Алабек, Букардын каны Темиркандар алтымыштай жигитке ырларын ырдаттырып: «Көчүгү кучак чоң комуз, Дутарларын тарттырып» келишкени айтылат. Ал эми Нескара ашта каарын төгө: «Бура тартып боор атып, Боз жезден кылган чоор тартып» Коңурбай менен Жолойго кошулат.

Эпосто эбак музыкалык маданиятыбыздын пайдаланууусунан чыгып калган жекесан, дап, баңдулу (баңдуулу), добулбас, жезнай, чыңыроон, сыбызгы, доол, дутар, добул, жылаажын, най, нагыра, наама, чымылдак, барабан, чилмардан

www.bizdin.kg
сыяктуу аспаптардан кабар бериши музыкабыздын тарыхынын изилденишине да баалуу салымын кошмокчу.

Б. Алагушов

ЭЛДИК ПЕДАГОГИКА «Манас» эпосунда. Кыргыз элинде жаш муундарга тарбия берүү тажрыйбасынын тамыры тереңде жатат. Педагогика илимдин тармагы катары өз алдынча өнүктүрүлбөгөнү менен улам кийинки урпактарды тарбиялоо, калктын турмуш-тиричилигинин ажырагыс бөлүгү болгон. Элдин бул багыттагы көз караш, идеялары оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүндө жогорку көркөмдүктө чагылдырылган. «Манас» эпосу көркөмдүгү жогору, мазмуну терең эң көрүнүктүү чыгарма, элдин өзүн-өзү аңдап билүү каражаты катары кыргыз калкынын педагогикалык көз карашынын кылымдар бою өнүгүшүн жандуу чагылдырып, таалим-тарбия берүү процесси, жаштарга мурунку муундун турмуштук тажрыйбасын өткөрүп берүү практикасы тууралуу кеңири маалымат берет. Ошондой эле эпостун энциклопедиялык мазмуну тарых, география, биология, астрономия, медицина илимдин жана башкалар тармактары боюнча угуучуларга билим берүү, дүйнө таанытуу милдетин аткарып, калктын калың катмарына чыгарманын кеңири белгилүү болуп, өзгөчө сүймөнчүлүккө ээ болушу, этикага жана моралга байланыштуу элдик түшүнүктөр «Манастын» образдарынын мисалдарында түшүндүрүлүп, жаштарга тарбия берүүнүн эң бир натыйжалуу каражатына айланышына шарт түзгөн.

Тарбия берүү бул аң-сезимдүү процесс, түпкү максаты айкын болгондо гана натыйжалуу болот. Кыргыз эли кандай адамды өстүрүү жөнүндө тилек кылган, эмнеге умтулган? Мыкты адам жөнүндөгү элдик түшүнүктүн алып жүрүүчүсү Манас баштаган эпостун көптөгөн оң каармандары экенин эске алсак аларга коюлган талап да эң олуттуу. Эл эптеп эле тукумду уланта турган урпак жөнүндө ойлобостон, телегейи тегиздикке умтулганын байкоого болот. Ошондуктан эпостогу көптөгөн образдар болуп өткөн жана болуп жаткан турмуш чындыгынан, андагы реалдуу адамдардын жорук-жосун, мүнөздөрүнөн гана куралган эмес, ага элдин кыял-тилеги, ой-мүдөөсү да ширетилген. Чыгармада сүрөттөлгөн согуштук демократия доорунун мүнөзү, анын керектөөлөрү жоокердик сапатка басым жасалышын шарттаган. Эл көп кылымдар бою көз каранды эместик, эркиндик үчүн сырткы жана ички душмандар менен күрөшүп келген шартта адам баарынан мурун жоокер катары бааланган. Бул талап жеке эле эр бүлөгө тиешелүү болбостон, кары-жаш, аял-эркек дебей уруу, уруктун бардык мүчөлөрү үчүн баарынан жогору турган милдет болгон. Жогоруда айтылгандарды эл кара күчкө, баатырдыкка гана маани берген экен деп түшүнүүгө болбойт. Адамдын күчү, тунук акылы, бийик адамгерчилиги, адептүү жүрүм-туруму, кылдат өнөрү менен айкалышып турууга тийиш болгон. Кыргыз элинин идеялы эл-жеринин эркиндигин, көз каранды эместигин бардыгынан жогору койгон патриот, башка элдин өкүлдөрүн сыйлай, урматтай, татыктуусунан дос күтө билген адилет, эмгекти сүйгөн, өнөрдү баалаган эмгекчил жана чебер, улууга урмат, кичүүгө ызат көрсөткөн адептүү, сулуулукту түшүнгөн сезимтал адам болуп саналган. Идеал каармандар жалаң гана оң сапаттардан түзүлгөн, кенедей кемчилиги жок адамдар болуш керек деп эсептелбейт. Бардык эле тирүү жан сыяктуу алардын кылык-жоруктарында, кылган иштеринде калпыстыктар кезигип, мүнөздөрүндө айрым кемчиликтер учурашына жол берилет. Ал түгүл Манастын өзүндө байкабастык, кенебестик сапаттар бар. Себеби ал — тирүү адамдын жандуу образы катары таасирдүү. Муну менен чыгарма адамдын жетилүүсү, жеткилеңдикке умтулуусу бүтпөй турган түбөлүктүү процесс экендиги жөнүндөгү элдин акылман оюн ырастайт.

Балдарды чоңойтуп өстүрүүнүн, аларды эл арасында калыптанган түшүнүккө ылайык тарбиялоонун натыйжалуу каражаты катары кыргыз элинде эмгек,

www.bizdin.kg
түрдүү оюн-зооктор, сөздүн сыйкырдуу күчү, жакшы адамдардын үлгүсү пайдаланылганын эпостун материалдары ырастайт. Эмгектин адамдын калыптанышындагы ролун жогору баалашып, келечек жоокерлерди анын оор, бирок керектүү мектебинен өткөрүп келгендиги Манасты бала чагында Ошпурга койчулукка бергенинен көрүнөт. Ал эми аскердик оюндарды ойнотуу, кылыч чабуу, найза саюу, жаа тартууга кичинесинен машыктыруу балдарды жоокер катары тарбиялоонун маанилүү шарты болгон.

Кыргыз эли сөздүн күчүнө чоң маани берип «өнөр алды кызыл тил» деп сөзмөрдүктү жогору баалап келген. Ошондуктан, сөздүн касиети кыргыз элинде балага гана эмес чоң кишилерге да таасир этүүгө, аларды оң жолго багыттоого кеңири пайдаланылып, натыйжалуу каражаттардан болгондугун эпостун материалдары далилдейт. Шарт-кырдаалга жараша акыл-насаат, каалоо, ачык же кыйытып айтуу, ант, бата, каргыш, алкыш сыяктуу адамдын акыл-эсине таасир этүүчү сөздүн түрлөрү чыгарманын каармандарынын сүйлөгөн сөздөрүндө көп жолугат. Ал түгүл бир караганда салттык мааниге гана ээ сыяктуу көрүнгөн өлүм алдындагы адамдын керээзи жана дүйнөдөн кайткан адам тууралуу кошок да терең тарбиялык мааниге ээ. Манастын керээзинин мазмунунун тереңдиги, таасир этүү күчү атанын балага болгон сүйүүсү, келечеги үчүн тынчсыздануусу, алдын ала камкордук көрүүсү жеке Семетей эле эмес келечек муун үчүн аталардын жасаган иш-аракети катары көрүнгөн. Манастын керээзи — кыргыз элинде баланын тагдыры үчүн атанын зор жоопкерчилигинин күбөсү. Ал эми баланы аман-эсен чоңойтуп, эрезеге жеткирүүдө, коомдун керектөөсүнө ылайык адам кылып тарбиялоодо эненин баа жеткис ролу чыгармада Канықей, Айчүрөк, Алтынай сыяктуу энелердин образдарынын мисалдарында айгинелейт. Мындан тышкары көптү көргөн аксакалдардын турмуштук бай тажрыйбасына, элдик акылмандыкка ширетилген сөздөрүндө омоктуу маани жатат.

Чыгармада муундардын байланышы, турмуштук тажрыйба, салт-санаа, үрп-адат жагдайында топтолтон байлыктардын чыпчыргасын коротпой кийинки муунга өткөрүү маселесине көп көңүл бурулган. Маселенин практикалык чечилишинин эң сонун мисалдарын чыгармадан бир нече ирет жолуктурабыз. Мисалы, «Семетей» бөлүмүндөгү «Канықейдин жомогу» эпизодунда акылман эне кенедейинен мекенинен кетүүгө аргасыз болгон уулуна кыргыз жеринин кооздугу, элинин меймандос, баатырдыгы, атасы Манас жана анын эр жүрөк чоролорунун каармандыктары, ал түгүл дос-душманы жөнүндө бекеринен терип-тепчип айтып олтурбайт. Муну менен ал Семетейди ошол кооз жердин, баатыр элдин бөлүкчөсү, баатыр атасынын эрдик иштеринин улантуучусу, бабаларынын руханий байлыгынын мураскору экендигине ынандырат. Бул эпизод — бир, чети терең тарбиялык маниси бар иш-чара болуп эсептелсе, экинчи жагынан ата мурасын балага тапшыруунун, муундар арасындагы байланыштын жандуу мисалы.

Чыгарманын каармандары өздөрүн тамырсыз камгак катары эмес, өткөн менен азыркы, азыркы менен келечектин ортосундагы көпүрө катары сезишет. Ошондуктан алар ата-бабалары жасап кеткен иштери үчүн да жоопкер. Бул сезим аларды укум-тукумун уят кыла турган кылык-жоруктардан качууга аргасыз кылат, алар сыймыктана турган иштерди жасоош, эрдиктерди көрсөтүүгө шыктандырат.

Жыйынтыктап айтканда, «Манас» элдин тарбия жагдайындагы түшүнүк, көз караш, идеяларын чагылдырган, ошондой эле зор таалим-тарбия берүүчү касиетке ээ педагогикалык кенч болуп саналат. Анда бала, аны өстүрүү, тарбиялоо, турмуштук тажрыйбага үйрөтүү, муундар ортосундагы байланыш сыяктуу маселелер чыгарманын каармандарынын иш-аракеттери, кылык-жоруктары, карым-катнаштары, кагылыштары аркылуу жандуу чагылдырылган.

www.bizdin.kg
Коюлган маселелердин көркөм чечилишинен элдин бул проблемага зор маани бергендигин, бийик максатты алдыга коюп, аны турмушка ашыруунун натыйжалуу каражаттарын иштеп чыгып, системалуу пайдаланып жана кылымдар бою өркүндөтүп келгендигин байкоого болот.

Д. Саалиева

ЭЛЕМАН — кейипкер, кыпчак уруусунун башчысы, Төштүктүн атасы. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча «Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү», «Манастын Каныкейге күйөөлөп барганы», «Бокмурундун элге кабар жибергени», «Көкөтөйдү койгону», «Бокмурун Мааникерди мингизип, Айдарга эл чакыртканы», «Коңурбай Бокмурундан Мааникерди өкүм менен сураганы», «Манас менен Коңурбайдын сайышы» окуяларында айтылат.

ЭЛЕМАН — кейипкер, кырк чоронун бири. «Эл башкарган Элеман» деп дайыма «калк башкарган Калкаман» менен катар эскерилет.

ЭЛИК СҮТҮН БЕРҮҮ — өзү төрөбөсө да, эмчегин эмизбесе да, өз баласындай асыроо, балам деп саноо, өздөй кылып багып өстүрүү. Эпосто Кыргылчал Чубак менен Каныкей көңүлү жакын деп ушактаганда, Каныкей Чубакты чакырып төмөнкүнү айтат:

Бала бир болуп сен калдың, Чубак,
Эне бир болуп мен калдым, Чубак,
Нойгуттан качып сен келдиң, Чубак,
Эликтей сүтүм мен бердим, Чубак (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 169). Мындан Э. с. б-нүн маанiси толук айкын болуп турат.

ЭЛИМ, к. *Элимбай.*

ЭЛИМБАЙ, Элим — эпизоддук кейипкер, казактын найман уруусунун билерманы. Алмамбет менен Көкчөнү араздаштыргандардын бири (Сагымбай Орозбаков, 2. 243, 247).

ЭЛКИН-ТОО — топоним. Айчүрөк ак куу болуп учуп, дүйнөдөгү алптарды сынап жүргөндө кечилдин каны Коңурбай жолугуп «Азапты мыкты салайын, Аткылап колго түшүрүп, Колукту кылып алайын» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 365), — деп жаа тартып, каран түндү саларда Айчүрөк качып барып кудайга муңун айткан жер.

Кыйын шашып Айчүрөк Ала-Көлдү басты эми, Эс жыйа албай Айчүрөк Элкин-Тоо чыгып жатты эми (Саякбай Каралаев,
«Семетей», 1. 367).

ЭЛЧИ — топтун, уруунун, тайпанын, элдин кызыкчылыгын башка элдин алдында коргоп арада жүрүүчү адам. Э-ни дайыма сөз билги, акылман, токтоо, сабырдуу адамдардан дайындашкан. Э-нин, элчиликтин укуктук статустары болгон. Элде «элчи менен жуучуга өлүм жок», «элчинин куну согуш» деген сөздөр бар. Көчмөн элдердин тарыхында Э-лерди өтө сыйлап, өзгөчө урмат көрсөтүшчү. Муну менен Э-нин элин сыйлагандыкты, өз ара жылуу мамилелерди сактоого кылган аракетти көрсөтүшкөн. Кокусунан Э-ни ойдогудай тоспой же болбосо өлтүрүп коюшса, анда мындай мамилелер сөзсүз түрдө эки элдин кагылышуусуна алып келген.

«Манас» эпосунда Э. дайындоо, аны кабыл алуу, узатуу, жети кандын чатагы эпизодунда таасын көрүнөт. Жети кан Манаска Э. жибергенде Манасты сестентүү үчүн Э-ге ат үстүнөн салам бергиниң, үйдө отурса камчы сүйрөп киргиниң, чогоол сүйлөгүн деп кеңеш айтышат. Ар бир кыймылдын өзүнүн символдору болгон, билген адам аларды айттырбай эле түшүнгөн. Эпосто бир тараптын экинчи бир тарап менен жарашуу, элдешүү, сүйлөшүү жана башкалар иштерди жүргүзүүчү ишенимдүү өкүл катарында кыргыздардан өткүр чечен Ажыбай, эпикалык душман тараптан Нескара Э-лик милдет аткарат. Мисалы, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча Чоң казаттын соңунда Чубак колго түшүрүп алган Нескаранын

www.bizdin.kg
сунушу боюнча Эсенканга Ажыбай менен Үрбүнү Э-ге жиберишет. Эсенкан билермандары менен кеңешип, жарашууга макул болуп, Манаска Чет-Бээжиндин кандыгын берет.

А. Көчкүнов

ЭМГЕК темасы «Маната». Адамдардын аң-сезимдүү максатка ылайык иши, аракети, жумушу, ошондой эле алардын жигердүүлүк сапатынын белгиси. «Манас» эпосунда ак калпак элибиздин бейкутчулукта жашаган турмушундагы кен эритүүчү көөрүкчүлүгү, уста узануучу, төрт түлүк малды багуу аны аман асыроо, жер иштетип дыйканчылык менен эмгектенүүсү кеңири, ары таамай, таасын чагылдырылган.

Басып алган эл менен уруунун башчысы өзү күч менен каратып алган элдер менен урууларды кылычтын мизине салып, зордоп иштетүү менен, алардан түшкөн олжону бүт ээлеп алган. Алсак, эл атасы, журт эгеси Каракан дүйнөдөн кайтканда, сөөк өчтү душмандар Молто, Алооке, Эсенкан көп кол менен капарсыз жаткан кыргыз элин чаап алышып, уюткулуу элдин бирин тереңге, бирин Эренге, бирин Каңгайга, бирин Алтайга тентитип, айдап жиберет.

Манастын атасы Жакып кан менен Акбалта кырк үйлүүсү менен Алтай деген жерге айдалат. Эрксизден айдалгандар бөтөн эл, бөтөн жерде эмне кылар айласын таппай карайлап тургандарга Акбалта: «Эмгек кыл балдар, эмгек кыл, Арыганың семирет, ачкан курсак тоюнат» (Саякбай Каралаев, 1. 84), — деп азып-тозгондорду эртеңки жакшылыктын болорунан күдөр үзбөөгө чакырып, өзгөчө жаштарды эмгек кылууга үндөйт. Жакып баш болуп сүрүлүп баргандар ак эмгектин аркасында алтын кенин казышып, эгин айдашып, алардын кочушун койго, табагын тайга сатышып, сандыгын сары алтын мүлккө толтуруп, төрт түлүк малынын түмөнү түрүлгөн атагы ай-ааламга тараган эсепсиз бай болот.

Эмгектин бөлүнүшү боюнча да байыркы учурларда эле болгондугун «Манас» эпосу да ырастайт. Маселен, койчу башчысы Ошпур, жылкычысы Ыйман, төөчүсү Сарбан, уйчусу Байбол, төлгөчү Кара Төлөгү, Агыдай далы көрүүчү, Ырамандын ырчысы, кабарчысы Жаш Айдар менен эр Шууту, кароолчусу Сереги менен Жоорунчу, тилмечи алтымыш буруу тил билген Ажыбай, кара тилин кайраган чечен, элчиси Үрбү, балбаны алп Кошой, Акаяр, чыканактай эр Агыш, жоокерчиликтеги чалгынчысы Алмамбет, Сыргак, алдыда болуучу жакшылык менен жамандыкты жаңылбай билген акылман — көз ачыгы Бакай, Канықей, чайчысы Тазбаймат, дарыгери Канықей, Момунжан болуп берилишинен эле «Манас» үчилтигинде эмгекти бөлүнүшүнүн бардык түрүн, башкача айтканда акыл эмгеги менен күч эмгегинин жиктелишин көрүүгө болот. Ал эми «Капка кармап турчусу, Он эки күзөт бир малай» (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 584-инв., 27-б.), — деп үй кызматына жараша бөлүштүрүү да ачык байкалат.

Эпос дыйканчылык тууралуу да аздыр-көптүр кабар берет. Жаш Манас Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенде, атасынын малкорлугуна, ач көздүгүнө тарынып үйүнөн кетип калып, жолдон Баба дыйканга жолугуп, анын кеңеши боюнча экөөлөп жер айдашат. Манас өзүнүн маңдай тери, ак эмгеги менен тапкан эгиндин мол түшүмүнө Аккуланы сатып алат.

Темир узануучулар эл-жерди коргогон баатырлар менен эр азаматтарды «шиберге койсо өрт, шилтегени мүрт кеткен кылычтар, сайганын тешип өткөн сыр найзалар, чапса кылыч кеспеген, ок жаңылып кетпеген соот, чопкуттар, ат жабдуулар менен камсыз кылып турушкан.

Эпосто эркектердин эмгегине караганда аялдардын эмгеги бөтөнчө даңазаланат.

Канықей баш болгон аялдар өмүрлүк жолдошторунун жоосун жеңип, аман-эсен жеңиш менен кайтып келүүсүн тилешип: «Керишке кийсе ок өтпөс, Найзанын учу тешпеген. Нар кескен огу кеспеген» (Саякбай Каралаев, 2. 59) согуштук кийим-

www.bizdin.kg
кечектер менен камсыз кылып, айлап-жылдап ичсе түгөнбөс гүл азыктарды даярдап беришет.
Акылман Канықей Манас дүйнөдөн кайтканда бир адамга билгизбей, бир адамга туйгузбай, кара зоо бетин ойдуруп, ооз жагынан бир киши баткандай, төр жагына алты миң кой жаткандай жай каздырып, айкөлүнүн сөөгүн коёт. Ичи жарык болсун деп жакут желек каухарды катар-катар койдурат, үстү түшүп кетпесин үчүн алтындан түркүк орноттурат. Салкын болсун үчүн, ичи ылдый суу жүргүзүп, асты жумшак болсун деп арчанын күлүн төктүрүп, кырк жылы сууга чыласа, кылк этип оңуп койбогон алтындан соккон килемди салдырат. Айкөлүнүн эл-жерине кылган эмгеги, көрсөткөн баатырдык эрдиктери, иштери эч унутулбас үчүн:

Жети миң эркеч бир кырып,
Кыш кайнатып бек салдым
Жети кылым өткүчө
Жетигимдин күмбөзү (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 155) бузулбай турсун деп көргөн адамды таң калтырган күмбөз салдырат.

Эпос ак ниети, адал эмгеги менен жасаган иш эч качан өлбөйт, унутулбайт деген идеяны даңазалайт.
Бүгүнкү күндө келечектин ээлери болгон жаш муундарыбызды эмгекке тарбиялоодо «Манас» эпосунун таасири өтө күчтүү.

М. Дүйшөнбеков, К. Жумалиев

ЭМИЛ — эпизоддук кейипкер, кыргыз баатыры. Айчүрөктү олжологону келген Кыястын колу менен урушта курман болот (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 334).
ЭМИЛ — эпизоддук кейипкер. Эжибайдын атасы экендиги гана айтылат (Курама вариант, «Сейтек», 38).
ЭМИЛ — топоним. Эпостун айрым эпизоддорунда кыргыздар мекендеген жер. Көкөтөйдүн керээзинде Э. суусу аркылуу Бээжинди көздөй жол менен кеткени айтылат (Сагымбай Орозбаков, 3. 22). Географиялык реалияда Борбордук Жунгариядагы суу жана анын боюндагы шаар.
ЭМЧЕКТЕШ ТУУГАН — башка уруунун өкүлүн асырап алууда колдонулуучу ырым, урууга жаңы кабыл алынган баланы, аны багып алуучу эмчегин эмизүү аркылуу аны өз балдары менен тең укукта, өз баласы катары эсептейт.



Изилдөөлөргө караганда Э. т. болуу коомдун баштапкы баскычтарынын биринде аскердик демократия шарттарында пайда болгон. Кандайдыр бир себептерден өз журтунан, ата-энесинен, туугандарынан ажырап калган адам башка уруунун өкүлдөрү менен туугандык байланышты түзүүгө аракеттенет. Дүйнөнүн элдеринде туугандашуунун ар кандай жолдору, инициациялары болуп келген. Түрк-моңгол элдеринде, алардын ичинде кыргыздарда да туугандашуунун таралган түрү эмчек эмүү болуп эсептелген. Бул процесс эпостун Алмамбетке байланыштуу эпизоддо таасын көрсөтүлгөн:

Оң эмчегин алганы,

www.bizdin.kg
Оозуна Манас алганы,
Сол эмчегин алганы,
Алмамбет ээлеп калганы (Сагымбай Орозбаков, 2. 337).

Бул ырым көпчүлүк элдин алдында өткөн. Эмчекти эмгенден кийин чоочун адам жаңы коллективдин курамына толук укуктуу мүчө катары кирген. Эпосто «Энеден экөө болдум деп, Эр Манас айтып мындай кеп» деген ыр сабы буга далил. Мындан кийин Манас элине сүйүнчүлөп, Алмамбеттин урматына той берет.

Э. т. ата-эненин өз балдары кандай мамиле кылса ошондой мамиле кылган. Ата-эне да ага өз балдарындай мамиле кылып үйлөнтүп-жайлантып, энчи бөлүп, бүлөнүн толук мүчөсү катары карашкан.

А. Көчкүнов

ЭНГЕ-ТӨРӨ — «Мажму ат-таварихте» Токтомуштун аталаш бир тууганы, моңгол урууларынын башкаруучусу, Манас баатырдын союздашы. Уулу Мухамед-бекти он миң могол менен калмакка каршы жиберген. Ал эми тарыхый булактар боюнча ал Моголистан мамлекетинин улук башкаруучуларынын бири болгон. 1387—88-ж. Тимурга каршы Токтомуш менен союз түзүп, Ташкен, Самаркан жана Бухара айланасына чабуулга катышкан. Тимур 1389-ж. жана 1390-ж. Моголстанга жасаган жортуулдарында Э. т-нү Тарбагатайда жана Каратал дарыясынын боюнда жеңген.

ЭНЕ-САЙ, Енисей (хант, эвенк, иондесси — Чоң-Суу, Чоң-Өзөн) — топоним. Айрым айтуучулардын (Ы. Абдыракман уулу, Жусуп Мамай) вариантарында гана кыргыздардын жашаган жери, алгачкы ата мекени катары эскерилет. Мисалы, « Аяк жагы кыргыздын Үч-Аралга жай алып, Баш жагы кыргыздын Энесей тоосун таянып» (ЫА, Кол жазмалар фондусу, 142-инв., 2-б.). «Орозду баатыр ал кезде Эне-Сайды жердеди, Төкөөрүн салган душманга теги эле моюн бербеди» (Жусуп Мамай, 1. 20-б.). Э.-С. деген географиялык атты кыргыздар совет бийлигинин мезгилинде гана кабыл алган. Академик В. В. Бартольддун «Киргизы» (Кыргыздар, тарыхый очерк) деген эмгеги 1927-ж. Фрунзе шаарынан чыккан соң, кыргыз интеллигенттеринин чөйрөсүнө белгилүү болуп, андан жалпы элге тарала баштаган.


19-кылымдын ортосунда Ч. Валиханов кыргыздарга келгенде эл өздөрүнүн тарыхы жөнүндө: түпкү ата мекени Анжыян тоолору экендигин, Эртыштын жогорку агымын, Алтай, Каңгай тоолорунун батыш тарабына чейинки жерлерде көчүп-конуп мекендеп жүргөндүгүн жазып калтырган. Энесей жөнүндө эч кандай маалыматтарды учураткан эмес. Ошондой эле совет доорына чейин жыйналган эпостун материалдарында да жок. Белгилүү этнограф-тарыхчы С. М. Абрамзон да Э.-С. деген топоним кийин кыргыздарга китептик таасир аркылуу киргендигин белгилеген.

Орусия 16-кылымдын аягынан тартып Сибирди каратып, 17-кылымда топографиялык чиймеге түшүрүү иштерин жүргүзгөн мезгилде «Энесей» деген топоним да тарыхый этнографиялык адабияттарда пайда боло баштаган. Кийинчерек Сибирдин географиялык картасын түзгөн кезде азыркы Енисей (Эне-Сай) деген улуу өзөн агып чыккан башатынан (Тува) тартып, куйган жерине (Түндүк Муз океаны) чейин жалпысынан ушул ат менен аталып калган. Енисей өзөнүнүн бойлорунда туруктуу жашаган жергиликтүү элдердин ар бири өздөрүнчө атап келишкен, азыр да ошол элдик ат менен аташат. Мисалы, тувалыктар — Улуг-Хем (БийХем менен Ха-Хемдин кошулган жеринен баштап), хакастар — Ким дешет.

Э. Абдылдаев

ЭНТЕРИ — эпизоддук кейипкер. Көзкамандар Манасты уулаганда Канықей «куюн көтөн Энтерини» жиберип, Мекеден, Мисирден, Багдаттан дары алдырып,

www.bizdin.kg
Манасты дарылаганын Семетейге айтат (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 201).
ЭНЧИ — кыргыз элинин мүлктүк мамилелериндеги категория. Патриархалдык мамилелер бузулуп, чоң бүлө жамааттарынын ордуна моногамдуу бүлөлөрдүн келип чыгышы менен пайда болгон. Баласы үйлөнгөндөн бир аз убакыт өткөндөн кийин атасы ага Э. катары жалпы оокаттан утурумдук оокат үчүн буюм-тайым (боз үй, жууркан-төшөк, идиш-аяк), мал жана өндүрүш куралдарынан бөлүп берген. Бирок, көпчүлүк убактарда баласынын чарбасы чоң үй менен бирдиктүү болгон (мал, тамак-аш чогуу болгон). Э. бөлүүнүн өзүнүн жөрөлгөсү болгон. Э. үйлөнгөн балдарды бөлүү, чоң үй менен баласынын үйүнүн ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу боюнча атайын милдет жана укуктар каралган. Эпосто Манас менен эмчектеш Алмамбетке беш жүз кара, бир миң кой Э. берилгени айтылат.
ЭПИЗОД — сюжеттүү чыгармалардагы өзүнчө башталышы жана аякталышы бар, ошол эле кезде башка окуялар менен бирдикте, сюжетти түзгөн майда бөлүкчө, чыгармадагы бир учур. Э-дордун көптүгү, жыштыгы боюнча «Манас» дүйнөлүк көркөм маданиятта уникалдуу көрүнүш. Э-дордун арбындыгы чыгарманын көлөмдүүлүгү менен гана аныкталбайт, биринчи кезекте окуя-кырдаалдардын алмашуусу, биримдиги, байланышы зарыл. Э. негизинен жардамчы жана негизги Э-го ажырымдалат. Мисалы, «Чоң казат» бөлүмү Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча «Жети кан куралып, Манаска кылмак болуп кеңешкени», «Элчилердин Манаска барып учураганы» деген сыяктуу негизги Э-дордон турат да, алардын ичинде да майда, жардамчы Э-дор болот. Манасчылар эл арасына чыгып, «Манас» айтканда мына ушундай негизги Э-дорду айтып, баштап, аны соңуна жеткире айтышкан.
ЭПИКАЛЫК ЖАНРДЫН ЭВОЛЮЦИЯСЫ, к. *Баатырдык эпос.*
ЭПИКАЛЫК ЦИКЛДЕШТИРҮҮ — ар түрдүү темадагы эпикалык окуялардын бир борборго же бир каарманга байланыштырып тизмектелиши. «Манастын» азыркы классикалык абалга жетишинде өтө узак жана татаал эволюциялык процесс болгон Э. ц-нүн ролу зор.



Эпостун Э. ц. маселесин эпикалык окуялардын механикалык түрдө бириктирилген жыйындысы катары эмес, кыргыз элинин тарыхынын белгилүү бир кырдаалында, ошол учурдагы негизги идеологиялык талапка ылайык турмуштук тарыхый зарылдык келип чыккан закон ченемдүү кубулуш катары кароо керек. Фольклор изилдөөчү В. Я. Владимирцов «Манас» менен «Жангар» эпостору өнүгүүнүн бирдей баскычтарынан өтүп, бир канча поэмалардын эпикалык циклдешүүсүнүн натыйжасында түзүлгөнүн белгилеп, мындай татаал

www.bizdin.kg
түзүлүштөгү эпопеялардын жаралышына ошол доордогу баскынчылык согуштардын күчөшү, элдин саясий биримдигинин, аң-сезиминин өнүгүшү сыяктуу тарыхый факторлор менен шартталгандыгын көрсөтөт. «Манас» эпосунун окуяларынын Э. ц. принцибинде бир каармандын айланасына топтоштурула башталышы да кыргыз элинин тарыхындагы конкреттүү учурдагы коомдук башкы идеология менен жалпы элдик бир борборлоштурулган бийликке умтулуу идеясынын көркөм туюндурулушу менен байланышат; башкача айтканда Э. ц. бул биригүү идеясынын туюндурулушунун көркөм формасы. Баатырдык эпостор алгачкы абалында типтеш поэтикалык схемадан башталган өмүр баяндык мүнөздөгү баяндама болуп эсептелгени менен Э. ц. процессинде ар бир эпос өзүнчө жаңы эпизоддор, жаңы окуялар менен толукталып ошого жараша кеңейип жүрүп олтурат. Эпикалык чыгармалар өнүгүү жолунда жөнөкөйдөн татаалга өтөт, башкача айтканда жомоктук-мифтик эпостон тарыхый-баатырдык эпоско айланат. Ушундан улам эпостор өнүгүшүнүн улам кийинки баскычтарында реалдуу турмуш чындыгы көбүрөөк чагылдырылат да, көөнө үлгүдөгү баатырдык жомоктордон айырмаланып, тарыхый эпостордо турмуштук көрүнүштөрдүн бири болгон трагедиялуулукка жол берилет. Буга «Манастын» Алымсарык, Кулансарык жөнүндөгү эң акыркы бөлүмдөрү күбө болот.

А. Жайнакова

ЭПИТЕТ (грекче epitheton) — жалганууу, кошумча сүрөттөлүп жаткан нерсенин сапатын, мүнөздүү белгисин баса көрсөтүп, аныктап, ага көркөм элес, поэтикалык кооздук берүүчү көркөм сөз каражаттарынын бири. Айрым окумуштуулар аны жалаң стилистикалык ыкма деп гана эсептешсе (көркөм аныктоочторду, толуктоочторду жана алардын экспрессиялуулук касиеттерин гана Э-ке киргизишет), башка бир тобу кеңири планда карашат. Маселен, Л. И. Тимофеев сөздүн кең маанисине ар кандай эле түшүнүктөрдү толуктап, анын ар түрдүү мүнөздөрүн, сапат, абалдарын аныктап турган сөздөрдү түшүнөт. Мындай болгондо сын атоочтун баары тең Э-ке жатат. «Манас» эпосунда Э. көп түрдүү жана арбын. Жайылма чоң формаларынан тартып эң кыска жана так аныктама түрүндөгү Э-ке чейин учурайт. Колдонулушу жагынан ал *салыштыруу, гипербола* сыяктуу эле эпосто кеңири жолуккан көркөм сөз каражаты болуп эсептелет. Эпостогу Э-тер түзүлүшү жагынан бир нече түргө бөлүнөт: туруктуу (индивидуалдуу) Э., мүнөздөмө Э,, жайылма (развернутый) Э. Туруктуу Э. — эпосто каармандын, тулпарлардын же заттын, кубулуштун жеке өзүнө гана таандык касиетин айгинелеп, дайыма өзгөрбөй айтылган Э. Мисалы, Жайма Көкүл Айдар, Төкөр уста Бөлөкбай, Катагандын кан Кошой, Айкөл Манас, Кабылан Манас, Кан жыттанган эр Жолой, Дан жыттанган эр Жолой, жана башкалар Туруктуу Э. бинардык конструкцияда да, көп компоненттүү жана жайылма Э. тутумунда да учурай берет. Мисалы:

Эки Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган,
Кара токой мал эткен,
Кара үңкүрдү үй эткен, Кара тилин кайраган Кан алдында сайраган Эйбит таздын эр Үрбү Жетимиш эки тил билген Жеткилең чечен эр эле.

Үрбүнүн ушул мүнөздөмөсү 1862-ж. В. В. Радлов жазып алган вариантта да, Ч. Валиханов жазып алган үзүндүдө да, Сагымбай Орозбаковдун вариантында да жана башкалар материалдарда ошол бойдон же азыноолак гана өзгөрүүсү менен айтылат. Бул Э-ти көп компоненттүү, индивидуалдуу, жайылма жана Үрбүнүн туруктуу мүнөздөмө Э-и десек болот. Эпосто мындай Э. жүздөп саналат.

Конструкциялык курулушу жагынан Э. бинардык же кошмок компоненттүү Э. (аныкталгыч зат атооч жана аныктагыч сын атооч), үч компоненттүү, төрт жана

www.bizdin.kg
көп компоненттүү болуп бөлүнөт. Бинардык кошмок компоненттүү Э. эпосто Э-тин эң жөнөкөй түрүнө жатат. Мисалы, Эр Манас, Шер Манас, Кабылан Кошой, Кан Кошой жана башкалар Эпосто көптөгөн каармандардын ысымдары менен тулпарларынын аталыштарынын өзүлөрү эле кандайдыр бир даражада бинардык конструкцияга жатат. Мисалы, Айгожо (Ай+Кожо), Жаш Айдар, Кыргылчал же Кыргынчал (кыргын, кыргыл+ + чал), Айчүрөк (ай+чүрөк), Коңурбай (хонгр+бай), Ажыбай (ажы+бай), Бозуул (боз+ + уул) жана башкалар Булардан башка Кан Кожо, Ак Сайкал, Кыз Сайкал, Кара Төлөк сыяктуу ажырап турган аныктамалар бар. Үч компоненттүү конструкцияларга төмөнкүдөй түзүлүштөр кирет: катагандын кан Кошой, төлгөчү кара Төлөк, кыяматтык кыз Сайкал, кырктын башы Кыргылчал жана башкалар Ал эми жайылма конструкция же көп компоненттүү Э. системасына жогоруда Үрбүнүн мүнөздөмөсү өңдүү Э-ттер кирет.

Мазмуну жагынан да эпостогу Э-ти бир канча түргө бөлүүгө болот: Каармандарды мүнөздөгөн Э. (жогоруда келтирилген мисалдар). Эпостогу тулпарларды, унааларды мүнөздөгөн Э.: Аккула (ак+кула), Сарала (сары+ала), Аксаргыл (ак+саргыл), Алгара (ала+кара), Көкбука (көк+бука) жана башкалар Баатырлардын Э-ти сыңары эле тулпарлардын, унаалардын Э-тери да бинардык конструкцийдан жайылма Э-ге чейин көптөгөн түрлөрдө учурай берет.

Курал-жарак, эмерек-шаймандардын Э-тери жоо куралдарын (сырнайза, айбалта, ак болот кылыч жана башкалар), жоо кийимдерин (туулга, чопкут, ак күбө тон, көк күбө тон, соот, калкан жана башкалар), ат жабдыктарын (алтын ээр, абайы жабуу, калы килем, кара жаак булдурсун жана башкалар), ошондой эле турмуш-тиричиликтеги ар түрдүү эмерек-шаймандардын Э-терин камтыйт. Эпостогу табият кубулуштарына, убакыт, мезгил, чен бирдиктерине карата айтылган Э. тобун да бөлүп карооого болот (ызгаар кыш, саратан жай, кеч күз, кара бурут, караңгы түн жана башкалар). Эпосто топонимдик (жер ортосу Боз-Дөбө, Ысык-Көл, Кара-Тоо, Ала-Тоо, Эки-Кемин, Козу-Башы, Копо, Үйрүлмөнүн Кара-Саз жана башкалар) жана этнонимдик (Сары Ногой, Калың кара көп манжуу, калың кыргыз, ойрот, алтайлык кара кан эли жана башкалар) Э-тер да кеңири чагылдырылган. Булардын көпчүлүгү бири-бирине өтмө катар жуурулушуп кеткен учурда кезиктирүүгө болот.

Э-ти сын-сыпатты аныктоо функциясы жагынан да бөлүп карооого болот. Сандык аныктамалар: кырк чоро, тогуз кабат асман, жердин жети бурчу, кырк чилтен, миң сан кол; ошондой эле сакраменталдык сандар да бар: (3, 7, 9, 12, 30, 40). Түстүк аныктамаларды: ак, кара, сары, кызыл, көк, жашыл өңдүү сын атооч сөздөр түзөт. Тутумунда «ак» сөзү бар Э-тер Ч. Т. Валиханов жазып алган 3319 саптан турган *«Көкөтөйдүн ашында»* эле алардын саны отузга жетет да, кайталоолору менен жүздөн ашат: ак казан, ак сарай, ак көбө (тон), ак тикен, ак шумкар, ак кагаз (кат), ак чатыр, ак ээр, ак болот, ак бата, ак келте, ак тинте, ак олпок (тон), ак жол, ак боз ат, ак коён жана башкалар В. В. Радлов жазып алган варианттагы «Бокмурун» эпизодунда ушундай эле пропорция сакталган. Эпостун баш каарманы Манастын Э-тери эле ушул гана «Көкөтөйдүн ашында» өтө көп түрдүү экендигин көрсөтүүгө болот. Манас: эр, баатыр, падыша, эңчегер бойлуу эр Манас, Жакып кан уулу Манас кан, Жакып кан уулу жаш Манас, Жакыптын уулу жаш Манас, сайын таажы Манас, самарканда сарт Манас, сары кулак ит Манас (ситуативдик Э. — бир гана жолу учурайт), баатыр туулган эр Манас жана башкалар болуп жыйырмадай аныктамага жетет. Эпостогу Э-тер функциялык жана структуралык түзүлүшү бир топ татаал жана көп кырдуу. Э-тин поэтикалык көркөм тилдин өзүнчө бир катмары катары калыптанып, жалпы курулушу, негизги белгилери жагынан көпчүлүк элдерге бирдей таандык белгилери болгону менен анын ички маани-маңызында, конкреттүү ар бир чыгармада же белгилүү бир жанрлардын тобунда аткарган функцияларында өзгөчөлүк байкалат. «Манас» эпосунун Э-тери жөнүндө

www.bizdin.kg
бирин-эки жалпы маанидеги пикирлер бар (Б. Керимжанова, С. Бегалиев, Р. Кыдырбаева, С. Закиров жана башкалар). Эпостун Э-тери атайын жана ар тараптан изилдөөгө муктаж.

К. Ботояров

ЭПОПЕЯ, к. *Эпос.*

ЭПОС (грекче epos — сөз, кеп, баян) — элдин башынан өткөргөн баатырдык иштерин даңазалаган ыр түрүндөгү эпикалык чыгарма. Э-то элдин, улуттун, өлкөнүн тагдырын чече турган зор окуялар көркөм сүрөттөлөт. Эпопея тарыхый бөтөнчө шартта жаралат. Ал тарыхый шартта адам өзүн коомдон бөлүп карабайт, өзүнүн жеке кызыкчылыгын коомдун кызыкчылыгынан ажыратпайт. Э-тун мазмунун улуттун тарыхындагы баатырдык окуялар түзөт. Алгачкы баатырдык эпосто элдин мифтик түшүнүктөрү кеңири орун алган. Кыргыздарда мифтик көөнө баатырдык эпостор да бар. Алардын мыкты үлгүлөрү — «Эр Төштүк», «Кожожаш». Буларда мифтик баатырдык эпостун мүнөздүү белгилери кеңири сакталган. К. Маркс байыркы гректердин баатырдык эпосторунун арсеналы гана эмес, негизин да байыркы грек мифтери түзгөнүн баса белгилеген. «Илиада», «Одиссея» өңдүү эпостор «адамзаттын балалык доорунда» гана жаралышы мүмкүн. Ал мезгилде турмуш «поэзия жана проза» болуп бөлүнө элек, социалдык карама-каршылыктар анча ачык билине элек болот. Ошондуктан, аңгемечи, жомокчу чыгармасын өзүнүн атынан гана эмес, мекендештеринин атынан баяндайт. «Элдүүлүк — эпикалык поэманын бирден бир негизги шарты» (В. Г. Белинский). Баатырдык Э-то жомокчу жалпы элдик, улуттук ой-сезимдерди билдирген адам катары аракеттенет. Э-ко турмушту кеңири, ар тараптан көркөм сүрөттөп берүү мүнөздүү. Байыркы Грециянын бүт турмушу (үрп-адаты, салты, ишеними, рухий түшүнүктөрү жана башкалар) Гомердин чыгармачылыгында кандай көркөм чагылса, кыргыздардын «Манас» Э-унда да кеңири масштабда сүрөттөлөт. Байыркы гректер, ошондой эле кыргыздар өзүлөрүнүн баатырдык Э-торунан өздөрүн кызыктырган бардык суроолорго жооп алышкан. «Манас», «Илиада» өңдүү Э-тордо улуттук аң-сезимдин бардык олуттуу жактары көркөм баяндалган. Демек, «Манас», «Илиада» өңдүү эпопеялар чыныгы кайраткердик, эрдик, баатырдык жогору бааланып, айрыкча көркөм даңкталат. Мына ушуга байланыштуу «Манас», «Илиада», «Одиссея» жана башкалар Э-тордун негизги мазмунун согуштук окуялар түзгөндүгү бекер эмес. Согуштук конфликт, согуштук кагылыштар баатырдык доордо жашашкан элдердин кулк-мүнөзүн бөтөнчө ачып, алардын жашоо турмушундагы олуттуу өзгөчөлүктөрдү кеңири көркөм баяндоого шарт түзгөндүгүн көрөбүз. Э-то коомдун жана улуттук мүнөздүн олуттуу белгилери сөзсүз орун алат.

Баатырдык Э-тун сюжеттик курулушу, композициялык түзүлүшү, образдар системасы, көркөм формасы да бир катар мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Дүйнөгө белгилүү «Манас», «Шах-Намэ» өңдүү чыгармалар кеңири сюжеттүү, окуяларга бай, көп каармандуу, ар түрдүү көркөм каражаттарга өтө бай. Мисалы, «Манас» эпосу — генеалогиялык циклдештирүү принциби боюнча өнүккөн чыгарма. Эпос Манас баатырдын эрдиги менен башталып, анын уулу Семетей, небереси Сейтектин эрдиги менен бүтөт. Улуу манасчы Саякбайдын варианты боюнча Манас баатырдын беш муунуна чейин баяндалат. Ал эми Кытай жеринде жашаган Жусуп Мамай «Манас» эпосун сегиз муунга чейин жеткирет. «Манас» эпосунун ар бир бөлүгү — өзүнчө жеке мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон бир бүтүн чыгарма. Чыгарманын ар бир бөлүгү *биографиялык циклдештирүү* принциби боюнча өнүгөт. Эпостун сюжети Манас баатырдын өмүрүнө байланыштуу негизги өзөк окуялардын айланасында өнүгөт. Башка кошумча окуялар мына ушул негизги окуяларга баш ийип, аларды толуктап турат. «Манас» эпосундагы эпикалык

www.bizdin.kg
борбор — Манас баатырдын образы, калган образдар ушул негизги, башкы образдын тегерегине топтолот.
Коомдук турмуштун өзгөрүшү менен Э-тун мүнөзү, мазмуну өзгөрөт. «Манас», «Илиада» өңдүү эпостордо белгилүү бир доордо элдик чыгармалар катары бааланып, баркталып, муундан муунга өтүп келе жатат. Баатырдык Э-то элдин мүнөзүндө бөтөнчө белгилер: жашаган элдердин турмушка, дүйнөгө болгон көз караштары, мамилелери, көз карандысыздык үчүн күрөшү эпикалык планда көркөм чагылдырылгандыктан ар бири өзгөчө кайталангыс мүнөзгө, өзгөчөлүккө ээ. Анткени, ушул чыгармалар жаралган ошол мезгил, доор, байыркы адамдардын жашоо турмушу да кайталангыс.
Коомдук турмуштун өзгөрүшү менен Э-тун мазмуну да өзгөрөт, ар түрдүү темадагы чыгармалар жаралат. Өнүккөн жазма адабияты болбогон көчмөн элдерде негизинен баатырдык мазмундагы Э-тор өнүгүп келген. Кыргыздарда «Манас» эпосунан тышкары «кенже баатырдык эпос» деген ат менен белгилүү болгон «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Эр Солтоной» сыяктуу чыгармалар бар. Бул эпостордо кыргыз элинин жашоосундагы кийинки тарыхый дооорлор көркөм баяндалган. Булардагы негизги тема да элдин сырттан басып кирген душмандарга каршы күрөшү. «Манаста» мифтик, фантастикалык сюжеттер, образдар арбын учураса, кенже баатырдык Э-то негизинен реалдуу тарыхый окуялар көркөм сүрөттөлөт.
Э. элдердин коомдук турмушунда бөтөнчө олуттуу көркөм мааниге ээ кеңири тараган эпикалык чыгармалардын бири. Коомдук турмуштун өнүгүшү менен бирге социалдык карама-каршылыктардын күч алышы «Манас», «Илиада» өңдүү чыгармалардын жаралышына объективдүү шарттар түзүлө баштайт.
Кийин улуттук-боштондук согуштарды, пролетариаттын боштондук кыймылдарынын таасири менен эпостун жаңы үлгүлөрү пайда болот.
Ошентип, эпостун эң негизги белгиси — анда сүрөттөлгөн окуя мекендин, элдин, улуттун тагдырын чечет, анын башкы каарманы өзүнүн бүт өмүрүн, күч-кубатын патриоттук идеяны ишке ашырууга жумшайт (к. *Патриоттуулук).* Башкы каармандын бүт кызыкчылыгы эл-жердин кызыкчылыгы менен дал келет. Ошондуктан, образ жеке мүнөзгө ээ болуу менен бирге элдин мүнөзүндөгү бардык жакшы сапаттарды өзүнө кап, чыныгы типтүү образ болуп калат (к. *Тип, Типтүүлүк).*
Эпос бир, эле доордун көркөм дүйнөсү болбостон анда көптөгөн дооорлорго мүнөздүү касиеттери орун алат. Э-тун эстетикалык, тарыхый, философиялык мааниси өтө зор.

С. Бегалиев

«ЭПОС «МАНАС» КАК ИСТОЧНИК ИЗУЧЕНИЯ ДУХОВНОИ КУЛЬТУРЫ КИРГИЗСКОГО НАРОДА» («»Манас» эпосу кыргыз элинин рухтук байлыгын изилдөөдөгү булак катары») — *И. Молдобаевдин* эмгеги (Фр., 1989). Киришүү, 6 бап жана корутундудан турат. Эмгекте «Манас» эпосун кыргыз элинин рухтук маданиятын изилдөөдөгү булак катары атайы карооо аракет жасалган (мифология, дин, каада-салт, элдик түшүнүктөр, музыка аспаптары жана башкалар). Монографияда эпостун революцияга чейин жана советтик мезгилде жазылып, басмадан чыккан варианттары объектиге алынган. Ошондой эле кыргыз фольклорунун башка жанрларынан да маалыматтар берилген. Далилдөөчү материал катары тарыхтын, этнографиянын, археологиянын жана башкалар тармактардын жазма булактары пайдаланылган.

ЭПОСТУН ГЕОГРАФИЯЛЫК ТАРАЛЫШЫ.

«Манас» эпосунун өзгөчөлүктөрүнүн бири анын кыргыз элинде гана оозеки айтылып, нечен кылымдар бою ыйык мурас катары сакталып келгендиги болуп эсептелет. Кыргыз элинин башынан өткөн тарыхый тагдыры менен ажырагыс

www.bizdin.kg
байланышта жашап, тагдырлаш болуп келген улуу рухий маданий эстелик. «Манас» эпосу 14—-15-кылым эле жалпы кыргыздарда кеңири таралып, эл арасында өтө таасирдүү болгондуктан 16-кылымдын башында жазылган «Мажму ат-таварихтен» анын айрым сюжеттери (согуштук окуялары) орун алган.

Азыркы учурда Кыргыз Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталуу турган эпостун материалдарын изилдеп көргөндө ал жалпы кыргызга таандык, эл ичинде өтө кеңири таралган чыгарма болгондугун айгинелейт. Жазылып алынган эпостун материалдары бардык жерлерден бирдей деңгээлде жыйналып алынган эмес. Ошондой болсо да атайын жыйноочулар тарабынан жазылган эпостун варианттарынан башка да көп жылдар бою жүргүзүлүп келген фольклордук-диалектологиялык экспедициялардын ар кандай жерлерден жыйнаган материалдарындагы маалыматтар — «Манас» кыргыздар жашаган бардык жерлерде айтылып келгендигин кабарлайт. «Манас» эпосу кыргыздардын арасында оозеки жашап, элдин ар кандай тарыхый тагдырына дуушарланып, ар башка географиялык райондордо, ар кандай тарыхый окуялар өткөн, ар башка турмуштук тажрыйбаларга ээ болгон чөйрөлөрдө оозеки аткарылып келгендиктен, ар башка деңгээлде сакталып, көп варианттуу чыгарма катары бизге жетти. Бирок, кайсы жерде, кандай чөйрөдө айтылып келсе да жалпы кыргыз урууларын бириктирүүчү, тышкы душмандарга биримдикте каршы туруучу борбордук фигура катары Манас баатырды эпикалык идеалдаштыруу тенденциясы — чыгарманын магистралдык идеясы болуп сакталып отурган.

Э. Абдылдаев

ЭРГЕШ Ташимбет уулу (туулган жана өлгөн жылы белгисиз) — манасчы. Жору урууcунан. Сабатсыз. Атасы Ташимбет «Манас» айткан адам болгон. Атасынан «Көкчөнүн казатын» үйрөнүп, «Манастын» калган эпизоддорун түш көргөндөн кийин айтып калган. Э. түшүндө он аксакалга жолугат. Каякка барасыңар деп сураса алар Манаска барабыз дешет. Э. ойлонуп туруп мен да барайын деп суранат, алар макул болуп, ээрчитип алышат. Жүрүп олтуруп калың токойго жетишет. Анын ичиндеги чоң жол менен Манас жүргөн тоону бет алып жөнөшөт. Манас турган тоого бир шаты жол менен чыгып барса үч адам турган экен. Четки экөөнүн бири кызыл, бири ак тууну кармап алган. Салам айтып, мен Манаска учурашканы келип калдым десе, а болуптур деп колун сунганда Э.

анын көзүнүн чоңдугунан чочуп жер карап кетет. Кайра өйдө болуп кол берейин десе шаты тайып кетип кол бере албай калат. Чочуп бакырып ойгонот. Беш-алты күн табы жок болуп калыбына келет. Э. «Манас» эпосун кара сөз менен айткан. Дастан «Манас» эпосунда такай айтылып келген Манастын ата-бабасынан башталат. Э-тин айтуусунда да салттык мотивдер сакталып, Манастын чоң аталары Бөйөн кан, андан Чаян кан төрөлөт. Чаян кандын балдары Жакып жана Көзкаман болот. Чаян кандан кийин кандыкты Жакып алып, ал ногой элинен чыккан Караман деген байдын кызы Чыйырдыны алат. Карамандын кара Толтой деген уулу болот. Ал карасанатайлык кылып Жакыптын кандыгы менен байлыгын тартып алат да, Жакып менен Чыйырдыга бир чатыр, он беш эчки калтырат. Жакып Опол тоону жайлап калат. Чыйырдынын боюнда болот, бирок өзү билбейт. Күндөрдүн биринде Жакып кайнагасы кара Толтой той берип ошол жакка кетип, кеч калат. Чыйырды боорго жайылып кеткен эчкилерди чатырга айдап түшүрөт. Чатырга келгенде андан баланын добушу угулат. «О эне, секин бас, мен бир уул тууламын, жалаң жерге туубагын. Жыгачтын узуну карагай болот. Кызылы табылгы, камчы сап болот... Жалаң жерге бир аргамжы бою узак кетип каламын. Искөөч тайган көрүп калса жеп кетет. Андыктан, жалаң жерге туубагын. Токойлуу, карагайлуу жерге туугун. Мен өтөнөй өткүр чыгамын. Адамга, кийинкилерге, соңкуларга айтып жүрүшкө ылакап, жомок боломун. Колумдагы жарак үйдө калып калса, карагайдын бутагын сууруп алып келе

www.bizdin.kg
жаткан душмандын башын майдалай чабам» деген добушту Чыйырды угат. Жакып келгенде болгон окуяны айтканда ал аябай кубанып, Опол тоодон көчүп токойлуу, карагайлуу жерге келип конуш алат. Манас төрөлгөндө өзү айткандай ыргып кетип карагайга илинип калат. Жакып таап келип киндигин кесет. Манас жигит болгондо жылкы тийүүгө камынып, Бээжин жолун энесинен сурайт. Андан ары Алмамбеттин жана Көкчөнүн окуясы айтылат. Манас Көкчөдөн жарат алат. Э-тен жазылып алынган «Манас» эпосунун үзүндү эпизоддору Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

К. Кырбашев

ЭРЕН, Ирен — топоним. «Алооке кандын кыргыздарды чабышы» деген эпизоддон кыргыздар сүрүлүп барган жерлердин бири катары айтылат

Кайран Балта, Жакыпты
Кырк үйлүү кыргыз баш кылып,
Алтай көздөй айдады.
Бирөө айдалды Иренге,
Бирөө түшүп кетти тереңге (Саякбай Каралаев, 1. 35). Географиялык жактан Иран өлкөсүн туюндуруп жатат.

ЭРЕШЕН — эр жетүү, бой тартуу, өспүрүм курак. Эпосто көбүнчө эр жетүү маанисинде жолугат. Мисалы, «Эрешен тартып эр болду, Эр уулу менен тең болду» (Саякбай Каралаев, «Семетей», 1. 227, 231, 298) деген саптар эпосто жыш учурайт. Эпосто ошондой эле чыгаан чыкты деген мааниси да колдонулат.

ЭРИМЕ (калмакча Эрем-Чөл) — топоним. Манастын кошуну Бээжинге аттанардын алдында Алмамбеттин айткан сөздөрүндө чөл катары эскерилет:

Уркун улуу дайрадан
Кечип өтсөк таптаза,
Эрименин боз чөлгө,
Быткыл-быткыл көп көлгө,
Жатып алып кол кыштап (Сагымбай Орозбаков, 4. 109).

Эпосто көл катары айтылганы да кездешет:

Ылаңүндүн чөлүнө
Лыкылдап биздер келгенде,
Эрименин көлүнө
Эндээлеп биздер келгенде (Сагымбай Орозбаков, 4. 209). Географиялык жактан мурунку Жунгариянын аймагындагы чөл.

ЭРКЕБОЗ — Бокмурундун энесинин минген аты. Валиханов жазып алган эпизоддо гана эскерилет (Валиханов жазып алган эпизод, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 87-б.).

ЭРКЕЧ-ТАМ — топоним. Алооке Манастан качып бараткан жолун сүрөттөгөндө айтылат:

Арбак урган Алооке
Аянбай качып калыптыр.
Эркеч-Тамды ашыптыр,
Кашкардын каны Алабек
Төбөсүнөн басыптыр (Курама вариант, 1. 146 — 147).

Географиялык реалияда Алай өрөөнүндөгү тоо жана бел. Э.-Т. тоосундагы эчки, серке, эркечтерди жайытта багып келгенден кийин короо катары пайдаланылган чоң, кең үңкүр. Ушул үңкүрдүн атынан жердин аты «Эркеч-Там» делип аталып калган.

ЭРМАТОВ Таштан (1928, Сузак району, Ак-Баш айылы) — кыргыз композитору. Кыргыз Республикасынын искусствого эмгек сиңирген ишмери. 1934жылдан Каракол шаарында балдар үйүндө тарбияланган. 1944-жылдан Кыргыз

www.bizdin.kg
филармониясынын хордо ырдоону үйрөткөн студияда жана М. Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайында контрабастан, музыкалык теориядан сабак алган. Москва консерваториясынын улуттук студиясын бүтүргөн (1953). Бир нече кинофильмдердин, анын ичинде «*Улуу эпос*» илимий-популярдуу фильминин да музыкасын жазган.

ЭРӨӨЛ —1) жекеме-жеке чыгып салгылашуу, күч сынашуу, сайыш, чабыш. Эпосто «Эрөөлгө чыгып сайышса эрдигине чара жок», «Эрөөлгө чыгып эрендер Эки-экиден урушту», — деп айтылат. 2) чалгын, чалгындоо иши. «Эрөөлгө чапты эрендер, Буудан минген берендер, Мен баатырмын дегендер». «Эрөөлгө чыккан Карадөө, Белге чейин барды эми» («Семетей»).

ЭР САЙЫШ — жоокерчилик замандан бери аш-тойлордо ойнолуучу оюн-шоок, баатырлардын жекеме-жеке ат үстүндөгү эрөөлү. Аскердик демократия мезгилинде согуш маселеси негизги орундардын бирин ээлеп, ар кандай пикир келишпеген маселелердин көбү куралдын күчү менен гана чечилген. Натыйжада, аскердик дене тарбия берүү жоокерчилик коомунун негизги талабы болгон.



Баатырлардын Э. с-ы согуш мезгилинде гана эмес, атайын эрежеси иштелип чыгып аскердик оюн катары да аш-тойлордо өткөрүлгөн:

Күлүктөн тандап минишип,
Күрөөкө тондон кийишип,
Күчү менен тийишип,
Айтканына көнүшсүн
Ажалдуусу өлүшсүн,
Найза колго алышсын,
Арага сайыш салышсын (Сагымбай Орозбаков, 3. 229, 290), — деп эпосто сүрөттөлгөндөй аш-тойлордун шаан-шөкөттөрүнүн бири болгон. Э. с-тын жүрүшүн Көкөтөйдүн ашындагы Манас менен Коңурбайдын сайышынан көрүүгө болот.

ЭР ЭҢИШ — эки балбандын ат үстүндөгү алышуусу. Бул оюн-шооктун келип чыгуусу ат үстүндөгү салгылашуусунда куралынан тигил, же бул себеп менен ажырап калган жоокерлердин ат үстүндөгү кармашуусуна шартталган. Жоокерчилик заман үчүн бул алышуу өтө зарыл болгондуктан, бара-бара каршылаштардын бул алышуусу аскердик-прикладдык оюндардын катарына кирип, бүгүнкү күнгө чейин ойнолуп калган. Көкөтөйдүн ашындагы Чыноончу менен Шаңдөөгөрдүн эңищи мунун далили:

Алар эңиш салсын деп,
Чабендеси жеңсин деп,
Көкбөрү кылган улактай
Көрүнө аттан эңсин деп (Сагымбай Орозбаков, 3. 254— 255).

ЭРТИШ — эпизоддук кейипкер. Чынкожонун эки чоросунун бири. Токо менен Э-ти Чынкожо Тайбуурулду суратып Семетейге жиберет. Экөөнүн кастык менен келгенин билген Күлчоро менен Канчоро аларды сабап, беттерине тамга салып коё берет (Курама вариант, «Семетей», 140—146).

www.bizdin.kg

ЭРТИШ — топоним. Эпостун түрдүү окуяларында салттык түрдө айтылат. Манас төрөлгөндөгү тойго Э. дарыясынын боюндагы элди да чакыртат (Сагымбай Орозбаков, 1. 75). Көкчөгө келип туруп калган Алмамбет кытай-калмактан энчисин бөлүп алуу үчүн казактардан кол курап жолго чыгат. Кол Э-ти бойлоп жөнөйт (Сагымбай Орозбаков, 2. 238). Уркун, Эртиш эки суу, Калмактын жайы мына бу» (Сагымбай Орозбаков, 3. 260), — деп калмактар жашаган жер катары да эскерилет. Географиялык реалияда Эртиш Казакстан менен Кытайдан агып өткөн Обдун сол куймасы. Зайсан көлүнө куйганга чейин Кара Иртыш деп аталат. Негизинен Батыш Сибирь түздүгү аркылуу агат.

ЭСЕНКАН — каарман, эпосто душмандардын башкы каны. Э. кол баштабаса да эпикалык душмандарды, алардын жоокер — баатыр УРУУ башчыларын башкарып турган каны (кандардын каны). «Эзен» («ээ») таптык коомго чейин колдоочу рух маанисинде колдонулган (Мисалы, суунун ээси, тоонун ээси жана башкалар). Таптык коом пайда болгондон кийин социалдык мааниде («башкаруучу», «бийлөөчү») колдонулуп, феодалдык башкаруучулардын титулу катарында айтылган («элдин ээси», «мамлекеттин ээси», башкача айтканда «элдин же мамлекеттин бийлөөчүсү, башкаруучусу» деген мааниде колдонулган). Кийинчерек «Эсенкан» титулу моңгол тилинин айтылыш формасы (эсен-каан) боюнча «монарх», «император» деген мааниде да колдонулган. «Эзен» титулдук наамы мыйзам ченемдүүлүк боюнча моңгол элдеринин эпикалык чыгармаларынын (айрыкча баатырдык эпосторунун) башкы каармандарына титулдук эпитет катарында колдонула баштаган. Мисалы, Эзен Жангар, Эзен-богдо Жангар, Эзен-батырноён Жангар жана башкалар Бирок моңголдор «эзен», «богдо» деген титулдук наамдарды эпикалык каармандарга титулдук эпитет катарында колдонушканы менен алар «Эзен-кан» же «Богдокан» деп негизинен Кытай императорлорун айтышкандыгы тарыхый маалыматтардан белгилүү. Ч. Валиханов Орто Азия элдери (кыргыз, казак жана башкалар). Кытай императорун «Эсен кан» («Эжен-кан», «Ижен-кан») деп аташкандыгын жана бул терминди моңголдун «богдо-эзен» деген сөзүнөн өздөштүрүп алгандыгын белгилейт. Тувалыктар да Кытай императорун «Эзен-кан» дешкен.



Т. Курманов. Эсенкан ордосунда.

Казак элинин оозеки чыгармаларында Э. кытай императорунун синоними катарында айтылат. «Аркалык баатыр» аттуу тарыхый поэмада Аркалык баатыр Иртыш тарапта душмандын колуна түшүп калып, кытай императору Эжен-канга жөнөтүлгөндүгү баяндалат. «Манас» эпосунда да (Сагымбай Орозбаковдун вариантында) Эсенкан титул маанисинде колдонулат жана Кытай императоруна карата айтылат:

Башалуу журт болгон соң,

www.bizdin.kg

Бар доөлөтү толгон соң
Эркин жерди алгансып,
«Эсен кан» деп бирөөнү
Кан көтөрүп алгансып (Кол жазмалар фондусу, 1787-инв., 150-б.).

Э. «Манас» эпосунун бардык варианттарында туруктуу түрдө Бээжиндин (Түп-Бээжиндин, Чоң-Бээжиндин) каны деп аталат. Валиханов жазып алган эпизоддун текстинде «Түпкү кан» деген термин деле Э-га (Кытай императору) карата синонимдик мааниде «Түп-Бээжиндин каны» деген түшүнүктө колдонулган. «Манас» эпосунда Э. салт катары феодалдык доордогу монарх тибинде чагылдырылат, бул типтеги каармандар салт катары жоого аттанбайт. Мисалы, Түп-Бээжинде («Түп» — негизинен «ордо», «борбор» деген мааниде колдонулат) туруп, бардык иштерге буйрук берип турган жогорку башкаруучунун (монарх, император) ролун аткарат. Эпос боюнча Алтай жериндеги алгачкы казаттардын чыгышына жана татаалданып курчушуна түздөн-түз Э. себепчи болот. Анын буйругу менен бала Манасты кармап келүү үчүн бир нече жолу кол жөнөтүлөт. Алмамбет Бээжиндин кырк кандыгынын бирин берүүнү сурап Э-га кайрылат. Э. кол башчылардан Коңурбайды жактырып чекке (эпикалык Чет-Бээжин) кароол кылып дайындайт; негизги терс каармандар: Жолой, Коңурбай, Нескара жана башкалар бардык учурда согуштун жайын, болуп жаткан абал жөнүндө Э-га кабар (куштан кат, чабарман) берип турат; Чоң казатта жеңишке ээ болуп, Ажыбайды Э-га элчиге жиберет. Э. Манастын койгон талабына аргасыз макул болуп, аны Бээжинге (Чет-Бээжин) кан көтөрөт. Эпостогу Э. катышкан эпикалык кырдаалдар, анын жогорку бийликтеги (монарх) ролун көрсөтөт. «Кандардын каны» аталган Э-дын эпикалык образы эл массасын каалагандай эзүүгө багытталган деспоттун образы. Э-дын карапайым элге зулумдук жасоосу, наадандык иш-аракети, адамдык моралга сыйбаган, чектен ашкан мыкаачы кандардын кыял-жоругу мүнөздүү. Анын деспоттугу жаш балдарды курмандыкка чалып, өзү үчүн дарыгерлерге өлбөстүн дарысын жасатышы аркылуу берилет. Э. өзү атайы жортуулга чыкпаганы менен аны уюштуруучу катары эпосто көрүнүктүү роль ойнойт. Бала Манасты издетүүдө, тыңчылар жиберүүдөн тартып, Жолой менен байланыш түзүп, аны атайын күүлөп, Манаска каршы жөнөтүү иштеринин баарын Э. уюштурат. Эпостун кийинки окуяларында, айрыкча, «Чоң казатта» Э-дын негизги ролу сакталат, б. а. эпостун алгачкы окуяларынан тартып, аягына чейин ал башкы кан, баскынчылык согуштардын негизги уюштуруучусу.

М. Мукасов. С. Алиев

ЭСЕТ — этноним. Эпос боюнча казактардын бир уруусу. Мисалы, Көкчөнүн тегерегиндеги казак бийлери бузукулук кылып, чагым салып, Алмамбетти Көкчөгө ушактаган учурда:

Эсине албай эчтеме
Эр Алмамбет кириптир,
Эшиктеги ак таяк
Эсеттердин бөкөсү,
Эшик ачып ийиптир (Сагымбай Орозбаков, 2. 257),

— деп эскерилет.

ЭСИЛ— топоним. 14 жашка толгон бала баатыр Манас теңтуштары менен салбырынга Э-дин башы Боз-Дөбөгө барат (Сагымбай Орозбаков, 1. 216). Алмамбет баатыр Көкчөдө турган кезинде Алтайлык тыргоот калмактардын «Эсил менен Жалбыска» (Сагымбай Орозбаков, 2. 236) жайылган жылкысын тийип алып казактарды байытат. Айтылып жаткан Э. Жунгария менен Моңгол Алтайындагы жайлоолордун бири болу керек.

www.bizdin.kg
ЭСТЕТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨР «Манас» эпосунда. «Манас» эпосунда элдин көп кылымдык дүйнөнү туюу, таанып-билүү тажрыйбаларынан келип чыккан эстетикалык түшүнүктөр чагылдырылган. Кыргыз эли көп кылымдык тарыхый жолунда түрдүү турмуштук шарттарды башынан кечирип, албан түркүн тарыхый кырдаалдарга дуушар болуп, өзү дүйнөнү кабылдоосу, күлүк кыялдарын, мифологиялык түшүнүктөрүн жаратылышка жана турмушка болгон көз караштарын ушул улуу эпосунда сактап келген.

Ар бир тарыхында, эркиндик, көз карандысыздык үчүн күрөш элдин жаркын турмушка, жаркыраган келечекке умтулуусунун белгиси болгон. Бул тема «Манас» эпосунда эпосту баштан аяк тепчип өтөт. Ч. Айтматов: «Байыркы доордо, дүйнөлүк маданияттын кербен жолунан алыста, обочодо» айрыкча тарыхый шарттар менен, өзүнчө бир аймак менен чектелген кырдаалда жаралган бул эпос бизге эмнеси менен кандай асыл заты менен баалуу? Ириде айтылуучу сөз мындай: эпостун эң негизги идеясы, анын бүткүл «кан тамырын» аралап өткөн идея — адамзаттын жаралышынан бери адамды аздырып-тоздуруп, кубантып-сүйүнтүп, издентип, улам алдыңкы максаттарга умтултуп, адам чаалыгып, чарчап баратканда канат байлап, күч берип, дем берип келген өлбөс, карыбас идея. Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, пафосу эң негизги бир идеяны баштан аяк улап, өөрчүтүп-өнүктүрүп олтурат, ал эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы. «Манас» эпосунун өлбөс-өчпөстүгү, түбөлүктүүлүгү, дүйнөлүк баа жеткис маданий эстеликтердин катарынан орун алышы да ушул идеялык-эстетикалык касиетине байланыштуу» (Ч. Айтматов. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. Сагымбай Орозбаков, 1. 9). Эпосто Жер, Ата журт, Мекен жөнүндөгү асыл, бийик сезимдер да дал ушул идея менен бекем байланышкан. Жалпы эле чыгарманын мазмунунан, каармандардын аракетинен ачык байкалган баатырдык, эрдик, элге, жерге деген сүйүү, достук, бирде каармандык, бирде асылдык катары сүрөттөлөт. Мындай көрүнүштөр, түшүнүктөр асыресе негизги каармандарды — Манас, Семетей, Сейтекти жана башкалар сыпаттоодо даана байкалат. Маселен, Манаска карата колдонулган «айкөл», «кабылан», «арстан», «асыл» деген сыяктуу сыпаттардан анын асыл баатырдык сапаттары ачык көрүнүп турат. Ошол жоокерчилик заманда жоо менен тынымсыз кармашуулар мезгилинде Манасты ушундайча сүрөттөө жоокер элдин идеалын чагылдырган.

О. Исмаилов

ЭТНОГРАФИЯ (байыркы гр. этнос — эл жана графия — жазам) — элдердин этникалык өнүгүшүн, алардын келип чыгышын, каада-салтын, турмуш-тиричилигиндеги жана тарыхый-маданияттарындагы мамилелерин изилдей турган коомдук илим.

Э. илиминин изилдөө предметинин негизин — ар бир элге, өзүнө гана тиешелүү мүнөз бере турган, күнүмдүк турмушундагы салттык маданияты түзөт. Э-лык изилдөөлөрдүн башкы булагы — элдердин жашоо-тиричилигин түздөн-түз байкоо (стационардык жана экспедициялык жолу менен алынган маалыматтар) болуп саналат. Э. тарых жана археология илимдери менен байланышта элдердин этникалык тарыхын, алгачкы жамааттык коомун (азыркы элдердин арасында сакталып калган калдыктарды изилдөө боюнча) изилдейт. Экономикалык илимдер жана социология менен бирдикте элдердин чарбалык турмушун, социалдык түзүлүшүн, ал эми тил илими менен бирдикте тилдик байланыштарын, окшоштуктарын, карым-катнаштарын жана башкалар иликтейт. Э-нын дагы бир маанилүү булагы катары, элдердин байыркы мезгилдердеги турмуш-тиричиликтерин, маданияттарынын келип чыгуулары тууралуу материалдарды чагылдырган элдик оозеки чыгармачылык эсептелинет. Э-лык илимий көз караштa кыргыз элинин улуу чыгармасы «Манас» эпосу баа жеткис Э-лык булак катары кызмат кылат. «Манас» эпосунун баалуу Э-лык

www.bizdin.kg
булактыгынын маани баарынан мурда андагы кыргыз маданиятынын ар түрдүү мезгилдериндеги өнүгүшү жөнүндөгү маалыматтардын болушунда турат. Албетте, этнограф-тарыхчылар, фольклорчулар же адабиятчылар сыяктуу эле эпостогу бардык окуялар же Э-лык маалыматтар чыгармачылык менен кайра иштелип чыккандыгын, көркөмдөлүп ырга кошулгандыгын, кээде башка бир формага өтүп кеткендигин эске алышы керек. Бирок, ушул жагдайды эске алуу менен бирдикте эпостогу маалыматтар жалаң эле кыргыз элинин маданиятынын тарыхындагы жаңы баракталарды ачып бербестен, ошону менен катар этнографтар үчүн жалпы адамзаттын маданиятындагы байыркы элементтерди түшүндүрүүчү өзгөчө маанилүү материалдарды берет» (Абрамзон С. М. Киргизы...).

Кыргыз элинин башка элдер менен жүргүзгөн карым-катнаштары, этникалык байланыштары жөнүндө эпосто көптөгөн материалдар берилет. Мында байыркы Орто Азия, Волга-Урал боюндагы жана Түштүк Сибирь элдери менен болгон карым-катнаштары тууралуу айрым даректер чагылдырылат. Мисалы, эпосто төмөнкүдөй ыр саптары кезигет:

Кыргыздын байы Бактыгул
Жакын тууган мына бул
Казактан Үйшүн карыя
Алчын менен абагы,
Ата уулдан калганы.
Кыргыздардан Байжигит,
Кыпчактардан Таз чечен,
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойлордон Эр Эштек,
Түрктүн уулу Дамбылда,
Түмөнбайдан Абдылда... (Сагымбай Орозбаков, 1. 44).

Бул жерде кыргыздардын негизинен түрк урууларына кирген элдер менен (казак, кыпчак, ногой жана башкалар) болгон байланыштары сүрөттөлүп жатат жана алардын негизинен этногенездик жакындыктары жөнүндө айтылат: «Казак, кыргыз, катаган, Жедигер, нойгут, думара — Баарыбыз бир атадан» (Сагымбай Орозбаков, 3. 14).

Байыркы кыргыздардын өздөрүнө кошуна жашаган элдер жөнүндө жана алар менен болгон байланыштары тууралуу мындайча айтылат:

Калмактан тыргоот, шибээн бар,
Жегени бака, жылан — мар.
Кыргызга калба салбасын,
Кыжылдап жаткан кытайды
Чакырып ашка албасын (Сагымбай Орозбаков, 3. 15), же «Коңшу болуп мангулга Кор болду ногой уругу» (Сагымбай Орозбаков, 1. 75).

Эпостогу Э-лык маанилүү маалыматтардын бири — байыркы кыргыз элинин дүйнөгө болгон көз караштарын, түшүнүктөрүн, жаныбарлар дүйнөсү, адам коому, аалам жана башкалар жөнүндөгү ой-толгоолорун чагылдырып турган мифтик түшүнүктөр арбын кездешет (к. *Миф, Мифология).*

Эпосто кыргыз элинин байыркы кездеги диний түшүнүктөрүнө тиешелүү даректер да бар. Көчмөнчүлүк менен кесип кылган элдерде коомдук өнүгүү жай болуп, алардын арасында алгачкы жамааттык коомго таандык болгон диний ишенимдер көптөгөн кылымдар бою сакталып калган. Негизинен көчмөндөрдөгү мындай ишенүүлөр жаныбарларга жана жаратылышка сыйынуу болуп эсептелинет. Байыркы көчмөн түрк урууларынын алгачкы диний ишенүүлөрүн изилдөөдө «Манас» эпосу өзгөчө кызмат кылат, бирок кыргыз эли ислам динин

www.bizdin.kg
мындан жүздөгөн жылдар мурун эле таанышкан, ошондуктан кийинки манасчылардын айтуусу боюнча бизге жеткен эпостун варианттарында ислам дини үстөмдүк кылат. Эпостогу айрым сүрөттөөлөрдө ислам динине чейинки диндик түшүнүктөрдү чагылдырган маалыматтар да кездешет:

Кайып эрен-кырк чилтен
Канкор эрдин жолдошу,
Кырк чилтендин бирөөбү
Ажыдаар болуп сойлошу,
Кабылан бири, бири шер,
Кашында бар сексен төрт,
Бири миңге тийген эр (Сагымбай Орозбаков, 2. 186—187).

Бул ыр саптарында кыргыздардын «кырк чилтенге» байланышкан байыркы диндик түшүнүктөрү көрүнүп турат. Эпосто тотемизмдин калдыктары ачык байкалат. Аларга «Манастагы» жаныбарлардын колдоочулары Ойсул-Ата (Желмаян), Камбар-Ата (Камбар боз) же болбосо баатырларды колдоп жүргөн кабылан, шер, алп кара куш жана башкалар ушундай сыяктуу кирет. Ушундай эле эпостогу тотемдик түшүнүктөрдүн бири — жапайы жаныбарлардын ээси — кайберен:

Аска бийик зоосу көп,
Тар капчыгай коосу көп,
Курбусунда кулжа бар
Кайыптын баары мында бар (Сагымбай Орозбаков, 2. 169).

Кыргыздардын ислам динине чейинки диний ишенимдеринде ата-бабаларынын арбагына сыйынуу (анимизм) дагы өтө күчтүү болгондугун «Манас» эпосу далилдеп турат. Мындан арбакка ишенүү жөрөлгөлөрү эпосто кеңири кездешет. Манастын төрөлүшүндө, анын ата-энесинин түшүндө, алар уулдуу болорун жана аны арбак колдоп жүрө тургандыгы жөнүндө аян берилиши же Каныкейдин Тайторуну чапканда, атты Манастын өзүнүн жана анын чоролорунун арбактары сүрөгөндүгү жана башка ушундай сыяктуу көптөгөн мисалдарды көрсөтсө болот.

Мындан тышкары алгачкы жамааттык коомго тиешелүү диний ишенимдердин дагы бир формасы сыйкырчылыкка, кереметтүүлүккө ишенүү (магия) да эпостун ыр саптарында бар. Мисалы, эпостогу кээ бир согуштук эпизоддордо Аяш, Күйөш аярлардын (сыйкырчылардын) ар түрдүү айла-амалдар менен кубулуп кетиши же Айчүрөктүн перинин кызы болушу же эпостогу негизги каармандардын бири Алмамбет баатырдын күндү жайлашы сыяктуу окуялар буга мисал боло алат. Эпосто Алмамбеттин күн жайлашы мындайча сүрөттөлөт:

Сандыргалуу Алмамбет
Жай ташын сууга байлады.
* * *
Алакең жайы мына бул:
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Туурадан туман дүркүрөп,
Кыбыладан караса
Кызыл мунар күркүрөп,
Аязына чыдабай,
Адамдын баары зиркиреп... (Сагымбай Орозбаков, 4. 158).

Эпосто кыргыз элинин байыркы мезгилдериндеги материалдык маданиятын чагылдырган көркөм сүрөттөөлөр да арбын. Аларга кыргыз элинин жашоо-

www.bizdin.kg
турмушунда пайдаланышкан боз үйлөрүн жана алардын жасалгаларын, ат-жабдыктарын, кийим-кечектерин, эмгек куралдарын, тамак-аштарын, ошондой эле согуштук куралдарын жана башкалар чагылдырган сүрөттөөлөрдү кошууга болот.

Эпос кыргыз элинин байыркы кездердеги каада-салттарын изилдөөдө да көрүнүктүү орунда турат. Манастын төрөлүшү, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашы сыяктуу эпизоддордо кыргыз элинин каада-салттарын даана жана так чагылдырат. Эпосто кыргыздарда байыртадан эле «сүйүнчүлөө» салты болгондугу кездешет. Манастын төрөлүшүнө байланыштуу «бала тою» кеңири чагылдырылат. Каныкейге үйлөнүүдө кудалашуу, калың берүү, үйлөнүү тою сыяктуу байыркы каада-салттардын элементтери кездешет. Эпосто өлүк коюу, аш берүү же болбосо кан көтөрүү салттары да бар. Кыргыз элине таандык эски салттардын бири «эмчектеш тууган» болуу эпосто мындайча берилет:

Кубанып Алмаң титиреп,
Байбиченин эмчеги
Чийдей болуп зиркиреп,
Тамырынын баарысы
Ташып кетти диркиреп.
Балам, Манас, келгин деп,
Бала күндө эмдиң деп,
Сен эмгенсиң мурун да,
Баштап ээмп бергин деп
Байбиче айтып салганы,
Мамаңды эне, бергин деп
Алмамбет чуркап барганы (Сагымбай Орозбаков, 2. 336—337).

Эпос элдик оюндар жөнүндөгү Э. үчүн эң маанилүү көптөгөн материалдарды камтыйт. Андагы кездешкен оюндардын көпчүлүгү азыркы мезгилде да сакталып калган. Мисалы, «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунда байыркы мезгилдерде эле кыргыз эли «ат чабыш», «найза сайыш», «күрөш», «жамбы атыш» сыяктуу элдик оюндарды өткөргөндүгү белгиленет. Мындан сырткары эпосто кеңири кездешкен элдик оюндун бир түрү — ордо болуп эсептелинет:

Калабалуу Кыргылчал
Ордодон оюн салганы,
Оёндордун баарысын
Чакырып жыйып алганы.
* * *
Тозулган болсо ойнуңар,
Томпойду жерге коюңар.
Апылдап жүрүп баарыңар,
Аңдабай таштап салдыңар
Атылбай калды каныңар (Сагымбай Орозбаков, 4. 180— 181), — деп сүрөттөлүп, мында «Ордо» оюнунун ойноо тартиби жөнүндө да, эң кылдаттык менен майда-чүйдөсүнө чейин даана берилет. Ушундай эле элдик оюндардын башка бир түрлөрү «чакмак таш» («топ таш»), «тогуз коргоол» («тогуз кумалак») жана бизге жетпей калган «чатыраш» (байыркы шахмат оюну) оюндарын да ойношкондору кездешет:

Кыркың кызык ойнотуп,
Чатыраш ойнун салыңар,
Тогуз, онуң биригип
Тогуз коргоол алыңар.
Жыйылып алып жыйырмаң,

www.bizdin.kg

Топ таш — чакмак алыңар (Сагымбай Орозбаков, 2. 304).

«Эр эңиш», «көк бөрү» («улак тартыш») сыяктуу ат үстүндө ойнолуучу оюндар байыркы көчмөн урууларында эзелтен бери эле ойнолору «Манас» эпосунан көрүнөт.

«Манас» эпосунда кездеше турган дагы бир Э-лык тема элдик билимдик түшүнүктөр болуп эсептелинет. Кыргыз элинин илгерки замандарда эле табиятка жана андагы кубулуштарга, жаныбарлар дүйнөсүнө жана башкалар ушундай сыяктуу болгон өздөрүнүн түшүнүктөрү, ой жүгүртүүлөрү, билими болгондугуна «Манас» эпосу күбө болот.

Кыргыз элинин тарыхын изилдөөдө «Манас» эпосу этнографиялык булак катары маанилүү орунда турат.

Р. Жолдошев

ЭЧКИЛИК — топоним. Көкөтөйдүн ашында кытай-калмак байгеге зордук кылып, уруш чыгып кеткен эпизодду баяндаганда эскерилет:

Четине чыгып кеткенче,
Терс-Маёодон өткөнчө,
Эчкиликтин эки чат
Эптеп ошо жеткенче (Сагымбай Орозбаков, 3. 276).

Географиялык жактан караганда Иленин чөлкөмүндөгү тоолу аймак.

ЭЧКИЛИКТИН КАРА-ЗООСУ — топоним. Канымкей Манас баатырдын керээзи боюнча сөөгүн көмгөнүн душман көрүп ачып албасын деп Урум элинен жетимиш балбан алдырып эч адамга көрсөтпөй ооз жагына жалгыз киши гана баткыдай кылып, асты чирип кетет деп арчанын күлүн төктүрүп Манаска жай каздырган жер (Саякбай Каралаев, «Семетей», 2. 240).



Эчкиликтин кырка тоосу (Талас өрөөнү).

Географиялык реалияда Талас өрөөнүнүн түндүк-батышында. Кыргыз Ала-Тоосунун батыш учуна жарыша жаткан бөксө тоо.

ЭЧКИ-ӨЛБӨС — топоним. Манасты дарылап, Суусамыр бойлоп келе жаткан Канымкей басып өткөн тоо (Курама вариант, 1. 281). Текес кан жигиттерин жоонун келер жолун карап келүү үчүн Э.-Ө-түн тоосуна чалгынга жиберет (Сагымбай Орозбаков, 2. 35). Молто, Алооке баш болгон кара кытай баскынчылары Жакыпты кырк үйлүү кыргыз менен Алтайга айдаганда, алар Э.-Ө-ту ашып өтүшөт (Саякбай Каралаев, 1. 36).

ЭШИМБЕКОВ Имаш [1939, Чүй районундагы Кегети (Чапаев) айылы —1992, Бишкек шаары] — кыргыз совет артисти. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1988). Ташкендеги Островский атындагы театр өнөр институтун бүткөн (1962). 1962-жылдан Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында иштейт. Эмгек жолун Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» спектаклинен Дүйшөндүн ролун аткаруудан баштаган.

www.bizdin.kg



И. Эшимбеков — Алмамбет. «Айкөл Манас» драмасы, 1990.

Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1982) спектаклинен Көбөштүн, «Сейтек» (1987) спектаклинен Канчоронун, «Айкөл Манас» (1990) спектаклинен Алмамбеттин ролдорун аткарган.

ЭШТЕК — этноним. Көкөтөйдүн ашында Э-тер бир канча жолу эскерилип кетет. Көпчүлүк учурда «Эштектердин Жамгырчы» деп уруу (эл) катары айтылат, кай бирде «Эштектин уулу Жамгырчы» деп, анын атасынын аты катары да учурайт. «Манас» эпосунун негизги варианттарында элдин аты болуп айтылат: «Кыпчактан келди Элеман, Эштектен келген Жамгырчы» (Сагымбай Орозбаков, 3. 61). Э-тер көбүнчө катаган, казак, кыпчак менен катарлаш аталат. Жамгырчы болсо ошол өзүнчө элдин каны катары көрсөтүлөт.

ЭШТЕК — каарман, Жамгырчынын атасы. Ногой уруусунун карысы. Эпостогу элдин жай турмушун баяндаган окуяларда дайыма айтылат. Сагымбай Орозбаковдун вариантында Манастын таятасы.

Ю

ЮДАХИН Константин Кузьмич (1890, Орск шаары—1975, Фрунзе) — советтик түрколог, лексикограф, түрк лексикографиясына негиз салгандардын бири. Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1940), Кыргыз ССР Илимдер академиясынын академиги (1954), Өзбек ССР Илимдер академиясынын корреспондент мүчөсү (1952), филология илиминин доктору (1948), профессор (1940). Ташкендеги Түркстан мугалимдер семинариясын (1910), Түркстан чыгыш институтунун түрк жана иран филология факультетин бүткөн (1925).



В. В. Бартольд, Е. Д. Поливанов, П. А. Фалев, Е. Е. Маловдон таалим алган. 1944-ж. Кыргыз ССРинин чакыруусу боюнча Фрунзеге келип, өмүрүнүн акырына чейин илимий-педагогикалык ишин ошол жерде өткөргөн. Ю. түрк тилдеринин кыйласынын лексика, диалектология, грамматикасын, жазмасын изилдеген, сөздүктөрүн түзгөн жана редакциялаган. Булардын ичинен Ю-дин кыргыз лексикасын жыйнап, сөздүктөрүн түзүүгө, тилин изилдөөгө кошкон салымы

www.bizdin.kg
орчундуу орунду ээлейт: «Кыргызча-орусча сөздүк» (1940, 1965), «Орусча-кыргызча сөздүк» (1940, 1956) түзгөн. Анын 1965-ж. чыккан «Кыргызча-орусча сөздүгү» улуттук оригиналдуу түзүлгөн бирден-бир мыкты лесикографиялык эмгек катары бааланат. Ю. «Манас» эпосунун миңдеген сап ырынын орусча котормосун редакциялаган, «Манастын» курама вариантынын төрт китебине (1958—60) этимологиялык комментарий жана эскертме жазган. Ошондой эле тил боюнча изилдөөлөрүндө «Манас» эпосун булак катары кеңири пайдаланган.

А. Абилов

ЮМОР (латынча humor — тамашка, азил маанисинде) — жеңил, жайдары күлкүлүү мыскыл менен сүрөттөө ыктарынын бир түрү. Ю. сатира, ирониядан көңүл ачар күлкү чыгарып, кишиге жагымдуу таасир эткени менен айырмаланат. Ю-дун элементтери манасчылардын бардыгында бар, өзгөчө Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда арбын. Мисалы, Карабөркkө көзү түшүп калган Манас аны ала элек жатканда эле атасына күйөө бала сыяктуу ызат көрсөткөндүгү үчүн Бакай шакаба кылат. Канykейге куда түшкөндөгү ат чабышта Манас Аккула менен эң акырында келет. Ошондо Канykей Манаска утурлай чыгып күлкү менен какшык мүнөздө тамаша жөнөтүп: «Күлүк экен атыңыз», — деп аттан түшүрүп алат. Эпосто кала берсе Манастын өзүн күлкү кылууга да жол берген. Манастын кырк чоросу кээде Манастын өзүн да мыскылдайт. Мындай мыскыл Семетей эпосунда да бар. Зордук менен Айчүрөктү алам деп келген Толтой Семетей эмес Күлчородон качып бара жатканда Айчүрөк мунаранын үстүнөн жайдары күлүп айрөктөп:

Тогуздагы баладан
Томпулдап качып алгыча,
Тоодой Толтой өлсөңчү!
Кыямат жүзүн көрсөңчү!
Баатыр сендей болобу
Бапылдаган бадирек

Сени баатыр деген оңобу?!— деп мыскылдайт. Ю. эпосто Манастын, анын чоролорунун же душмандарынын кулк-мүнөзүнө, иш-аракетине жараша берилет. Жакып куда түшүп Караканга барганда Жакыпты качыруу үчүн Каракан эсеп жеткис мал, дүйнө, ал гана эмес «жолборстон берсин жетини», «шерден берсин экини» деп калың салат. Манас баатыр тоо-таштагы жапайы жандыктарды Букарга сүрүп барат. Жырткыч жаныбарлар шаарды тебелеп кете турган болгондо айласы кеткен Каракан кайра жалына:

Коркуп калдым жанымдан,
Өлтүрөт деп тебелеп
Айдап келген малыңды,
Айдап кеткин аныңды,
Кагылайын бай Жакып
Коё көргүн жанымды (Сагымбай Орозбаков, 2. 261-б.).

Күрөшкө түшөр алдында Кошой боюмдун курушканын жазып бергиле деп жатып берет. Анын жонуна а дегенде эле алты, анан тогуз, анан он алты киши чыгып белин тебелейт. Аны көргөн Каманбек калмактарга мындай деп барат:

Күжүңдөгөн бурутту,
Дүнүйөдө көрбөдүм,
Мындай арсыз журутту.
Чалынын шору катты деп
Өзүлөрү тепкилеп

www.bizdin.kg
Өлтүргөнү жатыр деп (Сагымбай Орозбаков, 3. 217).
Ю. эпосто каармандардын, алардын иш-аракети, кулк-мүнөзүнө жараша берилет. Алар Ороңгунун опсуздугуна, ачкөздүгүнө жараша же Кыргылчалдын жолдо жүрө албай калганы, он башы Тазбайматтын он адамдын ичинен Манасты унутуп калганы жумшак Ю. менен баяндалып күлкүгө алынат.

Х. Бапаев

ЮНУСАЛИЕВ (Жунушалиев) Болот Мураталиевич [1913, азыркы Кемин району, Кичи-Кемин (Үч-Урук) айылы — 1970, Фрунзе] — кыргыз тил илимин негиздөөчүлөрдүн бири, түрколог, «Манасты» изилдөөчү, коомдук ишмер. Кыргыз Илимдер академиясынын академиги (1954), филология илиминин доктору (1954), профессор (1954), Кыргыз ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери (1963). 1945—51-ж. Кыргыз ССРинин элге билим берүү министри, 1954—60-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору. 1965—70-ж. Кыргыз Илимдер академиясынын «Манас» секторунда улук илимий кызматкер. 109 илимий эмгектин автору.



«Манас» эпосунун орчундуу проблемаларын изилдөө ишине эпоско байланыштуу талаш-тартыштар кызуу жүрүп жаткан мезгилде — элүүнчү жылдардын баш чендеринде киришкен. Окумуштуу бул мезгилдеги изилдөөлөрүндө негизги көңүлдү «Манас» эпосунун келип чыгышы жана анын мазмуну чагылдырган доордун мүнөзү сыяктуу маселесине буруп, чыгармага бааны ал пайда болгон доордун мүнөзүнө карата берүү зарыл деген талапты койгон. Ушул ойду «Манаска» арналган биринчи эмгеги ««Манас» эпосунун доору жана келип чыгышы жөнүндө маселеге карата» деген макаласында («Кызыл Кыргызстан», 1952, 12-май) чагылдырган. Ушул эле макала «К вопросу об эпохе и возникновении эпоса «Манас»» — деген ат менен «Советская Киргизия» газетасына да (1952, 23-май) жарыяланган.
Ю. «Манас» эпосун изилдеп үйрөнүүгө арналып 1952-ж. Фрунзе шаарында өткөрүлгөн илимий конференцияда «Манастын» элдүүлүгүн тануу аракетин көргөн айрым докладчыларга, жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөргө катуу каршы чыккан (к. *Конференция),* эпос боюнча өзүнүн мурда жарык көргөн макалалардагы ойлорун тактап, кеңейтип баяндаган.
«Манас» конференциясынын чечимдерине ылайык эпостун курама вариантын түзүп, басмага даярдоого жетекчилик кылып, анын башкы редактору болгон.
Ю-дин «Манас» эпосунун доору, келип чыгышы жөнүндөгү иликтөөлөрү кеңейтилген түрдө эпостун курама вариантынын кириш сөзүндө берилген. Кириш сөздө автор тарыхый лингвистикалык жана башкалар маалыматтарга таянып, «Манастын» чыгышына себеп болгон шарттар деп кыргыздарга каршы кара кытайлардын — кидандардын баскынчылык чабуулун 9—11-класстардын арасындагы окуяларды эсептейт.
«Манастын» курама вариантын түзүүнүн тажрыйбасынын урунттуу учурлары Ю-дин ««Манас» эпосунун кошмо вариантын түзүүнүн тажрыйбасы жөнүндө» (Об опыте создания сводного варианта эпоса «Манас») деген Кыргыздын баатырдык

www.bizdin.kg
эпосу «Манас» («Кыргызский героический эпос «Манас»», 1961) аттуу жыйнакта жарык көргөн көлөмдүү илимий макаласында баяндалган.



«Манас» эпосунун курама вариантын Кыргыз ССР Тил жана адабият институтунда талкуулоо, 1956.

Ю-дин орус тилинде Фрунзе шаарында 1968-ж. жарык көргөн ««Манас» кыргыз элинин баатырдык эпосу» («Манас» героический эпос кыргызского народа», Фр., 1968) аттуу жыйнакка кирген көлөмдүү макаласы «Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас» («Киргизский героический эпос «Манас»») деп аталат.

Бул эмгегинде автор кыргыздардын ар түркүн оозеки чыгармачылыкка бай экендигин белгилеп, ошол бай мурастын ичинде өзгөчө орун ээлеген зор көлөмдүү «Манастын» жалаң ыр түрүндө түзүлгөндүгүнө көңүл буруп, бул көрүнүш элибиздин көркөм сөзгө, айрыкча ырга бөтөнчө көңүл бөлүп, чоң маани бергенинин далили экендигин белгилейт. «Манастын» дүйнө элдеринин бул чыгармаларынын арасында көлөм жактан теңдеши жоктугун фактылар менен көрсөтө келип, мындай абалдын сыры эмнеде экендигине кенен токтолот. Эпостун көөнө мүнөзүн ачып, ал адегенде көлөмү чакан, кара сөз түрүндөгү чыгарма болушу ыктымал деген божомолду айтып, ошол баяндын бара-бара кеңейтилип, бутактанып, көптөгөн башка чыгармаларды ичине сиңирип, көптөгөн доор, мезгилдердин изин камтып, маалыматтары менен байып, циклдештирилип, уландылары пайда болуп отуруп бүгүнкү көлөмдүк, көркөмдүк деңгээлине жеткен жолун белгилейт. Эпостун үч бөлүмүнүн сюжеттик схемасын ирети менен баяндап, талдоо жүргүзөт, окуялардын түрдүү варианттарындагы айырмачылыктарына көңүл бурат, эпостун башкы темасы менен идеясына, каармандардын образдарына мүнөздөмө берет, чыгарманын көркөмдүк касиеттерине, тилине байланышкан ойлорун айтат. Ю. 1966-жылдан тартып «Манас» секторунда илимий консультант милдетин өтөп жаткан мезгилде «Манасты» кыргыз жана орус тилдеринде Москвадан илимий негизде бастырып чыгаруу, Сагымбайдын, Саякбайдын варианттарын жарыялоо иштерине активдүү аралашкан, сектордун бул багыттагы аракеттерине колдоо көрсөтүп, өз илимий аброю менен таяныч болгон, ал иштердин ийгиликтүү жүзөгө ашырылышын түздөн-түз Ю-дин атына байланыштырууга болот. Ю. «Манасты» илимий принциптерге ылайык бастыруунун негизги жоболорун иштеп чыгууда, эпостун орусча кыргызча тексттерин бастыруу үчүн түрдүү варианттардан окуяларды тандап алууда консультант гана болбостон активдүү аткаруучулардын биринен да болгон. Ушуга ылайык сектордун чечими боюнча ал адамдын ысымы эпостун орусча-кыргызча басылыштарынын бардык китептеринде түзүүчүлөрдүн бири катары көрсөтүлүп келе жатат.

«Манастын» тексттерин басмага даярдоодо Ю. мурда жарык көргөн курама вариантта кетирилген илимдик принциптерге туура келбөөчү кемчиликтерди

www.bizdin.kg
кайталабоо боюнча көрүлгөн сектордун далалатын толук колдогон жана өзү баш болуп бул багытта активдүү аракеттенген.

С. Мусаев

ЮСУПОВ Султан (1918, Сокулук району, Таш-Булак айылы) — хор дирижёру, педагог. Кыргыз ССР эл артисти (1967). Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер (1958), профессор (1977). Москва консерваториясынын хор дирижёру бөлүмүн бүтүргөн (1950, профессорлор А. Свешников, Г. Соколов, А. Хасановдун класстары боюнча).



1938—45-ж. Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында хор артисти, 1952-ж. башкы хормейстер, 1970-ж. дирижёр. Бир топ операларды коюуга катышкан. Алардын башкысы «Айчүрөк» (1939), «Манас» (1946) операларынын хорлорун да даярдаган. «Айчүрөк» операсына увертюра, кириш бөлүм катары оркестр пьесасын жазган. Мында операнын идеялык мазмунун, сюжеттик багытын, драмалык чечилишин, образдардын эмоциялык сезимин угуучуларга жыйынтыктуу жеткирет. Бул увертюра «Айчүрөк» операсынын негизги лейтмотивин түзөт. «Айчүрөк» операсы хордук аткарууга өтө бай. Акункандын ордосу, анда «Душманга толду жерибиз» деген элдик ырдын мотивинде жазылган хор менен көшөгө ачылып, «Эркиндик эже асманда» деген элдик ырдын мотивиндеги хор менен опера аяктайт. «Манас» операсынын экинчи редакциясы да бир топ элдик обон, күүлөр менен толукталган хорлорго бай. Мында Ю. А. Огонбаевдин «Күйдүм чок» ырынын обонун операнын увертюрасына, андагы хорлорго пайдаланган.

Ю. бул опералардан тышкары бир топ хордук чыгармалардын автору. 1958—70-жылдары В. В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогика институтунда иштеген. 1967-жылдан Кыргыз мамлекеттик искусство институтунда хормейстрлерди даярдап эмгектенүүдө. Эмгек Кызыл Туу ордени жана медалдар менен сыйланган.

Ж. Сагынов

Я

ЯГЛАКАР — 1940-жылдардын башында тарыхчы А. Н. Бернштам Манастын прототиби катары көрсөткөн ысым. Суджи деген жерден (Чыгыш Моңголия) табылган байыркы кыргыз жазмасындагы текстте: «Уйгур жерине Йаглакар кан ата келдим. Кыргыз уулумун. Мен, Бойла, даражалуу сотмун» (Орхон-енисей тексттери, 1982, 190-б.) деп жазылган. А. Н. Бернштам ушул тексттеги «Иаглакар кан» деген ысымды байыркы кыргыздардын жолбашчысы деп эсептеп, эпикалык Манастын прототиби катары карайт. «Эпикалык «Манастын» негизинде жүргүзгөн согуштук күрөштөрү боштондук жана прогрессивдүү мүнөздө болгон 820—847-жылдардагы кыргыздардын жолбашчысынын конкреттүү-тарыхый

www.bizdin.kg
образы турат. Шексиз, мындай көрүнүктүү тарыхый фигура (биз Яглакар деп эсептеген) элдин эсинен өчүп жок болуп кетиши мүмкүн эмес, — деп белгилеп келип, төмөнкүдөй корутунду чыгарат. Ушул 820—847-жылдардагы кыргыз урууларынын эркиндик үчүн жүргүзгөн күрөштөрүнүн байыркы этабы — эстеликтин юбилейлик датасын аныктайт». 1940-жылдардын башында ушул сыяктуу көз караштардын негизинде «Манас» эпосунун 1100 жылдык мааракесин 1947-ж. өткөрүү маселеси көтөрүлгөн. М. Ауэзов да бул пикирди кубаттап: «Уйгур кандыгын басып алуучу жөнүндө болсо, ал 847-ж. өлгөндүгү гана белгилүү. Биз Манасты Бей-Тинди басып алган аскер башчы же ажо болгон деп эсептейбиз», — деп жазган.

Белгилүү түрколог С. Е. Маловдун А. Н.Бернштам Суджи жазмасынын тексттин которуу менен аны бурмалап, туура эмес түшүнүк берген деп көрсөткөн рецензиясынан (Известия АН СССР, отд. Языка и литературы, т. VI. вып. 2. 1947. 15-б.) кийин мааракe өткөрүү маселеси токтотулуп калган.

Э. Абдылдаев

ЯКУБ-БЕК — кейипкер. «Мажму ат-таварихте» («Тарыхтар жыйнагы») Талас чөлкөмүндө жашаган Каркара (Каркыра) уруусунун (кээде Каркара адамдын аты катары да айтылат) башчысы жана Манастын атасы. Кол жазмада Каркара Кара-Кышлакка барганы, бир уулдуу болуп, ага «Якуб-бек» деген ысым беришкени, Якуб-бектен төрөлгөн уулдун ысымын Манас коюшканы (38-б.) айтылат.

Манас Таластын баш жагында жүргөн кезде, калмактардын башчысы Жолой аскери менен Кара-Кышлакка келип «Я.-б-тин элин талкалап, өзүн туткундап көлдү карай жөнөйт. Я.б-тин бир тууганы Карнас (Карунас, Карунас Кара) качып кутулуп, Манаска кабар берет. Манас кырк жигити менен төрт күндө кууп жетип, Жолойду өлтүрүп атасы Я.-б-ти куткарып алып, кайра Таласка келет.

Бул «Манас» эпосуна тиешелүү 16-кылымдын башында жазылып калган материалды тарыхый жактан иликтей келгенде Караханийлердин доорундагы окуяларга (10—11-кылым) байланыштуу экендиги ачык көрүнөт. Анткени, эпикалык Манастын атасы Я.-б., анын бир тууганы Карнас 11-кылымдын башындагы жашаган тарыхый реалдуу адамдар болгон. Мисалы, араб тарыхчысы ибн-ал-Асирдин жазган маалыматтарында Караханийлердин доорунда Ат-Башынын акими Йакуб (Йакуб-Тегин) менен Кашкардын башкаруучусу Харун Буурахан бир тууган адамдар болушкан (Материалы по истории киргизов и Киргизии, вып. 1. 1973, 62—63-б.). Айрым «Манас» иликтөөчүлөр (А. Тагиржанов, Э. Абдылдаев) ушул тарыхый маалыматтарга таянып, эпостун алгачкы тарыхый негизи Караханийлер доорунда (10—12-кылым) пайда болгон деген көз карашты айтышат.

Э. Абдылдаев

ЯРУПА (Европанын кыргыз тилинин өзгчөлүгүнө ылайык айтылышы) — топоним. Эпос боюнча кыргыздардан алыста жаткан өлкөлөрдүн бири. Сагымбай Орозбаковдун вариантында «Манас баатырдын Ярупага барган жетинчи казаты» деген өзүнчө эпизод бар (Сагымбай Орозбаков, Кол жазмалар фондусу, 582-инв., 647—803-б.). Манас бул казатында англис, параң, голландия жана башкалар бир катар элдер менен беттешет. Сагымбай сабаттуу адамдардан уккан кабарлары боюнча Европадагы белгилүү элдерди катыштырып, бул эпизодду оюнан чыгарып, эпоско кошкон.

КОШУМЧА

АККУЛАНЫН БУЛАГЫ — Кара-Кулжа районунун Ажике айылынын Ак-Башат жайлоосундагы булак. Элдин айтымына караганда Манас кырк чоросу менен казатта жүрүп, Алайдан Кара-Кулжага ашып келе жатканда абдан суусайт. Аттары

www.bizdin.kg
да суу ичпегени көп болот. Манас кайсы жерде булак бар болду экен деп дүрбү салып жатканда минген тулпары Аккула жерди жыттап туруп чалгып-чалгып алган экен. Ал жерден оргуштап билектей суу атып, чыгат. Ошондон улам ал булак — «Аккуланын булагы» аталып калган имиш.

АНДАКЕН — «Манас» эпосунда Алооке кан Анжиянды ээлеп турганда кыргыздарды Андакенге сүргөндүгү жана Андакен темир иштетилген жер катары айтылат. Азыркы күндө Андакен Баткен районундагы кенен жайлоо, мезгилинде айыл-кыштактар болгон. Рават кыштагынын чыгыш жагында.

АСТИ ДӨҮТ — «Асти» — негиздөөчү, башаты деген мааниде. Элдик уламышта темир усталардын пайгамбары Асти-Дөүт деп айтылат. «Асти-Дөүт» мазары Лейлек районунун Козу-Беглан суусунун боюнда, Андакендеги Ак-Тумшук кени, Болот кудуктун күн батышында бир тилкеде жайгашкан.

БААТЫРЛАР КҮМБӨЗҮ — Кара-Кулжа районунун Тар дарыясынын оң жээгиндеги Тастар-Ата борук жарынын түбүндө жайгашкан күмбөздөр тобунун аты. Бул күмбөздөргө казатта курман болгон баатырлар — Чубак, Сыргак, Серек коюлгандыгы жөнүндө эл ичинде уламыш бар.

БАЙТАК — Баткен районундагы Бужум кыштагынан түштүгүнөн 5 *км.* «Байдын тагы» деген маанини берет, Жакыптын агасы Байдын жайгашкан конушу деп божомолдонот. Жакып-Конушу күн чыгыш тарабында.

БАКАЙ-ДӨБӨ — Кара-Кулжа районунун Кара-Кулжа, Ылай-Талаа айылдарынын ортосундагы белде турган чоң дөбөнүн аты. Бакай ушу дөбөгө чыгып Алайкуу, Кара-Кулжа өрөөндөрүн, Ажыке, Алтын-Күрөк жайлоолорун кароолдоп, карап турчу экен деп айтышат эл.

БАКАЙ-КОРГОН — Баткен районундагы Ак-Сай айыл чарба кооперативинин Гаробшан жайлоосунда, Гаробшан дарыясынын боюнда. Узун-туурасы 80Х 70 *м.*, калыңдыгы 2 *м*. келген таш коргон. Ак-Сай кыштагынын түштүгүндө.

БАКАЙ-САЙ — Баткен районундагы Андакен жайлоосунун күн чыгышында. Б.-С. менен Кароол-Дөбөнү Жол-Таңги деген жол, сай туташтырат. (1958-ж. Кыргызпроект картасы, 1:10000).

ДАИРБЕК (Жалал-Абад облусунун, Сузак району, АкТоок айылы, 19-кылымдын 2-жарымы, 20-кылымдын башы) — манасчы. Анын айткан «Манасы» жазылып калбаган.

Эл оозунда айтылып жүргөнүнө караганда Д. чоң манасчы болгон өңдөнөт. Ал мурду менен сүйлөгөн адам экен. «Манасты» узартып айтканда добушу кадимкидей шаңкылдап ачылып кетер эле», — дешет анын айтканын уламалап укандар. Баатырбек датка жанына алып отуруп, 7 күн айттырып, «Манасың» түгөндүбү?» — десе. «Ээ датка, 40 күн, 40 түнү айтсам да түгөнбөйт», — деп жооп берет. Ошол жыйынга Мавлан аксакал катышкан. Д. өзү ат жалында ойногон чабандес жана баатыр болгон. Ар кандай азоого ыргып минип кетсе жыгылбаган. Аркандын учуна муштай таш байлап жылкыны жандап чаап баратып ыргытканда мойнуна оролуп, жетеленип кете берчү экен. Кулмурзанын чоң токоюнан Күрөбөс менен Чал-Жайлоонун ортосундагы Алыкулдун Жакшынасы 150 чакырымдай. Алыкулдун Жакшынасында кечке маал ажынын дааратына суу даярдайт. Ажы намаз окуп, уктагандан кийин Д. Сары-Камыштан бир үйүр жылкы тийип келип, Кулмурзанын Чер токоюна бекитет. Эртең менен ажынын дааратына суу куят, намаз буткөн кезде доочу-куугунчулар келип: «Ажы аке, жылкынын изин кууп келип, ушерге такалдык. Жылкыбызды кайтарыңыз», — дейт, Ажы: «— Ушул Даирбек алса, мен жанымды берейин», — деп жибергенде Д. секин белги берип, «карганбаңыз», — дегендей ишаарат кылат. «Кокуй», бу жаманда бир кеп бар окшойт», — деп, үйгө киргизип сураса: «Жылкыны Кулмурзанын токоюна бекиткемин, менин чокой боомду алып бериңиз», — деген өтүнүчүн айтат.

www.bizdin.kg
Алыкул ажы аны жоопсуз калтырып, доочуларды ак өргөөгө баштайт. Чай сунулуп, кымыз куюлганда Д-ти жанына отургузуп, «Башта!» дегендей белги берет. Кеч бешимге дейре «Чоң казатты» үзүндүлөп айтып, майдандын соңуна чыгат.

Дагы бир саам жылкы тийип келатып, колго түшөт. Эки колун аркасына байлап, эки бутуна кишен салып, кырга жаткырып койгон жеринен «Манас» айта баштайт. «Бу кудай урган, ким болду экен дарылдап ырдаган?» — деп сурайт боз үйдө отурган манап. «Ууру «Манас» айтып жатат!», — деп жоок беришет сырттагылар. Манап үйгө апкелтип, «Манас» айттырат. 3 күн айткандан кийин колун чечтирет, шашке ченде эл чогулуп «Манас» тыңшап турушат. Д-тин эки көзү байлануу күлүктө. Эргип айтып отуруп, эргилчекке жетет. Акырын бутун бошотот, аттын чылбырын кесип жиберип, ыргып минет да, чаап жөнөйт. Артында куугун. Нарын дайрасына кез келип, сууга ат-маты менен бой таштайт. Ат берки өйүзгө, өзү наркы өйүзгө сүзүп өтүп, «жакшы калгыла!» — деп кол булгап коюп кете бериптир. Бул сөз алиге чейин эл ичинде айтылып жүрөт.

М. Мамыралиев

ЖУМАНАЛИЕВ Асанкан — (1947, Талас облусунун, Манас району, Арал айылы) — «Манас» айтуучу, эл агартуунун отличниги (1992). Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн (1972). А. Үсөнбаев атындагы мектепте «Манас» жана Ыйман» сабагын окутуучу мугалим. 1962-жылдан «Манас» айтуучу катары белгилүү. Манасчылыкты айылдык манасчы Кумаш уулу Ынаш манасчыдан үйрөнгөн. Он беш жашынан баштап «Манас» айтып жүрөт.

«Студент жазы» фестивалынын лауреаты, Алматыдагы Бүткүл дүйнөлүк эпос айтуучулардын жеңүүчүсү (1982), Бүткүл дүйнөлүк улуттар аралык элдик эпосту айтуучулардын катышуучусу (Финляндиянын Томпере шаары, 1988), Талас областындагы «Мурас» адабий-фольклордук ансамблдин чыгармачылык тобу менен гастролго барып, ал өлкөдө «Манас» айткан.

«Манас», «Семетей» эпосторун толук айтат. Башка манасчылардай эле Ж. да «Манас» айтып калуу өнөрүн кереметтүү түш көрүү менен байланыштырат. Айтуу чеберчилиги Сагымбайга жакын. Улуу манасчы Саякбайдан (1966) жана Сагымбайдын 125 жылдык мааракесине Кытай Эл Республикасынан келген кыргыз манасчы Жусуп Мамайдан (1992) бата алган. Анын айтуучулук өзгөчөлүгү катары — Алмамбет баатырдын кайыптан туулушун, Манастын атайы чөп катары жер тандап Таласты ылайык көрүп калышы, Манас менен бир убакта Айбанбостун туулушун, ошондой эле Манас Алтайдан Таласка көчүп келип, кан шайланганда Аккуланын туулушун көрсөтүүгө болот.

Ж. Кыргыз Улуттук Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондусуна «Манас» эпосунан «Алмамбетгин окуясын» толук жана «Ажыбек датка», «Нурпери» жана башкалар поэмаларды жазып өткөргөн.

К. Акматалиев

КОШОЙ-КОНУШ — Баткен районундагы Андакен жайлоосунун төрүндөгү конуш. Болот эритилген Ак-Тумшук, Ак-Эчки мазары, андан ары Болот-Кудук жайгашкан. Асти-Дөүт мазарынын күн чыгыш тарабында.

КУРА САЛУУ — астрологияда асмандын жарык чачууларынын (ай, жылдыз, күн жана негизги планеталардын) жайгашканына ылайыкташтырылып тартылган сырдуу чийимдин (гороскоптун) жардамы менен келечекте болуучу тарыхый окуяларды жана алардын жыйынтыгын, жеке адамдардын, ал турсун бүтүндөй элдин тагдырын алдын ала айтуу. К. с алгач байыркы Ассирия, Вавилон, Египетте пайда болгон да, андан байыркы Греция, Рим, Византияга, ошондой эле араб өлкөлөрүнө тараган. Кытай, Индия өлкөлөрүндө да өтө байыркы мезгилдерде эле өз алдынча өнүккөн. Алгач байыркы адамдар асман телолорунун жаратылышын, кубулуштарынын себептерин билбегендиктен жана аларды жердеги табигый

www.bizdin.kg
кубулуштарга, тарыхый окуяларга, элдин, жеке адамдардын тагдырына түздөн-түз таасир этүүчү кудуреттүү күч (кудай) деп тааныган ишенимдеринен пайда болгон. Ушуга байланыштуу К. с. коомдун саясий турмушунда да орчундуу роль ойноп келген. Көпчүлүк учурда падышалар мамлекеттик саясий маселелерди, аскер башчылары согуштук аракеттерди курачылардын (астрологдордун) алдын ала айтууларын эсепке алуу менен чечишкен. Адам жаңы төрөлгөндө анын келечегин алдын ала билүү үчүн да кура салынган. К. с-нун бул түрү кытайлар тарабынан Манас, Алмамбет жаңыдан төрөлүп жатканда да колдонулуп, алардын эр жеткендеги баатырлык иштери кытайга каршы багытталары алдын ала айтылганы «Манастын» бир катар варианттарында учурайт. Дегинкисин айтканда, «Манас» эпосунда К. с. негизинен кыргыздардын душмандары (мисалы, укмуштуу өнөр-билимге ээ кытайлар) тарабынан гана колдонулат. Бирок асман телолоруна карап келечекти жоруп билүүнүн айрым элементтерин кыргыздар да пайдаланганы шексиз. Мисалы, баатырлар «жылдызы оң туулган күнү» сапарга аттанышат.

Р. Сарыпбеков.

«МАНАС» — академик Тургунбай Садыковдун скульптурасынын көчүрмөсү. Баткен районундагы Базар-Башы кыштагынын түндүгүндө 2 *км.*. Өзбек, Тажик республикаларына кеткен магистралдардын кесилишиндеги тоонун үстүнө орнотулган. Узундугу 13 *м.,* бийиктиги 16,5 *м.,* туурасы 3,5 *м.,* салмагы 360 тоннанын айланасында. Скульптура 1989—91-жылдары райондук маданият кызматкелеринин (жетекчиси Г. Абрахманов) күчү менен бүтүрүлгөн.

МАНАС АККЕЛТЕНИ СЫНАГАН ЖЕРИ — Алайкуу айылынын Карагатты өрөөнүн Орто-Төр жайлоосундагы киши жеткис жалама асканын боорундагы ок көзөгөн сымал үңкүрдөй болгон оюктун аты. Элдин айтымына караганда Манас Аккелтени сынап, ошол зооканы атып көрөт. Ошондо Аккелтенин огу зооканын бетин көзөп, үңкүрдөй оюк жасаганы Манастын көөнүнө толот. Азыр да мергенчилер ууга чыгарда ырым кылып, Манас Аккелтесин сынаган жерге барып сыйынат экен.

«МАНАС—1000» МАМЛЕКЕТГИК ДИРЕКЦИЯСЫ — Кыргыз Республикасынын «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына даярдануу жана аны өткөрүү жөнүндөгү» 1992-жылдын 26июнундагы Указынын негизинде уюштурулган мекеме. Кыргыз республикасынын Улуттук уюштуруу комитетинин жумушчу органы. Дирекция төмөндөгү ишкер долбоорлорду турмушка ашырууну уюштурат жана көзөмөлдөйт:

«Манас» күмбөзү». Таластагы күмбөздүн жанына мейманкана, музей, мечит жана башкалар маданий, туристтик курулуштар курулуу менен кыргыз элин улут катары бириктирчү өзгөчө 5ир борбор болуп калмакчы.

««Манас» айылы». Бишкектин түштүк тарабына байыркы кыргыз каада-салты менен үрп-адатын, кол өнөрчүлүгүн жана жалпы эле маданиятын чагылдырган этнографиялык очок түзүлөт. Алардын курулушу эл аралык ар түркүн фестивалдарды, майрамдарды өткөрүүгө, чет элдик меймандарды, саякат топторун күтүүгө ыңгайланмакчы. Анын негизинде ар облуста туристтик базалардын филиалдары ачылат.

«Мурас». «Манас» жана башкалар эпосторго, кыргыз элинин жана Кыргызстандын тарыхына байланышкан изилдөөлөрдү, этнографиялык жана археологиялык экспедицияларды уюштуруу, кыргыздар менен канатташ, карым-катышта жашаган элдердин тарыхын чагылдырган окуу китептерин, «Манастын», ошондой эле кенже эпостордун жарыялана элек варианттарын, түстүү сүрөттүү китептерди, календарларды жана башкалар тийиштүү басылмаларды чыгаруу, ар кандай кинотасмаларды тартуу милдетин аткарат. Мындан тышкары «Кыргызстан Улуу Жибек жолунда» республикалык фондусу

www.bizdin.kg
менен биргелешип тарых, маданий эстеликтерин коргоо жана пайдалануу, туристтик жаңы багыттарды уюштуруу боюнча иштерди жүргүзөт.
«Манас» дүбүртү». 1993-жылдын мартынан баштап, эпостун мааракесине карата ай сайын чыгуучу гезит. Уюштуруучулары «Рустам-Дастан» чакан ишканасы менен гезит жамааты. Алгачкы нускасы 5000. Дареги: Талас шаары, Карл Маркс көчөсү — үй № 37—8. Редактору Асылбек Меңдибеков.

П. Казыбаев

МАНАСТЫН АЖЫДААР ӨЛТҮРГӨН ЖЕРИ — Кара Кулжа районунун Алайкуу айылынан 2 *км* түндүк-чыгыш тарапта От-Жалпак жайлоосундагы көдөөлүү жондон ылдый көздөй түшкөн нук. Эл оозунда Манас баатыр өлтүргөн ажыдаар сойлоп түшкөн учурда ошол нук калган экен деп айтылат.
МАНАСТЫН ЖОЛУ — Кара-Кулжа району аркылуу өтүүчү Улуу Жибек жолунун Кашгар-Өзгөн-Анжыян-Кокон-Хожент-Жизак багытындагы Манас баштаган кыргыз элинин Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө баскан жолдун аты. Ушул жолдо «Манас» эпосу боюнча жана Махмуд Кашгары 1072—73-ж. жазып калтырган «Өзгөн, Кавак-Арт, Арык-Турук, Кап-Учту, Урунма-Кыя» д. ушундай сыяктуу тарыхый топонимдер азыркы мезгилде да аталып келет. Ошондой эле 466-ж. (доордун 1061—62-ж.) жазылган асканын бетиндеги жазуулар учурайт. («Кыргызстан Маданияты», 19.06.1990).

Капчыгайдын жол менен
Артыштан ашып бел менен,
Ат жүргүс кыйын жер менен,
Айдап жылкы сугарып,
Кара-Кулжа сайына (Сагымбай Орозбаков, 2.163)

— деп Манастын көч жолунда көрсөтүлгөн Кара-Кулжа — Капчыгайдын жолун жергиликтүү эл М. ж. маанисинде түшүнөт. Азыркы учурда бул кан жолго чүкөдөй таш койбой, аяр мамиле жасап, сапар жүргөндө ыйман сактап, таза, пакиза болуп, Манас жолунда көч улап келет.
Кара-Кулжа — Капчыгай жолу мамлекеттик мааниге ээ.

Ч. Аттокуров

МАНАСТЫН НАЙЗАСЫ — Кара-Кулжа районунун Ажыке айылынын Кыз-Эмчек жайлоосундагы тигинен найзага окшогон учтуу шиш таш. Эл аны Манастын найзасы деп ыйык көрөт.
МАНАСТЫН ТАГЫ — Кара-Кулжа районунун Адыр, Жийде, Тоготой айылдарынын ортосунда, Кара дарыянын оң жээгинде, Төрт-Күл жериндеги айланасы коргон менен курчалган төрт тарабында мунаралары болгон эски ордо — Шахрстандын аты. Элдин айтымына караганда Манастын ушу жерде ордо тагы болуптур. Бул ордо тагынан Манас баатыр Кара шаарга, Бежинге аттанчу экен же кайра кайткан мезгилде токтоочу имиш.
«МУРАС» — Баткен районундагы уюм (1989, февраль). Райондун маданият бөлүмүнүн башчысы Гыламидин Абдрахмановдун демилгеси боюнча ынтызарлар тобу катарында негизделип, 1993-жылдын 15-сентябрынан атайын статус алып, уюмга айландырылган. Уюм «Сан-Сарай» тарыхый-этнографиялык өзүн-өзү каржылоочу музейдин эсебинен пайдаланып, спонсорлордун колдоосу менен аракеттенет. Программасы: кыргыз элинин маданий казыналарын, тарыхый эстеликтерин, санжыларын, үрп-адат, каада-салтын, топонимикасын, этнографиясын, оозеки чыгармаларын, тилин, ошондой эле улуу инсандарынын тарыхый байлыктарын жыйнооо жана аларды кайра иштеп чыгып, элге тартуулоого багытталган. «Манас» эпосунда чагылдырылган топонимикалык аттар боюнча, ал жерлердин жайгашкан ордулары иликтенүүдө. Ошондой эле Манас баатырга байланышкан уламыштар, ырлар, санжыралар эл арасынан топтолууда. Аймактагы иликтенүүчү тарыхый жерлерди окумуштууларга

www.bizdin.kg
(археологдорго, антропологдорго, тарыхчыларга, тилчилерге, фольклорчуларга, географтарга...) сунуш кылышып, алардын изилдөө иштерине көмөктөшөт.
Уюмдун ишкерлер тобу иликтөөчү ынтызарлардан жана изилдөөчү илимпоздордон туруп, уюмдун Кеңешинин жана спонсорлорунун алдында аткарган иштери боюнча отчет берип турушат. Ишкер тобу топтолгон материалдар боюнча атайын фонддорду толуктоо менен, көргөзмөлөрдү, кароолорду, симпозиумдарды, жолугушууларды уюштуруп, аткарылган иштерди басма сөздө жарыялап, китептерди чыгарып, турат. Бардык табылгалар «Сан-Сарай» этнографиялык музейинин мүлкү болуп калат. «Мурас» уюмунун мүчөлүгүнө, кыргыз элинин, жеринин тарыхына кызыккан жана аны иликтеген, изилдеген, же болбосо материалдык көмөк көрсөтө турган атуулдар кабыл алынат.

Г. Абдрахманов

РАВАТ ЖАКЫП — Жакып конуш жайлоосунун байланышы. «Рават» — дарбаза деген мааниде. Жакып конуш тоолор менен курчалып, анын чыгуучу жери кууш таш дарбаза сымал. Баткен районунун Төрт-Күл суу сактагычынын түштүгүндө.
САЙКАЛ КЫЗ МАЗАРЫ — Кара-Кулжа районунун Кара-Туз айылындагы Тар дарыясынын сол жээгиндеги таштардын бетинде эски түркчө, арабча, фарсча, Орхон-Эне-Сай тамгасында жазуусу бар эски күмбөз мазардын аты. Сайкал кыз ушу жерге коюлган имиш. Аны эл мазар тутуп сыйынып турат.
СУЛТАН, Солтон — Манаска, кээде Алмамбет, Чубак, Сыргак жана башкалар өңдүү каармандарга айтылуучу титулдук туруктуу эпитеттердин бири. Ислам дини аркылуу семит тилдеринен кирген термин, байыркы арамей тилинде түз маанисинде «бийлик», өтмө маанисинде «башкаруучу» дегенди билдирген. Кийин ислам динин кеңири таралышы менен Чыгыштагы бир катар империяларда (селжуктар, осмон түрктөрү) сөздүн мааниси кеңип, перси тилдериндеги «шахиншах», түрк тилдериндеги «хакан» деген титулдар менен синонимдеш болуп, европалык чен менен алганда «император» дегенди туюндурган. Алтын ордонун кандары да ислам динин кабыл алышкандан кийин өздөрүн султан атай башташкан. Көчмөн уруулардын (өзбек, казак) башкы өкүмдарлары «кан» жана «улуу султан» деген титулдук алып жүрүшкөн, алардын балдары жөн гана С. аталышкан. Акырындап жүрүп, «Султан» термини менен Каспийден Балхашка чейинки талаа элдери Чынгызкандын укум-тукумдарын атап калышкан. Орто Азия, Казакстандагы түрк элдерине С. эң жогорку баскычтагы титулдардын бири болуп эсептелген. Бул термин элдик оозеки чыгармачылыкта да кеңири колдонулган.

Р. Сарыпбеков

ТУЛПАР КАЗЫК — Кара-Кулжа районунун Тоготой айылынын четинде Манастын тагына жанаша турган «Тулпар казык» деп аталган кырктан ашык казык катар тигилген чынардын аты. Элдин айтымына караганда Манастын кырк чоросу тулпарларын ошо казыктарга байлоочу экен. Кийин элдин айтканына карабай теректерди кыйганда ал теректерден кан аккан имиш. Тулпар казыкка тийгени жазаланып, соо калбаптыр.
ШАКҮШ — фарс тилинде «Ша» — падыша, «күш» — өлтүрүлдү деген мааниде. Баткен рнундагы Самарканда айылынын батыш жагында. Манастын чоросу, Таз чечендин баласы Үрбү баатыр тарабынан калмактын каны Ш-тү өлтүргөн жер деп айтылат. Бул аймакта Манастын аты батпай калган эки таштын аралыгы да бар.
ЫНАШ Кумаш уулу (1889, Талас облусунун, Манас району, Арал айылы —1971, ошол эле жер) — манасчы. Манасчылыкты Эркебайдан 12 жашынан баштап үйрөнгөн. «Манас» эпосунун дээрлик баарын биле турган. Бул киши «Манас», «Семетей», «Сейтек», андан кийинки бөлүмдөрүн да жакшы эле билчү. Өзүнүн айтымында мындай дечү: «Эркебай манасчыдан Алымкул ырчы экөөбүз тең

www.bizdin.kg
үйрөнгөнбүз, бирок Алымкул эл аралап ырчы болуп кетип, «Манасты» көп айтпай кетти. Эгер айткан болсо чоң манасчы болмок дээр эле». Ы-тын айткан «Манасы» Сагымбай манасчынын айтканына жакын. Бул киши өзгөчө элдик анекдотторду жана жомокторду көп биле турган. Бир нече жомогу жазылып алынган.

ЭРКЕБАЙ Бердибай уулу (1876, Талас облусунун, Манас району, Арал айылы — 1930, Фрунзе шаарында атылган) — манасчы. Э. манасчылыкты Мейман жана Кудайменди деген кишиден үйрөнгөн. 18 жашка келгенде казак-кыргыздын ортосунда жайлоо талашып уруш болуп калып, эки элди элдештирет. Ошондон баштап бий болуп калат. Ал жалаң гана «Манас» айтпастан төкмө акын да экен. 1923-ж. 12-августан 18августка чейин Каюм Мифтаков Арал айылында болуп, бул кишинин оозунан «Манас» эпосунан айрым үзүндүлөрдү жазып алган. Андан тышкары элдик ырларды, накыл кептерди, макал-лакаптарды, табышмактарды жазып алган экен. 1929-ж. бийсиң деген жалаа менен кармалып, 1930-ж. атылып кеткен.